КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА
АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*Кыргыз Республикасынын
мамлекеттик сыйлыгына
татыган*

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ

Кыргыз эл ырчылары

**V том**

*Үчүнчү басылышы*

Академик А.А.АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

«КУТ-БЕР»
БИШКЕК – 2017

УДК 821.51.0
ББК 83.3 Ки
К 76

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

К 76 **Кыргыз адабиятынын тарыхы.** Кыргыз эл ырчылары. А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Бишкек: 2017. V том, – 776 бет.

ISBN 978-9967-12-663-3

Акындар чыгармачылыгынын проблемалары ар дайым жандуу табыйгыйлуулугу жана актуалдуулугу менен айырмаланып келет.

Учурдун талабына ылайык кыргыз эл ырчыларынын жалпы чыгармачылыктарына кайрадан терең үңүлүп, көркөм-эстетикалык критерийден баа берүү зарылдыгы жаралды. Мына ошол себептен улам бул томго мурда таптакыр сөз кылынбаган, тескери баага татыган акындар поэзиясынын өкүлдөрү да алгач жолу киргизилди.

Бул эмгек мугалимдерге жана студенттерге окуу куралы катары арналат.

**К 4603020000-17**

**УДК 821.51.0**
**ББК 83.3 Ки**

ISBN 978-9967-12-663-3

© Манастаануу, 2002, 2004
© Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2012
© КР УИА, 2017
«Кут-Бер», 2017

## РЕДКОЛЛЕГИЯДАН

*Кыргыз эл ырчыларынын чыгармалары жалпы маданиятыбызда эң бир орчундуу орун ээлеген мурастарыбыздын бири. Элибиздин руханий көркөм дүйнөсүн, байлыгын акындар поэзиясысыз таптакыр элестетүүгө болбойт. Кыргыз эли ыр жандуу деген сөздүн түпкүлүгүндө чындык бар. Бул өнөр элибиздин кечээки да, бүгүнкү да менталитетине туура келип, элдин маңдайына жазылып калган уникалдуу көрүнүш.*

*Акындар чыгармачылыгына арналган бир топ эле эмгектер бар. Алар өз убагында маанилүү роль ойногон. Ошентсе да, ата-бабадан бери кылымдардан кылымдарга агын суудай күркүрөп агып келген төкмөчүлүк өнөрдү ар заманга ылайыкташтырып, идеологиялык, таптык көз караштан улам бөлүп, жарып, айрымдарын соолутуп да жибергенибизди билип, сезип келсек да «оозубузга кум толтуруп алгансып» үнчукпай, сөз кылгандарды жарга такап, басып, тепселеп, кордук көрсөтүп, өмүрлөрүнө залал келтирип турганыбызды демократиялык көз карандысыз мамлекетке жеткенден кийин гана моюнубузга алып жатпайбызбы!*

*Бүгүн кыргыз эл ырчыларынын катарлары көбөйүп, алгач жолу кыргыз адабиятынын тарыхында өз ордуларын ээлеп жатышкандары кубандырат. Алардын чыгармачылыгы кеңири сөз кылынып, көркөм тексттери бастырылып чыгарылып, окурмандардын колдоруна тийип, илимий изилдөөлөр жандуу, объективдүү жүргүзүлө баштады.*

*Башка томдор сыяктуу эле бул бешинчи томдо да аты элге кеңири билинбей, көмүскөдө калып келе жаткан*

*ысымдардын чыгармачылыктары жана жаңы жазылган материалдар басымдуулук кылат. Ошондой эле мурда жакшы жазылган жана чыкпай калган айрым кол жазмалар да орун алды. Бул томдукка төмөнкү авторлор катышты: КР УИАнын академиги* **Акматалиев А.А.** – *«Бука ырчы», «Калыгул Бай уулу» (филология илимдеринин кандидаты* **С.Мусаев** *менен бирдикте), «Асан кайгы» жана «Токтогул ырчы» (филология илимдеринин кандидаты* **Р.Сарыпбеков** *менен бирдикте); филология илимдеринин доктору, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, профессор* **Кыдырбаева Р. З.** – *«Токтогул Сатылганов»; филология илимдеринин доктору* **Орозобекова Ж.** – *«Сарт аке», «Токтонаалы Шабданбаев»; филология илимдеринин кандидаттары:* **Кебекова Б.** – *«Алдар көсөө», «Чөжө Каржабай уулу», «Арстанбек Буйлаш уулу», «Эсенаман Жалгаш уулу», «Солтобай Токтоболот уулу», «Сартбай Бөлөкбай уулу», «Жаныш акын», «Найманбай Балык уулу», «Ботобай», «Наркүл», «Калмырза Сарпек уулу», «Үмөтаалы Эсенаман уулу», «Жаманкул Бөрүбай уулу», «Куудулдар», «Бекназар»;* **Р.Сарыпбеков** – *«Сансыз сынчы Көкжар уулу»;* **Абдыразаков А.** – *«Алымкул Үсөнбаев»;* **Даутов К.** – *«Барпы Алыкулов»;* **Мукасов М.** – *«Толубай сынчы», «Жеңижок (Өтө) Көкө уулу»;* **Обозканов А.** – *«Музооке», «Айтыке», «Чоңду Койчуманов», «Эшмамбет Байсейит уулу», «Алтай Айдарбек уулу», «Калык Акы уулу», «Осмонкул Бөлөбала уулу», «Сарыкунан (Сагынбек) Дыйканбай уулу», «Ысмайыл Борончиев», «Ашыралы Айталиев», «Токтосун Тыныбеков», «Эстебес Турсуналиев», «Тууганбай Абдиев», «Замирбек Үсөнбаев», «Куйручук (Кудайберген) Өмүрзак уулу», «Шаршен Термечиков»;* **Орозова Г.** – *«Сыдык Алайчиев», «Сооронбек Чойбеков»; ага илимий кызматкер* **Сооронов О.** – *«Карамурза», «Коргол Досу уулу», «Доорон Ырысдөөлөт уулу», «Анаргүл Тажибаева».*

## БУКА ЫРЧЫ
*(Кетбука)*

Легендарлык ырчылардын катарында кылымдардан кылымга ысымы аталып жүргөндөрдүн бири – Бука ырчы. Ал орто кылымдарда найман уруусунан чыккан, кадыр-баркка, сый-урматка ээ болгон инсан.

Анын чыгармачылыгынын калыптанышы, өсүп-өнүгүшү замандын каардуу мезгилине – Чыңгызхандын тушуна дал шайкеш келгендиги жана ошол мезгилдин тарыхый окуялары менен жандуу аралашып тургандыгы менен даана айырмаланат. Чыңгызхандын тушунда миңдеген жана «мен деген» көп ырчылар жашагандыгына эч кимдин күмөнү жок, Бирок, алардын чыгармачылыгы эл оозунда айтылып, Бука ырчыдай уламышка айланып калбады. Анын ысымынын өзгөрүлүп калышы да түздөн түз Чыңгызханга барып такалат.

Чыңгызхандын улуу уулу Джучинин өлүмү азыркы күнгө чейин табышмак, ал жөнүндө ар түрдүү көз караштар, талаш-тартыштар жана оозеки чыгармачылыкта көптөгөн варианттардагы уламыш-аңыздар бар. Демек, Бука ырчынын маданий мурасын ошол мезгилден жана тарыхый окуялардан бөлүп алууга болбойт. Албетте, уламыштар мезгил өткөн сайын жылышып, жаңы мазмун алып өзгөрүп турушу мүмкүн, Бирок, Джучинин өлүмүнө байланыштуу Бука ырчынын чыгармасы түрк тилдүү элдердин фольклорунда негизинен бирдей айтылышы менен жалпылыкка ээ.

Бука ырчынын чыгармачылыгынын элдин аң-сезиминде калып калышынын бир себеби – Джучинин жөн эле өлүп калышы эмес, атайы карасанатайлык менен өлтүрүлүшү аркылуу түшүндүрүлөт.

Тарых барагына кайрылсак, академик В.В.Бартольддун көз карашы боюнча Джучи кыргыздар менен тыгыз байланышат. 1207-жылы кыргыздардын өлкөсүнө келгенде аны ак шумкар, боз ат жана кара калтарларды тартуулап тосуп алышкан. Ошондой эле «Радлов уккан уламышка караганда, кыргыздарда хан болгон эмес. Ошондуктан, алар улуу хандан (башкача айтканда, Чыңгызхандан) өзүнүн баласы Джучини аларга хандыкка берүүнү өтүнүшкөн. Джучи ал убакта жаш бала болуп, жолдо келатканда куландардын үйүрүнө туш келген жана аны алар алып кетишкен. «Аксак кулан Джучи-хан» кыргыздардын биринчи жана акыркы ханы болгон»[1]. Албетте, бул пикир өтө калпыс болсо да, Джучи-хан тууралуу эскерүү тяньшандык кыргыздарда сакталып калгандыгынан кабар берет.

Чындыгында Джучи-хан өтө акылдуу, ак көңүл болгон, согушту жек көрүп, каратып алган жерлериндеги элдерге камкордук кылышы, бейпилдикти каалашы, кадыр-баркынын өскөндүгү менен атасынын каарына калган. Ошону менен бирге өз уулу эместиги жөнүндөгү ой да (Борте меркиттерге туткунга түшкөндөн кийин Джучи төрөлгөн) Чынгызханды психологиялык жактан түбөлүк кыйнаган.

Көптөгөн тарыхый материалдар боюнча Чыңгызхан өлөр-өлгөнчө Джучини өзүнөн алыс кармап, андан шектенип келген.

«Когда Жоши увидел земли и воды, воздух кипчаков, он понял, что во всем мире нет лучше земель, прозрачной воды, чистого воздуха, как у кипчаков. Он настолько любил кипчаков, что обязался, что, оставшись на этой земле, спасти (освободить) этот народ от разорения; он сказал своим единомышленникам, что Чингисхан, видимо, сошел с ума, поэтому разрушил столько земель, истребил столько народа, поэтому когда выйдем на охоту, я его убью. Чагатай, почуяв эту мысль брата, доносит отцу, и отец повелел убить Жоши, незаметно дав яд»[2].

Бирок, Чынгызхан уулун өлтүртүп коюп, «кимде-ким суук кабар алып келсе, анын оозуна коргошун куямын!» – деп алдастаган.

Джучинин өлүмү жөнүндөгү легенда 1897-жылы «Киргизской степной газета» деген басма сөздө жарык көргөн (Омск, 1897, № 13, 14, 18). Анын өлүмүн Чынгызханга угузуу жөнүндө легендалар көп кездешет. Мисалы, XIII кылымда өмүр сүргөн арабдын атактуу илимпозу Ибн-аль-Асир жазып калтырган. Чынгызханга уулунун өлүмү тууралуу Кетбука деген улуу акын (айрым бир маалыматтар боюнча Улук ырчы) билдириптир:

Кетбука:

Теңіз бастан былганса,
Кім тундырар, ей, ханым?!
Терек түптен жыгылды –
Кім тургызар, ей ханым?!

Чыңгыз хан:

Теңіз бастан былганса,
Тундырар улым Жошы дур.
Терек түптен жыгылса,
Тургызар улым Жошы дур.
Көзің жасын жүгіртед,
Көңлің тулды болмай ма?!
Жырың көңіл үркітед,
Жошы элди болмай ма?!

Кетбука:

Сейлемекке еркім жок,
Сен сейледиң, ей ханым!
Өз жарлыгың өзіңе ок, (жөн),
Не ойладың, ей ханым?!

Чыңгыз хан:

Кулынын алган куландай,
Кулынымнан айрылдым!
Айрылыскан аккудай
Ер улыман айрылдым!–

Мына ушул ыр Б.Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхында» (Бишкек, 1993, 1-китеп, 70–72-беттер) да орун алган.

Жуучунун өлгөнүн угузуу жөнүндөгү легендалар да башка элде ар кандай жагдайда болгону менен жалпы

мааниси бир. Мисалы, казак элинде кездешкен ыр түрмөгүн келтире кетели.

«Уа, иеміз, Шыңгыз хан!
Домбыра не деп жырлайды,
Сарнап бір даусын кырнайды,
Кулагың сал осыган...

Аксак кулан, ку кулан,
Кіяннан кашкан ту кулан,
Кіырсыз куба далада,
Аңда жүрген балаңа
Кез болып бір кашыпты,
Белден белге асыпты:
Аксак кулан, Жошы хан,
Елсіз куба далада,
Кат-кат будыр салада,
Мекендеп өрген, өрбісіп,
Ордалы кулан жосыган.
Куып аксак куланды,
Мінгені тулпар кунанды,
Ордалы үріккен куланга,
Күйгытып ойнап косылган,
Өлім деген Теңир ісі,
Желіккен кулан аңгісі,
Кунан мен тулпар еліккен,
Жосыган кулан желіккен,
Баланды шайнап өлтіріп,
Жалмалап, жалпам кетіпті,
Ордалы кулан шошыгана
Журттың аузы бармаган,
Сөзді айтып жырлап зарлаган
Домбыраның баланды
Естірткені осы, хан!
Өзгеге артпа жаланды,
Еліктірген баланды,
Сол ку кулан, ту кулан,
Балаң өлді – Жошы хан!
Нансайшы, ханым, осыган!»[3]

Б.Кебекованын төмөнкү пикирине толук кошулабыз: «Кыскасы, угузуу бардык элдерге бир башаттан тарагандыгы талашсыз. Анын ногой фольклорундагы фактылар да далилдеп турат. Албетте, чыгарма жаралган доордон бери нечен кылымдар өттү, ногой, кыргыз, казак элдери нин тарыхы да, тагдыры да өзгөрдү, жашаган территориясы жагынан да айырмаланды. Ар бир элде өз төл чыгармасы катарында өз өзгөчөлүктөрү менен жашады»[4].

Айрым варианттарда Чынгысхандын аты алмаштырылып Айхан делип жүрөт. Мындай алмашуу элдин мифологиялык түшүнүгүнөн келип чыккан. Кыргыз фольклорунда Чынгысхан (Айхандын) баласынын каза болушу үч түрдүү түшүндүрүлөт. Биринде кулан тепсеп өлтүрөт[5], экинчи вариантында Айхандын Жолчухан аттуу жалгыз баласын жигиттери менен сейилдеп жүргөн жеринде жолборс чайнап салат[6]. Бир нускасында Айхан жалгыз уулун суук көздөн качырып, бийик жар таштын бооруна атайлап үй салдырып бактырган жеринде кара курт чагып өлтүрөт[7]. Бардык варианттарда баласынын өлгөнүн каардуу ханга даап угуза албай адамдардын айласы куруйт. Ошондо Бука ырчы өтө акылдуулук менен поэтикалык текстке мол көркөм сөз каражаттарын колдонуп, комуздун муңдуу ыргагы менен оор кайгыны Чыңгызханга (Айханга) жеткирет.

Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым,
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.
Алтын така, күмүш мык,
Дулдул качты, Айганым.
Алтын Ордо башынан,
Булбул качты, Айганым.
Деңиз толкуп чайпалып,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Терек түптөн жыгылып,
Жер бөксөрдү, Айганым.
Ала-Тоо кулап, бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.

Берекелүү нур качып,
Эл бөксөрдү, Айганым.
Агын дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Кара жандан таптатты,
Ынак өчтү, Айганым.
Касиеттүү башкача,
Чырак өчтү, Айганым.

Айхан түшүнүп:

Кет, кет, кет Бука
Кеби суук, ит Бука.
Карап турган кашымда,
Кашың да курсун, ит Бука.
Күү менен сайраган,
Сөзүң курсун, ит Бука.
Комуз чертип ырдаган
Ырың курсун, ит Бука.
Кара жанды кашайткан
Чырың курсун, ит Бука.
Атайы келген алдыма
Ишиң курсун, ит Бука.
Комуз чертип жоруган
Түшүң курсун, ит Бука,–

деген экен. Чыңгызхан суук кабарды угуп, Бука ырчыны «кет Бука» деп кууган. Мына ушул тарыхый себептен улам Бука ырчы Кетбука аталып кеткен.

Башына кылыч жалаңдап ойноп турса да Бука ырчынын ар-намыстуулугу, кайраттуулугу таң калтырат. Анын коргошундай куюлушкан сөздөрү гана эмес, жан дүйнөнү бүлүккө түшүрүп, аны коштогон муңдуу күүсү да Чынгызханды ийилтет, ал согуш майданында жеңилбегени менен кары ырчынын алдында бөксөрүп, кемип басынып жер карап отурат.

Дагы бир варианты төмөнкүдөй:

Туу, туу, туу кучак,
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан ажырап,
Шумкар качты, Айганым,
О, не болот, Айганым?

Алтын боолуу ак шумкар
Айды көздөй сызыптыр,
Алтын боосун тытыптыр,
О, не болот, Айганым?
Күмүш боолуу ак шумкар,
Күндү көздөй сызыптыр,
Күмүш боосун тытыптыр,
О, не болот, Айганым?
Абадан агала булут сөгүлөт,
Аяктап жамгыр төгүлөт,
О, не болот, Айганым?
Көктөн көк ала булут сөгүлөт,
Көнөктөп жамгыр төгүлөт,
О, не болот, Айганым.

Бука күүнү чертип суроо салганда Айхан төмөнкүчө жооп кайтарган имиш:

Туу, туу, туу кучак
Тулпар качса карматпай,
Менин туйгунум өлгөн турбайбы,
Ошондо шорум курбайбы.
Алтын боолуу ак шумкар,
Айды көздөй ал сызса
Көнөктөп жамгыр төгүлсө,
Көктөн көк ала булут сөгүлсө
Менин шорум курбайбы
Менин арыстаным өлгөн турбайбы
Көзүмдүн жашы турбайбы.

Демек, поэтикалык текстке тарыхый окуялардын кайсылары туура келет же келбейт деген көз караш маанилүү роль ойногону менен – эң башкы маселе кандай болгондо да Чынгызханга уулунун өлгөнүн угузуу болуп саналат. Бука ырчы тарабынан айтылды деген варианттардын бардыгында бул жогорку көркөм чеберчиликте жүзөгө ашкан.

Ыр түрмөгүндө Бука ырчынын угузуунун каймана формасы өтө эпчил пайдалангандыгы көрүнөт. Ырда Чынгызхандын акылдуулугу жана ойчулдугу даана көрүнөт. Ыр түрмөгү чакан болгонуна карабастан ага фи-

лософиялык ойлор терең камтылган. Биринчиден, ырчы Джучинин көркөм образын табышмактуу сүрөттөө боёктор менен элестүү чагылдырат. Экинчиден, Чынгызхандан жашыруун ички сырынын жообун билгенсип, ага күнөө койгонсуп, суроо жаадырып турат. Үчүнчүдөн, баш кесмек бар, тил кесмек жок дегендей, ак жеринен өлүмгө дуушар болгон Джучини аёо сезими болсо, каардуу Чынгызханга тике карап, өлүмдөн баш тартпас эрдик кылып турат. Төртүнчүдөн, өзүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн уулун өлүмгө кыйган Чынгызханды сөз менен сындырып отурат.

Демек, бул бири суук кабар угузуп, экинчиси ага жооп кылуусу жөнүндө окуяны камтыган чыгарма гана эмес, тарыхтын жана тагдырдын татаал оролгон барактары бүктөлүп, өзгөчө Чынгызхандын дүйнөсүнө бүлүк түшүрүп жатат. Ал, балким, Джучини кара ою менен өлтүрүп алып, туура эмес жасагандыгын моюндап жаткандыр. Балким, Борте аялынын алдында абийири сынып, Джучиде өзүнүн каны болгонун сезип орду толгус трагедияга учурагандыр.

Уулун өлтүрүп коюп Чынгызхан ыйлап жатабы?! Анткени, ал тууралуу тарыхтын бул барагын окусак – Джучи өз баласы болуп чыга келип жатпайбы: «У Чингисхана весьма много сыновей. Старший сын Биинь был убит в бою при штурме западной столицы (Цзиньцев) Юньчжуна во время разгрома государства Цзинь. Ныне второй сын является старшим царевичем и зовут (его) Иоджи»[8]. Ал эми экинчи бир тарыхый булак боюнча Джучиден мурун Чынгызхан Фуднин-беги деген кыздуу болгон, меркиттер Бортекти туткундаганда Джучи боюнда кеткен.

Бул поэтикалык тексттен Бука ырчынын суроолуу текстин гана эмес, ошону менен бирге Чынгызхандын да жоопторунун салмактуулугун, көркөмдүгүн белгилеп коюу керек. Чынгызхан өмүрүндө көзүнө жаш алба-ган, анын жан дүйнөсү ырда ыйлап жатпайбы! Балким, ал өзүнүн эл, коом, келечек алдындагы актануусудур?! Чынгызхан эмне үчүн өз убадасына туруп Бука ырчынын оозуна коргошун куйган жок?! Корктубу?! Алсыз-

дык кылдыбы?! Чынгызхан абийир дегенди билеби?! Ырчыны аядыбы, ага боору оорудубу?! Өкүмдүү буйрукту аткарууга кандай тоскоолдуктар болду?! Адилеттик өкүм сүрүп, ырчы тирүү калдыбы?! Чындыкты моюндоого Чынгызхандын кудурети жеттиби? Сөздүн наркы касиети аны ынандырдыбы?!

Бука ырчынын ырчылык касиетинин күчтүүлүгү катаал, дүйнө жүзүн таманына таптаган Чынгызхандын өзүн солкулдатып, жүрөгүн сууруп алгандай психологиялык абалда сүрөттөгөндө эмеспи.

Айрым варианттар боюнча[9] Чыңгызхан ачуусу келип, Бука ырчыны өлүмгө буйрук берип багылуу арстанга жибергенде дагы бир жолу сөзгө сынып калган экен. Ошондо Бука ырчы минтип ырдаптыр:

Кыздар соккон кыялдай,
Кылычы жакшы Айханым.
Келиндер сайган кечтедей,
Кеби жакшы Айханым.
Элчи менен ырчыга,
Хан алдында кай өлүм.

Бул уламыштын эң бир кызыктуу жагдайы мында турат: Эгерде Бука ырчы өлүп калганда Чыңгызхандын алдында тепселип калмак. Анын бийиктиги – Чыңгызхандын өз өлүмүн өзүнө буздуруп аман калышында, сөздүн кадыр-баркынын жыйынтыгында.

Бука ырчынын саптарында адеп-ахлактык проблемалар, философиялык терендик гана эмес, чоң тарыхтын өзү жаткандыгына күбө болдук. Демек, анын ысмы уламышка айланып кетишинин түпкү мааниси да мына ушунда эмеспи!

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Бартольд В. В.* Кыргыздар//Китепте: Кыргыздар. – 1993. 2-том. 163-бет.

[2] *Тизенгаузен В. Г.* Сборник материалов, относящихся к истории Золотой орды. Извлечение из киргизских источников. – М. – Л.: Издательство АН СССР, 1941. 108-бет.

[3] *Сейдимбеков А.* Күңгүр-күңгүр күмбөздөр. – Алматы: Жазушы, 1983. 215–216-беттер.

[4] *Кебекова Б.* Кыргыз-казак фольклордук байланышы. – Фрунзе: Илим, 1982. 169-бет.

[5] *Буудайбек Сабыр уулу.* Унутулгус күндөр. – Фрунзе, 1977.– 8–11-беттер.

[6] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № (1302).

[7] *Кебекова Б.* Аталган китепте.

[8] *Тизенгаузен В. Г.* Аталган китепте.

[9] *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. – Бишкек: Учкун, 1993. 1-китеп. 71-бет.

## ТОКТОГУЛ САЙДАЛИ УУЛУ

*(XIV кылым)*

Дүйнөдө көлөмү жагынан да идеалдык-көркөмдүгү, мазмуну жагынан да эң алдыңкы орунда турган «Манас» эпосун эң алгач ким айтканы илимге азыр белгисиз. Эл ичиндеги уламыш боюнча кырк чоронун көрүнүктүүлөрүнүн бири «Ычкыры бапик кырк мууну, Ырамандын Ырчы уулу» (өз аты Каратай) Манас каза болгондо, анын эрдигин, эл-журтка сиңирген эмгегин, кылган кызматын кошок кылып айткан экен. Кийинчерээк ошол кошокторду жана эл оозунда айтылып келе жаткан аңыз сөздөрдү бир сюжетке бириктирип, Токтогул ырчы эпоско айландырып айткан экен,– делет. Муну улуу акын жана санжырачы Тоголок Молдо минтип ырастайт:

«Ырамандын соңунан,
Иши келип оңунан,
Элден таап нускасын,
Арбытып айтып кыскасын,
Толубай сынчы сындаган,
Токтогул ырчы ырдаган,
Токтогул ырдап турганда,
Элдин баары тыңдаган»[1].

Эпостордун жаралуу процессинин жүрүшүнөн алганда бул уламышта чындыктын үлүшү бар. Дүйнө элдеринин баатырдык эпосторунун көбүнүн чагылдырылган окуясы аны жараткан элдин алгачкы мамлекети жаралып, жогорулоо учурундагы тарыхый окуяларга туура келет да эпостун чордону – эпикалык борборду түзөт. Кыргыздардын мындай доору алгачкы мамлекети курулган VI–X кылымга, айрыкча, Борбордук Азияда улуу державалык

(В.В.Бартольд) даражага жетишкен IX–X кылымга туура келет. Демек, «Манас» эпосунун эпикалык борборун ушул тарыхый мезгил түзөт дешке толук негиз бар. Бирок, эпос эпикалык борбор болгон тарыхый окуяга удаа жаралбайт. Ички-тышкы душмандар тарабынан алгачкы мамлекет кулап, тышкы жоого көз каранды болуп, элдин баштагы гүлдөгөн турмушу бузулуп, ошондой күндөрдө көз карандысыз эркин жашоону эңсөө жана ал үчүн күрөшүү, өткөндөгү даңазалуу эркин күндөрүн үлгү, идеал катары тутууга, натыйжада, аны унутпай кайра-кайра эске түшүрүүгө алып келет. Экинчиден, тарыхый баатырдык эпосту түзүү үчүн алгачкы мамлекеттин тушунда элдин көркөм ойлоосундагы тажрыйбасы али эртелик кылат. Ошондуктан эл бир кыйла узак мезгил бири-бирине типтеш, кайра-кайра кайталанган окуялардан улам тажрыйбасы акырындап артып, аларды жалпылоо, жыйынтыктоо деңгээлине көтөрүшү керек. Мындай тажрыйбага ээ болуу менен эмнеге умтулуу керектигин, эмнени идеал тутуп күрөшүү керектигин тактап алат. Ошондой тажрыйбага, көз карашка ээ болгондон кийин гана, ошол бири-бирине типтеш окуялардын ичинен элдин турмушунда, тарыхында өтө көрүнүктүү роль ойногон алгачкы мамлекет эпостун тарыхый ядросуна айландырылат. Мындай узак убактын ичинде эл ошол эпоско ядро болгон тарыхый окуяны дал өзүндөй эмес, көркөм ойлоонун фантазиясында укмуштанган аңыз сөздөр, уламыштар, жаңы көз караш, жаңы тарыхый фактылар менен байытат. Натыйжада, көркөм сюжетке ээ кара сөз түрүндөгү элдик оозеки чыгарма пайда болот. Ошону эл ичинен чыккан таланттар кайрадан иштеп, ырга айлантып, эпостук жаңы деңгээлге көтөрүп чыгат. Тарыхый баатырдык эпостун жаралуусунун мындай процессин «Манас» да башынан өткөргөн. Кыргыздардын алгачкы мамлекети кулап (X к.) кара кытайларга (XI–XII к.), монголдорго (XIII–XIV к.) көз каранды болуп, натыйжада, ошол алгачкы эркин мамлекетин кайра-кайра эске түшүрүп, ошол мезгилдегидей болууну эңсей бериши, экинчиден, ушул узак аралыкта, тажрыйбасы артып, тарыхый баатырдык эпосту жаратууну шартташы «Манас»

эпосунун жаралышын талап кылды. Мына ушул улуу миссияны Токтогул алгач колго алган болуу керек. Кыргыздын бардык жеринде «Манас» айтуу бышып жетилип, оргуп атылган булак көзү ачылбай тургандай шартта бул жаңылык дүрт деп жанып, элдик таланттардын биринен бирине өтүп, тез эле тарагандай түрү бар. Ар бир талант укканына өзү тарабынан нечендеген кошумчаларды кошуп төл чыгармасына айланткан да, натыйжада, алгачкы айтуучунун тексти дал өзүндөй сакталбаган жана аты эскерилбей унутулууга өткөн.

Токтогулдун качан туулуп, качан өлгөнү жөнүндө так маалымат жок. Анын ырларында сакталган маалыматтарга караганда ал Алтын Ордонун ханы Жаныбектин (1341–1357-жылдары бийлик кылган), анын иниси Бердибектин (1357–1359-жылдары бийлик кылган), Мавереннахр, Түркстан (Сырдарыя бою), Хорезм, Иран, Ирак, Афганистан, Закавказье, Турция, Индиянын бир бөлүгүн бириктирген (Пенджаб) улуу империянын өкүмдары аксак Темирдин (ал 1370–1405-жылдары бийлик кылган) тушунда жашаган.

«Жалпы журтка сайраган,
Булбул элем Токтогул,
Чарчабаган аргымак,
Дулдул элем Токтогул,
Тартынбаган ар иште,
Кургур элем Токтогул,
Качырганын кайсаган,
Тунжур элем Токтогул,
Толубайга жап-жакын,
Тууган элем Токтогул,
Топту бузуп туу жыккан,
Буудан элем Токтогул»[2]–

деген ырына караганда ал Жаныбек хандын тушунда жалпы журтка атагы жайылып, булбул деген атка конуп, таланты ташкындап, болжол менен 1310–1320-жылдары туулуп, күчкө толуп турган убагы болот да, Тимур аны даргага тарттырганда карылыкка баш койгон мезгили 1380–1390-жылдарга туура келет.

Токтогул деспот бийликке ар дайым каршы туруп, «Жалпы журт көргөн жабырды, Жайын айтып козгогон» демократ акын болгону биздин күндөргө сакталып жеткен аз сандагы эле ырларынан даана көрүнөт. Мисалы, Жаныбек хандын залимдигин, зулум зордукчул экенин тартынбастан бетине минтип айтат:

«Ата түрктүн балдарын,
Алды алдынан айдадың,
Адилет ишке барбадың.
Карчыга салдың калкылдап,
Ааламды алдың арчындап.
Эр өлтүрүп кун бербей,
Талап алып пул бербей,
Канкорлугуң арбыды.
Сенден кордук көрбөгөн,
Түрк баласы калбады.
Эрдин башын байладың,
Кошунуңду эзилтип,
Кодулап журтту жайладың.
Кемер курду байландың,
Журттун сөзүн укпастан,
Залимдикке айландың.
Акыретке барганда,
Чыкпас торго кармалдың»[3]

Же болбосо эл астында Жаныбектин зордукчулугун минтип ашкерелейт:

«Зили душман-калмактан,
Көрдүк далай кордукту,
Келин-кызга ээ кылбай,
Кылып турду зордукту.
Аябады жаныңды,
Алып турду малыңды.
Кызы талак ит калмак,
Кызылдай сорду каныңды»[4]

Мына ушундай деспоттун өлүмүн табалап, аны өлтүргөн Бердибекти жогору баалайт:

«Берендигин карматып,
Бердибек болду каныбыз.

Берен түрктүн балдары,
Тынчыды эми жаныбыз.
Куттуу болсун ханыбыз,
Кумардан чыктык баарыбыз,
Атпай түрктүн балдары,
Аман болсун жаныңыз»[5].

Токтогул жеке Жаныбек хан эмес, өз заманында бет келген ар бир деспотту ашкерелеп, сындап ырдаган түрү бар. Кыргыздын санжырасы боюнча катаган уруусунан Супатай деген баатыр чыккан экен. Супатай өлгөндөн кийин анын Карасейит, Сарысейит деген эки уулу бийлик талашып чабыша кетип, Сарысейит жеңилип, анын уулу Мажиттин колун Карасейит кесип алат. Буга ыза болгон Мажит жети уулун жана бир топ айылды ээрчитип Самаркан тарапка көчүп кетет. Көчүп баргандарга Мажиттин уулу Кудаян бийлик кылат. Бул мезгил Амир Темирдин бийлик жүргүзгөн учуру болот. Ал өтө каардуу өкүмдар болуп кол алдындагы элге зордоп мусулман динин кийрип, согуштарга керектелүүчү оор чыгымдарды алып турган. Ал дал ошол мезгилде: «Кыргыз деген жапан эл экен. Кудайы от, динсиз, мал багып көчүп жүрөт, буларды мусулманчылыкка үйрөтүш керек»,– деп алардын үстүнөн Кудаянды хан шайлайт. Кудаян ордосун Өзгөнгө көчүрүп келип, Амир Темирге жагыныш үчүн кыргыздарды күч менен мусулман динине кийирип, келмеге тили келбеген, орозо кармабаган, намаз окубагандарын мойнуна зоолу салдырып, айылды кыдыртып, акырында Ысар, Көлөпкө айдатып жиберген. Жөө айдалган кемпир-чал жолдо ачкадан кырылган. Мусулман динине каршы чыккандарын Амир Темир турган Самарканга айдатып, элдин көзүнчө асып өлтүрткөн. Өлүгүн ит-кушка жем кылдырган. Дал ошол учурда Амир Темир менен Кудаяндын кордугуна чыдай албай, амалсыздан көнүп жаткан элдин муңун муңдап Токтогул акын мындай деп ырдаган экен:

Кудаяндын тушунда куурап калдык,
Куургуч баштуу кожону туурап калдык,
Айыпсыз ата-энени кыргын чалып,
Ысар, Көлөп сүрүлүп чуулап калдык.

Аркы атаң эр Супатай Катагандан,
Коркомун Кудаян деп атагандан.
Паспортуң түгөндү деп зоолу салып,
Тоногон кара төөдөй-матагандан,
Өз атаң Сарысейиттен Мажит чолок,
Адамзат бул дүйнөгө келген конок.
Динине киргизем деп Мукамбеттин.
Конокту кордук кылдың боюн тоноп,
Кескениң Темир кандын душманы,
Кудаян бул айтканың жалган жомок,
Арбагы Кыргыз кандын сени урар,
Кыргызды кыйын кыйнап кылдың домок»[6].

Албетте, элдин таламын талашып, деспотторго каршы мындай ырдоо ал учурда жазасыз калмак эмес. Акын өзү:

«Атым менин Токтогул,
Аз Жаныбек соттодуң.
Айтып ырым чача албай,
Армандуу болуп токтодум.
Аз Жаныбек тушунда,
Армандуу болуп боздодум.
...Жаныбек басты демимди,
Калмактыгы билинди.
Калк ичинде сүйлөтпөй,
Кагып салды жинимди.
Арманы көп Токтогул,
Айнып калдым акылдан.
Айрылып калдым жете албай,
Агам Толубай жакындан»[7]–

деп ырдагандай Жаныбектен зор кордук тартса, Амир Темирдин зынданына түшүп, акыры даргага асылып өлгөн. Динге каршы чыккан катары өлүгү көмүлбөй, жакын адамдарынын үн чыгарып ыйлоосуна тыюу салынган. Амир Темирдин каарынан корккон эл түн ичинде үй-бүлөсүнө жашыруун угузуп, кара эчки союп кара ашын беришет. Ошондо Токтогулдун эжеси кошок кошуп жоктойт:

«Кара жаак Токтогул,
Калыстык менен ырдадың.
Каны менен бооруна,

Караниет кан Темир.
Кара жерди сырдадың,
Карга менен кузгунга.
Кайсы аралда жем болдуң,
Кадырың өткөн кыргызга,
Кара эчкиге тең болдуң.
Этеги жырык чапаның,
Элечек кийген апамын
Эркиңе көндүм кантейин,
Эркектер сага капамын.
Аскасы элем бийиктин,
Азоосу элем кийиктин.
Канкайган ак баш жорулар
Касымды жесин ийиктим[8]–

Башына түшкөн ушундай оор шартта да Токтогул өз кредосунан кайтпайт. Ал даргага асылар алдында да Амир Темирге тике карап:

«Амириң күчтүү болсо,
Жанымды аларың бар.
Бирок, мен жалынбаймын,
Тагдырга таарынбаймын.
Өлтүрсөң өлөрүм бар,
Өлбөчү өнөрүм бар.
Астырсаң денем калар
Ырларым оттой жанар»[9]–

дейт. Мына чыныгы таланттын тартынбас кашкөйлүгү деп ушуну айт. Ошондуктан,

«Токтогулдай ырчыны айт,
Толубайдай сынчыны айт» –

делип, анын аты эл оозунда макалга айланып, түбөлүк сакталып калган.

Токтогул – өтө назик лирик акын. Анын сүйүүгө арналган айрым ырлары бизге жетип олтурат:

Көзүмдү жумам түш көрөм,
Көктөгү учкан куш белең.
Кайберен болуп бутаңа
Качан бир жүрүп туш келем.
Арманда жатып түш көрөм,

Айланып учкан куш белең.
Акмарал болуп бутаңа
Акмарал качан туш келем[10].

Ассонанс, аллитерация, куюлушкан уйкаштык менен шөкөттөлгөн бул ырда лиризм кандай күчтүү. Жалындаган ышкы кумары шаркыратып төгүлүп ырдалган. Ал сүйгөнүнө жетпей махабат азабын тарткан акын:

Ырымдан башка дүйнөм жок,
Ырдасам жүрөк күйгөн чок,
Аларда сени Акмырзам
Артымдан келип тийди ок.
Сазымдан башка дүйнөм жок,
Сагынып жүрөк күйгөн чок,
Жетерде сага Акмырзам,
Жарадар кылды тийген ок[11].

Токтогул Баткендик болгону менен эрезеге жеткенден тартып Самарканга жакын жердеги Аксак Темирдин, айлы Кожоингерде (азыркы Буржун) өткөн. Акын ашык болгон Буржундук Акмырза сулуу Аксак Темирге аргасыздан турмушка чыккандан кийин, Токтогул аз да болсо Акмырзаны көрүп туруш үчүн хандын кол ырчысы болуп кызмат кылган:

«Келсин» деп жазган кабарың,
Көрмөккө сенин жамалың,
Булбулу болдум багыңдын,
Бул сенин кылган амалың.
Келтирди сенин кабарың,
Көздөрү күйгөн жанарым,
Сен үчүн келдим ордого,
Бул менин кылган амалым»[12].

Деспоттордун заманында акындын бул улуу махабаты муң-кайгы менен аяктайт:

Сүйүүгө акмын, тазамын,
Көтөрөм бардык жазаны,
Сүйгөнүң үчүн Акмырза.
Тартарсың сен да азабын,
Капаска түштүк экөөбүз,
Сайрашып жүрүп өтөбүз.

Ширинин тартпай дүйнөнүн,
Чырактай бир күн өчөбүз,
Тузакка түштүк экөөбүз,
Кол жетпей зарлап өтөбүз.
Жазыгын көрбөй жашоонун,
Турмуштан бир күн көчөбүз[13].

Токтогул – сүйүү лирикасынан башка лирикада да адамдын көңүлүн толкутуп ой-санаага салган чебер акын. Анын зынданда жатып чыгарган элегиясы – формасы жагынан да, өтө чебер образдуулук менен айтылган ички көркөм мазмуну жагынан да бүгүнкү профессионал кыргыз жазма адабиятында сейрек кездешкен классикалык элегия.

Алыска сапар алып,
Үн салып кербен барат.
Тааныштай токтой калып,
Көк менен булут көчөт.
Сагынтып турагыма,
Шыңгыры коңгуроонун.
Угулат кулагыма.
Жымыңдап жылдыз көктө,
Зынданда жатсам көрөт.
Апапак булут өтсө,
Кошулуп кетким келет[14].

Аңыз сөз, уламыш боюнча Токтогул Караван Самаркан аралыгына кербен узатып турган Сайдалинин уулу болот. Ал учурунда баласы Токтогулду ээрчитип, кербен баштап, мал айдап, далай жерди кыдыртып, уулун соодагерлик кесипке үйрөтүүгө аракет кылат. Токтогулдун кербен менен байланышы бардыгын жогорку элегиясы да ырастайт.

Сазы жок ырчың мына,
Сагынып күткөн болсоң,
Ак булут айтып барат.
Армандуу ырчысы жок,
Кербендер кайтып барар.
Мен минген каймал жайдаң,
Ээсин издеп барар.
Кербендер уруп айдап,

Тили жок күйүп жанар.
О жүрөк эстен танар,
Мен минтип каларымда,
Боз каймал боздоп барар
Угузуп кабарымды.
Сырдашым бусун болуп,
Ыйласам ыйлап барат
Гүлгө окшоп турсам соолуп,
Аяйт го атаганат,
Бере албай мага канат.
Барамбы барбаймынбы,
Ак булут, аппак булут.
Айта бар кабарымды[15].

Замандаштары Асанкайгы, Жээренче чечен, Толубай сынчы, Акыл карачач, Алдар көсөө сыяктуу мурдагы Алтын Ордого караштуу көчмөн түрк элдери казак, кара калпак, ногой, кумыктардагыдай аты, кылган иштери аңыз сөз, уламыштарда сакталбаганына караганда, Токтогул кыргыз урууларынын биринен чыккан жана бүткүл кыргыздарга гана таандык аттын кашкасындай таанымал улуу акын болгон.

Анын репертуары өтө кенен, өтө бай болуп, адамдын ички толгонууларын эң бир чебер бере алган лирикалар, деспотторго тикеден-тике каршы турган памфлет тибиндеги социалдык-саясий тарыхый төкмө ырлардан тартып улуу эпос «Манасты» алгач жаратуучулардын бири болгон. Ал ушул азыр аты гана сакталып, чыгармалары эбак эстен чыккан нечендеген залкар жомокчулардан, төкмөлөрдөн тартып аты, чыгармалары белгилүү соңку кездеги элдик таланттардын бардыгынын төл башында турган улуу талант, улуу инсан.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Тоголок Молдо.* Чыгармалар. II т. – Фрунзе: Кыргызстан, 1970. 138-бет.

[2] Кыргыз эл ырчылары. Баш сөзүн жазган жана түзгөн филология илимдеринин кандидаты Батма Кебекова. – Бишкек, 1994. 22-бет.

[3] Ошондо, 22-бет.

[4] Ошондо, 22-бет.

[5] Ошондо.

[6] *Закиров С.* Эл чыгармачылыгы – эл кенчи. – Фрунзе, 1981. 105–106-беттер.

[7] Кыргыз эл ырчылары. 22-бет.

[8] *Закиров С.* Эл чыгармачылыгы – эл кенчи. – Фрунзе, 1981. 106-бет.

[9] Легендарлуу ырчылар жана сынчылар. 20-бет.

[10] Ошондо, 20-бет.

[11] Ошондо, 21-бет.

[12] Ошондо, 21-бет.

[13] Ошондо.

[14] Ошондо, 21-бет.

[15] Ошондо, 22-бет.

## АСАН КАЙГЫ

«Көчмөндөрдүн философ-акыны» (Ч.Ч.Валиханов) Асан кайгы мурдагы (XIII–XIV кылымдардагы) Алтын Ордого караштуу бир катар элдерге (кыргыз, казак, каракалпак, ногойлорго) өзүнүн өлбөс-өчпөс чыгармаларын калтырып кеткен. Бир чети ушул асыл мурасты 6–7 кылым бою ашырса ашырып, акыры бир жерин да кемитпестен, кагазга атайы жазылып калтырылгандай оозеки сактап келген элдин эсине таң бересиң. Эл Асан кайгынын чыгармаларын кадимки өз калыбында сактап келгенин кыргыз, казак элдериндеги тексттеринин бипбирдей, эч айырмасыздыгынан байкаса болот. Айталы: «Ай, кан, мен айтпасам билбейсиң», «Бул заманда не карып», «Эдил бол да, Жайык бол», «Көлдө жүргөн коңур каз» ж. б. ырлардын мазмунуна, стилине караганда Асан кайгыга таандык экенине эч күмөндүрбөйт. Бул ырлардын эки элдеги тексти сапма-сап окшош келип, акындын өз оозунан угулуп жаттатылып, кийинкиге сакталып калганында шек жок. Эгерде ортодо алымча-кошумча болсо эки элдеги текстте айырмачылыктар болмок. Мындагы бир кызык нерсе ал чыгармаларды кыргыз кыргызчалап, казак казакчалап өз тилдерине которуп айтып келишкен.

Мисалы, «Көлдө жүргөн коңур каз» деген кыска ырынын текстин алып көрөлү:

Казакча:

«Көлдө жүргөн коңыр каз,
Кыр кадирин не билсин!
Кырда жүргөн дуадак
Су кадирин не билсин!
Ауылдагы жамандар

Ел кадирин не билсин!
Көшип-конып көрмеген
Жер кадирин не билсин!
Көшсө кона билмеген,
Консо көше билмеген,
Журт кадирин не билсин!»[1]

Кыргызча:

«Көлдө жүргөн коңур каз
Кыр кадырын не билсин.
Кырда жүргөн тоодактар
Суу кадырын не билсин.
Айылдагы жамандар
Эл кадырын не билсин.
Көчүп-конуп жүрбөгөн
Жер кадырын не билсин.
Көчсө коно билбеген,
Консо көчө билбеген,
Акылыңа көнбөгөн
Журт кадырын не билсин»[2].

Көрүп турганыбыздай эки текстте эки элдин тилине жараша фонетикалык айырмачылык болбосо, башка айырмачылык жок. Качанкы тексттин бүгүнкү күнгө чейинмындай так сакталышын, биринчиден, Асан кайгы өзүнүн терең философиялык мазмунга ээ ырларын бир уккан адамдын да көңүлүнө түбөлүк уюп калгандай жогорку көркөмдүктө бериши болсо, экинчиден, кыргыз, казак «сөз өнөрүн дүйнөдөгү искусствонун эң бийиги» деп карап (В.В.Радлов), аны ар дайым аздектеп көздүн карегиндей сактап келиши деп билүү керек.

Мурда көчмөн болуп келген көпчүлүк элдерде өткөндөгү тарыхын, белгилүү инсандарынын өмүр жолун изилдөөгө жол ачуучу жазма эстеликтер сакталбаган (болгон эмес десе да болот). Ошондуктан бирден бир сүйөнөөр булак элдик санжыра, аңыз сөздөр, фольклордук көркөм чыгармалар. Аны жазуу, сызуусу күчтүү өнүгүп, болгон окуяларды, тарыхты ирети менен жазып жүрүшкөн элдердеги сакталган кабарлар менен кылдат салыштырып

чыгуу керек. Ошондо гана тарыхый чындыктын көзү ачылат. Мына ушундай жол менен мындан 6–7 кылым мурун жашап өткөн өмүрү эл оозундагы легенда, аңыз сөзгө айланып кеткен Асан кайгыны да изилдөөгө туура келет. Ырас, тилекке жараша ал жөнүндөгү маалыматты, биринчи иретте, биздин күндөргө сакталып жеткен анын өзүнүн чыгармалары берет.

Асан кайгынын өмүр жолун, чыгармачылыгын изилдөөгө казак илимпоздору XIX кылымда эле сүрө киришкен. Атактуу илимпоз Ч. Ч. Валихановдон тартып М. Ауэзовго чейин Асан кайгынын тарыхый адам экенине күмөн санашпайт. Ч. Ч. Валиханов: «ногой философу Асан кайгы жайындагы аңыздар менен накыл сөздөрдүн көпчүлүгү ошол Жаныбек заманына катыштуу»[3]– деп жазып, аны ногойлордун (Алтын Ордонун) ханы Жаныбектин доорундагы инсан катары эсептейт. М. Ауэзов: «Бул тарыхта болгон адам, Бирок, тирилик эткен заманы Жаныбек тушу делгени болбосо ким экени, кай ортодон чыккан эле, кандай эмгек аракет этип, кандай өмүр кечип өттү эле,– ал жөнүндө эч кайсынысынан далилдүү дарек жок. Тарыхта болгон адамдардын ичинен өмүр жолу, иш эмгеги калктын нагыз эртегиси болуп, тек ошол калыпта гана ой-жадында сакталган адамдын бири ушул Асан кайгы»[4] – деп көрсөтүп, Асан кайгынын кайсы доордо жашаганынан күмөндөр болот.

Азыркы казак илимпоздорунун көпчүлүгү Асан кайгынын бир катар түрк элдерине орток акын экенин эске албай, аны жеке казактын акыны кылып көрсөтүш үчүн 1342–1357-жылдары Алтын Ордонун ханы Өзбектин уулу Жаныбек менен эмес, ага аты уйкаш, казак хандыгын алгач куруучусу, мурдагы Ак-Ордонун акыркы ханы Бstraктын уулу Жаныбектин (ал 1456-жылы Абылхайыр Шейбанин үстөмдүгүнө каршы күрөшкөн урууларды баштап чыгыш Дешти-Кыпчактан батыш Жети-Суу жерине конуш оодарат да 1465–1466-жылдардан баштап жаңыдан өз мамлекетин кура баштаган казак элинин бийлик башына келет) замандашы кылып көрсөтүп жүрүшөт. Мындай болгондо үч карама-каршылыкка учурайт. Биринчиси,

Асанкайгы жалаң казак акыны болгондо бир катар түрк элдери да аны кандайча өз акыны катары баалашат? Экинчиден, Асан кайгынын чыгармалары жана ал жөнүндөгү аңыз сөздөр Жети-Суу жерине эмес, көбүнчө Өзбек уулу Жаны-бек мекен эткен Эдил, Жайык менен кандайча байланышат? Үчүнчүдөн, Асан кайгынын ханга карата мамилеси Барактын уулу Жаныбекке караганда Өзүбектин уулу Жаныбектин мүнөзүнө жараша болушун кандайча түшүнүүгө болот. Мисалы, Асан кайгынын: «Элге тынч бир жайлуу жерге журт которолу» – деген пикирине Өзбек уулу Жаныбек ынабайт. Ал эми Барак уулу Асан кайгы айткандай чыгыш Дешти Кыпчактан батыш Жети-Сууга журт которот. Ушуга караганда кыргыз илимпоздорунун көз карашы туурадай. Алар бир ооздон Асан кайгы Алтын-Ордонун ханы Жаныбектин мезгилинде жашаган дешет. Мисалы, фольклорист Б. Кебекова мындай деп жазат: «Кыргыз фольклорундагы маалыматка караганда XIV–XV кылымдардын аралыгы Алтын-Ордонун ханы Жаныбектин мезгилинде өмүр сүрөт. Негизинен өмүр баяны, жашаган орду, окуялары аңыз-уламышка айланып кеткен. Ата-теги жөнүндө так маалымат жок. Айрым божомол ой жүгүртүүлөр орун алат. Бирок, бизге жеткен санат, термелеринин мазмуну боюнча Асан кайгы жашаган доордун реалдуу картинасын түзүүгө болот: Калк бир жерге байыр (конуш) ала албай, «белден береке, көлдөн көрк» кетет. Улук адилеттиктен тайып, калк ары удургуп, бери удургуп, бейпилчилик издеп азып-тозот. «Ата журту букара» бийлиги колунда болбой, өз башына ээлигин жоготуп, эр азаматтын башына нокто түшөт. Акылман муну элге «аңгеме кылып айтып», кайгыра берип, «Карып болот»[5]. Асан кайгыны Барак уулу Жаныбектин замандашы эсептеген казак илимпоздорунун изилдөө жыйынтыгы деле аны Өзбек уулу Жаныбектин дооруна алып келет. Мисалы, А. Дербисалин: «Ошо туштa өмүр сүрдү деген Асан калк өмүрүнүн күндүз күлкү, түндө уйкудан айрылган ачуу кайгы-касиретинен, талоо менен тоноодон, кыруу менен жоюудан, кулдук менен күңдүктөн кийинки жоо көзүнө көрүнгүс, жоо аягынан алыс жайлуу жакшы мекенди ар-

зуу менен издеген бүткүл тилек-эңсөөнүн жыйнактоочу сүрөткери тариздүү»[6]– деп жазат.

Мындан көрүнүп тургандай бул доор казак уруулары жанга жайлуураак Барак уулу Жаныбектен паана издеп баш кошкон учур эмес, Алтын Ордодо сырткы согуштар менен ички феодалдык кырылыштар өрүш алып, мамлекет ичтен ыдырап, бири биринен окчундаган аймактарга бөлүнүп, калк букарасы катуу түйшөлө баштаган Өзүбек уулу Жаныбектин заманы. Муну эл оозундагы аңыз сөздөр да дагы бир жолу айныксыз ырастайт. Кыргыз аңыз сөздөрүндө Асан кайгынын замандаштары Жээренче чечен, Акыл карачач, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Алдар көсөө болгон. Асан кайгы Жээренче чечен менен замандаш болгонун Ного[7] Кара калпак[8] илимпоздору да белгилешет. Булар Өзбек уулу Жаныбектин тушунда жашашканын далилдөөчү Жээренче чеченге байланыштуу мындай аңыз кеп бар. Жээренченин келини Карачачка ашык болгон Жаныбек хан аны алмакчы болуп, Жээренче чеченди алыска сүргүнгө айдатат. Жээренче чечен элге кат жазып Жаныбекти иниси Бердибекке өлтүртүүгө кеңеш берет. Иш Жээренче чечендин кеңешиндей аяктайт. Ал эми Токтогул ырчы Жаныбектин зордук-зомбулугун баяндап келип, анын ордуна хан болгон Бердибек жөнүндө минтет:

«Берендигин карматып,
Бердибек болду ханыбыз.
Берен түрктүн балдары,
Тынчыды эми жаныбыз.
Куттуу болсун ханыбыз»[9].

Чындыгында эле, тарыхта 1342–1357-жылдары Алтын Ордону бийлеген Жаныбек Өзбек уулун иниси Бердибек өлтүрүп, ордуна хан болуп олтурат. Демек жогоркудай элдик аңыз сөздө ошол тарыхый окуя сакталган. Мындан Асан кайгы Алтын Ордо доорунда жашагандыгы, андыктан ал ошол ордого баш ийген бир катар түрк элдеринин тең орток акыны болгону айгинеленет.

Алтын Ордонун тушундагы XIII–XIV кылымдар түрк адабиятынын ренессансынын Караханид доорундагы Жусуп Баласагундук, Махмуд Кашкарлыктан кийинки экин-

чи этабы болгон[10] да жазма адабияттын бир канча мурастары жарыкка чыккан. 1322-жылы Алтын Ордонун акыны Кул Галинин «Киссаи Йусифи», 1303-жылы кыпчак тилинин сөздүгү «Кодекс-куманикумейси», 1310-жылы Завгусинин «Кисса сул анбиеси» 1341–1342-жылы Кутбинин «Хосров, Ширини», 1359-жылы Ахмет Хорезиминин лирикалык махабат дастаны «Мухаббатнамеси» 1391-жылы Саиф Сарайинин «Гүлстан бит түркиси», 1409-жылы Дүрбектин «Йусуп Зулайкасы» жазылды.

Асан кайгынын өмүрү түрк элдеринин жазма адабиятынын гүлдөөсүнүн ушул экинчи этабына туура келет. Бирок, «Асанкайгы ошол жазма адабият менен тааныш болгонбу?– деген закондуу суроо туулат. Ногой, кара калпак илимпоздору: «Асан кайгы жана ага замандаш бир катар акындар сабаттуу болгон дешип, алардын чыгармаларын, жазма адабиятка таандык кылышат[11]. Кебетеси, Асан кайгы отурукташкан элдин айрым өкүлдөрүндөй системалуу билим албастан өзүнүн көчмөн тегине жараша тийди-качты билим алып, тигил жазма адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары менен чоң таасир тийгендей өтө терең тааныш болгон эмес. Ошондуктан анын чыгармаларында жазма адабияттын айрым белгилери байкалганы менен негизинен импровизатордук менен байланышып, төкмө акындардын чыгармаларына көбүрөөк жакындык кылат. Ырас, анын чыгармачылыгы төкмө акындардан да өзгөчөлөнгөн айырмачылыгы бар. Ал философ, ойчул, даанышман. Ошондуктан ал төкмө акындардай комуз же домбуранын коштоосунда шар төгүп ырдабастан, көбүнчө куңгүрөнүп жалгыз олтуруп, жан-жаныбар, жаратылыш-табият, жерсуу, ай-аалам, адамзат, адамкерчилик, адам парзы, адам жана эл-журт тагдыры, бийлик менен социалдык-коомдук түзүлүш ж. б. жөнүндө кенен акыл менен коштолгон философиялык ой толгоолорун тактап, аны эл алдына келгенде макал-лакап таризде жай салмакта акыл-насаат катары жорго сөзгө жакын айткан түрү бар. Айталы санат-насыят термелеринен мисал келтирсек:

«Ар нерсени көргөн билер,
Алыс жолду жүргөн билер.

Ат кадырын жөө жүрүп,
Белге этегин түргөн билер.
Бул кадырын саткан билер,
Туз кадырын таткан билер.
Ток кадырын ач билер,
Сөз кадырын айткан билер.
Жөө кадырын баскан билер,
Соо кадырын оору билер,
Зар кадырын өлгөн билер,
Муң кадырын күйгөн билер,
Бар кадырын жок билер,
Дүйнө кадырын тапкан билер,
Тууган кадырын бөлүнгөн билер,
Мал кадырын саяпкер билер,
Күмүш кадырын зергер билер.
Куш кадырын мүнүшкөр билер,
Эл кадырын азган билер,
Жер кадырын көчкөн билер,
Булак кадырын ичкен билер.
Өмүр кадырын өчкөн билер,
Хан кадырын калк билер.
Агайын кадырын жат билер.
Өлүү кадырын тирүү билер,
Тоо кадырын сүрүлгөн билер,
Жоо кадырын чабылган билер.
Заман кадырын тарыган билер,
Башынан өтүп көрбөгөн,
Жаман-жакшыны кайдан билер»[12].

Же:

Ат кадырын биле албайт,
Алыска сапар жүрбөгөн.
Калк кадырын биле албайт,
Адилетсиз сүйлөгөн.
Чом кадырын биле албайт,
Жабуулап атты минбеген.
Жер кадырын биле албайт,
Көчүп-конуп жүрбөгөн.
Суу кадырын биле албайт,

Чаңкап келип конбогон.
Журт кадырын биле албайт,
Акыл айтса көнбөгөн.
Сөздүн жайын биле албайт,
Жыйын-топко барбаган.
Нар кадырын биле албайт,
Катарлап төө тизбеген.
Жетелеп жүрүп байге албайт,
Жетеси буудан чаппаган.
Куштун табын биле албайт,
Ак шумкар таптап салбаган.
Өмүрүндө оңолбойт.
Өз эшигин аттаган.
Кадим-каада биле албайт,
Жакшыдан нуска тийбеген»[13]–

деп ар кыл турмуштук көрүнүштөрдү сюжетсиз тизмектеп философиялык ой жүгүртүп, ой толгоп, жай олтуруп акыл-насаат айткан дидактикалык чыгарма катары берет. Формасы жагынан төкмө ырлардан айырмаланып, интонация, ыргагы боюнча макал-лакапка жакындашып, кадимки речитатив түрүндө айтылганы байкалат.

Айтса Асан кайгынын жогорудагыдай дидактикалык чыгармаларына байланыштуу ушул жерде бир нерсени эскере кетүүгө туура келет. Баштагы Алтын Ордого караштуу бир катар түрк элдеринде кыргыздын санат насыят ырларынын жанрына окшош, жакын чыгармалар кездешет. Ал казак, ногой, кара калпактарда толгау, кумыктарда ойлу йырлар, башкырларда кобайыр аталат. Бул жанрга жаткан чыгармалар жөнүндө казак окумуштуусу Б. Ш. Абылкасимов: «Азыркы учурга чейин казак окумуштууларына толгоо жанры атам замандан бери улуттук, жалгыз гана казак поэзиясына таандык эсептелчү. Чындыгында толгоо жанры түрк урууларында алар өз алдынча эл болуп биригишкенге чейин болгон деп ойлошко негиз бар, Бирок, колдогу материалдар боюнча, ал кыпчак тилдүү чөйрөдө гана өсүп-өнүккөн. Ошондуктан толгоо тарыхый генетикалык аспектиде бул региондун элинин оозеки поэзиясындагы жалпы жетишкендик болуп саналат,– дейт

да, андан ары оюн улап,– кыргыздын оозеки поэзиясында санат-насыят жанры бар, окшоштугу же ал турсун, акыл насаат айтуучу – дидактикалык толгоо менен поэтикалык структуранын бардык деңгээлинде жалпылыгы билинип турат. Аталышынын ар башкалыгына карабастан бул жанрдын бардыгынын маңызы бир»[14],– дейт. Демек, Асан кайгыга чейин эле түрк тилиндеги элдерде санат-насыят тибиндеги дидактикалык чыгармалар калыптанган, Асан кайгы андан үлгү алып улантуу менен аны жаңы бийиктикке көтөргөн. Ошондуктан бир катар изилдөөчүлөр аны түрк элдеринин поэзиясын баштоочу катары эсептешет. Ырасында эле Асан кайгы түрк поэзиясын баштоочу болбосо да, аны жаңы бийиктикке көтөрүү менен өзүнөн кийинки көп муундарга үлгү, жол көрсөткүч болду. Муну «XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздын коомдук саясий жана философиялык ой-пикирине чоң таасир тийгизген»[15] Калыгулдан тартып нускоочу чоң акындар Арстанбек, Жеңижок, Токтогулдун мисалында көрүүгө болот. Асан кайгынын санат термелеринде:

Бул дүйнөдө не карып,
Ак калалуу боз карып,
Айтылбаган сөз карып,
Замандашы болбосо,
Карыя болор тез карып,
Кадырын жеңе билбесе,
Бойго жеткен кыз карып.
Эл жакалай конбосо,
Бетегелүү бел карып,
Каз-өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Мурадын таап албаса,
Кемел да болсо уул карып,
Улук адил болбосо,
Убара болот эл карып,
Жакшыларга айтпаса,
Алтын каухар сөз карып[16],–

деген саптар бар, ушул ыр түрмөгү сөзмө-сөз казактарда да кезигишине караганда[17] анын Асан кайгыга таандыгы

талашсыз. Эми ушул ыр түрмөгү Калыгулдун терме санат ырларында толугу менен сөзмө-сөз кайталанат[18]. Мүмкүн, эл аны Калыгулдун оозунан такай угуп жүргөндүктөн ага таандык кылышкандыр. Неси болсо да бул ыр түрмөк Калыгул Асан кайгынын чыгармаларын жатка билип, андан үлгү нуска алганын күбөлөйт. Дегинкисин айтканда Калыгулдун чыгармалары идея мазмун жагынан болсун, интонация, ыргак жагынан болсун Асан кайгыга үндөш, жакын.

Ушул эле ыр түрмөгүн Жеңижок сөзмө сөз кайталап келип, аны чыгармачылык менен минтип улайт:

Кайберен, кийик жатпаса,
Карайган аска таш карып,
Ата-энесин ыйлатып,
Арманда кеткен жаш карып,
Айланып булут каптаса,
Агарып аткан таң карып.
Кыштын күнү талаада,
Кароосуз калган мал карып,
Кол арыктан суу ичпей,
Чөлдө өскөн тал карып,
Кемпиринен айрылган,
Жетимиште чал карып,
Эл-журтунан ажырап,
Ээн баш жүргөн жаш карып,
Айылдан кызды тандаса,
Мураадын таап албаса,
Ким да болсун ал карып,
Асмандан жамгыр жаабаса,
Жазында чыккан гүл карып,
Ай жылдызы көрүнбөй,
Борошо урган түн карып,
Өлүп калса доосу жок,
Доого келген күң карып.
Кадырын таап минбесе,
Кара буудан ат карып,
Окуткан менен билбесе,
Убара болгон кат карып[19],–

мындан көрүнүп тургандай кыргыздын түндүктүк, түштүктүк акындары Асан кайгынын чыгармаларына бирдей таасирленип үлгү алышып, аны чыгармачылык менен улантышып, тематикасы жактан кеңитип, жаңы мазмун менен байытышып ырдашкан.

«Арстанбек Калыгулду көрбөсө да, мурунтан угуп-билип, андан нуска алганы көрүнүп турат. Эки акындын ырларынын багыты, мазмуну өтө окшош болгондуктан, айрым учурда аларды ажыратып билүү оңой-олтоң иш эмес»[20]. Демек, Арстанбек да Калыгул аркылуу Асан кайгыга таасирленип, анын жолун улантуучулардын бири дешке болот. Анын үстүнө ал өзү да Асан кайгынын чыгармачылыгына түздөн-түз таасирленгенин айрым фактылар күбөлөйт. Мисалы, күү изилдөөчү А. Кайбылдаевдин билдирүүсүндө Арстанбек аткарып жүргөн «Эки ногойдун коштошкону» деген ырдуу күүнүн сөзү да, күүсү да «Керме Тоо» деген ат менен Асан кайгыга таандык.

Токтогулдун «Санаты» Асан кайгынын «Санат термесиндеги»:

«Аргымакты жаман деп,
Бууданды кайдан табасың?
Агайынды жаман деп,
Тууганды кайдан табасың?
Ак саманды жаман деп,
Чөптү кайдан табасың?
Аз оокатты жаман деп,
Көптү кайдан табасың?»[21]–

деген ыр түрмөгү менен башталып, Жеңижокчосунан андан ары аны кеңитип, өзүнүн төл чыгармасы менен минтип улайт:

Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.
Болбос жаман арамза,
Болумсуз ишке малынат.
Кийинкисин ойлобой,
Кишинин көөнү калынат.
Жакынына жакпаган,
Жат кишиге жамынат.

Канды кудай ураарда,
Калкына жаман кас болот.
Байды кудай ураарда,
Дөөлөтүнө мас болот.
Кышты кудай ураарда,
Күн жылымдап жаз болот,
Эрди кудай ураарда,
Элүүсүндө жаш болот»[22] –

деп, ырын дагы далайга узартат. Токтогул кыргыздын башка акындарындай эле Асанкайгынын ырларын жатка айтуу менен бирге аны улантып, кеңитет да философиялык маанайдагы – дидактикалык ырлары анын чыгармалары менен үндөшүп кетет. Ошентип, кыргыз акындары Асан кайгынын чыгармаларынан үлгү алуу менен бирге өз замандарынын кырдаалына жараша тематикасын кеңитип, социалдык коомдук саясий көз караштарына ылайык мазмун менен байытышып жаңы баскычка көтөрүшкөн.

Асан кайгы атап айтканда гуманист-философ акын. Анын кайсыл чыгармасын албайлы, гуманисттик ой толгоолордун философиялык жыйынтыгы. Чыгармаларында акын жер жүзүндөгү тиричилик эткен жандуу-жансыздардын чоң-кичинесине, адам турмушуна пайдасы бардыгына же жоктугуна карабай, табият, тагдыр алдына койгон чабал жактарын эсепке алып, бардыгын тегиз аяп, боорукерлик менен муңга баткан.

Куйругу жок, жалы жок,
Кумда туулуп, чөлдө өскөн,
Кулан байкуш кантти экен?
Чымчып алар жүнү жок,
Чыңырарга үнү жок,
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Кылган камы жок,
Алган даны жок,
Баккан малы жок,
Мал багарга алы жок,
Көзү-башын көгөртүп,
Көгөн байкуш кантти экен?

Таразасын көтөрүп,
Тарбаңдаган шор тумшук,
Таш бака байкуш кантти экен?
Жатарга жайы жок,
Жан багарга алы жок,
Чымын байкуш кантти экен?
Боору жерге жабышып,
Басалбаган балчактап,
Бака байкуш кантти экен?
Кирерге эшиги жок,
Корголор тешиги жок,
Коңуз байкуш кантти экен?
Оргон-жыйган чөбү жок,
Эчтемеге эби жок,
Доңуз байкуш кантти экен?[23]

Ошол ак жайдын күнү калың мөндүр түшүп, жаан көнөктөп куюп, борошого айланып, каз-өрдөк каркылдап уча албай, мал жер тээп оттой албай, жер бетин муз каптап, суу тоңуп жут болгондо кээ бир макулуктардын өлүмгө туш болуп кырылышына боору ооруп, жаны ачып сүрөттөшү жөнөкөй кишинин да зээнин кейитет.

Бороон чапкын күч алды,
Суунун башын муз чалды,
Балык байкуш кантти экен?
Көргүлүктү көргөн чыгар,
Суу түбүндө өлгөн чыгар.
Жайлоодо жабуу албаган,
Арык байкуш кантти экен?
Баш калкалар үйү жок,
Курт-кумурска кантти экен?
А дүйнөнү көргөн чыгар,
Куурап баары өлгөн чыгар,
...Уясын кар баскан чыгар,
Шору таштай каткан чыгар,
Муздап карда жаткан чыгар,
Чымчык байкуш кантти экен?
...Суук тоңуп, муз болду,
Каз өрдөктөн канча өлдү экен?[24]

Жадесе көзгө илешпеген майда макулуктар көгөн, чымын, кар түшкөндө уясын басып, шордогон тырнактай чымчыктан беркинин көргөн күнүн ойлоп муңга батканды ктан, эл анын атына «кайгы» деген сөздү кошуп айтышкан. Албетте, жөнөкөй адамдарга жогоркудай жандыктардын көргөн күнү ойлондурбай, кайдыгер калтырышы турган иш. Ошондуктан болор-болбос ишке да капалана бергенди «Асан кайгычыл адам» дешип, анын атын лакапка да айландырып жиберишкен.

Чыңгыз Айтматов Батыш европалык окурмандар менен жолугушканда:

«Чымчып алар жүнү жок,
Чыңырарга үнү жок,
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?» –

деген ыр саптарын мисалга тартып, Асан кайгы кандай адам болгондугу жөнүндө кеп салат экен. Цивилизациянын туу чокусундагы ошол элдер: «Кандай феномен гуманист-ойчул!» – дешип ага аябай таң берип калышат экен. Чындыгында өзүн эмес атын укканда адамдын дене-бою дүр дей түшкөн жыланга да аео менен караган Асан кайгы не деген керемет боорукер болгон.

Асан кайгы жалаң жандууну гана эмес, жансыз жаратылышка да аео менен карап убайым тарткан:

Шамал улуп уулдап,
Бак-дарактар шуулдап,
Суук аяз закымдап,
Чилде келди жакындап.
Тогуз торко тон кийген,
Шилби баатыр кантти экен?
Жалаңкат көк чапандуу,
Ыргай баатыр кантти экен!
Карыш узун тамыр жок,
Камгак баатыр кантти экен?
Али дагы бышпаган,
Жаңгак баатыр кантти экен?
Кеспей жылда бир шагын,
Шабдоол баатыр кантти экен?

Чечектеп түштү боз туман,
Өрүк житип кантти экен?
Жүзүмдөрдү көмбөдүк,
Талдары тоңуп кантти экен?
Аяз жалап кызыл гүл,
Өңү өчүп кантти экен?
Ташка өсөт таш жарбай,
Сөлү качып кантти экен?[25]

Асан кайгы өсүмдүктөрдү жансыз эмес, жандуу, кадимки адам таризде элестетип, өсүп-өнгөнүнө кубанып, акыры өлгөнүнө (куураганына) кадимкидей жаны кейийт. Мисалы, «Как элеси башкача, карагай сулуу» адамча жаралат (туулат). «Жалбырагы күбүлбөй, жайы-кышы туруп» бой жетет, анан «бир нече кылым өткөндө, өзөгү чирип бузулуп, жалбырагы куурап жарга кулайт, отунчу жарып, ордуна доому калбайт». Бул Асан кайгыга курман болгон кечээги баатырлар таризде таасир калтырып: «Мына мындай өзгөрүү мага салды арманды»,– дейт. Же болбосо дарак бийиги ак терек, шагы ийилген алма, асылдыгы билинген анжылар: «Акыры өчүп кеткенде жүрөгү көктөй тилинет».

Ошентип, Асан кайгынын ой жүгүртүүсүндө адам жана табияттын жалпы гармониясын түзүү менен жаманчылыкты четке кагууга болот. Б. а. адам бардык жандуу-жансыз нерсеге этият мамиле жасап, ага жардам кылуу, аны сыйлоо менен аны менен бирдиктеги жалпы гармонияны түзө алат. Кыскартып айтканда, Асан кайгынын моралдык көз карашынын негизин адам гана эмес, жалпы эле жаратылыштагы жандуу-жансыз нерсеге боорукерлик кылуу менен адам менен табияттын эки ажырымы эмес, бирдиги түзүлөт. Асан кайгынын бул асыл идеясы бүгүнкү күндө дүйнө жүзүн кара тумандай каптап келе жаткан экология проблемасын чечүүгө да үндөшүп турушу менен актуалдуулугун жоготпостон, кайра жаңы бийиктикке көтөрүлүп чыгууда.

Албетте, Асан кайгынын чыгармаларынын башкы темасынын бири – адам. Ал бул жагынан демократ акын катары көрүнөт. Биринчи иретте турмуштан жабыр тарткан бей-бечаралардын тагдырын ойлоп, азаптанат.

Жармач эле малы жок,
Жамынарга жабуу жок,
Актап ичер таруу жок,
Алкынып чыгар алы жок.
Жарды байкуш кантти экен?
Балдары үшүп бүжүрөп,
Же ичерге тамагы жок,
Жагарга отуну жок,
Бутуна киер өтүгү жок,
Заманасы куурулуп,
Тозок отун көргөн чыгар,
Толгонуп ыйлап жүргөн чыгар[26].

Тагдыр кыйынчылыкка туш кылган калктын ар бир катмарына өз өзүнчө көңүл бөлүп сары санаа тартат.

Оокат кыларга эри жок,
Отун аларга эби жок,
Чапаны жыртык жеңи жок,
Жесир байкуш кантти экен?
Жеңесинен жеме угуп жүргөн,
Көңүлдөн калгыс кеп угуп жүргөн,
«Жетим шүмшүк» деп угуп жүргөн,
Кийми жок жылаңач болсо,
Тебетейи жок жылаңбаш болсо,
Көзүнөн жаш агып жүргөндүр,
Алдейлеген эне жок,
Асыраган ата жок.
Жетим байкуш кантти экен?
Өйдө чыкса белим деп,
Ылдый түшсө тизем деп,
Токтото албай өз боюн.
Кары байкуш кантти экен?
Бай-бай оокат ай,
Жок болсо мал кыйынын кантейин,
Табылбаса нан кыйынын кантейин,
Ажал жетип өлгөнчө жан кыйынын кантейин.

Суугa муудзап,
Сөөгү сыздап,

Чалбарларын кие албай,
Чалдар байкуш кантти экен?
Байпагын кие албай,
Басып жүрө албай.
Балдар байкуш кантти экен?
Келини тил албай,
Кепичин кие албай,
Не кыларын биле албай,
Жөн басып жүрө албай,
Кемпир байкуш кантти экен?[27]

Ошондой эле Асан кайгы өз журтунун кайгы-касиретин, муктаждыгын терең түшүнүп, муңун муңдап, зарын зарлап, анын көрөр күнүн ойлоп кайгы тартат. Ал бейбит жайлуу, молчулук өмүрдү эңсейт.

Элиң бейпил болбосо,
Желе тартып, бээ байлап,
Суу жакалай конбосо,
Сугун артып душманың.
Суунун башын булгаса,
Ат күлүгүн ылгаса,
Аргымак минип дууласа,
Салкын төрдөн не пайда[28].

Же болбосо:

«Акыл кетсе башыңдан,
Маңдайыңда шор болор,
Эр азамат кор болор.
Ачуу душман, акыл дос,
Ачуу түбү кем болор.
Ачууну тыя албаса,
Агайынды арбаса.
Ар душманга жем болор.
Ынтымак кетсе ыдырап,
Журт башчысы дел болор.
Айткан сөзү жел болор.
Кызыл жибек кырмызы,
Баркы кетип боз болор.
Баасы кетсе улуктун,
Бар адамга сөз болор.

Кайгы түшсө башыңа,
Күндө кара түн болор,
Адыр-адыр ак талаа.
Козголбосо ным болор,
Атадан калган алгы сөз.
Айтылбаса кор болор,
Алтын капка ак калаа.
Корголбосо чым болор,
Анда бир күнүң, не болор?
Элиң кетсе ыдырап,
Жооң турса жобурап.
Жонго чаап кодулап,
Ошондо айлаң не болор?
Ай караңгы түн болор,
Асыл жаның күм болор.
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Түбү бирге эмеспи.
Тууганың келер кашыңа,
Душманың чыгар башыңа.
Тоз-тоз болуп кетесиң,
Айлаңды таппай жашына.
Тоо, токой болор конушуң,
Мындай заман туш болсо.
Кыйын болор оңушуң.
Аргымактан жал кетер,
Азаматтан ал кетер,
Азган журтуң не этер,
Асан кайгы карыяң
Желмаян минип жер кезер»[29] –

дейт. Ал өзүнүн кредосун минтип тактайт:

Элим-элим дебесе,
Өйдө-төмөн удургуп,
Көчүп-конуп жүдөгөн,
Элдин камын жебесе,
Улук алды чыкпаса,
Улуу сөздөн айтпаса,
Акылмандан не пайда?
Калкым, калкым дебесе,

Калктын камын жебесе,
Кан алдына чыкпаса,
Калыс сөзүн айтпаса,
Башын катып уктаса,
Карыядан не пайда?
...Таңдайлашкан доо келсе,
Маңдайлашкан жоо келсе.
Калк алдында беттешип,
Калыс кебин айтпаса.
Калк камчысын чаппаса,
Чечендиктен не пайда?»[30]

Асан кайгы бул кредосун сөз жүзүндө гана эмес, иш жүзүндө да жүзөгө ашырат. Ал өз көңүлүнө толбогон Жаныбек хандын кылыктарын батылдык менен сынайт.

«Ай, кан, мен айтпасам билбейсиң,
Айтканыма көнбөйсүң.
Чабылып жаткан калкың бар,
Аймагын көздөп көрбөйсүң.
Кымыз ичип кызарып,
Мастанып, кызып тердейсиң.
Өзүңдөн башка кан жоктой,
Өрөпкүп неге сүйлөйсүң?»[31]

Асан кайгынын чыгармачылыгы Алтын Ордонун хандары, мырзалары өз ара тартышкан, бирин-бири кырышкан XIV кылымда өсүп-өнгөн. Натыйжада, бир кездеги күчтүү мамлекет алсыраган абалга жеткен. Асан кайгы буга баарынан мурун Жаныбек хан күнөөлүү деп эсептейт.

Кырылган аталар үчүн,
Энелердин кошогу үчүн.
Жакырданган эл үчүн,
Шамалдай зымыраган уулдар үчүн.
Кыжыры кайнаган Ата Журт үчүн,
Жаныбек аттуу биздин хан.
Сенден жооп талап кыламын»[2]–

дейт. Бул Жаныбек хандын үстүнөн элдик өкүм катары угулат.

Асан кайгы элдин аң-сезиминде кандай жол менен согушсуз, өз ара талап-тоноосу адилеттүү коомду эңсеген

боорукер катары сакталган. Ал эл башына түшкөн оорчулуктан кутулуунун жолу мал өстүрөргө кышы жылуу, чөбү чүйгүн, суусу мол, жоодон коопсуз конушка көчүп кетүү деп эсептейт. Ушул максатта акын калкка майлуу конуш таап, ага элди туруктуу мекен эттирип, дөөлөткө колун жеткирсем деп алдас урат. Асан кайгы анын поэзиясынан көрүнүп тургандай мындай жерди табыш үчүн Алтын Ордонун бүткүл аймагын желмаян минип алты жылы кыдырган. Ногойлордо Кубан, Волга, Сыр дарыя тууралуу ыры, поэмасы сакталган[33]. «Асан кайгы казак талаасынын көп жерин аралап, анын кең өлкөсүн түгөл билип сын айткан киши болгондуктан анын аты бардык казак жерине тегиз тараган»[34].

Кыргыз уламышы боюнча бир жагынан жоо алып, бир жагынан доо алып жана да Жаныбек кандын катаалдыгынан калк катуу тунжурайт. Ошондо Асан кайгы желмаян минип, малга жайлуу, адамга сыйлуу конуш издеп жер кезет. Обь, Иртыш суусун, Сыр-Дарыя боюн, Түркстан жерин, Чу аралыгын кыдырып, Көл, Ат-Башы, Текес, Жылдыз, Алты шаар, Кашкарга жетет. Кыргыздарда анын Иле, казактын көз жетпеген талаасы Сары-Арканы, Анжыян, Кашкар, Алты шаар Ысык-Көлдү сыпаттаган ырлары сакталган. Уламыш боюнча акыры Ысык-Көлдү жактырып аны конуштап калып, өлөр алдында айткан керээзи боюнча сөөгү касиеттүү Ысык-Көлдүн адам жүрбөй турган бир аралына коюлган экен.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Бес гасыр жырлайлы. I том. – Алматы, 1989. 26-бет.

[2] *Мусаев С.,* Турдугулов А. Көркөм сөз өнөрү. Орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби. – Бишкек, 1999. 259-бет.

[3] *Валиханов Ч. Ч.* Собрание сочинений. В 5-ти т. Т. I. – Алма-Ата, 1961. С. 218.

[4] Казак адебиетинин тарихы. Жалпы редакциясын баскарган академик М. О. Ауэзов. I т. – Алматы, 1960. 255–256-беттер.

[5] Кыргыз эл ырчылары. Баш сөзүн жазган жана түзгөн филология илимдеринин кандидаты Батма Кебекова. – Бишкек, 1994. 9-бет.

[6] *Дербисалин А.* XV–XIII гасырлардагы казак поэзиясы. – Алматы, 1982. 18-бет.

[7] *Сикалиев А. И.* Литература – Ногойцы. – Черкесск, 1988. С. 214–215.

[8] *Нурмухамедов М.* Кара калпак адебиятынын дорсун хаккында. – Амударья, 1968. № 6. С. 120–125.

[9] Легендарлуу ырчылар жана сынчылар/Түзгөн жана баш сөзүн жазган Мелис Абдылдаев. – Бишкек, 1994. 23-бет.

[10] *Ганиева Р. К.* Восточный ренессанс в тюркской литературе//Тюркология – 88. – Фрунзе: «Илим», 1983. С. 398.

[11] *Сикалиев А. И.* Древнетюркские письменные памятники и ногойцы//Советская тюркология. 1970. № 4.

[12] *Нурмухамедов М.* Каракалпак жазба адабиятынын дорсун хаккында. – Амударья, 1968. № 6. С. 123–124.

[13] Кыргыз эл ырчылары. Баш сөзүн жазган жана түзгөн филология илимдеринин кандидаты Батма Кебекова. – Бишкек, 1994. 14-бет.

[14] Ошондо. 15-бет.

[15] *Абылкасимов Б. Ш.* Жанр толгау в казахской устной поэзии. – Алма-Ата, 1984. С. 15–16.

[16] *Абдылдаев М. К.* Түзүүчүдөн. Мурас/Түзгөн философия илимдеринин кандидаты М. К. Абдылдаев. – Фрунзе, 1997. 8-бет.

[17] Кыргыз эл ырчылары. 15–16-беттер.

[18] Бес гасыр жырлайды. 25-бет.

[19] Мурас. 24-бет.

[20] Мурас. 247–248-бет.

[21] *Абдылдаев М. К.* Арстанбек Буйлаш уулу. – Китепте: Мурас. 36-бет.

[22] Кыргыз эл ырчылары. 16-бет.

[23] Токтогул. Санат. – Китепте: Мурас. 302-бет.

[24] Асан кайгынын сөзү. – Китепте: Кыргыз эл ырчылары. 17-бет.

[25] Ошондо, 18-бет.

[26] Кыргыз поэзиясынын антологиясы. I том. – Бишкек, 513-бет.

[27] Кыргыз эл ырчылары. 19-бет.

[28] Ошондо. 18-бет.

[29] Ошондо. 11-бет.

[30] Кыргыз эл ырчылары. 13-бет.

[31] Ошондо, 12-бет.

[32] *Сикалиев А.* Литература – Ногойцы С. 218. (Колдо оригиналдын жоктугунан Сикалиевдин ногой тилинен орусча сөзмө-сөз котормосунан кыргызчага сөзмө-сөз которулду).

[33] Ошондо. С. 217.

[34] *Суйуншалиев Х.* Асан кайгы (Хасан). 248-бет.

## ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ

Элдин тарыхында аты кылымдардан-кылымдарга унутулбай, өмүр жолу, аткарган кызматы, кылган иштери адегенде эл арасында аңыз сөз катары тарап, бара-бара легендага айланып кеткен инсандар болот.

Алардын айрымдары же бир чоң таланттын, же кадимки адамдардан өзгөчөлөнүп, акылды айран-таң калтырган кандайдыр бир касиеттин ээлери болушат. Мындай адамдардын түбөлүк өлбөстүгү жөнүндө атактуу «Шахнаменин» автору, перси-тажик элдеринин гениалдуу акыны Фирдоуси өзүнүн мисалында минтип жазган:

Бүтүрдүм зор эмгекти туутан жерде,
Жоголбойм эми сиңип кеттим элге.
Мен өлбөйм оодарылсын нечен заман
Сөз септим, ырды жаздым, калдым аман.
Кимде-ким акыл-эси болсо жарык,
Урматтап, эстээр мени оюна алып,
Жер менен жексен болуп сарай бүтөр,
Жаандан, селден куурап түшөр.
Баарына өзүм салган ыр-там чыдар.
Тоотпой ай-жылдарды аман турар.

Ушундай адамдар жөнүндө кыргыз философу А. Байбосунов мындайча жазат: «Албетте, ар түрдүү кесиптин, адистин пайда болушу жана адамдын алардын бирин тандап алышы коомдогу турмуштун кырдаалына көз каранды», бирок, дал ушунун өзүн сынчыларга, даанышмандарга карата айтышка болбойт. Анткени, аларга өзгөчө касиет тартуулаган»[1]. Байыртадан бери келе жаткан элдин ишеними боюнча да мындай инсандар төгүн адамдар эмес, алар кандайдыр бир адамдардан өзгөчө жашырын күчкө,

колдоочуга ээ. Мисалы, легендарлуу Сансыз сынчынын сынынын ээси боз коён, анын жолун уланткан сынчылар: уулу – Убалыныкы ак коён, небереси – Менисейиттики кыргыйек болот»[2]. Же болбосо манасчыларды алалы, алардын дүйнөдөгү эпостордун ичинен океан – «Манасты» айтып калышына баш каармандын өзү да анын жакындарынын бири түшүнө кирип даарып кетүүсү түрткү болот.

Мындай адамдар байыркы кыргыз тарыхында сейрек учурабайт. Алардын айрымдары элдик аңыз сөздөргө өтүп, легенда-уламыштардын негизги каарманына айланып, жөө жомокторго да персонаж катары кирип кеткен учурлары бар. «Дал ошондой элдик легендалардын, жомоктук-уламыштардын, лакаптардын башкы каарманы болуп кеткен акын, акылман сынчыларга Токтогул менен Толубайды кошууга болот. Булар жөнүндө эл арасында ушул азыркыга чейин «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол»,– деген лакап айтылып жүрөт[3]. Жеке кыргыздар эмес, түрк тилдүү бир катар элдеринин оозеки чыгармаларында легендарлуу сынчы катары Толубайдын ысымы же ага байланышкан кыргыз легенда-уламыштарына абдан окшош, үндөш сюжеттер учурайт. Мисалы, өзбек, түркмөн, казактардын «Көроглы» («Көр уулу султан») эпосторунда атчы Толубай, Толубек (ал кан тарабынан жазаланып сокур болгон Раушан // Равшан // Рушандын чоң атасы, атасы, же небереси кээсинде ошол ысым Көроглынын чыныгы өз аты) деген персонаж учурайт.

Бир кезде Алтын Ордонун (XII–XIV к.) составында болгон элдердин көбүнүн легенда-уламыштарында жолукканына караганда Толубай ошол доордо жашаган тарыхый инсан болгон деп болжолдошко негиз бар. Кыргыз фольклорунун чоң билерманы жана жыйноочусу Ы. Абдыракманов (Акмолдо) «кадимки чоң манасчы Сагымбайдан үйрөндүм эле» – деп тапшырган материалында мындайча: «Азиз Жаныбек кан дегендин убагында Жейренче чечен, Асан кайгы, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Алдар көсөө деген эл шайырлары болгон. Булар кыргыз элинин кай урууларынын оозунда илгертен бери айтылып келинген»[4] – деп жазат. Кыргыз элинин «Жээренче чечен» деген ле-

генда-жомогунда Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Жээренче чечен, Алдаркөсөөнүн тушунда Жаныбек кан болуп турганы, ал өтө зулум болуп, элге көп ыдык көрсөткөндүктөн, Жээренче чечендин кеңеши менен эл аны иниси Бердибекке өлтүртүшөт[5]. Мындагы Жаныбек кан, Бердибектер тарыхый адамдар – Жаныбек, кадимки Чыңгыз кандын уулу Жуучунун тукумунан болуп, Алтын Ордону 1342–1357-жылдары башкарып турган. Аны өз баласы Бердибек өлтүрөт. Легенда-жомокто качанкы бир заманда өткөн кандардын аттары жана аларга байланышкан окуя тарых менен дал келиши, алар менен кошо айтылган Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Жээренче чечен, Асанкайгы, Алдаркөсөө да тарыхый инсандар болгонун кабарлайт. Бул ойду тарыхый булактардагы маалыматтар менен да бекемдешке болот. Мисалы, араб-перси авторлору Гаффара, Хайдара Фазиринин жазгандарында жана «Искендердин аноними» аттуу чыгармада Жаныбек кан күн мурун уюшулган кутумдар тарабынан өлтүрүлгөнү, ал кутумдун ичинде Толубай сынчы да болгону айтылат[6]. Толубайдын кутумга катышышынын тарыхый негизи бар. Анткени, ал бир кездерде Жаныбек кан тарабынан көзүнөн ажырап[7], ага башынан сөөк өчтүлүк жайы бар эле.

Толубайдын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө бизге тарыхый так маалыматтар жеткен жок. Болгону – эл оозунда уламыш-легенда, жөө жомок түрүндөгү гана материалдар бар. Ар кайсы элдин версияларында, варианттарында бирде Толубай сынчынын өзүнө, бирде башка каарманга таандык кылынып айтылган окуялардын, адам аттарынын алмаштырылган учурлары кезигет. Мисалы, Толубайдын кан тарабынан сокур болушу кыргыз легендасында анын өзүнө таандык кылынса, «Көроглы» эпосу кеңири баяндалган элдерде Толубайдын (Толубай, Толубек) аты эскерилгени менен бул окуя башкы каармандын чоң атасы же атасы же башка эле бир адамга байланыштырылат. Мындай чаташуулар чыгарманын сюжетине байланыштуу элдик оозеки чыгармачылыкта боло берүүчү көрүнүш. Алсак, Толубай сынчынын сокур болушу жөнүндөгү уламыштын чыгышына XIV кылымдагы

тарыхый окуя себепчи болсо, тарыхый ядросу XVI–XVII кылымдардагы түштүк Азербайжандагы дыйкандар, кол өнөрчүлөр массасынын персиялык шахка, түрк султанына жана жергиликтүү деспот бийликке каршы күрөшүнөн алынып, фольклордук традициянын негизинде түзүлгөн. «Көроглы» эпосу баштатадан эл ичинде популярдуу легенданы өзүнө ылайыктап пайдаланган дешке негиз бар. Анткени, эпостун башкы каарманы Көроглы (сокурдун уулу) аталышы мына ушуну талап кылган.

Толубай өзү жөнүндө минтип айтат: «Көз жеткен жердеги тоонун бетиндеги чымчыктын түрүн тааныйм. Күндүзү жылдыздарды түндөгүдөй көрөм. Акыл билгичтигим артык деген себебим, адам, ат, таш, өлүү нерселерди да ачык-айкын тааныйм. Жаман менен жакшыны айра билем»[8]. Толубайдын сынчылык касиети баарыдан мурун анын кыраакылыгы, өтө баамчылдыгы менен байланышкан. Ал кичинекей деталдан чоң жыйынтык чыгарган акылман. Мисалы, ал бала кезинде кан тулпарын сынатат. Толубай тулпарды бир күн кечке минип: «Тулпардын тулпарлыгы анык экен, Бирок, эки кемчилиги бар экен. Туулганда эшектин сүтү менен оозантылып, уйдун сүтү менен өскөн экен» – дейт. Сынчынын сөзүн тулпарды баккан саяпкер да ырастайт. Муну кантип билгенин кан сураганда, Толубай: «Каным, тулпарды бир күн кечке минип жүрүп кыялынан билдим, туруп-туруп эле кошкуруунун ордуна эшекче коркулдап калат экен. Суу кечип чыкканда уй арткы бутун силкип-силкип алат эмеспи, бул тулпар да нагыз ошондой кылат экен»[9] – дейт. Ушул эле эпизод кыргыз жомокторунда аты белгисиз сынчыга ыйгарылып айтылат[10]. Мындан сырткары «Мендирман» аттуу кереметтүү жөө жомок менен контиминацияланып да айтылышы учурайт[11]. Ошол эле кан эми өзүн сынатат. Толубай: «Каным, сиз кан тукумунан эмес, наабайчы кара сарттын баласысыз» – дейт. Сынчынын сөзүн кандын энеси ырастап, анын боюнда барында күйөөсү «Кыз төрөсөң өлтүрөм» – деп коркуткандыктан, дамамат кыз төрөгөн ал байкуш ошол учурда эркек төрөгөн наабайчынын аялы менен балдарын алмаштырып алышкан экен. Кан: «Муну

кантип билдиң?» деп сураганда Толубай: «Каным, ошону билбеген да киши болобу. Шам чыракты сынаттың, сыным чын чыкты эле, сыйлыкка бир нан бердиң, канзада болсоң бир шаардын улуктугун бербейт белең. Зайыбың бир дилде берди. Тулпарды сынаттың сынымдын чындыгы ашкере болду эле бир нан сыйлык бердиң. Аялың жибек жоолукка түйүп дилде берди. Ошондо билгемин, ата кесибинен өтө албастыгыңды»[12]– деп сынаган экен.

«Көроглынын» казак версиясында ушуга жакын эпизод кезигет. Мында, Көроглынын атасы түркмөн Толыбайдын баласы Раушан болот. Толыбай өлгөндөн кийин аны кызылбаштын ханы Шагдам колго түшүрүп кетет да, өзүн зордуктап сындатат. Раушан аны наавайчынын баласысың дейт. Энеси сынчынын сөзүн ырастаганына карабастан, ызаланган Шагдам Раушандын көзүн ойдуруп салат. Сынчыга байланышкан бул эпизоддун казак, кыргыз, түркмөн элдеринин оозеки чыгармачылыгында жолугушу – адепки учурда жалпы эле түрк элдеринде Толубайга байланыштырып айтылгандыгын көрсөтүп турат.

Толубай кичинекей деталдан чоң жыйынтык чыгарган кыраакылыгын, терең ойчулдугун экинчи бир жомок-легенда да айгинелейт. Мында Толубайдын аты аталбай, белгисиз бир сынчыга байланыштырылып айтылат, бирок, анын экинчи бөлүгү жогоруда мисал келтирилген Толубайга таандык уламыштар менен улантылгандыгына караганда белгисиз сынчы Толубай болот. Бул жомок-легенданы 1959-жылы Жумгал районундагы Чаек колхозунун тургуну Байтөлө Сартаевден Кыргыз Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун илимий кызматкерлери жазып алган. Ал Ы. Абдыракмановдун жазып тапшырган Толубай жөнүндөгү материалдан биринчи бөлүгү боюнча айырмаланбаса, экинчи бөлүгү боюнча өтө окшош. «Бир жолоочу жол жүрүп келе жатса, артынан жете келген киши: «Бизден мурун кеткен из төөнүкү экен, бир жак көзү сокур экен. Бир жагына буудай, бир жагына таруу артылыптыр. Үстүнө мингени кош бойлуу аял экен, артында ээрчиген чолок куйрук сары ити бар экен»,– дейт. Жолоочу ишенбей, бул жөнүндө канга айтып келет. Кан

жигиттерине алиги кишини таптырып, андан жанагыларды кантип билгенин сурады. Анда ал: «Муну билүү оңой эле иш. Бизден мурун кеткен төө экенин изинен билдим, сокур экенин чөп жешинен билдим, анткени сол тарабындагы чөптү сыдырып жеп олтуруптур, оң жагындагы чөпкө тийбептир. Аял жерге түшүп заара ушатып, боортоктоп төөгө араң минген экен, андан кош бойлуу экенин билдим, жумшак кумга сайылган из бар, сары жүн түшүп калыптыр, андан куйругу чолок сары ит экенин билдим, жолдун бир жагына таруу, бир жагына буудай чачылыптыр, андан бир жагына таруу, бир жагына буудай артынган экен деп ойлодум,– дейт. Аңгыча кандын жигиттери тигил киши айткандай аялды таап келишти»[13]. Толубайдын сынчылык өнөрүнө эл тарабынан улам бир окуя-уламыштар таандыкташтырылып айтылып жүрүп олтурганы байкалат. Анын сынчылыгы тууралуу эл ичинде өтө кеңири тараган негизги легенда – анын кандын талабы боюнча тулпар тандашы жана ал тандаган тулпар канга жакпай калып, көзүн ойдуруп, сокур болуп, өзү тандаган тулпарды таптап, кан алдына келип, аны табалап андан өч алышы болуп саналат. Легенда боюнча кан казатка аттанмак болуп: «Ким-де-ким жылкыларымдын ичинен жоого минер жарактуу тулпар тапса, каалаганын берем, эгерде жаңылып калса эки көзүн оюп салам!»– деген жар чакырат. Эч бир сынчы тулпар тандоого даап бара алышпайт. Кандын жигиттери сынчы издеп жүрүп, жар түбүндө бир чал алдына аттын куу башын коюп алып (эл ичинде айтылган башка бир варианттa Алпамыштын чаар атынын башы болот) «Сенин тулпарлыгың тушунда билинбей, менин сынчылыгымды да билген киши жок» – деп күңгүрөнүп ыйлап олтурат. Аны канга алып келишет. Кан анын алдынан сан жылкысын, тулпарларын өткөрөт. Сынчыга эч бири жакпаганда бир кедейдин жонунда тамтыгы жок жоор жаман чаар атын алып келишкенде, «Каным, мына тулпар!» – деп, кубанганынан кыйкырып жиберет.

Эл ичинде айтылган легенданын экинчи бир вариантында Толубай, кандын жылкыларын жактырбай турганда, сууда агып келе жаткан тезекти көрүп: «Ушул суунун

башында тулпар бар экен, алып келгиле» – дейт. Кандын жигиттери барышса жаман бир жоор аттан башка жылкы жолукпайт, айлалары кетип, аны алып келишкенде, сынчы: «Мына анык тулпар!» – дейт[14]. Ушул мотивдер «Токтогул ырчынын баласы» аттуу легендада да кездешет. «Илгери жоокерчилик бир заманда Токтогулдун баласы колго түшүп кетет. Күндөрдүн биринде бала талаада отун терип жүрүп бир аттын кууураган башын таап алат да, аны кучактап алып: «Тулпар туруп кор болуп, талаада жатчу сен белең, сынчы туруп кор болуп куурай терчү мен белем?»– деп ыйлап олтурганын бир киши көрүп канга айтып келет. Кан аны алдырып, тулпар таап бер дейт. Бала аттанып чыгып, сууда агып келе жаткан тезекти эңип алып: «Ушунча ташка тийип, сууга агып келе жатып жарылбаптыр, бул тулпардын тезеги» – деп суунун башына барып, өргүп жаткан кербендерден аркасын чом баскан чоң жоор атты көрүп, тулпар деп сатып алып кайтат. Чындыгында ошол жоор ат тулпар болот да, Токтогулдун баласы аны таптап минип, канды шылдыңдап туруп элине качып кетет[15].

Эки легендада тең бири-бирине дээрлик замандаш эки каарманга бирдей мотивдердин колдонулушу анын эл арасында баштатадан эле айтылып келе жатышын, б. а. Толубай жөнүндөгү легендаларга эл оозунда мурдатадан айтылып келген көптөгөн мотивдердин ыйгарылганын күбөлөйт.

Кыргыздын легенда-жомогунда Толубай сынчы өзү тандаган атты тулпар дегенде, кан: «Мени шылдың кылып жатат» – деп, анын көзүн желдеттерине ойдуруп таштайт. «Бул Толубай жөнүндөгү легенданын өтө популярдуу эпизоду экенин «Көроглы» эпосунун көпчүлүк элдердеги версияларында, варианттарында ушул типте баяндалышынан көрүүгө болот.

Ориенталист Александр Кодзько «Көроглынын» Түштүк азербайжан версиясынан алып англис тилинде жарыяланган эң алгачкы басылышында (1842-ж.) башкы каарман Раушандык (ал Көроглынын өзүнүн энчилүү аты) атасы Мирза Серраф Түркстандын бир провинциясынын башкаруучусу султан Мюраддын атчысы болот. Ал бир

күнү бээлерди жайып жүрсө Оксус (Аму дарыя) дарыясынан бир айгыр чыгып үйүргө келип жүрүп кайра дарыяга кирип кетет. Андан туулган эки кулунду атчы өзү өстүрө баштайт. Кулундар кейпи жаман, көрксүз болот. Султан атчыга табундан тулпар табууну тапшырат. Атчы баягы кулундарды алып келгенде, шылдың кылып жатат деп түшүнгөн султан эки көзүн оюп салууга буйрук берет[16]. «Көроглынын азербайжандагы башка варианттарында да ушуга жакын баяндалгандары бар. Көпчүлүк варианттарда Көроглынын атасы Түштүк азербайжан версиясындагыдай Мирза-Сераф эмес, түрк падышасынан сокур болгон атчынын баласы Али киши болот[17]. Армяндардын версиясында Ровшендин (Көроглынын) атасы Али деген түркмөн болот. Ал шахтын жети жылы жылкысын багат. Шах бээси эки кейпи жаман кулун туугандыгы үчүн атчыны көзүнөн ажыратат[18].

Түрктөрдүн версиясында Болу шаарында чоң чарбакка ээ Болубай деген бир феодал жашайт. Бир күнү атчысына күлүк ат таап келүүнү тапшырат. Атчы кыдырып жүрүп ала атты тандайт да бийге жөнөйт. Сюмбюллю дарыясына келгенде ал ат жалт берип, суудан кечпей коет. Атчы экинчи, үчүнчү жолу минип келген ала аттар да ошентет. Ошондо атчы күзгү жалбырактай куураган, ырбыйган арык кичинекей атты тандап алат. Ал дарыядан тартынбай, оңой эле кечип өтөт. Кейпи жаман кичинекей атты көргөндө бийдин ачуусу келип, атчынын түшүндүргөнүнө карабастан, анын көзүн ойдурат[19].

Мында атчынын аты аталбайт да аны сокур кылган Болубайдын аты Толубай менен үндөшүп турат. Балким, легенданын баштагы каарманы Толубайдын аты анын душманынын аты менен алмашылып калган.

Түркмөндөрдүн версиясында Чандыбилдин башкаруучусу Жигалабектин үч уулу болуп, сүйүктүү кенже баласы Ады-бек каза болот, анын артынан боюнда бар аялы да көз жумат. Көрдө бала туулуп, Чаныбилдиктер бала көрдөн жарыкка чыккандыктан атын Равшан («Нур чачкан», «Жарык») коюшат. Чоң атасы Жигалибек баланы душмандан качырып алып жүрөт, Бирок, феодалдар

Хункор, Рейхан аларды таап алып, Жигалибекти сокур кылышат. Башка варианттарда да бул сюжеттик канва сакталат. Героглынын атасы Хункор падышанын атчысы болот. Аны Хункор сыйламак болгондо арык бээни тандап алат. Падыша муну эрегишке чакыруу катары кабыл алып, анын көзүн ойдуруп салат.

Үчүнчү вариантта шахтын Жигалибек деген атчысы болот. Ал шахка арык, кейпи жаман кулунду тандагандыгы үчүн көзүнө коргошун куюлуп сокур болот[20]. Өзүбектердин версиясында Гороглынын чоң атасы Тулибай, өз атасы Равшан. Равшан иран шахы Шахдар хандын колуна туткунга түшүп, ага тулпар деп кейпи жаман атты тандагандыгы үчүн көзүнөн айрылат[21].

Жогоруда алынган мисал – версиялардын бири-бирине жакын болушу менен бирге, алардын ар биринде каармандар: сокур болгон атчынын (сынчынын), аны сокур кылган өкүмдарлардын аттары вариацияланып, ар башка – кээде атасы, баласы, небересинин аттары менен орун алмашылган. Мунун өзү Толубай жөнүндөгү легенданы ар бир вариант, версия өзүнүн каармандарына таандык кылып алгандыгын айгинелейт.

Толубайдын кичинекей деталдан чоң жыйынтык чыгарган ойчулдугун, кыраакылыгынын, айрыкча кандын тулпарларына берген бааларынан көрүнөт. Ал өзүн кууп келе жаткан кандын тулпарларынын ар биринин кемчилигин кичинекей деталдар аркылуу баамдап, ошого ылайык чара колдонуп, аларды ара жолдо калтырат. Мисалы, «Керчунак – тулпардын мээси жука, күндү беттей тартып чапса мээсине күн өтүп, жүрбөй калат. Керкашка жука туяк, ташка салса ташыркап чуркай албай бут силкип кала берет. Тел кызыл – мактоо көтөрө албайт»[22] – деп сынайт. Анын айткандары айткандай болот.

Толубай Телкызыл тулпарды минип, артынан кууп келип жетпей калган канга кайрылып келип: «Каным эч жеринде айыбы жок тулпар таап бер дегениңди эки кылбай тулпар таап бергенимди биле албадың. Тулпар кадыры менен сынчы кадырын билмек кайда! Шерт мойнуңда, кайыр элде» – деп, аттын оозун кое берген экен. Акыры

анын тулпары жерди бүт айланып, аалам тарып, түбү жок бир деңизге түшүп кетип өлсө керек» – дешет элде.

Бул мотив да учурунда түрк элдерине кеңири белгилүү экендигин «Көроглы» эпосунун казак версиясында да учурашы ырастайт. Анда, «Көроглынын атасы сокур Раушен-бек иран шахы Шагдамдын туткунунан тулпар минип качып чыгат. Аны жердештери жоон жибек аркан менен тосушат, Бирок, күүлөнүп алган тулпар арканды үзүп өтүп, Кара деңизге кирип кетет. Үстүндөгү Раушан эптеп жээкке аман чыгат.

Классик акын А. Осмонов легендадан алып «Толубай сынчы» аттуу эң сонун поэма жараткан. Анын поэмасына Ы. Абдыракманов жазып тапшырган материал негиз болгон. Поэманын тескери каарманы Азиз кан болуп берилет. Акын мында Жаныбектин элде айтылган «Азиз» эпитетин (Аз Жаныбек, Азиз Жаныбек) анын аты катары пайдаланган. Кыргыз киночулары да «Толубай сынчы» деген мультфильм жаратышты. Демек, Толубай сынчынын нускалуу өмүрү, үлгү аларлык аткарган иштери бүгүнкү күндө да элдин рух дүйнөсүнө таасир этип, өзүнүн тарыхый жашоосун татыктуу улантууда. Ар нерсенин ички касиетин билбей, сырт келбетине карата туура эмес баа берүүгө каршы турган элдик акылды боюна туткан бул легенда – искусствонун ар кыл тармагында мезгил шартына ылайыкташып, түбөлүк жашай берүүгө акылуу.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Байбосунов А.* Философские воззрения легендарных мыслителей. – Бишкек, 2001. С. 42.

[2] Кыргыздар. – Бишкек, «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1996. 58–62-беттер.

[3] *Закиров С.* Эл чыгармачылыгы. – Эл кенчи. – Фрунзе, «Кыргызстан», 1981. 103-беттер.

[4] *Абдыракманов Ы.* Сынчылар. – Кол жазмалар фонду. Инв. № 524 (5116).

[5] Кыргыз эл жомоктору. – Фрунзе, 1978. 266–274-беттер.

[6] Сборник материалов, относящихся к истории Золотой Орды. Извлечения из арабских, персидских сочинений. – М.– Л. Т. II. С. 128–211.

[7] *Кононов Н*. Родословная туркмен. Сочинение Абулгази Хивинского. – М. – Л. 1958. С. 103. Приложение С. 172.

[8] *Абдыракманов Ы*. Сынчылар. № 1 дептер.

[9] Ошондо. 25-бет.

[10] Кыргыз эл жомоктору. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. 216–217-беттер.

[11] Ошондо. 151–152-беттер.

[12] *Абдыракманов Ы*. Сынчылар. 29-бет.

[13] Кыргыз эл жомоктору. 215–216-беттер.

[14] Ошондо. 282-бет.

[15] Ошондо. 284-бет.

[16] *Каррыев Б. А*. Эпические сказание о Кер Оглы у тюркоязычных народов. – М., 1966. С. 29.

[17] Ошондо. 59-бет.

[18] Ошондо. 66-бет.

[19] Ошондо. 81-бет.

[20] Ошондо. 141, 142, 145-беттер.

[21] Ошондо. 214-бет.

[22] Кыргыз эл жомоктору. 217-бет.

## АЛДАР КӨСӨӨ

«Алдар Көсөө» кыска аңгеме, улама жөө жомок түрүндө кыргыз, казак, каракалпак, түркмөн жана Памирдик кыргыздарда айтылат. Кыргыз, казак материалдары боюнча тарыхый Жаныбек хандын катышкандыгына карабастан, анын тарыхый адам экендигин далилдей турган фактылар жок. Чыгарманын камтыган окуялары да ар түрдүү, элдин турмушундагы ар кандай кезеңдерди, учурларды камтыйт. Ошондуктан Алдар Көсөөнүн жогорку өзгөчөлүгүн эске алып: «Алдар Көсөө» жомогунун абалкы пайда болгон заманын далилдеп айтууга болбойт. Бандай кылымдын, түкүндөй коомдун тушунда пайда болгон деп бир доорду айтуу кыйын.

Алдар Көсөөнүн туулушу, өмүр баяны тууралу да эч кандай маалымат жок. Анткени, революцияга чейинки тапка бөлүнгөн уруучулук феодалдык коомдун кайсы доору, кайсы кезине болсун, «Алдар Көсөө» аңгемелеринин окуялары туура келет. «Алдар Көсөө» аңгемелеринин чындыгын ошол замандын кайсынысынан болсо да табабыз[1] деп туура белгилейт М. Ауэзов. Бардык элдин фольклорунда Алдар Көсөө ач көз, сараң байларды, соодагер-көпөстөрдү күлкүгө алып, карапайым адамдардын кызыкчылыгын көздөгөн калктын өкүлү катарында мүнөздөлөт. Көпчүлүк учурда Алдар Көсөөнүн окуялары кыска аңгемелерден турса («Жээренче Чечен жана Алдар Көсөө», «Алдар Көсөө жана вазир»), айрым учурда жөө жомоктун деңгээлине чейин өсүп жеткен учурлары да орун алат. («Чык татырбас Чынарбай», «Алдар Көсөө жана шайтан», «Көсөө»). Казак, кыргыз элдеринде Алдар Көсөөнүн окуясы айрыкча жакын айтылат. Буга эки элдин фольклорунан

тең орун алган төмөнкү чыгармалар ачык мисал: «Алдар Көсөөнүн, жин шайтанга жолукканы» (казактарда: «Алдардын шайтанды алдауы», «Алдардын шайтан мен жолдас болуы») «Жээренче Чечен жана Алдар Көсөө» (каз. «Жиренше шешенин истери») «Чыктатырбас Чынарбай» (каз. «Шынбермес Шыгайбай мен Алдар Көсө»), «Алдар Көсөөнүн аңгемеси (каз. «Жиренше мен Алдар») ж. б.

«Алдар Көсөөнүн шайтанды алдаганы» түркмөн элинен да катталгандыгына караганда алгачкы мезгилде бардык элдерге бир нускадан бирдиктүү окуя түрүндө тараганбы деген ой туудурат. Буга ачык, мисал, азыркы абалында да үч элдин жомогунун ортосунда негизинен окуялык жалпылык сакталып, шайтанды алдаган Алдар Көсөөнүн айла-амалы, куулук-шумдугу мазмундук бирдикте баяндалат. Кыргыз чыгармасында шайтан менен Алдар Көсөө бири ырдап бүтмөйүнчө, экинчиси көтөрүп жүрө бермек болуп макулдашышат. Алгач кезекти шайтан алат. Бирок, анын ыры бат эле түгөнүп калат. Алдар Көсөө болсо ага минип алып, ал жыгылып калганча, үн созуп ырдаган болуп, мелдеште жеңип кетет[2]. Ушул эле окуя түркмөндөрдөн[3] казактардан[4] да катталган. Же Алдар Көсөөнүн эптештирип калп айтып, шайтандан улуу болуп, аны алдап кетиши үчүн элдин фольклорунда да бирдиктүү окуяны түзөт. Алсак, кыргыз жомогу боюнча шайтан экөө келе жатышып, ат башындай алтын таап алышат. «Кимибиз алабыз?» дегенге келгенде, Алдар Көсөө «улуулашып алалы»,– дейт. Шайтан макул болуп, сөздү биринчи баштап: «Мен жер бүтө электе, ай аяктай, тоо томуктай экенинде туулгамын» дээри менен Көсөө сөздү аягына чыгарбай: «Ошол мезгилде менин он жашар балам өлгөн болуучу, тирүү болгондо, сени менен тең болмок экен» деп ыйлап жиберип, жеңип кетет[5]. Казак жомогунда да Алдар Көсөө шайтан төрөлгөн «көк теңгедей, жер аяктай» кезинде баласынын каза тапкандыгын айтып, ат башындай алтынды алдап алат[6]. Түркмөн вариантында окуя бир аз башкача өтөт. Алдар Көсөө деген куу чыгып, өзүнүн амалы менен жин-шайтандардан ашып түшкөндүгү Азазилге жетет. Азазил бул сөздүн калпы-чынын билүү үчүн Алдар Көсөөнү издеп

чыгып жолугуп, өзүнүн келген себебин айтат. Көсөө «Мен макулмун, Бирок, алдоочу таягым үйдө калып калыптыр, мен келгенче ушул дубалды жөлөй туруңуз» – деп кетип калат. Азазил күтө берип чарчап, алданганын билип, Алдар Көсөөдөн өч алмак болуп артынан түшөт. Бир тойдо экөө катар отуруп калышат. Мында да Алдар Көсөө эптештирип калп айтып, шайтандан улуу болуп, алдыга тартылган башты жеп алат. Бул чыгармада да биринчи болуп сөздү шайтан алып: «Жер жүзүндө тирүү жандык жарала электе жүздө элемин»,– дейт. Анда Алдар Көсөө бетин басып ыйлаган болуп, Азазил туулган жылы бойго жетип турган кичүү баласынын каза болгондугун айтып жеңип кетет[7]. Натыйжада, окуянын үч элде тең жогоркудай жалпылыкта айтылышы тарыхтын бир кезеңинде кыргыз, казак, кара калпак, түркмөн элдеринин этникалык негизин түзгөн уруулук бирикмелердин ортосунда духовный байланыш, карым-катыш болгон деген ой туудурат. Өзүнүн эволюциялык өсүш жолунда Алдар Көсөө чыгармасы мыйзамдуу түрдө алымча-кошумчага учураган, жаңы окуялар менен толукталган, айрымдары унутулуп, бизге үзүндү, кыска аңгеме түрүндө келип жеткен. Мындай мазмундук катмарлануу жана ар түрдүүлүк же окуянын трансформацияланышы «Алдар Көсөө менен шайтан» чыгармасынан казак, түркмөндөрдө кайталанышынан ачык байкалат. Түркмөн чыгармасында шайтан менен Алдар Көсөө өнөк болуп пияз айдашат. Түшүм жыйноо мезгили келгенде Алдар Көсөө шайтандан: «Сабагын аласыңбы, же тамырын аласыңбы?» – дейт. Шайтан сабагын алып, Көсөөгө алдаттырып жиберет.

Экинчи жылы дагы да экөө өнөк болуп, жүгөрү айдашат. Бул жолу шайтан «Сабагын эмес, тамырын аламын» – деп дагы да алдатат. Ал эми шайтан менен Алдар Көсөөнүн пияз, жүгөрү, айдашы, анын түшүмүн базарга сатып, соодалашы кадимкидей эрте отурукташып, дыйканчылык, бакчачылыкты кесип алып, соода-сатык мамилеси өнүккөн элдин жашоо-тиричилигинин чыгармага чагылышкандыгын көрсөтөт. Алдар Көсөө менен шайтандын өнөк болуп эгин айдагандыгы казак фольклорунан да

кездешет. Бул окуя кыргыздардан катталган эмес. Казак фольклору боюнча да Алдар Көсөө күзүндө эгиндин кызылын бир жерге, саманын бир жерге үйүп, шайтандан «кайсынысын аласың?» деп сураганда ал көлөмүнө кызыгып саманын алып, алдаттырып жиберет[8]. Бирок, бул чыгармада эгиндин түшүмүн базарга сатуу, анын эсебин акча баасы менен чыгаруу сыяктуу деталдар орун албайт. Демек, жогорку фактылар «Алдар Көсөө жана шайтан» чыгармасынын алгачкы мазмундук өзөгүнө жаңы окуялардын, түшүнүктөрдүн киргендигин, ар бир элдин реалдуу турмуш-тиричилигине, жашоо ыңгайына ылайыкташкан жаңы көз караштар, ойлор менен толукталып, өсүп-өнүгүш, калыптаныш процессинде өз алдынча жолду басып өткөндүгүн аныктап турат. Ал бул же тигил элдин жашоосундагы турмуш тиричилик чарбачылык көрүнүштөрдүн, деталдардын чыгармага чагылышынан да көрүнөт. Казак чыгармаларында Алдар Көсөө менен шайтандын окуясы жогорку түркмөн чыгармасынан айырмаланып, көчмөн элдердин турмуш-тиричилигине ылайыктуу баяндалат: укурук, камчы сыяктуу жарак, жабдыктар аталат. Чыгармада Алдар Көсөө менен шайтандын мелдеши боз үйдүн ичинде өтөт. Шайтанга укурукту берип, өзүнө камчыны алган Көсөө ай-буйга келтирбей шылып жибергенде, шайтан «эшикке чыгалы» – дейт. Бул жолу өзү укурукту, шайтанга камчыны берип, дагы да жеңип кетет.

Же болбосо кыргыз, казак фольклорунан катталган чыгармалардагы фактыга көңүл бөлөлү. Күндөрдүн биринде шайтан Алдар Көсөөдөн: «Эмнеден коркосуң?» деп сурап калат. Ал: «Май, курут, казы-картадан коркомун»,– дейт. Шайтан муну чын көрүп, ишенип калат да, өзүнүн оттон коркорун айтып жиберет. Алдар Көсөө муну көңүлүнө түйүп алат да, бир жерге келгенде «сен баса тур» деп, калың куурайдын ичине кирип жатып алат. Шайтан коркутмак болуп, каптап алып келип курут төгөт, карындап май жана казы-карта ыргытат. Алдар Көсөө мыйыгынан күлүп, казы-картага тоюп жата берет. Шайтан акыры айласы куруп, жолуна түшөт. Ал кеткенден кийин Алдар Көсөө курут, майды, казы-картаны көтөрүп, үйүнө келет.

Бир күнү экөө дагы жолугушат. Шайтан Алдар Көсөөнү туурап, бир калың куурайга кирип кетип, чыкпай коет. Алдар Көсөө карап турчубу, от жагып өрттөп кирет. Шайтан араң дегенде качып кутулат. Натыйжада, бул чыгарма эки элде тең бирдей айтылып, Алдар Көсөөнүн шайтанды да жеңген айла-амалы, курч акылы даңazaланат. Кыргыздар, казактар койдун сүтүнөн курут жасашкан, сары май алышкан, жылкынын казы, картасын сыйлуу тамак катарында баалашкан. Эки элдин турмуш-тиричилигиндеги, этнографиясындагы жогоркудай жалпылыктар «Алдар Көсөө жана шайтан» чыгармасына да чагылышкан. Көпчүлүк учурда «Алдар Көсөө жана шайтандын» ар бир окуясы өз алдынча айтылып, кыска сатиралык аңгемени түзсө, кээде бардык окуялары бир мазмун болуп толук айтылган учурлары да бар. Бирок, эки элдин фольклорунда тең ар бир окуяны кыска, бүткөн чыгарма катарында баяндоо басымдуу. Албетте, «Алдар Көсөө жана шайтан» окуяларынын түзүлгөн мезгили деп бир доорду көздөп айтуу кыйын. Бирок, жин-шайтан деген түшүнүктүн түрк элдерине ислам дини менен киргендигин эске алсак, чыгарманы ошол мезгилден башат алган деп болжолдоого болот. Алдар Көсөөнүн шайтан менен болгон карама-каршылыгында элдин диний түшүнүктөргө, көз караштарга жасаган мамилеси ачык чагылышкан. Чыгарма боюнча Алдар Көсөө шайтанга караганда алда канча акылдуу, айла-амалдуу. Анын каршысында шайтан акылга тайкы, амалга жарды, алабарман болуп көрүнөт. Алдар Көсөө аны ар дайым күлкүгө калтырып, алдап баса берет. Натыйжада, жин-шайтанды айла-амалдуу кылып көрсөтүүгө аракеттенген диндик ишеним сынга алынып, анын каршысында адамдын зор жөндөмдүүлүгү, тунук акылы даңазаланат.

Казак фольклорунан Алдар Көсөө жана кой айдаган сараң байдын окуясы орун алат[9]. Бул мазмун түндүк кыргыздардан катталган эмес, Бирок, Тажикстандын аймагында жашаган кыргыздарда Алдар Көсөөнүн сараң байдын эки өгүзүн алдап айдап кетиши кеңири тараган окуя[10]. Эки элде тең чыгарманын мазмундук өзөгү бар. Казак элинин

«Алдар Көсө менен эгинши бай» чыгармасы боюнча да Алдар Көсөө өгүздүн куйругун кесип, айдоого көөмп коюп, байдын эки өгүзүн айдап кеткендиги айтылат[11]. Кыргыз вариантында байдын кайрымсыздыгы, бейопасыздыгы, сараңдыгы баса белгиленет. Ошондуктан Алдар Көсөө ага кекенип жүрүп, алдап кетет. Ал эми бул мазмундун түндүк кыргыздардан катталбагандыгына караганда отрукташууга эртерээк өтүп, мурунураак дыйканчылык менен кесиптене баштаган аймактан башат алган өңдүү.

Алдар Көсөө карапайым адамдардын өкүлү, анын бардык айла-амалы жогорку таптын өкүлдөрүнө каршы багытталат. Алсак, каардуу хан да («Алдаркосе, Купцы» падышах туркм.), Жаныбек хан жана Алдар Косе (каз., кырг), кесирлешүү каныша да (Алдар Косе и дочь падишаха (туркм.) , Көөсө (кырг.) , ала көөдөн вазир да (Алдар Көсөөнүн вазирди алдашы (кырг.), сараң бай да (Чыктатырбас Чынарбай (кырг), Шыкбермес Шыгайбай (каз.) Вещая птица (туркм.), кожо-молдо (Алдар Косе мен молдо (каз.), көпөс-соодагерлер да (Алдар Косе и сорок купцов, Алдар Косе и ростовщик (туркм.), адилетсиз казы да (Алдар Косе и кази (туркм.). ууру-кески да (Алдар Косе, ростовщик и сорок разбойников (туркм.) Алдардын урыдан аты алуы (каз.) Алдар Көсөөнүн «элегинен» өтөт. Натыйжада анын алдаган адамдары хан, вазир, бек, бай, соодагер, казы, молдо-кожо, кайырымсыз сараңдар, ууру-кескилер болуп саналат. Аларды аеосуз түрдө шылдыңга алып маскаралоо Алдар Көсөө тарабынан жүзөгө ашат. Бул болсо анын кыймыл-аракетинде, ошол мезгилде аткарылбай турган айла-амалында элдик көз караштын, учкул кыялдын жүзөгө ашышы болуп саналат. Алдар Көсөө чыгармасы бардык турпаты менен эзүүчү таптын өкүлдөрүнө каршы туруп, алардын аңкоолугун, кайрымсыз, ач көз, сараңдыгын, акыл жагынан тайыздыгын сынга алат.

Кыргыз, казак фольклорунда Алдар Көсөөнүн айрым окуялары Жаныбек хандын дооруна, улама боюнча ошол мезгилде жашаган Жээренче Чеченге байланыштуу айтылат. Бирок, андай чыгармалары өтө аз санда. Кыргыз вариантында Алдар Көсөө Жаныбек хандын тушунда,

Асан Кайгы, Жээренче Чечен менен доорлош, Сыр боюнда жашаган деген маалымат бар[12]. Бирок, дагы да Жаныбек хандын мезгилинде Алдар Көсөөнүн жашап өткөндүгүн аныктай турган далилдер жок. Ошондой эле тарыхта кайсы Жаныбек хандын (Алтын Ордонун ханы Жаныбекпи, же казак ханыбы) мезгилинде жашагандыгын айтуу да кыйын. Ошол себептүү М. Ауэзов аны жалпылаштырылган көркөм образ катарында баалаган. Кыргыз чыгармасы боюнча Жаныбек хан Алдар Көсөөгө түрү суук, бет түзүлүшү адамдан башкача эки адамды кошуп, айдатып барып каматып коет да, эртеси суракка алат. Алдар Көсөө ээгинде бир кылы жок өзү үчүн да, берки эки жолдошу үчүн да таамай сөз таап кутулуп, Жаныбек хандан сыйлыкка көп дилде алып баса берет[13].

Жогорку чыгарма айрым өзгөчөлүктөрү менен казактарда да айтылат[14], түркмөн элинин фольклорунан да орун алат. Бирок, мында окуяга Жаныбек хан катышпайт[15]. Бул мазмун кара калпак фольклорунан да катталып[16], окуясы казак чыгармасына өтө жакын. Бардык элде тең чыгарманын бир окуянын тегерегинде айтылгандыгына карабастан, Алдар Көсөөнүн ханга берген жообунда көп варианттуулук, айырмачылыктар орун алат. Кыргыз чыгармасында чачы ак, сакалы кара киши Алдар Көсөөнүн акылы менен Жаныбек ханга «Чач сакалдан жыйырма жаш улуу эмеспи, агарып кеткенинин себеби да ушул чыгар»[17] – деп жооп берет. Хан анын жообун туура деп таап, кырк дилде бердирет. Көсөөнүн экинчи жолдошу сакал, чачынын бир жагы ак, бир жагы капкара бойдон болушун эки аялдуулугу менен түшүндүрөт. Жаныбек хан муну да туура таап, кырк дилде бердирет[18]. Казак вариантында Алдар Көсөөнүн бир жолдошунун чачы кара, сакалы ак, экинчисинин тескерисинче сакалы кара, чачы ак экендиги айтылат. Мында сакалы ак киши дагы да Алдар Көсөөнүн үйрөтүүсү менен: «Менин сакалымдын агарганы – кайгым көп, сакал кайгынын каршы алдында турат»,– дейт. Жаныбек хан эмне кайгы көрдүң дегенде: «Эй элшайпы, ул тентек – екелуди эй жаным. Өтпөс пышак, жүрмөс ат – төрөлдү, эй ханым. Эр картайды, мал тайды – алтаулады,

эй ханым» деген экен[19]. Ал эми чачы ак, сакалы кара кишинин, Алдар Көсөөнүн өзүнүн көсөөлүгүн түшүндүрүүсү эки элдин чыгармасында бирдей чечилет. Алдар Көсөөнүн өзүнүн көсөөлүгүн «Көкүрөгү энесине, көөдөнү атасына» (кырг.) «Бөксем экеме, көуде̜ң шешеме оксаган (каз), окшоп калгандыгы менен түшүндүрөт. Түркмөн юмору окуясы жагынан кыргыздардыкына өтө жакын. Мында да Алдар Көсөөнүн чачы ак, сакалы кара, чачынын бир жагы кара, бир жагы ак эки соодагер менен жол жүрүп келе жатып, падишахка жолуккандыгы, анын суроосуна өзү үчүн да, берки экөө үчүн да таамай жооп таап, олжого тунуп, сыйлуу чапан кийип жолго түшкөндүгү айтылат[20]. Жогоркудай фактыларга караганда алгач үч элдин чыгармасы бир нуктан тараганбы деген ой туудурат. Бирок, бул же тигил дең- гээлде ар бир элдин чыгармасы өзү жашаган чөйрөнүн турмуш-тиричилик, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн камтый түзүлүүдө жетишкендиги көңүл бура турган факт. Алсак, түркмөн чыгармасында Алдар Көсөө менен жолоочу жүргөн эки адам ач көз, сараң соодагерлер катарында мүнөздөлөт. Берген суроосуна таамай жооп алгандыгы үчүн хан сыйлык катарында баалуу буюм берип, чапан жабат. Натыйжада, түркмөн вариантында катышкан каармандардын ач көз, сараң соодагер катарында мүнөздөлүшү, сыйлык катарында асыл буюм, чапан тартууланышы дагы да соода сатык, токуучулук мурунураак колдонула баштаган калктын турмушун, жашоо тиричилигин элестетет.

Казак вариантында Алдар Көсөөнүн жолдошунун (көсөөнүн үйрөтүүсү менен) сакалынын агарып кетишин уулу тентек, аялы чалпоо чыгып, мал азайып, өзү картайып, астынан жорго ат кетип, өзүнөн ал тайгандыгы менен түшүндүрүшү уул баланын же элге кошор, же жерге кошор атанын күч-кубаты, келечеги, күлүк атты, төрт түлүк малды жашоонун, мартабанын, байлыктын булагы катарында баалаган патриархалдык-уруучулук түзүлүштүн, көчмөн турмуштун шарты, кызыкчылыгы жараткан түшүнүктүн, көз караштын чыгармада чагылышы болуп саналат.

Жээренче Чечен менен Алдар Көсөөнүн окуясы эки элдин тең фольклорунан учурайт. Кара калпак фольклору-

нан да орун алат[21]. Чыгарма боюнча Алдар Көсөө Жээренче Чеченди эки жолу жеңет. Күндөрдүн биринде Жаныбек хандын ордосунда олтурган чечендин үстүнө салам айтып эшиктен Алдар Көсөө кирет. Жээренче Чечен алик алып башын көрсөтөт. Ал бул кыймылы менен «балаа башка кайдан келет?» – деп сурайт. Алдар Көсөө тилин көрсөтүп, чеченди сөзгө жыгып, сыртка чыгып кетет. Ал муну менен балаа башка тилден келет деп жооп берет[22].

Экинчи окуяда Алдар Көсөөнүн Жээренче Чечендин атын алдап минип, өзүн жолго таштап кеткендиги баяндалат[23]. Бирок, бул окуя казак, кыргыз фольклорунан сейрек кездешет. Көпчүлүк учурда Алдар Көсөө алдап атын минип кеткен байдын баласы, же хандын көпкүлөң вазири болуп айтылат[24]. Бул болсо, эл тарабынан Жээренче Чечендин образынын да жогору бааланышы, ошондуктан анын Алдардан жеңилишин көңүлдөрүндө унутпагандыгы менен түшүндүрүлөт.

Эки элде тең борбордук окуя Алдар Көсөөнүн Чыкматырбас Чынарбайды алдагандыгы болуп саналат. Чыгарма кадимкидей фабуласы бар, окуянын башталышын, өсүп-өнүгүш, аякташын камтыган композициялык түзүлүшкө ээ. Ошондуктан жогоркудай жанрдык белгилерине карап, жөө жомок тобуна кошуп отурабыз. Эки элдин фольклорунда тең Чынарбай (казактарда Шыгайбай аталат) чычканга кебек алдырбаган таштай катуу, сараң бай катарында мүнөздөлөт. Ошондой эле анын элден обочо конуп, эшигинин алдына камыш төшөп коюшу анын сараңдыгын баса белгилеген деталдардан болуп саналат. Эгерде казак жомогу «сол баягы эрте заманда, куйругы келте заманда, шык бермес Шыгайбай дейтин бай болыпты, төрт түлүги сай болып, көңил жай болыпты»[25], ал эч кимди кондурбай, кондурса да даам сыздырбайт» деп тикеден-тике Чынарбайды мүнөздөө менен башталса, кыргыз жомогунун айрым варианттарында «Эзелки заманда, эртеги кабарда Жаныбек хандын тушунда, жерге батпас, бекер жатпас» Чагатай аттуу бала чыккандыгы, анын сөзгө чечендиги, айла-амалга бекемдиги, Алдар Көсөө аталып, амалынын арткандыгы, тоодон түшө элек, соода-сатыктын жайын

биле элек байдын баласын алдап жолго салгандыгы, акыры «Чыктатырбас Чынарбайга барайын, чындап жөнгө салайын» деп, Чынарбайдын үйүнө келишине чейинки Алдар Көсөөнүн мурунку иштери баяндалат[26]. Андан аркы окуянын жүрүшүндө ачык окуялык жалпылык сакталган. Эки элдин жомогунда тең Алдар Көсөө эшик алдына төшөлгөн камыштан эпчилдик менен жолун тазалап, байдын үйүнө келет, үйгө кирерден мурун шыкаалап, Шыгайбайдын казы жасап, байбичеси нан ийлеп, токолу баш куйкалап, кызы турнанын жүнүн жулуп жаткандыгын көрөт[27]. Анча-мынча деталдык айырмачылыктары болбосо, кыргыз вариантында да Алдар Көсөө жогоркудай көрүнүштүн күбөсү болот[28]. Алдар Көсөөнүн үйгө кириши менен шамдагайлыкка каныккан байдын үй-бүлөсү колундагыларынката коюп тымтырс отуруп калышат.

Бай жактыра бербей: «Калк ичинде кандай кеп бар, сөз сала отур»,– деди. Анда Көсөө: «Көргөнүмдү айтайымбы, укканымды айтайынбы?» – дейт. Чынарбай: «Уккан уламыш болот, көргөнүңдү айт», – деди эле, Алдар Көсөө карап турчубу: «Көргөн, билгеним көп, жолдо келе жатып, үлкөн сары жылан көрдүм, өзүңдүн алдыңдагы казыдай, Токолдун астындагы бастай тас менен уруп калып едим, байбише астындагы нандай балш этип ийлене түстү. Калп болсо, кыз алдындагы турнадай шашым жулунсун» деп жылдыра салды. Жогорку детал эки элдин чыгармасында тең орун алгандыгына карабастан, казак варианттарында көркөм айтылып, сөздөрү курч чыккан. Андан ары Чынарбайдын казанындагы этин аңдып Алдар Көсөөнүн жата кетиши, биринде талпак, биринде бай-байбиченин кийим-кечегин салып коюп этти катып алып, байдын үй-бүлөсүн ачка калтырышы, Чынарбайдын кызы Шибегени (казактарда кыз Бизбикеш) алдап алып, жетелеп жолго түшүшү эки элдин тең чыгармасынан орун алган окуялардан. Казак жомогу Алдар Көсөөнүн Бизбикешти алып кетиши менен аяктайт.

Кыргыз жомогу мындан ары да уланат. Андан ары Кенжебай байды, карышкырды, Көчөрбай менен Көчпөсбайды алгандыгы, акыры беш жүз койдун үстүнө Көчпөсбайдын кызын да жетелеп жолго түшкөндүгү баяндалат[29].

Кыргыз элинин арасында Алдар Көсөөнүн карышкырды алдашы кызыктуу айтылган окуяны түзөт[30]. Чыгарма боюнча Алдар Көсөө Көчөрбай, Көчпөсбайдын конушун көздөй келе жатса, жолунан бир карышкыр чыгат. Бала кезинде «Чаңжукпас» аталган Алдар Көсөө карышкырды кубалап жөнөйт. «Карышкыр чындап качып, чыдабай шашып, алда канча кырды ашып, кара тер басып» жедеп шайы кеткенде бир үңкүргө кире качат. Алдар Көсөө ийиндин оозун тосуп отурса, бир адам келип: «Талаада эмне кылып отурасың?» – дейт. Анда ал: «Бул ийинге бир карышкыр камадым, ал чыкпаймын дейт, мен чыгасың» дейм. Асылдым, калдым, алмайынча кетпеймин. Сен үйүмө барып, менден салам бере кет. Аялымдын алты айлык боюнда бар эле, эркек төрөсө, атын Саламат койсун, тогуз жашка чыкканда, мага жиберсин, экөөлөсөк эптеп эбин табарбыз»,– деди. Натыйжада, жомокко таандык апыртмалуулук менен карышкыр Алдар Көсөөнүн сөзүн «түшүнүп» оңдурчу неме көрүнбөйт, мындан көрө чыга качайын» деп, капка капталып, ичинде калды. Алдар Көсөө каптын оозун бекем бууп көтөрүп алып, «Койу көп, коңшусу жок, таштай каткан, жалгыз үй жаткан, акысын бербей, жалчысы качкан, берекеси жок, пейли жаман» Көчпөсбайдын үйүнө барды. Натыйжада, кыргыз жомогунда да байлардын ач көздүгү, жалчысына кайрымы, жардыга байыры жок сараңдыгы гана эмес, акылга кем дөөпүрөстүгү сынга алынат. Алдар Көсөө капка камалып калган карышкырды көтөрүп, Көчпөсбайдын үйүнө келет да, аны асмандан түшкөн касиеттүү ак кочкор деп, беш жүз койго сатып кетет. Ары зыкымдыкка, ары акылсыздыкка жеңдирген Көчпөсбай койдун төлүн көбөйтүү максатында карышкырды киргизип, короону бекиттирип жатып калат. Карышкыр таң атканча эрки менен койлорду кырып, жолго түшөт. Бул окуя кыргыздардан гана катталган.

Ошондой эле Көчпөсбай менен Көчөрбайдын кырылган койдун акысы үчүн Алдар Көсөөнүн кызы деп ойлоп, өзүн алып кетиши, Көчпөсбайдын мойнунан керегеге бастырып өлтүрүп, байдын кызына үйлөнүшү кыргыз фольклорунда кызыктуу айтылган окуяларды түзөт.

Жыйынтыктаганда, «Чыктатырбас Чынарбай» (Шыктатырбас Шыгайбай) жомогу казак, кыргыз элдеринде мазмундук жалпылыкта айтылып, чыгармадагы негизги окуя Алдар Көсөө менен Чыгарбайдын тегерегинде өтөт. Кыргыздарда айтылышы боюнча чыгармага дагы башка жаңы окуялар кирген, апыртмалуу деталдар, каармандар менен толукталган, өз алдынча мазмун катарында айтылган айрым окуялар жогорку жомоктун бир бөлүгүн түзгөн. Бул болсо, бир эле чыгарманын эки элде тең бир нукта жаралгандыгына карабастан, эки башка өзгөчөлүктөрү менен айтылгандыгын көрсөткөн фактылардан болуп саналат.

Жогоруда талдоого алынган материалдарга караганда Алдар Көсөө чыгармаларынын ортосунда жалаң гана турмуш, жашоо бирдигинен, эл мүдөөсүнүн, кыялдануусунун жалпылыгынан келип чыккан тарыхый-типологиялык жакындыктар менен катар тарыхый-маданий байланыштын ачык мисалы болгон фактылар да орун алат. Ага казак, кыргыз, түркмөн элдеринен учураган «Алдар Көсөө жана шайтан» чыгармасы ачык мисал болот. «Чыктатырбас Чынарбай» казак, кыргыз фольклорунда негизинен бир мазмунду түзөт. Жаныбек хан, Жээренче Чечен жана Алдар Көсөөнүн ысмына байланыштуу айтылган окуялар да алардын бир нуктан тарагандыгын көрсөткөн фактылардан. Бирок, жогоркудай генетикалык жакындыгына карабастан, Жээренче Чечен, Асан Кайгы окуяларына караганда Алдар Көсөө чыгармасынан анын ар башка чөйрөдө өсүп-өнүгүп, ошол элдердин турмуш-тиричилик өзгөчөлүктөрүн чагылыштыргандыгын далилдей турган фактылар ачыгыраак байкалат. Бул болсо, биринчи иретте Алдар Көсөө окуяларынын байыркылыгы; таптык коомдун жаралышы менен эзүүчү таптын өкүлдөрүн ашкерелөө, сынга алуу идеясынын кошо түзүлгөндүгү, хан, бек, байлардан өч алуунун ар дайым күн тартибинен түшпөгөндүгү, кийинки, мурунку окуянын да Алдар Көсөө окуясына кошула бергендиги менен түшүндүрүлөт.

Чагылыштырган мазмун боюнча түркмөн фольклорунда көбүнчө соодагер, көпөс, казылар менен Алдар Көсөөнүн тегерегиндеги окуялар басымдуулукту түзөт.

Ошондой эле дыйканчылыкка, багбанчылыкка байланыштуу айтылган окуялар учурайт. Тескерисинче, казак, кыргыздарда соодагер, көпөстөрдүн катышуусу менен түзүлгөн чыгармалар өтө чектелген санда кездешет. Бул болсо, түркмөндөргө караганда кыргыз элинин турмушунда соода, сатык мамилелеринин кеч киришине байланышат. Кыргыз, казак фольклорунда койго бай, пейли тар, зыкым, сараң байлардын ач көздүгүн ашкерелөө биринчи катарга коюлушу мал чарбачылыгын жашоонун негизги булагы катарында эсептеген кыргыз, казак элдеринин өткөндөгү турмушунун бир тилкесинин фольклордо чагылышы болуп саналат.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Ауэзов М*. Мысли разных лет. – Алма-Ата, 19 . С. 318.

[2] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун кору. Инв. № 1640. 63-бет.

[3] Туркменский юмор. – Ашхабад, 1968. С. 87–89.

[4] Казак ертегилери. II т. 399-бет.

[5] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1640. 95-бет.

[6] Казак ертегилери. II т. 1962. 400-бет.

[7] Туркменский юмор. С. 87–88.

[8] Казак ертегилери. II т. 1962. 400-бет.

[9] Казак ертегилери. II т. 401-бет.

[10] *Мукамбаев Ж*. Иманалиев К. Каратегиндик жана памирдик кыргыздар. – Фрунзе, 1966. 149-бет.

[11] Казак ертегилери. II т. 401-бет.

[12] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 5116.

[13] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 488.

[14] Казак ертегилери. I т.

[15] Туркменский юмор. С. 74.

[16] Каракалпак халк легендалары хам анекдотлоры. 1962. 50–51-беттер.

[17] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 488.

[18] Ошондо. Инв. 1640.

[19] Казак эртегилери. I т.

[20] Туркменский юмор. С. 74.

[21] Каракалпак халк легендалары хам анекдотлоры. 1962. 50–51-беттер.

[22] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 5116. 21-беттер.

[23] Ошондо. Инв. № 1450. 15–16-беттер. Жиренше мен Алдар.

[24] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 5116. 21-бет.

[25] Казак эртегилери. I т.

[26] Ошондо. Инв. № 1450. 1–9-беттер.

[27] Казак эртегилери, I т.

[28] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1450.

[29] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1450.

[30] Ошондо. Инв. № 1450. 17–18-беттер.

## САНСЫЗ СЫНЧЫ КӨКЖАР УУЛУ

Легендарлуу сынчы, көзү ачык инсан катары Сансыз сынчы Көкжар уулунун аты эл ичинде кеңири белгилүү, Бирок, анын өмүр баянынан так кабар берүүчү тарыхый жазма булактар жок. Ошондуктан ал жөнүндөгү маалыматтарды элдик санжыра, аңыз сөздөргө гана таянып айтууга болот. Ал кыргыз санжырасы боюнча багыш уруусунун легендарлуу түп атасы Карачоронун (Жанкоростун) алты баласынын бири Көчөктүн[1] Көкжар деген уулунан туулат.

Элде анын аты Санчы (Санжы) катары белгилүү. Бирок, өздөрүн ал сынчынын урпактары эсептешкен Кочкор районундагы Чоң Алыш (мурдагы Коммунизм совхозунун), Ак-Кудук (мурдагы «Комсомол» совхозунун) айылдарынын тургундарынын айтымында анын өзүнүн асан чакыргандагы аты Сансыз. Муну кытайлык кыргыздардын черик Карагул баатырга байланыштуу аңыз сөздөрүндө «сынчы олуя Сансыз»[2] аталышы да ырастайт. Эл ичинде Санчы сынчы аталышынын себеби тилдеги гаплология законуна байланыштуу. Бул закон боюнча оозеки айтылганда мүдүрүлүп тил сындырбастан, шар сүйлөгөндө сөздөрдөгү катар келген окшош эки муун биригишип же бири өзгөрүлүп кетет. Натыйжада, биринчи сөздүн аягындагы – «сыз» мүчөсү экинчи сөздүн башындагы уңгу «сындын» таасири менен айтууга оңтойлоштурулуп – «жы» – «чы» га өткөн да Санжы – Санчы деп аталып калган.

Экинчи тактай турган маселе анын уруусу жөнүндө. Кайсыл уруудан чыккан санжырачы болсо, аны ошол уруунун өкүлү кылып келе жатышат. Мисалы, сарыбагыш санжырачысы Алыкул Кененбай уулу: аны «Сарыбагыш тукумунан Көкжар дегендин баласы»[3],– дейт. Саяк уруусунун

санжырасын ийне-жибине чейин тараткан Тоголок Молдо: «Санчы сынчы Саяк болгон»[4]– дейт да башкалардай ал кайсы уруктан же андан кайсы урук тараганын эскербейт. Демек, анын саяк уруусунан экендиги күмөн туудурат. Окумуштуу С. Закиров ал жөнүндө «Кыргыз совет энциклопедиясына» жазган макаласында: «Уламыштарга жана эл оозундагы болжолго караганда Санчы сынчы солто уруусунан чыккан»[5],– деп көрсөтөт. Өзүн Сансыздын сегизинчи урпагы эсептеген Келдике Жунушалы Барман ажынын уулу (кыргызда жети атасына чейин билүү моюндагы парз сыяктуу байыртан келе жаткан салт. Демек, Жунушалынын Сансыздын урпагы экенинен шек саноого негиз жок): «Сансыз бабабыз ким бирөө менен жаңыдан таанышканда: «Урuум багыш, урааным Жаңкороз, уругум Келдике», дечү экен – деп эскерүүчү. Муну башка уруунун санжырачылары да ырастайт. Мисалы, чоң санжырачы, кыпчак уруусунун өкүлү Мухамедалы Дыйкан уулу 1935-жылы жазып калтырган санжырасында мындай дейт: «Келдике, Күрөң багыш уруусунан эки жигит келип, Сарысейит бийге туруп калды. Келдике тукуму ошо баладан таралды[6], (Кебетеси жогоруда келтирилген Алыкул Кененбай уулунун Сансызды сарыбагыш уруусунан эсептеши анын уругу сарыбагыш Сарысейитке келип туруп калышынан улам болсо керек).

Айтса, анын уругунун Келдике аталышынын да өзүнчө себеби бар. Багыштардан сарыбагыштарга келип туруп калган кишини өзүнөн жашы кичүүлөр «Келди аке»,– деп атынан айтпай тергеп жүрүшүп, бара-бара өз аты унутулуп оозеки айтканга ылайыкташып «Келдике» атыгып кеткен (бул кишинин өз аты айтылбай, унутулуп калгандыктан, ал Сансыздын өзүбү же аталарынын бириби бүгүн бизге белгисиз).

Элдик аңыз сөздөрдө Сансыз сынчы Сарысейиттин баласы Кудаян хандын тушунда жашаган. Кадимки чоң окумуштуу-этнограф С. М. Абрамзондун далилдөөсүндө Кудаян хан 1635–1636-жылдары Кара-Тегин, Гиссарга жортуул жасаган. Демек, буга карап Сансыз сынчы XVII кылымдын биринчи жарымында жашаганын болжоого болот. Муну элдик санжыранын башка фактылары да ырастайт. Санжыра

боюнча Сансыз сынчынын чоң атасы Көчөк Көкүм бий Карачориндин бир тууганы. Тарыхый булактарда Көкүм бий казак хандары Таукенин (1598-жылы өлгөн), Эңгечер бойлуу эр Эшимхандын (1598–1628-жылдары хандык кылган) тушунда жашаган. Ал эми Эшимхан Ташкент ханы Турсун катаган менен согушуп жеңгенинде активдүү роль ойногону кыргыз санжырасында жашаган жана тарыхый булактарда белгилүү. Бул жакты көрсөткөндөй чоң атасы XVI–XVII кылымдын аралыгында жашаса, небереси Сансыз да ошого удаалаш мезгилде жашаганында шек жок.

Сансыз сынчынын өз алдынча бүткөн көркөм чыгармасы жок. Элдик жорго сөз менен көргөнүн, билгенин тартынбай айткан, айтканы айткандай келген өтө баамчыл кыраакы инсан болгон. Ошондуктан эл аны атынан айтпай «оболу машаяк» (олуя, карыя, аксакал) деп чакырышкан. Анын айткандары уламыш, аңыз сөздөргө айланып, азыр да эл ичинде айтылып келет. Ал жөнүндө эл ичинде кеңири тараган аңыз сөздүн бири Кудаян канды сынаганы. Ал мындайча. Кадимки легендарлуу Тагайдын бир баласы Кылжырдан (Сарыбагыштан) Орозбак, Дөөлөс эки уул Дөөлөстөн Манап, андан Сүтөй, андан Сарысейит Сарысейиттен Үчүкө, Түлкү, Эрдене, Кудаян төрт уулу. Үчүкө, Түлкү кадимки Жаңыл Мырзаны алабыз деп барып өлгөндө, агаларынын ордуна Кудаян хан болуп калат да зордукчул, зөөкүр, өзүм билемдиги менен атагы чыгат. Ошол хан Сансыз сынчыга бир күнү: – Сынчы экениң чын болсо, кана мени сыначы – дейт.

Кара мүртөз, сын көтөрө албас каардуу ханды сыноодон сынчы адегенде баш тартып: «Ханга сын болбойт, сындан өткөндөн кийин хан болот. Сыны жок сырттан сиз болосуз» – дейт. Хан: «Итте сын бар, кушта сын бар, эмне үчүн адам менде сын жок. Сында,– деп такып туруп алат. Сынчы ошондо: «Ата-а болбостур, кыстап калдыңыз. Сындаганда менден сын кетээр, Сизден сыр кетээр. Төбөдөн ары төрт коерсуң. Төөбоз атымды тартып минерсиң, төө боз чепкенимди тартып киерсиң. ... Бүтүн буюмду бүлдүргөн бүлүк каман деп Сизди айтат. Көзүңө көрүнгөндүн баарын тоноп-бутап соо нерсе койбодуң. Сенин заманыңда эл мүң-

күрөп, ач, жылаңач мусапыр көбөйдү. Мунун кээси кийин чыгып, түбүң жакшы болбойт, элиң өз жеринен сүрүлүп, өзүң ач бел, куу чөлдө калып, бутуң чөп алачыктан чыгып өлөсүң, артыңда тоголок-жумалак деген жөнсүз тукум калат» – дейт. Ызаланган Кудаян хан сынчыны төбөгө төрт коюп, Төөбоз атын тартып минип, төө боз чепкенин тартып кийгенде, Сансыздын сынчылык пири боз коён экен, койнунан булт деп секирип чыгып көздөн кайым болгон имиш. Ошону менен Кудаяндан сыр кетип, сынчыдан сын кетип, эч кимди сынабай калат. Кийин Кудаян жөнүндө айтканы айткандай келет. Калмактар кол салып жапырып киргенде «Казак кайың саап, кыргыз Кысар (Гиссар) кире качып» эл зор кордукту көрүп, качып бара тканда Кудаян жолдо өлүп, аны караган киши жок болуп, буту чөп алачыктан чыгып жан берет. Андан сарыбагыш ичинде сыны аз тоголок деген урук калган. Алар азыр да: «Биздин атабыз Сансыз сынчынын каргышына калып, тукумубуз ошондуктан аз» – деп келишет. Сансыз сынчы жөнүндөгү бул аңыз сөздүн эл ичинде бүгүнгө чейин кеңири сакталып келе жатышы, сынчынын тартынбас эр жүрөктүүлүгүнө, чындыкты каардуу хандан да тартынбай бетке айта билген батылдыгына тен берүү менен байланышкан.

Элдик көптөгөн аңыз сөздөрдө Сансыз сынчы кыргыз уруу башчыларынын өзүн жана алардын балдарын сынаганы, алардын келечегин алдын ала айтканы, аларга мыкты уул төрөп берүүчү аялды эл ичинен тандап алып бергени айтылат. Сынчы көпчүлүк учурда элдик демократиялык позицияда турганы байкалат. Ал баарыдан мурун элдин түпкүрүнөн чыккан карапайым адамдарга жогорку баа берип, алардын баркын көтөргөн. Мисалы, саяктардын башчысына кырк уук сайылган сайма кара алачыктуу, жеткен жардынын кызын, сары багыштардын башкы бийи Болотко ылайык зайыпты бай-бийлердин кыздарынын арасынан таппай, чолок кара уйга жүгүн артып жайлоого көчкөн элдин артында келе жаткан жыртык кийимдүү, өңү суук жесир аял Таалакени көрүп жактырып алып берет. Ал мындайча: Болот бийдин биринчи аялы Алтындан беш уулу болот да, аларды Сансыз сынчыга сынаттырат.

Сынчы: «Арасынан мыкты чыкпаган беш күрөң уулуң бар экен» – дейт. Болот бий капа болуп олтуруп калат. Ошондо Сансыз: «Болот бий эгерде сенден жакшы тукум болушун кааласаң, өзүңдүн элиңде Таалаке аттуу бир жесир аял бар, ошону алсаң тукумуң көп болот, акылман, баатырлар көп чыгат. Башка аял алганың менен андан мыктылар чыкпайт» – дейт. Ошондо бий: – «Кана, сынчым, кандай сонун тукум чыгарын бир баштан терип айтып берчи» – дейт. Сынчы: «Болот бий Таалакени алсаң адегенде эркек бала төрөйт. Ал бала жатын чайкатар болот. Себеби, Таалакенин жатыны кир, ошондуктан жатын чайкаар болуп, анын тукуму момун гана байлар болот. Жатыны тазарганда экинчисинде дагы эркек бала төрөйт. «Ал баш койкоң болот. Акылман баатыр болуп бет алышкан душманын талкалайт. Тукуму эң көп болот. Баш койкоңдон ат качырбас боз айгыр туулат. Четке бир киши чыкпастан, ошонун айланасына топтолот. Элди коргойт. Ат качырбас боз айгырдан жалдуу барак чыгат. Бул кыргызга атагы чыгып, хан наамын алат. Жалдуу барактан убара чаркөө, орунсуз иштерди кылган жинди канкор туулат» – дейт. Болот бий: «Андай аял экен бир белгисин көрсөт»,– дейт. Ошол кезде эл жайлоого көчүп жаткан маал экен. Сансыз сынчы Болот бийди Көчмурат деген жигити менен алып, көч өтүп жаткан жолдун боюндагы дөбөгө барып олтурат. Көчтүн акырында уй жетелеген Таалаке өтүп баратып, заара кылып жөнөп кетет. Сынчы: «Сен алчу аял ушул, жүрү белгисин көрсөтөйүн» деп аял олтурган жерге алпарат да, Көчмурат: «Чыбык сайып көрчү»– дейт. Көчмурат чыбыкты сайганда жарым кез кирип кетет. Сынчы Болотко: «Көрдүңбү мунун жатыны уу» – дейт. Ошону менен Болот бий Таалакеге үйлөнүп, андан биринчиси жатын чайкаар Алымбек, экинчиси баш койкоң Эсенгул туулат. Эсенгул Абылайдын кыргыз жергесине келген көп колун астынан тосуп Санбарак, Бердикожо баатырларын сайып түшүрүп, кыргызды коргоп жогоркудай атак алган. Эсенгулдун уулу Ниязбек эч кимге жамандык кылбаган, адилет бий болгондуктан, эл анын айланасына топтолуп, «ат качырбас боз айгыр» болот. Андан

«Ниязбектин сегиз бек,
Телегейи тегиз бек
Теменеси болот бек» –

деп ырга кошулган сегиз бектин бири Ормон. Кененсарынын баскынчы колуна каршы күрөшүүдө кыргыздар-га жетекчилик кылып, жеңгени үчүн жалдуу барак Ормон аталат. Анын уулу Үмөтаалы канкор, мыкачы болгондуктан, эл тарабына убара чаркөө атка конгон. Ошентип, Сансыз сынчынын Болот бийдин тукумдары жөнүндө алдын ала айтканы бүтүндөй туура келген.

Ушундай эле сынды Солтонун тукумдары жөнүндө айткан. Тагайдын бир баласы Богорстон, андан Эштек, андан Солто. Солтонун Күнтуу, Култуу, Чаа деген үч уулу болгон. Солто ыраңдуу эки уулу Күнтуу, Култууну сынчыны чакыртып сынатат. Сынчы: «Күнтууну аттары күлүк, кыздары сулуу болот. Култууну чарбага кызыккан, чырды сүйгөн аз эл болот»,– дейт.

Шылкыйып олтуруп калган Солтого сынчы:

– Сенден бир жакшы тукум чыгыш керек эле дагы балаң барбы?– дейт.

Солто: – Жакшыларынан чыкпаган жаманынан чыкмак беле? Апкелгилечи жанагы бечелди,– дейт. Чаа Солтонун кенже уулу болуп, өңү серт, курсагы чердейип чоң, үч жыл бечел калып, казанбактын астына жатып өскөн бала эле. Ошону сынчыга алып келишкенде:

– Кокуй үстүн жапкыла, сын токтобой тайгаланып кетпесин,– деп үстүн жаптырып. – Буга эки сын бир келди го. Биринчи, тукумунан эр, баатырлар, экинчиси эл бийлегендер чыгат – дейт. Ырасында эле кийин Чаанын тукумдарынан Жамангара, Кошой, Жамансарт, Эшкожо, Канай, Байтик ж.б. баатырлар, эл бийлегендер чыккан. Сансыз сынчы бугу, саяк, кытайдагы черик уруусунун башчыларын да сынаган. Мисалы, кыргыздын белгилүү филологу маркум З. Бектенов мындан бир нече жыл мурун көлдүн көкүрөгүнөн чогултуп, иретке келтирген материал боюнча атасы Белек көз жумган соң Адашты (болжол менен 1720-жылы туулуп, 1780-жылы дүйнөдөн кайткан) энеси жаркын сындатканда Сансыз сынчы минтип айткан:

Бул уулуң түзүк экен Алдаш аты,
Артылар ак калпактан салтанаты.
«Ат качырбас боз айгыр» атак алып,
Көкөлөп көтөрүлөөр мартабасы.

Алдашка тууган болоор оңдон, солдон,
Далайы суу кечирер тартып колдон.
Жайылып этек-жеңи, тукуму өсүп
Табышаар шыбагасы дайым жолдон»[7].

Ошентип, Сансыз сынчынын легендардык өмүр баянына көз чаптырсак орто кылымдагы түрк элдеринин санжыраларындагы жана эпикалык баяндарындагы Коркут атанын образы менен типтеш. Коркут ата 250 жыл өмүр сүрүп өгүз кандарынын беш мууну менен замандаш жашап, аларга татыктуу жар тандайт, балдарынын келечегин алдын ала айтат, мамлекеттик саясий иштеринде көзү ачык, даанышман карыя катары кеңешчиси болот. В. В. Бартольд ал жөнүндө: «Элдик акылмандыктын айгагы жана сактоочусу, анын имандык (нравалык) авторитетине бүткүл эл баш иет»[8],– дейт.

Мындагы кызыктуу нерсе Сансыз сынчы Коркут ата менен мүнөзү, даанышмандыгы аткарган иштери жагынан гана эмес өтө узак өмүр сүрүшү менен да (ал жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй XVI–XVIII кылымдардын аралыгында жашаган инсандарга сын айтат) типтеш. «Сансыз сынчы качандыр бир реалдуу жашаган инсан. Анда ал ушунчалык узак өмүр сүргөнбү?» деген мыйзам ченемдүү суроо туулат. Буга туура жоопту окумуштуу тарыхчы Рыскул Жолдошев төмөнкүчө берет: «Мындан көрүнүп тургандай бир эле адамдын XVI, XVII, XVIII кылымдарда жашашы мүмкүн эмес. Эл оозунда айтылып келген Санчы жөнүндө сөздөрдүн өтө чабышканы көрүнүп турат. Ушундан улам кыргыз элинде Санчы сынчы сыяктуу бир нече инсан болгондугун жана алардын бардык касиети Санчыга байланыштырылгандыгын же атактуу сынчыларга Санчы наам катары колдонулганын, болбосо Санчынын сындарын ал өзү сындабаган эле окуяларды кийинки мезгилдеги санжырачылар кошо бергендигин байкоого болот»[9]. Демек, Сансыз сынчы бизге

кыргыз сынчыларынын бириктирилген, типтештирилген образы катары жетип олтурат. Муну мындай фактыдан да көрүүгө болот. Жогоруда эскерилген Сансыз сынчынын сегизинчи урпагы Жунушалы Барман ажы уулу: «Сансыздын уулу Убалы, небереси белгилүү Меңсейит да сынчы болгонун, Сансыз өзү Кудаян канды сынаганын, Убалы Болот бийге Таалакени алып бергенин, Меңсейит Болоттун уулу Эсенгулду, Жер-сууну сынаганын жана бир күнү ал уктап жатса, аялы баласын төшүнө отургуза койсо, бала төшүнө жаба чычып жиберип, сынчылык пири кыргыйек койнунан «чыр» деп учуп, түндүктөн чыгып кетип, андан кийин анын тукумунан сынчы чыкпай калганын саймедиреп айтып олтуручу. Ушуга өтө жакын аңыз сөздү Кочкорлук Жунушалы менен эч качан көрүшүп-билишпеген нарындык Алыкул Кененбай уулу кийин жазып чыкты[10]. Ошентип башкы санжырачыларда баласы да, небереси да эскерилбей, алар айткан сындар Сансызга ыйгарылып, типтештирилип кеткенин көрөбүз.

Чындыгында эле Сансыз адамдын кимдигин, анын келечекте кандай тагдыр күтүп турганын алдын ала айткан көзү ачык сынчыбы же ойдон чыгарылган апыртуубу? Адамзат тарыхында мындай фактылар бир катар ынанымдуу мисалдарды келтирип Рыскул Жолдошев төмөнкүдөй жыйынтыкка келет: «Ушундан улам Санчы өз убагында акылман, ойчул адам болуп, турмушта үйрөнгөн тажрыйбасынын негизинде өз деңгээлине жараша кыргызда сынчылык кылса керек деген ойдобуз»[11].

Философ окумуштуу Али-Аскар Байбосунов андан да алыс кетет. Ал Сансыздын сынчылыгын «кудайдын белеги», анын «сынчылык, билгичтик, алдын ала айткычтык шыгы тубаса касиети» деп, мындай инсандар тарыхта боло келгенин, кийинки бир нече кылымдарда болуучу окуяларды так айткан француз Нострадамустан тартып, 1937-жылы эле СССР 1945-жылы 9-майда Гитлердин үстүнөн болгон жеңишти майрамдаарын алдын ала айткан Вольф Мессингге чейинки өтө көп мисалдарды, бул кубулуш адамзат дүйнөсүндө бар экенин илимде жаңыдан ачылып жатканын келтирип, минтип жазат: «Бардык мезгилде,

бардык доордо жана бардык элдерде алдын ала айткан, алдын ала көрөгөч, күн мурун айткыч, кудайдын белегине ээ таланттуу адамдар болгон. Кыргыз ойчулдары, акындары жана акылмандары да ушул ролду аткарышып, ушул миссия менен кийинки муундарына жана алыскы тукумдарына өздөрүнүн эстафетасын өткөрүшкөн. Алардын ичинде Санчы сынчы өзгөчө орунду ээлейт. ...Санчы сынчы шек жок өтө сезгич, алысты көрө билген инсан болгон, анын ички руханий көз карашы курч, кыраакы, капкайдагыны көрөгөч жана мурдатан билгич болгон»[12].

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Үмөт Молдо.* Санжыра. МКМ КФ. Инв. № 191. 309-бет.

[2] *Үсөйүн ажы.* Кыргыз санжырасы. – Кыргыздар. Түзгөн Кеңеш Жусупов. Бишкек, «Кыргызстан» басмасы, 1993. 2-том. 91–92-беттер.

[3] *Алыкул Кененбай уулу.* Эл оозунан. – Кыргыздар. Бишкек, «Кыргызстан – Сорос» фонду, 1996. 56-бет.

[4] *Тоголок Молдо.* Тарых. Түпкү аталар. – Китепте: Кыргыздар. II том. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. 24-бет.

[5] *Санчы сынчы.* – Кыргыз Совет энциклопедиясы. 3-том. Фрунзе, 1980. 244-бет.

[6] *Мухамедалы Дыйкан уулу Кыпчаков.* Кыргыз тарыхы. Кол жазмалар фонду. Инв. № 139 (347). 120-бет.

[7] Мурас. Түзгөн Мелис Курманалы уулу Абдылдаев. Фрунзе, «Кыргызстан» 1990. 285–286-беттер.

[8] *Бартольд В. В.* Соб. соч. М., 1968. Т. 5. С. 284.

[9] *Жолдошев Рыскул.* Санчы сынчы//Ленинчил жаш. – № 122 (9205). – 4-бет.

[10] *Алыкул Кененбай уулу.* Сынчылык өнөр. – Китепте: Кыргыздар / Түзгөн Кеңеш Жусупов. – Бишкек, «Кыргызстан – Сорос» фондусу, 1996. – 56–62-беттер.

[11] Жогоруда аталган макалада.

[12] *Байбосунов Али Аскар.* Философские воззрения легендарных мыслителей. – Бишкек, 2001. С. 56.

## САРТ АКЕ

Кыргыз журтчулугунун тарыхый санжыра таржымалында, биздин жашап жаткан доорубуздун өткөн кылымдарында, элине нускалуу кеби, тунук акыл мурасы менен белгилүү болгон далай инсандарыбыз өткөн экен.

Алардын катарына айтылуу Садыр аке, Карга аке, Тилекмат аке, Мойт аке, Сарт аке, Кыдыр аке өңдүү «ата сөзүнүн» кадырман адамдарын киргизүүгө болот* . Булардын ар биринин өмүрүн, нарк насилин өзүнчө бир сукtанyy, ойлонуу менен кабылдай турган инсандар. Сарт аке, жыл сүрүү болжолунда 1770–80-жылдары азыркы Нарын шаарына жакын (чыгыш тарабында) жарык дүйнөгө келген делинет маалыматтарда.

Ар кандай себептер болсо керек, Сарт аке балалык күндөрүнөн тартып өмүрүнүн акырына чейин Ысык-Көлдүн чыгыш тарабында жашап, өмүрүнүн акыркы күндөрүндө туулган жерине барып, жарык дүйнө менен коштошкондугу тууралуу анын урпактарынын бири профессор Акеш Имановдун «Сарт аке» аттуу китебинде так таржымалы берилген.

Бизге чейин Сарт аке тууралуу маалымат Кубанычбек Маликовдун «Балбай» поэмасында, кийинчерээк басмадан жарык көргөн «Кызыл жалында», чыгыш калктарынын философия топтому «Ой гүлдөрдө», улуттук ойчулдуктун түп уңгусунан сөз козголгон Чоюн Өмүраалы уулунун «Теңирчилик» аттуу эмгегинде «Санжыра» очеркинде, «Садыр аке», «Кадыр аке», «Алдаяр Мойт аке» жана «Заман

* Акелердин жашына жараша берилген маалымат так эмес, ошондуктан жөн эле санап өттүк.

Кыргызстан», «Ысык-Көл кабарлары» гезиттерине бир нече жолу жарыяланып келген[1].

Бул эмгектердин бардыгында Сарт аке жөнүндө толук информация берилбесе да, бириникин экинчиси толуктап турарына үмүттөнөбүз.

Санжыра маалыматына караганда жогоруда атап алган акелер болжол менен XVII–XX кылымдар аралыгында жашап өткөндүгүн билдирет профессор Ү. Асаналиев.

Акелердин таржымалын баяндаган санжыра тарыхынан алардын ким болгону, кандай адам болгону, же нускалуу сөзү менен гана таанышпастан, жалпы эле кыргыз тарыхы, уруулары, маданияты, адеп-ахлагы, каада-салты, үрп-адаты менен да кабардар болобуз.

Ар бир айтылган акыл кептин калети жок сыңары, качандыр бир убакытта жерге көмүлгөн алтындай жылтырап «ата сөзү» түбөлүк жашап келет. Акелердин баа жеткис осуяттары азыркы тапта, азыркы аң сезимибизге да зор мааниси бар деп ойлойбуз. Бул адамдар дүйнөнү кенен кабылдаган, акылы артык бөтөнчө бир касиет коштогон инсандар болгон экен.

Сарт акенин сөзүнөн бир мисал ала кетели.

– «Сарт аке, Сиздин баарынан кымбат деп эсептеген тилегиңиз барбы?» – деп сураганда, ал:

– «Балам, мен өмүрүмдө бир да жолу керт башыма, бала-бакырама эл журттан бөлүп, кудайдан узун өмүр, бакты-таалай тилебедим. Мен бардык жакшы нерсени тегиз калкка бер деп тиледим. Ошол көп тилектердин эң кымбаты – эл ынтымагы, эл тынчтыгы. Бул өмүрүмдү «ынтымак» үчүн арнадым. Ынтымактан артык дөөлөт жок», – деп жооп берген экен[2].

Адам ак ниет эмгек кылып, туура сүйлөп түз жүрсө, ата-бабадан бери келе жаткан адеп-ахлакты сактаса, өз жашоосун татаалдаштырбайт деген маанини камтыган Сарт акенин осуяттарынын таасири али да күчүндө.

Улуу сөздүн учугун улап, улуу кичүүгө кадыры бирдей жугуп, айткан сөзү ар кимдин көңүл ордосунан орун алып, эч кимди кайдыгер калтырбагандыгы Сарт акенин ким экендигин, кандай адам болгонун ачык эле көргөзүп турат.

Кыргызда абалтан бери жакшы салт сакталып келген. Ал «Сөзгө конок берүү», оозунда сөзү бар адамдын айланасында дайыма жоон топ эл топтолуп, кулак төшөп, анын айтканын эске тутуп калуу, айта жүрүү.

Сарт аке бар жерде, анын сөзүн угууга келгендер, жакшылар да жатакчылар да кеп кумарын кандырышчу дейт. Асыл ойдон келип чыккан насыят нуска сөздөрүн көп айтчу экен.

«Өзү элден озунуп сүйлөбөгөн, сүйлөөр алдында маектешип жаткан адамын көз токтотуп карап, ошондо эле анын оюнда эмне жатканын алдын-ала билип, айтар сөзүн дилинде калчап, шашпай, ары таамай, ары түшүнүктүү, ары уккан кулактын кумарын кандырып, ширин саймедиреп турчу»[3]. (А. Имановдун Сарт акени көрүп калган карыя Бекжан менен болгон маегинде. 1965-ж. Орто-Нура).

Убагында Көлдүн күңгөй тарабында Муратаалы деген бий болгон экен. Көп жыйындын биринде Муратаалы бий Сарт акеге сөз кезегин берип:

– Сарт аке, насаат-насаат эле дейбиз, бул насааттын насили эмнеде? – деп сурап калат.

Анда Сарт аке:

– Насаат – жашоо эрежеси, турмуш багыты. Ким насаатты кабыл албаса, боюна сиңирбесе, сокур пенде караңгыда кан жолго таяксыз чыккан менен барабар,– деп насааттын маңызын чечмелеп берген экен.

Ошол эле күңгөйдөгү алдаяр уруусунан чыккан Мойт аке Алдаштын Солтонкулу, Жылкыайдардын Тилекматы, чоң таман Намазбек, арык тукумунан Токсоба деген аттуу-баштуу кишилер менен шернелеш болуп, ал жыйындын биринде өзүнөн кичүүлөрүнө кеп салып, суроо узатат.

– «Ой, бу жалганда эмне өлөт, эмне өлбөйт, эмнеге айла бар, эмнеге айла жок?»

Бул суроого отургандар ар кандай жооп беришет.

Тоо өлбөйт, таш өлбөйт, жер өлбөйт, суу өлбөйт ж. б.

Так жооп болбогон соң Сарт аке:

– Баракелде баатырлар, ошонун баары убактылуу болсо да өлөт дейт. Өлбөй турган эмне? «Кагазга түшкөн кат өлбөйт, жакшынын сөзү менен аты өлбөйт».

Анда дагы бири:

– Бир өлгөнгө айла жок, муну толуктап, бир жаманга айла жок,– деп калат. Сарт аке «Өлгөнгө да айла табылат, аруу жууп, ак кепиндеп көөмп койсо, айласы табылганы. Эми жамандын айласы кирдүү аяктан аш ичирбей, жоргону мингизип, торкону кийгизип, үлпүлдөтүп бакса да саламды алик алалбаган, жадагалса, эшигинин алдына келген адамдын атын алалбаган кош аяктар болот. Бул өтө эле жаман, ийриси жок туз жаман. Мындай жаманга айла жок.

Ушул отурукта Сарт аке, Мойт акенин бир топ суроолоруна жооп берет:

– Кандай адам бай болот?

– Үйүнө кут түшкөн пейли кенен, колу ачык, тукуму өскөн адам бай болот.

– Эркек деген ким, аял деген ким?

– Эркек – үрөн, аял – жер. Үрөн жайсыз өспөйт.

– Бу дүйнөдө ким карып?

– Ынтымагы жок эл карып.

– Бейиш эмне, тозок эмне?

– Шарыят жолу менен жүрсөң, таман акы маңдай териң менен адам катары жашасаң – бейиш; шарыят жолунан адашсаң, адамча жашай албасаң – тозок.

– Кубаныч эмне, кайгы эмне?

– Кубанычтын да кайгынын да булагы көп.

Чоң кубаныч – балалуу болуу. Чоң кайгы анын учуп кетиши.

– Душман менен туугандын айырмасы кандай?

– Күбүр сөз – душман, так айтылган ачык сөз – тууган.

– Бул жалганда не семиз?

– Суудан семиз нерсе жок. Ал эми калган жандыктын бардыгынын семизи да, арыгы да утурумдук. Суу бардыгына өмүр тартуулап, эне болуп турат.

– Бу дүйнөдө не кордук, не олжо?

– Отун олжо, суу кордук. Суу жок болсо өсүмдүк гана эмес, жан-жаныбар да өспөйт. Отун болбосо адамдын жашоосу өтпөйт.

– Өлүү менен тирүүлүктүн айырмасы кандай?

– Тирүү жүрүп, өлүк болгон адам, өлүү болуп, тирүү жүргөн адам бар. Жакшы атка конуу өмүрдөн кымбат, жаман атка конуу өлүмдөн жаман. Жаман атка конуу оңой, жакшы атка конуу кыйын.

– Бийлик эмне?

– Бийлик бул – күйүп турган шам. Бир учурда күйөт, учуру келгенде өчөт. Бийлик колдо турганда тууганың да, душманың да айланаңа топтолот. Бийликтеги адам түбөлүгүн ойлосо, кол алдындагылардын шагын сындырбай, боюна тартып жүргөнү абзел.

– Чечен деген эмне?

– Кеп учугун турмуш, жашоо-тиричилик адам табияты менен айкалыштырып ары таасирдүү, ары өткүр, ары таамай сөз менен иритип айтпай, жибитип айтуу – чечендик. Чечен адам акыл булагын, сөз булагын табияттан да, элден да, жакшыдан да, жамандан да, кыскасы бардык нерседен алат. Чечен айлакер – сөз устаты. Чечендик менен туюктан жол табылат. Чечендик – бийлик даражалуу өнөр деп чечмелеген экен. (Жогорудагы маалымат А. Имановдун «Сарт аке» китебинен алынды).

«Сөздү укканга айт, сууну сиңген жерге куй» демекчи берилген суроо, ачык так жооп кимди болсо да тамшандырбай койбойт. Эки инсандын жуктуу суроо жообундагы «Сөздүн маңызы» азыр да күчүн жоготпостон, ушул тапта биздин коомубузга эң керектүү «ата сөзү» катары кызматын өтөп келүүдө.

Чеченди кандай чечмелесе Сарт акенин өзүндө ошондой касиеттин дээрлик бардыгы болгон экен. Бул Сарт акенин чечендигинин бир белгиси болсо, анын акылмандыгын көргөзгөн жакшы атка конуу – асылдык. Ага жетүү кыйын, аны колдон чыгарып коюу арзан. Колдон чыккан жоголгон нерсе. Жоктун орду толбойт, толсо да мурункусундай болбойт.

Адептүүлүктү сактаган адам өз мүдөөсүнө да, муратка да жетет. Адамды көркүнө чыгарган касиет – адептүүлүк.

Сарт акенин айткандарынын дээрлик бардыгында философиялык ой чөгөрүлгөн. Адам аалам көркү дейт. Чынында коомдо кандай гана кыймыл болбосун адам менен

байланыштуу. Адамдын акылы уч кыйырга көз жетпеген дүйнөнү чарк айланып турган кезин ошондо эле баамдай билген экен. Асылдык, сөз кадыры, урмат, эгиз болуу, каалоо, тилек, бата, адепсиздик, ысырапчылык, текеберчилик, нускалуу сөз, жек көрүү өңдүү адамда болуучу касиеттин бардыгына таамай баа берет.

– Асылдык – бул да улуулук, ыйыктык.

Эр жигиттин асылдуулугу көтөрүмдүүлүгүндө.

– Эгиз болуу – Алла тааланын насилинен.

Адам баласы өмүрүндө эки жолу эгиз болот: бир ата-энеден жаралып, бир үй-бүлөдө өнүп өскөндөр – биринчи эгиз: адам бойго жеткенде үй күтөт. (Үй тигүү – үйлөнүү деген сөз). Кыз бала да, уул да бойго жеткенде өз теңине баш кошот. Бул экинчи эгиз. Биринчи эгиздердин ынтымагы үйлөнгөнгө чейин ынак болот. Үйлөнгөн соң абийири, акылы болсо, ата-баба салтын сактаса, ынтымак улана берет. Үйлөнгөн соң меники, сеники деген сөз көбөйсө, ушак айыңга кулак төшөп, ортодон муздак жел жүргөнгө жол берилсе, ынтымак бузулат.

Жогоруда мисалдарды алуу менен илгертен кыргыз элиндеги ата сөзүнүн жуктуулугун көргөзүп, нускалуу сөз жөн жерден айтылбагандыгын белгилегибиз келет. Сарт аке чечен же акылман эле болбостон анын ойчулдугун жана улукман адам экенин белгилеген касиетине да токтоло өтсөк.

Убагында бугуга болуш болуп бийлеп турган Боронбай жоон топ адамдары менен Сарт акеге келген дейт.

– Карылыкка баш коюп баратасыз, Сизден көбүрөөк тукум калса деген тилек. Кыз тандаңыз. Көңүлүңүзгө толгону сиздики.

– Баатырлар, кыз баланы сыртынан тон бычпай, көрүп тандайлы – деп макул болот. Ошол кезде Сарт акенин кел-кели келип, кадыр-баркы көкөлөп турган кези экен. Эл аралап кыз көрөлү дегенине кошулуп, жөнөп калышат. Ошондо күңгөй тараптын бир айылынан мүчө-бою келишкен, актыгы ак куудай, сулуулугу мөлтүрөгөн булактай жаш сулууну көрүшөт. Сарт аке ичтен тынып унчукпай өтө бериптир. Көлдүн тескейине өтүшөт, дагы бир

ак саргыл татынакай бир кызды ыйгарышат. Сарт аке үн катпайт, ызаат кылып болуштан дагы издеп көрөлү деп өтүнөт. Акыры көлдүн көкүрөк өрөөнүнөн чыгаан сулуу болбосо да, өңдүү-түстүү, жылдыздуу бир кызга токтолот. Баатырлар, ылайык тапсаңар ушул кызды алып бергиле дейт. Менин кадырыма жетүүчү адам ушул. «Бул турушу менен эле жабылуу тукум уюткусу турбайбы» – дейт. Коштоп жүргөндөрү тунжурап унчугушпай калганда, Боронбай болуш:

– Сарт аке, биз Сизге түшүнбөдүк. Тектүү жерден көз жоосун алган эки кыз тапсак жактырбай, жөнөкөй жатакчынын ортозаар кызына көңүл байлаганыңыз кандай?

– Урматтуу кадырманым! Чыгаан сулуу, айдай аппак кыздан алла таала сулуулук аябаганы менен багын байлап коюптур. Чиркинден тукум болбойт. Ал эми экинчи ак саргыл кыз гүл экен. Адырдагы каксоорок жерге чыккан гүл мурда гүлдөйт, гүлүн башка гүлдөргө караганда эрте түшүрөт. Ал төрөп, тукум берет, Бирок, андан төрөлгөн балдардан мыкты чыкпайт. Өзү менен өзү алек болгон адамдар чыгат. Бул кара тору беш уул, эки кыз төрөйт. Болбостур, бирөө көзгө илине электе учуп кетет. Дагы бири менин өзүмдү тартат, Бирок, бечаранын өмүрү кыска болот. Калган үчөө, анын тукумдары топ жарып башкарбаса да, эл ортосу болуп жашаган, укум-тукуму өскөн адамдар болушат деп койгон экен.

Кийин бул сөздүн чындыкка тогошоор бекен деп күткөндөрү дал ошол Сарт аке айткандай болуп чыгып, Козукен, Муса, Улак, Мойнок, Мамырбай аттуу беш уулдуу болот. Мамырбай селкинчектен жыгылып кичине кезинде эле мерт болот. Мойнок он сегизге келгенде эл аралап, жасоол болуп көпкө таанылып калган кезинде көз тийип каза болот. Мойноктон жалгыз уул калат, Кыргызбай, андан эки уул төрөлөт, бири өз ажалынан өлөт, Аралбайы Ата Мекендик согушта набыт болот. Сарт акенин тукумунан Кыргызбайы тың чыккан дешет. Калган үчөө көл өрөөнүндө туруп калган экен.

Күндөрдүн биринде Мойт аке, иниси Сарт аке менен бастырып келе жатып чоң сууну кечип өтө берип, – «Ой

Сарт баатыр, тили жок суу ортосуна неге токтодуң, бир нерсе сездиңби дейт?»

– Мойт аке, Сиз байкоо салбай кечип кеттиңиз, шаштыңыз окшойт. Мына бул суу добуш менен күңгүрөнүп, сырдуу агып жатат. Буюрса, ээн жаткан ушул дарыянын өйүз-бүйүзүнө эл жык отурукташып чоң шаар салынарын айтат. Айткандай, илгери ээн жаткан Каракол суусунун эки өйүзүнө эл отурукташып шаар болду. Сарт акенин алдын ала боло турган нерсени көзү ачыктык менен туя билген акылынын тунуктугуна, олуялыгына суктануу менен, олуя карынын сөздөрүн ушул убакка чейин сыймыктанып айта келишет урпактары.

Сарт аке токсондон ашуун жашаган экен. Айтып берчүсү бардай, көзү ачыктык касиети Акенин көзү өтөөр жылы да болгондугу тууралуу санжырачы Бараканов Акундун, Алымбаев Темиркулдун, Иманов Дөөлөтказынын айтымында эскертилет.

Ак-Суу аймагындагы Түргөндөн кыштайт, жаз келер алдында ага-туугандарын, бала-бакырасын чогултуп:

– «Менин канат бутактарым, медер туткандарым, быйыл катарым келди (көзүм өтөөр мезгил келди деген мааниде). Эрте жаздан баштап, Сырт өрөөнү менен Нарын тарапка бет алып көчкүлө. Кичи жууку, Борду (азыркы Кум-Төрдүн түштүк батыш тарабы) Ак-Белди ашып, Кара-Сайга түшкүлө, анан кызыл эшме, Кыргоону жайлап, Кара-Каман, Балгартка, андан эски Нарынга түшкүлө. Болду. Нарынга жетти деген ошол дейт. Жай менен күздүн кесилишинде, суу анча күч ала элек кезинде жетип, сууну эртең менен эрте кечкиле. Ошондо Нарын дайрасынын суусу тартылып калган маал болот.

Эми балдарым угуп тургула. Нарын – менин киндик кесип, кир жууган жерим. Сөөгүмдү ошол жерге койгула. Кайсы жерден жай аларымды өзүм көргөзөм. Ага-туугандары Сарт акенин айткандарын толук орундашып, болжогон мезгилде атанын төрөлгөн конушуна келишет.

Сарт акенин көчүп келгенин угушуп, көрүп билип жүргөндөр, даңкын уккандар өрүлүктөп учурашып эл аягы тыйылбай калат. Бир күнү Сарт аке балдарын чо-

гултуп, Нарын өрөөнүндө ат жеткен жердин баарындагы элди мейманга чакыргыла, малдын чыгаан семиздеринен болушунча сойгула, мен өз колум менен элге даам берип калайын дейт. Балдары атанын айтканын орундашат.

Эл чакырып ар кимди өз баркы менен конок алышат. Сарт акенин айланасында өрөөндүн кадырман адамдары болот. Тамак-аш желип, бата тиленгенден соң элдин алды узап калган кезде Сарт аке балдарын чакырып:

– Менин баш аягымды тарткыла дейт. («Баш аягымды тарткыла дегени маасыны чечип, башыма жаздык койгула» дегени).

Оңдонуп жатып үч гана ооз сөз айтат экен.

– Балдарым, ууру кылып, ушак сүйлөбөгүлө, ала жипти аттабагыла, ит өлтүрбөгүлө,– деп кыска осуятын айтат.

Ит өлтүрбөгүлө дегеним купуя сыр эле, менин колдоочум кара дөбөт, элдин башына кыйынчылык түшкөндө, айла-амал издегенде гана оң этегимди баса жатып, таңга жуук көздөн кайым болуучу. «Ит өлтүрбөгүлө,– деген насылымдын жөнү ушундай, унутпагыла»,– дейт. Осуятын айтып болуп, келме келтирип, молдонун ыйман айтуусун суранат. Ыйман айтылып бүтө электе түзөлүп көз жумат. Узап бара жаткан эл уу-чуудан кайра тартып, карынын олуялыгына таң калышып, чогулуп топурак салышат.

Сарт акенин таржымалынан азыноолак мисал алуу менен бул адамдын адамдык касиетинен, нарк насилинен жөндүү сабак алууга мүмкүнчүлүк алдык. Чыгыш элинин улуу акылмандары илгертен дүнүйө элине белгилүү болуп, өз баасын ошондо эле алган болсо, эл ичинде жашап өткөн Сарт аке сыяктуу адамдардын кеч да болсо дарегин эми билип жатканыбызга өкүнбөстөн сыймыктануу менен эскерип, аны кийинки урпактарга жеткирүү аракетинде болгонубуздун өзү жакшы саамалык. Сөз атасы өлбөйт дегендей балким убагында кат тааныган болсо, Сарт акенин айткан насили бүтүндөй кагаз жүзүнө түшөт беле. Оозеки айтылып, урпактан-урпакка тарап жуктуу кеби эл оозунда сакталбаганы оозеки маданий үлгүлөрүбүздүн казынасын толуктаган акыл ой мурасын биле жүрүү ар бирибиздин милдетибиз болмокчу. Азыркы мезгилде кыргыз фольк-

лорунун тарыхын, теориясын, жанрдык өзгөчөлүктөрүн, тереңден изилдөө жүргүзүлүп жаткан кезде мындай маалыматтар өз кызматын өтөбөй койоруна шек жок.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Иманов А.* Сарт аке. – Каракол, 1997. 25-бет.
[2] *Иманов А.* Сарт аке. – 1997. 1-бет.
[3] *Иманов А.* Сарт аке. 25-бет.

## КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ

Калыгул реалдуу жашагандыгы күмөн туудурбай турган, ошону менен бирге эле аты, иштеген иштери легендага айланып, Калыгул олуя деген лакап ысмы аңыз кептердеги Асан кайгы, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Жээренче чечен, Акыл Карачач сыяктуу ысымдар менен бир катар айтылып калган улуу инсан.

Болжол менен Калыгул XVIII кылымдын акыркы чейрегинин ичинде дүйнөгө келип, XIX кылымдын биринчи жарымын толук көргөн делинип эсептелинет. Окумуштуулар арасында кабыл алынып пайдаланылууда жүргөн салт боюнча ал адам 1785-жылы туулуп, 1855-жылы бул дүйнөдөн кеткен. Бирок, ошол эки датанын экөө тең, айрыкча биринчиси, чынында шарттуу. Анткени кандайдыр жазылып сакталган так документке эмес, жоромол имишке негизделип белгиленген – эл арасында «Калаке Ормондон үч жылдан кийин туура жетимиш жаш курагында дүйнөдөн көчкөн» – делген аңыз кабар айтылары белгилүү. Ошол имишке таянып 1922-жылы эл арасынан оозеки айтылган көркөм чыгармаларды чогултуп-жазып жүргөн фольклорчу Каюм Мифтаков «Калыгулдун өз уулунан уккамын» – деген манасчы Сагымбайдын айтуусу боюнча «Калыгул акын 1785-жылда дүйнөгө келип, 1855-жылда Ысык-Көлдүн күңгөйүндө Ак-Сууда өлгөн. Калыгул Бай уулу, Бай Бердиш уулу, Бердиш Дөөлөт уулдары»[1] – деп жазат.

Акылмандын өз уулу деле манасчыга айткан маалыматын кандайдыр кадиксиз даректүү жазма булакка эмес, эл арасында сакталган оозеки кабарга негизделип айтканы күмөнсүз. Анын үстүнө Ормон кан өлгөндөн үч жыл

өткөндөн кийинки 70 жаш куракты конкреттүү датага Сагымбай манасчы эмес, К.Мифтаков өзү которуп жазган болуусу да мүмкүн.

Ормон кан өлгөн дата 1852-жыл экендиги илимде такталып, жалпы эл үчүн күмөн туудурбай турган кадиксиз факты катары кабыл алынган. Ошондон үч жыл өткөндөн кийин дүйнөдөн кайткан адам 1855-жылы өлгөндүгү талашсыз чындык. Ал эми ошол адамдын туура 70 жашта экендиги ырас болсо, Калыгулдун 1785-жылы туулганы да күмөнсүз болмок. Бирок, Калыгулдун 1855-жылы туура жетимиште экендиги али тактоону талап кылат. Анткени эл айткан Калакенин жетимиш жаш курагында көз жумушу кайсыл жыл сүрүүгө негизделген? Эгер бүгүнкү жалпы кабыл алынган ык менен баланчанчы жылы туулган да, түкүнчөнчү жылы өлгөн делсе бир эсеп, ал эми ошол Калыгул жашаган шарттагы кеңири колдонулган кыргыздардын жыл сүрүү ыгы менен эсептелсе такыр башка нерсе, анда жарык дүйнөдө жашаган чыныгы жаш эсеби бирге кемип калат, б. а. Калаке жетимиште эмес, алтымыш тогуз жашында көз жумган болот. Себеби ар бири белгилүү айбан аты менен аталып, он эки жылда бир айланып туруучу кыргыздардын жаш сүрүү эсеби боюнча баланын курсакта жаткан убагы бир жаш деп саналып, чыныгы жашы он экиге келгенде он үч катары эсептелип, мүчөлгө кошулат да, андан кийинки мезгил он эки жыл бирден мүчөл болуп жүрүп олтурат. Демек Калакенин туулган жана өлгөн даталары так болушу үчүн кыргыздардын жыл сүрүү эсебиндеги ал адамдын туулган жылынын аты аталып, ошондой эле өлгөн жылы да көрсөтүлүп, эсеп кыргыздар мурда пайдаланган жыл сүрүүнүн негизинде экендиги эскертилгенде тактык болмок (албетте, андай ык менен кылым да, ошондой эле жүз жыл ичиндеги мезгилдин өзү да такталышы кыйынга турарын моюнга алуу жөн).

Ошентип Калыгул олуя 1785- же 1786-жылдардын ичинде туулуп, 1855-жылы, 69, же 70 жаш курагында дүйнөдөн кайтыптыр.

Калакенин атасы Бай Сарыбагыш уруусунун ичиндеги оокаттуу адамдардын биринен болуп, манаптар тукумунан

экендигине карабастан эл башкаруу ишине катышпаптыр. Ошондой эле ал адамдын мансаптык даражасы болгону да эч жерде эскерилбейт. Калыгулдун өзү бий даражасына ээ адам экендиги айтылат. Бирок, ал мансап атайы ыйгарылган кызмат абалы экени, же Калакенин калыстыгы үчүн гана эл ошондой атап койгон, мансаптык маңызга ээ эмес, сапаттык белгиге тиешелүү сөз экени белгисиз. Адатта «бий» – делген эпитет Калакенин чынчылдык, калыстык белгилерин туюнтуу маанисинде көбүрөөк колдонулат (бий – делген наам-мансап кыргыздардын турмушунун илгерки мезгилдеринин бир учурларында уруу башчысынын даражасын туюнтуп, кийинчерээк уруу ичиндеги, же уруулар арасындагы доо, чыр-чатак ж. б. мамилелерди тескеп адат-салт негиздерине таянып калыс чечим чыгаруу милдетин аткаруучу атайын адамдарга ыйгарылуучу кызматтык белгиге айланган экен).

Калыгулдун өмүр жолу, чыгармачылыгы жөнүндө илимде ирээтке салынып, такталган маалыматтар али жок, колдо болгону үзүлдү-кесилди түрүндөгү айрым оозеки айтылып жүргөн аңыз кептер, ошолордун ичинен түрдүү учурларда, ар кимдин айтуусунан кагаз бетине түшүрүлгөн өтө эле аз сандагы кабарлар. Аларды тактоо, толуктоо, бул улуу инсанга тиешелүү маалыматтарды эл арасынан дыкаттык менен чогултуу аракеттери али алдыда деш жөндүү.

Калыгул жөнүндө ирээттүү илимий пикир айтуу аракетин биринчилерден болуп баштаган белгилүү изилдөөчү Т.Саманчин 1941-жылы «Калыгул жөнүндө бизге дайындуу эч нерсе маалым эмес. Калыгулдун айткандары деп, ушул убакка чейин эл оозунда айтылып жүргөн макал формасында он чакты сөздөрдү билебиз жана Калыгул жөнүндө айтылып жүргөн бир нече ылакаптар бар. Болбосо биздин күнгө чейин бул акындын Калыгул – деген атынан башка документке тиркелген эч нерсеси жеткени жок. Көп жашап, көптү көрүп, көп уккан карыялар: Калыгулдун оң бетинде калы болгон. Сүйлөгөндө оң ийинин каранып алып, «Ой журтум!» – деп узун сабак сөзүн баштоочу экен деп, ылакап кылышат. Ал карыялар андан нары ылакап

сөздөрүн кичине узатып барып «ошол Калакем мындай деген» – деп, Калыгулдун айтканы деген сөөмөт сөздөрдөн эки- үчөөнү таштап коюшат. Калыгул жөнүндөгү бардык маалыматтын болгону ушул»[2] – деп жазган эле.

Андан бери жарым кылымдан көбүрөөк убакыт өтүп, окумуштуулардын бир нече мууну алмашып, ошол шартка салыштырмалуу алганда кыргыз филологиясы илимдин өзүнчө тармагы катары орчундуу ийгиликтерге жетишип, алда канча жогору турган баскычка көтөрүлгөнүнө карабастан, илимдин Калыгул таануу багытындагы табылгалары дээрлик бир орунда жылбай токтоп, бул инсан жөнүндөгү билгендерибиз Т. Саманчин мүнөздөгөн абалда бойдон калды. Мындай көрүнүштүн негизги себеби ошол Т.Саманчин өз изилдөөсүн жазган учурларда эле журт арасында «Калакем!» – делип, сыймык менен аталуучу ысымга узак жылдар бою көө шыбалып, реакционер делген жалаа жабылып, ага чейин урматтоо менен аталып келген ат күнөөлөнүп, анын дарегине оң маанайда пикир айтуу опурталдуу ишке айлангандыгы болду. Натыйжада калктын калың катмарында кадыр-баркын бөксөртпөй, дээрлик мурдагы эле калыбында сакталып келгени менен официалдуу деңгээлде Калыгулдун мурасына көңүл бурулбай, бурулса да реакциячыл акын, реакциячыл заман агымынын баштоочусу жана көрүнүктүү өкүлү делген мүнөздө терс сыпаттамада гана үстүртөн эскертилип, терең изилдөө колго алынган эмес, бул багытта аракет кылган адам да болбогон. Жарым кылымга жакын убакытка созулган ушундай абалдын кесепетинен кыргыз элинин улуу инсандарынын бири ушул күндөргө чейин өзүнө тиешелүү туура баасын ала албай келди, тоталитардык бийлик мезгилиндеги идеологиялык мындай кенемтиктин өзгөчө зыяндуу жагы кулак-мурдунан үркүп, сактанып жан сактоо жалпы эл үчүн мүнөздүү белги болгон ошол тарыхый шартта бийлик ээлери терс мамиледеги адам жөнүндө маалымат берүүдөн көпчүлүк информаторлор тарткынчыктагандыктан, ошондой эле эл чыгармачылыгын жазып алып, чогултуп жүргөн илим кызматкерлери да активдүү аракет жасай албагандыктан, Калыгул жөнүндөгү эл арасындагы

көптөгөн баалуу маалыматтар өз учурунда жыйналбай, кагаз бетине түшүрүлбөй, илим үчүн түбөлүк, орду толбой турган жоготууга учурагандыгы.

Адам өмүрүн эске алганда жарым кылым бир топ узак убакыт – элүү жылда эл жаңырат. Ошончо мезгил мурда аракеттенгенде Калакени көбүрөөк билген, анын өмүрү, чыгармалары жөнүндө кененирээк маалымат бере ала турган адамдардын саны алда канча көп болуп, илимге зарыл керек баалуу маалыматтар алда канча мол жыйналары шексиз эле. Бирок, болору болду, өткөн өмүр да, кеткен убакыт да кайра келбейт, эмки максат жана милдет тегеренип кеткен тарых дөңгөлөгүнүн бир учурун айтып кейүүдө, өкүнүүдө эмес, азыр да болсо активдүү аракеттенип, кенемтиктин кемин толтуруу аракетин көрүү. Анткени эл ичи – кенч. Элде Калакеге байланышкан аңыз сөздөр, легендалар, башка түрдүү маалыматтар болушу, куйма кулак, көкүрөгү тетик, сөз жандуу адамдар арасында айтылып жүрүшү толук ыктымал. Жарым кылым чамалуу мезгил ичинде официалдуу бийлик ээлери Калыгулду жектеп, атын жаманаттылаганы менен улуу уулуна калың калктын мамилеси мурдагы салттык үлгүсүнөн – урмат көрсөтүп, сыймыктанып аталуу адатынан бөксөргөн эмес. Демек, атадан балага, укумдан тукумга өткөн маалыматтардын жугун эл арасынан бүгүн да тапса болот деп үмүттөнүүгө толук мүмкүн. Ушул жагдайды эске алганда кыргыздан чыккан улуу инсандардын бири Калыгул ойчулдун өмүрү, чыгармалары жөнүндөгү өзү билген, илимге али белгисиз чоң жана кичине ар бир маалыматты көптүн ортосуна салып, түбөлүк жоголуп кетүү коркунучунан сактап, филология илиминин бул багытын байытуу, Калакенин өзүнө татыктуу чыныгы баасын алууга көмөк көрсөтүү жүгүн моюнга алган ата уулдары татыктуу иш иштеген болор эле.

Жогоруда козголгон айрым ойлор аягына чыгарыла айтылуу үчүн ушул жерде буга көңүл бура кетүү туура деп эсептейбиз: Калыгул ойчулдун дарегине шек келтирилип, кине коюлган учурдун илимге, тарыхка, тарыхый инсандарга туура баа берүүдө тийгизген орчундуу зыянын

моюнга алуу менен бирге эле ошол иштин конкреттүү күнөкөрүн издөө, мунун же тигинин түздөн-түз күнөөсү менен ошол кесепеттүү шарт түзүлгөн деп кимдир бирөөгө доо коюу калыстык болбос эле. Ал ишти конкреттүү бирөө баштаган, же аткарган күндө да негизги себепкер ошол учурдагы тарыхый шарт, элибиз башынан кечирген мезгил болчу. Ал мезгил жалпы калкыбыз басып өткөн тарыхый жолдун бир бүрчөгү – бир барагы, аны эсте тутуу зарыл, Бирок, өчүрүп, же сызып салуу кажет эмес.

Т. Саманчин өз эмгегинде берген маалыматтарга караганда[3] Калыгул Күңгөйдүн (сөз Ысык-Көлдүн күңгөй тарабы жөнүндө бара жатат – С. М., А. А.) Кара-Ой, Сары-Ой деген жеринде туулуп, өлөр-өлгүчө ошол жерди жердеп келген. Анын сөөгү Сары-Ойго коюлуп (манасчы Сагымбайдын айтуусуна таянып К. Мифтаков «Ысык-Көлдүн Күңгөйүндө Ак-Сууда өлгөн»[4] – деп жазат – С. М., А. А.), күмбөз[5] али да болсо ошол жерде сакталып турат[6].

Эл арасында кеңири тараган жана ар кимдин эскерүүлөрү түрүндөгү колдо бар маалымат кабарларга караганда Калыгулдун атасы Бай төрт түлүгү шай келген оокаттуу адам экени жана Надырбектин тукумдары Ныязбектин тукумдары менен тең ата, жакын тууган болгондуктан канатташ жашап, жайлоодо болсун, кыштоодо болсун жанаша жайгашканы, жашы улуу аталаш агасы, акылчысы катары Калыгул, айрыкча Ормон кан менен жакын мамиледе болгону айтылат.

Калакенин балалык, жигиттик куррактары жөнүндө дээрлик кабар жок. Эл эсинде көбүнчө ал адамдын өмүрүнүн акыркы учурлары «Калаке», «Калыгул бий», «Калыгул акылман», «Калыгул олуя» наамдарынын ээси болуп, атак-даңкы таш жарып, аты кыргыздардын оңу менен солуна эле эмес, казак, өзбек, уйгур сыяктуу чектеш, канатташ элдердин арасында да урмат менен эскерилип турган мезгилдери көбүрөөк сакталыптыр.

Ошондой болсо да бир кездерде эл арасында оозеки айтылып сакталып, кийинчерээк ар кимдер тарабынан түрдүү учурларда кагаз бетине түшүрүлгөн – бүгүн колдо болгон үзүлдү-кесилди мүнөздөгү кабар маалыматтардын жы-

йындысына таянуу менен ал адамдын жалпы инсандык негизги ички сапат-касиеттеринен да, сырткы көрүнүш сыпатынан да бүтүндүк маңызга ээ элес алууга мүмкүн.

Кыргыздардын арасынан Калыгулдун өмүр жолуна, чыгармачылыгына терең кызыгып, алардын дарегин эл арасынан жыйнап чогултууга көп күч-аракет жумшаган адамдардын алгачкыларынын бири белгилүү манасчы Шапак болуптур. Бул абал жөнүндө ал өзү Калыгулдун сөздөрүн

«Билгендерден сурадым,
Минтип айтып курадым,
Тапкандардан сурадым,
Далайын элден курадым,
Далай күнү куурадым»[7] –

деп эскерет.

Ал гана турмак манасчы «Манас», «Семетейди» айтып жүрүп өмүрүнүн көбүн өткөрүп жиберип, Калакенин «ширин сөздөрүн» элден чогултууга кечирээк киришип калганына өкүнүч да кылат[8]. Калакенин мурасына өзүнүн мындай өзгөчө мамилесин манасчы ал сөздөрдүн ар бири миңдин бири билгендей»[9] терең мааниге ээ экендиги менен түшүндүрөт.

Ошол Шапактын поэмасында берилген маалымат кабарларга караганда Калаке «орозо менен намазын ката кетирбеген»[10], «арак, бозо ичпеген»[11], «конок келсе дайым кубанып күткөн»[12], «сарамжалдуу»[13], «жашынан уят-сыйытты катуу сактаган»[14], «чечен, сөзү элге өтүмдүү»[15], «Кокондун каны Кудаярдын алдына нечен жолу элчи болуп барган»[16], «бүт ак калпак кыргызга, албан, дуулат, башка казактарга атагы маалым»[17], «Ормон канга, Төрөкелди баатырга акылчы, кеңешчи болгон»[18], дөөлөттүү жана өзгөчө кадыр-барктуу адам болгондугуна карабастан, «малай күтүп, кул жумшабаган, малын өз балдары баккан»[19] адам болуптур. «Ит агытып, куш салганды жакшы көрчү»[20] экен. Кыскасы

«Адамдын акын жебеген,
Андай-мындай дебеген,
Сөзү ширин киши экен –

Күлө багып сүйлөгөн,
Күңгүрөнүп, күлбөгөн,
Адамга жаман дебеген,
Арам тамак жебеген»[21].

Улууларды – аксакалдарды, ата-баба арбагын катуу сыйлагандыгы[22] баса белгиленип эскерилет. «Айткан кабыл келген, тыштан душман келгенде үйдө жатып билген»[23] олуялыгына өзгөчө көңүл бурулат. Ормон опуза, кыргыз жерине жакындап каптап келе жаткан орус падышалыгынын жүрүшүн токтотуу үчүн айла-амалдар иштөө аракеттери да Калыгулдун акылы менен иштелген делет[24].

Калакенин Шапак берген портрет-мүнөздөмөсүн кыргыздын белгилүү тарыхчысы Б. Солтоноевдин маалыматтары тактайт жана кеңейтет: «Сөздү көп ачылып айтпаган, акыл-насаат катарында токтоо сүйлөгөн адам»[25] болуптур.

Өз атасы Өмүрзактан уккан катары кадимки куудул Куйручук сыпаттап айткан Калакенин сырткы белги көрүнүштөрү бул: «тогуз топчулуктуу кара кашка ныпчасы[26] бар, сыртынан төө боз чепкен, башында кары бою кештелүү[27] ак калпак, сары жаргак шымынын багелегин басма менен сайдырган, бутуна көк жеке[28] кийген чап жаак, кара сур киши»[29].

Булардан башка да эл арасында Калакенин көзүн жуумп сүйлөгөн, сүйлөп жатканда «Ыраспы, ыя?!» – деп оң ийни тарапты карап коймой, сөз арасында угуп олтургандарга кайрылуу, чакырык ирээтинде «Ой, журтум!» – деп кез-кези менен үн салып коюу сыяктуу адаттары бар экени көп эскерилет. Көзгө урунуп турган сырткы өзгөчө белгиси катары оң бетиндеги калы айтылат. Ал эле эмес өзгөчөлүктүн, жышааналуулуктун көрүнүш белгиси катары ушул оң бетиндеги калга айрыкча маани берилет (кыясы ал белги калга бала төрөлгөндө эле көңүл бурулуп, Калыгул – калдуу кул маанисиндеги ысым да ошон үчүн коюлган окшойт).

Калыгулдун кат-сабаттуулугу, кандайдыр мектеп же атайын окуу жайынан билим алгандыгы, ал эле эмес окуганды, жазганды билген, билбегендиги жөнүндө даректүү так маалымат жок. Айрым имиш түрүндөгү айтылыш-

тарга караганда намаз окуганды бирөөдөн үйрөнгөн экен. Ошону менен бирге эле диндик билим алганы да белгисиз. Бирок, чыгармаларындагы айрым кабар-маалыматтарга, өз түшүнүк, ишенимдерине караганда исламдын негизги канондору менен бир топ эле дурус тааныш болгон өңдөнөт. Андай жалпы мүнөздөгү түшүнүктөргө дээринен зээндүү, жаратылышынан тунук акылга ээ, анын үстүнө куйма кулак – уккан-эшиткендерин дароо жадысында сактап калуу сапат-касиетине ээ адам атайын мектеп көрбөсө, системалуу билим албаса да ар кимдер менен катышып, эл арасында көп болуп, бирөөлөрдөн угуп, экинчилерден сурап дегендей өз алдынча жүрүп эле ээ болушу да ыктымал.

Кыскасы табигат, жаратылыш, коом жөнүндө ой жүгүртүү деңгээли, түрдүү түшүнүк-көз караштар менен тааныш болуу жана аны урунуштуруп түшүндүрүү, кабыл алуу, аларга карата өз мамилесин, оюн билдире алуу ж. б. жалпы деңгээли, акыл дарамети боюнча Калыгул өз доорунун, учурунун, чөйрөсүнүн ичинде бир кыйла жогору турган адам экендиги даана байкалып, сезилип турат.

Калыгулдун коомдогу ээлеген орду, аткарган кызматы жөнүндө калк арасында кара кылды как жарган калыстыгы менен атагы чыгып, өзгөчө кадыр-баркка ээ болгону, ушул сапаты аркылуу өз уруусунда гана эмес, чоң-чоң уруулар арасындагы орчундуу чыр-чатак, доо ж. б. чечүү, адилет бүтүм чыгаруу иштерине катышканы, ал гана эмес казак-кыргыз, кыргыз-орус ж. б. түрдүү элдер арасындагы мамилелерге, айрыкча, түндүк кыргыз уруулары менен Кокон кандыгынын өз ара катыш, мамиле иштерине активдүү аралашканы, көп учурларда чоң роль ойноп, таасири зор болгону көп эскерилет. Эл ичиндеги ушул мүнөздөгү уламыш-аңыздарга таянып манасчы Шапак: Калыгул, Ормондор

«Кат алышып барышчу,
Оруска кабар салышчу,
Элчилери бар экен,
Ушунун баарын эптеген
Калыгулдун кеби экен» – дейт.

Тарыхчы Б. Солтоноев: «Калыгул Ормон кандын жардамчысы болгон»,[30]– деп жазат. Белгилүү санжырачынын

бул маалыматы айрым тактоону талап кылат. Кыясы Б. Солтоноев «жардамчы» деген сөздү уруу башчысынын калк башкаруу ишине түздөн-түз көмөк көрсөткөн, кандайдыр мансаптык милдетти аткарган маанисинде эмес, акылчысы, орчундуу мааниге ээ иштерде кеңеш берген адам маңызында колдонсо керек. Анткени, Калыгул бий дегени менен ал наамды ага Ормон ыйгарганы эч жерде эскерилбейт, анын үстүнө андай наам, адатта, уруу башчысынын жеке бийлиги, же каалоосу менен ыйгарылбастан, уруулар аралык топ-жыйындарда, катышуучулардын эрки жана басымдуу көпчүлүктүн кубаттоосуна ээ болгон учурларда гана берилери маалым. Экинчи жактан алганда, Калыгулдун бир эле уруу эмес, жалпы журтчулук арасындагы кадыр-баркы, атак-даңк аброю өзгөчө жогору тургандыктан, ал башкаруу бийлигине ээ болбосо да, коомдогу орду жактан айрым уруу башчысынын деңгээлинен жогору турган. Ушул маанайдан алып караганда Калыгулду Ормондун жардамчысы дегендин ордуна таянычы, колдоочусу, акыл айтып, жол көрсөткөн жөлөгү деш жөндүү болор эле. Ушул ойду айрым аңыз сөздөрдөгү Калыгул Кокон бийлигинин мейман-туткуну болуп, ак үйлүү[31] милдетин аткарып калган абалдан Ормонду куткарганы сыяктуу маалымат фактылар да бышыктап турушат. Ошондой эле эл арасында кеңири айтылуучу Калыгулдун

> «Ой, иним, Ормонум,
> Жеген менен тойбодуң,
> Кой!– дегенге болбодуң,
> Акыры сен оңбодуң» –

деп, Ормонду туура эмес иштери, терс жүрүш-туруштары үчүн сындап, жемеге алуу учурлары сыяктуу кабарлар да Ормон үчүн Калыгул жөнөкөй жардамчы эмес, жашы улуу жана кадырлаган агасы, насаатчысы катарындагы ролду аткарган адам экендигин айгинелейт.

Бүгүнкү жашагандар жана келечек муундар үчүн биринчи кезекте Калыгулдун өз учурундагы коомдон алган ордун тактоого караганда артына калтырган мурастарынын – чыгармаларынын маани-маңызын тактоо, алардын мүнөзүн белгилеп, туура баа берүү иштери орчундуу ролго ээ.

Ушул багытта ортого салына турган ой, кеп-кеңеш аз эмес. Эң алды менен өнөр ээси, акыл-ой адамы катары Калыгул ким?

Бүгүнкүгө чейин илимде бул суроо кеңири талдоого негизделген так, ишенимдүү жообун ала элек.

Сөздүн чын-чынына келсек мындай суроо атайын илимий проблема катары эч качан көтөрүлгөн да эмес.

Жалпы кабыл алынган жана колдонулуп келе жаткан салт боюнча Калыгул Бай уулу акын-ырчы делет, ырчылардын арасынан нускоочу акындардын катарына кошулуп жүрөт.

Илимге белгилүү колдо болгон жазма түрүндөгү маалыматтарга караганда Калыгулду акынга кошкон жана кыргыз акындарынын атасы атаган фольклорчу К. Мифтаков болуптур. Ал адам 1922-жылы Нарын тарапта эл арасынан оозеки чыгармалар жазып жүрүп: «Калыгул акын кыргыз акындарынын атасы эсептелет. Андан мурда эл-журтка маалым ырлары сакталган биринчи кыргыз акынын уга албадык»[32]– деп жазат. Бирок, анын чыгармачылыгынын мүнөзү жөнүндө пикир айткан алгачкы изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү Калыгул өнөр ээси катары ырчы эместигин атайын белгилеп көрсөтүшөт. Мисалы: Б. Солтоноев: «Калыгул ырчы эмес»[33]– деп жазса, Т. Саманчин «Калыгул эл арасында «ырчы» деген атакка ээ болуп, айтылуу акын-ырчылардай эл кыдырып ырдаган эмес жана чыгарган ырларын эл алдында комузун күүлөп, үн кошуп ырдап да берген эмес. Ал эл арасында кадыры чоң акылман киши болгондуктан алдына келген элге, топ жыйындарда өз чыгармаларын меселдетип гана сүйлөп берген[34]– дейт.

Чынында эле эл арасында Калыгулду ырчы деп атоо учурлары кездешпейт. Адатта ал адам Калыгул олуя, Калыгул акылман, Калыгул бий, Калаке баатыр делген атак, наамдар менен аталат. Көзүнүн тирүү кезинде ага кайрылгандар негизинен кийинки үч сөздү көбүрөөк колдонгону жана ал сөздөрдүн ар бири өзүнчө мааниге ээ мансаптык титул, даража белгиси катары түшүнүлгөнү жана пайдаланылганы күмөнсүз (Калыгул бий – ал адамдын коомдогу кызмат абалын туюнтуп, негизинен анын өзүнө теңтуш,

даражалаш, же жашы, орду жактан жогору адамдар тарабынан пайдаланылса, «баатыр» – сөздүн тар маанидеги түз маңызында эмес, эл, уруу башчысын туюнткан сыйлуу мансаптык белги катары көпчүлүк эл, аны урматтап, жогорулук укугун тааныган, же сыйлаган адамдар арасында айтылып, ал эми «Калаке», же «Кал аке» анын акылмандык белгисин туюнтуучу атайын белги, же аны өзгөчө урматтап, өзүн ага жакын сезип, эркелетүү, сыйлоо сезимдерин баяндоочу кайрылуу – деш жөндүү).

Эл арасында Калыгулдун өзү ырчы деп аталбаган сыяктуу эле анын чыгармалары да ыр делбейт. Ал жараткандар Калыгулдун сөзү, Калыгулдун месели, Калыгулдун макалдары – деп аталып, адатта, Калыгул ырдады, же ырдаган делбей, Калыгул айткан – делет.

Калыгул зор талантка ээ адам болгондугу шексиз. Балким, ал адам ошондой эле жаратылышынан көркөм сөз өнөрүнүн ээси болуу – көркөм сөз түзүү, көркөм элес – образ жаратуу шык-жөндөмүнө да эгедер болгондур. Анын меселдери, макалдары – айткан насаат сөздөрү мазмуну, элестүүлүгү, көркөмдүк курулушу жактан андай шыгы бардыгына күбө өтүп да турат. Бирок, ошого карабастан Калыгулдун ырчы болуу жөндөмү канчалык ашып-ташып турган күндө да, ал өзү каалаcа да ырчы боло албак эмес, ырчылык милдетти аткара да алмак эмес – буга анын насили, тегинин кимдиги, өзүнүн коомдогу ээлеген орду, намыс-ары жол бербейт эле. Бул абалды ошол Калыгул жашаган коомдук түзүлүштүн кабыл алынган салттык эрежелерин эске ала Т. Саманчин өз изилдөөсүндө тээ 1940-жылдардын баштарында эле туура белгилеп көрсөткөн: «Калыгул өзү чоң атанын тукуму болуп, ошону менен бирге эл арасында анын чоң кадыры ырдоого жол берген эмес. Ал заманда Калыгулдай кадыры улуу кишинин канчалык ырчылыгы ашып-төгүлүп турбасын эл кыдырып, эл алдында ырдашы ар, намыс катарында болгон. Эл кыдырып ырдап, комуз чертүү кыргыз эл акындарынын эзелтен берки кесиби эле. Алар ошол ырчылык өнөрү аркасында күн көрүп, катын-баласын жан сактаткан. Калыгулду болсо атасынан калган дөөлөт аны дүйнөдөн кор кылган эмес.

Бул жагынан да Калыгулдун ырчылыкты өнөр кылып, эл кыдырып ырдашынын эч кандай зарылдыгы жок болчу»[35].

Окумуштуунун түшүндүрмөсүнүн ырастыгына Калыгул өз тукумунан чыккан жаш (ал бала бир жерде Калыгулдун кичи уулу – делип, экинчи учурларда небереси – деп атала берет) адамдын ырга шыктуулук жөндөмү бар экенин билип калып, ага ырдоого ырчылык өнөргө умтулуусуна катуу тыюу салып, токтотуп коюу фактысынын өзү да күбө өтүп турат.

Калыгулдун ырчы болууга аракеттенбегендиги жана өзүн ырчымын – деп эсептебегендиги маселенин бир гана жагы. Маселенин экинчи, болгондо да чечүүчү мааниге ээ жагы – Калыгулга таандык мурастар өз маңызы, аткарган жүгү – милдети, түзүлүшү жактан эмне экендик. Деги эле Калакенин бүгүн бизге белгилүү болгон чыгармала-рын мүнөзү жактан эмес, башкы маңызы, түпкү максаты жактан кадимки ырчылардын чыгармасы дешке болобу?

Биздин терең ишенимибизде Калыгулга таандык мурастарды формалык айрым белгилери боюнча ыр түрүндөгү чыгармаларга жакын экендигине карабастан, кадимки ыр дешке, же ыр катары кабыл алууга болбойт.

Ырас, Калыгулдун мурастары оозеки айтылган, эл арасында оозеки тарап, ооз жүзүндө эсте тутуу жолу менен сакталган. Бул белгилер ал жараткан чыгармаларды оозеки мурастардын, ошонун ичинен оозеки көркөм чыгармалардын катарына киргизүүгө түрткү болот. Бирок, кыргыздардын ошол тарыхый шартында, айрыкча Калыгулдун чөйрөсүндө элдин руханий кенчтеринин түрлөрүнө жата турган үлгүлөрүн жаратуунун да, аны жайылтуунун жана сактап, укум-тукумдарга калтыруунун да башка ыгы, формасы болгон эмес. Анын үстүнө коомдук өсүп-өнүгүүнүн ал учурдагы шартына ылайык көркөм өнөрдө да, акыл-эс формаларында да көп жактуулук-синкретизм ыгы өкүм сүргөндүктөн, бир эле форма менен ар түркүн маңыз чагылдыруусу толук мүмкүн эле. Ошон үчүн макал-лакап, санат-насыяттар, же учкул сөз-накыл үлгүлөрүндөгү – формасы жактан элдик оозеки көркөм чыгармачылыктын бул же тигил түрүнө жакын үлгүдөгү ар бир эле чыгарма мазмуну жактан болсун,

аткарган милдети жактан болсун кадимки ырчылардын репертуарына кирүүчү чыгармалар катары кабыл алынуусу да туура боло бербейт. Мисалы: эл арасында оозеки жашап, укумдан-тукумга өтүп, формалык белгилеринин көбү жагынан ыр үлгүлөрүнө жакын турган Асан кайгынын чыгармаларын да эл кадимки ыр катары кабыл албайт, ошондой эле Асанды ырчылардын катарына да кошпойт. Ылакап атынан эле даана көрүнүп тургандай, Асан – ойчул, коом, эл турмушу, жашоо, өмүр, жер-суу ж. б. көрүнүштөргө байкоо жүргүзүп, ошолорго карата өз оюн айтып, мамилесин билдирген – ар бир жандуу, жансыздагы мүчүлүштүккө жаны кейип, ошолордун телегейи тегиз, төрт тарабы төп болбой турганына кайгырган, «шыйпанып коргонууга куйрук-жалы жок, чымын-чиркейлүү ысык жерде жашаган кулан байкуш кантти экен? Же бут, же колдон жок, боору менен жылып жан сактаган жылан байкуш кантти экен?» – деп, аларга боору ооруган адам.

Жогорку учурларды эске алганда Калыгул чыгармачылыгынын мүнөзү жагынан да, аткарган милдети жагынан да ырчы эмес. Өзү да ырчылык өнөргө умтулган, бул багытта аракеттенген адамдардын катарына жатпайт. Табигый шыгынын мүнөзү да такыр башка багытта. Буга анын чыгармаларынын курулуу, аткарылуу ыгы, тематикалык багыты да күбө өтүп турат: ага таандык мурастар атайын бир темага, же белгилүү окуяга арналган көлөмдүү чыгарма эмес, турмуш көрүнүштөрүнүн ар кыл учурларына тиешеси болгон акыл-насаат кеңеш берген нуска түрүндөгү ыгы келген шартта айтылган, же пайдаланылган макал-лакап, учкул сөз, чулу же элестүү ой камтылган сүйлөм, сүйлөмдөр, куплет, чакан ыр түрүндөгү масел ж. б. Бүгүн эл арасында айтылып жүргөн сөздөрдүн изилдөөчүлөр өздөрү «Калыгулдун Ысык-Көл жөнүндө айтканы», же «Кан Ормонго карата айтканы» ж. б. тема коюлуп айтылып жүргөндөрүнүн аталыштары да шарттуу, ал адам өзү андай тема койбогону, тек гана ыгы келген учурда айткан сөздөрү уккандар тарабынан эске тутулуп калып сакталганы, ага ылайыктуу ат берүү ишин кийинки адамдар жүзөгө ашырганы шексиз.

Ой толук болсун үчүн ушуга байланыштуу дагы бир эске тутуп коюучу учур – Калыгулга таандык мурастардын ыргак менен, уйкаштыкка келтирилип, сырткы формалык курулушу боюнча ыр формасына жакын айтылышы алардын кадимки ыр экендигинин далили эмес. Жазуусызуу өнөрү пайда болууга чейинки шартта жашаган ар бир элдерде оозеки айтылган жана эл арасына оозеки таралып, өмүрүн ооз жүзүндө улантууга ылайыкталган ар бир ой аны жаттап алуу, эсте тутуу, сактоо оңой болсун үчүн жана анын уккандарга таасир тийгизүү күчүн арттыруу максатында ыргакка, уйкаштыкка келтирилип, элестүү, көркөм ык менен түзүлгөндүгү мурдатадан жалпыга белгилүү фактылардан. Демек, Калыгулдун сөздөрү да ушул жалпыга таандык салтка ылайык көрүнүштөрдүн бирине жатат. Ошентип Калыгул акын-ырчы, анын чыгармалары ыр эмес. Бул багытта Калыгулдун ырлары дебей, «Калыгулдун айткандары, Калыгулдун сөздөрү» – деген элдин арасында айтылып жүргөн аныктамага кошулуу жөндүү.

Анда Калыгулду ким дейбиз? Бул суроого деле атайын термин ойлоп чыгарбай эл өзү атап жүргөн наамды пайдалануу, бул инсанды эл атап жүргөн ат менен атоо туура болор. Эл түшүнүгүндө «Калыгул акылман», кээде «Калыгул олуя» делген аталыш да пайдаланылат, бирок, маанимаңызы боюнча тагыраагы жана бул адамдын инсандык турпатына, иш-аракет, мурасына караганда көбүрөөк төп келе турганы да «Калыгул акылман» делген аныктама.

Кыргыздар арасында илгертеден бери «ырчы» делген кесиптик белги сыяктуу эле адамдын шык-жөндөмүнө, иштеген иштерине карата айтылуучу «акылман», «акылмандык» наам-атактар да кеңири белгилүү болгон жана ыгына жараша турмушта бир топ эле кеңири пайдаланылган. Мисалы: элибиздин байыркы чыгармаларынын бири «Манаста» «Тебетейи чоктуу кул, айтарга оозу шоктуу кул Ырамандын ырчы уулу», ошондой эле «Караңгыда көз тапкан, капилет жерден сөз тапкан акылман Бакай, батасы журтту байыткан олуя Кошой» эскерилет. Андай түшүнүктөр кийинки кездерге чейин эл турмушунда кенен орун алган.

Ырчылык өнөр сыяктуу эле акылмандык да кесиптик белги, ал сапат сынчылык (Толубай сынчы), чечендик (Жээренче чечен) ж. б. сыяктуу жогору бааланат жана анын ээси калк арасында өзгөчө урмат-сыйга ээ.

Калыгулдун атына, чыгармаларына байланыштуу айтылып, эки ача пикирлерди пайда кылган жана көптөн бери ар түркүн талаш-тартыштарды туудурган маселенин бири «Замана» агымы, ага Калыгулдун кандай катышы болуп, ойногон ролу.

Мындан жарым кылым чамалуу мурда – кыркынчы жылдардын экинчи жарымы чендерде башталып, ошондон бери көптөгөн талаштардын негизи болгон, бүгүнкүгө чейин аягына али так чекит коюла элек маселелердин бири «Заман» адабияты, «Замана поэзиясы» делген шарттуу ат менен аталып жүргөн көрүнүш. «Замана поэзиясы» жөнүндөгү пикирлердин тирешүүсүнө атайын адистерден тартып адабият, фольклор изилдөөчүлөр, жазуучулар, тарыхчылар, философтор, саясый-коомдук ишмерлерге чейин кыргыз интеллигенттеринин көптөгөн өкүлдөрү катышып, өз ойлорун айтышкан.

Бул чакан макалада ошол узун тизме боло турган пикир алмашуулардын катышуучуларынын ар бирине өзүнчө токтолуп, алардын ой-пикир, келтирген далил ж. б. терең талдоого алып, кимиси туура, кимиси калпыс экендигин аныктоо аракетин көрүү нээти бизде жок. Буга биринчиден, биздин макалабыздын негизги максаты жана милдети жол бербейт, экинчиден, андай ишти бүгүн иштөөнүн зарылдыгы да жок деп эсептейбиз. Анткени ошол талашка катышып, эки ача ойлор айткандардын айрымдары өз илимий, ата-уулдук парзынын таламына ылайык чын пейилден өз ишенимин баяндаса, экинчи бирөөлөр тарыхый шарттын таламына ылайыкташып, бийлик ээлеринин сөзүн сүйлөп, камчысын чапкан. Ал эми үчүнчү бирөөлөр билим деңгээлинин, түшүнүгүнүн чектелгендигинен талаштын чыныгы маңызына көзү жете бербей, жаңылыштык кетиришкен. Бүгүн заман өзгөрүп, коом алмашып, түшүнүк багытын өзгөрткөн шартта ошолордун ар бири, көзү тирүүлөр, мурдагы ой-пикирлерин өзүлөрү кайра ка-

рап, тактоолор киргизиши мүмкүн. Ал эми өтүп кеткендерге айла жок, алардын иштери – тарых.

Анын үстүнө «Заман поэзиясынын» багыты, мааниси жөнүндө идеологиялык мүнөздөгү талаш-тартыштар болгону менен көрүнүштүн түпкү маңызын терең талдоого алып, көп жактуу изилдөө жүргүзүү иши али колго алына элек. Ал эми бул орчундуу процесс бир эле эмгек менен толук такталып, жыйынтык чыгарыла коюучу оңой-олтоң иштерден эмес.

Ушул жагдайларды эске ала биз жыйнактан орун алган Калыгулдун мурастарын окурман журтчулугу туура түшүнүп, туура кабыл алууну жеңилдетүү максатында гана мурдатадан илимде кеңири белгилүү болгон негизги фактыларга учкай токтолуп, бул багыттагы ойлорубузду ортого салмакпыз. Ал ойлор проблеманын бардык болгон жагдайларын терең изилдеп, жыйынтык чыгарган бүтүм эмес, көптүн бири катарындагы кайдыгер кеп-кеңеш экендигин дагы бир жолу атайылап белгилеп кетүүнү зарыл деп эсептейбиз.

«Заман адабияты», «Замана поэзиясы» экөө бир көрүнүштү туюнткан, маанилеш сөздөр илимдеги жаңы термин, бул сөз менен окумуштуулар кыргыз акындарынын чыгармачылыктарындагы багыттык белгини атап жүрүшөт. Алгач кыргыз филологиясында, андан кийин канатташ илимдердин башка тармактарында да үстүбүздөгү кылымдын биринчи жарымынын аяк чендеринен тартып колдонула баштады.

Терминдин пайда болуу тарыхы эң алды менен Калыгулдун атына, чыгармачылыгына түздөн-түз байланыштуу. Бирок, көрүнүштүн кыргыз кыртышындагы белгилери Калыгулдун жана анын жолун жолдогон кийинки акын-ырчылардын аттарына байланышканы менен түпкү теги – пайда болуш уюткусу тээ алыста.

Калыгул өмүрүнүн кийинки мезгилдеринде айткандарын «Акыр заман сөздөрү» – деп атоочу экен (бул, албетте, оозеки аңыздарга негизделген гана жоромол, балким ал адамдын бизге жеткен мурастарынын маңызы боюнча эле кийинкилер, мисалы, Арстанбек, же башка кимдир

бирөө тарабынан берилген аталыш болушу да мүмкүн). Анын жолун жолдоп, айткан ойлорунун негизги маңызын уланткан жана эң башкы белгиси – өз учурундагы коом ичиндеги өзгөрүүлөрдү, эл абалын баяндап, күн санап терс көрүнүштөр арбып, оң маанидеги салттык жөрөлгөлөр азайып, журт ичинде жүрүм-турум, адеп-ахлак бузулуу арбып баратканын сынга алып ырдаган акындар өз чыгармаларын «Тар заман», «Зар заман», «Замана» «Акыр заман» ж. б. ушуга жакын, маанилеш аттар менен атоо өнөкөткө айланып келет. Ушул көрүнүштү кийинки илим адамдары «Заман адабияты», «Замана поэзиясы» – аташты.

Окумуштуулар менен жазуучулардын арасында «Замана поэзиясынын» маңыздык касиетин жанр (адабияттык түр, түркүм), адабий тема, көркөм ык, агым катары түшүндүрүү аракеттери белгилүү. Чынында бул көрүнүштү бардык негизги белгилери боюнча агым деш жөндүү. Башка, кыргыздарга жакынкы жана тектеш, ал гана турмак алыскы элдердин көпчүлүгүндө чыгармачыл инсанга тиешелүү көз караштын мындай белгиси агым катары бааланаары жана «Замана поэзиясына» типтеш көркөм туундулар да салт катары агым делип аталып келгени илимде мурдатадан кеңири белгилүү. Кыргыз интеллигенттеринин арасындагы «Замана поэзиясын» жанрдык белги же көркөм чыгарманын өзүнчө формасы, көрүнүшү катары тү-шүндүрүү далалаттары, чынында, түшүнбөстүк же тарыхты билбегендик эмес, тоталитардык бийлик мезгилиндеги шартка ылайык «Замана» агымынын өкүлдөрү болгон Калыгул, Арстанбек ж. б. жан тартуу, аларды калкалап калуу аракети – көрүнүштүн идеологиялык маңызын жумшартуу, түпкү теги дин, ислам менен байланышы бардыгын жашыруу эле.

Акыр кыямат, кыямат кайым, кыямат доору, акыр заман доору бири бирине тутумдаш, маанилери түпкү тегинде бир булакка барып такала турган, жалпы адам баласынын тарыхында эскиден бери кеңири жайылган, дүйнө элдеринин негизги диндеринин көбүндөгү орчундуу ишенимдердин негизгилеринин биринен болгон түшүнүк. Айрыкча ал азирети Мукамбет мустапа пайгамбарды акыркы

пайгамбар, акыр заман доорунун пайгамбары – деп эсептеген ислам growing динде эки дүйнөгө – бул убактылуу дүйнө бүтүп, негизги, түбөлүктүү дүйнө башталарына, ошол учурга жакындагандагы доордун – акыр заман доорунун мүнөздүү белгилерине ишенүү мусулманчылыктын негизги талаптарынын катарына жатат.

Акыр заман идеялары кыргыздар арасына ислам дини аркылуу эле эмес, айрым сопучулук (суфизм) идеяларын үгүттөгөн ойчулдардын, акындардын эмгектери, көркөм чыгармалары, канатташ жашаган тили жакын элдердин оозеки көркөм чыгармалары аркылуу да тараган. Бул багытта айрыкча «Кулкожакмат», «Securityсополдыяр» – деген аталыштарга ээ болуп, ислам дининин канондору баяндалган китептердин катарына кошулуп, кыргыздардын айыл арасындагы эскиче кат таанып, билим алуу иштеринде окуу куралынын, окуу китептеринин милдеттерин аткарган Кожо Ахмед Яссавийдин (1105–1165-ж.ж.) «Хикмат» аттуу чыгармасы, XVII к. жашаган өзбек акыны Суфи Аллаярдын китептери чоң мааниге ээ. Ошондой эле Калыгул жашаган учурларга жакын жана андан мурда жашаган казак элинин кеңири белгилүү чоң акындарынын мазмуну боюнча өз коомундагы терс көрүнүштөрдү белгилөөгө арналып, идеясы жактан акыр заман доорунун көрүнүштөрү жөнүндө баяндаган чыгармалары кыргыздар арасына да жайылып, тарагандыгында, белгилүү болгондугунда күмөн жок. Албетте, акыр заман түшүнүк-төрүн, сопучулук (суфизм) философиясынын багыттык маңызын ар башка коомдук түзүлүштө жашаган инсандар өз-өзүнчө түшүнүп, кабыл алышы, ошондой эле түрдүү элдердин өкүлдөрү идеянын багытын өз кызыкчылыгына, учурунун таламына жараша пайдалануу аракетин көрүү өзүнөн-өзү түшүнүктүү, атайын чечмелеп олтурууну талап кылбай турган нерсе. Бул багыттын өкүлдөрү үчүн башкы нерсе акыр заман доорунда оң-терске, жакшы жаманга өтүп, заман куруп, пейил бузулуп, нарк өзгөрүшү. Анын себебин бирөөлөр динди катуу сактабагандыктан көрсө, экинчилер каада-салттан чыгуудан көрөт, үчүнчүлөр үчүн андай себеп эл башына жакындап келе жаткан коркунуч ж.б.

Жашоо шарттары бирдей, же бири-бирине жакын, коомдук өнүгүүдө бирдей деңгээлде турган элдерде акыр заман түшүнүктөрү көп жактан бирдей, же жакын кабылданат. Буга казактар менен кыргыздардын арасынан чыккан ушул агымдын өкүлдөрүнүн мурастары – чыгармалары таасын күбө.

«Замана поэзиясына» типтеш, жакын көрүнүш казактарда «Зар заман ырлары» («Зар заман өлеңдери»), же «Зар заман акындары» делген терминдер менен аталат. Улуу жазуучу, белгилүү окумуштуу Муктар Ауэзовдун пикири боюнча казактардагы «Зар заман акындарынын алгачкы белгиси Асан кайгыдан башталат»[36]. Өз оюн далилдөө үчүн окумуштуу Асан кайгынын Жаныбек канга кайрылып айткан бул ыр саптарын келтирет:

«Катын алдың карадан[37],
Айрылдың хандык жарадан,
Ел устайтын ул таппас,
Айырылар ата мурадан.
Муны неге билмейсиң?
Кулалы кустың кулы еди,
Тышкан жеп жүни туледи,
Акку кустың төреси,
Ен жайлап көлди жүреди.
Аңдып жүрген көп душман
Елге жау боп келеди,
Кулалы куны өлтирсе
Өз басыңа келеди,
Кулың кеп сени өлтирер,
Осыны Асан биледи.
Арасынан кытай, орыстың
Корган сап, тыныш жатырсың,
Ертисти өрлеп орыс жүр,
Тил алсаң издеп коныс көр,
Желмая минип жер шалсам
Тапкан жерге эл көшир,
Бул арадан көшпесең
Айтканыма түспесең
Орыс алар калаңды,

Шулатар катын балаңды.
Муну неге билмейсиң,
Кош, аман тур, Жаныбек
Енди мени көрмейсиң –

деп, желмаянга минип жүрүп кеткен экен»[38]. Орус менен кытайдын арасында олтурган казактар үчүн Эртишти өрдөп орус жакындаганда анын басканынын алдында калып, жат журтка кул болбос үчүн башка айла таппай бир жакка ооп көчүп кетсекпи, эми абал эмне болор экен?– деп жүрөк заада болуп, өз суроосуна жооп таба албай мүңкүрөгөнүн айта келип М. Ауэзов «Абал башы Асандан башталып бардык зар заман акындары ушул суроонун алдында не дээрин билбей, кайгылуу кара жамынып туруп, амалы куругандыктан күрсүнүп ыйлап, күңгүрөнүп өткөн»[39]– деп белгилейт.

Асан кайгы казак, кыргызга орток ысым, аны (казактар деле, кыргыздар деле Асандын реалдуу турмушта чын эле жашаган адам экенин да, түбүндө кайсыл элдин өкүлү болорун да али ишенимдүү далилдей элек, ошондой болсо да эки элде тең Асан көркөм образ эмес, тарыхый инсан катары сыпатталат жана кабылданат) казактар сыяктуу эле кыргыздар да өз уулу – өз кулуну, арасынан чыгып, атагы сакталган, урматка ээ адамдардын бири катары эсептейт. Ошону менен бирге эле Асан жөнүндөгү оозеки айтылган аңыз кеп-улама кабарлардын дээрлик баары эки элге тең бирдей, көпчүлүк учурларда сөзмө-сөз бири-бирине туура келип айтыла берет. Буга жогорудагы М. Ауэзов келтирген ыр саптарынын негизги мазмуну, көптөгөн деталдарына чейин кыргыздар арасындагы Асан кайгыга Байланышкан аңыз кептерде орун алган[40]. Албетте, кыргыздар айткан аңыз кептерде Асан кайгынын атын орустар, орустардын келиши менен байланыштыруу учурлары жок, бирок, «белден береке, көлдөн көрк, аргымактан жал, азаматтан ал кетип, элдин ынтымагы ыдырап, жоо жакадан, бөрү этектен алган заман келе жатканын эскертип, «аңгеме кылып айтып», эми күн эмне болор экен?– деп кайгыра берип карып болгон адамдын элесин берген Асан кайгы жөнүндөгү маалыматтар замана поэзиясы ме-

нен үндөшүп турганы күмөнсүз. Ушул жагдайдан алып караганда кыргыздар арасындагы замана поэзиясынын – акыр заман сөздөрүнүн алгачкы өкүлү катары Калыгулду эмес, Асан кайгыны көрсөтүү жүйөөлүү сыяктанат.

Казак акындарынын ичиндеги зар заман багытынын өзгөчө көрүнүктүү жана элге кеңири белгилүү өкүлү «Абылайдын жанындагы убазири, замана көйүн сынга салып, корутунду айтып, акыл кошуп, кеңеш берген»[41] Букар жырау. Ал адам өз насаат-осуяттарын жеке эле Абылай канга гана эмес, бүтүн элге айткан, эл башына түшкөн оорчулук замандын абалын сүрөттөп, себебин ачууга аракет кылып, келечегин божомолдоо далалатын көргөн: замандын түрү бузулуп, эл азып, заң тосулуп, жамандык өкүм сүрүп, карагайдын башына чортон чыгып, бабалардын салт-заңы бүтүп, боордоштон кайрым, кандан күч, карагайдан чайыр кетип, уул-кызы оруска малай болгон элге боору ооруп, зээни кейийт. Кайран эл, эсил журтум эми эмне болор экенсиң?– деп, убайым жейт[42].

Тагдыры да, чыгармачылыгынын мүнөзү жактан да Калыгул Букар жырауга жакын, экөөнүн ой-түшүнүктөрүндөгү окшоштуктар арбын.

Калыгул жөнүндө сөз болгондо ал адамга белгилүү инсан, чыгармачыл личность катарында мүнөздөмө берүү үчүн өмүр жолу, чыгармачылык жолу – делген аныктама түшүнүктөрдү пайдалануу жөнсүз өңдөнөт. Анткени эл эсинде Калакенин «Калаке», «баатыр», «акылман», «олуя» атак-даңкына ээ болгон, личность, инсан катары өсүп-өнүгүүнүн ошол тарыхый шартта мүмкүн болгон деңгээлинин эң жогорку чегине жеткен учурларга таандык ка-бар-маалыматтары гана, алардын ичинен да айрым урунттуу, чоң мааниге ээ, көпчүлүккө таасир эте ала турган элестүүлөрү сакталып калыптыр. Ошентсе да Калыгул ошол деңгээлге бир эле күндө жетип, ошончо атак-даңк наамдарын бир эле күндө албагандыр да. Бирок, бул багытта ишенимдүү фактыларга таянып, илимий принциптерге ылайык келе турган системалуу түрдөгү салмактуу, калыбет ой-пикирлер келечекте боло турган иш десе жөндүү боло турган. Анткени Калыгул Бай уулу жөнүндөгү

илимге бүгүн белгилүү болгон кабар-маалыматтар али өтө эле тайкы, талаш туудурбай турган фактылар аз.

Бүгүн Калыгул Бай уулунун мурастары катары эсептелип жүргөн материалдарды мүнөзүнө, тематикасына карата эки чоң топко бөлүүгө болот: макал-лакап, санат-насият, терме, накыл сөз түрүндөгү чыгармалар; акыр заман сөздөрү.

Эл арасында мурдатан калыс ыр, калыс сөз делүүчү термин менен аталып, мүнөзү боюнча адеп-ахлактык, жүрүш-туруш эрежелери, оң-терс, жакшы-жаман, адилеттик, калыстык ж. б. темага арналуучу материалдардын тобу салт боюнча, адатта, жеке бир адамга таандыкташтырылуу учурлары аз болот. Алардын басымдуу көпчүлүгүнүн качан, кандай шартта, эмнеге байланыштуу ким тарабынан биринчи чыгарылганы айтылганы белгисиз, аткарылуу, колдонуу укугу да баарыга негизинен тең орток, аларды ким болбосун керектүү учурда, ыгына жараша пайдалана алат. Ушул жагдайды эске алганда Калыгулдун чыгармачылыгынын башатында ошол түрдөгү чыгармалар турганы күмөнсүз, тагыраак айтканда, жаратылышынан акылга зирек, баамчыл жаш Калыгул өзүнүн орундуу, ыгы менен, туура айтылган сөздөрүндө жеке өзүнө таандык байкоолорунун жыйынтыктарын гана эмес, мурдатадан элге кеңири белгилүү чулу ойлорду – макал-лакаптарда, санат-насыяттарда камтылган чындыктарды кеңири пайдалануу, айтуу менен элге таанылып, оозго кире баштаган болуу керек деген жоромол жөндүү болор. Бирок, өз мазмунунда элдик тажрыйбанын корутундуларын чагылдырган макалдар, көпчүлүк санат-насияттар – жаш-карыга бирдей тең орток мүнөздөгү жана турмуш көрүнүштөрүнүн бардык учурларына тиешеси бар, дайым керектүүлүккө жарап, пайдаланууга, колдонууга мүмкүн болгондуктан инсандын өмүр жолунун башталышында эле эмес, кийинки ар бир учурунда, ошондой эле акыркы чегине жетип карыганда да анын эркине жараша бул же тигил максаты үчүн кызмат кылышы мүмкүн экендикти эстен чыгарбоо оң.

Эми ошол накыл сөз, макал, санат-насият Калыгулдун чыгармачылыгында кандай колдонулушу, пайдаланылышы мүмкүн?

Эгер андай чыгармалар топ-тобу менен, турмуштук иш-аракеттердин бул же тигил көрүнүшүнө тыкыс байланыштырылбай, жөн гана үгүт-насаат максатында айтылса, алардын маанисинин канчалык тереңдигине карабастан, анча чоң таасирдик күчкө ээ боло албай калышы да мүмкүн. Ал эми ар бири өз-өз ордунда, ыгы менен, элдин жашоо тиричилигинин ар түркүн көрүнүштөрүнө байланыштырылып, мисал-далилдер менен бекемделип, көрсөтмөлүү, жөн кайдыгер ишке кынапталып берилсе угуучуларга таасирдик күчү алда канча зор болуп, эл эсинде узакка сакталышы турган иш. Ушуну эске алганда Калыгул бүгүн бизге жеткен мурастарын көп алдында ошол турушунда, узун-узун ыр түрмөктөрү катарында айтып, аткарбастан, ыгына жараша, шарты келгенде келки-келки, бир-эки сүйлөм түрүндө сөз арасында пайдаланган болсо керек.

Ушул ойду ырастай турган маалыматты көп жашап, көптү көрүп, көптү билген сөзмөр карылардын айткандарына таянып Калыгул жөнүндөгү изилдөөсүндө Т. Саманчин келтирет: «Калыгулдун оң бетинде калы болгон. Сүйлөгөндө оң ийнин каранып алып, «Ой, журтум!» – деп, узун сабак сөзүн баштоочу экен»[43].

Т. Саманчин келтирген маалыматтардын ичиндеги бул жерде биз үчүн маанилүүсү Калыгулдун «узун сабак сөзүн баштагандыгы». Демек, Калаке өзүнө таандык төл чыгармалары болгон «аз сөз менен макалдардай көп пикирди айтууга мүмкүнчүлүк берген»[44] месел сөздөрү жалаң түрдө айтылбай, узун сабак кеп ичинде, атайын даярдык менен, мисал милдетин аткарган көптөгөн фактылардын бекемдөөсү аркылуу айтылган. Муну эске алганда Калыгулдун мурасына ал өз меселдерин айтууда жардамчы, же мисал катары пайдаланылуучу турмуштук белгилүү фактылардан тартып, легенда, аңыз сөз, болмуш, тарыхый окуялар, санжыра ж. б. түрдөгү көптөгөн оозеки көркөм, же элестүү, таасирге ээ фактылык материалдарды да киргизүү оң болор. Албетте, алардын түрү, «тизмеси», мазмуну бизге белгисиз. Анын үстүнө андай материалдар айтуучу тарабынан шартка, керектүүлүгүнө жараша тандалып алыны-

шы мүмкүн болгондуктан, туруктуу «сюжет» жөнүндө айтуу да кыйын.

Калыгулдун өмүр жолунун акыркы мезгилдерине таандык жана анын негизги чыгармалары, албетте, «акыр заман сөздөрү». Алардын Калыгулга таандык экендиги да оңой далилденип, анча күдүк туудурбайт. Ошондой болсо да ушул темага жата турган мурастарга жана жалпы Калыгулдун чыгармаларына карата кыргыздардын белгилүү адамдарынын бири, тарыхчы-санжырачы Белек Солтоноевдин айткан калыс жана адилет оюн эстен чыгарбоо оң: «Сөзү өз оозунан жазылбагандыктан анык тунугу аз, Калыгулдун айтканы деп, кийинки ырчылар сөздү өзүнөн көп кошкон жана башка бирөөнүн сөзүн аралаштырган»[45]. Бул эскертүү илимдин бүгүнкү деңгээлинде толук өз күчүн сактайт жана Калыгул таануу багытында орчундуу илгерилеш болуп, терең текстологиялык иштер жүргүзүлүп, Калакенин мурастары такталганга чейин эсте тутулуусу оң.

Жогоруда айтылгандардын жыйынтыгында Бай уулу Калыгул кыргыздардын оңу менен солуна бүт кеңири таанымал, аты жана жашоосу легендага айланып, иштеген иштери, айткан сөздөрү узактан бери унутулбай эл эсинде сакталып, өзгөчө урмат-сыйга ээ, Калыгул акылман, олуя, баатыр, кара кылды как жарган калыс бий, Калаке – делген атак-наамдар менен аталып, ысмы даңкталган улуу инсандардын бири экендигин көрөбүз. Ал чыгармачыл инсан, бирок, акын-ырчы эмес, элдик аныктама боюнча акылман. Коомго, турмушка мамилеси, көз карашы боюнча мурдатадан келе жаткан элдик мыкты оң салттардын улантуучусу. Өмүрүнүн акыркы мезгилдеринде ошол тарыхый шартта Орто Азия элдеринин арасында кеңири жайылып, турмушта активдүү роль ойногон акыр заман түшүнүктөрүнүн жактоочуларынан болгон жана бул багыттагы анын «акыр заман сөздөрү» көптөгөн жактоочуларды, ал ойду улантуучуларды пайда кылган.

Чыгармачылыгынын мүнөзүнө карата Калыгулга элдин өзү берген наам-атак – акылман. Сөз кыргыздар арасында илгертеден эле белгилүү болуп, турмушта кеңири пайдаланылып келе жаткандыгына карабастан, бүгүнкү

илимде белгилерин бүт өз ичине камтый алган, так синоними боло ала турган атайын термин жок. Бирок, кыргыздардын «акылмандык» делүүчү аныктамасына мааниси боюнча жакын түшүнүк илимге белгилүү. Бул жөнүндө белгилүү окумуштуу, академик А. Салиев минтип жазат: «Калыптанып калган ар бир элдин арасында илгертен бери эле дүйнөнүн, коомдук турмуштун түйүндүү маселелерине карата ой жүгүртүп, жалпы жобо же эреже катарындагы керемет сөздөрдү жаратуу тажрыйбасы орун алып келген. Цивилизацияга аралашып, жазма маданиятка ээ болгон көп өлкөлөрдө ошол багыт өнүгүү жолуна өткөндө жалпы жоболорду өзүнчө ыраатка салып, теория түзгөн адамдар китептерин чыгарышкан, философия билимине жол ачышкан. Ал эми андай маданиятка жетишпеген көчмөн калктарда философиялык теориялар түзүлө албаса да, жалпылоо багытында ой жүгүртүүлөр эч качан өксүбөй, ооз жүзүндө толук улантылып келе берген. Андай адамдар акылмандар, улукмандар, даанышмандар делип аталышкан[46]».

Демек, Калыгулду сөздүн толук маанисинде кыргыздардан чыккан философ деп атоого болбосо да, анын мурастарын ири алды философиялык категориялардын принциптерине ылайык талдоого алуу жөндүү болор эле. Бул багытта иштеле турган орчундуу иш-аракеттер али алдыда деп үмүт кылалы.

Чыгармачыл инсан катары да, көптүн бири болгон адам катары да Калыгул өз учурунун өкүлү, өз элинин кулуну. Ошон үчүн ал өз коомунун кызыкчылыгын жактайт, иш-аракети, акыл-дараметинин күчү менен элине кызмат кылууга аракеттенет.

Ошол Калыгул жашаган тарыхый шартта кыргыз эли үчүн жалпы калк тагдырына байланышкан эки чоң маселе өкүм сүрүп, ар бир элим деген эр уул менен журт адамынын ой-санаасындагы жүрөк өйүгөн көйгөй болгону күмөнсүз. Алардын бири – байыртадан жамы кыргыз үчүн жашоодогу негизги максат, иш-аракеттеги башкы багыт болуп, элдин эл экендигин айгинелөөдөгү негизги салттык жосунга айланган көз карандысыздыкты сактоо, эл катарындагы атын өчүрбөй жашоо, экинчиси ушул ой-санаа

менен тутумдаш, аны аткаруудагы зарыл шарт болуп эсептелген биримдик, ынтымак.

Калыгул жашап, инсан катары калк арасында аракеттенген тарыхый шартта кыргыз урууларынын, ошолордун ичинде Калыгулдун өз уруусунун да, көз карандысыздыгына коркунуч туудурган реалдуу күч Кокон хандыгы эле. Ошон үчүн бул коркунучка каршы Калыгул иш-аракети, алыска кеткен кадыр-баркынын күчү, акыл-насаат, кепкеңеши менен да активдүү күрөшкөн. Эл эсинде сакталып, бүгүнкү күнгө чейин айтылган көптөгөн маалыматтар анын ошол аракеттеринен кабар берип, күбө өтүп турушат. Мисалы, Калыгул күүлү-күчтүү кездеринде Кокон хандыгына барган элчиликтерге көп жолу өзү катышып, акыл күчүнүн жардамы менен кан алдында ага тең ата мамиле кылып, намысын коргоп, кадыр-баркын жогору сак-тап, ыгына жараша керек учурда сес көрсөтүп, күчү жактан да, акыл-эс, нускалуулук, адат-салтты түшүнүү жана сактай, баалай билүү жактан да андан кем эместигин айгинелеп, абийир табат. Балким сарыбагыш уруусуна Кокон кандыгынын таасири, бийлиги тарабай калышында анын ушундай иш-аракеттеринин чечүүчү таасири болбосо да, бул багытта белгилүү ролу болгондур. Анткени, келе жаткан сыйлуу коноктордун – элчилердин жолуна төшөлүп коюлган баалуу килемдерди ат менен тепсетип бастырып баруу; мындай килемдер силерде барбы?– деген суроого мындай килемдер биздин көчкөн журтубузда калат, аларды унаага жүк кылып артынып жүрбөйбүз!– деп жооп берүү күчтүү, өз баркын билген, тектүү, бай элдин өкүлү экендиктен кабар берип, күтүп жаткандарга тең ата экендигин, күчү, байлыгы алардан ашса ашып, кемибесин билдирген белгиден болсо, конок деген шылтоо менен чакырган кан алдына байкоостон барып алып, мейман-туткун абалына түшүп, басынтылып, кордук көрүп, улагага олтуруп калган Ормондун артынан издей барып, ордуңду таап олтурбайсың – деп жемелеп, татыктуу жайга өткөрүп олтургузуп, анын ким экендигин билдирүү чоң мааниге ээ атайын дипломатиялык чебер ыктардан. Андай ыктар кыргыздар арасында мурдатадан эле кеңири колдонулга-

ны «Манас» эпосунун сюжетиндеги мисалдардан да даана байкалат. Башкасын айтпаганда да Манастын акылы менен төгөрөктүн төрт бурчунан көп эл чакырылып, келген коноктордун ар бирине экиден табак эт тарттырылып, Көкөтөй канга аш бердирүүнүн өзү эле ушундай көчмөндөр арасында мурдатадан колдонулуп келген, атайын душман көзүнө көрүнүү, өзгө-жатка байлыктан-бардыктан, күч-кубат, ынтымак-бирдиктин кабарын билдирүү ыктарынын биринен экенин билдирип турат. Ошондой эле Калыгулдун Кокон бийлөөчүлөрү менен «кармаш» – дипломатиялык аракеттериндеги табышмактуу сөздөр менен акыл сыноо, дасторконго коюлган дүйүм аш-тамактардын кайсынысын биринчи ооз тиерин байкоо аркылуу жалпы кабыл алынган салттык жөрөлгөлөрдөн кабары барын билүү, акыл дараметин салмактап көрүү ж. б. чыгыш элдеринде чоң маани берилип, кеңири жайылган адаттардан. Мындай сыноолордон жөнүн таап, татыктуу өткөн адамдардын атагы алыска угулуп, көп арасында кадыр-баркка ээ болуп, айткан-деген сөздөрү жогору бааланып, иш-аракеттерине урматтоо менен мамиле кылынган. Ким-ким болбосун андай адамдар менен эсептешпей коё алган эмес.

Калыгул кези келгенде өзү элчиликке катышып, ак үйлүүгө алынган жакын тууганынын артынан издеп барып, аны кадыр-баркы менен мейман – туткундан куткарып алып, өз алдынча тобокелчил, баатырдык катары баалана турган иштер иштесе, кээде зарыл керек болгондо Кокондун каны конокко деп чакырган Ормонду барсаң башың кесилип, бери болгондо эле орго салынасың – деп эскертип, сактык кылып, жибербей да коёт. Мындай учурлар анын баамчыл, сезгич акылынын, жоонун сырын билген, учурду туура баалай алган элчи, саясатчы катарындагы сапаттарынан кабар берген белгилер.

Албетте, Кокон кандыгынын жөө тумандай жылып, кыргыз жеринин кокту-колот, өрөөндөрүн акырындап-акырындап өзүнө баш ийдирип келе жаткан жүрүшүн өзү жеке катышкан элчилик, оозеки опуза, же бир кишинин кадыр-баркынын күчү менен токтотуп коюуга болбой турганын акылман Калыгул жакшы түшүнгөн. Мындай апаат-алаа-

маттан арачалап кала турган негизги күч элдин – уруулардын ынтымагы, биримдик, жалпы баш кошулуу менен каршы турган активдүү күрөш эле. Ошон үчүн акылман Калакенин элге айткан насаат сөздөрүнүн, меселдеринин негизги мазмунун жалпы журтту ынтымакка, биримдикке чакырып, ата-бабанын мурдатадан келе жаткан мыкты салт, жөрөлгөлөрүн катуу сактап жашоо түзөт. Ушул мазмундагы месел – мурдатадан элге кеңири макал сөздөрүнүн бириндеги ой-маңызды туюнткан накыл бул:

«Ырыс алды ынтымак,
Ынтымагың жок болсо
Алдыңдан таяр алтын так»[47].

Ынтымак, элдин биримдиги Калыгулдун түшүнүгү боюнча өзүнөн өзү боло койбойт, ал алды менен журт башында туруп, анын сөзүн сүйлөп, камын көргөн, биримдикке ынтымакка данакер болуп, өзү үлгү көрсөтүүчү азаматка байланышкан. Андай азаматтын Калыгул көргөн идеал элеси мындай:

«Жакшы чыккан азамат
Элин билет,
Элин билген ал адам
Билим билет,
Эчен түрдүү адамдын
Тилин билет.
Чыгып турган ал адам
Чынар болот,
Чымчык сайрап, чынарга
Булбул конот.
Түбү жоон тамырлуу
Терек болот,
Көлөкөсү көп жанга
Керек болот.
Андай адам табылбайт,
Кайда болот?
Ошол чыкса дүйнөгө
Пайда болот.
Тийип турган асманда
Күндөй болот,

Макулуктун баарына
Бирдей болот.
Ошол адам ойлосоң
Кимден чыгат?
Ушул турган калайык
Элден чыгат».

Ошол кездеги тарыхый шарттын талап-деңгээлин эске алганда, балким, Калыгул эл биримдигин камсыз кыла турган күч – элин билген, акылы жетик, эчен түрдүү адамдын тилин билип, көңүлүндөгүнү түшүнгөнгө жараган, көпчүлүктү тегерегине топтой алган, чынар теректей көлөкөсү көпкө пайдасын тийгизген, асмандан тийген күндөй жалпыга тең караган адам башында турган кандык бийлик – деп, түшүнгөндүр. Кыргыздар арасында уюмдашкандыктын, биримдиктин символу катары кандуу журт болуу түшүнүгү байыртадан эле жогору бааланган. Ошон үчүн, балким, Калыгул да мурдатадан эле кыргыздар арасындагы айтылып жүргөн, «Манас» эпосунда да кеңири орун алган:

«Өкүм болбой өнүкпөйт,
Өзүнчө бу журт жөнүкпөйт,
Башчысы болбой марыбайт,
Баш аламан жарыбайт,
Каны болсо кар болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт,
Жайыт болбой, мал болбойт,
Жабылса душман жан койбойт,
Калкалайм десең жаныңды
Көтөрүңөр каныңды»[48] –

деген мүнөздөгү накылдардын маңызын эсте тута, каптап келе жаткан душманга сүр, элге бел-арка, кармашта күч-кубат боло турган калк башындагы канды ойлоп, өз кыялындагы идеалдуу кандын негизги белгилеринин бир кыйласын жакын тууганы Ормондон көрүп, эл керегине ушул жарап, коркунучта калканч болуп бере алат деген үмүт менен ага иниси катары эле эмес, эл ишине жарай турган азамат катары жардам берип, кеп-кеңешин айтып, колдоо көрсөткөндүр. Бирок, анын үмүт-тилеги ал каалаган түрдө

туура келип, ордунан чыга койбогон өңдөнөт. Чынында ушул жердеги биз айткан жоромол жөн эле болжол эмес, Калыгулдун иш-аракетинин фактылары менен далилденген анык ой-максаты болгон күндө да Калыгулдай терең акылдын каалоосу экендигине карабастан, андай максаттан оң натыйжа чыкмак эмес. Себеби тарыхый шарт, учур башка болгондуктан андай аракет кыял бойдон гана калмак – урууларды бириктүүгө, ынтымакташууга мажбур кылып түрткөн феодалдык мамилелердин алгачкы өсүш-өнүгүш учурларынан айырмаланып, өзүнүн өнүгүү чегине жетип, эми бөлүнүүгө, бытырандылыкка баш койгон ошол кездеги кыргыздарда өкүм сүргөн уруулук – феодалдык түзүлүштүн закон ченемдүү көрүнүштөрү буга жол бермек эмес. Ошон үчүн бир катар чоң-чоң уруулар үчүн формалык белгиси боюнча кан делип эсептелген Ормон чын-чынында бир эле уруунун – өз уруусунун гана башчысынын деңгээлинде калган, иш-аракеттеринин көбү жактан ал өзү да ошол абалынан көтөрүлө алган эмес. Ал гана турмак өз уруусунун ичинде да анын эркин дайым эле так аткаруу жүзөгө ашырыла бербеген.

Кыясы ошондон го, Калыгул өзү да жалпы элдин башын кошуп, ынтымакка келтирүү аракетинин жүзөгө аша койбосун түшүнгөн өңдөнөт. Буга анын иш-аракеттери, айткан сөздөрү күбө.

«Малыңды айтып мактанба,
Көп казакка аттанба,
Казактын малын аласың,
Как талаада каласың»–

деп кеңеш айтса, жакын иниси Ормон кебине кулак салбайт. Эл башында турган адам баарыга тең, көпкө көлөкөсү тийген чынардай болуш керек дегенине,

«Уксаң айтам далайды,
Оюңа алып, билип жүр
Уруп жүргөн малайды.
Көп кыйнаба кулуңду,
Угуп жүргүн мунумду,
Кезек келип калбасын,
Кегин кокус албасын»–

деп, айткан акылына көнбөйт. Ошон үчүн жаны кашайган Калыгул ага катары:

«Ой, иним, Ормонум,
Жеген менен тойбодуң,
Кой дегенге болбодуң,
Акыры сен оңбодуң»–

деп кейийт. Ушул кылык-жоруктарың башыңа тийип,

«Орус алат жериңди,
Сындырат сенин белиңди,
Уга жүргүн кебимди,
Таап коёт эбиңди»–

деп эскертет.

Өзүнүн эл биримдиги, ынтымак жөнүндөгү айткан-дегендери текке кетип, бул багыттагы иш-аракеттеринен майнап чыкпаганына качан ал башкалар турмак, Кылжырдын эки уулунан тараган өз жакын туугандарын ыкка көндүрүп, эпке келтире албай койгондо көзү жетип, зээни кейип, муну замандын тарып, акыр замандын жакындаганы деп туюп, аны ата салты, карыны сыйлоо, жашты урматтоо, мурдатадан келе жаткан үрп-адат кыйроо, оң терске айлана баштагандын белгиси катары кабыл алган өңдөнөт. Мунун далилин анын өмүр жолундагы бир бурулуш учур да айгинелей алат: бугу менен сарыбагыштын билермандары чогулуп, отуз байтал байге сайып, ордо атып жатканда кадырлуу калыстардын бири катары тамашаны көрүп олтурган Калыгул оюндан от чыгып, арты чырга айлана турган болгонун байкап: «Ордонун ичи канга толуп, кан чийинден чыгып бара жатат, ойнуңарды токтоткула!» – деп ордунан туруп, талап кылган экен. Бирок, анын акыл-кеңеши эске алынбайт. Оюндан чыр чыгып, акыры кан төгүлгөн чоң чатакка айланганда бир нече жолу эки урууну эпке келтирүү аракетин көрүп, айла болбогондо туугандарына таарынып, Ормондон алыстап, башка жайлап, ыраак жашап, атайылап чакырса гана барып, катташуусу сээлдеп кеткен экен делет элде.

Муну Калыгулдун өмүр жолуна тиешелүү, бурулуш учуру дебестен, көз карашына зор таасир тийгизген, аны турмушка башка түшүнүк менен кароого түрткү болгон

өзүнчө бел катары кароо абзел. Анткени, ушул мезгилден тартып анын акыр заман сөздөрү башталат.

Калыгулдун өмүр жолунун акыркы учурларына жакын жалпы кыргыз журтчулугунун өз алдынчалыгына коркунуч келтирген дагы бир күч пайда болгон. Ал коркунуч казак талааларын басып өтүп, Алматыга келип калган орус падышачылыгынын бийлиги эле.

Калыгул үчүн да, башка кыргыз уруулары үчүн да Кокон кандыгы – үйрөнгөн жоо, көп жактан тең ата, анын үстүнө алуучу салыгынан башка зыяны жок, уруулардын ички ишине дээрлик кийлигишпеген, өз бийлигин негизинен уруу башчыларына таянып, ошолордун жардамы менен жүргүзгөн, өзүнүн да түбү бош, күч-кубаты чамалуу, ошон үчүн көбүнчө жалтак, анын жарлыгын ыгы келгенде тоотпой коюуга да боло турган душман болсо, дини, салт-санаасы, көптөгөн түшүнүктөрү башка орус падышалыгы алда канча коркунучтуу болчу. Эң башкысы ал түптүү элге таянган, абройлуу, бет алганынан кайтпас, түбү солк этпес, күчтүү жоо экендиги.

Чар тараптан кабары бар, бүгүнкү болуп жаткан эмес, эртеңки келечекте эмнелер болорун байкай алган баамчыл, терең акыл адам Калыгул казактарды басып келген орус падышалыгынын бийлиги бүгүн болбосо да, эртең кыргыз жергесине жайыларын, анын жылышын токтотуп коё ала турган реалдуу күч жоктугун таасын сезип-билип турган. Эл мүдөөсүн көздөө максаты каны-жанына сиңген, ак нээт, калыс адам көрүп-билип турганын элге айтпай, эскертпей коё алган эмес.

Эл ынтымагы, биримдиги, тилеги таш каап, башкалар турмак өз жакын туугандары да бул максатын колдобой койгондон оозу күйгөн Калыгул эл башына түшкөнү келе жаткан коркунучту эскертип айтуу менен, андан журтун калкалап калуунун туура жолун таппай айласы куруп, далбас урат.

Мурдагы ата-бабанын басып өткөн жолундагы тажрыйбага таянып көчмөн калктын өкүлү катары Асан кайгы калк башына келе жаткан коркунучтан кутулуп кетүүнүн башка жолу болбосо көчүп кетип, жаңы жай таап жан сак-

тоону сунуштаса, андай жол оң натыйжа бербесин Калыгул жакшы түшүнгөн. Анын үстүнө кыргыздар келе жаткан жоодон сактануу, кутулуу үчүн көчүп кете турган жайлуу жай, бош жаткан ээн жер да жок эле – казак-кыргыздар кытай менен орустардын арасында жай алып жан сактаган элдер экендигин Асан кайгы, Букар жырау эле эмес, бул эки элдин акыл жүгүртө билген ар бир ата уулу мурдатадан эле билишчү. Ошон үчүн коркунуч каптап келе жатканын түшүнүп турган Калыгул көчө качалы дебейт, тескерисинче, ушундай опурталдуу ой башка бирөөнүн нээтине келбесин деп чочулап алдын ала таризде өз журтуна:

«Күңгөйдөн агат миң булак,
Тескейден агат миң булак,
Аягынан агып чыкпайт бир кулак,
Тегереги туюк,
Төбөсү бийик,
Суу сайын нарын табак эти бар,
Ысык-Көл бейиштин бир эшигидир.
Кыш болуп кашкая суугу жок,
Жай болуп жан кейиткен ысыгы жок,
Ат жеткен жерде
Мындан артык кызыгы жок,
Мактанып жер жетерби,
Адам мындан кетерби,
Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар!»–

деген насаатын айтыптыр (Калыгулдун Ысык-Көлгө, ошол аркылуу мекенге берген баасы башка шартта, бөлөк маани-маңызда өзүнчө себептерге байланыштуу айтылуусу да ыктымал. Бул жерде жалпы ойдун багытына ылайык гана мисал түрүндө келтирилди).

Ошентип, эл башына дагы бир алаамат, оорчулук, кыйын-кыстоого дуушар кылуучу коркунуч келе жатканын сезип, билип турган Калыгул журтту андан куткаруунун туура жолун, калкаланып калар айла-амалды көрө албаса, айтып бербесе да чындыкты алдын ала эскертет жана ошол келе жаткан апааттын чегин, өлчөмүн, коркунучтуу натыйжаларын эл туура баалап, терең түшүнсүн үчүн аны калкка мурдатан тааныш,

«Ан азирети байгамбар,
Адам ата баш болуп»–

эскертип кетишкен акыр замандын белгиси катары баяндайт. Бул үчүн алды менен акыр заман доору кандай болору жөнүндөгү белгилүү малыматтар эске салынат:

«Акыр заман кишиси,
Кичине болот мүчөсү,
Илгери өткөн адамдан
Башка болот,
Адеби жок сүйлөгөн
Кашка болот,
Конушу такыр, чөбү жок,
Ташка конот,
Эгиндин нурку азайып,
Ачка болот.
Акыр заман адамы
Бакыл болот,
Мал азайып-арымдап,
Жакыр болот.
Эгини өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот,
Андан кийин замана
Акыр болот».

Ошол акыр заман жакындаганда – анын доорунда

«Акыр заман адамы
Алым болот,
Аяттын сөзүн бек тутпай
Залым болот.
Аганын тилин ини албай
Чагым болот,
Биринин тилин бири албай
Жайыл болот,
Каапыр менен аралаш
Айыл конот».

«Акыр заман жакындап келип калды», анын бир белгиси:

«Өңү сары, көзү көк
Орус чыгат,

Узун чыккан чөп болсо
Оруп чыгат,
Кыска чыккан чөптөрдү
Коруп чыгат,
Ай-ааламдын баарысын
Соруп чыгат».

Орус келсе малы-жаныңды «эсептеп катка салып», «миң үйгө бир адамды болуш коюп», колуңдан бийлигиңди алып, «тың чыккан эл азаматтарын бирден терип кармап», мал-мүлкүңө, жер-сууңа ээ болбой каласың. Ошол алааматтын эң башкы зыяны – коркунучтуулугу жер-суу, дүнүйө-мүлкүңдү эле эмес, эс-акылыңды да басып алып, өзүнө баш ийдирет. Натыйжада, «карыядан каада кетип, катындан уят кетип, келинден келбет, уулдан урмат, кыздан кылык кетип, атанын тилин уул, аганын тилин ини албай»,

«Карыяң каада көрбөй,
Жигитиң жилик албай,
Кайран элим кантээр экенсиң,
Кайыр сурап тентип кетер бекенсиң?!–

деп кейийт. Элдин өз башына өзү ээ болбой, бийлигинен ажырап, жер-суу, мал-мүлк эле эмес, эс-акылы да туткундалып, каада-салт өзгөрүлүү акыр заман доорунун белгиси, ошондо:

«Тууганың кас болор,
Корооң бош болор,
Миңгениң жыгач ат болор,
Ыгы жокко жан берип,
Ыйманынан жат болор.
Тоо токой болор,
Токол байбиче болор,
Уй пул болор,
Кул бий болор.
Тегиз жерден тегирмен жүрөр,
Тексиз жерден бий чыгар»...–

деп эскертет.

Эл арасындагы жакшы-жаман, оң-терс жөнүндөгү бардык түшүнүктөр мурдатан келе жаткан ата-бабанын каада-салттарынын эреже-жосундарына байланышкан, адам-

дардын жүрүш-туруш, адеп-ахлак, бири-бири менен болгон мамилелерине тиешелүү ар бир кадам ошол салттык эреже-жосундар аркылуу гана бааланган жана түшүндүрүлгөн ошол тарыхый шарттын учурунда мурдатадан калыптанган жана жалпы кабыл алынып негизги заң-мыйзамдык укукка, бузулбай турган негизге, жалпыга бирдей таандык ыйыктык деңгээлге ээ болгон каада-салттардын бузулушу, өзгөрүшү коомдун бардык мүчөлөрү – элдин бардык өкүлдөрү, улуу-кичүү дебей жалпы журт үчүн өтө коркунучтуу да, оор да көрүнүштүн белгиси болчу. Ошон үчүн карыядан каада-кетип, тууганы кас болуп, ыймандан жат болуу, ошондой эле токол байбиче, уй пул, кул бий болуу ж. б. салттык жосундардын кыйрашы аларды айтып, элди эскертип жаткан Калыгул үчүн эле эмес, элдин эркек-ургаачы, кары-жаш дебей бардык адамдары үчүн акыр кыямат доорунун белгилери катары кабыл алынганы шексиз.

Салттык түшүнүктөрдүн өзгөрүшү оң, же терс натыйжага алып келери кийин коомдук өнүгүүнүн такыр башка шарт-деңгээлдеринде айкын болгон белги. Ал эми Калыгул жашаган тарыхый шарт учурунда каада-салттык эреже-жосундардын оң катары кабыл алынгандарынын айрымдары (мисалы, уйдун пул болушу, же кулдун бий болушу) кийин качандыр бир убактарда өз баркын, негизги жүк-мазмунун өзгөртүшү, мааниси башка болуп калуусу ошол учурдун адамдары үчүн ойго келбей турган нерсе эле.

Кыргыз жергесине орустун келерин Калыгул жөн эле болжоп айтпайт, ал өзү уккан, жакшы билген маалыматтарга таянып, ошолордун негизинде жыйынтыкка келет:

«Омбуга орус толду – дейт,
Бизди онтотор кези болду – дейт,
Алматыга орустан
Аскер келип конду – дейт,
Казакты бүтүн каратып,
Бизди какшатар кези болду – дейт».

Казакты бүт каратып алган орус ага канатташ жашаган кыргыздарга келбей токтоп калар жөнү жок экенин байкоо-түшүнүү Калыгул сыяктуу терең акылга ээ, баамчыл адам үчүн анча деле кыйын эмес эле. Ошон үчүн ал

«Алматыга келгенде
Албай бизди койчу эмес,
Каршылык кылып катылсак
Оңой-олтоң сойчу эмес»–
деп эскертет. Ошол орус келсе:
«Мал-башыңды кагазга
Каттап алат,
Көңүлүнөн чыгарбай
Жаттап алат»...
«Жериңди орус алган соң
Корук болот,
Түрлүү-түрлүү алаамат
Жорук болот,
Кыргыз сага кара таш
Конуш болот,
Жердин-суунун ээси
Орус болот»...
«Жериңе келип жай салып,
Чениңди алат,
Илгери басып жүргүзбөй
Белиңди алат,
Оозуңдан сөз чыгарбай
Кебиңди алат,
Ынтымактан айырып,
Эбиңди алат»...
«Алдап сүйлөп жакындап,
Акылды алат,
Ынтымактан айырып,
Эбиңди алат»... – дейт.

Орус падышалыгынын баскынчылык саясатынын кесепеттери анын бийлигинин алдында калган эл үчүн зор коркунуч экендигин Калыгул сыяктуу эле андан алда канча көп убакыттар мурда кыргыздар менен канатташ жашап, бири-биринин абалынан кабардар болушкан казак элинин көрүнүктүү өкүлдөрү да өз калкын эскертип айтышкан. Мисалы, казактардын Асан кайгысы «Ертисти өрлеп орус жүр»– деп жакындап келе жаткан жоо жөнүндө эскертсе, Абылай кан заманындагы атактуу ырчы Букар жырау:

«Күн батыстан бир дуспан,
Акырда шыгар сол тустан,
Өзү сары, көзи көк,
Бастыгының аты поп.
Күн шыгыска карайды,
Шашын алмай тарайды.
Кудайды билмес, дини жок,
Жамандыкта мини жок.
Осы сынды бир кэпир
Аузы-басы жүн кэпир
Жаулап келер журтыңа[49]»–

деп, Абылайга кабарлайт. Ошол орус келгенде казак калкынын арасында кандай өзгөрүштөр болорун, сөзүн улантып, Букар жырау мындай мүнөздөйт:

«Жагалы шекпен кигизип,
Малды май жагар муртыңа.
Жемирлерге жем берип,
Ел камын айткан жаксыны
Сөйлетпей урар уртына.
Бауыздамай ишер каныңды.
Өлтирмей алар жаныңды.
Кагазга жазар малыңды,
Есепке салар барыңды.
Елиңди алар колыңнан,
Эскер алар улыңнан.
Тексизди төргө шыгарып,
Басыңа ол күн туганда
Теңдик тимес колыңнан[50]».

Сөз болуп жаткан маселе боюнча көрүнүштү баалоо, кабыл алып, түшүндүрүү жактан Калыгул менен казак акындарынын мамилеси, кабылдоосу бирдей экендигин казак окумуштуулары да атайылап белгилешет. Мисалы, Бауржан Омарулы бул жөнүндө «Казак-кыргыз касиретнамасы» аттуу изилдөөсүндө, Калыгулдун акыр заман сөздөрүнөн чоң үзүндү келтирип, ал ыр саптарын минтип түшүндүрөт: «Калыгул акыр заманды осылай кейиптейди. Бул сарын, жыр оралымдары казак акындарынын шыгармаларында жетип, артылады. «Кэпир мен аралас ауыл ко-

нар», «Уй пул олор, кул би болар», «От шыкпай жериң такыр болар», «Тексиз жерден би шыгар» – дегендер казак эдебиети үшин бөтендиги жок, айтылып жүрген ойлар. Бирден назарыңды аударып, елең еткизетини «Аяк бас болор, бас тас болар» – деген тиркес. Осы жолдардың куаты алдыңгы айтылгандардын бэринен да күштирек[51]».

Эки элдин түшүнүгүндөгү мындай жакындык кокустук көрүнүш, же бир-эки адамга гана тиешелүү белги эмес. Анын тамыры терең, көптөгөн акыл-эс, талант ээлерине таандык болуп, атайын багыттык маңызга ээ. Бул көрүнүш да эки элдин изилдөөчүлөрү тарабынан мурдатадан эле белгиленип келген. Аны ошол окумуштуу «Казак эдебиети мен кыргыз эдебиетиниң отаршылык деуирдеги даму уксастыгы жөнинде бурыннан сөз болып жүр»[52]– деп эскертет.

Мындай абалдын себебин ошол эле изилдөөчү: «Еки елдиң аркалы акындары да кауипти Ресейден күтти. Жазалаушы желдеттер келген соң, жердин талауга түсетиниң, заманның да, пигылдың да бузылатынын болжоп айтты[53]». «Сол кауип, сол күдик раска айналды. Казактың ауылы мен кыргыздын айылынын үстүндө отаршылдыктың сойылы ойнак салды. Отарлаушылар улт болып уйыскан калың елди коныстан айырып, еркиндигине тусау салды, салты мен санасына шабуыл басталды. Бул соккыны Алатауды ен жайлаган казак-кыргыз кат-кабат жеди[54]» – деп түшүндүрөт.

Калыгулдун акыр заман сөздөрү менен айрым казак акындарынын зар заман темасындагы ырларынын маңыздык, мазмундук жактан көптөгөн жакындыктары бар экени мурдатан эле илимде көңүл бурулган, кеңири белгилүү чындык. Ал эми ошол жакындык эки элдин өкүлдөрү бири-биринен үйрөнүп алып, бирин бири кайталаган белги эмес, турмуш тиричилиги, жашоо-шарты, каада-салт, көпчүлүк түшүнүктөрү боюнча бири-бирине жакын, анын үстүнө жанаша жашаган калктардын бирдей тарыхый шартта окшош абалга дуушар болушунун натыйжасында реалдуу чындыкты бирдей кабыл алып, бир багытта түшүндүрүшүнөн келип чыккан мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Албетте канатташ жашап, карым-катнашта болгон элдердин бири биринен кабардар болуп туруусу мүмкүн экендикти да такыр эле жокко чыгарууга жарабайт. Ошону менен бирге эле эки элдин акылы зирек, таланттуу, баамчыл өкүлдөрү бири-биринен укпаса да турмуш чындыгынын бирдей фактыларын бири-бирине жакын кабылдап, жакын сөздөр менен түшүндүрүшү толук ыктымал нерсе. Анын үстүнө, чынында, жакындык болгону менен орчундуу айырмачылык да даана байкалат. Эл башына түшкөнү турган кыйындык менен анын натыйжалары алып келиши мүмкүн болгон орчундуу өзгөрүүлөрдү Калыгул түптүү сөз, мурдатадан белгилүү болгон орчундуу идеологиялык аныктамаларга байланыштыруу аракетин көрүп, акыр заман белгилери катары атаса, казак акындарынын ырларында андай алысты болжоп, даана көрүнүп турган максаттуу туюнтма жок, көбүнчө кайгы-касиет, муңкануу, көңүл чөгүү менен гана чектелишет. Ушунун натыйжасында Калыгул эки кылым өткөн соң заман оңолуп, элдин ит аягы мис, байпагы киш болуп, жесир катын миң кой айдап, кой үстүнө торгой жумурткалаган бейпил, жыргал турмуш башталарын эскертсе, андай үмүттү казак акындарынын ырларынан көрбөйбүз. Бул абалды туура байкап, казак окумуштуулары өзүлөрү да калыс баа беришет. Мисалы, жогоруда эле эскерилген изилдөөчү өз эмгегинде минтип жазат: «Казак акындары заман күйин толгаганда көбине торыгумен бастап, шарасыздыкпен битиреди. Тыгырыктан шыгудың жолун іздеп күйинеди. Ал, Калыгулдың болжамынан үмиттиң жели эседи. Толгаудың аягы келешекке сеним уласады:

Ал заманың кетээр,
Арты оңолоор.
Жесир катын миң кой айдаар,
Кой үстүндө торгой жумурткалаар[55]».

Калыгулдун акыр заман сөздөрүндөгү кийинки муун өкүлдөрүн айран таң калтырып, авторуна мурдатан берилген акылмандык даңкынын үстүнө андан баркы боюнча кем калышпаган олуя, көзү ачык делинген наам-атактардын ыйгарылышына түрткү болгон өзгөчө белгинин бири

– «сөздөрдөгү» айрым жоромол-болжолдордун турмуш көрүнүштөрүнүн кээ бир учурларына дал келип, айтылгандардын төп чыгып тургандыгы.

Калыгул терең акылдын ээси экендигине эч ким шек кылбайт. Ошондой эле анын тарыхый учур-шарт талабын туура түшүнгөн, фактыларды урунуштуруп, салыштыруу аркылуу туура натыйжа чыгара алуу, окуянын жүрүшүн, багытын белгилеп, келечектен жоромол айта алуу жөндөмүнө ээ баамчылдыгына таң бербей коюуга да мүмкүн эмес. Бирок, кандай гениалдуу акылга ээ адам болсо да өзүнөн 100–200 жылдар кийинки учурлардагы коомдо, элде, турмушта боло турган ар бир өзгөрүштү, жаңылыкты так белгилеп айтуусу турмушта болууга мүмкүн эмес, акылга сыйбас нерсе.

Ырас, Калыгул феодалдык уруу түзүлүшүнүн кыйрап, бытырандылыкка баш коюп, натыйжада уруулар арасындагы биримдик, ынтымак жоголуп, ата-бабанын мурдатадан ардакталып келген көптөгөн салттык жорук-жосундары бузулуп, өз баркынан ажырап бара жатканын жана ага кошумча болуп өзү күчтүү, атак-даңктуу чоң мамлекеттин башкаларды, айрыкча өзүнөн чабал элдерди басып, каратып алуу далалатынан улам келип чыккан коркунуч күн санап жакындап келе жатканын көрүп, ал коркунучтан кутулуунун жолу жок экенин түшүнгөн. Ошондой эле ал жакындап келе жаткан коркунучтун себепкери дини, тили, үрп-адат, жорук-жосундары жактан кыргыздардан башка эл экенин эске ала ошол баскынчы бийликке ээ болсо, мал-мүлктү, жер-сууну алуу менен эле алымсынып калбай, элдин түшүнүгүнө, эс-акылына да баскынчылык кылып, чабуул коёр, таасирин тийгизбей койбос, натыйжада ансыз эле ыдыроого баш койгон жорук-жосун, салт-санаа өзгөрүп, мурдагы ата-бабалар кабылдаган нук-насилинен башкачаланар – деп баамдаганы ырас деш жөндүү. Муну ал акыр замандын башталышынын белгиси катары жоруп, жер астын-үстүн болуу, жакшы-жаманга айлануу, жорук-жосун бузулуу, пейил таруу, адамдардан уят-сыйыт кетүү, напси бузулуу ж. б. терс көрүнүштөр күч ала турган доор жөнүндөгү мурдатадан белгилүү болгон ише-

нимдердин негизине таянуу менен өзүнө чейинкилер жана өз учурунун көпчүлүк адамдары оң катары кабылдап, түшүнгөндөрдү астын-үстүн кылып, оңун терске айландырып айткан: Тегиз жерден тегирмен чыгар, тексиз жерден бий чыгар, уй пул болор, кул бий болор, же «Кызыл-кызыл кыялар, кыргый талга уялаар, такыясын колго алып, кыз жигитти кубалаар» ж. б.

Ушул негизинен өтмө катар, каймана маанисинде түшүнүлүүчү, жалпылык мүнөздө айтылган сөздөрдү кийинки муун өкүлдөрү тарыхый өсүп-өнүгүүнүн, коом-заман өзгөрүүнүн натыйжасында пайда болгон эл арасындагы, коомдук турмуштагы, жүрүш-туруш, түшүнүк, салт-санаадагы ар бир жаңылыктарга, өзгөрүүлөргө өз алдынча жоруп, баягы Калыгулдун айткандарынын белгилери катары чечмелеп түшүндүрүү адатка айланган. Ошону менен бирге эле айрым акындар, жөн салды эл арасындагы кайдыгер адамдар деле өзү айткан Калыгулга таандык материалдардын арасына турмуштагы бул же тигил учурга туура келе турган маанидеги бир, бир нече ыр саптарын өзү кошуп кыстырып айтуу учурлары аз эмес экендикти да (жогоруда биз келтирген тарыхчы Б. Солтоноевдин «сөзү өз оозунан жазылбагандыктан анык тунугу аз, Калыгулдун айтканы деп кийинки ырчылар сөздү өзүнөн көп кошкон жана башка бирөөнүн сөзүн аралаштырган» – деген адилет сөзү негизинен ушундай учурларга карата айтылган деш жөндүү болор эле) эстен чыгарбоо зарыл. Ушул эле жыйнакка кирген материалдардын ичиндеги информатор өзү айткан Калыгулдун сөздөрүнүн арасына «Айнектен сүрөт көрөсүң» деген сүйлөмдү кошуп айтып, азыркы телевизорду айтып жатпайбы деп түшүндүрмө берүүсү – ушундай учурлардын таасын мисалдарынын бири.

Албетте, Калыгул айткандардын ичинде ал адамдын баамчылдыгын, терең акылын белгилей турган заман багытынын эртеңкисин баалай алган, көрө билген далилдер аз эмес. Мисалы ал орустар кыргыздарды басып алса, элди жер-сууга ээлик кылдырбай, дурусураагын тартып аларын божомолдоп, узун чөптү оруп, кыска чөптү коруй турганын эскертет, ошондой эле калктын акыл-эсине таасир

этүүнүн натыйжасында үрп-адат, каада-салттардын көбү астын-үстүн болуп өзгөрүп «уй пул болуп, кул бий болуу» мүмкүндүгүн айтат. Жашоо шарт да өзгөрүп, мурда жок, ойго келбей турган жаңылыктар жаралышын – тегиз жерге тегирмен жүрөрүн «көрөт» (бул Букар жыраунын чортон балык карагайдын башына чыгат – деген укмушундай эле кеп). Буга акыр заман болордо жорук-жосун, каада-салт бузулуп, пейил тарып, оңго терс, жакшыга жаман үстөмдүк кылуу жөнүндөгү мурдатадан айтылып жүргөн түшүнүк – ишенимдер жуурулушуп берилүүнүн натыйжасында Калыгулдун жоромолдору пайда болгон да, аны кийинкилер өз турмушундагы көрүнүштөргө ыйгарып жорушкан.

Акыр заман сөздөрүнөн башка Калыгулга таандык делип эсептелген мурастардын ичинде макал-лакап, санат-насыят түрүндөгү чыгармалар да бир топ арбын. Алар тематикасынын мүнөзү, мазмуну жактан ар кыл. Айрыкча оң-терс, жакшы-жаман жөнүндөгү мурдатадан келе жаткан элдин салттык түшүнүктөрү, адамдардын сапаттарындагы, кулк-мүнөздөрүндөгү пайдалуу жана зыяндуу жактар, үрп-адаттардагы алгылыктуу, же керексиз көрүнүштөр, турмуш тажырыйбасынын корутундусу катары айтылган чулу ойлор, накыл-учкул сөздөр басымдуу орунду ээлешет. Мисалы:

«Атын баккан азамат
Катын багат,
Итин баккан катындар
Элге жагат,
Элге жаккан ал катын
Эрге жагат» –

деген сыяктуу адамдык сапаттагы оң көрүнүштөрдү жогору баалаган, же

«Урайын десе кудайың
Уулу душман жудайым,
Кызы салат кыйынга,
Кеби баспайт жыйынга,
Келини чыгат кер айтып,
Кемпири жыгат тырайтып,

Датыңды айтар адам жок
Жат бутуңду сырайтып»–

деген түрдөгү жашоодогу ынтымак-ырашкердиктин маанисин туюнткан,

«Өткөн өмүр – качкан куш,
Кайтып келбейт ордуна,
Булут минсең жетпейсиң
Мурунку өткөн жашыңа.
Шамал минсең жетпейсиң
Санаа менен өмүргө,
Санасаң айла таппайсың
Ажал менен өлүмгө» –

деп, тубаса чындыкты баяндаган ж. б. материалдар арбын.

«Элге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек,
Элге кезек келгенде
Салкын, чалкар төр жайлайт,
Күтүрөтүп мал айдайт.
Жерге кезек келгенде
Бети килем түр болуп,
Байчечекей гүл жайнайт»–

деген мүнөздөгү оомалуу-төкмөлүү дүйнө, келме кезек бар экенин эскерткен,

«Ушу турган кара жер
Жан бүткөндүн баарын жээр»–

деп убактылуу жашоону, өлүмдүн чындыгын эскерткен ойлор да аз эмес.

«Бир адамдан
Алтымыш уул тараса,
Ар кимиси
Ар бир ишке жараса,
Он беши
Дилде кылыч байланса,
Он беши
Кан алдында сайраса,
Он беши
Аштык эгин айдаса,
Он беши

Төргө көчүп жайласа,
Ошонун ар кимиси арбаса
Ал адам армандуу бул дүйнөгө,
Не болорун билбейбиз о дүйнөдө»–

деп, ата-энени, улууну сыйлоо, урмат көрсөтүү жашоодо чоң мааниге ээ экендигин баса белгилейт.

Чакан адабий-портреттик макала кеңири пландагы терең изилдөөнүн жүгүн көтөрө албасы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошон үчүн Калыгулдун бардык мурастарын түгөл камтыган ой айтуу, белгилери боюнча көп жанрдуу, тематикасы эң эле кеңири болгон ага таандык бардык чыгармаларын бүт ирээти менен талдоого алуу аракети чектелүү планда болду. Жөн гана Калыгулдун маселдеринин негизги багыттары белгиленип, аларды туура кабыл алуу, түшүнүү маселелерине байланышкан жеке мүнөздөгү айрым ой-пикирлерди учкай айтуу, ортого салуу далалаты көрүлдү. Алар да, чынында, такталган аныктама, же баары эсепке алынып бүтүм чыгарылган корутунду эмес, ой бөлүшүү, ушундай десе кандай болот?– деген мүнөздөгү кеңешүү.

Калыгул жөнүндө терең илимий изилдөө жүргүзүү, далил, аргументтери бекем, талашсыз фактыларга таянылган калыбат ой айтуу келечекте болор, андай орчундуу ишке белсенип киришип, аракетинен оң, маанилүү натыйжа чыгара иштөөчүлөр журт арасынан, айрыкча, филолог, философ окумуштуулар катарынан чыгар деген үмүттөбүз.

Калыгулдун бул топтогу көп кырдуу мурастарынын баарына токтолуу мүмкүнчүлүгү болбосо да, жөнөкөй сюжеттик курулмага ээ чакан эки чыгармасын эскерте кетүү жөндүү деп эсептейбиз. Алардагы бизди кызыктырган жагы ошол эки чыгарманын экөө тең, биздин оюбузча, Калакенин жеке өмүр жолу менен байланышы бардыгы жана автор аларды атайылап жаратып, өзгөчө маани бергендиги.

Чыгармалардын биринчисинде карагай менен сөксөөл (эл арасында кээде карагай менен арча делип да айтыла берет) дос болгондугу, аягында ал экөө жоолашып, чыры чоң душмандашууга айланганы, Табылгы экөөн элдештирем – деп, ортого түшүп, элчи болуп, Бирок, аларды жараштыра албай уятка калганы айтылат.

Бул мурдатадан эл арасында айтылып жүргөн, кеңири белгилүү лакаптардын бири. Адатта «табылгы уялгандан кызыл болгон, карагай корkконунан узун болгон» – делген лакап айтылып, андай сөздүн чыгышы жогоркудай мазмунда чечмеленет.

Эгер салт боюнча лакаптар «ошонун сыңарындай» делип үлгөр, мисал катары айтыларын эске алсак Калыгул карагай менен сөксөөлдүн чырын сарыбагыш менен бугунун чатагына салыштырып, аларды жараштыра албай коюп, ызаланган, кызарган табылгыга өзүн теңеп жаткан болушу да толук ыктымал. Балким эл арасында өзү ушул лакапты чечмелеп сүйлөп, анын сыңарындай мен да сарыбагыштар менен бугулардын ортосуна түшүп, тилимди алышпай, кызарып уятка калбадымбы!– деген таризде эл арасында айтып да жүргөндүр. Антпесе калкта айтылуучу көптөгөн лакаптардын ичинен тандап алып, ушуну өз сөзүнө кошуп, болгондо да ыр түрүндө, атайылап маани берип айтуусун эмне менен түшүндүрүүгө болот?

Экинчи чыгарманын мазмуну биринчиден да кыска. Анда:

«Месел, Казал жарышкан,
Казал калды артында,
Месел чыккан жарыштан»–

делет. Чыгармада месел салабаттуулуктун, токтоолуктун, эс-акылдын элеси болсо, казал жеңил ой, жел өпкө мактанчаактын көрүнүшү, ошондуктан

«Казал түбү мыш болот,
Бир балаага туш болот,
Казалдын түбү чыр болот».

Чыгармадагы каймана айтылган ой казал – казалчы – ыр же ырчылык өнөр, б. а. ырчы баасы төмөн, кадыр-баркка татыксыз, арзыбай турган нерсе, месел – меселчи, б. а. Калыгул өзү акыл-эстин ээси катары жогору бааланышы жөн.

Чыгарманын сюжетин, кыясы, Калыгул оюнан чыгарса керек, неси болсо да биз эл арасында айтылган андай аңызды – мотив сюжетти илгери-кийин уккан эмеспиз.

Бул чыгармасы аркылуу Калыгул казалчыларга – ырчыларга өз мамилесин баяндап, өзү алардын катарына кирбесин атайылап басым жасап көрсөткөн өңдөнөт.

Калыгул Бай уулунун өмүр жолу, чыгармачылыгы окумуштуулар дүйнөсүнүн көңүлүн үстүбүздөгү кылымдын кыркынчы жылдарына чейин эле буруптур. Көңүлгө алып коё турган жагдай бул тема кыргыз филологиясында өзгөчө кадырлуу орундардын бирин ээлеп, алгачкылардан болуп талдоого алынып, изилдөө иштеринин биринчи кадамдары шилтенгени. Темага канчалык чоң маани берилгендигинин далили катары кыргыз илимпоздорунун эң алгачкыларынын бири, адабиятчылардын ичинен филология илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны бирин-чи болуп алган, белгилүү изилдөөчү, кыргыз акындарынын чыгармаларын изилдөөчүлөрдүн ана башы Тазабек Саманчиндин 1941-жылы бүткөн «Калыгул» аттуу көлөмдүү изилдөөсүн көрсөтүү жетиштүү болор. Ошол тарыхый шартта мынчалык көлөмгө ээ атайын изилдөө турмак, кыргыз адабиятынын көптөгөн багыттары, белгилүү өнөр ээлери жөнүндө чакан кабар түрүндөгү маалыматтар да али жок кез эле.

Т. Саманчиндин ошол эмгеги кыскарган түрдө «Кыргыз адабиятынын очерктери» деген белгилүү китепте 1943-жылы жарык көргөн.

Ошондон кийин токсонунчу жылдардын баш чендерине чейин Калыгулдун чыгармачылыгы боюнча туура баа берилип, калыс пикирлер айтылуу болгон жок, б. а. бул улуу инсандын доору, өмүрү, чыгармачылыгы, чыгармалары илимий негизге ылайык келген төрт тараптуу талдоого алынбады. Ырас, айрым кандидаттык, докторлук диссертацияларда башка материалдар менен кошо Калыгулдун аты эскерилүү, кээ бир чыгармалары талдоого алынуу учурлары болду. Бирок, мындай эмгектердеги маалыматтар бир жактуулугу – көбүнчө терс маанайдагы жыйынтыктарга келүүлөрү менен айырмаланып турушат. Анын үстүнө андай иштерде Калыгулдун өмүрү, чыгармачылыгы, чыгармалары бир бүтүн катары каралып, чар тараптан, тике изилденбестен, башка маселеге, багытка кө-

мөкчү, жардамчы катары алынып, биринчи планга анын чыгармаларындагы официалдуу бийликтин көз караш – түшүнүгү боюнча терс катары баага ээ болуучу маалыматтар гана чыгарылып, ошол материалдар сынга алуу максатында талданган.

Калыгулдун чыгармалары – ага таандык мурастардын тагдыры деле ушуга жакын: акылмандын айрым чыгармаларын кагаз бетине түшүрүү иши азыркы илимге белгилүү маалымат, фактыларга караганда 1922-жылдан тарта башталып, биринчи жолу 1925-жылы Эшеналы Арабаев түзгөн «Сабатсыздыкты жоюу алиппеси деген окуу китебине ага таандык материалдардан үч жүз сап ырга жакын көлөмдөгүсү үч темага («Калыгул бийдин сөзү», «Ысык-Көл тууралуу Калыгулдун айтканы», «Терме-санат ырлар») бөлүнүп жарыяланган экен. Бул окуу китептеринде көркөм чыгармасы берилген автор жалгыз Калыгул, анын үстүнө андан өтө көп материал алыныптыр. Ушул фактынын өзү ошол кездеги Калыгулдун кадыр-баркынын деңгээлин айгинелейт.

1943-жылы жарык көргөн «Кыргыз адабиятынын очерктеринде» Т. Саманчиндин «Калыгул» аттуу макаласында окумуштуу өз ой-пикирлерин айтууда мисал, далил катары пайдаланган Калыгулга таандык бул саптар жарыяланган:

«Тоо токой болор,
Талаа тоо болор,
Токол байбиче болор.
Уй пул болор,
Кул бий болор.
Тегиз жерден тегирмен жүрөр,
Тексиз жерден бий чыгар[56].
Кызыл, кызыл кыялар,
Кыргый талга уялаар,
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалаар[57].
Жай болуп катыра ысыгы жок,
Кыш болуп кашкая суугу жок,
Ат жеткен жерде мындан артык кызыгы жок,

Мактанып жер жетеби,
Адам мындан кетеби,
Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар[58]».

Ушундан кийин токсонунчу жылдын баш чендерине чейин Калыгулдун мурастарынан оң баага ээ болгон бир сап ыр да жарык көргөн эмес.

Кийинки 7–8 жыл ичинде Калыгул жөнүндө эркин пикир айтууга жол ачылып, анын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча, айрым алгачкы шилтелген кадам тариздеги иштер – эмгектер жарык көрө баштады. Мындай алгачкы кадамдарда маанилүү ролду ойчулдун артында калган мурастары менен кеңири массаны кабардар кылуу – таанышτыруу зор мааниге ээ экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошон үчүн Калыгул Бай уулу жөнүндөгү кабар-маалыматтар анын чыгармаларынын үлгүлөрүн жарыялоо менен коштолуп жатканы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Натыйжада мезгилдүү басма сөз беттериндеги жарык көргөндөрдөн башка да өзүнчө китеп түрүндө бир-эки, башка акын-ырчылар менен кошулган үч-төрт жыйнак басмадан чыкты[59]. Ал кадамдардын ар бирине кубаттоо менен карап, аракеттин ээлерине ыраазычылык билдирүүдөн башка ниет бизде жок. Анын үстүнө илимдин ушул багыттагы бүгүнкү абалын, деңгээлин эске тутуп, калыс мамиле кылганда ошол аракеттерге кандайдыр талаптар коюу, айрыкча алардан кемчиликтер издөө акылга сыйбас жорук болор эле. Калыгулду үйрөнүү башталып, токтоп калбай, мындан нары дагы улантылар, болгондо да орчундуу көңүл бурулуп, тездетилген темптерде жүрөр деген үмүтүбүз чоң. Ушул жагдайды эске ала мындан кийинки Калакенин мурастарынын үлгүлөрүн басмага даярдоо түйшүгүн моюнга алууга бел байлаган инсандардын каалагандары көңүлгө алып койсо иштин пайдасы үчүн керекке жарап калар беле деген ой менен кеңешүү, акылдашуу, ой бөлүшүү максатында ортого сала турган пикирибиз бар.

Калыгулдун мурастарын бастырып чыгаруу ишинин жүгүн моюнга көтөрүү кадырлуу да, ошону менен бирге эле өзгөчө жоопτуу, кыйынчылыктары көп, түйшүктүү да милдет. Айрыкча колдо болгон, илимге белгилүү мате-

риалдарды ылгоо, тандап алуу өтө кылдаттыкты, сак мамилени, жоопкерчиликти сезүүнү талап кылат.

Өзү кагазга түшүрбөгөндүктөн, эч курдай дегенде өз оозунан жазылып алынбай, бирөө бирөөнөн, андан башка бирөө, дагынкысын дагы болуп жүрүп отуруп, бизге жеткен – кагаз бетине кийин түшүрүлгөн тексттердин канчасы же кайсынысы Калыгулдун өзүнө, кайсынысы андан кийинки биринен бирине өткөргөндөргө, алардын да кимисине таандык экендикти белгилөө өтө опурталдуу иш экендиги ким-кимге болсо белгилүү.

Калыгулга таандык мурастарды аныктоонун, аларды таанып-тандап алуунун илимий негизге таянган принциптери иштелип чыга элек, андай аракетти колго алган адам да боло элек.

Албетте, Калыгулдун өзүнө таандык мурастар көп жактуу текстологиялык иштердин натыйжасында гана аныкталышы мүмкүн. Андай иш качандыр жүргүзүлүшү зарыл.

Ошол текстологиялык иштер жүргүзүлгөнгө чейин андай аракеттин негизин даярдоо үчүн эл арасында Калыгулга таандык делип айтылып жүргөн ар бир материалдын таяныч булагы так көрсөтүлүп берилиши зарыл. Анткени, мындай мамиле илимий принциптерге төп келет. Экинчиден, жарыяланып жаткан материалдардын тегин-таянычын айгинелеп, аларга болгон ишенични бекемдейт – Калыгулга таандык экендигине күбөлүк өтүүчү фактыга айланат.

Илимдин Калыгул таануу багытындагы бүгүнкү деңгээлин, колдо болгон фактылык материалдардын мүнөзүн эске алганда Калакеге таандык мурастарды булактык-адрестик белгилери боюнча үч топко бөлүп кароо жөндүү:

1) Эл арасына кеңири тарап, көп айтылган, ким-ким болбосун алардын Калыгулга таандык экендигине күдүк кылбаган материалдар.

Алардын саны салыштырмалуу караганда аз. Бирок, Калыгулду Калыгул кылып көрсөткөн, ойчулдун деңгээлин, терең акылын, баамчылдыгын айгине далилдеп, күбө өтүп турган материалдар.

Бул топтогу материалдар биринчиден, алардын Калыгулдуку экендигинен эч ким шек санабайт; экинчиден, алар башка жерлерде да кайталанат; үчүнчүдөн, бул же тигил информатордун айтуусунда, алардын формалык, ал гана турмак маңыздык белгилери өзгөртүүлөргө учурап, вариант түрүндө берилип калган.

2) Бул же тигил информатор Калыгулга таандык деп белгилеген, жаздырган, өзүлөрү жазган материалдар.

Бүгүн колдо болгон Калыгулдун мурастарынын ичинен көлөмү арбыны ушулар.

Бул топко кирген материалдардын ичинде биринчи топтогу материалдар ошол турушунда, же анча-мынча өзгөрүүлөргө учуратылган варианттары түрүндө дээрлик бүт жолугат. Андай учурлар, бастырылыштын мүнөзү илимий жарыялоого жатарын эске ала, кабыл алынган принципти бузбоо үчүн, кыскартылбай да, варианттар бир типте келтирилип өзгөртүлбөй – кийлигишүүгө жол берилбей да, түп нускада – негиз болгон таяныч булакта кандай болсо кол тийгизбей ошол түрүндө калтырылды. Албетте, кийин – Калыгулга таандык мурас текстологиялык иш жүргүзүлүп, такталып чыкканда, туурасы кайсыл вариант болсо ошонусу калтырыларында күмөн жок.

Түрдүү адамдардын түрдүү учурларда жазылган тексттердеги сөзмө-сөз кайталануулар, же мааниси кайталанып, формасы боюнча айрым өзгөртүүлөргө учурап вариант түрүндө айтылган материалдар Калыгулга таандык делген мурастын туруктуулук мүнөзүн айгинелеп турууучу далилден болгондугу. Бул белги ошол улам кайталанган материал бир адамга – Калыгулга таандык экендигин айгинелеген күбө.

Калыгул бир тема боюнча узун сабак ыр чыгарганы эч жерде эскерилбейт. Кыясы ойчулдун башка мурастары турмак «Акыр заман сөздөрү» деле бир эле учурда – бир жолу, дароо чыгарылган, айтылган сөздөр эмес. Аны Калаке ыгына жараша учуру келгенде бир нече сап, чакан түрмөк ж. б. түрүндө бир топ узак убакыт аралыгында айтуусу мүмкүн. Балким ошол ар кайсы жерлерде, ар башка шарттарда, түрдүү угуучулардын алдында сүйлөгөндөрүн

өзү жалпы жонунан «Акыр заман сөздөрү» деп атагандыр. Ошону менен бирге эле айрым ыр түрмөктөрүндөгү мазмундун, багыттын, теманын жакындыгына карата кийинки муун өкүлдөрү тарабынан коюлган тема, аталыш болуу мүмкүндүгүн да жокко чыгарууга болбойт.

3) Калыгулдун атына түздөн-түз байланыштырылбай, эл арасында чыгарган ээсинин аты белгисиз-жалпыга таандык-орток материалдар катары айтылган макал-лакаптар, санат-насыят, терме ырлары, учкул, накыл сөздөр ж. б.

Калыгулга таандык мурастарды «Акыр заман сөздөрү» менен гана чектеп коюу улуу ойчул, эл өзү акылман наамын берген инсанга карата адилеттик болбос эле. Ал ошол «Акыр заман сөздөрүн» айтууга чейин эле көп мурас жаратканы жана ал мурастардын басымдуу көпчүлүгү ушул түрдөгү макал-лакап, санат-насыяттардан турганы күмөнсүз. Темасы кеңири, көп жактуу, адамдардын адеп-ахлактык маселелеринин чар тарабын камтыган бул топтогу чыгармалар Калыгулдун мурасынын орчундуу бөлүгүн түзөрү күмөнсүз.

Бул топко кирген материалдардын баары бүт улуу ойчулдун нак өзүнө таандык экендигине эч ким кепилдик бере албайт. Ошондой эле алардын Калыгулга тиешеси бардыгын, эч курдай ойчул тарабынан пайдаланылышы мүмкүн экендикти да кесе айтып, жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Мындай абал ал материалдардын мүнөзү, маңызы менен шартташкан. Басымдуу көпчүлүгүн дидактикалык мааниге ээ макал-лакаптар, санат-насыяттар түзгөн бул чыгармалар чынында эле баарыга бирдей тең орток, аларды башкалардын катарында Калыгул да өз сөздөрүндө пайдаланууга акысы бар, эгер ал адамдын кимдигин эске алсак, кеңири пайдалангандыгына күмөн кылууга да болбойт. Таланттуу, анын үстүнө акылман-ойчул адам катары ошол темадагы чыгармаларды өзү да жаратып, же мазмун-форма жактан тереңдетип, өзгөртүп иштеп чыгып Калыгул аларды байытканына, салым кошконуна да шек келтирүүгө болбойт.

Кыргыздарда мурдатадан келе жаткан салт боюнча эл арасында айтылып жүргөн ар бир макал-лакап, накыл, уч-

кул сөз ж. б. кимдир бирөө аны өз сөзүндө пайдаланып жатканда, түпкү тегинде ким жаратканына карабастан, ошол колдонулуп, пайдаланып жаткан адамга таандык болуп, анын өнөрүнүн куралына айланат.

Кыйынчылык Калыгулдун өз чыгармачылыгында элдик белгилүү материалдарды кеңири колдонушу мүмкүн экендикти божомолдоодо эмес, андай ык көркөм сөз өнөрүнүн өкүлдөрү үчүн мурдатадан эле салттык белги. Кеп Калыгул пайдаланган материалдар кайсылар экенин аныктоодо.

Бул Калыгул таануудагы өзгөчө татаал проблемалардын бири экени жана дагы көпкө чейин талаш-тартыштарды туудурган, оңойлук менен чечилбей турган, узак убактар бою талыкпай эмгектенүү менен гана жыйынтыкка келүүгө мүмкүн болгон маселе бойдон кала берери шексиз.

Калыгул акылман – кыргыздар арасындагы кадыр-баркы, салмагы, орду боюнча өзгөчө жогору турган адамдардын бири. Муну Кыргыз Республикасынын биринчи президенти А. Акаевдин сөзү да айгинелейт: «Илгертен бери кыргыз турмушунда эл үчүн күйүп-бышкан күйөрмандыгы, кара кылды как жарган калыстыгы, булактай тунук ниети жана данектей даана акылы менен көпчүлүктүн урматына арзыган инсандардын орду бөтөнчө болуп келбеди беле. Башкасын айтпаган күндө да «Манастагы» Бакай, Кошой, Каныкей сындуу даанышман адамдарыбыз менен элибиз эмгиче сыймыктанып жүргөнү бекер жерден эместир. Кийинки эле тарыхты алсак, Калыгул аке, Курманжан датка, Кыдыр аке, Токтогул өңдүү кыраакы адамдар калайык-калктын аң-сезимине нускалуу таасир тийгизип келгенин баарыңыздар жакшы билесиздер[60].

Ошого карабай көп жылдар бою Калыгулдун эмгеги, орду туура бааланбай, эсепке кирбей, кирсе да терс маанайда сыпатталып жүрдү. Акыры өзүнүн туура баасын алар кези келди. Мындан нары бул ысым урмат-сыйга бөлөнүп, көңүл бурулат, анын мурастарын үйрөнүү, изилдөө, тактоо иштери колго алынып, орчундуу иштер иштелет деген тилек, үмүттөбүз.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясындагы Кол жазмалар фондусу. Инв. № 57. 3-бет.

[2] *Саманчин Т.* Калыгул. Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын кол жазмалар фондусу, инв. № 138, 2–3-беттер.

[3] *Саманчин Т.* Калыгулдун туулган, өлгөн жылдары, жашы, жашаган жери ж. б. жөнүндөгү кабарларды айтууда өзү таянган булактардын дарегин көрсөткөн эмес, бирок, салабаттуу окумуштуу ар бир фактыны өзү даана билгендиктен, эл оозунда айтылгандарды угуп жазгандыгына күмөн кылууга болбойт (С. М., А. А.).

[4] Кара: Кол жазмалар фондусу. Инв. № 57, 3-бет.

[5] Калыгул атанын өлгөндө курулган эски күмбөзү Кара-Ойдо (азыркы Чолпон-Ата шаарына жакын жерде) жайгашкан эстелик 1991-жылы тургузулган.

[6] *Саманчин Т.* Калыгул. Кол жазмалар фондусу. Инв. № 138, 8-бет.

[7] КРУИАнын кол жазмалар фондусу. Инв. № 1319. 25-бет.

[8] Жогорку эле кол жазма. 54-бет.

[9] Ошондо, 25-бет.

[10] КРУИАнын Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1319. 29–30-беттер.

[11] Жогорку эле кол жазма, 30-бет.

[12] Ошондо, 30-бет.

[13] Ошондо, 30-бет.

[14] Ошондо, 30–31-беттер.

[15] Ошондо, 31-бет.

[16] Ошондо, 31-бет.

[17] Ошондо, 31-бет.

[18] Ошондо, 27-бет.

[19] Ошондо, 32-бет.

[20] Ошондо, 32-бет.

[21] Ошондо, 33-бет.

[22] Ошондо, 33-бет.

[23] Ошондо, 34-бет.

[24] Ошондо, 27–28-беттер.

[25] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1037. 269-бет.

[26] Ныпча – кемсел, кемселдин эски түрлөрүнүн бири.

[27] Кеште – сайма, сайманын түрү.

[28] Көк жеке – коораздолуп тигилген, сыйда кийилүүчү өтүк.

[29] КРУИА Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1354. 2-бет.

[30] КРУИА Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1057. 272-б.

[31] Ак үйлүү – барымтага алынган адам абалында болуп, күчтүү кандыктын башкаруучусунун ордосунда жашаган башка эл, өлкө өкүлү.

[32] КРУИА Кол жазмалар фондусу. Инв. № 58. 3-бет.

[33] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1037. 269-бет.

[34] КРУИА. Кол жазмалар фондусу. Инв. № 138, 12-бет.

[35] КРУИА Кол жазмалар фондусу. Инв. № 138, 12-бет.

[36] *Муктар Ауэзов*. Адабият тарыхы. – Алматы: «Ана тили», 1991, 201-бет.

[37] Карадан – көптүн бири, жөнөкөй адам, тектүү тукумдан эмес маанисинде.

[38] Ошол эле эмгекте, 200-бет.

[39] Ошол эле эмгекте, 200–201-беттер.

[40] Кара: КРУИА Кол жазмалар фондусу. Инв. № 5116. Ыбырай Абдыракманов жазып тапшырган материалдар.

[41] *Ауэзов М*. Эдебиет тарихы. – Алматы, 1991, 202-бет.

[42] *Ауэзов М*. Эдебиет тарихы. – Алматы, 1991, 199-б.

[43] *Саманчин Т*. «Калыгул». КРУИАнын Кол жазмалар фондусу. Инв. № 138. 3-бет.

[44] Жогорку эмгек, 14-бет.

[45] Кара: журн. «Ала-Тоо», 1988-ж., № 11, 223-бет.

[46] «Мурас». – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. 3-бет.

[47] Ушул жана мындан наркы келтирилүүчү макал-санаттар, меселдер, ыр саптары азыркы жыйнактан алынгандыктан, алардын ар биринин булагын көрсөтүп олтурууну зарыл деп эсептебедик.

[48] Манас. С. Орозбаковдун варианты. 1-китеп. – Фрунзе, 1978-ж. 264–265-бет.

[49] Букар жырау Калкаманулы. Шыгармалары. – Алматы, 1992. 32-бет.

[50] Ошондо, 32-б

[51] *Омарулы Б.* Казак-кыргыз касиретнамасы. – Нур-Сэулет, Кызылорда, 1998. 18–19-беттер.

[52] Ошондо, 13-бет.

[53] Ошондо, 19-бет.

[54] Ошондо, 13-бет.

[55] *Омарулы Б.* Казак-кыргыз касиретнамасы. – Алматы, 1998, 20-бет.

[56] Кыргыз адабиятынын очерктери. 1943. 130-бет.

[57] Ошондо эле, 130-бет.

[58] Кыргыз адабиятынын очерктери. – 1943. 131-бет.

[59] Калыгул Бай уулу. – Бишкек, 1992; Мурас. – Фрунзе, 1990; Калыгул, Казыбек. Кыргыз эл ырчылары. – Бишкек, 1994.

[60] *Акаев А.* Манастан мамлекеттүүлүккө карай. – Бишкек, 1995. 93-бет.

## МУЗООКЕ

Кыргыз элинин тээ кылымдап келген эзелки тарыхына көз жүгүртө турган болсок бет алдыбызга адегенде эле ошол оомал төкмөлүү катаал кылымдарда жашап, замана муңун, журт жүгүн элден мурда сезип-туюп, кайгылуу обон, күү кылып черткен, ыр кылып ырдаган комузчу, ырчыларыбыздын турпаты тартыла түшөт. Анткен себеби өткөн ошол (бөтөнчө кыргыз эли үчүн чапкындуу, өтө тынчы жок) доолордун суру кандай болгондугу кинотасмага түшүп калган сыңары кыргыз ыр, күү, дастан эпосторунда жазылып калган. Жазуусу өнүгүп, өз жолуна түшпөгөн элибиздин берегидей баалуу мурастарынын түзүүчүсү – эл болгон менен аларды муундан-муунга өткөрүп, мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишинче эч нерсесин жоготпой, коротпой сактап келгендер дал ушул ырчы, комузчу, уламчы, жомокчуларыбыз эмеспи. Куду ошондой өз заманынын муңун артып муңканып ырдаган чоң күүчү, ырчыларыбыздын катарында Музооке дагы бар. Музоокенин качан туулгандыгы туурасындагы так маалыматты табуу кыйын. «Күчтөн тайып калса да Музооке колунан келишинче жетимдерге жардам берип, аларды асырап турат. Бирок, жетимдердин баш калкалаган адамы узак жардам бере алган жок, төрт жылдан соң 78 жашында дүйнөдөн кайтты[1]. Байымбеттин өз эскерүүсүн пайдаланып, анын (Тоголок Молдонун) өмүрү, чыгармачылыгын кеңири изилдеген окумуштуу Ж. Таштемировдун иликтөөсүнө таянсак, анда Музооке Жаманкара уулу Нарын өрөөнүнүн Ак-Талаа районундагы Куртка деген жерде 1800-жылы туулган болуп чыгат.

Музооке ырчы биздин кылымдан кыйла мурдараак жашап өтүп кеткендиктен, небереси Байымбет ал учурда тур-

муш соккусунан оңчулуктуу кутула албай жүрүп, анын үстүнө жаштык кылып, көөнөрбөс бай мүлкү бар Музоокедей бабасынын ыр сандыгынан жазчусун дурустап жазып алганга үлгүрбөгөндүгүнөн жана бул чоң ырчынын кундуу эмгектери биротоло унутулуп кете элегинде аны билген куйма кулак адамдардан өз убагында жазылып калбагандыгынан улам ырчынын мурастары дээрлик изсиз калган. Биз Кыргыз Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталуу турган инвентарь № 656-папкадагы Музооке туурасындагы чакан маалыматтын жана айтылуу «Сары Өзөн» ырынын[2], мындан сырткары Ш. Бейшеналиевдин «Болот калем» романындагы[3], ошондой эле Тоголок Молдонун, айрым маалыматчылардын эскерүүлөрүн пайдалануунун негизинде Музоокенин өз замандагы ири ырчылардан болгондугун, бир ажалдан аман калган кайгылуу тагдырын баяндаган (анан калса ал жөнүндө айткандар Музоокени ушул окуясы менен бирдикте эскеришет) бардык маалыматтар, айтылган көз караштар далилдеп турат. Нарындагы «чородо» өзүнчө жүргөн Музооке деген ырчы болгон. Кочкордо бир чоң аш берилет. Ашка Музооке да барып ырдап жүрсө «сарбагыш» уругунан эки көпкөн манап «ырчыны мен ээрчитем» дешип талашат. Эрегиш өөрчүп эки манап чабышып, ашка чоң тоскоол болот. Аш берип жаткан бай: – Сен келбесең, ашка эч ким тоскоолдук кылбайт эле, баары сенин саатың! – деп ырчыны өлөсөлүү сабап, бир жесир кемпирдин үйүнө киргизип, бутуна кишен салып таштап коет. Ошол абалындагы Музоокенин ыры:

Кең Кочкорду жердеген,
«Сарбагыш» деген эл экен.
Жанагы мени талашып,
Сабашкан экөө эр экен.
Ээсиз келип ашка ырдап,
Менин токмок жешим эп экен.
Таяк жеп барсам айылым,
Мени эмне дээр экен?
Кайдан келдим «саяктан»,
Кутулбадым таяктан.

Олжо издеп келип Кочкордон,
Кутулбадым чочмордон...

– Байбиче, менин чымындай жанымды өлүмдөн алып калыңыз,– деп жесир кемпирге жалынат. Кемпирдин боору толгонуп, ырайым кылып, Музооке ырчыны бошотуп кое берген экен[4]– деп эскерет атактуу ырчы Калык.

Белек Солтоноев болсо Музоокени саяктын «кайдуулат» уругунан, манасчы, ырчы деп берип, Музоокенин «сарбагыш» урууcундагы Эсенгулдун тукум уругу талашып, ырчы Ниязбектин балдарына өтүп кеткенине ичи күйүп, жакын туугандары Маңытай деген Музоокени өлөсөлүү кылып уруп кеткен. Бул аз келгенсип, ырчыны өлтүрүп салууну бир кемпирге табыштаган. Кемпир ийик сапты жеңине катып келатканын сезе калып Музоокенин ырдаганы:

Ниязбектин сегиз бек,
Телегейи тегиз бек.
Босогосу – Болотбек,
Болуп турган Ниязбек.
Ормон, Субан, Нооданбек,
Бердикожо, Бердибек,
Алты Шакен алты бек,
Ырыскулбек, Кожобек,
Ниязбектин сегиз бек,
Телегейи тегиз бек.

Он алты бек киминден корком, (кичи катындан 8 уул), кирип жаткан кишиңден корком, өңгөдөн коркпойм, кемпир жеңиндеги шишиңден корком,– дегенде, «апей, көрүп койду бала»,– деп кемпир үйдөн чыга качып кеткен[5].

Ал эми Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун фондусунда сакталуу турган папкадагы Музооке тууралуу баянда окуя кеңири жана башкачараак чечмеленет. Анда Чүйдөгү «солто» уруусунун аксакалы Бошкой Музоокенин кабарын алыстан угуп, атайы киши жиберип айтылуу Соң-Көл жайлоосунан чакыртып алып, бир айча колмоколдоп, ызааттап ырдатып алып жүрүп, кетээринде «үч тогуз» (27 жылкы), олжо-буйласы менен бутунан башына дейре бир сыйра кийинтип, калган оокат-

тарын куржунга салып берип, жылкыларын айдашканга эки жигитин кошуп жөнөтөт. Алар ырчыны Шамшынын белинен ашырып кайра артка тартышат. Музооке Кара-Кыяны эңкейип, Сарала-Саздын боюна келгенде «сарба-гыш» уруусунун кезектеги кайгуулдары (кайгуулдар – эл, жердин чек арасын көзөмөлдөгөн сакчылар) тосуп алышып, жылкы тийип келаткан ууруулардан болсо керек дешип малын карактап, Ысман деген башчысы Музоокенин башын айбалта менен жара чаап, оор жарадар кылып, 27 жылкыны куржун-кечеси менен өзүнө олжолойт. Музоокенин башынын теңгедей жеринин сөөгү оюлуп ичине кирип, териси араң гана кармап турган болот. Кара мүртөз Ысман Музоокени дайын-оту менен жок кылуу максатында араң жан ырчыны жакын жердеги кыштоодогу аялдарга тапшырып, башындагы жарыгын учтуу шиш менен сайып өлтүрүп койгула деп буйрат. Аялдар чий боорсок жасашып, чөйчөккө бир ууч боорсокту салып келишип, башын жөлөмүш болуп «сен сай», «мен сай» дешип бири-бирин түрткүлөшүп жаткан ченде Музооке эсин жыйнап ууктун билегинде илинип турган өз комузун көрсөтүп, «алып бер» дегендей ишарат кылса, бир байбиче алперет. Чалкасынан жаткан Музооке муңдуу үн менен:

Айбалта тийген башымдан корком,
Атала кылган ашыңдан корком.
Чий боорсок сайган шишиңден корком,
Чын калыс кылбас ишиңден корком.
Чогулган кемпир киминден корком,
Тээтиги жеңе сүрүңдөн корком.
Беркиден коркпой, тигинден корком,
Сүйлөй албай тилимден корком... –

деп жүйөөлүү ырдап байбичелерди жашытат. Аялдар бири-бирин карашып, жанагы комуз алперген байбиче элечегин сала коймосунун учунан айрып, бир чеңгел куу коюп жалбарып турган сөөктү эбине келтирип жакшылап таңып берип жаткырып, таңга маал тамакка тойгузуп, абалын ондоп качырып жиберет»[6].

Бул жерде эки нерсеге айрыкча көңүл буруу керек. Биринчиси, Музоокенин өнөрүнүн талашка түшүшү, же анын

ат арытып, жол карытып, алыстан атайы урматталып чакырылышы, ал жактан ырчылык зор талантынын аркасы менен үч тогуз жылкы баштаган ири олжого ээ болушу Музоокенин күчтүү ырчы, комузчу экендигинин далили. Экинчиден, бул кайгылуу окуя ал жашаган доордо, андагы Музоокеге окшогон кара таман ырчылардын татаал тагдырларынан толук кабар берет. Ушул окуядан барып «Музоокенин муңдуу күүсү» ыры менен жаралып, элге тез эле даңазаланып таркап кеткен. Себеби, айтылуу ыры менен коштолуп чертилген залкар күүдө өз башынан өткөн ушул окуя кеңири чагылдырылган эле. Баягы оор жарат алып байбиченикинен оңолуп эсен-соо качып чыкчуда ырчы эптеп сүйрөлүп отуруп түз эле Кочкордун Ак-Учугундагы болочокку кайнатасы Дербиштикине кайрылып, алы-күчүнө келгенче ушул жерди пааналайт. Өгүнү Чүйгө келатканында уялып, шарты менен келээрмин деп (анткени Дербиштин кызына кудалашып коюшканы болбосо, атайы күйөөлөп келе элек эле) өтүп кете берген. Музоокени кимдер карактап, мал-мүлкүн тартып алгандыгы акыры Бошкойго угулуп, ал «сарбагыштардан» ырчыга өзү тартуулаган 27 жылкыны айып-кыйыгы менен өндүрүп, бир жылдан кийин Музоокеге айдатып жиберет. Колуктусун ала албай жүргөн Музооке ошол жылкыларды колуктусунун калыңына берип, сүйгөнү Кичикени алат. Кичикеден Өмүрзак, Карала, Шамыркан аттуу балдар туулуп, алардын тукумдары азыр Ак-Талаа районунун «Тоголок Молдо» колхозунда жашашкандыгы айтылат[7]. Эмнеси болсо да береги окуя Музоокенин кайгысына да, бир жагынан багы ачылып үй-бүлө күткөн чоң кубанычына да себепкер болгон ырчынын өмүр-жолундагы эстен чыккыс эң урунттуу учур болуп саналат.

Музооке ырчынын бизге жеткен ыр мурастары «Сары Өзөн» аттуу чакан ыр баянынан башка жокко эсе. Ошондой болсо да анын кандай ырчы экендигин ушул ыры аркылуу эле баалашка болот.

Кең Чүй ата, Сары Өзөн,
Кемин жагы дагы өзөн.
Туш-тушунан кошулган,
Туура суунун баары өзөн.

«Он бир жылга», «Окторкой»,
Оӊ жагынан сайы өзөн.
«Арпа Тектир» ал өзөн,
Алкым жагы дагы өзөн,
Кегетинин шары өзөн,
Керме тоонун баары өзөн.
Аламүдүн, Аларча,
Айланасы тал өзөн,
Ашмаранын алты өзөн,
Аяк башы жалкы өзөн,
Илеге чейин эл барат,
Илгертен бери жалпы өзөн[8].

Ырда көрүнүп тургандай, жер көрүнүшү абдан кынаптала, кынтыксыз сыпатталып, толук уйкаштан кайчы уйкашка өтүп, редиф түрүндө тизмектелет. Мында, Сары-Өзөн Чүйдө болуп өткөн бир тарыхый уламыш да кошо баяндалат. Анда бир кездерде ушул кеӊ өзөндө казак менен кыргыз өйүз-бүйүз жанаша жашашкандыгы айтылат. Күндөрдүн бир күнүндө байлыгына чиренген казак эки аялынын үстүнө «токол» алам деп төрт түлүк малын берип кыргыз байына куда түшүп, анын жаш кызына үйлөнмөк болот. Алардын арам оюн алдын ала билип калган кыз арзыган жигитин жандап көз көргүс ээн жакка качып кетет. Ошондо, тымызын төлөнгөн көп калыӊга туйтунган кыздын карөзгөй атасы качкындарды кууп келип, экөөнү теӊ кармаган жерине мууздап салып кете берет. Бул, Боом капчыгайынын өрдөшүндөгү бүгүнгө чейин «Кыз-Күйөө» аталып келаткан жер. Тарыхый нугу уламышка айланып айтылып жүргөн мындай кайгылуу окуяны Музооке ырга айлантып «Сары Өзөн» баянына ширетип жиберген. Ырчы Чүйгө биринчи сапар келгендиктен көргөндөрүн ырында жаземдебей толук чагылдырууга ашыгат.

Музоокенин «манасчылыгы» туурасында бирин-экин маалыматтар жолукканы менен манасчылыгын далилдеген фактылар жок, антсе да эл ырчысынын дастандарды айтуудагы салттуу ыкты көп колдонгондугун байкайбыз.

Кеӊ Чүй ата, Сары Өзөн,
Кемин жагы дагы өзөн.

Туш-тушунан куюлган,
Туура суунун баары өзөн.

*(«Сары Өзөн»)*

Айбалта тийген башымдан корком,
Атала кылган ашыңдан корком.

ж. б. Буга караганда ал элдик дастандарды да айткан болуу керек.

Музоокенин ырчылыгынан да күүчүлүгү, комузчулугу артык болгондугу айтылып жүрөт. Бирин-экин мисалдарга кайрылалы. «Музоокенин кыл тырмагында жок комузчу, ырчы болгондугу «Каспайырдан» башка да «Коңур күз», «Керме Тоо», «Үн алыш», «Кызыл жүз», «Күкүк менен Зейнеп»[9] аттуу ыр, күүлөрүнөн эле билинет. «Музооке «булбул» атанган кадимки Арстанбек ырчы менен айтыша кетип, ыр боюнча жеңилип, ал эми күүгө келгенде жеңип кетип, экөө шилекей алышкан дос болот» – деп жазат окумуштуу Т. Саманчин. Береги маалыматка өз абасын эскерип жазган Тоголок Молдонун ыры да шайкеш келет.

Душмандын күйгөн зарпынан,
Ыйлап жүргөн Музооке,
«Сарбагыштын» дартынан.
Арстанбек менен тең чыккан,
Арстанбектен кем эмес
Акындыкта, комузда,
Башка акын буга тең эмес[10].

Кыргыз ырчылары тууралуу жакшы билген «ак таңдай ырчы» Токтогул да Калыкка адеп жолукканда өзүнө чейинки күчтүү ырчылар тууралуу айтып баратып Музоокеге «булбул ырчы» деп баа берет. Ырчылар ар санатты айныбай төккөн үнү жагымдуу, ири төкмөлөрдү «булбул» атаган.

Музоокенин күүлөрүнөн, аталыштары айтып тургандай өз өмүр жолундагы урунттуу учурларын көчүрүп күү кайрыктарына (акын Алыкулча) салгандыгы көрүнүп турат. Алсак кудалашкан жары Кичикени алууга шарты келбей жүргөн мезгили:

Аркардын мойнун ок кесет,
Азамат мойнун жок кесет.

Аркарды кууса жетпеген,
Аргымак аттын токтугу.
Айдап калың бере албай,
Азаптуу малдын жоктугу –

деген ыры менен коштолуп, капа болгондукту туюндурган «Каспайыр» аттуу күүсүндө чагылдырган. Бул күүлөрдө, айрыкча «Музоокенин муңдуу күү», «Каспайыр», «Кызыл кыз», «Керме Тоодо» Калыгул, Арстанбектердин «Замана», «Тар заман» ырларына окшогон, болбосо өз сүйгөнүнө жетпей калып, өмүрү өткүчөктү «Алымкан» деп муңканып өткөн айтылуу ырларга, обондорго окшоп өз доорунун муктаждык, муң-зарын камтыган буюккан ойлор, келечегинен үмтөнткөн оптимисттик идеялар жатат. Болгону мунун баары колдун ыргагы, комуздун тили менен айтылып, дайыма муңдуу ыры менен коштолуп аткарылган.

Мындайча айтканда Музооке күүлөрүн жөн салды эле чыгара бербестен, кандайдыр бир окуяга байланыштырып, күүгө сыйбай калчудай жерлерин ыры менен коштоп, күүсүнө-ырын, ырына-муңун ширетип ойлуу, муңайым черткен. Башкача айтканда, ырчынын кандай доордо, кантип күн көрүп жашап өткөндүгү аталган чыгармаларында толук чагылдырылган. Анын башкалардан айырмалап турган күүчүлүк өзгөчөлүгү ушунда. Музооке кыргыз өнөрпоздорунун арасында ырдын да, күүнүн да чоң устаты делген саналуу гана шайырлардын катарында тургандыгы менен барандуу.

Ал эми өз небереси Байымбеттин акын болуп калыптанышына гана эмес, анын кыргыз элинин ыр, күү, дастандарын, элибиздин (Асан Кайгы, Кетбука, Токтогул, Толубай баштаган) даанышман адамдарынын тарыхын кеңири билген уламачыл адам болуп калышына Музоокенин тийгизген таасири чоң болгон. Тоголок Молдо боюнча жазылган эмгектерде Музоокенин кыргыз жергесин бүт дээрлик арытып, атагы алыска угулган ары ашкан комузчу, ары өз заманындагы белгилүү ырчы, ошону менен катар улама сөзгө канык, уруулардын бөлүнүшүн, кыргыз эл тарыхына байланыштуу легендаларды, оозеки чыгармаларды абдан жакшы биле тургандыгы айтылат. Албетте, чыныгы

талант эмгектеринин аз, көптүгү менен бааланбастан, канчалык деңгээлдеги түбөлүктүү чыгармаларды мурастап калтыргандыгы менен өлчөнмөкчү. Музоокенин чыгармачылыгы тууралындагы пикир муну менен эле чектелип калбайт. Музоокеге замандашы Чоңду ырчы, кийинчерээк Токтогул, Эшмамбет, Калык, Ысмайыл жана башкалар эскерүү ырларында жогору баа беришет.

Жыйынтыктаганда, Музооке Жаманкара уулу элижур-туна «Музоокенин муңдуу күү», «Каспайыр», «Керме Тоо», «Күкүк менен Зейнепке» окшогон бир канча классикалык күүлөрдү, «Сары өзөндөй» асыл мурасын калтырган, кош өнөрлүү, б. а. чоң ырчы, алп комузчу катары кыргыз эл шайырларынын тарыхында өзүнүн олуттуу ордун ээлемекчи.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Таштемиров Ж.,* Мусаев С. Кыргыз адабияты. – Ф., 1973.

[2] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 656.

[3] *Бейшеналиев Ш*. Болот калем. – Ф., 1981.

[4] Калык. – Ф., 1972.

[5] *Солтоноев Б*. Казак-кыргыз тарыхы. Инв. № 1057.

[6] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 656.

[7] Ошондо, Инв. № 656.

[8] Ошондо, Инв. № 656.

[9] Ошондо, Инв. № 656.

[7] Ошондо, Инв. № 273.

## ЧӨЖӨ КАРЖАБАЙ УУЛУ

*(1808–1895)*

Чөжө казак калкында булбул аталган курч тилдүү, өткүр акын, айтыш өнөрүнүн ири устаты, түпкү теги-кыргыз, ата-энеси илгери бир казак-кыргыз согушунда казакка ооп барып туруп калган экен. Аблай хан согушунда кеткен болуу керек деген болжол бар. Чөжө акындын чыгармачылык өмүрү казак жергесинде, казак фольклорунун жана салттуу ырчылык поэзиянын нугунда калыптанып, өсүп-өнүккөн. Анын ырларынын, айтыштарынын мазмуну, ыр өлчөмү, көркөм ыкма, каражаттары, тили, стили да чыгармачылык өнөрканасынын өзгөчөлүгү, айтылыш орду жөнүндө ачык маалымат берип турат. Чөжөнүн балалык күндөрү чечек менен ооруп эки көздөн ажырап, ары ата-энеден эрте кол жууп, «тексиз», «кул», «тентиген» деген сөз да этегине эрмешип, жакасына жармашып, жанына жай бербей өтө кыйынчылыкта өтүп, оор түйшүктө, жакырдыкта жашаса да, чыныгы төкмөлүк зор таланты, курч сөздүү, өткүр чынчылдыгы – дегеле чыгармачылыгы сынчылыктын жолунда тургандыгы менен казак калкынын көңүл төрүнөн ардакталып орун алган, урмат-сыйды, абройду ошол элден тапкан.

Чөжө менен айтышкан акындардын, Алшынбай сыяктуу казак султандарынын «тексиз», «кыргыз», «кул», «көр», «сокур» деп кордоп, кемсинтүүгө жасаган аракеттерине карабастан, таланттын күчү, өткүр сөзү аны бийик көтөрүп, чыгармачылык канагаттануу алган. Бул кыргыз жергесине келип, Жаныш акынга ырдаган ырынан ачык көрүнөт:

Тараган алты алашка торы атым,
Акындык маган берген мартебесин,

«Ага-ини бир көрсөм» деп келген едим,
Алланын тапсырганша аманатын.
Ата-ана аруагыңды таптым жаңа,
Адаскан мен кыргыз урпагы.
Алатау балдай суын ишкен кезде
Куанды жазылгандай көздин агы[1].

Чөжө (Шеже) акын 1808-жылы азыркы Көкчө-Тоо областынын Кызыл-Туу районунда төрөлүп, 1895-жылы ушул чөлкөмдө каза болгон[2]. Ата-теги – таластык саруу, Бирок, ата-энеси кул, күң болуп, казак жергесине илгери кетип, аларга сиңип кетиптир. Чөжө да, Жаныш менен айтышканда:

Мен саруу, Жаныс – кушчу, чала буудан,
Байтик эр экөөмизге ара тууган,
Арбакка салармын арстан Байтик,
Кем көрсөң Чөжө агаңды Жаныс куудан[2] –

деп, өзүнүн уруусу жөнүндө ачык маалымат берет. Айрым кабарларга караганда Кыргызстандын Чүй өрөөнүнө көп каттап, аш-тойлордо ырдап жүргөн көрүнөт. Ал жөнүндө казак окумуштуусу профессор Е. Исмаилов мындай деп жазат: «Чөжө (Шөжө) Жети-Суу кыргыздарын аралаган кезде көптөгөн өлөң, толгаулар айткан. Алардын ичинен айрым уруу башчы-баатырларына карата толгау, өлөңдөрү сакталып калган. Акын өз өлөң, толгауларында салттуу учурашуу, таанышуу, мактоо менен чектелбестен, Жети-Суу казак, кыргыздарынын тарыхындагы жагдайларды ачып, жиктеп ырдайт: Кээде алардын баатыр, бек аталган адамдарын да сынап отурат»[3]. Санжырачы Алымбеков Тургунбайдын атасынын айтуусунда түпкү теги – саруу, Бирок, казактарга сиңип кетиптир[4]. Чөжөнүн ырларындагы, айтыштардагы маалыматка караганда да анын ата-энесинин казак жергесине кул, күң болуп баргандыгы, теги кыргыз экендиги талаш туудурбайт. Өз өмүрүндө Чөжө айтышка көп түшөт. Айтышкан акындардын дээрлик бардыгы аны сырттан келген «кул», «күң», «көр», «сокур» – деп кордоп, талуу жерден кармап, торой чалууга аракеттенишкен. Муну Чөжөнүн Балта, Кемпирбай, Тезекбай, Жамшибай менен айтышы ырастайт.

Кемпирбай:

Жайыктын акең Каржау кулы емеспе,
Казының шашең Жума күни емеспи[5]

десе, Балта акын:

Ежелден Куандыктын кулы емеспең,
Тентиреп келдиң кыргыз алда кайдан?[6] –

деп ачык чабуулга өтөт. Кемпирбай акын Чөжөнүн ата-тегиндеги, керт башындагы «кем-кемтикти» чукуп айтуу менен чектелбестен,

Турагың Алатауда түбиң карыз,
Ит сокур туган жериң одан да арман –

деп анын ата-бабасынын турагын кошо кордойт. Бирок, оргуган таланттуу сөзмөр, курч акындын өмүрүндө каршысынын сөздөрүнө жооп бере албай жеңилип калган учуру болбоптур. Акындын өз ырындагы маалыматка караганда он жети акын менен айтышыптыр. Бардыгы да анын азиздигин айтат. Бул ыкманы айтышууда Кемпирбай акын да колдонуп, анын сокурлугун, тексиздигин чукуп, кемсинтип ырдайт. Мында да курч, өткүр ырчы чукугандай сөз тапкан чечендиги менен:

Муктасар сезим майда тактасындай,
Бухардын смыраум какпасындай,
Кезиме он жети акын түк кылган жок,
Сен кылармын дейсиңби как басыңды ай[7]

деп таамай жооп берет.

Чөжө кызый келгенде айтышкан акын эмес, анын уруу башчыларынын, айыл султандарынын да пардасын сыйрып таштаган, кем-кемтигин терип-тепчип таамай айтып, күйүккө туз куйгандай тызылдаткан. Мисал катары Чөжөнүн Каракесек Шаншардын ашында Балта акын менен айтышын алсак болот. Айтышта каршысы анын азиздигин, тексиздигин бетине кармай берет. Ошондо Чөжө дароо айтыштык ыкманын башка түрүнө өтүп, Балтаны мындай коюп, «Кайдагы сорлы сокыр такылдаган?» – деп сунган бутун тартпай, менменсинип отурушкан каршысынын уруу султандарына өтөт. Кунанбайдын жалгыз көздүү сокурлугун, Алшынбайдын таздыгын айта келип:

Кем-кетик жиналыпты таз бен сокыр,
Ар кайсы өз кулкынын көздеп отыр.
Болганда сиздер дария, биздер карга,
Карга байгус дариянын бетин шокыр[8]–

деп, жогорку эл «жакшылары» да ырчылар сыяктуу эле бир нерсе үмүт этип отургандарын ортого салат. Ошондо Чөжөнүн сөзүнө ууккан Алшынбай тура калып акынды баштан ары камчы менен тартып жиберген экен[9]. Бирок, жаалына алганда жан адамдан жалтанбаган курч ырчы таяк астында да тилин тарткан эмес:

Япрымай, бул немене тарсылдаган,
Каншык емес, тебет кой арсылдаган
Тепкилей бер, сабай бер өлтиремсиң,
Ашуыңды бас бирак калшылдаган.
Ак серкеси бошаңнын Алшынбай таз,
Жаз шилдеде ушады ит ала каз,
Эки сөздин биринде сокыр дейсиң,
Касиетиң бар болсо басыңды жаз[10].

деп, эл алдында баш көтөргүс кылат. Алшынбай менен гана чектелбестен:

Жалгыз сокыр халкыңа тиышсыз болсо,
Кутулсаңшы мына отырган Кунанбайдан[11]–

деп ага кошуп, Кунанбайды да жалпайта чаап, Балта акынды жеңип кетет.

Чөжө акын Жети-Суу аймагын кыдырып, кыргыз жергесине көп келип, көп эле ырдап жүргөн көрүнөт. Бирок, тилекке каршы ырлары өз убагында жазылып алынбагандыктан, эл эсинде бирин-эки гана чыгармалары сакталган. Анын Байтикти мактаганы, кордогону жана Жаныш акын менен айтышы сыяктуу чектелген репертуарлары гана колго тийди. Кабарчынын маалыматында Чөжө Байтиктин айлына бир канча жолу келет. Манапты макташы да, кордошу да Жаныш менен айтышуусу да Байтиктин үйүндө өтөт[12]. Фольклордук экспедиция учурунда Кадыркул Алыйманов аксакал бул тууросында толугураак маалымат берди эле. Ырдын мазмунуна караганда акын манаптын өмүр баянын, ата-тегинин санжырасын гана жакшы билбестен, манаптын төрөлүшү тууралу айыл арасында ай-

тылып жүргөн айың сөздөр менен кабардар көрүнөт. Ал манапты үстөмөндөтүп талуу жерден кармап, өз доорунун көз карашы менен «отун алып, от жагып, койчу, жылкычы менен табакташ салбар күңдөн, никесиз төрөлгөнсүң» – дейт. Кадыркул Алыймановдун айтуусунда бул ыр акындын кыргыз жергесине акыркы келишинде ырдалат. Чөжө эшиктен үн салганда манаптыкында Таластык Карабаш Кудайбергендин уулу Рыскулбек (ал Байтикке күйөө бала экен) жан-жөкөрлөрү ээрчитип жүргөн ырчысы Жаныш менен түнөп жаткан болот. Айтылуу казак султаны же кадырлуу адамы келсе, дүрбөлөңгө түшүп калчу манап жалгыз аттуу азизди жактыра бербей, «Сокур Чөжө эмес, эки көздүү Жаныштан да кутула албай жатамын»– дейт. Казак кабарчыларынын айтуусунда[13] Байтикти мактап да, кордоп да бир учурда ырдаган экен. Балким ушул жолу ырдаган чыгар. Байтиктин үйдөгү конокторунан уялганыбы, же Чөжө жөнүндө кабары болуп, анын өткүр тилинен чочулап, кыжырына тийип, кыргыз, казак арасына тарап, шылдыңга калгысы келбегенби, айтор, акынды түшүрүп коноктогула» – деп буюрат.

Чөжө ушул келишинде кыргыз акыны Жаныш менен айтышат. Ырдын мазмунуна караганда экөөнүн беттешүүсү Чөжөнүн карып калган мезгилинде өтөт. Бул анын өзү жөнүндө баяндоосунда ачык чагылышкан. Айтыш бизге эки вариант түрүндө жетти. Бири 1968-жылы Жаныштын жердеши Молдосан Жунушалиевден жазылып алынган[14]. Ал муну Жаныштын уулу Кишенбайдан үйрөнөт[15]. Алгач жактырбай, ары Чөжөнүн курч тилинен, өткүр сөзүнөн чочулап жана да казак султандарынын астында сөзгө сынгысы келбей Байтик эртеси жибип, тогуздап байге сайылган айтышта казак акынынын башын кармайт. Албетте, айтыш чыпчыргасы коробой толук түрдө колго тийди деп айтуу кыйын. Байкоого караганда, көлөмү жагынан бир топ кыскарып, Чөжөгө таандык өткүрдүк, курчтук, сөз чеберчилиги бир аз кемий түшкөндөй. Ал эми Жаныштын сөздөрү анчалык төмөн түшпөгөн өңдүү. Бул – чыгарманын кийин Жаныштын өзү, баласы Кишенбайдын такай аткарып жүргөндүгү менен байланышы да

мүмкүн. Жаныштын уулу Кишенбайды көрүп анын аткаруусунда угуп калган жердештери айтыш бир топ узак, көркөмдүгү бийик, сөздөрү курч эле дешет.

Молдосан Жунушалиевдин айтуусунда чыгарма бир топ көлөмдүү, формасы жагынан сүрөө айтыш эмес, алымсабакты түзөт. Айтышты Жаныш баштап, табышмактуу ыкманы колдонуп, шарыяттын жол-жобосунан суроо таштайт:

Жаратты кудай артык Күн мен Айын,
Чөжө сен журттан ашкан акын болсаң,
Шарыяттан бес-алты ауыз сөз сурайын.

Жаныш сабаттуу, дин поэмаларын аткарып жүргөн акын болгондуктан, Чөжө анын шарыят жагынан күчтүү экендигин сезсе керек, каршысынын «Жер менен күндү ким жаратты?» – деген суроосуна жооп бере келип: «Шарыятсыз эле кара өлөңгө өтүп айтышалы»,– дейт. Анда Жакып: «Чапаныңдын этегин булгап жүргөн сага шарыят тең эмес, этегиңди иниңе жуудурасың» (Чөжөнү ээрчитип жүргөн жигитти айтып жаткан сыяктуу) – деп шылдыңдайт. Чөжө да сөз ооматын кетирбей:

Жаныс ау, сенин кандай айыбың жок,
Жүрүпсүң али бойдок зайыбың жок,
(Аялы өлүп калган болот.)
Бир казак, бир кыргызды алдап жүргөн,
Куусун гой тентиреген дайыың жок,
Үйүңдө кашык айраның жок туруп,
Демиңе нан бышкан сорлы, арсызсың гой» –

дейт. Жаныш да аянбайт, сокурсуң, көрсүң, элсиз, тексизсиң, «айланып мен тулпардын түбүн таптым, сен жүрсүң орто жүздүн богун терип» – деп, кордоого алат. Жаныштын ушул сөзү карт акынга катуу тийгендей көрүнөт. «Издеп келгенде угарым ушубу?» – деп ойлосо керек. Бирок, мында да ал өзүнө таандык өткүрлүк, сөзмөрлүк менен оор кырдаалдан чыгып кетет. Өзүнүн да жерде калган адам эместигин, казак жергесинде да акындык өнөрдү барктай турган билерман адамдардын арбындыгын, казак калкы өзүн сыйлап, талантын бөпөлөй тургандыгын, Байтикке да бөлөк-бөтөн эместигин, «конуш анда болсо да көңүлү мында» экендигин ырдап өтөт. Кыскасы, айтыш өтө курч

жагдайда өтөт. Жаныш да оңой көрүнбөйт. Сөз менен такымдап Чөжөнү көп узатпайт. Ошондуктан, каршысы да:

Жаныс – ау, жыгыларсың бир тизерлеп,
Алдымдан жибермедиң көп шидерлеп.
Кудайга сокыр киси пенде эмеспе.
Тилиңди тартып сүйлө жас жубарымбек –

деп нааразы болот.

Жаныш айтыштын аягында «Байтик эр тогузуңду оңайлыгын, сокырга берген кайыр тилейт дейди» – деп алып барып такайт. Рыскулбек Байсалдар (алар Жаныштын башын кармайт) айтышты токтотуп, «Жаныштын айтканы чынбы?» – деп молдодон сурашканда: «Ии ырас, куранда сокурга кайыр берилбесин, аркы дүйнөдө танып кетет деп айтылган» – дейт. Чөжө муну угуп: «жеңилдим» – деп, домбурасын сүйөп коет. Кыясы, алардын тастыгына, өзүнө жасаган мамилесине капа болгондой түрү бар. Ошону менен байге Жанышка ыйгарылат.

Айтыштын жүрүшү жөнүндө чыгарманын экинчи вариантында[16] (Кадыркул Алыймановдун айтуусунда) да маанилүү, мурунку маалыматтарды толуктай турган айрым фактылар бар. Бирок, айтыштын экинчи нускасы үзүндү түрүндө келип жетти. Маалымдоочунун кабарында айтыш бүткөндөн кийин эки акын алымсабак ырдашат, залкар акын ич толгоолору, ырчылыктын урмат-сыйы жөнүндө жаш өнөрлөшү, жердеши менен ой бөлүшөт.

Бул вариантта да сөздү Жаныш баштап, бир топ узак, күчтүү ырдайт. Акындардын салты боюнча өзүн көтөрө чалып, үнүнүн коодугун, добушунун бийиктигин (чынында үнү кооз, бийик экен), домбурада андан мыкты эч ким ойной албастыгын, казак, кыргызга бирдей таанылган, акындык дараметинин күчтүүлүгүн, эгерде түшү чын болсо, Чөжөнү жеңе тургандыгын ырдап (Кадыркул аксакал мазмунун айтып, ырларын эсине оңдуу түшүрө албады) өтөт. Мында да байге молдонун сөзүнөн кийин Жанышка ыйгарылат.

Айтыштын жүрүшүндө экинчи бөлүм бир топ салмактуу чыккан. Жаныш Чөжө акынга жогору баа берет. Өзүнүн байге алып, улуу өнөрлөшүнүн, азиздин көңүлүн

оорутуп алгандыгын мойнуна алат. Чөжөгө ызаат, урмат менен кайрылып, чоң акындын залкар талантына таазим кылат:

Жүздөштүм насип болуп Чөжө менен,
Таң калдым өлөң угуп ал залкардын,
Дайрадай толкуп жаткан түбү терең,
Сайраган булбул үндүү Ала Таудай.
Сөзүнүн шириндиги тамган балдай.
Алыстан аты угулчу азиз акын,
Тууган деп келе калган алда кандай.

Чөжө да кыргыз жергесине келишинде тогуздап мал айдап кетиш максатын көздөбөйт, өз сөзү менен айтканда:

«Жас өтип, ми бөксерип, сөз азайып,
Шаңкылдап булбул өңди үн басайып,
Тис түсип, булдырыктап еби келмей,
Тоң мойын аттай болуп тил катайып»–

калган кезде эли-журтун, ата-бабасы мекендеген жергесин көрүп, коштошуп кайтуу ниетинде гана келет.

Өзүнүн ич толгоосун, эли-журтуна, тууган жерине болгон сагыныч, көксөөсүн ырында коштоп, акыркы ирет ата-бабасы мекендеген Ала-Тоосу, кашка суусу, эли-жери менен коштошкону ат арытып, жол карытып, чаалыгып-чарчап алыстан келген акындын көңүлүн Байсал, Рыскулбектер олдоксон мамилеси менен суутат. Алар залкар акындын акыркы сапары экендигин кайдан түшүнсүн, боз тоголок жигит менен беттештирип, аркы беркини айттырып, тамаша курган болушат. Муну түшүнгөн кыраакы акын Жаныш менен айтышты узартпай, сөз катуулап баратканда домбурасын жөлөп койгон көрүнөт. Анткени, ал өмүрүнүн акырында эли-жери менен коштошуу гана эмес, жаш акындарга таасир таалим берүү, өзүнүн өнөрү, акындыгы жөнүндө элине улуу сөз калтыруу үчүн келген сыяктуу. Аны төмөнкү ырынан ачык көрөбүз:

Үлкенди киши сыйлау ата салты,
Инини тарбиелеү ага карызы.
Кеткенимше бирге жүрүп өнеримнен,
Барынша балам меннен алып калшы.
Мени мен Жаныш балам кетши бирге,

Мейманмын билсең балам мен сиздерге,
Алыста жүргенимде ойлаушы едим,
Өнерим калса экен деп инилерде.
Акынды акын байкар таңдайынан,
Алтынды зергер билер салмагынан,
Ауылга жана келип жүргөн кезде
Агайыңды тарта берме шаужайынан.

Айтыштын экинчи бөлүмүндө демейдегидей бири-бирин кемсинтүү, кордоо, каршысынын жаман-жакшысын чукуп жыгып кетүү аракети жок. Ырдын мазмунуна караганда экинчи бөлүм айтыш жыйынтыкталып, байге Жанышка ыйгарылгандан кийин карт акындын өз өмүрү жана акындык өнөр, устаттык жөнүндө айткан улуу сөзү, өнөрлөш инисине калтырган акыл-насааты, керээзи катарында баяндалат. Чөжөнүн «жеңилдим» деген сөзүндө ич күйдүлүк, ыза, кекээр жоктугу байкалат. Жаныш болсо жеңишине маашырланып, сез көрсөтпөстөн, залкар акындын астында өзүн басмырт кармайт, андан кечирим сурайт, айтор, айтыштын экинчи бөлүмү тирешкен кармашуу эмес, алымсабак иретинде эки акындын жөн жайынча ой бөлүшүүсү, пикир алмашуусу.

Чөжөнүн теги кыргыз болгону менен казак акыны катарында таанымал, казак тилинде ырдаган, казак поэзиясынын салтында чыгармачылыгы калыптанган акын. Ошондуктан, ал Жаныш менен ырдашканда бир жагынан илгери ата-бабасы жердеп өткөн жер көркөмү Ала-Тоого, эли журтуна кусадарлыгы артып, «аллага аманатын тапшырганча кош айтышканы келгенин ортого салса, экинчиден, казак эли, казак жергеси жараткан залкар таланттарды даңазалап, сүймөнчүлүк менен ырдайт:

Мен билген казак елиниң акындарын,
Айта алмаймын түгелимен оның барын.
Ишинен бөлип алып Жаныш сагаң,
Айтайын таңдаласың бирди жарым.
Балта акын, Асет, Муса, Орынбайлар,
Алладан аз туылады билсе ондайлар.
Биржан сал, Акан сери, Балуан шолак,
Жас булбул бул куздеги жез таңдайлар,

Наймандын булбул кусы акын Сара,
Алладан мен көрмедим мындай бала.
Аксулу, Манат менен Ырысжан кыз,
Үлкени үкө дешем, кишиси ата,
Беринин сыры маалим үкөм маган.

Казак эли Чөжөнү бөлөк-бөтөн катарында өгөйлөбөстөн, анын чыгармачылыгын жогору баалап, казак поэзиясынын төрүнөн орун берет. Ага «Омбуда алты дубан баш кошкондо» беттешкен акындардын бардыгын жеңип, «топту жарып, байге алып», «бийикке учуп барып конгондугу» үчүн булбул деген наам ыйгарылат. Акын Жаныш менен ырдашканда өз чыгармачылыгын сүрөөгө алып, бийикке чыгарган казак калкына, казак жергесине ыраазычылыгын ачык билдирет. Өзүнүн жаштыгын, чыгармачылык өмүр жолун «Маараке тойдой болуп өткөн эле атаңдын жаш кезинде жүргөн жери» – деп зор канагаттануу менен баяндайт. Бирок, да ата-бабасы турак кылган жерге өмүр бою кумарланып, ынтызарлыгы арткан өңдүү. Залкар акындын жогоркудай ич толгоо, көңүл оорусун Жаныш толук түшүнүп, Таласка ээрчип кошо барып, эки айча бирге жүрүп, өрнөгүн алат. Ошондуктан, ал Чөжө менен жолугушканын, беттешип ырдашканын чыгармачылыгынын гүлдөгөн учуру катарында зор канагаттануу менен көп эскерчү экен. Жаныштын жердештеринин айтуусу боюнча Чөжө Таласка да барат. Эки акын көпкө бирге жүрүп, Жанышка чоң өрнөк калтырган өңдүү. Жаныш Чөжө менен айтышканын чыгармачылыгынын гүлдөгөн учуру катарында канагаттануу менен эскерчү экен. Чөжөнүн ушу келишинде Байтикке карата өлөң айтып, андан сарууга Таласка чейин барып кайткандыгын Алымбек карыя да айтуучу эле дешет[17]. Демек, жогорку фактыларга Сабырбек Бейшебаевдин «Жөжөнүн өмүр баянын иликтеп, сурамжылап жүрүп, Жөжөнүн атасы Каржабай Чүй өрөөнүндөгү Токмокко жакын жерде жашагандыгын билдим»[18]– деген пикири кайчы келип турат. Анын кыргыз жергесинде ырдаган ырлары бизге өтө аз санда жетти. Жогорку айтыштан башка Байтикти мактаган, кордогон ырлары гана белгилүү. Дагы да Алымбек карыянын эскерүүсүндө унутулууга баш коюп бараткан

Оторкандын арабдардан угуздарды бошоткондугу жөнүндө «Оторкан» жомогун айтуучу экен. Бирок, тилекке каршы андай материал колдо жок.

Чөжө Байтикти мактоодо да, сындоодо да чегине жеткирген. Казак фольклористеринин маалыматы боюнча манапты эки жолу мактап, бир жолу кордоп, бардыгы үч ирет ырдайт, үч ыр тең жарыяланган[19]. Ырдын мазмунуна караганда манаптын өмүр жолун, ата-тегинин санжырасын жакшы билген, ал эмес эл арасында айтылып жүргөн айың сөздөр менен да кабардар сыяктуу. Ошондуктан, акын Байтиктин айлына бир канча жолу келген деген маалымат туура көрүнөт. Чөжөнүн чыгармачылыгын казак окумуштуусу Е.Исмайылов төмөнкүчө мүнөздөгөн: «Шөжө – уруу айтышынын акыны. Бирде уруу башчыларын өлтүрө сындаса, бирде мактайт. Бирок, Шөжеде сынчылдык мотив күчтүү»[21]. Чындыгында да Чөжөгө таандык сынчылдык, өткүрлүк Байтикти кордошунда ачык көрүнөт. Манапты салбар күңдөн, никесиз төрөлгөнсүң – деп кордойт. Бул жерде бир нерсени эскерте кетүүгө тийишпиз. Чөжө Байтикти өз доорунун көз карашы, түшүнүгүндө сындайт, анын салбар күңдөн, токолдон төрөлгөндүгүн, энесинин отун алып, от жагып, койчу-колоң менен табакташ болуп, көзүнөн жаш, көкүрөгүнөн зар, башынан таяк кетпей, жамачылуу көйнөк кийип, жылаңаяк жылаңбаш жүргөндүгүн Байтиктин тегиндеги кемчилиги катарында бетине жаба келип:

Айраншы шешең күң деп естеүши едим,
Түпсүз кул емес едиң бауры такыр,–

дейт. Чөжө Байтикти сындаган мезгилде анын кемчилиги салбар токолдон төрөлгөндүгүндө эмес, жетим-жесирге кайрымсыздыгында, ашкере зөөкүрдүгүндө экендигин көрө албаган сыяктуу. Балким, түшүнгөн болсо да, өзү жашаган чөйрөнүн көз караш, түшүнүгүнөн чыгып кете албагандай. Анткени, Байтиктин чөйрөсүндө анын зөөкүрлүгүн айтканга караганда манапты «тексиз», «жетесиз», «никесиз» деп кордоо угуучуларга зор таасир калтырмак. Ошондуктан, кыраакы акын угуучулардын көз карашына ылайыктап, Байтиктин союлар жагынан чыгып, торой чалып кетет. Айтор, ал кандай позицияда, кандай деңгээлде

туруп сындабасын, Чөжөнүн Байтикке айткан сөзү өз учуру үчүн салмактуу чыккан. Анткени, алдына атчан киши бастырып бара албаган манаптын бетине чыгып, жогоркудай кордоо сөздөрүн айтуу ошол доордун шартында бери болгондо эр жүрөктүүлүккө жатар эле.

Байтикти мактаган учурда өзүнө таандык чынчылдыктан, сынчылдыктан таят. Манаптын өмүрүндөгү айрым жагдайларды туура чагылыштырса да, реалдуулук өлчөмүн кандайдыр бир деңгээлде жоготуп койгондугу байкалат.

Биринчи мактоосунда (33 ыр жолунан турат) Байтикти жети атасынан бери баатыр өткөн, акылга дыйкан, бейбечарага кайрымдуу, оң сол кыргызынан алдына чыгар киши жок, байлыгы, мартабасы ашкан даанышман адам катарында мүнөздөйт. Ошондой эле анын өмүр баянындагы реалдуу фактыларды чагылыштырып, Петербургка барып, алтын медаль тагынып, алтын саптуу кылыч алып, күмүш чегерилген кемер кур курчанып, жакалуу тон, башына барк кийип кайткандыгын айтат. Кыргыз, казак жыйналса, топту биринчи бузган сөзмөр элең,– дейт. Кыскасы, Чөжө Байтикти бардык жагынан көкөлөтүп мактап келип:

«Ак калпакты кыргыздын ортосунда
Алтын сүйек жигитсиң көңилиң артык,
Сага тең келер уул кыргыздан туула элек» –

деп жыйынтыктайт. Экинчи мактоосу да жогорку чыгарманын эле уландысын түзүп, аны менен идеялык жагынан тутумдаш, баяндоо ыкмасы да окшош. Мында да Байтик ашыра мактанып, ыр объективдүүлүктүн чегинен чыгат.

Кыскасы, жогоркудай маалыматтар Чөжөнүн кыргыздарга да таандык болуп, эки элдин көңүл төрүнөн орун алышынын негиздүү экендигин көрсөтүп турат.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун фондусу. Инв. № 600 (5238). 1-дептер.

[2] *Суйүналиев Х*. Казак адебиетинин калыптасу кезеңдери. – Алматы, 1967. 234-бет.

[3] *Исмаилов Е.* Акындар. – Алматы, 1956. 105-бет.

[4] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1165, 3-дептер. 75-бет.

[5] Айтыс, 1 том. – Алматы, 1965. 78-бет.

[6] Ошондо. 77-бет.

[7] Айтыс, 1 том. – Алматы, 1965. 77-бет.

[8] Ошондо. 91-бет.

[9] *Исмаилов Е.* Акындар. – Алматы, 1956. 105-бет.

[10] Айтыс. 165-бет.

[11] Ошондо. 191-бет. Фонду. Инв. № 600 (5238), 1-дептер.

[12] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 599 5237), 1-дептер. 43–64-беттер.

[13] Ошондо.

[14] Ошондо.

[15] Фонду. Инв. № 600.

[16] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1165, 3-дептер.

[17] *Бейшенбаева С.* Жөжө акын деген ким? Кыргызстан маданияты. 1998. 18-авг., № 34 (1125). Уландысы: Кыргызстан маданияты. 1989. 29-июнь. № 26 (1170).

[18] XVIII–XIX гасырлардагы казак акындарынын шыгармалары. – Алматы, 1963. 121–124-беттер.

## АЙТЫКЕ

Биздин доорго өзү жетпей, эч болбосо айтылып калган алтындай сөзү жетпей канча бир таланттардын изи өчүп кала беришти да, канчаларынын сөөлөттүү тулкусун бузулган дубалдардан сынын кетирбей сууруп алгандай ар жерден аярлап издеп таап, калыбына келтире алдык экен... Ырчылардын эскерүүлөрүндө аты аталганы болбосо мезгилдин өтүшү менен чыгармалары аздап таптакыр унутула баштаган ысымдардын бири – Айтыке.

Айтыке өз кезегинде замандаштары Балык, Музооке, Арстанбек, Солтобай, Эсенамандардын катарында турган ак таңдай ырчылардан болгондугу белгилүү. Бирок, бизди анын өзү жараткан баалуу мурастарынын калыбынан кемибей колго тийбегендиги абыдан өкүндүрөт. Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондусунда «Балык менен Айтыкенин айтышынын» бир нече варианты сакталып турганы болбосо, башка маалымат жок. Мындан сырткары «Эстен чыккан эки акын» деген ат менен «Ала-Тоо» (1990, № 5) журналына Чыналы Шакетаевдин жарыялаган азыраак ыр мурасы бар. Анда: «Айтыке кимдин баласы экендиги жөнүндө толук кабар жок. Эл оозунда айтылган бирин-экин кабарларга таянсак, анын асан чакырып койгон аты Айты экен, Бирок, өнөрү, таланты менен эл арасында кадыр-баркы чоң болгондуктан Айтыке аталып кетиптир. Айтыке 1887-жылы 71 жаш курагында өлгөн. Ал нуска сөздүү төкмө жана чоң «манасчы», бетке айткан акын болгон. Көлдө, Нарын тарапта, Чүй боорунда көп болгон дешет. Ырчылык салт катарында Таластан чыккан Чоңду ырчыны өз баласындай тутуп, кошо алып жүргөн, анын талантын жогору баалаган, Чоң-

дуга чейин ага теңдеш акын болбогон. Сарбагыш, бугунун чабышын өз көзү менен көрүп, Калыгул экөө ошол чабыш тууралуу легендалуу ырды жараткан[1] – деп берилет.

Жазуучу Асанбек Стамов:

Борой-борой кар жааса,
Боз куурай башын көтөрбөйт.
Жаман эрден бак тайса,
Жаздыктан башын көтөрбөйт –

деген саптарын суусамырлык атактуу Айтыке ырчыга таандык экендигин айтып, Айтыкени суусамырлык, уруусу «жолуке», анын ичинен «Козубек уулу»[2] деп берет. А. Стамов дагы буларды кошумчалайт: «Ал өткөн доордун орто ченинде көз жумган залкар акындардан. Маалыматтарга караганда Калыгул олуя экөө жашташ экен. Неси болсо да бул залкарлар бири-бирине таң беришкен замандаштардан. Айтыке Жунгар баскынчыларынан башы азат болгон кыргыздардын тагдырына сүйүнгөн. Кокон хандыгына каршы чыккан элди шыктандырып Атантай, Тайлак баатырлар Нарын боюндагы Кокон чебин бузганда жанында кошо жүргөн». («КМ», 10.X.1991) Ырчынын качан туулуп, кайсы мезгилдерде өлгөндүгү жөнүндө башка так маалыматтар учурабагандыктан колубузда турган мынабул фактыларга таянганыбыз оң. Айтыкенин Калыгул менен бирге жүргөн замандаш, өнөрлөш, өнөктөш жакын адамдардан болгондугун далилдеген мисалдар көп. Демек, Айтыке жогоруда маалыматталгандай 1816-жылы Жумгал өрөөнүнүн Суусамыр жайлоосунда (айырма он, он беш жылга болушу мүмкүн – А. О.) туулган дешке болот. Айтыкенин жүрүм-турум, кулк-мүнөзү, ырчылыгы тууралуу эң зарыл маалыматты аны өз көзү менен көргөн Токтогулдан алабыз.

Үнү бийик заңкылдап,
Тили булбул шаңкылдап,
Комузунун башында,
Күмүшү бар жаркылдап.
Эсенаман, Чоңдуга,
Курдаш болуп тең өскөн,
Ашта, тойдо ырчыга,
Андай, мындай дебестен

Айтыкени көргөнмүн,
Пейли жумшак кебезден.
Бул дагы өттү дүйнөдөн,
Сөзү калбай сүйлөгөн[3].

Бул ойду Коргол ырчы да бышыктайт:

Айта берсе түгөнбөйт,
Арманы күч, шум жалган.
Алтындай сөзүн чуурутса,
Адамзат таң калган.
Ак жибектей созулуп,
Айтыке өткөн Жумгалдан[4].

Жогорудагы эки пикир бир чыгып, Айтыкени комузунун башына күмүш чегерип (адатта сөөлөттүү чоң ырчылар гана сындуу ат минип, күмүш кемер курчанып, комузунун башына айды чегеришкен) алып жүргөн үнү шаңдуу, таңдайы таттуу, башка ырчыларга жөнсүз кычыктанып тийише бербеген жумшак мүнөз ырчы болгондугун кабарлайт. Анын чынында эле жумшак мүнөз, Бирок, бетке айта сүйлөп, бирөөгө жагынууну билбеген өтүмсүз ырчы экендиги Балык экөөнүн айтышында айрыкча даана сезилет.

Бул айтыш ар кыл болуп айтылып жүрөт. Алсак, Калык ырчы аны берегидей эскерет: Мындан көп жыл мурдараак чамасында ушул Жумгалда Айтыке деген атактуу ырчы болгон. Манаптарды жандап кошомат айткан эмес. Солтодо жүргөн (Балыкооз) Бекмурат ырчы менен Айтыкени Чүй боюндагы манаптар айтыштырат. Айтыкенин ырына карап, «сен саякты мактап, солтону кордойсуң» деп солтонун чоң манабы Айтыкени сууга салдырып, өлөөрчө токмоктоткон экен».

Ал эми Кыргыз Илимдер Академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусунда турган инвентарь № 7а (200) жана № 59 папкаларда айтыш Төрөгелди баатырдын үйүндө өтөт. Айтыке келатканда Балык ырчы:

Айт-айт десе, алланы айт,
Аты жакшы кудайды айт.
Ошону таап сүйлөгөн,
Адабият молдону айт –

деп эркинче төгүп ырдап жаткан болот. Анткен менен динди чечмелөөгө келгенде терең билбегендиги ыр тизмектеринен сезилип турат. Айтыке аны ушул жагынан кармамакчы болуп:

Каражолтой Бекмурат,
Бекмурат бокту жеп турат.
Сага айта турган кеп турат.
Бекмурат эмес, Балыксың,
«Сарбагыштын» ичинде,
Сасыган «чоң чарыксың»,
«Багымдат» намаз билбейсиң,
Пайгамбар сөзүн сүйлөйсүң.
Чаар китепти билбейсиң,
«Чалыяр» жайын сүйлөйсүң,–

деп, алгач Балыкты кордоого алып, динди анча чечмелей албагандыгына атайы токтолуп, анан жамагын атаандашынын улам бир манапка барып, жагалданып, эптеп батып жүргөнүнө буруп, барган манаптарыңды жутуп алган «кара жолтойсуң» деп аны күнөөгө батыра ырдайт.

Каражолтой кысталак,
Ажыбекти аймадың.
Чоңойгондо жуттуң Чомойду,
Карыганда жуттуң «солтодон»,
Эшкожо менен Канайды.
Эми, Ормонумдан оолак жүр!
Ырыскулбектен ыраак жүр!

Балыктын ар кимдин ырчысы болуп жүргөнүн козгоп ырдайм деп Айтыке ушул жерден чоң жаңылыштык кетирген. Айтышка түшкөн ырчылар абдан кыраакы, кылдат сынчы, чукулунан жол, сөз тапкыч болушат. Ошол себептүү алар узун сабак жамактан бир илинчээк таба билишет. Мындай илинчээк балбандардын ыңгайлуу бир приемуна түшүп бергениндей эле кеп. Балык ар качан опурулуп-жапырылып каршылашына психикалык жактан үстөмдүк көрсөтүп ырдап жеңишке жетишкен ырчы болгон. Мында да, Айтыкеге жооп кылып ири алды кантип ырдап калганынын жөнүн түшүндүрүп, бардык манаптарды колго алып койгонун мактанып айтып, атаан-

дашынын ичин ого бетер күйгүзүп, акырында Айтыкени жеңип кете турган талуу жеринен – орунсуз айтылган сөздөрүнөн чап кармайт:

Көйнөктү кийип сеп кылдың,
Көчкөндүн несин кеп кылдың?
Жарды жүргөн сен турсун,
Жаңгыз жүргөн мен турсун,
Катар-катар нар чиркеп,
Сары-Арканы кыдыра
Ногой көчкөн болучу.

Жаныш, Бообек досум деп,
Жазы чакыр ичинен,
Казак-кыргыз аралап,
Чомой көчкөн болучу.
Өлгөндүн несин кеп кылдың?
Өчкөндүн несин кеп кылдың?
Айлыңдан киши өлбөсө
Атаң кана Айтыке?
Элиңден киши өлбөсө,
Энең кана Айтыке?[5]

Жүйөөлүү собол. Буга не деп жооп табууга болот? Бул Балык ырчынын күчтүүлүгү. Көрүнүп тургандай, Айтыке оозунан чыккан өз сөзүнө өзү жем болду. Айтылуу бул айтыш Балыктын катаал, ары айбаттуу, анткен менен айтыш өнөрүнө чебер экендигинен, Айтыкенин туура сүйлөгөн, Бирок, жумшак мүнөз, өтүмсүз ырчылыгынан жана ошол кездеги уруучулук көз караштын абдан күчтүүлүгүнөн толук кабар берет.

Ырчынын мындан кийин дагы кимдер менен айтышка түшкөнү белгисиз, Бирок, Балык экөөнүн айтышы ага чоң сабак болуп калгандай. Ошондуктан, ал ырчылык салтты үйрөнүүгө бел байлап келген Таластык жаш ырчы Чоңдуга жол көрсөтүп айткан ырында:

Сөз айтпаса асылба,
Кырчаңгыча кашынба.
Сөз акырын укканча,
Сабыр кыл да шашылба,

Ыктуу жери келгенде,
Катындарча жашынба![6]

бир кездеги Балык экөөнүн айтышындагы «оң», «терс» жактарынын четин чыгарат. «Чоңду атайын Айтыкеге жолукканы Жумгалга барып, жолуга албай бир айылда «Манас» айтып жаткан жеринен Айтыкенин үстүнөн чыгат. Ошондо Айтыке Чоңдунун сырын тартыш үчүн минтип ырдаптыр:

Эл четине келгенде,
Эсендикти айтып жүр.
Эптеп таап, олжо алсаң,
Сыйың менен кайтып жүр.
Кеп жебеген нааданды,
Көкбөрү кылып тартып жүр.
Сыйды билген адамдын,
Каймагын алып калпып жүр –

дегенде, таанибастык кылып учурашпаганына катуу уялып, Айтыке ырчыдан кечирим сурап, өзүнүн кайдан келген, ким экендигин толук айтып, анан:

Касиеттүү Жумгалда,
Айтыке абаң бар деген.
Анча-мынча адамдар,
Бир көрүүгө зар деген.
Уккан, көргөн адамдар,
Ошондон үлгү ал деген[7]–

деп, бул жакка келгендеги негизги максатын түшүндүрөт. Ушундан баштап экөөнүн узак жылдар бою үзүлбөгөн чыгармачылык байланышы башталат. «Чоңду алгачкы чыгармачылыгын «Манас» айтып баштап, көптөгөн манасчыларга учурап, акырында чоң манасчы дегенинен Айтыкеге келип жолугуп, андан «Кошойдун боз айгырын үйрөнөт». Айтыкенин манасчылыгы тууралуу башка маалымат такыр учурабайт. Ал эми ырчынын колубузда турган ыр мурастары аны көп жашап, турмуш соккусуна далай учурап, кыйланы башынан кечирген, салт билген, нарк билген, оозунан омоктуу ойлор чубалган, салмактуу ырчылардын катарына кошот. Бул Айтыкенин Чоңдуга айткан насыяты:

Оо балам, көлсүз жерде куу болбойт,
Чатаксыз жерде чуу болбойт.
Жеңилген ханда туу болбойт,
Мөңгүсүз төрдө суу болбойт.
Жакшы, жатык кишинин,
Сөздөрүндө уу болбойт,
Деген сөз болсун эсиңде,
Кереги тиет кезинде.

Насыят болчу сөз айткын,
Өзүңдөн кичүү балага.
Кеп жебеске сөз айтсаң,
Мээнетиң кетет талаага.
Карөзгөй киши калп жерден,
Жыгып кетет жалаага.
Эки жүздүү бузуку,
Түшө калат арага.
Арачы сөзү калп болсо,
Экинчи бетин караба.

Сөздүн маанисине өзгөчө басым коёт:

Дарс окуган молдонун,
Жазып алар каты бар.
Сөз маанисин билгенге,
Конуп, анда жатып ал.
Жакшы сөз уксаң бир жерден,
Жүрөгүңө катып ал.

Айрыкча Айтыкенин мынабул саптары анын өз тажрыйбасынан келип чыгып топтолгон, акыл таразасынан, туткан идеялынан жана ар нерсеге сабырдуу, эстүү, түшүнүктүүлүк менен мамиле кыла билген ырчынын карапайым мүнөзүнөн кабар берет:

Улама билген кишиден,
Кеп-сөз үйрөн шашылба.
Элиң тирек болгон соң,
Душманыңдан басынба.
Сыр түйүшүп, сыр билген,
Сырдашың келет акылга.
Өзүң улуу болсоң да,

Туура сөздү макулда.
Жакшы адамдын жанына,
Чакыртпастан жакында.
Көптү көрүп, көп билсең,
Бай болосуң акылга.

Мына анын турмуштан өмүр бою алган сабагы, өзүнөн кийинкилерге калтырган уңгулуу сөзү. Эл ичиндеги былык көрүнүштөр, алсак, жаштардын – уятсыз, жалкоолугу, карылардын – нарксыздыгы, сүткорлордун – ачкөздүгү, молдолордун – алаңгазарлыгы сыяктуу турмуштагы көйгөйлүү маселелер ырчынын жүрөгүн тепчибей өткөн эмес.

Ал эми Айтыкенин «Ким жакшы» деген ыры толугу менен санат ыр:

Элине тийсе кереги,
Элинин чынар тереги.
Молдолор үчүн дин жакшы,
Бакшылар үчүн жин жакшы.
Кемпирлер үчүн чал жакшы,
Дыйкандар үчүн дан жакшы.
Кадырын билип бакканга,
Короо-короо мал жакшы.
Чеченге даана кеп жакшы,
Кызың сөзгө сынбашка,
Ата-эне берген сеп жакшы.
Элиң бейпил жашоого,
Бекем курган чеп жакшы,
Чаңсыз ак кар буркурап,
Учурунда кыш жакшы.
Умурай журтка береке,
Учурунда күз жакшы.
Балкытып барып жайнаткан,
Баарлуу келген жаз жакшы.
Ак чөлмөк ойноп, ырдоого
Булутсуз чыккан ай жакшы.
Бейиштин бир белгиси,
Жаз жакшы да, жай жакшы.

Көрүнүп тургандай, бул үлгү ырда салттуу санаттардагыдай ар нерсенин өз боюна бап келген жарашыгы сыпатталат.

Айтыкенин өмүр бою бала көрбөй өткөндүгүн, өзүн караан тутуп Таластан атайы издеп келген Чоңду ырчыны жан баласындай көрүп, ырчылыктын мүлдө түйшүктүү сырларын жанына ала жүрүп үйрөткөндүгүн Ч. Шакетаевдин эскерүүсүнөн улам билебиз. «Айтыкенин баласы токтобогондуктан Чоңдуну баласындай көрүп, экөөнүн достугу да, ата-балалыгы да бирдей мааниде болуптур».

Анын ак таңдай, төкмөлөрдүн төкмөсү экендиги Чоңдунун «Кош Айтыке» аттуу маркум менен көрүстөн үстүндө акыркы жолу коштошуп жаткан жоктоо ырында бар турпаты менен бадырая ачылган.

Боз кыялдан кеч кайтты,
Калың элге таанымал,
Акыл менен эс кайтты.
Узак ооруп бактырбай,
Уу ичкендей тез кайтты.
Айтыкенин алдында
Кандай акын сөз катты.
Айрылып калдык улуудан,
Ак туйгун учту туурдан.
Теңдеши жок ырчы эле,
Айтылуу саяк уруудан.

Бүт сөзүң шекер бал эле,
Жаманга уусу бар эле.
Айта электе түшүнгөн,
Көкүрөгүң шар эле.
Арманда кеттиң Айтыке,
Алдыңда тозок жок болсун!
Адилет ырчы келди деп,
Бейиштен орун бош болсун![8]–

деп адилеттүүлүк ырчынын өмүрдөн акырга тутуп келген негизги касиети экендигин баса белгилейт. Береги жоктоо бири-бирине кадыры абдан сиңишкен эки чоң ырчынын айкөл сүйүүсүнүн, Айтыкенин адамдык-ырчылык жеке өзгөчөлүгүнүн, ошону менен бирге муну кошуп жаткан Чоңдунун да абдан күчтүү ырчылардан болгондугунун далили.

Корутундуласак, ырчынын төл чыгармалары өз убагында жазылып калбаган, анын чыгармалары туурасында айткан маалыматтар да жокко эсе. Бир гана, ырчынын оригиналга жакын турган чыгармасы катарында «Балык менен Айтыкенин айтышын» эсептөөгө болот. Алардын бул айтышы кыргыз акындар поэзиясынын тарыхындагы ири айтыштардан экендиги талашсыз.

Баамдашымда, айрыкча Ч. Шакетаев даярдаган мурастар ооздон-оозго өтүп, кыйла оңдоолорго, өзгөрүүлөргө, жалпылоолорго, ал түгүл кайра түзүүлөргө учураган. А бул болсо Айтыкенин ырларынын көркөмдүк-эстетикалык, тилдик касиеттерин аныктап талдоого алууга мүмкүнчүлүк бербейт. Анын чыгармачылык ажарын ачып берүүнү күдүктөнтөт.

Ошондой болсо да Айтыкенин салтты мыкты туткан нускалуу, ырчылык мүмкүнчүлүгү жогору, санат ырлуу, салмактуу ойчул, түз сөздүү элдик ырчы экендигинде шек жок.

Кыскасы, Айтыке Балык, Музооке, Чоңду, Эсенаман өңдүү өз замандаштарынын катарында омоктуу орду бар кыргыздын улуу муундагы классик ырчыларынын ири өкүлү.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Шакетаев И*. Эстен чыккан эки акын//Ала Тоо. – 1990. – № 5. Негизги ырлары ушундан алынды.

[2] Кыргызстан маданияты. 1991. 10-окт.

[3] Токтогул. – Ф., 1968.

[4] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 761.

[5] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 7а (200) жана № 59.

[6] Аталган журналда, 112-бет.

[7] Ошондо, 111-бет.

[8] Ошондо, 115-бет.

## АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ
*(1824–1878)*

Арстанбек – XIX кылымда жашаган кыргыз ырчыларынын эң көрүнүктүү өкүлү, чыгармачылык багыты жана мазмуну боюнча нускоочулардын тобуна кирет. Калк аны булбул атап, зор урмат көрсөткөн. Кыргыз адабияты, маданиятынын тарыхында зор из калтырган. Өз чыгармачылыгы менен замандаш жана кийинки (XIX кылымдын аягы, жыйырманчы кылымдын башы) төкмө жана жазгыч акындарга, ырчы, комузчу, күүчүлөргө зор таасир тийгизген. Тилекке каршы Совет бийлиги мезгилинде (айрыкча 40-жылдардын аягынан баштап) Арстанбектин чыгармачылыгы бир жактуу бааланып, айрым патриархалдык-феодалдык доордун идеологиясын жактаган көз карашы өтө коюуланып, эскичил ырчы катарында чоң саясий айып жүктөлүп, жарым кылым убакыт изилдөө, иликтөө алкагынан четтетилип келди. Ошонун кесепетинен ырлары убагында жыйналбай, болгону да жарык көрбөй, адабий мурасынын бөксөрүшү жана музыкалык мурасынын толук колго тийбей, негизинен фольклордук маанайда аңыз сөз болуп калышы өкүндүрбөй койбойт. Табигый түрдө акындын чыгармачылыгы өз учурунда да туура баасын албагандыктан, кыргыз адабиятынын тарыхында да реалдуу ордун ээлебей калган. Бирок, калк акыйкатчыл жана калыс эмеспи, Арстанбек канчалык ургу-бергиге алынса да, эл эсинен өчкөн жок, тескерисинче олуя, көзү ачык деп ыйык тутуп, анын акындык дараметин, комузчулук өнөрүн, күүчү-обончулугун, аткаруучулук чеберчилигин жогору баалап, ооздон оозго өткөрүп, камкордук менен сактап келди.

Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба,
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү деп,
Артымда элим таанысын,
Айтылып калса калкымда
Арстанбек неге карысын[1]–

бул акындын өлөр алдында керээзин угуп, өзү менен коштошкону келген агайын-тууган, шакирти Солтобайга жана журт билермандарына айткан акыркы сөзү экен. Бүгүнкү күндө акындын көксөгөн тилеги, мүдөөсү кечигип болсо да орундалды. Эгемендүүлүккө ээ болгон кыргыз калкы арадан эки кылымга жакын убакыт өтсө да эсинен чыгарбай, ырчылык дараметин аңыз кылып аздектеп келе жаткан улуу инсандын, ырды кара жамгырдай нөшөрлөткөн төкмө, чыгаан комузчу, ырчы, обончу, күүчү, чебер аткаруучу, көп тармактуу көркөм өнөрдүн башын бириктирип, синкреттик искусствонун туусун бийик көтөргөн ойчул, нускоочу Арстанбек Буйлаш уулунун туулган күнүнүн 170 жылдыгын (1994-ж.) чоң салтанат менен белгилеп, Нарындын кире бериш жеринде эстелик тургузду.

Арстанбек 1824-жылы эки Нарын ортосунда, Ийри-Сууда Буйлаш бийдин токолу Төрөкандан төрөлүп, 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн тескейи Чычканда каза болот. Сөөгү Жуукунун үстү Таш-Кыя бейитине коюлат. Бугу уруусунун тынымсейит уругунан. Таланты ар кылдуу, чыгармачылыгы көп тармактуу. Жанрдык, мазмундук жагынан бай жана ар түрдүү. Калктын турмуш тиричилиги, социалдык ал абалы жөнүндөгү терең ой толгоолору адамды кайдыгер калтырбайт. Ушул өзгөчөлүгү менен угуучулардын купулуна толуп, уккандар зор канааттануу алган. Арстанбекти көрүп, ырларын өз оозунан угуп калган замандаштарынын эскерүүсүнө караганда үнү мукам-кооз, аткаруу чеберчилиги бөтөнчө артык болуп, комуз чертүү жагынан адам баласын алдына салбаган, чыгаан комузчу аталган. Акынды бир нече курдай көрүп, атасы Буйлаш жана бала чагы тууралуу баяндаган аңгемесин өз оозунан уккан Талип Байболот уулу Арстан-

бекке алгач Соң-Көлдөн жолугуп, айрыкча «Тар заманды» аткарганда тыңшоочулардын жалпы ыйлап отуруп угушу жаш өспүрүмдүн балалык баео кезинде түбөлүк өчпөс из калтырат. Күн кечтеп кара жамгыр нөшөрлөп, кой, козу маарап, теребелдин кыймылга келиши да отургандарды ордунан козгой албагандыгына күбө болот. «Мурун-соңду далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум – дейт Талип Байболот уулу – Бирок, Арстанбектин ырындай кыябын келтирип ырдаган татыктуу ырларды уга алган жокмун»[2]. Атбашылык Калча карыя да (ал 1935-жылы каза болот) «Ырды төгүп-төгүп жибергенде ыйлап эле жаткан жандар болду»[3]– деп эскерет. Арстанбектин ырчылык дарамети, чеберчилиги өнөрлөштөрү тарабынан да жогору бааланган. Жеңижок 1870-жылдардын аяк ченинде издеп барып, Каркырадан жолугуп, улуу акындын ырчылыктын жол жобосу, сөз кадыры жөнүндө айткан нускасын угуп:

Көл башы экен Каркыра,
Көркөмдүү ырчы бар тура,
Оттой жанып көздөрү
Ой, акылы шар тура –

деп көңүл төрүнөн түнөк берсе, Тоголок Молдо калк арасындагы чыгармаларын аздектеп иликтеп жүрүп, акындын нуска сөздөрүнүн кылым карыта муундан муунга, атадан балага өтүп, көөнөрбөс калк мурасына айлангандыгын баса белгилейт. Осмонкул ырчы Арстанбектин чыгармаларынын акыл, нускага толгон тереңдигин, сөзгө чебердиги «улаштырып сүйлөсө, оозунан шекер чубуруп» куюлушуп, уйкаштыкка устаттыгын белгилеп келип, өткөн-кеткенди жана келечекти таасын айткан ойчул катарында мүнөздөйт. Калык «анык даанышман ырчы» – деп жогору баа берет. Акындын чыгармачылыгына алгач көңүл бурган Тазабек Саманчин Арстанбекти «ыр чыгаруу чебердиги жагынан өзүнө доордош акындардын баш үлгүсү»[4] катарында мүнөздөгөн.

Кыскасы, бардык маалымдоочулар Арстанбекти көргөн да, көрбөгөн да, мурунку, кийинкилер да төкмөлүк, агартуучулук мүмкүнчүлүгүнүн бийиктигин, сөзгө чебер, ойго терең, ойчул акын катарында мүнөздөшөт. Арстан-

бектин кошуучулук өнөрү, ырчылык кудурети эл ичинде аңызга айланган. Анын эки ийининде эки периште отуруп сайрап туруучу экен, өткөндү гана эмес, келечекти да болжоп айткан олуя, көзү ачык даанышман экен деген ишеним бек сакталган. Казак акыны Каңтарбай менен жолугушкандагы фактыга караганда аны менен беттешмек болуп отурган ырчы да кереметтүү адам катарында сестенип чочулагандай түрү бар. Арстанбектин өзү да «барбардигер кудурет», «жаасы күчтүү жараткан» жаркын талант берип, жөлөп-таяп жүргөнүнө ишеними бек көрүнөт. Ырында «периште ишим оңоду» – деп ар дайым баса белгилеп отурат. Жеңижок менен жолукканда атайылап өзүн издеп келген жаш өнөрлөшүнө олуттуу көңүл бөлүп, анын ырчылык дараметин, чыгармачылыгынын күчтүү, тайкы жагын таразалап талдай келип:

Аттиң, балам, Жеңижок,
Пейлимден чыккан сөз эмес,
Периштелер айт – деди,
Эгемдин берген белгисин
Айтпай коер эрким жок,
Көксулууну алам деп,
Каргышка калып калыпсың,
Артыңан бала ээрчибей,
Көңүлүң толкуп телчибей,
Бир ташы кем шум дүйнө,
Арман толор ичиң чок[5]–

деп келечекте жаш үй-бүлөнүн башына түшө турган бактысыздыкты көзү ачыктык менен алдын ала билгендиги таң кала турган көрүнүш.

Кыскасы, калк булбул атаган сүйкүмдүү ырчысынын чыгармачылыгына, адамдык турпатына бекеринен легендарлык мүнөз берген эмес. Анткени, Арстанбектин оозеки түрүндө бизге жеткен азыноолак чыгармаларынан эле калк кыялында аңыздык деңгээлге көтөрүлгөндөй бийик, тереңдик, акылмандык, көрөгөчтүк, нускоочулук жана айтыш өнөрүнүн ири устаты экендиги көрүнүп турат.

Акындын чыгармаларын жыйноо маселесине 20-жылдары көңүл бурулуп, 1922-жылы Каюм Мифтаков Каракол

жана Нарын уездинен бир басма табакка жакын материал жыйнап келип, Академиянын Кол жазмалар фондусуна өткөргөн, али да сакталып турат. Албетте, ушул азыноолак ырларга таянып, Арстанбектей чоң акындын чыгармачылыгына бир бүтүм жасоо же жыйынтык чыгаруу мүмкүн эмес болуучу. Анткени, анын чыгармаларынын чордону эсептелген «Тар заман» да үзүндү түрүндө колго тийген, көптөгөн санат, термелери белгисиз бойдон калган. Айтыштары тууралуу бир да материал жок болуучу. Арстанбектин өмүр баянындагы маалыматтардын арасынан чындыктан четтеп кеткендери да орун алган. Баарынан өкүнүчтүүсү жарым кылым ушул гана чыгармалардын негизинде катуу сындалып, иликтөөгө тыюу салынып келди. Ал эми портреттик мүнөздөмөнүн автору тарабынан 1993-жылы Кабай Абдыракманов 1933–34-жылдары жазып калтырган араб, латын алфавитиндеги кол жазманын табылышы Арстанбектин чыгармачылыгынын бүдөмүк көп жактарын ачууга, башкача айтканда, анын кара ырчы-санатчы-нускоочулугун, айтышта адамды алдына салбаган ири устаттыгын, коомдун, турмуштун, ата-бабалык нарк нускасынын адеп-ахлактын ар кандай жагына, келечекке көз чаптырган ойчулдугун, көркөм сөздүн чебери экендигин аныктоого, чыгармачылык өмүрүндөгү ар кандай кырдаалдарды тактап, өз заманындагы өнөрлөштөрү менен карым-катышы, кыдырган эл-жери, көргөн ырчы-комузчулары жана акындын социалдык көз карашы, турмуш-тиричилик баамы, ырчылык көрөңгөсү жөнүндө толугураак түшүнүк алып, жалпы сөз эмес, конкреттүү фактыларга таянып, реалдуу ой жүгүртүүгө мүмкүндүк түздү.

Арстанбектин ырчылыкка болгон шыгы эрте, бала кезинен эле башталат. Ырчылыкты самап, өңүндө да, түшүндө да түйшөлүп, делебеси козголот. Ырчыларга таандык салттуулуктан ал да куру эмес. Болочокку акын бир күнү түш көрөт. Түшүндө эки өркөчү эки баладай ак төөгө минип, боз чепкен кийип, Ак-Дөбөнүн үстүнө чыгып, колуна ак комуз алып ырдап отурган болот. Эртеси атасына барып, түшүн жорутат. Буйлаш тирикарак баласынын өзү

сыяктуу эл башкаруу жагына ыкташын каалап, анын ырчылыкка шык коюшун жактыра бербесе да, бир жакшы комуз чаптырып берет. Анын алгач кимден таасир-таалим алгандыгы жөнүндө маалымат жок. Бирок, Арстанбектин балалык курагы «бий үйүндө, бий баласы» катарында тайраңдап өтпөй, салбар энесинин колунда кой, козу кайтарып, койчу-колоңдун арасында жашагандыгы анын чыгармачылык өнөрканасынын реалдуу турмуштун нугунда калыптангандыгына өбөлгө түзгөн көрүнөт. Аны төрт түлүк малдын пайдасы, тамактын таттуусу, кийимдин жакшысы жөнүндө айткан алгачкы чакан санатынан[6] байкоого болот. Акын буларга карапайым адамдардын критерийинен туруп баа берет. Кантсе да Арстанбектин 16 жашында Кокон хандыгы кыйыктап, саркерлерин жиберип айдаттырып кеткен атасы Буйлаш жана Тынымсейит билермандарынын артынан Анжиянга барып, Ордо бектеринин астында ырдап, купулга толушу туткундалып баргандарга гана эмес, өзүнүн жеке тагдырында, чыгармачылыгында да чоң бурулуштан болду. Ордодо алгачкы ырдаган ырынын мазмунуна караганда эле ырчылык дарамети бир топ артып калгандыгы байкалат. Ал эми Арстанбектин Кокон ордосунда бир жыл жүрүп, Маргалаң, Анжыянды аралап, түпкү Кокон ордосуна чейин барып ырдап, көптөгөн ырчы, комузчулар менен беттешип, сынакка түшүүгү, дутар күүсүн комузда сайратып, тыңшоочулардын купулуна толушу анын акындык чеберчилигинин артышындагы ири өбөлгөдөн болгон. Ушул аралыкта ал өз чыгармачылык өнөрканасын ыр, күү менен гана байытпастан, сезимтал акын жер шартынын кооздугуна, калктын каада-салтына, турмуш тиричилигине кылдат байкоо салып, элдин жашоосунун оор жактарын, муктаждыгын туура талдап, реалдуу ой жүгүртүүгө үлгүрөт. Буга Анжыян жөнүндө айткандары ачык күбө:

Атын укчу Анжыян,
Ар жеринде бир жыйын,
Мөмө, жемиш төгүлүп,
Берекеси мол экен,
Пулдун күчү зор экен,

Пулу жок жарды бечара
Чынында эле кор экен.

Ошондой эле «жарты нанды белине түйүп», «кол куушуруп ийилип» оокат кылган жармачтардын көптүгүн ырчылык өнөрдүн бөксө жактарын да баамдайт.

Арстанбектин чыгармачылык өмүр жолу кыргыз тарыхынын кыйын кезеңдерине туура келет. Алсак, 1740-жылда негизделген Кокон феодалдык мамлекетинин бийлиги 1830-жылдардан баштап кыргыз жергесине да кеңири жайылып, Кыргызстан аймагынын мерчемдүү жерлерине чептерди куруп, аларга өздөрүнүн башкаруучуларын дайындап, саркерлер (кошун) менен камсыз кылып турушкан. Алык-салыктын түрү чексиз көбөйүп, эгин-тегин, козу-кой, бодо малдан баштап, ордо кыз, кыл куйрук делип, кыз, уландардын башына чейин жеткен. Каршылык кылгандарды зынданга салып, өлүм жазасын кеңири колдонуп, калкты өтө катаалдык менен бийлейт. Алардын жапайы кылык-жоругунан жана ашкере ачкөздүгүнөн жабыркаган эл көз карандылыктан кутулуу үчүн тынымсыз каршылык көрсөтүп турат.

Арстанбектин Кокон бийлиги жөнүндө ырдаган ырлары бизге толук жеткен жок. Бирок, ошол азыноолак ыр түрмөктөрүнөн эле анын Кокон бийлигинин маңызын калктын сезимине жеткире алган чебер ырчы экендиги көрүнүп турат:

Тегереги кыргыздын
Темирден тарткан тор болду,
Түшкөн жери кыргыздын
Кырк кулач терең ор болду.

Азаматтын мойнуна
Аябаган бүлүктү
Салып турат кокондук,
Айгыр ат менен атан төө
Алып турат кокондук,
Каарына алганда
Бели катуу эрлерди
Жарып турат кокондук.

Дегеле Кокон бийлигинин үстөмдүгү учурунда хан ордосуна жөнөтүлгөн жаш кыздардын тагдыры бөтөнчө аянычтуу эле. Кыргыз фольклорунда алардын муң-зары, арман ырларынын өзүнчө чоң тобун түзүп, угуучулардын ички сезимин козгойт. Буга Барпыжан, Топу, Меке аттуу кыздардын жана Кашкарга оокат издеп кетип келгенче зайыбы Толгонайды Кокон беги Исабекке алдырып ийип, жер сыйпалап отуруп калган Андаштын арманы ачык мисал. Арстанбектин ар кыл мүнөздөгү ырлары калктын ой-мүдөөсүн чагылыштырып, тикеден тике алардын материалдык муктаждыгын, саясий укугун коргоого алат. Акындын ырларында журттун бейкутчулугу сыяктуу эл аң сезиминде түнөк кылган түбөлүктүү идеялар көтөрүлөт. Өзүнүн ырындагы фактыларга жана оозеки маалыматтарга караганда Арстанбек Кокон хандыгына кадырлуу жүрүп, калкка чоң аброй алып кайтат. Энеси күңдүктөн, «салбар» деген аттан кутулуп, чоң үй менен бирге көчүп жүрүү укугуна ээ болот. Ордо ханы, даткалар менен туз даамдаш болуп, сыйдын үстүндө жүргөндүгүнө, үйүр жылкы айдап, чоң олжо менен кайткандыгына карабастан, өчпөс өчү, кетпес кеги ичинде кала берет. Калктын каржалып салык төлөп турушуна, материалдык, моралдык жагынан кысымга учурашына күбө болуп, зээни кейип, жаны ачыган Арстанбек Кокон бийлөөчүлөрүнүн жер соорусу Караколго келип отурукташып сайран кургандыгына жаны күйүп, көкүрөгүн тээп, көөдөнүнө батпай турган ачуу ызасын, ордого болгон жек көрүүсүн төмөнкү төрт сап ырга эле батырып берет:

Кокондук алды көлүңдү,
Кокуйлатты элиңди,
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды.

Ушундан эле анын ыр жаратуудагы чеберчилиги ачык көрүнүп турат. Оозеки маалыматтарда Кокон хандыгы Каракол, Барскон, Коңур-Өлөңдө чептерди куруп, Көл өрөөнүнө бийлигин кеңири жайылтат. Арстанбектин ырында баяндалгандай, «Сарт жыйылып, даң салып, Караколго там салып» отурукташын эркиндикке пул сайып, кумар

ойноп, кыргыз бийиндей санат күтүп, катарлаша бастырып, ыйык жерди тебелеп, сайран курушун сезимтал акын оор кабыл алат. Ошондуктан, анын Кокон бийлөөчүлөрүнө:

Аргымагын кекейтип,
Көк чапанын тепейтип,
Кокондуктун кордугу,
Ашкере өттү зордугу –

деп таамай берген мүнөздөмөсү калктын калың катмарына тарап, эл оозеки чыгармачылыгына сиңген.

Кыскасы, акындын өмүрүнүн күрдөөлдүү учуру ушул мезгилге туура келет. Анын жаш кезинде ордодогу адамды койчо мууздоо сыяктуу жапайычылыкты, бийлик башчыларынын арасындагы ар кандай тымызын сөз жүгүртүп араздашууларды, ач көздүк, зордук-зомбулукту, айрыкча ордо кызы, кыл куйрук болуп, барымтага барган өзү куруктуу улан-кыздардын кайгылуу тагдырына күбө болушу калктын тагдыры, социалдык ал-абалы, келечеги, Кокон бийлигинин маңызы жөнүндө ойлонуп, жыйынтык чыгарууга өбөлгө түзөт. Кийинки тарыхый жагдайларга, колониялык бийликтин күч алышына, салыктын түрлөрүнүн көбөйүп, калктын каржалышына байланыштуу акындын ырларынын объектиси кеңейип, мазмуну, социалдык маңызы тереңдеп, замана-заңы жөнүндөгү баамдоосу артат. Бизге келип жеткен ырларына караганда Арстанбек Кокон хандыгы калкты моралдык, материалдык жактан жакырдантуудан башка кыргыздарга жакшы нерсе алып келбестигине көзү жеткен өңдүү. Натыйжада, Кокон бийлөөчүлөрүнө карата акын тарабынан берилген:

Баатыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм ток чакта,
Кыл сакалым жок чакта,
Козуга бала чоң эле,
Кокондук бизге кор эле,
Токунганын карасаң,
Жекенден кылган чом эле.
Бутундагы өтүгү
Аяк каптан зор эле,

Кончундагы кычысы
Кой тойгондой шор эле –

деген мыскылдуу портреттик элестер жана мүнөздөмө, сыпаттоолор алардын кылык-жоруктарына, кулк-мүнөзүнө шайкеш келип турат.

Арстанбек – чоң арымдагы нускоочу акын. Анын чыгармачылыгында калктын турмуш-тиричилиги, социалдык ал-абалы, келечеги негизги темадан болуп, акын турмуштагы, коомдогу, жаратылыштагы бул же тигил көрүнүштү кабыл алуу, баамдоо деңгээлине жараша ой жүгүртүп, өз доорунун орчундуу проблемаларын, коомдук-социалдык маселелерин козгойт. Айрыкча моралдык, материалдык жагынан кысымга учураган эл тагдыры жана жер тагдыры өтө курч көтөрүлөт. Акындын ырларында элдин жүрөгүн өйкөп, көңүлүн чөгөрүп тынчсыздандырып турган өз мезгилинин орчундуу маселелери бир топ реалдуу чагылдырылган. Арстанбектин калк тарабынан жогору бааланып, эл эсинен, көңүл төрүнөн түбөлүк орун алып уялашынын бирден бир себеби ушул. Замана заң жосуну, Кокон бийлиги, айрыкча падыша өкмөтүнүн колониячыл саясаты туурасындагы ырлары тыңшоочуларга күчтүү таасир эткен. Эл жогорку мазмундагы ырларды тегиз тунжуроо менен көздөрүнө жаш алып, зор ынтаа коюп угушкан.

Ыгым-чыгымды, өлүм-житимди көбөйтүп, ансыз да каржалып турган калкты чегине жеткире мөгдүрөткөн бугу, сарбагыштардын согушу да Арстанбекти кайдыгер калтырган эмес. Өлгөндүн өчүн, кеткендин кегин алып, бири-бирине ыдык көрсөтпөй бир тууган эки элдин тынчып калышын көксөйт. Ормон манап бугуларга колго түшүп, 1854-жылы өлтүрүлгөндө Эсенкул тукуму бугуну үч айлантып чапмакка калкты бүлүнтүп калганда чатакты ырбатпай, эки элди ынтымакташтыруу максатында сарыбагыштарга төмөнкүчө кайрылат:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар,
Ой, сарбагыш туугандар,
Бугуну үч бүлүнтсөң,
Эсенкулдун Ормону

Эми кайдан табылар?
Чабуулдан бугу өлчү эмес,
Ой, сарбагыш туугандар,
Эсенкулдун Ормону
Тирилип кайра келчү эмес.

Ал уруу чатагы ансыз да жик-жикке ажырап ыдырап алсызданып турган кыргыз коомчулугу үчүн оор жоготуу жана катуу кайгы экендигин айра түшүнөт. Өз ырында Ормондун өлтүрүлүшү менен «акылдан шашып», «атанга жүгүн артып», «Анжыян көздөй качып», качкан эл мал-жанынан ажырап, кыргынга учурап, айласын таба албай алдастап, бугулардын башынан өткөргөн окуяларын реалдуу чагылыштырат.

Уруш-талаштан жаратылыш да жабыркайт, жер томсоруп, табигый көркүнөн, ажарын ачкан сулуулугунан ажырап, суйдаң тартат. Жер эне да өз үстүндө бейкутчулукта жашаган адамдар, жан-жаныбарлар, жандуу тиричилик менен көркүнө чыгат. Бул идея төмөнкү ыр түрмөктөрүндө ачык мүнөздөмөгө ээ болгон.

Үч-Кайыңды, Богошту,
Үстүңдө элиң барында
Сени келин менен кыз ашты,
Сени кара менен көч ашты,
Үстүңдөн элиң кеткен соң,
Сени шамалдан башка ким ашты?

Кыскасы, акын өз ырларында уруулардын ынтымагын, бейкутчулук турмуштун салтанатын поэтизациялайт. Аны өз учурундагы көчмөндүү кыргыз турмушунда бирден бир романтикада болуп көрүнгөн кыз-келиндер кызыл-тазыл кийинип, жигиттер шайдоот тартып, жабдыгы келишкен жарашыктуу ат минип, байбичелер көркүнө келтире ак элечек оронуп, алдыларына турмуштун жаман-жакшысы жөнүндө түшүнүгү жок болбураган бейкапар наристелерди өңөрүп, бөтөнчө шаан-шөкөт, кооздук менен жолго чыккан кыргыз көчү менен символдоштурат. Жогоруда келтирилген ыр түрмөгүнөн анын нукура таланттуу акын экендиги айдан-ачык көрүнөт. Образдары бай, сүрөттөө элестери өтө таамай. Арстанбек өз ырларын кыска жана курч ай-

тып, ага чалкыган терең ойду, кайнаган сезимди батырат. Анын поэзиясынын жагымдуу касиеттеринин бири сөздүн кыскалыгында, тактыгында, ойдун тереңдигинде турат.

Арстанбектин ырларынын мазмунуна караганда бир канча жылга созулган бугу, сарыбагыштардын чабышында, айрыкча Ормон хан өлгөндөн кийин бугу элинин тынчы кетип, бир даары Анжыян, Кашкарга качып, бир катары Текес-Жылдызга агылат. Акын элдин бейкутчулуктан ажырап, туш-тушка кетип, жер которуп, оор түйшүк тартышына, чачырап биримдигин жоготушуна катуу кайгырып, коңурсуп саз жыттанган Коңур-Өлөң, Ала-Баш жерин, калктын көңүлүн сергитип, чалкып жаткан көлүн таштап, кошулган малын жоготпос, коңур бугу элибиздин көбү кайда?– деп, суроо салып жоктой келип, калк башына түшкөн кайгылуу тагдырды төмөнкүчө таасын тартат:

Элибизден ажырап,
Элик болуп турабыз,
Каптап тузду көтөргөн
Көлүк болуп турабыз.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болуп турабыз.

Жогоруда акындын уруш-талаштын кесепетинен тукулжурап турган бугулардын оор абалын алты сап ырга батырып бере алган чеберчилиги көрүнүп турат. Албетте, Арстанбектин Кокон бийлиги, бугу, сарыбагыштардын чатагы учурунда ырдаган ырлары толук бизге жетти деп айтуу кыйын. Бирок, ошол азыноолак ырларынан эле доордун реалдуу картинасын түзгөндүгү ачык көрүнүп турат. Акын кыргыз турмушундагы кыйын кезеңди жалпылай келип, көркөм сөздүн күчү менен образдуу түрдө калк сезимине жеткирет. Анын жогоркудай ырлары ооздон оозго өтүп, авторлугун жоготууга баш коюп, эл оозеки чыгармачылыгына сиңип кетиши бекеринен эмес, калктын ой-мүдөөсү жана турмуш чындыгына шайкеш келиши менен түшүндүрүлөт.

XVIII кылымдын аягы XIX кылымдын жарымында кыргыз коомчулугу саясий-экономикалык оор жагдайды башынан өткөрүп турган. XVIII кылымдын ортосунда Цин

империясы тарабынан Жунгар мамлекетинин талкаланышы менен айрым түндүк уруулары негизинен XVIII кылымдын аягына чейин да Кытай империясына көз каранды болуп келген. Ал эми Циньцзян провинциясы менен чектеш жашаган черик, чоң багыш жана бугу уруусунун бир бөлүгүндө Түндүк Кыргызстан Россияга кошулганга чейин да алардын таасири күчтүү болгон[7]. 1770-жылдары казак ханы Аблай хандын Орто-Күздө өз бийлиги бекемдеп, андан ары аны Улуу-Жүз жана түндүк кыргыздарына жайылтуу максатында Талас жана Чүй өрөөнүнө кол салышы менен кыргыз, казактардын ортосунда катуу кагылышуулар жүрөт. Ошондо сарыбагыш ичиндеги тынайдын бийи Атаке өздөрүн казак султандарынын чабуулдарынан калкалап калуусун өтүнүп, Россияга өкүлдөрдү жиберет[8]. Арстанбек жашаган мезгилде Кокон ордосу менен да мамиле курчуйт. Айрыкча Ысык-Көл кыргыздарынын Мадали-хандын мезгилинде катуу бекемделген Кокон бийлигин ыдыратып, курган чептерин талкалап, алык-салыкка келген адамдарын кубалап, катуу каршылык көрсөтүшү алардын Ордо менен мамилесинин бузулушуна түрткү болуп, Кокон хандыгы кандайдыр бир ыңгайлуу учурду күтүп, катуу тирешүү жүрүп турат. Ошондой эле кыргыздардын коомдук түзүлүшүндө уруу, уруктук жиктешүү кеңири жайылып, табигый түрдө патриархалдык түзүлүштүн жол-жосуну, мыйзамы өкүм сүргөн. Мындай шартта уруу, уруктардын чыр-чатагы ырбап, солто сарыбагыш, саяк, бугу болуп чабышып турат. Ал эми сарыбагыш менен бугулардын бири-бирин талап, эр өлтүрүп, 2–3 жылга созулган согушу калкты катуу каржалтат. Айрыкча Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин бугу элинин чабылып-чачылып катуу тукулжураганын жогоруда белгилеген элек. Мындай тарыхый кырдаалда 1844-жылы сарыбагыш уруусунун билермандары Жантай, Ормон, солтодон Жангарач өздөрүнө караштуу түтүнү менен Россиянын карамагына кошууну өтүнүп падыша өкмөтүнө кайрылышат[9]. Ушундай эле кайрылуулар 1851-жылы Боромбай, Ажыбек, Жантай, 1853-жылы Ормон тарабынан да болот[10]. 1855-жылдын январында ысык-көлдүк кыргыздар Россия империясынын карама-

гына өтөт. Натыйжада кыргыз жергесинде колониялдык бийликтин орношун тездеткен жагдайлар, өбөлгөлөр түзүлөт. Бул жөнүндө Боромбайдын керээзинде, Арстанбектин журт башчысы менен коштошуусунда ачык маалымат сакталган. Анда акын «Ормон хандын зарпынан» Боромбайдын орустарды баштап келип, «пашаага жагып» калкты тынчытуу, «кышы жылуу малга жай», «жери сулуу данга бай» Чычкан, Дарканга отурукташтыруу максатын көздөгөндүгү баяндалат. Арстанбектин керээзиндеги:

Орус келет дегенде,
Зарлап ыйлай баштадым,
Журт башына жакпадым –

деген маалыматка караганда бул маселе боюнча Боромбай экөөнүн ортосунда пикир келишпестик болгон көрүнөт.

Акындын «Тар заманы» кыргыз тарыхынын ушул мезгилин баяндайт. Шарттуу алганда ар кандай мазмундагы санаттын жыйындысын түзөт. Өзүнө таандык обону, комуз күүсү, аткаруу манерасы, кайрык-кайталоолору бар. Бирок, форма жагынан дидактикалык чыгармага окшоп турганы менен өз алдынча жанрдык өзгөчөлүккө ээ. Бекеринен «кара ыр» аталып жүрбөсө керек. Санат, терменин чегинде калбастан, мазмуну, камтыган объектиси кеңири, замана заңы, калктын келечеги сыяктуу коомдук, социалдык маселелерди козгоп, терең ой жүгүртүшү менен айырмаланып турат. Дегинкиси Асан Кайгынын философиялык мазмундагы ой толгоолоруна үндөш. Ошондуктан, поэтикалык толгоо же толгонуу атоо чыгарманын ички маңызына, мазмунуна туура келет.

Кантсе да Арстанбектин чыгармачылыгынын күрдөөлдүү, көркөм өнөрдүн эң бийиктикке көтөрүлгөн учурун падыша өкмөтүнүн бийлиги кыргыз жергесине орногон мезгилде жараткан чыгармалары түзөт. Алсак, «Тар заман» – акындын турмуштук жана социалдык көз карашынын жыйындысы, автордун өз позициясы. Ошондуктан, ага реалдуу баа берүү зарыл. Чыгарманын түзүлүү, калыптануу аймагы бир топ узак. Ал бир эле мезгилде түзүлбөстөн, болжолдуу түрдө 1852–1870-жылдардын аралыгын камтыйт. Шарттуу түрдө окуясы эки бөлүктөн турат.

1. Орустар басып келе жатат деген кабардан улам ырдалган ырлар. «Орус келет» деп өз алдынча да аткарылчу дешет. Кийинчерээк «Тар заманга» кошулуп, негизги окуяга өтүү алдындагы киришүү милдетин аткарып калган түрү бар.

2. Орус келгиндери, бийлик өкүлдөрү кыргыз жергесине отурукташып, жер-жерлерге пикет куруп, суулуу, оттуу жерлерди ээлеп, өз мыйзамын, саясатын жүзөгө ашырып, бийлик жүргүзгөн мезгилде өзү күбө болгон окуялардын чагылышы. Акындын кабылдоо, баамдоо мүмкүнчүлүгү, көз карашы, чеберчилиги ушул мезгилди баяндоодо ачык көрүнөт.

Ырларынын мазмунуна караганда Арстанбек «кыл сакалы жок, кызыл өңү ток чакта» эле орустар жөнүндө кабардар сыяктуу. Ошондуктан алардын келиши менен «бир, эки деп санаган тыйын чыгып», «атасынан баласы кыйын чыгып», зайып элечегин булгалап, журт башкарып, «этеги жок, жеңи жок» чапан чыгып, алтын, күмүш түгөнүп, «кагаз акча тегеренип пул болуп», «эки агайын бир тууган» бири-биринен акы алып, доо доолайт, калаа коргон көбөйүп, жер тарыйт, кагаз жүгүрүп, эл башкарат, карагайдын башында орногон «чыны менен жүргүзгөн зымы», «алты айчалык ыраактан» алты күндө сүйлөшкөн бул капырдын сыры болот, торпок менен тананы мал тутуп, «зили түбү сактарсың сары талааны», араба, чана минген көлүгүң болор – деп, калктын турмуш-тиричилигине, адеп-ахлагына кире турган өзгөрүүлөрдү айта келип, аларды акыр замандын белгиси деп эсептейт. Албетте, ар бир акын өз доорунун адамы, ошого карата негизинен айлана чөйрөнү, дүйнөнү таануу баамы, турмуштук, социалдык көз карашы калыптанат. Арстанбек да жогоркудай ой жорууларына караганда өз доорунун деңгээлинде эле ой жүгүрткөн. Бирок, падыша өкмөтүнүн кыргыз жергесине орношу менен «аштык чыгар жерди, бээден тууган керди», «менменсинген эрди» алып, «ичиңден чыккан балаңды солдаттыкка берип» кыргыз элин келечекте кандайдыр бир коогаландуу катаал тагдыр күтүп тургандыгын реалдуу баамдап:

Кара жол кылар көлүңдү,
Эсепке алар жериңди,
Кайсаңдар сенде чама жок
Капкандай чабар белиңди.

Ушул заман тар заман,
Азууларга бар заман,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап –
деп өз оюн жыйынтыктайт.

Кыргыз жергесине падыша өкмөтүнүн колониялык бийлигинин орношу менен Арстанбектин айткандарынын чындыгы аныкталгандай болду. Натыйжада ошол кездеги калк башына түшкөн кыйынчылыкты чагылыштырууда турмуштук чындык менен көркөм чындык бири-бирин коштоп, замана жөнүндөгү ой толгоолорунун негизги бөлүгүн кыргыз жергесине колониялык бийликтин орношу, өзү күбө болгон окуялар түзөт. Акын падыша өкмөтүнүн кысымынан калктын социалдык, материалдык жактан жабыркашын бир топ реалдуу талдайт. Жергиликтүү калк жайлуу конушунан, оттуу, суулуу жерлерден ажырап, тоо, ташка сүрүлөт. Ченчи салып жер эсебин алат, суу-суга бекет куруп, суу башын ээлейт. «Майыры башыңда», «мылтыгы кашында» чиновниктерди баш көтөргөндөрдү Шиберге (Сибирь) айдап, калктын үшүн алат. Ошондуктан, «тырышманке» минем деп, майыр деген эмеси жылкыдан тандап карматып алганда «өз малымды бергин» деп бири да сурап барууга батына албайт. Кары, жаш дебей каттоого түшүп, мал, жан эсеби катуу эсепке алынат. Маймыл мырза Таластан кармалып, өлүм жазасына буйрулат. Журт кишиси Балбай баатыр Алматынын түрмөсүнөн шектүү каза табат. «Орустардын мужугу» жерди казып аңтарып, «ыплас чочкосу» жер, сууну «макирөө кылды». «Жасоолдор жардынын жалгыз атын карактап минип», «катар-катар дүрүйө кийип» бей-бечараны какшатып, элге бүлүк салды. Он башы, элүү башы аталган бийлер, ыстарчын дегендер чыгып, бийлөөчүлөрдүн саны көбөйдү. Кыргыз жергеси уезддерге бөлүнүп, катуу бийлик орноду, «атаңдын салган

жайындай» набактылар көбөйдү, «желмогуздун сүрүндөй жасоолдору» койнуна «акча катып», эр азаматтын мойнуна насыя түштү. Орус бийлөөчүлөрү салам айтсаң, алик жок», «шарыят менен иши жок», жергиликтүү калкты басмырлап, текеберлик менен мамиле кылды ж. б. Кыскасы калк башына түшкөн мындай жагдайды акын калктын сезимине жеткире ырдоо менен тыңшоочулардын арасында аброю, атак-даңкы артты, булбул аталды.

Арстанбек замана ырын жаратууда өзүн чоң сүрөткер катарында көрсөтөт. Көркөм сөздүн күчү менен айрым маселе боюнча туура эмес позицияда турса да, өз сөзүнө калкты ишендирип, замандын катаалдыгын эл сезимине жеткирип, делебесин козгой алган. Акындын күчтүүлүгү ушунда турат. Буга бир мисал. Казак акыны Каңтарбайга ырдашында «баласы бараң аткан, кыздары кымкап кийген», «жарды, бай белгисиз», «кунан, тайы мингисиз», «кулу, бийи белгисиз» илгерки ата-бабасы жашап өткөн доорду идеализациялай келип:

Эми баатырлары пас болду,
Балакет капыр кас болду,
Кымкап кийген кыздарын
Тал-талдан өргөн чачтары
Осмо койгон каштары
Түйдөктөлүп жүн болду.
Эндик жапкан беттери
Кызылы өчүп, боз болду,
Кыйын заман кез болду.
Каза элечек байбиче,
Кара жоолук салынып,
Казан кармар күң болду,
Кайсы бирин айтайын,
Кадеми кетип кыргыздын
Кандай гана күн болду?–

деп жыйынтыктайт. Ырдагы жаратылыштан алынган параллелизмдик салыштыруу акындын оюнун ажарын ачып турат. «Байымы кеткен кыргыздын» тагдыры «жыты кеткен жалбыздын» бүрү, жарыгы «өчкөн жылдыздын» нуру менен салыштырылышы акындын чеберчилик дара-

метинин бийиктигин көрсөтүп турган деталдардан. Дегеле, Арстанбектин чыгармачылыгын кандай көз караштa туруп баалабайлы, анын көркөм сөздүн ири чебери, чоң акын экендигин жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Бул анын аброюн арттыруу максатында да айтылган жөн жай гана сөз эмес. Мурун катталган, кийин 90-жылдары табылып, иликтөө объектисине кирген материалдарды талдай келгенде чыккан реалдуу пикир. Ага 1994-жылы Кабай Абдыракмановдун кол жазмасы боюнча жарыяланган «Каңтарбай менен айтышы» ачык күбө.

Айтылыш шартына, ордуна карай айтыш дегенибиз менен акындын өзүнөн мурунку доор, кийинки өзү жашаган мезгилдеги замана заңы, калктын келечеги, колониалдык бийликтин маңызы жөнүндөгү ой толгоолору чыгарманын мазмунун түзүп, жанрдык жагынан айтыштан айырмаланып турат. Муну Арстанбектин замана заңы жөнүндөгү ой толгоосу, ой жүгүртүүсү катарында бааласак, өз ордун тапкан болот. Чыгарма мазмун-маңызы, формасы жагынан «Тар заман» менен тикеден тике тутумдаш. Анда колониалдык бийликтин толук картинасы түзүлөт. Анткени, маалымдоочулардын кабарында «Тар заман» алгач узак, көлөмдүү ырдалып жүрсө да, бизге кыскарган түрдө келип жетти. Оозеки жашагандыктан алымча, кошумчага учурагандай түрү бар.«Тар заманга» салыштырганда Каңтарбайга ырдаганы өз шакирти Солтобай, андан Мураталы Күрөңкеев угуп дегендей, көркөм өнөрдүн чеберлери аркылуу бизге жеткендиктен, толугураак да, автордук жекечилик сакталган деп айтууга негиз бар. Анын үстүнө чыгарманын 30-жылдары катталып калышы да, анын көп кошумчага учурабагандыгына шарт түзгөн.

Арстанбектин Каңтарбайга ырдаганын замана поэзиясынын туу чокусу катарында бааласак, аша чапкандыкка жатпайт. Кыргыз ырчыларын мындай коюп, тектеш элдердин акындарынын ырларын алганда мурун кетки темасын мынчалык бийиктикке көтөргөн ырчы болбосо керек. Анткени, акын замандын чар тарабына көз жүгүртөт: жүрүш-туруш эрежеси, адеп-ахлактык маселеден баштап, тарыхый-турмуштук коомдук-социалдык, жер, суу, менчи-

ги, өлкөнүн байыркы учуру, келечеги, мамлекетти башкаруу тартиби, калктын каада-салт, үрп-адаты, социалдык ал-абалы, диний түшүнүгү, руханий байлыгына чейинки маселени өз аймагына батырат. Арстанбектин ырчылык дараметинин күчтүүлүгүн аны менен айтышка түшмөк болуп турган казак акыны Каңтарбай да таанууга аргасыз болот. Кыргыз ырчысы ырдап бүтүп, каршысына айтыштын салты боюнча:

Бул орустун келгени
Каада кандай, калк кандай?
Санаа кандай, салт кандай?
Ажың кандай, ал кандай?
Диниң кандай, дил кандай?
Ханың кандай, жат кандай?
Пашааң кандай, бай кандай?
Жакшы кандай, жай кандай?
Жайыт кандай, төр кандай?
Байың кандай, төр кандай?
Жардың кандай, жан кандай?
Бийлик кандай, бий кандай?
Болуш кандай, бой кандай?
Элиң кандай, эр кандай?
Замана кандай, заң кандай?–

деп суроо таштап, жооп берүүсүн талап кылат. Каңтарбай: «Мен жадып бербей ак жеңилдим» – деп ыраазылыгын билдирет да, жолдо келе жатканда «эмне үчүн бир ооз жооп бергенге жарабадың» – деп ээрчитип барган султаны наараазы болгондо, Арстанбекти жети суу кечип өткөн акыр замандын ырчысы катарында баалайт.

Калк Арстанбектин замана заңы жөнүндөгү ырларын өз турмушунун күзгүсү катарында кабыл алган. Ошондуктан, анын залкар таланты калктын терең урмат-сыйына ээ болгон. Арстанбек орус чиновниктеринин жаратылыш байлыгына жырткычтык менен мамиле кылып, «байыркы кыргыз кылбаган» балааны баштап, каз, өрдөктү «топтобу менен кармап, жүнүн жулуп жулмалап», «канатын кыркып куйкалап», эпсиз ысырап кылып жаткандыгын көрүп:

Мылтык үнү тарсылдап,
Көлдүн үстү кан болду,
Жаш балапан чуркурап,
Жулунган жүн бырпырап,
Жалпы журтка даң болду –

деп зээни кейийт. Каары катуу заманды «күнү-түнү» айта берип, «башы маң болот».

Албетте, жарым кылымга жакын убакыт Арстанбектин айланасындагы чуулгандын болуп келишинин да негизи бар. Реалдуу талдоого алганда ал өз заманынын акыны, бий баласы, журт башкаруучулары Боромбай, Токсоба, Чыныбайлардын чөйрөсүндө кадырлуу, сыйлуу жүрүп, бугу уруусунун «жомогун» айтып, белгилүү даражада патриархалдык феодалдык түзүлүштүн идеологиясын корогон адам. Бул же тигил жагдайга баа берүүдө да ушул позицияны бек туткан учурлары байкалат. Ошондуктан, аны ашыкча демократ кылуунун же эскичил деп саясий жарлык тагуунун зарылчылыгы жок. Өз учурунда анын чыгармачылыгына баа берүүдө ушул жактары, ал жашаган мезгилдин тарыхый шарты, акындын жашаган чөйрөсү эске алынбай калган. Анын үстүнө бир бүтүн жыйынтык чыгарууга да материал жетишсиз эле.

Калыс ой жүгүрткөндө табиятынан сезимтал, кыраакы акын Орус падышачылыгы бирде жеңип, бирде чегинип турган Кокон Ордосу же кытай, калмак төбөлдөрү эмес, курал-жарактуу, мыйзамы бар, түптүү, күчтүү мамлекет экендигин айра тааныйт. Ошондуктан, алар басып келе жатат дегенде эле «орус келе жатыры» деп зарлап ырдап, катуу дүрбөлөңгө түшөт. Орустарды тили, дини жана дили бөлөк чоочун калк катарында эле эсептейт. Бул – реалдуулук. Аларды кучак жайып тосуп алып, достошуп калды десек, чындыктан четтеген болобуз. Арстанбек орустар келген кезде:

Жайлоо тургай, жер кайда,
Жайылып жаткан эл кайда,
Ачып кирер көр кайда,
Мусулман уулу дуңкана,
Ажыларга дин кана?–

деп ырдай келип, «казак, кыргыз биригип», «Кашкардагы Бакдөөлөттү ата кылып алсак бейм» – деп ой жоруйт.

Албетте, кыргыз жергесине падышалык бийликтин орношу менен кылымдар бою өкүм сүрүп келген уруучулук, уруктук жол-жобого негизделген журтту башкаруу системасына соттук мыйзамга, көчмөндүү чарбачылыкка, турмуш-тиричиликке өзгөрүүлөрдүн кириши менен ата уулдарынын чексиз бийлиги чектөөгө алынат. Муну акын замана заңдын, нарк нусканын бузулушу катарында бир жактуу баалайт. «Тар заманда», айрыкча «Каңтарбай менен айтышында» байыркы доор менен өзү жашаган учурду салыштырып, илгерки мезгилди «кызыл кагаз пулу жок», «эки бөлөк үйү жок», «элүү башы бийи жок», «жазалоочу соту», жалмап салчу жасоолу жок, «каары катуу майры жок», «калктын көңүлү ток» кой үстүнө торгой жумурткалаган бейкутчулук катарында идеализациялай келип:

Байыркыны ойлосом,
Байтерек түгүл, чырпык жок,
Байыр кылар бийи жок,
Баш калкалар ийин жок,
Ызаат кылар байың жок,
Карагайда чайыр жок,
Кара тутар жайың жок,
Айтып берип эрте-кеч,
Арстанбектин ичи чок –

деп, көркөм ой жүгүртүүдө гиперболалык ыкманы колдонуу менен колониялдык доордун маңызын ачууга аракеттенет.

Арстанбектин «Зар заман», «Каңтарбай менен айтышындагы» маалыматка караганда замана ырын жаратууну шарттаган калктын реалдуу турмуш жагдайынан башка чыгармачыл да өбөлгөлөр болгон көрүнөт. Алсак, ал өз ырларында «Акыр заман» жөнүндө «уламадан улап», карылардан сурап кабардар экендигин «илгеркинин жакшысы, олуя сындуу бакшысы» Калыгул казак бийи Мөңкөнүн айткандарын да уккандыгын эскерет. Ал эми замана идеясынын башат алышы орто кылымда эле башталып, акырындык менен Орто Азия, Казахстан аймагына тара-

ган. Бирок, суричил акындардын туңгуч өкүлү эсептелген Ходжа Ахмед Яссави Рабгузи, Сулейман Бакырганилердин заманачыл поэзиясынын төкмө акындарына канчалык таасири тийгендигин так айтуу кыйын. Кыргыз адабиятынын тарыхында замана поэзиясынын баштоочулары катарында эсептелген Калыгул, Арстанбектин чыгармаларында диндик-мистикалык түшүнүк басымдуу эмес. Бирок, акыр заман, замана идеясы көбүнчө уламыш, аңыз түрүндө кыргыздарга да тарап, белгилүү даражада жазгыч акындарга гана эмес, төкмө ырчыларга да таасирин тийгизген көрүнөт. Алсак, замана поэзиясынын айрым мотивдери Асан Кайгынын ырларынан да орун алат. Ал эми бул салттуу темага кайрылуу падышачылык бийлик Орто Азия, Казакстанга жайылган мезгилде айрыкча күч алып, ошол элдин коомдук-социалдык маселелерин, каада-салттык, адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрүн чагылыштыра өзүнчө бир адабий форманы түзөт.

Коңшу казактардын Россияга кошулушу бизге караганда эрте башталып, 1731-жылы Кичи-Жүздүн, 1740-жылы Орто-Жүздүн, 1846-жылы Улуу-Жүздүн Россиянын соста-вына кириши менен өлкөнүн административдик бөлүнүүлөрүнө, башкаруу системасына өзгөрүүлөр кирип, патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн жол-жобосуна негизделген ата уулдарынын чексиз бийлиги чектөөгө алынат. Ушундай тарыхый кырдаалда замана поэзиясына болгон кызыгуу бир топ жанданып, Дулат Бабатай уулу (1802–1871-ж.), Шоршонбай Канай уулу (1818–1881-ж.), Мурат Мөңкө уулу (1843–1906-ж.) сыяктуу замана поэзиясынын өзүнчө бир топ өкүлдөрү[11] пайда болуп, алардын чыгармачылыгында казак коомунун башкаруу тартибине, турмуштук-тиричилик, жүрүм-турум нормасына кирип жаткан өзгөрүүлөр замана заңдын бузулушу, акыр замандын белгиси катарында баяндалат.

Арстанбек болсо эки элде өткөн чоң аш, тойлорго катышып, казак калкын да аралап ырдап, не бир сөзмөр адамдар, ырчылар менен баарлашып, Тезек төрөнүн алдына барып, замана ырын зардап, купулуна толуп, коңшу элдердеги болуп жаткан жагдайлар жана замана ырлары

менен кабардар эле. Булар кыйыр түрдө болсо да, анын чыгармачылыгында өз изин калтырган. Экинчиден, Калыгулдун «Акыр заман» жөнүндөгү масел сөздөрү ошол заманда өз чөйрөсүндө кеңири талкууга алынып, зор кызыгууну туудурган. Арстанбек «дечү эле» деген ыкманы колдонуу менен өткөндө аңыз-уламыш болуп айтылып жүргөн сөздөрдү жана акылмандын масел кебин, «Акыр замандагы» ойлорду улантуу менен маанисин кеңейтип, толуктап өнүктүрүп, поэтикалык формага түшүргөн. Кабарчылардын айтымында падышалык бийлик кыргыз жергесине орногонго чейин «Акыр заман» өз алдынча аткарылып жүрөт.

Бирок, Арстанбектин замана жөнүндөгү ырлары Калыгулдун масел сөздөрүнөн өзүнүн конкреттүүлүгү, тарыхый-турмуштук реалдуу жагдайга негизделип жаралышы, колониалдык бийликтин чыныгы маңызын терең ачып бериши менен айырмалант. Дегеле, акындын аткаруучулук чеберчилиги, ырчылык, комузчулук өнөрдү бирдей алып жүрүшү менен замана поэзиясын бийиктикке көтөрүп, калк сезиминде түбөлүк түнөк алуу даражасына жеткирет. Ал эми Арстанбектин чыгармачылык өнөрдүн бийик чокусуна көтөрүлүшү анын талантынын көп кырдуулугу, акындык, ырчылык, комузчулук, музыкалык өнөрдү катар алып жүрүп, аш, тойлордо, эл чогулган чоң жыйындарда көп болуп, өзү ырдап, башкалардын ырдаганын угуп, кези келсе, Сүйүмбай, Чоңду сыяктуу чоң акындар менен айтышка түшүп, Музооке өңдүү залкар комузчулар менен комуз чертишип, чыгармачылык ар тараптуулугу менен түшүндүрүлөт.

Бара-бара акын орустардын «тамыры терең», «көк жалтаң», «арбагы күчтүү», аскер кызматына элпек, чарбачылыкка эптүү экендигин баалаган өңдүү. Орустар келгенде Кашкарга кире качып, кайра келген бугуларды мал багып, эгин айдап, отурукташууга чакыргандыгына караганда алардын «бекемдеп салган там-ташы», ирeттүү чарбасы көңүлүнө ынаганы көрүнөт. Ошондой эле орус бийлиги уруулар арасындагы чыр-чатакты токтотуп, жылкы тийип, эр өлтүрүп, барымталашуунун жолун бууп, ууру

кылгандарды мыйзам жолуна жазалап, тартип орнотууга жасаган аракетин:

Сары орус султан болгону –
Саамал ичип кеңелдик,
Сарыбагышка теңелдик –

деп, жакшы жышаан катарында эсептейт. Ырындагы маалыматка караганда падышалык чиновниктер өз жагына тартууга аракеттенип, Караколдо өткөн бир чоң жыйында аны жарчы кылып дайындайт. Бирок, алардын бул аракетинен майнап чыкпагандай.

Жыйынтыктаганда Арстанбек колониалык бийликтин маңыз-мазмунун бир топ терең, реалдуу талдап, поэтикалык формада калк сезимине жеткирет. Экинчиден, айрым маселелер боюнча патриархалдык феодалдык нарк-нускасын позициясында туруп, аны коргоого алган. Башкаруу иштерине, турмуш-тиричилик, адамдардын жүрүм-турум эрежелерине, кулк-мүнөзүнө кирип жаткан өзгөрүүлөрдү бир жактуу терс көрүнүш катарында баалаган. Бирок, акындын күчтүү жагы кандай көз караште турса да, аткаруучулук жөндөмүнүн артыкчылыгы, залкар комузчулугу, чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги, ырды жамгырдай төккөн төкмөчүлүк касиети, көркөм каражат, ыкмасынын ар түрдүүлүгү, айрыкча салыштыруунун өтмө маанидеги түрүн кеңири колдонуу менен турмуштук көрүнүштөрдү жаратылыш дүйнөсүндөгү кубулуштарга параллель коюп, көркөм сөздүн сыйкыры менен тыңшоочулардын көңүл төрүнөн түбөлүк түнөк алышында. Ал эми Калыгулдуку сыяктуу эле Арстанбектин замана заңы, анын келечеги жөнүндөгү калк арасына, акындар поэзиясына кеңири сиңип тамырланып кетишине 1916-жылкы журт башына түшкөн катуу мүшкүл, падыша өкмөтүнүн кысымынан жабыркап, башына азаттык издеп, Кытайга үркkөн кыргыздардын оор жоготуулары, массалык түрдө кырылган трагедиялык тагдыры себеп болот. Замана поэзиясы XIX жана XX кылымдын башында да акындар чыгармачылыгында салттуу тема катарында уланып келет. Ага мисал: Солтобайдын «Жарыктыгым Көл-Атасы», Молдо Кылычтын «Зар заманы», Алдаш Молдонун «Хал

заманы», Тоголок Молдонун «Зар заманы», Женижок, Сагымбай, Алтай Айдарбек уулунун «Заманалары». Демек, мындан кыргыз акындар поэзиясынын тарыхында замана поэзиясы өзүнчө бир күрдөөлдүү форма катарында орун алгандыгы ачык көрүнүп турат.

Арстанбек өз чыгармачылык өнөрүндө арман, санат, терме, керээзден тартып, коомдук-социалдык мааниси терең көлөмдүү кара ыр (толгоолорго) чейин жараткан. «Төштүк», «Кожожаш», «Чоро» («Шоро»), «Бердикожо жалгызым», «Беш казак» сыяктуу эпос, поэмаларды жана «Көкөтөйдүн ашын» чебер аткарган дешет. Бирок, ал айткан эпикалык чыгармалардын биринин да тексти бизге жеткен жок.

Арстанбек – айтыш өнөрүнүн ири устаты. Ал өз ырындагы фактылар жана аны менен айтышка түшкөн Чоңду, Каңтарбай жана кабарчылардын айткандары менен бекемделет. Өз чыгармачылык өмүр жолунда көптөгөн ырчы, комузчулар менен беттешсе да, Сарт (Ысакан) ырчы Музооке, Сейилкан менен комузда күч сынашкандыгы, Чоңду, казак акындары Каңтарбай, Сүйүмбай менен айтышкандыгы, Женижок менен ырдашкандыгы жөнүндө азыноолак маалыматтар гана бизге келип жетти. Айтыштын тексттери да Кабай Абдракман уулунун кол жазмасы боюнча 90-жылдары гана колго тийди. Бирок, ошол кылым аралап бизге жеткен материалдан эле Арстанбектин айтышта алдына киши салбаган чоң ырчы экендиги ачык көрүнүп турат. Чыгарма оозеки түрүндө жашагандыгына карабастан, акындын өзүнө таандык өнөрканалык өзгөчөлүгү, стилдик курулмалары сакталган деп айтууга толук негиз бар.

Таластык «чоюлган ырчы» Чоңду өнөрлөшүн сылык, сыпаа «айтышып көрсөкпү?» – деген өтүнүч менен кайрылып, өз кезегинде «Таласты Манас жердеп өткөн, Каныкей кара кийип жашын төккөн» касиеттүү, «берекелүү бейпил жер, балдары баатыр, байлыгы мол, ырчылары көп» – деп, ырчылыктын салты боюнча мактоого алат.

Арстанбек өз кезегинде Көл өрөөнүнүн кооздугун, жер байлыгын, эл байлыгын бир топ көркөм баяндайт. Бел-

ден чөбү буралган Каркыраны, жер соорусу Жети-Өгүздү, жашоонун көркү Көк-Жайыкты, «жер бейиши» Чычкан, Дарканды айта келип, тыңшоочулардын көңүлүн Келдибек, Акылбек сыяктуу алп манасчыларга, семетейчи Назарга бурат. Натыйжада акындын Келдибектин «Манас» айтып жаткан учурун сүрөттөшү театралдык көрүнүш катарында манасчынын бардык кыймыл-аракетин, айлана-чөйрө, жаратылыш, угуучулар менен бир бүтүндүккө айланып, сыйкырдуу дүйнөгө аралашып көз алдыга келтирет. Касиеттүү көлдү, алп манасчыларды бастырып барып көрбөгөн өнөрлөшүнө:

Чөл жериңди сактабай,
Чөп чарыңды мактабай,
Чоң манасчы көлдө бар,
Чоюлбай барып көрүп кел –

деп, сөз кылтагын ыргытат.

Каршысынын жөн жай айтыштан алдырбастыгына көзү жеткен кыраакы акын сөздүн нугун башка жакка буруп, ырчылар менен беттешүүдө колдонуп жүргөн табышмактуу ыкмага салат. Бирок, Арстанбек Чоңдунун ар багыттагы суроосуна туура жооп кайтарып, өзүнүн айтыштын татаал формасы эсептелген табышмактуу түрүндө да ой жүгүртүү дараметинин бийиктигин көрсөтөт.

Арстанбек менен казак акыны Сүйүмбайдын айтышы 1850-жылдардын тегерегинде Түптөгү Аалыбайдын ашынан эки жыл кийин Жети-Өгүз тараптагы бир чоң ашта өтүп, экөөнүн айтышы эки чоң акындын сөзгө болгон чебердигин, логикасынын күчтүүлүгүн айкындап, айтыш өнөрүнүн бийиктикке көтөрүлгөн классикалык үлгүсүн түзөт.

Айтыштын поэтикалык каражаттары, ыкмалары сөз арасына кирген санат, терменин аткарган функциясы өзүнчө сөз кылууга арзырлык. Чыгарма бир топ узак, суроо айтышка кирет. Ашыкча кордошуу тенденциясы орун албайт. Беттешүү сөз жарыштыруу багытында өтүп, эки чоң акындын ырчылык кудурети, сөз чеберчилиги, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү сынга түшөт. Аны Арстанбектен шакирти Солтобай ырчы үйрөнүп, андан Муратаалы Күрөңкеев угуп, көркөм өнөрдүн чеберлери аркылуу бизге

жеткендиктен, эки залкар акынга тете бийиктикти сактап калган. Беттешкен мезгилде экөө отузга жете элек куракта, жаштыктын шарында, ырчылык кудурети ташкындап, ээ-жаа бербей турган учуру болот. Чыгарма да ошого тете түзүлгөн. Экөөнүн беттешип калышына себеп Аалыбайдын ашында Катаган аттуу чоң ырчы менен айтышып, Сүйүмбай жеңип, тогуздап байге алып кетет. Өзүнөн улуу Катагандан жол талашып, айтыша албай калганына Арстанбек өкүттө калат да, казак акыны менен беттешүүнү көздөп жүрөт. Ашта сөздү алгач Арстанбек алып, көп жүйөөлүү сөздүн башын чатыйт. Сүйүмбайдын кыргыз бектерине кайрылып, минерине ат, жүктөөрүнө төө, алдыларына кыз, үкөгүнө саларына жамбы туяк сурап ырдашына карата айткандары бир топ курч чыгат. Ырчылыктын салты боюнча өз ата-тегин, ырчылык кудуретин, жээк-жергесин, өз калкынын баатырдыгын, байлыгын, бектигин терип-тепчип айта келип:

Калк ырчысы аталан,
Каркылдабай кузгунча
Кадими менен аталгам,
Келе сала бер дейсиң,
Кыргызды сен ким дейсиң?
Нарктуу сөзгө келбейсиң,
Калжыраган казагым,
Калбаганбы базарың,
Тайганбы сенин мазарың,
Дагы барбы айтарың?–

деп каршысын катуу жерден кармап, жарга такагандай болот.

Бирок, Сүйүмбай да анын айтканына орундуу жооп кайтарып, кысталыштын кыл көпүрөсүнөн өтүп кетет. Ашта, тойдо бекзаада, ханзаадалардан олжо үмүтөтүү, ырдап ат минип, тон кийип олжо алуу кыргыз, казактын илгертеден келе жаткан каада-салты эмеспи деген сөзү жүйөөлүү чыгат.

Арстанбекке:

Бий баласы болсоң да,
Бий үйүнө батпаган,

Бий өргөсүн баспаган,
Салбардан тууган карыпсың –

деп, чалма ыргытканына караганда, аны менен эртедиркечтир беттешерин билип, өмүр баянынан кабардар көрүнөт. Айтышты угуп отурган калыстар тобу экөөнө тең жогору баа берет.

Кыргыз маданиятынын тарыхында Арстанбектин музыкалык мурасы – тексттүү жана кара күүлөрү чоң из калтырган. 500 гө жакын күү чертиптир, эки жүзү өзүнүн төл чыгармасын түзөт деген сөз бар. Алгач 1922-жылы Каюм Мифтаков 37 күүнүн тизмесин берген[12]. Кийинчерээк залкар комузчулар аркылуу бизге жеткен «Арстанбектин арманы», «Кербези», «Кет Букасы», «Ат чубатар ботою», «Солтон-Сары», «Анжыян күүсү» уккандарды кайдыгер калтырбайт. Албетте, Арстанбектин күүлөрүнүн көбү бир нече адамдардын аткаруусунда бизге жетип, фольклордук мүнөз алган. Анын комуз күүлөрү жөнүндө айрым даректер бар экендигине карабастан, чыгармаларын аткаруудагы музыкалык каражаттары (обон, күүсү, аткаруу манерасы) жөнүндө маалымат жокко эсе. «Тар замандын» бир үзүндүсүн гана музыковед А. Затаевич нотага түшүргөн. Натыйжада тексттин музыкасынан ажырап калышы анын чыгармачылыгын комплекстүү изилдөөгө белгилүү даражада кедерги болбой койгон эмес.

Өзүнүн чыгармачылык багыты боюнча Арстанбек – нускоочу акындардын ири өкүлү. Анын нускоочулугу ар бир чыгармасынан – айтыш, керээзинен, санат, термесинен, айрыкча Жеңижок менен жолугушуп ырдашканынан ачык көрүнүп турат. Ырларындагы маалыматка караганда көптөгөн манасчы, ырчы, комузчулар, казак акындары менен жолугушат. Келдибек, Акылбек, семетейчи Назардын аткаруудагы чеберчилигине, көркөм сөздүн сыйкырдуу күчүнө таң калып, тамшанса, Солтобайдын «жакшы чыккандыгына» кубанып, «мен өлгөндөн кийин нуска сөзүм айта жүр» – деп керээз калтырат. Чоңдуну «чоюлган сыпаа ырчы атап кадырласа, Эсенаманга өзгөчө баа берип, жомоктун молдосу, айтыштын жоргосу», «нуска сөздүн нары», «кызыл тили курч» акын катарында баалайт. Нар-

күлдүн «Кажаң кара сөздү камырдай жууруп жиберген» калпыс жери көңүлүнө толбойт. Нурмолдонун шарыятка шар молдолугун, «пайгамбардын тарыхына балкып» ырдаган ырчылык дараметин жогору баалайт, Жеңижок менен ырдашканда өзүнүн нускоочулугун таасын айкындайт. Анын «комуз күүсүн так келтире албаган тайкылыгын», оң, сол кыргыздарынын тарыхын «ундай элеп» айта албаган «сылтыган» жерин белгилей келип, ырчылык дараметине теңдеш таппайт. Ал эми акындыктын жол-жобосу жөнүндө айткандары улуу ырчынын өз өнөрлөштөрүнө калтырып кеткен сабагы, муундан муунга өтө турган мурас, азыркы күндө да өз күчүн жоготпостон улуу сөз экендигине төмөнкү ыр саптары ачык күбө:

Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол,
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол,
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол,
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол,
Таразанын ташы бол,
Акындардын башы бол ж. б.

Кыскасы, Арстанбектин нуска сөздөрүнөн жашоонун туш тарабына көз чаптырып, жаман, жакшыны кылдат талдап, өз боюңа сиңиргин деген жыйынтык чыгат. Ал эми улуу акындын көркөм сөз кудурети, кадыр-баркы жөнүндө айткан:

Баркыңды төмөн түшүрбө,
Бар атыңды өчүрбө,
Кадырыңды түшүрбө,
Кадими атың өчүрбө,
Адеби жок ырчынын
Артында жаман сөз калат,
Анык нуска ырчыдан
Ааламга кетчү кеп калат –

деген осуяты ырчылар үчүн чоң үлгү, акындык өнөрдүн жол-жобосу.

Арстанбектин санат, термелеринде турмуш, тагдыр, өмүр, өлүм мыйзамы, адамдардын жаман, жакшы сапаты, агайын-тууган, үй-бүлөнүн ынтымагы, жаш уландын, кыз-кыркындын таалим-тарбиясы, журт башкаруучунун инсандык бийиктиги ж. б. ар кырдуу, ар тараптуу маселелер козголот. Анын көбү бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпой, алдыңкы катарга чыгып отургандыгына төмөнкү ыр түрмөгү ачык күбө:

Калктын жетпей баркына
Жакырдык жанды кыйнаса,
Өйдө-төмөн чарпыла
Акимдин жайы – кара жер.

Жогорку ой экинчи бир термесинде тереңдейт: «Калктын камын ойлобой, келечегин болжобой, калактап казына чачкан акимди кара өзгөй» атайт. Арстанбек өз санаттарында көтөрүлгөн ой түркүмдөрүн:

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да.

Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң –

деген адеп-ахлактык, таалим тарбиялык мааниси зор акылман сөздөрү менен жыйынтыкталат. Кыскасы, акындын санат, термелеринде канча бир ачылбаган сырлар, мааниси терең философиялык ойлор жатат. Анын ар бир ыр түрмөгү адамдардын аң-сезимин ойгото турган акыл-насаат, жашоонун жол-жобосу. Ушунусу менен өлбөс-өчпөс мурас катарында түбөлүк жашап, кийинки муундарга да үлгү болмокчу.

Калк кадырлаган улуу инсан, залкар төкмө, чыгаан комузчу, ырчы, обончу, күүчү, дастанчы Арстанбек эл эсинде гана түнөк албастан, кыргыз адабият, маданият тарыхында да алдыңкы катарда турат.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Арстанбек (ырлар жыйнагы). – Бишкек, 1994. 22-бет. Түзгөн жана басмага даярдаган Б. Кебекова (ырга шилтеме ушул жыйнак боюнча берилет).

[2] *Кебекова Б.* Арстанбек (адабий мүнөздөмө). – Бишкек: Илим, 1994. 4-бет.

[3] Ошондо. 5-бет.

[4] *Тазабек Саманчин уулу.* Арстанбек. Советтик адабият жана искусство журналы, 1941. № 6. 90–101-беттер.

[5] Арстанбек. 135-бет.

[6] Арстанбек (жыйнак). 100–101-беттер.

[7] *Джамгерчинов Б.* Очерк политической истории киргизии XIX века. Фрунзе: Илим, 1986. С. 19.

[8] Ошондо. С. 24.

[9] Ошондо. С. 113.

[10] Ошондо. С. 138.

[11] XVIII–XIX гасырлардагы казак акындарынын шыгармалары. – Алматы, 1962.

[12] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1013.

## ЧОҢДУ КОЙЧУМАНОВ

Чоңду XIX кылымда жашап өткөн кыргыз ырчыларынын ири өкүлү. Буга окшогон улуу муундагы ырчылардын чыгармачылыгы мурдатан колго алынып, өмүр таржымалдары өз учурунда иликтенбегендиктен, аларды бүгүнкү күндө изилдөө кыйла кыйынчылыктарга алып келүүдө. Ошол себептүү архивдик материалдар менен бул күндөгү маалыматтардын ортосундагы олуттуу айырмачылыктар келип чыгууда. Алсак, Чоңдунун туулгандыгы жана өлгөндүгү туурасында эле үч башка маалымат бар. «Койчуманов Чоңду. Чоң атасы Байтан, майда уругу «Быры», чоң уругу «Колпоч». Чоңду 1795-жылы эски Боотерек деген жерде, азыркы Ключовка кыштагы, «Күмүштак» колхозунда туулган. 1887-жылы 92 жашында «Кырк казык» сельсоветинде «быры» деген элдин арасында дүйнөдөн кайткан. Чоңдунун баласы Токторалы, анын баласы Кылычбек[1]. Чыналы Шакетаев жазып берип, «Эстен чыккан эки акын» деп жарыялаган[2], экинчи бир материалда Чоңду Талас өрөөнүнүн азыркы Киров районундагы Кызыл-Адыр деген жеринде 1840-жылы туулуп, 1888-жылы өлгөн. Уругу сол карынай, «кытай». Ал эми үчүнчү маалыматта, б. а. Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондусундагы К. Мифтаков түзгөн «ырчылар туурасындагы карта» түрүндөгү таржымалда Чоңду ырчы Таластагы (колпоч) – «кушчу» уруусунан чыгып, 1826-жылы туулуп, 1912-жылы өлгөн, жомокчу деп айтылат. Мындай болгондо ал «Манас» да айткан. Ошентип үч таржымалда бири-биринен кыйла айырмаланган үч башка пикир бар. Биринчи маалымат боюнча Чоңду ырчы азыркы Ленинполь районуна караштуу «Күмүштак»

колхозунда туулуп, кадимки Калыгул (1785–1855), Балык (1799–1887) ырчы менен тең катар жашап, анча так эместик келип чыгат. Чындыгында Чоңду Калыгул, Балыктан кийинчерээк чыгып, Арстанбек, Калмырза, Эсенамандар менен курбалдаш жашагандыгы айтылат жана муну алар менен ырдашкан ырлары да далилдеп турат. Экинчи маалыматта Чоңду 1840-жылы туулуп 48 жашында 1888-жылы, дагы бир маалыматта Айтыкеден беш жыл кийин 1892-жылы өлгөн (Ч. Шакетаевдин берегидей эки башка маалыматы журналдын аталган санында – А. О.) делет.

Бирок, биздин оюбузча, бул үч маалыматтын эң тагыраагы, элдик фольклорду жазып чогултууда зор эмгек сиңирген белгилүү адис жыйноочу Каюм Мифтаковдуку дешке болот. Ал боюнча Чоңду Арстанбек, Эсенаман менен курбу, замандаш жашаган. Демек, жогорудагы маалыматтарга таянып Койчуманов Чоңду 1826-жылы Таластагы (колпоч) кушчу уруусунда туулуп, 1912-жылы дүйнөдөн кайткан дешке болот. Буларга кошумча анын Калмырза ырчы менен болгон айтышындагы:

Менин жайым сурасаң,
Кең Таластын ичинде,
Манастын тиккен багында,
«Беш таштын» алкым жагында,
Калбанын кара оюнда,
Таластын жака боюнда[3]–

деген ыр саптары да ырчынын кайсыл жерде туулгандыгынан кабар берет. «Абышкалардын айтымында Чоңду акындын көп ырлары болгон экен. Ал эл-жерди көп кыдырыптыр. Алайда жүргөндө «Гай-гай-гай-ай», «Айтам», Жумгалда «Кези-кези келгенде» ырларын жаратат. Акындын бул сыяктуу ырлары элге кеңири тарап, макал катары ооздон-оозго көчүп жүрөт. Чоңду 13–14 жашында Манас түшүнө кирип, Манас айткан ырчы болот. Манасчымын дегендердин баарына жолугат. Жумгалда Айтыке деген чоң манасчы бар деген кабарды угуп, издеп келип ага жолугат. Ошентип, Айтыке ырчыдан «Кошойдун боз айгырын» үйрөнөт. Экөө Нарын ичин бүт аралап, көлгө чейин барышат. Эгиз козудай ээрчишип, эки ырчы дос-

тукта жашап өткөн экен. Айтыкенин баласы токтобогондуктан Чоңдуну баласындай көрүп, экөөнүн достугу да, ата-балалыгы да бирдей мааниде болуптур[4] – деп маалыматтайт Ч. Шакетаев. Чоңдунун ырчы катары телчигүүсү, дегеле чыгармачылыгы боюнча башка так маалымат жок. Эмнеси болсо да Чоңдунун ырчылык чыйыры эрте калыптанган деген жыйынтыкка келебиз. Чыгармачылыгынын адеп башталышында өзүнчө «Манас» айтып, кыйла манасчыларга жолугуп, атагын алыстан угуп Айтыкени издеп Жумгалга барышы, алгач анын «Манаска» катуу ыктап жүргөндүгүнөн, ошол эле учурда калыптана баштаган ырчылыгынан кабар берет. Айтыкеден «Кошойдун боз айгырын» үйрөнүп алуусу кызык факты. Себеби бул эпизод «манасчылардын» айтуусундагы варианттарда анча кездешпеген эпизод. Айтыке менен Чоңдунун ата-баладай болуп, чыгармачылык жактан да тыгыз байланышта жүрүүсү өзүлөрүн кийин чыккан Токтогул менен Калыктын өмүр жолун эске салат. Айтыке да Чоңдуга нарктуу-салттуу таалим, тарбиясын берип, ага эл-жер таанытып, өз баласындай көрөт. Эл шайырлары өнөрүнө багынтып, аркасынан ээрчите алган чоң адистерди гана «устат» катары тааныган. Чоңду да Айтыкени устат катары артыкча урматтагандыгын Айтыке өлгөндө:

Боз кыядан кеч кайтты,
Калың элге таанымал,
Акыл менен эс кайтты.
Узак ооруп бактырбай
Уу ичкендей тез кайтты.

Айрылып калдык улуудан,
Ак туйгун учту туурдан.
Теңдеши жок ырчы эле... –

деп, жоктогонунан улам билсек болот. Албетте, Чоңду жалгыз эле Айтыкенин таалимин алган деш адилеттикке жатпайт. Ал далай эл-жерди кыдырып, эчен өнөрпоздор менен кездешип, алардан да өнөр жугузуп, таалим алган, ошентсе да өзү Айтыкени ыр өмүрдө ышкысын тутантып, чоң жолго салган устатым деп билген.

Чоңду көптөгөн чоң ырчылар менен айтышка түшкөн (анын баары толугу менен колго тийген жок – А. О.) айтыш өнөрүнө устат жана нускоочу ырчылардын катарына кирет. Ырчынын биздин колубузда турган айтыш ырларынан болуп: «Эсенаман менен Чоңдунун», «Арстанбек менен Чоңдунун», «Чоңду жана Калмырзанын айтышы» эсептелет. Арстанбек, Эсенаман, Калмырза да элибиздеги алп ырчылардан болгон. Ушул айтыштарда Чоңду негизинен табышмактуу айтыштын чебери (табышмактуу айтыш түндүктүн жана түштүктүн айрым аймактарында, өзгөчө ырчылардын мекени болгон Кетмен-Төбө, Талас өрөөнүндө күчтүү өнүккөн, буга Арстанбек, Чоңду, Эсенаман, Жеңижок, Барпыга окшогон ырчылардын айтыштары далил) катары таанылат. Буга далил катары Эсенаман менен болгон айтышын эле көрсөтсөк болот. Чоңдунун бир ашта ырдап алган ат, тонун олжоломокчу болуп Эсенаман минтип табышмактуу суроо берип калат:

Толгой-толгой сөз келди,
Толгочу жерге кез келди.
Беш убакты намаздын,
Аксакалы кайсы экен?
Таңга маал болгондо,
Келбейт сопу уйкусу.
Кайсы болот Чоңду аке,
Куранындын кулпусу?
Кой кыштатып корооґо,
Сооп алган бар бекен?
Өткөн менен кеткенден,
Жооп алган бар бекен?
Куу ылаачын теппеген,
Куудан бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Канатта бүтүн бар бекен?
Боору бүтүн, башы эсен,
Калкта бүтүн бар бекен?

Анда Чоңду:

Беш убакты беш намаз,
Аксакалы «багымдат».
Таңга маал болгондо,

Келбейт сопу уйкусу.
Кайда болот дегениң,
Кураныңдын кулпусу,
«Кулкулдават» эмеспи,
Өткөн менен кеткенден,
Жооп алат дегениң
Оң ийнинде периште,
Сактап турат турбайбы,
Сол ийнинде периште,
Күнөөң менен соопту,
Каттап турат турбайбы.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн куркулдай.
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн карлыгач.
Боору бүтүн, башы эсен,
Жараткан алда, бир кудай,
Эмесе мен – периште, сен – шайтан
Билбеген сөздү неге айтам –

деп, табышмагын так чечмелейт. Эсенамандын эки-үч сапар берген табышмагын туура жандырып, айтыш Чоңдунун жеңиши менен аяктайт. «Эгерде табышмагымды таппай калсаң аштан алган ат, тонуңду мага бересиң» – деген Эсенамандын ою орундалбай, олжодон куру жалак калат.

Экинчиси, «Арстанбек менен Чоңдунун айтышы» да жогорудагы айтышка формалык жактан жакын, мында табышмактуу суроону Чоңду узатып, Арстанбек эч буйдалбай так чечмелеп берет. Бул табышмактуу айтыштын классикалык үлгүлөрүнө жатат. Ал эми «Калмырза менен Чоңдунун айтышы» кадимки эле салттуу айтыш.

Айтыш – ырчылык салтта көтөрүмдүүлүктү, жамакчылыктагы устаттыкты, баамчыл сынчылдыкты, сөзгө өтө кылдаттыкты, күтүүсүздөн келген кысталыш учурларда акыл, айланы тез тапкан абдан тапкычтыкты талап кылып, ырчынын ким экендигин дал эл алдында аныктап койчу кыйын, сынаакы, чоң жарыш. Ал эми табышмак-

туу айтыш айтыштын оор түрү. Ал эки ырчынын шык дареметине, өзгөчөлүктөрүнө, шартына жараша болот. Табышмактуу айтышта берилген суроолорду туура жандыра албаганы жеңилип берет.

Көрүнүп тургандай, береги айтыштардагы Чоңдунун айтыш өнөрүнө жасаган мамилесине, олутуна карап туруп чынында эле анын айтышка чебер болгондугуна ынанасың. Чоңду өз учурундагы оозго толо айтылчу ири ырчылардан болгондугу кадиксиз.

Айкын талаа Таластан,
Жери сонун жарашкан.
Калың «саруу», көп «кушчу»,
Эли сонун жарашкан.
Ошол элдин ырчысы
Эсенаман, Чоңду эле,
Эпсиз ырчы болду эле[5]–

деп эскерген Токтогул. Ал түгүл «Чоңдуну Токтогул пир туткан»[6] – деп айтылат. Абалтадан эле чыгармалары жетпесе да ырчылардын, элдин оозунда чоң ырчылардын минтип ардакталып аты калган. Чоңдунун чоң ырчылыгын Эшмамбет да айтат.

Сары таман күлүкпү,
Сары аяздай суутуп,
Саяпкер таптап сынчы өткөн.
Сакалын куудай агартып,
Саруу, кушчу элинен,
Сартбай, Чоңду ырчы өткөн[7].

Ал эми жомокчулугу туурасындагы маалыматтар айтылганы менен аны далилдеген материалдар жок. Бул, ырчынын андай чыгармалары бизге жетпегендиги менен түшүндүрүлөт. Чоңдунун манасчылыгы К. Мифтаковдун, Ч. Шакетаевдин белгилегендеринен башка «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктеринде» да Эсенаман, Чоңду, Назар акындар Манас айтууну Балыктан үйрөнгөн деген маалыматтар да кездешет[8]. «Ала-Тоо» журналына жарыяланган материалдардын ичинде

Өзөккө бүткөн дартты айтам,
Өзүңдөн чыккан жатты айтам.

Таманга бүткөн чорду айтам,
Маңдайга бүткөн шорду айтам –
*(«Айтам»)*

деген сыяктуу эпостук баяндоого үндөшүп кеткен саптар гана Чоңду ырчы «Манас» да айтканбы деген ойго каптaлтат. Ошондой болсо да Чоңдунун колдо турган бар эмгектери аны манасчы эмес, нускоочу, санатчы ырчылардын катарына кошот.

Аялсыз калса эр карып,
Соолуп калса көл карып,
Ак мөңгүсүз төр карып,
Ачылып калса көр карып.
*(«Балалуу туруп мен карып»)*

Уйкунун көркү түн менен
Тузактын көркү чил менен,
Булбулдун көркү үн менен,
Молдонун көркү дин менен.
*(«Кези келгенде)*

Бирок, адилеттик үчүн учуру келип турганда көзгө көрүнүп турган чындыкты айтып коюшубуз керек. «Ала-Тоо» журналына жарыяланган материалдардын чындап эле Чоңдунун мурасы экендигине ишенбей да кетесиң... Себеби, Айтыке менен Чоңду эки башка олуттуу өзгөчөлүккө ээ, эки башка таланты, логикасы, стили бар чоң ырчылар. Мындагы ырлардан ошол өзгөчөлүк, чыгармачылык өздүк почерк түк байкалбайт. Ал түгүл авторлору аталбай туруп бир ырчынын чыгармалары катары берилип кетсе да ынанасың. Салыштырып көрөлү.

Оо балам, көлсүз жерде куу болбойт,
Чатаксыз жерде чуу болбойт.
Жеңилген ханда туу болбойт,
Мөңгүсүз төрдө суу болбойт.
*(«Айтыкенин Чоңдуга айткан насыяты»)*
Тузактын көркү чил менен,
Булбулдун көркү тил менен.

Молдонун көркү дин менен,
Бакшынын көркү жин менен.
*(Чоңдунун «Кези келгенде» аттуу ыры)*

Денеде кубат, ал жакшы,
Күлчөгө казы, жал жакшы,
Аарыга соргон бал жакшы.
*(Айтыкенин «Ким жакшы» деген ыры)*

Башында булбул сайрагай,
Түзүндө буудай айдагай,
Тоосунда малы жайлагай ж. б.
*(Чоңдунун «Гай-гай-гай-ай» деген ыры)*

Мындай окшоштуктар ыр куруу уйкаштыктары боюнча гана кездешпестен, ырдын муун өлчөмдөрү, акындардын термелеп козгогон ой-санаа, кыял чабыттары боюнча да бири бирине далма дал келет. Башкача айтканда, эки ырчынын тең ыр мурастары бир жыйноочу тарабынан жасалып, түзөлүп, кагазга түшүрүлгөн.

Ч.Шакетаевдин «Ала-Тоо» журналына жарыялаган материалдагы дагы бир талаш туудурган жагдай бул – даңазалуу ырчы Жеңижоктун Чоңдунун небереси болуп берилгендиги. «Чоңдудан Күсөй деген бала туулуп, акындыгын токтото албай дубана болуп, тиги дүйнөгө катуу ишенип алып, Мекеге кетип кайрылбай калат. Андан Жүзөй, Жүзөйдөн кадимки Жеңижок ырчы төрөлгөн дешет». Ч.Шакетаев келтирилген фактыны көптөгөн адамдар жакшы билерин таңгыс далил катары көрсөтүп, аны Чоңдунун «Балалуу туруп мен карып» аттуу ыры менен бекемдейт.

Бул фактыга кошулууга болбойт. Биринчиден, Жеңижоктун өмүрү, чыгармачылыгы туурасындагы буга чейинки бардык маалыматтарда, изилдөөлөрдө «Өтө Көкө уулу, ал жашынан томолой жетим калат» деп берилет. Экинчиден, мунун чындык экендигин Эсенаман менен болгон айтышында Жеңижоктун өзү да далилдейт.

Атам өлүп жашымда,
Айламды таппай башында.

Арка болчу ага жок,
Айланып турчу кашымда.
Ашуусу бийик бел ашып,
Басып кеттим Аксыга.

Чоңдунун айтыштарынан башка дээрлик мурастарын Ч.Шакетаев жыйнап тапшырган. «Ала-Тоого» жарыялагандардан бөлөк «Чоңдунун чабышып бүткөн бир айылга барып ырдаганы», «Чоңдунун Ысык-Көлдү ырга салганы» деген ырлары бар. Чоңду өз учурунда ат туягы жеткен эчен элдерди, жерлерди кыдырып өлбөс өнөрүн тартуулап, калкты шаңга бөлөп, канча бир баалуу чыгармаларды жаратканы менен анын баары ошол калыбында жетпегендиги, жетсе да кыйла өзгөрүлүп, кошумчаланып, башка өңтүскө өтүп, оригиналдуулугун жоготуп келип колубузга тийгендиги өтө өкүндүрөт. Дегеле, бул өңдүү бир катар эл шайырларынын ысмы гана белгилүү болуп келгендиктен, Чоңдуну да кийинки муундагылар өтө аз билет.

Ошондой болсо да анын ак-караны ылгап, адам дилин тазарткан баалуу санат ырлары, олуттуу айтыштары элибиздин асыл мурастарына айлануу менен бирге Чоңду ырчыны XIX кылымдын ичиндеги эл эсинде сакталып калган чоң ырчылардын сабына кошот.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 549. 34-бет.

[2] *Шакетаев Ч*. Эстен чыккан эки акын//– Ала-Тоо.– № 5. 1990. Ырлары ушундан алынды. 113-бет.

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 654.

[4] *Шакетаев Ч*. Эстен чыккан эки акын// – Ала-Тоо. – № 5. 115-бет.

[5] Токтогул. – Ф., 1968. 237-бет.

[6] *Таштемиров Ж*. Токтогул жана акындык поэзия. – Ф., 1980. 7–9-беттер.

[7] Эшмамбет. – Ф., 1988.

[8] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988.

## ЭСЕНАМАН ЖАЛГАШ УУЛУ
*(1833–1913)*

Эсенаман Жалгаш уулу өз мезгилинин жез таңдай аталган күчтүү акындарынан болуп, Балык, Чоңду, Сартбайлар менен замандаш жашайт. Арстанбек да аш-тойдо жолугушуп, ырдаганын угуп жүргөн көрүнөт. Жеңижок менен саламдашуусунда анын ырчылык дараметине жогору баа берет:

Эсенаман эски ырчы,
Элге жаккан кексе ырчы,
Жомоктун болчу молдосу,
Айтыштын болчу жоргосу.
Нуска сөзгө нар эле,
Айтканындай бар эле
Кызыл тили курч эле
Ырчылардын мурчу эле[1].

Андан ары «Эсекеңди жеңгениң эгем сүйүп бак берген» даңазалуу окуя болгону – дейт.

Акындын туулган, өлгөн жылы тууралуу үч түрдүү маалымат бар. Кыргыз фольклорун, акындар чыгармачылыгын жыйноого алгач чыйыр салгандардын бири К.Мифтаков Эсенаман кушчу уруусунун кыржы уругунан, Таластын «Чатбазар» деген жеринде туулган. Кара-Колдун Кызыл-Коргонунда жашап, 1913-жылы 80 жашында өлгөн деген маалымат берет[2]. Ошондо ал 1833-жылы туулган болуп чыгат. Бир материалда Эсенамандын 1816-жылы төрөлүп, Кара-Колдун башында Кызыл-Коргон деген жерде 87 жашка чыгып, 1903-жылы дүйнөдөн кайткандыгы баяндалат[3].

Ч. Шакетаев боюнча ырчы 1887-жылы каза болот. Журналист Б. Таштаналиев кийинчерээк карыялардан сурамжылап, «туурасы 1822–1909-жылдардын аралыгы» деп болжолдойт[4]. Ж. Таштемиров Эсенамандын жашаган жерлери Чүй, Талас өрөөнүнөн сурамжылап жүрүп, өмүр сүргөн жылы 1833–1913-жылдардын аралыгы деген жыйынтыкка келген. Биздин оюбузча, ушул дата чындыкка көбүрөөк жакын. Анткени, К. Мифтаковдун көрсөтүүсүндө Чоңду акын 1826–1912-жылдарда өмүр сүрүп[3], Эсенаман менен айтышындагы жана да башка кабарчылар көрсөткөн маалымат боюнча өнөрлөшүнөн бир канча жашка улуу болот.

Эсенаманды кабарчылардын бир катары[6] анын ичинде адабиятчы Ж. Таштемиров да Кызыл-Коргондо өлгөн десе, Ч. Шакетаев да акындын кушчу уруусунун кыржы уругунан чыккандыгын маалымдоо менен Жанкарач, Байтиктин элинде жүрүп, ушул өрөөндө каза болгондугун айтат.

Б. Таштаналиев карыялардан сурамжылап, болочок – акын жаштайынан жетим калып, көлдөгү сарыбагыш таякелеринин колунда чоңоюп, эр жеткенде Чүй тарапка келип көп жүрүп, «качан гана эл оозуна алынып», чоң акын катарында таанылып калганда Талас жергесине келген экен, Кызыл-Коргон акындын кийинчерээк жашап, сөөгү коюлган жери болсо керек – деп болжолдойт. Ч. Шакетаевдин кабары боюнча Эсенаман аялы экөө тең Чүйдө өлүп, баласы Үмөтаалыны Карач деген тууганы Таласка көчүрүп кетет.

Баланы атасынын агасы Мамбетаалынын жесири чоңойтуп, өзүнүн көңүлү каалаган жетим кызга үйлөнтөт. Бирок, аялы, анын артынан Үмөтаалы да жаш өлүп, артында туяк калбайт. Үмөтаалынын өлгөнүн укканда атасынын замандашы Сартбай ырчы катуу кейип жоктоп ырдаган экен.

Ч. Шакетаевдин маалыматына таянсак, Эсенаман Чүйдө кайтыш болуп, сөөгү ошол өрөөнгө коюлат. Кабарчы айрым фактылар менен өз оюн бекемдөөгө аракеттенгендигине карабастан, күдүктөөнү туудура турган жерлери арбын. Анткени, бир учурда Эсенамандын Чүйгө келип, Жанкарачты пааналап туруп калгандыгы чындык. Ал

тууралуу жеткиликтүү маалымат бар. Аны акындын өз ырындагы фактылар менен да аныктоого болот. Бирок, Эсенаман чоң ырчы катарында калкка таанылып калганда Таласка көчүп кетет. Ага Жанкарач менен Байтиктин ортосунда калып, айла-амал, ырдын күчү менен өлүмдөн кутулушу себеп болот. Солтонойдун ашындагы окуядан кийин «өз элимди таппасам болчудай эмес» деп Жанкарач менен Байтиктин ырзаачылыгын алып, Таласка барып, өмүрүнүн акырына чейин Кара-Колдун Кызыл-Коргонунда жашап, сөөгү ушул өрөөнгө коюлат. Муну бир канча маалымдоочулар аныктайт. Анын үстүнө Жеңижок менен айтышындагы фактыларга да көңүл бурбай коюуга болбойт. Анда Эсенаман каршысын канат кылар элиң жок, «каралашаар тууган жок, кармап минер буудан жок» деп каңгырап жүрбөй, эли-журтуңду таап ал – деп өктөм ырдайт. Эгерде өзү башка элди элдеп, бирөөнүн жерин жердеп жүргөн болсо, мындай мазмунда ырдабаган болор эле.

Эсенаман ата-теги кедей болуп, жана да ата-энеден эрте ажырап, жетимчиликтин азабын көп тартып чоңоет. «Көлдүк таякелеринин колунда жүрүп бой тартат» деген пикир да негизсиз айтылбаган өңдүү. Чүй өрөөнүндө да көпкө жүрүп калат. Эсенамандын өмүрү бирде көлдө, бирде Чүйдө, же Таласта өтүп, бир аймакта жашабагандыгынан ырлары чачырап, бизге аз жетишинин бирден бир себеби ушундан да болуу керек. Кабарчылардын маалыматында түндүк, түштүк жергесин кыдырып, нечен зобололуу адамдардын астына барып ырдаган экен.

Муну баласы Үмөтаалы төмөнкүчө эскерет:

Байтикке барып ырдаган,
Курманжан датка сыйлаган.
Жантай менен Жанкарач
Айтса сөзүн кыйбаган[7].

Өз өмүрүндө көптөгөн акындар менен айтышка түшөт. Казак калкын аралап, көп ырдаган, Майкөт менен айтышыптыр деген сөз бар. Казак ырчысы Майлыкожо менен да баарлашкан көрүнөт. Эки тилде бирдей эле ырдачу экен[8]. Аны Жеңижок менен ырдашканда Арстанбек да бекемдейт:

Оӊ, сол кыргыз чогулса,
Какшап бир ырдап турчу эле.
Казак, кыргыз аралап,
Эки тилде бипбирдей
Элирип ырдап жүрчү эле[9].

Ал эми Эсенамандын казак ырчылары менен чыгармачылык карым-катнашта болгондугуна эл арасынан табылган 11–12 муундан турган өлөӊ формасындагы ыры ачык күбө:

Он бешинде шаркырап аккан булактайсыӊ,
Жыйырмаӊда жарга ойногон улактайсыӊ,
Отузда күйүп турган чырактайсыӊ,
Кыркында кынга салган болоттойсуӊ,
Элүүдө белден ашкан адамдайсыӊ.
Алтымыш жаш кайра көчкөн элдей экен,
Жетимиш жергеси мен теӊ экен,
Сексениӊ кара жерден кем экен,
Токсонуӊ тонго сепкен бор экен,
Баланын баласына кор экен[10].

Акындын белгилүү мактоо, кордоо сыяктуу салттуу ырлары жөнүндө да жыйынтыктуу чоӊ сөз айтуу кыйын. Анткени, биринчиден, алар үзүндү түрүндө жазылып алынган. Экинчиден, чыгарма ошол мезгилдеги солто уруусунун мыкчыгерлери Жанкарач, Байтиктин кысымынын негизинде түзүлүп, акындын өз позициясы, көз карашы ачык эмес, кырдаалга карата ар биринин кызыкчылыгын чагылыштыра ырдаган. Ал эми ырдын кандай шартта жаралышы да маанилүү маселе, Эсенамандын белдүү тууганы жок болгондуктан, Жанкарач менен Байтикти айланчыктап, Чүй өрөөнүндө көп жүрүп калат. Ал кезде Байтик күчүнө толуп, Жанкарач менен жол талашып, эки атанын балдары тирешип турган учуру болот. Эсенаман ушундай кырдаалда өз башын куткарып кетүү үчүн бирде Жанкарачты, же тескерисинче, Байтикти кордоп, же мактап ырдап, өнөрдүн күчү менен өлүмдөн кутулат[11]. Бул окуя Жанкарачтын иниси Солтонойдун ашында болот. Эсенаман Жанкарачтын айтуусу менен анын бутун кокустатып алгандыгына байланыштуу аштын дагы эки күнгө созулуп, чоӊ ат чабыш кийинки күнгө калганды-

гын, чатак чыгаргандар айып төлөй тургандыгын жарыя кылып ырдап жүргөндө, аттын жалына бутун коюп ээрде отурган Байтик: «Жанкарач какбаш жар чакыртат, кушчу кул жар чакырат имиш. Сарыбагыш менен солтодон бир аркандан кун жыйып беремин, өлтүргүлө ырчыны» – деп жигиттерин жумшайт. Алар тебетейин учура чаап, Эсенаманды Байтиктин алдына алып келгенде ат үстүнөн бакырып ырдап:

Байгазы, Байтик жолборсум,
Көкүм, Чойбек жаныңда,
Ат токуучу жолдошуң,
Жар чакыргын деп айткан,
Жанкарач какбаш оңбосун –

деп, жан айласын кылат. Жанкарачты какбаш, аракеч (ал аракты көөкөргө ачыттырып ишчү деген сөз бар) атайт. Байтиктин буйругу менен Солтонойду да ырга кошуп:

Жыламышты жээктей
Туман чыккан турбайбы,
Солтонойдун көрүнөн
Жылан чыккан турбайбы –

деп көпчүлүккө жарыя салат. Аңгыча Жанкарач жете келип, эки атанын балдары чабышып калганда Эсенаман качып жөнөйт (бир кабарда бир үйгө коюп койгон кийим-кечесин алып кетиш үчүн Жанкарачтын айлына кайрылат). Артынан куугунчу түшүп, Солтонойдун баласы кууп жетип, колуна түшкөндө Байтикти чегине жеткире кордоп ырдайт. Никесиз туулган деп айта келип:

Аралдагы топ саргыл,
Жыйып алсаң болбойбу?
Арам сийдик Байтикти
Тыйып алсаң болбойбу?
Токойдогу топ саргыл,
Жыйып алсаң болбойбу?
Токтомат сарттын баласы
Токолдон туулган Байтикти
Тыйып алсаң болбойбу[12]–

деп, манаптын быкый-чыкыйын чукуйт. Жанкарач Эсенамандын курч айтылган ырына ыраазы болуп, «Ой мен кор-

кутсам, мени мактайсың, Байтик коркутса, аны мактайсың. Ушинтип жүрүп бөөдө майып болуп калба» – деп кечирим берип, «Менден эмне сурайсың» дегенде жете келип, өзүн камчы менен башка бир салган «Буланбектин жээрде атын алып бериңиз» – дейт. Жигит Жанкарачтын айтуусу менен аттан түшүп, ээр токумун шыпырмак болгондо:

Айткан бир сөзүм жетеби,
Кыямат күн болгондо,
Кыл көпүрө тайгактан
Сокем жайдак минип өтөбү?–

деп, ырдап, бүтүндөй ат жабдыгын токунуп, үстүнө чепкен, кемселин кийип алып:

Эр Жанкарач кан жездем,
Эркелетип мени урду.
Ээрдүү аттан айрылып,
Энди кудай сени урду[13]–

деп, Буланбек менен коштошот: «Эки нар кармашса, кара чымын кырылат, болбой элиме кайтайын» – деп, Жанкарачтын батасын алып, Байтиктин үйүнө келсе, ал: «Эшкожо уулу бүтүндөй кубалап жүрөт деди эле, кантип кутулдуң?– дейт. «Сизди жамандап кутулдум» – деп Жанкарачка айткан ырын толугу менен ырдап берет. Байтик ырчынын жүрөктүүлүгүн баалап, Апар байбиченин нааразы болгондугуна карабастан: «Жан деген таттуу, антип өлтүрөм деп турса, эбин таап кутулган азамат дебейсиңби?» – деп кечирим берген экен. Манаптын үйүндө таң атканча ырдап отуруп, элине кетүүгө уруксат сурайт. Ошондон бир топ жылкы айдап, Таласка келген экен[14]. Жогорку фактыдан эле Эсенамандын көпкө Талас өрөөнүндө жашап, ушул жерде эле каза болгондугу көрүнүп турат. Ал эми Таласта, Чүйдө да жашап, чыгармалары эки аймакка тең тараган Балык, Эсенаман сыяктуу ырчылардын өмүр баяндагы айрым кырдаалдардын бүдөмүк болуп ачылбай келиши солто манаптарынын Кара-Кол башындагы жайлоолорго, жерлерге көп жылдар ээлик кылып, эки аймактын элинин аралаш жашагандыгына да байланышса керек.

Эсенамандын жогорку ыры калк арасына кеңири тараган, анын өз оозунан уктум эле дегендери да бар. Акындын

уулу Үмөтаалы да ырдоочу экен. Бирок, тилекке каршы бизге кыска үзүндүлөрү гана келип жетти. Кантсе да ыр өз заманында жогору бааланган. Эсенамандын кысталыштан жол таап, өлүмдөн кутулуп кетиши, чыгарма кандай жагдайда, кандай мааниде (кордоо, мактоо) ырдалбасын, адам баласы дит багып айта албаган сөздү эл алдында жарыялап, эки манапты шылдыңга калтырышы чыныгы эрдик катарында эсептелген. Ошондой эле бизге жеткен үзүндүдөн Эсенамандын кордосо да, мактаса да чегине жеткирген курчтугу ачык көрүнүп турат. Совет бийлиги мезгилинде анын Жанкарач, Байтикти мактап ырдагандыгы, өмүрүнүн мерчемдүү бир учурунда аларга ырчылык кылышы акындын чыгармачылыгын баалоодо негизги критерийден болду. Байчыл, эскичил акын катарында өзү да, уулу Үмөтаалы да изилдөө алкагынан четтетилип, ырлары өз убагында жыйналбай өксүп калды. Ушунун кесепетинен азыноолак гана материалдардын айланасында ой жүгүртүп отурабыз.

Эсенамандын чоң акын, көркөм сөздүн ири чебери экендиги айрыкча айтыш өнөрүндө ачык көрүнөт. Өз өмүрүндө нечен казак, кыргыз акындары менен беттешсе да, бизге Чоңду, Жеңижок менен айтышы гана келип жетти. Үмөтаалынын ырындагы маалыматка караганда Найманбай менен да ырдашкан экен. Бирок, тексти колго тийбеди, унутулса керек. Эсенаман менен Чоңдунун айтышы Таластагы бир чоң ашта өтөт. Ашты Жанкороз ажы башкарып, Эсенамандын ырчылык дарамети сынга түшөт. Шарт боюнча ал Чоңдунун табышмагын бүтүндөй жандырып кетип, жарчылыкка дайындалат[15].

Экинчи бир маалыматта илгери Таластын Чегер деген жеринде Каңгелди элинен Баялы деген киши чоң той берип, экөө ушул жыйында айтышат. Тойду Жанкороз башкарып, «Жамандашпай, жакшылап айтышкыла» – деп, өзү калыс болот[16]. Эсенаман менен Чоңдунун айтышы экиүч кишиден катталганы менен бири-биринен анча айырмачылыгы жок. Эки акындын беттешүүсү салттуу айтыштын табышмактуу түрүн түзөт. Эсенамандан улуу болгондуктан, сөздү Чоңду баштап, салттуу айтышка анчалык му-

нөздүү эмес ыкманы колдонот. «Бурай-бурай сөз келди, балам, бурачы жерге кез келди, толгой-толгой сөз келди, балам, толгоочу жерге кез келди» – деп, кириш сөзүн айтып келип, анан конкреттүү табышмакка өтөт. Табышмак бир топ татаал мазмунда айтылып, жандырмагынжандыруу оңой-олтоң эместиги көрүнүп турат. Мында каршысынын ырчылык дарамети, сөздү ордуна коюу, уйкаштыкты түзө билүү чеберчилиги, аткаруучулугу гана сынга түшпөстөн, акындын ой жүгүртүү жөндөмү, ыкчамдыгы, айлана-чөйрөнү баамдоо, туюу белсемдүүлүгү көз алдыга тартылат. Ал эми мындай жүктү бардык эле ырчы көтөрө албайт. Табышмактуу айтыш айтыштын татаал түрү катарында эсептелип жүрүшү да бекеринен эмес. Бирине-бирин кынап, уйкаштыкты шурудай тизип оор кырдаалдан чыгып кетүүгөө өбөлгө түзө турган жамакчылык ыкма колдонулбайт. Арифметикалык төрт амал сыяктуу эле так жоопту талап кылат. Чоңду табышмагын айтып бүтүп, «Аштан ырдап ат алдың, тойдон ырдап тон алдың, муну таап айтып бер. Муну таап айтпасаң, алганыңды кайтып бер» – деп талапты катуу коет. Ошондо Эсенаман:

Алыс менен жакындын,
Ченин алган – жолоочу,
Кызыл жылан ширгелек,
Кымыз ичкен – куу шайтан.
Узун жыгач башынан,
Улап алган – уукчу,
Түбүр-түбүр жыгачтан
Туурап алган – түндүкчү.
Эки жыгач боорунан
Эптеп алган – ээрчи.
Туура жаткан жыгачтан,
Чек чыгарган – челекчи –

деп, жандырмагын туура таап, өз кезегинде каршысынан дин жагынан сабаттуулугун сынамакка сөз нугун ушул багытка бурат:

Асмандагы айындын,
Батар жери кайсы экен?
Бар олуя чогулуп,

Мунун жатар жери кайсы экен?
Алакандай никенин
Адалдыгы кайсы экен?
Беш убакы намаздан,
Аксакалы кайсы экен?
Таңга маал болгондо,
Келбейт Сопу уйкусу,
Кайсы болот Чоңду аке,
Кураныңдын кулпусу?

Чоңду табышмактын жандырмагын чечмелөөдөн мурун:

Кудайдын жайын билбейсиң,
Курандын сөзүн сүйлөйсүң,
Куду капыр болдуң сен,
Чаар китеп сөзүн сүйлөйсүң.
Чалыяр жайын билбейсиң,
Чала капыр болдуң сен –

деп, өнөрлөшүн чымчып өтөт. Каршысынын суроолорун чечмелөөдө Чоңду өзүнүн табышмактуу айтыштын ири устаты, логикасынын тереңдиги, диндик багытта да сабаттуулугун ачык айкындайт. Чоңдунун жандырмагына канаттанган Эсенаман табышмагын андан ары улантат. Өз кезегинде Чоңду да анын ар бир суроосун туура чечмелейт. Кыскасы, айтыш узакка созулуп, эки зор акындын сөзмөрлүгү, ой жүгүртүү, баамдоо мүмкүнчүлүгү сынга түшөт. Айтыштын мазмуну ар тараптуу: анда жаратылыш кубулуштары, өсүмдүк, канаттуулар дүйнөсү, калктын реалдуу турмушундагы ар кандай көрүнүштөр, кесипчилик жана диндик ишенимдерге байланыштуу жагдайлар камтылат. Чоңду турмушта байкагандарын, табыйгаттагы кубулуштарды куюлушкан уйкаштык менен көркөмдөп ырдап, каймана түрүндө суроо салса, Эсенаман анын жандырмагын реалдуу турмуштан, жаратылыш дүйнөсүнөн табат, же тескерисинче. Натыйжада, эки чоң акын биринин оюн бири таап, сөз кудуретинин бийиктигин, ойлоо, байкоо мүмкүнчүлүгүн артыкчылыгын көрсөтүшкөн. Мисалы, Эсенаман:

Бедел менен жайыктын,
Белин ашкан бар бекен?
Узун чыбык колго алып,

Жер кыдырган бар бекен?
Токумдугун тердетип,
Түндө жүргөн бар бекен?
Кара тоонун башына,
Ат ойноткон бар бекен?
Кардуу тоонун боорунда,
Кар бургуткан бар бекен?
Эки таштын түбүнө,
От жактырган бар бекен?–

деп суроо салса, Чоңду анын табышмагын төмөнкүчө жандырат:

Бедел менен жайыктын,
Белин бурган арыкчы.
Узун чыбык колго алып,
Жар кыдырган – балыкчы.
Токумдугун тердетип,
Түндө жүргөн – каракчы.
Кара тоонун башына,
Ат ойноткон – бүркүтчү.
Кардуу тоонун бооруна
Кар бургуткан – куу түлкү.
Эки таштын түбүнө,
От жактырган – жылкычы.

Кыскасы, эки акындын табышмагы, жандырмагы да реалдуу турмуштук көрүнүштөрдөн анчалык алыстабайт, суроо-жооптун конкреттүү орду бар. Ошондуктан, айтыш калк тарабынан жогору бааланып, эл эсинен али өчө элек. Буга 1970-жылы эле Кара-Кол колхозунда туруучу Дүйшөнбаев Мамбеталыдан Жаки Таштемировдун «Чоңду менен Эсенамандын айтышынын»[17] бир топ көркөм жана көлөмдүү айтылган нускасын жазып алышы ачык күбө.

Мында бир эскере кетүүчү маселе айтыш өзүнүн мазмуну, баяндоо ыкмасы, структурасы жагынан эл арасына кеңири тарап, варианттуулукка өткөн «Талым – кыз менен Көбөктүн айтышына» өтө жакын. Айрым ыр түрмөктөрү, анын чечмелениши окшош. Бул Эсенамандын жогорку чыгарманы толук жана узак айтып, ырчынын репертуарынан түшпөй жүргөндүгүнө да байланышса керек.

Кантсе да салттуу айтыштын бул түрү акындар чыгармачылыгы үчүн чоочун болгон эмес. Ал элдик жана ырчылар айтышындагы конкреттүү мисалдарга кайрылууда ачык көрүнөт. Мисалы, Эсенамандын суроосундагы:

Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн бар бекен? –

деген ыр түрмөгү текстуалдык жагынан элдик айтышка дал келет. Анын табышмагын Чоңдунун жандырышы да элдик айтыштан алыстабайт:

Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн куркулдай.
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Казда бүтүн карлыгач.

Эки акындын беттешүүсүндө, «Талым кыз менен Көбөктүн айтышында» да «жерди жемире баскан чал буура» – атанын; «желини сүттүү куу инген» – эненин каймана маанисинде алынган образы катарында берилет. Албетте, мында эки акын элдик айтыштагы даяр кишилерди жөн жай эле кайталап койгон деген жыйынтык чыкпайт. Сөзсүз түрдө акындар да элдик айтыштагы салттуу ыкманы, аллегориялык образдарды, көркөм сөз каражаттарын пайдаланган, белгилүү даражада ага өз кошумчасын, баамдоосун кошуп, маанисин кеңейткен. Буга Чоңду менен Эсенамандын айтышындагы төмөнкү факты ачык мисал. Эсенаман элдик адат-салт айтышында көп колдонулуучу:

Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн.
Кууда бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн бар бекен?–

деген салттуу ыр түрмөктөрүн айта келип, суроосун:

Боору бүтүн, башы эсен,
Калкта бүтүн барбы экен?–

деп турмуштук маселеге бурат. Чоңду да жашоо мыйзамынан келип чыккан чындыкты ырында жандырмагын төмөнкүчө чечет:

Боору бүтүн, башы эсен,
Жараткан жапа бир кудай,
Мен периште, сен шайтан,
Билбесем сөздү неге айтам.

Адат-салт айтышынын табышмактуу түрү кандайдыр бир деңгээлде табулук түшүнүк менен байланышы болгондуктан, чыгышы да байыркы доорго мазмун, мотив, каарман-персонаждардын алтай, хакас, кыргыз казактарга бир канча вариант болуп тарашы чыгарманын байыркылыгын ачык аныктап турат. Сөзсүз түрдө табышмактуу айтышка түшкөн ырчылар да адат-салт айтышынын жогоркудай классикалык үлгүсүн жолдомо катарында туткан. Айрым ыр түрмөктөрүн даяр клише катарында пайдаланган. Мисалы, Чоңду менен Эсенамандын айтышына киргендей эле жогорку элдик айрым ыр саптары Байгабыл ырчы менен Чата кыздын, Жеңижок менен Шекер кыздын, Токтогул менен Найманбайдын, Нурмолдо менен Мысанын, Калмамбет (Чөп ырчы) менен Орозаалынын айтыштарына да кирген. «Талым – кыз менен Көбөктүн айтышы» Тоголок Молдонун репертуарынан да орун алат. Бирок, кантсе да акындар айтышы элдик айтыштан өзүнүн жеке өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Табигый түрдө коомдо өсүп-өнүгүү процессинин жүрүшү менен адамдардын айлана-чөйрөсүндөгү өзгөрүштөрдү, турмуштук көрүнүштөрдү, жаратылыш кубулуштарын баамдоого алуусу, дегеле көркөм чыгарманын таанытуучу-эстетикалык функциясы да жаңыланат. Бул табышмактуу акындар айтышынын өсүү жолунан ачык байкалат. Бара-бара табышмак, анын жандырмагы, сүрөттөө объектиси, ой жүгүртүү аймагы кеңейип, коомдук, социалдык маселелер да орун ала баштайт. Ага Калмырза менен казак акыны Сарбастын, Токтогул, Найманбайдын айтыштарындагы айрым фактылар ачык күбө. Кыскасы, Эсенаман менен Чоңдунун айтышынын таанытуучу-эстети-

калык мааниси азыр да өз күчүндө. Угуучулардын айрыкча өспүрүмдөрдүн ой жүгүртүү, баамдоо мүмкүнчүлүгүн, көркөм табитин өстүрүүдө зор роль ойнойт.

Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы калк арасында, ырчылар чөйрөсүндө өтө күчтүү чыгарма катарында бааланат, бир нече маалымдоочудан катталган[18]. Кыргызстандын түндүк, түштүгүнө кеңири тарап, көп варианттуулукка өткөн. Ал эми анын өсүү жолундагы мындай өзгөчөлүк чыгарманын авторлору тарабынан да көп кайталанып жүрүшү, башка акындардын да аткарып келиши менен түшүндүрүлөт. Ал эми төкмөлүк өнөрдүн ыкмасында жаралган чыгарманын эки учурда эки башка айырмачылыктары менен айтылышы табигый көрүнүш. Айтыш Таласта өтөт. Эшенкул болуш чоң той берип, биягы казактарга, тиягы Анжиянга кабар айттырат. Тойго Таластын башынан Эсенаман, казак акыны Майкөт келип бир үйдө отурушуп, Аксыдан келген Жеңижокту өздөрүнүн үстүнө чакыртып келишет. Майкөттүн суроосу менен Жеңижок ырдамак болуп, комузун күүлөй баштаганда ортоңку кылы үзүлүп кетет, Эсенаман учурдан пайдаланып, аны калтаарытып, өзүнө экинчи беттеп ырдабас кылуу максатында озунуп ырдап, акындардын салты боюнча ырды саламдашуудан баштап келип, өзүн көкөлөтүп мактоого өтөт:

Эсенби, балам Жеңижок,
Эсеңдин сенден кеми жок,
Эки жаактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок
Ээликкен ырчы көп жүрөт,
Эки ооз кепке эби жок.
Кандайсың, балам Жеңижок,
Картаңдын сенден кеми жок.
Кара жаак пендеден
Каяша кылар теңи жок.
Калкыңда ырчы көп жүрөт,
Калжырай берген эби жок.

Андан ары өзүнө теңдешти жаратылыш кубулуштарынан, айбанат, канаттуулар дүйнөсүнөн, турмуштук көрүнүштөрдөн издеп, сөз берметин шурудай терип, уйкаш-

тыкты мөндүрдөй төгүп, тыңшоочуларды көркөм сөздүн сыйкырдуу гүл бакчасын аралатат. Өзүн дарактын мөмөсүмүн, шербеттин шишесимин, козонун чигитимин, бозонун угутумун, молдонун дааратымын, торко манаттын жакасымын, санаттын тамыр жайган сабагымын, чабыттап учар канаттын чалгынымын, жоргонун таманымын – деп мүнөздөй келип, оюн жыйынтыктайт:

Торусу болом жылкынын,
Торгою болом ырчынын,
Топ жыйындын ичинде,
Торгойдой сайрап турчумун,
Томпойдой болгон жетимдин,
Токмоктоп тилин буучумун.
Тогонек берген жетимди,
Тобуман алыс куучумун.
Күлүгү болом жылкынын,
Күлүгү болом ырчынын,
Көпчүлүктүн ичинде,
Күкүктөй сайрап турчумун.
Күүлөнүп келген ырчынын
Күрмөтпөй тилин буучумун.
Күүлөнгөн сендей жетимди,
Күнөөлөп топтон куучумун.
Бууданы болом жылкынын,
Булбулу болом ырчынын,
Бурулушта той болсо,
Булбулдай сайрап турчумун,
Буюгуп турган ырчынын,
Буйдалтпай тилин буучумун.

Эсенаман өз заманында адамдын коомдо алган ордун белгилөөдө негизги критерийден болгон маселеге көбүрөөк басым жасап, Жеңижоктун ата-тегинин санжырасына[19], бөтөн жерди жердеп, бөтөн элди элдеп «Кор» болуп жүрүшүнө бурат. Анын «тегин таштап тентиреп» кеткендигин баса айтып, намысына тиет. Келген кеткенден кеп уктум, «кажылдаган калдас эл сенин кадырыңды билбейт» – деп уктум, элсиз-журтсуз, атасыз-тексиз дедирбей, өбөк кылар тууганыңды эртерээк тап – деп, маселени кабыр-

гасынан коет. Эсенаман көз жарып, киндик каны тамган Ата-Журтунун ыйыктыгын, «калкынан азган адамдын» сүйлөсө сөзү өтүмсүз, чапса камчысы кыска экендигин терип-тепчип ырдап келип, өз доору үчүн ары жүйөөлүү, ары нускалуу сөздүн учугун улайт:

Капилет жерден жоо болсо,
Кара өзгөй жалаа доо болсо,
Каңгырап жүргөн акмак деп,
Катындын тили тийбейби.
Каралашар тууган жок,
Кармап минер буудан жок,
Кайгырып ичиң күйбөйбү.
Тентибей элге кошулсаң,
Теңтуштар сени сүйбөйбү.
Теминишкен жоо болсо,
Тексиз жерден доо болсо,
Тентиген элсиз акмак деп,
Тентектин тили тийбейби,
Теңдигиң айтар киши жок,
Телмирип ичиң күйбөйбү.

Ошондой эле Талас жергесинин, өз элинин байлыгын, марттыгын мактап, аксылыктарды сыйдын жайын билбеген ала көөдөк сараң эл катарында мүнөздөйт. Журт башкарган «жакшысы» Ажынын уулу Сулайманды алаңгазар бакшы, Алымбектин беш баласын «айылдагы ашка орток беш торпок» деп айтат. Жеңижоктун жашаган элин алты күнү ырдасаң, «алеки чапан кийгизет» жети күнү ырдасаң, желеки чапан кийгизет» – деп шылдыңга алса, «а деген жерде биздин эл аргымак тандап мингизет» – деп өз жергесин көтөрө чалып мактайт. Сөз арасында:

Сыйынуучу нак мазар,
Пириң ушул Жеңижок,
Күүлөнтүп күндө сүйлөткөн,
Тилиң ушул Жеңижок,
Кошуп айтсам шарыят,
Диниң ушул Жеңижок,
Жаркырап шоола тийгизген,
Күнүң ушул Жеңижок,

Майкөт сага пир болот,
Пириңе тийген ким болот –

деп, Майкөт акынды да кошуп ырдап, «алдына келип, тизе бүгүп, кол бергин» – дейт. Кыскасы, Эсенаман Жеңижокту туш-тушунан тосмолоп, айтарга сөз калбагандай абалга алып келет. Ал ырдап болгондо үйдөгүлөрдүн баары сөз бүткөндөй тунжурап отуруп калышат. Ошондо бир карыя: «Балам Жеңижок, айтарга деле сөз калган жок, бардыгын Эсекең айтып бүттү. Эсекеңе каяша айтам деп, каарына калып, назарыңды сындырып, өзүңдү өзүң аксатып албагын» – дейт. Анда Майкөт акын: «Олай эмес, кария, Эсекең картайып калганбы, көп кателиктерди кетирди, Эсекендин катесин таап айтсаң, жеңетин жагдай сеники, токталбай сок карагым, Жеңижок» – деп ары жан курбусу, ары кадырлаш өнөрлөшү Эсенаманга жан тартпастан, калыс сөзүн айтат.

Бул айтыштын көпчүлүк акындар айтышынан айырмачылыгы экөө тең эле бир аймактан болгондуктан, өз уруусунун, эл бийлөөчүлөрүнүн таламын талашып, ашыкча кордошуу, бири-биринин ата-тегиндеги быкый-чыкыйды чукуп, кызыл чеке болуу, каршысынын жээк жергеси, үй-бүлөөсүнө чейин жармашып шылдыңга алуу сыяктуу тенденция орун албайт. Негизинен сөз эки акындын тегерегинде, ырдаган ырларынын мазмундук чегинде жүрүп, анын алкагында коомдук-социалдык, турмуш-тиричилик, диндик, адеп-ахлактык маселелер камтылып, чыныгы көркөм сөздүн бийик үлгүсүн түзүп, өз заманынын күйөрмандарынын гана эмес, азыркы окурмандардын да көркөм табитин канаттандырып турат. Чындыгында да Эсенамандын чоң талант менен ары жүйөлүү, ары далилдүү ырдаган ырына Жеңижоктун кайтарган жообу караңгы тунгуюктан шоола издеп, жалгыз аяк жол менен жарыкка чыгып кеткен кыраан мергенди элестетип, сөз чеберчилиги, ой сезиминин ыкчамдыгы, логикасынын күчтүүлүгү таң калтырбай койбойт. Чындыгында да жогоркудай күчтүү ырдалган ырга жооп берүү Жеңижоктой чоң акындын гана колунан келмекчи.

Сөз кезеги өзүнө келгенде Эсенамандын өзүнүн адамдык, ырчылык намысына тие турган бир топ кептин ба-

шын чатып кеткендигине карабастан, Жеңижок чоң акындын нускасын сактап, жүйөлүү кепти мойнуна алат. Чындыгында эле ата-энеси жашында өлүп, «арка болоор ага жок», «эрмек кылар ини жок», анын үстүнө кесепеттүү кесел жармашып, «күйөөрүнүн жогунан күңгүрөнүп ыйлап» жүргөн кезинде «байкуш» деп боору ооруп «багаарга тууганы болбойт», «ашуусу бийик бел ашып», азып-тосуп, Аксыдагы тай-таякелерин издеп кеткендигин жаап-жашырбай ырдайт.

Барган жеринен ата-эне таап, элине байыр алып, кадыр-баркы артып, көңүлүн тапкан асылкеч жар күтүп, улуу-кичүүнүн урматына ээ болгондугуна сыймыктануу менен:

Тууралай турган жер болсо,
Туугандан качып барабы?–

деп бөтөн жерди жердеп калгандыгы үчүн өзүн күнөөлөп отурган өнөрлөш агасына жана жердештерине сөз кылтагын ыргытат.

Айтыш эки акындын сөз жарышын түзүп, алардын сөз чеберчилиги гана эмес, эске тутуу, кабыл алуу жөндөмү да сынга түшөт. Мисалы, Жеңижок каршысынын бир топ узак ырдаганына карабастан, Эсенамандын ар бир сөзүн эсинде бек тутуп, ага ырааттуулук менен жооп кайтарат. Натыйжада терең айтылган ойго ырдын уйкаштыгы кыналышып, төкмөлүк өнөрдүн бийик үлгүсүн түзөт. Чынында да Жеңижок Эсенамандын бир да айтканын жоопсуз калтырбай, терең талдап, табышмактай чечмелеп отурат. Эгерде Эсенаман:

Торусу болом жылкынын,
Торгою болом ырчынын,
Топ жыйындын ичинде,
Торгойдой сайрап турчумун,

десе Жеңижок:

Торусу болсоң жылкынын,
Токмоктоп тойго минбейби,
Торгою болсоң ырчынын,
Тоо турумтай илбейби.
Торгою болом деп жүрүп,

Топтон алдап жеп жүрүп,
Тозокко башың кирбейби –

деп өз сөзүн өзүнө каршы коет. Же Эсенамандын «угуту болом бозонун» деген сөзүнө каршысынын кайтарган жообун эле алалы:

Угуту болсоң бозонун,
Ордодо сасып өнбөйбү,
Ары жок сендей какбаштын,
Ажалы жетип өлбөйбү.
Алакан жайып дубага
Ага-ини келбейби.

Жеңижок Эсенамандын ырдаганда кетирген жаңылыштыгын дароо билип, негизги оюн ошого карата багыттайт. Каршысынын Майкөт пириң, диниң, олуяң, тилиң, күнүң дегенине чап жабышып, сөздү ошонун айланасында өнүктүрүп, өзүн дин жолунда, шарыят эрежелерин талкуулоодо сабаттуулугун аныктайт. Чынында да диний мектептен окуп, сабаты ачылган Жеңижоктун айткандары өз учурунун ишениминде бир канча ынанымдуу чыгат. Ал ириде каршысынын бул багытта түркөйлүгүн көрсөтүү максатында:

Эң биринчи дүйнөдө,
Нур жараткан эмеспи.
Эмгексиздин энчиси,
Кур жараткан эмеспи.
Суук кыштын булутун,
Сур жараткан эмеспи.
Адам жашап турсун – деп,
Күн жараткан эмеспи.
Алмаштырып күн менен
Түн жараткан эмеспи –

деп, диндик жоболордон сөз козгой келип, бардык нерсенин башаты алла тааланын колунда деген ишенимди бекемдейт. Натыйжада, Эсенаман жаратканды тааныбаган эсер болуп, тыңшоочуларга Жеңижоктун сөзү жүйөөлүүдөй көрүнөт.

Кыскасы, Жеңижок Эсенамандын начар жагын жазбай баамдап, ушул жагынан кармап, оодарып кетет. Айтыш

Жеңижоктун жеңиши менен бүтсө да, Эсенамандын сөздөрүндө кылдат көңүл бөлгөн адам анын чоң акын экендигине шек кылбайт. Айрыкча уйкаштыкты түзүүдөгү устаттыгы, оюнун тактыгы, сөзмөрлүгү адамды таң калтырып, угуучулардын көркөм табитин канааттандырат. Жогоруда белгилегендей, Жеңижок да аны өтө урматтап өлгөнүн укканда катуу кайгырып, чын көңүлүнөн жоктойт. Эсенаман да айтышта жеңилгендигине карабастан, Жеңижоктун ырчылык кудуретин, чеберчилигин жогору баалайт. Буга Чүйгө барганда ал жөнүндө ырдаган төмөнкү ыры ачык мисал:

Каардуу ырчы Жеңижок,
Кармашарга теңи жок,
Жеңижок сөз баштаса,
Башканын айтар кеби жок,
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Найза алышып чыкканда,
Жеңижоктун эри жок.

Эсенаман – өз доорунун акыны. Ошондуктан, анын чыгармачылыгы ашыра макталбай, же кемитилбей өз баасын алганы абзел. Кантсе да акындын чыгармачылыгы өз доорунун тарыхый шартына, коомдук-социалдык көз карашына, адеп-ахлактык түшүнүгүнө карата түзүлүп калыптангандыгы менен баалуу. Андан ашыкча талап коюунун зарылчылыгы жок. Эсенамандын кордоо ырлары айрым адамдардын буйругу менен ырдалганына карабастан, бутага алган адамын шылып түшүргөн. Буга жогорку Жанкарач, Байтик жөнүндө ырдаган ырлары ачык мисал. Ал эми анын Ажыбай молдо менен кайым ырдашуусу[20] Эсенамандын курч тилдүү акын экендигинин ачык күбөсү. Ал бир жылдары Олуя-Ата тарапка бир таанышынын үйүнө барса аялы ноокастап Ажыбай деген молдого дем түшүрүп, жалгыз эчкисин союп сыйлап жаткан болот. Молдо Эсенаманды таанып: «Сен аш, той акыны болсоң, мен шарыяттын жакынымын, бир түшүргөн демим үчүн арбын акы алам, «кара жака тон менен көрпө тондун айырмасы жок сыяктуу ырчы менен молдонун айырмасы жок,

Кожонун үйү каякта,
Кабарың барбы аякта?

Сооптун түбү бейиште,
Шарыят жолун айта албай,
Калгым келбейт кейиште –

деп тийишип ырдап калат. Ошондо Эсенаман жанындагылардын кыстоосу менен:

Топ жыйылып, ый чыкса,
Толуп кетет молдолор,
Торгой болуп лепилдеп,
Конуп кетет молдолор,
Айткандарың чын болсо,
Акыретке барганда,
Азиз башың кор болор –

деп беттеп ырдайт.

Ырдын мазмунуна караганда акын кожо, молдолорду анчалык кадыр тутпагандыгы, шарыят жолунан алыстыгы көрүнүп турат. Алла тааланын амирине каршы чыкпагандыгы менен анын атына жашынып, адал, арамды аралаштырып, элди алдап жаткан айрым кожо-молдолордун кылык-жоругун жактырбаган өңдүү. Ажыбай молдонун сөзүнө таамай жооп кайтарып, анын чыныгы маңызын ачык ашкерелейт:

Кошулар болсоң тайыпка,
Кожонун үйү шайыкта,
Кара оокат үчүн сен дагы,
Каларсың катуу айыпка.
Жалганды жакшы билесиң,
Жардамың тийбейт майыпка.
Сенин үйүң мечитте,
Зекетиң калат кечикпе.

Ыр өз доорунун көз карашынан, ишениминен деңгээли жагынан бир топ жогору турат. Кээде маалымдоочу акын болгондуктан, бир аз күчөтүп ийгенби деп күдүктөнө да каласың. Бирок, Жанкарач, Байтикке карата ырдаган ырын көз алдыңа тутсаң, мактаса да, кордосо да чегине жеткирген курч акын экендигине ишенбей коюуга болбойт. Эсенаман Ажыбай молдону айтканы менен кылганын бири-бирине карама-каршы коет. Оозуңда шарыят, колунда-куран, айтканың – куптан, кылган ишиң – арам-

дык. Бул кылыгыңды бирөөлөр билсе, башыңа чыла куйбасын, «оолукмалар жолукса, оозуңа чыла куйбасын» – деп шылдыңдап келип:

Бей дааpаты тозоку,
Карам эмей эмине?
Элден алдап алганың
Арам эмей эмине?
Куучуңдаба эми сен,
Куп түшүндүң кебиме.
Эчки сойсо, эт жейсиң,
Эки сөз менен эптейсиң.
Тарпка конгон жорудай,
Таш келтекке алса кетпейсиң.
Ойлоно бербей ойдоло,
Отура бербей жорголо,
Колтугуңда шайтан бар,
Коногуң таап корголо,
Кылчылдаба калп эле,
Кана ордуңан тур молдо –

деп, жылуу ордун таштап кетүүгө аргасыз кылат. Тилекке каршы Эсенамандын жогоркудай курч ырларынан бизге өтө аз санда жетип отурат.

Эл арасында «Эсенаман, Бекмурат, ал экөөбү ырдаса, жалпы ырчы тек турат» – деген лакап бекеринен айтылбаса керек. Эсенаман жомокторду (эпосторду) да бир топ күчтүү айтып, төкмөлүгү өзгөчө артык эле дешет. «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан» эпосторун чебер аткаруучу экен. Алардын айрымдары Сулайман, Алымкулдардын айтуусунда бизге жетсе керек. К. Мифтаков Эсенаманды жомокчу акындардын тобуна кошот. Кабарчылардын маалымдоосунда өз өмүрүндө санат жана ар кандай мазмундагы ырларды көп эле ырдаптыр. Бирок, тилекке каршы алардын көбү бизге жеткен жок.

«Аккан суудан» гана бир аз үзүндү колго тийди. Бул ырчылар поэзиясында салттуу темадан болуп аны Калча, Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Сулайман, Барпы сыяктуу акындардын да ырдагандыгы белгилүү. Албетте, жогорку жалпы темага ар бир акын өз алдынчалыгы менен мамиле

кылган, азбы, көпбү алымча, кошумчасын киргизген, баяндоо объектисин кеңейтип, мазмун, маанисин арттырып, философиялык ой түркүмүн тереңдеткен. Бирок, кантсе да, «Аккан сууну» көлөмү, көркөмдүгү, ой жүгүртүү объектиси жагынан өз мезгилинде Жеңижоктон өткөрө айткан акын болбосо керек. Албетте, Жеңижок сабаттуу, дин мектебинен окуган адам болгондуктан, башка акындарга караганда дин жагына басымды көбүрөөк жасаган.

«Аккан суу» – Эсенамандын айтуусунда үзүндү түрүндө. Мында да диндик көз караш орун алат. Ошону менен бирге суунун жаратылышты көркөмдөтүп, өсүмдүк, айбанаттар дүйнөсүн азыктандыруудагы, адамдардын турмуш-тиричилигиндеги пайдасы реалдуу талданат:

Ак турпакка кынадай,
Жугуп жаткан – аккан суу,
Адамзатка көп пайда,
Кылып жаткан – аккан суу,
Ак буудайың суналып,
Чыгып жаткан аккан – суу[21].

Албетте, өз доорунда жез таңдай аталган акындын мурасынын өтө аз өлчөмдө колго тийиши өкүндүрбөй койбойт. Жогорку бирин-эки чыгармадан эле анын чоң акын экендиги көрүнүп турат.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Кебекова Б.* Арстанбек (адабий мүнөздөмө). – Б., 1994. Арстанбек менен Жеңижоктун ырдашуусунан.

[2] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 2, 7 (200). Мындан ары Кол жазмалар фондусу делип, берилет.

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 529. 10-дептер.

[4] Ошондо. Инв. № 724.

[5] *Таштаналиев Б.* Эсенаман төкмө. Ленинчил жаш. 1990. № 85.

[6] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 145.

[7] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 724.

[8] Кол жазмалар фондусу. № 575, 4-дептер.

[9] Арстанбек (ырлар жыйнагы). 1994.

[10] Кол жазмалар фондусу. № 575, 4-дептер.

[11] Бул чыгарманын үзүндүлөрү үч кабарчыдан катталган, инв. № 593. 1-дептер: 575, 4-дептер (эки маалымдоочудан), Ырайымбек Молдобаев 12–13 жашында Эсенамандын өз оозунан уккан экен. Дүйшөмбиев Мамбетаалынын баянында да анчалык ажырым жок. Ырдын айтылыш орду, чыгыш себеби, катышуучулары, мазмуну бардыгында бирдей эле.

[12] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 599, 1-дептер.

[13] Ошондо.

[14] Кол жазмалар фондусу. № 575, 4-дептер.

[15] Ошондо.

[16] Инв. № 549.

[17] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 575, 4-дептер.

[18] Кол жазмалар фондусу. Инв.

[19] *Шакетаев Ш*. боюнча Чоңду Жеңижоктун аталары катарында маалымдалат: Чоңдудан – Күсөй, Күсөйдөн – Жүзөй, андан Жеңижок. Бул жөнүндө жалгыз гана маалымат ушул.

[20] Ленинчил жаш. 1990, бирдин айынын он беши, № 85 (9168) айткан Асан Токоев.

[21] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 7[а].

## СОЛТОБАЙ ТОКТОБОЛОТ УУЛУ
*(1834–1918)*

Солтобай Токтоболот уулу XIX кылымдын ортосу XX кылымдын башында жашаган кыргыз ырчыларынын ири өкүлү. Теги – кедей. Бугу уруусунун желдең уругунан.

Кабарчылардын көпчүлүгү акындын туулган жылы катарында 1834-жылды көрсөтүшөт[1]. Солтобайдын 1916-жылы тирүү болгондугу, үркүп Кытайга барып, андан кайтып, 1917–18-жылдарда Каракол уездинде каза болгондугу бардык маалыматтарда ырасталат. Демек, 1834–1918-жылдардын аралыгында жашаган деген маалымат реалдуу сыяктуу.

Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын айтуучу жана жыйноочу Ы. Абдыракманов Солтобайды чоң акын катарында мүнөздөйт. Анын оң, солду аралап, нечен ири топтордо ырдап жар чакырып, манаптарды жоктоп жана салттуу мактоо, кордоо ырларын көп жаратып, өз доорунда калкка эң кадырлуу болгондугун белгилейт[2]. Чындыгында да Солтобайдын таажы кийип такка отурбаса да, оң, сол кыргыздарга, коңшу казак, өзбек агаиндерине таанылып, орус падышачылыгы менен жакындашып, белгилүү даражада дипломатиялык карым-катнаш түзүп, Кокон хандыгынын бийлигин кулатууда аларга жардам көрсөтүп, кадыр-баркка ээ болгон Шабдан манаптын уруусун, жээк жергесин, ата-тегин, өз башын катуу кордоого алышы ошол учурда калк тарабынан чектен чыккан эрдик катарында бааланган. Ошондон улам «баатыр ырчы» аталган. Айрыкча 70-жылдардан кийин Солтобайдын ырчылык аброюнун эл арасында артышына акындын Шабданды кордоодогу өткүрлүгү, сөздөрүнүн курчтугу себепчи болот. Солтобой өз

чы-гармачылык өмүрүндө көп ырдап, төкмөлүк менен ырчылыкты аткаруучулукту бирдей алып жүргөн чоң талант болсо да, бизге аз сандагы ырлары келип жетти. Жаш курагындагы чыгармалары белгисиз. Колдогу материалдардын мазмунуна, поэтикалык салмагына, чагылыштырган тарыхый-турмуштук кырдаалына көз жүгүртүүдө «Текес менен коштошуу», «Жарыктыгым», «Көл Ата» (Көл менен коштошуу), «Шабданды кордоо» Солтобайдын чыгармачылык өмүрүнүн күрдөөлдүү, б. а. талантынын курчуп турган мезгилинде түзүлгөндүгү ачык эле көрүнөт. Жогоркудай чоң акындын адабий мурасынын толук колго тийбей өксүп калышынын бирден-бир себеби сенек мезгилинде өткөндөгү акындардын чыгармачылыгына ак же кара деп бир беткей мамиле кылууну, алар жашап, ырдап өткөн доордун тарыхый шарты, адеп-ахлактык, социалдык турмуштук көз карашы, көркөм-эстетикалык табити, таанып-билүү деңгээли эске алынбай, айрым бай манаптын өкүлдөрүн мактаган ырлары үчүн (бул жерде сөз Солтобайдын Шабданды, бугунун уруу башчыларын, байларын мактагандыгы, панегрикалык мүнөздөгү жоктоо ырларын жараткандыгы жөнүндө бара жатат) байчыл, эскичил, уруу акыны катарында табылып, иликтөө, изилдөө алкагынан четтетилип, өз учурунда туура баа албай калышы болду. Жогоркудай себеп менен «Кыргыз акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очеркине» 1988) да кирбей калган.

Акын өз мезгилинде оңду, солду кыдырып ырдап, калкка кеңири таанылат. Ошондуктан, аны көргөн, ырын уккан адамдар эл арасынан көп табылып, дене, бет түзүлүшү, ырдоо манерасы жөнүндө баяндаган айтуучулардын пикири бир жерден чыгат. Ыбырай Абдыракманов: «Солтобай Токтоболот уулу көсөө, чоң сары киши болуп, ичинен солуп ыңгыранып ырдоочу экен» – деп мүнөздөйт. Солтобайдын сырт түзүлүшү жөнүндө Назар семетейчи (1835–1893-ж)[3] экөөнүн чакан айтышында да ачык маалымат сакталып калган. Назардын уулу Жүгөрүнүн кабарында атасы Арстанбек, Солтобай, Акылбектер менен үзөңгүлөш жолдош болуп жүргөн киши экен. Чыгарманын мазмунуна караганда Солтобай менен Назар айтыш-

поого убадалашкан көрүнөт. Бирок, семетейчи курбусун тамашалагысы келгенби, же башка себеби барбы, айтор ага тийиштик кылып сөз баштайт:

Солтобай келет солтоңдоп,
Сакалы жок молтоңдоп.
Солтобайың көсөөдүр,
Көсөөнү үйгө киргизбе,
Көчүгүн жерге тийгизбе.
Сакалы жок Солтобай,
Кийиз курдуу Солтобай,
Кийин турчу онтобой,

Айтыш балким, кыска түрүндө келип жеткендир. Назардын сөзүнө Солтобайдын берген жообу өктөм жана орундуу чыгат. Анын убаданы бузуп тийишип отурганын эсине сала келип:

Ит ургандай демитпе,
Сакалымдан кемитпе.
Сакал иттин куйругу,
Көсөө кудай буйругу.
Каракыз* Назар не дейсиң,
Калк кыдырган кедейсиң,
Томаяк Назар не дейсиң.
Топ кыдырган кедейсиң[2] –

деп, анын жардылыгына жабышып, үстөкө-босток демитип киргенде Назар айтышты улантпай токтотуп койгондой түрү бар. Балким, өзү тийишип, курбусун капа кылып алгандыгын сезген чыгар. Солтобайдын Арстанбекти ээрчип таасир-таалим алгандыгы талашсыз, аны көп эле ырчылар ырасташат. Муну өз ырындагы фактылар, башкача айтканда, стилдик курулмалар, көркөм формулалар, идеялык биримдиги менен далилдөөгө болот. Экөө көп жылдар бир аймакта жашап, ары курбал, бири устаты, бири шакирти делип, ашта, тойдо ырдап, чыгармачылык тыгыз карым-катышта болушат. Шапак Рысмендеевдин айтуусунда Арстанбек өлөр алдында эли-журту менен коштошуп, өзүнүн жашоосу, ырды кумдай төгүп байсалдуу басып өткөн чыгармачылык өмүрү жөнүндө ой жүгүртөт. Шакиртинин «жакшы чыккандыгына» каниет

кылып, Солтобайга батасын берип, «көзүм өткөндөн кийин ырымды калк ичинде ырдап жүргүн», «келтирип айт сөзүмдү, кейитпегин өзүмдү» деп талап кое келип, керээзин төмөнкүчө жыйынтыктайт:

Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба,
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү – деп,
Артымда элим таанысын
Айтылып калса калкымда
Арстанбек неге карысын[5].

Устатынын көзү өткөндөн кийин Солтобай анын сөзүн жерге калтырбай, керээзин аткарып ырларын калк ичинде ырдап жүрөт. Буга ачык мисал. Арстанбектин казак акыны Сүйүнбай менен айтышын Солтобайдан Муратаалы угуп, андан бизге жетип отурат. Ал «Арстанбек Сүйүнбайдын сөзүн казакча эл ырдачу, мен тилимди буруп жүрөмүнбү – деп кыргызчалатып ырдап жүрдүм»[6] – деген экен.

Арстанбектин социалдык көз карашынын Солтобайдын чыгармачылыгына тийгизген таасири Боромбайдын керээзи[7], аттуу чыгармасынан да ачык байкалат. Эл арасына тараган поэтикалык керээздин чыныгы автору Солтобай болуп саналат. Бугу уруусунун башчысы Боромбай Бекмурат уулу өлөөр алдында (1858-ж.) өзү менен коштошуп; акыркы сөзүн укканы келген эли-журтуна керээзин айтат. Ал акын болбогондуктан, керээз кара сөз формасында баяндалып, өлгөндөн кийинки өзүн узатуунун камы, калкынын жашоосу, келечекки турмуш жагдайы жөнүндөгү ой толгоолорун ортого салат. Муну Солтобай поэтикалык формага түшүрүп, эл арасына таратат. Кара сөз түрүндө айтылган Боромбайдын сөзүнүн мазмуну негизинен ырда сакталгандыгына карабастан, көркөм формага которулгандан аймагы кеңейип, социалдык эстетикалык таасири арткан. Кантсе да чыгармага белгилүү даражада автордун өзүнүн социалдык позициясы, көз карашы чагылышпай койгон эмес. Бирок, айрыкча акындын замана-заңы, доордун мыйзамы, элдин келечеги жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүндө ачык көрүнүп, Арстанбектин «Акыр заман», «Тар заман» чыгармалары

менен идеялык жагынан үндөшүп турат. Алсак, керээзден логикалык жагынан бири-бирине анчалык коошпогон эки башка багыттагы идея орун алат. Биринчиси, Боромбайдын көзү өткөндөн кийин өзүн узатуунун жол-жобосу, калктын жашоо тиричилиги, орустарды кыргыз жергесине баштап келүүгө эмне себеп болгондугу жана Ормондун зордук-зомбулугу жөнүндө айткандары өткөндөгү бугу уруусунун тарыхындагы же манаптын өз өмүр баянындагы жагдайларга ачык шайкеш келип турат. Кыраакы, акылдуу адам өзүнүн узатабыз деп калктын ашкере каржалышын каалабаган өңдүү. Ошондуктан, тыңшап отургандардын көңүлүнө ынабаса да, «коргон урба башыма», «ат чаптырба ашыма» – деп керээз кебин айтып өтөт.

Жана да калктын келечеги жөнүндө кам көрө:

Журтум, Ысык-Көлдү ыктыңар,
Кең Текес көздөй чыкпаңар,
Жерге салгын эгинди,
Тегиз уккун кебимди.
Түлкүлөрүн ыштаңар,
Түп, Жыргалаң кыштаңар –

деп, элди «эгин айдап, бак тигип отурукташууга, көл боюнан байыр алууга үндөйт. «Боромбайдын керээзинде алгачкылардан болуп Россияга кошулууга кол созуп, демилге көтөргөн уруу башчысынын көз карашы ачык кубатталат:

Сарыбагыштын зарпынан,
Күйдүргөн күндө дартынан,
Баштап келдим орусту,
Баш карматтым болушту.
Келе турган заманга,
Кеңитип кеттим конушту.
Бирок, ал «туура иш болдубу?» –

деп кооптонгон сыяктуу. Ошондуктан сөзүн угуп отургандарга кайрылып:

Белимден кетти дарманым,
Капыр менен мусулман,
Чогулуп атка мингенин,
Чогуу жыйын кылганын,
Бир көрбөдүм арманым –

деп кабатыр болот. Боромбай журтчулукка «ага-ини болуп сыйлашып» ынтымакта жашагыла, «четтен келген коңшуну өз туугандай куштагыла» – деп осуят калтырат. Уруу башчысы эли-журтунун камын, келечегин ойлоп, катуу түйшөлгөндүгүнө карабастан, орустарды кыргыз жергесине баштап келүү менен «келе турган заманга кеңитип кеттим конушту», артыма жакшылык жышаанды таштадым – деп каниет кылат.

Экинчи, корутунду бөлүмүндө жыйынтыкталган ой андан ары уланып, келечекте калктын турмуш-тиричилигине, адеп-ахлак, жол-жобо, нарк нускасына, замана мыйзамына, кире турган өзгөрүү, жаңылануу жөнүндө ой жүгүртүлүп, ал Солтобайдын өз көз карашынын, автордук поэзиясынын жыйынтыгы катарында берилип, Арстанбектин «Тар заманында» көтөрүлгөн идеялар менен тикедентике үндөшүп турат. «Керээздин» корутундусуна караганда акын келечекте кыргыз жергесине Боромбай ойлогондой тынчтык, бейкутчулуктун орношуна ишене бербейт. Ошондуктан, өзүнүн социалдык жеке позициясын Боромбайдын сөзү катарында калайык-калкка тартуулайт:

Элим, журтум, ук сөзүмдү,
Ач көзүңдү.
Заманың тар болор,
Залимдин сөзү шар болор,
Пейли жумшак,
Бечаралар зар болор.
Алдамчылар көп болор,
Айткан сөзү жат болор.
Калыстык жок болор,
Касиеттүү сөздөр токтолор.
Уурулар шок болор,
Убада жок болор.

«Жалган сөз менен боелуп», «сопу көбөйөт, журт бузулуп, адамдардан ыйман, нысап кетип, издегени дүйнө», «урунганы күмүш болор», «айар кылсаң, ал заманды да көрөрсүң»[8]. Жогорку сөздөрдүн Солтобайга таандык экендиги анын башка чыгармалары менен салыштырып, жалпы эле ырынын социалдык позициясын, көз карашын, па-

дышалык өкмөттүн колониалдык саясатына карата болгон мамилесин белгилөөдө да аныкталат.

Колдогу материалдардын мазмунуна, жанрдык табиятына, чыгармачылык багытына караганда Солтобай лирик акындардын тобуна кирет, жамакчылык ыкманы кеңири колдонот. Лирикалык жанрдык аймагында көп чыгармалар түзгөн өңдүү. Кабарчылардын баянында өз өмүрүндө кордоо, мактоо, жоктоо ырларын көп жарататат. Кордоолорунун ичинен бизге жеткени – Шабданга ырдаганы. Анын атагын чыгарып, калкка кеңири таанымал кылган да ушул чыгарма. Эл арасынан көп катталган[9]. Дегеле, ырчылар поэзиясында кордоо ыры кеңири өнүккөн сыяктуу жанрды түзүп, тар жана кеңири багытта болуп, эки багытта айтылат. Бир катары адамдын жеке керт башына, ата-тегине каршы багытталса, айрымдарынын аймагы кенен, мында бүтүндөй уруу намысына камчы чабылат. Солтобайдын Шабданга карата ырдаган ыры кордоонун социалдык түрүнө кирет. Чыгарманын айтылышы XIX кылымдын аяк ченинде бугу урусу башынан өткөрүп турган тарыхый кырдаал, элдин социалдык ал абалы менен тикеден-тике байланышат. Ага себеп: нечен жылга созулган сарбагыш, бугулардын чабуулунун акыры чоң чатакка, бүтпөс доого айланышы. 1854-жылы бугулар тарабынан Ормон өлтүрүлүп, манаптын кунун кууп, Төрөгелди, Үмөтаалылар нечен жолу бугуларды чаап, чыр-чатак ырбайт. Бугулар чабылып-чачылып, бир даары Кашкар тарапка агылса, айрымдары Анжиянга кире качат. Уруу төбөлдөрүнүн тирешүүсүнөн улам калк жабыркап, өлүм-житим көбөйөт, жакырдык күч алат. Акыры бугулардын Россияга кошулуусу менен чабышуу токтойт. Бирок, уруу башчыларынын арбашуулары, өз ара тирешүүлөрү тымызын жүрүп турат. 1870-жылдардын аягында Шабдан манап Ормондун кунун өндүрүү максатында жанына көп киши алып, көл башында эки уезд чогулуп өтө турган топко барат. Бирок, Чыныбай Тилекмат уулу «топ болбой калды» деген шылтоо менен конок алдырбай, келген адамдар семиз аттарын союп жеп, кайтып кетүүгө аргасыз болот. Чыныбайдын тукуруусу менен Солтобай ырчы Шабдан манапты кордоп ыр-

дайт. Чыгарма уруучулдук-феодалдык замандын коомдук-социалдык, адеп-ахлактын эрежелеринин нормативинде (чегинде) түзүлүп, өз доорундагы уруу мыкчыгерлеринин көз карашын ачык чагылыштырып турат. Ыр уруучулдук позицияда ырдалып, уруу башчыларынын кызыкчылыгы корголуп, алардын байлыгы, мартабасы көкөлөтө макталат:

Көл бугунун баары бай,
Сан жылкылуу Сарыбай,
Миң жылкылуу Каптагай,
Эр Өмүрзак, Чыныбай,
Биздин бугу четтен бай,
Билесиңби кедей-сакай жөө тынай,
Алты басар Тагай бар,
Нышаанын уулу Малай бар.
Тескей жакты карасаң,
Кара көйнөк Канай бар,
Жөө тынай, сен айтышканча далай бар.

Ырдын уруучулук позицияда тургандыгы үчүн бул же тигил акынды, ошондой эле Солтобайды уруучул, эскичил деп күнөө ыйгаруу алар жашап, ырдап өткөн замандын тарыхый шартын, коомдун социалдык ал абалын жана структуралык өзгөчөлүгүн эске албагандыкка жатар эле. Анткени, уруучулук-феодалдык бузулуш жараткан мамилелер, б. а. уруулук эрежелер, жол-жосундар үстөмдүк кылган өткөн заманда Солтобай да өзүн бугу уруусунун бир мүчөсү, ошол элдин урпагы катарында эсептеген. Ошондуктан, акын бир аймакта чогуу жашап, бир атанын (уруу же уруктун) урпагы эсептелип, аш-тойдун чыгымын бирге көтөрүп, уруш-чапкынды бирге тосуп, жоого бирге, жолго бирге дегендей, сыртынан ынтымактуу бир эл катарында көрүнүп, «ууру кылсаң, урууң менен кыл» деген түшүнүктө жашаган өз доорунун көз карашын кубаттайт. Бугу уруусунун, уруу башчыларынын таламын талашып, алардын намысын коргоону өзүнүн инсандык, ырчылык милдети деп санайт.

Солтобай кордоодо Ормон кандын өлүмүнө анын «Курманкожо, Кулжыгачты буйлалаган төө катарында тутуп», «ай» деген ажо, кой деген кожо жок «бекер малга ээ болуп», ашкере эсиргендигине себеп болгондугун бир топ

жеткире реалдуу ырдайт. Шабдан манаптын өзүнө кошуп, ата-тегин, жээк жергесин кордоого алат, аларды кедей-сакай жардысыңар – дейт. Тынайлардын өткөндөгү санжырасынан сөз козгоп келип, манаптын жети атасынан бери намыс алдырып келгендигин, доо доолай турган бугу эмес, чоң атасы Үчүкө, Түлкүнү өлтүргөн нойгуттар, энесин алган саруу экендигин айтып, сөзгө сындырат. Шабдандын бугулардан кун алууга эч кандай акысы жоктугун бир топ курч баяндай келип, оюн төмөнкүчө жыйынтыктайт:

Айдап энчи алгыдай,
Атасы белек тынайдын,
Аркалатып койгондой,
Же булар ардагы беле кудайдын.
Энчи бөлүп бергидей,
Энеси белек тынайдын,
Же булар эркеси беле кудайдын?
Акыңды алгын жөө тынай,
Чүйгө айдаган уй куйрук кара таруундан,
Энчиңди алгын жөө тынай,
Энеңди алгын саруудан.

Оң солго кадыры артып калган Шабданга Солтобайдын кордоосу катуу тиет. Ырдагы фактыга караганда манаптын «ырчыны өлтүрүп бер» деп Деркембайга кайрылышынан майнап чыкпаган сыяктуу. Кыскасы, кандай позицияда турбасын Солтобайдын кордоосу курч жана далилдүү ырдалат. Акын:

Бейшекеңди чалдыкбы,
Белсенип бугу бардыкбы?
Беденден башка малың жок,
Сенин бедеңди тийип алдыкбы,
Бейпай доого калдыкбы?
Боролдоюң чалдыкбы?
Болжолсуз арбын бардыкбы?
Бозоңдон башка ашың жок,
Бозоңду төгүп салдыкбы,
Болбос доого калдыкбы? –

деп, эки элдин доо доолашып, ыркы бузулушуна эч кандай себеп жоктугун аныктайт. Бирок, кантсе да ал өз

уруусунун кызыкчылыгын коргоодо бек туруп, көп учурда калыстыктын чегинен чыгат, өткөндөгү чуулуу окуяны чукуп, манапты шылдыңга алат.

Шабдан катуу ыза болуп, кайтып кетет да, келерки жылы Кичи-Кеминдин Кара-Булагында Каракол-Бишкек тобун чакырууга уруксат алат[10]. Бул жолу Чыныбайлар ээрчите барган Солтобай «өлтүрүп койбосун» деп коркуп, атынан түшө калып, мактап ырдап учурашат. Чыгарма калкка кеңири тараган, маалымдоочулар да арбын. Айрым ыр саптары вариациялангандай түрү бар. Бирок, негизги ыр түрмөктөрү алгачкылыгын сактап калган. Кыскасы, мактоо бир жыл мурун ырдалган кордоо ырына өзүнүн багыты жана мазмуну боюнча кескин карама-каршы турат. Мында Шабдан бүтүндөй кыргызда теңдеши жок адам катарында көкөлөтө макталат:

Ардактаган тулпарды
Адырга минсе тер чыкпас.
Адигине, тагайдан
Артылып сендер эр чыкпас.
Кыбаны келген тулпарды
Кыйнап минсе тер чыкпас,
Кылжырдын уулу мактанып,
Кыргыздан сендей эр чыкпас.

Ырчылар поэзиясында мактоо лирикалык жанрдын негизги түрүнөн болуп, аны түзбөгөн акынды табуу кыйын. Албетте, чыгарманын салмагы ырчынын талантына, сөз табуу кудуретине жана сүрөттөө объектисине карата өлчөнөт. Жалпы эле ырчылар поэзиясында мактоонун салттуу тема катарында кеңири тармак жайышы кокустук эмес, анын турмуштук, социалдык тарыхый-этнографиялык негизи бар. Анткени, калк көп чогулган чоң жыйында аш же той ээсинин макталышы салт болгон. Ырчылар да, көпчүлүк да муну ээнтөрөнү жок кадыресе окуядай эле кабыл алган. Сөзсүз түрдө жар чакырган ырчы аш же той ээсинин байлык, мартабасын, атак-даңкын, ата-тегин даңазалаган. Табыйгый түрдө чоң топтордо жар чакыруу бардык эле ырчыга ыйгарылган эмес. Ошончо акындардын ичинен үнү бийик, сөздөрү курч, ырчылык кудуре-

ти күчтүүсү гана жар чакырууга тандалып алынган. Бул ырчы үчүн чоң сыймык болуп, андан кийин аброю артып, калкка кеңири таанылып, коңшу элдерге да атагы арткан. Ырчынын той ээсин кандай айткандыгына карата сыйлык өлчөмү белгиленген. Кыскасы, чоң жыйында жар чакыруу ырчылар үчүн мындан ары аш-тойго көп чакырылып, чыгармачылык өрүш алууга өбөлгө түзбөстөн, каражат топтоонун да орду болгон.

Экинчиден, өткөндө атактуу адамдар өлсө атайылап ырчы чакыртып жоктотуу салты орун алган. Сөзсүз бул учурда өлгөн адамды даңазалоо шарт болгон. Демейде деле көпчүлүк ырчылар колунда бар адамдарды мактап, бир нерсе үмүтөтүп отургандыгын жаап-жашырбастан ортого салган. Натыйжада, өткөндө ырчылык өнөр өзүнчө кесип, жан сактоонун булагы катарында кызмат өтөгөн. Ырчылар өз өнөрүн тартуулап, мал, пул таап жан сактоо аракетинде болушкан.

Мактоо ырынын кеңири тармак жайышынын социалдык да негизи бар. Анткени, коомчулукта айрыкча зоболосу арткан уруу башчыларын, манаптарды мактап, алардын ыкласын өздөрүнө ыйгаруу менен ырчылар да кандайдыр бир даражада социалдык укугун камсыздандырып, уруучулук-феодалдык мамиле өкүм сүргөн доордо каршысынан жалтанбай ырдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ошондой эле ырчылардын үстөмдүк кылуучу таптык өкүлдөрүнүн материалдык гана эмес, моралдык саясый үстөмдүгү өкүм сүргөн заманда түзүлгөн жагдайга карата бир эле адамды бирде мактап же кордоп, курч кырдаалдан чыгып кеткен учурлары орун алат. Ага ак таңдай акын Эсенамандын Жангарач менен Байтиктин ортосунда калып, жагдайга карата ырынын багытын өзгөртүшү, ажалдан кутулушу ачык мисал. Жогоркудай кырдаалга Солтобай да туш болот. Ошондо мактаса да, кордосо да чегине жеткирген чоң акын Шабдандын көңүлүн жибите турган сөз таап, өнөрдүн күчү менен манаптан кечирим алып, ат минип, тон кийип узайт.

Мактоо ырынын да өзүнүн жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык стили, поэтикалык ыкма, каражаты болуп, апырт-

малуу мүнөздө баяндалып, реалдуулуктан четтеп кеткен, учурлары бир топ кеңири. Мисалга, Солтобайдын Шабданды мактаган ырын эле алалы. Ал бул жолу бир жыл мурун Шабдандын уруусун «бедеден башка чөбү», бозодон башка ашы, «камыштан башка малы жок», «кедей-сакай» атаса, кийинки жылы мурунку сөзүнө карама-каршы эки болуш тынайды «жардысы жок бай, ичкени – кызыл чай, жегени азоо тай, жатканы – мамык, салганы – шумкар, алганы – сулуу, чапканы – күлүк, тапканы – күмүш» – деп тегиз жыргап жаткан калк катарында ченемсиз мактап, калыстыктан таят.

Бирок, чыгарма мактоо ырынын жанрдык чегинде түзүлгөндүгүнө карабастан, чындыктан, таптакыр четтеп кеткен эмес. Акын Шабдандын өз доорунда коомдон алган ордун, кулк-мүнөзүндөгү жакшы сапаттарды, манаптын өмүр жолундагы тарыхый-турмуштук негизи бар реалдуу жагдайларды бир топ жеткире баяндайт.

Төрөгө барып жол тапсаң,
Төгөрөктөн мал тапсаң,
Төбөгө келген заманбы,
Төрөгө барып кол берген,
Төрө Шабдан аманбы?
Пашага барып жол тапсаң,
Пайда кылып мал тапсаң,
Башка келген заманбы,
Падышага кол берген,
Баатыр Шабдан аманбы?

Чындыгында да Шабдан падыша өкмөтү менен алгачкылардан болуп тил табышып, Анжыян, Алай тарабын уруш-талашсыз Россия империясына карап беришине жардамдашат. Айрым маалыматтарга караганда бул маселе боюнча Курманжан датканы ийге келтирген түрү бар. «Калктын намысын кайтарып, кокондуктан (Кокон хандыгынан) кезекти алгандыгы» да чындык. Орус падышачылыгы жергиликтүү айрым башкаруучулар тарабынан колдоого алынгандыктан, Кокон хандыгы тез эле кулап түшөт. Солтобайдын манаптык зор адамгерчилиги, акылга тереңдиги, мүнөзү жумшак, кечиримдүү, меймандос, кең

пейил кайрымдуулугу, марттыгы жөнүндө баяндагандары да курулай сөз эмес, турмуштук орду бар окуя». Кыскасы, ырдагы фактылар Шабдан жөнүндө эл арасында кеңири тараган аңыздык сөздөр жана өмүр баянындагы реалдуу маалыматтар менен шайкеш келип турат.

Солтобай мактоо ырынын жанрдык мүмкүнчүлүгүнө батырып, өз заманына ылайык башкаруучунун облигин түзөт. Шабданга ар тараптан баарысы «алдына келип жем болгондугун» «түшкатар, каба тууганды музоодой кылып» байлап алгандыгын, «Тогуз-Торо – черикти катмары менен жок кылып», «Кара-Кужур», «Төлөктү каттооруна үй кылып», «каяша берген кыргыздын тизгинин кайра кайтарып» келгендигин айта келип, бийликтин материалдык, социалдык негизин ачат. Кыскасы, Солтобайдын мактоо, кордоо ырлары өз доорунун чыгармасы, ошол замандын коомдук-социалдык, тарыхый-этнографиялык жана эстетикалык табитинин деңгээлинде түзүлгөн көркөм чыгарма катарында бааланышы керек. Калк аны ошондой эле кабыл алып, ырлары угуучулардын табитин толугу менен канагаттандырган, ошондуктан Солтобайды чоң акын деп эсептеп, баатыр ырчы атап, анын ырчылык кудуретин, аткаруучулук жөндөмүн жогору баалашкан. Жарым кылым уруу ырчысы, байчыл делип сындалып, иликтөө, изилдөө алкагынан четтетилип келгендигине карабастан, ырлары эл эсинен алиге өчө элек. Дегеле, анын Шабданды кордоп, мактап ырдаган ыры калкка кеңири тарап бир канча айтуучулардан катталып, институттун фондусунда сакталууда. Негизинен ырдын тексти көп өзгөргөн эмес. Анча-мынча айырмачылыктары болбосо, бардык маалымдоолордо бирдей эле айтылат. Акындын өз өмүрүндө жар чакырып жана уруу башчыларына, манаптарга карата көптөгөн мактоо, жактоо ырларын жараткандыгын айтуучу-маалымдоочулардын эскергендигине карабастан, бизге алар ошо аз санда келип жетти.

Чыныбай өлгөндө кайым-айтыш формасында айтылган кыздарынын кошогун Солтобай чыгарган экен. Чыгармага көз жүгүртүүдө анын көркөм сөздүн чебери тарабынан түзүлгөндүгү ачык байкалып турат. Ар бир сөз өз ордунда

мазмундук көркөмдүк деңгээли жогору. Эки кыз бирин-бири коштоп, уйкаштыкты шурудай тизмектештирип, атасынын зоболосун көтөрөт, көркөм сөздүн гүлүн тандап кошок кошуп, тыңшоочулардын эстетикалык моокумун кандырат. Ал бекеринен «Чыныбайдын кыздарынын кошогу» делип эл оозунан түшпөй аңыз болуп айтылып келе жатпаса керек. Ошондой эле Солтобай ашында жар чакырган экен.

Бирок, кантсе да анын акындык жүзүн, көркөм сөздүн чебери экендигин көрсөтө турган чыгармалары коштошуу («Текес менен коштошуу», «Жарыктыгым», «Көл Ата») болду. «Текес менен коштошуу»[11] ырынын чыгышына бугу уруусунун тарыхындагы төмөнкү окуя себеп болот. Маалымдоочунун кабарында бугу уруусунун бир бөлүгү Кытай жериндеги Текести, Ысык-Көлдүн күн чыгыш өрөөнүн ээлеп турат. Алар Иле боюнан ооп, ушул жерге келип отурукташып, мал чарбачылыгын өстүрүүгө жер шарты ыңгайлуу жана ээн болгондуктан, байыр алып, бир топ байышат. Жана да сарбагыш менен бугунун чабышында, орустар басып киргенде качып, бул аймакка көчүп келип отурукташып калгандар да болгон көрүнөт.

Кыргыз жергесинде падышалык бийлик кадимкидей күчүнө келип, 1882-жылы Кытай менен чегин ажыратууда Текес Кытайдын ичинде калат. Падыша өкмөтүнө таянган Чыныбай Тилекмат уулу өз бийлигин арттыруу максатында бул өрөөндө отурукташып калган элди солдат жиберип көчүрүп колго түшүрөт. Жайлуу жерден байыр алган калкка күрөш, конуш которуу өтө оор болгон көрүнөт. Солтобайдын «Текес менен коштошуу» күч менен көчүрүлгөн калктын кайгы-касиретин ачык чагылыштырып турат. Чыгарма коштошуу, арман ырынын жанрдык чегинде түзүлгөн. Мазмун, көркөмдүк жагынан толук калыптанган. Сүрөттөө объектиси кеңири, коштошуу ырынын эле чегинде калбастан, андан ары жогору көтөрүлүп, калк турмушундагы коомдук социалдык маселелерди кошо камтып, саясий поэмага тете жүктү көтөрүп турат. Чыгармада кытай, албан, калмак сыяктуу реалдуу элдердин, кыргыз уруктарынын тарыхый адамдардын жана Те-

кес, Жылдыздагы жер-суу аттары аталып, ырдын негизин тарыхый чындыгы, турмушта орду бар окуя түзөт. Бул жагынан тарыхый чыгармага да жакындап кетет. Солтобай Текесте бейкут жаткан элди айдап көчүрүү падышалык бийликтин өкүмү менен болгондугун бир топ ачык баяндайт:

Чалкакта калды Чаар-Кудук,
Чачыратты бул улук.
Өрдөштө калды Чаар-Кудук,
Өкүмдүк кылды бул улук.
Жийделүү булак өзөнүн,
Жыйып айдап көчүрдү,
Жин ургандай көзөлүн.
Алмалуу булак өзөнүн,
Айдап барып көчүрдү,
Айбаалыдай көзөлүн.

Анын Текес, Жылдыз жеринин кооздугун, жаратылыш байлыгын, табиятын малга жайлуу, адам баласынын жашоосунда ыңгайлуу экендигин көркөм сөздүн күчү менен калк сезимине жеткире ырдайт. Ошондуктан мындай жерден айрылууда да адамдар оор кайгыга батып, «кылчактап ыйлап» айласыздан коштошуп тургандыгы угуучуларга эстетикалык зор таасир калтырат. Ошондой эле ырдан ошол замандагы калктын социалдык ал абалы, падыша өкмөтү кыргыз жергесинде колониалдык бийликти катуу жүргүзүп, калк тагдырын алып тургандыгы ачык көрүнөт.

Солтобай чоң сүрөткер акын. Анын чыгармачылык өнөрканасынын сыры жаратылыш дүйнөсү анын кубулуштары менен адам өмүрүн, жашоосун, көңүл эргүүсүн, социалдык ал абалын бири-бири менен байланышта сүрөттөөдө турат. Алсак, Текестин «Алмасы жерге чачылып», адамдын көөнүн, «жийдеси жерге чачылып», жигиттин көөнүн ачат. Солтобай эр азаматтардан «күлкү калып», «курбудан кулжа», «тектирден теке атып», табийгаттын көңүл эргиткен ыракатынан ажырап кетип бараткандыгына катуу кейийт. Текестин адамды суктандырган жаратылыш байлыгын унута албастыгын айтып, арман кылат:

Жарыктыгы кең Текес,
Телегейи тең Текес.
Өрчүгөн койдой түлкүңдү.
Өткөрө санайм күлкүңдү,
Жайылган койдон түлкүңдү,
Жана санайм күлкүңдү.
Чегирткедей түлкүңдү,
Ченей албайм күлкүңдү.

Ырда жайлуу конушунан ажыраган элдин оор абалы, психологиялык толгонуулары бир топ реалдуу талданат. Кыргыз көчү кадимки шаан-шөкөт менен коштолгон салтанаттуу көркүнөн ажырап, сумсая тартат, «кереге уук шалдырап, келин-кыз барат жалдырап», Текес, Жылдыздын «Кымыздыгын, кымызын, кылыгын» санап акын да ичинен сызат. «Эрменди, Сүмбө. Буурулдан» ажыраган элдин заманасы куурулат, «жашыл жалбырак көркүнөн кетип, жайлоо томсорот». Кыскасы, бийликтин күчү, солдаттын айдоосу менен көчкөн журттун кайгысын эч нерсе менен ченеп болбойт. Эл тагдыры жер тагдыры, же тескерисинче, бул экөө бири-биринен ажыратылбайт. Солтобайдын ырында ушул ой баса белгиленет:

Үч Моюнту, Чаган-Сай,
Күркүрөөлүү Чырынтай.
Күрдөөлдүү журттан айрылып,
Күн чыгышта жарыктык,
Күлүмсүрөп калдың ай.
Беш карагай белим ай.
Бекер калды жерим ай.

Ырда калктын турмушу, социалдык абалы, келечеги жөнүндө ой жүгүртүлүп, мындан журт кандай күнгө дуушар болор экен деген тынчсыздануу чыгарманын контекстинен ачык байкалып турат. Анда эл, жер тагдыры сыяктуу түбөлүктүү маселе курч коюлуп, калктын мүдөөсү, ой-санаасына шайкеш келгендиктен, алиге эл эсинен өчпөй келе жатат.

Солтобайдын арманы Көл өрөөнүнө келгенде да арылбайт. Чыныбайдын падыша өкмөтүнүн ишенимине өтүп, бийликке аралашуусунан улам бугунун Өмүрзак, Карач

сыяктуу башка уруу башчылары андан кысым көрүп, башкаруу ишине аралашпай калышат. Буга нааразы болуп, 1883-жылы өздөрүнө караштуу бир болуш эли менен Ат-Башыга көчүшөт. Алар бул аймакка жер которууда ал жердеги урууларды өзүнө кошуп, бийлигин чыңоо максатын көздөгөн көрүнөт. Солтобай «Жарыктыгым», «Көл Ата»[12] деген атактуу ырын ушул жылы жаратат.

Бирок, да «Текеберлүү чоң Карач» менен «дүйнө кыскан Өмүрзактын» Ат-Башыдагы көп черикти кошуп», башкаруу аймагын кеңейтип, өз бийлигин, атак-даңкын арттырууга жасаган аракети элдин «көп кейип» жер оодарышынын негизги себеби эмес. Бул тууралуу чыгарманын өзүндө ачык маалымат орун алат. Калктын жер соорусу Ысык-Көлдү калтырып, «абышканы арчындап, алды-кийнин тазалап», «кемпирлерди кейитпей» ашуу ашып, таш басып, жөө-жалаңдап, азап-тозок менен Ат-Башыга көчүшүнө негизги себеп ошол заманда Кара-Кол өрөөнүндө түзүлгөн турмуштук жана социалдык кыйын кырдаал болуп саналат. Муну чоң акын көркөмдөп, калктын сезимине жеткире реалдуу талдайт. Биринчиден, кыргыздар үчүн жер тарыйт, жайлуу конушунан, сыйлуу өрүшүнөн ажырайт, падыша өкмөтүнүн колониалдык саясаты да барган сайын күч алып, «Жети-Өгүз үстү чаң болот, Жебирейил укурук жеткен жерге дан терең казган аң болот», «атуулдун баарысын абакка айдап салып, адамдын баары маң болот», «бей-бечара байкуштар эгин салар жайын» «казак оруска алдырып», «аңгырап куру» калат. Акын элдин жер оодарышынын реалдуу себептерин талдай келип:

Мындан мурун курган жан,
Тарагай жайын ким билет?
Көлдө жүрүп укчу элек,
Өтөгү сайын таш калак,
Ошондо көрдүк таш калап.
Өчөшүп журтту айдады,
Падышабыз санталак (ант ургур).

Бул бир жагы болсо, экинчи жагынан жергиликтүү бий, болуштар да калкты каржалтып, кысмакка алат. Чыныбай Тилекмат уулу «Жети-Өгүздү жердеп» «өз бийлигин

жайылтат». «Кылыч карыны ыйлатып» көчүп «сырдалуу калат сарайы зыркырап ыйлайт далайы», «бордолуу калат сарайы, боздоп ыйлайт далайы». «Алыбайдын алты уулу ар киминде миң жылкы» болсо да Ат-Башыга көчүп барткаңыңарга бир унаанын күчүн бербей, кайрымдуулуктан кетет. Тун баланын Кекебай ууру кылып эт жейм деп, «журттун баарына уят болуп», ысап, ыймандан ажырайт. Уруу башчылары да өз ара тирешип, ынтымакташа албайт. Дагы да турмуштун оорчулугу жарды, жармач уруктардын башына түшөт: «Көчүнө миңгич жетпей, майлаган кара буудайдай болуп», кара боор менен сары боор (уруктун аты) Чоң ташты жердеп, «колунан камыштын тагы кетпей», жакырчылыкта күн өткөрөт. Каракол уездинде түзүлгөн ушундай жагдайдан улам бугу уруусунун бир бөлүгү Карач Өмүрзактарды ээрчип, жер оодарып кетүүгө аргасыз болот. Солтобай акын элдин ыйлап-сыктап, жер которуп көчүшү арга түгөнгөндөн болуп, калкты падыша өкмөтүнүн жабыркатып кысмакка алышы аз келгенсип, ага жергиликтүү эл башкаруучуларынын зордук-зомбулугу, журтчулуктун камын ойлобой, өз ара араздашып кырдаалды курчуткан өзүмчүлдүгү кошумча болгондугун ачык баяндайт:

Азар болду калың журт,
Болуш бий менен тентектен.
Кош аман бол, жаныбар,
Айрылып көчтүк Челпектен.

Тилекматтын Чыныбай
Жети-Өгүздү жердеди.
Жети аталуу байга окшоп,
Кызыл-Суу, Жууку, Чычкандан,
Ыйлап көчтү элибиз,
Чыныбай журтту кыскандан.

Ыр коштошуу, арман түрүндө түзүлүп, багыты, стили жагынан «Текес менен коштошууга» өтө жакын Солтобай ар бир аймактын географиялык шартын гана мүнөздөбөстөн, ал жерде жашагандардын турмуш-тиричилиги жөнүндө да сөз козгоп, коштошуп жүрүп отурат. Акын

бул ырында да ыйык жерден, жайлуу конуштан ажыраган калктын кайгы-касиретин таасын чагылыштырып, жер-суу, Ата конуш адам баласынын жашоосунда күн тартибинен түшпөгөн түбөлүктүү проблема экендигин баса көрсөтөт. Кыскасы, Солтобайдын бул ырындагы ой толголор жеке бир адамдын гана кайгы-капасы эмес, жалпы журтчулуктун ары ойлонткон, миң толгонткон, көңүл төрүн уялаган түбөлүктүү маселе. Акын өзүнүн жеке кызыкчылыгын эл мүдөөсүнөн, калк турмушунан бөлүп карабайт. Ошондуктан өз ырында падыша өкмөтүнүн өкүлдөрү жана жергиликтүү башкаруучулар тарабынан жабыркаган жалпы элдин кызыкчылыгын чагылыштырып, эл атынан ырдайт:

Баш жагыңды мен айтсам,
Мелтиреген Кең-Көңдөй.
Аяк жагын Кулусун.
Журтуң сенден айрылып,
Көргөн күнү курусун.

Ырчынын Көл менен коштошуусунда да коомдук-социалдык маселелер курч көтөрүлүп, ыр демейдеги коштошуунун жанрдык рамкасынан чыгат. Солтобайдын чебер ырчы, улуу акындыгы өз заманындагы эл муктаждыгын туюп, аны калк сезимине жеткире ырдашында, замандын курч маселесин көтөрүшүндө турат.

Устаты Арстанбек сыяктуу эле Солтобай да коштошуу ырларында эл, жер тагдыры, адеп-ахлак, ыйман-ысап, замана мыйзамы, Ата Журттун келечеги жөнүндөгү маселелерди кошо камтып, замана поэзиясынан орун алган мотивдерди улантат. Акындын коомдук-социалдык көз карашы, айлана-чөйрөдөгү, журтту башкаруудагы, мыйзам жолундагы өзгөрүүлөрдү баамдашы да Арстанбектикине өтө жакын. Солтобай да Көл жээгин келгендер ээлеп, жер тарыды, адеп-ахлак бузулуп, нарк-нуска жоголуп карылар урматтан кетти, Көлдүн келечеги кандай болор экен? – деп катуу тынчсызданат. Буга төмөнкү ыр түрмөктөрү ачык күбө:

Капкайдагы чогулуп,
Калаа болдуң Каракол.

Калың журттун башына,
Балаа болдун Каракол.
Сарткалмагың бар эле,
Кыргызга жериң тар эле.
Ногой алды оюңду,
Орус алды боюңду,
Күндө салып оюнду.
Кокондук чыгып бир жактан,
Санап алды коюңду.

Жалгыз мазар талың бар,
Беш уруу журттун ортого
Талашка түштүң жаныбар.

Кыскасы, жер тагдыры эл тагдыры, анын келечеги акындын ырларынын борбордук маселеси болуп саналат, көп убакта сөз ошонун тегерегинде жүрүп, лирикалык салттуу ырлардын жанрдык мүмкүнчүлүгүнө, сүрөттөө объектисинин тагдырына карабастан, өз заманынын түйүндүү маселесин көтөрөт. Солтобайдын акындык кудурети, улуулугу, чебердиги ушуну менен өлчөнөт.

Табыйгат көркүн, жаратылыш байлыгын сүрөттөөдө ал өз учурунда жашаган эч бир акынды астына салган эмес. Текес өрөөнү сыяктуу эле Көл аймагынын кооздугун чоң сүрөткер катарында тасмага тарткандай көз алдына келтирет:

Жаныбарым, Ысык-Көл,
Калдырап аккан булагы,
Кымызынын ынагы.
Шалдырап аккан булагы,
Саамалынын ынагы.
Бетегеси, тулаңы,
Белгилүү жердин ынагы.

Жайлооң менен төрүң ай,
Жайнап жаткан көлүң ай,
Жакаң менен төрүң ай,
Толкунуң ай, шарың ай,
Токоюң ай, талың ай.

Чоң акын арман, коштошуу ырларындагы муңдуу мотивди жаратылыштагы өзгөрүүлөр, табыйгат кубулуштары менен терең айкалыштырат. Жаратылыштын адам суктанаарлык кооздугун, жер байлыгын көркөм сүрөттөө аркылуу ушундай жерден ажыроо эл үчүн оор жоготуу жана кайгы экендигин калк сезимине жеткирет.

Солтобай коштошуу ырларында Ата Журт конушу менен өз тагдырын бир текчеге коюп, өзүн жаратылыштын бир бөлүкчөсү катарында карайт. Ошондуктан ички ой толгоолорун көңүл чөгөргөн тынчсызданууларын жер, суу менен бөлүшүп коштошот:

Табылгыты, Сары кыр,
Салаа сайын баары кыр,
Замананын тары бул.
Айрылгысыз заман бол,
Кайран Ырдык аман бол.
Коштошоорго киши жок,
Оо, Кокуй-Көл, Ак-Дөбө,
Сен да мында турасың,
Кош айтышып кетемин,
Сен көргүчө аман бол.

Ырчы качандыр бир убакта журт тынчып, эл башына жакшылык келээрине ишенет. Көл өрөөнү менен коштошуп жер оодарып кетип бара жатып:

Тескейдеги сабатар,
Теги журтка таң атар.
Теңчилик кылып эл жатар.
Кылчайып журтуң келгиче,
Кыймылдатбай сабатар,
Кыйла журтка таң атар –

деп көңүл жубатат.

Жогоруда көрүнүп тургандай, акын коштошуу ырларынын жанрдык объектисин бир топ кеңейтип, анын коомдук-социалдык маанисин, эстетикалык таасирин арттырган. Өз учурундагы ырчылардын ичинен алгачкылардан болуп, жаратылыштын көркөм «дүйнөсүн» түзүп, ал аркылуу калктын турмуш-тиричилик, коомдук-социалдык жагдайына кеңири ой жүгүрткөн.

Солтобай өз учурунда чоң акын болгондугун бизге келип жеткен жогорку азыноолак ырлары эле ачык далилдеп турат. Ошондуктан, ал да кыргыз ырчылар тарыхынын башатынан орун алууга татыктуу.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 110.

[2] Ошондо. Инв. № 129.

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 110.

[4] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 110.

[5] Арстанбек. Бишкек – 1994, 22-бет.

[6] Ошондо. Түшүндүрмөлөр. 176-бет.

[7] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 142.

[8] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 142.

[9] Ошондо. Инв. № 421, 1057, 531, 438 (250), 142 ж. б.

[11] Ошондо. Инв. № 1057.

[11] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 412, 1269.

[12] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 412, 1269.

## САРТБАЙ БӨЛӨКБАЙ УУЛУ
*(1839–1919)*

Сартбай өз доорунун күчтүү акындарынан болсо да, негедир иликтөө алкагына алынбай коңулда калган. Илимий багытта алгач сөз козголуп отурат. Таластын Кең-Кол болушунда, кийин Манас аталган Чырканактын оозунда туулган. Чоң уруусу – кушчу, уругу – кенчим, анын ичинен тагаймат-жетиген. Ата-теги – кедей. Перимбердиев Боромбайдын айтуусунда Токтогул акындын, Ниязаалы комузчунун жана маалымдоочунун устаты болуптур. Ал акын гана болбостон, ар багыттагы көркөм өнөрдүн ээси болгон: ырчы, обончу, күүчү, комузчу жана кыл кыякты да чебер тартчу экен. Ошондой эле тегерегинен оюн-зоок кетпей, шайырлыгы менен күлкүнүн ордосу болгон. Боромбай «Токтогул акындык өнөрдүн көп жактарын Сартбайдан үйрөнгөн эле» – дейт. «Көзүм өткөндөн кийин ордумду Токтогул басат» – деп айтуучу экен. Чындыгында да ал ар кырдуу таланты менен оозго алынган көрүнөт.

Ал эми акындын жомок айтуудагы чеберчилиги эл оозунда аңыз сөзгө айланган. Репертуары бай көрүнөт. Буга мисал. Байгабыл ырчы Сартбайдан жеңилип, Осоке бийдин буйругу менен Чүйдөн чыгып кеткенден кийин бий ага бөтөнчө урмат-сый көрсөтөт. Өргөөгө киши толуп, акын ырдамакка баш коет да, «Саринжи, Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш», «Жаныш, Байышты», же «Ак Мөөрдү» айтып берсемби деп ырдап суроо салып келип отургандардын каалоосу менен «Саринжи, Бөкөйдү» аткарат. Ырдап жаткан учурда өзүнүн реалдуу адам экендигин унутуп, көркөм дүйнөнүн сыйкырдуу бакчасын аралайт. Буркан-шаркан түшүп, ээ жаа бербей, төр-

дөн босо-гого кандай желип отуруп жеткенин да билбей калып турат. Кыскасы, Сартбайдын эпосторду зор чеберчилик менен аткарышын маалымдоочулар бир ооздон бекемдешет. Анын Ожок аттуу уулу, бир тууганы Конокбайдын баласы Сулайман да акын чыгып, ал айтып жүргөн ири чыгармаларды, анын ичинен «Саринжи, Бөкөйдү» да аткарып жүрчү экен. «Саринжи, Бөкөй» бизге ушул Сулайман ырчынын айтуусунда жетип отурат. «Кожожаш» деле ушул аймакта жашаган айтуучулар аркылуу колго тийди.

Тилекке каршы бизге акындын аз гана ырлары белгилүү. Канча жашынан баштап ырдагандыгы, кандай чөйрөдө ырчылык өнөрканасы калыптангандыгы жөнүндө маалымат жок. Бирок, жаш кезинде сүйүү ырларына чын ыклас коюп, ийине жеткире аткарып алгач чыгармачылыгынын ушул жагы менен калк оозуна алынгандай. Ага анын жигит курагында махабаттын азабына чалынышы да кошумча болгон көрүнөт. Сартбайды түндүк, түштүк өрөөнүнө кеңири маалим кылган «Күңөтай», анын жалындуу жаштык курагынын күбөсү. Бирок, чыгарма бир учурда эле түзүлө койгон көрүнбөйт. Ырдын текстине кылдат көз жүгүрткөндө акын аны өмүр бою ырдап, улам толуктап, арзыганынан айрылган арман-муңун, сагыныч-кусадарлыгын чагылтып, аймагын кеңейтип, өркүндөтүп жүргөн көрүнөт. Ырдын варианттуулукка өтүшүнүн бир себеби да ушул болсо керек. Чыгарманын жаралышына Сартбайдын өз башынан өткөн окуя себепчи болот. Ал Күңөтай деген кызга үйлөнмөккө каражат издеп Анжиянга кетип кайра келсе, кызды атасы башка бирөөгө бермек болуп, тою түшүп жатканынын үстүнөн чыгат. Ошондо күнү-түнү үнүн баспай, той үстүндө Күңөтайды кошуп ырдайт. Сартбай ырында өзүнүн жардылыгын, оокат издеп, Анжиян, Койкапты кыдырып, жер кезгендигин ортого салат. Ырдын мазмунуна караганда кыз-жигиттин аталары бир кезде баталашып да койгон көрүнөт. Бирок, Сартбайдын атасынын өлүшү менен кыздын атасы «Кудайдан коркпой ак батасын жыят». Кыскасы, реалдуу окуянын негизинде текст жана обон жаралат. Арман-муңга, ыза, наараზылык-

ка, күйүткө толгон ырдын текстине муңдуу обон шайкеш келет. Ал эми Сартбайдын аткаруу чеберчилиги, үнүнүн бийик мукамдуулугу чыгарманын андан бетер ажарын ачат. Ыр өзүнүн формасы жагынан элдик ырга көбүрөөк жакын. Бирок, бардык катталышта Сартбай ырчыга таандык стилдик курулмалар, туруктуу ыр түрмөктөрү, акындык почерки ачык сакталган. Чыгарма бүтүндөй Кыргызстандын аймагына кеңири тарап кеткен. Ага себеп ыр Сартбай ырчы сыяктуу коомдогу социалдык, материалдык жагынан коргоого алынбаган адамдардын турмушун даана чагылдырат. Анткени, өткөн заманда калың төлөй албай арзыганынан ажырап, арманын, күйүтүн, ызасын көөдөнүнө батырып, жаны кейиген жаш уландар басымдуулукту түзгөн. Ошондуктан алар Сартбайдын бактысыздыгын өз тагдыры катарында кабыл алышкан. Ыр ооздон-оозго өтүп, алымча-кошумчаланып, оозеки чыгармачылыктын жанрдык белгилерин өз боюна сиңирген. Бирок, ал кайсы аймактан катталбасын, ырчыга таандык почерк сакталып калган. Сартбай ушул ыры менен улуттун профессионалдык музыкасына да өз салымын кошкон. Башка обондору, күүлөрү жөнүндө даректүү маалымат жок. Дегеле өз учурунда калктын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон ар тараптуу даңктуу өнөрпоз жөнүндө жарытымдуу материалдын жетпегендиги өкүнүчтүү. Ал он тогуз жашында эле кадимкидей оозго алынып, элге таанылып калат. Буга ачык мисал. Сартбайдын дайнын угуп, солтонун Осоке аттуу бийи акындык дараметин сынап, сындан өтсө жарчылыкка даййындалмакка атайылап Таластан чакыртат. Чүйгө ушул келишинде Байгабыл акын менен айтышат. Айтыш Осокенин өргөөсүндө өтөт. Өргөөгө кирип, жыгач керебетине чалкалап жаткан такыр баш кишини көрүп, «оору болсо керек, отургандар көңүлүн сурап келгендер го» – деп ойлойт. Төрдө отурган карыя алик алып, жөн жайын сурап билет. Ошондо Осоке бий: «Чакыргыла Байгабылды, экөөн айтыштырам, жеңсе жарчы болот, жеңилсе байталдын куйругуна байлап өлтүргүлө, былтыр чакыртсам келбей, быйыл келген тура» – дейт. Байгабыл эшиктен эле каптап ырдап, үйгө кирет. Ага жооп бермекке ырдап, узарта

берерде капшыттагы бир киши «Кыйын болсоң, Осокенин таздыгын кошуп ырда, ырдабасаң мен өлтүрөмүн» деп өктөм үн чыгарганда тобокелге салып:

Маңдайдан аккан сел белем,
Байкап сүйлө, Байгабыл,
Осокедей бийиңдин
Башын жеген мен белем?–

деп сабалап ырдап, отургандар арасынан күлкү чыга баштаганда төрдөгү карыя «токтот» деп токтоттурат. Эки акынды комуз черттирип күч сынашканда Сартбай бычактын мизи менен бир канча күү чертип, кезекти Байгабылга берет. Ал да күүнү бычактын мизи менен черте келип, комуздун ортоңку кылын тарс кыркып алат. Ансыз ызага буулугуп, ачуусун токтото албай араң отурган Осоке бий «жеңилдиң» деп тилдеп киргенде Байгабыл эшикке чыгып кетет. Ошону менен Сартбайдын ырчы, комузчулугу даңазаланып, бир топко жүрүп, олжолуу Таласка кайтат.

Анын дагы да казак акыны Акматбек кызы Мыскал менен айтышып, жеңип кеткендиги жөнүндө маалымат бар. Баяндоочунун кабарында айтыш Сартбайдын колуктусун башкага алдырып, ызасына чыдабай, армандуу ыр чыгарып, көңүлү чөгүп жүргөн кезинде өтөт. Экөө Олуя-Атанын Кең-Чий деген жеринде бир тойдо беттешет. Бир акынды жеңип, дөөгүрсүп отурган кызга Сартбай ары өктөм, ары курч ырдайт. Кыз баланын аруулугу, тазалыгы жөнүндө сөз козгоп келип, «кыз эмес кыздын аты совда (соода) катын» деп каршысынын намысына тиет. Экөө бир топко чайкашып келип, кыз табышмактуу айтышка өтөт. Кыздын табышмагы стилдик курулмасы, мазмуну боюнча бир топ татаал айтылгандыгына карабастан, Сартбай жандырмагын жандырып кетет. Материал казак тилинде бизге жеткендигине караганда айтыш казакча эле өткөн өңдүү. Чыгармачылык багыты ар кырдуу лирик жана жомокчу акын Сартбайдын кыргыз маданиятына өз алдынча кошкон салымы бар.

## ЖАНЫШ
*(1843–1899)*

Жаныш акындын чыгармачылык өнөрүнүн күрдөөлдүү учуру казак жергесинде өтүп, Талас аймагына кийинчерээк көчүп келет. Түбү – кушчу, кушчу ичиндеги сабатардан[1]. Жаныштын жашаган жылдары, ырдаган ырлары жөнүндө бардык кабарчылар бирдей эле маалымат беришет. Мисалы, К. Мифтаков топтогон материалдар анын чыгармачылык өмүр жолу төмөнкүчө мүнөздөлөт: Жаныш акын 1843-жылы төрөлөт. 1876-жылы казак элинен өз жери Таласка көчүп келет. Үнү бийик болуп, көбүнчө дин ырларын аткарган. Өзү сабаттуу эле, оокаттуу, тың жашоочу. Ырларын көбүнчө казакча ырдоочу, 1889-жылы каза табат[2]. Кыргыз жергесинде бир канча жыл туруп калса да, ырларын кыргызчалата албайт[3]. Дагы бир маалымдоочу төмөнкүдөй маалымат берет: Жаныш акындын уруусу кушчу ичиндеги сабатардан. Чоң аталары бир кыргыз- казак согушунда колго түшүп кетип, казактын аргын уругунда тама деген элде туруп калышат. 1843-жылы төрөлөт. Ырга аябай шыктуу болуп кеткен экен. 1876-жылы Таласка өз элине көчүп келип, Чат-Базар» – деген жерде жашап өтөт. Таласка келгенде казак кыргызга бирдей ырчылык кылган[4]. Бардык айтуучулар анын үнүнүн бийиктигин, кооздугун, дин ырларын көп аткаргандыгын белгилешет. Жаныштын аткаруучулугу өзгөчө артык эле дешет. Ал ырдаганда эл бир ыйлап, бир күлүп кунт коюп угушчу экен.

Кыскасы, негизинен бардык кабарчылардын маалыматы бирдей: анын төрөлгөн, өлгөн жылы катарында бир датаны 1843–1899-жылдардын аралыгын көрсөтүшөт.

Акындын казак жергесинен келгендиги, ырларын казак тилинде жаратышы, репертуарында диндик чыгармалардын басымдуулугу жана ата-теги, жашап өткөн, өмүр сүргөн жерлери жөнүндө берилген маалыматтар да күнөм туудурбайт. Эл оозеки чыгармачылыгын жыйноочу К. Мифтаков да Жаныш акын жөнүндөгү маалыматтарды бир канча адамдардан уккандыгын, «Каракул» поэмасын Токтогазы Нусуп, Сүйүнтбек Ыса уулдарынын кол жазмаларынан көчүрүп алгандыгын көрсөткөн[5]. Жаныш сабаттуу акын болгондуктан чыгармалары эл арасына кол жазма түрүндө да тараган. Ал жөнүндө Токтогазы Нусуп уулу мындай дейт: «1875-жылы «Каракул» поэмасын Жаныш акындан бирөөгө жаздырып алып, ошол кол жазма аркылуу жаттап, айтып жүрдүм».

Кийин түрмөдө отуруп, казактардын арасында баягы казалды айтсам: «Жаныс акын айтушы еди, казыр сеннен угып отурмыс» – деп билип коюшту. Мен көп жерин унуткан элем, кайтадан эсиме түшүрүп, казакча жазып чыктым да дастан түрүндө казак, кыргыздарга окуп берип жүрдүм[6]. Сүйүнтбек Ыса уулунун кол жазмасында да «Каракул» чыгармасы 1885-жылы Жаныш акындын өз оозунан жазылып алынгандыгы айтылат. Бирок, «Каракул» Жаныштын төл чыгармасы эмес. Аны китептин мазмуну аркылуу айтуучу экен. Анткени, «Каракул» поэмасы 1883-жылы Я. Лютш «түзгөн Кыргыз (казак) хрестоматиясында» жарык көрөт[7]. Китепке чыккан нускасы менен Жаныштын айтуусуна салыштырып караганда айрым гана стилдик, лексикалык айырмачылыктар болбосо, экөө бир эле чыгарманы түзөт. Дегеле, Жаныш акындын чыгармачылык багыты, акындын салмагы, социалдык көз карашы жөнүндө жыйынтыктуу ой айтуу кыйын. Анткени, анын төл чыгармаларынын ичинен «Чөжө акын менен айтышы», «Коён жылы» гана белгилүү. Жогорку эки чыгармадан башка, «Каракул», «Карчыга менен көгүчкөн» аттуу диндик поэмаларды айтуучу экен. Өзүнүн чыгармасы делген жогорку экөө да анын чеберчилиги, социалдык көз карашы жөнүндө толук маалымат бере албастыгы белгилүү. Маселен, «Коён жылында» жут, ачарчылык болуп,

мал, жан кырсыкка учурап, элди жокчулук жабыркаткандыгын, жылдын катаалдыгын баяндайт. Бул жылы кыш катуу болуп, «ак буудайдын наны жок», «коюндарына арпа көмөч катып жакырланган элди айтып мындай дейт:

Коёндун катуулугун мындан болгон,
Коёндой күтө албадым сыйыр малды.
Тынчтык жок бир малымды ала качтым,
Арык сан созулуптур тарамыштай.
Бир жерде ак самандын жыты чыкса,
Жүгүрдүк кетмен ала кыраан куштай.

Арийне, Жаныш акын элүү жылдык өмүрүндө көп ырларды жараткан эки элге бирдей ырчылык кылып, бекеринен «кара жаак» аталбаса керек. Жердештери да чоң акын катарында мүнөздөшөт. Бирок, акындын чыгармачылык өмүрүнүн теңинен көбү казак жергесинде өткөндүктөн, жаш кезде ырдаган ырлары бизге белгисиз. Өз элине көчүп келгенден кийинки ырлары да толук колго тийген жок. Жердештеринин, небересинин айтуусунда, андан көлөмдүү кол жазма калып, Бирок, жоголуп кеткен дешет. Анын уулу Кишенбай акындан да өз убагында жазылып алынбаган. Жаныш менен Чөжөнүн айтышында 1968-жылы биринчи жолу катталган. Жаныштын ырын эл ичинде сактап калгандар да аз. Анткени, ырлары казак элинин акындык чыгармачылыгынын салтында калыптанып, 11–12 муундан түзүлүп, өлөң формасында казакча ырдалган. Ал эми 7–8 муундук элпек, жеңил речитативдик формага көнүп, ошонун салтында тарбияланган кыргыз угуучуларына Жаныштын ырларын эсте тутуп, жаттап калуу кыйын болгон көрүнөт. Акындын чыгармаларынын кол жазма – казал түрүндө тарашы да ушул жагдайга байланышса керек. Жалгыз айтышка карап, анын ырчылык дарамети, чеберчилиги жөнүндө жыйынтыктуу ой айтуу кыйын. Дегинкиси Жаныш жөнүндөгү сөз алгач козголуп отурат. Чөжөнүн айтыштарда тиш кагып дасыккан акындыгына карабастан, Жаныш сөздөн алдырбайт. Каршысынын чабал жагы шарыяттын жол-жобосун начар билгендиги экендигин баамдап, басымды, сөздүн багытын ушул жакка буруп, бир топ жерге алып барып таштайт. Айтыш

өткөн мезгилде анын талантынын курчуп, жаштык күч-кубаты артып, баралына келип тургандыгын кабарчылар да ырасташат. Дээрлик бардык маалыматтарда айтышкан учурда Жаныштын отуздан ашкандыгы, Чөжөнүн жетимиштин тегерегинде экендиги маалымдалат. Айтыш Жаныш Таласка көчүп келгенден кийин (эки жылдын аралыгында) өтүп, кыргыз акыны катарында айтышка түшөт.

Чыгарманын эки варианты бар. Бирөө Молдосан Жунушалиевдин айтуусунда, ал Жаныштын баласы Кишенбайдан угуп, үйрөнгөн экен. Экинчиси Алиманов Кадыркул үзүндү түрүндө жаздырган, ал айткан нуска боюнча корутунду бөлүмүнө жана айтыш аяктагандан кийин эки акындын ырдашуусуна басым жасалат. Экөөнүн кандай жагдайда беттешип калгандыгы жөнүндө эки маалымдоочу тең толук, бир топ ишенимдүү кабар берет. Айтыш Байтиктин өз үйүндө өтөт. Кадыркул карыянын айтуусунда Жаныш алыстан атагын угуп бир жүздөшсөм – деп эңсеп жүргөн залкар акын менен айтышуудан чочулап жүрөкзаада болот. Ырынын мазмунуна караганда түшүнө да кирген көрүнөт. Экинчи жагынан «күч сынашып көрсөмбү?» – деп жаштыгына менменсине делөөрүп эки анжы болуп турганда иш түйүнүн Байтик чечип: «Бир тогуз байге сайып, Жаныш экөөң айтыштырам, Жаныштын башын Рыскулбек кармасын, мен Чөжөнүн башын кармаймын» – дейт. Жаныш өзүнүн башын манап кармабай, казак Чөжөнү кармаганына тырчый түшөт да, «уругуң ким?» деп сураган Байтикке:

Сурасаң уругумду эр Каратал,
Ичинде Караталдын мен Сабатар.
Сабатардын ичинде ата уулумун,
Кул эмесмин, Байтиктей бауры такыр төшкө жатар –

деп ырдайт. Ошондо манап: Жаныш балам, алиги өлөңүң даамдуу болду, кайтып айтчы? – дегенде тайсалдап: «Караталдын ичиндеги сабатармын. Боору такыр төшкө жатар өзүңдүн кулунуңмун» – деп башкача буруп ырдайт. Буга Байтиктин ачуусу келип: «Кушчунун жылкысы жорго, өздөрү молдо болот жана башка айтып, эми сөздү буруп кеткенин кара – деп жаака бир чабат. Эки акынды

айтыштырмакка камынып калышат. Айтышаар алдында, Жаныш манаптын алдына барып:

Кече мен бир сөз айттым шайтан болуп,
Чыгардың шайтанымды жаагыма уруп.
Жүзүмө кызыл чырай нур толуптур.
Кубандым айна менен карап туруп –

деп кечирим сурап, батасын алат. Кыскасы, Чөжөнүн Жаныш менен беттешүүдө Жаныш өзүн үстөмдүк кылуучу таптын кысымында жабыркап, чыгармачылык эргүүсү, ырчылык таланты чектөөгө алынган акын катарында көрүнөт. Бир эле учурда манапка эки башка баа берет, биринде «кул», «тексиз» деп курч айтып ачуусуна тийсе, ошол эле учурда манаптын кабагынан калтаарып «кулуңмун» – дейт. Эртеси башка позицияга өтүп, «Сиздин шапалагыңыз тийген бетимдин оту нурданып, бир башка боло түштүм» – деп, манаптын алдында жалтактайт.

Кантсе да Жаныш Чөжө менен айтышаар алдында бир топ бушайман болгон көрүнөт. Жердештеринин айтуусунда Кишенбай атасынын ырын «түшүмдө жылан көрүп, арбашып жеңип жатыпмын, Чөжөнү жеңемин» деген мазмунунда ырдачу экен. Тилекке каршы мындай мазмундагы ыр колдо жок. Молдосан карыя муну башкача түшүндүрөт. Жаныш үйдөн чыга бererде бир кара чаар жылан тикесинен сайылып тура калат. Анын чочубастан, башын жа-ра тепсеп, басып кетет. Ошондон улам муну төлгө кылып, «кантсе да Чөжөнү жеңемин» – деп Байсабанын өргөөсүнө бек ишеним менен кирет. Эки маалыматта тең сөздү Жаныш баштап, эски китептерди окуп, дин поэмаларын аткарып жүргөндүктөн, сөздү шарыяттын жол-жобосуна буруп, каршысын ушул жагынан кармоого аракет кылат:

Айтамын айт дегенде кудай бирөө
Бар бекен көлдө көпүрө, көктө тирөө?

Жараткан парчамысты бир кудайым,
Жаратты кудай артык Күн менен Айын.
Чөжө сен журттан ашкан акын болсоң,
Шарыяттан бес-алты ооз сөз сурайын.

Арасы Жер мен Көктүн көз көрүп тур,
Турады не көтөрүп кара Жерди?[8]
Чөжө да өз доорунун түшүнүгү менен:
Үстүндө жел дарыянын балык турар,
Балыкка өгүз бутун салып турар,
Оа балыктын үстүндө көк өгүз бар,
Мүйүзү менен кара Жерди алып турар –

деп жооп кайтара келип, «шарыятсыз эле кара өлөңгө өтөлү» – дейт. Жаныш Чөжөнүн шарыяттын жол-жобосун начар билгендигин байкай коюп:

Жаксыга мен тааныс болдум ылгай жүрүп,
Башайы мен манантты шулгап жүрүп.
Шарыят сенин не теңиң, сокур Чөжө,
Шапаңдын этегин булгап жүрүп –

деп анын азиздигин, динден түнтөйлүгүн айтып, шылдың ыргытат. Чөжө да өз кезегинде «Сен жууп жүрсүңбү этегимди», «али аял албай бойдок жүрүпсүң (аялы өлүп калган болот); казак, кыргызды алдап тентип жүргөн бир куусугой» – деп, намысына тие турган сөздөн козгойт. Жаныш андан ары:

Мырзага Рыскулбек эрип жүрмүн,
Алланын буюрганын көрүп жүрмүн.
Мен сендей багы тайган көр акынга,
Ат, чапан кудай гып берип жүрмүн.–

деп өзүн көтөрө чалып, мактаныч кылат. Чөжө да сөз кезегин кетирбей, «үйүндө кашык айраны жок сорлы арсыздын демине кан бышып мактанып турганын кара» – деп шылдыңга алат. Өз кезегинде Жаныштын:

Бай болсоң, бул жайларга келмес едиң,
Ар жерде жетектетип жүрмес едиң,

үйүңдө казынаң көп болсо, доорон сүрүп, ыракаттанып жатар элең – деген сөзү жүйөөлү чыгат.

Андан кийин эки акын бири-биринин турагы жөнүндө сөз козгоп, Чөжө өз элимде, өз жеримде жүрөмүн дегенчелик кылып, көтөрүлө ырдаган Жанышка:

Карачы айткан сөзүн заңгар сенин,
Элиңде жаксың барбы даңгар сенин.

Кушчу элиң болгонда, Талас жериң
Аулында бул Байтиктин нең бар сенин.–

деп сөз кылтагын ыргытат. Жаныш да Рыскулбек менен таяке, жээн экенин, тууганчылык менен келгенин айтып, сөз өмөтүн кетирбейт. Чөжөнүн түпкү теги саруу экендиги айтыштан да орун алат. Акын:

Мен – Саруу, Жаныс – кушчу, чала буудан,
Байтик эр экөөмүзгө ара тууган
Арбакка салармын, арстан Байтик,
Кем көрсөң Чөжө агаңды Жаныс куудан. –

деп өзүнүн Байтикке, Жанышка да бөлөк-бөтөн эмес экендигин баяндайт. Жаныш да өз кезегинде:

Байтикке тууган болсоң келгин көчүп,
Улуу жүз көзүңдү ойгон, төбөң тесик.
Алты ай кыстай Байтикке амандаспай.
Даувталы, Манкеде жаткансың сен караң өчүп –

деп, маселени кабыргасынан коет. Ушул жерде Чөжө ички ой толгоосун, эл-журтуна, өз турагына болгон кусадарлыгын ортого салат:

Байтик эр, атым арып, жүдөп жүрмүн,
Кез келсе ар жаксыга түнөп жүрмүн.
Конуш анда болсо да, көвлүм мында,
Сыртыңан тилеуңы тилеп жүрмүн.

Бирок, анын жүйөөлүү ырдаган ыры жоопсуз калат. Жаштыгына дөөгүрсүгөн жана кантсе да жеңип чыгууга далалаттанган Жаныш:

Алдымда бий Саба агам болгон Серик,
Камсыбай иним жүргөн соңумда эрип.
Айланып мен тулпардай түбүм таптым,
Сен жүрсүң орто жүздүн болуп терип –

деп улуу акындын көңүлүн оорутат. Чөжө да ал айткандай, элсиз, жерсиз тентип жүргөн адам эместигин «аркада калың аргын эли» бар, Ыбырай аттуу дубан басы, «аскар беги бар» экендигин айтып, жүйөөлүү ырдайт. Аягында Жаныш Байтикке кайрылып: «Кече берген чапаныңды кайра ал, сокурга бергендин кайры тийбейт» – дейт Чөжө: «Төө деген бир мал болот. Чайнаганын билип, жутканын билбейт. Жаныс сол төө сыяктуу адам, аузына не кирге-

нин, не шыкканын билбейт» – деп шылдыңга алат. Анда Жаныш молдого кайрылып: «Сокурга бергендин кайры тийбегени чынбы?» – деп сураганда молдо ошондой дейт. Чөжө: «Жаныс бедам, үй сеники болду, өз жыйынша айта бер» – деп отуруп калганда Жаныш:

Байтик эр тогузуңду оңайлагын,
Түшүрдүм көр Чөжөңдүн тогайрыгын.
Байгеден атып чыгып келе жатыр,
Бирин «Бает», бирөөвүң «Канайлыгын»,
Сокырга берген кайры тийбейт деди,
Аузынан темир шишен түйрөйт – деди.
Мойнунан кыл чылбыр менен сүйрөйт – деди.
Барганда акыретке сокыр киши:
«Мен кайдан алып едим» – деп билмейт деди[9]–

деп айтышты жыйынтыктайт.

Ушуну менен Жанышка байге ыйгарылат. Экөөнүн айтышы сүрөө айтыш эмес, алым сабак айтышын түзөт.

Кадыркул – карыянын маалыматында айтыш аяктагандан кийин Чөжө менен Жаныш ырдашып, Чөжө ары өнөрлөшү, ары жердешине өзүнүн алыс жерде жүргөндүгү ички ой толгоолорун, ата-теги жердеген Ала-Тоого, кашка сууга болгон кусадарлыгын, эли-журту менен акыркы ирет коштошууга келгендигин баяндайт. Өзүнүн акындык өнөрдөн аброй, урмат, сый тапкандыгын, казак калкы көңүл төрүнөн орун бергендигин, бул жерге тогуздап мал айдап, байып кетүү үчүн келбестен, өзүнө окшогон инилерине өрнөк калтыруу үчүн келгендигин баяндайт. Жаныш да айтышка түшкөндөй өктөмдүк кылбай, өзүн басмырт, сылык-сыпаа кармап, өнөрлөш агасынын ой толгоосун түшүнүп, залкар акындын көңүлүн оорутуп алгандыгы үчүн Чөжөдөн кечирим сурап ырдайт. Чөжөнүн суроосу менен Таластагы саруударга бирге барып, ээрчип бир топ жүрөт. Чынында да залкар акын Жанышка зор таасир калтырган өңдүү. Жердештеринин эскерүүсүнө караганда өз чыгармачылык өмүрүндө Чөжө менен жолугушуп, аны менен айтышканын көңүлдөн чыкпас эстелик катарында канагаттануу менен эскерчү экен.

Арийне, өз учурунда казак, кыргызга бирдей ырчылык кылган ары төкмө, ары казалчы Жаныштын адабий мурасын жогорку азыноолак чыгармалар түзбөйт. Бирок, колдо азыноолак гана материал болгондуктан, кеңири ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап отурабыз.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 7[а].

[2] Ошондо. Инв. № 7[а].

[3] Ошондо. Инв. № 829, 232.

[4] Ошондо. Инв. № 201. 54-бет.

[5] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 7[а].

[6] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 829. 231-бет.

[7] Киргизская (казакская хрестоматия). (Составитель Л. Лютш). – Ташкент, 1883. С. 158–168.

[8] «Коён жылы» К. Мифтаков 1923-жылы Эркебай Бердибай уулунан жазып алган (Эркебай Бердибай уулу Талас өрөөнүндө жашап, акындык шыгы бар. Жаныштын ырларын угуп, таасир-таалим алган, эл арасында айтып жүргөн киши, айрымдарын жаздырып алып үйрөнгөн Эркебай Бердибай уулунун айтуусунда акындын жогорку ыры 1889-ж. ырдалат. Кол жазмалар фондусу. № 7[а].

[9] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 599 (5237). № 1 дептер, 42–64-беттер.

[10] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 599 (5237). № 1 дептер.

[11] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 600 (5238). 3-дептер.

## НАЙМАНБАЙ БАЛЫК УУЛУ
*(1847–1913)*

Найманбай Балык уулу – айтыш акыны, жомокчу. Сенек мезгилинде сындалып иликтөө алкагынан четтетилген акындардын ири алдында турат.

Өз заманында жашаган ырчылардын көпчүлүгү менен айтышкан экен. Толук эмес маалыматка караганда да алардын саны бир топ: Калмырза, Бекназар, Жаманкул, Эсенаман, Токтогул, Эшмамбет, Нурмолдо, Куйручук, Кара Курман. Жогоркулардын ичинен айрым айтыштарынын тексти толук болбосо да колдо бар. Айрымдары аны менен беттешкен ырчылардын же ал жөнүндө кабардар акын же маалымдоочулар аркылуу бизге жетти. Алсак, Эсенамандын уулу Үмөтаалы өз ырында

«Балыктын уулу Найманбай
Айтышкан экен тайманбай» –

деп атасы экөөнүн беттешкенин эскерген экен. Кабарчынын айтымында Балыктын кичи уулу Алчинбайдын да акындыгы бар, Бирок, чоң молдо экен. Бир жыйында Найманбай менен Нурмолдонун айтышканын угуп, «Молдо киши акын болбош керек экен» – деп ырчылык өнөрдү аздектебей таштап коёт. Наркүлдүн ырындагы маалыматка караганда Найманбай анын да чоо жайын тарткан көрүнөт. Бул Жеңижок менен Наркүлдүн айтышканынан орун алган фактылар менен бекемделет:

Ай тамгалуу солтодон,
Айманмай чыккан ортодон.
А дагы бир аз бет келген,
Айтышамын деп келген,
Апаңдын сырын билген соң,

А киши да астыртан
Аз кошомат кеп берген.

Булар бизге белгилүү гана. Балким эл эсинен чыгып, жетпегендери да бар чыгар. Айтыш акынын эсептеп отурганыбыздын себеби да ушундан.

Уруусу – сарыбагыш чоң чарыктан. Атасы Балык алгач Талас өрөөнүндө жашап, Чүйгө кийин көчүп келгендиктен, Найманбай Таласта төрөлгөн экен[1]. Балык 1887-жылы Арчалууда дүйнөдөн кайтып, сөөгү Боз Бөлтөккө коюлат. Атасынын сөөгү коюлган жерди каралапбы, же Балыктын солтонун жерин жердеп, элине алынып сиңип кеткендигиненби, же башка себеби барбы, а да Чүй өрөөнүндө жашап өтөт. Сөөгү ушул өрөөнгө коюлат. Айрыкча XIX кылымдын аяк ченинде бул чөлкөмдө жашаган акындардын ары сакалдуусу, ары күчтүүсү болуп, эч бирине жол бербегендей көрүнөт. Буга мисал, 1906–1907-жылдары Чолпонкул манаптын уулу Сатай баласына чоң той берет. Ошол учурда Жаманкул ырчы 15 жаш курагында эл көп чогулган чоң жыйынга ырдап чыга элек болуп, тойдун кабарын укканда түшүндө түйшөлүп, өңүндө күйшөлүп дегендей, барып ырдасам дегенде ак этпекенден так этет. Эртеси тойго барып ырдап жүрсө, Найманбай туурадан чыгып:

Тескейдеги ороого
Жатып алган баласың,
Тери шымың көтүңө
Катып алган баласың.
Аймакеңден бата албай
Балам, канткенде жолун табасың?
Он күнү айтсам түгөнбөйт,
Атамдан үйрөнүп алган Манасым.
Мен торусу элем жылкынын,
Торгою элем ырчынын,
Буурулу элем жылкынын,
Мен булбулу элем ырчынын –

деп төгүп ырдап, чабуулга өтөт. Ал эми мындай чоң жыйын акындык өнөрдүн сыналуучу жайы болгон. Эгерде ал өзүнө каршы ырдаган ырчыга жооп бербей калса, анын жеңилиши катарында саналып, андан ары чыгармачылык

өрүш алып, даңгыр жолго чыгышына кедерги болгон. Жаманкул муну түшүнүп, Найманбайдын айтышта тажрыйбалуулугуна, элге кеңири таанылып, калгандыгына карабастан, төмөнкүчө курч жооп кайтарат:

Ал айтканың дагы ырас,
Бул айтканың дагы ырас,
Аймаке, торусу элең жылкынын,
Торгою элең ырчынын,
Эми торусу элең басындың
Торгою элең атылдың.
Алтымышка чыкканда
Азуулуну чалыпсың.
Көкүрөгүң киргилдеп,
Көзүңдүн асты ириңдеп,
Аймаке, эми айтыша албай калыпсың:

Андан ары каршысынын сөзүнө карата зайыбынын жүрүм-туруму жөнүндө айыл ичине тараган айың сөздөн козгоп[2] Найманбайды сөзгө жыгып кетет, же Калмырза экөөнүн ортосунда түзүлгөн мамиле, чыгармачылык карым-катыш акындын мүнөзүнүн оргу-берги оройлугун, беттегенин бербеген өжөр өктөмдүгүн, алды-артын байкабаган энөөлүгүн ачык айкындап турат. Алгач экөө аш, тойдо бирге ырдашып, ымалашып жүргөн сыяктуу. Бул Айылчы байдын тоюнда Калмырзанын Найманбайды коштоп ырдашынан[3] ачык көрүнөт. Кабарчынын маалыматы боюнча Найманбай Калмырзага Бишкектен жолугуп калып, той берип жаткан байдын айылына ээрчитип барып:

Оо бай Айылчы сен элең,
Балык уулу мен элем.
Куйрук, жалы көшүлгөн,
Кунан берчү эр элең –

деп ырдап калат. Анын эрте келип тойду даңазалабаганына жини келген Айылчы көгөндөлүп турган талтагай мүйүз сары эчкини берип, шылдыңга калтырмак болот, Найманбай болсо өзүнө таандык өктөмдүк, өжөрлүк менен:

Оо мен улагыңды албаймын,
Убалыңа калбаймын.

Сары эчкинди албаймын,
Андай сөзгө калбаймын.

Мен оозанганымды аламын,
Окчун кеткен кабарым
Мен каалаганымды аламын,
Казакка кеткен кабарым –

деп үстү-үстүнө ырдап, а да көгөрөт. Ошондо Калмырза өнөрлөшүн коштоп ырдап:

Бул тойго жар чакырчу сен байкуш,
Сени жандап келген мен байкуш.
Мобу төртөөбүз бирдей тең байкуш
Төртөөбүздүн ичинде
Бөтөнчө төө мүчөлүү сен байкуш
Бул Айылчыны билемин,
Тетири жазат кагазын,
Тескери окуйт кагазын,
Тою таркап кетиптир.
Эминесин аласың? –

деп көпчүлүк арасында күлкү чыгарат. Ыр курч мүнөзгө өтүп баратканда бай сарыбагыштардын арасында кепке-сөзгө калуудан чочулап, ырчыларга ат жетелетет.

Бирок, кийинчерээк экөөнүн мамилеси бир аз солгундагандай көрүнөт. Калмырзанын «Акылыман шашкамын Балыктын уулу Найманбай арбагынан качкамын» дегенине караганда анын Олуя-Ата, Меркини кыдырып, Таласка кетишине, Бошкой, Байсейит айлын айланчыктап жүрүп калышында Найманбай менен жол талашуу себепчи болгондой. Кантсе да чоң манасчы Балыктын уулу катарында солто элине алынып, жана да аброю артып, чоң ырчы катарында журтчулукка таанылып калган Найманбай жаңыдан канатын күүлөй баштаган. Жарды Калмырзанын тең тайлаша албастыгы белгилүү эле. Кийин Калмырза чоң акын катарында калкка таанылып калганда Найманбай экөө айтышат. Эки ырчынын айтышы калк арасына кеңири тараган. Бир, эки түрмөк ырын болсо да эске түшүрүп, айтыштын эмне себептен чыккандыгын маалымдоочулар эл ичинде көп. Кабарчынын айтуусунда беттешүү 1900–1904-жылдар-

дын аралыгында[4]. Чолпонкулдун уулу Жапаркулдун ашында, болжол менен Калмырзанын 34–36 (1866-жылы туулганда), Найманбайдын 56–58 жаш курагында, Жыламыш Жайлоосунда өтөт[5]. Найманбай экөөнүн айтышып калышына ашта жарчылыктын Калмырзага ыйгарылышы себеп болот. Анткени, аш өткөн мезгилде бул чөлкөмдө Найманбайдан өткөн ырчы жок эле дешет. Бирок, үй тигилип, бүтүндөй кыргыз, казактан меймандар келип жатканда Найманбай жок болуп калат. Чолпонкулдун кабагы салынып, капа болуп турганын көргөн Калмырза «эки чакырым жерге угулуп турчу» шаңкылдаган бийик үнү менен манаптын көңүлүн жубатып ырдайт. Калмырзанын добушу, ырды аткаруу жөндөмү, сөздөрү Чолпонкулга жагып, жакшы ырчы табылганына кубанып, жарчылыкты ага ыйгарат.

Ошол тапта Найманбай келип калып жар чакыруунун Калмырзага ыйгарылгандыгын билип, аны айтышка чакырат. Бир кабарда жарчылык талашка түшүп, кайсы жеңгени чакырсын деп атайылап айтыштырышат[6]. Айтыш курч жагдайда, кордоо багытында өтөт. Жогорку Айылчы байдын тоюнда Калмырзанын таттуу маанайда өнөрлөшүн коштоп ырдаганын эсепке албаганда эки акын мурун-кийин да чарпыша кетип жүргөн өңдүү. Алсак Найманбай Калмырзанын аялын (ал ага жеңе аял болот):

Жеңең десем энеңдей,
Энең десем жеңеңдей,
Энең десем эне эмес,
Же энеден бир жери кем эмес –

деп өнөрлөшүнүн үйүндө отуруп, шылдыңдап ырдаган эсен. Кыскасы, эки ырчынын ортосунда сөз ыргытып чарпышуулар мурун да болуп жүрсө да, кадимки курчуган айтыш түрүндө Жапаркулдун ашында өтөт. Бул кезде Калмырза да күчүнө толуп, ырчылык чеберчилиги артып турган мезгили болот. Найманбай айтышта кеңири колдонуп жүрүүчү ыкмасына салып:

Бирер сөзүм карасаң,
Сөөмөй менен сайгандай,
Бирер сөзүм карасаң,
Каргылы кара тайгандай.

Же:

Мен бүркүт деген балбанмын
Сен өңдөнгөн балдарды
Нечен эңип алгамын,
Текөөрүмдү малгамын.

Атам Балык ар кимден көргөн ыракат «Калмырза, балам, кедейсиң», «жаанга жатып куурап» жан бүткөндү туурап, өмүрүң жарды-жакырчылыкта өттү, «мынча неге дуулайсың» – деп өзүнүн акындын кудуретин, ата-тегин көтөрө чалып, мактап, Калмырзаны кемсинте ырдайт. Калмырза өз кезегинде каршысынын сөзүнөн кеткен калпыс жерин туура баамдап:

Адам туруп куш болдуң,
Карыганда Найаке,
Калмырзага туш болдуң.
Сен куштан тууган буудайык,
Канакей, мен кайсы кушка ылайык?–

деп суроо салат. Найманбай да сөз өөмөтүн кетирбей:

Балам, атыңды коюп берейин.
Кыргый деген бир куш бар,
Бөдөнө кууп бөлбөгөн,
Башканы кууп көрбөгөн,
Короолу кууса корголор,
Суу бүркүттү көргөндө
Көтүнөн богу шорголоп –

деп шылдың ыргытат. Калмырза аны ушул жеринен кармап:

Сен Балыктын уулу Найманбай,
Бакырган төөдөй айбан ай,
Сен сөз айтсаң ар кандай,
Айбан болсоң, бок берем.
Адам туруп куш болдуң,
Карыганда Найаке,
Калмырзага туш болдуң –

деп өз сөзүн өзүнө каршы коюп, сөз салмагын оодарып кетет. Жогоркудай ыкманы, стилдик курулманы Найманбай акындар менен айтышканда көп колдонгон. Ушул сөзү үчүн Бекназар, Куйручук, Эшмамбет, Токтогулдар тарабынан да сокку алган.

Найманбай Калмырзаны туш-тушунан тооруйт. Кандай да болсо сөзгө сындырып, жеңүү максатында кедейлигин бетине жабат:

Оо Калмырза томаяк,
Козу бактың жашыңан.
Бириңди бириң өлтүрүп,
Кунсуз болдуң башынан.
Төшөккө жакшы жатпадың,
Бир кишиге батпадың[7].

Калмырза сөз кезегинде жарды да болсо байып, «жалгыз да көбөйүп», Жапаркулдун ашында өзүн жакадан алганга жарап калгандыгын айтып, сөздөн карматпай кетет. Чолжуев Арапчынын айтуусунда (ал Рысмендеев Акматтан үйрөнгөн экен). Найманбай өзүн жан жетпеген куу таңдай», «жүгүрүп жүйрүк жетпеген» буудан атап, ага окшогон ырчыны жыккандыгын айтып мактана келип, сөз учугун Калмырзанын аялына ыргытат:

Оо Калмырза томаяк,
Кары эмес, жаш эмес,
Картайган зайыбың бар эле.
Ар кайсы койчу сүйрөгөн,
Тартайган зайыбың бар эле.

Бирок, ал сөз багытын аял жаатына буруп, чоң жаңылыштык кетирет. Калмырза күнөөнү ары ырчылык, ары улуулук нусканы сактабаган Найманбайга оодара келип, айыл арасында айтылып жүргөн айың сөздөн баштап, аялы Ак Молдонун кызынын абийирин айрандай төгөт. Найманбайдын «оймоктуудан уз, оюнга чыкпас наз» байбичемдин «кызыл чынар нур бетин» Байтик сыяктуу манап самап келсе, сенин эби сыны жок төөдөй тартайган картаң аялыңа кул кутан, дунган, сарттан башка ким карайт деп Калмырзаны шылдыңдаймын деп, дагы да сөздү өзүнө оодарат. Калмырза «чалыштан айгыр салып, жакшы жарып калыпсың», «арам бала кимге керек» – деп какшык ыргытат. Калмырзанын сөздөрү курч айтылып, көпчүлүктүн күлкүсү менен коштолуп, айтышта жеңип чыгат. Беттешүүдө алдырып, жана олжо бөлүштүрүүдө оозго алынбай ыза болгон Найманбай Калмырзага кайрылып:

Көөлүү көмүр өчүрүп,
Көөп турган чагымда
Көрүнгөндүн кыздарын
Өөп турган чагымда,
Саадагым чаян чок беле,
Жамагым сенче жок беле.
Арча көмүр өчүрүп,
Алып турган чагымда,
Аштан, тойдон кур калбай,
Барып турган чагымда,
Жоолугум чаян чок беле,
Жомогум сенче жок беле?–

деп капа болуп ырдаганда Калмырза «Наяке, сизден да кетти, менден да кетти» – деп бир ат мингизип, чыгарган экен[8].

Жогорудай жагдайга карабастан, Калмырза өнөрлөшүнүн акындык дараметин жогору баалап, аны чалкыган көлгө теңөөчү дешет[9]. «Найманбайдын ыры – деген экен Калмырза – Ысык-Көлдөй, биздин ырлар туура суудай»[10]. Бирок, чоң ырчы боло туруп, ырчылар менен беттешкенде алды-артына, кийин-кеткисине карабай, аккан суудай шаркырап, ооздук салдырбай оргу-берги өктөм ырдаган акын сөздөн карматып каршысына алдырып койгон учурлары болгон. Найманбай Куйручук менен айтышканда да ушул ыкманы колдонот:

Менин атым Найманбай,
Кудай берген жел сөздү
Айта берем ар кандай.
Бирер сөзүм карасаң.
Сөөмөй менен сайгандай,
Бирер сөзүм карасаң,
Каргылаган тайгандай
Карылыгын чечип койгондо
Капырдын баарын кыргандай.
Калайыкты жыйгандай,
Мен Найманбай жез таңдай[11].

Мында да Куйручук Найманбайдын ушул сөзүнөн кармайт. Куйручук куудул гана эмес, акын да болгон. Кур-

манкожодон чыгат. Найманбай менен Куйручуктун айтышы 1907-жылдардын тегерегинде Сарпектин ашында өтөт. Ашты башкарууну Чолпонкул менен Байзак талашып калып, ошондо Чолпонкул Найманбайды тукуруп, жумгалдык саяктарды кордотуп ырдатат. Бул айтыш калк арасына кеңири тараган. Бир нече айтуучудан катталган[12]. 1991-жылы Ала-Тоо журналында чыгарманын бир топ толук варианты жарык көрдү[13]. Бул нуска боюнча сөздү Найманбай баштап, бир топ узак ырдайт. Адатынча өзүн бир туруп айбанга, бир туруп тайганга теңеп, ырчылык кудуретин көтөрө чалып, ырдап келип, Чолпонкулду мактоого алат:

Чолпонкул эмес чолпонум,
Солтого тутка болгонум.
Айтамга солто элине
Айланта салган коргонум.
Алты уруу элди башкарып,
Акылын таап соргонум.

Андан ары калың букара калкын, бүтүндөй саяк журтчулугун кордоого алып, орунсуз, кептин башын чатыйт:

Эзелтен калкың букара
Ээнбаш өскөн эл болот,
Ээлене берген өзүнчө
Эс-акылы кем болот.
Абалтан калың саягым,
Алыша берип өзүнчө
Акылы тайкы кем болот.
Көпчүлүгү күүлөнүп,
Көйрөң чалыш эл болот.
Күүлөнө берип өзүнчө
Көрүнгөнгө жем болот.
Аштык айдар жери жок,
Бел кыла турган эри жок
Жүрө берип өзүнчө
Тентек өскөн эл болот.

Жалпы саяктарга кайрылып, «корс» деп үнүн чыгарба, бырс этип күлүп койбогун», «бака-шака болбогун», айткан тилди албасаң, кыл аркан түшөт мойнуңа» – деп

коркутат. Тыңшап отургандарга Найманбайдын ыры чырдын башаты сыяктуу кырдаалды түзөт. Көпчүлүк саяктар сөзгө жыгылып калды деп күүлдөп калышат. Жумгалдык манаптардын, анын ичинде Байзактын ачуусу келип, ушул Найманбайга тең келе турган бизден бир уул туулган эмес экен ээ – деп, таягы менен жерди бир салып жиберет. Ошондо Куйручук уруксат сурап, айтышка түшүп, сөздү Найманбайдын өзүн алгыр тайганга теңеп, ырчылык кудуретин көтөрө чалышынан баштайт:

Сен Балыктын уулу Найманбай,
Айткан сөзүң айбандай,
Сөөлөтүң жок көрүнөт,
Көзүңдү сөөмөй менен сайгандай.

Бул нускада Куйручук Найманбайдын айтканын чечмелеп, маанисин бир топ кеңейткен. Башка катталгандардан өзүнүн мазмундуулугу, көлөмдүү, көркөм айтылышы менен айырмаланып турат. Куйручук Найманбайды гана эмес, ырчыны көкүтүп ырдатып, чырдуу сөздү айттырып отурган Чолпонбайын да сөзгө сындырып, анын кылмыш кылып коюп, падыша өкмөтүнөн коркуп, Байзакка качып баш катып, өзүн издеп келгендерден аял кийимин кийип, уй саап отура калып кутулушун айтып күлкүгө калтырат.

Найманбай Токтогул менен эки жолу беттешет[14]. Экөөнүн алгачкы айтышы Жумгал өрөөнүндө, Тери-Жайлакта Райымбектин ашында өтөт. Бул жөнүндө Найманбайдын ырында ачык маалымат орун алат:

Балаң бараң атканда,
Манап аш берип жатканда
Чуркабай койчу мен эмес,
Мырзабек, Түркмөн – эки дөө,
Кызматын чапканда
Уулуң урум атканда,
Улук аш берип жатканда
Көкүмбай, Курман – эки дөө
Кызматына чапканда.

Мында да айтышты, ашта жарчылык кылып жүргөн Найманбай баштап, алгач өзүнүн 300дөн ашык кою, кырктан ашкан жылкысы, бардыгын бүгүнкү ашта жар

чакырып алтын, күмүш Жамбыны айгырга жүктөп ала тургандыгын айтып ырдап келип:

Сары-Өзөн Чүйдүн боюнда,
Үч жүздөн ашык коюм бар,
Томаяк ырчы, Токтогул,
Топ жыйындын ичинде
Тоорушуп жыкчу оюм бар.
Кырктан ашык жылкым бар,
Жолугушка сен менен
Башынан кылган шертим бар –

деп Токтогулду айтышка чакырат. Токтогул да өз кезегинде аны «шалпаң кулак тайган» атайт. Өзүнө таандык курчтук менен каршысынын ырынын социалдык маңызын ачат:

Анын казы-карта жегенин, каркылдап мактанып ырдаганын айта келип, «ушул сөз кайсы акынга ылайык?» – деп калайыкка суроо салып кайрылат. Найманбай ырынын багытын башка нукка буруп, Токтогулдун сөз чеберчилигин, ойлоо сезиминин ыкчамдыгын сыноо максатында табышмактуу айтышка өтүп:

Долононун боорун
Тоңкулдаткан ким болот?
Эси кетип жыгачты
Чокуп жаткан ким болот?
Жалгыз жыгач боорунан
Жарып алган ким экен?
Кара суудан карматып,
Балык алган ким экен?
Тумшугу жок куш салып,
Турна алган ким экен?–

деп суроо менен кайрылат. Токтогул өз кезегинде каршысынын табышмагын жандыра келип:

Тумшугу жок куш салып,
Турна алган – тузакчы.
Туура сөзүн айтпаган
Тумшуксуз сендей ушакчы –

деп акындыктын өрнөгүн сактабай, өйдө-төмөн сөз сүйлөп, сөз кадырын билбеген Найманбайга сөз кылтагын ыргытат.

Найманбай менен Токтогулдун кайым ырдашынан[15] орун алган фактыга караганда, экөө экинчи жолу Керимбайдын энеси Алтынайдын ашында, Токтогул сүргүндөн кайткандан кийин кездешип ырдашышат. Бул тирешкен айтыш эмес, экөө пикир алмашып, ой бөлүшөт. Ырлары анчалык толук эмес. Балким кабарчылар унутуп калган чыгар. Мында да ырды Найманбай баштап:

Мен Балыктын уулу Найманбай,
Айта берсем ар кандай.
Алты уруу журттан тайманбай,
Алтын жаак тез таңдай,
Бул айтып турган ыр кандай?

деп кайрылат. Ак жеринен айдалып, буту-колу байланып, Сибирь жергесинде турмуштун каатчылыгын башынан өткөрүп, Керимбайда өчпөс өчү, кетпес кеги калган Токтогул энесинин ашына элдин баарын чогултуп элирип жаткан манаптардын жыргал турмушу түбөлүк эмес «кыябы келсе, булардын кызын алат кедейлер», «жетилип» калса бир күнү жерин алат кедейлер» – дейт.

Байкоого караганда, экөөнүн кездешиши 1910-жылдардын тегерегинде өткөн сыяктуу. Найманбай да алтымышка эңкейип, алды-артын карабай, өзү айткандай «ар кандай сөздү айта берип», көп учурда бай-манаптын айт дегенин айтып, ошолорду мактап ырдап, карапайым калктын турмушунан алыстап калгандыгын, дегеле өзү жашап өткөн доордо чыгармачылыгы чектөөгө алынгандыгын сезген өңдүү. Ошондуктан бул жолу адетинче опурулуп, чыр сөздүн башын чатыбай, сылык-сыпаа, нускалуу ырдап өз түшүнүгүнүн деңгээлинде Токтогулга төмөнкү кеп кеңешин берет.

О, Токтогул убайымды койсоңчу,
О, убара болуп кыйналбай,
Ушу сөздү койсоңчу,
Капаңды эми жойсоңчу.
Калкыңды аман көргөн соң,
Токо, какшыгыңды койсоңчу?
Ажал жетип күн бүтсө,
Адамзат төргө өтөбү,

Алсыраган Токтогул,
Алың буга жетеби?

Ал эми Найманбай менен Бекназардын айтышы Шабдан манаптын тирүү кезинде 1900-жылдардын тегерегинде өтөт. Бир чоң ашта Шабдандын жоргосу жоголуп, Найманбай элге жар салат:

Ай төбөдө тоголду,
Баатыр Шабдан жоргосу,
Түндөгү түнү жоголду.
Жаагында сыргасы.
Эр Шабдандын жоргосу
Алган ууру туш болот,
Чыкса айыбы жүз болот.
Аттарын анжыяндык таптаган,
Азыгын карабагыш сактаган,
Бадыша көрүп мактаган.

Анжияндыктарды ат багуучу кылып кемсинте ырдаганына Бекназар намыстанып, айтышка түшөт. Айтыштан үзүндү түрүндө катталган нускасы институттун фондусунда сакталууда[16]. Мазмун жагынан деле терең эмес, көркөмдүгү да чамалуу. Маркум С. Байкожоевдин кагаздарынын арасынан Калык айткан эки акындын айтышынын ары толук, ары көркөм варианты табылды. Албетте Калык төкмө акын болгондуктан, айрым жерлерине ырчынын өз кошумчалары кирип кеткендигин байкоо анчалык кыйын эмес. Бирок, айтыштын негизи мазмуну, багыты, ал эмес стиль, көркөм сөз каражаттары, баяндоо ыкмасы ачык сакталган. К. Акиевдин айтуусу боюнча Найманбай менен Бекназар акындын айтышы Тайлактын баласы Осмон датканын ашында өтөт. Ашка Анжыян, Аркадан көп адам чакырылып, ага Бекназар да келет. Бекназар ошол тапта Анжыянга атагы чыккан чоң акын экен. Мында Шабдандын жоргосунун жоголушу, Найманбайдын жок издеп жарыя салып ырдашы орун албайт. Сөздү алгач Найманбай баштап, Осмон датканын ата-тегин, «сарбагыш, солто, бугунун жолун торогон», «кенебеген эрдигин», ал өлгөндө бүтүндөй «саяк зар ыйлап», көмүүгө алты миң киши келгендигин, Осмондун уулу Сагындык бар шайманын шай

кылып, Анжыян, Кашкар, Аксайдан эл чакырып, алты болуш калк конок алып, чоң салтанат менен аш берип жаткандыгын кеңири баяндап келип:

Анжыяндык ырчылар
Аргымактын ордуна
Минип келди карчыга.
Анжыянды жердеген,
Алегин атка теңдеген
Адети бар булардын
Ак чайын ичип тердеген
Аш тоюнда ырдаса,
Алектен башка бербеген,
Аргымагы кекейип,
Ак жүгөрү жем жеген,

«көкбөрү тартып көбүшкөн», «көк сай деп бүрдүү чай ичкен», аялдарын кызганып, «бычакка түшүп өлүшкөн», «атасы сарттын баласы Бекназар ырчы келиптир, беттештирип коюуга табылбады арачы» – деп айтышка чакырат.

Бекназар Найманбайдан бир топ кичүү болот. Ал да өз учурунда күчтүү акындардан болуп, өз кезегинде бир топ жүйөлүү, каршысынын сөзүнүн орунсуз айтылгандыгын далилдүү ырдайт:

Оң колумда найзам жок,
Өпкөңдү үзө сайгандай.
Аргымак аттан камдап кой,
Качырыма кайгырбай –

«ат ордуна качырды баатыр Азирет Аалы шер минген», заабалар жана миң-миндеген аскерлер минип, жоого кирген дейт. «Көк чай ичесиң», торпоктон көк бөрү тартасың дегенине берген жообу да жөндүү чыгат. Найманбай да сөз кезегинде Осмондун эрдигин, орустар келгенде арага түшкөн Шабданга моюн сунбай каршылык көрсөтүп, төрт миң үйлүү саяк менен Кашкарга качып барганда Кашкардын ханы Жакыпбектин кадырлап тосуп алганын ырдай келип:

Оой анжыяндык Бекназар,
Артынып алган матасын,
Али күнгө ачбаптыр,
Аныңды качан сатасың?

Кабагың жакшы ачылбайт,
Сен эмнеге капасың?–

деп кылтагын Бекназарга ыргытат. Бекназардын Найманбайга кайтарган жообу бир топ курч чыгат:

Ой, Найманбай, акыным,
Сенин оодарылган акылың.
Оң менен солдун ичинде
Жок беле, Осмондон башка жакының,
Кошомат кылып Найманбай,
Кошо макта катынын.

Андан ары каршысынын сөзүнө жооп кылып, өз элинин жакшыларын атайт. Найманбайды «эбинен кеткен кези экен, элирмелүү жаш чагын», «калбаптыр сенин Найманбай кадимкидей жаш чагың» – деп карылыкка эңкейип бараткандыгын эсине салат. Сөз салмагы Бекназарга ооп бараткандыгын сезген Найманбай өзүнүн мүнөзүнө таандык оройлук өктөмдүк менен:

Анжыяндык амеки
Артынганың тамеки
Чылымыңа чок салып,
Тамекинди тартасың
Көтөрбөгүн өпкөңдү
Көпчүлүк бизди байкасын
«ак элечек оронгон катынсың» –

деп кордоонун ачык формасына өтөт. Бекназар анын шарыят жолун түшүнбөгөн түнтөйлүгүн, орозо кармап, намаз окубагандыгын, сый-сыпатты билбегендигин айта келип оройлугун, бетине жабат. Дагы да Найманбайдын айтышта кеңири колдонуп жүрүүчү ыкмасын, өзүн айбанат дүйнөсүнө салыштыруусун өзүнө каршы талдап ырдап, каршысын жеңип кетет.

Найманбай Эшмамбет менен да эки-үч курдай беттешкен экен. Алгач Эшмамбеттин 27 жаш курагында Суусамырда Карабектин тоюнда айтышат[17]. Мында да сөздү Найманбай баштап, өзүнүн ырчылык дараметин төмөнкүчө мүнөздөйт:

Менин жайым сурасаң
Балыктын уулу Найманбай.
Баштыгым бар ыр салган,

Баштаймын сөздү ар кандай.
Каарыма келсем жүгүрөм,
Каргылуу кара тайгандай.
Кеп-сөзүм учат дирилдеп,
Шамалга жүнүн жайгандай.

Андан ары Эшмамбеттин Таластан «экөө качып келгендиги, таманы чор кедейлиги», «караансыз жетимдиги» жөнүндө сөз козгоп, айтышка чакырат. Эшмамбет да башка айтыштарда кеңири колдонулган ыкмага салып, каршысын өз сөзүнөн кармайт:

Сен Балыктын уулу Найманбай,
Сүйлөгөн сөзүң айбандай
Сүлпөтүң жок көрүнөт,
Сөөмөй менен сайгандай.
Тайган болсоң итсиң да,
Ит болгон соң түгөнгүр,
Үрүп жүрүп бүттүң да.

Ырын да узарта ырдап, аны карып калжырап калган экенсиң, акылыңдан адашып, балдырап калган экенсиң, ырчылыктын сый-сыпатын унутуп, казанчы болгон экенсиң, сакалыңды билбестен, мени саруудан качтың деп айттың, «сенин баскан жолуң каяктан» – деп жүйөөлүү жооп кайтарат.

Найманбай менен Эшмамбет Тери-Жайлакта Райымбектин ашында да айтышкан экен. Найманбай Эшмамбеттин картайып калган өнөрлөшүн кадырлап салам бербегендигин айтып, өзүнүн да учурунда көп ырчы менен ат салышып, Көкө Мерен суусундай ташкындап өткөндүгүн, Райымбектин ашында али алары көп экендигин баяндайт. Эшмамбет да анын карылыкка алдырып, тиши түшүп булдуруктап, айтышууга кудурети жетпей калгандыгына басым жасап ырдайт. Айтышуу анчалык деле катуу кырдаалда өтпөйт, адамды тамшанта турган курч сөздөр, терең ойлор аз өлчөмдө. Кыскасы, чыгарма бизге жеткенче өзүнүн курчтугун жоготуп койгон сыяктуу.

Найманбай менен Кара Курмандын айтышы[18] анын башка айтыштарына караганда өзүнүн мазмуну, багыты жагынан бир топ жакшы чыккан. Бул чыгарма структуралык жагынан айтышка жакын болгону менен мазмуну, багыты боюнча

мактоо ырына да жакындашып кетет. 1900-жылдардын тегерегинде Жумгалдын Кызыл-Ой деген жеринде Зарпек деген кишинин чоң ашы болуп, буга түндүк, түштүк кыргыздары бүт чогулат. Бардык улуттук оюндар аткарылып, кезек эр сайышка келет. Ошондо түштүктөн, Алайдан келген Ак Балбан чыкмак болот. «Эр сайышка кимди чыгарабыз» деп түндүк кыргыздар кеңешип, солтодон эр өлтүрүп качып жүргөн Ашырбайды салалы, жеңсе күнөөсүнөн айрылып, элине кайтар деп кеңеш курушат. Ошондо Кара Курман ырчы Ак Балбанды мактап, Ашырбайдын качып жүргөнүн элге жарыя салып ырдайт. Ашырбайды арыстанга урунуп, кара жанын багалбай каңгырап өлгөнү жүргөн качкын атайт.

Баш кошуп алган зайбы жок.
Басып жүрөт дайны жок.
Балакет болуп көз жумса,
Бакырып ыйлаар бала жок.
Башын жөлөөр ага жок –

деп чуулу кептен чууруп бир топ күчтүү ырдайт.

Кара Курмандын Ашырбайды басмырттап ырдаганын угуп турган Найманбай ага жооп берип, тескерисинче Ашырбайды мактоого алат:

Кара Курман токтогун,
Катуу кеттиң окшодуң,
Көбүк кардай ырыңды
Көп узакка созбогун.

Болбос сөздөн баштап, эл арасын бөлбөй жүр, «Алайдан келген Ак Балбан арыстан, шер болсо, Ашырбай андан кем бекен, качып жүргөн болсо, калк каалап, найза береби?» – деп жүйөөлүү ырдай келип, аны төмөнкүчө сыпаттайт:

Зор балбан өзү жүрөктүү,
Сомдогон билектүү
Салмагы тоонун ташындай.
Сайышка чыкты Ашырбай.

Чекене эмес Ашырбай,
Чеңгели сенин башыңдай.
Жеке жүрүп жакында
Жети ууруну кармаган,

Артына колун байлаган.
Алдына салып айдаган.
Ашырбайды кордобо
Азыртан санап болжобо.
Кабыланга асылба,
Калкына барат жакында.

Андан ары Ашырбайдын кытайдын бери чегинде, кыйын ашуу белинде тайдай карышкырдын канын төгүп, терисин алып келгендигин, Бугубайдын буурасын кармашып жатып, карчытын сындыргандыгын калк сезимине жеткире ырдайт. Ал ырдап бүтөөрү менен Ашырбай баатыр жетип, ак Балбанды аңтара салат. Ошондо Найманбай макталган балбандын «көнөчөктөй куланып», «элечектей чубалып», «эки көзү тунарып», «сулап жатканын айтып, Кара Курманга «көзүн ачып эс алса, көтөрүп кет иниңди» – деп шылдың ыргытат. Тилекке каршы, ырчынын мындай курч нускалуу ырлары бизге өтө аз санда жетип отурат. Найманбайдын ырларынын өйдө-төмөн, оргу-берги, бирөөнү ашыра мактоо же кордоо багытында ырдалышы, ырчынын чыгармачылык өнөрканасынын жеке өзгөчөлүгүн ачык аныктап турат. Ошондуктан аны башкача мүнөздөөнүн зарылчылыгы жок. Кантсе да ал эсинде өзгөчөлүгү, ыкма, стили менен сакталып калышында баалуу. Ал эми айтышта жеңилип калышы анын сөз кудуретинин тайкылыгынан эмес, ырчынын оңдоо салбагандыгынан, айтыш өтүп жаткан жагдайды, тыңшоочулардын чөйрөсүн, жана каршысынын сөзгө жооп берүү кудуретин эске албагандыгынан болуу керек. Буга мисал Осмон датканын ашында өзүнө таандык курчтук, өктөмдүк менен Шабдандын жоголгон жоргосун жарыя салып ырдап, бүтүндөй анжыяндыктардын намысын козгой турган сөздүн башын чатып, Бекназардан сокку жейт. Же Сарпектин ашында Чолпонкулду көтөрө мактап, саяктарды басынта ырдап, Куйручуктан курч жооп алат. Калмырза менен айтышында өз аялын мактап, анын аялын кемсинтем деп, өзү шылдыңга калат. Ал эми Найманбайдын айтыштагы сөз кудуретине, көркөм ыкма, салыштырууларына, уйкаштыкты шурудай тизген чебердигине, курчтугуна байкоо салсаң, анын чоң акын экендигине шек келтирүүгө болбойт.

Ал өз мезгилинин чоң манасчысы болгон дешет, албетте «Манас» айтууда атасынан таасир-таалим алган, өз оозунан угуп үйрөнгөндөрү да болуптур. Эпостон «Таластын көрүнүшү», «Күмбөзү тууурасында», Манастагы каарман (Сыргак, Каныкей, Алмамбет) жана аттардын сыпатталышынан (Аккула, Сарала) айрым үзүндүлөр Найманбайдан уккан айтуучулар аркылуу бизге келип жетти. Албетте алар өтө кыска болгондуктан, жыйынтыктуу пикир айтуу кыйын. Бирок, кабарчылардын айтымына, ырындагы маалыматка караганда, өз учурунун ири манасчыларынан болгондугу анык.

Айтыштарынын багыты, мазмуну боюнча алганда өз өмүрүндө көптөгөн манаптар, журт билермандары менен жанашып мактоо ырларын көп эле жараткан өңдүү. Жар чакыруунун да устаты болгон дешет. Бирок, ал материалдар колдо жок.

Кыскасы, Найманбайдын салттуу ырчылар поэзиясында да өз орду, айрыкча айтыш өнөрүнүн калыптанып өсүпөнүгүшүндө кошкон салымы бар.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 640.
[2] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 647. 1-дептер.
[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 678.
[4] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 592.
[5] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 650, 555.
[6] Ошондо. № 555.
[7] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 650.
[8] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 650.
[9] Ошондо. Инв. № 555.
[10] Ошондо. Инв. № 619 (250).
[11] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 61 (250).
[12] Ошондо. № 61, № 499, 2-дептер.
[13] Ала-Тоо журналы. 1991., № 9, 10. 281–282-беттер.
[14] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 56 (250).
[15] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 60 (250).
[16] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 646.
[17] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 646.

## ЖЕҢИЖОК (ӨТӨ) КӨКӨ УУЛУ
*(1860–1918)*

Эл арасында «Жел жетпеген Жеңижок, айтышаарга теңи жок» – делип, кезинде, атагы Аксы, Таластан тартып Көл башына чейин дүңгүрөп турган орошон талантын ээси, опсуз чоң акын Өтө Көкө уулунун акындар поэзиясындагы алган орду – төрдө.

Жалпы эле элдик поэзиябыздын тарыхында адабий мурастарынын мааниси абдан зор. Ал – чыгармаларынын мазмунунун тереңдиги, тематикалык, жанрдык жагынан ар түрдүүлүгү, көркөмдүк сапаттарынын бийиктиги менен, өзү жашап өткөн доордогу акындардан аттын кашкасындай бөлүнүп турат.

Өтө 1860-жылы Талас өрөөнүндөгү Сары Көбөн деген жерде төрөлгөн. Ал алгач атасынан, андан көп өтпөй энесинен ажырап, жаштайынан томолой жетим калат. Жетимчилик, жокчулуктун азабын тартып, «түтүн чыккан» үйдүн эшигин сагаалап, эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жүргөнү аз келгенсип, «ала» оорусуна кабылат. Өтө күндөрдүн биринде балдар менен ойноп жүрүп, Ташкара аттуу бийдин айылына барып калат. Аны көргөн Ташкара: «Муну айылга эмне жолотосуңар, оорусу жугат, бир кишиден эл көбөйбөйт да, азайбайт, алып барып Кара-Бууранын суусуна салып жибергиле!» – деп жигиттерине буюрат. Эки жигит Өтөнү Кара-Бууранын жээгине алып келет да, баланын убал сообунан коркуп, мыкаачылыкка колдору барбай, ошол жерден мал айдап өтүп бара жатышкан соодагерлерге кошуп, Аксы тараптагы таякелерине качырып жиберишет. Соодагерлер менен мал айдашып, Кум-Бел ашуусун ашып Кербен (азыркы Караван) деген жерге келип, Бекмурат ат-

туу адамдын үйүнө баш маанектеп калат. Ал жерден Кара-Суулук Садыр аттуу адам: «Бу баланы мага бергиле, бизге жээн болот экен, тагаларында жүрсүн» – деп, аны Кара-Сууга алып келет. Садырдын аялы Таластын кызы болгондуктан, балага үйрүлүп түшүп, өз баласындай асырап алат. Кез-Артта жашаган Далычы аттуу табып-дарыгерге көрсөтүшүп, баланы «ала» оорусунан таза айыктырып алышат. Өтөнүн зээндүү, сергек экенин байкаган таякеси аны окууга берет. Ал жерден арабча кат таанып, өзбек тили аркылуу Чыгыш адабияттары менен аздыр-көптүр таанышууга жетишет. Ошол Ыманбайдын мечитинде окуп жүргөн мезгилинде эле анын ырга шыктуулугу, ынтызарлыгы байкалат. Жаш Өтөнү башынан өткөргөн оор тагдыры көп ойлонтуп, өзү теңдүүлөргө караганда турмуштун өйдө-төмөнүн эрте баамдоосуна бирден-бир себеп болду. Дээринде ырга жөндөмү бар жаш Өтө ыр менен бугун чыгара коюп да жүрдү. Бүт дитин коюп, элдик ыр-күүлөрдү, жомок, дастандарды, акындардын ар кыл чыгармаларын көңүлүнө түйүп, ырчылык өнөрдүн «сырдуу дүйнөсүнө» сүңгүй берди. Таякеси анын ырчы болушун жактырган да эмес, жолтоо болуп ага катуу тыюу да салбаган. Эл чогулган чоң-чоң жыйындардан, аш-тойлордон калбай, ал жерге келген эл шайырларынын өнөрлөрүн аз-аздан өздөштүрүп, алардан таалим алып өсө берди. Ырга болгон ышкысы күчөгөндөн күчөп, көөдөнүн ыр тээп, анын тынчын алган ойлор, ар кыл турмуштук жагдайлар, көрүнүштөр Өтөнүн оозунан эми ыр болуп куюла баштады. Алгач тели-теңтуштарынын арасында, жоро-бозолордо, үйлөнүү үлпөттөрүндө тап берип ырдай коюп жүрсө, бара-бара жетилип, бети ачылып, эл чогулган жерлерде тердеп-тепчип сүрдөбөй, кадимкидей жайкактап эл алдына ырдап чыга келди.

Жаш ырчы улам жетилип, арбыта ырдоо аракети менен алек болуп жүргөн күндөрдүн биринде атагы кыйлага таанымал болуп калган Нурмолдо акынга жолугат. Ал Караван базарынын чок ортосунда калың элди кашына жыйып алып ырдап жаткан экен. Жүрөгүндө курчу бар Өтө ал жерден Нурмолдо менен айтышка чыгып, аны жеңип кетет. Эл да, өзү да күтпөгөн бул жеңиш – Өтөнүн атагын

чыгарып, эл арасына «дуу» дей түшөт. Ушул айтышта Өтө жеңи кыска кемсел кийип жүргөндүктөн, анын атын мурда-кийин билбеген көпчүлүк ага Жеңи жок ырчы деген ылакап ат коюп салышат.

Бул туурасында кадимки Калык Акиев мындайча эскерет: «Жеңижоктун өз аты – Өтө. Эки жеңи карысынан чолок күрмө кийип ырдап жатса, «атаңдын көрү-оой, бул жеңи жок, жалмаңдаган анык жеңи жок экен го» – деп, көрө элек элдер жаңыдан көрөрү менен Жеңижок атыктырган экен»[1].

Жеңижок алгач Аксы тарапта эле белгилүү болсо, кийинчерээк Анжиян, Кетмен-Төбө, Талас аймактарында атагы таш жарган акын катары даңазаланып кетет.

Акындар, манасчылар ошол доордо жогору бааланып, азыркы кездеги радио, теле, кино, театр, көркөм адабият сыяктуу өнөрканалардын бардык жүгүн топтоштура аркалап, эл жүрөгүнө руханий ырахат тартуулоочу бирден бир сыйлуу адамдардын катарына кирген. Алардын күчтүүлөрү бий, болуштар менен терезеси тең олтуруп сүйлөшүп, эл тагдыры жөнүндө эркин оюн айта да алышкан. Ошондой бийик абройго ырдагандын баары эле жете бербеген. Андай даражага эл алдында буйдалбай, терең, маанилүү ырларды төгүп ырдаган, айтышкан акындарын ыгы менен жеңе билген таланттын ээлери – Жеңижок сыяктуулар гана жеткен. Ал өзүнүн замандаштары Токтогул, Арстанбек, Барпы, Нурмолдо, Ныязаалы, Эшмамбет сыяктуу

Атка минсе тизгиндеш,
Аттан түшсө тизелеш,
Кеп сүйлөсө сабакташ,
Табак тартса табакташ

болгон өз мезгилинин ырчы, комузчу, жомокчулары менен катарлаш жүрүп, эл жүрөгүн эргите ырдады. XIX кылымдын аягы, XX кылымдын баш чениндеги кыргыз акындарынын ири өкүлү Жеңижок киндик каны тамган Таласка кайра оролуп келе албай, Аксы тараптагы Кара-Суу деген жерде, 1918-жылы узакка созулган оорудан кийин –

Карарган тоонун арасын,
Кулжалар оттоп жол кылган.

Калк акыны – Өтөнү
Кайгылуу өлүм жок кылган.
Агарган тоонун арасын,
Аркарлар оттоп жол кылган.
Асыл акын – Өтөнү,
Армандуу өлүм жок кылган[2]...

Ошентип Жеңижок, жокчулук, жетимчилик, баласыздык сыяктуу муң-зарга толгон армандуу өмүрүн жашап өтсө да, анын экинчи өмүрү болгон рух дүйнөсү, терең мазмундуу төрт аягы төп келген ырлары, айтыштары эл арасында ак берметтей чачылып кала берди ...

* * *

Акындардын чыгармачылык дараметтерине баа берүүдө алардын жекече, өзүлөрүнө гана мүнөздүү болгон касиеттерин эстен чыгарбаганыбыз оң. Айталы, Ысмайыл куйкум сөздү куюлуштуруп ырдоо жагынан устат болсо, Осмонкул «ак жаандай» себелеп, кандай көрүнүш, окуя болсо ыр түрмөгүнө салып төгүп ырдап кете берген. Комузга тил киргизе чертип, айтышкан акындарына алдырбаган Арстанбекте куудулдук өнөр болгон эмес. «Ныязаалыга комуз чертүү жагынан, Жеңижокко ырдоо жагынан жетиш кыйын»– деп, Токтогул адилеттүүлүк менен мойнуна алуучу экен. Адам баласынын акыл-эси, дүйнө таануусу, кыял-жоругу ар башка болгондой эле, акындар да талант дараметине, шык өзгөчөлүгүнө жараша миң кырдуу, миң сырдуу келишет. Аудиторияга, көңүл маанайына, айтышып же өзү жеке ырдап жаткан учурдагы жагдай-шартка байланыштуу чыгармалары чыйрак же солгун чыгып калган учурлар да болот. Андыктан көп сапар акындын чыгармаларын уккан, аны баамдап баалаган элдин сынынан өткөн калыс сын-баа жок. Акындардын көзү өткөндөн кийин деле артында айтылып калган аңыз-уламыштардын, уу-дуу кептердин аларга баа берүүдөгү мааниси жок эмес. «Жел жетпеген Жеңижок, айтышаарга теңи жок», «Кара жаак Калмырза», «Тоо булбулу Токтогул» деген сыпаттоолор – жөн эле ички аллитерациялык уйкаштыкка

карата айтыла калган кооз ыр саптары эмес, калайык тарабынан калыстык менен берилген таасын баалар.

«Совет доору акындарды рамкага салып, эркин ырдатпай салды, чектеп койду» деген пикир – бир беткей, калпыс айтылган пикир. Осмонкул, Калык, Алымкул, Ысмайыл сыяктуу акындар туурасында мындай ой айтууга болбойт. Мисалы, Калык ырчыны алалы. Калыкты Калык кылган Совет доору (сөз саясаттан тышкары, акындар чыгармасы туурасында баратат). Анын чыгармачылыгынын өсүшү үчүн ыңгайлуу шартты Совет доору түзүп берди. Өз доорунун шартына, саясатына карата ошол мезгилдин ырын ырдоо акындарга тагылган күнөө болсо, андай күнөө акыйкатсыз. Мына ушундай туура эмес баага туш болгон, Совет доорунун саясатына үндөшпөгөн айрым бир ырлары үчүн жалпы чыгармасы, көркөм дүйнөсү, рух дөөлөттөрү басмырланган Арстанбек, Калыгул, Жеңижок, Калмырза, Казыбек, Молдо Багыш сыяктуулар боюнча кеп башка. Алардын чыгармаларына илимий позициядан туруп, фольклордук чыгармалардын табиятына ылайык мамиле кылынбай, оригиналдуулугунан көп алыстай электе «ысуулай» кагаз бетине түшүрүлбөй калды. Азыноолак чогултулган материалдар «Атайын фондунун» темир сандыгына сакталып, эшигине чоң кулпу салынды... Алардын чыгармаларын жыйноого кош көңүл мамиле жасалып, изилдөө иштери да колго алынбай келди. Совет доорунун идеологиялык кысымы туурасындагы сынды дал ушул «күнөөсүз күнөөлүүлөрдүн» чыгармаларынын тагдырына байланыштыра айтсак орундуу болчудай. Жогоруда айтылгандай, татаал тагдырлуу чыгармаларды жараткан, эл эсинде күнү бүгүн да унутулбай ырлары айтылып жүргөн залкарлардын бири – Жеңижок.

Акындын чыгармачылыгы туурасында фольклордук, тилдик, философиялык багыттары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүү жаңыдан колго алына баштады. Келечекте анын чыгармалары терең изилденип, өз баасын алаарына шек жок. Адабий сынчы Аман Токтогулов белгилегендей: «Жеңижок тарбиялык мааниси терең, уккан элдин акылына уюй турган кептерди санаттап айткан чоң нускоочу

акын, калк алдына чыга келгенде эч кимден жеңилбеген айтыштын устаты, «Манас», «Семетей», «Эр Төштүк», «Кожожаш» өңдүү элдик эпосторду күндөп-түндөп айткан жомокчу, чү деген жерден оозунан ыр куюлган төкмө, өз заманынын окуй билген, жаза билген билимдүү, түшүнүктүү адамы болгон»[3] Жеңижоктун чыгармачылык ой чабытында адам негизги орунду ээлейт. Балким, ушул себептен акындын кыйла ырлары жаратылыш, адамдын андагы орду, адам жана анын тагдыры сыяктуу түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт. Жеңижок «дүйнө», «адам», «тагдыр» жөнүндө ырдаганда дүйнөдө жүрүп жаткан кубулуштар менен айкалыштыра ырдап, адам тагдыры коомдогу анын ордуна жараша боло турганы жөнүндөгү ойлорду айтат. Акындын оюбоюнча, тагдыр – реалдуу шарттар менен себептерден келип чыккан адамдын жөнөкөй турмуш жолун камтыйт:

Өмүрү бүтпөйт тирилик,
Өлгөндөр келбейт тирилип.
Жаралган адам эмгектен
Жарыша иштеп түрүнүп.

Акындын бир катар ырларында адам баласынын жашоо курагы, ажырым алганда балалык, өспүрүм, улан, жаштык, орто жаш, карылык сыяктууларга диалектикалык сүрөттөр берилип, ар бир курактын мүнөздөмөсү кеңири чагылдырылат. Жеңижок адамдын ар бир курагы, анын ошол кездеги жүрүм-туруму, иштери, айлана-чөйрөгө болгон мамилеси анын акыл-эсине, дүйнө таануусуна ж. б. байланыштуу болорун ачык, элестүү сүрөттөйт. Ушундан улам, акындын ырларынан жаштарга турмуштан туруктуулук менен үйрөнүүгө, турмуштук тажрыйбалардан акыл топтогон аксакалдардан үлгү алууга кеңеш бергенин байкоого болот:

Атасына баласы,
Өбөк болот турбайбы.
Баласына атасы
Жөлөк болот турбайбы –

деп, ата-бала тууралсындагы мамилени ырдайт.

Жеңижок акын өз ырларын, атайын социалдык-саясий темага арнабаса да, чыгармаларынан коомдук көрүнүш,

социалдык топтор, алардын ортосундагы карым-катнаш байланыштар жөнүндө учкай болсо да сөз кылынат. Ажырым алганда коомдогу социалдык топтордун бири-бирине болгон мамилеси, алардын көздөгөн максаты, коомдогу ээлеген орду жөнүндө кыйла ой жүгүртөт.

Философиялык ой толгоолорго жыш санаттарынын кайсынысын албайлы, акындын чеберчилиги көрүнүп турат:

Бул дүйнөдө ким калат?
Жылдызы бар түн калат.
Жарык берген күн калат,
Кандар өтөт, калк калат.

Ушул сыяктуу мазмунда ырдаган акындар туурасында академик Азиз Салиев: «... көчмөн калктарда философиялык теориялар түзүлө албаса да, жалпылоо багытында ой жүгүртүүлөр эч качан өксүбөй, ооз жүзүндө толук улантылып келе берген. Андай адамдар акылмандар, улукмандар, даанышмандар делип аталышкан. Кыргыз элибизде ушундай адамдардын далайы тек гана сөзмөрлөр, чечендер болуп келишсе, далайы ыр чыгармачылыгын колуна алган акындардын катарына өтүшкөн. Ошол ойчулдар Чыгыштын жана Батыштын маданияттуу өлкөлөрүндөгү жалпылоо теорияларын түзүшкөн философтордун деңгээлине көтөрүлө албаганы менен, өз даражаларына жараша казналарын калтырып кетишкен»[4] – деген эң туура пикирин айтат.

Токтогул элдик поэзиянын дээрлик бардык жанрларында ырдап, куудулдук, комузчулук өнөрлөрдү да ийине келтире өздөштүргөн болсо, Барпы философиялык маанидеги ырларынан башка да махабат темасын жерине жеткире ырдаган тубаса лирик акын. Ушул эки залкардан Жеңижокту өзгөчөлөп турган касиети – анын айтыштарынан жана жаратылыш, өмүр, өлүм, карылык ж. б. туурасындагы философиялык ой толгоолорунун тереңдигинен көрүүгө болот. Акындын «Айт, айт десе», «Дүнүйө», «Турбайбы», «Санат», «Насыят», «Терме», «Накыл кеп», «Үлгү ырлар», «Жаман уул, жакшы уул», «Замана», «Үй бүлө», «Акын болсоң», «Дан кайда да мал кайда?» аттуу ырлары адамдарга жол көрсөтүүчү моралдык, нравалык багыттагы дидактикалык мааниде айтылган. Акындын акылы кан-

ча терең, дүйнө таануусу канчалык масштабдуу болсо, ал ырдаган ырлар да ошончолук кундуу, ошончолук баалуу болуп, тарбиялык таасири күчтүү чыгат. Терең ой, бийик идеялар акындын тубаса талантынан жаралган чеберчилиги, көркөмдөөсү менен ширелишпесе, ал курулай акыл үйрөтүүчүлүккө алып келип, эстетикалык маанисин, таасирдүүлүгүн жоготот. Канчалык жакшы ой болсо да элге жетиши күмөндүү болуп калат.

Акындын чыгармаларына баштан аяк көз жүгүртсөк, мейли көркөмдүгү, мейли идеясы жагынан болсун солгун ырларды табуу кыйын. Бул ойду бекемдеш үчүн, анын чыгармаларындагы санат, насыят маанисиндеги ырларынын колго тийгенинен мисал келтире берсек болот. Алсак:

Өткөнүн көрчү, дүйнөнүн.
Артынан жоо куугансып,
Көчкөнүн көрчү, дүйнөнүн.
Бир жалбырттап, бир жерде,
Өчкөнүн көрчү, дүйнөнүн!
Кирген суудай шаркырап,
Акканын көрчү, дүйнөнүн.
(«Дүнүйө» – биринчи түрү)

Ай айланып асмандан,
Каттаганын карачы.
Бир орунда тынч алып,
Жатпаганын карачы.
«Саманчынын жолу» дейт,
Бүт жылдыздар чачырап
Батпаганын карачы!
(«Дүнүйө» –экинчи түрү)

Боло турган жигитте,
Намыс менен ар болот.
Атадан каргыш алгандар,
Акыры барып кар болот.
Өрдөк учса – кас калбайт,
Жакшы адамдын белгиси,
Ортодон ушак сөз өтсө,
Билмексен болуп эске албайт.
(«Накыл»)

Карагер атты булкунткан,
Карчытта казы, май болот.
Кыз он сегиз жашында,
Кырандан чыккан Ай болот.
Ак ниеттүү адамдын
Айткан сөзү шар болот.
Көпкө ыраазы болбогон
Азга жетпей зар болот.

(«Үлгү ырлар»)

Акындын санат-насыят, терме ырларынын мазмунунда чоң кичине дебей бардыгы тарбия ала турган, таасири күчтүү, уксаң да, окусаң да эстетикалык ырахат берип турган кандайдыр бир магиялык керемет күч бар. Жогоруда келтирилген ыр жолдорунан эле, акындын кандай чеберчиликте, эркин жана мазмундуу ыр токуй алаарын баамдасак болот. Жогоруда биз сөз кылган ырларындагы саптар бири-бирине куюлушуп түшүп, адамзаттагы жашоону, тазалыкты, ыймандуулукту, жер-сууну сүйүүнү, үй-бүлөдөгү ынтымакты даңазалайт.

Жеңижоктун «Айт, айт десе» деген ыры да санат, терме формасында айтылган. Бул темада Барпы да ырдаган. Ал ушул ырдын мазмунун дагы тереңдетип, ага социалдык, саясий жүк артып, жетээр жерине жеткире ырдап салган. Жеңижок өзүнө жана өзгө акындарга кандай жана эмнелерди ырдоо керектиги тууралы программалык багыт берүүчү, көркөм концепциясын сунуштайт:

Таттуу болгон өмүрдү айт,
Өзгөрүлгөн көңүлдү айт,
Мергенчинин көзүн айт,
Карыянын сөзүн айт.
Акын болсоң төгүп айт,
Ак, караны ылгап айт,
Жүрөк менен жыргап айт,
Эмгекчини мактап айт.
Жатып ичер, бузукту,
Какшык менен кактап айт.
Арамзаны кордоп айт,
Ак болоттун бөркүн айт,

Ала-Тоонун көркүн айт.
Ач албарстын курчун айт,
Ата-бабаң журтун айт[5].

Адам жаратылыш менен ар дайым карым-катышта болуп, ал тартуулаган байлыкты көздүн карегиндей сактоосу зарыл маселе экендиги кечээ жакында эле чыга калган маселе эмес. Бул проблема тээ атамзамандан бери эле, прогрессивдүү ой жүгүрткөн акылмандардын, акындардын тынчын алып, сарсанаага салып келген. Адамдардын табият тартуулаган кунсуз байлыкты сарамжалдуулук менен пайдаланып, ага этияттык менен мамиле кылышы туурасындагы чакырык адамзат коомунун тээ байыркы, Кожожаш мерген жашаган доордон бери эле күн тартибинен алына элек. Жаратылышка караөзгөйлүк, мыкаачылык менен мамиле кылып, аны талап, тоноп кордоо – эртедир-кечтир адамдардын өзүлөрүнө кайрылып тие турган чоң кырсык. Экологияны ар кандай коогалардан сактоо аракетинде, акылман акын катары Жеңижок да четте калбай өз үнүн кошкон. Анын «Аккан суу», «Өскөн жер», «Жер соорусу Аксы экен», «Биздин жер», «Айтайын Аксы жеримди» аттуу ырларынын мазмуну ошол эл менен жердин ортосундагы байланышты чагылдырат. Мында акындар салттык түрдө ырдап келишкен өз Ата мекени, анын кооздугу, байлыгы даңазаланат. «Аккан сууда» жеке эле суунун адам тиричилигиндеги мааниси ырдалбастан, анда терең философиялуу өтмө маанидеги ойлор да боюна сиңирилген чыгарма. Бул темага кезинде Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Эшмамбет, Сулайман сыяктуу акындар да кайрылышкандыгы белгилүү. Ар бир талант дараметине, дүйнөгө болгон көз карашына, сезим-баамчылдыгына карата өз алдынча ырдашкан. Кээси терең философиялык ой толгоолорго ширеп, маани-мазмунун, көркөмдүк деңгээлин келиштире ырдаса, кээси «Аккан сууга» мүнөздүү болгон салттык ыр түзүлүштөрдү, калыптанып калган даяр трафареттик формулаларды кураштыра чүргөй салып тим болушкан. Жеңижок жогоруда аталган топ акындардын арасынан ой-чабыттарынын эркин жана масштабдуулугу, суу менен өмүрдүн, тазалыктын, дегеле адам турмушунун ар кыл жактарын

ыгы менен байланыштыра билгендиги жана аларды сөз берметтери менен шөкөттөп көркөм айта алгандыгы менен алардан кескин айырмаланып турат. Карыялардын айтымында, ал «Аккан сууну» жети күнү катары менен айтып, анан бүтүрүүчү экен. «Мен бул сөздө эч апыртуу жок го деп ойлойм»[6]– деп, Ч. Айтматов бекеринен жазбагандыр. «...кантсе да «Аккан сууну» көлөмү, көркөмдүгү, ой жүгүртүү объектиси жагынан өз мезгилинде Жеңижоктон өткөрө айткан акын болбосо керек»[7] – деген, окумуштуу Б. Кебекованын оюн баалуу пикир катары белгилеп койгубуз келет. Аккан суунун пайда болушу – жаратылыштын законченемдүү көрүнүшү катары бааланып, ал адам үчүн берилген ырыскы катары ырдалат. Ыр улам күчөп, суунун пайдасы, анын жер жүзүн кулпунтуп турган керемет касиеттери биринен сала бири терилип ырдалып, ырдын өзү да өзөндө күркүрөгөн агыны катуу сууга окшоп кетет:

Кууш жерге келгенде,
Күркүрөгөн аккан суу.
Үрөйүңдү учуруп,
Үн сүрөгөн аккан суу.
Барган сайын күч алып,
Дүркүрөгөн аккан суу,
Жайык жерге барганда
Жаркыраган аккан суу
Алды эңкейиш жар келсе,
Аркыраган аккан суу.
Кулагыңды тундуруп,
Капчыгайды чуу кылып,
Шаркыраган аккан суу.
Корккон адам сүрүнөн,
Калтыраган аккан суу[8].

Ырдын көркөм структурасы – ушунчалык устаттык менен, кол тийгиз, Чыгыштын архитектуралык стилинде салынган шаңкайган кооз имаратындай элес калтырат. Жуп, жана ички аллитерациялык уйкаштыктар ырга ого бетер жарашык берип көркөмдүгүн арттырып турат. Адам менен жаратылыштын алакасы, өз жеринин «Мисир» экендиги, жаратылыш байлыгы, флорасы тууратында

акын өзгөчө эргип, Аксыны эч бир жерге теңебей ырдайт. Ар бир адамдын, ар бир акындын антүүгө акысы бар.

Акындын татаал тагдырлуу өмүрүндөгү бактысыз балалыгы, өмүрлүк жары Көксулууну тарттырып ийип кайра алышы, баласыз болушу сыяктуу орчундуу окуялар анын чыгармаларында өз изин калтырбай койгон эмес. Акындын «Жалгыз тал», «Балам жок», «Көксулуу» аттуу ырлары анын жеке турмушу менен байланышкан арман мотивиндеги чыгармалар.

«Жалгыз тал» аттуу ырында акын Бакайыр деген жерде, ээн талаада өсүп турган жалгыз түп даракты көрүп, өз эли-жеринен алыска кубаланып, ызалуу, оорукчал болуп жүргөн 15 жаш курагындагы тагдырын жалгыз талга салыштырып, өтө жогорку поэтикалык ой менен, таасирлүү айтып берген. Акын жалгыз талга жан киргизип, аны менен кадимкидей диалог куруп, сырдашат. Бул – байыркы адамдар али баёо «балалык» мезгилдеринде, дүйнөнү миф аркылуу кабылдап, «жандуу-жансыздар да адамдар сыяктуу өз ара түшүнүшөт» деген дүйнө таануунун илимге чейинки көз караштарынан келип чыккан түшүнүк. Мындай байыркы түшүнүктү, ойду өтмө мааниде ачып берүү үчүн айрым акындар ал түгүл азыркы жазуучулар да көркөм каражат катары пайдаланышууда. Бул ырды окумуштуу А. Абдыразаков Жеңижоктун чыгармачылыгындагы ойду берүүнүн жаңы формасы катары баалап: «Башка ырларынан айырмаланып, мында жаратылыштын бир бөлүкчөсүнө кайрылуу, башкача айтканда, диалог формасында түзүлгөн. Акындын чыгармачылык фантазиясынын күчү менен Бакайырда жалгыз тал жанданып, Жеңижок менен сүйлөшөт. Бирок, бул сүйлөшүү жөн гана адам менен табияттын карым-катышын билдирбеген, адам турмушундагы карама-каршылыктарды, акындын жеке өзүнө таандык кайгы-муңун, санаркоолорун, өз учурундагы каардуу, теңчиликсиз заманга наарazычылыгын таамай чагылдырган. Демек, муну акындын ички монологу, турмуштагы карама-каршылыктарга, теңсиздикке карата берген баасы, протести деп түшүнүүгө болот»[9] – деген жыйынтыгына алымча-кошумчанын зарылдыгы жок.

Баласыздык боюнча арман ырларынын бир да бирөө Жеңижоктукундай таасирдүү жүрөк эзээрлик деңгээлде ырдалган эмес.

Аргымак жалы кайрылса,
Тармал эмей эмине?
Артында бала калбаса,
Арман эмей эмине?
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Кайрылышта мүрзөмдү,
Кайрылып барып ким көрөт,
Кайгырып жашын ким төгөт?
Бурулушта мүрзөмдү,
Бурулуп барып ким көрөт,
Буркурап жашын ким төгөт?

Ак куурайда муун жок,
Аркамда калган уул жок.
Көк куурайда муун жок,
Көтөрүп баккан уул жок.

Акындын өмүрү өткөнчө жүрөгү тилинген, кабыргасын кайыштырган ушул баласыздыкка байланыштуу арманы болгон. Бул арман акындын көөдөнүнө батпай, оозунан көк түтүн аралаша ыр болуп төгүлгөн. Азыркы кездин белдүү акыны Сүйүнбай Эралиев: «Жеңижок Казань шаарынан ырларын китеп кылып чыгарам деген ой менен бара жатып, жолдо бир үйгө кайрылып, түнөп кетмекчи болот. Эл чогулат. Ошондо «Балам жокту» ырдаптыр. Угуп олтургандардын көздөрүнөн жаш төгүлүп, шолоктоп ыйлап жиберишет. Кээси сыртка жүгүрүп чыгып, бакырып-бакырып бугун чыгара ыйлап алып кайра келип ырды угушкан экен» – деп эскерет. Ооба, жүрөгүндө сезими бар адам бул ырды окуганда, же укканда ошондой көрүнүш болгондугуна ишенет.

«Көксулуу» ырына кайрылаардын алдында, ага тиешеси бар бир лирикалык чегинүү жасасак:

Элдик макалдарда, аз да болсо, карама-каршы маанидегилери кездешет. Мисалы, «Эсептешкен дос болбойт», же «Эсептүү дос айрылбайт». Турмуш чындыгы экөөнү

тең танбайт. Анысы да, мунусу да бирдей күчтө, бирдей даражада колдонула берет. Ушул сыяктуу, өткөн заманда кыргыз аялдарына карата да:

«Колуңда жүрүп билинбейт,
Камчыдан ашкан курал жок.
Койнуңда жатып билинбейт,
Катындан өткөн душман жок».

же, «Аялдын акылы кыска, чачы узун», «Байтал чыгып байге албайт», «Тоок куш эмес, аял киши эмес», «Алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык» – деген макалдар айтылса, ошол эле өткөн заманда аялды Ай, Күнгө чейин даңктаган эчендеген дастандар менен катар: «Аял жакшы, эр жакшы», «Аялдын согончогу тийген жердин астында бейиш бар», «Жакшы кыз жакадагы кундуз» ж. б. сыяктуу тигилерге карама-каршы мааниде айтылган макалдар да бар. Буларды айтып жатканыбыздын себеби – Жеңижоктун аялзатына карата болгон ызааты, бийик адамкерчилик менен байланышып, аларга акылмандарча, туруктуу эркектерче мамиле кылгандыгын белгилеп, жогоруда биз мисалга келтирген макалдардагы аялдарга болгон мамиленин контраст көрүнүшүнүн кийинки позициясында тургандыгын көрсөтүү.

Акын бой жетип, Көксулуу аттуу кызга ашык болот. Аты эле айтып тургандай Көксулуу ошол аймактан чыккан ажарлуу, сулуу кыз болгон экен.

Жарк этсең – күлкүң күмүш үн,
Жароокер кыздын күнүсүң.
Жалынга түшүп, күйүшүм,
Жалжалым айтчы ким үчүн?
Жаныңдан асти чыккым жок
Жандырып сүйүү үмүтүн.
Көрүшкөн күнүм салтанат,
Көркүңдөн Ай, Күн жалтанат.
Көркөмүң жанды көксөтүп
Көмөкөйдөн бал тамат[10].

Жаш Жеңижоктун көөдөнүн махабат ээлеп, Көксулууга көзү түшкөндөн тартып ырдаган «Көксулуу» ырын улам арбытып, улам кошумчалап айткан түрү бар.

Аргымак аттын басыгы,
Аксыдан чыккан Көксулуу
Ай тамак кыздын Асылы.
Ашык бир болгон өзүңө
Акындын кайсы жазыгы?
Ар түркүн ойго көп салчу
Ай пери кыздын назыбы[11].

Акын Көксулуунун бардык асыл сапаттарын даңазалап, ага чын ашык болгондугун эл-журттан жашырбай ачык ырдап чыгат. «Көксулуу» ырынын текстинде «Алыска кеткен жеринен, Тартып алган Көксулуу» деген саптар кездешет. Туюк айтылган ыр жолдорунун ары жагында мындайча драма жатат: «Көксулууга көз арткандар көбөйүп, ал түгүл дегөөрсүгөн бирөө күчкө салып ага үйлөнүп алат. Айласы кеткен Жеңижок ичтен сызып, кейиште жүргөн кезинде Караван базарынан Нурмолдо акын менен айтышка чыгып аны жеңип кетет (жогоруда эскергенбиз). Бул кабарды Аксы аймагынын билерманы Сулайманкул датка угуп, Жеңижокту чакыртып алып, ырдатып көрөт. Бир эт бышым токтолбой ырдаган Жеңижок Сулайманкул даткага жагып калат да, аны ал өзүнүн айылы Авлетимге кошо ала кетет. Авлетимде бир жума ырдатып жүрөт. Даткага абдан жакканда ал Жеңижокко: «Бали! Жеңижок балам, каалаганыңды айт, алакандай Аксы ачсам алаканымда, жумсам уучумда, көз салган кызың болсо айт, калыңын төлөп үйлөнтүп коёюн» – дептир. Ошондо Жеңижок: «Аркыттык Көксулуу деген кыз менен сөзүм бүтүшүп калды эле, ошол жерлик Артыкбай байлыгына салып, күч менен Көксулууну уулуна алып берип койду эле, ошо Көксулууну кайрып берсеңиз» – дегенде, Сулайманкул датка сөзүнө туруп, Көксулууну Жеңижокко кайра алып берет да, Артыкбайдын уулуна дагы бир байдын кызына калыңын төлөп үйлөнтүп койгон экен. Мына ушундай мүшкүл ишти акын эрдик менен көтөрүп, чыныгы махабатты баарынан бийик коюп, түбөлүгү түз, бактылуу келечек үчүн бардыгына чыдайт. Шору арылбаган акынды дагы бир күйүттүү тагдыр күтүп турду. Арзып алган Көксулуунун согончогу канабады. «Баа» деген баланын үнүн

угууга зар болушуп экөө тең ичтеринен эзилишти. Бирок, мындай оор кайгы да алардын үй-бүлөлүк очогун буза албады. «Балам жок» аттуу ырында кайра аны аяп:

Алтындын жайы гүлбакта,
Алган жарым Көксулуу,
Айтып турам бул чакта
Арманга батпа бул тапта–

деп ага кайрат айтса, ошол эле ырынын бир жеринде:

Кошулган жарым Көксулуу,
Килемди согуп түр кылдың,
Кирген үйүң гүл кылдың.
Кажары согуп түр кылдың,
Кармаган үйүң гүл кылдың.

Сандыкты жыйдың жүгүңө,
Сарамжал кирди үйүңө.
Беш кеште жыйдың жүгүңө,
Береке кирди үйүңө –

деп, кайра анын көңүлүн жубатат. Мындай айкөлдүк – чыныгы арзууга туш болгон, чыныгы адамдын гана колунан келет.

Алымкан, Үкөй, Мөлмөл, Алмаш, Чолпон сыяктуу топ сулууларга жетип-жетпей «күйгөн» Токтогул, Боогачы, Барпы, Ырыспай, Жолболду сыяктуу махабат Мажнундарынын катарында, болгондо да сап башында Көксулуу менен Жеңижок да бар. Булар – бүтпөгөн махабат дастандарынын улуу жарчылары.

Айтыш – оозеки чыгармачылыктагы эл арасына кеңири тараган тематикасы жагынан ар түрдүү жанрлардын бири. Айтыш түрдүү формаларда болот. Кээси узун сабак ыр түрүндө болсо, кээси акындын бири айтыштын башкы эки гана сабын айтып токтоп, кийинкиси мурунку айтылган саптын маанисин улай айтып, алым сабак түрүндө айтышкан. Ошондой эле тапкычтыкты, билермандыкты сынашып, акыл жарыштырып табышмак түрүндө айтылган айтыштар да бар. Айтыштын ушул түрү акындардан өтө чоң чеберчиликти талап кылгандыктан, мындай айтышка чанда бир акындар гана чыга алышкан. Жеңижок айтыш-

тын бардык формасында айтышып, эч бир акындан жеңилүү ызасын тарткан эмес.

Төкмө акындардын иши жандуу адамдар менен бетме-бет, көзмө-көз болуп, алар угуучулар менен эч бир «ортомчулсуз» сүйлөшөт. Эгерде жазма адабияттын өкүлдөрү чыгармалары тууралуу бааны кийин, кыйыр түрдө ала турган болсо, акындар өзүнүн ыры жөнүндөгү бааны түздөн-түз ырдап бүтөрү менен алышат. Мына ушундай жоопкерчиликти сезген акындар бар кудурети, болгон мүм-күнчүлүгүн пайдаланышып, каршысындагы акынды жеңүүгө катуу аракет кылышат. Терминдик маани айтып тургандай, бул өнөр «маңдайдан сылабайт». Өзгөчө кордоо айтыштарында акындар «кыл чайнашып» бирин-бири «жерден алып-көргө, көрдөн алып-жерге» чабышат. Нарк билген, салт билген мыкты акындар жеңилген учурларында, атынан түшүп беришип, чепкенин чечип, жеңген акынга жаап: «Өркөнүң өссүн, бали, ырахмат сага!» – деп басып кетишкен. Мындай жеңиш, албетте, оңойго турбаган. Ар кандай ситуацияларда «капилеттен сөз таап» кутулуп кетүүгө жөндөмдүү болгон учкул сезимдүү, ыкчам реакция жасай алган, аналитикалык ойго маш тунук мээ керек, акынга.

Жанрдын ушул түрүндө акындын ким экендиги көрүнүп, эл арасындагы кадыр-баркы, баасы – ошол айтыштардагы чеберчилигине жараша өлчөнгөн. Профессор С. Закиров «Акындын чечени айтыштарда жеңилген эмес. Бул жагынан, эл арасында Токтогул менен Жеңижоктун кадыр-баркы зор болгон»[12] – деп, эки акынга эң туура баа берген. Чындыгында Жеңижок айтыш өнөрүнүн эң мыкты устаты болгон. Анын Токтогул, Арстанбек, Коргол, Эшмамбеттер менен салттык алымсабак: Барпы, Шекер кыз менен табышмак; Нурмолдо, Эсенамандар менен бирин-бири жеңүү үчүн кордоого чейин барган айтыштары элге кеңири белгилүү. Жеңижоктун атагын дүң кылып, кыргыз жеринин узун-туурасына бирдей таркаткан – анын ушул айтыш өнөрүндөгү күчтүү таланты.

Анын, айтыштарына пайдаланган өзүнө мүнөздүү «кол чалмасы» болгондугу байкалат. Ал – акындын эмоцияга алдырбай, каршылашынын өйдө-төмөн айткан сөздөрүнө

чычалабаган сабырдуулугу. Экинчиден, анын дүйнө таанымынын тереңдигине, кругозорунун кенендигине жана ислам дининин жоболорун жакшы билгендигине салып, «он сегиз миң ааламды колуна алып, тегеретип олтургандай» (Ч. Айтматов) ырдагандыгы. Үчүнчүдөн, ыр куруу техникасын мыкты өздөштүрүп, ассонанстык, аллитерациялык уйкаштыктарды, параллелизмди, троптун түрлөрүн оңду-солду, ээн-эркин пайдаланып, кыргыз лексиконун мыкты билгендигине сүйөнүп, жогорку көркөмдүктөгү, «кулактан кирип бойду алган» (Абай) ыр жолдорун таба билгендиги. Мына ушул касиеттер анын айтыштарынын бардыгында пайдаланылат да, иштин оң чечилишин шарттайт.

Жеңижоктун Арстанбек, Токтогул, Эшмамбет, Корголдор менен болгон айтыштары жалпылап айтканда, бири экинчисин жеңүү, үстөмөндөтүү максатында эмес, учурашуу, ал-абал суроо, акындык нуска сөздөрдү айтуу, карапайым элге карата агартуучулук мааниси бар, бири-бирине карата жакшы тилектерди каалоо сыяктуу жай, «чатаксыз» айтыштардын катарына кирет. Албетте, айрым бир ыгы келген жерлерден «чымчып» кеткен саптар да учурайт. Бирок, андай учурлар жогорудагы айтыштардын арасынан сейрек учурап, конфликтилик жагдайга алып келбейт.

Жогоруда белгилегендей, Жеңижок көптөгөн акындар менен, айтыштын бардык формаларында күч сынашкан акын. Биз ушул айтыштарынын ичинен эки айтышка – Арстанбек жана Эсенаман менен болгон айтыштарына кыскача токтолмокчубуз.

Жеңижоктун тынч маанайда, жай айтыштарынын бири – Арстанбек менен болгон айтышы. Кээде ушул айтыш «Жеңижок менен Арстанбектин учурашканы» деп да аталып жүрөт. Эки чоң акын бири-бирине ызаат, сый менен мамиле кылышып, кадимки эки жакшы адамдын нускалуу сөздөр менен сырдашып олтурушкандагыдай элес калтырган, айтыш.

Арстанбектин атагын алыстан уккан Жеңижок аны бир көрүүгө ынтызар болуп, атайы аттанып чыгып Каркыра деген жерде ага жолуккан экен. Ал кезде Жеңижок

Нурмолдону, Эсенаманды, Наркүлдү айтыштарда жеңип «дагы ким?» – дегенсип, эки жакты карап калган учуру эле. Не болсо да бара көрөйүн – деп, делөөрүп калган Жеңижок Каркырага да келип жетет. Фольклорист Б. Кебекова түзгөн «Арстанбек (Бишкек, 1994) аттуу акындын чыгармаларынын топтомунда бул көрүнүш: «Ал барганда жай мезгили экен, Арстанбектин айылы Каркырада жатыптыр. Акындын өргөөсү обочо жердеги дөбөгө тигилиптир. Жеңижок аттан түшүп, жанындагы жигити менен салам айтып үйгө кирет. Аттарын алып, эшик ачкан киши да болбойт. Үй ичинде Арстанбек кара көрпө көлдөлөңдүн үстүндө жамбаштап жатыптыр. Киргендерге анчалык назар салбай, ооз учунан алик алат. Буга Жеңижок тырчый түшүп, «ээ кетеличи» – деп жанындагы жигитке караганда «ырда, анан көрө жатарбыз»[13] дегендей белги берип токтотот. Ошондо Жеңижок комузун алып:

Аманбы, абам, Арстанбек,
Ааламга айттың далай кеп.
Эсенби, абам, Арстанбек,
Элиңе айттың далай кеп[14]–

деп, кадимки акындардын салттык учурашуу этикасын сактап ал-жай сурашат. Ырын ары узартып Арстанбек акынды издеп чыгуусунун себебин:

Эңсеп келдим сени издеп,
Нукура ырчы Арстандын
Нуска сөзүн уксам деп[15],–

келгендигин түшүндүрүп, анан өзү жөнүндө, башынан кечирген татаал тагдыры туурасында кыскача «автобиографиясын» баяндап келип, айтыштары туурасында: ким менен, кайсы жыйында, кандай мүнөздө болгондугун төкпөй-чачпай, ал түгүл тигилердин артыкчылык жактарын да баса белгилеп айтып берет. Ырынын соңунда:

Калк ырчысы Арстанбек,
Кабарыңды көп уктум,
Анжыян, Кокон аралап,
Алымбекти пааналап,
Ырдап кеткен деп уктум,
Кокон хандын ордодо,

Коно жүрүп бир жылча,
Ордо толо ырчыны
Сындап кеткен деп уктум.
Омурткасын омкоруп,
Озуп кеткен деп уктум.
Карыядан кеп уктум,
Кадимки ырчы деп уктум.
Аксакалдан көп уктум,
Артык ырчы деп уктум,
Өзгөлөрдөн кеп уктум,
Ошондон улам келгенмин –

деп, дагы бир жолу эмне себептен келгендигин айтып барып токтойт. Жеңижоктук салмактуу ыр саптар, логикалык жактан бирин-бири улаган нарктуу ойлор биринин артынан бири куюлуп, жаштык дем менен жарашыктуу аткарылгандыктан алп акын Арстанбекке жагат. Баятан анча теңине албагансыган, бир чети сыркоолоп жаткан Арстанбек Жеңижоктун таасирлүү сөздөрүнө тан берип, чыйралып, колуна комузун алат: Жеңижоктун саламын алик алып, алдын-ала ал абалын билдирип, «Алкынып турчу ээ бербей, оо балам, алтындай жаштын бири жок» – деп, ырын баштайт. Жанатан бери сөздөрүн баамдап олтуруп сынына толгонун айтат да, Жеңижокту урмат менен тоспой койгонунан улам, өзүн бир аз ыңгайсыз сезип, ырынын башында, ал-абалы жөнүндө айткан оюн дагы тереңдетет:

Топ алдында шаңшыган,
Тоо суусундай ташыган,
Абаңдын булкунуп турчу күчү жок,
Арстандай сүрү жок,
Ак маралдай түрү жок,
Ак бótодой жүнү жок,
Аркырап акчу күчү жок.
Таң алдында сайраган,
Таңшып үнүн кайраган,
Булбул өңдүү доошу жок.

Арстанбек Кыргызстандын түштүк жагында көп болгон акын, андыктан, Жеңижок жүргөн эл-жер жөнүндө билгендерин айтып:

Ал айтканың дагы чын,
Шайыры көп эл болот.
Шакылыктап бүт күлүп,
Айткан сөзү кер болот.
Кодура талдай жанашып,
Биринен-бири талашып,
Ырчымын деген көп болот.
Жазгы кара жамгырдай,
Нөшөрлөтүп сабаган
Ашкере ырчы жок болот,–

деген мүнөздөмөсүн берет.

Ырчылар бири-бири жөнүндө кабардар болушуп, кимисинин өнөрү кай жагынан күчтүү, кандай кемчиликтери бар экендигин биле жүрүүгө ынтызар болушкан. Бул, балким, бирде болбосо бирде, карпа-курпа беттешип, айтышып калышса керектүү маалымат катары пайдаланылса, экинчиден, көзү өткөн улуу муундагы акындар туурасында аңыз кептерди элдин да, акындардын да айта жүрүүсү традициялык көрүнүш болгон. Муну кечээ жакында көзү өткөн Ысмайыл Борончиевдин «Алымкулду жоктоо» деген ырынан да байкоого болот. Ал 60тын тегерегиндеги акын, манасчы, күүчүлөрдүн атын эскерип, аларды кыскача мүнөздөгөн, кошок жанрынын оригиналдуу үлгүсүн жараткан. Ушундай акындарга мүнөздөмө берүү салтын Арстанбек да ушул айтышта пайдаланган. Ал Нурмолдо, Эсенаман, Наркүл аттуу замандаш ырчылары туурасында көргөн-билгендерин айтып, ал түгүл алардын таланттарына да баа берип өтөт. Арстанбектин алгач жай темпте, салмак менен башталган ыры эми күүлөнүп, күчөгөндөн-күчөп, ээ-жаа бербей аккан шар суудай бууракандайт. Ырынын башында «Алдан, күчтөн тайып баратам» деген наалыш сөзүнө ишенбей да кетесиң. Эми ал нускоочу акындардын салты менен, бир чети улуулугу, экинчиден көптү көргөн таржрыйбалуулугуна салып, «Акын болсоң мобуларды эстен чыгарба!» – деген кыязда төмөндөгүчө төгүп кирет:

Оо балам, ырчылык жайын айтайын,
Ырчы болсоң сынчы бол,

Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол,
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Ууруларга айгак бол,
Ушакчыга сайгак бол,
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол,
Кара өзгөй болбой калыс бол,
Кошоматтан алыс бол,
Усталарга балка бол,
Баатырларга калка бол,
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Эрегиш чыкса элчи бол,
Эл журтуңдун кенчи бол,
Аш менен тойдун көркү бол,
Тону жоктун бөркү бол,
Жери жокко конуш бол,
Эти жокко союш бол,
Таразанын ташы бол
Ырчылардын башы бол –

деп, жаш Жеңижокко акыл-насаат кебин «бол» деген буйрук этиш менен коштоп айтат. Андан ары ыр уланып, чыныгы акын кандай өмүр сүрүш керек экендиги эскерилет.

Калктын зарын зардап өт,
Качанкы ырын ырдап өт,
Калк көңүлүн чалкытып,
Каниет алып жыргап өт.
Уламаны улагын
Улардай таңшыр убагың,
Баяда минтип айткан деп
Кек сактап, сөздү куубагын.
Күлүк минип, гүлдөп өт,
Жорго минип, жолдоп өт,
Жамы журтка ырдап өт.–

Бул ыр түрмөгү да «өт» деген жол көрсөтүү маанисиндеги сөздөр менен коштолуп ырдалат. Ырынын акырында Арстанбек:

Балам, сынчылардын сынын ук,
Ырчылардын ырын ук,
Жомокчуну издеп ук,
Ушакчыны уктап ук,
Акылманды аңдап ук,
Дудуктарды жандап ук,
Чечендердин сөзүн ук,
Көсөмдөрдүн көчүн ук,
. . . . . . . . . . . . . . . .
Кыргыздардын жоосун ук,
Кытай, калмак доосун ук,
Думананын зарын ук,
Мүлдө журттун баарын ук.
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Санат ырың сан болсун,
Санжыра сөзүң саз болсун!
Калың кыргыз элине
Кадырың артып, бак консун! –

деп, батасын берет. Ырдын маанилик сапатын сактоо максатында узагыраак алынып кеткен ыр түрмөктөрүнүн аягындагы буйрук этиш менен айтылган «бол», «өт», «ук» деген сөздөрдү жалгай айтууга улуу катарында да, нарк билген нускоочу чоң акын катары да Арстанбектин толук укугу бар. Жарашат. Жеңижок Каркырада бир топ болуп, Кегенге чейин барып, көл кыргыздарын, албан казактарын аралап ырдап жүрүп, кетеринде Арстанбектин алдына келип таазим кылып, коштошуп, узак ырдаган дешет. Арстанбек да комуз күүсүн өзгөчө муңканта чертип, ырдап узатыптыр.

Ошентип, алп акын Арстанбек, Каркыра жайлоосунун бийиктигинен, кыргыз асманын көркүнө чыгара шаңшып учуп жүргөйсүң – деп, Жеңижок аттуу жаш барчындын томогосун тартып, таманга кагып шилтеп ийген экен...

Айтыш өнөрүн өтө жогору баалаган кыргыздардын түшүнүгү боюнча: бир акын экинчисин жеңгенде гана аны чоң акын катары баалашып, катуу даңазалашкан. Мында «жеңүүчү» жана «жеңилүүчү» деген түшүнүктөр адам психикасына түздөн-түз таасир этип, таймашуучулук мүнөздө

болгондуктан, угармандардын бүйрүн кызытып жиберген. Көпчүлүк караламан эл орто жерде, калыстык позицияда турушат да, анан, кай тарап жеңсе, ошол жакка жабыла күйөрман болушуп, аны уу-дуу кеп кылып асманга көтөрүп кетишет. Ушундай жагдайда өткөн, Жеңижоктун атагын оболоткон айтыштарынын бири – анын Эсенаман менен болгон айтышы. Мындай күчтүү чыккан айтышты казак-кыргыз арасынан табуу кыйын. Эл арасында, акындар чөйрөсүндө мыкты айтыш катары бааланып, анын тексттеринин түрдүү вариациялары Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунда сакталып турат[16]. Алардын эң сапаттуусу Шаршенбек Үмөталиев тапшырган вариант болуп, мында, акын жөнүндө, айтыш өткөн кырдаал туурасында кеңири түшүндүрмөлөр бар. Адабий та-тымы күчтүү окумуштуу ар башка адамдардан материалдарды жыйнап, аларды иретке келтирип, бириктирген. Ойдун логикасын жана мазмунун, көркөмдүк касиеттерин бузбай берүүгө аракет кылган. Натыйжада, көлөмү жана көркөмдүгү жагынан толук кандуу кайталоолору жок чыгарма түзүлгөн. Белгисиз себептер менен жоголгон Калыктын айтуусундагы нускасы ушул «бириктирилген варианттын» өзөгүн түзгөн өңдөнөт. Бул айтыш өз мезгилинде өтө популярдуу болуп, акындардын репертуарларынан кеңири орун алган да, ар акындын талант дараметине ылайыктала, фольклордук чыгарманын табиятына мүнөздүү болгон варианттуулукка өтө баштаган.

Айтыш Таласта Ташкара аттуу чоң болуштун тоюнда өтөт.

Бул тойго төрт дубан эл чакырылып, Аксы тараптан датка – Сулайманкул, болуштар – Осмонбек, Бекмурат, бийлер – Баялы, Осмон, Субан жана акын – Жеңижоктор келишет. Бир үйдө өңкөй жакшылар менен Таластын башынан келген Эсенаман, казак акыны Майкөт ардактуу конок болушуп олтурган экен. «Жеңижок келди» дегенди угушуп, алиги үйгө аны чакыртып алышат. Казак акынынын суроосу менен Жеңижок ыр баштамакчы болуп, комузун күүлөй баштаганда комузунун бир кылы үзүлүп, ага алагды боло калганда, учурдан пайдаланган Эсенаман

ырды баштап жиберет. Эсенаман да эл арасына алынган, кадырлуу акындардын катарына киргендиктен чоң акын Арстанбек ал жөнүндө:

Эсенаман эски ырчы,
Элге жаккан кески ырчы.
Жомоктун болчу молдосу,
Айтыштын болчу жоргосу.
Нуска сөзгө нар эле,
Айтканындай бар эле.
Кызыл тили курч эле,
Ырчылардын мурчу эле.
Оң, сол кыргыз кошулса,
Какшап бир ырдап турчу эле.
Казак, кыргыз аралап,
Элирип ырдап жүрчү эле –

деп, анын өнөрүн калыстык менен жогору баалаган. Эсенамандын ушул жана башка акындар менен болгон айтыштарын карап көргөндө, ой дүйнөсү менен, төкмөлүк өнөрдүн дасыккан чебери катарында казак-кыргызга бирдей таанымал, кара жаалы кармаса оозунан уу аралаш ыр чачкан, беттегенин бербеген, курч тили менен далайларды шылып түшкөн өтө опурталдуу чоң ырчы экендиги байкалат.

Эрте келип жайланып олтурган Эсенаманга бир жагында казак досу, атактуу Майкөт, бир жагында Таластын жакшылары муруттарынан жылмайып ага моралдык жагынан такаат болуп турушту. Ушундай ыңгайлуу абалдан пайдаланып, ал шак эле Жеңижокту алка-жакадан ала ырдады. Мындай чапчаңдык, агрессиялык мүнөз, ситуацияга ылайыкташа кубулуп кетүүчүлүк Эсенамандын башка ырларына, айтыштарына да мүнөздүү (Буга Жангарач, Байтик жөнүндөгү ырлары, Ажыбай молдо менен айтышы күбө). Алгач Эсенаман акындык салтты бузбай, бир-эки ооз сөз менен учурашкан болот да, Эсенамандык күчтүү дымак менен «чү» деген эле жерден өзүн-өзү мактоого өтөт. Бул – Эсенамандын шашмалыкка жеңдирип, тактикалык жактан болгон жаңылыш кадамы эле. Кыраакы Жеңижок мындай алабарман башталган туура эмес «дебютту» жөн коё бермек эмес...

Кайдасың балам Жеңижок,
Картаңдын сенден кеми жок.
Кара жаак пендеден
Каяша кылар теңи жок.
Калкымда ырчы көп жүрөт
Калжырай берген эби жок.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Чоң ырчы менен айтышкам,
Чоң атасын тааныткам.

деп, өзүн көтөрө чалып ырдайт да, анан Жеңижокту басмырлап, башка жерде тентибей, өз элиңе келсеңчи деген маанидеги кеңеш-акылын айткан болот:

Теңдигиң айтар тууган жок,
Теминип минер буудан жок,
Телмирип ичиң күйбөйбү.
Тентибей элге кошулсаң,
Теңтуштарың сүйбөйбү.

Ушул сыяктуу, көпчүлүк учурда орундуу айтылган акыл-насааттарын, нуска сөздөрүн мактанчаактыгы жууп кетип, өзү торго чалына берди. Майкөт акынды пир тутуп, эңкейип келип кол бергин деп, дагы жаңылды. Анысы аз келгенсип, бозонун угутумун, дарактын мөмөсүмүн, арактын шишесимин, жоргонун таманымын, ырчынын торгою, күкүгүмүн, жылкынын бууданымын деп, дүйнөдөгү асыл баа, жакшы нерселердин көпчүлүгүнө теңештирип өттү, өзүн. Мунусу менен дагы бир ирет баамчыл Жеңижоктун кылтагына илинет. Анын ыры жылуу жааган жазгы нөшөрдөн эми кар аралаш төгүп кирген ызгаарлуу күзгү нөшөргө айланат. Жеңижоктун намысына тийип, кемсинтип, басмырлай баштайт. Аксылыктар, бакылдаган көйрөң эл, кажылдаган калдас эл, «Алыбектин беш торпок, айылдагы ашка орток» – деп, эл, жери менен кошо шылдыңга алат.

Алда кимден туулду – деп,
Атасыз, тексиз кулбу – деп,
Ар ким айтып артыңдан
Айың, ушак кеп кылат.
Азапка салып жаныңды

Акыры сени жеп тынат.
. . . . . . . . . . . . . . . . .
Эсиңди жыйып элиң тап,
Эзелки Талас жериң тап –

деп, анын Таласка келишин буйрук иретинде улам-улам кайталап айтат. Кай бир учурларда: «Таарынбагын Жеңижок, Табалбайсың биздейди» – деп, бир аз жумшара түшкөнү болбосо, ыр негизинен өктөм, алкынган ат менен омуроолоп бараткандай элеси келет, Эсенамандын. Ыр тексттеринин аяк жагында Жеңижокту биротоло ооз ачырбай, бир шилтем менен эле жеңсем деген ою – «Каяша кылбай тилимди ал, көпчүлүктүн ичинде, күйүгүп балам асылба», же «Улуулар менен айтышып, угузба балам кебиңди» сыяктуу саптарынан байкалып турат. Андыктан ал Жеңижоктун талуу жерлерин таап, намысына тийип, болгон айла-амалдарга салып жаалдана ырдады. Тажрыйбалуу акын өз доорунун каадасы, түшүнүгүнөн чыгып эл-жер, урук-тууган туурасында катуу айтты. Таасирлүү, күчтүү дымак менен башталган ыр улам темп алып, күчөп барып бүттү. Элдин олтурганы-олтурган, турганы-турган жерлеринде селейип, тунжурап калышты. Ошондо бир карыя: «Балам Жеңижок, айтарга сөз деле калган жок, бардыгын Эсекең айтып бүттү. Эсекеңе каяша айтам деп, каарына калып, назарыңды сындырып өзүңдү-өзүң аксатып албагын»,– дейт. Анда Майкөт акын: «Олай эмес, карыя, Эсекең, картайып калганбы, көп кателиктерди кетирди. Эсекеңдин катесин таап айтсаң, жеңетин жагдай сеники, токтолбой сок карагым Жеңижок» – деп, калыс сөзүн айтты.

Баятан Эсенамандын ар бир сөзүн жаздым кетирбей тыңшап, ага каршы жооп даярдап олтурган Жеңижок Майкөт ырчынын сөзүнөн кийин башын чулгуй көтөрүп, Эсенаманды беттей, ыр мөндүрү менен сабап кирет.

Аалам жашап турсун деп,
Күн жараткан эмеспи.
Алмаштырып Күн менен,
Түн жараткан эмеспи.
Буруксуган атырдай,
Гүл жараткан эмеспи.

Алтын нурун төгүлтүп
Ай жараткан эмеспи –

деп, Ай-аалам, жердеги тиричилик, өмүр-өлүм тууралуу өзүнүн түшүнүктөрүн, ой-чабыттарын ырга салат. (Тексттеги «эмеспи» делип улам кайталанган сөз, мурда «Бир Алла» деп айтылгандай түрү бар. Кол жазмалар фондусунда акындын мурда жарык көрбөгөн «Бир Алла» деген ыры сакталып турат (инв. № 327). Мындагы ыр жогоруда келтирилген мисалдагы ырга өтө окшош: «Жети кабат ааламга күн жараттың бир Алла, Жылдыз чеге Ай менен, Түн жараттың бир Алла» ж. б. у. с. болуп кете берет. Мындай окшоштуктарга караганда, айтыштын ушул строфалары алгач «Бир Алла» делип, кийин диндик идеологиялардан арылтуу максатын көздөгөн информаторлордун, жыйноочулардын «корректировкаларына» дуушар болгон өңдөнөт). Илимге чейинки примитивдүү дүйнө таанымдар ошол кездеги Токтогул, Барпы сыяктуу акындардын чыгармаларынан да кездешип, алар негизинен бирдей эле көз караште болушкан. Ошондой болсо да, Жеңижок, Аалам, жаратылыш тууралуу философиялык ой-чабыттары терең, учкул кыялдуу ырлары менен өзүнө замандаш акындардан өзгөчө бөлүнүп турат. Ал ушул өңүттөн ыр баштап эл көңүлүн өзүнө бурат да:

Эми, өрдөктөй учуп келейин.
Өзүмөн кабар берейин.
Өзүңөр байкап көргүлө
Өнөрүм ашса жеңейин,
Баарысын айтып нетейин,
Башка сөзгө өтөйүн,
Баятан койгон суроону,
Баяндап жооп берейин –

деп, Эсенамандын суроолоруна бир четинен тил кайрып баштайт. Аллитерациялык, ассонанстык уйкаштыктар менен шөкөттөлгөн строфалар «Алтымыш вагон бир чиркеп, алып учкан паровоздой» бирине-бири илинише ой улаган ыр төгүлдү, Жеңижоктон. Ташка тамга баскандай так, таасирлүү айтылган жооптор Эсенаманды кайра жапырып башын жерге киргизе баштайт. Эти ачыгып калган Жеңи-

жок, анын жашына, сакал-пакалына карабай жазгы селдей каптап кирет:

Угуту болсоң бозонун,
Ородо сасып өнбөйбү.
Ары жок сендей куу чалдын,
Ажалы жетип өлбөйбү.
Алакан жайып дубага,
Агайын тууган келбейби.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Шишеси болсоң арактын,
Мас адам сени сыйлайбы?
Таамайлап кармап мойнуңдан,
Ташка чаап урбайбы.
Тамтыгың кетип быркырап,
Талкаланып сынбайбы.
Койкойгон мойнуң жоголуп,
Кокуй чал жаның тынбайбы.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Торусу болсоң жылкынын,
Токмоктоп тойго минбейби.
Торгою болсоң ырчынын
Тоо турумтай илбейби.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Алтымыштан ашканда,
Арып калган экенсиң,
Акыл менен эсиңден,
Танып калган экенсиң.

Ушинтип сабап ырдап олтуруп Эсенамандын суроолоруна бүтүндөй жооп кайтарат да, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Майкөт акынды пир тутушу, өзүн жанга теңебей мактанганы, ислам дининин жол жоболорун начар билиши сыяктуу калпыс жерлерин баса калып, майкандап салат. Анысы аз келгенсип, ырынынын аягында табышмак айтышына мүнөздүү болгон бир катар суроолорду да жаадырып жиберет. Анын ырдаганына калың эл таң калат. Ошентип, оңойго турбаган жеңишке жеткен Жеңижокко казак акыны кайрылып: «Бали, балам Жеңижок! Жумары басты, кызыл тилди адамда сенден аскан акын болмас, ракмет!» – деген экен.

Кара жаак, жез таңдай Жеңижок чындыгында эле ушундай бийик баага татыктуу экендигин фольклористтер – Б. Кебекова[17], С. Закиров[18], М. Мукасов[19]; адабиятчылар – А. Токтогулов[20], А. Абдыразаковдор[21] да өз эмгектеринде белгилешкен.

Бул айтыш – тунук акылды, орошон талантты, эр жүрөктүүлүктү демонстрациялаган, кыргыз элиндеги айтыш өнөрүнүн эң мыкты үлгүсү катары бааланат.

Жеңижок – XIX кылымдагы кыргыз акындарынын ири өкүлдөрүнүн бири. Ал өз доорунун акыл-эстүү, мезгилине жараша прогрессивдүү ой жүгүртө алган окумал адамы болуп, коомдук-социалдык, адеп-ахлактык, диндик, жаратылыш, Ай-аалам сыяктуу тематикалардагы ырларды жогорку чеберчиликте ырдаган акын. Маанилик, көркөмдүк сапаттары жагынан азыркы кездеги эстетикалык таламы кыйла көтөрүлүп калган окурмандарды да кайдыгер калтырбай өзүнө тартып, тамшандыра турган касиеттер бар, акындын ырларында. Таман алды сөз тапкан импровизациялык чоң чеберчиликте аткарылган анын айтыштары да өзүнчө бир керемет көркөм дүйнө. Анын жатык жана угумдуу, таамай жана таасирлүү айтылган ырлары эл эсинде терең сакталып, күнү бүгүнгө чейин аңыз болуп айтылып келет. Жеңижоктун – адам, адам тагдыры, анын абалы, келечеги жөнүндөгү темасы – XIX кылымдын орто чени, XX кылымдын башындагы кыргыз коомдук-саясий ой-пикирлериндеги эң татаал мезгили менен тыгыз байланышкан. Андыктан акындын чыгармаларындагы айтылбай калган, же ачык чечилбей калган маселелер боюнча бир беткей кароого болбойт. Акындын көз карашы ошол мезгилдин саясий, социалдык-экономикалык, маданий абалы менен ширелишип тургандыктан, ага карата сын айтуу адилетсиздикке жатат.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Акиев К.* Баскан жол. – Фрунзе, 1964. 11-бет.

[2] *Сатылганов Т.* Жеңижокту жоктоо. Залкар акындар. – Жеңижок, II том. – Бишкек: Шам, 1999. 14-бет.

[3] Жеңижок. Кыргызстан, 1982. 4-бет.

[4] Мурас. – Салиев А. Баш сөз. Түзгөн//Абдылдаев М. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. 3-бет.

[5] Жеңижок. Кыргызстан. 152–153-беттер.

[6] Жеңижок. Кыргызстан, 1982. 4-бет.

[7] Ошондо. 285-бет.

[8] Залкар акындар. Жеңижок//Акындар сериясы. № 2. – Бишкек: Шам, 1999. 52-бет.

[9] *Абдыразаков А.* Төкмөлүк жана көркөм чыгармачылык. – Б., 1996. 40-бет.

[10] Залкар акындар. Жеңижок. 2 том, Бишкек, 1999. 18-бет.

[11] Ошондо, 19–20-беттер.

[12] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. Бишкек, 1996. 331-бет.

[13] Арстанбек. Бишкек. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы. 1994. 122–123-беттер.

[14] Ошондо, 123-бет.

[15] Ошондо, 123-бет.

[16] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 561. 1–39-беттер. № 555. 1–21-беттер. № 684. 1-бет. ж. б.

[17] Залкар акындар. I том//Кебекова Б. Эсенаман. 1998. 283-бет.

[18] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. – Бишкек, 1996. 331-бет.

[19] Залкар акындар. II том//Мукасов М. Ак таңдай акын. 1999.

[20] Жеңижок. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. 4-бет.

[21] Залкар акындар. II том//Абдыразаков А. Жеңижок (Өтө) Көкө уулу.

## БОТОБАЙ
*(1861–1944)*

Кыргызстандын түштүк өрөөнүнө, Өзбекстандын көп жерине кеңири таанымал акын. Атасынын аты так эмес. Анткени, айрым кабарчылар атасын Юнус (Жунус) атап, уруусун паракенде дешет. Ал эми 1971-ж. Ботобайдын санатын Жаки Таштемировго айтып берген маалымдоочунун ысмы да Ботобай Жунусов. Акындын да, маалымдоочунун да бирдей аталганынан улам кандайдыр бир чаташуу барбы деген ойго келесиң. Мындай так эместик кабарчы тарабынан кетирилиши мүмкүн эмес. Анткени, жыйноочу Бекназар менен Доорандын, Асан менен Осмонкулдун (экөө айылдык чакан ырчылар), Мыса менен Нурмолдонун айтышы маалымдоочунун өз үйүндө отуруп, өз оозунан жазып алат, жана да ал жөнүндө так маалымат берет: «Жунусов Ботобай Кочкор-Атада турат. Кат билбейт. Сексен үчтө. Дооран ырчы, Бекназар ж. б. ырларынан билет»[1]. Тилекке каршы Ж. Таштемиров Ботобайдын шакирти Сыдык Алайчиевге кездешип, айрым материалдарды жазып алганда бул маселеге кайрылбаптыр. Такталган факты катарында эсептесе керек.

Ботобайдын ырчылык дараметин анын ырдаганына өзү күбө болгон Тоголок Молдо төмөнкүчө жогору баалайт:

Анжыяндын Куршабда
Ботобай деген бар экен,
Акын экен шул тапта
Акындыгы мыкты экен,
Айткан сөзү ыкты экен
Фаргананын өзүндө

«Жалгыз акын өзүм деп»
«Сайрап турган кезим деп».[2]

Чындыгында Ботобай да өз мезгилиндеги Орозаалы, Абдумомун, Ташмат, Жолдош, Барпы сыяктуу ырчылардын катарында жүрүп ат салышкан, көзү тирүүсүндө жыйналып иликтөө алкагына кирбей калгандыктан, ырлары бизге аз жетип, калкка кеңири таанымал эмес.

Ботобай 1861-жылы Өзбекстандын Кожо-Абад районуна караштуу Каныя-Бостон деген кыштакта кедейдин үй бүлөсүндө туулат. Жети жашында атасы өлүп, энеси баласын ээрчитип, Ноокаттын Кара-Таш деген жеринде жашаган төркүндөрүнө келет. Эки жылга жакын таякелеринде жашап, анчалык орун болбогон соң, кайрадан Каныя-Бостонго барып, балалык кези ушул аймакта өтөт. Үйлөнүп-жайланып, чарба күтүп, 1920-жылга чейин Каныя-Бостондо жашайт. Ошондо Өзбекстандан чыккан Сабыр, Самат аттуу корбашылар, Жаңыбай деген паңсат Ботобайга каршыгып өлтүрмөкчү болушканда там-ташын, мал-мүлкүн таштап, балдарын алып, качып Кара-Таштагы таякелерине келип, өмүрү өткөнчө ушул жерде жашап, 1944-жылы дүйнөдөн кайтат. Айрым маалыматка караганда Ботобай өмүрүнүн алгачкы кезеңинде Өзбекстандан чыккан корбашыларга ырчылык кылып жүргөн көрүнөт. Кийин иштин түпкүлүк жагдайын түшүнүп, алардан четтеп, ошондон куугунтукка алынып качып кетүүгө аргасыз болот. Натыйжада Ботобайдын көп жылдар оозго алынбай, чыгармачылыгынын иликтөө алкагына кирбей калышынын бирден-бир себеби да ушул болгон өңдүү. Антпесе ал деле өз мезгилинде көп жерлерди кыдырып, Өзбекстанда өткөн тойго атайылап киши жиберип чакыртып келише турган чоң акындардан болот. Өзүнө шакирт күтүп, жанына алып жүрүп, ырчылыктын жөн жайын үйрөтөт. Буга Сыдык Алайчиевдин чыгармачылык өмүр жолу ачык далил[3]. Акындын өз оозунан жазылып алынган маалымат боюнча ата-энеден эрте томолок жетим калып, ар кимдин колунда жүргөн Сыдык, жашында бир тойдо ырдап чогулгандардын алкоосуна ээ болот. Ошол күнү кечинде Ботобай өзү менен кошо алып кетип, тон кийгизип, ат мингизип,

ал эмес, айлык акча төлөп, ээрчитип, той-топурга алып барып ырдатып, көнүктүрүп жүрөт. Бош убактыларында устатынын отун-суусуна каралашып, атын багып, баласы сыяктуу болуп калат. Төрт жыл убакыт өткөндөн кийин Ботобай шакиртине батасын берип, ошондон кийин тойдо түшкөн олжону тең бөлүшүп ала турган болуп калышат. Алгач Аравандын болушу Мансуркулдун тоюна ээрчитип барып ырдашат. Ырдаганы Мамытбекке (Курманжан датканын баласы) жагып калат. Той ээси кымкап тон жаап, калкка ырчы катарында таанылат. Кыскасы, 21 жыл Ботобай менен бир жүрүп, ырчылык кылат. Кийин устаты экөө айтышып, айтыш курч өтөт. Экөө 1913-жылы Маргаланда Сайдамат деген байдын тоюнда беттешет[4]. Сайдамат бай Ботобайды издетип кат жазып, «Калды (Сыдыкты) ээрчите келсин» – деп, атайылап киши чаптырат. Чабарман Ботобайды Куланын базарынан таап, катты берет. Алар тойго келгенде өзбектин атактуу Молдо Тойчу деген ашулачысы (кошукчу) кошук айтып жаткан болот. Ыр кезеги экөөнө келгенде Ботобай той салтанатын айтып жатып,– шакиртин:

Жанымдагы отурган,
Жаңыдан чыккан бала ырчы,
Жакжаңдаган кал ырчы,
Түзүгүрөөк ыры жок,
Алып көрсөң допусун,
Чокусунда жүнү жок –

деп, чымчып өтөт. Сыдык устатынын сөзүнө:

Ээрчитип жүрүп Ботобай,
Тынчытпадың башымды,
Тыталап жүрүп жок кылдың,
Төбөмдөгү чачымды.

Андан ары «ээгинде элүүдөн ашык жүнү жок» энесине окшош көсөөлүгүн айтып, курч жооп кайтарат. Эки акын баш менен сакалдын тегерегинде сөз жарыштырып, бири-бирин куйкум сөздөр менен чымчып, тыңшоочуларды күлкүгө тундурат. Алардын мыскылдуу сөздөрүнөн чочулаган башы таз байдын, көсөө казынын тынчы кетип, тымызын бири артынан бири акча берип, ырчылардын ырын

башка багытка буруу аракетинде болушат. Бирок, Ботобай «кайтпай ырдай бер» – деп, шакиртине шыкак берет. Эки ырчынын ырына ыраазы болгон той ээси экөөнө эки тон (Сыдыктыкы агала тон экен) кийгизет. Устат менен шакирттин «чатагы» ушул жерде курчуйт. Ага ак тон кийип, көңүлү эргиген Сыдыктын:

Көңүлүм өсүп, топ калдым,
Ала-була тон кийип,
Молдо ыймамдай боп калдым.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Тонумду көргөн адамдар
Бир мечитке ыймам – дейт –

деп, ырдашы каршысынын сөздөн кармап, жеңип кетишине өбөлгө болот. «Башыңды көргөн адамдар сени ыймам кылбайт, билбестен ыймам кылса да башыңа селде турбайт» деп келип:

Жылмышып түшсө келдаңыз,
Кыйлага кетет ноомуңуз.
Кызарган башты көргөндө
Күлүп иет коомуңуз.
Намыс кылып турасың.
Эч ким сага карабайт,
Шарыятта Бала ырчы
Кал ыймамга жарабайт –

деп, көп айтыштарга түшүп, дасыккан кексе ырчы өнөрлөшүн оодарып кетет. Устатынын сөзүнө ызаланган 17–18 жаштагы жаш ырчы ыйлап ийип тойдон чыга качат. Ботобай өз чыгармачылык өмүрүндө көптөгөн ырчылар менен айтышса да бизге көбү жеткен жок. Майкөтөн ырчы менен айтышы жөнүндө маалымат бар. Бирок, тексти бизге жеткен жок. Өз учурунда бир топ акындарды коштоп ырдап да жүргөн экен.

Кийин Сыдык акын катарында калкка таанылып, өз алдынча айтышка түшүүгө дарамети жетип калган мезгилде да шакиртине жолдомо берип жүрөт. Буга Сыдыктын Ташмат ырчы менен айтышындагы Ботобайдын аралжы болуп, карт ырчынын көңүлүн улап ырдашы ачык мисал. Экөөнүн беттешүүсү Ноокатта Абдыкалык дегендин тоюнда

өтөт. Айтыштын текстин 1971[5], 1975[6]-жылы Ж. Таштемиров Сыдыктын өзүнөн жазып алган. Негизинен эки жолу катталышында анчалык айырмачылык жок. Даталары гана эки башка, биринде 1918-жылы, экинчисинде 1921-жылы маалымдоочу жаңылып калса керек. Сыдыктын айтышып калышына Ташмат ырчы өзү күнөөлүү болот. Тойго Ботобай, Арзыбай, Ташмат, Бала ырчы (Сыдык) болуп көп ырчылар келишип, баарынын кичүүсү катарында Сыдык ырдап жүрсө, Ташмат туурадан чыгып, жаш ырчынын сөзүн бөлөт. Ошондон айтыш уланат. Сыдык каршысынын коного жарабагандыгын, эч кимге пайдасы тийбей, бозо ичип семиргендигин айтып, элди дуу күлдүрөт.

Той болгон жерди пайлайсың,
Өлгөндөн кийин Ташмат сен,
Бир теше жерди майлайсың,–

деген сөзүн катуу каткырык менен коштойт. Ташмат ызасына чыдабай, Сыдыкты урмак болуп, камчы көтөрөт. Ошондо Ботобай ортого түшүп ырдап:

Шашылбай ырда, Бала ырчы,
Насыяга кылбай Ташматка
Нак бергендей ырдайсың,
«Бозо кылып ичкин» деп.
Жарым чейрек, он чексе,
Шак бергендей ырдайсың –

деп, шакиртин теске салат.

Ботобай 1936-жылы республиканын борборунда өткөн олимпиадага катышып, өзүнүн ырчылык өнөрүн тартуулайт. 1937-жылы анын «Күлүк аттын сыны», «Терме», «Сүйүү», «Ленин тууралуу» ырлары катталат. Кыскасы, борбордун корунда бирин-эки ырлары сакталып турат. Анда өмүр баяны, «Ботобайдын арманы», Бейдава ырын чыгаргандыгы, санат ырын сайраткандыгы жөнүндө маалыматтар орун алат. Бирок, айрымдарынын аттары эле саналып, толук тексти болбогондуктан, акындын чыгармачылыгына жыйынтыктуу баа берүү да кыйын. Чамалуу материалдардын бизге жеткенине карабастан, анын чыгармачылык өнөрканасы деле башка өнөрлөштөрү өңдүү эл оозеки чыгармачылыгынын жана салттуу ырчылар

поэзиясынын көрөңгөсүндө калыптангандыгы ачык байкалат. Ал да өз заманында ыры менен Кудаяркандын купулуна толуп, Кокон Ордосунда бир канча жыл ырчылык кылган атактуу Орозаалы акынга шакирт болуп, анын кызматын кылып, 13 жыл ээрчип жүрүп[7], батасын алып, ырчылыктын өрнөгүн үйрөнөт. Орозаалы демекчи, өз учурунда иликтөө алкагына алынбай калган күчтүү акындан Калмамбеттин (Чөп ырчынын) өнөрлөшүн булбул аташы да бекеринен эмес чыгар. Анын күчтүү акын экендигине Кудаярканды беттеп ырдаган ыры жана акыр заман жөнүндө айтканы ачык күбө. Алсак акындын:

Жедигер менен Шамайга,
Эл кетпесин тилеңер,
Эр жигиттин колунан,
Жер кетпесин тилеңер,
Кызыл-Жар менен Шамайга,
Журт кетпесин тилеңер,
Ак сарай үйдүн ичинен
Кут кетпесин тилеңер, –

дегени ченеми жок залкар сөз эмей эмне. Тилекке каршы, Ботобайдын1944-жылы эле көз жумгандыгына карабастан, учурунда көңүл бурулбай өзүнүкү гана эмес, ажы аталган (Мекеге кетип кайтпай калат) устатынын ырларын да өзү менен кошо ала кетиши орду толбос жоготуу болду.

Ботобайдын чыгармачылыгынын элдик поэзия менен болгон карым-катышы, акындын ага таасирленүүсү «Күлүк аттын сыны» аттуу ырынан ачык эле байкалат. Муну аттын сын-сыпатын берүүдө эпостордогу, «семиргени сүмбөдөй», «секиргени бүргөдөй», «кашка тиши кадоодой», «кара тили бүлөөдөй», «кулун жүрүп тай болгон, кунанында шай болгон» ж. б. салттуу мүнөздөмөлөрдүн колдонулушу ачык айкындап турат.

«Сүйүү» деген ыры да эл оозеки поэзиясы менен тыгыз байланыштуу түзүлгөн. Ал «Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар» деген элдик макалдын трансформацияланышынан, «Паризаттагы», «Ары жатпай, бери жат, терезеңден кол узат, даргейиңден күйдүм дат» – деген ыр жолдорунун жогорку ырдан орун алышынан ачык көрү-

нөт. Ботобайдын сүйүү темасында чыгарган ыры түштүк поэзиясынын салттуу баяндоо ыкмасында да терме формасында да айтылат. Ага төмөнкү ыр жолдору ачык мисал:

Боюң куйган калыптай,
Чырайың чыккан жарыктай.
Жамалың жазгы баардай,
Салкының таңкы заардай.
Кылыгың жорго каардай,
Кымбатың Ташкен шаардай,
Куп келишкен баласың,
Куштар кылып барасың[8].

Аягына чейин сыпаттап санап айтуу улана берет. Ушундай жол менен акын өзүнүн ички сезимин, көңүл толгоосун билдирип, ыр мактоого жакындашып кетет. Барпынын сүйүү ырлары да ушундай манерада баяндалат. Ал эми сүйүү темасындагы ырлардын түндүктө айтылышындагы бир өзгөчөлүк, элдик поэзиядагы архаикалык форманын көбүрөөк сакталып калышы, б. а. тематикалык параллелизмдик ыкма кеңири колдонулуп түзүлүшү. Натыйжада, бир түрмөк ырдын эки сабы баяндоонун объектисине кирбегендей сезилип, 3–4 сапта ой жыйынтыкталып, өз предметине карата конкреттүү сөз козголот. Ал эми түштүк акындарынын сүйүү темасындагы ырларында көбүн эсе түз мүнөздөмө берилип, ыр курулушунда шарттуу түрдө киришүүнүн милдетин аткарган ыр саптары орун албайт. Ботобайдын сүйүү ырлары жогорку ойду ырастап турат. Түштүктө сүйүү ырынын түзүлүшүндө мындай өзгөчөлүктүн орун алышы чыгыш поэзиясынын таасири болушу да ыктымал.

Ботобай терме, санат ырларын да түзгөн. Анын айрымдары жазылып алынып, борбордун корунда сакталууда. Терме, санат ырларынын башаты адамзат коомунун байыркы доорунан уланат. Анткени, коомдун жаралышы менен өз мезгилине ылайыктуу ага этектеш эле адеп-ахлактык эрежелер, жолдомолор түзүлүп, узак өсүш жолун басып өтөт. Натыйжада терме, насият-санат ырларында адамдардын бири-бирине болгон мамилеси, жүрүм-турум эрежеси, айлана-чөйрөгө, коомдук-социалдык маселелерге карата ой жүгүртүүсү дайым туруктуу темадан болуп, калыптануу, өсүп-

өнүгүү жолун басып өтөт. Сөзсүз түрдө коомдун алмашуусу, адамдардын аң-сезиминин өсүшү, тажрыйбанын топтолушу менен жаңы ойлор, көз караштар пайда болуп, өзгөрүүгө учурашы, толукталышы мыйзамдуу көрүнүш. Ошондой эле айрым ыр түрмөктөрүнүн туруктуу клише катарында муундан-муунга, айтуучудан-айтуучуга, акындан акынга өтүп, жекечилик башат алышы да ыктымал. Мындай жагдайдын Ботобайдын термесинен да байкоого болот. Алсак:

Эрге дөөлөт келгенде,
Эки күлүк тең байлайт.
Жерге дөөлөт келгенде,
Жер чымырап, көк чайлайт[9]
Бакка дөөлөт келгенде,
Эки булбул тең сайрайт[10].

Бул сыяктуу ыр жолдору эл оозеки чыгармачылыгынан, Калыгул баштаган акындык поэзиядан кеңири учурайт. Эл арасында көп айтылып, жекечилдик башатын жоготуп, массалык формага өткөндүктөн, биринен экинчисине ооп, бул же тигил акындын төл чыгармасына айланып, башка ырлары менен аралашып, сиңишип кеткен учурлары да орун алат.

Жалпы эле терме, санат сыяктуу дидактикалык ырларга мүнөздүү жалпылык – адамдарды боорукерликке, кайрымдуулукка, адамкерчиликке, чынчыл, калыс, эмгекчил болууга үндөө Ботобайдын ырларында да көтөрүлөт. Акын термесинде үй бүлөлүк, коомдук-социалдык маселелерди да козгоп, «Адамга акыл менен парасат керек, ошондо гана эл алдындагы милдетин биле алат» – деп, адамзат коомунун бардык мезгилинде өз актуалдуулугун жоготпогон терең ойду көтөрөт.

Адам көңүлү гүл эмеспи, ага да гүл сыяктуу этият, кылдат мамиле керек. Бири-бирине кечиримдүү, сабырлуу, кайрымдуу, аракетчил, эмгекчил бол – акындын термесинде да ушул сыяктуу санат ырларына жалпы мүнөздүү идеялар козголот. Акындын оюу, көз карашы төмөнкү ыр жолдорунда ачык чагылышат:

Карындаш менен урукту
Каерде жүрсөң сурап жүр,

Көңүлүңү улап жүр.
Көп иштер өтөт ортодон
Сабыр кылып чыдап жүр.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Ар иш кылгын күч барда
Марттык кылгын мал барда[11].

Ошондой эле санат ырында адамдагы жаман, жакшы сапаттын критерийин аныктайт, «жакшынын сөзү оң, жамандын сөзү тоң», «жаман сөз сүйлөп кор болот», «назар тийген пандалар калк ичинде зор болот», «жаман нерсе көбөйсө, жол бербеген тумандай», «адам көңүлүн иренжитет», «ылавизи жок жигит», «эрден чыккан жубандай» кадыр барксыз ж. б. Акын адамдарды жалкоо болбой чарбачыл, аракетчил, дыйкан болууга үндөйт. Анын санаттарынан:

Кар эрисе суу болот,
Кан белгиси – туу болот.
Атың качкы болгон соң,
Аштан, тойдон калган соң,
Анын күлүктүгү не пайда.
Сулуу болсо аялың,
Аркырап беттен алган соң,
Анын сулуулугу не пайда.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Оңдобой мерген ата албайт,
Онтобой ооруу жата албайт,
Жок болбой, жонуң ачылбайт,
Башыңа мүшкүл иш келбей,
Малын арзан сатылбайт,[12]–

сыяктуу калкка кеңири тарап, массалык мүнөзгө өткөн ыр жолдорунун орун алышы, биринчиден, ырчынын чыгармачылык өнөрканасынын эл оозеки чыгармачылыгынын жана ырчылар поэзиясынын нугунда түптөлүп калыптангандыгынын далили болсо, экинчиден, жогоркудай ыр саптары акындын сапатына жөн жай коздук үчүн кирбестен, кийинки ойду бекемдөө, күчөтүү милдетин аткарып турат. Мында бир белгилей кете турган нерсе жогорку сыяктуу коллективдик-массалык мүнөз алган терме, санат ырлардын авторлугун аныктоо көп учурда мүмкүн

эмес, кээде «бул акындыкы» делип жыйноочулар тарабынан катталып калгандыгын эске ала шарттуу түрдө гана айрым ырчыга ыйгарылып жүрөт. Анын ичинен да кайсынысы акындын өзүнүкү, кайсынысы элдики, же башка ырчыныкы экендиги такталды деп айтуу кыйын.

Ботобай Октябрь революциясынын жеңишинен кийин Совет өкмөтү, Ленин жөнүндө ырдап жүрсө да, бизге өтө чакан материал келип жетти. Ал «Ленин тууралуу» ырдаган ыры. Дагы бир тема коюлбаган үзүндү түрүндө ыр катталган. Мазмунуна караганда жогорку ырынын эле уландысы өңдүү, экөө тутумдаш. Анда өз өнөрлөштөрү сыяктуу эле Октябрь революциясынын жеңиши калкты эркиндикке чыгаргандыгын, жат душмандар жоюлуп, калктын бир уюмга – колхозго биригип, эмгектенип жаткандыгын сыпаттап өтөт. Ыр көркөмдүк жагынан анчалык артып кеткен эмес. Бирок, андан акындын өз учурунун саясатын, талабын туура түшүнгөндүгү ачык көрүнүп турат. Адамдарды Ленин чапкан туура жолдон чыкпоого, тап душмандарынын тилине кирип алданбоого үндөйт. Акын:

Адашкандар ойлонуп,
Эми кирди кең жолго,
Кэтте, кичик барабар,
Баарыбызга тең жолго –

деп, жердештеринин аң сезиминин өзгөрүп, жаңылануунун киришине кубангандыгын билдирет. Революциядан кийин чыгарган ырларынын чама-чаркына караганда, анын чыгармачылыгынын гүлдөгөн учуру төңкөрүштөн мурунку мезгил болсо керек деген ой туудурат. Бирок, Ботобайдын ырларын жыйноо 70-жылдары гана колго алынгандыктан, чоң акын жөнүндө чоң сөз козгой турган материал бизге жеткен жок.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 598 (5296).

[2] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1268.

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 653 (5291).

[4] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 653 (5291).
[5] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 598 (5236). 1971.
[6] Ошондо. Инв. № 653 (5291). 1975.
[7] Ошондо. Инв. № 345, 308, 289, 604, 612, 598 ж. б.
[8] Ошондо. Инв. № 683 (5821).
[9] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 308.
[10] «Жайнайт» деген сөз көп учурайт.
[11] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 308.
[12] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 308.
[13] Ошондо. Инв. № 598 (5236).

## КАРАМУРЗА
*(1861–1931)*

Токтогул, Жеңижок, Эшмамбеттерге теңтайлаша чыккан, курбалдаш, алар менен үзөңгүлөш өскөн, аты бир учурда гана эске алынып, б. а. Барпы акындын кыйындыгын, өткүрлүгүн көрсөтүш үчүн гана «Карамурза бирөөгө тийишпей жүрө албаган кычы ырчы экен, бужугур сакалдуу, бетинде чаары бар, айтор, түскө серт киши болгон экен. Ал Бала ырчыны (Барпынын О. С.) демитип оозуна келгенден кайра тартпайт. Тексиз, жугундучу деп да кордоп өтөт. Акырында Барпынын кызыл кемсел кийинип турганын көрө коюп, аны кызга теңеп: «... кары да болсом кардармын» – деп ырын аяктайт... Барпы алдастап калбастан, тез жооп кайтарат:

Эшекке жабуу жапкандай,
Итке тумар таккандай,
Журтта калган кашыктай,
Ит мүлжүгөн ашыктай,
Кара чаар Мурзага
Кандай кийим жарашат? –

дегенде калың жыйын дуу күлөт. Карамурза минген атын жалга бир чабат да, жыйындан четтей берет. Дал ошол жыйындан тартып Барпы ырчы катары таанылa баштайт»[1] – деп, терс кайрыкта эскерилип келаткан зор ырчылардын бири Карамурза Калыбек уулу болуп саналат.

Бала ырчы Барпынын тапкан саптарынын таамайлыгында талаш жок, Бирок, Карамурзанын замандашы жана жердеши Ашыраалы Ырыскулов: «Токтогул менен Карамурза катуу айтышыптыр. Укканыма караганда экөө үч күнү айтышыптыр. Ошондо Карамурза Токтогулду жең

ген экен. Ал үчүн үстүнө килем жапкан бир төө, жүз кой алыптыр. Аны айылына айдап келип, «Токтогулду жеңдим» деп чоң той бериптир. Менин укканым ушу»[2] – деп, 1977-жылы адабиятчы Жаки Таштемировго жаздыргандай жана эл оозунда айтылып жүргөндөй Карамурза заманында чоң ырчы болгон. Тилекке каршы сабатсыз болгондуктан чыгармалары кагаз бетине түшүрүлбөй, кийин Т. Байзаковдун жогоруда айткан сөзүнө ишенип алып, анан калса баатыр ырчы Барпынын поэзиясын сүйүп, кубаттуу кудуретине багынып, «Кара чаар Мурзаны» анын душманындай элестетип алып, калган-каткан ырларын жазып алганга да жараган жокпуз. Токтогулдун «Тойдогу айтышындагы»[2].

Анжияндык, аркалык.
Баш кошконун айталык.
Алышкан итче кабышпай
Аман-эсен кайталык.
Карамурза, сөзүңдүн
Калпысы чыкты байкалып» –

деп башталып, карыя Накин ырчыны колдоп, Карамурзаны көпкө чейин каарып өткөн ыры да Барпыдан мурун же кийин айтылганына карабастан Карамурзага кайрылууга кедергисин тийгизген окшойт.

Ошого карабастан Карамурза Арстанбап аймагында, Аксы багытында, Кетмен-Төбө, Көкарт өрөөндөрүндө дагы эле улуу ырчы катары эскерилип, чыгармаларынын айрым үзүндүлөрү эл оозунда айтылып, анын акындык чеберчилиги чукугандай сөз тапкан, калемпир, мурчту кошо айткан зор таланты эскерилип келет.

Карамурза Калыбек уулу 1861-жылы азыркы административдик бөлүнүш боюнча Жалал-Абад областынын Ноокен районуна караштуу Ожурай деген кыштакта туулган. Уруусу мундуз, анын ичинен ожурай мундузу. Ал небереси Табакелов Дарманкулдун (Тобокел Карамурзанын уулу) Жаки Таштемировго жаздырганына караганда жаш кезинде жетим калып, кой кайтарып жүрүп уктап калса, түшүндө бир аксакал киши анын оозуна кум куюп кетет. Ошондон кийин ырдап калат. Дарманкул: «Муну өз атам

айтчу. Мен атамдан көп жолу уккам. Чоң атам Карамурза мен бир жашка чыкканда дүйнөдөн кайтыптыр. Атам чоң атамды «70 жашында өлдү»[3] – дейт. Демек, Карамурза 1861-жылы туулуп, 1931-жылы дүйнөдөн кайтат. Анын сөөгү Ожурайдын четиндеги мазарга коюлуптур, сөөгү коюлган мүрзөнү Тобокел билээрин айтыптыр.

Карамурза ырчынын өңү-түсүн анын жердеши Капаралы Орозбаев: «Мен Карамурза ырчыны 1924–25-жылдардын аралыгында көргөн элем. Карамурза айры сакал, буудай өңдүү, орто бойлуу киши эле. Таш-Төбө деген жерде чоң той болуп, ошого Токтогул, Эшмамбет да келген. Токтогул Карамурза менен айтышкан болчу» – десе, дагы бир замандашы, Рахманжан айылынын тургуну 1977-жылы 77 жашка келген Ашыраалы Ырыскулов: «Карамурза деген ырчыны эки жолу көрдүм. Тогот деген жерде Шеримбай деген киши эки уулуна той берди. Ошондо Карамурза келип өтө жай ырдады. Карып калган, сакалы аппак болгон киши экен. Анын жанында төрт киши бар эле, алардын баары ырчы экен. Мен ошондо 13 жашта элем» – деп, ырынан мисал айтат:

Алтын ооз жез керней
Айды карай тарттырды.
Азаматым Шеримбай
Аземин элден арттырды.

Күмүш ооз жез керней
Күндү карай тарттырды.
Күлүстөнүм Шеримбай
Күлкүсүн элден арттырды.
Атын түндө таптаган,
Алтын жаак, жез таңдай
Сени
Акындар келип мактаган.
Акындар келсе берем деп
Атилес тонун сактаган.

Күлүгүн күндө таптаган,
Күмүш жаак, жез таңдай

Сени
Күкүктөр келип мактаган
Күкүктөр келсе берем деп
Күлүстөнүм Шеримбай
Күлгүн тонун сактаган.

Карамурза Анжиян-Арканын канчалаган ырчылары менен айтышканы эл оозунда айтылып жүргөнүнө карабастан «Карамурза менен Токтогулдун айтышы», «Карамурза менен Накиндин айтышы», «Карамурза менен Чөп ырчынын айтышы», «Карамурза менен Барпынын айтышы», «Карамурза менен Паяздын айтышы» деген айтыштарынан гана айрым үзүндүлөр жазылып калган. Ошолордун ичинен элге анчейин маалым боло бербеген Чөп ырчы менен айтышына токтоло кетели.

Бул айтышта да акындын небереси Дарманкул атасынан үйрөнүп калганы боюнча Ж. Таштемировго айтып берген. Чөп ырчы чөптүн баарын тизмектеп, маани-маңызы, өңүтүсүнө, атүгүл кандай жерлерде, кайда өсөөрүнө чейин айтып өтүп, өзү туулуп өскөн Арстанбап аймагындагы ааламга атагы белгилүү болгон жаңгак токоюндагы жаңгакты, анын арасында өскөн кадимки табылгыны анан жоодар деген чөптү айтканды унутуп калат экен, ошондо Карамурза:

«Азаматтын[4] Чөп ырчы
Катар тууган катындын
Талгагын билбейт экенсиң.
Кызыл-Үңкүр[5] ичинде
Жаңгагын билбейт экенсиң.

Азаматтын Чөп ырчы,
Табылгы деген тал болот
Жигиттердин колунда
Камчыларга сап болот
Муну билбейт экенсиң.

Жоодар деген чөп болот
Байлыгы[6] ченден көп болот.
Азаматтын Чөп ырчы,
Муну билбейт экенсиң.

Ожурай[7] деген эл болот
Адырында алтын бар,
Тескейинде теңге бар,
Күңгөйүндө күмүш бар,
Муну билбейт экенсиң» –

дептир.

Карамурза ашыктык ырларды жаратуучулардын бирден бир чебери болгон. Алиге эл оозунда ыр башы катары ар түрдүү варианттарда ырдалып жүргөн, атүгүл айрым ырчылардан жазылып алынган тексттерге кирип кеткен.

Мен ырдаймын ушундай,
Мүнүшкердин кушундай.
Мен ырдаймын тайманбай,
Сөөмөй менен сайгандай.

Эпилдей көр ээгим,
Жапылдай көр жаагым.
Сүйрү жаак, сүйрү тил,
Айры жаак, айры тил
Айтарыңды өзүң бил.

Ырда десең, ырдайын
Бекер карап турбайын.
Бейнази[8] кепти урбайын.
Жарымы жалган, жарымы чын,
Жоролордун көөнү үчүн,
Теңи жалган теңи чын
Теңтуштардын көөнү үчүн,[9]–

деген саптар Карамурза ырчыга таандык. Анын аты аталбай, аталса да тескери мааниде аталып, чыгармалары жазылбай калгандыктан автору белгисиз бойдон жашап келатат, анын эл оозунда мындай ырлары көп. «Барпайым» деген сүйүү ыры Түштүк Кыргызстанга кеңири тараган ырлардан болуп саналат. Анын көркөм бийиктиги, эстетикалык татымы чыгарманын башталышындагы

«Абал баар – жазында
Кош кылайын, Барпайым.
Өзүң менен өзүмдү

Дос кылайын, Барпайым» –
деген төрт саптан же
Азирети Арыстанбап
Тайып келем, Барпайым.
Таманыма таш өтүп
Кайип келем, Барпайым.
Кайип келген жаныма
«Арба!?» десең болбойбу.
Аста-секин колумду
«Карма!» десең болбойбу, –

дегендей ыр түрмөгүнөн эле көрүнүп турат. ашыктык ырларына чебер экендигин Барпынын «Ашыглыкты айткандар» деген, күйгөн ырларды көп чыгарган жыйырма ырчынын катарында санап, ошолордун он төртүнчүсү кылып

«Азаркан!» – деп ак урган,
Арман кылып кайгырган.
Караган зоодо чырмалган
«Азаркан» деп бул ырды
Карамурза чыгарган, –

деген бааны бериши жогоркуга кошумча далил болот.

Көзү менен көрүп, кулагы менен угуп калган кишилердин айткандарына, аз да болсо бизге жеткен чыгармаларынын көркөмдүгүнө, жаратылыш, жасалыш жагдайларына үңүлө караганда Карамурза өз доорунун алдыңкы акылдарынан болгондугу шек туудурбайт. Советтик түзүлүштүн келиши Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы сыяктуу канчалаган төкмөлөрдүн багын ачып, алар жараткан туундулар өз кезегинде оозеки обологону менен, бүгүнкү муунга өз деңгээлинде жетпей, авторлору менен кошо кетчү өкүнүчтү оңдоп, басма бетине чыгарып, китеп катары калтырууда Совет өкмөтү аябагандай зор иш жасаганы белгилүү. Бирок, таяктын эки учу болгондой, экинчи жактан сөз чеберлерин да байчыл, кедейчил деп бөлүп, кедейчилин асмандата көтөрүп, байчыл дегендерин эл эсинен өчүрүп салганга чейин жеткиргени да белгилүү.

Карамурза Калыбек уулу байчыл делип куугунтукталбаганы менен, жогоруда белгиленип өтүлгөндөй, Токтогулду көтөрүш үчүн Арзыматтын аласын көрсөткөндөй,

Барпынын баасын арттырыш үчүн (бул улуу акындар андай «колдоого» таптакыр муктаж эмес эле) Карамурзанын төрт сап ырын кайра-кайра жарыялап, өңүнүн серттиги менен кошо өзүн да унуткарып жибербедикпи. Бул зор ырчынын мурастарын кеч да болсо жыйнап, өзүнө жараша баасын берип, үзөңгүлөштөрүнүн катарына коюу келечек муундардын милдети.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Байзаков Т.* Барпы ырчы. Китепте: Барпы. Чыгармаларынын I томдук жыйнагы. Ф.: Кыргызстан, 1970. 11-бетте.

[2] *Байзаков Т.* Барпы ырчы. Китепте: Барпы. Чыгармаларынын I томдук жыйнагы. Ф.: Кыргызстан, 1970. 11-бетте.

[3] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 626. Мындан ары фонду деп көрсөтөбүз.

[4] Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. I том. Ф.: Адабият, 1989. 226–231-беттер.

[5] Кол жазмалар фондусу. Жогоруда аталган инвентарда. Мындан кийин жазылгандын баары ушул 676-инвентардан алынган.

[6] Азамат – Чөп ырчынын атасы.

[7] Кызыл-Үңкүр – Арстанбап токой массивинин бир бөлүгү, ортосун Дашман деген жер бириктирип турат.

[8] Байлык – боолук же боо деген түшүнүк. Түштүктө орулган чөптү боолаганды ушундай айтат.

[9] Бейнази – маанисиз, тескери, жагымсыз деген түшүнүк.

[10] Белгилүү фольклор жыйноочу Маматжан Зулпуев фондуга өткөргөн материалдардан. Инв. № 638.

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ
*(1864–1933)*

Токтогул Сатылганов замандардан келаткан төкмөлүк өнөрдүн залкар өкүлү. Бул өнөрдүн жаңырык издерин элдик уламыштардан, үрп-адаттардан табууга болот жана ал эл тарыхынын узак жолунда тынымсыз өнүгүп-өсүп, элдин кайгы-кубанычын, үмүт тилегин билдирип адептүүлүктүн, адамгерчиликтин, жүрүм-турумдун жарчысы болуп келди.

Төкмөлүк өнөр бүткүл турушу менен көчмөн турмуштун туундусу. Көчмөн тиричиликтин катаал шарттарында дайыма жер которуштуруп, өйдө-төмөн сүрүлүүгө туш болгон кыргыздар руханий маданияттын отурукташкан элдер сыяктуу архитектуралык таш имараттарда, же болбосо папирус түрмөктөрүндө сактабастан, негизинен өздөрүнүн эсинде тутуп, жатка сакташты, ал эстелик элдин бүткүл тарыхы бою төкмөлүк ыр саптары түрүндө кайра-кайра иштетилип көркүнө көрк кошуп келди. Француз окумуштуу-лингвист Клод Ажекдин оозеки сүйлөнгөн сөздүн өзгөчөлүгүн белгилеп келип чыгарган жыйынтыгына кошулбай коюу кыйын: «Оозеки сүйлөгөн сөз – бул толук укуктуу адабий жанр. Мындай кубулушка башталыш болгон оозеки адабият сыяктуу анын өзүнүн маданий салттары бар, ал жазма адабият менен катар өнүгүп, маданий эстеликтерди сактап, Бирок, материалдык изин калтырбайт»[1]. Чындыгында эле дал ушундай. Оозеки адабияттын материалдык изи болбойт, Бирок, руханийлештирген изин элдин эсинде калтырат, анын акындардын эргүүсү менен өнүктүрүлгөн жана көздүн карегиндей сакталган өзүнүн мыйзамченемдүүлүгү, кылымдар бою иштелип чыккан

салттары бар. Ошондуктан, төкмөлүк салттын ажырагыс бөлүгү катары караган оң, Бирок, ар бир жаңы аткаруу өткөндү кайталоо эмес, традициялык поэтиканы жаңыртып түзүү жана аны кайтадан өнүккөн талам менен айкалыштырып айтып чыгуу болуп саналат. Төкмөлүк бир эле учурда традицияга этиет мамиле жасап, сактоого жана аны андан ары өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Сөздүн улуу чеберлеринин поэзиясы кагазга жазылып калбаса да ушинтип өчпөстөн жашай берет. Токтогул Сатылганов акын катары өз элинин оозеки поэтикалык маданиятынын негизинде өсүп-өнгөн, калыптанган.

Токтогул Сатылганов 1864-жылы кеч күздө Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Куччу-Суу айлында туулган. Акындын атасы Сатылган буудай, жүгөрү эгип, эптеп күн көргөн кембагал дыйкан болгон. Энеси Бурма эл ичинде кошокчу катары таанылган. Элдик көптөгөн жомокторду, ырларды жадысында сактаган сөзмөр аял болуп, анын баарын Токтогулдун кулагына сиңире берген[2]. Токтогулдун чыгармачылыгы кыргыздар Россияга кошулууга (1855) мажбур болгон мезгилге туура келет. Түндүк кыргыздарга караганда, түштүк кыргыздар Россиянын карамагына кечирээк өтүшкөн (1876). Россияга кошула электе кыргыздар Кокон хандыгынын зордук-зомбулугуна чыдабай 1873-жылы түштүк тараптагы уруулар көтөрүлүш чыгарышына мажбурланган.

Мына ушундай социалдык-саясий кырдаалда акындын чыгармачылык көз карашы калыптанган. Акындын чыгармачылыгынын жетилишине кыйла жагдайлар шарт түзгөн, анын устаттары ошол мезгилде белгилүү төкмө акындар Чоңду, Эсенаман, Сартбай болушкан, алар өз кезинде акындардын көп муундарына мүнөздүү көркөм табитти чыгармачылык салтты өнүктүрүп, ала жүргөндөрдөн. Салттуулук төкмөчүлүктө акындар муунун руханий жактан өз ара байланыштырып турган сыйкырлуу учуктун өзү. Токтогулдун чыгармачылыгы ушул руханий жалпылыктын уландысы болгон, Бирок, ал уланды анын поэзиясындагы жаңы деңгээлдин башталышында эле. Бул жаңы деңгээл Кыргызстандын Россиянын составына киришине байланышкан, бул окуя кыргыз коомчулугуна

бир топ жаңы социалдык өзгөрүштөргө алып келди, патриархалдык көнүмүш турмушта бир топ өзгөрүүлөр пайда бол-ду, бирдиктүү администрация түзүлдү бул болсо уруулардын арасындагы кагылыштарды басаңдатты, барымтанын зордук-зомбулук таасирин жеңилдетти. Ошону менен бирге бай-манаптык төбөлдөрдүн бийликке жетишүү үчүн (волостук башкаруучу, айылдык старшина) орун талашуу «феодалдык ак сөөктөрдүн ортосунда айыгышкан кармаш жүргөн, зордоп күчкө салуу кеңири колдонулган»[3]. Бул шартта уттурган тарапта кайрадан эле карапайым эл калган. Элдин ушул катмарынан чыгып Токтогул өзүнүн бардык чыгармачылыгын кембагалдарды коргоого арнаган.

Акындын алгачкы чыгармалары сүйүү лирикасынан башталат. «Насылкан», «Күлүйпа», «Алымкан», «Бактыкыз» деген лирикалык ырларында махабатты, кыздардын назиктигин, сулуулугун даңазалайт, жаш куракты өткөрүп жибербей анын жыргалын, тез эле өтүп кетүүчү кызыгын көрүп, кармап калууга үндөйт. Селкинин келишкен мүчөсүн буралган тал чыбыкка, жаркылдаган ажарлуу жүзүн ай нуруна салыштырат, анын мүнөзүндөгү асылзаадалыкты ырга салат («Насылкан»). Акын синтаксистик параллелизмдин ар түрдүү салыштыруу, теңештирүү жолдору менен тизмектештирип сүйгөнү Алымкан жөнүндө элдик ырлардын салтында классикалык махабат лирикасын жаратат. Бул ырында акын сүйгөн кызына карата болгон алоолонгон ысык сезимин ачып, ички арман-кумарын өзгөчө эргүү менен төгөт, ашыгып «ачылган кызыл гүлгө, асемдик буюм дилдеге», кыздын адамга ашкере сүйкүмдүү жайдары пейлин, жоругун жайкы аптапта жанды сергиткен «көлөкөлүү майданга» салыштырат. Ошентип, акын ашыгынын ички-тышкы келбети шай келген керемет портретин тартып келип, аны улуу тоолордун бийик чокусунан учуп чыккан улуу куш, бакыт кушу катары санап, махабат зардабын тарткан лирикалык каарман өзүнүн бутагына келип конуусун сабылып суранат. Алымкандын образы элдик адабиятка махабат жөнүндөгү кереметтүү символ катары сиңип калган образ. Бул ыр азыр да ооздон оозго түшпөй сакталып келаткан лирикалык чыгарма.

Өмүрдүн, сулуулуктун гимни, жаштыктын көз ачып-жумгуча өтүп кетчү тездиги акындын лирикалык ырларынын түпкүлүктүү касиети, ал элдик секетбай ырлары менен тыгыз байланышкан. Бул планда акындын мүнөздүү ыры «Гүлдөп ал». Бул ырда өмүрдүн учкулдугун («Кылчайып келбейт өмүрүң», «Кайрылып келбейт өмүрүң»), ошол сонун курак өтө электе («Кызык күнүн өткөрүп койбогула, кыздар ай») жагалданып, жасанып («кызыл күрмө шай кийип», «кара күрмө шай кийип») гүлкайырдай гүлдөп алууга үндөйт. Кызыл гүл, гүлкайыр оозеки адабиятта жаштыктын символу, Бирок, ал түбөлүктүү эмес, тез соолуй турган мезгил. Ошондуктан, «кыз экенде гүлдөп ал» дейт акын. Турмуштун түбөлүктүү кыймылда экенин көрсөткөн элдик философиянын стихиялык диалектисине сугарылып акындын мындай ырларына «Жыргалы сенсиң дүйнөнүн», «Эрке сары», «Күлүп койсоң жымындап» ж. б. кирет. Айрыкча, ушул маанидеги адамдын турмуштагы орду жөнүндөгү ырга «Дүнүйө» кирет. Акын дүнүйөнүн чексиздигин эскере келип «опосу жок дүйнөнүн түбүнө ким жетерсиң» деп, бир образдын артынан экинчисин тизмектештирет. Бул дүйнөнүн жаркын жагы менен караңгы жагы жөнүндө бүтүндөй бир өз ара түйүндөшкөн ой жүгүртүүнүн келебин чубап, аны ырааттуу өнүктүрөт: келеринде дүнүйө адамга толукшуп чыккан айдай, өзөнгө бүткөн талдай, мөмөлүү дарак шактай, айры өркөч нардай, аргымак минип ойногондой, адырдан соккон желдей, алтын жагоо куштай, ташкын дайра селдей, караңгы үйдө чырактай, ташып чыккан булактай болсо, кетеринде дүнүйө анын тескерисинче түргө, паралелдүү карама-каршылыкка өтөт, ал – суу жүрбөгөн сайга, кышкы чилде музга, кол жеткис бийик белге, көз жеткис бийик зоого, капкагы сынган комузга, мөмөсү түшкөн шакка, карматпас бороон желге, туурдан учкан бүркүткө, мергенден качкан кийикке, суусу соолгон кудукка, желсиз өчкөн чыракка айланат деген укмуштуудай сүрөттөөлөрдү колдонот, параллелдүү ассоциацияларды биринин артынан бирин куюлуштуруп берип отурат. Мындай көрүнүштү акындык импровизациянын бийик чегине жеткен чыгармачылык десе болот.

Акын мурдатан даяр, салттуу болуп калган ыкмаларды чеберчилик менен колдонуп, турмушка, дүйнөгө болгон мамилесин, айланасында өтүп жаткан кубулуштарга философиялык көз карашын өз алдынча түшүнүүсүн билдирет. Дүйнө акын үчүн бул жарык менен караңгынын, жакшылык менен жамандыктын, өлүм менен өмүрдүн, жаратуу менен кыйроонун түбөлүк күрөшү. Акындын көз карашы, жер үстүндөгү өмүр жападан жалгыз чыныгы өмүр, өлгөндөн кийин адамга эчтеке калбайт, бул чыгарманын башкы идеялык маанисине жатат.

«Аккан суу» деген ырында акын бул оюн улантканы байкалат. Ал аккан сууну жашоонун алгачкы булагы катары баалайт. «Кырк миң жыл жердин астынан карып чыккан аккан суу» жер үстүндөгү жан-жаныбардын бардыгын сугарат, гүлдөп, жайнап өнүгүүсүнө шарт түзөт. Акындын башкы ою: бардык тирүүчүлүк, жашоо суудан. Токтогулдун аккан суу жөнүндөгү ушул жыйынтыгы, байыркы гректердин натурфилософиясынын өкүлү Эмпедоколдун ою менен шайкеш келет: «дүйнөнүн түзүлүшү,– дейт ал,– төрт негизден: от, аба, суу, топурактан турат»[4]. Көрүнүп тургандай сабатсыз акындын да сууну ырга кошуу менен аны жердеги турмуштун алгачкы негизи деп санайт. Токтогулдун кадимки реалдуу адамдын турмушун даңазалоо багыты, анын оптимисттик демин жана чыгармасынын чордонун түзөт, ал бардык ырларында кызыл сызык менен аралап өтөт, кашкайта көрсөтүлөт. Ушундай идея анын адеп-ахлактык, санат-насыяттарында, айталы «Түз жолуңдан чыкпагын», «Насыят», «Санат», «Үлгүлүү ырлар» ж. б. чыгармаларында ырааттуу жүргүзүлөт:

Шибердин көркү – мал менен,
Жылкынын көркү – жал менен,
Жылдыздай жанган кара көз
Жигиттин көркү жар менен.
Кылычтын көркү курчунда,
Кундуздун көркү сыртында
Адашкан душман жоо келсе
Азамат көркү журтунда.

(«Үлгү ырлар»)

Жакшылыкка, адилдикке, чындыкка ишенүү акындын төкмөлүк поэзиясынын эң бир таасирлүү сапаттарынын бири, анткени анын чыгармачылыгы түпкүлүгүндө элдик философиянын имандык, гуманисттик ченине барып такалат.

Акындын сынчыл ой жүгүртүүсү, көрөгөчтүгү жана элдин тагдыры жөнүндө терең ойлонуусу кээ бир залим манаптарга жага берген эмес. Ошолордун арасына Рыскулбектин балдарына да акындын ырлары жага бербегендиги көрүнүп турат. Токтогул менен Рыскулбектин балдарынын ортосунда кандайдыр бир келишпестик пайда болот, акын алардын элге кылган кысымчылыгын өзүнүн «Беш каман» деген ырында ашкерелеген. Бул ырды өзүнчө микросюжеттүү новелла десе да болот. Ырда «тырмагы уу бүркүттөй» жырткычтык менен айылдын кедей-кембагалдарын талаган Рыскулбектин тукумдарынын залимдиги баяндалат. «Балапандай уйпалап», чыгым салып, эл жеп, «жалдыратып жардынын жалгыз атын жеп», «жетим, жесир, алсызга карабаган», «жетилсин деп жардыны санабаган» ашкан залимдерди «каман» атап, акындын ашкерелөөчү ыры өз бийиктигинин кыл чокусуна жетет. Акмат, Дыйкан, Атакан, Миңбай, Эгемберди, Бактыяр, Керимбайлардын аттарын ачык атап, ал турсун алардын ар биринин кимдигин кашкайта даана көрсөткөн мөөрдү «алдамчы, жалганчы, жардамчы» деген сөздөр аркылуу беттерине басат. Акындын ачык каршы чыгышы тигил «билермандардын» жанын күйгүзөт. Токтогул өзүнө келчү коркунучту алдын ала билип турса да, өзү тандап алган чынчыл жолунан баш тартпасын эр жүрөктүүлүк менен билдирет:

Уу тырмактуу беш каңкор,
Өлтүрсөң да жалынбайм,
Эки келбейм жаралып
Өлгөн соң кайта табылбайм.

Ушул ырдан тартып Рыскулбектин тукуму ыңгайлуу учурду күтүп жүрүп, 1898-жылы Анжиян көтөрүлүшүнө Токтогул катышкан деген жалаа менен падышалык бийликтин өкүлдөрүнө жеткиришкен. Ошондон кийин Токтогул көргөзүлгөн эле жылы камалып, өлүм жазасына өкүм кылынган, Бирок, ал кийин 7 жылдык сибирдик сүргүн

менен алмаштырылган. Мына ушундан улам эл булбулунун узак мезгилге созулган азап тартуусу, нечен кыйынчылыктарга туш болушу башталат. Патриархалдык кыргыз коомчулугунун көнүмүш катнашынан таптакыр таныш эмес жаңы жээкке сүрүлүш акынга оңой эмес кыйынга турган, анын үстүнө орус тилин билбеген Токтогулдун абалы өзгөчө оор болду. Токтогулдун сүргүнгө айдалганда элжери, энеси менен коштошуусу элдин арман ырларынын мотивинде түзүлгөн. «Кош элим» деген ырында акын өзүнүн энеси, аялы, баласы жана эл-жери менен коштошуу, айрылуу арманы айтылат:

Жесир калды алганым,
Жетим калды балдарым.
Алдейлеп мени өстүргөн
Апакем ыйлап зарладың.

Акындын мекени менен коштошуусу эч нерсе менен айыктыра алгыс терең жарат, андан акындын ички азабы, кайгы-муңу даана байкалат. Акындын поэзиясы ушул кайгы-касыреттен улам бийикке көтөрүлөт, бул элинин кайгы-муңун жана ошондой эле башка элдердин кыйын абалын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Көтөрүлүшкө катышкан делип акын менен кошо соттолгон Болот Жыртаковдун эскерүүсүндө[5] алар Анжыян түрмөсүнөн чыгып Красноводскиге, андан Москвага жана Иркутскиге барышкан. Сүргүндөгү алгачкы жылдар акындын өмүрүндөгү өтө оор жылдар болгон, ата-журту, туулган жерине карата сагыныч-куса акындын назик жүрөгүн бекем чырмайт. «Аман кетер күн барбы», «Туткундагы арман» деген ырларынын аты эле акынды ээлеп алган ой-сезим жөнүндө кабар берет. Тууган жер, ата мекен Токтогул үчүн көксөгөн, самаган алыстагы эң сонун жер болуп эсептелет:

Балыгы сууда чалкыган,
Куулары көлдө калкыган,
Улары тоодо үн салган,
Кийиги зоодо тынч алган.
Бугусу кирип чакырган,
Элиги черде бакырган,
Жайлоосу жашыл жибектей,

Жели жумшак балкыган,
Токою жашыл бүр алып,
Булбулдары таңшыган
Жыпар жыттуу асыл жер.
(«Элиме качан жетемин»)

Акын тууган жерин сагынуу, күсөө аркылуу жаңы күч, жаңы эргүү, жашоого болгон жаңы ишеним табат. Токтогулдун колунан кишенин алып дүмүр казып токойго жибергенде бир аз эркин болуп, балта менен комуз чаап, балалайканын кылын тагып алат да, күү чертип ырдайт. Акындын тилин түшүнбөсө да сүргүндөгүлөр дароо анын талантын түшүнүшө баштайт. Солдаттар ага бир кыйла жумшак мамиле кыла баштайт. Ачкачылык менен суукту, Уралдын жерин, Сибирь жолдорун жөө басып, Байкалга жетип, жолдо тилемчилик кылып жүрүп да акын адамга болгон ишенимин жоготпогон. Акын «Туткун ырында» көрсөткөндөй сакал, чачты агарткан сүргүндүн адам чыдагыс оор шартында аны ушул ишеним сактап жана аман алып калганын көрсөтөт. Токтогул төкмө акындардын ичинен кедейдин шор аяк үлүшү туш келип, кыргыз тоолорунан Сибирдин каторгасына чейин жылаңайлак басып өткөн жападан-жалгыз акын, ал сөздүн түз маанисинде өзүнүн жан териси менен, жан дүйнөсү менен ушул карама-каршы туруп тогушунун азабын көргөн. Туткундардын денеси да, жан дүйнөсү да күзөтчү солдаттардын өтүнүчүнүн таманы астында ылайга тебеленген бул сүргүндө Токтогул бийик адамдык кунун жоготподу, өңү окшошпогон менен тагдыры өзүнүн тагдырына окшогон башка адамдардын кайгы-муңун, боорукердигин сезе билди, ага кучагын жайды. Ошентип, айдоодо жүргөн мезгили Токтогул үчүн оор болсо да ага турмуштун улуу мектеби болду. Анын көз карашы кеңейди, өзүн курчап турган дүйнөнү, турмушту жаңыча ой жүгүртүү менен толуктады, анын поэзиясы улуттук тар алкактан чыгып, жалпы адамзаттык маңыз менен байыды. Бул учурда акындын төкмөчүлүгү өзүнүн кульминациялык чегине чыгып, анын ырлары социалдык чыңалуусу боюнча кыргыздын салттык акындык поэзиясынын кыл чокусуна жетти.

Сүргүндө бирге жүргөн жолдоштору Токтогулдун качып чыгышына жардам беришет. Буга байланыштуу «Качкандагы ыр», «Айлымды көздөй жол тарттым, ак шумкар куштай кагынып» деген ырлары жаралат. Бул ырлар Сибирдин катаал жолдорунда, казактын ээн талааларында ач, жылаңач мусапыр болуп тентиген акындын ырлары эле. Бирок, ал тууган жерге жетүү жөнүндө ойлордун толкунунда болуп, аны канат кылып байланган. Ушул асыл ой узак жолдун бардык азап-тозокторун жеңүүгө жардам берди. «Качып келе жатканда», «Көчөдө өлчү күнүмбү?» деген ырларында «кайыр сурап, жан сактап» келе жатканын баяндайт. Узак жол акындык терең ой жүгүртүүнүн, өткөн өмүргө кайрадан териштирип баа берүүнүн да жолу болду. «Көчөдө өлчү күнүмбү?» деген жолдогу ырында:

Күкүк элем сайраган
Күлүк элем талбаган.
Күлпөтү болуп дубандын
Гүлү элем жайнаган... –

деп, өткөн күнүн арман менен эскерип, ошол асыл башы оңбогон залимдердин жалаасы менен «канаттуу куштар жете албас чөлгө барып» кордолгонун баяндайт. Ушундай кыйгач оомалуу, төкмөлүү тагдырдан кийин акындын астында төмөнкү ырында баяндалган максаттар турган:

Кетмен-Төбө жериме
Барып өлсөм арман жок,
Керимбайдан кегимди
Алып өлсөм арман жок.
Агайын тууган элимди
Көрүп өлсөм арман жок.
Амандык сурап колумду
Берип өлсөм арман жок.

Токтогулдун жолдо чыгарган ырларынын ар бири тууган жерге болгон чексиз кусалык менен сагынычка толгон. Токтогулдун өз эсебинде жыйырма төрт күндөн кийин казак жерине жетет. Акын «Салам айтып турамын, бир тууган казак калкына» деп бир боордоштук сезим менен элге кайрылат:

Бир кезекте мен дагы
Комузду тилге келтирген
Коргошундай жан элем,
Буралган кырчын тал элем,
Түптүү калктын тили элем,
Топ жыйындын гүлү элем.

«Бутакта жалгыз сайраган» ушул булбулдун башына түшкөн мүшкүлүнө, арманына казак боордоштордун көңүлүн бурат, алардын арасында акын Сулейман, Акмат, Авитайлардын аттарын эскерет. Ал адамдар Токтогулду ат-тон менен жабдып жолго чыгарышат. Акындын алдында дагы да канча баса турган жол жаткан, Бирок, ал жол эми көксөгөн максатына, ата-конушуна түз жеткирүүчү жол эле. Акындын «Казак жеринде» деген ыры Сибирде туткунда жүргөн ырлары менен темасынын өнүгүшү, баяндоо стили, поэтикалык оромдору менен бирдикте түзүп, анын логикалык жактан уландысы болуп саналат.

1910-жылдын күзүндө 12 жылдык сүргүндөн кайткан акын көксөгөн ата конушунун чегине алгач кадам таштап, эңсеген эли менен амандашат. «Эңсеген элим аманбы?» деген ырында акын биринчи кезек элине кайрылат. Акын өзүнө ушунчалык кымбат, узак мезгилдер кыялында гана жашаган бир тууган эли менен алгач жолугушканда кубаныч-толкундоосун, айдоодо жүрүп жыйылган арман-муңун, өз элине болгон сагынычын ырга салып төгөт:

Күч-кубатын байларга
Сордургандар аманбы?
Каны качып алсырап
Болдургандар аманбы?
Жылаңайлак тоо-ташты
Жол кылгандар аманбы?

деп, Токтогул мээнет менен күн көргөн кедей-кембагалдарга кайрылат. Эл жөнүндөгү тема акындын бардык чыгармасынын башынан аягына чейин кызыл сызык менен өтүп, кашкая көрүнөт. Мейли кайгылуу мезгилинде, мейли кубанычтуу учурунда болсун төкмөчүлүк эргүүсү алды менен элдин образы менен байланышат, элдин кайгы-кубанычына кайрылуу менен аны өзүнүн жан дүйнөсүнүн

абалы менен салмактайт. Биз мурда белгилегендей, акын айдалып кетерде элге коштошуп жатып, кайрылып келсем деген үмүт-тилегин билдирген, кайтып келгенден кийин акын аларга кайтадан кайрылып, «аман барсыңбы?» деген рефренди үстү-үстүнө кайталоо аркылуу өзүнүн элге өзгөчө куса болгон көңүлүн билдирет:

Мен кеткенде аркамдан
Чыккан аман барсыңбы?
Кулак салып ырымды
Уккан аман барсыңбы?
Канча жылы көрбөгөн
Калкым аман барсыңбы?

Бул элге кайрылуу ыры акындын төкмөлүк стихиясынын кыл чокуларынын бири, ал акындын көп сандаган чыгармаларынын бардыгына мүнөздүү болгон руханий касиеттерин өзүнө чогултуп, топтоштуруп чагылдырган шекилдүү.

Токтогулдун элине келиши ага кубаныч менен бирге кайгы да алып келет, ал жокто жалгыз уулу Топчубай өлүп, аялы акынды күтпөстөн башка бирөөгө турмушка чыгып, энеси кайгыдан абдан карып калган болот. Токтогулга уулунун чарчап калганын Коргол акын ыр менен угузат:

Учук өтпөс ийнеден
Уулуң Топчу жалгызды
Учурдук жалган дүйнөдөн,
Жибек өтпөс ийнеден
Жибердик ушул дүйнөдөн...

Ушундай салттык каймана айтуу аркылуу, синтаксистик параллелизм формасында Коргол Токтогулдун жаралуу көңүлүн аяп, этияттык менен укмуштуу оор кабарды угузат. Токтогул бул кабарга Корголдун ырына үндөштүрүп төкмөлүк ырдын ыргагында жооп кылат:

Каркылдап каздар көл сактайт,
Кара ылачын көл сактайт.
Карып калган атакең
Кай жакка барып жан сактайт?

Ошентип, эки акындын жолугушу аз гана убактылык жагдайда Токтогулдун туткундан кайтышы жана анын

уулунун өлүмү жөнүндөгү кайгылуу кабарды камтыган чакан сюжеттүү новелланы пайда кылат. Ошол кездеги белгилүү төкмө акындардын көпчүлүгү анын чеберчилигинен үлгү алыш үчүн, насаат угуш үчүн ага ачылышы бекеринен эмес, алар анын ар бир сөзүн, ар бир музыкалык ыкмасын көкүрөгүндө сактап калышты, кармап калышты эңсешкен. Токтогул акындар Тоголок Молдо, Калык Акиев, Барпы Алыкулов, Алымкул Үсөнбаев, Коргол Досуевдер менен жолугушканы белгилүү, булардын көпчүлүгү Токтогулду өзүнүн устаты эсептешкен. Эл ичинде Токтогулдун Эшмамбет, Найманбайлар менен айтышы кеңири тараган. Ушундай беттешүүлөрдө акындардын чеберчилиги, чукугандай табылган көркөм сүрөттөөлөрү, курч жооптору элдин зор кубаттоосуна ээ болгон, мындай айтыштар элдин эсинде узакка сакталган жана ооздон оозго өткөн. Төкмөчүлүк өнөрдүн мыйзам ченемдүүлүгү биринчи иретте, каршысындагы акын сунуш кылган темага дароо илип алып, ошол замат ага жаңыдан жаратып төкмөлүк менен жооп берүүнү талап кылат. Өнөрдүн бул түрүнүн башкы касиеттеринин бири дал мына ушунда, акындын чеберчилиги жана бышып жетилгени адатта ушуну менен тастыкталат. Эки акын ар кимиси өз алдынча, кийинкиси мурункусунун жолун жолдоп, бир бүтүн сюжеттүү сүрөттү жаратышат. Төкмөлүк айтыш белгилүү бир баянды жаратуу үчүн поэтикалык чеберчиликтин, өнөрдүн өзгөчө бир ыгын талап кылат, ал жеке куюлушкан уйкаштыктан гана турбастан, чукугандай сөз тапкычтык менен да коштолууга жана алдыдагы айтылган төкмө ырдын үлгүсүнө жооп бергидей болууга тийиш. Токтогул бул өнөрдө эч кимди алдына салбаган. Токтогулдун Тоголок Молдо, Эшмамбет, жаш акын Калык менен айтышып таанышуусу ушул ыкта түзүлгөн. Акындын төкмөлүк өнөрү жана музыкалык чеберчилиги тууралуу музыковед В. Виноградов эң бийик баа берген: «Токтогул сейрек, өзгөчө көрүнүш болгон. Анын таланты көп кырдуу жана бири-бирине төп келишип айкалышкан»[6]. Чындыгында эле анын көп кырдуу таланты бири-бирине төп келишип, айкалышып турган, ал төкмө акын, музыкант аткаруучу жана композитор болгон. Токто-

гулдун төкмөлүк өнөрүнүн маанисин түшүнгөн анын душмандары 1913-жылы ар түрдүү жалган жалаа менен акынды кайрадан карматышып, Наманган түрмөсүнө каматышат. Бул кабар элди дүрбөлөңгө салды, акын Калык, Эшмамбет, айылдан айылга кыдырышып Токтогулду бошотуп алууга акча, каражат топтошту, анын натыйжасында алты айлык камактан кийин акын эркиндикке чыкты. Ушул мезгилде болсо керек, Токтогул «Замана» деген ырын жаратат. Акын өзү жашаган заманды мүнөздөй келип, аны кедейлерди бийлөөчү төбөлдөр тебелеп-тепселеген зордук-зомбулуктун заманы деп атайт: «ажыдардай залимге арбатканың замана», «ач бүркүткө түлкүдөй алдыргансың замана». Бул ырда акындын ичтеги күйүтү замананын бузуктардын алдында алдыргандыгы, арманы берилет. Ошондуктан, Октябрь революциясынын жеңишин Токтогул чоң кубаныч менен кабыл алган. Ал чын дили менен партиянын ишин, В. И. Ленинди, Совет бийлигин, айылды коллективизациялоону даңазалап ырдап чыкты. Токтогулдун «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду», «Жаркылдаган большевик», «Ырыска бүткөн Ленин» деген ырлары, өзү эле көргөзүп тургандай, жаңы доорду жаңы заманды, Октябрды даңазалаган ырлар. Эркиндик алган элге кайрылып акын насыят түрүндө: «тушалган темир чидерден, бошоткон бутун элимдин», «атадай баккан алдейлеп», Лениндин амандыгын тилөөгө чакырат. Ушундан тартып, Токтогулдун төкмөлөрү эски менен жаңынын салыштыруу аркылуу Совет бийлигинин жетишкендиктерин, эркин эмгекти даңазалайт. Токтогул бүт дили менен жаңы замандын адамгерчилик идеалдарына ишенет, ошого элди кызмат кылууга чакырат, «кулдуктан сени куткарган» бул адилет бийликке «ыракмат айт, алкыш айт» деп эскерет.

Токтогул кыргыздын улуу төкмө акыны гана эмес, теңдешсиз чебер музыканты да. 1928-жылы акындын күүлөрүн А. В. Затаевич жазып алып, баа жеткис кызмат кылган. А. В. Затаевичтин редакциясы астында 1934-жылы Музмамбастан чыккан 250 ыр жана күүнүн ичинен он сегизи Токтогулдан жазылып алынган комуз күүсү болучу[7]. А. В. Затаевич бизге акындын эсте каларлык порт-

ретин жазып калтырган: «Сырткы түрү боюнча бул чакан бойлуу кичинекей көздөрүнөн мээрим төгүлгөн, туурулган бырышсыз кызыл жүздүү, кардай аппак сакал карыя экен. Эч качан өзүнөн ажырабаган комузун шырылган чапанынын кең өңүрүнүн астына сыртынан эч билиндирбей катып жүрөт, кебетеси, комузун мойнунан ичке куруна кыстарып алат окшойт. Комузду көп жана көңүлдөнүп чертет»[8]. А. В. Затаевич Токтогулдан ал жолу «Тогуз кайрык», «Шыңгырама», «Теңселме», «Миң кыял», «Көкөй кести», «Терме» ж. б. бир катар күүлөрдү жазып алган.

1928-жылы Токтогул Пишпекке чакырылат, аны менен бирге Муратаалы Күрөңкеев, Карамолдо Орозовдор да чакырылат. Бул чакырууну Токтогул зор кубаныч менен кабыл алат. Пишпек шаарын «арааны жүрүп турган» азыркы элдин символу катары карап, «бири да картаң көрүнбөйт» деп, мындагы эл жаңырган, гүлдөгөн жаңы эл экенин символдоштуруп ырдайт. Тилекке каршы жетекчилер өз ишин жетиштүү даражада тейлеп алууга кудурети али жетишсиз болгондуктан Токтогулдун чыгармачылыгына чыныгы баа бере алышкан эмес. Акын өзү бул жөнүндө минтип ырдайт:

Чакырып барды Пишпекке,
Барбайт элем өзүмчө,
Чакырып алды милдетке
Кээ бирөө сүйсө «Токо» деп
Кээ бирөө мени сүйбөдү
«Келжиреп калган экен»,–деп.

Албетте, мындай мамиле акындын сезимтал көңүлүнө оор тийди, ушундай мамиле сөзсүз акындын оптимисттик поэзиясынын отун өчүрүүгө себепкер болду, издегенин таап кайра жоготууга учурагандай болду. Турмушта көптү көргөн, көп азап чеккен көп ойлонгон жана акыйкатты издеген акындын жүрөгү жаңы замандын жалгандыгын да сезип калгандай болду.

Акын 1933-жылы 69 жаш курагында өз жери Кетмен-Төбөдө дүйнөдөн кайткан. Кыргыз эли анын жаркын нур төккөн жана жашоо-турмушту сүйүүгө үгүттөгөн ырларын жоготпой, төкпөй, бүгүнкү күнгө чейин сактап келди.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Ажек К.* Возможности языка. Курбер, 1986. апр. 24-бет.

[2] *Токтогул.* Чыгармалар жыйнагы. II том. – Фрунзе, 1968.

[3] История Киргизской ССР. Т. I. – Фрунзе, 1968. С. 370.

[4] *Семушкин А. В.* Эмпедокл. – М.: Мысль, 1485. 66-бет.

[5] *Жыртаков Б.* Улуу акын жөнүндө менин эскерүүлөрүм. Токтогулга гүлдесте. – Фрунзе, 1964. 12–18-беттер.

[6] *Виноградов В.* Токтогул Сатылганов и киргизские акыны. – М. – Л., 1952. 103-бет.

[7] *Затаевич А.* В. 250 киргизских инструментальных пьес и напевов. – М.: Музгиз, 1934.

[8] *Затаевич А.* В. 250 киргизских инструментальных пьес и напевов. – М.: Музгиз, 1934.

[9] Ошондо эле. 187-бет.

## НАРКҮЛ

Өткөндө кыргыз аялдарынын ичинен да нечен талант-туу ырчылардын чыккандыгын жокко чыгарууга болбойт. Бирок, бизге келип жеткен ысымдар өтө аз. Муну илгерки ырчы кыздардын эл эсинен чыгып унутулуп калышы менен гана түшүндүрүү бир жактуулукка жатат. Бул коомдо социалдык-турмуштук негизи бар терең маселе. Анткени, уруучулдук-феодалдык доордун нрава-этикалык эрежеси боюнча ак элечек аялдын эл кыдырып ырдап шарданда жүргөндүгү анчалык кубатталган эмес. Ал эмес тыюу салынган учурлар да болгон. Ошондуктан, көпчүлүк кыз-келиндер өздөрүнө табыят тартуулаган ырчылык шыгын көмүскөдө кармап тумчуктуруп, талантын өркүндөтө алышкан эмес. Күлүктүн күлүгү дегендей, айрымдары гана топ жыйында ырдап, кези келсе акындар менен айтышка түшүп ат салышпаса, көбү калкка белгисиз болуп кала берген. Акындык өнөргө ынтаа койгон кыз-келиндерге караганда кошокчулардын жагдайы бир аз дурус болгон. Анткени, кошок негизинен аялдар жанры делип эсептелип, кошок кошууну эч ким өрөөн-төрөн көрүп, тергөөгө алган эмес. Бирок, салт ырынын айтылыш ордуна, жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык кошок тар чөйрөдө, чектелүү аймакка айтылып, кошокчулардын ысмы акындар сыяктуу калкка кеңири тарай албаган. Дегинкиси өткөндөгү ырчы кыз-келиндер жөнүндө аз билебиз. Бизге келип жеткендердин да айрымдары өзүнүн реалдуу ордун, ысмын жоготуп, легендарлык мүнөзгө өтүп кеткен. Мисалы, Көбөк менен айтышкан Талым кыздын доордун кайсы кезеңинде жашагандыгын так айтуу кыйын. Бирок, аналогиялык нускаларынын алтай, казак элдеринде сакталып калганды-

гы, анда болочокку күйөөнүн сөзгө болгон чеберчилигин, акыл өлчөмүн сыноо сыяктуу үйлөнүү салтынын байыркы архаикалык формалары жөнүндө кабар бериши, чыгармада «кырк урууну бириктирип турган кыпчак ханы Көбөк» жөнүндө сөз болушу айтыштын түрк элдери канатташ жашаган тарыхтын байыркы мезгилинде туулуп, узак эволюциялык жолду басып өтүп, бизге келип жеткендигинин күбөсү. Демек, жогоркудай маалыматтар аялдар айтыш өнөрүндө байыртадан эле ат салышкан деп ойлоого негиз берет. Бирок, доордун кийинки мезгилдеринде (XVII–XIX кылымдардын аралыгы) патриархалдык-феодалдык мамиленин бекем орун очок алышы диндик окуулардын, шарыят эрежелеринин аз санда болсо да адамдардын аң сезимине кириши ырчылык кесипке кыз-келиндердин кеңири тартылышына кедерги болгондой түрү бар.

Анын үстүнө көпчүлүк ырчынын өмүр баяны, ырлары өз учурунда иликтөөгө, изилдөөгө алынбагандыктан, эл оозеки чыгармачылыгына сиңип, өзүнүн реалдуу дарегин жоготуп, жигит-колуктунун, келин-жигиттин айтышы делип, индивидуалдуу өзгөчөлүгүн жоюп койгон учурлары да жок эмес. Буга бир мисал. Кийинки кездерге чейин эле Байгабыл менен Көкшалкы байдын Чата-кызынын айтышын эл кыялынын туундусу катарында бааланып, салттык айтыштын үлгүсү катарында жарыяланып келген. Изилдөө процессинде Байгабылдын XIX кылымдын баш жагында Талас өрөөнүндөгү кытай уруусунан чыккан акын экендиги аныкталды. Демек, аны менен айтышкан Чата-кыз (чыныгы өз аты башка болушу ыктымал) турмушта болгон реалдуу ырчы экендиги талашсыз. Демек, Чата-кыздын да чыныгы дарегин аныктоо милдети турат.

Өткөндөгү ырчы кыздар жөнүндө сөз болгондо Эсенамандын кызы Ырыскүлдүн[1] ысмы аталат. Тилекке каршы, ал жөнүндө жарытымдуу деле материал жок. Ырыскүл байбиче кийин Жеңижок менен айтыштым эле деп айрым үзүндүсүн, эсине түшүрүп айтып берген экен. Колдогу материалдын мазмунуна, көркөмдүгүнө караганда чыгарманы айтыш катарында кароо да кыйын, экөө бир аз сөз ыргытышкан көрүнөт. Бирок, Жеңижок Ырыскүл-

дүн сөзүн анчалык узартпай, башталышында эле жылуу жумшак сөз менен токтотуп койгондой түрү бар.

Калык акын менен Балкы-кыз айтышкан экен. Сөздү кыз баштап, он алтыга жаңыдан толгон жаштыгына, ырчылыкка дилгир болуп жаңыдан канат күүлөп жүргөндүгүнө, айтышта тажрыйбасыздыгына карабастан, кадыресе ырчылар сыяктуу олуттуу жана сыйда ырдайт. Нечен ырчылар менен беттешип сөз кудуретин түшүнүп калган кексе Калык каршысынын оңой эместигин сезип, адегенде эле омуроолоп, жаш кызды сестенте турган орой сөздөн баштап, мизин кайтарууга аракеттенет. Экөө ырдашып жатканда үйгө кирген карыя жаш баланы чоң акынга беттештирип отургандарды жемелеп, экөөн токтотуп, Калыкты тойго ырдатканы ээрчитип кетет. Тилекке каршы, Балкы-кыз жөнүндө башка материал жок. Дареги, атасынын ысмы да белгисиз.

Кантсе да, калкка акын катарында таанылып, эл оозуна алынган Наркүл, кадимки ак таңдай акын Жеңижок менен жалтанбай чоң жыйында айтышка түшүп, күч сынашат. Бир топ жаман-жакшы сөздүн башын чарпып, каршысын оңтойсуз абалда калтырып, кысмакка алат. Айрым кабарчынын аны «Эсенамандын кызы деп, ырларын да ошого ылайыкташтырууга аракеттенгендиги байкалар эле[2]. Бирок, бул маалымат мени ар дайым күдүктөндүрүүчү. Анткени, ошол уруунун кызы боло туруп, өз төркүнүнүн кары-жаш чогулган калың топто аял жынысына анчалык мүнөздүү эмес кептин башын чатып, таза парнографияга өтүшү өз заманынын адеп-ахлактык түшүнүктөрүнө эч коошпой турган көрүнүш эле». Кийинки жылдары эл оозеки чыгармачылыгын жыйноочу Жанжигит Казакбаев тарабынан Наркүл жөнүндө жаңы маалыматтын табылышы анын Эсенамандын кызы эмес экендигин ачык аныктады. Жыйноочу бул маалыматты 1974-жылы Аламүдүн совхозу, Кайырма кыштагында жашоочу Азаматов Хамзадан жазып алган[3]. 1934-жылы Таласка барып калып, Наркүлдүн (бул кабарда Наакүл аталат) үйүндө болуп, көзмө-көз отуруп баарлашкан экен. Ал учурда 60ка барып калган байбиче өзүнүн өмүр баяны, Жеңижок менен кан-

дайча беттешип калгандыгы жөнүндө оозмо-ооз баяндап берет. Наркүлдүн теги – казак, Олуя-Ата шаарынын батыш жагында жашаган дулат уруусунан чыгат. Ташкара бийдин инисинин аялы экен, Жеңижок менен кайнагасы өзү айтыштырат.

Эки акын беттешкен мезгилде Жеңижок 22де, Наркүл 20 жашта болот. Бул маалымат боюнча Наркүл 1864-жылы төрөлүп (Жеңижок 1862-ж. туулат), экөөнүн айтышы 1880-жылдардын тегерегинде өтөт. Чыгарманын мазмунуна караганда жогорку маалымат чындык болуу керек. Анткени, Наркүл ушул уруунун кызы болсо, мынчалыкка кетмек эмес.

Бөлөк журт, башка жерден болгондуктан, бардык салттык эрежелерди, чектөөнү четке кагып салып, жеңе катарында айтышка түшөт. Наркүл менен Жеңижоктун айтышынын толук нускасы институттун фондусунда сакталууда[4]. Чыгарманын мазмунунда парнографиялык жагдайлар басымдуу орун алгандыктан, «Акындар айтышынын» жыйнагына кирген эмес. Эки акындын айтышы Эшенкулдун тоюнда өтөт. Бул тууралуу Наркүлдүн сөзүндө ачык маалымат сакталган.

Сен да бир солдун баласы,
Мен да солдун баласы.
Төрт дубанга той берген,
Эшенкул солдун Манасы.
Көрдүң бекен Жеңижок,
Көпкө жаккан келинди,
Келин басат деминди.
Таң атканча ырдаса,
Оозуңдан үзөр кебинди,
Кечээ Эсенаман таппаптыр,
Мен табайын эбиңди.

Ырдын мазмунуна караганда, Эсенаман менен Жеңижок мурунку күнү айтышып, Эсенаман жеңилип калат. Талас өрөөнүнүн кулуну болсо да, кушчунун эмес, бөлөк журттун намысын коргоп, таламын талашып жүргөн (бул Эсенаман менен айтышууда ачык чагылышкан) Жеңижоктун мөөрөй алышы жергиликтүү эл бийлөөчүлөргө жак-

пай калгандай. Ошондуктан, Наркүлдүн ыкмасын, сөз устаттыгын жакшы билген Ташкара бий баштаган журт билермандары аны аяр ырчы менен беттештирип, беделин төмөн түшүрүү максатын көздөйт. Муну Жеңижок да жакшы түшүнгөн көрүнөт.

Айтышта Наркүлдүн өзү жөнүндө баяндоосунан жана сөз табуу, уйкаш түзүү чеберчилиги – анын өз учурундагы ири төкмөлөрдөн экендигинен күмөн туудурбайт. Бирок, тилекке каршы – биздин колдо жалгыз гана Жеңижок менен айтышы. Наркүл ырчылык таланты, үй-бүлө курууга болгон көз карашы, аң сезими жагынан өз мезгилиндеги аялдардын түнтөй дүйнөсүнөн өзгөчөлөнүп бөлүнүп турат. Ошондуктан, өзүнүн акындык өнөргө болгон мамилеси, кулк-мүнөзү, бардык кыймыл аракети менен патриархалдык-феодалдык доордо үстөмдүк кылган жол-жоболук эрежелерди четке кагып, аял катарында, ырчы катарында эркин болууга аракеттенет. Ошондуктан, кудалашуу салты мойнуна укурук салган мезгилде да атасынын төрүндөгү кыз балага берилген эркиндиктен аз болсо да пайдаланып калууга аракеттенет. Кыскасы, бардык турпаты менен өз заманындагы аял жынысына карата колдонулган нравa-этикалык чектөөлөргө каршы турат, өз түшүнүгүнө, мүмкүнчүлүгүнө карата наразылык билдирет. Бул Жеңижок менен айтышында ачык чагылышкан, өз ырында «Эркек менен айтышсам эл ичинде эренби?» – деп аял киши алкынып топко түшөрбү деп мыйыгынан күлүп отурган улуу-кичүүгө кылтак ыргытат. Ошондой эле «Ушул мага теңби?» – деп үстүртөн карап теңсинбей отурган каршысына:

Элирип турган эжеңе,
Эч кимдин келбейт чамасы,
Жеңип келген башынан,
Жеңеңдин күчтүү санаты.
Кыйкырып жеңең ырдаса,
Кыйла сөздөр чыкпайбы,
Кызыганда канаты.
Айтышканы жатыр деп,
Айып этпе Жеңижок,
Ал акындардын адаты –

Өзүнүн жөн-жай аял эмес, аны менен теңтайлаша турган күчтүү акын экендигин баса белгилейт. Чындыгында да Наркүл айтыш жөнүндө өзүн ири чебер катарында көрсөтөт. Ырды биринчи баштап, саламдашуу ырынын салттуу үлгүсүн төгүп өтөт:

Аманбы кайним Жеңижок.
Апаңдын сенден кеми жок,
Араң турган апаңдын,
Айтышаарга теңи жок,
Алты уруу солдун ичинде
Алдыма чыкчу деги жок.
Жакшыбы, кайним, Жеңижок,
Жеңеңдин сенден кеми жок.
Жекеме-жеке айтышып,
Желкелетер теңи жок,
Жекеме-жеке айтышса,
Жеңең ээлигип кетет эби жок.

Сөз арасында өзүнүн акындык дараметин көтөрө чалып мактай келип, «сендей ырчынын сексени менден жеңилди», «айттырбай тилиң байласам» эрте ойгонот: «безенип ырдап күнү-түн бешикте жаткан кезинде беш берипште белги берип, белсенип боорун тырмайт», «беш жашында» «ырдай баштайт». «Жетиге жашы келгенде айырмач минип», «айыл ичин кыдырып», акындыктын белгисин ажыратып билет. «Тогуздан толгонуп», тойдо ырдайт, «он биринде токтолуп», он экиге келгенде «беттешер ырчы жок болот». «Он бешке жеткенде чар тарапка угулуп», атагы чыгат. Ырчылык өнөрүнө «кундуздай кара чачы», сулуулук сымбаты бап келишип, далайды өзүнө куштар кылат. Ырчылардын салты боюнча Наркүл өзүн көтөрө чалып, апыртуу ыкмасында баяндагандыгына карабастан, ырчылык жөндөмү, шыгы эрте башталгандыгы ачык көрүнүп турат.

Ары ырчылыгы, ары боз уланды куштар кылган сулуулугу, өткүрлүгү, ачык айрым шайыр мүнөзү кыздагы табигый жигерди андан бетер кулпунтуп, кыз курагы оюнзоок шарданында өтөт. Он алтыга чыгып, «оолуккан жаштык кырдаалына» келгенде жолу бөгөлүп, багы байланат.

Жеңижок менен беттешүүдө өзүнүн теңин таппай кор болгондугун жаап жашырбайт:

Мурунку эрим Алымбай,
Муңканып жүрүп кабылды ай.
Кудалашып кур чалып,
Куп сүйүнүп тынч алып,
Байлады менин багымды ай.
Муңканып ыйлап жүрөмүн,
Мырза күйөө табылбай.

Кыскасы, ырчы келин өнөрлөшүнө өз тагдырын, жаманга баш байланып, арманда өткөн өмүрүн ачык айтып, ичине толгон арман-муңун, кайгы-касиретин ырында төгөт. Он жетиге чыкканда башы жаманга байланган кыздын көңүлүнө арман ыргагын уялбай баштайт: «үйдөн алыс кабакка барып, башына кемселин чүмкөнүп, кара кийген жесирдей», үңүлдөп ыйлап, «кара буусун чыгарат». Жаман менен кантип жашайм – деп, заманасы куурулат. Ошентип, бир жагынан ыйлап, бир жагынан армандуу ырын ырдап, кайгы-муңун жер-суу, кокту-колоң менен бөлүшүп, кара көзүнөн «кандуу жашын чубуртуп» жүрүп, «кара далы» аталып, он сегизге чыга келет. Акыры аламын деп «кой союп», «арыгыраак кой союп» Алымбай үйүнө алып кетет. Бирок, азабы эми чындап арылбай, «ак жоолук түшөт башына», үксүйө тартып куу жаман «отурат күндө кашында». Келиндин көңүлү сүйбөгөн адамдан кутулууга жасаган аракетинен натыйжа чыкпайт:

Эки жыл чыдап отуруп,
Арыз бердим Кулман бийине,
Арызымды Кулман уккан жок,
Азаптан башым чыккан жок,
Алганың жаман жолукса,
Жаман эрден душман жок.
Эл аралап чыгалбай,
Эстүүдөн бир сөз угалбай,
Эки жыл үйдө олтурдум,
Эркин басып туралбай.

Акыры Наркүл өз башына түшкөн мүшкүлдү кандай да болсо жеңилдетүү аракетинде 20 жашында эл аралап,

«керилип ырдап чыгат», калк оозуна кирип, «калк ичинен табылбаган кыйын ырчы» аталат. Наркүлдүн сөзүнө караганда үй-бүлөчүлүктө бакыт таппагандыгы менен ырчылык өнөрдүн сыйкырына жетелетип, чыгармачылык дүйнөдөн зор ыракат алат. Ырчы келин өз ырында кушчу Соронбайдын ашында казак, кыргыз чогулган чоң жыйында «каздай үнү каркылдап» тартынбай ырдап, калкты оозуна караткандыгын сыймыктануу менен баяндап өтөт. Наркүл өзүнүн 20 жаш курагында эле нечен акындар менен серпишип, кумардан чыгат. Бул жөнүндө ырдын өзүнөн ачык маалымат алууга болот. Мисалы, ырчы келин өз баянында Соронбайдын ашында өзү менен беттешкен ырчылардын ысмын атап өтөт:

Анжияндык Мыса ырчы,
Аркасынан чуулдап,
Асылышкан үч ырчы,
Ошондо төртөөлөп алы жетпеген,
Асылышкан ырчылар,
Апаңдан аман кетпеген.

Айтсам билер бекенсиң,
Аксыдан келген Нурмолдо,
Шарыят менен сенчилеп,
Айтышып көргөн бир жолдо
Апаңдай акын кайда бар,
Абайлап көргөн оң, солго,
Төрт дубанга жеткирбес,
Төрт аягы тең жорго.

Ырдын текстиндеги маалыматка караганда «санатыңды билдим» деп Сартбай ырчы жол берет, «Эсенаман чоң ырчы ээрчишип келип кол берет», ай тамгалуу солтодон Айманбай айтышам деп келип, «аз кошомат кеп берип», жолго түшөт. «Бир беттешсем» деп эңсеп жүргөндө Жеңижок келип кабылат. Наркүл өзүнүн жөн жай ырчы эмес экендигин Жеңижокко жеткире айтат:

Толуктап айтып берейин,
Тойго минем тору ала ат,
Токтой калса казысы

Томугуна оролот.
Тобума келген экенсиң,
Тоготпой койсом не болот?
Толкундап жеңең ырдаса,
Тобума келген ырчылар
Тогошо албай жоголот.
Аныктап айтып берейин,
Ашка минсем карала ат,
Кайра тартсам казысы
Карчытына оролот,
Калкыма келген экенсиң,
Каяша айтсам не болот?
Каарданып жеңең ырдаса,
Кашыма келген ырчылар,
Оо, кайним, качкан бойдон жоголот.

Наркүл бир топ күчтүү ырдайт. Өз сөзү аяктап келатканда кексе келин жөн жай Жеңижокту жеңе албасын сезип, өнөрлөшүн куралсыздандыруу максатында ырын башка багытка бурат. Өзүнө таандык ачыктык, өткүрлүк менен улуу-кичүү чогулган мындай чоң жыйында аял эмес эркек даап айта албай турган парнографиялык жагдайларды аллегориялык ыкмада ырдап, каршысын селт эттирет. Ырчынын жеке өзүн гана эмес, анын журт башчылары Осмонбек, Сулайман ажы, Алымбектин Шайылдасын да «ашатып», абийирин төгөт.

Наркүл ырдап аяктаганда сөз бүткөндөй көрүнөт. Бирок, Жеңижок өзүнүн зор талант, чебер ырчы экендигин мында да аныктайт. Келин менен жаакташып отурбай, «катынын ортого салып коюп» бугуп отурган жердештеринин Ташкара бий баштаган мыкчыгерлерин, айыл аксакалдарын жиликтеп, Наркүл айткан сөздөрдү кайра аларга буруп, намысына жыгып, баш көтөргүс кылат. Мындай курч сөздөрдөн кийин Наркүлдүн жооп кайтарышынын эч кандай зарылчылыгы жок болуп калат. Муну Наркүл өзү да, аны беттештирип отурган кайын журту да жакшы түшүнүп, айтыш жыйынтыкталат.

Кыскасы, ушул бир чыгармадан эле Наркүлдүн күчтүү акын экендиги көрүнүп турат. Жогорку айтыштан келин-

дин өмүр баяны, турмуш түйшүгү, ырчылык чөйрөсү, беттешкен акындары жөнүндө кандайдыр бир деңгээлде маалымат алууга болот. Эл арасынан дагы жаңы материалдар табылып калса ажеп эмес.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Кыргызстан маданияты. 1991. 28-фев.

[2] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 687. 64-бет.

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 687. 64-бет.

[4] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 687.

## КАЛМЫРЗА САРПЕК УУЛУ
*(1866–1910)*

Ырчынын талантын өз өнөрлөштөрүнөн артык эч ким баалай албайт. «Сойсо да чымчыкты касапчы сойсун» дегендей, акындын көркөм дүйнөсүн, сөз байлыгын, ой тереңдигин аткаруу чеберчилигин башкаларга караганда да табиятынан сезимтал таланттуу адамдар жакшы түшүнөт. Бул табигый нерсе. Калмырзанын үнүнүн бийиктиги, эч кимден тартынбаган өткүрлүгү, курчтугу, «жамакты жамгырдай төккөн» чеберчилиги калк арасында, ырчылар чөйрөсүндө, өз өнөрлөштөрү Тоголок Молдо, Белек Солтоноев, Шапак Рысмендеев, Ысмайыл Борончиев, Коргол Досуев тарабынан жогору бааланган. Алардын айрымдары өз көзү менен көрүп, угуп да калышкан. Акындын аткаруучулук чеберчилигин Тоголок Молдо:

Ырын тизип танаптап,
Байлачуу эле Калмырза,
Адамдын дилин кубантып,
Жайлачу эле Калмырза[1] –

деп мүнөздөсө, Белек Солтоноев: Калмырза «Манас», «Семетейди» айтпаган. Кара ырга өзүн кошуп ырдаганда мындай ырчы бүтүндөй кыргызда болбогон деп айтууга болот» – деп жазат. Белек Солтоноевдин жогорку пикири акындын өз ырынан орун алган фактылар менен бекемделет:

Жамак ырга калганда
Сагынбайды жеңгемин.
Тыныбекти таштадым,
Тынбай ырдап какшадым[2].

Мындан ары өнөрлөштөрүнүн «Манас» айтуудагы чеберчилигин баалай келип, өзүнүн «жомокко жайы жок»,

«Манастын» жайын билбегендигин мойнуна алат[3]. Мында бир эскере кетүүчү маселе Шапак Рысмендеев Калмырза, ошондой эле Калыгул, Арстанбек, Солтобай, Балык, Айтыкелер жөнүндө айрым маалыматтарды берет, ырларын да айтып жаздырган. Материал эскерүү-мемуар, казал түрүндө айтылып, өткөндөгү акындардын өмүр жолу, чыгармачылыгы тууралуу да ой-пикирин, баамдоосун алымча-кошумчалап ортого салат. Бирок, башка кабарчылардын материалы менен салыштырып, текстологиялык тактоо жүргүзүүдө бул же тигил акындын ырынын көп өзгөрүүгө учурабагандыгы байкалат. Ошондуктан, Калыгулдун масел сөздөрүн, Калмырза же башка акындардын ырларын жалпы тексттин турумунан бөлүп алуу анчалык кыйын эмес. Буга Ш. Рысмендеевдин казалынан орун алган Калмырзанын өзү жөнүндөгү баяны ачык мисал. Акындын:

Айтып жүрдүм арылдап,
Тоодон аккан кашка суу
Агынындай шарылдап.
Бектер минген бедөөнүн
Жүрүшүндөй арымдап.
Ободогу шумкардын
Канатындай барылдап.
Бул дүйнөдө арман жок,
Мендей ырчы калган жок,[4] –

дегенине караганда өзүнүн ырчылык дареметин жогору баалаган өңдүү. Бирок, фактыларды реалдуу талдап, кылдат көз жүгүртүүдө жогоркудай чоң акын жашоодон бакыт таппагандай түрү бар. Чыныгы кара таман кедейден чыгып, жерден жер, элден эл кыдырып ырдап, жан сактоонун аракетинде болот. Маалымдоочулардын кабарына караганда курч жана өткүр акын эч кимден тартынган эмес. Топ жыйында бет алып мактап жаткан адам байкоосуздан калпыс сөз сүйлөп, же менменсинип текеберчилик кылса, анын байлык, мартабасына, бийлигине жана өз өмүрү бычактын мизинде тургандыгына карабастан, кордоп баса берген. Буга бир ачык мисал, бир жылдары Ат-Башы, Ак-Талаа, Нарын тарапка барып, Байгазы менен Казынын бо-

луштук талашып жатканынын үстүнөн чыгат. Шайлоодо Казы жеңип, Калмырза аны беттеп ырдайт. Жаңы шайланган болуш: «Мени кой, Байгазыны ырда, шагы сынып калбасын» – деп сыпайгерчилик кылганда:

Болушту болуш дейт экен,
Болуш деле бокту жейт экен.
Калың журттун баарысы
Баягы эле Байгазы болуш дейт экен –

деп Казыны кордоп, мурунку болушту мактап жиберет[5].

Же солто Айылчы байдын тоюнда[6] Найманбай ырчыны үстөкө-босток сүрөп ырдап, той ээсин күлкүгө калтырып жатып, ырчыга бермек болгон талтагай мүйүз сары эчкинин ордуна ат жетелеп чыгышын эле алалы. Тойго Найманбай кеч келип калат. Эрте келип, өзүнүн даңкын чыгара мактабагандыгына ачуусу келген Айылчы акындын «тойдон ат минемин» – деп каңкуулап ырдаганына назар салбай, сары эчкини ырчыга ыйгарат. Кыргыздын салтында жок ишти жасап, өзүн басмырлап отурганына ызаланган Найманбай:

Оо мен ай тамга солто барында,
Аралап турган чагымда,
Мен оозанганымды аламын,
Окчун кеткен кабарым,
Мен каалаганымды аламын,
Казакка кеткен кабарым.
Айылчынын тоюнда
Мен кантип куру каламын –

деп үстү-үстүнө ырдаса да болбойт. Калмырза Найманбайдын ар бир айтканына өз орду менен сөз кыстарып коштоп, байды сөзгө жыгып отурат. «О Найыке, кур кайгыдан пайда жок, экөөбүзгө кунан түгүл тай да жок. Сары эчкини алып, Ак-Суунун базарына салалы, беш чака пулга өтпөсө, союп мүйүзүн чакча кылып алалы» – деп, эл арасынан күлкү чыгарат. Калмырза дагы:

Бул тойго жар чакырчу сен байкуш,
Сени жандап келген мен байкуш,
Мобу төртөөбүз бирдей тең байкуш,
Төртөөнүн ичинде

Бөтөнчө тоо мүчөлүү сен байкуш.
Бул Айылчынын билемин,
Тетири жазат кагазын,
Тескери окуйт намазын,
Тою тарап кетиптир,
Эминесин аласың? –

деп, күлкүнү көбөйтө баштаганда сарбагыштардын арасына сөз тарап, шылдың болуудан корккон той ээси жыйын четинде турган бир баланы аттан түшүрүп, чылбырын Найманбайга ыргытат. Өнөрлөшүнүн сөз тапкычтыгы менен эмес ат алып намысы колго тийген Найманбай атты Калмырзага жетелетет.

Калмырза кедей болсо да жакшы кийинип, «Алчактаган ак боз ат минип» (Ы. Борончиевдин кабарында), «кумар ойноп уттуруп, кумарчыга жуткуруп», «күлүс ойноп күбүлүп», «Чомун ойноп чоңкоюп» (Калмырзанын өз ырынан) өз жашоосун, чыгармачылыгын чектөөгө албастан, өзүн эркин кармап, көбүнчө жалгыз жарымдап, түндүк, түштүктү кыдырып, «майда жыйындарда эмес, чоң аштойлордо ат үстүндө ырдап» (Ысак Дубанаевдин айтуусунда), жар чакырып, кези келсе акындар менен айтышка түшүп, тапкан мал-пулун бей-бечарага таратып берип, ары мырзалык, ары сыпаалык менен жашайт (Ш. Рысмендеевдин мүнөздөмөсүндө), дүйнө, мал жыйнабаган март адам болгон дешет. Бул Калмырзанын өнөрлөшү Калыкка берген кеп-кеңешинде бекемделет:

Карынбайдай мал жыйнап,
Жайы-кышы жан кыйнап,
Ач-көз адам болбогун,
Акындын сөзү эп болот,
Аш менен тойдо мал толот,
Малдан күмбөз курбайсың,
Баарын жерге батырып,
Дегеле кошо сыйбайсың,
Жетим, жесир элде көп,
Желеси менен берип кет,
Жеткилең ырчы дедиртип,
Мырза болуп желип кет[7].

Акындын оомалуу-төкмөлүү мүнөзүнө ишене бербегенди, анын үстүнө Калмырзанын өткүрлүгү, курчтугунан чочулаганбы, айтор Бошкойдун Кененсарысын, Мамбетаалы, Дүрдү жана Шабданды ээрчип, ашка, тойго барып жүргөндүгүнө карабастан, алар өздөрүнө атайын ырчы катарында тутпаган өңдүү. Натыйжада, кедей болуп артында арка кылар азуулуу тууганы жок болгондуктан, акындын жашоо жолу кайгылуу аяктайт. Өзүнүн өткүрлүгү, курчтугунан, өйдө-төмөндү байкабаган энөөлүгүнөн кырк төрт жашында кайгылуу жагдайда жарык дүйнө менен кош айтышат. Аткени, Калмырза өмүрүнүн акыркы күндөрү Жумгалга барса Көкүмбай менен Курман болуштук талашып жаткан болот. Кабарчынын айтуусунда бийлик улам бирине өтүп, эки манаптын тирешүүсү эки жылга созулат. Бөлүнүп-жарылып жаатташуудан, ыгым-чыгымдан калк катуу каржалат. Акыры Көкүмбай болуштукту жеңип кетет. Бул окуяга күбө болгон Калмырза Курманды төмөнкүчө кордоп ырдайт:

Сен Илепестин Курманысың,
Күнүндө куран ургансың,
Байгеге жакын келгенде,
Башыңды чайкап тургансың,
Ниети жаман азамат
Ушундай иштен кур калсын[8].

Үзүндүдөн көрүнүп тургандай, ал көз алдында болуп өткөн иштин социалдык маңызын түшүнө алган эмес. Ыр өз доорунун көз карашынын алкагында, нрава-этикалык чегинде түзүлгөн. Ансыз да болуштукту тарттырып ыза болуп турган Курман кекенип калат да, Суусамырга кетип бараткан жеринен «ырдатабыз» – деп чакыртып келип, конок үстүндө уу бердирип өлтүртүп коет[9].

Бул жөнүндө Ысмайыл Борончиев кызыктуу маалымат берет, ал эмес акынды өлтүрүүгө катышкан адамды өз көзү менен көрүп, баарлашкандыгын эскертет. Бир жылдары өнөрлөшү Токтоналы Шабданбаев экөө концерт берип Жумгал өрөөнүнө барып, бир үйгө түнөп калышат. Сөздөн сөз чыгып отуруп, үйдө отурган бир киши өзүнүн илгери бир байга малай болуп жүргөн кезинде айласыздан

Калмырзанын канына сабын болгондугун, өлгөндөн кийин ээсинин буйругу менен чөнтөгүн аңтарганда 50 тыйындык күмүштөн башка эч нерсе жоктугун, өчөшкөндөр жок дегенде тынайларга кабар бердирбей, акындын сөөгүн жол жээгиндеги көп мүрзөгө койдуртуп койгондугун айтып берет. Ушундан улам Ысмайыл Борончиев «казак, кыргызга дайын болгон ачуу тилдүү, калемпир, туздуу чоң акындын» (Ысмайылдын мүнөздөмөсүнөн) мусапырчылыкта шейит болгонуна жаны кейип, ырга кошот:

Буруксуп жыты аңкыган,
Бурана менен Шамшыдан
Канкор залим кууларга,
Каяша айтып Жумгалда,
Калмырза өлдү шаңшыган.
Жазыгы жок өлдү – деп,
«Жашырып кимдер көмдү?» – деп,
Сурабай койду артынан.

Калмырзанын 44 жашында манапты кордоп ырдагандыгы үчүн Курман тарабынан өлтүрүлгөндүгүн чертики уруусунан чыккан акындын он бир жылгалык жердештери Бериков Сабыралы[10], Байтереков Жумалы[11], Бозгунчиев Ыбырайымдар да ырасташат. Бозгунчиев Ыбырайымдын айтуусунда ал болуштук талашууда эмес, Курман тарабынан 1–2 жыл кийин өлтүрүлөт. «Калмырза 44 жашында өлөт – дейт Бозгунчиев Ыбырайым – Жумгалдан кабар келгенче төрт күн өтүп кетет. Кабар жетери менен аялы, эки баласы, жолдошу Жумгалга барып, көөмп келишти. Кунун кууган да, сураган да киши болгон жок»[12]. Абды Өмүкеев да Калмырзанын Курмандын жигиттери колдуу болуп өлгөндүгүн маалымдайт. Кыскасы, маалымдоочулардын кабарында айрым деталдык айырмачылыктардын (биринде уу берип, экинчисинде сабап өлтүрөт) орун алгандыгына карабастан, өзүн кордоп ырдагандыгы үчүн Курман Калмырзаны өлтүртүп койгондугу чындык катарында баяндалат.

Муратбеков Багыштын айтуусунда Курман Калмырзаны жогорку ыры үчүн жигиттерине урдуртуп коет. Ошондо акын Дүрдүн айлындагы үйүнө кетип, бир жылдан кийин

кайрадан Жумгалга барып, ооруп калат да, Куйручуктун иниси Кожомбердиникинде жатып, күзүндө каза таап, кабарга үй ээси өзү барат[13].

Жакынкы жылы Обозкан уулу Чалайдан дагы бир маалымат түштү. Ал Мамыт молдодон уккан экен. Мамыт молдо акынды өзүнүн 24–25 жаш курагында миң койлуу катаган уруусунан чыккан Теңирбердинин үйүнөн ооруп жаткан учурунда көрөт. Ал кишинин айтуусунда өз ажалынан эле ала шалбырт жаз мезгилинде каза болуп, Түгөл сай менен Кызыл Туунун ортосундагы Карга бийдин күмбөзүнүн жанына Жолболотко коюлат да, үй-бүлөөсү сөөк көмүлгөндөн 7–8 күндөн кийин келет. Жогоркудай кайчы пикирлердин айтылышына карабастан, Калмырзанын киши колдуу болуп өлүшү чындык сыяктуу. Ал үчүн бир фактыга көңүл бөлөлү. Бир маалыматта, «Калмырзаны Курман өлтүрүптүр» – деп, сарбагыштын мыкчыгерлеринин делебеси козголуп калганда Шабдан: «Мага Байзак чабарман жибериптир, өз ажалынан эле өлүптүр. Мен Байзакка ишенемин» – деп сөздү токтотот. Аяр манап бир адамдын ажал табышынан улам эки элдин ортосунда чыр-чатак чыгып, уруш-талашка өтүшүнө алдын ала жол торогон өңдүү. Байзак да өз элинде күңк-мыңк сөздүн айтылышына катуу тыюу салган көрүнөт.

Кыскасы, Калмырзанын чыгармачылык өмүр жолу татаал кырдаалда өтөт. Сарбагыштын ичинде чертики аттуу аз сандагы жарды уруктан чыгып, ата-теги кара таман кедей, калктын материалдык, социалдык жагынан коргоого алынбаган катмарына кирген. Ошондуктан, урууулдук, уруктук эреже, жол-жобосу өкүм сүрүп турган урууулдук-феодалдык доордо деле эч ким суроо салбай, жалгыз мүрзө болуп томсоруп, көрүстөнүн чөп басып, дайны билинбей калган. Натыйжада, зордук-зомбулуктун курманы болуп жарык дүйнө менен кош айтышкан жалгыз атчан кедей ырчынын трагедиялуу тагдыры калк оозунда айтылып, көкүрөгүндө сакталганы менен мыйзам жүзүндө аныкталбай кала берет.

Ырларынын мазмунуна караганда материалдык муктаждык табылганын табылгандай чачып, мырзалык менен

жашаган Калмырзанын жакасына жармашып, этегине эрмешип, өмүр бою куткарбаган өңдүү. Ошондуктан, ырчылык өнөрдү жан сактоонун булагы, өз кесиби катарында эсептеп, чоң-чоң топторго барып ырдап, жыйындын ээси бай, манапты мактап, андан бир нерсе үмүтөтүп отургандыгын ачык эле ортого салган. Акындын ырында мындай жагдай басымдуу. Калмырзанын ырчылык өнөргө карата болгон көз карашы айрыкча тактай тилгендерге карата ырдаган ырынан ачык көрүнөт. Бул ыр калк арасына кеңири тарап, айрым ыр саптары афоризмге айланган. Ыр чакан, балким үзүндү түрүндө жеткендир. Маалымдоочунун кабарында акын 5–6 жолдошу менен Шамшыны өрдөп, Соң-Көлдө өтүүчү ашка кетип бараткан болот. Жолдо тактай тилип жаткан эки киши: «Же кетмен чаппай, эгин айдап, мал бакпай, тилеги ашка чыккан Калмырзанын Соң-Көлгө шашып баратканын кара» – деп күлүшөт. Жолдоштору «бирдеме дебейсиңби» дегенде Калмырза бастырып келип:

Эртели кеч тартактап,
Тактай тилген эки акмак,
Кандай экен мал тапмак,
Оңой бекен жан бакмак,
Жайы-кышы басылбайт,
Кара Кочкор шамалы.
Араа тартып турганың,
Кудай урган эки акмак.
Жан сактоонун амалы[14] –

деп уятка калтырат. Бирок, катаал турмушта жашап, кайгылуу тагдырга дуушар болгон «кара жаак» Калмырзанын бактысы Совет бийлиги мезгилинде деле ачылбады. Өзү эмес уулу Борбунун да жолу буулуп, акын катарында калкка таанылбай калды. Буга себеп: анын Шабдан манапты, бугунун уруу башчыларын, Байгазы, Көкүмбай сыяктуу болуштарды, Чоконун уулу Казы ж. б. мактагандыгы болду. Ушундан улам эскичил, байчыл деп табылып, ырлары да өз учурунда жыйналбай, иликтөө, изилдөө алкагынан четтетилип келди.

Айкындуулук, маалыматтуулук алдыга келип, өз эгемендүүлүгүбүзгө ээ болгон азыркы заманда эскичил ата-

лып келген башка акындар сыяктуу эле Калмырзаны да изилдөө мүмкүнчүлүгү түзүлгөндүгүнө карабастан, азыноолак гана ырлардын тегерегинде ой жүгүртүп, чоң акындын чыгармачылык өнөрканасын толук ачып бере албай отурганыбыз өкүндүрбөй койбойт.

Калмырзанын туулган жери – Он бир жылга. Туулган, өлгөн жылы жөнүндө да ишенимдүү маалыматтар бар. Атасы Сарпек ашкан кедей болгондуктан, уулу да турмуштун каатчылыгын, жакырчылык, жардылыктын запкысын көп тартат. Ошондуктан, өз жашоосунун реалдуу окуялары ырларында да чагылышкан. Буга мисал, бир жылдары карасан дарты таралып, уйлар көп өлөт. Бирди жарым уюнан ажырап, айласы куруган Калмырза жан сактоонун аракетинде Кайыңды жакка ооп барып, Бошкой манаптын балдарын каралап туруп калат. Бирок, ал жерден деле чекеси жылыбайт. Акын ошондогу өзүнүн тарткан түйшүгүн, жокчулуктун зардабын бир топ реалдуу баяндайт:

Берекелүү жерде өстүм,
Пейли жаман элде өстүм.
Сойбодум соолук боз койдон,
Жарыбадым Бошкойдон.
Жалпы Бошкой балдары
Сары-Өзөн чыга жайлады,
Сазына бээ байлады.
Калмырзадай баландын
Быйыл жатакта шору кайнады.
Тырышып да тырмышып,
Бир теше таруу айдады.
Эки-Ойрондун чиркейи
Дал ортомо жайлады.
Кетмен чаптым арыкка,
Кесилди бутум чарыкка,
Чалгыны алып колума,
Чаначты тартып жонума[17].

Натыйжада кедей, кембагал менен байдын жашоосу көз алдыңа тартыла түшөт: Байсейит, Бошкой «Каракол чыга жайлап», «сыдыра бээ байлап», «байбиче май туурап», турмуштун үзүрүн көрсө, «кембагал айран уулап»,

«балдар сүттөн куурап», жалгыз түтүн Калмырза жатакта калып, жакырдыкта жаны кыйналат. Акын бул ырында өз жашоосун баяндай келип:

Экөө эле зайыбым,
Кедейлигим айыбым.
Эгер кедей болбосом,
Менин каерде майыбым? –

деп эл билермандарына суроо салат.

Байсейит, Бошкой элинин Таластын башы Каракол чыга жайлап, орток аймак болуп, аралаш жашаганынан уламбы, Калмырза жаш кезинде Таластагы кушчу, саруулерды да кыдырат. «Олуя-Ата, Меркени Оодарат андан беркини» (кызы Закинанын кошогу боюнча). Өз ырындагы маалыматка караганда бул жерде да жакырдык белчесинен басып узатпайт, ага анын кумарга ыклас коюшу да көмөкчү болуп, «ат өлтүрүп жөө калат» ат-тонунан айрылып, насыяга батат. Бирок, кадимкидей чоң аш, тойдо ырдап, айтышка түшүп, акын катарында элге кеңири таанылып калат. Буга мисал. Бир ашта Көчөрбай акын экөө айтышат. Маалымдоочу кыска гана үзүндүсүн эсинде сактап калгандыктан, чыгармага толук баа берүү кыйын. Кантсе да өктөм Калмырза ырын жалпы кушчуларга кайрылуу менен баштап, шаңкылдаган бийик үнү менен өзүнө көпчүлүктүн көңүлүн бурат:

Оо ушунун баары кушчубу,
Кушчунун баары ырчыбы?
Бири ырдаса, баары ырдайт,
Баарынын оозу жабырлайт,
Ишенбесең карап тур,
Шергазы, Шейрен дагы ырдайт.

Калмырзанын чоң акын Чоңду менен жолугушу[16] да анын өз элине кайтышына чейинки мезгилде өтөт. Ага экөөнүн айтышындагы төмөнкү фактылар ачык күбө. Калмырза жээк-жергесин, жашаган аймагын сурай келип, сөз өзү жөнүндө болгондо: «Мине элекмин бууданды, көрө элекмин тууганды» – дейт.

Чоңду да өз кезегинде: «Эки сакал чыкканча эл бетин көрбөгөндүгүн» айтып, астыртан чымчып өтөт. Айтыш

узарбастан кыска аяктайт. Сөз салмагын жакшы түшүнгөн Калмырза:

Айры белес кесенби,
Баары жогу эсенби? –
деген суроосуна:
Байбачанын тоосунан
Эки бирдей нар өлдү,
Томолок баш кытайдан
Ажалы жеткен чал өлдү –

деп, кыска жооп алганда күлүп ийип, Чоңдуга чепкен жабат.

Ошол тапта «төрт эркек балалуу болуп», очор-бачар болуп калган акын кумардын түбү жакшылык менен бүтпөсүнө түшүнүп, «бир борук союп», аксакалдан бата алып, кумарды коюп, өз эли-журтуна көчүп кетүү аракетин издеп калат. Бир кабарда казак акыны Эсперген[17], экинчи маалыматта Мамбетаалыны ээрчип барып, аш үстүндө Шабдан манапка жолугуп ырдайт. Кимдин ашында ырдагандыгы жөнүндө так маалымат жок. Бул ашты бирөөлөр Ниязаалыныкы, экинчилери Дүрдүн атасы Сооронбайдыкы, айрымдары Чолпонкулдун баласы Жапаркулдуку дешет. Маалыматтарга кылдат көз жүгүртө келгенде Калмырзанын Шабдандын алдына барып алгач ырдашы Жапаркулдун ашында эмес, башка учурда өткөн сыяктуу. Анткени, Калмырза бул ашта жар чакырат. Буга тырчып калган Найманбай акын айтышка чакырып, экөөнүн беттешүүсү ушул ашта өтөт. Бул айтыш төмөндө сөз болот.

Калмырза Шабданга ырдаган ыры калкка кеңири тараган. Эл арасынан көп катталып, бири-бирин толуктап турат. Акын өз башынан өткөн окуяларды, жардылыктын зардабын, Бошкойго барып марыбагандыгын, «чомун ойноп чоңкоюп», «гүлүс ойноп күбүлүп» насияга батып, элине көчүп келе албай жүргөндүгүн айтып келип:

Карадан туулган кан Шабдан,
Айта турган арзым бар,
Беш жүз теңге карзым бар.
Санасам санаам тутулат,
Беш жүз теңге карзынан
Калмырза кантип кутулат? –

деп, келген ал-жайын түшүндүрөт. Кыйды акын көпчүлүк алдында манаптын сөзүн бекемдеп кетүү максатында:

Өз уругум чертики,
Өзгө эл айтат келдике.
Аркы түбүм сарбагыш,
Алыста тентип жүргөнүм,
Арыстаным сизге чоң намыс –

деп, Шабдандын намысына тиет. Манап 500 теңге бердиртип, элине көчүрүп келүүнү Мамбетаалы, Дүргө тапшырат. Айрым материалдарга караганда көчүрүп келүү иши кечеңдеп калган өңдүү. Ошондо Калмырза Чолпонбайдын ашында Тынайдын Шабдан баштаган билермандары отурган топто да ырдаган көрүнөт. Ыр бир топ көлөмдүү. Айрым маалыматта Чолпонбайдын ашындагы окуя Чолпонкулдуку менен алмаштырылып калгандай түрү бар. Бул жолку акын кысынбастан, «эки Кемин жайлаган, элиртип кулун байлаган» туугандары менен саламдаша келип, өз ал жайын баяндап, журт мыкчыгерлеринин убадасын эсине салат:

Мамбетаалы, Дүрүнө,
Мындан мурун баатырлар,
Айтып келдим кимиңе,
Айткылачы баатырлар,
Айыл коном кимиңе? –

деп, алардан ачык жооп күтөт. Ушундан кийин өргөө көтөрүп, мал жыйнап берип, Дүр, Мамбетаалынын айлына көчүрүлүп келинет.

Жапаркулдун ашы мындан бир топ кийинчерээк өтүп, Калмырза, Мамбетаалы, Дүрдү ээрчип, ашка өз эли тарабынан барып, жар чакырат. Ашта чоң акын катарында атагы чыгып, журтка таанылып калган Найманбайды айтышта жеңип кетиши анын беделин жогору көтөрүп, аброюн арттырат. Калкка чоң акын катарында таанылат.

Жарчылык да бардык эле ырчыларга ыйгарыла бербегендиги белгилүү. Үнүнүн «эки чакырым жерге угулуп турган бийиктигинен», сөздөрүнүн курчтугунан болуу керек. Калмырза чоң жыйындарда көп жар чакырган экен. Колдогу материалдарга караганда ырлары негизинен жар чакыруунун салттык чегинде эле аткарылат. Адаттагыдай

аш же тойдо конок алуунун тартибин, шартын, ордун, сайылган байгени көпчүлүккө жарыя салып ырдап турган. Сөзсүз түрдө бул учурда акындын ырчылык дарамети, аткаруу чеберчилиги гана эмес, бүт турпаты, аты, ат жабдыгы, атта олтурушу, кийген кийими, тулку бою, сырткы кебете-кешпири көпчүлүктүн сынына түшкөн, Калмырзанын жар чакырууда таасыккан акын экендиги Соң-Көлдөгү Тыныстандын, Чолпонкулдун уулу Жапаркулдун ашында ырдаган ырларынан ачык көрүнөт. Акындын чеберчилигине төмөнкү ыр жолдору таасын күбө:

Эки бакан колго алып,
Эки баатыр сайышат.
Эриң болсо чегингин,
Коркогуң болсо бекингин,
Түшө турган баатырдын
Мойну болсо тешедей,
Мурду болсун көсөөдөй.
Көзү болсун көргөнгө
Суусун куйган кеседей.
Такымы болсун таяктай,
Жалы болсун аяктай[18].

Калмырза аштын жүрүш тартибин баяндоодо угуучулардын көңүлүн өзүнө буруу максатында көркөм ыкманын апыртуу, күлкүгө алуу сыяктуу түрлөрүн колдонуп, эл арасында күлкү чыгарып, салттык ырдын багытын, мазмунун бир топ жандандырат. Анын жар чакыруунун устаты катарында бааланып жүрүшүнүн сыры ушунда турат.

Акын өз өмүрүндө мактоо, кордоо сыяктуу салттык ырлардын башка түрлөрүн да көп ырдайт. Анын сарбагыш, солто, бугунун уруу башчыларын, Байгазы, Казы сыяктуу болуштарды мактап ырдагандыгы белгилүү. Айрыкча Шабдан манапты 1904-жылы ажыга жөнөтүп жана кайта кайтканда ырдаган ыры калкка кеңири маалым. Анын чыгармачылыгынын өз учурунда жыйналбай, изилденбей калышынын себеби да ушул болгон. Калмырзанын мактоо, кордоо ырлары толук бизге жеткен жок. Айрым үзүндүлөрү гана эл эсинде сакталып калган. Ал эми анын мактоо ырларды көп жаратышы жарды көп чакырып жүр-

гөндүгүнө да байланышкан. Анткени, аш же тойдо жар чакырган адам салт боюнча ошол жыйындын ээси, анын байлык, мартабасын, ата-тегин, атак-даңкын милдеттүү түрдө мактоого алган. Ошого карата сыйлыктын өлчөмү белгиленип, акындын аброю арткан.

Калмырза айрыкча Шабданга карата мактоо ырларын көп жаратат. Башы кумар ойноп, насыяга батып, 500 теңге карыздан кутулуунун айласын издеп, бир ашта алдына барып ырдашынан башталып, кийин да манаптын өмүрүнүн мерчемдүү учурларында мактоо ырларын түзөт. Чындыгында да өзүнүн боорукер, кайрымдуулугу, адамкерчилиги, кичи-пейил, сылыктыгы менен калк оозунда аңыз сөзгө айланган манап Калмырзага эсинен кетпес чоң жакшылык кылат. Ошол кезде 500 теңге 500 койдун баасы экендигине карабастан, карызынан куткарат. Астына ат мингизип, үстүнө өргөө көтөртүп, өз эли-журтуна көчүп келип кошулууга көмөктөшөт. Акын өз ырында ошондон баштап, «башына дөөлөт бак конуп», «баатыр Шабдан жол бергендигин», жарчылыкка көп чакырып, аброю көтөрүлгөндүгүн сыймыктануу менен белгилейт.

Калмырзанын Шабданды макташы салттуу мактоо ырынын жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык апыртуу ыкмасы, көтөрүңкү тондо түзүлгөндүгүнө карабастан, чыгарманын негизинде чындыгы бар окуя, манаптын кулк-мүнөзүндөгү, жүрүш-турушундагы реалдуу сапаттар жатат. Шабдан айрыкча бей-бечарага, колунда жок адамдарга өтө кичипейилдүүлүк, сылыктык менен мамиле жасоочу экен. Пендечилик кылып, менменсинип, кекирейүүчү эмес эле дешет. Балабы-чакабы, кайырчы, жолоочубу ким кайрылса да, жылуу-жумшак мамиле кылып, суроосун ыклас коюп угуп, канагаттандырып узатуучу экен. Калмырзанын Шабдан жөнүндөгү ырларында жогоркудай чындык окуянын чагылышындагы төмөнкү ыр түрмөктөрүнөн ачык көрүнөт:

Ууру кылып, көп сынган,
Кесел барган Шабданга,
Күн оокатын табалбай,
Кары барган Шабданга,
Казак кыргыз мусулман,

Каржысы жетпей кысылган,
Баары барган Шабданга.
Бей-бечара карыпты
Жамандык ишке кыйбаган,
Кедейлер кейип келгенде,
Өзүнүн кара жанын кыйнаган.

Жогорудан көрүнүп тургандай, калк арасында аңызга айланган сөздөр менен акындын ырларындагы фактылар бири-бирине карама-каршы келбейт. Аңыз-аңгеме менен ырдын мазмуну, багыты негизинен окшош. Калмырза фактыны көркөмдөштүрүп, мактоо ырынын жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык көтөрүңкү тондо, апыртуу ыкмасында баяндап, Шабдандын тарыхый инсан, калк кишиси экендигин угуучулардын сезимине жеткирүүдө ага ылайыктуу салыштырууну:

Калк –кара тал, сиз – терек,
Калк кысылса – сиз керек.
Калкың кошо барууга
Каржысы жетпейт жан бөлөк[19] –

деп, ага теңдешти жаратылыш дүйнөсүнөн издейт. Манапты асман мелжиген бийик саябандуу терекке теңесе, калкты анын көлөкөсүнөн бейкутчулук издеген кара талга салыштырат. Калмырза Шабдан ажыга жөнөп баратканда «ак калпактуу кыргызга алтындан салган коргон элең», «азап түшсө калкыңа акылын ким табат?» – деп кайгырат. Шабдандын журт башкаруудагы, башка элдер менен дипломатиялык мамиле түзүүдөгү жана кулк-мүнөзүндөгү айрым жакшы жактарын реалдуу чагылдыруу менен «Ак боз бээни жүз сойсо, атын Шабдан жүз койсо», казак, кыргыз калың журттан атак-даңкы, байлык-мартабасы, баатырлык, марттыгы өткөн «асты сиздей эр чыкпас» – деп ашыра мактайт. Бүтүндөй кыргыздын атактуу адамдарын санап келип, сага теңдеше турган адам жок дейт. Алардын катарына Атантай, Тайлакты кошконунда Шабдандын өзү да чочуп кеткендигин маалымдоочулардын дээрлик бардыгы эскеришет.

Колдо Калмырзанын башка мактоо ырларынан да үзүндүлөр бар. Бирок, акындын чеберчилигин аныктоодо

бул чыгармалардын мааниси жокко эсе. Анткени, биздин колдо бир же эки түрмөктөн турган үзүндүлөрү гана бар.

Калмырза өз өмүрүндө кордоо ырларын көп эле түзгөн көрүнөт. Бизге келип жеткен үзүндүлөрүнө караганда какшык, шылдыңды кеңири пайдаланып, кордоого алган адамын эл арасында түбөлүк күлкүгө калтырган. Анын бет алган кишисинин кемчилигин тайманбай чукуп айтууга устат болгондугуна Айылчы байдын ашында, Көкүмбай, Курмандын болуштук талашууларында, Мамырбай, Тезектин болуш шайлоодогу окуяларына карата, Казы жөнүндө ырдаган ырлары ачык күбө. Акындын Курманды кордогон ырынын жогоруда мисалга алынган үзүндүсү гана келип жетти. Чыгарманын эл арасына кеңири тарап, Калмырзанын өлүмүнө себепчи болгондугуна караганда алгач көлөмдүү жана курч ырдалса керек.

Калмырзанын курчтугу жана куйкум сөздүүлүгү Ташмат тегирменчи жөнүндө ырдаган ырынан ачык көрүнөт. Ырдын Токмоктун кан базарында, эл көп чогулган жерде ырдалганынанбы, же калааны ченебей алып, көкөйүнө көк талкандай тийген ач көз Ташматтын шылдыңдалышы адамдардын табасын кандырганынанбы, айтор чыгарма эл арасына кеңири тараган. Эл айрым үзүндүсүн эсинде сактап калса[20], журналист Зина Мамбетсеитова тарабынан бир аз толугураак нускасы катталган[21]. Жогорку ырдын үзүндүсүн Ы. Борончиев да жаздырган[22]. Бардык маалыматта чатак тегирменге салдырганы алып барган Калмырзанын алты чейрек буудайынан чыгат. Ташмат бай «тегирмениме жук болбойт» – деген шылтоо менен буудайын алып калып, көп кемитип ун салып берип жөнөтөт. Анысы да ак мыя аралашып жегенге жараксыз болуп чыгат. Анын бул кылыгына кекенип калган Калмырза ар кандай улуттун өкүлдөрү чогулган Токмок базарында жалпы калайык калкка жар салып ырдайт:

Ташмат байдын тегирмен,
Такыр коркпойт теңирден.
Ак мыядан уну бар,
Арамдан бүткөн пулу бар.
Качыр минген контаажы,

Каранып турат жан жакты,
Жата калып чогулткан,
Жарты тыйын жарнакты[23].

Акын «арам пулга семирген» нааданга жолобой, «колдон келсе качкыла» деп базардагыларга чакырык таштайт. Калмырза ырдап жатканда көпчүлүк кыраан каткы күлкү менен коштоп турат. Элге шылдыңга калган Ташмат бай: «Балдар байкабастык кылыптыр» – деп ун берип, пул тартуулап алдына түшөт. Бирок, ыр бат эле Чүй бооруна тарап, балдар үйрөнүп алып ырдап жүрүшчү экен.

Калмырза өз өмүрүндө көп акындар менен айтышат. Казак агаиндерин көп аралап, акындар менен айтышып жүргөндүгү да белгилүү. Анын ичинде Чоңду, Көчүбай, Найманбай, Барпы, Сарбас (казак акыны), Эшмамбет сыяктуу ак таңдай аталгандары да болгон. Чоңду менен айтышы көп узарбай башталышында эле аяктаса, Көчүбай (Көчөбай) экөөнүн беттешүүсүнүн кыска үзүндүсү гана бизге келип жетип, чыгармага толук баа берүү кыйын, жөн эле факты катарында эскерип кетсе болот. Акындын Эшмамбет менен айтышы тууралуу эки түрдүү маалымат бар[24]. Фактыга таянсак, эки акын бир эмес, эки жолу айтышкан көрүнөт. Эки айтыштын мазмуну да, өткөн орду да башка. Ал жөнүндө төмөндө сөз болот.

Найманбай менен Калмырзанын айтышы калк арасына кеңири таралган. Бир, эки түрмөк ырын эске түшүрүп, айтыштын эмне себептен чыккандыгын маалымдоочулар эл ичинен көп учурайт. Айтыш 1900–1904-жылдардын аралыгында[25] Чолпонкулдун уулу Жапаркулдун ашында, болжол менен Калмырзанын 34–36, Найманбайдын 56–58 жаш курагында (Ал 1844-жылы туулган), Жыламыш жайлоосунун сазында өтөт[26]. Найманбай экөөнүн айтышып калышына ашта жарчылыктын Калмырзага ыйгарылышы себеп болот. Анткени, аш өткөн мезгилде бул чөлкөмдө Найманбайдан өткөн ырчы жок эле дешет. Бирок, үй тигилип, бүтүндөй кыргыз, казактан меймандар келип жатканда Найманбай жок болуп калат. Чолпонкулдун кабагы салынып, капа болуп турганын көргөн Калмырза «эки чакырым жерге угулуп турчу» шаңкылдаган бийик үнү

менен манап отурган үйдүн тушуна келип, көңүл жубатып ырдайт:

Аш берген жериң Жыламыш,
Алдадан келген буйрукка
Чоке айла жок кандай кылабыз,
Ажал туура кез келсе,
Биз да бир күнү акырет көздөй жылабыз.

Кабарчынын айтуусунда ыр бир топ узак ырдалат. Ал уккандарынан эсинде сактап калгандарын гана айтып берген[27]. Калмырзанын добушу, ырды аткаруусу, көздөрү Чолпонкулга жагып, кубанып, жарчылыкты ага ыйгарат. Ошол кезде Найманбай келип, жар чакыруу Калмырзага тапшыргандыгын билип, аны жеңмекке атырылып беттеп ырдайт. Бир кабарда жарчылык талашка түшүп калганда экөөн атайылап айтыштырышат[28]. Айтыш курч жагдайда, кордоо багытында өтөт. Айылчы байдын тоюнда Калмырзанын Найманбайды таттуу маанайда коштоп ырдаганын эске албаганда, эки акын мурун-кийин да чарпыша кетип жүргөн өңдүү. Мисалы, Калмырзанын «Акылыман шашкамын, Балыктын уулу Найманбай Арбагынан качкамын» дегенине караганда, анын Олуя-Ата, Меркени кыдырып, Таласка кетишине Найманбай менен жол талашуу себеп болгон сыяктуу. Кантсе да чоң манасчы Балыктын уулу катарында солто элине алынып, жана да аброю артып, чоң акын катарында журтчулукка таанылып калган Найманбайга канатын күүлөй баштаган Калмырзанын тең тайлаша албастыгы белгилүү эле. Найманбай анын аялы жөнүндө (ал ага жеңе аял болот):

Жеңең десем энеңдей,
Энең десем жеңеңдей.
Энең десем энең эмес,
Же энеден бир жери кем эмес –

деп, өнөрлөшүнүн үйүндө отуруп шылдыңдап ырдаган экен[29]. Кыскасы, эки акындын ортосундагы сөз ыргытып чарпышуулар мурун да болуп жүрсө да, кадимки курчуган айтыш түрүндө Жапаркулдун ашында өтөт. Бул кезде Калмырза да күчүнө толуп, акындык чеберчилиги артып турган мезгили болот. Найманбай айтышта кеңири

колдонуп жүрүүчү ыкмасына салып баштаганда эле каршысынын жүрөгүнүн үшүн алып коюу үчүн өзүн алгыр тайганга, «текөөрү темир болуучу, тепкени өлүп калуучу» буудайыкка теңеп, Калмырзанын «бөдөнө кууп бөлгөн, башканы кууп көрбөгөн» бүркүттүн тепкөөрүндө жүргөн кыргый атайт. Калмырза да анын ар бирине ылайыктуу курч жооп кайтарып, каршысын өз сөзүнөн кармап, күлкү чыгарып отурат. Найманбайдын өзүн айбанга, кушка теңегенине Калмырзанын берген жообу калк арасына кеңири тарап, учкул сөзгө айланган:

Сен Балыктын уулу Найманбай,
Бакырган төөдөй айбан ай.
Сөз айтасың ар кандай.
Айбан болсоң, чөп берем,
Тайган болсоң бок берем.
Адам туруп куш болдуң,
Карыганда Найаке
Калмырзага туш болдуң[30].

Экөөнүн айтышындагы жогорку ык, стилдик курулманы Найманбай менен беттешкенде Куйручук, Жеңижок, Токтогулдар да колдонуп, жеңип кетишкен.

Найманбай Калмырзаны туш-тушунан торойт. Кандай да болсо шылдыңга алып жеңүү максатында кедейлигин бетине жаап, кордоого алат.

Ага Калмырза:

Найаке, ал айтканың дагы чын,
Жарды да болсом байыдым,
Жалгыз да болсом көбөйдүм.
Устаттан шакирт өтөт – деп,
Жыламыштын сазында
Жапаркулдун ашында
Жакадан алдым өзүңдү,
Топко ыргыттым сөзүмдү,
Алты болуш солтого
Мыктап айткын өзүмдү[31] –

деп, жүйөлүү жооп таап, сөздөн карматпай кетет.

Айтышта Найманбай өзүн «жан жетпеген куу таңдай», «жүгүрүп жүйрүк жетпеген» буудан атап, ага окшогон

далай ырчыны тепсегендигин айтып мактана келип, сөз учугун Калмырзанын аялына ыргытып, зайыбынын сыны жок тартайгандыгын, койчу, колоңдун колунда жүргөндүгүн айтып, сөзгө сындырмак болот. Бирок, ал сөз багытын аял жаатына буруп, чоң жаңылыштык кетирет.

Калмырза:

Алтын ооз дарбаза,
Ачканыңбы Найманбай,
Катын жагын кеп кылып,
Шашканыңбы Найманбай –

деп, күнөөнү ары акындык, ары улуулук нусканы сактабаган Найманбайга оодара келип, аялынын абийирин айрандай төгөт. Ар бир сөзү курч айтылып, көпчүлүктүн күлкүсү менен коштолуп, айтышта жеңип чыгат. Беттешүүдө алдырып, жана олжо бөлүштүрүүдө оозго алынбай ыза болгон Найманбай Калмырзага кайрылып:

Саадагым чаян чок беле
Жамагым сенче жок беле,
Арча, көмүр өчүрүп,
Алып турган чагымда,
Барып турган чагымда,
Жоолугум чаян чок беле,
Жомогум сенче жок беле –

деп, капа болгондо акын өнөрлөшүнүн көңүлүн көтөрүп, «Наяке сизден да кетти, менден да кетти» – деп бир ат мингизип, чыгарган экен[32]. Дегинкиси ал Найманбайды чоң акын катарында баалап, «чалкыган көлгө»[33] теңөөчү дешет. «Найманбай ыры – деген экен Калмырза – Ысык-Көлдөй, биздин ырлар туура суудай»[34].

Калмырза казактын Сарбас (Тилеули) аттуу акыны менен да айтышат. Чыгарма анчалык көлөмдүү эмес, табышмактуу суроо-жооп иретинде айтылып, экөөнүн акындык кудурети, сөз устаттыгы, каршысынын табышмагын дароо жандырып, сөз таба билүү чеберчилиги сынга түшөт. Мында бири-бирин кордоо, каршысынын ата-тегиндеги, урук-туугандагы, жеке керт башындагы жаман жактарын чукуп айтып шылдыңдоо, кезегинде өзүнүн уруусун, акындык дарамети, өз керт башын, жээк-жергесин көтөрө

чалып мактап, каршысын кемсинтүү сыяктуу көпчүлүк айтыштарга мүнөздүү көрүнүш орун албайт. Бул ириде табышмактуу айтыштын айтылыш, түзүлүш структурасына, жанрдык өзгөчөлүгүнө байланышат. Анткени, табышмактуу айтыш акындын сүрөттөө объектисин кеңейтип, тармак жайып кетүүнү талап кылбайт. Суроого карата жооп берүү, жандырмагын жандыруу негизги шарт болуп, айрыкча тактык, логикалык жыйынтыктуулук, ойдун ыкчамдыгы, кыскалык талап кылынат. Ушул өзгөчөлүгү менен айтыштын татаал формасын түзөт. Калмырза менен Сарбастын беттешүүсү эки элдин ортосундагы чыр-чатак басылып ынтымакташып калган мезгилде өтөт. Айтыш кыргыз тараптан Шабдан, Байтик баштаган манаптар, казактан Ногойбай, Бөлтүрүк чечен, Кебекбай ж. б. отурган топто өтөт. Эки элдин билермандары эки акынды айтыштыруудан мурун: «Экөөң да эки элди жамандабай, казак, кыргыздын көптүк, аздыгын, байлык, мартабасын, жоо чапкандыгын айтпай ырдашкыла» – деп шарт коюшат. Беттешүүдө Калмырза таасыккан акын болуп, Сарбас жаңы ырдай баштаган жаш жигит экен. Ырды Калмырза баштап, айтыштын калыс, табышмактуу түрүнө өтөт:

Ок жалындай ышкырган,
Белине кылыч кыстарган,
Кандын уулун кошо алып,
Кабакты чапкан билдиңби?
Төрөнүн уулун жанга алып,
Төбөнү чапкан билдиңби?
Эки ажыдаар бир келип,
Ийинге кирди билдиңби?[35]

Алматынын бооруна
Сары нар чөктү билдиңби?
Узун жыгач башына
Ак шумкар конду билдиңби?[36]

Калмырзанын табышмагы акындар айтышында колдонулуп жүргөн салттуу мазмундун, көркөм каражаттын чегинде эмес, казак, кыргыздын реалдуу тарыхынан, турмушунан алынып, конкреттүүлүгү менен айырмаланып,

айтыштын өзгөчө татаал формасын түзөт. Муну Сарбас да дароо түшүнүп, жандырмагын туура таап кетиши менен угуп отургандардын купулуна толот:

Ок жыландай ышкырган,
Белине кылыч кыстарган,
Төрөнүн уулун кошо алып,
Төбөнү чапкан дегениң,
Казактан чыккан Норузбай,
Кененсары болбосун
Кандын уулун каршы алып,
Кабакты чапкан дегениң,
Кыргыздан чыккан Орман кан,
Карабек Жантай болбосун,
Эки ажыдаар бир келип,
Ийинге кирди дегениң,
Таттуу болдуң бул күндө
Казак, кыргыз болбосун.

Калмырзанын «Алматынын бооруна сары нар чөктү, узун жыгач башына ак шумкар конду, жер ортосун өлчөп тузак курду» – деген табышмактары ошол кезде кыргыз, казак жергесине орус падышачылыгынын бийлиги орношу менен калктын турмушуна кирип жаткан ар кандай өзгөрүүлөрдү өз ичине алат. Бул Сарбастын чечмелешинен ачык көрүнөт. Угуп отургандар экөөнө тең ыраазы болуп, бир тогуз байгени тең бөлүп берген экен.

Маалымдоочулардын кабарына, кызы Закинанын колундагы маалыматтарга караганда, Калмырзанын жаштык курагы Олуя-Ата, Мерке жана Талас өрөөнүн кыдырууда өтүп, өз элине акын катарында таанылып калганда келет. Алгач бир ашта Шабданга жолугуп ырдаганда 25 жашта болот. Бир кабарда карызга белчесинен батып, айласы кетип турганда «сени бир кутултса Шабдан кутултат» – деп, казактын Эсперген деген азис акыны ээрчитип келип, Шабдан топ ичинде отурган жеринде алгач өзү ырдап, Калмырзаны сүрөөнгө алат[37]. Калмырза өз элине көчүп келгенден кийин да казак жергеси, казак акындары менен байланышын үзбөйт. «Эшмамбет менен ырдашканда казакка барып ырдаштым, канчасы менен сырдаш-

тым» – деп өнөрлөшүнүн өзүн сыйлабай өктөмдүк кылгандыгына наразы болот. Бизге белгилүү фактыларга таянганда Калмырза менен Жамбыл өтө жакын достордон болуп, нечен аш, тойлордо тизгиндешип бирге ырдашып жүрөт, бири-биринин чыгармачылык дараметин жогору баалайт. Шабдандын ары өнөрлөшү, жаш жагынан бир топ кичүү болсо да жан курбу Калмырзанын табышмактуу ажал таап, жар чакырууда орду жоктолуп отурушуна зээни кейип, кабатыр болгон көрүнөт. Жамбылдын 90 жылдык маараке тоюнда Алымкул эскергендей, «бирге ырдашып жүргөн» жан шеригин эстеп көңүл чөгөрүүсү Шабданды жоктоо сунда чагылышкан сыяктуу[38]. Жамбылдын Калмырзанын чыгармачылыгын аздектөөсү карт акындын 90 жаш курагында да өнөрлөшүнүн ырларын эстен чыгарбай, жатка айтып отурушу менен бекемделсе, Калмырзанын:

Жамбылым жаз жамгырдай нөшөрлөйсүң,
Ак шумкардай бийик учуп көкөлөйсүң,
Карача нардай калдайып көрүнөсүң,
Ак тулпардай жылкы ичинен бөлүнөсүң,
Калмырзанын калжыңын билбейт белең,
Неликтен жаш балача өпкөлөйсүң[39] –

деген сөзүндө Жамбылга болгон урмат, сыйы, чыгармачылыгына берген баасы камтылган.

Казак жергесин көп аралагандыгынанбы, ырдаганда текстке казак сөздөрүн кошуп жиберген учурлары арбын. Казак калкы да анын акындыгына баа берген. Буга мисал. Ата мекендик согушта Жамбылдын уулу Агадай каза таап, карт акын кайгыга чөмүлүп отурганда Кенен: «Сүйимбайдын, кыргыз Калмырзанын естиртү, жоктау»[40] сөздөрүнөн айтып, көңүл жубаткан экен. Кенен «Менин устаздарым» – деген ырында Сарбас, Шашубай, Шолак сыяктуу казак акындарынын катарында Калмырзаны өзүнүн устаты катары айтат.

«Кыргыздан Токтагул мен Калмырзасы
Элиртип акетти жыры менен»[41] –

деп, алардын өзүнүн чыгармачылыгына урук чачкандыгын сүймөнчүлүк менен эскерет. Демек, Калмырзаны Ы.

Борончиевдин «казак, кыргызга бирдей таанылган кара жаак ырчы» катарында мүнөздөмөсү негизсиз эмес.

Калмырза менен Барпынын айтышы айрыкча түштүк жергесине кеңири тарап, варианттуулукка өткөн. Борбордун Кол жазмалар фондусунда бир нече нускасы сакталууда[42]. Чыгарма бир кылымга жакын мезгил оозеки түрүндө жашап келгендиктен, алымча, кошумчага учураган. Барпынын өзүнөн эки жолу катталган[43]. Бирок, ал акын болгондуктан, айтыш өзүнүн алгачкылыгын өзгөртпөй сактап калды деп айтуу да кыйын. Эч качан акын бир айтканын экинчи жолу сөзмө-сөз кайталабайт. Бул практикада аныкталган эмес. Бирок, мында бир белгилей кетүүчү нерсе айтыш өзүнүн жашоо процессинде алымча-кошумчага учурап кеңири чечмеленип, ой жагынан толукталгандыгына, стилдик айырмачылыктарына карабастан, өзүнүн алгачкы өзөгүн көп өзгөрткөн эмес, бул колдогу нускаларды салыштырып, текстологиялык тактоо жүргүзүүдө ачык көзгө түшөт. Айтышта Барпынын сөздөрүнүн көлөмү кеңейип, көркөмдүгү жагынан арткандыгы кийин да акындын өзү тарабынан көп кайталанып, аткарылып жүргөндүгүнө да байланышса керек.

Ушул жерде бир белгилей кетүүчү маселе өткөндөгү акындарга мүнөздүү бир жакшы касиет, биринчиден, алар бул же тигил чыгарманы үйрөнгөн ырчынын ысмын ар дайым сүймөнчүлүк менен эскерет, жеке өзүнө гана ыйгарууга аракеттенбейт. Бул салттуу көрүнүш башатынан баштап, кийинки муундарда да уланып келген. Экинчиден, жеңген же жеңилген акын кийин-кетки өнөрлөшүнүн беделин түшүрүп өзүн көтөрмөлөө сыяктуу жаман адаттан алыс болгон. Буга Эсенаман менен Жеңижоктун, Чөжө менен Жаныштын, же Калмырза менен Барпынын бири-бирине жасаган мамилеси ачык мисал. Мындай жагдай Калмырзанын чыгармачылык өмүрүндөгү конкреттүү фактылар менен да аныкталат. Жогоруда сөз бийиктигин түшүнгөн Калмырза Чоңдунун курч айтылган жообунан кийин эле айтышты узартпай токтотуп, үстүнө нооту чепкен жаап, өнөрлөшүн урматтагандыгын билдирет. Чоң жыйында Калмырзадан жеңилип, бедели түшүп ыза болуп

турган Найманбайдын көңүлүн көтөрүп, ат тартуулайт. Барпынын талантын Калык менен ырдашкан учурда:

«Алла таала кудурет,
Амириңе биз үмөт,
Көзүн алып сөз берген,
Көкүрөккө эш берген» –

деп, жогору баалайт. Барпы да Калмырзанын сөзүнүн изине салып, кыйын абалдан чыгып кеткендигин, чоң акын менен айтышуудан чыгармачылык канагаттануу алгандыгын айтуучу экен. Айтыштын кийин Барпы тарабынан көп аткарылып, башкалар да айтып, алымча-кошумчага учурагандыгына карабастан, каршысынын сөздөрүн төмөнкү баскычка түшүргөн эмес, өз деңгээлинде сактап калган. Бул акындын өз оозунан жазылып алынган айтыштын текстинен ачык байкалып турат. Ушул эле касиет Калмырза жашап, ырдап өткөн аймактан табылып, Кабай Абдыракман уулу тарабынан кагазга түшүрүлгөн нускада да сакталган. Барпынын сөздөрү курчтугун жоготуп, өз деңгээлинен төмөндөгөн эмес. Ал эми жогорку жагдай өткөндөгү акындардын өз өнөрлөшүнө, анын чыгармачылыгына ары калыс, ары камкордук менен мамиле жасаган аруулугун айкындаган фактылардан болуп, кийинки муундарга үлгү, өрнөк калтыра турган көрүнүштөн. Бирин жеңип, экинчисинен жеңилип калгандыгына карабастан, колдогу материалдарга таянып, Калмырзаны айтыш өнөрүнүн ири устаты деп эсептөөгө толук негиз бар. Анын ушул эле Барпы менен айтышын алалы. Айтыш курч мүнөздө өтүп, жанрдык жагынан салттуу айтыштын эпикалык же сүрөө айтыштык түрүнөн кескин айырмаланып турат. Сөздөрү кыска, ою жыйынтыктуу келип, артка чегинип, өткөн кеткенден ой жүгүртүү сыяктуу баяндоонун эпикалык ыкмасы басымдуу эмес. Форма жагынан айтыштын алым сабактын түрүнө окшошуп турганы менен анын чегинде калбастан, мазмуну кенен, багыты ар тараптуу, юмор, шылдың, күлкү басымдуулук кылат. Айтыш Кетмен-Төбө өрөөнүндө, Өтөмбайдын ашында, 1900-жылдардын тегерегинде өтөт. Айрым маалымдоочулар ашты Шоруктуку десе[44], бир кабарда өткөн жылы катарында 1916-жылды

көрсөтөт[45]. Калмырзанын 1910-жылы өлгөндүгүн эске алсак, жогорку датанын калпыс экендиги өзүнөн өзү аныктала калат. Аш Өтөмбайдыкы экендиги Барпынын өзү тарабынан да бекемделет. Калмырза Барпыны айтышка өзү чакырып, өнөрлөшүн жооп берүүгө аргасыз кылат. Ал ырдын текстиндеги фактылар жана Калмырзанын Калык менен айтышкандыгы өз сөзү менен бекемделет.

Калмырза:

Бээжин алыс жол бери,
Беттешели кел бери,
Ындыстан алыс жол бери,
Ырдашалы кел бери,
Буту-колуң талкалап,
Сындырамын мени сени,
Ашка, тойго кыдыртпай,
Тындырамын мен сени.
Куткунуң боосун бек байла,
Кубалашмак ойнойлук.
Атыңдын белин бек байла,
Аңтарышмак ойнойлук,
Жылооңду бек тарткын,
Ат жарышмак ойнойлук[46] –

деп, баштаганда эле жаш ырчыны демитип, катуу чабуулга өтөт, Чоң акындын капыстан өзүн беттеп ырдап калганына Барпы алгач апкаарыган көрүнөт. Анын үстүнө өзүнөн улуу өнөрлөшүнүн алдында ызаат кылып:

Ары жок адам айтышат,
Бети жок адам беттешет –

деп тарткынчыктайт. Бирок, Калмырза токтоп калбастан, анын азиздигин, анжыяндыктардын жашоосун, турмуш тиричилигин, салт санаасын шылдыңдап ырдаганда Барпы да чабуулга өтөт. Каршысынын изине салып, ар бир сөзүнүн алдын тороп, курч жооп берип отурат.

Калмырза:

Оң көзүңдү оемун,
Сол көзүңдү соемун,
Сокурайган көзүңө
Далпараң баса коемун[47] –

деп, курч айтып, сөзгө сындырууга аракет кылса, Барпы анын сөзүн кайталап келип, сокур көздүн дарысы табылса, үйдөгү кыз-келиниңе айгыр салып, менден бир «чекир кулун алып кал, мен кеткенде чекчейтип минип аласың» той тамашага барасың, – деп шылдыңга алып, күлкү чыгарат. Калмырзанын анжыяндыктардын базардан өлчөп эт, май алып, эптеп оокат кылышын, мейман күтүүдөгү кунарсыздыгын шылдыңдашы да бир топ курч чыгат. Барпы да өз жергесин, анын адамдарын, каада-салтын балапан баскан тооктой коргой келип, аркалыктарды жамандоодо каршысынан ашып түшөт. Биринин артынан экинчиси түшүп «урайын» деп сабалап отуруп, көлөмүн кеңейтип жиберген жерлерин (түндүк вариантынан орун албагандыгына караганда кийин кошулган кошумчадан болушу да ыктымал) көңүлгө албаганда айтыштын аймагына кирбей, суроо-жоопсуз калып, максатсыз айтылган бир да ыр сабын табуу кыйын. Бул чыгарманын көркөм сөздүн ири чеберлери тарабынан түзүлүшүн ачык айкындап турат. Айтыш бирөө табышмак айтып, экинчиси жандырып жаткандай туюлат. Барпынын сөзү курч чыгып, күлкүнү көбүрөөк чыгарып, жеңип кетет. Калмырза болсо жаш өнөрлөшүнүн жаркын талантын баалап, калк арасында аңыз сөз кылып айтып жүрөт.

Ал эми Калмырза менен Эшмамбеттин айтышы куйрук, жалы төгүлүп көз жоосун алып, чайпалып келе жаткан жорго салышты элестетет. Төгүлгөн уйкаштык, бирине бири кыналышкан суроо-жооп айтыштын көркөм сөз чеберлери тарабынан түзүлүшүн ачык айкындап турат. Сөз эки акындын айланасында гана жүргөндөй көрүнгөнү менен ырчынын коомдо алган орду, материалдык ал абалы жөнүндө да маселе козголот. Маалымдоочунун кабарында[48] эки акындын беттешүүсү 90-жылдардын тегерегинде Кетмен-Төбөдө Караталдын айлында өтөт. Айтыштын чыгышына Калмырзанын манаптын айлына барып калышы (ал мурун-кийин да көп барып жүргөн экен), Эшмамбеттин назар салып, көңүл бөлбөй коюшу себепчи болот. Айтыштын өзүнүн багыты боюнча табышмакка өтө жакын. Мында да каршысынын ар бир сөзүнө жооп берүү, жандырмагын жандыруу талап кылынат. Айтыш

андай багытта жүрбөсө, өз максатына жетпей, угуучулардын купулуна толбой калат. Акындын күчү, талант өлчөмү каршысынын сөзүнө кандай жооп кайтарат, ошого карата бааланат. Экөөнүн айтышынан акындар айтышына таандык ушул касиет толугу менен көрүнүп турат. Мында да сөздү Калмырза баштап, Эшмамбетти Таластан тентип келдиң, теңкейе турган жөнүң жок – деп, тегин терип ырдайт. Эшмамбет өз кезегинде «Таластан тентип келсе», Кетмен-Төбөдөн теңдик, коргон тапканын айтып, орундуу жооп кайтарат. Ал Калмырзага эл аралап, оокат издеп, алиге тентип жүрөсүң – деп чалма ыргытат. Ага Калмырза:

Калк кыдырып Эшмамбет,
Жүргөнүмдү ырдайсың,
Кетмен-Төбө, Таласты
Көргөнүмдү ырдайсың.
Ырчынын сыны ыр болот,
Ырдап кеткен жерине
Ырыс менен кут конот.
Ырчынын жайын билбеген,
Ыркырашып сүйлөгөн,
Ырчы келсе сүйбөгөн,
Сага окшогон кул болот,
Базарга сатса пул болот,
Жүргөн жери чыр болот[49] –

деп, жооп кайтара келип, өз тегин, эл башкарган бегин терип ырдайт. Эшмамбет өз кезегинде анын кумар ойноп куругандыгын, чомун ойноп чоңкойгондугун, өзүнүн эки элдин эркеси болгондугун айтып, бир топ жүйөлүү кептин башын чатыйт. Калмырзага Эшмамбеттин өзүн бүтүндөй саруу, Кетмен-Төбө калкы урматтагандыгын айта келип:

Сага окшогон куу тумшук,
Кайда болсо катылып,
Карыса да жөн жатпайт,

Сандырактап катылып,
Санжыра күтүп жөн жатпайт, –

деген сөзү катуу тийген көрүнөт. Каршысынын догуна катыра жооп кайтарат:

Калк кыдырып жүрөмүн,
Кадырын калктын билемин,
Калпыс ишти көргөндө,
Катыра сүйлөп күлөмүн,
Калкыган башчы алдында,
Калтырап кетме жайың бар,
Аныңды жакшы билемин.
Эл кыдырып жүрөмүн,
Эл кадырын билемин,
Эсирип бирөө иш кылса,
Элире сүйлөп күлөмүн,
Эл башчысын көргөндө
Эңиле түшмөк жайың бар,
Аныңды жакшы билемин.
Эссиздик кылып Эшмамбет,
Эминеге элирдиң,
Мунун да жөнү бар экен,
Караталдын саркытын
Калтырбай ичип семирдиң.

Кыскасы, эки чоң акын бири экинчисине алдырбай, тизгин кагышып, сөз берметин төгөт. Экөөнүн тең тайлашып ит жыгылыш болгондугунан болуу керек, угуп отургандар айтышты токтотуп, эки акынга тең ыраазылыгын билдиришет.

Тургуналы Жолоев Сарпек болуштун ашында Калмырза менен Эшмамбеттин айтышканы жөнүндө маалымат берип, анча көлөмдүү эмес текстин жазып, Академиянын Кол жазмалар фондусуна тапшырган[50]. Кылдат көз жүгүрт-сөң, айтыштан Калмырза менен Эшмамбетке таандык курчтук, куюлушкан уйкаштык, сөз берметин терген усталык байкалбайт. Ошондуктан белгилүү өлчөмдө болсо да Калмырза же Эшмамбеттин акындык өнөрканасынын өзгөчөлүгүн, айтышуудагы ыкмасын чагылыштырып турган нускасын эл арасынан издеп-тастыктоо милдети турат.

Калмырзанын Калык менен айтышы анын акындык дарамети, басып өткөн өмүр жолу, чыгармачылык чөйрөсү калктын калың катмары кара пайым адамдарга жасаган мамилеси жөнүндө ачык маалымат берип турат. Акындын

Калыкка айткан кеп-кеңешине караганда анын нускоочулукка баш коюп калгандай түрү бар. Калмырзанын сөздөрү ары таамай, ары терең айтылып, анын үстүнө бир кылка уйкаштык шурудай тизилип, көркөм сөздүн үлгүсү катарында тыңшоочуларды суктандырат. Жаш өнөрлөшү да орундуу ырдап, чоң акындын купулуна толуп, көңүлүн жибитет. Калмырза айтыш жанрынын ар түрдүү түрлөрүн түзгөн: алым сабак-кайым айтыш, табышмактуу айтыш, сүрөө айтыш. Айтышкан учурда шылдың, күлкү, куйкум, какшыкты кеңири пайдаланган. Ушул өзгөчөлүгү менен айтышты жандандырып, тыңшоочулардын көңүлүн өзүнө бурган.

Кабарчылардын айтымында чоң эпикалык чыгармаларды аткарбаганы менен «Буудайык», «Ак Мөөр», «Качкан кыз», «Кыз Жибек», «Муңдук Зарлыкты» аткарып жүрчү экен. Шабдандын балдары Мөкүш, Самүдүн, Кемелдердин өмүр баянын, үй-бүлөсүнүн тарыхын жакшы билгендигинен болуу керек, «Качкан кызды» «катыра айтуучу деп атабыз эскерчү эле» – дейт Бакыбалий карыя. Буга караганда, Калмырза «Качкан кыздын» алгачкы авторунан болушу да ыктымал. Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасындагы кыска маалыматка таянсак, «Ак Мөөрдү» башкача мазмунда айткан көрүнөт. Кыскасы, Калмырзанын чыгармачылыгынын ушул тарабы али ачыла элек бойдон. Эгерде Насирдин Ботой уулунун өздүк архивинде сакталган материалдар толук колго тийсе (айрымдары түзүүчүгө тааныш), али айтыла турган сөз алдыда.

Калмырзанын качан, канча жашынан баштап ырдагандыгы тууралуу маалымат жок. Ошондой эле бул акынга таасирленген деп бирөөнү көздөп айтуу да кыйын. Эл арасында эжеси ырчы болгон экен деген сөз бар. Жаш кезинде Найманбайга кошулуп, ырдашып жүргөн учуру болуптур. Чонду, Көчүбай, Эсенаман, Сыртбай, Жамбыл сыяктуу чоң акындар менен баарлашып, кези келгенде айтышка да түшөт. Сагымбай, Куйручук менен таттуу мамиледе болгон сыяктуу. Экөөнүн Калмырзаны тамашалап, соогат сурап ырдагандыгы белгилүү.

Жыйынтыктаганда Калмырза айтыш өнөрүнүн ири устаты болгон. Салттык ырларды зор чеберчилик менен ат-

карып, калктын калың катмарына ушул өзгөчөлүгү менен таанылган. Салттык ырдын кордоо, мактоо сыяктуу түрлөрүн көп жараткан. Ыр жаратууда жамакчылык ыкма басымдуулук кылат. Калк анын акындыгын, аткаруу чеберчилигин жогору баалап, «кара жаак» деген ардактуу наамды ыйгарган. Бирок, өз чыгармачылык өмүр жолунда коомдун социалдык маңызын, багытын терең түшүнүп, туура талдай албай калган учурлары болгон. Албетте, акындын социалдык жеке көз карашынан, позициясынан орун алган жогоркудай чектелгендик анын көркөм сөздүн ири чебери, устаты экендигин жокко чыгара албайт. Ырчылар акындар поэзиясынын тарыхында белгилүү орунду ээлеп турат.

### *ПАЙДАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1268.

[2] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1057, 318-б.

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 215.

[4] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 215.

[5] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 678.

[6] Ошондо.

[7] Түзүүчүнүн өзү жыйнаган материалдан (Калык менен Калмырзанын айтышынан.)

[8] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 555.

[9] Ошондо. Инв. № 678.

[10] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 555.

[11] Ошондо, Инв. № 555.

[12] Ошондо. Инв. № 555.

[13] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 647., 1-дептер.

[14] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 215.

[15] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 650.

[16] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 654.

[17] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 555.

[18] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 650.

[19] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 542, 555.

[20] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 555 (бир канча кабарчыдан үзүндү түрүндө кааттталган.

[21] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 697. – п. 62–63-б.

[22] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 678

[23] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 678, 2 п. (Бул материал боюнча тегирменчинин аты Ташболот делет, калган бардык маалымдоочулар Ташмат бай атагандыктан, ошол боюнча алдык – Б. К.).

[24] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 646.

[25] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 592.

[26] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 550, 555.

[27] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 555.

[28] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 650.

[29] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 555.

[30] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 56.

[31] Жогорку ыр түрмөктөрү Чолжуев Арпачынын айтуусу боюнча алынды, ал кочкорлук чертике уругунан чыккан Рысмендеев Акматтан үйрөнгөн экен, андан Жангигит Казакбаев жазып алган. Кол жазмалар фондусу. Инв. № 650.

[32] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 650.

[33] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 555.

[34] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 619, 3-дептер.

[35] Сарбас менен Калмырзанын айтышын 1928-жылы Кенен Азербаев тапшырган, Казакстандын ортолук илимий китепканасынын кол жазмалар фондусунда сакталууда, 1923, 22–25-бб. Көчүрмөсү Кыргыз Улуттук илимдер Академиясынын Манастаануу борборунун фондусунда да бар. Инв. № 670.

[36] Түп нускасы казак тилинде; Маалымдоочулардын кабарына караганда Калмырза казак арасында көп жүрүп, казак тилин жакшы билүүчү экен. Ошондуктан, казакча ырдаган көрүнөт.

Түзүүчү тарабынан кыргызчага которулуп берилди.

[37] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 555.

[38] Жамбылдын Шабданды жоктоосу 1976-ж. Түзүүчү Токтонаалы Шабданбаевден жазып алган, ал Осмонкулдан угуптур.

[39] Жогорку маалымат Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасынан алынды.

[40] *Бегалин С.*, Тажибаев Э., Ритман-Фетисов М. Жамбыл, Алматы, 1946. 65-б.

[41] *Эзирбаев Т.* Тандалмалы шыгармалар. – Алматы, 1974. 24-б.

[42] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 638 (5276) Т. Рыскелдиевден Т. Абдракунов жазып алган. Сабыров Кийикбайдан, Супатаев Макенден (Инв. № 604) Пирманов Алиден (Инв. № 638 (5276) М. Зулпиев тарабынан катталган. Р. Алтыбаев Барпынын өз оозунан жазып алган (Инв. № 599 (5237).

[43] Ошондо. Инв. № 188 (399).

[44] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 604

[45] Ошондо. Инв. № 599.

[46] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 599.

[47] Ошондо.

[48] Абдырасул Алымкулов карыянын айтуусунда, түзүүчү тарабынан жыйналган материалдан (толук маалымат илимий түшүндүрмөдө берилет).

[49] Түзүүчүнүн өзү жыйнаган материалдарынан. Айтыш Абдырасул карыядан алынган.

[50] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 646.

## ЭШМАМБЕТ БАЙСЕЙИТ УУЛУ

Төкмөлүк өнөрдө ырчы тубаса таланты, ырдоо ыкмасы, төгүп жиберүүдөгү чеберчилиги, жагымдуу үнү өңдүү өзүнө жекече тиешелүү артыкчылыктары менен элге алынып, бааланып келген. Кыргыз ырчыларынын ичинде көзүнүн тирүүсүндө эле атагы катуу чыгып, көзү өткөндөн кийин төкмөлүк даңазасы ого бетер күчөп, легендарлуу мүнөзгө өтүп айтылып келаткан улуу ысымдын бири Эшмамбеттики.

Бирок, Эшмамбет «ак таңдай ырчы» делип чоң ырчылардын катарынан түшпөй ар качан айтылып келгени менен анын өмүр жолу туурасында маалыматтар эң эле сейрек. Өз убагында жыйналып алынбагандыктан, эң негизгиси, анын чыгармачылыгына атайы көңүл бурулбагандыктан нукура өзүнө таандык баалуу мурастары да (боор ооруурлук абалда) өтө аз. Ошол себептүү анын өмүр жолу дыкаттык менен тактоону талап кылат. Эшмамбеттин өмүрү, чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу С. Байкожоев акынды 1870-жылы туулуп, 1926-жылы өлгөн (айрым маалыматтар боюнча деген, Бирок, аларды так көрсөтпөгөн А. О.) деп берет. Токтогул менен Эшмамбет туурасындагы жазылган дээрлик маалыматтарда экөө ага-инидей жүргөн курбалдаш акындар эле деп берилет. Акындар чыгармачылыгы боюнча маалыматтарды жакшы билген адис окумуштуу Ж. Таштемиров, «Ал Токтогул менен бирге ырдашып, кадимкидей тең өскөн курбу, бирге жүргөн замандаш экендигин»[1] жазат. Токтогулдан болгону эки жаш кичүү экендигин Эшмамбет өзү «Улуу элең эки жаш, убаңды так кылам»[2] деп айтат.

Ырчынын өлгөн жылы дагы талаштуу. Жогорудагы маалымат боюнча алганда Эшмамбет «эл ортону элүү» ку-

рагынан жаңы эле өтүп, 56 жашында өлгөн болот. Ырчынын жыйнагын барактаганда «Кадимкидей боло албай, картайып калган убагым»[3] деген өксүктүү тизмектер учурайт. Эшмамбет жашаган доордо адамдар «карылык» тuурасында алтымыш жаштан өткөндөн кийин гана сөз кыла баштагандыгы белгилүү. «Эшмамбетти 1928-жылы март айы ченде ырдаттым. Көңүлү сүйгөн жерге нөшөр төгүп, кыян каптагандай ырдайт эле. Үнү да бийик, укканды уютуп салчу. Чоңкодогу Кадыралы байдын Кара дегенинин кызын алган. Ал 1929-жылы жай башына чейин төшөккө жатып калат. Ак ичсе оңолуп кетээр, дешип кайындары, «Чечекти» жайлоосуна көчүрүп алышат. Ошондон көп өтпөй «Капкадан» Эшмамбет каза болот»[4] дейт, 1900-жылы туулган коммунист, Токтогулдун замандашы Малгараев Эсенгул. Муну Токтогулдун өлгөнүнүн 55 жылдыгына карата Жазуучулар Союзунун атынан Токтогул, Эшмамбет көп жүргөн Кетмен-Төбө, Аксы, Талас, Жалал-Абад аймагына атайы барып Тууганбай Абдиев 1988-жылы жазып келиптир. Анан калса өзүнүн «Алтымыш ашкым жок эле, алыскы жолду баштабай»[5] деген саптары да күбөлүк милдетти аткарып турат.

Демек, жогоруда келтирилген маалыматтарга таянсак, анда Эшмамбет Байсейит уулу 1866-жылы Талас өрөөнүнүн «Кырк-Казык» деген жеринде туулуп, 1929-жылы «Капка» деген жерде 63 жашында көз жумган. Атасы түбүнөн бери жарды-жармач адамдар болгондуктан Эшмамбет да эртелеп эле шорго малынып, азаптын түрүн көргөн экен. Малын багып жүрүп акы албай, кайра карызы күчөп эки тай болуп, байдын мынчалык кордогонуна чыдабай Кетмен-Төбөдөгү таякелерин беттеп качып кетет. Бул күндөрүн кийин Кетмен-Төбөнүн Ак-Чий деген жеринде ырдаган алгачкы бир ырында мындайча эскерет:

Көңүлгө салып айтайын,
Копо ажы деген байымды.
Он бир жыл малай жүргөмүн,
Оодарып койгон шайымды.
Убара тартып кой бактым,
Ууртабай ысык чайымды.

Убайым күндө ашынып,
Уу тили мага сайылды.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Жаз айы өтүп жай болду,
Жайкалган өзөн сай болду.
Калдайып жаткан Таластан,
Качырган мени бай болду.

Ырда башынан өткөргөн күндөрү, көп жылдап тарткан азабы, туулуп өскөн ыйык жеринен эмне себептен кетүүгө аргасыз болгондугу толук чагылдырылган. Эшмамбет бул таржымалын андан ары улантып Копо ажынын үй-бүлөсүнүн адамга окшоп ырга ынап, сөзгө маани бербеген дөдөйлүктөрүн берегиче келтире сындайт:

Копо ажы конок дөңдөгү,
Күлайым саба төрдөгү.
Көшүлүп далай ырдадым,
Кошокчу жандай көрбөдү.
Өпкөсү, башы болбосо,
Өлүктөй экен көрдөгү.

Бир карасаң, туулган эли-жеринен алыстап, Эшмамбеттин ар кай жерде өмүр кечирип калышына ушул кесепеттүү бай жана каралашаар тууган уругу жок өзүнүн жалгыздыгы себепчи болгондой. Ырына караганда Эшмамбет ошол кой артынан жүргөн мезгилинде эле өз арманын, жокчулуктун азабын жамакташтырып ырдап калган. Алгачкы ырларынын бири «Жокчулукта» байдан ыза, байбичеден кордук көрүп, курсагы тоюп, көңүлү өспөй жүргөн ошол унутулгус күндөрү баяндалган.

Эшмамбеттин балалык чагы ар кыл өнөргө бай эл шайырларынын, элдик оозеки чыгармачылыктын гүлдөп турган дооруна туш келген. Ал алгачкы таасирлерди ошол жактан алган. Бирок, жердигинен зээндүү болгон. «Акындыкты бирөөдөн алганым жок паралап» деген өзү. Сөзгө сөздү жамап ырдай баштаган жаш талапкердин жамак ырга эркинче көнүгүүсү үчүн кайра ошол ай талаада жүргөн жалгыздыгы (атайы шарт түзгөндөй) чоң олжо болгон. Ошентип, анын өз бетинче жамак ыры алгач «койчулуктан» башталган.

Бирок, ар өнөрдүн башаты баштагылар чыйыр салып кеткен даяр салттуулуктардан түптөлөт. Ошол салттуу жолдорго салып багыт таанып, өз алдынчалыкка көнүкмөйүнчө өз изине түшүү кыйын. Ушундай абалында Эшмамбеттин мүдүрүлбөй шыдыр ырдаган ырчылык жолго түшүшүнө Токтогулдун көмөгү чоң болуптур. Бул туурасында өзү айтат:

Бир күнү уктум элдерден,
Булбулдун анык кабарын.
Беш-Ташка Током келиптир,
Бейиштей кылып кабагын.
Бейпилдүү акын жан экен,
Берилип уктум сабагын.
Ошондон баштап бир болуп,
Оң-солго кетти кабарым[6].

Токтогулдун даңазалуу шакирттеринин биринчиси ушул Эшмамбет. Ал кездеги өнөрү жаңы чыга баштаган өнөрпоздорго Токтогулдун арбын кырлуу, ары күйүмдүү устаттык өрнөгү көп тийген. Андыктан даңазасын алыстан угуп, кыргыз жергесинин ар жеринен обон, күүнүн, ырчылыктын жөнүн үйрөнгөнү жаш талапкерлер ага ар дайым барып турушкан. Тоголок Молдо, Калык, Барпы, Атайдын Токтогулга кездешүүсү буга далил. Минтип атайы өзүн издеп келген, же өзү жолуккан шакирттерине ал колдон келген жардамын эч убакта аябаган. Эшмамбетке да ал ошондой камкордук кылгандыгын Калык ырчы берегиче чагылдырат:

Кор жүрүп, койчулуктан жүдөп келген,
Эшмамбет кой кайтарып жүргөн жерден.
Куткарып карзын төлөп, аттап, тондоп,
Таңшытып таттуу сөздөн сабак берген[7].

Эшманбет Токтогулга жолуккан күндөн баштап экөө ар дайым элди аралап ырдашып, бирине бири эш болуп, ага-ини, кыйышпас адамдар катары ысык мамиледе калышкан. Ошентип, Эшмамбетти ар жыйынга ээрчитип жүрүп дасыктырып, ар нерсеге туура баа берген чынчыл, чоң ырчы кылган Токтогул болгон десек жүйөөлүү. «Жыйырма жашка толгондо аралаштым жыйынга» деген өзү. Демек, бул али Токтогул Сибирге айдала электеги мезгил.

Эшмамбет дагы устатын ар качан агынан жарылып урматтаган. «Токтогулду сагынып» аттуу ырында:

Кымбатты эстеп сагындым,
Кыялымды мас кылып.
Адырдан шамал басылса,
Ай нуру жерге чачылса,
Амандашар күн барбы,
Анык булбул асылга –

дейт. Бул ырдын Токтогул алыскы Сибирге айдалып кеткен мезгилде чыгарылгандыгы байкалып турат. Эки улуу ырчынын мынчалык жакын, ынактыгы, мүнөздөрүнүн гана өз ара шайкеш келишинде эмес, а барыдан мурда талант даражасынын бирин бири толуктап тургандыгында болгон. Экөө ээрчишип ырдаганда калкты зор рахатка бөлөп, таң калтыра ырдашкан. Анжиян, Кокон, Кетмен-Төбө, Таластагы чоң аш-тойлор бул эки ырчысыз өтпөптүр.

1898-жылы Токтогул жалган жалаа менен Сибирге айдалат. Эшмамбет үчүн мунун өзү орду толгус өксүк болгондугун анын ырларынан окуйбуз. Токтогулдай кайда барса шерик болуп, купулуна толгон чоң ырчы таппай жүргөн күндөрүнүн биринде ал атайы издеп барып Аксыдагы айтылуу Жеңижокко жолугат.

Эшмамбет Жеңижоктун күчтүү даңазасын башта эле угуп жүргөн, максаты өзү менен кол алышып көрүшүп, өнөрүн таануу, экинчи жагынан өзүнүн төкмөлүгүн сындатып көрүү болгон. Ошон үчүн ал:

Төрт аягы тең жорго,
Ташка салсаң тайгылбай.
Жолуңа түшөр бекемин,
Айтаар ойдон жаңылбай.
Анык бактым бар экен,
Аман көрдүм өзүңдү.
Унутпаймын эч убак,
Ушул учурашкан кезимди –

дейт. Буга жетик ырчы Жеңижок көрөсөмдүк менен берегиче жооп берет:

Эшмамбет ырчы болду деп,
Эшиттим эле жөнүңдөн.

Эми көрүп турамын,
Элирген балам, өңүңдөн,
Дубанды жарган күлүктөй,
Арышыңды мен көрдүм.
Арыбаган, талбаган,
Дабышыңды мен көрдүм.
Өнөрлүүдөн болупсуң,
Өзүмө өлчөп тең көрдүм.
Безилдеген тилиңден,
Бешенеңди кең көрдүм.

Жеңижоктун берген баасына караганда келечегинен көптү үмүттөндүрүп, Эшмамбеттин ошондо эле таскагы чыгып калгандыгы көрүнүп турат. Жеңижок Эшмамбетке ырчыны ар жерде ар кандай күтүүсүз оор сыноолор, айтыш-тартыштар күтүп турарлыгын, ошол себептүү ырчынын дайыма табында турушу жана ырчылыктын кадырына жете билүүсү парз экендигин, төкмөлүк өнөрдүн дагы башка мүлдө сырларын айтып келип:

Ааламдын сырын ачпасаң,
Акындык сенде жөн болбойт.
Ырысы жок ырчынын,
Ырларында төл болбойт.

«Биз экөөбүз кошулсак, түйүнүн ырдын чечебиз» деп, Эшмамбеттин келечегине ак жол каалайт. Ушундан улам, ал Жеңижокту дагы устаты катары таанып, аны ар убак ардактаган. Мындан кийин да экөө көп жолу жолугушуп, өнөр салыштырышкан.

Төкмөлүк өнөрдөгү алардын мүмкүнчүлүгү зор кудуретин, күчүн, чеберчилигин көрсөткөн – айтыш өнөрү. Айтышка көбүнчө жүрөктүү, өз күчүнө ишенген кыйындары түшкөндүгү белгилүү. Эшмамбет дагы көп ырчылардан ар тарабынан келген күчтүү төкмөлүгү, жогорку тенордогу үнү, өжөрдүгү менен дароо өзгөчөлөнүп, ошондойунан, көзгө ириде көрүнүп турган ырчы болгон. Корголдун эскерүүсү боюнча Эшмамбеттин келбети, мүнөзү, берегидей болгон: «Эшмамбет бойлуу, толук, кара сур өңдүү, айры сакал, көтөрүңкү жүргөн, үстөмөндөтүп ырдаган, үнүнүн бийиктиги, «челек радиодой» сакалы ычкыр кашатынан

өтүп турган». Ал эми Калык Эшмамбеттин ырчыларга сес көрсөтүп, жүрөгүнүн сары суусун алып ырдаган ырчы болгондугун айтат. Демек, бул мүнөздөмөлөр анын айтышкандан эч убакта качпаган, беттегенинен кайра тартпаган өжөр, ары катаал, эң негизгиси өз күчүнө ишенген ырчы экендигин күбөлөйт. Ушундай өзгөчөлүгү бар ырчы үчүн ал Калмырза, Нурмолдо, Найманбай, Барпы, Калык, Кара Курман өңдүү кыргыздын ири ырчылары менен айтышка түшкөн. Анын дагы бир катар айтыштары белгисиз бойдон калган өңдүү.

Ырчы алгач Токтогул менен алым сабак ырдашып жүрүп айтышка болгон өз чеберчилигин калыптандырган. «Эшмамбет менен Токтогулдун тойдогу тамашасы», «Токтогул менен Эшмамбеттин эшен-калпага ырдаганы», «Папы калпа» ж. б. ушундай айтыштардан.

Эшмамбет:

Аял, эркек чуулдап,
Артынан калбай жүр ошо.
Ак чапандуу, ак селде,
Тээ алдындагы койкойгон,
Ак боз ат минген ким ошо?

Токтогул:

Эркек, аял чуулдап,
Ээрчип калбай жүр ошо.
Алдына келсе сыйлаган,
Айгыр, чочко жыйнаган,
Алдаганы болбосо,
Акыретке барганда,
Эркечтей жолду баштаган,
Эч нерседен шашпаган,
Эшен деген пир ошо.
«Жанаттын кулпу менде» деп,
Жалпыны алдап жүр ошо.

Жоошбай, Куйручук, Карачунак өңдүү куудулдардын да эшен-калпалардын катыгын берип, акмакчылыктарын эл алдында ашкерелеген окуялары арбын. Көрсө, булар «эмчи-домчулук кылабыз, элди дин жолуна салабыз» дешкен болуп калк жашоосун ого бетер артка тар-

тып, келин-кыздарын бузуп, ооруп калганын ажалынан мурда өлтүрүп, баарынан зыяндуусу уруулар ортосуна, эл ичине чагым салып, не бир бузукулук иштерди кылышчу экен. Ошентип, сабатсыз карапайым элди бир жагынан мите курттай жеп келген бул «эшен-калпа» маселеси элдик маанидеги (Октябрь революциясына чейин) чоң проблема болгон. Калктын көйгөйүн жакындан билген эл ырчылары муну жакшы түшүнгөн. Эшмамбет дагы булардын ашынган амалдуу, куйту, эки жүздүүлүгүн ачып көрсөтөт. Токтогул өңдүү канчалаган бейкүнөө адамдардын Сибирге айдалып, дагы бирлеринин бай-манаптардан ыза көрүүсүнө дал ушулар себепчи болуп жаткандыгын минтип бетине айтат:

Айылга келген эшендер,
Ажына тийген кеселдер.
Уялбай ушак кылгандан,
Убайга түштү эчендер.

Анжияндык эшендер,
Айыкпаган кеселдер.
Ак таңдай Током баш болуп,
Айдоого кетти эчендер...

Ырчы оюн дагы тереңдетип, эшен-калпаларды айыкпас дарт «чечек» оорусуна салыштырып, буларга жергиликтүү манаптар ого бетер кошумча болуп аткандыгын билдирет.

Эшендер элдин – «чечеги»,
Эм-домун айта кетели,
Баткакка салган элдерди,
Бай-болуш мунун жетеги.

«Алым сабак» айтыштын татаал түрүнө кирет. Мында ырчы өз бетинче эркин ырдабастан айтышты баштаган ырчыга жараша анын оюн улантып, логикасын, ал түгүл ырынын уйкаштыгын бузбай, кайра улам тереңдетип кульминациялык чекитине жеткизе, ошол эле учурда атаандашынан эч калышпай ырдоосу шарт. Мындай айтышта негизги жоопкерчилик кийинки ырчыларга жүктөлөт. Эшмамбет дал ушул «алым сабак» айтышынын анык

устаты болгон. Бул жагынан чынында эле ага кыргыздын бир да ырчысы теңдеше албаптыр. Эшмамбеттин ушул артыкчылыгын билген үчүн экөөнүн айтыштарында айтышты көп учурда Токтогул баштап, соңун Эшмамбет ойдогудай кынаптаган. Экөөнүн элге белгилүү «Ак туяк» аттуу айтышы деле буга ачык күбө. Бирок, мында айтышты Эшманбет баштайт.

Бул айтыштын чыгыш таржымалы мындай. Токтогул сүргүнгө кетээрден алты ай мурун алтымыш козуга «Ак туякты» сатып алып, ал айдалып кеткенде аты Шайдылда деген манаптын колунда калат. Токтогул Сибирден келгенден кийин белдүү тууганы Кайназарга: «Ак туягымды Шайдылда минип жүрүптүр. Атты талашайын десем «түрмөдөн бошонду» деген кагазым жок, сен Эшмамбетти алдырып бер, экөөлөп ырдасак, эл-журт бар эмеспи, калыстыкка койсок, алып берээр» дейт. Кайназар Эшмамбетти Коңур-Өгүздөн чакыртып берет. Бул учурда Шайдылда чоң той берип жаткан болот. Аттиң! «Жартыга бүтүп, бүтүнгө буюрсун» деген ушул, алтымыш козуга алып, алты ай минбей Шайдылданыкы болуп турат» дейт Токтогул. Ошондо Эшмамбет айтышты:

Кулак сал, Шаке, сөзүмө –

деп баштап берет[8].

Анда Токтогул:

Башкача артык көрүнөт,
Баарыга маалым Ак туяк,
Токтогулдун көзүнө.

Эшмамбет:

Айылда болгон ушактан,
Токтогул айдалып кеткен бала эле.

Токтогул:

Алты тыйын төлөбөй,
Аркардай болгон Ак туяк,
Сага, алымга келген мал эле.

Эшмамбет:

«Кадырым журттан ашат деп,
Калкты жыйып, той бердиң
Кулак сал, Шаке, сөзүмө

Токтогул:

Кайберен сындуу Ак туяк,
Кайра айланып келеби,
Токтогулдун өзүнө?

Эки ырчы эсин оодарып бараткванда (ыр узак ырдалган болуу керек) Шайдылданын аргасы түгөнүп, «башка ат берейин» дегенде, Субан деген агасы: «Бир тайды аяйм деп, миң тайлык абийириң кетет» дейт. Элге салганда, эл кошулуп жаалап кетип, Ак туягы Токтогулдун өзүнө тиет. Токтогулдун Эшмамбетке абдан ыраазы боло:

Эшмамбеттин акындыгын карагын,
Артымдан ырдап малалап,
Көпчүлүккө уктуруп,
Ыраазы кылып салчы эле –

деп ырдаганынын жөнү ошол. «Малалап» ырдап кеткен соң, демек эч кандай «чаласы» калбайт.

Бирок, Эшмамбеттин бардык айтыштары эле Токтогул менен айтышындай сый, тамашалуу мүнөздө эмес. Ал замандагы ырчыларга өз ара жаатташып, бирине бири күч көрсөтүп, басынта ырдоо мүнөздүү болгондуктан, Эшмамбеттин Кара Курман, Найманбай, Калык ж. б. айтышкан бир катар айтыштары кордоо мүнөзүндө.

Найманбай экөөнүн айтышында Найманбай аны кемсинте:

Эртелеп сөздү элейсиң,
Эшмамбет деги не дейсиң.
Таластан качып жөө келген,
Таманы чор кедейсиң –

деп, жер-жеберине жетип кордоп туруп калат. Эшмамбет сөз жүйөөсүн, ыр түйүнүн мыкты чечмелей билген ырчы үчүн, алгач Найманбайдын өзүнүн тексиздигин далилдеп, ылайыксыз мактанган сөзүнөн кармап «Тайган болсоң итсиң да, ит болгон соң түгөнгүр, үрүп жүрүп бүттүң да» деп жакшы карыбай акылынан адашып, алжып бараткандыгын айтып, шылдыңдап, соңунда элдик ырчынын ардактуу титулу кандай болоорлугун берегиче таамай айтып жеңишке ээ болот:

Эл кадырын билбеген,
Эл сынына толо албайт.

Элдир-селдир сүйлөгөн,
Элге ырчы боло албайт.

Анығында, акындын түбөлүктүү, чыныгы бактысы – эл сынына толууда турат.

Акындар айтышынын эң татаал түрү – табышмактуу айтыш. Эшмамбет табышмактуу айтышта дагы өзүнүн чебер, күчтүүлүгүн көрсөткөн. Буга Барпы экөөнүн табышмактуу айтышы күбө. «Эшмамбет Курман, Бекназар менен Алтынайдын айтышы» да ушундай айтыш. Биз Барпы экөөнүн табышмактуу айтышына кайрылып көрөлү:

Барпы:

Кара тоонун баштарын,
Кар чалганы эмине?
Ак чокунун баштарын,
Нур чалганы эмине?
Житип кеткен жети атаң,
Бул эмине болуучу?
Желини сүттүү куу инген,
Бул эмине болуучу?
Узун-узун, узун жол,
Учуна жеткен ким экен?
Кыска-кыска, кыска жол,
Кыйрына чыккан ким экен?
Ачуу менен таттуунун,
Даамын алган ким экен?
Алыс менен жакындын,
Баамын алган ким экен?
Адамзаттын «жигит» деп
Наамын алган ким экен?

Албетте, табышмактуу айтыштарда деле баштатан келаткан салттуу окшоштуктар кездешет. Бирок, ошондо да ар айтыштын олуттуу өзгөчөлүк, кыйынчылыктары болбой койбойт. Табышмак катып айтышуу төкмөлөр үчүн эң опурталдуу, кыйын учур. Кээде, төгүп баратып жыбыратып айтып кеткен мынчалык көп табышмактарга ошол замат так жообун айткан төкмө ырчылардын кабыл алуу, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнүн ушунчалык шамдагайлыгына, капилеттен сөз, акыл таба билген чечендигине таң бересиң:

Кара тоо башын кар чалса,
Карган атаң эмеспи.
Ак чоку башын нур чалса,
Ал өз энең эмеспи.
Желип өткөн жел буура,
Житип кеткен жети атаң.
Желини катуу куу инген,
Өтүп кеткен өз энең.
Жерди жемире баскан чал буура,
Кызын берген кайнатаң.
Узун жолуң төгөрөк,
Учуна чыккан адамзат.
Кыска жолуң дөңгөлөк,
Кыйрына чыккан адамзат.
Ачуу менен таттуунун,
Даамын билген ашмачы.
Эл ичинде «жигит» деп,
Наам алган адамзат.

Математикалык эсептей болуп баарынын жообу туура чыкты. Эшмамбеттин төкмөлүк өнөрдө көп кездешчү ар кыл күтүүсүздүккө дайым даяр, жол тапкыч, сөзү оозунда, кандай табышмак катса да так жообун тайгылбай айтчу чечендиги ушул айтышынан эле айкын көрүнүп турат. Эшмамбет айтыш өнөрүнө ашкан чебер болгон. Ал беттешкен ырчысын аркасынан кубалап жүрүп айтышып, жеңмейинче демин басчу эмес экен. Анын ушундай көктүгүнө карап Токтогул ырчылардын «тулкарасы» атап, «ат үстүнөн Эшманбетке ырчы жетпейт» деген.

Ырчынын көп чыгармалары Токтогул менен бирдикте жаралгандыгына күбө болобуз. Бул, эки улуу ырчынын өмүрүнүн көбү тыгыз чыгармачылык катнашта өткөндүгүнүн да күбөсү. Экөөнүн эң жакын адамдардан экендигин ачык күбөлөгөн журтчулукка кеңири белгилүү чыгармаларынын бири «Эшмамбеттин Токтогулга Бууракандын белиндеги жолугушуусу». Токтогул кыйла жыл бою сүргүндө жүрүп, эли-жерин көрүүнү ак эткенден так этип эңсеп келаткан учурунда Эшмамбетке күтүүсүз жолугат. Ошондогу Токтогулду капысынан көрө калган Эшмамбет-

тин чексиз кубанычы анын ырынан эле таасын сезилип турат:

Көрөмбү деп жүрчү элем,
Көңүлдөш сендей теңимди,
Саламат көрдүм тирүүңдү…
Самадым эле Токтогул,
Сайраган булбул тилиңди,
Сагынып жүргөн Токомду,
Саламат көргөн күнүмбү?

Токтогул дагы аны көргөндөгү зор кубанычын жашырбай, Эшмамбеттен күткөн үмүтүн, өзүнүн азап, шорун баяндап келип, акырында ага болгон таарынычын мындайча билдирет:

Айдоого кетпес чагымда,
Аралашып бир жүрдүң.
Азапка башым малынып,
Айдалып жолдо түн жүрдүм.
Агайын, тууган дечү элем.
Эшмамбет, бөлөктүгүң билдирдиң.
Жакын туруп барбастан,
«Жалгызың аман барбы» –деп,
Жашып калган жүрөктү,
Жаңыртып кайра бүлдүрдүң.
Көңүлүн сурап койбопсуң,
Көңүлү муңдуу энемин.
Ичимде кайгы-зилди айтам,
Башымдан өткөн күндү айтам.
Аралашкан курбу элең.
Сага айтпай муну кимге айтам?

Токтогул Эшмамбетти эң ишенимдүү деген адамы катары сезгендиктен ага минтип таарынганы жөндүү. Бул чыгармада эки алп ырчынын жагымдуу жолугушуусунан башка Токтогулдун апасынын көзү көрбөй, баласы өлүп, жарсыз калган анын жеке кайгысы, ошол эле учурда Токтогулга окшогон далай бейкүнөө кыргыздардын трагедиялуу тагдырлары кошо баяндалган. Тарыхый мааниси бар айтылуу ушул ырдын эки варианты тең эки ырчынын даанышман акындар экендигин туюндуруп күчтүү чыккан.

Кийин Токтогул өзү Эшмамбеттин бөтөнчө бир жаралган төкмө экендигине басым жасап: «Мен Сибирде көп жүрүп кыргыздын обондорун унутуп кеттим эле, ырдасам орусча, ногойчо (татарча) ырдачу элем. Айдоодон келип, Эшмамбет менен учурашканымда кадимки обонум, ырчылардын үнү эсиме түштү. Бул ургандын ыры (Эшмамбетти эркелетип айтканы) күн жаап басылгандагы булуттай түрүлүп, түрүлүп чыгат экен»[9]– деп, ушул жолугушуунун тарыхый маанисин жогору баалаган.

Эшмамбет кандай тематикада болбосун жазбай төккөн нукура ак таңдай төкмөлөрүнүн бири болгон. Тоголок Молдо 1890-жылы Кетмен-Төбөгө атайы Токтогулду издеп келип, ага жолугуп, Эшмамбетти алгач көрүп, (бул учурда ал 23–24 жаштарда болгон) төкмөлүгүн берегиче баалайт:

Кара сакал Эшмамбет,
Кайнап турган кези экен.
Ар санаттан калтырбай,
Сайрап турган кези экен.
Адам уулу кемиткис,
Акындын анык өзү экен.

Ал эми Сибирден келаткан Токтогулга Эшмамбеттин дагы канчалык өсүп калгандыгы даана туюлган үчүн ал:

Мен көргөндөн канча өйдө,
Ашып калган экенсиң.
Алтын жаак, жез таңдай,
Ырчы болгон экенсиң.
Андай-мындай ырчыны,
Куучу болгон экенсиң.
Алты уруу жыйын топ болсо,
Асыл сөзүң чубатып,
Турчу болгон экенсиң –

деп ырдаган. Демек, Эшмамбетти өнөрүн улам өрлөтүп, бул улуу төкмөлүктүн төрүнө чейин көтөрүлгөн сейрек таланттардын бири десек төп келет.

Эшмамбет жер көрүнүшүн артылта сүрөттөгөн алп ырчылардан. Бул артыкчылыкты анын бизге жеткен бир, эки ырынан эле билсе болот.

Агыны токтоо дайрага,
Ар качан ак куу, каз конот.
Көк жашыл моюн өрдөк каз,
Көлбүшөт сууга нас болуп.
Кыйкуулашат кыргоолу,
Кызгалдактай кулпунуп.
Жашынмак ойноп жаткансыйт,
Жашырын жактан унчугуп.

Ырчы көзү көрүп, баамына учураган табияттын улуу кереметин чып-чыргасын коротпой, кандай көрүнүп турса, так ошондой элестүү калыбында ырга сала билет.

Асмандап учкан куштары,
Асмандайт тоонун учтары.
Асылды көрсөң мындан көр,
Аземдүү тура туш жагы.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Суу сурасам бал берген,
Суйкайган сулуу келини.
Сүйлөсө кеби угумдуу,
Сөзүнө денем эриди.

Мында эң кооз жерлерибиздин бири Алайдын адам тамшанаарлык көрүнүшү, ушундай керемет жерде жашаган кыз-келиндеринин көңүлдү көкөлөтүп эргиткен таасири, алардын «колунан суу ичсе бал бергендей татып», мунун баары акындын мелт-калт болуп турган сүйүүсү менен айкалыша өзүнчө эле экзотикага айланган. Ал эми Анжиян, Кокон, Ош жергесин аралап жүрүп, бул аймактын берекеси артылган касиеттүү, «багына оокат бышырган, баркы сонун эл» экендигин сегиз сапка толук сыйгыза айткан:

Көк жыгачтын башынан,
Каймак алган жер экен.
Куу жыгачтын башынан,
Куйрук алган эл экен.
Көк жыгачы май берген,
Көк талаасы чай берген,
Жер бетинде тирилик,
Жемиши мол, кен экен.

Эшмамбет бүткүл кыргыз жергесин түрө кыдырып, не бир кооз жерлерин, суусу мол атактуу жайлоолорун, ыңгайлуу төрлөрүн кыдырып көргөн жана анын баарын акындык зор эргүүсү менен кайталангыс кылып ырга сала билген төкмө үчүн:

Суусу ширин, чөбү бал,
Суналып жаткан бели бар.
Четинди менен Тегерек,
Тулаңын туяк тебелеп.
Жайлоонун болот алкымы,
Жайында жамгыр себелеп.
Ат-Ойнок, Арым алыскы,
Күлүктүн жеткен арышы,
Күңгүрөп аккан дайрадан,
Чыккансыйт комуз дабышы –

дейт. Эшмамбет табият кооздугун берилип ырдаган, айрыкча касиеттүү жерге энесиндей сый мамиле жасагандыгы «Касиеттүү жер эне», «Кеминим жердей жер экен», «Дыйкан сага береке», «Баарын берген жер эне» аттуу ырларынан эле байкалып турат:

Жан-жаныбар бардыгы,
Жер бетинде төрөлөт.
Мекен кылып анан да,
Мээнет менен көгөрөт.
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Ташып, толкуп жайында,
Дайрасы агат күлдүрөп.
Шамал чабат тоолорго,
Шагыл ташты сүргүлөп.
Томкорулбас ак карда,
Тоолор уктайт үргүлөп.
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Мунун баарын дүйнөгө,
Сен жараттың, Жер-Эне.
Ар бирине өмүрдү,
Сен тараттың Жер-Эне.

«Жетилсем десең эр жигит, Жер-Эненин бетин өп» деп жерге болгон улуу урматын билгизип келип, соңку тыя-

нагын мындайча чыгарат: «Аласасы келгенде, ала берет Жер-Эне. Алгың келсе ченебей, бере берет Жер-Эне. Айтсам ырыс кенчи Жер, Адамзат пендеге». Эшмамбеттин ойлорун терең тамырлатып мүлдө ааламды алаканына салып алгандай талдап айта билген ири ойчулдугун, төкмөлүк күчүн даңазалаган чыгармасы ушул – «Жер-Эне».

Эшмамбет санат ырдан алдына ырчы чыгарбаган төкмө болгон.

Жайлоонун көркү жай менен,
Жайылып жаткан мал менен.
Малдын көркү эл менен,
Элдин көркү жер менен.
Айлында акын болбосо,
Эл эрмеги ким менен.

Айрыкча санат-терме ырларын окуп отурсаң Эшмамбеттин жазбай салган жорголордой жаңылбай төккөн төкмө экендигине күбө болосуң.

Азамат көркү тер менен,
Асыл жер дыйкан эл менен.
Ак барчын тоодо айланат,
Алыска канат сермеген.
Ал дагы эрдик белгиси,
Айкашта намыс бербеген.
Ак чыны чайга мелтиреп,
Ак чайнек көркү дем менен.
Ак карлуу тоодо жайыты,
Аркарлар чубайт бел менен.

Төкмөнүн ар убак кайрылып, чечилип ырдаган тематикасынын бири – өмүр жаш. Бул багытта көп ырдаганы сезилип турат. «Өмүр жаш», «Балалык», «Карылык» өңдүү ырлар акындар тарабынан абалтадан бери эле ырдалып келаткан салттуу ырлар. Арстанбек, Эсенаман, Чоңду ж. б. дагы бул багыттагы мыкты ырлары белгилүү. Эшмамбет дагы «Балалыгында» эки жаштан алтымыш жашка чейинки өмүр белестерин чечмелеп келип (башкасын да айткан болуу керек) «карылыктын» каарын баяндоо менен «балалыктын» баасын туюндурат. Адамдын картаюусу менен өлүмдүн белгилери көрүнө баштаарын таамай айтат:

Картайганда адамга,
Өлүмдөн кабар үч келет.
Эттен кетип какаят,
Ээктен сакал агарат,
Ал өлүмдүн белгиси.
Эңкейсе белден күч кетет,
Эки колдон иш кетет,
Ооздон отуз эки тиш кетет,
Ал өлүмдүн белгиси.
Акбото белден кур кетет,
Айдай беттен сур кетет,
Айнектей көздөн нур кетет,
Маңдайдан чырак көз кетет,
Балдарга жакпай сөз кетет.

Өлүмдүн үч белгисин Арстанбек да жетик ырдаган. Бирок, Эшмамбет аны кең-кесири чечмелегендиктен, ар адамдын башына келчүүчү карылыктын негизги белгилери мында толук камтылган. Ал бул ырларды карылыкка моюн сунуп калган мезгилинде ырдагандыктан балалыктын алыс калганын «капкайда калды билинбей, карачы жолдун ыраагын»... деп туюндуруп, Бирок, балалык менен коштошуу кыйын экендигин, аны кыйбас адамындай жандуу көрсөтө минтип баяндайт «кашатка кетип баратып, кайрылып келип сурадың. Коштоюн деп ырымды, комузду кайра бурадым. Кадимкидей боло албай, картайып калган убагым». Ал эми «Жыргал доор» балалык кездин ажайып бир романтикалуу учурлары ырчынын ырында берегиче тизмектелет:

Жигиттик экен сүлдөрүң,
Жибектей сулуу сүйгөнүң.
Жыпарын жыттап серүүндөп,
Жыргалын көрүп дүйнөнүн.
Ал кезде баркын билбепмин,
Аралап тоонун гүлдөрүн.
Ак чөлмөк ойноп, көрчү элек,
Агарып таңдын сүргөнүн.

Бала кезинде ач, жылаңач кыйла жылдап малай жүргөндүгүнүн кесепетинен улам өмүрү өр таяп калган ке-

зинде көп ооруп, буга карылыктын каары кошул-ташыл болуп, ырчыны ого бетер чүнчүткөн окшойт. Карылыкты ал «талдардын тамырынан, аялдардын жууруп жаткан камырынан» да көрөт. «Адырдан жолукканда атып салбаган мергенчиге таарынат». Ошол себептүү «карылыкты – мылтыктын огунан, таш көмүрдүн чогунан күчтүү, кайда жүрсөң таап алган» чексиз кудуреттүүгө теңеп, эми кароолуңа мени алдыңбы?» дейт. Ушул жерден автор өзүн бүткүл эркинен ажырап бараткан аялуу пендедей сезип кечке эле кайгыра бербей, күтүүсүз оптимисттик, кызык бүтүмгө келип, кыялында бир жыргап күлүп алат:

Келип калса жаштыгым,
Ойноор элем азоодой,
Оюн салып чамынып,
Кайта жерге жашынса,
Кармамакмын камынып.

Эшмамбеттин «Санат», «Балалык», «Эсиме түштү жашчылык», «Карылык» өңдүү санат, термелери ырчынын өзүнө жекече таандык ойлорунун тамырлуу, масштабдуулугу, учкулдугу сыяктуу бир катар артыкчылыктары менен акындар поэзиясындагы классикалык чыгармалардан болуп кала бермекчи. Жеңижок бекеринен:

Санат ырды сабаса,
Эшмамбетке жарашат,
Санатты мен билем деп,
Кандай акын талашат –

дебеген. Эшмамбеттин өмүрүнүн соңу 30-жылдарга туура келгени менен «ал жаңы замандан» өзүнө керектүү энчисин ала албай кеткен ырчылардын сабына кошулат. Ошондой болсо да жаңы доордун жагымдуу абасы менен дем алып, өз акылы менен баамдагандарды ырына берегиче сала билген:

Таалайлуу деймин эмики,
Төрөлө турган балдарды.
Теңдикке мурда жете албай,
Тентиткен элек баштарды.
Темирдей кайрат, күч менен,
Теңчилик доору башталды.

Баягыдай жүрө албай,
Бай-манап болду таштанды.
Кезеги келип оңунан,
Кедейлер ишин башкарды.

Ыр бийик пафос менен ырдалбаганы менен кесепеттүү эски доорго салыштырганда жаңы доордун биринчи эле көзгө көрүнгөн алгылыктуу жактары, б. а. бардык адамдарга бирдей мамиле жасап, алар үчүн камкордук көрүп, эң негизгиси аларды окуу, кесип, коллективдүү иш менен камсыз кылган жигердүү иш-аракеттери, ошол учурдагы саясий, тарыхый абал, эл турмушу мында төп сүрөттөлгөн.

Кыргыздын эл шайырларынын ичинде Эшмамбеттин орду чоң болгон. Анын замандаштары «Эшмамбеттей ырчы жок»... дешкен.

Жибек жалы эле дулдулдун,
Таң атканча талбаган,
Уккандын көөнү калбаган,
Таңдайы элең булбулдун.

(Коргол)

Ал эми кара жаак Калык Эшмамбетке мындайча баа берет.

Өжөр ырчы Эшмамбет,
Өтүмдүү ырга бай эле.
Ээ-жаа бербей эч кимге,
Элирип ырдап турганы,
Элестейт көзгө дагы эле.
Ак калпак элдин ичинде
Акындын – көкжалы эле[10].

Демек, Жаңыбай ырчынын «Эшмамбет топто ырдаса, өтпөйт биздин кебибиз» дегенинин жүйөөсү бар.

Ошондой болсо да алп ырчынын көкүрөгүндө эки чоң армандын уялап жүргөндүгү байкалат. Ал армандын бири – «эл сагынбас – эр болбойт» дегендей, ырчынын киндик каны тамган тууган жеринен алыстап жүрүшү. Бул эңсөө, кусалыгын ырлары аркылуу да көп ирет күчтүү туюндурган.

Көркөмдүү Талас кенен жер,
Көрөөрмүн сени мен кайра.
Кейиште жүргөн убакта,

Күч-кубат берчү бел кайда.
Таалайым сага ылайык,
Табылбайт сендей эл кайра.

Аңдап көрсөң бул тизмектердин түпкүрүндө Алмамбеттин арманындай эле зор арман бугуп жатат. Аялына айткан акыркы керээзинде эки уулу менен кызынын жаш калып, өзүнүн мезгилсиз өтүп бартканына мууну бошоп «Көрсөтпөдүм кантейин, тууган, урук – Таласың»[11] деп катуу өксүгөн экен... Тополоң тоздуу замандын айынан туулган жеринде туруктуу жашоого эч ылаажы таппаптыр. Бири кем дүйнө... Ал аз келгенсип акыркы сапарга узаганда да туулган жеринен топурак буюрбай «Капкага» коюлуптур. Ошол арман Эшмамбеттин сөөгү жерге коюлаарда, анын эң жакын адамынын бири айтылуу «манасчы», ырчы Жаңыбайдын «Кайран башың барында, кайсы акындан кем элең» деп, мүрзөсүнүн үстүндө кошкон кошогу аркылуу абдан жеткиликтүү айтылган:

Тумчугуп жаның үзүлдү,
Тууганың көрбөй жүзүңдү.
Кадырлап ойдон тоскон жок,
Катының мендей кошкон жок.
Жакшылар ойдон тоскон жок,
Жакының мендей кошкон жок.
Каруу болоор камчың жок,
Карап тураар артың жок.
Теңирдин кылган буйругу,
Тууган жерден буюрбай,
Турпагың, турган жерден буюрду[12].

Эшмамбеттин мурастарынын башка акындарга салыштырганда аз жыйналып калышынын бир себеби да дал ушул өз элинен оолактап жүргөнүнө байланыштуу.

Ырчы – соңку мурасы «Ооруп жаткандагы ырында» Калың топтон бөлүнүп, кайта турган кези чындап келгендигин айтат. «Ак жаандай төккөн асыл мурасым артымдагы жаштарга калаар бекен?» деген баштатан жүргөн күдүк арманы ошол өмүрүнүн акыркы мүнөттөрүндө ого бетер аны түйшөлткөн. Бирок, кантсе да Эшмамбет өзүнүн нускалуу ырларынын оздон түшпөй айтылып калаарына ишенген экен:

Артымда үлгү калса экен,
Ак таңдай сөзүм таанылып,
Оошуп жүрөөр деп ойлойм,
Оздон-оозго жаңырып.

«Эшмамбеттин ырчылыгынын дагы бир өзгөчөлүгү ал элдик көркөм казынаны сактай да билген оригиналдуу чоң акын болгон. Анын окуучусу жана замандашы Бекназар Арзыматов Эшмамбеттин «Жаныш, Байыш», «Кедейкан», «Саринжи, Бөкөй» өңдүү эпосторду айта билгендигин эскерет», деп жазат С. Байкожоев. Албетте, Эшмамбеттей бар тарабынан келген чоң ырчынын көлөмдүү эпикалык чыгармаларды ийине жеткире мыкты айткандыгына ынанууга болот. Болгону, андай баалуу мурастардын колго тийбегендиги гана өкүндүрөт. Дагы бир аянычтуу жагдай Эшмамбеттин аталган жалгыз жыйнагындагы ырларды толук түрдө эч алымча, кошумчасыз келип жеткен Эшмамбеттин нукура төл чыгармалары катары кароого болбойт. Себеби, ал Арстанбек, Жеңижоктордун катарында турган чыгаан төкмө болгон. Бул жыйнакта ар сабын алтынга бергисиз андай тизмектер аз учурайт.

Жыйынтыктаганда, Эшмамбет Байсейит уулунун кыргыздын төкмөлүк өнөрүнүн, дегеле акындар поэзиясынын арбын кырлуу түр-түспөлгө ээ болуп, өркүндөп-өсүшүндөгү ролу теңдешсиз. Эшмамбеттин алым сабак айтыштары – бул жанрдын эч кайталангыс бийик үлгүсү болуп калды. Анын көптөгөн айтыштары айтыштын ар кыл классикалык үлгүлөрүндө жатат. Ал эми Эшмамбеттин эл-жерге, мекенге, өмүр жашка ж. б. арналган санат-термелери, негизги мурастары акындар чыгармачылыгындагы шедеврлерди түзөт.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Таштемиров Ж.* Токтогул жана акындык поэзия. – Ф., 1980. 125-бет.

[2] Эшмамбет. – Ф., 1988. 135-бет.

[3] Ошондо. 190-бет.

[4] *Абдиев Т.* Залкарлар, замандаштар, чоңколор. – Ф., 1999.

[5] Эшманбет. – Ф., 1988. 191-бет.

[6] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988. 95-бет.

[7] Калык. – Ф., 1972. 62-бет.

[8] *Абдиев Т.* Залкарлар, замандаштар, чоңколор. – Б., 1999. 17-бет.

[9] *Бөкөнбаев Ж.* Токтогул менен Эшмамбет//Кызыл Кыргызстан. – 1938. – 24-нояб.

[10] *Обозканов А.* Калык Акы уулунун көп кырлуу чыгармачылык өнөрканасы/Монография. – Б., 2000. 64-бет.

[11] *Боркеев Б.* Эшмамбет//КТР. Обо. – 1999. – 2-апр.

[12] *Абдиев Т.* Залкарлар, замандаштар, чоңколор. – Б., 1999. 58-бет.

## АЛТАЙ АЙДАРБЕК УУЛУ

Белгилүү бир өрөөнгө гана жакшы таанылып, жалпы журтчулук үчүн белгисиз болуп келген ырчыларыбыздын бири Алтай Айдарбек уулу. Анан калса ырчынын чыгармачылык өмүр сапары географиялык чакан чөйрөдө өтүп, экинчиден атактуу чоң ырчылар менен өнөр жарышына түшүп омоктуу оозго алынып кетпегендигинен улам анын атагы оң, солго тегиз тарабаган. Буга чейин элге эч белгисиз бойдон калуусунун дагы бир себеби – учурунда ырчынын мазмундуу көп эмгектери атактуу фольклорчу Каюм Мифтаков аркылуу өз оозунан жазылып алынган күндө да көңүлгө анча илинбеген көптүн бири катары күндөлүк басма сөздөрдө, же эфир аркылуу таптакыр маалымдалбай келиши болуп эсептелет. Каюм Мифтаковдун «ырчылар жөнүндө таржымал картасына» жана ушул адам тарабынан жазылып алынган (инв. № 1013) материалдарга таянсак, Алтай Айдарбек уулу 1872-жылы Нарын өрөөнүнүн Кайып Булак деген жеринде туулган. Уруусу («Эсенгул» деп да жүрөт) «моңолдор». Каюм Мифтаков Алтай Айдарбек уулуна 1922-жылы июль айларында, башкача айтканда, элдик фольклордук баалуу мурастарды алгач жыйнай баштаган учурда жолугуп андан «Замана», «Санат» ырларын, (тилекке каршы анын оозунан жазылган санаттардын баарын өзүнүкү дешке болбойт А. О.) жарамазандарын, мындан сырткары «Азиз Жаныбек хан», «Султан Мамыт, хан жана жаш бала» аттуу икаяларды, «Асан Кайгынын батасын» (бул, кадимки Асан Кайгы, Жаныбек хан, Жээренче чечен, Акыл Карачач туурасындагы кеңири айтылган мыкты уламыштар), «Калмырза менен Найманбайдын», «Найманбай менен Бекназардын» айтышта-

рын өз оозунан Кайып Булак деген жерден жазып кеткен. Ал мезгилде Алтай 50 жашта тирүү экен. Алтай Айдарбек уулу туурасында кең-кесири, так башка маалыматтардын жоктугунан улам анын кайсыл жерде, качан өлгөндүгү да белгисиз. Өзүнүн ырчылыгы жөнүндө өзү мына буларды айтат:

Тыңдаган соң билээрсиң,
Ырчы Алтай өзүмдү.
Тойго Торко кийгендей,
Торгойго кыргый тийгендей,
Кыйкырсам кыргыз күлгөндөй.
Кызарттын жели жүргөндөй.
Карчыга канат жайгандай.
Кас баатыр душман сайгандай.
Мен кадимки жез таңдай[2].

Демек, ырга караганда «торгойго кыргый тийгендей» опурулуп ырдаган, «кызарттын жели жүргөндөй» аяздуу тили бар, Бирок, «кыйкырса кыргыз күлгөндөй» үнү ачуу, жагымсыз, кээде оргу баргы ырдап кеткен айтылуу Балыктын уулу Найманбайга окшогон ырчылардан экендигин туюнтат. Дагы бир кызык факты Алтай «Замана» ырларына кайрылган өңдүү. Бирок, ырчынын (инв. 1269) «Замана» ыры, экинчи бир папкада (инв. 1013) Санат ыр (кара ыр) деп берилет, анткен менен чыгарманын маанимаңызына карасак өзүнүн учурдагы кыял чабытын чубап ырга салган адаттагыдай эле салттуу казал ыр.

Ырчынын чыгармачылык өнөрканасы менен таанышып отуруп, өзүнүн ырларынан, казалдарынан сырткары абалтан бери жашап келген улуттук ырларды, аны менен катар элдик кенч болуп эсептелген фольклордук толгон токой баалуу мурастарды мыкты билген адам экендигин ачып алдык. Дагы кыйлалары ырчыдан толугу менен жазылып калынбаган. Ал эми Каюм Мифтаков Алтайды чыгармачылык ажары чыгып турган 50 жаш курагында жолуктурганы менен анын бар билгенин жазып алууга үлгүрбөстөн, ырчынын ырларынын, уламаларынын бир кичине келкисин гана жазып алып кеткен. Алтай Айдарбек уулунун негизги акындык өзгөчөлүгү барыдан мурда

жарамазандарында ажайып ачылган. Ырчы өз өмүрүндө (турмуш-шартынын жетишсиздигинен улам болсо керек) мусулманчылыкта сооп катары айтылып келаткан жарамазанды көп айтып, бул жагынан мыкты адис болуп чыга келген. Жарамазандын элдик ырлардай муундан муунга өтүп айтылып жүргөн башка үлгүлөрүнө караганда Алтай Айдарбек уулунун айткан үлгүсүндө элдик салттуу ыргактар сакталып, жарамазандын эмне себептен, качантан бери ырдалып келе жаткан, пайда болуу тарыхы камтылуу менен бирге, ырчынын өзү жараткан, жеке өзүнө гана таандык өзгөчөлүгү да кадыресе эле көрүнүп турат.

Он эки айда бир келген орозо мейман,
Кабыл болсун орозоң кармаган жан,
Пайгамбардын мингени карала тай,
Томугуна куйругу оролот ай.
Пайгамбардын мингени ак баш буура,
Пайгамбардын энеси Батма, Зуура.
Батма калың камыштан кеме жасайт,
Кемелерин түбүнөн чычкан тешкен.
Чычкан тешкен жерине чымын конгон,
Ажыдар ак жылан тыгын болгон.
Пайгамбарым мингени кызыл инген,
Ботолорун боздотуп кызы минген.

Аппак үйүң ак үйүң чатыр болсун,
Ушул үйдөн бир балаң баатыр болсун!
Баатырлыктын пайдасы кайда болсун,
Кыл көпүрө кыямат жайда болсун!
Уулуңуз мырза чыкса насибиңе,
Жоо сайып, тураар жарап намысыңа.
Кызыл короз кай короз канатын көр,
Аздыр-көптүр Алтайдын санатын көр!

Эң негизгиси Алтайдын жарамазандары окумдуулугу менен кишини өзүнө тартат. Ал эми келиштире аткарып, айтып турса андан бетер мазмуну артат эле... Берген батасы да кызык:

Бир балаңдын атын Жайнак кой.
Бир балаңдын атын Тайлак кой!

Керегеңе каймак кой!
Каймагыңды жеп койсо,
Чочогунан керегеге байлап кой!
Келиниң кептүү болсун!
Керегең септүү болсун!
Чачы учтукка чалынсын!
Чарайнага малынсын!
Абысындарың жентектеп жүрүп карысын!

«Диний ырым-жырымдарды, ишенимдерди Айдарбек уулу Алтай өтө көп жаздырган, алар: «Ак үйлүү бай», «Доом бар», «Азирейил», «Дүнүйө», «Мукамбет», «Жарамазан», «Орозо», «Чатыр-Мутур», «Бата» өңдүү ырым-жырымдар»[3]. Жогоруда аталгандардын баары Алтайдын жарамазандарында өзүнчө бөлүкчөлөр катары атайы бөлүнүп берилген. Чындыгында эле, Алтайдын айткан жарамазандары буга чейин айтылып келген жарамазандардын кайталангыс үлгүсү.

Мына ошентип Алтай Айдарбек уулу салттуу Санат ырларында өз күчүн сынаган, элдик, фольклордук чыгармаларды жакшы билген, өзгөчө жарамазанды мыкты айткан адис ырчы катарында бааланган ырчылардан болуп эсептелет.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1013.
[2] Ошондо. Инв. № 1269.
[3] *Токомбаева А.* Каюм Мифтаков. – Ф., 1991.

## ҮМӨТААЛЫ ЭСЕНАМАН УУЛУ
*(1873–1917)*

Үмөтаалы өз мезгилиндеги төкмө акындардын белгилүү өкүлдөрүнөн, кадимки жез таңдай аталган Эсенамандын перзенти. Уруусу – кушчу, кыржы уругунан.

Бир, эки жылдык айырмачылыктары болбосо, төрөлгөн, өмүр сүргөн даталарын көрсөтүүдө кабарчылардын берген маалыматтары бири-биринен анчалык алыстабайт. Бир кабарда 1873-жылы туулуп, 1918-жылы 45 жашында Караколдун Кызыл-Коргонунда дүйнөдөн кайткандыгы маалымдалса[1], Кадыркул Алыйманов Үмөтаалынын жашаган мезгили катарында 1876–1917-жылдардын аралыгын көрсөтөт[2]. Чынаалы Шакетаевдин акындын төрөлгөн аймагы, өмүр жолу тууралуу берген кабары айырмалуу. Жыйноочунун материалы боюнча болочокку акын Чүйдө төрөлөт. Төрөттөн энеси, көп узабай атасы өлүп, жашында жетим калган Үмөтаалыны Эсенамандын тууганы Карач Таласка көчүрүп кетет[3]. Бирок, жогорку фактыны башка кабарчылардын айтканы менен салыштырып иликтөө жүргүзүүдө айтуучунун же жыйноочунун күнөөсүбү, айтор кандайдыр бир так эместик кеткен сыяктуу. Анткени, басымдуу маалымдоочулардын көрсөтүүсүндө 4, 5 жылдык айрмачылыгын эске албаганда Эсенаман 1833–1913-жылдардын аралыгында өмүр сүрүп, сөөгү Талас жергесинде, Кызыл-Коргонго коюлат. Атасы кайтыш болгондо Үмөтаалы кыркка жакындап, акын катарында калкка таанылып калат. Эсенаман өлгөндөн кийин 5, 6 эле жыл жашайт.

Алгач сан каралуу Саза байдын баласы Төлө Мырзанын атасына берген чоң ашта (Ч.Шакетаевдин көрсөтүүсүндө аш 1899-жылы өтөт) жар чакырышында Эсенаман али ти-

рүү, Үмөтаалы 23 жаш курагында болот. Демек, акынды жашынан жетим калтырып, жарды, жармач деп мүнөздөп, жетим кызга үйлөнтүп, жесир чоң апасына (атасынын бир тууганынын аялы) эптеп көмдүрүп, өмүр баянындагы айрым реалдуу деталдар өтө коюуланып, бурмаланууга ооп кеткенби деген ой туулат. Ал эми бул же тигил ырчынын чыгармачылыгын ашыра мактоо ал жөнүндө туура түшүнүк алууга канчалык кедерге болсо, чыныгы өмүр жолун жасалмалуу баяндап, бечара кылып мүнөздөө андан да зыяндуу, ырчынын беделин төмөн түшүргөндүккө жатат.

Колдогу материалдын мазмунуна (анын айрымдарын Ч. Шакетаев жыйнап, фондуга тапшырган) караганда Үмөтаалынын да өз чыгармачылык өмүрүндө жоктоо, кордоо, жар чакыруу, коштошуу, айтыш сыяктуу ырларды жаратып, үйлөнүү үлпөтүндө ырдалуучу кыз көрүү, той түшүрүү жана кайым айтыштын классикалык үлгүсүн түзгөн төкмөлүк өнөрдүн ири өкүлү экендиги даана көрүнүп турат. Ошондуктан анын ырчылыгы көкөлөтүп макталбай же өз мүмкүнчүлүгүнөн төмөн түшпөй туура баасын алышы абзел. Ал эми акындын эл аралап ырдап, атасы сыяктуу Кыргызстандын түндүк, түштүгүнө кеңири таанылбай калгандыгы, дегеле чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн толук ача албагандыгы төмөнкү жагдайлар менен байланышса керек. Үмөтаалынын ырга болгон жөндөмү, шыгы жашынан эле байкалат. Бирок, кабарчылардын маалыматында Эсенаман эртерээк эл оозуна кирип, көзгө чалынышын каалай бербейт. Ансыз да жармач, оорукчан перзентин көздүгүп калбасын деп чочуп, «Таластын баш аягынан чыгып ырдаба» деп айтышыптыр дешет. Ден соолугу начар эме ат арытып, жол карытып дегендей, алыскы аш, тойлорго барып ырдаганга өзү да анчалык ынтызар болбогон өңдүү. Экинчи жагынан чыгармачылык өмүрүнүн күрдөөлдүү учурун Кудайберген Кызылбаштын ырчысы болуп өткөрүп, кантсе да эл оозунда мүнөздөлгөндөй, «калкка кайрымы жок кара өзгөй зөөкүр болуштун кабак, кашына карап ыр жаратып, канатын күүлөп, эркин чабыттап уча албай, чыгармачылыгы чектөөгө алынат. Бул акындын Кызылбаш менен мамилеси бузулуп, өз элине

көчөрдө жакшы санаалаштары менен коштошуп ырдаган ырында ачык белгиленет. Коштошуу ырынын социалдык маңызы бир топ терең. Акын өз жашоосун реалдуу талдайт: Кудайберген «тууганынын» саруучага көчүрүп келип, ырчынын кадырын билбей, «күрсүлдөп көңүлүн оорутуп, жанын кейиткенин», «эл аралап топ көрбөй» эшик ырчы болуп, «алдына баспай, артынан калбай, колуна суу куюп», колтуктап атка мингизип өмүрү өткөнүн айта келип, өз өнөрлөштөрү сыяктуу сайрандап ырчылыктын урмат-сыйын, ыракатын көрбөгөндүгүнө төмөнкүчө арман кылат:

Кыржыдан келдиң көчүрүп,
Кызыл өңүм өчүрүп,
Кысымга салдың Кызылбаш
Ырдай албайм чечилип,
Жакшы акын таап аларсың,
Жаныңдан мени кетирип.

Эл аралап чыга албай,
Эркин басып тура албай,
Эзилип кеттим Кызылбаш,
Босогоңдо отуруп,
Бозоруп кеттим Кызылбаш
Боз улан чакты өткөрүп,
Томсоруп көчтүм Кызылбаш[4].

Айрым фактыларга караганда анын Кызылбаш менен араздашып кетиши чыгармачылык өргүү алышына кийин деле кедерги болгон сыяктуу. Анткени кантсе да бийлик, байлык колуна топтолуп, алыс жакынга, журт билермандарына белгилүү кара өзгөй болуштун башын аттап, аны менен араздашкан ырчыны чоң аш, тойго жарчылыкка чакырып ырдатууга жыйын ээлери өтүнө албаган көрүнөт. Анын үстүнө Үмөтаалы Кызылбаштан кеткенден кийин болуштун зөөкүрлүгүн, эл камын ойлобогон өзүмчүлдүгүн, Карабаш экөө бийлик талашып, калкты бүлүнтүп кысымга алышын калк ичинде ачык ырдап, беделин төмөн түшүрөт.

Буга Кең-Колдо өткөн Үмөтөй дегендин ашында ырдаган ыры ачык күбө:

Кудайберген Кызылбаш,
Бу дагы сизге сөөктөш,
Каймазардын канындай,
Эки болуш кушчусу
Айдап жүргөн малындай.
Колпоштордун Сыйдаалы
Кызыңды бер деп жалынды ай,
Майтыктарда[5] Кул Ушпай,
Кызын берип таңылды ай[6].

Муну кулагы чалган «тууганы» ыңгайын келтирип карматып алып өлтүрүп коюуну ойлоп жүргөн кезинде акын болуштун колуна тийсе соо калбасын сезип, беттешпөөгө аракеттенгендигине карабастан, бир күндөрү Кызылбашка кабылып калат. Ошондо:

Жогортон ылдый өтө албай,
Жолуңдан ылдый кете албай,
Жолборсум сага жете албай.
Кара жолдон өтө албай,
Кара жол ылдый кете албай,
Канзаадам сага жете албай[7]–

деп мактап ырдап жиберип, ажалдан кутулуп кетет.

Үмөтаалынын канча жашынан баштап ырдагандыгы жөнүндө так маалымат жок. Ал деле башка ырчылар сыяктуу бет ачарын кыз оюнда ырдап, үлпөт, сүйүү ырларын жаратуудан, жарамазан айтуудан баштайт. Ырындагы фактыларга караганда атасы Эсенаманды мындай койгондо да өз учурунун ак таңдай акындары Чоңду, Сартбай, Өтөнүн ырларын угуп, Тойкожо тарткан сурнайдын, Жантакпай сыяктуу чоң комузчулардын сыйкырдуу күүсүн тыңшап, көркөм дүйнөсүн байытат. Сартбайга көп каттап, баласы Өжөрдү эркелетип, аялы толготкондо бир козу таап, өпкө чаба албай карбаластаган өнөрлөш агасын тамашалап ырдаган экен. Ушул жолугушуудан көп өтпөй Үмөтаалынын каза болгондугун укканда Сартбай: Бала аялсыз (аялы мурун өлүп калган болот)

Жаз өлдү,
Үмөтаалы таза өлдү –

деп буркурап ыйлап кошот[8].

Кыскасы, жогоркудай көркөм дүйнө акындын чыгармачылык өнөрканасында түбөлүк из калтырат. Чоңду, Сартбайды «таамай ырчы» бааласа, Өтө, Эшмамбеттин айласыздан «ата конушунан ажырап» кеткендигине кабатыр болуп, сагынычы артат. Өтөнүн талантын «аккан сууга» теңейт. Ырында «артынан ээрчип, сүйрөлдүм», «Аккан суусун үйрөндүм» – дейт. «Кеңешин укпай, кейиште жүрөм абыдан» дегенине караганда Жеңижоктун ээрчитип алып кетейин дегенине көнбөй койгон көрүнөт. Сартбайдын иниси Конокбайдын уулу Сулайман акын менен үзөнгүлөш той-топурда ырдап, өнөрлөшүнүн кайым айтыштагы устаттыгын, сөз чеберчилигин, ырчылык жөндөмүн жогору баалайт. Эшмамбет менен жолугуп ырдашып сынына толот. Эшмамбет «Эсекемдин баласы, элде калган даанасы», «Кыржылардын кыйыны», «кушчулардын курчу» – деп жердешинин талантына артыкча баа берет. Мындай жагдайлар Үмөтаалынын өнөрканасынын салттуу ырчылар поэзиясынын бай чөйрөсүндө калыптангандыгын ачык көрсөтүп турат.

Акындын жаш кезинде жараткан чыгармаларынын айрымдары бизге келип жетти. Алсак, кыз көрүүдө ырдаган ырлары. Бул – үйлөнүү үлпөтүнө байланыштуу ырдалуучу калктык ырдын бир түрү. Аны көбүнесе кыз жандаган жигиттин жанында күйөө жолдоштук милдетте жүргөн киши аткарат. Ыр салттык жөрөлгөлөр менен коштолуп, өзүнүн аткарылуу орду болуп, той үлпөтүнө ылайыктуу мазмунда ырдалат. Үмөтаалы да салт боюнча алгач өздөрүнүн келишинин максатын түшүндүрөт:

Ат арытып жол тартып,
Кош олоңун бек тартып,
Куюшканын узартып,
Көмөлдүрүк кыскартып,
Сулуу кызга көз артып,
Суктана турган сөз айтып,
Кыз көрөлү деп келдик,
Кыз жандаган келинди
Түз көрөлү деп келдик,
Ала жай жайлоо кыдырып,
Күз келели деп келдик[9].

Салттык жөрөлгө боюнча кыздын жеңеси тура калып «кыз көрүүчү жигитти биз көрөлү» деп аттан түшүрөт. Конок камы көрүлүп, кыз менен жигитти жүздөшүп, бири-бирин жактырып, өргөө ичинде, эртеси «күдүрөтө мал айдап», той түшүрүп келмекке макулдашып узаарда Үмөтаалынын ырдаган ырлары да салттуулуктун жанрдык чегинде, мазмунунда аткарылат. Ырчы кыздын жигиттин купулуна толгондугу апасынын «алтын сырга, жез оймок», «атасынын адилет сөздүү кең пейил» жакшы адам экендигин, «аргымак баштап ат айдап», көкүлүнө кебез байлап, айланып кайра келишерин айтып коштошот.

Кантсе да, Үмөтаалы акын катарында Саза байдын ашында, эл көп чогулган чоң жыйында таанылат. Сазанын ашы 1899-жылы болуп, өзүнүн конок күтүү ирети, шаан-шөкөтү жагынан Талас өрөөнүндө өткөн башка аштардан айрыкча айырмаланат. Жалаң кеңешке 12 бээ союлуп, жарчылыкка үч ырчы дайындалат. Үчөө жыйынды аралап, аш ээсин, жыйындын салтанатын, конок алуу жайын, өткөрүлө турган оюн-зооктун иретин, сайылган байгелерди калкка жарыялап, ырдап турат.

Ушул ашта жар чакырган Үмөтаалы салт боюнча адегенде ай тамгалуу алакчын, саруу, кушчуларга, алардын журт башчыларына, жалпы эле көпчүлүккө салам бере келип, аш ээси Төлөмырзанын марттыгын, сөөлөтүн мактайт:

Кызыл ат минген Төлөнү,
Кыдыр алла жөлөдү,
Кылымга калат айтылып,
Төкөмдүн кылган өрнөгү.
Ак боз ат минген Төлөнү,
Азирети Аалы жөлөдү,
Таласта мындай ким калган,
Төлөкөмдөн бөлөгү,
Сан кара сайып аш берди,
Тамашасын көрөлү[10].

Андан ары ашта балбан күрөш, эр эңиш, эр сайыш жорго салыш, ат чабыш, жамбы атуу сыяктуу оюндун өтө тургандыгын, сайылган байгелерди жарыя салат. Ат ча-

бышка 70 ат кошулгандыгын айта келип, күйөрмандарга төмөнкүчө кайрылат:

Алыстан келген талапкер,
Ат таптаган саяпкер,
Күлүгүң болсо жолго сал,
Күтүп туруп байгеңди ал.
Жоргоң болсо жолго сал,
Жоболоңсуз байгеңди ал.
Жети атка байге сайылат,
Жетпей калган таарынат.

Акын жамбы атууга бөтөнчө бөлүп токтолот: ага жөн жай адам эмес, «илбесин учуруп, илгиртпей аткандар», кырка тоонун боорунан кылт этпей кийик көргөндөр», көп тоодон кийик тергендер», «кыйшайтпай кыл кыйык», «чаап жүрүп жамбы аткан» кыраан мергендер катыша турган кылдат өнөр экендигин калк сезимине жеткире ырдайт.

Үмөтаалынын чоң тойдо ырдаган ырларынан Сулайман ырчы экөөнүн кайым ырдашы бизге келип жетти. Бир кабарда бул чыгарма жеке Сулайман тарабынан ырдалыптыр делет[11]. Бирок, ушул маалымдоочу жаздырган тексттин өзүнөн эле анын эки адам тарабынан аткарылышы байкалып турат. Кайым ырдашуунун экинчи нускасында[12] Үмөтаалы менен Сулайман экөө биригип ырдайт. Той Жайылган деген жерде өтөт. Бердияр аттуу бай кызын узатып, эки ырчы алым сабак ырдап, кыз берген жердин салтанатын, алты канат ак өргөөнүн жасалгасын аны жасаган байбиченин уздугун мактап ырдап, бир ат алышат. Мактоо кайым айтыш формасында ырдалып, эки акын биринин айтканын экинчиси улантып, ой жагынан толуктап, форма жагынан бир бүтүмдүктү түзөт. Эгерде Үмөтаалы:

Кудай чындап буларга
Берип турган экен го,– десе,
Сулайман:
Курчалышып тууганы
Келип турган экен го.

Же Үмөтаалы:

Аллам чындап буларга
Берип турган экен го,– десе,

Сулайман:

Агайын-тууган чогулуп,
Келип турган экен го –

деп жыйынтыктайт. Андан ары Жайлообай менен Кыштообайдын башына бак конуп, «акыл менен», Кумашты (кыздын аты) «алыстан аркан керип», «алты канат ак үйдү» жасалгалап, топуратып той берип, керегесин сырдатып, ырчыларды ырдатып, каада-салт менен узатып жаткандыгын айтып өтүшөт. Ал эмес алты канат ак өргөөнү сыпаттоодо да эки ырчынын айткандары бири-бирине кыналышып, ой, уйкаштык жагынан тыгыз тутумдаш. Алсак, Үмөтаалы:

Алты канат ак үйдүн
Борумун айтсаң болбойбу? –

деп өнөрлөшүнө суроо салып, ырдын багытын башка нукка бурат. Муну Сулайман дароо илип алып:

Бордоп койгон эмедей,
Үзүгүн айтсаң болбойбу –

деп улантып жүрүп кетет.

Үмөтаалы:

Муну кылган байбиче
Түзүгүн айтсаң болбойбу?–

дегенде боз үйдүн жасалгасын реалдуу сыпаттоого өтөт. Кыскасы, эки ырчы тарабынан кыздын себи катарында арналып көтөрүлгөн өргөөнүн үзүк, туурдугунан тартып, баш чалгычы, тегиргич боосу, чийи, төтөгөсү, түндүгүнө чейин ырга кошулат.

Той ээси эки акынга бир карагер быштыны жетелеп келет. Дагы да эки ырчы карагер быштыны кошуп, калк көңүлүн жубатат. Үмөтаалы баштап:

Карагер келди байлап ал – десе,
Каңтара тартып кетпесин,
Үмөке, жакын жүрүп айдап ал –

деп сөз учугун улайт. Андан ары сөз чордону аттын турпатын сыпаттоого багытталып, биринин оюна экинчисиники кыналышып турат.

Эгерде Үмөтаалы:

Сырт аркасын байкачы десе,

Сулайман:

Сырт аркасын байкасам,
Сыржалма аскадай –

деп өнөрлөшүнүн оюн улайт.

Үмөтаалы:

Кең соорусун байкачы – десе,

Сулайман:

Кең соорусун байкасам,
Кең Таластын түзүндөй –

деп мактоого алат. Кыскасы, аттын даңканы, тулку бою, тулпарлыгы, буудандыгы сыпатталып ырдалат. Бирок, күтүлбөгөн жерден карагердин түйнөк болгон эмече толгонуп жыгылышы ырдын багытын башка нукка бурат. Аттын «талмасы бар турбайбы, тизесинин башында алмасы бар турбайбы» деп калк арасында күлкү чыгарып, той ээлерине карата сөз тизгинин ыргытышат.

Үмөтаалы:

Карагер алсак куштайбыз – десе,

Сулайман:

Карагерди биз алсак,
Быйыл мында кыштайбыз.

Же Үмөтаалы:

Күркүрөө суусун кечпейбиз – десе,

Сулайман:

Карагерди биз алсак,
Быйыл үйгө жетпейбиз –

деп, экөө биринин сөзүн бири сүрөп ырдайт. Сөз тизгини башкага ооп, күлкү чыга баштаганда той ээлери жээрде ат жетелетип, ырды жоктотот. Жогорку алымсабак ырдын мазмунуна, уйкаштыгына көз жүгүртсөк, Үмөтаалы Сулаймандын өз замандаштары Токтогул, Эшмамбет сыяктуу айтыштын мындай татаал түрүнүн ири устаты экендиги ачык көрүнөт. Ой жагынан бири-бирин улап, уйкаштыгы кыт куйгандай кыналып турат. Ал эми кайым ырдашуунун мындай татаал формасын өздөштүрүү бардык эле акындын колунан келе бербейт.

Бизге жеткен үзүндүлөрүнө караганда Үмөтаалы да айрым болуш же атактуу адамдар өлсө жоктоо ырларын жа-

ратып, салттык ырдын багытына, жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык анын жети атасын, жээк-жергесин, өзүнүн керт башын мактоого алат. Ырдын мазмунуна акын тарабынан колдонулган апыртмалуу ыкма, көркөм сөз каражаттары шайкеш келип турат. Мисалы, Жакыпбек болуш өлгөндө Үмөтаалы жоктоп ырдап, аны «туурадагы турумтай», «капталдан учуп жем алган карчыга», «көк туйгун», «ак туйгун», «кыргыек», «жагалмай», «көк жал төрө» – деп мүнөздөйт. «Душманга шары угулган», жалпы калкка таанылган асыл элең[12]– дейт.

Солто Байсейиттин баласы Медетбектин Кошою өлгөндө:

Урады коргон калаасы
Ай тамагынын Манасы –

деп кошкон экен[13]. Сейдибалы Атабековдун айтуусунда Кең-Колдогу Үмөтайдын ашында да ырдайт[2]. Кыскасы, ал өз өмүрүндө жоктоо ырларын көп эле түзгөн көрүнөт. Алардан бизге айрым гана үзүндүлөр келип жетти.

Маалымдоочулардын кабарына караганда Үмөтаалы эл бийлөөчүлөрүн, уруу, урук башчыларын мактап да ырдаган. Алардын ичинде Шейрендин уулу Аманбек, Шергазынын Малабек, Бокмурундун Айнабай, «Борумдуу тууган Малабай»[15] ж. б. Солтонун байы Өзүбек (илгери солтолор Кара-Колдун башына чыга жайлаган) төмөнкүчө мактаган экен:

Өзүңдүн атың Өзүбек,
Саган айтар сөзүм көп,
Алтындан тууган алты бек,
Жеткилең тууган Өзүбек,
Өзүбегиң өкчөдөй,
Курман эрте тууган Көкчөдөй.
Акылбегиң арыстаның.
Сырдыбайың сырттаның.
Кененсары кенжеси
Булар кудайдын сүйгөн пендеси[16].

Мындан башка да Үмөтаалынын бешик ыры, келинге болгон махабаты, өздөрүнүн жармачтыгы жөнүндө ырдап, чоң апасынын көңүлүн жубатышы, Кызылбаштан айлына көчүп келгенде салкын кабыл алган туугандарына таарыныч кылышы ж.б. ырларынан айрым үзүндүлөр колго тийди.

Арзыган кызын катуу көзөмөлгө алып, экөөнүн жолугушуусуна кедерги болгон болочокку кайненеси тууралуу да бир топ күлкүлүү ырларды түзгөн. Ырдын мазмунуна караганда кыздын өгөй энеси жигитти жарды деп чанган көрүнөт. Ошондо оңтоюн таап кызга булак боюнан жолугуп, «көрөйүн» деп барганда «көрсөтпөгөн чунаңдап», кексе кемпирдин «көк жөтөл болуп ылаңдап» «өлбөгөндүгүнө» наалат айта келип:

Азыр үйгө кайтып бар,
Апакеңе айтып бар
Атадан калган малды алсын,
Арнап тиккен талды алсын,
Ага ыраазы болбосо,
Жалгыз чырак шамды алсын,
Алты канат үйдү алсын

«экөөбүз кол кармашып, ынтымакташып оокат кылсак, өстүрүүгө тал, өндүрүүгө мал табылар»[17]– деп колдогу болгонун калыңга берип, арзыган колуктусуна үйлөнөт. Бирок, кабарчынын маалыматына караганда Үмөтаалы жеке турмушунда деле бакыт таппайт. Маңдайы жарылып, аталык мээрим козголуп, көңүлү толкуп, перзент көрбөйт. Өзү оорукчан, ары жарды жашап, жокчулуктун зардабынан өмүрү өткөнчө кутула албайт. Анын үстүнө алган жары жарык дүйнө менен эрте коштошуп, андан көп узабай өзү өлөт.

Бизге жеткен материалдарга караганда Үмөтаалы атасынын өз өмүр жолу, чыгармачылыгы жөнүндөгү баяндарын көңүл төшөп угуп, эсинде сактап калгандары да болгон. Мисалга анын «Эскерүүсүн» эле алалы. Ыр чакан. Бирок, ушундай эле белгилүү даражада Эсенамандын кыдырган жерлери, жолугушкан журт башчылары, беттешкен акындары жөнүндө маалымат алууга болот. Чыгарма боюнча атасы аягы Талас, башы Чүй, Алай, Гүлчө, Көлдү аралап, ошол замандагы Жангарач, Байтик, Тилекмат, Балбай, Курманжан датка сыяктуу атактуу адамдардын алдына барып ырдап, сынына толот. Ийине келтире элдик жомокторду айтып, калкты тамшантат. Өз өмүрүндө көп акындар менен беттешип, ырын жамгырдай төгүп, каршысын жалтантат. «Балыктын уулу Найманбай айтыш-

кан экен тайманбай». Атасынын Жеңижоктон жеңилип калгандыгын жаап жашырбайт. Тескерисинче, эки чоң ырчынын өмүр бою бири-бирин кадырлап сыйлашып өткөнүнө сыймыктанат.

Үмөтаалынын чыныгы акындык жүзү, талантынын салмагы, төкмөлүк чеберчилиги кантсе да социалдык мазмундагы кордоо ырларынан ачык көрүнөт. Ал өз өмүрүндө эл башкаруучуларына карата мактоо ырлары гана эмес, ашкерелөөчү жагдайдагы кордоо ырларынын да тобун түзөт. Айрыкча Кызылбаш менен Карабаштын болуштук талашып, бири-бирин айыпка жыгуу максатында бейкүнөө адамдарды тымызын өлтүрүп коюп, кун доолап, жаат курашын жана башка уруу, урук башчыларынын да улам бир жагына ооп, ортодо далдалчылык жасап, чатакты ырбатканын реалдуу курч баяндап, «журт мыкчыгери» аталган бийлөөчүлөрдүн чыныгы маңызын ачат:

Жетигендин балдары,
Жетилгенин карачы,
Каймазардын четинен
Кетилгенин карачы,
Кошкулагын жааттан,
Өлтүргөнүн карачы,
Өлүгүн сүйрөп Кызылбаш,
Өкүргөнүн карачы.
Кунуна болуш болгун деп,
Кабай болду арачы
Өзү жеңип алгансып,
Айнабай болду арачы.
Кошкулактан кун албай,
Куру калганын карачы[18].

Сабатардын, Карбашынын кылган иши Кызылбаштыкынан да кем түшпөйт:

Кайда жүрсө зөөкүрдүн
Болуштук болот талашы.
Өз колунан өлдү го
Алгазы деген агасы.

Эки уруу жаатташып, «кара келтек чабаган ортодо ойносо, Кукеңдин (Кызылбаштын) канат табасы». Ырдын

мазмунуна караганда Карабаш менен Кызылбаштын чатагынан улам эр өлүп, кун доолашып, уруулар, уруктар арасында жаңжал күчөп, падышалык өкмөт кийлигишет. Бул жагдай ырда төмөнкүчө чагылышкан:

Карабаш менен Кызылбаш
Болуштук үчүн чабышты,
Алты-жети эр өлүп,
Араңдан зорго табышты,
Экөөнү тең камаган,
Орустан көрдүм калысты.

Ырчы ат чабыш, жорго салдырыш, эр эңиш, балбан күрөш калк моокумун кандыра турган чыныгы оюндардан экендигин айта келип, төө чечмей, эр сайыш, өпкө кабыш «сөөлөт ойлоп» эсиргендердин чыгарганы экендигин баса көрсөтөт.

Жоо тийбей сайып өлтүргөн,
Ушу дагы намыспы?
Кара көзгө жаш алып,
Канчалар ыйлап калышты –

деп эр сайыштын маңызын ачат. «Карабаш менен Кызылбаш эми сындырып көрчү камышты» дегенине караганда, падыша бийлигинин мыйзамы тарабынан жергиликтүү бий болуштар чексиз бийлиги ченемге алынып, эр сайыштан буйрук менен аш, той салтанатынан алынып ташталышы жөнүндө сөз болуп жаткан сыяктуу.

Үмөтаалынын кушчулардын чатагын басмакка «калыстыкка» түшкөнү келген Канай Бекмуратовго бетме-бет чыгып ырдаган ырынын социалдык маңызы терең, ашкерелөөчү багыты күчтүү. Мында уруу, урук кызыкчылыгын, алардын өз ара ынтымагын көздөгөн киши болуп сөз менен жайкап, иш жүзүндө бирин бирине тукуруп далайдын убалына калган арамза, жойпу, «билермандын» облигин түзөт:

Кызылбашты тукуруп,
Колпочко кирдиң кутуруп.
Андан жети эр өлтүрүп,
Дагы кеттиң кутулуп.
Каарыңды келтирдиң

Карабайды өлтүрдүң,
Жалаасын жаап колпочко
Ойозго арыз бердирдиң.

Куудул сүйлөп күлдүрдүң,
Сарууларды бүлдүрдүң.
Бузукулук кылбастан,
Кайсы күнү жөн жүрдүң,
Колпочторду кор кылдың,
Берендерди зор кылдың[19].

Ырдын мазмунуна караганда Канайдын колу жетпеген уруулар аз көрүнөт. Солтолордун Медетбегин да сомдоп коет. «Алакчынды билем» деп алдын ала болжойт. Каарына алса «элди көндүрүп», оезго арыз жаздырып, эр жигитти түрмөгө жабат. Үмөтаалы калк аны канкор атарын коркпостон эле бетине айтат. Канайдын журтчулукка жасаган кыянат иштерин реалдуу санап ырдап келип, өз оюн төмөнкүчө жыйынтыктайт:

Карт түлкүдөй жойлойсуң,
Капыр Канай оңбойсуң
Ачылбасын айбым – деп,
Кызылбашты колдойсуң,
Колуңдан келсе сен капыр,
Ойосту да сомдойсуң,
Канчанын канын төктүрдүң,
Ошондо да тойбойсуң.

Кылбаганың калган жок,
Кыямат кетсең арман жок[20].

Жогорудан көрүнүп тургандай, Үмөтаалы өз заманынын тарыхый-социалдык шартын, коомдун адеп-ахлактык эрежелерин, журт бийлеген билермандарынын чыныгы маңызын жакшы түшүнгөн акын болгон. Ошондуктан алардын кылган иштери, кулк-мүнөзүн реалдуу талдап, калк сезимине жеткире ырдаган. Бирок, кантсе да акындын аң-сезими, саясий көз карашы, бул же тигил көрүнүштү баамдоосу кандайдыр бир деңгээлде урууучулук-феодалдык түзүлүштүн жол-жоболук эрежелеринен чыга алган эмес.

Буга анын чейне сакалдыларды (уруктун аты) кордогон ыры ачык күбө. Чейнелердин ырчысы бир жыйында Үмөталыны Кызылбашка эшик ырчы болуп, кошомат кылып жан багып жүрөсүң, туугандыгы жагынан сага караганда чейнелер болушка бир таман жакын деп айтып тийиштик кылат. Ага жооп катарында каршысын гана эмес, бүтүндөй бир уруктун быкый-чыкыйын чукуп, жаман кылык-жоруктарын далилдеп ырдап беттешкен акыны эмес, экөөнүн айтышына күбө болуп отурган чейнелерди да сөзгө сындырат:

Эки түтүн бир эчки,
Сааны бир чейненин,
Түндүгүнө кондурган,
Тааны бар чейненин,
Банги, Данги баш болгон,
Калмагы бар чейненин,
Таманы жок, сырты жок,
Чарыгы бар чейненин,
Курсактары казандай,
Арыгынан баса албай,
Жүргөнү бар чейненин,
Саан уюн ат кылып,
Мингени бар чейненин.
Калмактан чыккан Байгара
Жолдошу бар чейненин
Сый кийими таардан
Көйнөгү бар чейненин[21]–

деп жарды-жакырлыгын ырдап келип, сакалдынын «алты түтүн болгондо алды-алдынан тараган», эки түтүн эптешип оокат кыла албай өз ара ынтымагы жоктугун, дан эгип, оро казбай, «аялды күздө албай, жазда алып», оокат кылуунун жайын билбеген жалкоолугун жеткире айтып, бүтүндөй бир уруунун намысына тиет.

Кара жанын саткылап,
Кан болгон дейт сакалды.
Сакалды чөпкө какалды,
Он түтүнү бирикпей,
Алкымга бычак такалды.

Карагыла калайык
Же мен калп айтып жатамбы? –

деп сөздүн чындыгына тыңшоочуларды күбө тартат. Алардын үй-бүлөчүлүктө да адеп-ахлак сактабаган жигерсиздигин, арак ичпей, бозо ичпей, атасын сабап, «уулун бычактап», көрүнгөндү ушактап, чыр-чатак менен жашаган кунарсыз жорук-жосунун шылдыңга алат. Чейненин ырчысынын (аты белгисиз) ырынын мазмунуна, Үмөтаалынын:

Кызылбашка тил албай,
Таанымак болдуң атаңды

дегенине караганда акындын Кызылбашта жүргөн мезгилинде түзүлөт.

Бизге жеткен маалымат боюнча өз өмүрүндө кордоо ырларын көп жаратып, анда өз чөлкөмүндөгү белгилүү болуш, байлардан анын тузагына илинбегени калбаган өңдүү. Алардын сараңдыгын, адамды иренжите турган кылык-жоругун чегине жеткире, таамай айтат.

Абдылда, Сазмат – эгиз бай,
Шалтактын баары тегиз бай
Жалаң найза (уруктун аты) Сасык бай
Атка минсе казыктай,
Уурулукту көп кылып,
Тартып жүрөт жазыкты ай.
Жалаң найза Сүйүнбай,
Малың өлсө күйүп бай,
Карышкырдай бөжөңдөп,
Энеси отур үйүндө ай.
Калыбай менен Казыбай,
Жайдын күнү болгондо
Айылыңа мейман көп барбай,
Кымызың жатыр сасып ай.

Ошондой эле болуш Бокмурундун Айнабайын, «бополоп сөздү көп айтып, журтка пайдасы тийбегени» алаңгазарлыгын, Акмат менен «Кожокенин бирин» «торпок баш», бирин «калак баш» атап, Кызылбашты дем кылып жү-рүп «былтыркы күздө көзүнө жаш алып» сызга отуруп калса да, «бир кумары таркабай» Майтыкты (Кызылбашты) колдоп жаткандыгын айтып келиши Касымбек менен

Чойбекке «бузукулук көп ойлоп», буй кылтагын ыргытат. Ботуранын балдарынын «кайсы экени билинбей» дайынсыз чыккандыгын айтса, Сөлпүнүн балдарын жаман атап, булардын минтип кеткени жети атанын (жаатчылыктын) салдары» дейт. Ашмара, Меркени жайлаган «солто Байсейит, Бошкой элинен Өзүбек көңүлүнө толгон көрүнөт. Ошондуктан «Өзүбекке жолун алдырбай, Байсалым сенин жаманың» деп Байсалдын андан жол талашкандыгын жактыра бербейт. Бул ыр Үмөтаалынын өлөрүнөн бир жыл мурун ырдалат. Мындай тыянакка келишибиздин себеби ырды Жаки Таштемиров «Манас» колхозунун мүчөсү Жаманкызов Курманаалыдан 1970-жылы жазып алган[22]. Ал киши 1897-жылы туулган, кат-сабатсыз, ырчылык жөндөмү жок көрүнөт. Ырды 20 жашында, ошондо 1917-жылы ырдалган болуп чыгат, акындын өз оозунан угуп, үйрөнүп алган экен. Кабарчы эсинде калгандарын гана айтып бергендиктен, көп өзгөрүүгө учурабаган деп айтууга негиз бар.

Бирок, акын кордоо багытындагы ырларды жаратууда да калыстыктын чегинен чыкпайт. Мисалы, жалаң найза кары Үмөттүн «көңүл толорлук жакшы жактарын айтып, айлына мейман келсе, «курсагы жаман көрүнгөн» аялынын сараңдыгын чымчып өтөт. Көк кыядагы алты байдын ичинде келген-кеткенди тосуп узатып турган Айдараалынын меймандостугун өзгөчө белгилейт. Үмөтаалы Үмөт менен Байырбекти «элге тиер кайыры көп» – деп жактырса, Үрүстөмдүк Усубун «ары мырза, ары бек, намыска тууган кара көк» деп купулуна толтурат. Ырдын мазмунуна караганда Карабаш менен Кызылбаштын бийлик талашуусу токтобой, Майтык (Кызылбашты айтып жатат) «Акжарга көп барып», «болуш болом» деп катуу саясат жүргүзүп, Карабаштын ташы ооп калган көрүнөт.

Үмөтаалы:

> Башкы суу муздап тоңорбу,
> Жаманкыз, Бүргө турганда
> Бу Майтык журт сураса оңорбу? –

деп анын болуш болушун каалабагандыгын ачык билдирет. Кабарчынын маалыматы боюнча акын бул ырын башчыларынын суроосу боюнча ырдаптыр. Ырдын мазмуну-

нан байкалып тургандай, чыгарманын жаралышына эмне себеп болсо да, Үмөтаалынын өз доорунун жаман-жакшысын, карама-каршылыгын, адамдардын кулк-мүнөзүн реалдуу талдоого мүмкүнчүлүгү бар чоң таланттуу, курч акын экендиги ачык көрүнүп турат.

Эмнегедир акындар менен айтышка көп түшпөгөн көрүнөт. Бул анын Кыргызстандын түндүк, түштүгүнө кыдырып, эл аралап ырдабагандыгы менен да байланышы болушу мүмкүн. Өз чөлкөмүндө бирин-эки ырчылар менен беттешкени менен алар туруштук бере албаган көрүнөт. Чейненин ырчысы тийишип алып, жооп берүүгө чамасы келбей качып жоголот. Колдо анын Алымкул менен ырдашкандыгы жөнүндө маалымат бар. Бирок, ал да жеңилип калат. Айтыш анчалык көлөмдүү да эмес. Ырдын башталышында эле көп узартылбай токтолот. Атабеков Сейдибалынын айтуусунда эле 1915-жылы Сыйдаалынын ашында беттешет[23]. Экинчи кабарчы аш Жайылган деген жерде (азыркы Покровка) өтүп, «кимиси жеңсе, жарчы болсун – деп атайылап айтышышкан»[24],– дейт. Эки кабарчы тең негизинен Үмөтаалынын сөзүн гана үйрөнүп калышкан. Бирок, кантсе да экөөнүн чатагы Алыкулдун өзүнүн учурашуусун «оо көкүрөктүн туугандар, көк арпа жеген ургандар» деп аякташынан башталат. Ч. Шакетаев топтогон материалда[25]. Алымкул сөзүн жалпы элге саламдашуудан баштап, Талас жергесинин кооздугун, байлыгын мүнөздөп өтөт. Сөз кезеги Үмөтаалыга өткөндө ал айтышты курч баштап, ириде каршысынын «көк арпа жеген урандар» деген сөзүнө жооп кайтарат:

Арпа деген дан болот,
Дандан чыккан нан болот.
Күрпө-күрпө чайнаган,
Кызыл тору жан болот.
Ачарчылык болгондо
Алгы жеген эл болот,
Чыккан жери тоо болот,
Жайгашкан жери зоо болот.
Ошондо сенин агаң Кондубай,
Аягыдан аксак болдубу ай?

Тогуз үйлүү тогунай,
Тобу менен кондубу ай,
Тогунайдын ичинде
Аман-эсен жүрөбү,
Баягы буту чолок Кондубай?[26]

Тыңшагандар ырчынын сөзүн күлкү менен коштойт. Атыбек Сейдибалы жаздырган үзүндүдө Үмөтаалы Алымкулдун урук-тууганы эмес, өз башына да чалма ыргытат:

Сөз айтамын Алымкул,
Сөөдүрөбөй тура тур.
Кеп айтамын, Алымкул,
Кепширебей тура тур.
Сенин жайың мен билем,
Жүргөн жериң Агынай
Өз уругуң тогунай
Тогуз үйдүн жакшысы
Жалгыз буттуу Кондубай.
Боруке менен Сырдыбай
Борумун билбейт экенсиң,
Жогорку жактан кушчунун
Сонунун билбейт экенсиң,
Айта турган сөзүңдүн
Алымкул, орунун билбейт экенсиң[27].

Каршысын калктын жаман-жакшысын тандай албай, жалпы сөз айтып кайпып, айтыштын ичине үңүп кире албагандыгын кескин белгилейт. Атаң Үсөнбай «кара эчки уурдап, тогуз айыпка жыгылган» – деп ата-тегине да кылтак ыргытат. Кыскасы, Үмөтаалынын сөздөрү ары курч, ары жүйөөлүү чыгып, тыңшоочулар тарабынан колдоого алынат. Тилекке каршы анын мындай курч мүнөздөгү айтыштары колго тийген жок. Эл эсинде көп сакталган эмес.

Үмөтаалы эпосторду, чоң акындардын көлөмдүү ырларын да аткарып жүрчү экен. Өз ырындагы эле «маалыматка караганда Кожожашты» жаттаган, «Молдожашын мактаган», «даңазалап көп айткан» «Курманбек найза сайышты». «Далай кыргын чабышты», күлүктөрдүн күлүгүнүн, жорголордун жомогун калк ичинде дастан кылып айтканда «эл тунжурап» угушкан. Бирок, тилекке каршы

анын айтуусунда өзү эскерген бир да чыгарма биздин колго тийген жок. Айрым үзүндү ырларына караганда нускалуу санат ырлардан да куру кол эмес көрүнөт.

Жогорку бизге жеткен анча-мынча материалдардан эле анын өз заманындагы ири токтомдон болуп ар кандай мазмунда, тематикада ырдаган ар тараптуу акын экендиги, салттык ырдан баштап, ири коомдук-социалдык проблеманы козгоого чейин көтөрүлгөндүгү жана турмуштук жагдайда, чыгармачылык өмүрүндө болсун кыйын кезеңдерди басып өткөндүгү ачык көрүнүп турат. Бирок, тилекке каршы чыгармалары Советтик доордо да жыйналбай, изилденбей, кийинки жылдары гана бир аз көңүл бөлүнө баштады. Ошондуктан окурмандар Үмөтаалыны билбей калды, көбү үчүн белгисиз. Дегеле ырчынын өмүр баяны, чыгармачылыгы жөнүндө алгач сөз козголуп отурат. Ал эми акындын өз убагында туура баасын албай коңулда калышы анын өткөндө айрым уруу башчыларын, журт билермандарын, байларды мактап ырдагандыгы, Кызылбашка ырчылык шылтоо болду. Азыр ар бир инсандын өмүр жолун өз заманынын коомдук-социалдык, тарыхый-турмуштук, адеп-ахлактык алкагында иликтеп изилдөө мүмкүнчүлүгү түзүлгөн кезде Үмөтаалы да акындар поэзиясынын тарыхында өз ордун ээлемекчи.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Мындан ары борбордун кору, же фондусу делип кыскартылып берилет. Инв. № 549.

[2] Кыргызстан маданияты. № 2 (1250). 1991. 10-янв.

[3] Борбордун фонду. Инв. № 724.

[4] Борбордун фонду. Инв. № 724.

[5] Кудайбергендин уруусунун аты.

[6] Борбордун фонду. Инв. № 575, 4-дептер.

[7] Борбордун фонду. Инв. № 724.

[8] Борбордун фонду. Инв. № 724.

[9] Борбордун фонду. Инв. № 724.

[10] Борбордун фонду. Инв. № 724.

[11] Борбордун фонду. Инв. № 574, 4-дептер.
[12] Ошондо. Инв. № 549.
[13] Борбордун фонду. Инв. № 549.
[14] Борбордун фонду. Инв. 599, № 1.
[15] Ошондо, 575, 4-дептер.
[16] Ошондо. Инв. № 575, 4-дептер.
[17] Ошондо. Инв. № 575, 4-дептер.
[18] Борбордун фонду. Инв. № 724.
[19] Борбордун фонду. Инв. № 724.
[20] Борбордун фонду. Инв. № 724.
[21] Борбордун фонду. Инв. № 724.
[22] Борбордун фонду. Инв. № 724.
[23] Ошондо. Инв. № 575, 4-дептер.
[24] Борбордун фонду. Инв. № 575, 4-дептер.
[25] Борбордун фонду. Инв. № 575.
[26] Ошондо. Инв. № 724.
[27] Ошондо. Инв. № 724.
[28] Борбордун фонду. Инв. № 575, 4-дептер.

## КОРГООЛ ДОСУ УУЛУ
*(1882–1962)*

Токтогулдун көрүнүктүү шакирттеринин бири, айтышуудан алдырбаган, күүчүлөрдүн күкүгү акын жана комузчу Коргоол Досу уулу 1882-жылы Жалал-Абад областынын Токтогул районуна караштуу Чолпон-Ата айылынын жогору жагындагы Ак-Булак деген жердин Айыкты деген жайыгында, Назардын кыштоосунда дыйкандын үй бүлөсүндө туулуп, өмүрүнүн негизги бөлүгүн Ныязаалы, Жеңижок, Токтогул, Эшмамбеттер менен бирге өткөргөн. Ал актаңдай замандаштарын мындайча ырдаган:

«Жеңижок менен көп жүрдүм,
Алдына акын салбаган.
Токтогул менен бир өстүм,
Тоо гүлүндөй жайнаган.
Ныязаалыдан күү алдым,
Комузга колун кайраган.
Эшмамбет менен ырдаштым,
Эл ичинде сайраган»[1].

Акындын урпагы – Турсункан Коргоол кызынын тактап жазып бергенине караганда,[2] Коргоолдун атасы Досу ошол Назардын кыштоосуна таруу айдачу экен. Апасы Үпөл жети кыз төрөп, уулдан Суранбайы жалгыз болуптур, аны жалгыз болбосо экен деп тилеген эне Коргоолду элүүгө чамалап калганда көрүп, атын Суранчы коюшуптур. Бирок, карыган аял да төрөйбү дегендей айың сөздөн корунуп, кой короого барып төрөгөндө, денесине Коргоол жабышып калгандыгынан жана Коргоолдой кичинекей сары бала болгондугунан улам «Карасаң корголдой болуп...» деп жүрүшүп, Коргоол атыктырып жиберишиптир.

Коргол төрт-беш жашка чыкканда атасы Досу Уста-Сай деген жерге келип, там салып, ошерде отурукташып калат. Анда мергенчилик, дыйканчылык менен алектенип жүрүп, керегe, уук жасаганга өтүп, устачылык кесибин өздөштүрөт. Уулу Суранбай да ата кесибин улайт. Бирок, менчик жери жок болгондуктан Сары-Булактык Ажыкан деген бийдин жерине орток болуп, буудай айдайт. Түшүмдү бөлүшүүгө келгенде Ажыкан теңсиздик кылып, Суранбайды кемсинтип, сөгүп-сөздөйт. Мындай кордукка чыдабаган Суранбай колундагы күрөк менен бийди чаап жиберет... Бул окуянын арты жакшы болбосун билген эл Суранбайды жашырын качырып ийишет. Ажыкан бий Досунун мал-мүлкүн тартып алып, «Баланды таап бер!» деп зордуктай баштаганда, ал да Суранбайдын артынан качып кетүүгө аргасыз болот. Токтобек деген жерде жашаган беш-алты түтүн жатакчыларга келип кошулат.

Коллективдештирүү мезгилинде Коргоол агасы Суранбай экөө «Кызыл партизан» деген колхозго мүчө болуп киришет. Кетмен-Төбө менен Кара-Көлдү бириктирген жол курулушунда иштеп жүрүп, 1929-жылы Узун-Акмат суусунун боюндагы «Кошмо» деген колхозго көчүп келип, ошерде отурукташып калат. Коргоолдун андан кийинки өмүрүнүн бардыгы ушул аймакта өтөт.

Өмүрүнүн урунттуу учурлары Коргоол акын «Өмүрүм» деген узун ырында поэзия тили менен айтып өткөн[3]. Ал эргенчи чагында эле ата-энесинен ажырап («Айыкбай оору-кеселден, Ата-энем бирдей мүрт кеткен»), желкелеген жетимдикти башынан өткөрөт. Ошого карабастан «Жети жашта жетилдим», «Сегизге чыктым, серпилдим» дейт. Дээринде бар, чыйрак бала комуз чертип, ыр ырдап, тогузга чыкканда токтолгонун айтат. Атасы Досу чоң комузчу болуптур, «Кара өзгөй», «Кер толгоо», «Кызыл чымчык» ж.б. көптөгөн күүлөрдү чертүүчү экен. Аны Коргоол:

«Сары барпы» күү чертет,
«Каракаш торгой» баш кылып,
Албан түркүн чымчыкты
Адамдан кыйын сүйлөтөт» –

деп эскерет. Атасынын бардык күүлөрүн үйрөнүп алат, он алты жашында шыгы дагы артып, айылдыктардын көңүл ачар эрмеги болуп калат.

Баласынын ыр, күүгө өтө зээндүүлүгүн сезген Досу Аксынын Тегенесиндеги тууганы Ныязаалы комузчуга алып барып, шакирт кылып берет. Улуу комузчу Коргоолду бир жыл бою жанында алып жүрүп, күүлөрүн үйрөтүп, анчамынча ырчылыгын да чыгарып, алдына кунан мингизип, Токтобекке узатып койгон экен. Андан кийин да Ныязаалы Борош уулу көз жумганга чейин Коргоол Тегенеге барып, же улуу комузчу Кетмен-Төбөгө каттап, тыгыз байланышып турушат. Комузду үйрөткөн устаты Ниязалыны Коргоол да өмүрү өткөнчө эскерип, ырдаган жеринде биринчи кезекте атап, алкыш, урматын билдирүүнү унуткан эмес. Ныязаалынын комузчулук бийиктигин жана устаттык жагын:

«Кыргызда кыйын комузчу –
Ныязаалы Аксылык.
Кезегинде үйрөткөн
Жеңижок, Коргоол, Токонду
Комузга колун маш кылып.
Өнөрүн бүтүн алганбыз
Өлгөнчө бирге бастырып.
Эшмамбет келген жактырып,
Тамшандырган аларды
Таттуу күүгө мас кылып» –

деп өтө жогору баалап, кыргыз комузчуларынын арасында өз орду, өз баасы берилбей келатканга «Тарыхка толук кирбеди Таалайын элдин пас кылып» – деп кейиген, бардык жерде: «Ныязаалы болуучу күүчүлөрдүн балбаны» деп айтып жүргөн. Эми, азыркы учурда, тескерисинче, Ныязаалы комузчулардын анабашыларынын бири катары өз ордун таап, кептин башында айтылып атса, анын күүчү шакирти Коргоолдун комузчулук өнөрү акындыгынын көлөкөсүндө калгандай, «Ак Бакайынан» башкасы (ал дагы ыр катарында көбүрөөк айтылат) эске алынбай, угузулбай жүрөт.

Ырчылык өнөргө келгенде Коргоолго Ныязаалы Борош уулу кандай устаттык кылса, too булбулу атыккан Токтогул да ошондой, ашыгыраак салым кошконун, пен-

дечилик, күндөлүк турмушунда да таасири күчтүү болгонун Кокоң жашырбайт, атүгүл:

«Токтогул керек элиме,
Татыбайм анын чегине,
Толкуну ташып тоо бууган
Таланты күчтүү теңиме.
Атаңдын жүгүн көтөргөн
Анын нускасы калсын жериме» –

деп өз кызыкчылыгынан мурда Токтогулдун мурастарын элге жеткирүүнү биринчи планга коет. Ошол үчүн бардык аракетин жумшайт. Токоңдун күүлөрү менен ырларын жаздырган шакирттеринин биринчи сабында Коргоол акын турганын эч ким тана албайт.

Бир эсе Коргоол: «Ача тилдүү, ак таңдай Токоңдон калган кербезмин» деп өзүн Токтогулдун уландысы катары эсептесе, бир эсе

«Үйрөнүүгө өнөрүн
Өмүрүмдү арнадым.
Бак-таалайым бар экен
Аркасы менен Токомдун
Мен бүгүн
Акын деген сандамын» –

деп Токтогулдун аркасы менен адам болгонун ачык эле айтат. Токтогул менен теңтайлаш турган Коргоолчосунан көптөгөн акындардын баары эле устаттарын мынчалык көтөрүп айта алышкан эмес. Өздөрү кадыр-баркка ээ болуп алышкандан кийин алда качан көзү өткөн устаттарын ошол боюнча «унутуп» калгандары, окутуучусунун чыгармаларын өзүнүкү катары ырдап, энчисине басып алгандары да көп болгон. Устат сыйлоо жагына келгенде Коргоолдон өткөнү болбогонун анын ар бир шакиртине ырдаганда башында Токтогулду айтып, анан башка сөзгө өткөнү далил берип турат. Маселен, Токтосун Тыныбеков шакирт болуп келип биринчи учурашканда Коргоол:

Токтогул акындардын улугу,
Акылдын кирсиз тунугу.
Токомдун жүрүп артынан
Торгой болдум таңшыган[4]–

деп баштап, алда качан көз жумган устатын асмандата айтып, ошондой боло көр дегенчелик кылып, жооп кайтарып ырдайт.

Экинчи шакирти Тууганбай Абдиев учурашып ырдаганда, Коргоол Токоңун барк-башааратын жогорку саптарынан да жогору сермеп:

Торгоюм Током барында,
Томпоюп жүрдүм жанында.
Он жети жыл ээрчидим,
Оозунда ырдан телчидим
Оймоктой бала чагымда.
Күнү-түнү сайрап талбаган
Күлүктөй болуп табында
Бир балээси бар эле
Билгизип турчу жаагында.
Баса алган эмес өнөрүн
Падыша менен ханың да»[5]–

деп, Токтогулдун ырчылыгында башкалардан алда канча артыкчылык кылган көзү ачыктай, сыйкырчыдай жагын белгилеп, саясий жетиктигин, эч кандай күч майтара албаган күчтүү эркин баса айтат, Токтогулдай ырчы болууга чакырат.

Дагы бир шакирти Алтымыш Мундузбай уулуна Токтогулдун Сибирге айдалганын айтып келип:

Токтогул жаакта жок эле,
Жаштык ырын ырдаса
Күйүп турган чок эле.
Кенен акыл, кең пейил
Ырчыларга тоо эле.
Булбул эле муңканган
Буудан эле чуркаган.
Күйүттүү эле пендеден
Мүрөктүн суусун ууртаган.
Айыл, элге ыр ырдап
Аянбай тилден чуркаган –
десе, Актан аттуу шакиртине:
Колдосун балам Токоңдун
Козголуп сени арбагы.
Өзүңдө калып өрнөгү

Орносун ырдын зардабы.
Колдон алса Токтогул
Кошулушат калганы.
Жетип келер Жеңижок
Жетилтип жолго салганы.
Ээрчитип жолду таанытар
Эшмамбет ырчы ал дагы.
Кор кыла койбос ушулар
Кошойдой ырдын балбаны[6]–

деп Токтогулдун арбагын бардыгынан жогору коюп, бата берет. Кади, Качкынбек деген шакирттери менен ырдашканда да улуу устаты Токтогулду үлгү катары көрсөтүп, ошондой акындардан болууларын каалайт.

Коргол ырчы Токтогул темасын сексенге келгенде башынан өткөн бардык ачуу-таттуу турмушун, ийгилик, кемчилдиктерин жыйынтыктай олтуруп чыгарган «Өмүрүм» деген ырында улантып:

Токтогул чагаарына келгенде,
Тили болчу жыландын.
Токтогул чыгаарына келгенде,
Күлүгү болчу дубандын.
Током манапка каршы ырдаган,
Улугу болчу акындын.
Көмгөн менен дат баспас,
Топурак жугуп, зак баспас,
Алтындай, тунугу болчу акындын

деп өтө улуу сөздөр менен барк, баасын белгилей келип, дагы эле анын устаттык жагын, өзүнө болгон таасири менен жардамын:

Токтогул коруш болду сөзүмө,
Кош айнек болду көзүмө.
Кара ташты как жарган
Кубатын берди өзүмө», –

деп абдан таамай жана чын дилинен (жүрөгүнөн) айтыптыр. Дегинкиси тоо булбулу Токтогулдун устаттык жана акындык, адамдык жана баатырлык б. а. бардык тарабын көзү өткөнгө чейинки ырларында талбай ырдап, көзгө көрүнүктүү жана китебин окугандарга ишеничтүү образын

тартып кетиптир. Анын Токтогул туурасындагы ыр саптарын канчалык окусаң, ошончолук суктандырып отургандыктан, сөзгө алган учурда кыскарта чабууга колуң барбайт. Устатыңды урматтасаң Коргоолдой бол деп кайра-кайра кайталоого аргасыз болосуң.

Ушул «Өмүрүм» деген ырынын аталышынан байкалып тургандай, сексен жылдык өмүр жолун, акындык өнөрдөгү өз ордун, карылыкка карата мамилесин, жаштык кезине болгон кумарлануусун б. а. өз образын, өз портретин да таамай тарткан. Аны кагазга түшүргөн учурда да саптан-сапка жалгашкан элестүү, образдуу ойлорун үзүп салгың келбей, бир топ жерге чейин барып токтойсуң, андан ары эмне болот деп демеп окугуң келет. Маселен,

«Он алты жашка чыкканда
Каадалуу жигит өңдөнүп,
Калың элге түрдөндүм.
Койколоңдоп ыр ырдап,
Комузду жакшы үйрөндүм.
Эл черткен күүнү мен черттим.
Тогуз күүнү тең черттим.
Топтолгон элди дегдеттим.
Кызый-кызый күү черттим,
Кыз, келинди тербеттим, –

деп өмүрүнүн алгачкы балалык маалын негизинен комузчулукка багыштаганын, бул өнөрдө бир топ ийгиликтерге жетишкенин белгилейт. Анан:

Балакеттей кулпунуп,
Баркытты кийдим жонума.
Баш ырчы болуп калгансып,
Бакырдым жыйын-тобуна, –

деп өзүнүн көпкөлөң тарткан учуруна ирониялуу карап, чындыгын жашырбайт. Кийинки жетишкендиктерин жыйынтыктай келип:

Топ жыйында сайраган
Токтогулдан кийинки
Торгойлордун бири элем,–

деп өз ийгилигин, замандан акын-комузчулардын арасындагы ордун туура белгилейт. Өзү жашап өткөн мезгил

аралыгындагы акындык өнөрдү баалоонун чен-өлчөмүнө салганда кыргыздардан биринчи номурда турган Токтогул деп санап, андан кийинки катарда тургандар экөө болсо бири, бирөө болсо өзү экендигин сезет жана «Чечендер келсе жол бербес Атактуу акын болгонмун» деп тайманбай эле айтат.

Акын Коргоол поэзиясында замандаш ырчыларынан айырмаланган дагы бир тема бар, ал – ошончолук зор таланттын өмүрү элетте өтүп чыгармалары, айылдан алыстабаганына өкүнүч билдирген өнөрпоздун ички дүйнөсүн ачуусу. Бул багыттагы көз карашын жана башынан өткөн окуя – ой толгоолорду топтоп туруп, «Абаң көп акылдан адашты» – дейт да:

Бүркүттүн жогдор жүнү элем,
Булбулдун таңшык үнү элем
Алдыма өттү ыктуулар,
Аламан сөзгө шыктуулар.
Жандап кетти ыктуулар,
Жамалы сөзгө шыктуулар[7]–

деп элетте жүрүп аты элге жете бербей, ырлары жарыкка чыкпай калганына бир кейисе, экинчи жагынан өзү менен бирге жүрүп тең ырдаган же жамакчылыктан өйдөлөй элек андан кем ырдаган айрымдар өкүмөттүн камкордугуна алынып, орден, медалдар менен сыйланып, ысымы дүңгүрөп жатканына бир эсе ичи ачышканын да жашырбайт. Мындай ой-жыйынтык Алымкул Үсөнбаев менен болгон бир айтышында андан ары улантылып:

«А мен акыны болдум айылда
Аял менен баланын»
«Кошулбай жүрүп картайдым,
Комузчу, ырчы шайырга»–

дегендей ички армандар менен коштолот. Калык Акиев менен жолугушуусунда:

«Сен болсо барып борборго
Түштүң жарык, чоң жолго,
Жайдыр-кыштыр бир жүрүп,
Жакындап алдың чоңдорго.
Китеп болуп ырларың,

Чыгып жатат жыйнагың
Жеткениң ошол болжолго[8]–

деп ырларынын китеп болуп чыкпаганына, артына калтырар мурастары жазылып калбаганына, аты кеңири тарабаганына кейип келип, чатагыраак кыялынан улам артистикке барбай койгонуна өкүнгөнүн да кыйытып өткөн.

Бардык нерсени мезгил менен убакыт баалайт эмеспи, Коргоол катарында жүрбөй калдым дегендей кылып өкүнүч айткан атактуу замандаштары: Алымкул, Калык, Осмонкул, Ысмайыл сыяктуу ырчылардын ысымдары Совет доорунда дүңгүрөп турганы менен, өкмөт менен партиянын каалоолоруна ылайыкташа ырдайбыз деп көп мүмкүнчүлүктөрүн жоготуп коюшканы бүгүн, бул заманда билинип атпайбы. Коргоол өзү:

Корголдун жазган ыры деп
Колуна алып бир киши –
Окуп көрүп билчиси
Оодарбады барагын –

деп сексенди таягыча жамгырдай төккөн ырлары көзү барында кагаз бетине түшпөй, китепке чыкпай калганы болбосо, ырдоо шарты жогоруда аталган ырчылардан алда канча эркин жана жемиштүү болгону замандаштарына белгилүү эмеспи. Ошондон улам «Өмүрүм», «Карылык», «Ак Бакай», «Дүйнө» ж.б. көптөгөн салмактуу ырларды жана айтыштарды жаратып, өз доорун да оозго алууга «тыйуу салынган», «Сурбайтал чакырыгы», «Кепич жоголгондо», «Жар чакыруу», «Гүлсайраны кошкондо» деген сыяктуу азил, чыны жана сатирасы аралаш ырларды жарыя айта алмак эмес. Коргоол өз замандаш ырчыларынан айырмаланып ошол тоталитардык деп аталып жүргөн заманда эле өнөрпоздорго аба, суудай зарыл болгон эркиндиктин бир ныптасын жакшы эле пайдаланган.

Коргоолдун ырчылар поэзиясындагы өзгөчөлүгү да ошол эркин сүйлөгөнүндө, сөздү таамай, так жалтанбай айтканында турат. Ага юмор менен сатира кошулганда ого бетер көркүнө келип, добушу канчалаган ырчылардан жогору чыгат. Аны акын өзү да жакшы билген, «Жер силкинтип сүйлөгөн Жез таңдай элем жаш кезде», «Бабаң

Коргоол жашымда, Баарын айтып берейин, ырчыдан жыккам отузду» деп тартынбай эле айткан. Айтыш өнөрүндө алдына ат салдырган эмес, Токтогул баштаган ырчылардын тобу татаал айтыштарда, б. а. айрыкча аялдар менен беттешкен жерде Коргоолду алдыга кое беришчү экен. Демек, Токтогул, Жеңижок, Эшмамбеттердей үлкөндөр талантын баалап, артыкчылыгын сезип алдыга чыгарган Коргоол Досу уулунун ырчылык талантын, комузчулук өнөрүн, адамдык парасатын тереңдете изилдөө, акындар поэзиясындагы ордун бекемдеп көрсөтүү үчүн бир чоң эмгек жазылууга тийиш. Ал келечектин иши боюнча калат.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Асанбай Камчыбеков.* Устатын өткөн урматтап//Китепте: К. Досу уулу. Коргоол. – Б.: Адабият, 1993. 235-бет.

[2] *Турсункан Коргоол кызы.* Атам Коргоол жөнүндө// Кыргызстан маданияты. № 52. – 1991. – 26-дек.

[3] *Коргоол Досу уулу.* Коргоол. – Б.: Адабият, 1993. 17–30-беттер.

[4] Токтосундун учурашканы. Жогоруда аталган «Коргол» деген китепте, 120-бет.

[5] Ошондо, 144-бет.

[6] Ошондо, 160-бет.

[7] Ошондо, 173-бет.

[8] Токтосундун экинчи жолку саламдашуусу. Аталган китепте. 127-бет.

## КАЛЫК АКЫ УУЛУ

Калык Акы уулу кыргыз акындар поэзиясында өзүнүн чоң орду бар, даңазасы кыргыз, казакка бирдей тараган, түбөлүктүү өлбөс өнөрү кызыл тили менен чыныгы урматсыйга арзыган элибиздеги саналуу төкмөлөрдүн эң көрүнүктүүлөрүнүн бири.

Калык Жумгалдын Кара-Ой деген жеринде 1883-жылы туулуп, 1953-жылы азыркы Бишкекте көз жумган. Калыктын өнөрпоз болуп калышына анын идирегин байкап, жаза-буза коркутуп, Эшмамбеттей ырчы кылып алууну көздөп айылга келген өнөрпоздордон, дубанага чейин тууратканТөрөгелдинин да азыраак салымы бар, б. а. Калыктын ачыкка чыгып ырдоосуна ал алгач шартты түзгөн. Калыктын ырчылыгынын түптөлүшүнө эң алгач Кара Курман, Жаңыбайдын жардамы көп тийген. Жаш ырчыны өзгөчөлөнгөн таланты, бийик үнү, өктөм мүнөзү менен Эшмамбет абдан таасирлентет. Ал Эшмамбеттен да кыйла үлгү алган.

Калык улуу устаты Токтогулга 14 жаш курагында, 1897-жылы жолугат. Токтогул кыраакы, даанышман адам болгондуктан анын келечегин көрө билип, али такшала элек ырчынын көңүлүн көтөрө:

Өзүң Калык баласың,
Ыр жагынан даанасың.
Комуз чертип бер десе,
Обон салып арышта.
Артыла берет өнөрүң,
Балам, тартынбай киргин жарышка![1]–

деп ак батасын берет. Башкалардан төкмөлүк өнөрдүн алиппесин үйрөнгөн Калыкты бабына келтире таптап, эл

аралатып топ буздуруп маштап, ырчылык чоң жолго, чоң жорго кылып Токтогул салыптыр. Ырасында, Калык үчүн ал өзүнчө эле университет болуп берген. Анткендигибиз улуу устаты ага жол көрсөтүп, багыт берип гана койбостон, шакиртин чукугандай сөз тапкычтыкка, баамчылдыкка, эң негизгиси турмуш чындыгын тайсалдабай туура ырдоого көнүктүргөн. Мындан сырткары ал Калыкка комуз чертүү түркүмдөрүнөн баштап айтыш, алым сабак айтыш, санат, терме өңдүү салттуу ырларды, ири көлөмдөгү дастандарды кайсыл жерде, кандайча ырдоо керектигин, б. а. ырчылык өнөрдүн зор эстетикалык күчүн, этикалык маданиятын, салттуу сабагын үлгү тутарлык бийик даражада үйрөттү. Мындай мамилени Токтогул шакирттеринин баарына жасаган.

Дал ушул кездешүү Калыктын чыгармачылыгынын бурулуш этабын белгилейт. «Ошол күндөн тарта чоң ырчылардын катарына өтүп жол талашып, жаңылык сөздөрдөн ырдап калдым» деп эскерет Калык өзү. Калыктын арымдуу чоң төкмөлөрдөн болуп калгандыгын сынга толтуруп, Жеңижок ага «Жоргонун бирөө болупсуң, жолго түшсө желбеген»[2] деп баа берет.

Калыктын тунгуч ырларынын катарына «Энесинин кошкон кошогу», «Жер кепеде өткөн күн», «Саламдашуу», «Жокчулук» ж. б. кирет. Ырларда негизинен өз башынан өткөргөн оор күндөрү, жетимдик тагдыры, жалпы эле тиричилиги элестүү чагылдырат. Буга «Жокчулугун» күбө тартсак болот:

Кадыры жок, баркы жок,
Эсен кылдың жокчулук.
Калп айтышка тилимди,
Чечен кылдың жокчулук,
Оорусу жок, онтотуп
Кесел кылдың жокчулук...[3]

Калыктын чыгармачылыгындагы өз алдынчалык алгач бирин экин майда ырларды чыгарууда башталып, «Зилзала», «Үркүн» өңдүү элдик маанидеги чоң темаларга кайрылууда өрлөп, күчтүү ырчылар менен айтышка түшүп, көлөмдүү эпикалык жанрларды айта баштаган мезгил-ден

тарта ири тажрыйбага ээ болуп, ырчылык ажары ачылып, чыгармачылыктагы өздүк (Калыктык) почеркин таап алгандыгын байкоого болот. «Үркүн» деген ат менен кеңири белгилүү 1916-жылкы кандуу кагылыш элибиздин тарыхында да кандуу тамгалар менен өчпөс болуп жазылып калгандыгы маалым. Ошол апаат күндөрдү Калык ири төкмөлүк таланты менен жүрөк титиретээрлик даражада таасын баяндаган:

Ок-жарагын жүктөтүп,
Кыргызга өлүм издетип,
Талкалады солдаттар,
Самоор менен кумганды.
Алган эри атылып,
Аялдын көбү тул калды.

Казанга салган жеринде,
Кайнаган бойдон эт калды.
Карап коер киши жок,
Карга, кузгун жеп калды.
Тартылбай калды ашкана,
Талаада калды жаш бала.
Жетелеп качаар киши жок,
Жүктөрү менен төө калды,
Жүгөнүн сүйрөп көп адам,
Атка жетпей жөө калды.
Менден неге качтың деп,
Мелмилдеп Ысык-Көл калды.
Азып-тозуп ар жерде,
Бирин-серин эл калды.
Иш бузулуп ушундай,
Иттер улуп, жер калды.
Мусапыр болуп көрүндү,
Качкан элдин карааны…[4]

Калыктын таланты көп кырлуу, ар тараптуу. Ал ириде, ырчылык өнөрдөгү негизги татаал жанрлардан болгон – айтыш өнөрүнүн чоң устаты болгон. Ырчылыктын төрү – төкмөлүк болсо, ырчынын күчү – айтыштан билинет. Айтышка түшпөй туруп ырчы өспөйт. «Айтыш көпчүлүк

элдин алдында акындын акындык күчүн, дараметин сыноочу чоң сыноо, алардын ырчылык жолундагы, өнөр салыштыруунун, талантты сыноонун эң кыйын ашуусу»[5]– дейт, окумуштуу С. Байкожоев. Эл да айтышка түшкөн ырчыларга күрөшкө түшкөн балбандарды карап тургандай алардын психикалык ар кыймылын көз жаздымында калтырбай, моокумун кандырган албан эргүү, чоң жоопкерчилик менен мамиле кылышкандыктан, анан калса театр, кино, цирк жок кезде бул өңдүү тамашалар сандаган элдин башын бириктирген кандайдыр оюн-зоок, кеченин, театрдын милдетин кошо аткарган синкреттик искусство болгондуктан, айтышка түшкөн ырчылар төкмөлүк өнөрдөгү майда деталдарына дейре, бар тарабы менен көзгө таамай урунган. Алардын чабалдыгы да, ортозаарлыгы, же мыктылыгы да эл тарабынан сыдыргыга салгандай калыс бааланган.

Калыктын айтыш өнөрүнө болгон чеберчилиги алгач Жаңыбай, Кара Курман, Эшмамбет, кийин Токтогулду ээрчип, алар менен алым-сабак ырдашкан кездеринен тарта калыптанып, өскөндүгүн тануууга болбойт. Биздин колдогу Токтогул менен Калыктын «алым сабактары» баштаган ой учугун бузбай, соболдон улам бир соболго өтүп, тамашадан тамаша чыгарып, учурдагы кырдаалды бап сүрөттөп, уйкашка уйкаш кынаптоонун, суроого так жооп табуунун алда нече түрүн көрсөткөн кыргыз акындар поэзиясында кездешкен алым сабак айтыштардын классикалык үлгүлөрүнө кирет.

Бүгүнкү бизге жеткен бардык айтыштардын ичинен өтүмдүү ыры, өктөм мүнөздөрү, ташка тамга баскандай так кесе кайтарылган жооптору, образдуу таамай салыштыруулары жана экөө тең күчтүү ырчылардан болгондугу менен өзгөчөлөнүп, оозго алынган албан айтыштардын катарында – «Эшмамбет менен Калыктын айтышы» да турат. Айтыш төкмөлүктүн арааны жүрүп турган кез, 1904-жылы болуп өтөт. Ал убакта Каратал менен Байгазы экөө болуштукту талашып, жиктешип турган учур, ошол мезгилде Байгазы тарабындагы Талканбайдын ашы болот. Караталдын атасы «жыгаччы», ошого келтирип ырчысы

Калыкты кордоп ырда, деп Байгазы өз ырчысы Эшмамбетти тукурат. Эшмамбет «жаш балага сакалдуу башым менен»... деп көнбөй койсо болбойт. Айтыш ушинтип башталат. Эшмамбеттин атагы ал кезде кыргыздын «оңу» менен «солуна» бирдей тарап, «санат ырдан алдына киши салбай» (Жеңижок), «ат үстүнөн ырчы жетпей» (Токтогул), «кайнап турган» (Тоголок Молдо) учуру экен. Ал эми Калыктын анда жыйырма бир жашка чыгып «Токтогул менен бирге жүрүп, жалтанбай топко кирип, Эшмамбет менен ээрчишип ырдап, Жолой ырчы жолобой, жолун киши торобой, «оңой эмесмин» деп жүргөн кези». Эшмамбет ашта жар чакырып келатып анан түз эле Калыкты каптап кирет:

Сенин атаң Акы уста,
Асылган көңдөй терекке.
Алкак салып арчадан,
Түп кынаган челекке.
Оокатына ошолор,
Жарайт бекен керекке?
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Кутулган жок атаңдан,
Чычырканак, долоно.
Чыныгы ырчы болупсуң,
Жыгачка жакын жолобо!

Бул жерде, тыңсынып шылдыңга алуу, кекээрлүү какшык жатат.

Калык да атаандашканынан тайсалдап калбай, Эшмамбеттин алабарманданып манаптардын тукуругуна киргенин айтып, негизги кулк-мүнөзүнө токтолуп, пайда чыкса баарын унутуп калган кемчилдигин бетине кармап, кордоосуна жараша кордоого алып, өзү сергек туюмдуу чебер ырчы болгондуктан Эшмамбет талылуу жерден алып сөзгө сындыргысы келип, атасы Акынын усталыгына атайылап басым жасап, кетким кылып, «көө» сүйкөгөн жерлерин бир баштан минтип өчүрүп чыгат.

Калайык кулак салып ук,
Каалаганың баарың ук.
Атам кыйган жыгачтын,
Ар бирине келейин.

Атам үчүн көпчүлүк,
Анык жообун берейин.
Карагайды кыйды деп,
Кабыргаң жаман кайышса,
Ал, катының беле Эшмамбет?
Катыныңдан бир таман
Жакының беле Эшмамбет?
Арчага ичиң кайышат,
Алганың беле Эшмамбет?
Андан майда четин, тал
Балдарың беле Эшмамбет?

Айтышка түшкөн ырчынын берилген суроолорго эл ынанбагыдай чала, же туура эмес берген жообу – анын чабалдыгын, эгер туура жандырып кетсе – мыктылыгын, ал эми бардык соболдорду так, эркин чечмелеп, кайра атаандашына ал жандыра алгыс оор суроолорду берип, ооз ачырбай жеңип кетсе, анда анын абдан күчтүүлүгүн, эрдигин туюнткан.

Бул жерде Калык да каршылашынын оюн таап, өзүнөн күткөн талабын орундата «эки жерде эки – төрт» дегендей эле так жообун берип, кыйла төгүп барып, кайра суроо узатып, Эшмамбеттин өзүн мазакка алат:

Сенин атаң Эшмамбет,
Алманын данын сепкенби?
Акы кыйган жыгачты
Атаң айдап экkенби?
Ээн чыккан тал, терек
Дагы атаңдан калдыбы?
Атамдын балта, чотунун,
Сабы атаңдан калдыбы?

Айтышынын соңундагы кана, «жооп тапчы?» деген кыязда өнөктөшүнө койгон шарты да абдан таамай, так кесе:

Жыгачтан башка бар болсо,
Атамдын айтчы айыбын!?.

Мына өнөрдүн күчү, кызыл тилдин керемети... Бул, Калыктын калдайган калың эл алдында эч кимден жеңилбеген жез таңдай ырчы Эшмамбетти жеңип «кара жаак Калык» атанган ири жеңиши, ырчылыктагы чоң эрдиги эле.

Адатта, ырчылар орунсуз сөздөрүнөн кармалып, же ашыкча мактанып алып анысы төгүндөлүп калганда, болбосо ынанымдуу сөзгө жооп таба албай жеңилип беришет. Бирок, канткен күндө да айтышка түшкөн ырчылар күтүүсүз ар кандай тагдырга туш болушу мүмкүн. «Күч – атасын тааныбайт» дегендей, кээде ыгына келе түшсө өнөрү артык, эч кимден жеңилбей тургандай сезилген чоң ырчылардын да бүк түшүп, жеңилип берген кездери арбын. Анткени айтыш атакка, күчкө, көп жылдык тажрыйбага эмес, учурдагы жүйөөгө багынат. Баштан баштын – тапкычтыгы, тилден тилдин – жорголугу, ойдон ойдун – тереңдиги, сөздөн сөздүн – ынанымдуулугу, тууралыгы, мүнөздөн мүнөздүн – курчтугу, өзгөчөлүгү, артыкчылыгы дал айтыштан билинет.

Калыктын айтыш өнөрүнүн чебер устаты экендигин Айдаралыны жеңген айтышы да кадиксиз далилдейт. Айдаралы ары амалкөй, күүчүлүгү да кыйын, өзгөчөлүү жаралган чоң өнөрпоз болгон. Калың элге шумданган өнөрү, күлкүлүү кыял-жоругу менен жаккан, турмуштук жөнөкөй эле көрүнүштөрдү келиштире элдик юморго салып бура сүйлөгөн тили тибирткелүү ырчылыгына, оштонто чертсе олутуна келип, жараша түшчү күүчүлүгү, ага чебер аткаруучулугу, тубаса артистиги ширелишкен – Айдаралыдай күчтүү өнөрпозго жекеме-жеке беттешүүдөн башкалар эмес, өнөрү артык ырчылардын өзүлөрү кооптонгону чындык. Андыктан, Айдаралынын «сендей-сендей ырчыны, койгулатып отуруп, комуз менен жеңебиз» – деп, Калыкты опузалаганынын чындыгы да бар. Бул жагынан алганда ал Кетмен-Төбө, Талас түгүл кыргыз жергесиндеги бардык өнөрпоздордон айырмаланган кыйын өнөрпоз.

Айтышта кылтылдап, не бир айла-амалдарды ойлоп таап, шумдуктанып элди күлкүгө бөлөө жагынан Айдаралы артыкчылык кылса, атаандашын ар нерсеге теңеген образдуу салыштыруулары, жамактаткан ырынын тереңи, олуттуулугу, курчтугу боюнча Калык камчы салдырбайт. Бир нече күч сынашуудан майнап чыкпаган соң акыры Айдаралы Калыкка теңеле албасына көзү жетип, адатынча каткырып, кайра томсоро калып:

Атаңдын көрү-ү,
Мунуңар Калык эмес эле,
Кара тажаал турбайбы!
Ыры азыраак кишини,
Ушунча каптап ырдайбы?
Кушчу, саруу элимден,
Көргөнүм жок мындайды.
Тамаша кылат деп турсам,
Тартынбастан чындайбы?
Ыр – сенде, күлкү – менде –

деп кадыресе күлүп, элди күлкүгө бөлөп жөнөп кетет. Бул Айдаралынын Калыктын чынында эле узакчыл, чендетпес күлүк экендигине ынанып, улук сөздү урматтап, өнөрдү баалай билген, салт билген наркtуулугу. Токтогул да «кара күүлөрдүн атасы» Карамолдонун комуз черткенин көрүп «ыр – бизде, комуз – силерде экен» деп баа берген эмеспи.

Береги айтыш, өткүр тилдүү кара жаак Калыктай, бүткүл турпатын күлкү уялаган Айдаралыдай, бирин экинчиси толуктап турган эки шайыр өнөрпоздун күтүүсүз кездешүүсүндө, экөөнүн тең чыгармачылык жүзүн таамай көрсөткөн, анда да сахнада роль аткаргандай жандуу сөздөрү, күлкүлүү кыймыл-аракеттери, ымдоо-жаңдоолору, куудулдук жоруктары менен элдин боорун эзген, чыныгы өмүрүн сахнадан тапчу табигый комедиялуу, ары оригиналдуу айтыш. Ошентип, айтыш өнөрүнүн салтында анча кездешпеген жайдары юморлуу, жаш-карыга бирдей жагымдуу дагы бир классикалык айтыш адабиятыбыздын тарыхында калды. Азыркы виртуоздуу стилдеги залкар «Көйрөң күүнү» Айдаралынын куду өзүндөй ойноп, ыры менен коштоп аткарып музыкалык алтын фондуга Калык жаздырып кеткен. «Көйрөң күүнү» Калыктын кандайча таасын, ары таң калаарлыктай аткаргандыгын замандашы Чалагыз мындайча сүрөттөйт:

Калыктын бир укмушу топусунда,
Жеткендей көз боочунун окуусуна.
Кырдантып чекесине кое койсо,
Топусу жоргологон чокусунда.

Калыктын эмгеги зор «Көйрөң күүдө»,
«Көйрөң күү» арыштады ушул күндө.
Жаштарга эгер Калык үйрөтпөсө,
Кымбаттуу мындай өнөр болмок кимде[6].

Калыктын көптөгөн айтыштары ар башка учурда жаралган, ар кыл типтеги айтыштын мыкты үлгүлөрүнө кирет. Аларды мүнөзүнө ылайык, «Совет мезгилине чейинки» жана «Совет мезгилиндеги айтыштары» деп эки топко бөлсө болот. Айрыкча Совет мезгилине чейинки айтыштары Калыктын айтыш өнөрүндө мүдүрүлбөс чоң устат, ири чебер экендигин дайын кылган нукура айтыштарга жатат. Ал эми, Совет мезгилиндеги Осмонкул экөөнүн айтыштары жайынча, тамашалуу айтыштар. Калык, Жеңижок, Калмырза, Эшмамбет, Айдаралы, Балкы кыз өңдүү кыргыздын, Жамбыл, Үмөталы, Кенен өңдүү казактын акындары менен айтышканы белгилүү. Калык айтылуу Жамбылды:

Көк чапаның бүчүлөп,
Көк эшегиң чү-чү-лөп.
Кечээ Чүйдө жүрчү элең,
Көрүнгөндөн «кичилеп».
Эми, мансапка жетип алган соң,
Манчыркап калат титиреп –

деп жүйөөлүү сөзгө жыгып, 1923-жылы Жети-Суу областында казак-кыргыздын башы бириккен «Союз кошчунун» тоюнда, өзүн какшыкка алып, беттеген Кененди:

Жергебиздин салтында,
Жети ооз өлөң айтканга,
Жеңеси сүйгөн кыз берген.
Жээрде атын кайра доолаган,
Мага, кайдагы жетесиз ырчы туш келген?
Беде салдым, чөп салдым,
Элүү боодон көп салдым,
Чыгымым төлөп, атың ал!
Чыдабай барам, бачым ал!
Беш дубан элге жар салып,
Бер десең, башын ачып ал![7] –

деп экинчи ооз ачыргыс кылган. Анын дагы да көп айтыштары колго тийбеди. Калык алтымыш жылга чукул

чыгармачылык сапарында кыргыз жергесин түрө кыдырып, казак калкын аралап эки элге бирдей таанылып, чоң айтыштарга көп түшүп, алышса алдырбаган, жулушса жулдурбаган жеңилбес ырчылардын катарына кирет. Замандашы Чалагыз Калыктын айтышка түшкөндө ажарына чыга түшөрүн белгилеп, казак акындары Үмөталы, Кенен-ди коштоп туруп кантип ооз ачырбай жеңгенин айтып келип, «Кыскасы Калык чукугандай сөз тапкан, ырдашкан акындарын жеңбесе жеңилбеген, таланты ташкындаган чыныгы акындардын бири эле» – деп баа берсе, өнөктөшү омоктуу ырчы Осмонкул Калыктын айтышка түшкөндө өнөрлөшүн «жалындай» каптап кетчү жаалдуу төкмөлүгүн, дегеле алп талант катары өзгөчөлүгүн минтип абдан таамай ачып көрсөтөт:

Күүлөнгөнү Какемдин,
Көбүк бүрккөн Нарындай.
Кызый-кызый келгенде,
Көкө-Мерен шарындай.
Каршылашкан ырчысын,
Каптап кетет жалындай.
Калык – буура, мен – тайлак,
Качып турам жалтайлап.
Каарына алганда,
Какем, жутуп коет бир чайнап...[8]

Бул, Калыкты абдан жакшы билген өнөрлөшү тарабынан ага карата билгичтик менен айтылган туура сын-баа. Мында бир чети, Осмонкулдун устатына болгон терең урматы дагы жатат. Акын Т. Үмөталиев Калык туурасында буларды айтат: «Коргоол Какеме чамалаш киши болчу. Ал өзү бирге жүрүп, бирге турган ырчылардын ичинен Току менен Калыктан гана ийменип, батына албаганын көп айтчу. Осмонкул, Алымкул менен да тамашалашып, кээде чапчыша кеткенге чейин ырдаша турган, Бирок, бу кыялын ал Какеме көрсөтө алчу эмес. Атка минип турганда Калыктын эргип кете тургандыгын, анын астына чыккан ырчы болбогондугун Коргоол таң калып айта турган». Чындыгында эле Калык айтыш өнөрүнүн ири устаты, өзү ырдагандай

Казак-кыргыз баш кошсо,
Жар чакырдым калыска.
Жаакташып айтышсам,
Жарачу элем намыска[9]

качан да болсун керек кезде чоң намыска жарап койчу алп ырчы болгон.

Калык көп чыгармаларын өз колу менен жазып кеткен улуу муундагы биринчи төкмө. Калемди ал колуна кырк беш жашында алып, сабатын өз алдынча ачкан. Анын жазмага өтүүсүнө үнүнүн кардыгып чыкпай калышы жана өзүнүн жекече кызыгуусу түрткү болгон. Жакшы жагы Калыктын жазуу ыкмасы да төкмөлүгүндөй эле арымдуу кеткен. Т. Үмөталиев: «Какем элпек жана өтө шамдагай киши эле. Токтогулдун эң көп ырларын, «Кедейканын» кагазга жазып, бат эле Жазуучулар союзуна алып келгени эсимде. Токтогулду калыбына келтирүүдө Коргол да, Алымкул да көп кызмат өтөштү. Бирок, Какем баарынан көп жазып жана Токтогул жөнүндө баарынан даана түшүнүк берди. Токтогулдун ырлары, өмүр жолу боюнча да Токтогул комитетине, Жазуучулар союзуна консультант сыяктуу жардам кылган»[10] – деп жазса, жазуучу А. Токомбаев Калык узакка ооруп, көп кыйналса да, өлөөр-өлгөнчө алсырап бүткөн колунан калеминин эч түшпөгөндүгүн айтат.

Калыктын жетимиш жылдык өмүрүнүн 25 жылы чала сабат жазмалык менен өткөн. 1936-жылдан тарта кыргыз филармониясында эмгектенип, эл кыдырып, командировкалап, өзү аттуу-баштуу эл шайырларынын бири болгондуктан сыйлуу конокторго көп чакырылып, үйүнөн мейман кетпей, буга өзүнүн майда барат тиричилиги кошулуп, жазып отуруп алганга анча шарты деле келбептир. Ал өмүрүнүн соңку жылдарында катуу ооруп жүрүп, калемди колуна ара-чолодо алганына карабай Токтогулдун дээрлик мурастарын, өзү билген дагы башка эл ырчыларынын бир катар ырларын, айтыштарын жана өзүнүн арбын, баалуу мүлктөрүн калтырып кетиши анын кандай мээнеткеч киши экендигин далилдеп турат. Ал эми ошол мезгилдин көзү менен карап, андагы Калыктай чала сабат

адамдын шарты, курагы, бар мүмкүнчүлүгү менен эсептешип көрсөк, анда – бул, Калык үчүн эрдикке тете иш болгон экен.

Калыктын жазмага чыйыр салган тунгуч борозу – «Баскан жол» эскерүү баяны. Ал, «Баскан жол» автобиографиялык мемуарында өзүнүн ата-теги, жалпы эле басып өткөн чыгармачылык жолу, замана түрү, ошондой коогаландуу доордо жашаган өнөрпоздордун өйдө-төмөн тагдырлары, көркөм-эстетикалык табиттери туурасында болгон чындыкты эч бир жаап жашырбайт. Мемуар өзүнүн жеке авторитетине карап сактанбай, андагы саясий идеологиядан эч чочулабастан туруп, кезегинде бардык ырчы, жомокчу, комузчуларга тиешелүү болгон турмуштук ачуу чындыктарды туура чагылдыргандыгы жана көзү менен көргөн көптөгөн ырчылардын ички дүйнөсү, сырткы турпаты, кулк-мүнөзү, өнөр таржымалдары туурасындагы оюн эң адилеттүү айткандыгы менен кыргыздын XVII–XIX кылымдардан өзүнө чейинки өнөрпоздоруна дээрлик тиешелүү, аларды илимий жактан изилдөө ишине пайдаланчу, болгондо да ошол доордогу ырчылардын күчтүү өкүлүнүн бири тарабынан жазылып калган өтө баалуу документалдуу эмгек болуп эсептелет. «Баскан жолду» окуу менен биз Кулуке, Жеңижок, Жаңыбай, Жолой, Эшмамбет өңдөнгөн ондогон ырчылардын ырчылыгынан сырткары бизге белгисиз адамдык жекече сапаттары жана өзү туурасындагы көптөгөн маалыматтарды алабыз.

Калыктын жыйнактарынан жазма акындардын эмгектеринен сейрек кездешчү мына мындай эң сонун лирикалык ырларды

Талааңдын баары гүлдөгөн
Талында булбул үндөгөн.
Таңшыса моокум кандырган,
Татынакай үн менен[11].

арбын учуратууга болот. Калыктын өзгөчөлүгү ириде ырына кеңири колдонгон акак таштай ажарлуу сөздөрүнөн, гиперболалуу ыр тизмектеринен билинет.

Күзгү сындуу көзү тунук жайнаган,
Көктөм жазда гүлдүү беде аймаган.

Жакшы суутуп, жайлуу жерге чу койсо,
Жардан, андан жалтанбаган, тайбаган.
(«Асыл тукум жылкы»)

Арымдуу акындыгына салып жүк көтөрчү балбан сөздөрдү ыктуу колдонуп, жөнөкөй нерсенин сөзгө ала турган олуттуу жагын көрүп, касиетин артылта төгүп жиберүү Калыктын көп кырлуу төкмөлүк, дастанчылык, акындык өнөрүндөгү аны башка акындардан бөлүп көрсөтүп турган күчтүү жагы, негизги өзгөчөлүгү.

Калык жазмага өткөнү барыдан мурда ыр жазуунун техникасын үйрөнгөн. Ырларына кыйла ой сыйдырып, профессионал жазма акындардай кыска жаза билүүгө көнүккөн жана ырларын өзү каалаган ык, түр, формага салып түзө билүүгө өткөн. «Бир асыл», «Күлүсүн» ж. б. мунун далили. Ошондой болсо да «көнгөн адат калабы» дегендей, анын мейли кайсы гана ырын, дастандарын албайлы, берчү ойду пландоодо, ырды түзө, уйкаштыра билүүдө, шыдыр кеткен «төкмөлүк» логика, көндүм ыкма ошол боюнча сакталып калган.

Калыктын жазмага аралашкандан кийинки мезгилде өз колу менен жазып берген көлөмдүү чыгармаларынын катарына балдарга арналган кызыктуу «Ач карышкыр» жомогу, карагай-жыгачтардын улама-тарыхынан алынып, жаңыча диалогдуу ыкмада жазылган «Жыгачтар менен сырдашуу», табиятта жашаган адам менен жан-жаныбарлардын мыйзам ченемдүү өз ара алака-катышынын, трагедиялуу жагдайын чагылдырган «Карагул ботом», XIX кылымдын ичинде болгон тарыхый чындыкты баяндаган «Ак Мөөр», түрк элдеринин турмушунан алып жазган «Бир асыл» жана Октябрь революциясынын башталышына туура келген кыз-келиндердин оор тагдырын көрсөткөн «Күлүсүн» поэмалары кирет.

Биз булардын ичинен «Ак Мөөр», «Күлүсүн» жана «Бир асылга» азыноолак кайрылмакчыбыз. Калыктын элге али таркай элек көмүскөдө жаткан мурасынын бири – «Бир асыл». «Бир АСЫЛ» араб тамгасында түрк тилинде басылган, кара сөз түрүндө баяндаган китептен алынган. Окуялары эң кызыктуу болгондуктан жомок катары элге

айтып жүргөм. Аны уккан билимдүү адамдар «Муну ырга айландырып айта турган экенсиз» дегенинен 1946-жылдан баштап, 1947-жылдын июлуна чейин ыр менен жазып бүттүм»[12],– деп жазган Калык бул дастандын жазылыш тарыхы тууралуу.

Башында, чыгарманын сюжети чакан, Бирок, окуялары кызыктуу болгон окшойт. Калыкты айрыкча кызыктырган жери Асылдын сулуулугуна жараша акылынын тереңдиги, сүйүүгө туруктуулугу болгон өңдөнөт. Кенедей окуяны кеңири полотнодогу чоң чыгармага айланта салганга уста Калык ырчы бул чакан сюжеттүү баянды да өзүнүн ой-мүдөөлөрү менен дагы тереңдетип, ойдон ой чубап, эпизоддон эпизод чыгарып, окуяларын чиелентип, каармандардын мүнөзүн ачууга кең-кесири токтолуп, кадимкидей эле зор көлөмдүү дастанга айландырган. Чыгарманын негизин эки ашык жар – Асыл менен Мисирдин баштан кечирген кызыктуу, ары кайгылуу, ары табышмактуу окуялары ээлейт. Айрыкча Асыл кыздын кыял-жоругу, асыл сапаттары, ашкан сулуулугу бүткүл чыгармага кадимкидей жан киргизип, ажарына чыгарып жиберет.

Каштары калем менен чийилгендей,
Бели ичке, жаш тал чыбык ийилгендей.
Кылыктуу кыз кирген үй кутка толуп,
Кымылдап, көргөн көзүң сүйүнгөндөй.

Чыгармада Мисирдин сүйгөн жары – Асылын издеп кандай азаптарды башынан өткөргөндүгү кыскача, күчтүү баяндалат.

Издебей чыдабадым, сиздей жарды,
Аралап үч жыл бою беш жүз шаарды.
Талабым «табам» деген тилек болуп,
Мисириң азаптарга бүт чыдады.

Көп аштым, мунарланган бийик белди,
Үркүттүм кой ордуна кийиктерди.
Тобо дейм, сени табар күн бар бекен,
Теңирим бөлбөсүн түк, сүйүшкөндү.

«Бир Асылды» окуган киши чыгарманын кимди болсо өзүнө тарткан кызыктуулугуна, таасирдүүлүгүнө ынанбай

койбойт. Асыл сулуулугу, уздугу, акылдуулугу, айрыкча ыплас жакка баспаган таза аялзаттыгы менен баардыгыбызга «идеал» болчу каарман. Калык өзү да Каныкей, Сайкал, Айчүрөк, Жаңыл мырза жана биз жакшы билген Курманжан, Апар, Бурулчадай асылзаада ургаачылардын катарына Асылды бекеринен кошпогон.

«Күлүсүн» – Калыктын Совет мезгили келгенде башы азаттыкка чыккан кыз-келиндердин аянычтуу тагдырын чагылдырган поэмасы. Калыктын жазма поэзиясынын сырларын кыйла өздөштүрүп калгандыгын ушул чыгармасы айкындайт. Октябрь революциясына чейинки мезгилде бай-манаптар бир башына алты, жетиден аял алса, тескерисинче колунда жоктор өмүр бою бойдок өтүшкөн. Башын жапса, буту көрүнгөн андай учурду Калык «Айласыз далай эрлер бойдок өттү, ат тапса, ээр токумсуз жайдак өттү» деп берген. Өзгөчө Күлүсүндөй өңдүү-түстүү кыз-келиндер байлыгы менен элди алдаган Жыргалбайдай бийликтегилердин каалаган эркинде болгон.

Какбаш чал урат тебелеп,
Катыны тилдейт жемелеп.
Какшык угуп, камчы жеп.
Кандуу жаш агат себелеп.

Бул, Күлүсүндүн башына кандай кыйынчылык келсе да баарын «куп» деп көтөргөн Совет мезгилине чейинки көргөн күнү. Калык мурдагы бийликтегилерди өз мыйзамына чөгөлөтүп Совет түзүлүшү орногон-өткөөл мезгилди, ошондогу Жыргалбайдын аянычтуу боло калган эки жүздүү түрүн поэзиянын тили менен мындайча жеткиликтүү баяндайт:

Колумдан сүйрөп урган бай,
Кой кайтарып турган бай.
Козголуп койсом, бөжөңдөйт,
Кошомат кылып Жыргалбай.

Поэманын сюжети турмуштук мисалдардан алынган. Ошол себептүү окумуштуу С. Мусаев: «Окуяны кеңири камтышы, турмушту эпикалык сүрөттөшү жагынан Калыктын бул чыгармасы тарыхый поэмага жатат» деп белгилеген. Автордун негизги максаты келечектүү жаштар

алдына чоң максаттарды коюп илим-билимге жетишип, эң негизгиси эркиндикке ээ болгон жаңы доордун артыкчылыктарын ачып берүү эле. Калык бул максатына жеткен. «Күлүсүндү» берген идеясы, көтөргөн проблемасынын жакындыгы боюнча кайсы бир өлчөмдө «Ак Мөөрдү» толуктап турган чыгарма десе болот.

Кабары кыргыз элинин булуң-бурчуна тарап, окуялары «имиш-имишке» айланып, дастандын өзү «Курманбек», «Жаныш, Байыштан» кем түшпөгөн Калыктын кундуу чыгармаларынын дагы бири – «Ак Мөөр». Дастандын ыр түрүндөгү жети варианты (шарттуу түрдө) бар. Булар өзүнчө жыйнак болуп чыккан, Бирок, ар кыл көркөмдүктө, жана ар кыл сапатта. Жыйнактагы жети вариантты алып, эгер Калыктын, анын шакирти Сарыкунандыкын (мында деле кыска) кошпогон болсок, анда калгандары «Ак Мөөр» туурасындагы үзүл-кесил эпизоддорго гана айланмак, Калыктыкы боюнча «Ак Мөөр» 4200 сап ыр. 1948-жылы У. Аб-дукаимов Калыктын «Ак Мөөрүнө» рецензия жазып, мындайча жыйынтыкка келет: «Эгерде жогорку варианттардын бардыгы бири-бирине окшош келип, ушундай окуя болгон экен деп гана констатировать этсе, Калык аңгеменин драмалык кагылыштарын, анын персонаждарын толук көргөзүп, өзүнчө туура сюжеттүү чоң полотно түзгөн». Көрүнүп тургандай, «ынак сүйүшкөн эки ашыктын бактысына Жантай кан жолтоо болуптур» делип, айрым ыр саптар коштолуп айтылып жүргөн чакан аңыздан, өткөн доордогу адамдардын кайгылуу тагдырлары кеңири чагылдырылган, курч драмалык кагылыштары бар, толук бүткөн чоң көркөм дастанга айланышында Калыктын эмгеги зор. Демек, «Ак Мөөрдү» даректүү дастан катары элге алгач алып чыккан Калык. Бул дастанды ал 1920-жылдарда эле элге айтып жүргөндүгүн Сарыкунан эскерет. Чыгарма уккандардын бүйрүн кызыткан, таасиринин күчтүүлүгүнөн А. Бердибаев, А. Айталиев, О. Кутманалиев өңдүү өз аткаруучуларын тапты, бүгүнкү күндө да уланууда. Калыктын «Ак Мөөрү» С. Эралиев, А. Токтомушевдин өз поэмаларын, У. Абдукаимовдун «Мөөр» либреттосун жазып калышына түздөн-түз түрткү болгон.

Өкүнүчтүүсү, «Ак Мөөр» туурасындагы баяндарда, дастанда, көркөм чыгармаларда да тарыхый чындык бурмаланып берилген. Бул үчүн биз Калыкты, Алыкулду, Узакбайды бүгүнкү күндө эч күнөөлөй албайбыз. Мындай жолго учур талабына ылайык зарылчылыктан улам барышкандыктарын алардын өзүлөрү деле айкын билишкен экен. «Атам «Ак Мөөрдөй» чоң дастандарды жазганда оюндагы нерсени эркиңче айта албаганың кыйын экен деп» өкүнүп калчу, деген Калыктын уулу Салмоорбектин эскерүүсү муну далилдеп турат.

Тарыхый маалыматтарга жана бул тарыхый окуяны кең-кесири иликтеп жүрүп «Ак Мөөр» поэмасын жараткан А. Токтомушевдин маалыматтарына таянсак Жантай кан (1794–1868) жетимиш төрткө чыга жашап, башынан баатырдык да, бакыбат да күндөрдү өткөрүп жашаган инсан. Ал Мөөргө 53 жашында үйлөнсө, окуя 1847–48-жылдары болгон. Алар 20 жыл бирге өмүр сүргөн. Мөөр 23 жашында тун уулу Муңайтпасты, анан Калый деген кызын, Токтонай деген уулун төрөгөн. Отуз беш жашында, Жантай өлгөндөн бир жылдан кийин, 1869-жылы мүрт өлгөн. Сөөгү Кеминдин «Жол Булагына» коюлган. Болоттун үч жылдан кийин Мөөрүн издеп барганы, Жантай жокто үч конуп калгандыгы, Жантай топтон келгенден кийин жолугуп, анын өтүнүчү менен Соң-Көлдөгү тойдо ырдаган ырын кайра ырдап бергендиги чындык экен[13]. Болгон чындык ушул.

«Ак Мөөр» туурасында дагы канча чыгармалар жазылбасын, баары бир башатында Калыктын «Ак Мөөрү» турат. «Кандай болсо да Калыктын варианты башкалардан ыр формасы, көлөмүнүн зордугу менен гана өзгөчөлөнбөстөн, окуянын жүрүшү менен акталган чыгарманын мазмундук өзөгүн тереңирээк ачууга татымдуу көркөм эпизоддорунун молдугу менен да айырмаланат»[14] – деп жазат окумуштуу С. Байкожоев. Кыскасы, Калыктын дастанында Жантай менен Мөөрдүн таржымалы, жаш өзгөчөлүктөрү, айрым окуялары өзгөрүүгө дуушар болгону менен эң негизгиси, эки жаштын азалуу махабаты, «Мөөр, Болот баяны» жалпысынан туура чагылдырылгандыгы

менен, андан да баалуусу, ошол тарыхый доорду, ал доордо жашаган адамдардын социалдык абалын, адамдарга болгон эркинче үстөмдүгүн, үрп-адат, салтын, мүнөздөрүн таамай, ары жеткиликтүү кылып, жогорку көркөмдүктө сүрөттөп бергендиги менен бардык башка варианттардан кызыктуу да, артык да, өзгөчөлүү да. Калыктын «Ак Мөөрү» бизге мына ушунусу менен кымбат.

Калыктын абдан баамчыл, чоң сынчылык көз караштан туруп өнөрлөштөрүнүн өзгөчөлүү жактарын, адамдык-акындык бар турпатын, терең изилдеп чыккандай төп мүнөздөмө бере салган – чебер портретчилиги, чоң сүрөткердиги туурасында да атайы кеңири сөз кылууга болор эле. Бирок, биз Калыктын кайталангыс таасын тарткан микропортреттерине учкай гана кайрыла кетмекчибиз:

Өжөр ырчы Эшмамбет,
Өтүмдүү ырга бай эле.
Ээ-жаа бербей эч кимге,
Элирип ырдап тургады,
Элестеп көзгө дагы эле.
Ак калпак элдин ичинде,
Акындын көкжалы эле.
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Акындын Барпы тереңи,
Айтыштын болчу чебери.
Атырылып ырдаса,
Артылып турчу өнөрү...
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Коргол – бул, өткүр ырчы эле,
Кептери кызык, курч эле.
Каалап турган сөздү айтса,
Кары, жаш дебей күлчү эле.
Сымбаттуу келин-кыз көрсө,
Ал, сыртынан кайрып ийчү эле[15].

Мында, Эшмамбет, Барпы, Коргол да ашык, кеми жок туура сүрөттөлгөн. Портреттер мыкты чыккан. «Баскан жолдогу» Токтогул, Жаңыбай, Кара Курман, Жолой, Кулуке сыяктуу ырчыларга берген сүрөттөөлөрү туурасында да ушул эле ойду айтса болот. Калыктын

Тилиме кирет дебестен,
Тикенди көрсө тиктеген.
Чогойнону көргөндө,
Чоң сугунуп бүктөгөн.
Барчылдата чайнаса,
Чычырканак түтпөгөн,
Чындыгында бир үйдү.
Үстүнө үйө жүктөгөн,
Таманы чоң талпайган,
Азуусу бычак арсайган,
Малдан күчтүү төө болот –

деген өңдүү төө, жылкы, кой, уй сыяктуу малдарды сүрөттөгөнү да образдуу, абдан күчтүү.

Калык Акы уулунун көп кырлуу өнөрүнүн бир кырын ачып көрсөтүп, анын зор масштабдагы төкмөлүк артыкчылыгын таасындаган өнөрү – айтуучулугу, «жаратуучулугу», дастанчылыгы. Калык «Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Кедейкан», «Шырдакбек», «Карагул ботом», «Болот менен Тынар» өңдүү көлөмдүү көптөгөн чыгармаларды жана эл ичинде эки, үч ооз сөз менен жыйынтыкталчу окуялары кызыктуу «Бир Асыл», «Ак Мөөр», «Карач дөө», «Ач карышкыр», «Өлбөс баатырдай» аңыз, жөө жомокторду ырга салып кеңири мазмундагы эпос, жомок, дастандарга айлантып кеткен арымдуу төкмө. Элибизде айтуучулар экиге бөлүнөт. Биринчиси, өзү айтчу, жаратчу чыгарманын негизги өзөгүн элдик чакан жомок, уламалардан алып ар тарабынан байытып, эпостук даражага көтөрүп айткан алп төкмөлөр. Калык ушул топко кирет. Экинчиси таланттуу ырчылар айткан чыгарманы үйрөнүп алып эч жерине оңдоо кийирбей, ошол калыбында элге жеткирүүчүлөр. Ошентип, айтуучулук ырчылыктагы эмне айтса колунан келип, ар тараптуу адис болуп калгандыкты туюндурат. Эпос айтчу ырчы да сөз кору жетиштүү тил байлык, төкмөлүк чоң талант жана көлөмдүү чыгармадагы табияттын пейзажын, каармандардын портреттерин таамай сүрөттөөдө айтуучунун чебер сүрөткер болуусу зарыл. Булардан сырткары өзүнө керектүү канча бир фактыларды, информацияларды угар замат чап кармап калчу

күчтүү эс тутум, түзгөн планын, көздөгөн максатын элге жеткире билүүдө, окуяларды кылдат, туура сүрөттөөдө айтуучунун өтө билгич болушу талапка жооп берет. Мына ушунда гана ал татыктуу айтуучу болуп эсептелет. Ушул өзгөчөлүктөрү жок, же ушундай сапаттары кемчил ырчынын айткан чыгармалары, сөзсүз, кыйла жеринен мүчүлүштөп, аксап калат.

Чындыгында, ырчылык өнөрдүн өзү сыңары айтуучулук дагы муундан муунга, устатынан шакиртине өткөн салттуу өнөр, маселен айтуучулук Калыкка Токтогулдан жугушкан. Калыктын башка айтуучулардан өзгөчөлөнтүп, өздүк чеберчилигин даана көрсөтүп, көңүлүңдү ынантып, көксөөңдү кандырып, бар тарабы менен калдайып көзгө урунган эпостору – «Курманбек», «Жаныш, Байыш» жана «Кедейкан». Чындыгында «Манасты» эске албаганда көлөмдүү эпостордун ичинен эл сүймөнчүлүгүнө ээ болуп даңазаланышы, өз айтуучу, аткаруучуларын тапкан алымдуулугу, таасирдүүлүгү (Жантөшев «Курманбек» драмасын Калыктын вариантына таянып жазган), иликтөөгө алынып, көп басылып чыгышы боюнча да «Курманбекке» жетчүсү жок. «Курманбек» – драматизмге жык толгон эпос. Калык Курманбектин калмактардан жеңилишинин себебин драмалык кагылыштар менен курчутуп барып, бул маселенин түйүнүн тереңирээктен кирип чечмелейт. Бул, биринчиден, ата менен баланын карама-каршылыгына түздөн-түз байланыштуу. Мунун акыры кырк жигиттин Тейитбек жакка өтүшү, Курманбектин өлүмү, кан ордосу бузулуп, эли башчысыз калган чоң трагедия менен бүтөт. Курманбек Калыктын вариантында өлсө, элде айтылган аңызда, Молдобасандын, Сарыкунандын вариантында да тирүү калат. Калыктын жаңычылдыгы, эпоско кошкон чоң салымы дал ушунда турат. Чыгарма кандай учурда угуучулардын бүйрүн кызытып, патриоттук сезимин ойготуп, көркөмдүк наркы бийик болорун Калык жакшы түшүнгөн. Калыктын чыгармачылыктагы өз позициясы, өз көз карашы бар алп айтуучулугун мына ушундай көптөгөн моменттерден билүүгө болот. Кыскасы «Курманбекти» аңыз түрүнөн ушул турган эпостук даражага көтөрүп чыгууда Калыктын эмгеги баа жеткис.

Чыгарманын артыкчылыгы баатырдык эпостун бардык талаптарына так жооп берип, тарыхый доорду (Калмак доорун), турмуштук жагдайларды бурмалабай эпостун тили, ыкмасы менен турмушка жакын кылып реалдуу чагылдыра алгандыгында. Чыгарманын негизги өзөгүн түзгөн сүйүү, достук, кастыктын, мындан башка, проблемалуу үй-бүлө, жалгыздык, өмүр, өлүм маселелерин камтыган курч драмалуу, оор трагедиялуу учурлардын бул вариантта өтө жогорку чеберчиликте баяндалгандыгында. Калыктын образдарды төп мүнөздөп, ары кыска, ары көркөм, чоң чеберчиликте бере билген салыштыруулары, баяндоо стили, айтуучулук ыкмасы жекече оригиналдуу. «Курманбекти» Калыктын өзү аткарганда элдин бирде ыйлап, бирде эстен танып, күтүүсүз ар кыл абалга келип, бирде кайраттана жанданып зор кумарлануу менен угушаарын замандаштарынын баары тамшана эскеришет. Мындай баалуу чыгармаларды калктын калың катмарына жеткирип, ал элдик театрдын ролун кошо аткарган. Ушундайынан ал барган аймак ыр-күлкү, тойго айланып, өнөрүнө күбө болгондор кыйлага чейин мүлдө рухий дөөлөт күтүп, ырчынын аты уламышталып айтылып калган. Калык айткан «Курманбектин» бардык тарабынан күчтүүлүгү Калыктын сезим-туйгусунун, ой жүгүртүүсүнүн, талантынын да күчтүүлүгү. Дегеле, айтуучулуктагы поэтикалык өздүк чеберчилик анын айтуучулуктагы жөндөмдүүлүгүнө, талантына тыгыз байланыштуу. Чабал айтуучуга караганда таланттуу айтуучу чыгарманын тилин бай, көркөм, элге жеткиликтүү кылып айта билет[16] – деп жазат көрүнүктүү фольклорист Н. Н. Андреева. Бардык варианттар менен таанышып чыгып, адилеттик менен айтканда «Курманбектей» эле «Жаныш, Байышты» да элде айтылып жүргөн, дээрлик башка варианттарда кездешкен жөө жомоктук деңгээлден көтөрүп чыгып, окуяларынын иреттүү башталышы, бүтүшү бар, кырдаалдардын чиелениши, толук чечилиши бар, психологиялык моменттер, курч драмалык кагылыштары бар күчтүү чыккан баатырдык эпостун даражасына чыгарып айткан Калык Акы уулу болгон экен. Калык чыгармасына ак, карасын окурмандар өзү ылгап алчу ичине мүлдө

сыр жашырган кызыктуу эпизоддорду, окуя, кырдаалдарды өзү таап, айрыкча адамдардын жан дүйнөсүндөгү айыгышкан кармаштарды чоң психологдордой өтө чебер баяндай билүүгө устат. Калыкта акындык чоң сүрөткерликтен сырткары, тубаса драматургдук күчтүү интуиция да болгондугун баамдап, бир чети таң каласың. Калыктын айткан «Кедейканынан» да анын өздүк ыкмасына жаткан толгон далилдер табылды. Башатында кара сөздөн ырга айлантып дастан кылып Токтогул айтса, анын кунун түшүрбөй, кайра салмак кошуп, кеңитип, тоо дайрасындай Токтогулдук ыргакка, коргошун тилдүү Калыктын өзгөчөлүгүн ширетип, «Кедейканды» эпос кылган Калык болду. Ар жолку айтууда тажрыйбасы артып, кундуу сөздөр кошулуп мазмуну тереңдеп, ар жолкусунда өзүнчө вариантка айланып, колуна калем алып жаза келгенде кошумча ойлор келип дагы жетик иштелип, ал айткан эпостордун көркөмдүк дөөлөтү арткандан артып отурган. Натыйжада, Калыктын башка айтуучуларда кездешпеген (кездешсе да мунун баары эмес) өздүк лабораториясы түзүлгөн. Ал эпосторду айтууда, жаратууда Калыктык өнөрканага ээ болуп өз стилин тапкан.

Бул, биринчиден, Калыктын ири адис айтуучу катары болочоктоку чыгарманын планын композициялык жактан ойдогудай туура түзө билүүсүнөн билинет. Экинчиден, ар кыл типтеги каармандардын мүнөзүн таамай ачып, образдар системасын абдан жетик иштеп чыгып, типтештирип бере билүүсүнөн билинет. Үчүнчүдөн, эпостордогу тигил же бул учурду, кырдаал, мерчемдерди чагылдырууда өзгөчө туюмдуулугунан, чыгармага ар кандай жаңылыктарды таба билген жекече чеберчилигинен билинет. Төртүнчүдөн, анын эпосторунда өздүк – Калыктык стиль, баяндоо манерасы жатат. Бешинчиден, Калык турмушунда чынчыл адам болгондуктан, эпосторундагы чагылдырылган тарыхый доорду, андагы жашаган адамдардын мүнөзүн, жашоо-тиричилигин чынчыл принциптен туруп көрсөтөт. Анын чынчылдыгын ырларынан, арноолорунан, мемуарынан да билсе болот. Алтынчыдан, кандай проблемага кайрылбасын, эмнени сүрөттөбөсүн Калыктын чоң сүрөт-

керлик касиети бадырайып эле көрүнүп турат. Жетинчиден, көлөмдүү чыгармаларды көп жылдап айтып жүрүп жедеп калыптанып бүткөн, чыгармага жүк көтөрчү балбан сөздөрдү шыдыр колдоно билген, эпос айтууга эң зарыл, бай – Калыктык тили бар. Калыктын эпосторду айтуучулуктагы башкаларга классикалык үлгү боло алчу өздүк лабораториясы мына ушул жети өзгөчөлүктөн турат. Андыктан, Калыктын шакирттери андан айтуучулукка керектүү көп сабактарды алышкан, айрымдарынын түздөн-түз Калыкты туурап, айтып, аткарып калышынын себеби да ошондо.

Бул өзгөчөлүктөрдү, Калыктын элден, эл шайырларынан алган байкоолорунун жыйынтыгы жана өзүнүн жекече үзгүлтүксүз изденүүлөрүнүн жемиши деп билүү керек. «Улуу устаттан улуу шакирт калат. Токтогулдан Эшмамбет, Калык, Барпыдай шакирттер калса, Калыктан Осмонкул, Каракунан, Сарыкунан, Токтоналы, Ысмайыл, Токтосундай шакирттери калды. Калык казак-кыргызга бирдей таанымал улуу ырчы, чоң комузчу, көптү билген, чоң адамкерчиликтүү адам болгон. Калык поэзиясынын тармагы, алган масштабы, сөзгө чечендиги, чыгармаларынын элге таасири, эл турмушун мыкты билгендиги, калкка таанылуусу, мурастарынын байлыгы боюнча да кийинки муундардын башында турат»[13] – деген К. Маликов.

Андыктан Калык – бир колун Балык, Арстанбек, Токтогулдарга сунуп, экинчи колу менен Сарыкунан, Ашыраалыны бүйрө кармап, айтуучулук өнөрдүн абалкысы менен азыркысын туташтырып, «айтуучу», «жаратуучу» деген кандай болорлугун биздин күндө практикалык түрдө далилдеп кеткен нарктуу төкмө. «Курманбектин» ыр менен айтылган төрт, «Жаныш, Байыштын» сегиз, «Кедейкандын» эки вариантынын ичинен Калыктыкынын өзгөчөлөнүп көрүнүп турушу да бекеринен эмес. Буларда учкай уламадан көрүнүктүү эпоско жеткенге чейинки татаал жолдогу Калыктын күргүштөгөн айтуучулук, акындык күчү, сезим туйгусу, көз майын короткон талыкпаган эмгеги, текке куюлбаган маңдай тери жатат. Булардан биз өзү тарабынан өзүнө куюп койгондой окшотуп тургузуп

кеткен Калыктын ырдан бүткөн өлбөс, алп айкелин көрөбүз. Бул чыгармаларды «кенже» аталган эпостордун классикалык үлгүсү катары тутунуп, сыймыктанып жүргөндүгүбүз да ошондон.

Калыктын таланты көп кырлуу, ошого жараша арымдуу, зор болгон. Айрыкча өзү менен бирге жүргөн замандаштарына, өзүнөн кийинки муундарга анын чыгармачылыгынын ар кыры бийик үлгү болорлук даражада күчтүү таасир эткен. Өнөрлөшү Саякбай «Ат үстүнөн Калыкка ырчы жеткен эмес. Ал төрт көпүрөнү катар аттаган тулпарлардай эле» – деп анын өнөрүнө тамшанса, Алымкул анын төрт тарабы төп ырчы болгондугун, кийинки учурда Калыктын алдына ырчы чыкпагандыгын айтат. Ырчынын бир жолку ырына күбө болгондугун акын С. Эралиев мындайча эскерет. «1949-жылы Атай өлгөндө Фрунзеден Калык ырчы менен К. Жантөшев келди. Маркумду көөмп келгенден кийин Калык узакка жоктоду. Ырчы ай-аалам, жерде жашагандардын тиричилиги, өтүп кеткен асыл адамдар, өмүр, өлүм, түбөлүктүүлүк, дегеле жашоонун маңызы туурасында эргип төктү. Алп сөздөр менен шурудай тизмектелген ырын баштан аяк угуп отурган мүлдө журт бир учурда эч кармана албай кетти белем, буркурап ый-лап жиберишти. Ырчынын ыры ошондо гана токтоду. Мен ошондо Калыктын теңдешсиз алп төкмө экендигине ынандым»[18].

Калык – музыкалык табити күчтүү, чоң комузчу болгон. Ал элдик күүлөрдөн тарта Ниязалы, Айдаралы, Токтогул, Коргол ж. б. комузчулардын күүлөрүн ошолордун куду өзүндөй абдан чеберчиликте таасын аткара билген. «Калык Токтогулдун «Тогуз кайрыгын» черте баштаганда боз үйдөгүлөр жандана түштү. Күү анын аткаруусунда теңдешсиз эле... Кейпи, бардык комузчулардын ичинен Калык гана устанын бул чыгармасынын мелодиялык негизин, музыкалык ой жүгүртүүсүн түп нускасындай сактап калса керек»[19]– деп жазат музыковед В. Виноградов.

Анда кимдир бирөөлөрдү келиштире туураган, болбосо турмуштук күлкүлүү көрүнүштөрдү ого бетер күлкү чыгара аткарып, элдин боорун эзген пародистик, куудулдук

өнөр да зор болгон. Калыктын аткаруу манерасы башкалардан жекече оригиналдуулугу менен кадимкидей айырмаланган. Ырчынын композиторлук жагы да атайы белгилөөгө татыйт. Ал өзү айткан эпос, дастандарынын ар учурун ар кыл обондору менен, күүлөрүн өзүнчө, андан тышкары «Курманбекти» – үч, «Жаныш, Байышты» – төрт обон менен аткарган. Мындан башка өзүнүн «Татына», «Акишиме» окшогон бир катар обондору бар. Калык эл фольклорунун казынасы болгон. Ал фольклордук жанрга киргендердин бардыгын жана элдик салт-санаа, тарыхты терең билген. Т. Үмөталиев «Калык – кыргыз тарыхынын тирүү энциклопедиясы» деп бекеринен атабаган. Өзүнүн баалуу чыгармаларынан башка, өзү билген, аралашып жүргөн эл шайырларынын мурастарынын арбынын жана нагын Калык жазып берген. Буга, «Эсенаман менен Жеңижоктун айтышынын» эң күчтүү вариантын, дагы бир катар айтыштарды, Токтогулдун дээрлик мурастарын, Жеңижок, Калмырза, Эшмамбеттей чоң ырчылардын айрым чыгармаларын, Ниязалынын «Кер Толгоо», Айдаралынын «Көйрөң күүсүн» ж. б. атасак жетиштүү. Профессионал жазма поэзияда да өз күчүн сынаган. Ал кыл кыякты чебер ойноп, ооз комузду келтире кагып, көп өнөрдү бир башына топтогон артыкчылыгы менен да башкаларга үлгү болгон. Калык, Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет, Барпы, Коргол, Кулуке, Жолой, Кара Курман ж. б. ырчылардын кайталангыс микропортреттерин тартып кетти.

Калык каршылашынын чабал жагын тез баамдап, талуу жеринен чап кармап, жеңе билген айтыш өнөрүнүн ири устаты.

Калык кенже эпосторду айтуунун туу чокусуна көтөрүлгөн. Анын бул өзгөчөлүгү эпостордун башка варианттары менен салыштыра кароодо аныкталды. Калыктын айтуусундагы «Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Кедейкан» эпостору мазмундук тереңдиги, көркөмдүк жактан бийиктиги, драматизмдин күчтүүлүгү, бар тарабынан жетик чыккандыгы менен айырмаланат. Бул эпостор Чыгыштын классикалык «Хамселериндей», дүйнөлүк адабий мүлктү байытуучу баалуу чыгармалардын катарына кошулат. Ал

«Ак Мөөр» сыяктуу чоң дастанды айтуунун, жаратуунун да ири чебери.

Калыктын колунан баары келген, ар нерсеге жөндөмдүү, бийик адамкерчиликтүү адам экендигин келини Магрифа Рахимова мындайча эскерет: «Калык атамдын ар тараптуу адистиги бар болчу. Өтүк ултарып, машине тикчү, ар түрдүү чөптөн дары дармек жасоочу, табыптык жайы бар эле. Бир күнү Карамолдо бутун сындырып алып, догдурга барганы жатса, Молдокемдин бутун өзү шакшактап байлап салды. Бир нече күндөн кийин шакшагын алып бастырып көрдү эле Карамолдо жакшы басып кетти. Атам Карамолдого «комузчулардын сырттаны» деп чоң баа берээр эле».

Ал ири устат ырчы катары бир канча шакирттерди өстүрүп, «Калыктын мектебин» түзгөн. Белдүү ырчылар Осмонкул, Алымкул, Токтоналы, Ысмайыл Калыкты пир тутса, Осмонкул Сарыкунан, Каракунан, Асылбек, Абдрашит, Токтосун, Ашыраалыдай ырчылар анын ырчылык, дастанчылык өнөрүн андан ары, бүгүнгө чейин улантып келатышат. Калыктын мынчалык бийик даражага көтөрүлүшүнө: биринчиси, анын ырчылык сапары кыргыз менен казактын эң даңазалуу өнөрпоздорунун чоң тобу жаша-ган, элдик өнөрдүн гүлдөө дооруна туш болгондугу; экинчиси, филармония уюшулгандан тарта (1936-ж.) Калыктын көп кырлуу, кайталангыс тубаса таланттар менен бирге жүргөндүгү; үчүнчүсү, Калыктын тунгуч профессионал акын, жазуучулар, искусство ишмерлери, көрүнүктүү интеллегенциялык топ менен аралаша жашап калгандыгы себепчи болгон экен. Ушундай чоң чөйрө Калыкка көп жемишин берип, ар дайым өзүнө сын көз менен кароого үйрөтүп, аны чыйралтып турган. Буга өзүнүн тынымсыз изденгичтиги, талапты кое билүүчүлүгү, талыкпаган эмгекчилдиги кошумча болгон. Анын кадамы кыргыз, казакка бирдей жеткен. Калыктын көзү өткөндө өнөрлөшү, казактын ири акыны Кенен бул жоготууга катуу кайгырып, «Тоо талантты жоготуп, топурак салдым Калыкка» деп ыйлап ырдаган.

Калыктын биринчи ырлар жыйнагы 1936-жылы «Калыктын ырлары» деген ат менен чыккан. Андан бери ырлары, тандалмасы, мемуары, айткан эпостору, дастандары

өз өзүнчө жыйнакталып үзбөй чыгып келүүдө. «Курманбектин» негизинде Жантөшев тарабынан драма жазылып, «Ак Мөөрүнүн» негизинде драма, либретто, поэмалар жарыкка чыкты. Калыктын өрнөктүү өмүр жолу, чыгармачылыгы көркөм чыгармаларда чагылдырылып, ал тууралуу эскерүүлөр, арноолор, изилдөөлөр да арбын. Калык 1936-жылкы Москвада өткөн Бүткүл Союздук олимпиадага, 1939-жылкы декадага катышып, «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган. Кыргыз ССРинин эл артисти деген ардактуу наамдын ээси.

Жыйынтыктаганда, Калыктын айткан, жараткан эпикалык чыгармалары, бул жанрдын кайталангыс классикалык үлгүсү аталып калды, ырчынын артына калтырган бай мурасы кыргыз адабиятынын кенчине айланды, анын чыгармачылыгы төкмөлүк өнөрдүн бийик чен өлчөмү десек болот.

Калык Акы уулунун чыгармачылыгы кыргыз акындар поэзиясында өзүнүн салмактуу ордун ээлөө менен бирге, өзүнөн кийинки муундар үчүн ар убак үлгү болуп кала берчү соолбос булак катары кызматын өтөй берет.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Токтогул. II томдук. – Ф., 1989. 220-бет.

[2] Калык. Тандалган чыгармаларынын бир томдугу. – Ф., 1972. Негизги ырлары, айтыштары ушу жыйнактан алынды. А. О.

[3] Ошондо. 341-бет.

[4] Ошондо.

[5] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 5284.

[6] *Иманкулов Ч.* Буудан. – Ф., 1980. 60–61-беттер.

[7] *Калык.* Тандалган чыгармаларынын бир томдугу: – Ф., 1972. 499-бет.

[8] Айтыштар. II томдук. – Ф., 1972. 131-бет.

[9] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 125. 6–7-беттер.

[10] *Үмөталиев Т.* Залкар акын жөнүндө сөз// Кыргызстан маданияты. 1973. 13-дек.

[11] *Калык.* Тандалган чыгармаларынын бир томдугу. 56-бет.

[12] *Калык.* Бирасыл. Акындын өздүк архиви. 1-бет.

[13] *Токтомушев А.* Ак Мөөр. – Ф., 1971. 260-бет.

[14] *Байкожоев С.* Эл ырчысы. – Ф., 1983. 57-бет.

[15] *Обозканов А.* Калык Акы уулунун көп кырлуу чыгармачылык өнөрканасы/Монография. – Б., 2000.

[16] Хрестоматия по истории русской фольклористики. – М., 1973. 220-бет.

[17] Цитата Калыктын 90 жылдыгында К. Маликовдун сүйлөгөн сөзүнөн алынды.

[18] *Обозканов А.* Калык Акы уулунун көп кырлуу чыгармачылык өнөрканасы/Монография. – Б., 2000.

[19] *Виноградов С.* Калык Акиев//Кыргызстан маданияты. 1971. 23-июнь.

## БАРПЫ АЛЫКУЛОВ

Адам рухунан эмне жаралса, ошонун баары эле өлбөс, өчпөс байлыктардын кенчине кошумча болуп кирбейт. Тарыхта жашап калуу укугу да ар кимдин жеке бактысына туш келе бербейт. Ошолордун ичинен мезгилдин катаал жана адилет сынынан өткөндөрү, бүгүнкүгө да, эртеңкиге да, келечекке да таандык боло алчу эң маанилүүлөрү гана узак өмүр сүрө алат. Мына ушундай сейрек жолукчу таалай кыргыздын даңазалуу ак таңдай ырчысы, акындар поэзиясынын классиги Барпынын шыбагасына да туш келген экен. Ал нукура ырчылык таланты, ойчулдук күчү, чыгармаларынын жалпы коомдук-социалдык мааниси, эстетикалык көркөм салмагы, жандуу таасири боюнча улуу ысымдар Токтогул, Тоголок Молдолор менен бир катарда турат. Эки кылым алмашкан ченде кыргыз элинин көркөм аң-сезими менен коомдук-саясий ой-пикиринин өсүп-өнүгүшүндөгү өзүнчө бир жаңы баскыч ушул үч акындын чыгармалары менен мүнөздөлүп, ушул үч акындын чыгармалары менен аныкталат.

Барпы 1884-жылы Сузактын Ачы кыштагында жарыкка келген. Болочоктогу улуу ырчынын турмушта узун жолу ошол жерден башталган. Ата-теги түбүнөн эле каратаман кедейлерден болгондуктан, Барпы бактылуу балалыктын жыргал доорун сүрө алган жок. Сегиз жашынан ар кайсы байларга жалчы жүрүп, алардын малын багып, отунун алып, түрдүү жумуштарын аткарып, эптеп өлбөстүн күнүн өткөрөт. Теңсиз замандын кара таштай оор мүшкүлү балапан эти ката элек жаш баланы ийинден басат.

Анткен менен Барпынын тагдырына жалаң гана мээнет-шор бүтпөптүр, ага жаратылыш ченебегендей март-

тык менен ырчылык талант, тунук акыл да бериптир. Ал жашынан ырдап чыгат. Анын тубаса ырчылык шыгынын ойгонушуна атасы Алыкул Шамурза уулу өз таасирин тийгизген. Барпынын оозеки эл чыгармаларына ыкылас коюшу да, жергиликтүү ырчылардын чыгармалары менен алгач тааныштыгы да ошол киши аркылуу башталган.

Экинчи жагынан, жаштайынан оор тагдырга кириптер болуу, бир байдан кетсе экинчисинин колуна түшүп эзилип иштеп, «Калмат бай Назарбайдан, ал Мадалы ажыдан айырмасыз» экендигин өз көзү менен көрүп, «бири күлсө, миңи ыйлаган акыйкатсыз заманда» жалпы эле жарды, жалчылар менен аралаш өскөнү Барпыны ак, караны эртерээк ажыратууга, турмушка сын көз менен мамиле кылууга үйрөтүп, таптык сезимин да эртерээк ойготкон. Мындай жагдай ырчынын чыгармачылыгынын элдүүлүк багытта өнүгүшүн шарттаган, «Ак күмүштөн сом албайм, ак жибектен тон албайм, ар кимди барып бир мактап, ары жок ырчы боло албайм» деген эстетикалык кредосун аныктаган.

Адам өзүнүн ой-сезимине катуу бүлүк түшүргөн кубаныч кайгысын, же бир өзгөчө кумар-ышкын ичине кармап туралбай, ашкере айткысы келгенде гана потенциялда бугуп жаткан шык-жөндөмүн аракетке киргизип, сыртка атылтып чыгара алат. Барпынын талантын козгоп, биринчи жолу ыр коштурган окуя – өзү кайтарып жүргөн карабашыл эчкини (ал байдыкы эле) бөрүгө жедирип жибергени болду. Бала койчунун тула боюн коркунуч сезими каптайт, байдын желкеден өткөрө караган заардуу көзү, сай-сөөгүнө жеткен ачуу тили, оозу-мурдун канжалаткан тепкисин элестетип заманасы куурулат. Бир жагынан, өзүн ушундай абалга калтырып кеткен ырайымсыз жүзүкара бөрүнүн кылган ишине ичи күйүп, андан бар күчү менен өч алгысы келет. Мына ошол кайгы менен коркунуч, ыза менен ачуу кек, ичте кайнаган бук жыйылып келип, бир учурда ыр болуп тышты көздөй агып жатты:

Кара башыл эчкимди
Кандай жеди бөрүлөр?
Бир көзүмө көрүнөр!

Ийнинин оозу тар болсун,
Бир чыгышка зар болсун!
Жеген бөрү оңбосун,
Эч жерде карды тойбосун.
Бутуна капкан чабылсын,
Териси ташка жабылсын!
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Эчкимдин этин жеймин деп,
Уурулук кылдың кечелеп.
Уучуларга жолугуп,
Узабай өл эртелеп!
Эчкимдин дартын ыр кылып
Сайрасам деп ойлодум.
Пайити менен кез келсе,
Быркыратып мээсин
Жайласам деп ойлодум!

Ар кандай кайгы менен кубаныч алып келген окуянын эки жагы болот. Кара башыл эчкини карышкыр жеп кетиши, бир жагынан, бала койчуну зор кейишке дуушар кылса, экинчи жагынан, анын көмүскөдө үргүлөп жаткан ырчылык шыгын ачып да кетти. Албетте, ушундай маанидеги ырлар мурда эле оозеки эл чыгармаларында айтылып жүргөн. Бирок, Барпы ага жеке өзүнүн керт башынын күйүтүнөн чыккан ой-сезимин билдирген жаңы кошумчалар киргизип, маанисин конкреттештирген.

Барпынын эң алгачкы чыгармаларында муңкануу мотивдери өтө күчтүү. Алар көбүнесе өзүнүн оор тагдырына байланыштуу келип чыккан; жаш ырчы байлардан көргөн кордугун, ач-жылаңач азап тартып жүргөнүн, укуксуз абалын ырдайт. Аздап-аздап ырчылык тажрыйбасы ашып, жашы өйдөлөп, аң-сезими өсө баштаган сайын анын чыгармаларынын тематикасы кеңейип, идеялык мазмуну да тереңдей баштайт. Эми социалдык ал-абалы боюнча өзүнө тагдырлаш болуп тургандардын жашоо шартына кайрылып, алардын жалпы ой-сезимин, арман, тилегин туюнткан ырларды көбүрөөк чыгарат. Ошентип, керт башка тиешелүү болгон муңкануу мотивдери башкаларга жан тартып, алардын кайгы, мүдөөсүн бөлүшүп ыр-

доо, эзүүчү таптын өкүлдөрүн ашкерелөө мотивдери менен алмашууга өтөт. Бул ырлар учурунда карапайым элдин бай-манаптарга карата нааразылык сезиминин күчөшүнө, өзүнүн социалдык ал-абалы тууралуу сергегирээк ой жүгүртүп, турмушка сын көз менен карай билүү мамилесинин жаралышына себепчи күчтөрдөн болгон. Мисалы, «Жыйындагы биринчи ыр», «Пада баккандагы ыр», «Барпы менен Назар», «Барпынын Назарбай менен айтышы», «Жетим», «Жетим кыз», «Теңдик бир күн жарк этээр», «Казыдан келтек жегенде» ж. б. ырлардын жалпы пафосу мына ушундай.

Биротоло ырчылык өнөрү менен жашап, эл аралап, жер көрүп, турмуштук тажырыйба топтоп, алган идеялык багыты, тутунган принциби личносттук сапаты, таптык теги боюнча ар түрдүү ырчылар менен айтышка түшүп жүрүп, Барпы өз талантын курчутуп, чеберчилигин арттырып, улам өсүп отурат. Анын үстүнө Ала-Тоонун ар кайсы жагынан эл түрүлүп келген зор дубандарда кыргыздын кыйырына атагы кеткен жааактууга жай бербес ырчынын ырчылары гана жекеме-жекеге түшүп, мөрөй алып чыгышкан, майда-барат жамакчылар андай жыйындын четине да баралган эмес. Демек, Барпыга тандамал чоң таланттар менен беттешүүгө туура келген (ал өмүрүндө алтымыштан ашуун ырчы менен айтышкан экен). Ошого жараша ар бир айтыштан алган сабагы да, төкмөлүк машыгуусу да чоң болгон. Мына ушундай чыгармачылык процесстин маанисин Барпы өзү кандай түшүнүп, кандай баалаганынан, бир-эки мисал:

Бир күнү Жеңижокко бет келиштим.
Ырдашып нечен сөздү теңшериштим.
Жеңижок «Сен болосуң акын» – деди,
«Бала ырчы аталасың акыр» – деди.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Калмырза менен кармаштым,
Кадыр түн менен арбаштым,
Кызыл тилди курчуттум,
Кылоосуна албарстын!
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Токтогул «келгин» – деди сүйгөнүнөн,
Баланын акындыгын билгенинен.
Токтогул Барпы акынды сынга салды,
Термеден жол көрсөтүп ырга салды.

Бул жерде сөз айтыш тууралу башталып калган соң (азыркы айткандарыбызды логикалык жактан улап да), Барпынын бүтүндөй эле айтыш өнөрү жөнүндө жалпы жонунан болсо да жок дегенде эки-үч сүйлөм менен мүнөздөй кетпесек, анын ырчылык талантынын барып турган күчтүү жактарынын бирин атайылап эстен чыгарып кеткендей сезилип калабыз. Негизинен атактуу төкмөлөрдөн тартып, майда жамакчыларга чейин айтышып келген. Мындай алганда ыр чыгаргандын баары эле жалпы айтышка жарай алат. Албетте, талант деңгээли беттешип жаткан ырчынын чабал жактарын сергек байкап, аны талылуу жеринен кармап, сөзгө жыга билүү жөндөмү боюнча алар ар түрдүү деңгээлде турат деңизчи. Бирок, айтыш өнөрүнүн эң эле өркүндөп жеткен чеги, ырчынын ырчысы, акылдын акылы сыналчу жанрдын барып турган татаал түрү табышмактуу айтыш экендиги белгилүү. Мисалы, мындайча формага салып ырдоо (албетте, мазмуну да башка):

Жеңижок:

Өйдө өтөт бир дөбөт,
Ылдый өтөт бир дөбөт.
Эки дөбөт айрымын,
Акыл менен ким бөлөт?

Барпы:

Өйдө өткөн бир дөбөт,
Шамал болот Жеңижок.
Ылдый өткөн бир дөбөт,
Амал болот Жеңижок.
Муну Барпы билбесе,
Жаман болот Жеңижок.

Табышмактуу айтыш адамдын турмуш чындыгын аңдап-билүүдө топтогон билим тажрыйбасын, аң-сезим жөндөмүнүн ийкемин, тапкыч ойчулдук сапатын, түркүн жандуу-жансыз заттар менен кубулуштардын сырларын үйрөнүп, алардын бири-бири менен болгон жакындыктарын,

айырмачылыктарын ажырата билүү артыкчылыгын, адамзат жыйнаган рухий байлыктардын түрлөрү менен канчалык даражада кабардар экендигин текшерип, баалоонун бирден-бир бийик критерийи болгон. Бул жанрды табиятынан ойчулдук жөндөмү бар, көп нерседен кабардар; айрыкча Чыгыштын философиялык ойлору, тарыхы менен түздөн-түз же кыйыр тааныш (алар поэтикалык формада, санжыра түрүндө, кээде, тарыхый же диний мүнөздө китептер аркылуу да жеткен), куйма кулак ырчылар гана өздөштүрө алган. Сабаттуулары өздөрү окуп, кат билбегендери окумал чөйрөгө туш келип калса, ошолордон угуп, үйрөнгөн. Үйрөнүп эле тим болбостон, аларды өз тажрыйбасынан тапкан ойлору менен байытып, кайрадан ырга айлантып, иштеп чыккан. Мындай сапатка кыргызда Эсенаман, Жеңижок, Токтогул сыяктуу аз гана сандагы ырчылар жетише алган.

Мына ушундай саналуу ырчылардын тобуна Барпы да кирет (ал бекеринен үч классиктин бири болуп калган жок да). Анын айтыш ырларынын башкы өзгөчөлүгү, айрыкча күчү ушул, биз белгилеп жаткан сапаттарга эгедер экендигинде. Акындын тереңдиги, потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү асыресе, өздөрү да ошондой артыкчылык күчү бар, рухий багажы мол, чоң ырчылар менен беттешкенде бардык кыры менен ачылып көрүнгөн. Барпынын айтыш ырлары көп жактуу. Ал айтыштын ар кандай түрлөрүн, формаларын колдонгон (теманын мазмунуна жараша): кордоо, алым сабак, санат жаатындагы айтыштардан тартып, табышмактуу айтыштарга чейин өнүктүргөн. Жыйынтыктап айтканда, Барпы айтыш жанрынын эстетикалык принциптерин жаңылап, жаңы формалар, ыкмалар менен байытып, аны жаңы баскычка көтөргөндөрдүн бири. Буга ырчынын Токтогул, Жеңижок ж. б. менен болгон айтыштары эң сонун далил.

Барпынын чыгармачылык өсүшүндөгү бир маанилүү учур анын кыргыздын улуу демократ ырчысы Токтогул менен жолугушуусу болот. Өз сөзү менен туюнтканда: «Жыл жылып, он бешинчи жылга жеткендеги кез» экен. Бул кездешүүнүн Барпы үчүн канчалык зор мааниси болгонун ошондогу «Токтогул менен айтышуусунда», кийин-

черээк чыгарган «Токтогул», «Мен көргөн күндөр» аттуу узун ырларында ушунчалык ыраазылык сезими менен билдирип кеткен. Анткени, биринчиден, ал өзүнүн чоң ырчы экендигин Токтогулга таанытып, анын:

Сен дагы мендей ырдадың,
Ырыңдан, иним, сындадым.
Адаштырып ырдасам,
Айтканымдан жылбадың.
Менин айткан ырымды
Бекеринен бурбадың.
Сайраттың кызыл тилиңди,
Акындыгың билинди.
Мен көрсөткөн ырымды
Улабастан койбодуң,
Ажыратпай бир жерин
Кынабастан койбодуң.
Адис акын экен деп
Бул жериңден ойлодум»,–

деп айткан калыс баасын алат. Анын үстүнө Токтогул менен айтышкандын эртеси эле чоң жыйында бир нече ырчыны катары менен жеңип чыгып, ого бетер популярдуу болуп кетет. Географиялык чөйрөсү кеңейип, акындар арасында кадыр-баркы дагы көтөрүлүп, мурдагы жеңиштери дагы бекемделет.

Экинчиден, бул жолугушуудан Барпы өзү да рухий жактан байып, идеялык жаңы багытка түшүп, келечек заман тууралуу жаңы сөз угуп, болочок турмушуна жакшы үмүт артып, көңүлү тазарып кайтты. Таптык сезимде дагы жаңы козголуштар болду. Ушундан эки-үч жыл өтүп, жеңип чыккан революциячыл түзүлүштү Барпы маңдайы жарылып тосуп алып, жар салып, анын күндөлүк иш-чараларын буйдалбай тез түшүнүп жана аларды турмушка ашырыш үчүн жан-дили менен чындап күрөшүп чыгышына жардамчы болгон өбөлгөлөрдүн бири ушул учурдан даярдала баштаган.

Барпынын атайылап бөлүп карай турган чыгармаларына атеизм темасында чыгарган ыр циклдери кирет. «Эмчилерге», «Сук молдо», «Сопу», «Мадалы ажыга»,

«Алдамчы эшен» ж. б. ырларында айткандары менен турмушта жасаган иштери карама-каршы, элдин башын айлантып, рухий жана социалдык эркиндигин басып турган дин өкүлдөрүнүн эки жүздүүлүгүн ашкерелеп, алардын таамай тартылган сатиралык портреттеринин бүтүндөй бир галереясын түзгөн. Мында «киши өлүмүн пайлап», «дооранчы» десе торсоюп, «дамбылдамын» деп жүрүп, элдин ичин булгаган «сук молдо» да, өзү «көк чай деп мусалла (ичимдик) ичип», элге болсо «күйөсүң» деп тозокто, шарият сүйлөп, жанын жеп, «кузгундай болуп кулкулдаган» сопу да, «Мекейи, Кава жеттим деп, Ташкенттен кайтып, элдин малын алдап, замзам суунун ордуна кудук суу ичирип, караңгы адамдарды тоногон жалганчы ажы да, «олуямын азыр деп жар салып, калп айтып дам (дем) салган, төрөтөм деп аялдарды алдаган, карттарына жолобой жашыраагын тандаган» ичи бузук, ыпылас эшен да бар.

Мадалы ажынын «Үйүндө үч жыл иштеп» калып, анын тескери жорук-жосундарын, жалпы адамгерчиликтин жол-жобосуна сыйбаган бардык булганч иштерин өз көзү менен көрүп, билип калышы, Барпынын бүтүндөй эле дин өкүлдөрүнүн пардалап жашырып жүргөн таптык жүзүн болгон турпаты менен ачып көрсөтүп, алардын жийиркеничтүү турмушун ичкертен аңтарып, өтө таамай сүрөттөп беришине өзгөчө шарт, өзгөчө мүмкүндүк түзүүгө кыртыш болгон. Барпынын бул циклге жаткан ырларына материалды терең өздөштүрүү, сатиралык тилдин курчтугу, поэтикалык ойдун оригиналдуулугу, тематикага жекече мамиле кылуу, көркөм ыкманын жаңылыгы мүнөздүү.

Поэтикалык ойду айтуу формасын жаңылоонун, өзүнчө көркөм ыкма табуунун классикалык үлгүсү катары анын «Эмне бар бул жерде» аттуу ырын көрсөтүүгө болот. Чыгарма орозо тууралуу. Мындайча алганда баарына тааныш эле тема. Бирок, Барпы муну таптакыр ойго келбегендей жаңы формага салып, жаңыча чечмелеген. Мында орозо абстрактуу диний түшүнүк түрүндө эмес, ырчы менен мамиле түзүп турган кадыресе жандуу нерсе катары кабыл алынат. Жарды байкуш аны кастарлап тосо албасын билдирип, өзүнүн ал-абалын айтып суранат:

Жаныбарым орозо,
Эсиң болсо жолобо.
Алты кадак даным бар,
«Ай башы» деп тонобо.
Аштык таппай отурсак,
Кайдан келдиң короого?

Орозо үчүн жатакчылар айлында эч нерсе жок экендигин айтып андан нары кайсы жактарга жана кимдерге барыш керектиги тууралуу кеңеш берет. Кондурбоо амалында сылап-сыйпап тезирээк жолго түшүрүүнү көздөйт.

Сени урматтап алгыдай,
Жайларга бар, орозо.
Төрт түлүгү эсепсиз,
Байларга бар, орозо.
Ачка отурган иш таппай,
Асти бизге жолобо.

Жалпы ырчылар поэзиясында да, Барпынын өзүнүн атеисттик темадагы чыгармаларынын ичинде да бул ыр бардык жагынан айырмаланып турат. «Эмне бар бул жерде» кыргыз профессионал адабияты пайда болгонго чейин ушул темада жаралган ырлардын туу чокусу. Поэтикалык ойду айтуунун жаңы формасын табуу боюнча андан бүгүнкү профессионал акындар да үйрөнсө болот. Лирикалык каармандын бир жагынан, «Мекеден келген конокту» билинээр-билинбес ишаара менен мыскылдап, экинчи жагынан, шектенгенсип, алдыртан тымызын сынап, үчүнчүдөн, анын «ыйыктыгынан» эч кандай чочулабай ушинтип айтып турганынан эле орозо түпкүлүгүндө эмгекчи калктын социалдык табиятына таптакыр жат, эл аны ички ишеними боюнча кабыл албасы, өзүнүн рухий саламатчылыгы таза экендиги апачык көрүнүп жатпайбы. Ырдын акыркы саптарын окуганыбызда чыгарманын негизги идеясы дагы айкын, дагы бийик болуп чыга келет:

Кана эмесе, курбулар
Чаначтагы жарманы
Чалк көтөрүп алалы.
Чердейсин ач курсактар
Чалгыны колго алалы,

Орозо чочуп жоголор
Чөптү шылып калалы.
«Сыйласак» кантет ушинтип,
Мекеден келген конокту.
Орозо кетер иш турат,
Курчуталы орокту!

Мындай ырлар карапайым элдин мусулман динине каршы аң-сезимин ойготууда зор мааниге ээ болгон.

Барпынын поэзиясына көп жактуу маани, мазмундук тереңдик, өзгөчө көркөм күч киргизип, ырчынын фигурасын башка акындардын фонунда айырмалуу кылып көрсөтүп турган бир артыкчылык сапат – анын философиялык ыр циклдеринде жатат. Конкреттүү кеп ойчул акындын «Айт, айт десе», «Күн», «Аккан суу», «Шамал», «Ажал», «Ала-Тоо көрккө келбейт, эл болбосо», «Дүнүйө», «Самат» ж. б. шедеврлери жөнүндө баратат. Бул ырларда элдик философиянын өнүккөн деңгээли; материалисттик багытта дүйнө таанып-билүүсү, жалпы эле коомдук ой-пикиринин келип жеткен алдыңкы чектери чагылдырылган.

Аталган темадагы ырлардын көпчүлүгү өздөрүнүн чыгыш теги боюнча элдик поэзияга таандык. Мындай чыгармалардын үлгүлөрү Барпыга чейин эле болгон. Ар кайсы ырчы өзүнүн түшүнүгүнө, көз карашына ылайыктап ар кайсы вариантта ырдашкан. Бир эле мисал. Аккан суу жөнүндө Жеңижок да, Токтогул да, Барпы да айтат. Жеңижок аны диний мааниде чечмелейт. Токтогул жаратылыштын бир көрүнүшү катары карайт. Ал эми Барпы болсо, аккан сууга башка мазмун, материалисттик негиз берет. Аккан сууну эч кандай «кудайдын кудуретисиз» эле «жаратылыш жараткан», ал Жер эненин бир баласы. Тынымсыз кыймылда, материалдык дүйнөнүн башка бөлүкчөлөрү менен түбөлүк байланышта болуп алардын жашоосун шарттайт. Ошол эле учурда аккан суунун өзүнүн кыймылга келип, өмүр сүрүп турушун Жердин башка бөлүкчөлөрү менен Күн ж. б. шарттап турат.

Ф. Энгельс «...Жаратылышты эч кандай тыштан болгон кошумчасыз, кандай болсо дал ошондой түшүнүү – бул материалисттик көз караш болуп эсептелет...» деп

жазган экен. Барпы объективдүү дүйнө кандай болсо дал ошондой көрүп, ошондой түшүнүп, ошол турпаты боюнча айтып берет. Аалам сырларын чечмелөөдө ойчул акын ушул «Аккан сууда» берилген көз карашын андан кийинки «Шамал», «Күн» аттуу ырларында дагы өнүктүрүп, дагы тереңдетет. Анын бул багыттагы ой жүгүртүү чабыты бир чыгармадан экинчи чыгармага өткөн сайын, жердин бир бөлүкчөсүнөн экинчи бөлүкчөсүнө өтүп, бир кубулуштан экинчи кубулушка өтүп, жерден башка планеталарга чейин кетип, өзүнүн мурда бизге белгисиз жактарын көрсөтүп, улам бийиктеп, улам көп кырдуу болуп отурат. Эң негизгиси акын ааламдын кайсы бөлүгүн ырдаса да, анын сырларын туура таап, туура түшүндүрүп жаткандыгында.

Барпынын ой жүгүртүп чечмелөөсүндө Күн – жердин өзүнөн баштап, адамга чейин, өсүмдүктөрдөн баштап, жамгыр, сууга чейин, бардык болгон жашоо-тиричиликтин өмүр азыгы, бардыгы жашоосун Күндөн алат, алардын өмүр сүрүү тагдыры Күндө. Жаратылыштагы ар кандай кубулуштардын болушу да, алардын бир абалдан экинчи абалга өтүп турушу да Күндөн. Күн – бүт ааламдын борбору. Бардык сыр түйүндөрүн ачып келип, анын ошондой улуу жана өлбөс болуп бүткөнүнө суктанып да, таңданып да, кайра өзүнө суроо да салып акын мындай дейт:

Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң.
Миң-миңдеген кылымга,
Айта келсек чынында,
Жалгыз өзүң күбөсүң.
Замандар өттү, сен калдың,
Адамдар өттү, сен калдың,
Өлбөстүккө ашкере
Түркүксүңбү бир өзүң?

Ушул чыгармасын жаратып жатып: «Күндү кошуп ырдаган, «Көр» Барпы ырчы жаңылбайт» деп айткан экен ойчул акын. Анын чындыгын бул күндө сын, адабият таануу гана эмес, философия жана табийгый илимдер (естественные науки) да далилдеп жатат. Бул жерде мен биофизика илимдеринин кандидаты Али-Аскар Байбосуновдун

«Барпынын чыгармаларындагы космологиялык ой жүгүртүүлөр» («КМ» № 3 (627), 18-январь, 1978-жыл) аттуу кызыктуу жазылган жакшынакай макаласын айтып жатам. Бул Барпынын улуулугун ачууга салым кошкон эмгек.

«Революцияга чейинки элде физикалык терминдер белгисиз болгондуктан өтө эле зор энергия пайда болуп туруучу Күндү «күчтүү от» менен салыштырган (Барпынын «Күндүн нуру белгилүү, күчтүү оттон жаралган» деген саптарын айтып жатат – К. Д.), б. а. күчтүү оттун жалынынан артык ысыктык болууга мүмкүн эмес эле. Акындын бул түшүнүктөрүнүн, ой жүгүртүүлөрүнүн тууралыгы кийинки астрофизикалык ачылыштар менен да далилденип отурат». ...«Тагыраак айтканда, материалисттик диалектиканын жолдорун стихиялык түрдө туюу менен илим дүйнөсүндө ачылган фактыларды алдын-ала көрө алган дешке болот».

Биофизик-окумуштуу биз токтолуп өткөн Барпынын «Күн» деген ыры тууралуу ушинтип жазат. Акындын космологиялык ой жүгүртүүлөрүнүн (сөз азыр Күн жөнүндө) кандай туура экендигин табийгый илимдин так жолу менен аныктап, жалпылагандан кийин чыгарган жыйынтыгы. Улуу чыгарманын улуулугу анын көп кырдуулугу менен көп маанилүүлүгүндө, идеянын түбөлүктүүлүгүндө, мазмун менен форманын шай келишинде. Анын жаралышы көркөм өнүгүштүн өзүнчө бир жаңы доорун түзөт. Ырчылар поэзиясындагы мына ушундай жаңы доор Барпынын философиялык чыгармалары менен мүнөздөлөт. Ал ырлар кыргыз элинин даанышмандык ой-пикиринин эң жогорку баскычка көтөрүлүп жеткен чектеринде турат. Жогоруда «Аккан суу», «Күн» аттуу ырларга карата айтылган пикирлерди толук бойдон акындын «Шамал», «Ажал», «Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо», «Айт, айт десе» сыяктуу чыгармаларына да ыйгарууга болот. Мейли, философиялык ойдун тереңдиги жагынан болсун, мейли, идеянын логикалык жактан тактыгы, жеткире айтылышы жагынан болсун, мейли, көркөм күчү, туюнтуу каражаттарынын оригиналдуулугу жагынан болсун, бул чыгармалар жетик деңгээлде.

Барпы бул дүйнөнүн жаралышын; ар кандай кубулуштардын болуп турушун, алардын бир абалдан экинчи абалга өтүп, өзгөрүп келишин алланын амири менен болгон иш катары карабайт. Ошондой эле бир тапты экинчи таптын эзиши да, бирөөнөн-бирөөнүн артык болуп калышы да, кудайдын айтканы, пешенеге эмне жазса, ошону көрөт деген түшүнүккө түп тамырынан бери каршы турат. Акындын түшүнүгү боюнча бул дүйнөнүн, жашоо-тиричиликтин башталышы Жер, Суу, Шамал, Күндөн турат. Булардын баары дайыма жана түбөлүктүү кыймыл-аракетте болуп, түбөлүк өмүр сүрүп, түбөлүк жашай берет. Бул дүйнөнүн борборуна ырчы адамды коет. Ал эми адам баарынан улуу, ал жаратуучу, түзүүчү:

Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.

Адам баарын пайдаланат: асмандан нурун чачып, бүткүл жашоо-тиричиликти жүргүзүп турган Күн да, айкөл Жер да, өмүр азыгы Суу да, аягы жок, башы жок шамал да, киши кызматында болот; адам аларды өзүнүн жашоо ыңгайына, керектөөсүнө карата жумшайт, өмүр-турмушун ошолор менен өткөрөт. Барпыга чейин бир да ырчы, бир да жазгыч акын адам темасын бул деңгээлге чейин көтөрө ырдай алган эмес. Анын улуулугунун бир белгиси ушунда турат.

Барпынын чыгармачылыгында махабат лирикасы өзгөчө орундардын бирин ээлейт. Сүйүү – Барпынын жалындаган ышкы кумары менен тереңге да, бийикке да эркин чабыттап, көңүл черин каалаганча жазып, бар акындык дараметин шаркыратып төгүп ырдаган ыры. Акын махабатты канчалык эргүү менен көкөлөтүп айткан сайын, махабат да аны башка ырчылардан ошончолук бөлүнтүп, бийиктете берген... Барпынын лирикалык каарманы сүйүүнү жаркыраган идеал тутуп, аны таза ниетиндей кастарлап, улуу максат, улуу сезимдер менен жашаган адам.

Ал – сүйүүнүн жандуу үлгүсү. Чын жүрөгү, болгон кумар ышкы, бүткүл көңүлүндө алдейлеген асыл туюму, ыклас оту, жакшы тилеги менен сүйөт. Сүйөт деген сөз аздык кылат, ал махабат менен жашайт, махабат анын өмүр тагдыры, ансыз анын күнү жок. Бирок, сүйүү өз эркиндигин ала элек. Эки жаштын көңүл каалоосу бир башка да, коомдук, социалдык мамилелер бир башка. Сүйгөн жигит жарды, жалчы жаатынан. Анын колунда адамгерчилик менен махабат ышкынан башка эч кандай байлык да, бийлик да жок. Ошол себептүү анын ар кандай асыл максат, аруу тилегинин аягы арман, муң менен гана аякталат. Ошондой улуу махабат, укмуштай оор мүшкүлдүн бир жолу да акыбети кайткан жок. Мына ушул ишке ашпаган тилектей болгон карама-каршылыктуу ой-максаттар менен ыш-кысезимдер акындын ашыктык ырларынын негизги пафосун түзөт. Аял затынын асыл-заадалыгын, ички жана сырткы сулуулугун, адеп-ахлактык жактан өзгөчө бийик турган тазалыгын, жакшы адамгерчилик сапаттарын, улуу шарапатын көкөлөтүп ырдоо жагынан Барпынын алдына чыга турган кыргыз акынын табуу кыйын. Ар бир жолу, ар бир адамдын тагдырына кез келген махабат кандай жаңы, кандай таасирлүү болсо, анын сүйүү жөнүндөгү ырлары да дал ошондой жаңы боёкторго, жаңы салыштырууларга, жаңы формаларга ээ.

Эки илабың кызыл гүл
Ачылгандай Мөлмөлүм.
Бир карасаң жүрөккө от
Чачылгандай Мөлмөлүм.
Маңдай чачың Маргалаң
Жибегиндей, Мөлмөлүм.
Сенин ышкың баланын
Тилегиндей, Мөлмөлүм.
Гүлзар кылчы жүрөктүн
Какшып жаткан чөлдөрүн.
. . . . . . . . . . . . . . . . .
Сейдана мончок жытыңдан,
Секин баскан бутуңдан.
Калемпир мончок жытыңдан,

Кадам койгон бутуңдан.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Саратан айлар, салкын күз,
Самадың бекен Гүзөл кыз?
Эмдиги айлар эки ай күз,
Эстедиң бекен Гүзөл кыз?
Көзүм сүйсө – миң сулуу,
Көңүл сүйдү – бир сулуу,
Көңүл сүйгөн – сен болдуң,
Көрүнөө ашык мен болдум.
Белегим – кызыл гүлүм бар.
Бериш үчүн болдум зар.
Тартуум – кызыл гүлүм бар,
Тапшырыш үчүн болдум зар.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Минтип ырдаш үчүн жалгыз талант аздык кылат. Ал үчүн чыныгы ашыктыктын от-жалынына түшүп, асмандаган улуу сезимдер менен жашап, өмүрдүн бул чындыгын өз башынан өткөрүп көрүш керек. Мына ушундай таза акыл менен ташыган тунук эмоциянын айкалышынан жаралган учкул саптар Барпынын махабат лирикасында өтө көп кездешет. Анын «Гүлкыздар», «Мөлмөлүм», «Мырзайым», «Лөлүкан», «Буракжан», «Гүзөл кыз», «Карай көз», «Ак дилбар», «Тартип», «Дилварим», «Өзгөчөм», «Алтын, «Ак жылдыз», «Арзыкан», «Коноюн», «Ичтеги дартты айдасак», «Азада, дилбар кырчынжан» ж. б. ашыктык ырлары акындар поэзиясындагы сүйүү лирикасынын жалпыга маалим классикалык үлгүлөрүнөн болуп эсептелет. Ал эми Барпынын айтуусундагы «Ак Саткын менен Кулмырза» дастаны махабат тууралуу улуу чыгарма гана болбостон, элдик чыгарманы мурда жолуктуруп көрбөгөндөй идеялык көркөмдүк бийиктикке чейин көтөрүп ага жаңы өмүр берүүнүн бирден-бир мисалы. Ырчынын көркөм шыгынын кайнар булактай оргуп, кайталангыс күч менен ташып турган чагы ушул чыгармага жумшалган десе болот. Барпынын улуулугуна дагы бир жолу ишенгиси келген окурман, ырчынын айтуусундагы ушул «Ак Саткын менен Кулмырзаны» анын башка вариантта-

ры менен салыштырып, окуп коюусу эле жетиштүү. Ар кандай элдик чыгарма улуу ырчынын поэтикалык лабораториясынан жаңырып, канат байлап, жаңы түс, жаңы боёкко ээ болуп, өзүнчө кулпуруп чыгат, индивидуалдуу белгилер менен байыйт.

Барпынын поэзиясы тематикалык жактан да, жанрдык жактан да, форма жактан да ар түрдүү. Ал элдик поэзиянын бардык үлгүлөрүн, бардык формаларын, көркөм ыкмаларын, туюнтуу каражаттарын чыгармачылык менен эң чебер өздөштүргөн. Андан ары өнүктүрүп, жаңы баскычка көтөргөн, ага ачык образдуулук, пластикалуулук, түрдүү интонациялык угумдуулук берген, тилдин поэтикалык ийкемин арттырган, формага сыйымдуулук, мазмунга тереңдик киргизген. Ушул мааниде алганда, Барпынын чыгармачылыгы өзгөчө айырмаланып турат, абдан оригиналдуу, анын ырлары өзүнүн ички түзүлүшү, структуралык принциптери боюнча профессионал акындардын чыгармачылыгына өтө эле жакындап келет. Ички динамикалуулук, назик лиризм, күтүүсүз келген ар түрдүү жана бай рифмалар, кубулган ыргактар, оригиналдуу табылган туюнтуу каражаттары, таң калarлыктай бай лексикасы, эң башкысы, ойлоо манерасынын өзүнчөлүгү – ушулардын баары өз ара тутумдашып келип, Барпынын өзүнө гана мүнөздүү, жеке өзүнө гана тиешелүү көркөм дүйнөсүн түзөт.

Ушул жерге келгенде Барпы кыргыздын башка ырчыларынан кескин айырмаланып кетет. Мына ушул айырмачылыктын болушун шарттаган кандай факторлор бар. Кептин баары ошолорду аныктап ачып чыгууда турат. Барпынын көркөм дүйнөсүнө туура жол алып кирүүгө ачкыч ушундан табылат. Алардын чыныгы башатын таап, түпкүрдөн учугун түрүп келмейин, Барпынын көркөм ойлоо манерасындагы өзгөчөлүктү, анын ошондой калыптаныш себептерин ажыратып берүүгө таптакыр мүмкүн эмес. Бирок, бул маселе азырга чейин адабият таануу илимибизде да, сында да, акындын изилдөөчүлөрү тарабынан да, ал тууралуу чекене, бирди-жарым макала жазгандар тарабынан да коюла элек. Ал өзү аябагандай зор изилдөөнү талап

кылат. Кантсе да аны чечпей туруп, башка проблемаларды да чечүүгө болбойт. Барпыны изилдөө боюнча кыргыз адабият таануу илими ушул туюкка келип такалып турат. Биз да бул макалада ал маселелерди конкреттүү иликтөөгө алып, ар бирин өз-өз жайына коюп, иштин сыр түйүндөрүн ар тараптан чечмелеп, жалпылап чыгуу милдетин мойнубузга артпайбыз. Бар болгону келечекте Барпы кайсы багытта изилдениши керек экендигин белгилеп, өзүбүздүн али илимий негизде такталып, иликтенбеген, априордуу түрдө гана чыгарган жыйынтык-пикирлерибизди айта кетүү менен чектелмекчибиз. Анда коё турган маселелерибиз кайсылар болмокчу?

Барпынын башка кыргыз ырчыларын изилдеп келе жаткан илимий схемага түшпөстүгү мында турат: биринчиден, ырчы өзүнүн көркөм аң-сезимине алгач поэтикалык уютку алган жери ичкилик кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларынын салттары, аларды уланткан жергиликтүү ырчылардын мектеби. Ал эми ичкилик кыргыздар тоолук кыргыздарга караганда башка элдер менен көбүрөөк чектеш, аралаш жашап, алардын рухий байлыктарын, көркөм салттарын өздөрүнө көбүрөөк сиңиришкен. Ошол карым-катнаш, өз ара таасирлердин натыйжасында алар көркөм салттардын өзүнчө бир айырмалуу жаңы синтезине ээ болгон. Жашаган географиялык чөйрөсү, мурдатан өткөрүп келаткан жашоо-тиричилик жагдайларынын бөтөнчөлүгү, жүргүзгөн чарба иштеринин айырмачылыгы (булар башта эле дыйканчылыкка өтүп, отурукташып калган) ушундай өзгөчөлүктү шарттоого негиз түзгөн. Ичкилик кыргыздарда ашыктык ырлары укмуштуудай бийик өнүккөн. Аларда лиризм өтө күчтүү. Барпынын махабат лирикасы таптакыр жок жеринен пайда боло калган эмес. Ал элдик ырлардын уландысы да, сапаттык жаңы баскычка көтөрүлгөн үлгүсү да. Анын башкы күчү ошол калк чыгармаларына таянып тургандыгында.

Барпынын поэзиясын сапаттык айырмачылык белгилер менен шарттаган экинчи бир фактор-себептерди Чыгыш маданиятынан издөө керек. Тагыраак айтканда, анын чыгармаларында Чыгыштын классикалык жазма

адабияты менен философиялык ой-пикирлеринин салттарын өздөштүрүүдөн келип жаралган өзгөчө белгилер, түз, же кыйыр байланыштардын издери бар. Буга айрым адабиятчылар таң калышы мүмкүн. Өзү сабатсыз болсо, көзү көрүп окуй албаса, анан кайдан жүрүп Чыгыш адабияты менен философиясына жакындасын дешээр. Бир караган адамга мунун жөнү бардай эле көрүнөт. Бирок, иштин реалдуу жагдайы бизди эртедир-кечтир жогоруда айтылган чындык менен кездештирбей койбойт. Маселе сөзсүз эле кайсы бир Чыгыш акынынын тигил же бул чыгармасын, же кайсы бир даанышмандын паланча деп аталган философиялык трактатын түздөн-түз өзү окуп, үйрөнүп чыкканында, ал жөнүндө фактылардын так келтирилишинде эмес. Сөзүбүздүн баш жагында эскерткендей, андай байланыштар бир элден экинчи элге ар кандай жолдор менен, ар кандай формаларда келип кирген. Биринчиси – Чыгыш акындары жараткан дастандар, даанышмандар берген трактаттар китеп түрүндө таркаган. Аларды кат-сабаттуу акындар окушуп, айрым сюжеттерин өздөрүнчө ырга айландырып, айтып жүрүшкөн, кээ бир чыгармаларды бүт бойдон жаттап алып, ырдап келишкен. Философиялык трактаттарды поэзия аркылуу туюнтушкан. Чыгыштын тарыхы, санжырасы, даанышмандык ой-пикирлери, ал турсун, диний мүнөздөгү китептер аркылуу да жетип турган.

Поэзиясынын табиятына караганда да, айрым конкреттүү маалыматтарга караганда да, Барпынын Чыгыш маданияты менен байланышы болгон, көбүн эсе кыйыр түрдө. Өзү аларды окубаса да окуган, билген, айтып жүргөн ырчылардан, улама кишилерден угуп, кабыл алган. Кээ бир маалыматтарга караганда Барпы кат-сабаттуу Чыгыш адабияты менен тааныш акындар менен жаштайынан ырдашып жүргөн (Т. Байзаковдун жазгандары боюнча), ал гана эмес илгерки арап, иран легендаларынын, айрым белгилүү тарыхый адамдар жөнүндөгү айтымдардын сюжеттерин өзүнчө ырга айлантып, эл алдында айтып да жүрчү экен (Ы.Борончиевдин берген маалыматтарына караганда). Калмурза менен айтышында да Чыгыш тарыхына,

араб халифатынын атактуу адамдарына байланыштуу көп маселелерди, фактыларды биле тургандыгын көрсөткөн. Анын үстүнө Мадалы ажыныкында үч жыл жүргөндө Чыгыштын далай санжыра, тарыхын айтышып, маселе сүрүшүп, дастандарын окугандарын уккан болуу керек (алар жалаң гана диний китептерди окуу менен чектелбеси белгилүү). Мына ушулардын баары Барпынын чыгармаларына мазмундук жактан да, форма жактан да айырмалуу белгилер кийирип, өзгөчө поэтикалык колорит берген.

Үчүнчү маанилүү фактор. Башка кыргыз ырчыларынан болгон бир айырмасы, Барпы комуз черткен эмес экен. Башкача айтканда, ал ырларын комуздун коштоосу жок эле, бир түрдүү обонго салбай ырдаган. Бул жагдай анын ойлоо манерасына аздыр-көптүр таасирин тийгизбей койгон эмес. Ошондон улам анын ырлары түрдүү ыргак, түрдүү интонация менен түрдүү формага, түрдүү ыр өлчөмдөрүнө салынып аткарыла берген. Айрым чыгармалары обон менен песня сыяктуу эмес, кадимки речитатив түрүндө, же стих өңдүү окулат. Мисалы, «Жетим», «Эмчилерге», «Төрайым менен Шекербек», «Мен көргөн күндөр» ж. б. чыгармалары ушундай табиятка ээ. Кыргыздын элдик поэзиясына, калк ырчыларынын чыгармаларына негизинен 8–11 муун өлчөмүндөгү ыр түзүлүшү мүнөздүү. Ал эми Барпыда болсо 3–4; 7–8; 11 муун өлчөмүндөгү профессионал адабиятка мүнөздүү татаал ыр түзүлүштөрү кездешет. Мунун өзү анын поэзиясын форма жагынан кадимкидей өзгөчөлөнтүп турат.

Мына ушул белгилеп өткөн үч факторду ачып чыкмайын анын поэтикалык натурасынын калыптанышында Барпынын акындык индивидуалдуулугун да жакшылап ачып бере албайбыз. Албетте, булардан башка да кошумча өбөлгөлөр болгон. Ал комплекстүү мамилени, кененирээк планда, типологиялык-салыштырмалуу аспектиде изилденип, бийигирээк масштабдан карай турган жана өзү да бийигирээк масштабка чыга турган акын.

Отузунчу жылдардын баш ченинде Барпы трагедияга кабылат, эки көзү тең таптакыр көрбөй калат. Мурдагыдай коомдук иштерге түздөн-түз кол кабыш кылып, ак-

тивдүү аралашуу жагы оордойт. Бирок, табиятынан духу күчтүү, рухий саламатчылыгы таза, келечекке ишеними бек, оптимист акынды мындай оор абал мөгдөтүп, жер өмгөктөтө алган жок. Ал өзүнүн сүйгөн элине, эркин заманына учкул канат, таасирдүү ырлары менен «сокур көзгө карабай, соо кишидей иштеп» ак кызмат өтөдү.

Согуш жылдарында Барпы бүткүл акындык талантын улуу жеңишке жумшады; элге кайрат берип, эрдикке үндөгөн, патриоттук сезимге жык эргиген ырларды чыгарды. Станцияга барып, армияга кетип жаткандарды ыры менен узатып, Улуу жеңиш аяктаганда аларды ыры менен тосуп алды. Согуштан кийинки чыгармалары жеңген элдин жаңы турмушуна, жаркын тагдырына арналды.

Ырды «ак жаандай себелеген» улуу ойчул акын 1949-жылы, 15-сентябрда Фрунзе шаарында эл, жери менен түбөлүккө кош айтышкан. Орустун даңазалуу лириги Сергей Есенин: «Бетме-бет турганда улуунун улуулугу билинбейт, ал ыраактан даана көрүнөт» деген экен. Барпынын улуулугун өз заманында аны менен жүзмө-жүз тургандар да көрүшкөн, ал улуулук азыр ого бетер бийик болуп, таасын көрүнүүдө.

## ЖАМАНКУЛ БӨРҮБАЙ УУЛУ
*(1886–1917)*

Жаманкул 1912-жылы Шабдандын ашында жар чакырышы менен казак, кыргызга белгилүү болгон чоң акын. Кыргызстандын түндүк, түштүгүнөн, коңшу элдерден нечен бир ак таңдай акындар чогулган чоң жыйында жарчылыктын ага ыйгарылышы да жөн жай нерсе эмес, анын ырчылык дараметин, аткаруу чеберчилигин жогору баалоодон келип чыккан. Баарынан да жарчы кылып дайындоодо, Осмонкул белгилегендей, үнүнүн бийиктиги, кооздугу эске алынса керек. Анын ырчылык кудуретин өнөрлөштөрү Осмонкул, Ысмайылдар «бөлүнүп учкан» булутка, «кымыздай ташып ачыган» жан жыргатар суусундукка теңейт. Жаманкул чоң акын катарында атагын чыгарган да, Совет мезгилинде жолун бууган да 1912-жылы Шабдандын ашында жар чакырып, салт боюнча манаптын ата-тегин, өзүн мактап ырдагандыгы болду. Чындыгында эле ашта Жаманкул өзүнүн акындык дараметинин күчтүүлүгүн аныктайт. Аны көрүп, ырдаганын угуп калгандардын эскерүүсүндө ырчы жорго үстүндө чайпалып, оң жеңин чечип кемер курга кыстарып коюп, топтон-топко өтүп, безеленип сабап ырдап, калкты тамшантат. Ашта ага байкоо салган олуя чалыш касиеттүү Кыдыр аке «Мына бул көк байтал менен мурду кетирекей жаш жигиттин өмүрү кыска болду го» деп күрсүнгөн экен. Айтканындай боз байтал марага жете келип, ээси жулуп берген көк бедеден искебестен жыгылса, Жаманкул аштан келе жатып, ат үстүнөн бейтап болуп, үйүнө жете каза болуптур деген аңыз сөз бар. Чындыгында аш өткөндөн 5–6 жылдан кийин келте оорусунан каза табат. Бирок, ушул

аңыз эле ырчынын Шабданды жоктоодо, жар чакырууда өзүнүн зор талантын көрсөтүп, эл көзүнө урунгандыгын аныктап турат.

Туулуп, жашап өткөн жери азыркы Кант районуна караштуу Чоң-Далы айылы, Бөлөкбай ичиндеги айкор уругунан. Атасы Бөрүбай макал, ылакапты көп билген сөзмөр, санжырачы киши болот. Жарды турушат. Ушундан улам болуу керек, кеч үйлөнөт. Акынды кубанычка бөлөп, аялы уул төрөп, атын Абдыкерим коет, Бирок, ал ата, энеден эрте ажырайт. Анын да жамактап ырдай турган жөндөмү бар экен, согушка кетип, кайтпай калат. Кыскасы, бизге ырчынын адабий мурасы аз санда жетти. Ал жөнүндө көбүнчө даңазалуу сөздөр калды. Ага себеп, биринчиден, ырчынын жарык дүйнө менен эрте коштошкону болсо, экинчиден, Шабдандын ашында жар чакырышы акындын кечирилгис күнөөсү катарында бааланып, саясий айып жүктөлдү. Ал эмес анын атын атап, же китепке киргизип койгон адам да куугунтукка алынды. Буга ырчынын жакын тууганы Осмонкул акындын эскерүүсү ачык далил.

Жаманкулдун 1916-жылкы үркүндө ырдаган ырларынын айрымдары бизге жетти. Анда падыша өкмөтүнүн калкка көрсөткөн кысымчылыгын, ага чыдабай, Кытайга качып, элдин тарткан азап-тозогун, массалык түрдө кыргынга учурашын, ачкалыктан, өлүм-житимден, оор жоготуудан жабыркаган калктын ал жайын бир топ реалдуу, сезимге жеткире баяндайт. «Тынч жаткан элдин козголуп», «мал-жандан ажырап», «көлдөтүп жаш төккөнүнө», «калкты кырып көп солдат жердин бетин кан кылгандыгына» жаны ачып, катуу кейийт. Ал эми качпай калгандардын деле жыргап кеткен түрү жок, элди ачарчылык, оору-сыркоо каптайт. Булардын да зулумдугу артып, карапайым калкты айыпка жыгып, «барсылдата сабайт». Падышалык бийликтин өкүлдөрү да алсыраган калкка салык салып жүдөтүп, баш ийбегендерди «абактыга камап», сүргүнгө айдап, катуу кысмакка алат. Акын ошол мезгилде кыргыз элинин башына түшкөн мүшкүлдү, азап-тозокту төрт сап ырга батырып, төмөнкүчө жыйынтыктайт:

Кайгы-капа көп тартып,
Маанайы элдин пас болду.
Үзүм нанга зар болуп,
Күндөн-күнгө ач болду,
Алакандай кыргызга
Азап тартчу чак болду.

Мына ушундай жагдайда элден береке качып, кут учат. Соода-сатыктын баасы бийиктейт. Муну Жаманкул реалдуу боектор менен таамай тартат. Ырдын мазмунуна караганда базардагы кымбатчылык чегине жетет, арпа, буудай, ун кымбаттап, калктын үрөйүн учурат, «тоок үч сомго, торпок 100 сомго чыгып», базардын куту кетип, соодагерлер байыйт.

Жаманкулдун ырчылык шыгы жаш кезинде эле байкалып, кыздардын тоюнда, жаштардын жыйындарында ырдап жүрөгндүгүнө карабастан, кадимки акын катарында Чолпонкулдун баласы Сатайдын тоюнда Найманбай менен айтышып жеңип кеткенден кийин таанылат. Жаш акын карт ырчынын капыстан каптап калганына апкаарып калбастан, курч жооп кайтарат. Найманбайдын убагы өтүп, ырчылык дараметинин басаңдаганын, алдан-күчтөн тайгандыгын эсине салат. Ал эмес каршысы аялым Акмолдонун кызы деп мактаныч кылганда шылдыңга алып, көпчүлүк арасында күлкү чыгарат. Сулайман ажынын адамдарга көрсөткөн зордук-зомбулугун баяндоодо да өзүнүн курч акын экендигин айкындайт.

Айрым кабарда Жаманкулдун «Манас», «Семетейди» да айткандыгы маалымдалат. Ырчыдан «эпосту канча жылда айтып бүтөсүң?» – деп сураганда «бир айтканымды кайталап айтпай, такай айтып отурсам, он жылда айтып бүтөмүн» – деп жооп кайтарган экен. Тилекке каршы «Манасты» айтканы аңыз гана сөз болуп, тексти бизге жеткен жок. Өз доорунун атагы таш жарган чоң акыны боло туруп, объективдүү себептер менен алгач сөз козголуп отурат.

## ОСМОНКУЛ БӨЛӨБАЛА УУЛУ

Кыргыз ырчылар поэзиясында учкул ойлуу, акылга каныk асыл сөздөрдөн ыр токуп адамзат генийинен гана жаралчу кундуу чыгармалары менен акындар поэзиясынын классикалык доорун түзгөн ондогон залкар таланттардын өткөндүгү маалым. Төкмөлүк өнөрүбүздө ырчылык менен «манасчылыкты» жупташтыра билген Балык, Сагымбай, Найманбайдай; негизинен ырчылык менен күүчүлүктү өнөрлөгөн Музооке, Айдаралы, Коргол өңдүү (Айдараалыда мындан тыш куудулдук, пародистик, Корголдо куудулдук, обончулук да болгон – А. О.); ошондой эле ырчылыкты, комузчулукту, айтуучулукту, аткаруучулукту, обончулукту бир башына топтогон Арстанбек, Токтогул, Калык, Алымкулдай жана жалаң төкмөлүк өнөрдү аздектеп (комузчулугу анча күчтүү эмес, ал эми Барпы комузу жок эле ырдаган), ошонусу менен артыкчаланып турган Жеңижок, Эшмамбет, Барпыдай нукура ак таңдай ырчыларды кездештиребиз.

Осмонкул кайсы тематикада, эмнени ырдабасын жогорку чеберчиликте, буйдалбастан төгүп жиберген артыкчылыгы, ырларынын салмактуулугу, санаттарынын учкулдугу, төкмөлүгүнүн күлүктүгү, оюндагыны таап ырдаган алымдуулугу менен дал Жеңижок, Эшмамбет, Барпыдай ак таңдай төкмөлөрдүн катарынан орун алган ырчы. Албетте, ошондо да ар ырчынын өзүнө жекече таандык өзгөчөлүктөрү болбой койбойт.

Осмонкул Бөлөбала уулу 1888-жылы Кант районунда Чоң-Далы айылында туулуп, 1967-жылы азыркы Бишкек шаарында көз жумган.

Осмонкулдун мынчалык даңшарлуу төкмө болуп калышын шарттаган бир катар себептер бар. Апасы казак

кызы – Айша балага түрдүү жомок, ыр, өлөңдөрдөн айтып берип, колуна домбура карматып ырдоого үйрөтүшү анын ириде шайырдык өнөргө ыктоосуна түздөн-түз себепчи болгон. Өзү жашаган чөйрөнүн да ага кыйла таасири тийген. Осмонкул көз жарган Айкор айлында Сарыкунан, Акчабдар, Чачма, Төкмө, Көөкарага окшогон ырчылар, комузчулар, бүткүл Сары-Өзөнгө белгилүү чечен, жазма акын Сармолдо, оң-солго таанымал айтылуу төкмө Жаманкулдун чыккандыгын[1] жазат К. Маликов. Башкасын айтпаганда да Жаманкул, Калмырза өңдүү таланттуу ырчыларга жашынан шыктануусу ага төкмөлүктүн жол жобосун үйрөткөн. Ал ырчылыктын көрөңгөсүн, б. а. жамакты кандайча курaштыруунун алгачкы сабактарын ушулардан алган. Буга кошумча, Осмонкулдун өзү теңдүү жердештери Шаршендин бөтөнчөлөнгөн куудулдугуна, анча-мынча күлкүлүү ырларды кураштыра койгон өтүмдүүлүгүнө, Адамкалыйдын көргөндөрдү таң калтыра, куду бир актылуу пьесаларга окшотуп койгон куурчак оюнуна, гармонун тартып ар башка тилде ырдай билген жугумдуу өнөрүнө күбө болушу келечекки төкмөнүн жан дүйнөсүнүн козголушуна, буларга окшоп ичте бугуп жаткан бар мүлкүн элге чыгарууга ашыктырган.

Ал эми атасынын агасы Сүйүнбайдын дин мектебине окутуп кат таанытуусу Осмонкулдун казак, өзбек, татар тилдеринде чыккан китептерди окуп, аларга да таасирленип, керектүү жерлерин жаттап (ал казактын «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш, Баян сулуу», «Кобланды баатыр» өңдүү эпосторун жатка билген. Мындан сырткары Абдулла Тукайдын, Алишер Навоинин ырлары менен тааныш болгон), чыгармачылык көрөңгөсүнүн байышына өбөлгө түзөт.

Бул анын кыз оюндардын көркү болуп ырдап калган учуруна чейинки, б. а. чыгармачылыгынын баштапкы этабын камтыйт. «Башта таназар албай эки жакка кете берчү элем. Эми убактымдын көбүн үйдө өткөрчү болдум. Китеп окуп, ырлар жазып, анан жаттай баштайм. Ырларымдын баары эле сүйүү менен күйүү. Кийинчерээк кошокторду да жазчу болдум»[2]. Буга караганда анын жазма акын болуп калышы деле толук ыктымал экен. Бирок, көкүрөгүндө

оргуштаган төкмөлүктүн зор мүмкүнчүлүгү жаткандыгын өзү жазбай туйган. Канткен менен даңазалуу Калык ырчыга жолугушу Осмонкулду ырчылык шыдыр нукка салган, анын чыгармачылык жолундагы чукул бурулуш этабы болуп калгандыгы тангыс факты. Ушул күндөн баштап ал абасы Сүйүнбайдан баштакыдай корунбай (Сүйүнбай жаш ырчыны таптакыр ырдатпай, ырдоого тыйуу салгандыгы маалым), Калыктын аркасы менен эл алдында ачык ырдоого мүмкүнчүлүк алып, таза өнөр, чоң ырчылыкка жолу ачылат. Калыкка жолуккан учурда ал 30 жашта эле. Бул анын өмүрүндөгү ири тарыхый окуя болгон. Муну өзү да танбастан мемуарына жазып, ырларында көп жолу эскерет.

Он сегизинчи жылында,
Гүлдөгөн майдын айында.
Кыргызга чыккан атагы,
Калык келди айылга,
Кенчинен сузуп мен алдым,
Кошо жүрүп жанында[3].

Буга чейин белгилүү даражада жамагы төшөлүп келаткан Осмонкулдун мындан аркы чыгармачылыгына Калыктын устаттык көмөгү тийип кадимкидей арымдуу кеткен экен. Мурункудай ырды жазып жаттап, домбура менен аткарбастан, Калыктын комуз үйрөнүп, жамгырдай төгүп ырдоонун негизги орчундуу ыкмаларын үлгүлөгөн. «Какем экөөбүз Чүйдө кыз оюндарда бир айга жакын болдук. Ушул убакыттын ичинде «Жаныш, Байышты», «Курманбекти», «Кедейканды» үйрөнүп алдым. Какем кетээрине эки күн калганда жарым түнгө чейин сүйлөшүп олтурдук. Мага акыл, кеңешин айтты: «Талантты күлүктөй таптабаса, жемдеп бакпаса дат баскан бычактай мокоп, эч нерсеге өтпөй калат. Ошондуктан убагында курчутуп туруш керек. Элдин муңун муңдашканга, кумарын жазганга, оюндагысын көркөм сөз менен айтканга биздей ырчы керек. Көзүңдү көрүп мактагандык эмес, ылайыктуу ырдайт экенсиң...»[4] Устатынын шакиртине айткан кеңешинде элдик ырчынын негизги милдети, аткарчу позициясы кайсы экендиги, репертуары кандай болоорлугу, кан менен кошо келген талантты мокотуп албай кандайча курчутуп,

ар дайым элдин талабына жараша өнөр көрсөтө билүү керектиги өңдүү кыйла омоктуу мүдөө-талаптар камтылган. Устаттыктын улуулугу ушунда жатат. Ошондогу кыйынчылыкка белчесинен баткан элдин муңуна муңдаш, кубанчына ортоктош болуп, элге ар кыл жаңылыктарды, жагымдуу окуяларды, тарыхый маалыматтарды, баалуу кеп-кеңештерге чейин айтып караламан калктын маанайын көтөрүп, көптөгөн информацияларды жеткирип, бир учурда алардын рухий маданиятын байытуу өңдүү орчундуу милдеттерди ал кезде Калык, Осмонкулдай эл шайырлары аркалагандыгы чындык.

«Ачылып толук сабатым, артыла берди талантым» деп кийин өзү ырдагандай, сабаты да, төкмөлүккө да жолу ачылып, күн өткөн сайын анын жоргосу чыгып чыгармачылык арымы кулачын жая берет.

Ошентип, Осмонкулдун өз жолун таап, такшалган адис ырчылардын катарына кирип калган мезгили 1920-жылдардын башына туура келет. Муну ырчынын 1926-жылы Бакуга барып түркологдордун съездине катышып, баргандан келгенге чейинки көргөндөрүн фото сүрөттөрдөй так чагылдырган «Бакуга сапар» аттуу ыры, ошол жылкы Калык экөөнүн белгилүү айтышы жана устатынын ага берген баасы далилдеп берет. «Бул менин турмушумдагы эсте калаарлык эң чоң айтыштардын бири эле. Айтыштан кийин Какем: – Үч-төрт жылдын ичинде кадимкидей чоң ырчы болуп калганыңа кубанып турам. Рахмат, ишенчимди актадың. Мындан ары чоң ийгиликтерге жетишиңе мен тилектешмин,– деп колумду кысты».

Ырчынын 1931-жылы театрда, 1936-жылдан тарта Мураталы, Карамолдо, Калык, Молдобасан, Саякбай, Адамкалый, Атай, Алымкул, Актан, Муса, Мыскал, Шаршен ж. б. турган көп кырлуу залкар таланттар менен филармонияда чогуу иштеп калышы, көктөн тилегени жерден табылгандай эле бир өмүрдөгү тагдырдын олжолуу жазмышы эле. Анткени, ушундай көйкашка таланттардын ордосунда жүрүүнү абдан самап, өзүнүн да шакардай кайнаган төкмөлүгүн бул өңдүү шайырлар менен бөлүшсөм деген көксөөсү анда бала күнүнөн тарта боло турган. Фи-

лармонияда иштөө ого бетер чоң жоопкерчиликти тагып, дайыма чыгармачылык дем берип, өзгөчө эргүү жараткан. Осмонкулдун кыргыз элине кара аттын кашкасындай таанымал «эл эркеси» аталган Куйручукту, чоң куудул Бекназарды, алп «манасчы» Сагымбайды, кадимки Тоголок Молдону жана Найманбай, Эшмамбет, Барпыдай ак таңдай, ири төкмөлөрдү өз көзү менен көрүп, жакындан билип калышы келечекки чыгармачылыгына мүлдө сабак болгон.

Чындыгында эле, баштакыдай бай-манаптарды аргасыз мактап ырдап, кайда жүрсө аларга көз каранды болбой, элге чечилип төгүп, талантынын аркасы менен туруктуу үй-жай күтүп, сый көрүп, ырлары газета-журналдарга жарыяланып, китеп болуп чыгып, өнөрлөрү теле-радио аркылуу берилип, чыгармачылыгы толугу менен калкка жайылып, Осмонкул өңдүү эл шайырларына Октябрь революциясынан кийинки жаңы турмуштун тийгизген көмөгү зор болгон. Аны өзү деле танбайт:

Кумарын жазып ыр ырдап,
Калкыма бүтүн таанылдым.
Ырларым чыгып жарыкка,
Ырыс-бакка малындым.
Эмгегим сиңип элиме,
Алтындан орден тагындым.

Бир жагынан, башта мынчалык сый-урматка бөлөнүп көрбөгөн элдик өнөрпоздор партиянын ар кыл жарлыктарын аткарып, идеологиясын кадимкидей эле ээрчип кетишкен экен. Анан калса аларга коюлган талап да ошондой болгон. Ошол себептүү Осмонкул да «Жакшы колхоз», «Динчилдер», «Жаңы турмуш», «Кызыл кырман», «Улуу Октябрь ай келди» өңдүү учурдун талабына дал келген үндөө, чакырык мүнөзүндөгү саясий агитациялык жеңилжелпи ондогон ырларды жарыялаган. Бул тууралуу окумуштуу С. Байкожоев минтип жазган: «Ал партиябыздын талабын, элибиздин күрөшүн өзүнүн күрөшү, талабы деп түшүнгөн. Ошондуктан ал социалисттик курулуштун ар бир этабында көз алдында болуп жаткан өзгөрүш, өсүштөргө, түрдүү окуяларга карай өз сөзүн, оюн айтууга аракеттенген»[5]. Мындай алешем ырларды Калык, Алымкул сыяктуу

башка эл ырчыларынын ыр жыйнактарынан да учуратууга болот. Төкмөлүк өнөргө автоматикалык түрдө билинбей өткөн мындай жасалма ыкма Осмонкулдай чоң ырчыларды психикалык жактан мокотуп, кылтылдатып, нукура, таза ырчылык жолдон адаштырып, элдик нарктуу салт-санаа, турмуш чындыгын, тарыхты, эл шайырларынын эң кызыктуу, ары опурталдуу өнөр-таржымалдарын, дегеле өзүлөрү берилип, кызыккан темаларды козготтурбай, көп учурда тематикалык чектелүүчүлүккө такап, кыйла кедергизин тийгизген. Осмонкул өзүнүн тек-жайы эл ичиндеги бар билгендери туурасында ар дайым сактанып сүйлөөрүн уулу Белек көп эскерет. Анығында, ырды нөшөрлөтө төккөн ак таңдай төкмөлүгү менен кыргыз, казакка бирдей кадырлуу Осмонкулга да кандуу репрессиянын учкуну тийип, «бай-манапты мактап ырдаган» деген айып тагылып, он жылга кесилип Сибирге айдалып, баш-аягы эки жарым жылдай түрмөнүн запкысын көрүп, ошондон улам ал аз жерден төкмөлүгүн такыр токтотуп кое жаздаган экен. Өзү аны берегиче маалымдайт: «1940-жылы январь айында түрмөдөн бошоп Фрунзеге келдим. Поездден түшүп күйөө балам Касымалы Эшимбековдукуна бардым. Тууган-уругумдун жайын уктум. Арадан чай кайнам убакыт өтпөй эле Шаршен менен Карамолдо кирип келди. Шаршен бакырып басып жыгылды. «Ай Шаке, далдандабай мындай болчу, тууган сеники болсо да. Биз да көрүшөлү, муштумдай немени тумчуктура турган болдуң» деп Молдокем мени кучактап, алкымымдан жыттап алып, ыйлап жиберди.

– Ырдагандан айныбапсың. Эки жарым жылдай кыйноо тартып, баштакыдай болбой калды го дедим эле. Баарыбызды жашыттың. Бизге кайра келгин. Сени эл күтүп жатат. Барган жер эле сурашат – деди Молдокем. (Артист болбошко өзүмө өзүм ант берип койдум эле.) Улам-улам чакырта беришкендиктен, февралдын аяк ченинде филармонияга кайра келдим»[6].

Ырчынын күчтүүлүгү кайсы тематикада болбосун эч тайгылбай таамай төгүп кеткендигинде. Бул төкмөлүктөгү ириде көзгө көрүнгөн артыкчылык сапат. Мындай сапат Осмонкулга айрыкча мүнөздүү.

Каткалаң муздан кутулуп,
Каткырып күлүп жаз келди.
Канатын күүлөп талпынып,
Каркылдап өрдөк, каз келди.
Тоо жели түртүп термелтип,
Торгойдун тили так келди,
Эркек-аял, кары-жаш,
Эмгекке кирер чак келди.
(«Жаз келди»)

Мына биздин кенен Чүй,
Көз жетпеген терең Чүй.
Жериме келип көргөндөр.
Жерим болсо деген Чүй.
Баркын билген кишиге.
Бар оокаты кенен Чүй.
(«Чүйдүн көрүнүшү»)

Ал «аа» деп оозун ачып жамагын баштаганда эле берегидей саптар берметтей тизмектелген. Осмонкулда көргөнүн көргөндөй төп сүрөттөө күчтүү. Муну, Бакуга сапарында көргөн Кара кум чөлүнүн көрүнүшүн, Борбордук Азиядагы тажик, түркмөн, өзбек, казак элдеринин улуттук өзгөчөлүктөрүн жана Кавказ жергесинин эстен чыккыс таасирлерин, андагы азербайжандыктардын салт-санаасын, бир көргөн кишиге калтырган жагымын ырга салып чебер тизмектеген ыр баяны таасын далилдейт:

Кумдан башка чөбү жок,
Куураган сөксөөл, көгү жок.
Агарган кумдун ичинде,
Аргымак тураар жөнү жок.
Боз түшүп турат жеринде,
Боз ала болуп өңү жок.
Ар жери андай болсо да,
Аттарынын өөнү жок.
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Алды, үстүнүн баары таш,
Тамдагы жыгач таштан аз.
Таштан жасап там кылган,

Аз чыгар уста андай маш.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Азербайжан элдери,
Адамдардын толугу.
Аркасына чубалат,
Аялдардын жоолугу.
Адептүү сүйлөп, ийилсе,
Адамга жагат жоругу.

Мунун баары ыр менен тартылган эле сүрөттөр. Осмонкулдун «Бакуга сапары» чоң жазуучулардын, же чебер журналистердин эң сонун публицистикалык көлөмдүү жол очерктериндей эле көлөмдүү, канча бир жакшы жөрөлгөлөрдү, көрүнүштөрдү, жаңылыктарды, эс тутумдарды чап кармап, туура сүрөттөгөн ыр түрүндөгү жол очерк.

Поезд деген өзүнчө,
Бир-бирине чиркелген,
Бир нече кооз там экен.
Ичине кирсең жаткандай,
Керебети бар экен.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Маңдайында өчпөгөн,
Бир көзү бар чарадай.
Ылдамдыгын мындан бил,
Саналбай калат жолдогу,
Зым тартылган карагай.

Мында поездин алгач көргөн киши үчүн таң калыштуу көрүнүшү, бир станциядан бир станцияга тез жеткирчү ылдамдыгы Ыбырай Тумановдун «Паравоз» аттуу күүсүндөй эле (ал комуздун бар мүмкүнчүлүгүн ашкан чеберчиликте пайдаланып, абдан элестүү берген, бул өзүнчө уникалдуу күү. – А. О.) жеткиликтүү тизмектелген.

Осмонкулдун ырчылыгынын күчтүүлүгү учурдагы күтүүсүз жагдайларды жамагына жик билгизбей, шыдыр жалгаштыра кетүүсүнөн да билинет. Бир сапар алыскы райондордун биринде оюн коюп жүрүшүп, Осмонкул эл менен учурашып жаткан тапта шамал болуп чырак өчүп калат, төкмө бул көрүнүштү да ырына кошо кетип:

Үч айылда бир чырак,
Үйлөп салды өчүрүп,
Үстүдөн шамал ыркырап.
Ошону күтүп тургансып,
Олтурушат кыз-келин,
Мында, бирин-бири чымчылап –

дегенде, «Опей, мынабул чал бизди да жөн койбой, ырына кошо кетти»,– деп шыбыраша түшөт, алдыда олтурган өңчөй жаштар. Анда Осокең, аларга да минтип тамаша ыргытып жатат дейт:

Оозу шок кандай баласың,
«Ой мынабул чалды»... деп
Осоңду сынга аласың.
Сен дагы кемшейген кемпир болосуң,
Ошондо, кемсомол кайдан карасын...

Ушул жерден, төкмөнүн өзүнө тааныш эмес канча бир аталыштарды, информацияларды, фактыларды бир угуп чап кармап калган эске тутуу мүмкүнчүлүгүнүн адамдан башкача артыкчылыкка ээ болгондугуна таң бербей кое албайсың. Анын мындай өзгөчөлүгүнө ошондогу атактуу төкмөлөр Калык, Алымкул, Саякбай ж.б. эл шайырларынын да таң калгандыгы чындык. «Осмонкулдун тубаса акыл-сезими өзгөчө күчтүү болчу. Ал алыскы жолду басып келсе да колхоз-совхоздордогу мыкты иштегендерди, о.э. артка калгандардын аттарын, аткарган пландарын алдын ала сурап алаар эле. Кечки концертте эл менен саламдашкан ырында колхоздогу мыкты иштеген бригадаларды, звенолорду, малчыларды, трактористтерди о.э. иши оңунан чыкпаган бригада, звенолордун аттарын атап ырдап кирчү. Ал кээ бир фактыларды, алар менен бирге иштешкендерди да таасын айткандыгы менен концертте отургандардын оюн утуп алчу. Ырынын ыргактуу куюлушкандыгы жагынан Осмонкулга өз мезгилинде бир да акын тең келе албаган»[7].

Осмонкул башка ырчылардан айырмаланып актер катары да театрда ар кыл ролдорду аткарган. Алсак Ж.Турусбековдун «Ажал ордундасында» Зулайканын атасынын, Ж.Бөкөнбаевдин «Алтын кызында» Бектурдун, Го-

голдун «Текшерүүчүсүндө» Абдулин көпөстүн ролдорун кыйла жеткиликтүү ойногондугун, ролдорду да бир окуганда эле жаттап калгандыгын[8] билебиз, б.а. ал улуттук театрдын калыптанышына да тиешелүү салымын кошкон.

Көрүнүшүң бир укмуш,
Көргөндөр кетпей үйрүлгөн.
Кейпиңди буза калганда,
Көзүңдүн жээги түйрүлгөн.
Мурдуңдун учу кыймылдап,
Мурутуң жиптей ийрилген.
Мурунтан эле табийгат,
Мол кылса керек күлкүгө,
Мүчөңдүн баарын бир-бирден.

Бул, эл куудулу Бекназардын алп төкмө Осмонкул тарабынан кайталангыстай чебер тартылган портрети. Угуп, же көрүп турганын ашык-кеми жок сүрөттөп, шыдыр төгүп жиберүү Осмонкулдагы негизги оригиналдуу артыкчылык. Ал чебер портретчи. Анын мындай өзгөчөлүгүн жер көрүнүшүн, адамдардын портреттерин, болбосо жан-жаныбарларды сүрөттөөсүнөн деле толук көрө алабыз.

Тумандын уулу Ыбырай,
Тегин жерден күү тапкан.
Бир койдун кылын бүт таккан,
Сыдырып жатып жүз таккан.
«Жаш тилекке» келгенде,
Тепкенин жогор жагынан,
Тегирмендей чоң колду,
Тегеретип бир чапкан.
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Барпы аке,
Жарыкты сүйгөн ырчы эле,
Жан бүткөндүн курчу эле.
Жараткан көзүн алса да,
Жүрөгү көрүп турчу эле.

Мында Ыбырайдын, Барпынын да алп комузчу, ырчылык өздүк чеберчиликтери толук камтылган. Болбосо, уйдун башка бодо малдардан бар артыкчылыгын ырчы төрт сапка гана чебер сыйдырып коет.

Желининде чака-чака сүтү бар,
Өгүзүндө атан төөнүн күчү бар.
Сааса сүтүн, карын-карын май берет,
Башка малдан берекелүү ушу мал.

Осмонкулда айтуучулук өнөр да зор болгон. Ал жаш чагында казак элинин «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш, Баян сулуу» өңдүү эпосторун жаттап алып айтып жүргөн, кийин Калыктан «Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Кедейканды» үйрөнүп, кези келген жерлерде келтире айткандыгы белгилүү. Осокем «Курманбекти» таңды таң аткыча айтып да түгөтө албачу. Ал элдик баатырды өлтүрүп, кайра калктын өтүнүчү менен тирүү калтырып, уккандардын муун-жүүнүн бошотуп, бирде күлдүрүп, көңүлдөрүн шат кылып чоң чеберчиликте аткарчу эле» деп эскерет Ашыраалы ырчы. Албетте, устатынан үйрөнгөн күндө да ар айтуучунун ошол эпоско кошкон өздүк салымдары болбой койбойт. ... Атаганат, эгерде Осмонкул деле чоң төкмөлүгүнө салып өз алымча, кошумчалары менен ошол айтып жүргөндөрүн жаздырып кеткенде бул эпостордун сөзсүз Калыктыкынан кем турбаган классикалык варианттары жаралып калат эле. Бирок, ал устаты Калыкты чексиз урматтаган үчүн мындай ишке барууну осол, уят иш катары көргөн. Ошентсе да анын айтуучулук ири мүмкүнчүлүгү «Ашымжан», «Баатырдын баяны», «Баатырбек», «Гүлшайыр», өңдүү поэма, көлөмдүү баяндарынан, «Аргасыздан болгон балчыдай» жомогунан эле ачык көрүнүп турат. Анан калса көп жылдар бою ээрчише ырдап жүрүп Осмонкул Калыктан эпос айтууга ылайыктуу кубаттуу сөздөрдөн ыр курап, гипербола менен литотанын ордун таап ыктуу колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн үлгүлөгөн. Бирок, ал ушундай ири мүмкүнчүлүгү туруп көлөмдүү эпикалык чыгармаларды жаратууга анча көңүл бурбагандыгы жогоруда аталган бирин-экин чыгармаларынан улам ачык байкалат. Булардын ичинен Осмонкулдун эң көрүнүктүү делген поэмасы белгилүү эл шайыры, ири темир комузчу, кыргыздын куурчак оюнунун баштоочусу Адамкалый Байбатыровдун өмүр жолунан алынып жазылган «Ашымжан» поэмасы. Ырчынын максаты Ашымдын Октябрь револю-

циясына чейинки оор тагдыры жана соңку ишмердиги аркылуу жарды-жалчылыктан Кызыл Армиянын катарына өтүп, эл эркиндиги үчүн күрөшкөн лидерликке чейинки жолду басып өткөн жаңы коомдогу жаңы адамдын өмүр жолун ишенимдүү чагылдыруу эле. Ошону менен бирге бул поэмада кыргыз менен орус элинин ширелишип бараткан достугу, жакшылыкты тең бөлүшүп, кыйынчылыкта бири-бирине арка-бел, жөлөк боло алган ынтымактуу адамдардын, кыз-жигиттердин оош-кыйыштуу тагдырлары, жасаган эрдиктери баяндалат.

Дал ушул поэмасында Осмонкулдун айтуучулук жөндөмү ачык көрүнөт:

Жокчулугу болбосо,
Жоон балтыр, жайык төш.
Мурду кырдач, бою узун,
Бүркүт кабак, өткүр көз.

Бул «Ашымжан» поэмасындагы Кожокандын образы. Ашымжандын кызыл армиянын катарына кирген учуру:

Кылыч алып кыйкырып,
Кыя тартып чабышып,
Кырып жүрөт душманды,
Кый сүбөсүн жарышып,
Жүлүнгө сайып, найзалап
Жүрөктүн канын агызып.

Ал эми мында Ашымжандын сүйгөнү Гүлжамалдын элеси мыкты тартылган:

Эки көзү сурмалуу,
Оозу оймоктой, ак маңдай.
Оңун таап сүйлөшсөң,
Кылыгы жанга жаккандай.
Кырдач мурун, калем каш,
Кыйналсаң оюң тапкандай.

Көлөмдүү эпикалык чыгармаларга гана тиешелүү буга окшогон тизмектерди Осмонкулдун поэма, жомок, көлөмдүү баяндарынан, ар кыл ырларынан да арбын учуратабыз:

Казактан чыкты Оторбай,
Карагайдай бою бар.
Кармаса кан чыгарган,

Капкандай катуу колу бар.
Алышып калса душманды,
Аңтарып кетчү ою бар.
("Баатырбек" поэмасынан)

Аты семиз акырында жулкунат,
Арабасын ала качып булкунат.
Көйкөлүшкөн канатындай тотунун,
Куйрук-жалы кундуз өңдүү кулпунат.
("Колхоз" аттуу ырынан)

Осмонкулга устаты Калыктын ар нерсени алп кылып сүрөттөөлөрү, жайынча көрүнүштү жандандырып, укмуштуу, кереметтүү нерселерге айландырып жиберчү айтуучулук өзгөчөлүгү сезилерлик даражада абдан жугушкан. Буга далил катары бир эле мисалды тартып көрөлү.

Калыкта:

Ала салып суулары,
Атырылып сай-сайдан.
Канатын жайып ар жакка,
Касаба зоолор заңкайган.
Тулку бою керилип,
Туш-туш жакка чалкайган[9].
("Тянь-Шандын көрүнүшү")

Осмонкулда:

Ала-Тоонун төбөсү,
Асманга жетип заңкайып,
Аскалары көк тиреп,
Алда кайдан аркайып.
Күн тийгенде жаркырап,
Күмүштөй аппак шаңкайып[10].
("Кыргызстан")

Устатынан ага жугушкан буга окшогон таасирлерди «Колхоз», «Жылкычы», «Кыргызстан», «Кыргыз байлыгы» ж. б. көптөгөн ырларынан, поэмаларынан да көрөбүз.

Осмонкулдун ири төкмөлөрдөн экендигин айтыштары да айкындайт. Айтыш ырчылардын ар кыл күтүүсүз жагдайларда ык, жол, сөз тапкычтыгын, кыйындыгын аныктайт. Айтышта ырчынын кооптуу какшыкка, ыктуу чымчышууга, азилдешип тамаша ыргытышууга даяр турушу,

ушул жагынан чеберчиликке ээ болушу чоң мааниге ээ. Осмонкулда берегидей сапаттар болсо да андан «Эсенаман менен Жеңижоктун», болбосо «Эшмамбет менен Калыктын айтышындай» нукура классикалык айтыштар калбады. Буга Совет мезгилиндеги айтыштардын жайынча, алдын ала акылдашып жасалма мүнөзгө өтүп кеткендиги себепчи болду. Совет доорундагы айтыштарда төкмөлүк бар күчүн жумшап айтыштын ар кыл ыкмаларына өтүп, түркүмдөнүп тил чеберчилигин көрсөтүү, катуулашып жаакташуу, кордошуу, дегеле бири-бирин жеңип чыгуу калып, б. а. айтыштын абалтадан келаткан салттуу ыкмасы жөнөкөйлөшүп, негизинен областар, же чарбалар аралык оң-терс көрүнүштөрдү, өлкөдө республикада болуп жаткан жаңылыктарды, жетишкендиктерди айтып ырдоого багытталган эле. Бул убактагы айтыштар бар болгону сындоодон, мактоодон, жарлык айтуудан турган. Экинчиден, Осмонкул Калыкты устаты катары абдан урматтаган үчүн экөө эч убакта катуу кетишпеген. Осмонкулдун башка ырчылар менен айтышкан айрым айтыштарын эске албаганда, дээрлик айтыштары Калык менен болгон. Биз булардын ичинен, белгилүү бир этаптык мүнөздөгү, адаттагыдай тажатма эмес, тамашалуу маанайдагы айтыштарынан мисал келтирели.

Осмонкул:

Алты уруу кыргызга,
Атагы чыккан Калыксың.
Абалкыдай демиң жок,
Алтымыш бешке барыпсың.
Көрүнүшүң көзүмө,
Кайран чалым карыпсың.

Калык:

Кайсактап жооп таба албай,
Карылыктан баштадың.
Калыптыр го сенин да,
Кадимкидей жаш чагың.
Сакалыңда кара жок,
Ак болгонун билбейсиң.
Карылыктын белгиси,

Так болгонун билбейсиң.
Кайран жаштык өзүңдөн,
Сап болгонун билбейсиң.

Анда Осмонкул «ар жериңден торосом, жооп бердиң чалдырбай» деп, Калыктын айтыш өнөрүнө чебер экендигин белгилеп келип, «көкүрөктө мүлкүмдүн көпчүлүгүн үйрөттүм» деп ырдаган Калыктын ырына жооп кылып:

Бир кезеги келгенде,
Кимдерден үлгү ким албайт.
Бир кезеги келгенде,
Кимдерден кийин ким калбайт.
Текирeңдеп Калыгым,
Тебеген аттай чунаңдайт.
Тизгинин тартып койбосо,
Тебишпей чыдап тура албайт –

деп атаандашынын кээ бир мүнөздөрүн сынга ала, өзүнүн Калыктан кем түшпөгөн ырчы болуп калгандыгын туюндура, устатынын бетине чыга ырдайт. Мындай теңтайлашуу Осмонкулдун Калык менен болгон айтыштарында кездешкени ушул гана. Бул каяшага Калык «Жеңе албайсың Осмонкул, жыйыштыргын тил алсаң. Тура албайсың Осмонкул, кокус менден кулансаң» – деп жайынча кайрылат. Осмонкул да буга ынанып, кайра жоошуп, адаттагы көндүм ыкмага салып:

Эл күлсүн деп айтыштык,
Эскинин салты курусун.
Эмки доорду ырдайлык.
Элим тыңдап угушсун –

дейт. Айтыш эч качан келишүүчүлүккө жол бербей, жаакташуунун, тил чеберчилигинин ар кыл амал, ыкмаларын бийик деңгээлде көрсөтө билгенде гана чыныгы айтыш катары өз максатына жетет. Ал эми Осмонкул менен Калыктын айтыштарында азыраак каяша, какшык, ыктуу чымчышуулар кездешкени менен чыныгы өнөр артыкчылыктары таасындалган күчтүү айтыштардын эмес, жайынча айтышкан жакшы айтыштардын катарына кирет. Осмонкул Калыктын көзү өткөндөн кийин «улууларды сыйлай жүрүү керек» деп жаштарга насаат айта ырдаган

бир ырында өзү да Калыктын батасын алып өсүп, эл алдында чоң сыноодон өткөндүгүн, ошол себептүү аны дайыма туу тутуп, өйдө карабаган, чын сырын айтып келип:

Асылкеч достой сыйлашып,
Акылдашып бир басып,
Агамдай сыйлап жол берип,
Андан мурда кол берип,
Ага тең акын болсом да,
Алдынан кыя өтпөдүм.
Айтышсам сени жеңем деп,
Абийирин элге төкпөдүм –

деген. Бул жерде Осмонкулдун устатына багышталган чексиз урматы, өзүнүн чоң маданияттуу, жанда жок сыйчыл адам болгондугу көрүнүп турат.

Осмонкулдун устатынын алдынан кыя өтпөгөндүгү 1926-жылкы айтылуу айтышынан эле маалым болгон. Ошол айтышта:

Аз жылы көрбөй калганга,
Ардактабай калдыңбы,
Акын Калык пириңди?
Көңүлүмө карабай,
Кас душмандай аябай,
Карматсамбы жинимди!–

деп катуулап келаткан Калыктын беттөөсүн, «Каршылашкан ырчысын, Какем, каптап кетет жалындай» деп тамашага буруп, бир чети Калыктын айтыш өнөрүндөгү балбандыгын айтып, ары кыял-жоругун элестүү чагылдыра, айтышты жаркын маанай менен бүтүрөт. Бул айтышка өзү катышып, толук таржымалын билген К. Маликов: «Угуп олтурган көпчүлүктүн колдоосу менен кызуулашып, сөз узарып бара жатканда сөздү убагында токтотуу үчүн жана дале болсо Калыкты сыйлай тургандыгын билдирип, ардактоо көрсөтүп, ошону менен бирге олтурган көпчүлүк менен күлкү аралаштыра коштошуу үчүн:

Калык – буура, мен – тайлак,
Качып турам жалтайлап.
Каарына чын тийсем,
Какем, жутуп коет бир чайнап –

деп, сахнадан камчысын сүйрөп чыга качканы чын. Ошенткен Осмонкул эч кандай чайнашпай эле өмүр бою Какем менен кызматташ, тилектеш болуп жүрдү. Какем 1953-жылы дүйнөдөн кайтканда Осмонкул:

Ардактуу Калык акыным,
Аталаштан жакыным.
Кыялың түшүп эсиме,
Кыйналып абдан жашыдым» –

деп кошкондугун эскерет.

Ошентип Совет доорундагы айтыштар суроо-жооп иретинде, алым сабакташып, көбүнчө жаңылыктарды жарлык кылуу максатын көздөгөн. «Осмонкулдун айтыштары да эски салттуу ыкмадан чыгып, социалисттик курулушту поэтизациялоого татыктуу ырчылык көркөм ыкманы колдонгондугун»[11] С. Байкожоев туура белгилеген.

Ырды ак жаандай төгө билген, ар нерсенин ак-карасын таасын көрө билген, таланты зор, ак таңдай ырчылык деңгээлге жеткен төкмөлөрдүн гана ар санатты эч тайгылбай ырдаарлыгы белгилүү. Кыргыз ырчылар поэзиясында Осмонкул да ошондой ири нускоочу ырчылардын катарына кирет.

Ырчыны жакшы көргөзгөн,
Ырына шоок тил болот.
Айды жакшы көргөзгөн,
Айнектей ачык түн болот.
Бакты кооз көрсөткөн,
Башына бүткөн бүр болот.

Карап туруп болжосом,
Карылык кандай, жаш кандай?
Ысык, суук болжолу,
Кыш күн кандай, жаз кандай?
Пайдасына карасак,
Суусуз жер кандай, саз кандай?
Жамандык башка түшкөндө,
Жакын кандай, жат кандай?

Анын санат, терме, үлгү ырлары барыдан мурда турмуштук ар кыл көрүнүш, жагдайлардан өз алдынча кору-

тунду чыгарып, терең талдай билген акылкөйлүгү, ойчулдугу, ыр тизмектеринин табигый учкулдугу, жорголугу менен өздүк мааниге ээ. Буга мисал катары өмүр-жаш багытындагы ырлардын эң мыкты үлгүлөрүнө кирген «Карылык» аттуу ырын алып көрөлү:

Кызыл жоргом басалбай,
Кылтыган аксак ат болду.
Кыйчалыштап жол басып,
Кыз-күйөөдөн жат болду.
Кыш түшкөндөй бубактап,
Кыл мурутум ак болду.
Кымыздын кетип даамы,
Кыйгыл суудай чак болду.
Кыялданып бастырган,
Кырчын жашым сап болду.
Кыпкызыл бойдон жөн турбай,
Кызгалдактай бат солду.
Карыны көрсөм калчу элем,
Кабак, мурдум чүйүрүп.
Тамаша десе кетчү элем,
Тай чабым жерге жүгүрүп.
Эми, чакырым жерге жөө баспай,
Чарчачы болдум күйүгүп.
Жашчылык кетсе мейличи,
Жакшы экен деги тирилик.

Осмонкул жаңылбай төккөн чоң төкмө болгондуктан, турмуш туундуларынан келип чыккан терең маанилүү санаттарга кайрылбай кое албайт эле. Чындыгында эле төкмөнүн ыр жыйнактарындагы ырларынын эң салмактуулары – үлгү, санат, «карылык», өмүр-жаш ырлары. Анын нускоо ырлары ири масштабдагы нускоочу ырчылардын санаттарынын катарында турган классикалык чыгармалар.

Осмонкул алгачкы тырмак алды чыгармаларын өзү жазып, кайра жаттап алып ырдап жүргөн. Кийин Калыкка жолуккандан соң нукура төкмөлүккө өтүп, экинчиден ыкшоолонуп, калемди колуна кыйла жылдар бою албаптыр. Билгениңдин баарын жаз, деп Калык канча жолу айтып, Аалы да шыктандырып, ал эми Кубанычбек ар

дайым катуу талап кылып, уулу Белек өтүнө берген соң өмүрүнүн акырында барып «Менин өмүрүм» аттуу мемуарын, бир катар ырларын жазып бергендигин билебиз. Ал эми Осмонкулдун жыйнактарындагы арбын ырларды, эскерүүлөрдү уулу Белек жазып берген. Кийин өзүнүн канча бир баалуу чыгармаларынын ың-жыңсыз желге учуп кеткенине (Кубанычбекке арнаган ырында) минтип катуу кайгырган экен:

Бек олтуруп жазбапмын,
Берметтей сөздү таппапмын.
Далыга чапса мактанып,
Дардаңдап күн-түн какшапмын.
Сендей, ининин тилин албапмын,
Көңүлгө сактап калбапмын.
Жазуу жакка умтулбай,
Жадабай элге сайрапмын.

Осмонкулдун ыр жыйнактарынан кадимки профессионал жазма акындардын ырларындай троптун түрлөрүн колдонуп жазган эң сонун лирикалык ырларды кездештиребиз.

Балбылдап тийген күн нуру,
Чокусун тоонун жалады.
Табына күндүн чыдабай,
Тумшугу муздун канады.
Мөңгүнүн суусу токтобой,
Туш-тушка тегиз тарады.
(«Саймалуу көйнөк кийинди»)

Жаз келгенде кетти качып бурганак,
Курт-кумурска жол түзөдү тырмалап.
Силкип таштап аппак тонун үстүнөн,
Жердин бети көк халатын чулганат.

Чарт-чурт этип чагылгандар оштонуп,
Жамгыр жаап, жыпар чачып жел жүрөт.
Саймаланып, бою балкып, жадырап
Томогосун алып таштап жер күлөт.
(«Жаз келди, камдан!»)

Бул ырларда ырчынын кыйла изденип тапкан табылгалары, жаңычыл ык, стиль, формалары ачык көрүнүп турат. Осмонкулдун бир учурда элдик салттуулукту пайдаланып, жазма акындык ыкманы да колдонуп чыгарган ырлары бар.

Күлүп өт гүлүң бар чакта,
Күйүттү бойго таркатпа.
Буралып бакта сайраган,
Булбулдун үнүн чарчатпа.
Ачылган гүлгө жетемби,
Ашыктыгым бекерби?
Арзыган гүлгө жеталбай,
Арманда өтүп кетемби?

(«Кызыл гүл»)

Демек Осмонкул чоң төкмөлүк менен катар жазма акындык ыкманы кыйла өздөштүргөн ырчы десек ашыкча эмес. Анын үстүнө ырчы өзү, дегеле көөнөрбөс ыр, обон, күүлөрдүн, же жазылып калган мыкты чыгармалардын эч качан өлбөсүнө көзү жеткен үчүн:

Акын деген алтын баалуу ыр жазат,
Акыл менен акыйкаттап чын жазат.
Акын өлбөйт, акындардын ырларын,
Эрмек кылып эли сүйүп ырдашат.
Көркөм чыккан китептерин окуса,
Көпчүлүк эл тирүүсүндөй тыңдашат.

Ырчылардын сөзүнө эл куштар да,
Ар ким ашык таттуу кебин укканга.
Көчөдөгү бараткан эл токтошот,
Атай, Муса обондору чыкканда.
Өзү чертип отургандай көрөмүн,
Токтогулдун «Чоң кербезин» укканда –

дейт. Осмонкул өзүнүн чоң ырчылыгына, тубаса талантына ишенген, калыс сүйлөп, төп жүргөн, өзүнө өзү сын көз менен карай билген айжаркын адам болгон үчүн «Сынчы уулума ачык кат» деген ырында жетимишке чыкканы калдым, өлгөндөн кийин айткан сыныңар кеч болуп калат, чыгармаларымды сындасаңар көзүм барда сындагыла, көрүмө тынч жатайын:

«Мени аяп бекер кайгы жебегин,
Супсак ырды даамдуу ыр дебегин.
Жети жолу өлчөп туруп, бир кессең,
Так ошондо сыныңарга көнөмүн.
Адилеттүү найзаң сайса жарамды,
Айыктырам кайратыма келемин» –

деген. Ал баарыдан мурда чыгармаларынын өмүрүнүн узун болушун каалаган:

Өз милдетин – эл ишеничин актаса,
Өзүм өлсөм ырым жашай баштаса,
Өмүрү узун жаш арчадай өскөнүм.

Бул, чоң төкмөнүн таза дил-пейилинен чыккан сыры, акындык кредосу. Төкмөлөрдүн ичинен сынчы эли менен ачык сырдашып, прогрессивдүү таасирлерди аң-сезимдүү кабыл алып, чыгармачылыкка коюлган талаптарды туура түшүнө билип, өзүнө өзү сын көз менен караган да жалгыз ушул Осмонкул. Чыгармачылыкка түшүнүктүүлүк менен жасаган жаңыча мамиле деген ошол. «Чымчыкты сойсо да касап сойсун» дегендей ырчыларга ырчылардын өзүлөрүнөн өткөрө баа берүү кыйын.

Күкүк эле Осмонкул,
Күн-түнү талбай таңшыган.
Абайласам ырлары,
Ак булут экен калкыган.
Акынсып ар ким ырдады,
Ал эми, Осмонкулдун ырлары,
Айдаган койдой чубуруп,
Ашыгып турчу артынан.
. . . . . . . . . . . . . . . . . .
Осмонкул деген ким эле?
Оодарылбас, чайпалбас,
Океан болчу тимеле... –

дейт Ысмайыл ырчы. Бул Осмонкулга карата эч апыртуусуз, болгондо да анын төкмөлүк артыкчылыгын абдан элестүү, так кесе сүрөттөгөн туура сын. Муну Осмонкулга карата кыргыз элинин берген баасы деп түшүнүү керек.

Алп төкмөнүн эмгеги туура бааландыктан ага «Кыргызстандын эл артисти» деген жогорку наам бери-

лип, Ленин ордени менен эки жолу, ошондой эле «Эмгек Кызыл Туу» ордендери жана медалдары менен сыйланган.

Жыйынтыктаганда, Осмонкул Бөлөбала уулу кайсыл тематикада болсун чоң чеберчиликте ак жаандай төккөн төкмөлүктөгү күлүктүгү менен айырмаланган, айтыш өнөрүндөгү чеберчилиги, ири сүрөткерлиги, чоң нускоочулугу менен элибиздеги саналуу алп ырчылардын катарына кирет.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Осмонкул. – Ф., 1974.

[2] *Бөлөбалаев О.* Менин өмүрүм/Эскерүүлөр. – Ф., 1968.

[3] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988.

[4] *Күмүшалиев К.* Залкар таланттар. – Ф., 1973.

[5] Калык. – Ф., 1972.

[6] *Байкожоев С.* Осмонкул ырчы. – Ф., 1964.

[7] *Күмүшалиев К.* Залкар таланттар. – Ф., 1973.

[8] Очерктери… – Ф., 1988.

[9] Калык. – Ф., 1972.

[10] Осмонкул. – Ф., 1974.

[11] *Байкожоев С.* Осмонкул ырчы. – Ф., 1964.

## АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВ
*(1894–1963)*

Кыргыз акындар поэзиясынын ири өкүлдөрүнүн бири Алымкул Үсөнбаев 1894-жылы Талас жергесиндеги азыркы Манас районуна караштуу Кара-Арча айылында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган.

Алымкулдун ырчылык шыгынын ойгонушуна өзгөчө таасир тийгизген эң башкы эстетикалык өбөлгөлөр элдик оозеки чыгармачылык, анын ичинде улуу «Манас» эпосу башында турган бир катар дастандар болгон. Эл арасынан жомокторду, элдик ырларды, күүлөрдү көп угуп, анын көбүн эсине тутуп, айрымдарын өз алдынча теңтуштарынын арасында аткарып да жүрөт. Жумуштан колу бошой калган учурларынын көбүн айылдагы Кудайберди, Аттокур сыяктуу көркөм сөздү куюлуштура айткан акын чалыш сөзмөр адамдардын айланасында өткөргөн. Алардан жана элден уккан жомоктор, айрыкча «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Сарынжи, Бөкөй» сыяктуу эпикалык поэмалар жаш талапкердин көңүлүнө бекем уюйт. Мына ушул поэмалардын ыр түзүлүшүн, дегеле андагы ар түрдүү татаал турмуштук окуялардын көркөм сүрөттөлүшүн жаш талапкер акырындап өздөштүрө баштайт. Бара-бара ушул эпостордун айрым үзүндүлөрүн өз алдынча айтууга киришет. Демек, Алымкулдун ырчылык жөндөмдүүлүгүнүн ачылышына, төкмөлүк шыгынын көз жарып, ойгонушуна элдин оозеки чыгармалары түздөн-түз таасир эткени талашсыз чындык.

Алымкул он төрт жаш курагында эле айыл арасында Сулайман, Аттокур, Айдараалы сыяктуу ырчылардан да таалим алып, өз теңтуштарынын арасында, кыз оюн-

дарда ырдай коюп жүрөт. Айдараалы, Аттокур, Сулаймандар атагы алыска кеткен акындар поэзиясынын чебер классиктери болушпаса да, Алымкулга акындыктын алгачкы «алиппесин» таанытууга жарамдуу ырчылардан болушкан. Алардын таасири менен Алымкул өз алдынча жамактатып төгүп ырдоонун жолдорун жана ыкмаларын үйрөнөт. Комуздун күүлөрүн өздөштүрөт. Мына ошентип Алымкулдун ырчылык жөндөмдүүлүгү күн санап өнүгө берет. Бирок, айылдык жамакчы ырчынын деңгээлинен биротоло кол үзүп, акындыктын, төкмөлүктүн чыныгы профессионалдык жолуна түшүшүнө Токтогулдун «ырчылык мектеби» чоң таасирин тийгизген. Алымкул алгачкы ирет улуу акын Токтогулга жолукканда эле чоң акындын көңүлүнө жагып, сынына толот. Мына ошол жылдардан баштап Алымкул Токтогулдун эң жакын шакирттеринин бирине айланат.

Алымкул Үсөнбаев Токтогулдан чыныгы акындыктын нускасын алып, дүйнөгө, турмушка карата көз карашы такталат. Ырчылыктын, төгүп ырдоонун жолдорун жана ыкмаларын мурункудан да терең өздөштүрө баштайт.

А. Үсөнбаевдин 1930-жылдарга чейинки мезгилдерде жаралган ырларынын ичинен колдо болгон: «Токтогул менен жолугушуу», «Кырк-Серке жайлоосунда Токтогул менен жолугушуу», «Ырчы аял Акыш менен жолугушуу», «Экинчи жолугушуу», «Аксы багытында», «Аялдар теңдиги жөнүндө» («Акбаары»), «Акыйкат жана теңчилик» сыяктуу көбүнчө Токтогул менен айтыш формасындагы ырларын гана атоого болот.

Акындар чыгармачылыгындагы туруктуу салтка айланган көрүнүштөрдүн бири бул устат жана шакирт маселеси. Ырчылыкка кызыгып, ага баш оту менен берилген жаш талапкер ар дайым өзүнөн мурунку чоң акындарды ээрчип таалим алган. Ошону менен катар анын ырын үйрөнүп; күүлөрүн аткара билген. Мына ушул салт боюнча А.Үсөнбаев да улуу демократ акын Токтогул Сатылгановдун поэзия мектебинде тарбияланып, өз алдынча төкмө ырчылык кесипке ээ болот. Жогорудагы аталган ырлардын көбүн-дө мына ошол устат жана шакирт проблемасына арналган идеялык мотив

жатат. Мисалы, «Токтогул менен биринчи жолугушуу» аттуу айтыш формасындагы ырда А. Үсөнбаевдин эң алгачкы ирет Токтогулга жолугуп, өз максатын улуу акынга төкмөлүк ык менен ырдап түшүндүрө алганы көрүнүп турат. А. Үсөнбаев жаштыгына карабастан акындык салтты толук сактоо менен бирге эле өзүнүн дилиндеги айтайын деген оюн так жана таамай айтып берет. Ошондуктан улуу акын Алымкулдун таланттуулугун байкап:

«Эсен жүрүп жетилсең,
Эл ырчысы болосуң.
Өмүр берсе чоңоюп,
Өз ордума конорсуң»[2] –
деп жогору баа берген.

Алымкул:

Ээрчип келдим абамды,
Элге айтамын саламды.
Эркек-аял бек турсун,
Эсенби, калкым аманбы?

Токтогул:

Ээрчитип келдим эл сага,
Эрбейген жапжаш баламды.
Эсимден чыгып Топчубай,
Бул ордуна туткан каралды.

Алымкул:

Токомдон үлгү албаса,
Топудай балаң өсөрбү.
Тоюңдун чыктым үстүнөн,
Толкуган көп эл эсенби?

Токтогул:

Белгилүү Беш-Көл өзөнү,
Бер жагында ашуу кесени.
Алымкул балам, таанып ал,
Атаңдын ушул өз эли[2].

Ырдын жалпы уюшулушунан даана эле байкалып тургандай жаш ырчы Алымкулдун ыр саптары менен улуу акын Токтогулдун ырлары бири-бирин толуктап, бири-бирине кынап койгондой уйкаша түшүп, кандайдыр бир бирдиктүү күүгө келе түшкөндөй ыргактуу, музыкалуу угулат.

Бул алым сабак ырдын композициялык курулушу ирээттүү келип, мазмуну улам кызыктуу, айрым учурда уккан адамды эрксиз жылмайткан жеңил юморлуу боло баштайт.

Алымкул:

Кызыл тил албай сайрайсың,
Кыялың шекер, балдайсың.
Кырчын жапжаш талдайсың,
Кыярып күйгөн шамдайсың.

Токтогул:

Кызылың кызыл, агың ак,
Тээ кыраанга жааган кардайсың.
Бурала басып жарк этсең,
Булуттан чыккан айдайсың.
Кымбат бааң, ак келин,
Чырагым, кыз кезиңде кандайсың?[3]

Мына ушундай ыргак, элестүүлүк, уйкаштык ырда баштан аяк бузулбай толук сакталат. Демек, мындан биз жаш ырчы Алымкулдун төкмөлүк өнөрүнүн бир кыйла такшалып, өнүгүп калганын байкай алабыз.

1936-жылы республикабызда алгачкы ирет уюштурулган элдик таланттардын олимпиадасы өткөрүлөт. Фрунзеде өткөрүлгөн бул эл чыгармачылыгынын чоң кароосуна Таластан өкүл болуп келген Алымкул да катышат. Токтогулдун ырчылык мектебинен таалим алган Алымкул үчүн бул республикалык олимпиада чоң ийгиликтерди алып келди. Калыстар тарабынан Алымкулдун ырчылык, комузчулук, жомокчулук өнөрү жогору бааланып, ошол эле жылы Токтогул Сатылганов атындагы Кыргызстан мамлекеттик филармониясына артисттикке кабыл алынды. Филармония көркөм өнөрдүн, ырчылыктын гана мекемеси болбостон, Алымкул үчүн сабатсыздыкты жоюунун да мектеби болуп, ырчы кат таанып, китеп окууга, жаза билүүгө үйрөндү. Мына ошентип А. Үсөнбаев ар тараптан ачылуунун, көркөм өнүгүүнүн борборунда эмгектене баштайт.

Чындыгында эле филармония залкар таланттардын уюгуна айланып калган кез эле. Калык, Осмонкул, Карамолдо, Атай, Муса, Шаршен ж. б. сыяктуу кайталан-

гыс таланттар Алымкулдун да чыгармачылыгынын тездик менен өнүгүшүнө белгилүү даражада оң таасирин тийгизбей койгон жок. Кыска гана мөөнөттүн ичинде А. Үсөнбаевдин «Ырлар» (1938), «Ырлар жана поэмалар» (1940) аттуу жыйнактары, ал эми акындын айтуусунда «Кожожаш» (1938), «Сарынжи, Бөкөй» (1938), «Жолборс минген киши» (1939) «Олжобай менен Кишимжан» (1940) сыяктуу жомоктор жана эпостор жарык көрдү. Демек, 1938–1940-жылдын ортосундагы үч жылдык кыска гана убакыттын ичинде А. Үсөнбаев тарабынан алты китептин жарык көрүшү акындын 1930-жылдардагы чыгармачылык ишинин чоң ийгилиги катары жогору бааланып, 1939-жылы Кыргыз ССРинин эл артисти деген ардактуу наам берилет. Мына ушул эле жылы СССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышында депутаттыкка шайланат.

А. Үсөнбаевдин 1930-жылдардагы ырлары тематикалык жактан ар түрдүүлөнүп, акындын ошол кездеги өз көзү менен көрүп, аралашып жүргөн турмуштук көрүнүштөргө арналды.

1930-жылдары А. Үсөнбаев элдик жомоктордун сюжетинин негизинде «Эшектен жолборс», «Жолборс минген киши» аттуу поэмаларды жаратты. Бул поэмаларда жомоктордун негизги мазмуну бузулбастан кайрадан күчөтүлүп, таптык мотиви тереңдетилип, идеялык-көркөмдүк жактан жеткилең иштелип чыккан.

«Эшектен жолборс» поэмасында акын өткөн теңсиздик заманда карапайым эмгекчинин тарткан азабын, эзүүчүлөргө каршы өз алдынча жүргүзгөн күрөшүн сүрөттөйт. Таптык карама-каршылыктарды көрсөтүү аракети да поэманын мазмунунан айкын туюлуп турат.

Поэма Карынбай аттуу жеткен сараң байдын кылык-жоруктарын сүрөттөө менен башталат. Карынбай дүнүйөнү эсепсиз жыйганы менен анын убайын көрбөй сараңдыгы, ачкөздүгү арта берет. Анын үйүнө бий-болуштар гана каттаганы болбосо, карапайым калктын бири да басып кирбейт. Кирейин деген күндө да Карынбай сараңдыгы кармап, баш бактырбайт. Карынбайдын үйүндө күндөп-түндөп жумушун кылса да чеке жылырлык акы ала

албаган бир кедей кызмат кылат. Ал кедейдин маңдайга бүткөн жалгыз эшегинен бөлөк эч нерсеси жок. Эзилип жүрүп, куу оокаттын айынан тартпаган азабы калбайт. Карынбайга канчалык ызырынганы менен колунан эч нерсе келбейт. Күндөрдүн биринде капканына жолборс түшүп, чоң олжого батат. Карынбайдан акысын ала албай жүргөн кембагалга оңдой берди болуп, жолборстун териси эшегине куюп койгондой чак келет. Эшекке жолборстун терисин кийгизип, Карынбайдын гүлбагына түн ичинде барып, агытып кайтат. Эртеси гүлбакты аралай баскан Карынбайга кадимки эле жолборс көрүнөт. «Бул жолборс акыры бир күнү мени соо койбойт» – деп ойлоп, Карынбай өзүнүн гүлбагын таштап, журт которуп башка жакка көчө качып кетет. Эзели таман акы, маңдай теринин акысын ала албай жүргөн кедей Карынбайдын гүлбагын ээлеп калган экен.

Поэманын ушул кыскача сюжетинен байкалып тургандай акыйкаттык ар дайым карапайым эл тарабында экени ишенимдүү чагылдырылган.

«Жолборс минген киши» поэмасынын сюжети да кызыктуу иштелген. Оңой олжо таап, ары-бери өткөн жолоочулардын малын жарып жеп көнгөн Жолборс эми да камышка малын токтотуп, түнөк кылып жай алган жолоочуларды аңдып жатты. Камыштын арасынан жылтылдаган отту көрүп, ууру да мал уурдоого жылып кирди. Алдыда комдонуп жаткан жолборсту жылкы экен деп ойлоп, тургузбай минип качууну көздөдү. Акыры шырп алдырбай келип, ууру жолборско минип калды. Бир балээ жабышты деп корккон жолборс түнү бою тоо-ташты аралай чуркаса да үстүндөгүдөн эч кутула албады. Ал эми ууру болсо ушунча күлүк тулпарга жолукканына сүйүнүп баратты. Таң сүрө астындагы мингени тулпар эмес эле жолборс экенин көрүп, коркконунан эмне кыларын билбей, жолборстун жонуна ан сайын ач кенедей жабышты. Жолборс акыры талаадагы чоң бактын түбүнөн өтө берерде ууру бактын бутагына чап жабышып, жолборстон кутулган экен.

Демек, «Ууруну каракчы урсун» деген лакаптагыдай жолоочулардын малына кол салган жолборс менен ууру-

нун кара ниет иштери оңунан чыкпай мал аман калды. Поэманын акыры ушундайча жыйынтыкталат.

«Көзөлшаа», «Байкобул абышка», «Жунусбай мерген» аттуу жомоктордун сюжеттери да акын тарабынан кызыктуу иштелген. Кыскасы, А. Үсөнбаевдин жомоктордун негизинде кайрадан иштелген жогоруда аталган поэмалары идеялык-көркөмдүк сапаты жагынан жеткиликтүү келип, тарбиялык таасири бир кыйла күчтүү берилген.

Жыйынтыктап айтканда, 1930-жылдар А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгында жаңылануулардын, изденүүлөрдүн, коомдук саясий жактан калыптанып өнүгүүлөрдүн жылдары болду.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгы өзүнчө бөлүп кароого мүмкүнчүлүк түзгөн жаңы ырлардын циклы менен байыды. Тагыраак айтканда, турмуш өзү жаңы теманы жаңыча ырдоого акынды мажбурлады.

«Баатырдын анты» аттуу ырында акын советтик жоокерлердин жалпылаштырылган образын түзгөн. Кимди, эмнени коргоону айкын сезген эрки күчтүү кайратман жоокер:

Антым берем балкып жаткан эл үчүн,
Күн чачырап, гүлдөп жаткан жер үчүн.
Энчи бөлүп, элим алып толкуган,
Түгөнбөгөн өнөр, билим кен үчүн»[5]–

деп, эл алдында, Мекен алдында ант берет. Бул бүткүл советтик комсомол жаш патриоттор Чолпонбай, Дүйшөнкул, Дайыр, Ташмаматтай баатырлардын анты.

Бул жүрөгүм октой болуп атылат,
Бул окторум жоого каршы чачылат.
Калкым үчүн каным акса кайгырбайм,
Майдандарда бизди кимдер качырат[6].

Мына, чыныгы эр жүрөк патриоттун жан-дүйнөсү, майтарылбас духу, дегеле турган турпаты, кылар иши. Анын советтик жоокердин ой-дүйнөсүн кылдат сезе билип, аны ачыкка чыгара аңтара сүрөттөп, кайратман жоокердин элесин көз алдыбызга алып келди.

Ырдын муун өлчөмүндөгү акындар поэзиясына анчалык мүнөздүү болбогон жаңы көрүнүштү байкоо кыйын

эмес. Комуздун коштоосу менен жеңил ыргакта, жедеп көндүм болуп бүткөн ыкмада оңой-олтоң аткарылып калчу жети, сегиз муун өлчөмүндөгү ыр саптарынын ордуна интонацияга негизделген, комуздун коштоосунда аткарылса бир катар кыйынчылыкты талап кыларлык деңгээлдеги он бир муун өлчөмүндө жазылган. Мындан биз А. Үсөнбаевге жазма адабияттын таасири тие баштаганын ачык сезебиз.

«Өлүмгө өлүм» аттуу ырында ырчылар үчүн салттуу форма болуп калган сегиз муун өлчөмүнө салып, көркөм ой толгоолорун төкмөлүк ыкма менен элестүү да, эмоционалдуу-экспрессивдүү да, конкреттүү да чакырык, үндөө мотивинде калкыбыздын эл-жерине деген ыйык сүйүү сезимин ойготуп, душманды жок кылууга чакырат. Ыр:

Асылып келген душмандын,
Айлыма тийди залалы.
Абалтан адам көрбөгөн,
Ушундай бети караны.
Капылеттен басышты,
Кээжерден кыштак, калааны,
Ач көздүк менен акмактар,
Ар нерсени талады.
Кара малдай мууздады,
Катын менен баланы»[7] –

деп башталып, фашисттердин ырайымсыз кылык-жоруктарын жырткычтык турпатын элестүү да, реалдуу да сүрөттөп жүрүп олтурат. Ошону менен катар өлкөбүздөгү жалпы журтту душманга каршы күрөшүүгө үндөйт. Бирок, душмандын оңой-олтоң эле жеңиле койбостугун, «кутурган иттей асыларын», өжөрлүгүн да эскертип өтөт. Ошондуктан жоокерлерибизди эр жүрөктүүлүккө, баатырлык салгылашууга, душманды талкалоого түздөн-түз чакырат. Ырдын мазмунунан эле даана байкалып тургандай, күчтүү патриоттук ой толгоолор, баатырдык күрөшкө үндөө пафосу реалдуу жана таасирдүү берилген. Ошону менен катар акындын атуулдук ой-дүйнөсү, идеялык позициясы да ачык сезилет.

«Баратат кыргыз дүңгүрөп» аттуу ыр эзелтен жоого намыс бербеген кыргыз элинин баатырдык духун эпика-

лык мотив берип сүрөттөө менен башталып, ушул баатырдык пафос улам күч алып тереңдей берет да:

«Кайраттанып калк толкуп,
Намысы келген окшоду,
Казанат бүтүн жылкынын,
Чалышы келген окшоду,
Баштап жүргөн кыргыздын,
Карысы келген окшоду.
Баатыр Кошой, Бакайдын,
Дабышы келген окшоду.
Кажыбас көк жал шерлердин,
Баарысы келген окшоду»[8] –

деп, жогорку чыңалууга өсүп жетет. Ыр муну менен бүтпөйт. Элдик оозеки чыгармачылыкта, айрыкча, эпостордо кездешүүчү эпикалык көтөрүңкү пафос, элдин баатырдык духун сүрөттөө ыкмалары бул ырдын финалында өзгөчө чебер колдонулган. Ошондуктан ырдын финалы кыргыз элинин баатырдык салтынан кабардар кылуу менен бир-ге эле:

Желе тартса буудандар,
Жер дүңгүрөйт басканда.
Жети айлык жолдор бир күндүк,
Жез канатын жазганда.
Ат коюп кошо киргендей,
Пейлин чачып Ала-Тоо,
Берекесин агызды.
Бет алса кыргыз душманга,
Берген эмес намысты.
Батышты карай жол тартып,
Баратат кыргыз дүңгүрөп,
Айгышкан жоону кыйратыш –
Атадан калган үлгү деп[9] –

деген мотивдер таасирдүү аяктайт.

Акындын согуш кезиндеги кандай гана ыры болбосун идеялык-көркөмдүк жактан өзүнүн сапаттуулугу жана таасирдүүлүгү менен окурмандын көңүлүн бурат.

«Барчын менен кулаалы» тамсили өзүнүн көлөмүнүн өтө эле чакандыгына карабастан айтайын деген ой жеткиликтүү жана таасирдүү берилген. Аллегориялык образдар

аркылуу СССР менен фашисттик Германиянын согуштагы ал абалын элестетип көрсөтүүгө жетишкен. Ал эми «Фашисттер качтың сүргүн жеп» аттуу ырында А. Үсөнбаев жеңилген душмандын турпатын таамай элестетип келип:

«Темселеп душман кырылып,
Деңизге каның төгүлдү.
Булгабай жогол бузуктар,
Абасы таза жеримди»[10]–

деп, душманга кыжырдануу менен кайрылат.

А. Үсөнбаев согуш жылдары эмгекчилердин арасында болуу менен гана чектелбестен согуш жүрүп жаткан жерлерге, 1943-жылы атайын түзүлгөн бригада менен Ленинградга чейин барып, Улуу Ата Мекендик согуштун алааматын өз көзү менен көрүп кайтат. Мунун өзү акындын чыгармачылыгына оң таасирин тийгизбей койгон жок. Акындын согуш темасындагы ырларынын циклы идеялык жактан болсун, көркөмдүк жактан болсун акындар поэзиясында жогорку деңгээлде иштелген ырлардын катарынан орун алды. Башкача айтканда, А. Үсөнбаевдин бул ырлары өзүнчө чакан идеялык көркөм системасын түзүп турат десек да жаңылыштык болбос эле.

Чолпонбайдын эрдигин сүрөттөө бир катар акындарда кездешет. Бирок, А. Үсөнбаевдин «Чолпонбай» поэмасынын көлөмүнүн өтө кыскалыгына карабастан Чолпонбайдын өмүрүнөн жана көрсөткөн теңдешсиз эрдигинен жеткиликтүү эле маалымат ала алабыз.

Албетте, поэмада акын Чолпонбайдын өмүрүнөн узун сабак сөз айтып, аңгеме курбайт. Айрым гана урунттуу учурларын өз ыгы менен кыска жана таамай сүрөттөп жүрүп олтуруп, конкреттүү жыйынтыктайт. Болгону поэма токсон беш ыр сабынан турат. Мындай чакан ыр сабы аркылуу баатырдык окуяны баяндап берүү акындар чыгармачылыгында анча кездеше бербейт. Төкмө ырчылык салтта көлөм жагы узак ырлар өтө эле арбын. Ал эми мындай баатырдык иштерди баяндоо ырчылар үчүн эң кеми эки жүздөн кем эмес ыр жолдорун талап кылары табигый көрүнүш. Поэманын кыска, Бирок, идеялык-көркөмдүк жактан жеткиликтүү иштелишинин себебин А. Үсөнбаев-

дин чыгармачылыгына тийген жазма адабияттын оң таасири жана акындын көркөм изденүүлөрү, чеберчилигинин өнүгүшү деп түшүнгөнүбүз жөн.

Акындын чыгармачылыгында жазма адабияттын тийгизген таасирине аздыр-көптүр көңүл бөлүп, акын Сүйүнбай Эралиев өзүнүн кызыктуу байкоолорун минтип жазат: «Ал өзүнүн сергектигинин натыйжасында жазууну жана китеп окуганды билип алды. «Жалаң өзүндөгү аздык кылат экен, китеп окуш керек экен, ал үчүн сабаттуу болуу керек экен. Мен эми Пушкин менен Маяковскийдин кыргызчага которулган ырларынан окуп, алардын усталыгынан аздап-аздап үйрөнө баштадым» деп айтканы да биздин эсибизде...

Ырчынын кийинки кездерде газета, журналдарга чыгып жүргөн ырларында кандайдыр бир сапаттык өзгөрүүлөр: көп сөздөн, кайталоолордон качуу, айтайын деген оюн так айтууга, ырда образ түзүүгө умтулуу сезилчү. Мунун баары чыгармасын сын көз менен карап, өзүнүн чеберчилигин өркүндөтүүгө кам көрүп, жүргөндүктөн болуу керек. Майрам-тойлордо же бир жолугушууларда комуз менен ырдаганы болбосо, башка бардык учурларда кадимки профессионал акындардай ойлонуп жазууга өткөн болчу. Бул ага өз чыгармасын идеялык-көркөмдүк жактан дагы жогорулатууга мүмкүндүк берди»[11].

Чындыгында эле А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгына жазма адабияттын таасири тийгендиги ушул согуш жылдарындагы ырларынан да даана көрүнүп турат. А. Үсөнбаевдин Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы чыгармалары өзүнүн идеялык-көркөмдүк жактан сапаттуулугу менен баалуу.

Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки мезгил А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгында идеялык-көркөмдүк жактан өнүгүүнүн жаңы этабын түздү. Согуштан бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү, элдин турмуштук жыргалчылыгын көтөрүү, тынчтыкта эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, беш жылдык пландарды мөөнөтүнөн мурда ийгиликтүү аткаруу проблемалары жалпы элдик мүнөзгө ээ болуп, эмгекчилерге да, интеллигенттерге да, искусство чеберлерине да бирдей тиешелүү ишке айланды. Мына ушундай жагдай-

шарт А.Үсөнбаевдин акындык өнөрүндө да жаңы милдеттерди аткарууну, жалпы элдик ишке өз үлүшүн кошууну талап кылды. Коомдук-саясий жактан жетик түшүнүккө ээ болуп, учурдагы турмуш талап кылган милдеттерди илгиртпей сезип калган акын бул жалпы элдик иштин кайнаган жеринде болуп, өзүнүн ырчылык өнөрүнүн бардык ички мүмкүнчүлүктөрүн толук жумшады.

А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы бир өзгөчөлүк анын ырларынын турмуш менен тыкыс байланышта болушу. Тагыраак айтканда, А. Үсөнбаев өзүнүн артисттик кесибине байланыштуу жаңынын, эмгектин жарчысы катары ар дайым эл арасында, эмгек кызуу жүрүп жаткан жерлерде болуп, өз көзү менен көрүп, таанып билген турмуштук көрүнүштөрдү чагылдырып ырдаган. Ошондуктан жогорудагы аталган ырлардын кайсынысын гана албайлы чыныгы эмгек процесси көз алдыга тартыла түшөт.

«Оруп жүрөт комбайн,
Эгинди бышкан кылкылдап,
Оозу толо чайнаса,
Көбүктөй топон буртулдап.
Ажырап даны самандан,
Асылдуу кызыл жылтылдап,
Арабакеч артында,
Аттары семиз жулкунат»[12],–

деп сүрөттөйт акын эгинди оруу-жыюу процессин өзүнүн «Эл эмгекте» аттуу ырында. Ал эми «Эмгек жеңиши» аттуу ырында болсо:

«Ала-Тоонун жүрөгүн,
Аңтарып ачып карадык.
Канаттуу жетпес бийикке,
Каалаган кезде бара алдык.
Кенен ачып байлыкты,
Кендерди арбын таба алдык.
Кумдуу купкуу чөлдөргө,
Курулуш куруп, шаар салдык.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Жашыл бактуу кыштакка,
Жаркыратып шам жактык,

Жайлообуз гүлдөп, малга бай,
Жакадан иштеп дан таптык.
Кур жаткан жерге көл жасап,
Кылымдар өчпөс даңк алдык»[13]–

деп, коллективдүү кужүрмөн эмгектин натыйжасын элге жарыя кылат. Көрүнүп тургандай аталган ырлардын элестүүлүгү жана мазмундуулугу окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Акын мейли сугатчынын эмгегин ырдайбы, мейли же малчылардын иш аракеттерин сүрөттөйбү, пахтачы, кызыл чачы келиндердин образдарын элестетеби, бардыгынын лейтмотивин эпкиндүү жана натыйжалуу эмгек маселеси ээлеп турат.

Тынчтык ырыс, тынчтык бакыт экенин, өлкөбүз тынчтыктын, эмгектин натыйжасында гүлдөп өсөрүн акын өзүнүн «Тынчтык-ырыс», «Тынчтык үчүн», «Тынчтык туусу» ж.б. ырларында баса белгилеп келип:

«Башчыбыз улуу партия,
Көрдүк жыргал сонунду.
Биз согушту сүйбөйбүз,
Айтамын ачык оюмду,
Өмүрлүк тынчтык жашоого,
Койгула журтум колуңду»[14] –

деп, жалпы журтту тынчтыкты сактоого чакырат. Бул гана эмес А. Үсөнбаевдин көпчүлүк эле ырларында тынчтыкты сактоо идеясы таасын байкалат.

А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгына мүнөздүү дагы бир өзгөчөлүк анын жаратылыш көрүнүштөрүн, кыргыз жергесинин кооздугун жана анын ар түрдүү кендерге, малга бай экендигин деталдаштырып көркөм сүрөттөөгө кылган аракетинен даана көрүнөт. Акындын кыргыз жеринин пейзажын атайылап назар салып көркөм сүрөттөөгө кылган аракети 1930-жылдарда эле башталган. Буга акындын «Аккан суу», «Таластын көрүнүшү», согуш жылдарындагы «Кыргыз элим», «Капчыгай», «Ысык-Көлдө» аттуу чыгармалары мисал боло алат. Ал эми А. Үсөнбаевдин согуштан кийинки мезгилдердеги жараткан: «Тоо арасында», «Жайлоодо», «Кыргыз тоосу», «Фрунзе», «Кыргызстан», «Кең-Сай», «Кең-Кол», «Жалал-Абаддын көрүнүшү», «Каркыра-

нын көрүнүшү» сыяктуу көлөмдүү ырларын окуганыбызда кыргыз жергесинин образы көз алдыга элестеп, акын сүрөттөгөн кең аймактардын географиялык түзүлүшү, экономикалык абалдары менен тааныша алабыз.

Акындын махабат ырлары анчалык көп эмес. Саналуу гана: «жүзүмдөн бир тал үзүп бер», «Гүл менен», «Ак жибек кийген селкиге», «Эскерме», «Жигиттин каты» аттуу ырларын алууга болот. Бирок, аталган ырлардын мазмунунан бири бирин ардактап сүйгөн эки жаштын ички сүйүү сезиминин реалдуу жана таасирдүү берилгенин сезүүгө болот.

Кайра-кайра көргөн сайын өзүңдү,
Кайткым келбейт улам карап көзүңдү.
Сыпаа гана сен алдыртан сүйлөйсүң,
Сыр алдырбай сынадыңбы өзүмдү[15].

(«Гүл менен»)

Жалгыз арча, үч күңгөй,
Жамалың тунук күзгүдөй.
Пейлиңди карасам,
Пенденин көөнү түшкүдөй.
Жалжалым эске түшкөндө,
Жаталбаймын үшкүрбөй[16].

(«Ак жибек кийген селкиге»)

Бул строфалардын мазмунунан махабатка кириптер болгон адамдын ички сезимине, толгонууларына күбө болобуз.

А. Үсөнбаевдин балдарга арнап чыгарган ырлары кичинекейлердин, бөбөктөрдүн психологиясына шайкеш келип, алардын ой-максаттарын, алга умтулууларын чагылдырып турат. Мындай ырларынын катарына: «Кыздын тилеги», «Бул ырды апам ырдаган», «Бөбөктөр», «Лыжа тепкен кыз», «Иниме», «Бактылуу балдарга» ж. б. чыгармалары кирет. Аталган ырлардын көбүндө акындын балдарга карата айткан аталык акыл-насааты, тилеги, каалоолору да өз ордун тапкан.

А. Үсөнбаевдин жогоруда сөз болгон бардык чыгармаларынын тематикасына жана идеялык мазмунуна көңүл бөлүп, ой жүгүрткөн акындын элдик адам болгонун, элдик акын экенин таасын сезебиз. Ал устаты Токтогулга окшоп

ар дайым эл арасында болуп, эл турмушундагы жаңы көрүнүштөрдү көркүнө чыгара ырдаган үгүт-насаатчы да акын болгон. Эл кызматында болуу акындын каны менен кошо чуркап турган, жедеп көндүм болуп калган өнөкөт адаты катары өмүрүнүн акырына чейин сакталган. Бул туурасында акын С. Эралиев: «1958-жылдын оруп-жыюу маалы болсо керек, Алымкул аксакал болуп, бир катар акын-жазуучулар айылдык эмгекчилер менен чыгармачылык жолугушуулар өткөрүп жүрдүк. Командировкабыз баш-аягы жарым айга созулуп кетти. Маданият үйлөрүндө же клубдарда күн сайын жолугушуу өтөт. Бирок, алар кечирээк башталат, анткени күндүз элдин жумуштан колу бошобойт. Биздин милдетибиз бир аз сөз сүйлөп, анча-мынча ыр окуу менен бүтөт. Алыкени болсо сахнадан такыр жиберишпейт. Улам ар кайсыны сурап ырдатышат. Аксакал адамдын чарчаңкырап баратканын биз сезип турабыз, Бирок, ал өзү «жок» дебейт. «Болуптур, көңүлүңөр калбасын, эми ошону айтып берейин» – дейт да комузунун кулагын толгоп кирет. Кечинде биз конок болгон үйгө эл дагы толот. Тамак келгенден кийин башкабыз уйкуга киребиз, Алыкем болсо али ырдап олтурганы, бир оокумда көзүң ачсаң жана да ырдап жатканы. Олтургандар да тажабайт, кайра ырчыны сүрөп дуулдашып алган. Түндө уйкудан калып, чарчап кыйналды го десең, эртеси анын эртеси да баягы эле калыбы. Эл менен болуу ал үчүн бакты же майрам катары сезилерин биз ошондо түшүндүк»[17],– деп жазат. Чындыгында эле А. Үсөнбаев өмүрүнүн акырына чейин эл арасында, эл менен бирге болду. Кандайдыр бир жаңылык болуп калса аны ар дайым акыл элегинен өткөрүп, салмактап көрүп, керектүүсүн өзүнүн чыгармачылыгында пайдаланды. Мындай күрдөөлдүү жаңылыктардын бири 1950-жылдардагы өлкөбүз боюнча дың жерлерди өздөштүрүүдөгү партиянын чакырыктары болду. Мына ушул чакырыктарга үн кошуп, Казахстандагы эзели айдалбай жаткан миңдеген гектар дың жерлерди өздөштүрүү үчүн өлкөбүздүн бардык аймактарынан эмгекчилер жана жаштар келип кызуу эмгектенип жатышты. Ал эми кыргыз жергесинде болсо ар бир айыл өз жериндеги дың жерлерди өздөштүрүүгө бет алышты. Айрым жерлерде

бул демилге жакшы натыйжаларга ээ боло баштады. Мына ушул жаңы көрүнүштөр А.Үсөнбаевдин да көз жаздымында калган жок. Дың жерлердин өздөштүрүлүп жатышын акын өз айылынан да көрдү.

Жаңы көрүнүштөрдү жаңы формада жазуу идеясы эми акынды чыгармачылык изденүүгө алып келди. Натыйжада, 1958-жылы А. Үсөнбаев дың жерлерди өздөштүрүү проблемасына арналган «Биринчи бригада» аттуу көлөмдүү эпикалык поэмасын жарыкка чыгарды. Поэма чындыгында эле А. Үсөнбаевдин чыгармачылыгында мурда кездешпеген жаңы темада, жаңы формада жазылган.

Акындар поэзиясында салт болуп калган композициялык ыкмалар бул поэмада кездешпейт. Адатта акындар поэзиясындагы көпчүлүк поэмаларда негизги окуялар акындар, тагыраак айтканда, автор тарабынан эч бир бөлүмдөргө, темаларга, эпизоддорго бөлүнбөстөн баштан аяк баяндап берүү жолу менен ишке ашат. Ал эми А. Үсөнбаевдин «Биринчи бригада» поэмасында сюжет куруу жазма адабияттын үлгүсүндө жүзөгө ашырылганын көрөбүз. Окуяны ирettүү жана кызыктуу, чың уюштуруу үчүн ар бир бөлүмгө өзүнчө ат коюу менен сюжетти өнүктүрүп жүрүп олтурат. Мисалы, поэма «Сөз башы», «Сүйлөшүү», «Башкармага барганда», «Кечиндеги жыйналыш», «Почтальон келатат», «Түшкү дем алыш», «Эмгек талаасында», «Жыйынтык», «Башкарма кубанды», «Жардам», «Чиркей кимди сүйөт», «Ыр аягы» аттуу бөлүмдөрдөн турат. Бирок, бул бөлүмдөр бири-биринен ажырап бөлүнүп турбастан кайра бири-бирине ичкериден мазмун аркылуу терең тутумдашып, негизги идеялык мазмунду ачат. Көркөм образдарды жаратат.

«Биринчи бригада» поэмасынын негизги проблематикасын дың жерлерди өздөштүрүү, кужурмөн эмгек маселеси түзөт. Таластын Сары-Жайык деген эзелтеден бери кол тийбеген дың жерин бузуп, Жуматай баштаган кужурмөн комсомолдук жаштар бригадасы эгин эгип, тамеки айдап, гүлдөгөн айдоо аянтына айландырат.

Поэманын башкы каарманы – коллектив, № 1 бригаданын бардык мүчөлөрү. Ошону менен катар бригадир Жума-

тай, тракторист Осмон жана Бермет, Күмүш сыяктуу эпкиндүү комсомолдор. Сары-Жайыкты өздөштүрүүдөгү комсомол жаштардын демилгесин агроном Амантур баш болгон бүт эл колдоого алат. Ошентип иш башталып, эмгек кызыйт. Эмгек процессинин жүрүшү акын тарабынан реалдуу сүрөттөлөт. Коллективдин, эмгектин күчү менен Салыйка, Чиркей өңдүү жалкоолор да эркиндүүлөрдүн катарына кошулушат.

Поэма дың жерлер өздөштүрүлүп, Бермет менен Чиркейдин үйлөнүү тою менен шаңдуу аяктайт.

Жыйынтыктап айтканда, А. Үсөнбаевдин чыгармалары идеялык тематикалык жана жанрдык жактан көп түрдүү келип, акындар поэзиясынын көркөм фондусун байытып турат.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Үсөнбаев А.* Тандалган чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. – Ф.: Кыргызстан, 1973. 494–495-беттер. Мындан аркы цитаталар ушул китеп боюнча көрсөтүлөт.

[2] Көрсөтүлгөн китеп, 518–519-беттер.

[3] Көрсөтүлгөн китеп, 526-бет.

[4] Көрсөтүлгөн китеп, 154-бет.

[5] Көрсөтүлгөн китеп, 81-бет.

[6] Көрсөтүлгөн китеп, 81-бет.

[7] Көрсөтүлгөн китеп, 81-92-беттер.

[8] Көрсөтүлгөн китеп, 85-бет.

[9] Көрсөтүлгөн китеп, 86-бет.

[10] Ошондо, 91-бет.

[11] *Эралиев С.* Атактуу эл ырчысы/Китепте: Үсөнбаев А. Тандалган чыгармалар. – Ф., 1973. 577–578-беттер.

[12] Көрсөтүлгөн китеп, 126-бет.

[13] Көрсөтүлгөн китеп, 157-бет.

[14] Көрсөтүлгөн китеп, 208-бет.

[15] Көрсөтүлгөн китеп, 239-бет.

[16] Көрсөтүлгөн китеп, 240-бет.

[17] *Эралиев С.* Атактуу эл ырчысы/Китепте: Үсөнбаев А. Тандалган чыгармалар. – Ф., 1973. 574–575-беттер.

## СЫДЫК АЛАЙЧИЕВ (БАЛА ЫРЧЫ)

*(1894–1983)*

Түштүк акындарынын ичинде Токтогул, Барпы, Бекназар, Нишан, Арзыбай, Ботобай, Орозаалы, Ташмат, Мырза, Жолдош, Абдымомун, Амира, Үсөнбай комузчу[1] сыяктуу чоң-чоң акындар менен замандаш болуп, аш-тойлордо үзөңгүлөш жүрүп, айтыштарда өнөр сынашкан Сыдык Алайчиев ырчылар поэзиясына өз изин калтырган акын. Залкар ырчылардан таалим-тарбия алып, ырдоонун салтын үйрөнгөн. Алардын кыл чайнашып айтышкандарын уккан. Сыдык Алайчиевдин ырчылык тагдырын, чыгармачылык жолун жогоруда аталган акындардан бөлүп кароого болбойт. Ал сабаттуу нукура төкмө акын. Өзү жашаган аймакка кеңири белгилүү болуп, Бирок, чыгармачылыгына өтө көңүл бөлүнбөй, убагында толугу менен жазылып алынбай, эртерээк жарыяланбай калган өкүнүчтүү жагдайы бар. Алгач акындын чыгармачылыгына атайын көңүл буруп, чыгармаларын өз оозунан жазып алган фольклорист-илимпоз Жаки Таштемиров болгон. Ал 1971, 1975, 1976, 1978-жылдары С. Алайчиевдин өзүнө кезигип, өмүр баянына байланыштуу материалдарды, чыгармаларын жазып алып[2] 1981-жылы кичинекей жыйнак[3] кылып чыгарган, газетага макала жазган[4]. Андан кийин 1978-жылы фольклордук экспедициянын мүчөсү, ИАнын илимий кызматкери К. Байжигитов да акындын өзүнөн бир топ материалдарды жазып алган[5]. Фольклорист-окумуштуу С. Кайыпов Кол жазмалар фондусунда сакталып турган чыгармаларын 1981-жылы жарык көргөн «Эл ырчылары»[6] деген жыйнакка киргизген.

Ар кайсы мезгилдерде акындын чыгармачылыгы боюнча макалалар мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган. КРУИАнын Кол жазмалар фондусундагы түштүк акындарынын чыгармачылыгына байланыштуу материалдардан айрым бир маалыматтарды алууга болот[7]. Мындан сырткары акындын уулдары жыйнап жүргөн материалдар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук. Ошентип С. Алайчиевдин чыгармачылык портрети ушул материалдардын негизинде жазылды.

Төкмө ырчы Сыдык Алайчиев 1894-жылы Ош областынын Кара-Суу районуна караштуу Курманжан датка атындагы колхоздун Кыргыз-Чек кыштагында туулган. Бул кыштакты Курманжан датканын эң чоң уулу салдырган экен. Ошондон улам Курманжандын кичүү уулунун атынан мурда «Асанбек-Чек» деп аталып келген. Колхоздошкондон бери карай Кыргыз-Чек деп аталат.

Сыдык ырчы муңгуштун ичиндеги ордогочун уруусунан болот. Анын бала чагы оор күндөргө туш болуп, жетимчиликтин азабын бир топ тартат: 3 жашында атадан, 9 жашында энеден ажырап, аталаш бир тууганынын колунда калат. Турмуштун азабынан ар кимдин малын багып, жан сактайт. Атасынын бир тууган карындашынын күйөөсү Абдибайит деген жездеси Булак-Баштыга алып кетип, өзүнүн иниси Калматка малайлыкка берет. Калмат Сыдыкты жакшы карап, кийиндирип, эмгек акысын төлөп турат. Табиятынан ырга шыктуу Сыдыктын өнөрүн байкаган Калмат алгач ирет Курбанбай дегендин тоюна алып барып ырдатат. 16 жаштагы Сыдык ошол тойдо ата-энеден ажырап, ага менен жеңенин көзүн карап, көрүнгөндүн малын багып, жарытылуу акы албай, өлбөстүн күнүн көргөн балалыгын ырдап өтөт. Баланын ырын угуп отурган белгилүү ырчы Ботобай (1861–1944) ошол күнү кечинде Сыдыкты жездесинен сурап, жылына 40 сом төлөмөк болуп алып кетет. Мына ушул окуядан кийин Сыдыктын тагдырында чоң бурулуш болот. Бир жагынан тоюнуп, кийинип, кызмат акысын алып тыңып калат. Экинчи жагынан ал таланттуу ырчынын шакирти болуу менен ырчылык өнөрдүн чоң мектебине аралашат. Акындын өзүнөн

жазылган бардык маалыматтарда чыгармачылык шыгынын өсүшүнө Ботобай ырчынын ар тараптуу жардамы чоң болгон. Биринчи жолу айтышка Аравандын болушу Мансуркулдун тоюнда чыгат. Бул тойго ырчылар Ботобай, Арзыбай, Ташмат, комузчу Абыл, кыякчы Саабан жана башка жыйырмадан ашуун өнөрпоздор катышып, кезек Сыдыкка келгенде той ээсинин мартабасын, тойдун салтанатын айтып,

Ботобай ырчы баш болуптур,
– Сен ырдагын, бала,– деп
Кезекти мага коюптур.
Ырчыларды эргешип*
Тойго бирге барамын.
Баарынан кичик баламын,
Өзүмдү сактап турбасам,
Булардын назарынан каламын[8],–

деп, андан ары Курманжан датканын баласы Мамытбекке өзүн тааныштыра ырдап өтөт. Баланын ырын Мамытбек жактырып, той ээси кымкап тон жабат. Мындай мамиле жаш ырчыны элге таанытып, ырчылар арасында аброю көтөрүлө түшөт. Ушундан кийин «Бала ырчы» аталып, аш-тойлордо ырдап, Ботобай менен 21 жыл бирге жүрөт.

Түштүк кыргыздары өзбектер менен чектеш, кошуна жашап, дини бир, тектеш эки элдин даңазалуу тойлору, аштары эки жактын элдик өнөрпоздорунун катышуусу менен өтүп турган. Анда ар түрдүү тематикада мелдеш жүрүп, талант мындан өткөн. Ушундай окуялардын бири 1913-жылы Маргалан шаарында жашаган Сайдамат деген бай той кылып, элге белгилүү ырчы, ашулачы (кошукчу), комузчу, кыякчыларды тойго чакырат. Бул тойго Ферганан губернатору, Аравандын болушу Мансуркул сыяктуу аттуу-баштуулар да чакырылат. Мансуркулдун Ботобай менен Бала ырчыны ээрчите келбегенине капа болуп, Сайдамат атайын киши жиберип, Куланын базарынан Ботобай менен Бала ырчыны тапшырып келет. Тойдо өзбектин атактуу ашулачылары (кошукчу) Молдо Тойчу менен

* эргешип — ээрчип

Амиракул кары кезектешип кошок айтышат (ырдашат). Ырдын кезеги Ботобай менен Бала ырчыга келгенде айтышка чыгышат. Тойдун шаан-шөкөтүн, элдин маанайын, конокторду, той ээсин бир сыдыра айтып өтүп, Ботобай ырчы угармандарды тамашага тундуруп, жанындагы шакиртинин тазына тийишип, чымчып ырдайт:

Мен боломун жакшылар,
Карып калган чал ырчы.
Жанымдагы отурган,
Жаңыдан чыккан бала ырчы,
Жакжаңдаган кал ырчы.
Түзүгүрөөк ыры жок,
Алып көрсөң допусун,
Чокусунда жүнү жок.

Бала ырчы да сөздүн куйкумун таап, устатына жооп кайтарат:

Ээрчитип жүрүп Ботобай,
Тынчытпадың башымды.
Тыталап жүрүп жок кылдың,
Төбөмдөгү чачымды,–

деп андан ары, «ээгинде сакалың жок көсөөсүң, сенин жүнү жок жылма ээгиңе чымын турмак ит паша (ит чымын) да конбойт» дегенди бир топ курч ырдайт. Таз менен көсөөнүн айланасындагы айтыш элди күлкүгө бөлөп, ал эмес Мырзакарим деген бай көсөө экен, ортого киши салып, көсөөнү ырдабасын деп Сыдыкка 25 сом берет. Аны уккан Ботобай «кайтпай ырдай бер, мага дагы Жеке-Тыттын казысы «калдан ырдабасын» деп 30 сом берип кетти дейт. Ошентип эки шайырдын өнөр сынашуу айтышы бүт элдин көңүлүн буруп, акыры той ээси тарабынан жабылган тондорду ырдоо менен аяктайт. Сыдык:

Мага берген ак тону
Эң эле жакшы жарашты.

* * *

Тонумду көргөн адамдар,
Бир мечитке ыйман дейт –

деп ырдайт. Ушуну эле күтүп тургансып, баятан шакиртин жеңе албай турган Ботобай:

Башыңды билген адамдар,
Сени ыйман кылабы?

* * *

Шариятта бала ырчы,
Кал ыйманга жарабайт[9],–

деп утуп кетет. Болгону 18 жаш курактагы Бала ырчыга бул сыноо оор болсо да, ал ошол сындан такшалат, сабак алат. Өнөр үйрөнөт. Ырчылык шыгы бар адамга анын талантын тарбиялоочу, сындоочу, сыйлоочу, баалоочу чөйрөнүн болушу мыйзамдуу зарылдык.

Чыгыш маданияты, көркөм сөз өнөрү кан жанына сиңген өзбектер менен чыгармачылык байланышта болуу түштүк акындары үчүн чоң башаттан суусун кандыргандай эле кеп. Ошондуктан Барпы баштаган түштүк акындарынын чыгармачылыгын изилдегенде чыгыш маданиятынын контекстинде изилдөө, кошуна жашаган элдер менен катмарланып жаткан ар тараптуу байланыш жолдорун анализдөө туура болот.

Токтогулга алгач жолукканын, саламдашып ырдаганын, Токомдун берген баасын эскербеген акын жок. Ошолор сыяктуу эле А. Алайчиев улуу акын Токтогулга алгач жолукканын минтип эскерет: 1912-жылы болсо керек эле. Сагын бийдин ашына Ботобай ээрчитип барды. Токтогул бир топ акындардын арасында отурган экен. Мага кезек келгенде:

Сагын бийдин ашында,
Саналуу ырчы топтолду,
Ырдашыңды билип айт,
Ырчылар, санатта башың жоктолду.
Айландырып карасам,
Тургандардын баары ырчы.
Чогулуп келди бир жерге,
Чойкара, Барпы, Сары ырчы,
Токтогул менен Ботобай.
Токтонуп калган кары ырчы,
Он сегизге чыга элек,
Мен боломун Бала ырчы,–

деп, Бала ырчы андан ары Токтогулдун акындыгын, акылынын тунуктугун, улуулугун, жаш ырчыларга көңүл буруп, акыл насаатын айткан сергектигин ырдайт. «Мени Токтогул дагы бир ирет тиктеди. Анан жанындагы Ботобайга «Басыгы дурус, дасыгып кетер» – дегенин кулагым чалып калды. Мен ырымды андан ары улап ырдадым»[10] дейт. Акын Токтогулдун сынынан өтүп, назарына илингенин сыймык менен эскерет. Андан кийин да эки, үч жолу жолугушкан.

Бала ырчынын Барпы менен айтышып, анын кадыр баркына карабай жеңип коюшу жаш ырчынын тартынбас курчтугун, ырчылык өнөрдүн салттарын өздөштүргөнүн жана айтышып жаткан учурдагы козголгон сөздүн ыңгайы келип калганын көрсөтөт. Созоктун (Сузактын) Чөкө-Төбө деген жеринде[11] (экинчи бир маалыматта Жалал-Абаддан бери Чангент деген жерде[12]) Шүкүраалы деген атасына аш берип калат. Ошондо чоң манап Сары болуш Барпы менен Бала ырчыны чакырып айтыштырат. Бул болжол менен 1913–14-жылдарда болгон окуя. Барпы (1884–1949) А. Алайчиевден он жаш улуу. Барпынын Барпы болуп, атакдаңкы узун элдин учуна жетип калган учуру экен. Ошондо Сары болуш 10 сом, Калыбий 10 сом, Калча манап 10 сом чыгарып ортого коюп, «кимиң жеңсең ошонуң аласың» дешет.Минтип аттуу баштуу адамдардын эки акынды тең даражада карап, мелдештирип жатканынын өзү Бала ырчыга берилген баа эмеспи:

Салт боюнча Барпы баштайт:

Адамзат көрөт ар ишти,
Сары болуш алдында.
Барпы менен Бала ырчы,
Экөө бүгүн таанышты,–

деп келип, Бала ырчыны угуп жүргөнүн, ырчылыгы түзүктүгүн, тарбиялап өстүрсө, чоң ырчы чыгарын айтып, бирок

Башынын жүнү кам* экен,
Жагжаңдаган кал** экен
Шул айыбы бар экен,– дейт.

---

* кам — аз.
** кал — таз.

Сыдык:

Акын да болсоң Барпы бил,
Айтыштын жеңмек шарты бул.
Чыдамай оюн дал ушу
Чыр болбосун арты бул.

* * *

Отуз уул ичкилик,
Авалтан бери калкы бир.
Кар менен көрдүн паркы бир,
Карабайт кары жашына
Базарга салса наркы бир,–

көрдүн абалы калга караганда оор болорун, ырды баштаганда башына асылып, сөздөн аксап алганын эскертип өтөт. Барпы жаш акындын сөзүнө териге түшүп, ого бетер ур бердиге салып «кыйык», «кежир», «кал» деген орой сөздөр менен

Ачуумду келтирсең,
Аштан сени кубамын.
Карышыңды кызартып,
Аюу чачы менен жуламын.

деп опузалайт. Сыдык тайманбастан

Көзүнөн майып болгондор,
Киргенче көргө түзөлбөйт.
Эгизи менен чуңкурдун,
Кайсы экенин көрбөйсүң.
Убакыт канча билалбай,
Улаганы төр дейсиң.

* * *

Талаадан чарчап келгенде,
Катыным деп таанымбай,
Энеңди да койбойсуң,–

деп катуу айтып салат. Отургандар кыраан-каткырыкка батып, Бала ырчыга жеңиш ыйгарылат. Бул айтыштын бир канча варианты бар. Кээ биринде айтыштын акыры жумшарып, Барпы «эркелетсем түшүнбөй, чычалап кеттиң» дейт. Өзү да жеңилген таризде «Бала курч да, курч да» деп күлүп калыптыр[13]. Бала ырчы болсо «аңкоолук

кылсам айыпка салба» деп Барпыдан кечирим сурап, «бул менин жеңишим эмес, олдоксондугум» дейт. Айтыш туурасында С. Алайчиев «Ыкыбалым келип, оомат мага оодубу, же Барпы акамин орунсуз тийишкенинен болдубу, айтор айтышта жеңиш мага ыйгарылды. Болбосо Барпыны жеңиш кайда. Барпыга окшогон залкар акындар эгерим ичине кек сактабайт, жаман ишке барбайт. Кийин Барпы акама барып, атайын салам айтып дидарлаштым. Бири-бирибизди кечириштик»[14] – дейт. Мына эки төкмөнүн биринчи жолугушунан бир көз ирмем. Кийин да Барпы менен айтышка түшүп жүргөн[15].

Бала ырчы Ташмат, Арзыбай, Дооран, Абдымомун, Маканбай, Мырза сыяктуу акындар менен далай айтышып, өзү жашаган турмуштун ачуусун-таттуусун, жаманын-жакшысын реалдуу сүрөттөп ырдоого аракет кылган. Бара-бара айтыштарында жеке мүнөздөгү мамиледен жалпы элдик проблемага карай багыт алып ырдаганы ачык көзгө түшөт. Айтышканда сөздү так, орду менен колдонуп, каршылашынын осол жактарын бетке айтып, кайсы акын менен, кандай шартта айтышса да сөздөн кайра тартпас кашкөйлүгүн көрсөтөт.

Басалбастан бышылдап,
Байлар төрдө олтурат.
Кедейлердин пул-малын,
Курсагына толтурат.
Куда урган бул байлар,
Кишини мынча кор кылат[16],–

деп бир жолу төгүп жибергенде Ботобай чочуп кетип, «балам али жашсың, Доңузга чалдирип алба. Келечегиңе балта чабылып калбасын»[16] деп насаат айтат. Өткүрчүлүгүнүн азабын тарткан учурлары да бар. Мансурдун ашында «соорундукка (байгесине) атан төө, тайлак коюлат» деп төгөрөктүн төрт бурчунан эл чакырып, акырында той ээсинин сараңдык кылганын

Байгесине алгын деп,
Байлатыптыр чобурду.
Кулакка уккан айып жок,
Негедир тойдо найып жок.

* * *

Конокко берген коюң бу,
Кембагалды какшатып.
Кедейден тартып союлду,
Өткөрбөй койсоң болбойбу,
Ошондон көрө тоюңду?

деп жарыя кылып салат. Ошондо Ноокаттык Нурмат болуш Мансурдун таламын талашып Сыдыкты ырдатпай коёт. Ашта Арзыбай ырчы ырдап олтурат. Бир ыңгайы келгенде Арзыбайга кайрылып: «үзөңгүлөш жүрүп сырдашып, ырдаштык эле. Эми эгизиң болуп калдыбы, эсирген болуш Нурматың» деп ошол чөлкөмдөгү болуш, манап, бай, молдо-кожолорун кошуп сындап ырдайт. Мансур болуш «тарт» деп кыйкырып тура калат. Болуштун жигиттери акынга камчы салып, үйдөн кууп чыгышат. Оштук бийлер ортого түшүп куткарып калышат[17].

Бир мезгилдерде сөз кадыры, сөз куну жогору бааланып, орду менен ыңгайлуу айтылган сөз чоң чатакты басып, эки жакты достоштурса, бычактын мизиндей курч, уудай заар сөздөр эгерим эпке келгис жагдай түзгөн учурлар болгон. Ал эми көркөм сөз өнөрүнүн баасын айтуучу да угуучу да жакшы билген. Далай атка минерлер өзүнүн ээлеген ордуна карабай сөзгө сынып, акындардын астына түшкөн учурлар болгон. Акындар бири-бирин бирде жеңип, жеңиле да билип, сөздөрү кылычтай өткүр, таразанын ташындай так, мухиттей терең, булактай таза болгон. Ошол табигат берген көкүрөгүнүн тунуктугу менен эл эмгегинен өтүп, кадырына эгедер болуп, далай мезгил өтсө да эсинде сактап калганы ошондон. Бул айтылган ойлор төкмө акын Алайчиевге да түздөн-түз тиешелүү. Анын өмүр, өлүм, жакшылык, жамандык, аруулук сыяктуу жалпы адамзаттык проблемаларга арналган санат-насыят, терме ырларынын тарбиялык, дүйнө таануучулук мааниси зор.

Айбаты болот сүрдүүнүн,
Акылы даана тилдүүнүн.
Көңүлү жарты муңдуунун,
Кошумча болуп оокатка,
Колу узарат уулдуунун

Же

Устанын ишин бүтүргөн,
Кара көмүр чок болот.
Кайраты бар жигиттин,
Көкөйүн кескен жок болот.
Куш уясы зоо болот,
Кум куюлуп тоо болот.
Кушту учурган пар* болот,
Эрди учурган зар** болот –

деп санатын кынап, жашоо маңызын өзүнүн эстетикалык туюм-сезими менен электен өткөрүп ырдайт.

Жакшыда санат жат болот,
Жакшы менен бир жүрсөң,
Көңүлүң курсант чак болот.
Жамандан киши дак болот[18].

«жамандын пейли түзөлбөйт», «жамандан жаңжал чуу чыгып» турарын айтып, жамандыкты көзгө сая көрсөтөт. Жакшы сапаттарга ээ болууга үндөйт.

Акындын сүйүү темасына арналган ырлары, термелери туурасында белгилүү адабиятчы, ф.и.д. Б. Алымов «Акындын ашыктык ырларындагы арзып сүйгөн селкиси «көзү кара, бети ак, мойну алача, жайма көкүл, кылыгы кыйма, жазып тайып кеп айтсаң жамалы жайнап, муңайым сөздүү, будурма көйнөк, бурма бел, кабыргасын ийилткен, каламдай кашын чийилткен» кирди кол менен кармагыс бир асыл зат. Баарынан да акын ошол жароокер жанды сүрөттөөдө «наз-жаз, уз-жүз, нар-кар-зар, тоо-зоо» сыяктуу ички уйкаштыктарды жыш пайдаланып, ырдын угумдуулугун арттырат»[19]– деп чыгыш поэзиясы менен үндөшүп турган сүйүү ырларынын нарк-насилине туура мүнөздөмө берген.

Чынында да Бала ырчынын ашыктык боюнча термелери

Белестен чыккан ай болот,
Бели кымча, бети ак,
Беш көкүл сулуу жар болот.

---

* пар – канаты

** зар – алтын (байлык)

Бешине* жакын жете албай
Безилдеп жигит зар болот –

деп төгүлсө, ак Ыргалдын лирикалык образы, өң-келбетинин ажары конкреттүү сүрөттөлүп, анын «жаккан отуна алоолоп күйүп, көрбөсө жашоосу кара түнгө айланып», кыздын сүйүүнү түшүнбөгөн «таш боорлугун» айтып

Оң бетиңе коюлган,
Калың болсом ак Ыргал,
Саратан ысык күндөрдө,
Көлөкөлөп отурган,
Эшигиңе эктирген
Талың болсом, ак Ыргал.
Бак-таалайым кошулуп
Өмүр шерик айрылбас,
Жарың болсом ак Ыргал[20],–

деп боздойт. Дил ооматы келип, сөздү шурудай тизип, мазмундун үстүндө иштеп, оң-терсти, жан дүйнөңдү тазарткан не бир санаттарды, термелерди төгүп ырдаганын, «жаман аял менен жакшы аялдын» образын ачканын кантип таанууга болот. Ырлары поэтикалык жактан жогорку көркөмдүктө жаралганын акындык тажрыйбасы көрсөтүп турат.

Лирикалык ырлары ар түрдүү тематикага бай. С. Алайчиев башка акындар сыяктуу эле советтик түзүлүш менен кошо келген өзгөрүштөрдүн баарын ырга кошту. Жаңы заманга, жаңыча жашоого («Ликбез жөнүндө ыр», «Колхозго киргендерге», «Басмачыларга», «Шайлоочуларга») үндөдү. Илим, билимдин маани-маңызын («Билим тууралуу ыр», «Мектеп») түшүндүрдү. Согуш мезгилинде мекенди коргоого («Аскерге жөнөткөндөгү ыр», «Өч алабыз») чакырды. Жеңишти ырдады. Көп жылдар мектепте мугалим болуп иштеп (1927–1952-жылдар), билимсиз адам адамзат жашоосунун маани-маңызын түшүнбөй өтөрүн, кунарсыз өмүр сүрөрүн жаш муундарга айтып келди.

Билимдүү болсоң озосуң,
Билимсиз болсоң тозосуң.
Билимдүү болсоң жетиксиң,

* бешине — алдына, жанына.

Билимсиз болсоң кемтиксиң.
Билимдүү болсоң адамсың,
Билимсиз болсоң наадансың.

* * *

Билимдүү кетет алыстап,
Билимсиз чыкпайт жарыштан.
Билимдүү сүйлөйт узун кеп,
Билимсиз сүйлөйт тузу жок.
Билимдүү ою чоң нуска,
Билимсиз ою эң кыска[22] –

деп билимдүү менен билимсизди бири-бирине карама-каршы коюп, антитеза түрүндө салыштыра ырдап, ачык, так мүнөздөйт.

С.Алайчиев өмүрүнүн орчундуу учурун совет доорунда, коммунисттик идеологиянын күчөп турган мезгилинде жашап өтсө да динге болгон өзүнүн жеке түшүнүгү, көз карашы, дил сабаты бар экенин байкоого болот. Ал билимдүү киши болгондуктан, ошол диндердин өзүндө адеп-ахлак, жүрүм-турум, адамдык парз сыяктуу нравалык эрежелер камтылганын, диний китептерде илимдин бардык тармактары жазылганын дайым эскерген. Өзүн түшүнгөн адамдардын арасында ислам дининин улуу мурастары жөнүндө көп кеп салган. Буга мисал катары анын «Адам атанын жаралышы», «Садыбакас саакы», «Пайгамбарлар баяны» деген чыгармаларын атоого болот.

Бала ырчынын жашоо чындыгына карата принципиалдуу көз карашы ырларында чагылдырылган. Ал коомдун өнүгүшүн, замандын социалдык-тарыхый шартын, карапайым калктын жашоо образын, бай-манаптардын, эл башылардын адамдык ички маңызын таасын түшүнүп, реалдуу турмуштун көйгөйлөрүн калк сезимине жеткире ырдаган. Чыгармалары залкар акындардын чыгармаларынан кем калбайт. Бала ырчынын төкмөлүк чеберчилиги айтыш ырларынан, санат, насыят, терме ырларынан ачык баамга түшөт.

Акындын чыгармаларын талдап, анализ жүргүзгөндөн кийин ал өз мезгилиндеги ири төкмө акын экендигин, ар түрдүү мазмундагы, тематикадагы чыгармаларды жаратып, Өзбекстан жана өзү жашаган түштүк аймагына белгилүү ырчы катары өмүр өткөргөнүн кесе айтсак ашыкча болбос.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988. 9-, 652-бет.

[2] КРУИАнын Кол жазмалар фондусу. Инв. № 598 (5238), 653 (5291), 661 (5298), 683 (5321).

[3] *Алайчиев С*. Бала ырчы. – Ф.: Кыргызстан, 1981. 4-бет.

[4] *Таштемиров Ж*. Бала ырчы – Сыдык//Кыргызстан маданияты. 1976. 6-май. 16-бет.

[5] Инв. № 682 (5319) № 5 блокнот.

[6] Эл ырчылары/Түзгөн С. Кайыпов. – Ф.: Кыргызстан, 1981. 130–173-беттер. 260-бет.

[7] Инв. № 188 (399), 598 (5236), 676 (5314), 673 (5311) – бул инвентардын аягында акындын ырлары бар (№ 5309) 682 № 7 дептер ж. б.

[8] Инв. № 653 (5291).

[9] Инв. № 653 (5291).

[10] Акындын уулдары жыйнаган архив. Алайчиев С. Токтогул экен тунугу// «Учкун» газетасы. (Токтогул району) 1989. 3-окт; Кулиев С. жана Осоев А. Сыдык ырчы// «Ленин жолу» газетасы. 1968. 29-авг. № 168. 4-бет.

[11] *Сыдыков А*. Бүтпөгөн дастан/Б. Алымов. Үч адамдын тагдыры туурасында учкай сөз..., – Ош, 1993. 7–9-беттер. 182-бет; Акындын өздүк архиви.

[12] Инв. № 598 (5236), 39-бет.

[13] Сыдык ырчы//«Ленин жолу» газетасы. 1968. 29-авг. № 168. 4-бет.

[14] *Сыдыков А*. Бүтпөгөн дастан. 9-бет.

[15] Инв. № 188 (399).

[16] Сыдык ырчы//«Ленин жолу» газетасы. 1968. 29-авг. № 168. 4-бет.

[17] Сыдык ырчы//«Ленин жолу» газетасы. 1968. 29-авг. № 168. 4-бет.

[18] Акындын өздүк архиви.

[19] Инв. № 653 (5291).

[20] *Сыдыков А*. Бүтпөгөн дастан. 6-бет.

[21] Инв. № 653 (5291).

[22] *Алайчиев С*. Бала ырчы. Билим – ыр. 14-бет.

## ТОКТОНААЛЫ ШАБДАНБАЕВ
*(1895–1978)*

Токтонаалы Шабданбаев 1895-жылы Чүй боорунда Кант районунун Жайылма айылында туулган. Калайык журтка белгилүү төкмө акын катары таанымал Кыргыз ССРинин эл артисти.

Автордун «Жеңиш ырлары» (1949), «Өчпөс нур» (1951), «Көргөнүм» (1958), «Айтыштар» (1962), «Алтын дарбаза» (1965), «Золотые ворота» (1973), «Тандалмалуу чыгармалар» (1976)[1] деген ыр китептери жарык көргөн.

Болочок ырчы, төкмө акын бала кезинен түйшүккө эрте малынып барчылыктын, жокчулуктун баркын сезе билип, сергек өскөн.

Айыл арасында катардагы ырчылардай эки сөздүн башын улап, жамактата ырдай коюп айлана чөйрөдөгүлөрүнө тез эле таанымал болот. Дээринде идиреги бар үчүн өзүнчө ыр чыгарып, аны обонго салып ырдап жүрүп, элге ырчы, акын болору ошондо эле билине баштаган.

Жетимчиликтин азабында жүргөндө Октябрь таңы атып, көпчүлүк өзүнө окшогон адамдардай зор кубаныч менен эркиндик таңын тосуп алат. Мурда өз башынан өткөргөн азап-тозогун, муң кайгысын, арманын ырдаса эми теңдик замандын келгенин даңазалап ырдап жүрөт. Коомго болгон көз карашы кеңейип, ырдаган ырларынын мазмуну да тереңдейт. Өзү сыяктуу замандаш акындардай эле Ленин, коммунисттик партия жөнүндө бөтөнчө эргүү менен ырдайт.

Мисалы:

Кан соргуч манап байлардын
Каруусу кетип басынды,

Кара туман сүрүлүп,
Дүйнөнүн жүзү ачылды.
Эски журттан элибиз,
Жаңы журтка талпынды.
Малайлыктан бошотту
Байланып жүргөн башымды
Кеменгер Ильич атабыз
Кедейлеп ураан чакырды
Уйкуда жаткан элибиз
Умачтай көзү ачылды

деген саптарынан көрүнүп тургандай акындын жеке тагдыры жалпы эле калайык журттун көйгөйүндөгү, тактап айтканда коомдогу социалдык абалы чагылат.

Убагында сергек, сезимтал акын гана болуп чыгармачылыкка бир беткей киришүү менен чектелип калбай, кыргыз элинин от жүрөктүү эр жигиттеринин катарында Кызыл Армияга өз ыкласы менен барып колчактар менен болгон согушка да катышат.

Бул жылдардын окуялары акындын чыгармачылыгында Ата мекенге арналган ырларынын циклын түзүүдө колдонулат.

Лирика жанрына, сүйүү темасына кайрылбаган акын дегеле болбосо керек. Т.Шабданбаевдин репертуарында мындай көрүнүш четте калбады. Жаш кезинде кыял делебесинен жаралган обондуу ырлары жаштар арасына кеңири тарап жалпы элдин жүрөгүнүн түнөгүнөн орун тапкандыгы белгилүү. Адамдын жеке сезимине гана тиешелүү жагымдуу күч, ага болгон бөтөнчө астейдил мамиле сезилет. Элге кеңири белгилүү болуп ырдалып кетишинин бир жагдай себеби да акындын мукамдуу сыбызгыган таза обону, ырдын текстинин мазмундуулугу, ырдоого элпек ыргагы экенин айтпасак да түшүнүктүү го. «Жигиттик ырлары» деген сүйүү ырларынын циклы дал ушул курч жаштыктын илебинен улам жаралганын айткыбыз келет. Акын кандай гана темага бет албасын элдик каада-салт, поэзия чөлкөмүнө сугарылган обондорду жаратуу менен ал ырларды улам бир жаңы формада жаратуунун үстүндө изденгени көз жаздымда калбайт.

«Токоң жашынан шаңкылдаган үнү менен жакшы обон, ыр чыгарып, ырдап, комуз чертип кол ойнотуп жүргөн өнөрпоз болгондуктан, үнү чыкканда угуучуну көл бетиндей мелтиретип, маашырканткан чыгаан обончу, укмуштуу комузчуну ырдабай кое алган жок»[2],– деп К. Маликов айткандай улуу өнөрпоздун талант шыгы жөнүндөгү жеке пикири, алардын кайталангыс өнөрүнүн күчүн ачып берген ырлары акындын ыр дүйнөсүнүн бир капшытын толуктагандыгы айдан ачык көрүнөт. Акындын көкүрөгүндө алардын ар биринин портрети элестүү, жандуу картинада тартылат. Ыр өнөрүнүн сүрөткери Т. Шабданбаевдин чыгармачылыгына дагы үңүлүп көргөнүбүздө бул киши жекеле обончу, комузчу, аткаруучу, төкмө болбостон ата сөзүн, элдик салтты, терең өздөштүргөн аны татаал политрада бай арсеналдын негизинде иштеп чыккан, репертуары бай куйма кулак, чечен экени да көрүнөт.

Адамдын жеке тагдырынан тартып, жаратылыш коздугу табияттын адамга ыйгарган сулуулугу өңдүү көрүнүштөр анын чыгармаларынын негизги темасы деп белгилөө да орундуу. Маселен «Чүй» деген ырын эле алып көрсөк Чүй боорунда отурукташкан айылдардын барысын атап, Сары-Өзөн Чүйдүн тарыхый таржымалын баян этип келип, эмне үчүн Сары-Өзөн деп аталып калгандыгын, жер соорусу кенен Чүйдүн жалпы картинасын, берекеси төгүлгөн жемишин, малга жайык ылайык жайлоосун, андагы жан жаныбарларды жашыл дарактарды тамшана сүрөттөгөн, адам менен сүйлөшүп жаткандай дилин билдирет.

Этеги Көк Ойроктун эки Кемин,
Эченге конуш болгон кайран жерим.
Ал кезде биздин кыргыз Енисейде,
Алыптыр калмак ээлеп Чүйдүн жээгин,
Ак-Бешим калмактардын ордосу дейт,
Бурананын өзүнө курган чебин.
Анчалык ашып кеткен өнөрү жок,
Алар да айдабаптыр Чүйгө эгин.

Чоң-Коңур, Ак-Түз кени, Сары-Күңгөй
Зооканды кийик ээлеп адам жүрбөй,

Зарыгып нечен кылым тумчуккансың
Жаркырап бүгүнкүдөй өмүр сүрбөй.
Жашырып ичиндеги байлыгыңды,
Жаткансың жапайылык доорду сүйбөй.
Ал кезде Ак-Түз деген атагы жок,
Касиет кадырыңды эч ким билбей.
Оордугу турмуштун абдан басып,
Онтодуң Чүйүм, кабак ачып күлбөй

деген саптарын эле алып көрсөк, мында кыргыздардын Енесайды жердеп, кыргыз жерин калмактар басып турган кездеги абалы, ээси жок жайдак калган тамдай Чүй боорунун иштетилбей, байлыгы да, касиети да барк алынбай далай мезгил тумчугуп, кабагы ачылып күлбөй» деп акын өзүнчө бир салыштыруу, өзгөчө кабылдоо менен поэзия дүйнөсүнө кошот. Акындын чыгармачылыгындагы бир өзгөчөлүк анын көңүлүндөгү объектиге алынган нерсенин сөзсүз түрдө ийне жибине чейин чагылышы болуп эсептелинет. Анын көз алдында чексиз мейкиндик, убакыт, аралык сызылып өтөт. Мезгилдер аралыгындагы коомдун өзгөрүшү менен бирге аң сезимдин тереңдегени, кеңейгени көрүнүп турат. Жумшак, сыйда элпек келген ыр саптарынан элдик поэзия менен профессионалдык жазма адабияттын поэзиясынын бири-бирине жуурулушуп жиги билинбей калганын байкоого болот. Кандай ыр жаратса да өтүмдүү сөздөрү, таамай баяндоолору конкреттүүлүктү образдуулукту түзөт.

Акындын чыгармачылык өнөрканасындагы талантына ышкысына кайра-кайра ой жүгүртсөк, анын төкмө акындык өнөрү басымдуулук кыларына ишеним артабыз. Анткени Т. Шабданбаев элге да ушул жагы менен көбүрөөк баалуу.

Өзүнүн эскерүүлөрүнө караганда акындын өнөрүнүн өсүшүнө, изденүүсүнө өбөлгө болгон Осмонкул жөнүндөгү сыймыктанган баяны буга ачык күбө. «Тунгуч ирет Осмонкулдун оозунан «Курманбек» дастанын угат. Осмонкулдун «Курманбек» дастанын ырдап бериши жаш Токтоналыга ушунча жагып, ушунча чексиз күчтүү таасир калтырса керек. Осокең баатырдын баянын ырдап бүткөндө:

– Осоке, мен буга чейин ырчы көрө элек экемин го... Осоке, Сиздин «Курманбекти» укканда менин күйгөнүм, өзүнөн өзү эле жоголуп кетти. Өнөрүңүзгө төкмө ырчылык кудуретиңизге кулдук кылам»[3],– деп ыймандай сырын төгүп, чоң акындын өзүнө шакирт кылып алуусун суранат.

Жаш жигиттин дилгирлигин көрүп, ырын тыңдап олтуруп табына келгенде жакшы акын чыгарына көзү жеткендей ыраазы болот. Кийин 1931-жылы Осмонкул (иштегенге) филармонияга чакырат. Токоң көпкө ойлонот, чын арзыдымбы деп миң толгонот, филармония ошо кезде жаңыдан уюшулуп кыргыздын өнөрпоз жаштары тартылып жаткан убакта ошолордун жоон тобуна кошулуп келип кирет. Ошол күндөн тартып театр жашоосунда, сахна өнөрүнүн чеберине чейинки деңгээлде иштеген.

Акындын ыр китептеринин жарык көрүшүнө, дүйнө таанымынын кеңейүүсүнө өбөлгө болгон анын өмүрлүк жубайы Сабира эже болгон экен. Т. Шабданбаев өзү колуна калем алып жазбаса да, эже оозунан чыккан учкул сөздөрүн кагаз жүзүнө түшүрүп, гезит журналдарды окуп берип турчу деп жазат Кубанычбек Маликов. Токтонаалы Шабданбаевдин чыгармачылыгында басымдуу орунду анын төкмөлүгү ээлеген. Эл оозунда ырлары сиңип кетиши, атак алышы да ырчылык өнөрүнүн аркасынан болгон. Төкмөчүлүктүн техникалык жактарын өздөштүрө билген, үнү жагымдуу, тили так көпчүлүктү кайдыгер калтырбаганы анын профессионалдык артисттик белгилерине жатмакчы. Бул жагынан акынды көп кырлуу өнөр адамы катары баалай билүү орундуу. Өзгөчө мындай өнөрү акындардын бир же эки саптан алым сабак ырдаганынан көрүнөт. Бир сап ырдын кийинки сабын улап кетүү күлүк логикалык кабылдоонун натыйжасында теманы өркүндөтүү бардык эле ырчылардын колунан келе берген эмес. Бөтөнчө түштүк жергесине баргандагы, Ысмайыл Борончиев экөөнүн бир эле «коон» жөнүндө ырдашканын мисалга алсак жетиштүү.

Жалпы эле айтыш ырларына көңүл бурсак, акындын салмактуу таамай айтылган сөздөрү, сабырдуулугу тап-

кычтыгы анын мыкты өнөрүнүн белгиси. Кандай гана теманын багытында ырдабасын учурдагы кырдаалды ыр саптарына батырып угарманга жеткиликтүү тамаша тартуулоо кудуретине ээ болгон.

Бардык айтыштарын сыйдыра албасак дагы суроо түрүндөгү алым сабак айтышында иниси Ысмайылдын ырчылык өнөрүн элге таанытууда ырчылыктын ички табиятындагы күч сынашуу формасы өтө кеңири жайылган айтышууда ушул жагдайда айтыштары өтө курч маанайда өткөндүгүнө күбөбүз. Токтонаалы:

Калың жыйын сынасын,
Кара жаак жез таңдай.
Ысмайылдын чабышын,
Узакка салсаң улансын
Улуу десең сен менин
Урматтуу сөзүм угарсың.

Ысмайыл:

Жакшы айттың сөздү, жан ага,
Кулак сал кичүү балага
Ар убак ызаат кылчу элем
Ак сакал сиздей агага
Таасындап айткан сөзүңдү
Таштабаймын талаага

Соңунда:

Жаздан бери көрүшпөй,
Самачу элем сөзүңдү
Ошондон бери сен деле
Бүгүн көрдүң көзүмдү.
Алды менен сөз баштап,
Аманың кана, Шабданбай?
Ардактачу ага элең,
Саламың кана Шабданбай?
Адамга салам айтпаска,
Антың барбы Шабданбай?
Алалбай жүргөн эски доо,
Карызың барбы Шабданбай?
Элди көрсө ээликме,
Дартың барбы Шабданбай?

деп токтогондо Токтонаалы:

Ээрчип ырдап жакшы айттың,
Этегин бузуп башка айттың.
Ар сөзүңдү кечирген
Агадан мендей таппассың.
Абайлабай калыпмын
Айып этпе аганды[4]...

Бир эсе тийиштик кылып, тамаша чыны аралаш өткүр ырчы Ысмайылдын ырына бир эки сап менен жооп берип, өзүн да чымчый кеткени эки акындын тең тапкычтыгынын далили. Жогорудагыдай форма айтыштык өнөрдөгү эң бир кеңири жайылган традициялуу ыкма экенин жогоруда да көрсөттүк.

Мындан сырткары акындын ыр дүйнөсүнөн элдик мотивдеги бир нече поэмалары жарык көрдү. Алардын ичинде «Кара жетим» поэмасы тарыхый бир учурду камтыган калмак менен кыргыздардын кагылышы тууралуу окуяны камтыйт. Кара жетим жаштайынан эмгекчил, ары балбан, эр жүрөк жигит болуп чоңоет. Баралына келгенде жолборс чаап алышка жарайт. Анын жандай көргөн тулпары да сымбаттуу татыктуу ээсине куп жарашып, акындын көз алдында төмөндөгүдөй сыпатталат:

Сууган сайын теминген,
Суулугун басып элирген,
Кулпунат жүнү кундуздай
Кулун сындуу ушундай,
Куу мамыны кемирген,
Марал сындуу тайкы жал
Баш аягы керилген[5].

Мындагы поэтикалык салыштыруу эпикалык чыгармадагы тулпарлардын сындарына үндөшүп турат. Көрүп тургандай ой кыялы, сезими терең манасчылар сыяктуу сүрөттөө албетте таасирленүүнүн илебин билгизмекчи. Жеке эле тулпарды эмес, акын жалпы эле турмуш шарындагы кыймылды көркөм элестетүү чеберчилигине ээ.

Акындын ыр саптарындагы уникалдуу мүнөзгө ээ ыкмалары окуган же уккан адамды кайдыгер калтырбаса керек.

Буудайлар карыш баш алып
Калаган чийдей керилген

Же,

Кулагың уккан суук сөз
Курсакка барып муң болот.

Же,

Сырттандын эки буту жер чийип,
Кайкалап Кара Коңур зорго басты.

деген сыяктуу саптарындагы жандуу образдуу элес, же макал иретиндеги такыл кеп, болбосо өтмө, каймана маанидеги сүрөттөө өзгөчө акыркы мисалды: «камыш арасынан чаап алган жолборсту атка арта салып алып кетип бара жатканын, жолборстун салмагын ыр сабынын кудурети менен» акын көз алдыбызга тартып олтурат. Мындай көрүнүш акындын көпчүлүк чыгармаларында дайыма кездешкендиктен, анын жекече табылгасына ыйгаруу да туура. Анткени ар бир акын жалпы бир поэзия дүйнөсүнүн мыйзам ченеминде өнөрүн уланткан күндө да мыкты акындардын кайталангыс оригиналдуу изи байкалбай койбойт, ал эми мындай касиет Шабданаалыда жок эмес.

Чыгармачылыкка кеч келген менен Т. Шабданбаев кыргыз элине өз чыйырын өчпөс кылып салып кеткен кыргыз элинин таланттуу уулдарынын бири экендигин белгилөө абзел.

Акындын Ата мекен, эмгек, достук темасындагы ырлары, өмүр белестери циклындагы убакыт, мезгил аралыгындагы коомдук социалдык абал, же терме, санат, насыят элдик үлгү ырларынын тобу, ошондой эле кыргыздын чыгаан таланттарына арналган эстеликтер циклындагы портреттик мүнөздөгү ырларын кошуп, элдик поэзиянын салтындагы үлүшүн, салымын алып көргөнүбүздө эле акындын көп кырдуу өнөрүнөн толук маалымат алууга болот.

Акындын дилинен чыккан ырларынын маңызы адамдыктын башкы белгиси болгон эмгекчилдик, эл журтуна кызмат өтөө:

Бактылуу киши башкача,
Жарашат кандай мактаса.
Жакшы болуп не керек

Жалпы журтка жакпаса
Ойлонгон иши ордунча
Элдик ишке ашпаса
Баркталат жакшы эл-журтун,
Бөлүп жарбай сактаса[6],–

деген саптарынан көрүнүп тургандай акындын бүт өмүрүн чыгармачылык изденүүсүн ушул көз караштан, критерийден туруп карагандыгын көрөбүз. Бала кезиндеги кайгылуу оор турмушу, совет мезгилиндеги жетилип, эл оозуна алынышы, узак жашап бактылуу карылыкты көргөнү, убагында белгилүү инсандар менен замандаш болуп аларды жакындан тааныган акынга дайыма дем күч болуп берген. Карылыктын да баа жеткис касиети, ырахаты бар экенин, кийинки жаштарга насаат иретинде, насыят ырларында, термелеринде камтып кетет.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988. 218-бет.

[2] *Шабданбаев Т.* Тандалмалуу чыгармалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1976. 324-бет.

[3] *Шабданбаев Т.* Тандалмалуу чыгармалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1976. 320-бет.

[4] Шабданбаев Т. – Фрунзе, 1976. 328-бет.

[5] Ошондо.

[6] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Фрунзе: Илим, 1988. 224-бет.

## ДООРАН ЫРЫСДӨӨЛӨТ УУЛУ
*(1896–1929)*

Түштүк кыргыздарына өз кезегинде кеңири белгилүү болгон ырчылардын дагы бири Дооран Ырысдөөлөт уулу (Котур уулу деп да айтылат) болуп саналат. Ал 1896-жылы азыркы Жалал-Абад областына караштуу Ноокен районундагы Шайдан өрөөнүнүн Көлмө деген жеринде туулган. Мундуз уруусунун дарга деген бутагынан болот. Атасы Ырысдөөлөттүн Бекназар, Орунбай, Кулумбет, Дооран деген төрт уулу, дагы үч кызы болгон. Ырчынын жаш кези жана кандай билим алганы тууралуу маалымат жок. Элде Молдо Дооран деген ысым менен да белгилүү болгондугуна караганда мектеп, медреселерден диний билим алганы талашсыз.

Дооран 17 жашынан баштап эл алдына ырдап чыгат. Кийинчерээк Жалал-Абад аймагына кеңири белгилүү Карамырза ырчыга шакирт болуп, аш, тойдо кошулуп ырдап жүрөт. Апыртан деген жерде Аттокур бий деген чоң той берип, ал тойго Дооран устаты Карамырза менен кошо барат. Карамырза улгайгандарга, Дооран жаштарга ырдап, Дооран тараптагылар шаңдуу болуп, кыйкырык-сүрөөн күчөй бергенинен Карамырза Доорандын үстүнө барып, (бир аз ичи тарый түшкөн го), «Аттарды жайлап коюп, анан ырда» деген буйрук сөзүн айтат. Бул кемсинткендей угулат. Кыз-келиндердин алдында сына түшкөн Дооран түндөп үйүнө келип, апасынан алган бир чепкенди өңөрүп, атактуу Молдо Бекназар ырчыга жөнөйт. Ага Сузактагы бир чоң маарекеде жарчы болуп ырдап аткан жеринен жолугуп, салам берет:

Санап турсам саккиз таш
Жерден келдим, Бекназар.
Ак үйлүү мундуз, көп кутчу
Элден келдим, Бекназар.
Санатыңды угам деп
Дегдеп келдим, Бекназар.

Ойлоп турсам отуз таш
Жерден келдим, Бекназар.
Ак үйлүү мундуз, көп дарга
Элден келдим, Бекназар.
Оозуңдагы сөзүңдү
Дегдеп келдим, Бекназар.
Эсептесем элүү таш
Жерден келдим, Бекназар.
Кабат тонду бөктөрүп
Сен деп келдим, Бекназар.
Ак батаңды алам деп
Дегдеп келдим, Бекназар[1].

Бул саламынын аягы карчылдашкан кармашууга айланып кетет, ал жөнүндө айтыштын өзүн кепке алганда токтолобуз. Бекназар менен келише албаган Дооран Азирети Айып (Жалал-Абад) курортун негиздеген, Наманганга мечит салдырган Сузактык белгилүү бий Мурзакул болуштун үйүндө ырчы болуп жүрүп калат. Андан кийинки өмүр жолу тууралуу кабар жок. 1929-жылы Кара-Балтага турмушка чыккан карындашына барып (баратыпбы?), ошол жакта каза болот. Отуз үч жашында о дүйнө салган акын Дооран Ырысдөөлөт уулунун кыскача өмүр-таржымалы ушундай.

Дооран ырчы жашынан өтө өткүр чыкканы кадимки кара чаар Калмурзаны устат тутуп, ага алымсынбай Түштүк ырчыларынын атасындай саналган Молдо Бекназар ырчыга барып, аны менен айтыша кетип жеңгенинен эле көрүнөт. Бул айтыштын Кол жазмалар фондусунда эки варианты бар. Биринчиси фольклор жыйноочу – Маматжан Зулпуевге Жалал-Абад областындагы Ноокен районуна караштуу Көкайдарлык Маканбаев Сапарбай айтып бер-

ген. Экинчисин М. Зулпуев ошол жерлик Орозалиев Маматкабыл, Токтогулов Аалыбай, Хашимов Асанбайлардан жазып алган.

Бул айтыш Дооран ырчынын Молдо Бекназарга барып жолуккандагы, биз жогоруда келтирген, ыр түрмөктөрүнөн башталып, Бекназардын:

Саксаламат дебестен
Шашып ырдап турган ким?
Эсен-аман дебестен
Энтелеп ырдап турган ким?

деген суроосу менен уланат. Андан ары «Кайдан келген качкынсың?» «Тентип келген тейитсиң», «Бозуп келген бостонсуң» – дегендей, тоотпогон тондогу сөздөргө ууру деген жалааны кошуп, «Табышмак айтам таап кет, Абийириңди жаап кет» – деп туруп:

Эки жыгач боорунан
Эп кыйгызган ким экен?
Жалгыз жыгач боорунан
Жарып алган ким экен?
Узун жыгач төгөрөк
Жуп кыйдырган ким экен?
Кара тоонун бооруна
Казан аскан ким экен?
Опол тоонун бооруна
От чыгарган ким экен?
Чекилдектин түбүндө
Чекилдеген ким экен?
Карагайдын кас бутак
Кайрып алган ким экен?
Тумшугу жок куш салып
Турна алдырган ким экен?
Канаты жок куш салып
Каз алдырган ким экен?–

дегендей суроолорду жаадырат. Аягында илек-илектин «Буту эмне узарган, Тумшугу эмне кызарган?» деп бүтүрөт. Дооран бардык суроолорго таптак жоопторду берип, Бекназардын мурду тапий (жапысыраак) экен, ошого тийишип Илегилек кушка байланыштыра:

«Илек-илек илген куш
Ийиндеги жыланды
Бал билгендей билген куш.
Буту алмустактан бери узарган
Тумшугу сенин мурдуңду
Чокуп атып кызарган» –
деп бир айтып, аягында:
Акун ырчы Бекназар,
Сенин мурдуңдун курту оолукту.
Сенин кызыңды ала качкансып,
Асыласың ороңдоп.
Кыйын болсоң, Бекназар,
Мурзакул бийге сала кой
Мурдуңдун кунун ала кой» –

деп бүтөт. Ачуусуна ууккан Бекназар Дооранды камчы менен чаап жиберет, бул жеңилгендиктин белгиси болот. Дагы «Дооран менен Сыдыктын айтышы»[2] бар, аны да Ботобай Жунусов айтып, М. Зулпуев жазган. Бул айтыш Сузактагы Ураим ажы дегендин тоюнда болуп, байгеге чабылган аттар келип калып, аягы бүтпөй калган деп айтылат. Мында Дооран ырчынын өмүр баянына байланыш Сыдык ырчыга карата анын:

Дооран болуп оолуктум
Бүгүн мен Сыдыкка жолуктум.
Үйрүлүп ырдап сен келдиң,
Үй-ичимен ажырап
Мусапыр болуп мен келдим, –

деген саптары бар. Буга караганда Дооран ырчынын үй-бүлөлүк турмушунда бир өкүнүчтүү окуя болгону кандкууланат. Бирок, ырчы анын себептерин ачпайт. Ошондой эле Сыдык ырчынын «Тордомо дарбыз союп берем» деген сөзүн кармап алып, «Билбейсиңби Сыдыгым, Дарбыздын тору жок болот» – деген, чымчып өткөн жери бар. Айтыш ушул саптардан соң токтоп калган. Ошондуктан кеңири сөз салууга мүмкүнчүлүк бербейт.

Дооран ашыктык ырларын жаратуучулардын чебери болгон. Аны Барпы апыздын «Ашыглыкты айткандар» деген ырындагы:

Дөңдөн атын сугарган,
«Төрайым» деп бул ырды
Дооран ырчы чыгарган –

деген саптары жана Академиянын Кол жазмалар фондусунда сакталып турган «Өзгөчөм», «Ак Дилгир» деп аталган ырларынын мазмуну, көркөмдүк сапаты далилдеп турат.

«Өзгөчөм» деген ашыктык ырын Дооран жогоруда аталган Мурзакулбекте ырчы болуп жүргөндө анын токолуна (көрөркөзү) көзү түшүп калганда чыгарган экен. Фонду материалдарындагы жазууда мындайча айтылат: «Мурзакулбектин үч аялы болгон. Күндөрдүн биринде эң кичүү көрөркөз (токол) аялы Дооранга: «Мени кошуп ырдайсыңбы!?» – деп тийишет. Дооран макул болот да... Сиз бозону сүзүп келип болуштун алдына койгонуңузда, ал ичип отуруп кызыганда: «...Балам, ырдап кой!» – дейт мага. Ошондо мен сизди Өзгөчөм деген ат менен ырдаймын, өзүңүздү ошондон билип аласыз – дейт. Эртеси ошол айткандай болот. Дооран ырын атактуу Молдо Нияздын ыкмасына салып: (III санат дигарастин эске алып атам[3]):

Ээрде болот сыр деген,
Эригип эси кеткенге
Эрмек болот ыр деген.
. . . . . . . . . . . . . . . . .
Жакшы атта болот жал деген
Сулууда болот кал деген.
Суктанып ырдап жүргүчө
Сулуудан бирди ал деген»[4] –

деп 20 сап айтып келип, ыр токуунун «ырдайын» деген ыкмасына өтөт да, чарчы бергенин, күлкүсүн, ак бетин, кашын, тишин, иштүүлүгүн бир сааттай ырдай турганын айтып келип,

Өзүмдү өзүм кыйнайын
Өпкөмдү муштап тырмайын,
Өлүшкө жетти абалым
Өзгөчөм деп ырдайын –

деп Өзгөчөм деген атты коюп алып, андан аркы махабатын жаадырат:

...Алты канат ак үйдүн
Салыштасы Өзгөчөм
Алтымыш эки жубандын
Периштасы Өзгөчөм.
Жети канат ак үйдүн
Салыштасы Өзгөчөм.
Жетимиш эки жубандын
Периштасы Өзгөчөм –

деген өңдөгү көркөм боекторду колдонуп, айрым жерлерде Молдо Нияздын «Даткайым сулуусундагы» көркөм салыштырууларга үндөшкөн:

Ак-Сайдын башы кырк кечик
Талдыктайсың Өзгөчөм
Мундуздан чыккан бир сулуу
Калдыктайсың Өзгөчөм –

дегендей ыр түрмөктөрүн улайт:

Ай көрүнгүс шаарда
Бакка окшойсуң Өзгөчөм.
Алтын супа ордолуу
Такка окшойсуң Өзгөчөм.
Күн көрүнгүс шаарда
Бакка окшойсуң Өзгөчөм.
Күмүш супа ордолуу
Такка окшойсуң Өзгөчөм –

деген сыяктуу саптардан нары койкойгон сымбатын коёндун далысына, ийилгенин шалыга, дагы бир көрүнүшүн шайыга, таттуулугун мейизге д. б. у. с. салыштырып ырдын аягын:

Өрдөктөй сенин мойнуңдан
Өксөп ырдап жүргөнчө
Өлүгүм чыксын койнуңдан.
Суксурдай сенин мойнуңдан
Суктанып ырдап жүргөнчө
Сөөгүм чыксын койнуңдан.
Кызыл жардын суусундай
Жошулалы, Өзгөчөм!
Кыямат күн болгончо
Козуке менен Баяндай
Кошулалы, Өзгөчөм! –

деп бүтүрөт. Азыр элдики делип жүргөн айрым ырлардын тамыры Дooран ырчынын «Өзгөчөмү» менен «Ак Дилгиринде» жаткандай. Аны оңой эле байкаса болот. Адамдардын кан-жанына жакын ашыктык ырларын жараткандар ушул Дooран сыяктуу эле ырчылар болгону түшүнүктүү. Ошого карабастан Барпы, Боогачы сыяктуу чыгармалары өз убактында кагаз бетине түшүп калгандары автордуку бойдон калышты да, оозеки кеткени айрым ырчылардын ырларына сиңирилип же элдики делген бойдон калды.

Отуз жаштын тегерегинде (минтип атканыбыз дагы бир жазма булакта Дooран 1926-жылы өлгөн деп берилген) опосуз кеткен Дooран ырчынын поэзиясы жыйналбайт, Жалал-Абад, Арстанбап, Аксы аймактарынан тартып Чүйдүн Карабалтасына чейин чачылып калган. Анын жетик ырчы экени жогоруда келтирилген саптардан эле көрүнүп турганына карабастан, толук портретин тартууга мурастары жетишээрлик жыйналбай келатканы кедерги болуп келет.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Академиянын Кол жазмалар фондусу. Инв № 601.

[2] Инв. № 604.

[3] *Молдо Нияз.* Санат-дигарастар. – Б.: Учкун, 1993. 36–41-беттер.

[4] Инв. № 601.

## АНАРГҮЛ ТАЖИБАЕВА
*1900**

Анаргүл Тажибаева кыргыз ырчылык өнөрүндө айрым учурларда гана аты жылт этип басма сөздөрдө көрүнө калып, негизинен сөзгө алынбай келаткан Наркүл, Жумагүл, Акыш, Алтынай, Балкы кыз, Чата кыз, Шекер кыз сыяктуу эле акын кыздарыбыздын бири. Ал 1947-жылкы административдик бөлүнүш боюнча Ош областынын Ноокат районуна караштуу Кызыл-Бостон айыл кеңешиндеги 3-интернационал колхозунда (Экинчи Кашкалдак айылында) 1900-жылы орто чарба үй бүлөсүндө туулган. Ырчылыкты он алты жашынан баштап, алгач ашыктык ырларын ырдап чыккан. Андан кийин өз башынан өткөндөрдү ырга кошо берген. Ошолордун алгачкыларынын бири катары Мамазакир экөөнүн айтышын атаса болот. Эки жүз токсон жети саптан турган бул айтышта[1] да салт болгон ашыктык ырлар сыяктуу сүйүшкөндөр аттарын өзгөртүп Мамазакирди Анаргүл Тартип деп атап алса, Анаргүлдү Мамазакир Зебайым, Акнават, Бейарман деген ысымдар менен ырдайт. Айтышта баштан-аяк махабат сыры төгүлүп отурат. Маселен Зебайым (Анаргүл) Мамазакирге алгач тамаша-талап аралаштыра:

Он гүлүмдөн бир гүлүм
Ооба, Тартип туйгунум.
Оң жакты карап бир күлүң,
Оонап кетпей бир жүрүң!
Беш гүлүмдөн бир гүлүм

---

* 1974-жылкы экспедицияда тирүү болгон. С. Закиров, Т. Ирисов ж.б. бир нече ырларын жазып келишкен. Азыркы кабарын тактай алган жокпуз.

Бейдаба ай Тартип туйгунум.
Бер жакты карап бир кулуң,
Безип кетпей бир жүрүң!» –

деп кайрылып, андан ары:

Ак ордодой үй тигип,
Жолго консоң, Тартибим.
Ак Шумкардай айланып,
Колго консоң, Тартибим.

Көк ордодой үй тигип,
Жолго консоң, Тартибим.
Көк Шумкардай айланып,
Колго консоң, Тартибим,–

дегендей ой-тилектер айтылып жүрүп отурат. Мамазакирдин жообунан мисал тарта кетели:

Эшигиң эгиз пайзават
Эстүү Зеби-Акнават,
Ак оромол дүрүйөң
Алганым сиздей болбосо
Аркамда калсын дүнүйөм.
Көк оромол – дүрүйөң
Көргөнүм сиздей болбосо
Көрүмдө калсын дүнүйөм ж. б.

Анаргүл 16 жашында Бөрүбай деген Кичи-Алайлык ырчы жигитке турмушка чыгат. 17 жаштагы Анаргүл күйөөсүнүн кичи мекени Кичи-Алайга келгенде 3 күн бою кар жаайт, бул чөлдө, жылуу жакта өскөн келинди аябай азапка салат. Ошондо:

Алайың курсун, Ак тообо!
Көрүп жүрөм, Көк тообо!
«Аттиң Ноокат кайда!?» – деп,
Тартып жүрөм азарын.
Көрсө, Алай дегениң
Көнгөндөрдүн жери экен.
Көрбөгөн аны мендейдин
Көөлабай казган гөрү экен» –

деп, төркүн жери Ноокатты эстеп, Алайдын катаал климатына чыдай албай атканын белгилеп, арман аралаш

айтат, жардам күтөт. Ошондо кайненеси жаш келинди түшүнө билип, кайрат берип, көңүлүн көтөрөт. Анаргүл ал жөнүн:

«Ак элечек энебиз
Алымды секин сурады.
«Капа болбоң, балам!» деп,
Астасекин жетелеп,
Алдап көөнүм көтөрөгөн.
Кыргыек куштай таптаган
Кымбат чилтен энебиз
Кызындай кылып сактаган»[2]–

деп ырдаган. Карыя кайнененин жылуу мээрим, таттуу сөзү менен катаал шартка көнүп кеткен.

Экинчи ыр да бекер жеринен «Арман»[3] деп аталган эмес. 1941-жылы Араван районундагы Төө-Моюн деген элсиз жерге Сталин атындагы кыштак уюштуруп, Алай элин көчүрмө кылып, Анаргүлдүн үй-бүлөсүн да көчүргөн экен. Чөлдө өскөн, анын жер-жемишин, ысык аптабын күсөгөн акын келин сүйүнүчүн:

Төө-Моюн жерине,
Сталин кыштак элине
Барабыз деп кубандык,
Иштеп эмгек көбөйтүп,
Алабыз деп кубандык.
Буудай бышкан жерлерге
Барабыз деп кубандык... –

дегендей саптар менен туюнтуп келип, ал жердин турмуш-шарты менен таанышкан соң:

Суву жаман шор экен,
Адамдары кор экен – деп,–

Алайдын ак кашка сууларын кайра көксөп, Ноокаттагы күндөрүн эстеп:

Аргымак жалы алты тал,
Өрөр күндөр бар бекен?
Ажырап келген жерибиз
Көрөр күндөр бар бекен?
Тобурчак жалы тогуз тал
Өрөр күндөр бар бекен?

Тозуп кеткен элимди
Көрөр күндөр бар бекен? –

деген арманын айтат.

Жогорку ырлардын мазмунунан байкалгандай, Анаргүл эл ырларын, же тигил же бул ырчынын ырын үйрөнүп алып же аларды стилдештире коюп акын атыккандардан эмес, поэзиясында өз турмушу менен баштан кечирип, жүрөктөн толгоп чыккан ой-сезимдерин чагылдырганын көрөбүз. Бул туурасында өз кезегинде, 1947-жылы Анаргүлдүн ырларын жазып алган мезгилде белгилүү фольклорчу Кайым Мифтаков: «Анаргүл ырды убактысына карап, өз башына түшкөн иштен чыгарып, топ ичинде айтпаса да, ырларын ичинде сактаган»[4] – деп жазган. Мында белгилегендей, айныгыс чындык акындын кошокторунан да көрүнөт.

«Бөрүбай акын жөнүндөгү кошокту» Анаргүл күйөөсү, үч баласынын атасы Бөрүбай деген өз мезгилинде Алай, Өзгөн, Кадамжай жактарга кеңири белгилүү акын-жары дүйнөдөн кайтканда кошкон экен. Бул кошок реалдуу жашоодо болуп өткөн белгилүү Бөрүбай акын жөнүндө анын аялы, өз аймагына таанымал ырчы Анаргүл тарабынан айтылып аткандыктан кошок жанрынын табиятын, тарыхын, кандайча жаралаарын ж. б. жактарын изилдөөдө өтө керектүү үлгү болуп бере алат десек болот.

Кошокторго, жалпы эле элдик оозеки ырларга мүнөздүү болгон бир ыр түрмөгүндөгү ойду экинчи түрмөктө бир-эки сөзүн өзгөртүп, күчөтүп кайталап айтуу ыкмасын б. а.

Алтын саптуу бычактын
Пайнеги эле акунум.
Арзылап алган балдардын
Айнеги эле акунум.

Күмүш саптуу бычактын
Пайнеги эле акунум.
Тилеп алган балдардын
Айнеги эле акунум –

дегендей ыр чүргөө ыкмасын А. Тажибаева кеңири пайдаланып, бул жанрга тиешелүү – өлгөн кишини көтөрө чалуу жагын да унутпай, Бөрүбай акындын портретин ко-

шок жанрында айкын бере алган. Ашык сөз кылып отурбай, эки учурунан мисал тарта кетсек болот:

Олтурган жери супадай
Сүйлөсө сөзү упадай.
Олтурган жери тактадай,
Сүйлөсө сөзү пахтадай.

Санатың кетти сайылып,
Самаркан ылдый жайылып.
Кеңешиң кетти керилип,
Кең Кокон ылдый себилип,–

деп акын күйөөсүнүн кадыр-баркын, көркөм сөз ээси экендигин көрсөтсө,

Атын токуп мингеним,
Адиса жомок билгеним –

деп, жомокчу (манасчы) экенин да бөлүп баса көрсөтүп атат. Бөрүбай атактуу акын экендигине карабастан негизги кесиби зергерчилик болгон экен. Аны К. Мифтаков «Бөрүбайдын негизги өнөрү зергерчилик (күмүшчүлүк) болгондуктан ал зергерчилик менен күн көрүп, ырчылык менен пул таппаган» – деп жазган. Анаргүл аны:

Күмүштөн шакек чапканым,
Күйүтүң, бейбак, тартамын.
Күйгөнүмдөн айтамын.
Ак теңге согуп чапканым,
Азарың, бейбак, тартамын.
Арманымды айтамын,–

деп кошкон. Демек, бул чыгармадан зергер, төкмө акын, манасчы жөнүндөгү кошоктордун синтезин көрөбүз. Ошондой эле бул кошокто эр-азаматтын сапатын, адамкерчилик жагын чагылдырган узун сабак ыр түрмкөтөрү да арбын. Мындан башка 1940-жылы энеси өлгөндөгү кошок («Гүлүсүн кошогу»), «Акесине кошкон кошогу» деген кошоктору да бар.

Анаргүл «Ак Саткын менен Мурза уул» жөнүндөгү дастанды да «Мурзауул» деген наамда жаздырган. Мында Мурзауул деген жигит жеңесин сүйүп калгандыгы тууралуу айтылат. Дастандын башында «Илгерки убакытта Мурзауул деген (жигит) Ак Саткын деген жеңесине ашык

болуп, экөөнүн бир-бирине кошкон ырлары»[5]– деген киришүү сөзү бар. Андан ары ыр түрүндө уланып, Мурзаулдун атасы кыпчак, апасы найман экендиги ачыкталат да, тилдик, стилдик айырмачылыктарына карабастан ак Саткын Мурзаулдун атын алгандагысы, төшөк салгандагысы, чай сунгандагысы – баары эле белгилүү сюжеттегидей айтылат. Ага:

Сүдүрөп килем саларга досум,
Энекем үйдө жок экен досум,
Сүдүрөп килем мен салдым досум.
Сүйөгүм камтый кармадың досум,
Сүйүнө түшүп шүк болдум досум –

дегендей ыр түрмөктөрү ачык мисал болот. Калган жактарында да окшоштуктар болгонуна карабастан Ак Саткын кыз катары эмес, Мурзаулдун жеңелеринен болуп берилет. Дастандын аягы да экөөнүн өлүмү менен трагедиялуу бүтпөстөн, Ак Саткындын:

Кокту бир толгон коён бар уулай,
Атып бир кетсең не болот, уул ай!
Коңурдан салкын койнум бар уул ай
Жатып бир кетсең не болот, уул ай?
Жатпай бир кетсең кээ болот уул ай! –

деген сөзүнө Мурзаул:

Кокту бир толгон коён бар жеңе,
Убалы болот атпаймын, жеңе.
Коңурдан салкын койнуң бар жеңе
Күнөө йам болот жатпаймын жеңе –

деп кетип калат. «Экөө ошентип айтышып, ажырашып кетишет экен» деп бүтөт.

Ошого карабастан Анаргүлдөн ошол эле 1947-жылы 23-августта К. Мифтаков жазып алган, жогоруда сөз кылынган «Мурзаул» дастанынын жанында «Кулмурза» деген текст бар.

Ал:

Кубатбек уулу Кулмурза ай досум,
Кудай бир урган шум мурза ай досум –

деп башталып, Кулмурзаны кишилер Аксаткындын койнунан кармап алып өлтүргөнү, андан кийин анын (Кулмурза-

нын) кунун быча албай атышканда, Аксаткын өзү бычканы (кундун баасын белгилегени) ыр саптары менен айтылат:

Айыбың алтымыш тилла, кунуң жүз досум,
Аягың шор, башың бир биз кыз досум.
Чын ашык жар өлөт дейт досум,
Чымчыктар сайрап көмөт дейт досум.
Чынар бир терек болот дейт досум,
Чырмалып өсүп чыгат дейт досум.
Кулмурза өлсө куп болот досум,
Аксаткын менен жуп болот досум.
Сары атанга жүктөлөт досум.

Ушул саптарды айтып бүтүп «Аксаткын бычак менен өзүн өзү» как жүрөккө коюп (сайып) өлүп алат» – деп бүтөт. Тексттин аягында кошумча иретинде «Аксаткын кыз, Кулмурза жигит болот» деген тактоо маанисиндеги сүйлөм да бар.

Буга караганда, биринчи текстте («Мурзауулда») кайниси менен жеңесинин ортосундагы мамиле айтылса, экинчисинде («Кулмурзада») Кулмурза менен Аксаткын аттуу кыз-жигиттин ашыктык окуясы кепке алынып, алгачкысы таарыныч менен аяктап, кийинкиси трагедияга айланып атат.

Анаргүлдөн башка айтуучулардын тексттеринде жогорку эки дастандын окуялары бириктирилип, «Аксаткын менен Мурзауул» деген дастанга айланган окшойт. Же, тескерисинче, Анаргүл Тажибаева эки жаштын башынан өткөн бир эле окуяны эки бөлөк чыгарма катары айтып калышы да мүмкүн. Анткени эки текстте тең ургаачысы Аксаткын болуп берилет. Эркеги деле Мурза деген бир эле каарман болсо керек деген ойго келесиң. Себеби биринчи текстте Мурзага жеңесинин «уул» деген тергөө сөзү ко-шулуп айтылса, экинчисинде «Кул» деген сөз Мурзанын алдына кошулуп айтылып, Кулмурза болуп атат. Кантсе да Анаргүлдүн варианты «Аксаткын менен Мурза уул» дастанын изилдөөчүлөргө кызыктуу материал болуп беришинде талаш жок.

Анаргүлдөн эки жолу жазылып алынган (1947, 1974-жылдар) ошол 27 жыл аралыгында бир эле текстти төкмөлөр канчалык өзгөртүп ийээрин салыштырып

көрсөтсөк болот. Ыр саптары, кээде ыр түрмөктөрү бир орундан экинчи орунга оошуп айтылган учурларын кошпогондо да, мурда жазылган тексттеги айрым окуялар (мотивдер) кийинкисинде түшүп калып, анын тескерисинче кийинки жазылганында жаңы мотивдер кошулуп калган фактылар бар. Маселен, 1947-жылы Каюм Мифтаков жазып алган «Мурзауул» аттуу тексттеги:

Кызыл бир чарчы, кызыл кур уул ай,
Кызыктуу жарым, Мурзауул ай.
Сары бир чарчы, сары кур уул ай.
Сагынган жарым, Мурзауул, ай.
«Тур-тур!» – десе, уй турат, уул ай.
Уйдан хам жаман экенсиң, уул ай, –

деп, Ак Саткын баштаган айтыш формасында 40саптан турган, жеңеси менен кайнисинин таңкы коштошуусун туюндурган мотив Анаргүлдүн 1974-жылы жаздырган текстинен түшүп калган. Анын тескерисинче 1974-жылы жазылып алынган тексттин аягына жеңесинин:

Карагайбысыз, талбысыз
Карайкөз Мурза барбысыз?
Ыргайбысыз, талбысыз
Ышкылуу Мурза барбысыз?
Суу боюнда бүлдүргөн
Сулуувум деп күйдүргөн,
Сай боюнда бүлдүргөн
Сардалым деп күйдүргөн,
Пиязы чепкен жеңи тар
Билимдүү Мурза бизге жар.
Кадеми чепкен жеңи тар
Карайкөз Мурза бизге жар.
Алганы курсун биздейдин,
Арманы курсун сиздейдин.
Күйөвү курсун биздейдин,
Күйүтү курсун сиздейдин,–

деген жана буга жооп иретинде Мурзауулдун жеңесин Нардайым деп атап алып ырдаган 12 сап ыры кошумчаланган. Ошентип, чыгарма эки учурда эки башка мотивдер менен аяктаган. Бул «Мурзауулдун» кийинки тексттин жазып

алган С. Закиров, П. Ирисов, Ж. Мусаевалардын күндөлүгүндөгү: «Анаргүлдөн ал күнү эски ырларды жаздык. 1947-жылдары К. Мифтаковго айткан ырларынан да жазып алдык. Анда биз кайсындай өзгөрүү боло турганын билүү максатын көздөдүк» – деген (койгон) максаттары бүгүн бир акындын эки учурда эки башка ырдап коюшу ыктымалдыгын далилдеп атат.

Анаргүлдүн мындан башка дагы 1947-жылы жаздырганда «Насыйкат», 1974-жылкысында «Санат» деп эки башка аталган дагы бир текст бар. Мындан да жогоркудай өзгөчөлүктөр бар экенин белгилөө менен экөөнөн эки мисал тарта кетели. Алгачкы жаздырылган тексттеги:

Чапканыңды кеспесе
Полотту арман кылбаңар.
Коңшуң жакшы болбосо
Жолокуту арман кылбаңар.
Кыштык суук чилдеде
Чатырды арман кылбаңар.
Дүбүрөгөн жоо келсе,
Барып чапчып турбаса,
Баатырды арман кылбаңар –

деген насият сөздөр кийинкисине кирбей калган менен өзүнө кудай атаа кылган поэзия дүйнөсү жөнүндө Анаргүл:

Ырдын бизде кени бар,
Ыргып чыгат жаныбар.
Чачып кеткен жолума,
Карматып кеткен колума.
Мойнума куржун салынып,
Тилеп алган эмесмин.
Төгүлүп жаткан жериден
Шилеп алган эмесмин.
Таразага таш коюп
Тартып алган эмесмин.
Чөнтөгүмдөн пул берип,
Сатып алган эмесмин,–

деп тартынбай даана айтып, 1974-жылкы текстинин орто ченине, «Алчадияр санагына» кирээр алдына кыстарып кеткен, андан ары:

Алчадияр бир болот
Айтса көңүл кир болот.
Алчадияр экидир,
Аркы жолдон беркидир, –

дегендей ыкмада санатын улап жыйырмага жеткирет. Бул «Алчадияр» санагы алгачкы текстте толук айтылса, кийинкисинде 13,14, 15, 16, 17, 19 алчадиярлар түшүп калган. Мындан 75 жаштагы карыянын эсинен чыгып кеткен же жазып аткан адам жетишпей калган деп түшүнсө туура болот. Анан «алчадияр» деген сөз катышкан ырды өзбек туугандардан укканым бар. Демек, бул санатында акын энебиз өзбек элдин оозеки поэзиясындагы ыкмаларды да чебер пайдалана алгандыгын белгилей кетсек болот экен.

Анаргүл Тажибаева балдар ырларынын да чебери экенин «Небереме» деген чыгармасын окуган киши ынанбай койбойт. Ыр:

Алмазар багым-а,
Алтын кыз жаным-а.
Жийдезар багым-а,
Жыттуу кыз жаным-а.
Өрүкзар багым-а,
Өткүр кыз жаным-а –

деп жалыныч саптар менен башталып келип, кыздын өзүн:

Көзү көлдүн суундай,
Чачы бектин туундай,–

деген эки сап менен тартат да, ырдын аягын элдик каалоо, тилектерге ширештирип:

Боюңузга болуш айлансын,
Кашыңызга казы айлансын.
Шекери бышкан күз айлансын
Жаман кыздардын жүзү айлансын,–

деп кичинекей бөбөккө «Сиз» деп кайрылып, муңайым саптар менен бүтүрүп коет.

Анаргүл төкмөнүн дагы бир балдар ыры элдик поэзиянын ыргактарында, диалог иретинде беш гана саптан турат экен. «Жүз уккандан бир көргөн» дегендей, тыпыйган ырды толук боюнча окуп койгондон артык эч нерсе болбос.

– Анипакан кайда?
– Бээ саап сайда.
– Сааса көнөк толуптур,
Байдын уулу көрүптүр.
Ичи күйүп өлүптүр.

Анаргүл Тажибаева «Манас» эпосунан да айткан акын. Анын күйөөсү Бөрүбай акын жана манасчы болгон. Анаргүл андан «Манас» үйрөнүп, эл алдында айткан[6]. 1947-жылы 21-августта Каюм Мифтаков Анаргүлдөн 818 саптан турган «Манастын төрөлүшү жана балалык чагын» жазып алган. Анын вариантында улуу эпостун негизги өзөгү камтылуу менен айрым кепке алаарлык өзгөчөлүктөр да кездешет. Маселен, бул вариантта карыганча уул көрбөгөн Жакыпты досу Каракан ардантыш үчүн чоң той берип, ашпозчуларга: «Уулдуга уча тарткыла. Кыздууга куйрукбоор тарткыла. Перзенти жокко кулагын кесип, куу чоку кылып баш тарткыла. Көзүн оюп, көр чоку кылып гөш тарткыла!» – деген буйрук берет. Кулагы кесилген көзү оюлган баш алган Жакып арданып, Ак мазарга барып, Ак төө союп, 12 имам, 40 чилтенден бала тилейт. Жети күн, жети түн ыйлап жатат. Акыры уул көрөт, ошондо азали тубаган бир байталы Каккуланы (Аккуланы) тууйт.

Андан ары Манастын укмуштуудай тез жетилиши жөнүндө ыр менен айтылып отурат. Алтысында ат минип, жетисинде куш салат. Сегиз жашында сексен жигит курайт, жүрүш баштайт ж. б. Дагы бир өзгөчөлүгү Анаргүлдүн вариантында Манаска колуктуну атасы Жакып издебестен, апасы Куурасын тандайт. Шооруктун кызы Накылайды жактырып, Манаска алып берет ж. б. Бул айтылгандардан байкалгандай Анаргүл Тажибаеванын вариантын атайын иликтөөгө алса бир топ кызыктуу фактыларга жолуктураарында күмөн жок.

Аялдар арасынан атыгып чыккан оозунан оргуштап төгүлгөн ырларын «Таразага таш коюп, Тартып алган эмесмин, Чөнтөгүмдөн пул берип, Сатып алган эмесмин» – деп түпкүлүгүнөн поэзия даарып, төкмө болуп жаралган Анаргүл Тажибаева жөнүндө азыноолак сөз ушу, негизги кеп алдыда.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Академиянын Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1783. 47–60-беттер.

[2] Инв. № 169. 62–63-беттер.

[3] Инв. № 169. 68–70-беттер.

[4] Инв. № 169. 22-бет.

[5] Инв. № 169. Дептер № 3. 39-бет.

[6] Инв. № 178.

## САРЫКУНАН (САГЫНБЕК) ДЫЙКАНБАЙ УУЛУ
*(1905–1970)*

Сарыкунан тубаса таланттуу ири ырчылардын бири болгон. Анын даңазасы өз кезегинде күчтүү чыккан. Бирок, ырчы жөнүндө маалыматтар (кийинчерээк гана жазылган) аз. Сарыкунан туурасында даректүү маалыматтарды жарыялашкан окумуштуулар С. Закиров, Т. Абдракунов, Б. Кебекованын, дагы башка ал жөнүндөгү айтылгандарга, жарыялангандарга таянсак Сагынбек Дыйканбай уулу Сокулук районунун Кызыл-Аскер айылында 1905-жылы туулган. Кийин, Кетмен-Төбөнүн Үч-Терегинде жашап жүрүп, 1970-жылы Бишкекке келип, ушул жактан көз жумган.

Сагынбектин ырга болгон ышкысы эрте башталган. Анан калса, апасы өлөңдү мыкты айткан, казактын кызы болгон экен. Демек, Сагынбекте кыргыз менен казактын каны бар. Генетикалык жактан бул чоң мааниге ээ... «Өзүмдүн туулуп өскөн айлымдын төмөн жагында «Башлай» деген жер бар»,– дечү ал. «Ошол Башлайдын этегиндеги, тегиз талаа түздө 1922-жылы кыргыз-казак элинин башы кошулган чоң той болду. Батрактардын, «Союз кошчунун» тою делген бул тойго бардык жерден өнөрпоздор келди. Анда менин бала кезим. Кайсыл жерде ырчы ырдаса сыртынан шыкаалап, эшикте жүгүрүп жүргөн убагым. Менин багыма ошол тойго Калык да келди. Ал жар айтса да, жөн ырдап турса да, же түнкү меймандарга ырдап берсе да ошол жерде сагаалап жүрдүм. Кийин Калык кеткенден кийин ар кайсы эсте калган жерлерден үзүп-жулкуп теңтуштарымдын арасында айтып бере баштадым»[1]. Чоң ырчыны көргөн ушул күндөн баштап аны ырга деген ышкысы ого бетер күч алат. «Сен ырын ырдаган Калык ырчы

Жумгалда турат. Ошого алып барып, таалим алдырып, сенин көзүңдү ачып келели» дешип, «Күнтуу», «Канай» деген эки элдин азаматтары чогулуп мени Жумгалга жөнөтүүнүн камын кылды. Артыкча ыр-күүгө ышкылуу кылып, табитимди тарттырган өзүбүздүн айылдык Калкабаев Мырзакмат деген киши болду. Коңурбай, Бөжөк, Момуналы деген үч азамат болуп бир ат жетелеп, Калыктын алдына барып, Жумгалдагы «Ак Быштынын сазы» деген жайлоодо той үстүндө Калыкка жолуктук. Кара жоргону алдына тартып: – Мына бул баланы ырчы болобу деген үмүт менен сизге алып келдик. Ары жагында бирдеңке болсо болуп калаар, эгер жок болсо тим калаар – дешип Калыкка тапшырышты. – Кана, солтодон Жумгалга келип кантип бирдеңкеси болбосун, Калык менен учураш,– дешип саламдаштырышты. Мурун топ көрүп, жүрөгүм жарыла элек, жалпы жыйынга ырдап көрө элек элем, эсим чыгып, сүрдөп, эмне айтканымды билбейм. Кийин-кийин эстесем:

Аттанып келдим үйүмдөн,
Атайлап келдим Чүйүмдөн.
Аттанган солто элимден,
Атактуу кең Чүй жеримден.
Сабаттуу ырчы издедим,
«Сарбагыш», «саяк» көбүңдөн.
Арзып издеп келаткан,
Алмадай бала Сагынбек,
Астында турат Калыктын,
Акындыгың маалым деп.
Алты болуш көп «солто»,
Аттандырды баргын деп.
Атактуу Калык чоң ырчы,
Акындан таалим алгын деп.
Он тогуз жашта башым жаш,
Оң, солду көрөр алтын баш.
Болжолума жетишсем,
Болмокчумун кадырлаш.
Орундуу сөзгө үйрөтсөң,
Ойроттон бала жеңилбес.
Самап келип Калыкты,

Сабак алсам молдодой.
Сан жакшынын алдында,
Сайрап турсам болжобой.

Жакшы кебин угууга,
Жашымдан кылдым далалат.
Жаныңа жүрүп үйрөнсөм,
Жалпыга сөзүм таралат.
Топ көрбөгөн жаш бала,
Токтоно албай камалат –

деп бирдеңке айтыпмын. Эл чуркурап: «Бул балада бирдеме бар экен. Аттан түш!» деп аттан түшүрүп коюшту. Ошондо Калык мага кайрылып мындайча ырдады:

Балам, келипсиң саяк элди издеп,
Кереги тийчү мени издеп.
Ай тамгадан келипсиң,
Артымда жүрөр шериксиң.
Арка кылып жүрүүдөн,
Агаңыз кайдан зериксин.
Акылың болсо илерсиң,
Акындык жайын билерсиң,
Акыл айтып эс берсем,
Алты ай чыдап жүрөрсүң.

Таза жүрсөң табарсың,
Дайыма сөздү багарсың.
Ак калпак кыргыз элине,
Акындык менен жагарсың.
Аракет кылсаң жетерсиң,
Атактуу болуп кетерсиң.
Кеңешимди укпасаң,
Келгениң менен бекерсиң.

Арт жагымдан ээрчитип,
Топко салар бекемин.
Торгойдой тилиң сайратып,
Көпкө салар бекемин.
Казак менен кыргызга,

Тааныш кылар бекемин.
Казанат күлүк ат менен,
Жарыштырар бекемин.
Кадырымды билбесең,
Намыс кылар бекемин.

Арзып келген экенсиң,
Аламан жүрбөй тилимди ал.
Аталаштай болорсуң.
Аркамда таянч жөлөрүм,
Арбытып кетээр түрүң бар...[2]

Ошентип, Калыктын «кунандарым» деп ырдаган ырына карата элдин берген сын баасы дал келип Сагынбек аты калып «Сарыкунан» деген атка көчөт. Бул 1924-жыл эле.

Улуу устатына жолугуп ыр нөшөрүнө кабылып чыныгы ырчылык өнөргө багыт алган ушул күндөр анын чыгармачылыгынын бурулуш этабын белгилөө менен катар өз өмүрүндөгү эч унутулгус чоң окуяга айланган.

Сарыкунандын алгач жолу топко чыгып Калыкка саламдашып ырдаган жогорудагы ырында анын жамакчылыгынын жөн-жайы, ошондой эле өзүнүн ыр дегенде жан таштаган күчтүү ышкысы, жалындаган идиреги ачык сезилип турат. Анын келечекте чыкчу өзүндөй арымдуу таскагын көрөөр менен байкаган кыраакы Калык «Зээндүү бала окшойсуң, сенде калаар туум...» деп жатпайбы. Жетик ырчы Калыктын шакиртине үйрөткөн устаттык таалими, дегеле Сарыкунандын чыгармачылык таржымалы туурасында С. Закиров менен Т. Абдракунов кең-кесири (биз негизги факты, маалыматтарды ушул жактан алдык А. О.), мыкты жазышкан. «Ал биринчи кезекте Калыктын бүтүндөй репертуарын жаттап алууга аракеттенбестен, ырчылыктын «техникасына» көп көңүл бөлөт. Калык Сарыкунанды ырчылыктын «алиппесинен» баштатып, жөнөкөй жөө жомокторду, элдик даяр сүйүү ырларынан кулакка куюп, алым сабак айтышы менен жамактатып ырдоого көнүктүрөт»[3]. Устатынын шакиртине жол көрсөтүү процессин С. Закиров мындайча жазат: «Барган жеринде өзү төгүп ырдайт. Чарчап эс алгысы келгенде: «Кана, Са-

рыкунаным, чалып көрчү,– деп коет. Мен элде ырдалып жүргөн күйгөн, секетпайдан ырдайм. Өзүм да жамактатып кетем. Жамагым жакшы чыкса сүйүнүп калат, алабармданып кетсем кабагы бүркөлө түшөт. Ээн олтурганда ырчылыктын сырын айта баштады: – Сен жамакка анча шашылба, адегенде угуучу бол. Мен айткан «Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Кедейкан» жомокторду, «Ак Мөөр», «Карагул ботом» окуясын жаттап ал. Эл деген – чалкар байлык, түгөнбөгөн кенч. Эмне деген шумдуктуу окуялар болбойт. Адамды тамшанткан таамай сөздөрдү, элестүү салыштырууларды жолуктурасың. Аларды эске алып жүр. Укканын унуткан, көргөнүн билбей калган жакшы ырчы болбойт. Жамактын башы алым сабакта... Калыктын ушул сөздөрү өмүр бою жүрөгүмдө калды»[4]. Мында, жаңы ырдай баштаган жаш ырчылар эсине туюп алчу эң негизги кеп-кеңештер толук айтылган.

Устаты экөө ээрчише ырдап эки жылдай чогуу жүрүшөт. Чымыны бар, чыгармачыл адам үчүн бул кыйла көрөңгө топтоп алчу майнаптуу чоң аралык. Бул аралыкта ал Калыктын аркасы менен тигил жагы Кетмен-Төбө, Талас, бул жагы Жумгал, Кочкор, Чүйгө чейин таанымал болуп, эң негизгиси жаңылбай төгүп ырдоонун түркүн жол-жобосун, айтышуунун, алым сабак ырдашуунун жана көлөмдүү дастандарды, ири эпосторду айтуунун ар кыл ыкма, чеберчиликтерин каныга үйрөнөт. Калык менен ар жердеги чоң топторго барып, чоң ырчыларды көрүп, устатын ээрчиген биринчи жылында эле ал ири ийгиликтерге жетишкендигин береги факты далилдейт: «1925-жыл болуу керек. Жайдын толукшуп турган кези. Устатым Калык ырчы менен Жумгалда жүргөн учурумда Суусамырда чоң жыйын болуп, Калыкка кабар келди. Калык ырчынын колунда жүргөнүмө бир жыл толуп, эл алдына, жыйында ырдап «Сарыкунан» атка конуп, ырчы катары Кочкор, Жумгал өрөөнүнө таанылa баштаган кезим. Суусамырдагы жыйынга Калык мени да ала барды. Жумгалдан барган жүздөй атчан Жайлоо Советинин үстүндө казганактап турган учурда топту жарган салмактуу коңур үн менен алым сабак айтышкан эки акындын добушу угулду. Ырдап ке-

латкандардын ким экендигин жанымдагы кишилерден сурамжылап билсем бири Токтогул, экинчиси Курман ырчы экен. Мендеги болгон кубаныч, сүйүнүчтү айтпа!

Курман:

Керене жоолук белине,
Чалып келди, деп уктум.

Токтогул:

Кең Суусамыр, жайлоого,
Калык келди, деп уктум.

Курман:

Түнкатар, саяк элине,
Калык келди, деп уктум.

Токтогул:

Дүбүрттүү Сарыкунанды
Алып келди, деп уктум.

Калык аттан секирип түшүп Током менен кучакташып көрүштү. Устатым Калык элдик дастандарды айттырыш үчүн Токомдун үстүнө алып кирди. Саламдашып олтургандан кийин Током элге кайрылып: – Кана, Калыктын үйрөткөн баласы Сарыкунандын чамасын сынап көрөлү. «Жаныш, Байыш», «Курманбек», «Кедейкандан» айтып, олтурган элди ыраазы кыл балам,– деп колундагы комузун мага сунду. «Жаныш, Байыш», «Курманбектен» үзүндү айткандан кийин «Кедейканды» толук айттырып угуп, Токтогулдун баасы мындай болду: – Колуңдун шадысы кыска катын кол экенсиң балам. Залкар күүлөрдү үйрөнөм деп убара боло берсең, акындыктан алыстап каласың. Обон күүнү үйрөнүп, акындык жолуңа көңүл бур, балам. «Кедейканды» Сарыкунандан эч кимиң талашпагыла, деп өзү санат ырдан айтты»[5]. Сарыкунандын бир жылда ушунчалык даражага жетиши жаш талапкердин зээндүүлүгүн, ошол эле учурда Калыктын дагы шакирттерине талапты катуу коюп, таасын таптай билген чыныгы ири устат экендигин далилдейт. Токтогулдун берген баасына караганда Сарыкунан 20 жашында эле «Курманбек», «Жаныш, Байыш», айрыкча «Кедейканды» устаты Калыктын өзүндөй бар тарабын келтире айтып, дасыгып калгандыгы көрүнүп

турат. Чынында эле Сарыкунандын алптыгы бул өңдүү ири эпикалык чыгармаларды өзгөчөлөнтө мыкты айтуусунан, аткаруусунан көрүнөт.

Сарыкунандын чоң ырчы катары элине даңазасы 30-жылдарда күчтүү чыккан. Ал барган жер шаңга бөлөнгөн.

Айрым ырга, өнөргө ышкылуулары кадимкидей эле анын үлгүлүү сабагын алууга үлгүрүшкөн. «Чала-чарпыт ырдап жакшы ачыла албай жүргөн кезимде 30-жылдары биздин элге Калыктын шакирти Сарыкунан келди. Өз аты Сагынбек экен. Деги тушоомду Сарыкунан кести. Ага атайы шакирт болуп жанында жүргөнүм жок. Бирок, ар кайсы жерде ырдагандарын уктум. Андан акындыктын таалимин алдым. Сарыкунандын өнөрү мага кынадай жукту. Ал эмне айтса ошону калыбы менен бузбай алып калууга жетиштим жана комузду да өркүндөтүп, так чертүүгө машыктым»[6] – деп эскерет белгилүү акын Абдырашит Бердибаев.

Буга караганда уккан жанды уютуп, көргөндөрдү тамшандырып Сарыкунандын төкмөлүк, айтуучулук, аткаруучулук өнөрү абдан алымдуу болгондугу байкалат. Ал 1929-жылы эл шайырлары топтоло баштаган улуттук студияга кабыл алынат. Бирок, туугандары «артист» кылбайбыз деп намыстанышып, тез эле чыгарып кетишет.

Дүбүртү күчтүү Сарыкунан Кетмен-Төбөнүн Үч-Терегине оюн коюп барышканда Токтосунга да күчтүү таасир калтырган. Көп жылы көрбөй калган устатына ошондо (бул анын ырдабай жүргөн кыйла жылдардан кийинки биринчи ыры болуу керек О. А.) берегиче саламдашып ырдаптыр:

«Кайырма тондо жакамбы,
Кадимки Калык атамбы.
Кол кармашып көрүшчү,
Кучакташып өбүшчү
Күндөр өттү качанкы.
Калбай ээрчип жанында,
Алакан жайып алкаган,
Алдым эле батаңды.

Ушул сары толмоч киши Сарыкунан экен»[7]. Анын бул өңдүү ыр мурастары жокко эсе. Жада калса бир ыр жыйнагы да чыкпаптыр. Мунун себеби бар.

Даңазалуу төкмөлөрдүн ичинен Токтогулдукуна окшоп Сарыкунандын жеке тагдыры кыйла трагедиялуу болгон. Кийин анын өзүнө тагдырлаш Токтогулдун эли-жерин мекендеп калышы да ушундан улам болсо керек. Кара жаак

Калыктын таалимин алган Сарыкунандын көп кырлуу төкмөлүк дүбүртү күчтүү эле. Чүйгө келип, барган жери таң-тамашага, тойго айланып, «Сарыкунан келди...» делип уу-дуу болуп турган чагы. 1930-жылдын башында Чымкоргонго айылдык советтин катчысы болуп дайындалат. Чоң өнөрүнө күчтүү даңазасы, ага сөөлөттүү кызматы эриш-аркак келип «тфу – деген түкүрүгү жерге түшпөй турган учур. 1932-жылы коңшулаш казактарда катуу кургакчылык болуп, анын соңу элди ачкачылыкка алып келет. Көптөгөн адамдар самсып кыргыз жергесин байыр ала башташат. Ошондо бир ай жаркын келин Чымкоргондук Байгазы деген чалдын үйүнө туруп калат. Мунун баарын Сарыкунан өзү С. Закировго берегиче айтып берген экен: «Мен аны көргөндө эле («сакап») ашык болуп калдым. Турсам оюмдан, жатсам түшүмдөн кетпейт. Мурда шарактап оюн-күлкүнүн ичинде жүрүп, үйлөнүү оюма келбептир, аны көргөндөн кийин кандай да болсо жетүүнү самап калдым. Мингеним жорго, жанымда жулунган эки жолдошум бар. Ким менин сөзүмдү укпайт деп көөп турган учурум. Келинге кеп айттым, болбоду. Кусалык кумарым мурункудан да артып, жабыштым да калдым. Жай өтүп, күз болду, күз өтүп, кыш болду, кыш өтүп жаз болду. Бирок, жылыш жок. Ошентип жүргөндө оюма бир обон келип, ага кошуп ыр чыгардым. Бул ырым керекке жарады. Анын таш жүрөгү эриди. Баш коштум. Аны менен болгону үч жыл жашадым: Бирок, ошол үч жыл – өмүрүмдүн шам чырагы болуп калды. Кайгырсам да, кубансам да ошол мезгилим ойго түшөт. Аны мен такыр унута албадым...

Кийинки жылы эркек балалуу болдук. Кубанычыбыз, сүйүүбүз мурдагыдан да артты. Балабыз басып калган, ошол маалда үйүбүзгө конок келип калды. Баягы жандай

көргөн эки жолдошум бар. Конокторго козу союп, этти кемегедеги казанга салып, тезек калап койгонбуз. Мен конокторго ырдап отургам. Аялым камыр жууруп жаткан. Ошол мезгилде эшиктен «чырр» деген баланын үнү угулду. Чуркап чыксам темтеңдеп басып жүргөн балам кайнап жаткан казанга түшүп калыптыр... Ошентип балам өлүп калды, баланын күйүтүнө чыдабай, алты айдан соң аялым өлдү. Мен жинди болуп кете жаздадым. Ал унчукпай калды. Көптө барып кана: – Баланын өлүшүнө мен, менин ырым себеп болду. Менин ырыма алаксып, баланы караган киши болбоду. Аттиң ай, чоң бакыт көпкө созулбайт экен. Бакыттан кийин чоң кайгы келди. Мен жанымды коерго жер таппай тентип кеттим. Барбаган жерим, баспаган тоом калган жок. Анжиян, Арканын жерин бүт кыдырдым. Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан, каракалпактарга да бардым. Бардык жерде мени жүрөгүмө баткан кайгы, өлбөгөн элес кубалап жүрдү. Качан гана денемдеги жаштык кубаттын толкуну кайта баштаганда (кырктын кырына жакындаганда) өзүм да алсырагандай болдум. Өмүргө тобо кылып, акын Токтогулдун жерине келип жашоону чечтим...»[8]. Ар элде жүргөндүгүнөн улам ал орусча, казакча, түркмөнчө, өзбекче ырларды да куду өзүлөрүндөй так аткарчу экен. Орусчаны түзүк сүйлөп, жаза билген.

Ал өз башынан ушинтип чоң сүйүүнү, аркасы трагедиялуу бүткөн оор тагдырды өткөрүп, аны көтөрө билген чыдамдуу адам. Анын өзүнө өзү ант берип, отуз жылдан ашуун колуна комуз алып, таптакыр ырдабай, асыл өнөрдөн, шайыр чөйрөдөн, элден четтеп, өзү менен өзү болуп, эч кабарсыз дымып калышы ушундан улам болгон. Отуз жыл – бир өмүр. Ушунча жыл аралыгында айрыкча өнөрлүү адамдын чыгармачылыгында эмне деген гана олуттуу чоң окуялар болуп өтпөйт. Ошентип, омогу Осмонкулга жакын турган Сарыкунандай даңшаарлуу төкмөнүн адам тамшанаарлык ырларынын, ар кыл чыгармаларынын эли үчүн кыйла жыл бою белгисиз болуп калышына ушул кайгылуу окуя түздөн түз кедергисин тийгизген.

Айтылуу Токтогулдун 100 жылдык тоюнда Кетмен-Төбөлүк ырчылардын ичинен атайы тандалып (Бирок,

зорго макулдугун берип) Сарыкунан жарчылык кылган. Жарчылыкка ырчылардын элге атагы чыккан, күчтүүсүн коерлугу белгилүү. Чынында, кыйла жылдап ырдабай калган Сарыкунан үчүн он беш союздаш республикадан аттуу-баштуу меймандар келген союздук маанидеги жер дүңгүрөткөн мындай чоң тойдо жарчы болуу оңойго турбаптыр. «Менин ордумда баланча акын эмне деп ырдайт эле? Түкүнчө акын кандай айтмак?» деп, аларды алдыдагы тойго жарчы кылып ырдатып көрүп, көңүлүнүн тереңинде алар ме-нен акындык эрөөлгө чыгып жүрдү. Мына ушундай кысталыш учурда өзгөчө өзүнүн сүйүктүү устаты айтылуу Калык Акиев чоң жардам берди: «Какем болсо, моминтип эле айтып салмак, бах-х, ыр эмес бекен! Ырас да! Анан сөздөр кошулуп, кайдан-жайдан чогулуп, кагаз бетине чубуруп кирип, көгөндөлүп жатты...»[9].

Тоодо туулуп, элде өскөн,
Тобурчак элең талбаган.
Топ жыйынды көргөндө,
Токтолуп туруп калбаган.
Торгойдой сайрап отурсаң,
Тойдук деп эч ким канбаган.
Көп эле акын элде бар,
Токтогул болмок күн кайда.
Толгосом кайруум жетишпейт,
Торгойдой мукам үн кайда.
Тогуз күн аксаң бөксөрбөс,
Толкуну элең көл-дайра.
Айтканы накыл табылгыс,
Акын жок сиздей эл-жайда.
Калк кадырлап, журт сыйлап,
Канчалык жерден эл келди,
Келген эл батпай өзөнгө,
Кетмен-Төбө термелди...

Акындыктан, ыр жактан,
Атагың калды артыңда.
Совет өкмөт болбосо,
Ким жетмек сенин баркыңа?

Ильичтин шамы жагылып,
Илимдер өстү жаңырып.
Келечектин жыргалы,
Кетмен-Төбө көлү ушул.
Талаасынан, тоосунан,
Табылып жаткан кен ушул.
Көргөнүмдү жашырбай,
Көркөмдөп айткан мен ушул.
Көрсүн деген элиңе,
Көп экен Током камылгаң.
Табышты изилдөөчүлөр,
Башбакты азбиз Арымдан.
Талаанын көркүн жашылдап,
Дайрадан канал алынган.
Айылда болсун кыштакта,
Асфальттап жолдор салынган.
Тоо-таштын баары баш ийди,
Токтогул... атак, багыңдан.
Эскилик күндүн бири жок,
Эл турмушу жаңырган[10].

Ырына караганда ал улуу устаты Токтогулдун арбагы ыраазы болсун деп колунун келишинче берилип, балкып ырдаган экен. Ар жерден келген миңдеген адамдардын алдында өзүн эркин сезип, Токтогулга окшоп ыгын таап бирде орусча, бирде казакча, өзбекче, же түркмөнчө ырлардан айта коюп, жарпты жаза күлдүрүп, элди, меймандарды да «баракелде, талантыңа», «бали» дедирип жагымдуу ыр, күлкү менен карк кылыптыр. Атаганат, ошол күндөр ичинде ырчы сөз берметтерин төгүп уккандарды кубандыра, ойлондура, бирде ынандыра не бир жагымдуу ыр тизмектерин чубагандыр...

Ошентип, Токтогулдун тоюндагы «жарчылык» Сарыкунандын качантан бери унутта калып кеткен төкмөлүгүн кайрадан жандандырып, бир учурда өзүнүн акындык бар дараметин эл алдында көрсөтүп алууга шарт түзүптүр. Ушундан кийин, ал кайрадан төрөлгөндөй болуп, өз жүзү менен элине кайрадан таанылган. Ал тууралыгындагы буга чейинки «имиш-имиштердин» тууралыгы да ошондо

жүзөгө ашкан. «Курманбек», «Жаныш, Байыштай» эпос, дастандарды Сарыкунандан жазып алуу иши мына ушундан кийинки (1965-жылы) мезгилге туура келет.

Айрым маалыматтарга караганда Сарыкунандын устаттары Калык, Токтогул сыяктуу чоң ырчылар менен ырдашкан алым сабактарынан тышкары бирин-экин айтыштары да болгон өңдүү. Азырынча Ысмайыл ырчынын эскерүүсүндөгү Каракунан экөөнүн айтышып кеткендеги ыры гана белгилүү.

Бир жылы (бул, Сарыкунан Калыктын колунда жүргөн 1925–1926-жылдар болуу керек. А. О.) Соң-Көлдө чоң той болуп, ага Ат-Башы, Нарын, Чүй боорунан элдер келип, күлүктөрү чабылат. Бул тойго келген Калык ырчы эл алдында Сарыкунан менен Каракунанга кайрылып, «жарчылык» кылгыла дейт. Экөө жарчы болуп, Каракунан ар жерден келген күлүк аттар туурасында айтып келатып, өз тарабынын аттарын ашыра мактап, Чүйдөн келген күлүктөрдү кемсинте:

Илепестин Керкашка,
Кочкорлуктун малынан,
Кооптуу күлүк абыдан.
Табына келсе тайгандай,
Эшик-төрдөй аңдардан,
Эргип өтөт тайманбай.
Желгенине жел жетпей,
Жейрендей жөнөйт басканда.
Алдырмак беле байгени,
Ак өлөң жеген аттарга.
Көргөмүн Чүйдүн аттары,
Көк шыбак жеп жатканын.
Келе турган иш эмес,
Керкашка менен чапканы.
Керкашкага илээшип,
Келалбайт Чүйдүн аттары –

деп ырдаганына Сарыкунан тырчый түшүп, ага берегидей келтире жооп берет:

Каракунан токтогун,
Катуу кеттиң окшодуң.

Ээрдей бир бел ортобуз,
Элди элге кошподуң.
Жеп көңүлүң калгансып,
Жердин чөбүн козгодуң.
Көп жерде байге бербеген,
Көгала ат бар солтодо.
Алтымыш тогуз ат чапса,
Алды болуп келди эле.
Ай туяк жамбы казактын,
Алтынын алып берди эле.
Келишкен Чүйдүн аттарын,
Кеп эмес ушул айтканың.
«Буудандын өзү экен» деп,
Буденный көрүп жактырган.
Орозбеков аксакал,
Айлык берип бактырган.
Бул да Чүйдүн аттары,
«Карачы кыргыз аты» деп,
Жалпы Союз мактады.
Курдашым Каракунаным,
Бедеге Чүйлүк бай болот,
Берсе малга май болот.
Көк беденин ыраңын,
Көрө элек жүргөн убагың.
Укмуштуудай жашыл чөп,
Уга элек сенин кулагың.
Айтканга көөнүң ынанбайт,
Атаңан барып сурагын[11].

Экөө катуулашып бараткандa Калык ортого түшүп тыйып коет. Өзүмчүлдүк орун алган менен Каракунандын жамагы деле салмактуу. Бирок, Сарыкунандыкы эл-жерди бөлүп-жарбай, аттарга кыргыз элинин кызыкчылыгынан мамиле кылып жаткан калыс, чынчылдыгы жана ар сөздү таап сүйлөгөн эпчилдиги менен артыкчаланып турат. Сарыкунан өз күчүнө, чеберчилигине, талантына ишенген ырчы үчүн фольклорист окумуштуулардын: «Биз, төкмө акындык күчүңүздү байкаш үчүн, сизди Ы. Борончиев, Э.Турсуналиев, Т. Тыныбековдой ырчылар менен айттыш-

тырып көрөбүз» деген суроосуна: «Менин каршылыгым жок. Бирок, биринчи алар баштасын, ар жагын көрө жатарбыз» деген. Тилекке каршы, көп өтпөй атактуу төкмө өмүрдөн өтүп кетип, окумуштуулардын бул тилеги орундалбай калган...

Сарыкунандын колго илинер ыр мурастары эң эле аз болгондуктан, анын чоң ырчылардан экендигин кадиксиз далилдеген жагы – айтуучулугу. Чынында эле Сарыкунандын өнөрүнүн алптыгы дал ушул дастанчылыгынан, айтуучулугунан таасын айкындалган. «Кедейканды» Сарыкунандан эч кимиң талашпагыла» деп, Токтогул жетик баа берген учурда ал жыйырма жашта гана болгон. Ал устатынан айтуучулуктун бардык жол-жобосун Калыктын өзүндөй эле даражада мыктылап өздөштүргөн. Буга тубаса шыгы, айтуучулукка ыктап турган өздүк симпатиясы жана көшөрө изденүүчүлүгү далма дал келип, натыйжада ал элди тамшандырып, чоң чеберчиликте айта алган ири айтуучулук деңгээлге көтөрүлгөн. Кийин, чыгармачылыгы өксүп, кыйла жылдап айтпай калган күндө да баштагы басыгынан жаңылбай, кайра турмуштук көз карашы артып ал айткан «Курманбек» бул эпостун өздүк чеберчиликке ээ мыкты вариантына айланган. Устаты Калыкка окшоп Сарыкунан дагы эпостун ар учурун ар башка обон менен б. а. «Курманбекти» үч, «Жаныш, Байышты» төрт обон менен аткарган.

Албетте, «Курманбекти» эл ичинде айтылып келген «имиш-имиштен» бар тарабынан жетик чыккан баатырдык эпостун классикалык үлгүсүнө көтөрүп чыккан Калык. Жакшылап үңүлүп көрсөк Калыктын «Курманбегин» Сарыкунан дагы кыйла жаңылаган. Сарыкунандын устатын түзмө-түз туурабагандыгы анын варианты менен таанышкан адамга өзү эле белгилүү болот. Сарыкунанда эпос Курманбектин калмактардан алым алаар убагынан эки ай (Калыкта үч ай) өтүп кетип, атасынан Телтору атты суратып жаткан убагынан башталат. Бул вариантта Тейитбектин уулуна ат бербей коюшуна ата-баланы бөлүпжарып, барыдан мурда жаш өгөй энеси себепчи болот. Сарыкунанда:

Азаптуу апам өлбөсө,
Алыстайт белем куу чалдан.
Ак жолтоюм Телтору,
Ажырайт белем тулпардан
Өгөй энем шум экен,
Өз билгенин бербеген[12] –

деп баяндалат. Калыкта Тейитбектин жаш токолу жөнүндө сөз болбойт. Бирок, бул абдан ынанымдуу чыккан. Сарыкунандагы дагы күчтүү чыккан эпизоддордун катарына Курманбектин жараланып жаткан оор абалын кошууга болот. Мында адамдардын адамдыгы менен катар пастыгы, эрдиги жана коркоктугу, акылдуулугу жана эссиздиги, жоомарттыгы жана сараңдыгы, кең пейилдиги жана көрө албастыгы өңдүү карама-каршылыктуу жагы сынга түшүп, айрыкча Курманбектин арманы менен Тейитбектин кандай адам, ким экендигине чекит коюлуп, Телтору аттын баасы анык билинип, кыйын кезде кырк жигиттин кырк тыйынча пайдасы тийбеген арамдыгы, өзүнүн «жалгыздыгы» кайрыкталып, өзүнчө эле «Көкөй кестидей» күү болуп чертилип, айрыкча Курманбектин психологиялык түйшөлүүсү тимеле ички чыңалуулардын апогейине чыккан.

Эки ийни, башы көрүнүп,
Эси ооду терге чөмүлүп.
Тектирчеде олтурат,
Тең жарымынан көмүлүп.
Чыгамын дейт чыга албайт,
Чыгаар айла кыла албайт.
Бел байлап кыйла обдулат,
Белин тартып тура албайт.
Көрүп кармай калды эле,
Көк шыбак кетти жулунуп.
Аракет кылып кол созсо,
Акырек жарга урунуп.

Бул мезгилдерди айтуучу өзү башынан өткөргөндөй эң ишенимдүү сүрөттөгөн. Эртеби, кечпи ар адамдын «мен эмнеге жеттим да, эмнеге жеткен жокмун, деги мен киммин» деп өзүнө өзү отчет берчү учуру келет бейм. Береги эпизодду жеңилишинин себеби башкада экендигине кара-

бай Курманбектин өзүнө өзүнүн берген туура сын баасы (Курманбек жараланып жатканда чын эле ушинтип арман кылгандай туюлат А. О.) дешке болот:

Өлүм ушул экен деп,
Өксүгөн куу жан кетер деп,
Өзүм баатыр, эрмин деп,
Ойлонушуң бекер кеп.
Коктусу терең кош аңдан,
Бели үзүлдү атымдын.
Эңишкен жоого алдырдым,
Эминеси баатырмын.
Кемерче аңдан чыга албай,
Кемирейип жатырмын.
Аталаштар бар эле,
Айрылбады кантейин.
Атасы башка кырк жигит,
Кайрылбады кантейин.
Энелештен жок эле,
Ээрчибеди кантейин.
Эсине кирип жалгызым,
Телчибеди кантейин.
Эгем, талаа, бул шорду
Энчиледи кантейин.

Сарыкунандын вариантында мындай күчтүү сүрөттөлгөн окуялар, мерчемдер жыш. Ал өзүнүн таланттуу төкмөлүгүнө, арымдуу айтуучулугуна салып Курманбекти тирүү калган жерин, атасы Тейитбек туурасындагы, о. э. Курманбек менен Аккандын бузулгус достугун чагылдырган, дагы бир катар эпизоддорду чебер айтуучу болгон үчүн (М. Мусулманкулов менен Шамшы комузчунун вариантына окшош жерлери да бар) кыйла алымча, кошумчалап айткан.

Айрым убактарда ал эпосту баяндоо менен катар өзүнүн жеке тагдырын сүрөттөп кеткен учурларына туш болобуз. Курманбек атасынан Телторуну ала албай шаабайы сууп өз ордосуна келгендеги сүйгөн жары Канышай менен сүйүктүү уулу Сейитбектин Курманбекти кучак жая тосуп алган береги эпизодду Сарыкунан өзүнүн ай чырайлуу казак аялы менен чарчап калган өз уулун элестетип жазган өңдүү:

Атага бала жарашып,
Алганы басып жанашып.
Колтугунда буралып,
Колоң чачы чубалып.
Аман келди төрөм деп,
Айдай жүзү кубанып.

Карчыга моюн, жайык төш,
Катындан чыккан кара көз.
Акылы да, өңү да,
Адамдык сыпат, жөнү да,
Ай чырайлуу, ак маңдай,
Аялдан башка келбети.
Ак жүзүнө жарашкан,
Алкымда жакут, бермети.
Бардык жактан келишкен,
Баскан, турган сөөлөтү.
Алганы болсо ар кимдин,
Аманат жандын дөөлөтү.

Мындан сырткары, Калыкта кара сөз менен айтылган жерлерди Сарыкунан ыр менен келтире баяндап кеткен.

Калыктын айтуусундагы эпостун башталышындагы Курманбектин калмактарды каратып алышы, Аккан менен дос болушу, Бакбур кандын кызы Канышайга үйлөнүшү өңдүү окуялар жок экендигине карабай Сарыкунандын «Курманбегинин» көлөмү Калыктыкына тете келет. Тейитбектин жаш токолу жөнүндөгү баян, калмактар Курманбектин башын кесип алаардагы табияттын кар борошолоп, көз ачырбаган алааматы, Курманбек жараланып жатканда Аккандын досун кыйла машакат менен аман алып калуусу өңдүү окуялар Калыкта жок. Ошентип, Сарыкунандын «Курманбеги» анын устаты Калыктан кем түшпөгөн алп айтуучулугун далилдеген бул эпостун эң күчтүү вариантынын бири. «Курманбектин» Сарыкунандын өзүнүн айтуусунда толук бойдон радионун алтын фондусуна жазылып калышы да элдик маанидеги олуттуу иш.

Сарыкунан айткан «Жаныш, Байыш» эпосу туурасында сөз кылганда деле анын өз бетинче айтуучулугун та-

нуута болбойт. Мында да Калыктагы кара сөз менен баяндалгандар ырга айлантылып, анын өздүк айтуучулук чеберчилигине баш ийип, бир катар алымча, кошумчалары менен баяндалган. Бирок, ал эпосту толук айтып берген эмес, ошол себептүү көлөмү аз. Сарыкунанда эгер кара көңүлү кармаса өз оюн бербеген өжөр, кээде кежирлик мүнөзүнүн болгондугу байкалат. Ырчынын төл мүнөзү менен төкмөлүк өзгөчөлүгүн устаты Калык өз убагында эле минтип так кесе, төп сүрөттөп койгон экен:

Сарыкунан Солтодон,
Сайрап чыккан ортодон.
Аземи коңур үнү бар,
Алыска чапчу түрү бар.
Айтыша келген акынга,
Арыстандай сүрү бар.
Кырс мүнөзү келгенде,
Кыйнасаң да ырдабай,
Кармап калчу жини бар[13].

Ал эми береги маалыматта Сарыкунандын көңүлү ордунда турган кездеги жагымдуу маанайы, акындык, адамдык өзгөчөлүгү, чыгармачылыкка болгон мамилеси, эмгекчилдиги толук камтылган. «Өмүрүмдө кесел болуп, жаздыкка баш коюп, ооруканада жаткан жан эмесмин» дечү ал. Ошондон болуу керек, дайыма кабагы ачык, көңүлү көтөрүңкү жүрөр эле. Басса-турса жамактатып, фольклордук чыгармалардагы көркөм образдар менен салыштырууларды орошон пайдаланып, эң элестүү, так, логикалуу сүйлөөчү. Капа болуп, же бир нерсеге наараазы болуп турса да анысына маани бербеген кишидей астейдил куудулданып, кулжуңдап, элди күлдүрүп, өзү мостое калып, маашырланып карап калчу. «Тигини билесизби, муну билесизби?» десек, кыйыктанбай билгендеринин эң кызыктуу жеринен шатыратып жатка айтып берчү. Болбосо, «жок, уккан эмесмин» деп так кесе жооп берчү. Дайыма комуз менен ырдаса да комуз көтөрүп жүргөндү жактырчу эмес. Сарыкунандын дагы бир артыкчылыгы – ал өзү билген, же уккан чыгармаларын эске түшө калганда ошол замат кагазга түшүрүп, аны көчүрүп, чогултуп жүргөндүгүндө

эле. Өтүгүнүн кончунан бүктөлүү дептер, чөнтөгүнөн калемсап үзүлчү эмес. Ал мындай жакшы адатты дагы эле болсо устаты Калыктан үйрөнгөн экен»[14]. Сарыкунандан жазылып алынган көлөмдүү эпикалык чыгармалардын ойдогудай жетик иштелген күчтүүлүгү да (кээде толук эмес экендигине карабай) улам оңдоп-түздөп, жаза билгендигине байланыштуу.

Фольклор жыйноо тарыхында бир эпосту бир акындан эки жолу жазып алган фактылар аз. Окумуштуу Б.Кебекова: «Мында бир кызыктуу нерсе Сарыкунан эки жолкусунда (1965, 1967-ж.ж.) эки башка айткан. Айрыкча экинчиси көркөмдүгү жагынан кескин айырмаланат. Алгач жаздырышында солгунураак айтып, айрым өзгөчөлүктөрүнө карабастан К. Акиевдин вариантынын чегинен көп чыга албаган болсо, кийинки айтышы өзүнүн биринчи жаздырышынан кескин айырмаланып, өз алдынча вариантты түзөт»[15] – деп Сарыкунандын айтуучулук, ошол эле учурда жаратуучулук өзгөчөлүгүн туура белгилеген.

Сарыкунандын ашкан чебер дастанчылыгы, айтуучулугу ал айткан «Карагул ботом», «Ак Мөөр» поэмаларынан деле так кесе айкындалып турат. Жантай Мөөрдү ала турган болгондо беш жеңесинин жардамы менен көшөгөнүн ичине Болотту алдырып кирип алып Мөөрдүн айтып турганы:

Бой тумарым үзүлдү,
Болбойт деп жүрдүм түшүмдү.
Боруму таштай каткан чал,
Боздотту сендей кишимди.
Боорукер кудай жок экен,
Болбоско берди ишимди.
Анда Болот:
Сен айылда баккан элигим,
Ай-күнү элең элимдин.
Аман бол, кайда жүрсөң да,
Акыреттик шеригим.
Ак Мөөрдөй сулуудан,
Ажыратты теңирим[16].

Сарыкунан өз башынан оттой ысык ашыктыкты, айыкпаган арманды бирдей кечирген улуу акын болгон үчүн

өзү айткан эпос, дастандардагы кубанычтуу учурларды, ак сүйүүнү, же өкүнүчтүү кайгыны жерине жеткире таасын баяндоодо өткөндөгү турмуштук тажрыйбасы чечүүчү күчкө ээ болгон жана ал мындай мерчемдерди өзү кошо аралашып жүргөндөй жандуу аткарган. «Ал түгүл, Мөөрдү Жантай алып кетип жатканда минтип ырдаптыр деп, үнү каргылданып, көзүнөн жаш тегеренип ыйлап турду:

А, Мөкөм, күмүш тилдүү, күн жүздүү,
Күндө көрсөм жылдыздуу.
Күн чырайлуу жамалды,
Күйгүзүп Жантай чал алды.
Күйүтүнө мен калдым,
Күйсөм оо, сендей табамбы?» –

деп эскерет С. Закиров.

Ошентип, ар ырчынын ар башка таланты, өзгөчөлүгү жана тагдыры бар. Сарыкунандан өз артыкчылыгын айкындаган төкмөлүк мүнөздөгү арбын ырлар калбаганы менен эң негизгиси таланттуу төкмөлүгүн, Калык, Саякбай өңдүү чоң масштабдагы айтуучу, жаратуучулугун таасын далилдеген «Карагул ботом», «Ак Мөөр» дастандары, «Жаныш, Байыш», «Курманбектей» (Андан, өзгөчө мыкты айткан «Кедейкандын» жазылып калбагандыгы абдан өкүндүрөт А. О.) эпостордун кайталангыс үлгүлөрү жазылып калды.

Жыйынтыктаганда, аянычтуу тагдыры бар Сарыкунан Дыйканбай уулунун кыргыз ырчылар поэзиясында даңазалуу төкмө, ири айтуучу катары сыймыктуу өз орду бар.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Абдракунов Т.* Калыктын шакирти//Ала-Тоо. № 11, 1971.

[2] Аталган журналда. 147-бет.

[3] Аталган журналда. 148-бет.

[4] Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 1996. 390-бет.

[5] Аталган журналда. 148–149-бет.

[6] *Бердибаев А.* Тандалмалар. – Ф., 1976. 115-бет.

[7] Токтосун. – Б., 1997. 128-беттер.

[8] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. – Б., 1996. 384–401-беттер.

[9] Аталган журналда. 146-бет.

[10] Мындагы ырлар аталган журналдан жана С. Закировдун «Жарчы» («Путь к знаниям» 3.X. 1989) макаласынан алынды (А. О.)

[11] *Борончиев Ы.* Мекеним. – Ф., 1980.

[12] «Курманбек», «Сейитбек». – Б., 1988. Келтирилген мисалдар ушул жыйнактан алынды.

[13] Токтосун. – Б., 1997. 115-бет.

[14] Аталган журналда. 150-бет.

[15] Жаныш, Байыш. – Б., 1995. 24-бет.

[16] Борбордун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 820.

## СООРОНБЕК ЧОЙБЕКОВ
*(1908–1982)*

Кыргыздын акындар поэзиясынын коруна өз салымын кошуп, акын катары таанылып, ак таңдай төкмө акындар менен үзөңгүлөш өмүр кечирген Сооронбек Чойбековдун чыгармалары жанрдык жактан ар түрдүү, мазмун жагынан көп түстүү. Ал өз талантын элдик лирикадан, санат-насыят, терме ырларынан, айтыш өнөрүнөн, айтуучулуктан сынап көргөн. Акындык өнөрдүн жоопкерчиликтүү жүгүн татыктуу моюндаганын акындын чыгармачылыгынан байкоого болот.

С. Чойбеков 1908-жылы азыркы (мурдагы Киров) районуна караштуу Чимкент айлында туулган. Өзүнүн балалык чагы тууросында:

Туулуп эсейгенден бери карай,
Башымдан эчен турмуш өттү далай.
Жашымдан ата-энесиз жетим калып,
Кой багып, уй кайтарып, болдум малай.

Үстүмдө жыртык чапан, жыртык чокой,
Жашоодо мындан артык жыргал жоктой.
Кышкысын бороон согуп, кар жааса да
Жаш экем, жүрө берген сезип койбой[1]–

деп жыртык чокой, жыртык чапанды кийип, бороон, карды сезбей, мындан башка, мындан артык жашоо болору түшкө кирбей балалыгы өткөнүн өтө элестүү берген.

Балалык чагын баяндоо, эскерүү салты көпчүлүк акын-жазуучуларга мүнөздүү болуп эсептелет. Бул сыяктуу ырлар жеке адамдын турмушун сүрөттөө аркылуу ошол акындын балалыгы туш келген доордун көйгөйүнөн, элдин жа-

шоо турмушунун ал-абалынан кабар берет. Оор турмуштун катаал түйшүктөрүн баштан кечирип, акыры социалисттик түзүлүш орноп, илим-билим алууга шарт түзүлөт.

Акындын ырчылык таланты эрте ойгонот. Элдик оозеки чыгармачылыктын бешигинде чоңойгон акынга «табышмак, жомок көп айтып, кез-кезде таңды атырган» атасынын тийгизген таасири да чыгармачылыгынын өсүшүнө түрткү болгон. Башка акындардай эле С. Чойбеков да алгач күйгөн, секетбай ырларын ырдап чыгат. Мисалы «Ким сулуу», «Аялдарга», «Жеңелерге», «Чабан келинге» аттуу лирикалык ырлары эмгек, сүйүү, махабат, аруулук, сулуулук сыяктуу философиялык категориялардын маани-маңызын туюндурган ырлардан болот.

Акынды чыгармачылыгынын жаралуу, өсүү, калыптануу мезгили совет дооруна туш келгендиктен, анын чыгармаларын профессионал кыргыз адабиятынын салтынан, социалисттик идеологиядан бөлүп кароого болбойт. Жаңы түзүлүштүн түрдүү көрүнүштөрүн, элдин социалдык-коомдук абалын, коммунисттик мораль, этика, жаштардын жүрүм-туруму туурасында ар түрдүү үгүт, насыят ырларын жазат.

Өлкөбүз кайра жаңырды,
Фабрик, завод салынды.
Социалисттик элимдин,
Пайдасына багынды.

Жалгыз аяк жол калып,
Жайкалган жайык жол салып.
Жарышып чуркайт автобус,
Түнкүсүн жарык от жанып[2].

деген сыяктуу социалисттик түзүлүшкө чейинки элдин примитивдүү жашоо образы менен жаңы замандын прогрессивдүү жаңылыктарын салыштыра ырдоо акындын чыгармаларынын ичинде басымдуу орунду ээлейт.

Элдин жашоосунун алдыга жылышы, бакытка толгон маанайы акындын көңүлүн көкөлөтөт. Андан ары илимдин, техниканын өсүшү менен акындын ырларынын тематикасы да байыйт. «Спутник айга конгондо», «Бактылуу менин кыргызым», «Таластын калкы дүркүрөп», «Кыр-

гыз элим» деген ырларында экономикалык саясий жактан көз карашы калыптанган элдин жашоосу сүрөттөлөт. С. Чойбековдун бул ырларынан образдуу сүрөттөө, сюжет куруу ыкмалары ачык көрүнөт.

Жайлоосу салкын келишкен,
Мал чарбасы өнүккөн.
Койлордон арбын жүн кыркып,
Өлкөмө эт, сүт беришкен,

деген ырлардан кыргыз элинин ток пейил турмушун оңой эле элестетүүгө болот. Ошону менен катар ар түрдүү кесиптин ээлеринин күжүрмөн эмгегин ырдап, элине, жерине болгон сүйүү, сыймык, суктануу патриоттук духта берилет. Патриоттук дух демекчи Улуу Ата Мекендик согуштун болушу бул форманын акын, жазуучулардын чыгармачылыгы-нан терең орун алышына себепчи болду. Ураан, чакырык формасындагы ырлар элди, жерди жат душмандан коргоо, ата мекенди сүйүү, жеңиш тууралсында болуп, согуш темасына чыгармачылык менен мамиле кылууга түрткү болду. Согуш темасын С. Чойбеков башка акын-жазуучулардан өзгөчөлөнүп жазган деп айтууга болбойт. Бирок, жалпы элдик трагедиянын акын үчүн өзгөчө мааниси бар эле. Акын Улуу Ата Мекендик согушка 1942-жылы барып, 1944-жылы бир колунан ажырап аман келет. Ал согушту өз көзү менен көрдү. Ошого карабай согуш темасындагы ырлары азыраак.

С. Чойбековдун чыгармачылык өнөрканасын башка төкмө акындардын, айтуучулардын чыгармачылыгы менен байланышта кароо абзел. Анткени акын Токтогул баш болгон Алымкул, Айдыралы, Осмонкул жана Талас аймагындагы айтыштарга келген казак акындары менен жолугушуп, сабак алып, таасирленген. Токтогул менен жолугушу жөнүндөгү эскерүүсүн келтирели: «Токтогулга» 14 жашымда азыркы Киров району, Фрунзе колхозундагы Шербек деген кишиникинде биринчи жолуктум. Анчамынча эл арасында ырдап жүргөн элем. Токтогулдун ырын уксам деген үмүт менен үстүнө кире калсам, мени билгендер: «Кана эми, уялбай Током менен учурашып кой»,– деп жаалап калышты. Ошондо мындай деп баштадым:

Токо, жашым менин он төрттө
Токо, сизди жолуктурдум Тоң төрттө
Токомо барсам экен деп,
Эңсечи элем кез-кезде.
Акын болор бекем деп,
Тилеп жүргөн кезегим,
Аксаргыл басып бетимди,
Түлөп жүргөн кезегим
Атаке сизден сурарым:
Акын болор бекен деп,
Ашыгып жүргөн убагым.
Токо, акындан сынчы жан элең.
Акыбалымды сынагын[3].

Токтогул жаш балага акыл-насаат катары:

Ашыкбай чурка тай, балам,
Ашыкпай сүйлө жай балам.
Жай таштап жүгүрсөң,
Түбү сүрүп чыгасың
Катуу чуркап үйрөнсөң
Бутуңа зыян кыласың.
Эмитен минтип калыпсың.
Жакшы эле жолго салыпсың.
Тартынбай ырдай бер сен балам
Талас элиң таанышсын[4]–

деп көңүлүн көтөрөт. Осмонкул менен согуштун мезгилинде, андан кийин да бир канча ирет жолугушуп, ырдашып жүрүшөт[5].

С. Чойбеков элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасынан сугарылган акын. Ал эл оозунан, акындардан не бир көркөм, философиялык, турмуштук мааниси терең көркөм дөөлөттөрдү укпады. Ошолордун бири «Нарикбай» поэмасы.

С. Чойбеков «Нарикбай» поэмасын Бегадыл деген казак акынынан 1924-жылы угуп, кызыкканынан анын жанында таң атканча отуруп үйрөнгөн. Ошондо Чойбеков он алты жашта экен. Кийин көп жылдар бою эл арасында айтып жүрөт. 1968-жылдын 15-декабрынан 1970-жылдын 11-июнуна чейин өз колу менен кагаз бетине түшүрүп,

(бардыгы 3002 сап, 141-бет) адабиятчы Ж. Таштемировго берип жиберет[6].

«Нарикбай» поэмасы ногой, казак, каракалпак, башкыр, Крым, Казан татарларында жана кыргыздарда да айтылат. Жогоруда саналган элдерде «Эр Чоро», «Шора», «Шора батыр» аталса, бизде негизги каармандын бири Нариктин атынан «Нарикбай» делет. Чоро – тарыхта болгон адам, Крым хандыгынын князы[7]. Карамзиндин леписинде Казандагы согушта Крымдан келген Чоро дегендин 1546-жылы өлтүрүлгөндүгү маалымдалат. Айрым тарыхый материалдарга караганда, Крым, Казан хандыгында жергиликтүү князь төрөлөр менен орус империясынын ортосундагы чыр-чатакка да катышы бар көрүнөт[8].

Шора Нариков тарыхта белгилүү адам болгонун бир кезде өзүнүн изилдөөсүндө С. Сейфуллин да эскерген. Башка илимпоздор да ушул ойдун чындыгын бекемдешкен. Алсак, татар фольклористи Ф. Урманчеев «О происхождении баитов»[9] деген макаласында Чоро жөнүндө татар фольклорундагы ырлар тарыхта жашаган адамдын каармандык образынан жаралгандыгын далилдеген.

Филология илимдеринин доктору, профессор, казак окумуштуусу Рахманкул Бердибаевдин[10], Мухтар Ауэзовдун[11], В. М. Жирмунскийдин[12], В. В. Восторов, С. М. Муканов[13] ж. б. көптөгөн окумуштуулардын эмгектеринде Чоро баатыр тарыхта болгон инсан экени изилденип, такталган.

Мына ушундай фактылардан кийин Нарикбай уулу Эр Чоро тарыхтын белгилүү бир мезгилинде жашаган, элге белгилүү тарыхый инсан болгон деп айтууга толук негиз бар. Ошол инсандын тегерегиндеги тарыхый чындык кылымдан кылымга элдин эсинде аңыз болуп айтылып отуруп, көркөм чыгарманын пайда болушун шарттаган. Ал эми ал тарыхый кырдаалды чагылдырган окуя канчалык даражада алгачкы нугун сактагандыгына, кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгондугуна элдик оозеки чыгарманы жаратуучулар, мезгил, доор, чөйрө, коомдук саясий өзгөрүүлөр, диний көз караштар сыяктуу турмуштук факторлор себеп болгон. Натыйжада «Чоро баатыр» чыгармасы-

нын түзүлүшүнө жогоркудай Чоронун өмүр баянындагы реалдуу окуя (Крымдан Казанга барышы, ал жерден бийлик жүргүзүшү, каза табышы) негиз болуп, ошонун натыйжасында анын айланасында аңыз-аңгеме түзүлгөн.

«Нарикбай» поэмасынын казак, кыргыз, башкыр, татар, ногой, кара-калпак, чуваш элдеринде бир канчадан версиялары жана Шора баатыр жөнүндөгү ыр, аңыз-аңгемелер жолугат. Алардын бардыгы Нарик уулу Чоронун айланасындагы окуяларга байланыштуу. Ар бир өз ара жалпылыгы айырмачылыгы, өз алдынчалыгы менен фольклордук чыгарманын жүгүн көтөрүп турат.

Айтуучулардын маалыматына караганда поэма кыргыздарга казак ырчы-акындары аркылуу өткөн. Анткени казак-кыргыз элдери илгертеден коюу аралаш, ашы жоролош болуп, эриш-аркак жашап, акындары дайыма чыгармачылык байланышта болуп, айтыштарга катышып жүргөнү бизге белгилүү. Кыргыз, казак, акындарынын тойлордо, жыйындарда, аштарда бирге болуп, бири-биринин тегин, улутун, кемчилигин, жардылыгын, байлыгын кордоп же чыныгы достук мамиледе азил менен, урмат сый менен даңазалап ырдашкан. Ошондой эле санат-насыят, философиялык багыттагы терең ой жүгүртүүлөр менен айтышып, акындык чеберчиликтерин сынашкан. Жаштары улууларынан сабак алып дасыккан. Ошентип түрк элдеринин түпкү тарыхы бир башаттан башталып, ар тараптуу жакындыгы – адабий мурастарынын, фольклордук чыгармаларынын бири-бирине өтүп, орток казынага айланышын шарттаган.

«Нарикбай» поэмасынын кыргыздарда айтылышында XVI кылымдагы тарыхый жана биографиялык окуянын изи да калган эмес. Тарыхый адамдын ысмы гана сакталып, түп-тамырынан өзгөрүп, уруучулдук-феодалдык түзүлүштүн ички карама-каршылыктары, өз ара араздашып бытыраган кыргыздардын калмак төбөлдөрүнүн баскынчылык жортуулуна каршы биригүүгө умтулуусу, алардын азаттык күрөшү «Нарикбайдын» идеялык мазмунун түзөт. «Нарикбай» поэмасы көбүн эсе Кыргызстандын түндүгүндө жана Талас өрөөнүндө казактар менен коңшулаш

аймакта айтылат. «Чоро» поэмасын Арстанбек күндөп-түндөп узак ырдачу деген да маалымат бар[14]. «Наркан» деген ат менен Токтогул да айткан. Акындын талантынын күчтүүлүгүнөнбү, айтуу манерасынын ар түрдүүлүгү, үнүнүн кооздугунанбы, айтор угуучуларга зор таасир калтырган. Ал айтып жатканда тыңшап отургандар ыйлап отуруп угушчу экен[15]. Бирок, Токтогул айткан деген варианттын ырдык тексти колдо жок. Калмырза Кожобеков мазмунун гана кара сөз түрүндө айтып берген[16]. Бул тууралуу, дегеле «Чоро» чыгармасынын кыргыз жергесинде айтылышы, таралыш аймагы жөнүндө алгач фольклорист Б. Кебекова сөз козгогон[17]. Айтуучулардын таржымалына белгилүү даражада токтолуп өткөн. Сөз арасында айта кете турган пикир тектеш элдердин фольклористика илиминде «Чоро» поэмасы көп жылдар иликтөө объектисине алынбай келген. Буга чыгарманын айрым нускаларында Казань шаарын алууда падышалык бийлик менен жергиликтүү калктын ортосундагы кагылышуулардын, курал, жарактуу, көп сандуу орус кошуну менен кармашууда оор жоготууга учураган элдин азап-тозогунун чагылышы себеп болсо керек.

«Нарикбай» поэмасынын ары толук, ары көркөм вариантын [18] түзүүчүлөр Т. Сырдыбаев менен С. Чойбеков. Турсалы Сырдыбаев чыгарманы Сулайман Конокбаевден угуп үйрөнгөн (Т. Сырдыбаев 1902-жылы туулган), ал дагы башка бирөөдөн уккандыгын эскерген экен. Азыркы кезде алгачкы аткарган адамдын ысмы унутулган. Кийинки муундагы айтуучулар гана эл эсинде сакталган. Кыскасы, «Чоро» поэмасынын кыргыз жергесинде түзүлүшүнө акындардын ири тобу катышып, кылым аралап келип бизге жеткен, көп варианттуулукка көтөрүлгөн. Албетте, айтуучулардын көбү элдин эсинен чыгып унутулган. Калк эсинде Арстанбек, Жаныш, Токтогул, Сулайман, Алымкул, Турсалы Сырдыбаев, Сооронбек Чойбековдор сакталып калган. Канчасы көмүскөдө калып унутулгандыгын болжоп айтуу кыйын. Тилекке каршы жогоруда саналгандардын ичинен да Турсалы Сырдыбаев жана Сооронбек Чойбековдун айтуусунда гана бизге келип жетти. Натый-

жада чыгарманын окуялары тармакталып, тарыхый доору интерпретацияланууу менен кыргыздардын конкреттүү тарыхый, турмуш-тиричилик, көркөм салтын өз боюна сиңире ошол элдин төл чыгармасына айланган. Бул ойдун чындыгы кыргыздарда айтылышынын окуяларына, образдарына токтолуп, анализдөөдө аныкталды.

С. Чойбековдун варианты кыргызча варианттардын ичинен өзүнүн сюжеттик-композициялык курулушу боюнча өзгөчөлөнүп турат. Окуянын башаты Нарикбайдын ата-тегин, Көкчөнүн кызы Гүлканышка үйлөнүшүп, тама элине хан болушун баяндоодон башталат. Бул нуска боюнча эшим – Нарикбайдын иниси, анын үстүнө ата-энеден эрте ажырап, Гүлканыштын колунда чоңоет. С. Чойбековдун айтуусунда Алибий менен Нариктин, Чоро менен Али-бийдин ортосундагы талаш-тартыштар, карама-каршылыктар казак чыгармасы менен ачык окшоштугун сактап калган. Мында да ага-ининин араздашына Гүлсары ат себепчи болот. Дегеле бул бардык варианттар үчүн туруктуу окуя болуп эсептелинет. Бирок, С. Чойбековдо араздашуунун мотиви башка. Эшим чыгыш жактагы тама элине он эки жыл хандык жүргүзөт. Өзүнөн чыккынчы чыгып, «душманга сырын алдырып», байкоосуздан жоого чаптырат. Калмактар басып кирип, жылкысын айдап кетип, жоо артынан барууга белдүү ат табылбайт. Кошуну тарап, элинин ынтымагы бузулуп, ыркы кетет. Өзү тоо-ташты түнөк кылып качып жүрүп, акыры аялынын акылы боюнча Нарикбайга барып, Гүлсары атын сурайт. Агасы «санжылкынын ичинен самаганыңды ал» десе көнбөй, Нарикке катуу сөз айтат.

Бар атыңды бербейсиң,
Айбандай мени көрбөйсүң.
Арам өлгөн как баш чал,
Бир тууганмын, мен дейсиң.
Өлүгүң калып көмүлбөй,
Малыңды талап эл жесин!

Инисине катуу ааразы болгон Нарикбай:

Инимден катуу жеме уктум,
«Как баш» деген кеп уктум,

Бир перзенттин жоктугу –
Уу кошкон сөзүн эми уктум.
Кантейин, бала жогунан,
Кайгылуу күнгө жолуктум.
Мындан көрө тентийин,
Жүр, Гүлканыш оолуктум,
«Балаң жок, как баш» деген сөз,
Башталышы кордуктун[19]–

жолго чыгат.

Баласыз атанын кордолуп, куугунтукталышы, анын «зарлап, жаратканга жалынып», олуя, кырк чилтенге, мазар, ыйык жерлерге сыйынышы, кан чыгарып, түлөө берип, анан баланын сыйкырдуу бойго бүтүшү, болочок баланын жөн бала болбой баатыр, өзгөчөлөнгөн бала болуп төрөлүшү түрк элдеринин турмушуна жана фольклордук салтына негизделип түзүлгөн жалпы архаикалык мотив экендиги, бири-бирине тарыхый-генетикалык жагынан үндөш, түпкү теги бир, башаты бир экенин көрсөтөт[20].

С. Чойбековдун вариантында Нарик уулу Чоронун образы эпикалык салт боюнча адилеттүү баатыр катары мүнөздөлөт. Окуянын чечилиши да, баатырдык эпостун салтына ылайык. Чоро атасы карт Нариктин, аз үйлүү таманын өчүн алып, Али-бий менен эсептешкенден кийин:

Калкыбыз кайда, журт кайда?
Эл таппасак намыс да –

деп, алты суу тама элин, же өлүүсү, тирүүсү билинбей, зынданда жаткан агасы Эшимдин дайнын билмекке элин көчүрүп жөнөп калат. Калмакка тыңчы жиберип, Эшимдин зынданда жаткандыгын билип, кол курап барып, бошотуп алат. Кыскасы, чабылып-чачылган эл кайрадан биригип, Чорону хан көтөрүү менен окуя аяктайт. Өз ара араздашып бытыраган элди бир эл катарында биригүүгө, сырткы душмандан Ата Мекендин, Ата-Конуштун азаттыгын коргоого чакыруу чыгарманын негизги идеясын түзгөн. Поэмага камтылган башка окуялар ушул жалпы идеяга баш ийдирилип, ошонун айланасына топтолгон.

Негизинен кыргыз, казак чыгармасына таандык окуянын жалпы схемасы кыргызча варианттарда да сакталган.

Бирок, окуяны баяндоо манерасы, салттуу багыты жагынан айырмалуу. Ириде чыгарманын идеясы жоокерчилик доордун талабына, баатырдык темага баш ийдирилет. Ошондуктан хан, бийлердин өз ара араздашуусу, чыр чатагы экинчи катарга сүрүлүп, жалпы элдик доордун проблемасы биринчи планга көтөрүлүп, поэманын оң каармандары Нарик менен Чоронун образы да ушул багытта талкууланган. Чоронун кыргыздын өткөндөгү өчүн, кеткендеги кегин алып, азгантозгон, чабылып-чачылган элди бириктирүү максатындагы калмактарга каршы согушу жана ички душмандардан өч алуудагы иш аракеттери баатырдык, эпикалык планда чагылдырылган. Анын жигиттери да Чородон кем калбаган, «көзүнөн жалыны чыгып колунда кылыч ойногон» азаматтар. Нарикбай картайгандыгына карабай али алдан күчтөн тая элек баатыр экенин анын Өгүз ханды жигиттери менен кармашкандагы окуядан байкоого болот. Ал эми Чоронун баатырдыгы поэмада жалаң эле кара күчтүн ээси эмес, акыл-эстүү, жаш болсо да эл башында туруудга татыктуу инсан катары мүнөздөлөт. Поэмадагы экинчи планда турган каармандар эпикалык стилге ылайык жалпылык, салтанаттуулуктан тышкары конкреттүү баяндоолор, сыпаттоолор менен алардын жеке ар биринин мүнөзүнө жараша образдары ачылган.

Ошентип, жоону жеңип, араздашкан эки агаинди да бириктирип, чоң той өткөрүшү менен окуя аяктайт.

Баш каарманды минтип «отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн» жан катары сүрөттөө бардык баатырдык эпосторго тиешелүү көрүнүш. Ошондой эле баатырдын минген атынын жылкыдан өзгөчө туулган жаныбардыгын, сымбатын, күчүн өзүнүн кийген кийимин, көтөргөн курал-жарагын сүрөттөө – салттуу түрдө ал терс каарман же оң каарман экенине карабай баатырдын баатырдык касиетин, ага тиешелүү сырткы жана ички сапаттарын баяндоо фольклордук чыгарманын законченемдүү атрибуттарынын бири. Айтуучу эпикалык салттуулукту сактап, түрк элдеринде орток айтылган сюжетти Кыргыз эпикалык чыгармачылыгынын салттуу ыкмалары менен жуурулуштура айтып, өз алдынча вариант түзө алган.

Жыйынтыктап айтканда, «Нарикбай» дастаны XIV–XVI кылымдардагы Алтын Ордо хандыгынын, Ногой ордосунун составында болгон азыркы ногой, татар, каракалпак, казак, кыргыз элдеринин өз ара мамилелери, алардан кийин калмактар менен согушу жөнүндөгү окуяларды, конкреттүү элдер, конкреттүү жерлерди чагылдырган тарыхый негизи бар чыгарма. Поэманын мотивировкасы эпикалык чыгарманын салтына баш ийдирилгенине карабастан анын башаты эл башынан өткөн тарыхый окуяларга барып такалат. Поэма баштан аяк эки бир туугандын (Нарикбай менен Эшимдин, кээде Али-бийдин), эки элдин (калмак менен ногойдун, калмак менен казактын, калмак менен кыргыздын) ортосундагы конфликттердин айланасындагы окуялардын негизинде курулган. Элдик оозеки чыгармалардын салтына таандык финалдагыдай «Нарикбай» поэмасында да элдик баатыр, сактоочу, коргоочу – Чоро баскынчыны кууп чыгып, окуя жеңиш менен аяктайт, б. а. элдик идея жеңет.

Чыгарманын поэтикасы туурасында да бир топ ойлорду айтууга болот. Мисалы, С. Чойбековдун вариантында макал сыяктанып, эки саптан туруп, биринин маанисин экинчиси толуктаган учкул сөздөр көп колдонулган. Бул чыгарманын философиялык, нускоочулук маани-маңызын тереңдетип, көркөмдүгүн арттырып турат. Мындай форма башка нускаларда көп кезикпейт. Алардын кээ бирлерин мисалга келтирели:

Ажал деген аткан ок,
Кайда экен деп ойлонбо.

Эси жоктун бир сөзүн
Эч ким айтпайт жар кылып.

Бала адамдын мөмөсү,
Бала жаанын жебеси.

Каптап келсе адамды,
Каргаша кырсык көп өзү.

Жонундан кетпейт шор, кайгы,
Жолукса кырсык адамга.

Жамандык башка кез келсе,
Кайгынын басат кара туманы.

Баркы кетет адамдын
Башынан бакыт кетсе эле.

Адамзаттын башында,
Ар кандай түрдүү арман бар.

Алдынан тосот ырыскы,
Адамзат бакыт көрөрдө.
Тууган да, эл да табылат,
Турмушуң турса оңунда.

С. Чойбеков өзү акын болгондуктан ушундай көркөм каражаттарды чебер колдонуп, поэманын өзөгүнө сиңирген.

Кыскасы, «Нарикбай» поэмасынын кыргыздарда айтылышы калктын турмушундагы коомдук, социалдык маселелерди чагылыштырышы, кыргыздардын баатырдык эпосторуна таандык салттуу мотивдердин талкууланышы жагынан башка түрк элдеринде айтылыштарынан кескин айырмаланып турат. Натыйжада чыгарма башатында коңшу элдердин көбүнесе оозеки түрүндө өткөн болсо да, бир канча кылымды аралап, кыргыздын социалдык-коомдук көз караштарын, турмуш-тиричилик жактарын, салт-санаасын, адабий, маданий салтын, философиялык ой толгоолорун өз боюна сиңирүү менен кыргыз элинин төл чыгармасына айланган.

Акындын айтуучулук өнөрүнөн айкын маалымат алуу максатында «Нарикбай» поэмасынын идеялык, көркөмдүк өзгөчөлүгүнө, сюжеттик түзүлүшүнө кеңири анализ жүргүзүлдү.

Сооронбек Чойбековдун чыгармачылыгына жалпы көз жүгүртүп отуруп, акындыкты кесип кылбай, иш арасында гана чыгармачылыкка кайрылгандыгын байкоого болот. С. Чойбеков 1920-жылдан баштап комсомол комитетинин ячейкасы, III интернационал атындагы колхоздо башкарма (1930), мугалим болуп иштеп (1938), Фрунзе шаарындагы педагогикалык окуу жайында окуп жүргөндө 1942-

жылы согушка кетет. Согуштан 1944-жылы келип колхоздо башкарма (1947), 1968-жылга чейин бригадир, кой ферма сыяктуу кесиптерде иштейт. Эгер такай акындык өнөр менен алектенсе талантынын талабын актаар беле ким билет. Анткени акындын:

Ак чөлмөк ойноп түн катып,
Акырын сүйлөп сырдашып,
Аптыгып сүйүп бирөөнү
Ашыктык ырын ырдашып,–
жүргөн жаштыгына:
Отуздан өтсөң токтолуп,
Отуңдун деми жок болуп,
Ойлогуч болот экенсиң,
Ойдогу дартың козголуп.

деген токтолгон, акылга дыйкан кезине:

Алтымыш аша жашадым,
Али да келет жашагым.
Абалкыдан өзгөрүп,
Арзандады базарым –

деп өтүп бара жаткан өмүрдүн армандуу күндөрүнө ой токтотуп, так баа берген терең мазмундуу, образдуу айтылган «Жаш кезекти эскерүү» деген ырынан табигат берген талантынын жүзү көрүнөт.

С. Чойбеков төкмөлүктү да, жазмалыкты да бирдей алып жүргөн акын. Акын, айтуучу С. Чойбековдун чыгармачылык портрети бүгүнкү күндөгү кыргыз улуттук адабиятынын тарыхый жолун толуктоочу штрих. Чыгармалары акындар поэзиясынын фондусуна өз салымын кошо алды. Тилекке каршы акындын чыгармаларынын толук жыйнагы басылып чыга элек.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу Инв. № 1885, 21-бет. (Мындан кийин Кол жазманын инвентарь номери гана көрсөтүлөт.

[2] Инв. № 1885. 103-бет.

[3] Инв. № 1878, дептер № 1, 28–29-беттер.

[4] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Б., 1988. 230-бет.

[5] Айтыштар, II том. – Фрунзе, 1972. 187-бет.

[6] Инв. № 575 (5213). Бул жөнүндө ушул инвентарда сакталган башка материалдарда да айтылат.

[7] *Фалев А.* Введение в изучение тюркских литератур и наречий. – Ташкент, 1922. С. 34.

[8] *Карамзин Н. М.* История государства Российского-Санкпетербург. 1834, т. 8. С. 78–79; Казанская история. – М.–Л., 1954. С. 78–82. Карамзин Н. М. История государства Российского Тула. 1990. т. VII. 196-бет.

[9] *Урманчеев Ф.* О происхождении баитов. Советская тюркология. 1983. № 6.

[10] *Бердибаев Р.* Эпос – ел казынасы. – Алматы, 1995.

[11] *Ауэзов М.* Адабият тарыхы. – Алматы: Ана тілі, 1991.

[12] *Жирмунский В. М.* Тюркский героический эпос. – Л., Наука, 1974.

[13] *Восторов В. В.,* Муканов С. М. Родоплеменный состав и расселение казахов. – М., 1964. С. 78.

[14] Борбордун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 394 (1302).

[15] Борбордун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 361 (2047).

[16] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 575 (5213).

[17] *Кебекова Б.* Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы. – Фрунзе: Илим, 1985. 61–62, 84, 87–88-беттер.

[18] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 575 (5213).

[19] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 575 (5213).

[20] *Кебекова Б.* Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы. – Ф.: Илим, 1985. 146-бет.

[21] *Чойбеков С.* Жаш кезекти эскерүү. – Кыргызстан маданияты. 1977, 10-май.

## ЫСМАЙЫЛ БОРОНЧИЕВ

Кыргыздын көп кырлуу төкмөлүгү кылымдап калыптанып, муундан муунга өтүп келе жаткан өзгөчө оригиналдуу, бардык эле элдерде кездеше бербеген уникалдуу өнөр. Ошол себептүү бул өнөр дүйнөлүк маданиятта сейрек кездешүүчү искусство катарында таң калуучулук менен жазылып, изилденип келүүдө. Элибизде эмнени ырдабасын сөзгө сөздү шурудай тизип, ойдун тереңдигине, тизмектердин учкул, логикалык тактыгына маани берип, калк алдында мөндүрдөй төккөн нукура ырчылар гана төкмө аталган. Айтканда оозго толо айтылчу андай ири устаттар сандаган ырчылардан саналып калган.

Дал ошондой, олтурган элдин оюн таап ырдаган, айтыша келсе алдырбас, өнөрүнө өзү, өзүнө сөзү бап келип, уккандын кумарын кандырган, көргөндүн көңүлүн тындырган, ошондоюнан барып төкмөлүктүн төрүнөн орун алган классик ырчылардын эң сүйкүмдүүсү жана соңкусу – Ысмайыл.

Ысмайыл Борончу уулу Чүй областынын Бурана деген жеринде 1910-жылы туулуп, 1978-жылы азыркы Бишкек шаарында көз жумат. Ысмайыл деле чыгармачылык чыйырын алгач сабак алуу, чоң ырчыларды көрүп тажрыйба топтоодон баштайт. Анын ырчылык туура жолго түшүүнө үч жагдай түрткү болгон. Биринчиси, жугумдуу сөзгө, ырга, күүгө, дегеле өнөргө маани берген ошондогу элдик чөйрө. Экинчиси, филармонияга киргенге чейинки мезгилдеги Адамкалый, Осмонкул, Шаршен өңдүү чоң өнөрпоз айылдаштарына кездешкен жагымдуу учурлар. Бул күндөрдө Ысмайылдын өзү да азыраак ырдай коюп жүргөн өңдүү. Үчүнчүсү, 1936-жылы кыргыздын тунгуч филармо-

ниясына артист болуп кабыл алынышы. Ысмайылдын тубаса талантынын жетилишине, кадимкидей калыптанып, ажарына чыгып толук ачылышына кыргыз үчүн бир келген андагы тандалган залкарлардан түзүлгөн филармониянын тийгизген таасири өлчөөсүз болгон. «Ошол кезде кыргыз өнөрпоздорунун бир уюткулары келгенин байкадым»[1] деп эскерет бул учурду өзү дагы. «Шаршен айткандай, бул бала акын болчу, ар нерсеге жакын болчу бала экен...» деп Атайдын айтканына караганда Ысмайылдын чыгармачылык угуту, тирикарактыгы ошондо эле байкалган окшойт.

Талантың болсо тартынба,
Таянчың болом артыңда.

Акындык деген кен болот,
Агып жаткан майга окшоп.
Маалында жутуп калбасаң,
Батып кетет айга окшоп.
Эл таанысын, артыман,
Ээрчип жүр кунан-тайга окшоп –

деп Ысмайылдын келечегин көрө билип, таза тилегин билдирип, чыгармачылыгына ак жолду алгач атактуу Калык ырчы каалаптыр. Чынында эле ырчылардын ичинен Ысмайыл айрыкча Калык менен Осмонкулга катуу таасирленген, ошол себептүү бул экөөнү ал өмүр бою устатым деп өткөн. Бул эки ырчыга деген улуу урматын ал «Эстелик», «Элиңдин кетпейт оюнан» ж. б. ырларында жетик далилдеген. Ал Шаршенден да көптү үйрөнгөн. Натыйжада, кайсыл жерде жүрсө да тайсалдап калбай бетке чаба, тайманбай түз ырдап, айтышууга уста болууну Калыктан алса, көзүнө эмне көрүнсө, оюна эмне келсе анын баарын мурдатан жазып, жаттап алгандай чоң чеберчиликте тизмектей билүүнү Осмонкулдан, ар кыл жагдайдан күлкү таба билген куудулдукту Шаршенден алган. Андыктан Ысмайылдан биз Калыктын, Осмонкулдун, Шаршендин да таасирин көрөбүз.

Ысмайыл көргөнүн көңүлүнө сактаган, укканын унутпаган куйма кулак адам болгон. Албетте ал элден, башка эл шайырларынан да сезилерлик даражада көптү үйрөн-

гөн. Бирок, чыгармаларына үңүлүп көргөндө жана өзүнүн эскерүүлөрүнө, арноолоруна караганда биз белгилеген далилдердин тууралыгына ынанууга болот.

Ошентип өзгөлөрдүн өрнөктүү жолун үлгү тутууну өзүндөгү тубаса талантка чыгармачылык менен туура жалгаштыра билүүнүн натыйжасында ал өздүк, Ысмайылдык ыкма, стиль тапкан. Ал төкмөлүккө куудулдукту ширетип алган. Ырчылыкта Ысмайылга чейин эле карандай шум, куудулдугу, чебер аткаруучулугу менен элге алынган Айдаралы, чечекейдей ырдаган куйкум тилдүү Корголго окшогон ырчылар болгон. Айдаралы кыска ырдап, комузду маштап чертип, анча-мынча ырчыларды ооз ачырбай жолго таштап кетип, элди шумданган кылыгы, туурамчылпародистиги чебер артистиги менен күлкүгө карк кылган. Корголдо кумарды жазган куудулдук, өзүнө гана тиешелүү өткүрлүк күчтүү. Антсе да Корголдо куудулдугунан да төкмөлүгү басымдуулук кылса, Ысмайылда төкмөлүккө куудулдукту ширетип жиберген оригиналдуу өздүк чеберчилик көрүнүп турат. Ысмайыл төкмөлүк менен куудулдукту чогуу ала жүргөн кыргыздагы бирден бир ырчы. Ал көп кырлуу талант. Ысмайылдын чыгармаларынан

Бурамалуу булактан,
Муздак тунук суу аккан.
Түнкүсүн кыштак балбылдап,
Түрлөнүп турат ыраактан –

деген өңдүү эң сонун лирикалык тизмектерди табууга болот. Бирок, төкмөнүн:

Куу жыгачтын башында,
Кузгун жашайт миң жылдап.
Ошол, кузгунчалык болбогон,
Куу дүйнөнү ойлоном.
Жаратылыш тилди алса,
Жаш кошуп турса жашына.
Жаман кишиден бирди алып,
Жакшы кишилер тим калса –

деген өңдүү юморлуу, терең философиялык маанайдагы ырлары арбын. Бир эле тематикадагы ырлардын бир нече кайталангыс варианттарын шыдыр жарата салуу Ысма-

йыл Борончу уулуна жеке тиешелүү төкмөлүк сапат десе болот. Анын өлүм, ажал туурасындагы ар үлгүдөгү көптөгөн ырлары буга далил. Мындай ыкманы ал курбулук азилдешүүлөрүндө да чебер колдонот. Алсак Токтонаалы:

Калыктардай калыбың,
Осмонкулдай омогуң.
Ошолордон кем түшпөйт,
Оозундагы жомогуң –

деп көтөрө чалып мактап коюп, кайра эле:

Кайран током уй болсо,
Жапырак мүйүз көк болмок.
Жайган кирин чайнатып,
Жалкан аял көп болмок.
Болжоосу келсе атыңдын,
Боо-чуусуе оттоп, жеп коймок.
«Ээңди жуткур экен...» деп,
Элде лакап көп болмок –

деп төөгө, койго, эчкиге, атка салыштырып, жагымдуу юмор, курбулук какшыкка салып төгө берет. Башка замандаштарына арнаган азилдеринде деле алар ушундай тамашалуу мотивде, курч, образдуу, ары таамай тизмектелет.

Төкмөлүктө Ысмайылды Ысмайыл кылып турган артыкчылык анын – куудулдугу. Анын куудулдугу, тамашакөйлүгү, болгон акындык табитин түзүп, чыгармачылыгынын негизги чордонун ээлейт. Ысмайылдын Мураталы, Калык, Молдобасан, Осмонкул өңдүү эл шайырларына:

Жогор жакта чоң Токмок,
Чүйдөн келген баламын.
Чоң жыйында сөз сүйлөп,
Үйрөнбөгөн баламын –

деп алгачкы саламдашуусунда эле айрыкча куудулдукка жакындыгы байкалат. Ошол себептүү, ал такшалган эл шайырларынын көзүнө дароо эле илинген. Бул туурасында К. Маликов берегиче эскерет. «Бөрү атаар уулду бөркүнөн тааныйм» дегендей Ысмайыл филармониянын босогосун адеп аттап киргенден эле, аны сүрөөнгө алган даңшаарлуу сөз кошо кирген». Ысмайыл да Шаршендей болуп жайынча окуяны жандуу күлкүгө айландырып жибергенге уста:

Калк атасы Каапырбек,
Ыраактан келген меймандар,
Ырахаттанып тойсун деп,
Тоок берип ийиптир.
Карамолдо отурат:
«Мойну, башы жылтылдайт,
Кооз балапан экен» – деп,
Адамкалый отурат:
«Жаткан жерден былк этпейт,
Жоош балапан экен» – деп.
Турдалиев отурат:
«Буту-колун тарта албайт,
Бооз балапан экен» – деп.
Аңгыча буту чечилип,
Балапан учту «бырп» этип.
Кармамак эле ким жетип.
Чапанын чечип жиберип,
Алдынан чыкты имерип.
Адамкалый аксакал,
Артынан улам жүгүрүп.
Оңбогон тоок, оңбо! – деп,
Отуруп калды күйүгүп.

Мында, эл артистерин тоок менен меймандаган Каапырбектей активди кебез менен мууздап, келтире сындаган келекелөө, какшык жатат. Ысмайылдын чыгармачылыгына кимдин болбосун кемчилдигин бетине айткан ачыктык, беттешкенин ык таап сөзгө жыга билген өткүр, чечендик мүнөздүү. Казактын акыны Кенендин сексен жылдык тоюнда кечиктирип сөз берген той ээлерин Ысмайыл:

Чакырган элдер бүт келди,
Чамасы жанга күч келди.
Үч күндөн бери сөз тийбейт,
Эмне, үстүмдөн арыз түшкөнбү –

деп жүйөөлүү тамашага чалып сөзгө жыгыптыр.

Ысмайылга бир сапар коноктон карыган койдун башы тартылып калат, анын жөнүн мындайча кылып ырга салып үй ээсинин уятын чыгарган экен:

Жетимиш чайнап бир жуттум,
Желим белем, таш белем.
Же, жергенде малың аз белем.
Элет жерде бактырган,
Эс-акылы кеткенде,
Эт союзга тапшырган,
Бул, эченди көргөн баш белем.

Куйкумдуу мындай саптарды анын дээрлик чыгармаларынан тапса болот. Акындар поэзиясында «Карылыкка» арналган ар кыл ырлар көп. Бирок, Ысмайылдын «Карылыгы» аянычтуу көрүнүштү күлкүнүн күчү менен бере билген юмордуулугу менен өзүнө гана жекече таандык болуп турат.

Мени капа кылып баратат,
Карылык деген бир нерсе.
Кайгырбайт элем тим келсе,
Белгилүү жерден белди алды,
Мерчемдүү эчен жерди алды...

Алыс калды бүлбүлдөп,
Андагы сонун убагым.
«Алтыным» деген сөздөрдөн,
Ажырап калды кулагым.
Жаш кезде көрдүк жыргалды,
Жалындуу ырлар ырдалды.
Балпайып төрдө олтуруп,
Баш мүлжүй турган жыл калды.

Ысмайылдыкындай, чыгармачылыкта мынчалык жыш кездешкен абдан жагымдуу маанайдагы тамашалуу ырлар башка ырчылардын чыгармачылыгында бирин-экин, болгон болсо да мынчалык кеңири, ар кыл тематикада, өзгөчө түскө ээ эмес. Ысмайылдын кандай ырчы болгондугун төкмөнүн өзүнүн стилине салып Байдылда Сарногоев минтип таамай сүрөттөгөн:

Ысмайыл деген ким эле?
Ырчынын залкар бири эле...
Ырында токсон толкун бар,
Ысык-Көл болчу тим эле.

Калемпир эле, мурч эле,
Куудулдук жакка курч эле.
Куудулданып ал бирде,
Куйручук болуп турчу эле.

Ысмайылдын ыр китептерин барактап отуруп анын өз чыгармаларын кагазга түшүрүүсү 30-жылдардын экинчи жарымына туура келерине күбө болдук. Ырчынын «Саламдашуусу», «Фрунзе», «Коштошуу» ж.б. ырлары 1936-жылы эле жазылган. Демек ал жазуу ыкмасын дайыма төкмөлүк менен катар ала жүргөн.

Төкмө башка ырчылар сыяктуу эле көзү менен көрүп, аралашып жүргөн коомдук ар кыл жаңылыктарды, өзгөрүүлөрдү өз милдети катары калкка пропагандалаган. Алар аталыштары эле айтып турган: «Жакшы колхоз», «Фашистерге өлүм», «Улуу майрам», «Ленинге», «XX съездге», «Советтик армия», «Чабан кыз», «Гагаринге» ж. б. ырлар. Ысмайылдын жаңылыкка жарды, көндүм салтуу ыкмадагы кунарсыз чыгармалары деп ушул өңдүү ырларын айтууга болот.

Ырчынын кыргыз жергесинин кереметтүүлүгүнө, жайлуу, сулуулугуна суктана ырдаган ырлары арбын. Мындай ырлардын катарына «Кыргызстан», «Кең Алай», «Наукен», «Семиз бел», ж. б. эсептеген оң. Ошондой эле Ысмайылдын «Селки», «Угуңуз», «Чабан кыз», «Зууракан», «Ак маңдайга» окшогон жугумдуу ашыктык ырлары бар.

Жарк этип мени карасаң,
Жаныма кубат болгондой.
Тура калсаң беш мүнөт,
Туурума туйгун конгондой,
Ушунчалык адамды,
Убара кылдың ойлонбой.

Береги ырлар саал юморлуу келип, Бирок, автордун оюн, ички сезимин билдирип турган ачык-айрымдыгы, ыр тизмектеринин элестүүлүгү менен окуганда оюңда калат.

Ысмайылдын чыгармаларынын ичинде сынчыл мүнөздөгү ырлар көп. Мындай багыттагы, турмуштук залакалуу адат-салттарды келекелеген сындар Токтоналы экөөнүн «Чалканга арыз» аттуу айтышында жана өзү жазган

«Адвокат менен сопу», «Ата-эненин тилеги» өңдүү айтыштарында да кездешип, ошондогу идеологиянын талабына туура келген.

Жайлап-кыштап келгенсип,
Жаннат бар деп сүйлөйсүң.
Өтө жакшы жай болсо,
Өзүң неге кирбейсиң.
Көчүрүп алып кетчүдөй,
Көрүнгөндү үндөйсүң[2].

Бирок, Ысмайылдын сындары курулай көшөкөрлөнбөгөн, турмуш чындыгынан алынып, адамдын кемчилдигин бетине аткан акыйкаттуу сындар:

Кээ бир начар активдер,
Көтөрүлүп асмандайт.
Жалгыз өзүм билем деп,
Көпчүлүктөн жазганбайт.
Катасын айткан кишиге,
Камчысын сүйрөп, чакчаңдайт[3].

Ысмайыл ар нерсенин түйүнүн чече, жүйөөсүн таба билген өтө чебер, ак таңдай ырчы болгон үчүн сындын канчалык күчкө ээ экендигин тимеле көзүңө көрсөтө ырдайт:

Сын деген чыны жакшы сөз,
Кириңди жууп алгандай.
Алдын алып оорунун,
Аман-эсен калгандай.
Жолдошторуң сындаса,
Жогуңду таба баргандай[4].

Кандай оригиналдуу чыккан. Бул, Ысмайылдын ар нерсеге өз алдынча мамиле кыла билген, анын өздүк «менин» аныктап турган жекече табылгасы. Ырчынын жагымсыз көрүнүштөрдү, кылык-жоруктарды сындаган бул багыттагы ырларынын бүгүнкү күндө да тарбиялык мааниси зор.

Ысмайылга айрыкча тиешелүү дагы бир өзгөчөлүк, анын чебер портретчилиги, б.а. ар тарабын төп кылып, образын кайталангыс жарата, тарта билген таасын художниктиги. Ал кимди болсун өзү каалагандай түргө келтирип сүрөттөй билгенге абдан чебер экендигин дээрлик арноолорунан улам билебиз. Ысмайылдын эң чебер порт-

ретчилиги, чоң сынчы, анык художниктиги «Кош, Алымкул» аттуу даңазалуу жоктоосунда көзгө артыкча бадырая көрүнгөн.

Калк аралап көп уктум,
Каны кыргыз деп уктум,
Казактан өткөн Чөжөнү.
Кыргыздан ооп казакка,
Кыйналгандан жөнөдү.
Каардуу заман болбосо,
Карыптын күнүн көрөбү?
Ар кимден уктум Чөжөнү,
Артык экен өнөрү.
Ала-Тоолук энелер,
Алптардын алпын төрөдү.

Мында бүткүл чыгармачылыгы казак жергесинде өткөн, каны кыргыз Жөжө акындын артыкчыланган алп таланты, өмүр таржымалы бар тарабынан таасын чагылдырылган. Портреттердин көпчүлүгү кыска келип жеткиликтүү баяндалат.

Таластан Атай чыкты эле,
Таңшытып комуз чертишке,
Таасын эле, мыкты эле.
Күңгөйдөн Карамолдо эле,
Күүнүн алпы болду эле.
Карамолдо өлгөндө,
Кайышып турдук көмгөндө.
Комузчу Атай өлгөндө,
Кордугу кыйын шум ажал,
Кол барбай турду көмгөнгө.

Жарашыктуу жакшы мүлк,
Кыргыздын кыл кыягы.
Күрөңкеев абамдын,
Күүсүн Маскөө сынады.
Кайра-кайра тартса да,
Канбай турду кулагы.
Толгон токой күү менен,
Тоо көчкөндөй кулады.

Мураталы, Карамолдо, Атай туурасында көптөгөн портреттер жаралды, Бирок, Ысмайылдыкы зор таланттуу төкмөлүгүнө айкашып, чын дилинен эргип чыккандыгы, ар залкарды кайталангыс кылып сүрөттөгөн портрет түзө билүүдөгү дасыккан чебердиги, тизмектеринин көңүлгө жат болуп калчу табигый учкулдуулугу менен башка акындардын портреттеринен артыкчаланып турат. Бул жоктоодо ал кыргыздын өзү көргөн, атын уккан алтымыш алты шайырынын оригиналдуу портреттерин адам тамшанарлык даражада элестүү тартып берет. Өзү жакшы билген портреттер (айрымдарын жалпылаштырып берген) дээрлик мыкты чыккан. « Кош, Алымкул» эл ырчыларынын жоктоо ырларынын ичиндеги кыргыз эл шайырларын тегиз камтыган кеңирилиги, маалыматтарынын арбындыгы, сүрөттөөлөрүнүн чебердиги, салыштырууларынын баптыгы менен күчтүү чыккан эң соңку классикалык жоктоо болуп калды.

Ысмайыл Борончу уулу өзүнүн айтыш өнөрүндөгү күчүн, сөзгө чукугандай жооп таба билүү чеберчилигин ар качан көрсөтө алган ири төкмөлөрдүн бири. «Токтоналы менен Ысмайылдын айтыштары» Совет доорундагы айтыштардын ичиндеги эң мыктылары деп эсептөөгө болот. Өлкөдөгү, же чарбалар аралык жаңылыктарды көбүрөөк баяндаган жарлык мүнөзүндөгү башка айтыштардан бул экөөнүн айтышы жайынча эле көрүнүштү жагымдуу күлкүгө айландырып жиберген күлкүлүүлүгү, бири-бирин ыктуу чымчышкан, какшыкташкан (айрыкча Ысмайыл тарабынан) тамашакөйлүгү, айтыштын жалпы өзөгүнүн юморго сугарылган кайталангыстыгы менен учурдагы көрсөтмөлүү маанайдагы бардык башка айтыштардан кадимкидей эле айырмаланып турат.

Бир айтышта Токтоналы «Билимдин жолун сүйлөгөн, жигиттерге айтам саламды» деп ырдаса, Ысмайыл ошол замат угуучулардын оюн башкага буруп:

Экиге бөлүп бул жерде,
Эркектерге айттың саламды.
«Кыздын кырк чачы улуу» дейт,
Унутуп кеттиң аларды.

Аял-эркек аралаш,
Ардактуу журтум аманбы? –

деп чымчып, атайы тийиштик кылат. Токтоналы таланты ири төкмө болгон үчүн:

Кыздарды айтпай кетти деп,
Кыйыктап жатат агасын.
Ажыраткан жерим жок,
Аял-эркек арасын.
Акындык менен бурмалап,
Ар кайсы жолго саласың.
Ашык кетип калабы,
Айтып койсоң чаласын.
Кой-кой десем болбойсуң,
Кыздарды улуу ойлойсуң.
Бабаңдан энең улуубу?
Байкап көрчү мунуңу.
Атаңдан апаң улуубу?
Абайлап көрчү, мунуңу? –

деп жүйөөлүү, так кесе жооп кайтарат. Туура жоопко Ысмайылдын жыгылышы керек эле. Айтыкени Балык: «Айлыңдан киши өлбөсө, атаң кана, Айтыке? Элиңден киши өлбөсө, энең кана, Айтыке?» деп, жүйөөсүн таап жеңип кеткен. Эгер сөз оңутун билбеген ырчы болгондо Ысмайыл деле жеңилмек. Бирок, Ысмайылдын амалы көп, жообу даяр, какшыгы тилинин учунда, оң сөздү бурмалап, жумурткадан кыр таап кайра Токтоналынын өзүн жүдөткөнгө маш:

«Эне тил» деп китепте,
Эненин аты жазылган.
Эрөөн көрүп жатасың,
Эчтеке өтпөй башыңдан.
«Кыздын кырк чачы улуу» деп,
Кылымдан бери калган кеп.
Эл айтып келген жобону,
Ээликпе Токо, жалган деп

Токтоналынын берген соболунан так кутулуп алып, эми өзүн мазактоого өтөт:

Сөз билбеген кишиден,
Соолуйт экен кайран кеп.

Кылымдан берки кыргыздын,
Сен таптыңбы катасын?
Элдин сөзүн бурмалап,
Эмине деп жатасың?

«Уурусу күч болсо – ээси доого жыгылат» деген ушул.

Эл катары эсепке,
Албайт окшойт апасын.
Ак сүтүн берген апаңдан,
Анча неге качасың? –

деп келип, оңутун таба, өнөктөшүн мындайча чымчыйт:

Жек көрө берсең аялды,
Жеңеме кантип батасың?
«Кайыр кош!» деп жүрбөсүн,
Ээрчитип бала-чакасын.
Үңкүйүп калба үйүңдө,
Өзүң жууп көйнөк жакасын.

Айтыш ык, жол тапкычтыкка, жүйөөгө багынат. Айтышты тамашага, күлкүгө айлантып көркүнө чыгарып жиберген да Ысмайыл. Экөөнүн айтышы дайыма Ысмайылдын үстөмдүгү, көп учурда жеңиши менен аяктаган.

Албетте, Токтоналы да сөздөрү салмактуу, чымчыганга уста, айтышта чебер чоң ырчылардын бири. Бирок, айтышууга келгенде Ысмайылга окшоп элди ала билген жугумдуулук, какшыкчылдык, бир туруп калпты чындай айтып жок жерден амал, ык таба билүүчүлүк, куйкум тилдүүлүккө окшогон айтышууга эң зарыл сапаттар, мүмкүнчүлүктөр чектелүү. Дагы бир сапаркы айтышта Токтоналы:

Абайлагын чамаңды,
Айтышсам сенден каламбы.
Кара жемсөө, ак каптал,
Көрбөдүм сендей адамды.
Жашыңдан бүткөн адатың,
Кошо келди айыкпай,
Ээгинде эки кылың жок,
Кум чайкап кеткен арыктай –

деп, Ысмайылды сөзгө жыккысы келсе, Ысмайыл ага берегиче ынанымдуу жооп кайтарып, Токтоналыны сакал тууралында экинчи ооз ачкыс кылат:

Салттуу акын деп жүрсөм,
Сөз баштадың сакалдан.
Сакалы жок кишини,
Кууйт бекен катардан.
Эки боо кылы ээгинде,
Эчкилер байге ала элек,
Эки кулагы узун деп,
Эшекти эч ким чаба элек.
Көп сакалдуу кишилер,
Көрсөтмөгө бара элек.
Сакалыңа мактанба,
Ошондон жаман неме жок,
Оокат ичип жатканда.
Оңунан келген сөздөр көп,
Оозум да барбайт айтканга.

Ысмайылдын айтыш өнөрүндөгү күчтүүлүгү анын Осмонкул, Алымкул, Молдобасан, Абдылда Көкөнов о.э. казак акыны Кенен менен жаакташкан беттешүүлөрүнөн да айкын билинип турат. Ошентсе да Барпы, Калык, Осмонкул сыяктуу алп ырчылар менен чоң айтышка мүмкүнчүлүк болуп атайы өнөр салыштырып түшүп көргөндө Ысмайылдын айтыш өнөрүндөгү ири артыкчылыгы ачылмак. Ошого карабай «Ысмайыл менен Токтоналынын айтыштары» Совет мезгилиндеги тамашалуу айтыштардын мыкты үлгүлөрүнөн болуп калды. Ушул жерден бир кызык фактыны айтпай коюуга мүмкүн эмес. Эки ырчынын кара сөз менен күч сынашкан «Жөө айтышы» бар. Мында Ысмайылга караганда тескерисинче Токтоналынын кара сөз жагынан артыкчылыгына болбогонду болгондой ишенимдүү, ары элестүү кылып сүрөттөй алган көркөм фантазиясынын күчтүүлүгүнө, окуяны окуяга куюлуштура кызыктуу кылып, бирде көзүңдөн жаш чыгара күлчү даражада күлкүлүү, кудум чечендерче жогорку чеберчиликте баяндай билген жорго сөзгө устаттыгына таң бербей кое албайсың. Ысмайыл ырга чебер болсо, Токтоналынын ошондо эле кара сөзгө устаттыгына ынанасың.

Ысмайыл элге алымдуу төкмөлүктү гана аркалагандыгынан уламбы, же филармонияда иштеп эл кызматында

жүрүп, буга кошумча өзүнүн жекече иштери менен алектенип убактысы чектелүү болгондуктанбы, айтор дастандарды айтууга, жазууга анча далалат кылбаптыр. Анын бар болгону «Шамбет» деген поэмасы жана «Абыл менен Мейиз» аттуу дастаны бар. Ал эми жыйнагында поэма деп берилген «Кызыл кырманы» берекелүү күздөгү колхозчулардын бир түнкү күжүрмөн аракеттерин чагылдырган жөн гана көлөмдүү баян.

«Шамбет» Ысмайылдын Октябрь революциясынан мурунку учурдагы бай-манаптарга шериктеш болуп алып карапайым калкты каалашынча эзип, алдап, кордогон динчил кыянат кожого каршы күрөшүп, акыры жеңип чыккан, Эсиркеп, Байтеке өңдүү ишеничтүү достору бар Шамбет аттуу элдик патриот жигиттин аягы кайгылуу бүткөн аянычтуу тагдырын төкмөлүк ыкмада баяндаган поэмасы. Ырчынын тили жатык болгон үчүн чыгарма абдан жагымдуу.

Ысмайылдын мыкты чыккан көлөмдүү эпикалык чыгармасы катары уламыштан алынып жазылган «Абыл жана Мейиз» дастанын эсептеген оң. Мында чыгарманын негизги сюжетин түзгөн уламыштын өзү кызык. Алсак, баш каарман Абылдын ата-энеси теңсиздик доордун тепкисинен өлүшөт. Томолок жетим Абылдын өзү да ошол байга кыйла жыл малай болуп жүрүп, акысына жаман тай алат. Ал ашкан күлүк чыгып, бай кайра талаша баштаганда Абыл башка жакка ооп кетүүгө аргасыз болот. Ушундан баштап, башында кырсыктап барып шыдыр кеткен Абылдын бактылуу күндөрү башталат. Ал Данаке аттуу ак скалдын кеңеши менен Азар, Тозор деген баласыз зарлап жүргөн кең пейил эгиз кишилерди издеп табат. Алар да, байбичелери да ымалалары келишип Абылды өз баласындай чексиз урмат менен кабыл алышат. Жигитке дагы оңдой берди болуп, өзүнө тагдырлаш Мейиз аттуу перизат туш болуп, экөө бирин бири сүйүшүп баш кошушат. Кыздын жоголуп кетип, сары оору кылып жүргөн апасы менен бөбөгү да табылат. Абыл ар улуттан ар өнөрү бар досторду күтүп, айрыкча орус досторунун көмөгү менен айлына там үйлөрдү курдуруп, үй канаттууларын багып,

ар кыл дүйүм жемиш, көчөттөрдү отургузуп, бал челектерди коюп «Абылдын айлы» атандырып бейпилдикте жашоосу өтөт. Кай жерде чоң той болсо «ак чабдары» чыгып келип эл оозунан түшпөй, баласыз жүргөн Азар, Тозордун тилеги орундалып, кенедейинен кейиштүү күндөрдү башынан көп өткөргөн Абыл тагдыр буйруп кең пейилдүү атаэнелүү болуп, күтүүсүз жерден аянычтуу жазымышка туш келе жаздаган Мейиз кыз өз бактысын таап, айтор окуя жомоктогудай аяктайт. Дастандын соңунда Абылдын мынчалык ири ийгиликтерге жетишкендигине ичтери күйүп, бай-манаптар Абылдын көзүн тазалоону ойлоп жүрүшкөн тапта Октябрь революциясы чыгып калгандыгы айтылат.

Бул дастанды жазган учурунда төкмөнүн чыгармачылык тажрыйбасы кыйла артып калгандыктан окуяларды бир бүтүндүккө баш ийдирүүдө, образдарды типтештире билүүдө, чыгарманы жетик баяндоодо Ысмайыл өзүнүн эң чебер сүрөткер, таланты күчтүү төкмөлүгүн айкындаган.

Азар чал Абылды таап алганын байбичесине жар салып, аны өз баласындай телип алууга үндөйт:

Эмчегиңди чыгарып,
Ээрдине тийгизгин.
Эсинде жүрсүн энелик,
Мээримиңди билгизгин[5].

Дастанчы эне болуу бактысынан ажырап, бул жазымышка жатса-турса жалынсыз түтөп, дегеле «апа» деген сөздү укчу бактылуу күнгө жетүүнү өмүрүнчө көксөп келген азалуу аялдын бар кубанычын төрт гана сапка сыйдырат:

Эгиз козу көтөрүп,
Кой аралап баспагам.
Эркек бала көтөрүп,
Той аралап баспагам.

(102-б.)

Тозор чалдын күйүттүү кубанычы да буга үндөш:

Туйгун конду туурума,
Туш болдум Абыл уулума.
Капкайдан черим жазылып,
Кан жүгүрдү муунума.

(104-б.)

Ал эми бул тизмектерден карөзгөй талоончуларга олжолонуп бараткандагы Мейиздин аянычтуу үнү угулат.

Апамдан кантип айрылам,
Апамдан тирүү айрылсам,
Арманда өлөм кайгыдан.

Бөлүнбөймүн калкымдан,
Бөбөгүм калды талпынган.
(108-б.)

Мында, берегидей табигый чыккан табылгалуу тизмектер да көп:

Издегени мен экен,
Изимди таптың берекем.
(101-б.)

Суулар агат мелмилдеп,
Сурабайт кайдан келдиң деп.
(102-б.)

Атамдын жүргөн мекенин,
Атамдай кымбат сеземин.
(108-б.)

Көп түрүн көрсө куштардын,
Көңүлү өсөт кыздардын.
(114-б.)

Дастанда ар кыл көрүнүш, мерчемдерди кыскача гана, Бирок, таасын, ар тарабынан жеткиликтүү кылып тартып кеткен бул сыяктуу тизмектер арбын. Кыскасы чыгарма өз максатына жеткен. Ал түгүл Ысмайыл Борончу уулу «Абыл жана Мейиз» аркылуу чоң эпосторду айтса кудурети келчү Сарыкунандай эле чоң масштабдагы ири сүрөткер экендигин далилдеген. Окумуштуу Ш. Үмөталиев бул чыгарма туурасында: «Ы. Борончиевдин «Абыл жана Мейиз» аттуу поэмасы революцияга чейинки кыргыз турмушун эпикалык жанрда поэзия менен туура жана реалдуу көрсөткөн барандуу чыгарма»[5] – деп калыс оюн билдирген.

Ысмайылдын ар кыл тематиканы камтыган куйкумдуу, бирде кадыресе олуттуу, терең философиялуу ырлардан, көлөмдүү поэма, айтыштардан турган бир нече ыржыйнактары бар.

Анын айтыштары, ар кыл тематикадагы жагымдуу юморго, чымчыкей какшыкка сугарылган ырлары, күйдүргү окуялары, улуу устаттарына, замандаштарына, өнөрлөштөрүнө берген таасын баалары, дегеле сүйлөгөн сөздөрүнө чейин учкул айтымдарга, афоризмдерге, лакапка айланып уламышталып айтылып жүрөт. Ушунун өзү анын даңазалуу акын, тегин адам болбогондугунун күбөсү. Ырчынын чыгармалары эли үчүн көөнөрбөс мурас болуп кала берерлигин: «Анын чыгармалары көркөмдүк жагынан да, мазмун жагынан да эл мүдөөсү менен ар дайым тыгыз баланышта»[3] деп адабиятчы Ж. Абдраимов туура байкаган.

Жыйынтыктаганда кыргыз акындар поэзиясынын өнүгүүсү үчүн Ысмайыл Борончу уулу чоң салым кошту. Биринчиден, төкмөлүккө куудулдукту ширетип төкмөлүктүн ажарын ачты. Экинчиден, тамашалуу айтыштын (Токтоналы менен бирдикте) классикалык үлгүлөрүн жаратып кетишти. Үчүнчүдөн портрет түзүүнүн кыска, кайталангыс, элестүүлүгүнө төптүгүнө б. а. көп кырдуулугуна жетишти. Мына ушул артыкчылык касиеттери, өзгөчөлүктөрү менен ал кыргыз ырчылар поэзиясынын тарыхында калды.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Борончиев Ы*. Мекеним. – Ф., 1980. Негизги ырлары ушундан алынды.

[2] *Борончиев Ы*. Ырчынын өмүрү. – Ф., 1969.

[3] *Борончиев Ы*. Кызыл кырман. – Ф., 1970.

[4] Айтыштар. II томдук. – Ф., 1972.

[5] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988.

## АШЫРАЛЫ АЙТАЛИЕВ

Бүгүнкү күндөгү төкмөлүк өнөрдүн башатында турган элибизге кеңири белгилүү ырчыларыбыздын бири Ашыраалы Айталиев. Ал 1927-жылы Кант районунун Жайылма деген жериндеги Жедигер айылында туулган. Орто мектепти 9-класска чейин окуган. «Биздин айылдан ак таңдай ырчылар Жаманкул, Осмонкул, ошондой эле Бакай, Саадан, Көөгара, Токтоналы Шабданбаевдей ырчылар чыккан. Бул айылдын башкармасынан учётчигине чейин ырчы болчу. Мен ошолорго кошулуп ырдап жүрчүмүн» деп эскерет өзү, ырчылык өнөрүнүн кандайча башталгандыгы туурасында. Демек, Ашыраалынын алгачкы чыгармачылык ышкысы айлындагы адамдардын тийгизген олуттуу таасиринен улам ойгонгон. Ал жоро бозодо отурганда, дагы башка жерлерде азыраак жамакташтыра койгон.

Ошентип ал бирин-экин ырларды аткарып, өзүнчө ырдай коюп жүргөн учурунда, 1946-жылы Калык баштаган Актан, Осмонкул, Жумамүдүн ж. б. турган артистер Ашыраалынын айлына барып калышат. Аралбай деген тажездеси ошондо: – Осоке, биздин айылда да Айталынын баласы ырчы чыкты,– деп Ашыраалыны Осмонкулга тааныштырат. «Ансыз да Осокемдин ырдаганынан сүрдөп отурган болчумун, чекемден тер чыпылдап, жүрөгүм опкоолжуй түштү. Осмонкул мени таанычу эле, күлө карап комузун сунуп калды. Сүрдөп, тарткынчыктасам эл чурулдап боло турган эмес. Ал кезде комуз эмес домбра менен ырдачумун, домбрамды толгоп минтип ырдап жибердим:

– Атамдай болгон агайым,
Көрсөтсөң үлгү алайын.
Кошулуп ырдап бир жүрүп,

Сиз барган жерге барайын.
Талантым болсо таанысын,
Алты арыш кыргыз агайын.
Онду бүткөн баланын,
Акындык максат талабын.
Тууган деп көңүл сооротпой,
Туурабы, сөзүн карагын.
Сиздикине окшойбу,
Такшалсам кийин жамагым[1] –

деп ырдадым.

Осокем ырымды угуп, жаркылдап күлүп, мени карап турат эле. Аңгыча Жумамүдүн айтып калды: – «Мына, Осмонкул менен иштешкенибизге көп эле болду, биринчи көрүштө эмес, азыркыга чейин комуз алып ырдасак андан сүрдөйбүз. Осокемден сүрдөбөй, бизден калтаарыбай, жамагын жаагын жанган акындардай айтты. Осоке, бу сиздин аймактын суусу, акын-ырчы, жамакчы суубу, акындарга ылайыкталып соккон желби, ушул алакандай Кант районунда алты ырчы барсыңар. Бу бала да жетинчи болуп кошулуп калаар күн алыс эмес экен»,– дегенде эл чурулдап сүрөп калды. Ошондо Осокем комузун алып айтып турган жери:

Байкачы сөзүн баланын,
Ыбырай менен Актаным.
Өзүмдөн чыккан кулундун,
Уктуңар саламдашканын.
Калтарыбай, сүрдөбөй
Калыптап кынап айтканын.
Баамдап угуп, текшердим
Байкаган жокмун шашканын.
Айтайын балам, угуп тур
Жабыштыр келсе колуңдан
Жамактын ар бир саптарын.
Өзүңдүн эмгек кылууңдан,
Көрүнүп элге, жакмагың.
Салмактуу жакшы сөз уксаң,
Көңүлүңө сактагын.
Элестүү ырда, сүрөттөп,

Элиңдин өткөн дастанын.
Унутпа, ар бир өнөрпоз
Сен баскан жолду басканын.
Бүгүнкүдөй эсимде,
Чалараак ырчы кезимде,
Калыктын алып калыбын,
Ачканмын ырдын капкагын.

Ичинен кыйла сүрдөгөнү менен чоң өнөрпоздордун алдында шашпай, калбаат тартып ырдашынын жөнү буга чейин бети ачылып, айыл ичинде ырдап жүргөндүгүнө жана өзүнүн эч камырабаган жеке натурасына да байланыштуу. Ал түгүл Ашыраалы буга чейин эле, бир сапаркы май майрамындагы эки айыл мелдешип айтыштырган айтышта коңшу айылдын бригадири Ырайды айтышып жеңип кетип, Ырай өзүнө тийчү акчалай сыйлыкты жаш ырчыга ыйгаргандыгын өзү эскерет.

Осмонкулга саламдашып ырдаганда эле эл шайырларына жагып калган жаш ырчы 1946-жылы, март айында филармонияга чакырылат. Адамкалый уюштурган темир ооз комуз ансамблинин аткаруу чеберчиликтерин, эл аспаптар оркестринин шаңын, хор коллективинин ырдаганын, Токтоналы менен Ысмайылдын ачуу тамашалашкан айтыштарын көрүп алып, мурда мынчалык укмуштарды, чыныгы айтышты көрбөгөн неме катуу таң калат. Өзүнүн филармониянын сынагынан кантип өткөнүн Айталиев берегиче жазат: «Директор канторунан чыгып келип аксакалдарга учурашып, андан кийин мени көргөзүп: – Бул баланы Осмонкул аксакалдын бригадасынын айтуусу менен чакырып алдык, жамакташтырып ырдайт экен: Алар мени Ысмайыл менен ырдашасың дешти. Экөөбүз сахнага чыктык. Мен тердеп, ырдай албай сүрдөп туруп калдым. Ошондо Ысмайыл мени үндөккө чакырган куштай чакырып, минтип ырдап жиберди:

– Кат алдыңбы чакырык,
Калдык иним чакырып.
Ачыкка чыгып ырдагын,
Айылга жатпай жашынып.
Жүргөнүң болбойт өнөрдү,

Ичиңе катып жашырып.
Уялчаак болбойт өнөрпоз,
Учураш мага ачылып
Оозуна кирген көп элдин,
Ордосу ушул өнөрдүн.
Таасындары чогулган,
Таанымал талант, чебердин.
Кошулуп бирге жүрөсүң,
Жасалма эмес, нукура
Бар болсо байлык, көрөнгүң
Акыны болсоң канакей,
Ала-Тоодой ыйык өрөөндүн
Өзгөчөлүгү билинет,
Эки ооз айткан сөзүнөн,
Өнөрпоз болом дегендин –

деп Ысмайыл акын дагы бир топту айтып, ички сезимимди козгоду. Кандай талпынып, кандай учаарымды сыноочу адамдай болуп, менин ырдашыма далалат кылганы өңү-түсүнөн байкалды. Канчалык сүрдөсөм да акыры ырдай турганым билинди. Анан өзүм чертип жүргөн домбра менен жооп иретинде:

– Атайы келдим айылдан,
Арзып амандашканы.
Биринчи көрүп отурам,
Бийик текче сахнаны.
Жактырган жокмун жашымдан,
Жамгырдай ырдан башканы.
Самап келдим сай күлүк,
Сабыңа аралашканы –

деп арандан зорго ырдадым. Эки көзүм эл олтурган залда. Аңгыча мен токтоор менен Ысакемдин ырдап турган жери:

– Жаңы келген жаш бала,
Жаман эмес жамагың.
Бекер жерден ырчы деп,
Угулбаптыр кабарың.
Азыр алик алынды,
Алиги айткан саламың.

Акындарга окшошот,
Аяк таштаар кадамың.
Ылгай турган учуруң,
Ырдын жакшы, жаманын.
Эмгегиң элдик боло алса,
Эркелетет заманың.
Орду ушул мекеме,
Таланты бар баланын.

Мен ошондой улуу аксакалдардын сыноосу менен кызматка алындым». Өзү белгилегендей жамакчы Ашыраалынын чыныгы ырчы болуп, өнөрүнүн улам өрлөп, өз жолун таап кетишине филармониядагы топ залкарлардын берген таалим, тарбиясы зор болгон.

Бирок, ар өнөрпоздун бүт ыкласын таштап, өнөрүн үйрөнүп, устаты катары тааныган, же аны ар дайым туура жолго салып, көмөгүн үзбөй тийгизген, ошондон улам «устатым» деп тааныган эң жакын адамы болот. Ашыраалы үчүн ошондой улуу устат Осмонкул болгон. Ал филармонияга киргенден кийинки алгачкы учурларда Осмонкулдун үйүндө жашап турган. «Осокем: – Командировкага чыгып бизди көп ээрчибе, көндүм ыкмадан чыкпай жаман көнүп каласың, өзүңчө изденип ырдап көн!– деп мени бир эки жылдан кийин эле ээрчитпей калды. Мен Осмонкулдан көптү үйрөндүм...» дейт өзү. Буга караганда эки доордун жаман, жакшы жактарын ылгай билген терең ырчы Осмонкул советтик идеологиянын айрыкча төкмө ырчыларга тийгизчү залакалуу жактарын ошондо эле таамай билген экен. Ушул жерден Ашыраалы ырчы айтып берген Осмонкулдун теңдешсиз төкмөлүгү тууурасындагы кызык маалыматты белгилей кетүү ашыкбаштык кылбайт: «1948-жылы Осокемди Алма-Атага чакырышыптыр. Бул тойго мени ээрчитип алды. Биз Узун-Агачтагы Осокемдин таякелерине, андан Алма-Атага барып аябай сый көрдүк. Кенен, Үмбеталы ж. б. акындары ырдашты. Айрыкча Үмбеталы катуу төгөт экен, ал ырдагандан кийин ойлодум, айтаарга деле сөз жок калды го, Осокем кантип ырдаар экен деп. Анан кезек Осмонкулга тийди. Ал ырдаганда ошол жерде күбө болуп олтургандардын баары, Кенен,

Үмбеталы, башкалары да таң калышты. Ошондо М.Ауэзов айтты: – Мен Шашубай, Эсдаулет, Жамбылды, Үмбеталы, Кенен ж. б. көптөгөн суурул салма ырчылардын төккөнүн көрдүм. Бирок, сиздей бирде ойлонто, бирдей толгонто бардык тарабын келиштире ырдаган акынды жолуктурбадым. Сиз казак менен кыргыздын энчисине жаралган жалгыз акынсыз гой... деп» Ашыраалы дал ушундай даңазалуу төкмөнүн өз баласындай урматталган шакирти. Ушул себептүү көңүлү ордунда, ышкысы жайында турса (жайсыз жерде, же көңүлү жок ырдаса жакшы ырчы экендиги анча байкалбайт А. О.) ал төккөндөй эле төгөт.

Эл шайырларынын көп чыгармаларынын жана чыгармачылыгынын ичинен анын элге даңазасын абдан чыгарган бирин-экин негизги чыгармалары болот. Ашыраалынын өз жүзүн көрсөтүп, журтчулукка атын чыгарган чыгармасы – «Карагул ботом» дастаны. Бул элдик чыгарманы өз алдынча кошумчалап калкка алып чыккан Калык болгон. Андан үйрөнүп алып Асылбек Эшмамбетов да аткарып жүргөн. «Карагул ботомго» кандайча кайрылып калгандыгын өзү мындайча эскерет: «1955–56-жылдары Өзгөнгө барып калдым. «Туюк» деген жери, аты айтып тургандай, кеч күздө жолу бүтөлүп калат экен. Он күндөн кийин кар жаады. Каракөл айлы менен да, район менен да байланыш үзүлдү. Тажибай аке раис, Касиет деген аялы бар. Түнкү отурушта эл көп, Тажибай аке: – Ашыке «Карагул ботомду» билесиңби?– деп сурап калды. Осокем «окуянын өзөгүн билсең, өзүңчө кошуп төгө бер, билбейм деп эч убакта айтпагыла» – дечү. Билем, – дедим. А.Эшмамбетовдун айтканын уккам. Ошентип, «Карагул ботомду» көңүлүмө келе калган күтүүсүз обонго салып жамактатып кирдим. Тажибай аке, аялы, дагы бирөөлөрү ыйлап киришти. Бир саатча төктүм окшойт. Көрсө, Тажибай акенин үч кызынан башка бир уулу болуптур. Ал кырсыктап алты жашында чарчап калыптыр. Тажибай аке, аялы экөө ошону эске түшүрүп ыйлап жатышыптыр. Тажибай аке түнү менен кайта дагы үч жолу айттырды. Ошондо эргип, жакшы төктүм го деп, өзүмө өзүм ыраазы болуп калдым. Кийинки айылда Кара деген бар экен. Эртеси жолугуп: «А-аай...

Ашыке, жайладың,– дейт. Көрсө, түнкү отурушта анын аялы да бар экен. Ал «Карагул ботомду» угуп алып, Каранын аярлап катып, кээде аңчылыкка чыгып жүрчү беш атаар мылтыгын таап чыгып ташка чаап салыптыр...»

Чындыгында эле «Карагул ботом» элдик жана Калыктын вариантына сюжеттик өзөгү эле окшош болгону болбосо Ашыраалынын айтуучулук, обончулук, аткаруучулук чеберчилигине баш ийген өз алдынча чыгарма. Муну өзү аткарганда, кайгылуу сюжеттүү ыр тизмектерине, муңга батып муңканган обону, буга айрыкча бап келишкен аткаруу чеберчилиги кошулуп «Карагул ботом» кайталангыс күчкө ээ болгон. Ачыгында, «Карагул ботомдун» даңазасын арттырып, жалпы кыргыз элине тааныткан, аны ошол калыбында теле-радионун алтын фондусуна жаздырып, түбөлүк өлбөс чыгарманын катарына А. Айталиев кошту.

Ашыралы элдик кайсыл дастанга кайрылбасын, улам айтса өз чеберчилигине жараша аны улам өзгөртүп, вариациялап айта билген, б. а. Калык, Саякбай, Алымкул, Осмонкул, Сарыкунандан бери келаткан айтуучулук өнөрдүн бүгүнкү күндөгү таланттуу улантуучусу. Өзүнүн айтымында ошол айтып жүргөн «Карагул ботомун» кийин ооруканага жатып калганда, бир чети кылаар иш жоктон, атайы поэма кылып жазган. Бул өзүнчө оригиналдуу, ашыкпай изилдөөнү талап кылган күчтүү чыгарма.

Чыгарманын биринчи эле айырмачылыгы мында он бир муундуу ыр түзүлүшүндө жазылган поэмалык, ошол эле учурда элдик салттуу дастандык форма да толук сакталган. Экинчиден, мында элдик, Калыктын вариантындагы айырмачылыктар да камтылган. Калыкта мергендин аты Ашыр, балдарынын аттары Убагыл, Эрегул, Байыркул, Дүйшөгул, эң кенжеси Карагул жана Карагулдун эжеси деп баяндалса, Ашыраалыда мергендин аты Карыпбай жоодо өлгөн уулдары Эрегул, Жорогул жана Карагул деп берилет.

Үчүнчүдөн, мында окуя:

Боз баскан чаңгыл асман, сургул булут,
Өңү өчкөн, жашыл чөп жок, ысык уруп.
Жай бою күн чакчайып тамчы тамбай,

Келатты ачарчылык колун сунуп.
Саналып кабыргасы, сөөгү аркайып,
Малы арык, адамынын алы куруп.
Талаада бөрү жойлоп, оозун кандап,
Ыркырап чаң учурган шамал улуп.
Куту учкан айлананын өңү өчүп,
Томсоргон тоо-ташынын көркү кетип.
Шылдырап агып жаткан булак соолуп,
Байыр алган жаныбарлар жерден безип.
Акактап карга-кузгун көлөкө издеп,
Болоорун бир шумдуктун алдын сезип.
Чыккандай азыр эле жерден өсүп,
Бүлбүлдөп пайда болду кара чекит.
Чекиттер көбөйүшүп жайнап, сандап,
Жааларын, найзаларын даяр кармап.
Кекээрдүү эриндерин бекем кымтып,
Кетчүдөй жолукканын мойсоп-кайсап.

Чаңдатып ээн талааны сапырылтып,
Келатты эсеби жок калың калмак –

деп кеңири планда, б. а. опурталдуу көчмөн турмуштагы элге жайсыз мезгилди, ачарчылык жакындап, арып-ачкан мал, жанды, мындай кезде үрөйү учуп кунарсыз көрүнгөн айлана-чөйрөнү, бул аз келгенсип «кара чекиттей» жер үстүн каптап келаткан каргашаны сүрөттөө менен башталат. Эл бүлгүнгө учурап, Карыпбайдын эки уулу калмактардын жеми болуп, кемпири элүүнү эңкейгенде Карагулду төрөп берет. Элдин ичи дагы деле тополоң-тоздуу болуп тургандыктан чал-кемпир жалгыз уулунун коопсуздугун ойлоп, тоо-ташты беттеп көчүп жөнөшөт.

Акын бүт дитин коюп, аябай берилип иштегендиктен чыгарманын ар учуру чоң чеберчиликте, мыкты жазылган.

Ошентип жалгыз уйга жүгүн жүктөп,
Баратат тоо ичинен бакыт издеп.
Аркаят аска-зоолор койнун ачып,
Баланды сактап берчи мына биз деп.
Токою шыбырашып, түрлүү жемиш,
Тургансыйт тунук суусу канганча ич деп.

Күн тоодон аша берди, бешим убак,
Карыпбай «Кара зоону» конду түптөп.

Ашыралынын айтуучулуктагы бир өзгөчөлүгү окуяларды орду менен символикалуу сүрөттөгөн күчтүү жазуучулардай болуп учур менен табиятты, же адам жазмышы менен аалам бирдигин шайкеш кылып, төп сүрөттөй билет. Ал кыргыз-казак адабиятынын тарыхын, о. э. орустун, дүйнөлүк адабиятты көп окуйт, мүмкүн ошондон улам. Бул өзгөчөлүк өзүнө замандаш Токтосун, Эстебес ж. б. кездешпейт. Алсак, поэманын башталышында жайсыз мезгилге, чапкындуу учурга жараша айлана-чөйрө да жансыз, жайсыз, суз тартып түнөрүп турса, чал-кемпир Карагулун алып көчүп келаткан тапта табият да алардын кубанычына ортоктош болуп, түрлүү дүйүм жемишин, тунук суусун даярдап, жадырай тосуп алат ж. б.

Бул чыгармада, мерген ууга үйдө эти түгөнүп калган, аргасыздыктан чыгат. Мергендин уулун атып алган учуру мында андан ары тереңдетилип, өздүк чеберчиликте баяндалат:

Элик тон кайдан кийгиздим ботом?
Эрмегиме ок тийгиздим, ботом.
Эрезеге чыгарда,
Эл-журтка кызмат кыларда,
Айланайын жараткан,
Ыңгайсыз жерден күйгүздүң, ботом?
Кейий турган болгон соң,
Жалгызды кайдан сүйгүздүң, ботом?

Токтоду аккан булагым, ботом!
Тозоктуу күндө турамын, ботом!
Кагылайын Карагул, ботом!
Канган жок жыттап кумарым, ботом!
Жан таттуу экен өлгөнгө,
Айлам барбы, чыдадым, ботом!

Кайдан деп болбойт турбайбы,
Капилет келчү ажалды, ботом.
Эртең менен балалуу

Абышканын бири элем,
Кечинде эле какбаш болуп каламбы, ботом...
Какчайып жалгыз калдым деп,
Үйгө сүйүнчүлөп барамбы, ботом!

Карган чал көргөн көзүнө ишенип-ишенбей, пендечилик кылып, кокус уулу тирүү кала турган болсо, жашоо айласы үчүн өмүр бою кесип кылып келген мергендигин таштап коюуга ант берет:

Карагул кокус тирилсе,
Канкорлук кесип курусун.
Чөп-чар жеп оокат кылсам да,
Кайталап мындай кылбасмын, ботом.

Муну менен анын акыркы үмүтү айтылат. Жаман да, жакшы да кабарды алдын ала сезген энелердин сезимталдыгы бул чыгармада эң жеткиликтүү берилген:

Капкайда жаман санаалар,
Кабыргамды чымчылап, ботом.
Ой-тоонун баарын кыдырдым,
Олтура албай тынчыраак, ботом.
Өзүмдөн өзүм эчкирип,
Ыйлагым келет буркурап, ботом.
Жамандык белги болобу,
Кулагым чуулдайт, чуркурап, ботом.
Аман болсо болгону,
Чымындай жаның жылтырап, ботом.
Эмне экенин билбеймин,
Эчакцы каткан куу эмчек,
Ооруйсуң мынча зыркырап, ботом!

Кан жутуп, карайлап турган учурда санаа чиркин кайда гана барып далбастап, эмнелерди гана чапчыбайт. Ошондой учурдагы аргасы түгөнгөн абышканын кемпирине жан кашайып айткан кайраты бул:

Кудай укпай калганбы?
Куураган биздин арманды, кемпир.
Маңдайга жазып койгон соң,
Кыйшайтып ишти койгон соң,
Кырсыктан качар жан барбы, кемпир.
Ырыскыбыз жалгызга,

Ыргытты ажал аргамжы, кемпир.
Жараткан жалгап берди эле,
Көп көрүнүп кеттиби,
Карызы бардай кайра алды – кемпир.

Кайберендерди аябаган карамүртөздүгүнүн убал сообу акыры кандай азапка алып келгендиги кемпирдин каяшасы аркылуу эки сап ыр менен гана ташка тамга баскандай мындайча тыянакталат:

Асынып жүргөн бараның, какбаш,
Ажалы беле баламын, какбаш!

Бул жерде каргаша болуп жатса, баягы чал керээлди кечке издеп таппаган, өзү атып жарадар кылган кийиктердин Карыпбайдын дал бет маңдайында, качанкы бир өткөн өчүн, кеткен кегин алган өңдүү, улактарын ээрчитип түгөлү менен эч коркпостон беймарал оттоп жүрүшү менен чыгарманын бүтүшү поэманын салмагын ого бетер көтөрүп таштаган. Чыгармада А. Айталиев тарабынан киргизилген ушул өңдүү жаңылыктар кездешет.

Башына көөдөй кара түндү кийип,
Өлүктү улам жыттап, улам сүйүп.
Карыпбай кемпири экөө чыркырашып,
Пастабай кайра күчөп, кайгы, күйүт.
Жанында кайрат берээр бир да жан жок,
Жатышты жүлүн сыздап, жүрөк күйүп.
Аңгыча көзгө кечке көрүнбөгөн,
Өтүштү жакын жерден үч-төрт кийик.
Алардын ою жоктой үркүп, коркмок,
Ээрчиткен улагы бар улам, токтоп.
Элеңдеп эки жагын карап коет,
Күткөнсүп бирдемени издеп, жоктоп.
Бир теке сынык мүйүз чыга келди,
Жүргөнсүп өз үйүрүн санап, топтоп.
Жарык желин, чолок телки, буту сынык,
Жай гана чөп үзүшүп, жатты оттоп.

Поэма узак, ошого жараша көркөмдүк деңгээли жогору, баштан аяк чыгармачылык эргүү, бир дем менен иштелип, окуялардын ирет, тартиби, жүрүшү өтө билгичтик, абдан изденүүчүлүк менен бар тарабынан жетик жазылган.

Ошентип, А. Айталиевдин «Карагул ботому» анын чоң масштабдагы, болгондо да импровизатор айтуучу – дастанчылык чеберчилигин далилдеген, элдик, Калыктын вариантын өз алдынча иштеп чыккан түбөлүктүү алп чыгарма.

Ашыралы мындан тышкары «Аксаткын менен Кулмырза» жана «Ак Мөөр» дастанын аткарып жүргөндүгү белгилүү. «Аксаткын менен Кулмырзаны» да бир китептен окугам, кийин ошол сюжеттин негизинде айтып калгам» деп эскерет өзү. Тилекке каршы, аталган эки дастандын ырчынын өзүндө кол жазмасы жок, себеби ал өзүнүн аткаруу, жарата билүү чеберчилигине ишенет. Бул жагын алганда ал устаты Осмонкулду тарткан. Болгону «Аксаткын менен Кулмырзанын», ошондой эле «Ак Мөөрдүн» да Ашыраалынын аткаруусундагы варианты теле жана радионун алтын фондусуна жазылып калган. Бул чыгармалар туурасында кеңири талдап сөз кылуу үчүн ошол лентадагы жазууларды кагазга көчүрүп чыгуу керек.

Кызык факты, ырчы менен болгон үйүндөгү аңгемелешүүмдө ал мага «Ак Мөөрдөн» үзүндү аткарып берди:

Сен ак чынар элең белдеги,
Ак Мөөрүм элең элдеги.
Айлуу түндө келчү элем,
Ак жүзүндү көргөнү.
Ашыктыгым таркабай,
Аңдычу элем өргөнү.
Акыры алып кетээрде,
Ачынган бүркүт сермеди.
Кое берээр көрүнбөйт,
Карт бүркүттүн чеңгэли.
Азыр жутуп ийсең да,
Алкымдан жыттап алайын,
Ашыгым Мөөрүм, кел бери!

Мен ак туйгун элем белдеги,
Сен ак чардак элең көлдөгү.
Караңгы түндө келчү элем,
Карааныңды көргөнү.

От болуп өзүң турганда,
Ойлонбочумун өңгөнү.
Калтардай илип кетээрде,
Капкара бүркүт сермеди.
Казыр башым алса да,
Кара жанды аябайм,
Кагылам Мөөрүм, кел бери!

Сен ай чолпон элең шаңкайган,
Анда мен,
Аска-зоо элем заңкайган.
Ар кимди арбап туруучу,
Ак Мөөрүм элең маңкайган.
Аргасыз, чалга туш болдуң
Арчадай катып кайкайган.
Куткарып алар жан барбы,
Кууратпай сени, Жантайдан.

Ушул эле эпизодду үч жолу айттырсаң үч башкача айтат экен. Мында да, «Ак Мөөрдүн» башка варианттарында кездешпеген, Болоттун чын ашыгына болгон аруу сүйүүсүн, жан кашайткан күйүтүн ыктуу салыштыруулар менен жеткирип бере алган Ашыраалынын айтуучулук, төкмөлүк чеберчилиги ачык эле байкалып турат.

Дегеле А. Айталиев ашыктыкты да, күйүттү да, кубанычты да, досчулукту да («Аксаткын менен Кулмырза») кара сөз менен эле айтып салбай, жүрөгү аркылуу туюндура билген, өзүнүн күчүн ушул жагынан көрсөткөн, өтө жөнөкөй, Бирок, таланттуу төкмө. «Аксаткын менен Кулмырзанын» жыйнакталып чыккан варианттарынан бөлөк, чоң чеберчиликте жандуу аткарылып радионун алтын фондусуна жазылып калганы Айталиевдики.

Ашыралынын чоң таланттуулугун билгизген, анын өнөрүнүн үчүнчү кыры – обончулугу. Анын «Жылкычы», «Нарындан кат», «Эл алдында келет ырдагым», «Ак шоокум», «Бат эле келсең болбойбу» өңдүү бир катар обондору Муса, Жумамүдүндүн обондорундай болуп, капкачан эле классикалык, элдик обон болуп кеткен. Ашыраалы обонду да ойлонуп жаналакеттенбей импровизациялык ыкмада

чыгарат. «1958-жылы Гоголдун «Текшерүүчүсүн» коюп Нарынга бардык. Концерти да бар. Т. Уралиев бүт аппараты менен кошо жүрөт. Бир убакта эле мени ырдайт деп кулактандырып салышты. «Нарындан жазган салам катты» ошол жерден обонго салып ырдап койдум. Ыры, обону да шыдыр чыкты. Фрунзеге келдик. «Спартак» стадионуна барсак эле радиодон мен ырдап жатам. Көрсө, обонду Т. Уралиев жаздырып алыптыр. Мен аны унутуп калгам. Кийин Турсунга «аке-жакелеп» жатып, ырын көчүрүп жазып, обонун үйрөнүп албадымбы» – деп эскерет өзү бир обонунун чыгыш таржымалын. Ырларынын тексттери да алымдуу. Бул ырларды кыргыз акындарынын калеминен жаралган сүйүү ырларынын эң мыктыларынан дешке болот.

Көздөрүң алоо жаккандай,
Каректе көп сыр жаткандай.
Таасириң жандан бөлөкчө,
Жайлоодон аткан ак таңдай.

Тартасың, ойду жеңесиң,
Тартылып көзгө келесиң.
Айламды кандай кыламын,
Ээрчитип алды элесиң.

Каксаң да каалап «сен» дегем,
Карагым келет дембе-дем.
Бүт ээлеп алган эркимди,
Буткөнсүң, айтчы эмнеден.

Көрбөсөм көөнүм жайланбай,
Көп ишим унут калгандай.
Он мүнөт турсам жаныңда,
Ошол күн мага майрамдай.

Берегн ырда эч кандай абстрактуулук жок, тескерисинче жигиттин чын ашыгына кандай да болсо жетүүгө умтулуу процессиндеги анын эңсөө менен кусалыкка ширелген «он мүнөт жанында турса, ошол күн майрамга окшогон» аруу махабаты, чыныгы психологиялык абалы ары ишенимдүү эң сонун жүзөгө ашкан. Төгүп ырдоо менен катар

профессионал жазма акындардай жаза билүү ыкмасы А. Айталиевде да кездешет.

Ырчы көңүлү эргип, ышкысы күчөп, эл алдында тимеле агынан жарылып ырдагысы келип турган бактылуу учурларын да (бир чети буга өмүр-жаш туурасындагы философияны сыйдыра) чын пейилинен минтип ишенимдүү билдире алат:

Саргайгансып күзүндөгү бак,
Кир чалгансып жаштыктагы чак.
Өзгөрүлбөй тура бербестен,
Өмүр чиркин өтүп баратат.

Нур балкыган жаштык чактарын,
Элестетчү таңдын атканын.
Жылдар жылса билинбестир эч,
Улгайгансып бара жатканым.

Өкүнүчсүз шаттуу жашадым,
Картайдың деп какпайт катарым.
Бирок, дагы шайыр заманда,
Жапжаш болуп келет жашагым.

Кыярса да кызык кырдаалдым,
Эмгектенген элдин жыргалын,
Шаңкылдаган шайыр үн менен,
Эл алдында келет ырдагым.

А. Айталиевдин алтымыш жылга чукул чыгармачылык жолунда бар болгону жупкадай бир гана жыйнагы («Залкарлар арасында» – Ф., 1986) чыккан. Ырчылыгынын башатынан тарта «Карагул ботом» поэмасы баштаган обондуу ырлары да ошондо. Биз А. Айталиевдин ырлары, обондуу ырлары, дегеле чыгармачылыгы тууралуу ой бөлүшкөндө мына ушул жыйнагынын негизинде гана сөз кылдык. Бул да болсо анын адамдык табиятынын камырабастык, кенебестик мүнөзүн туюндурат. Болбосо жазылган, жарыяланган, чогулуп калган ырлары көп. Анын чыгармачылыгы кыргыз-казакка бирдей таанымал. «Жылкычы», «Нарындан жазган салам катка» окшогон

обондору казак элинде да сыймыктуу өз обондорундай үзбөй ырдалып келет.

А. Айталиевдин Токтосун, Эстебес, Тууганбай, Замирбек менен ар учурда айтышкан жагымдуу айтыштары бар. Ал казак жергесиндеги чоң майрамдарда акындары менен айтышып ат, төө минип, акчалай сыйлык алып алдыңкы орундарды ээлеп жүргөндүгүн билебиз. Демек, анын айтыш өнөрүндө да салымын кошкон өз орду бар.

Кыргыз Республикасынын эл артисти, бир катар орден-медалдардын ээси, белгилүү ырчы Ашыраалы Айталиевдин чыгармачылыгын изилдеп жатып биз анын өз алдынча оригиналдуу төкмөлүгүнө, классикалык обондору, кайталангыс дастандарды (өзү негизги сюжетин билген) шыдыр жарата, айта билген бүгүнкү күндөгү импровизатор обончу, айтуучулугуна таң бердик. Биздин учурдагы эл шайырларынан анын негизги өзгөчөлүгү, айырмачылыгы, артыкчылыгы да ушунда турат.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТ*

[1] *Айталиев А.* Залкарлар арасында. – Ф., 1986. Келтирилген цитаталар ушундан алынды, мындан тышкары өзүнүн эскерүүлөрү пайдаланылды. (А. О.) 12-бет.

## ТОКТОСУН ТЫНЫБЕКОВ

Абалтадан келаткан даңшаары күчтүү, арымы зор төкмөлүк өнөрдүн классикалык доору Ысмайыл Борончиевдин чыгармачылыгы менен соңуна чыгып, булардын жолун түздөн-түз улантышкан А. Айталиев, Т. Тыныбеков, Э. Турсуналиевдердин чыгармачылыгы менен өзүнүн кийинки этабын баштайт. Демек, Т. Тыныбеков бүгүнкү күндөгү төкмөлүк өнөрдүн башатында тургандардын бири.

Токтосун Тыныбеков 1927-жылы Ош областынын Жаңы-Жол районуна караштуу Тегене айлында туулуп, 1982-жылы Бишкек шаарында көз жумган. Анын балалык курагы согуш мезгилине туш келет. Жетимчиликтин азабын да кыйла тартат. 1942-жылы жети жылдык мектепти бүтүрүп, Караганда шаарындагы ФЗУга кирет. Окуусун бүткөндөн кийин Караганда таш көмүр шахтысында тоо мастери, участкалык начальниктин жардамчысы болуп иштейт. Ушул 1946-жылдары «Караганда правдасы» гезитине анын «Шахтер» аттуу тунгуч ыры, андан көп узабай 1947-жылы өз районунун «Коммунизм жолу» газетасына «Эпкиндүү Ажыбек» деген ыры чыгат. 1946-жылдан тарта ал Тегенеде башталгыч мектепте мугалим, андан соң райондук маданият үйүндө клуб башчылык милдетти аткарат.

Токтосун бала кезинен эле элдик өнөргө кулагын салып, куйма кулак чыгат. Айылдашы Кошалы карыянын жана ырчынын ата-энесин жакшы билген Коргол ырчынын айтымында Токтосундун апасы Күлкан абдан сөзмөр, ырчылыгы да бар, ооз комузду жакшы тарткан жан экен. Элдик өнөргө ышкысы эрте түшкөндүгүн өзү «Ниязалыга» деген жоктоосунда берегиче баяндайт:

Көзүмө турат элестеп,
Көргөнүм бала чагымда.
Аракет кылып жүрчүмүн,
Ар күүсүн илип калууга.

Анан калса Токтосун чыккан Аксы жергесинде айтылуу Токтогулдун устаты Ниязалы комузчу, Нурмолдо, Молдо Багыш акын, өмүрүнүн көбү Аксыда өткөн алп ырчы Жеңижок сыяктуу даңазалуу эл шайырлары жашаган. Демек, биринчиден Токтосунга талант эне сүтү менен келсе, экинчиден, элдик шайыр чөйрө наристе кезинен анын көңүлүн ушул жакка буруугa жетишкен. Ошентсе да өзүнүн күчү кай өнөрдө экендигин анча аныктай албай жүргөн талапкер үчүн сөзсүз ага туура жол көрсөтүп койчу устаттын болушу өтө зарыл.

Токтосундун дал ушундай – биринчи устаты Коргоол. Токтосунга ал ырды жамакташтыруунун ар кыл үлгүлөрүн, алым сабак ырдоону, ошондой эле кол ойнотуп чертилчү күүлөрдү кантип чебер чертүүнү үйрөткөн. Токтосун буга чейин эле күүлөрдү чертип, элдик күйгөндөрдөн ырдап жүргөн, ошентсе да азилдештире чукугандай курч сүйлөп эл көңүлүн таап, айрыкча сүйүү ырларын жандили менен өктөлөп, «О-оой, и-иий» деп жогорку чеберчиликте күйүп-бышып ырдоону бир жарым айча бирге жүрүп дал Коргоолдон үлгүлөгөн. Ошентип, Токтосундун ырчылык жолго түшүүсүнө «Акын болсоң анык бол, атагы чыккан Калык бол!» – деп алгач Коргол көмөкчү болгон. Буга чейин ыр, күү өнөрүнө абдан ыкласын коюп жүрсө, устатына жолуккан күндөн тарта ал бул өнөрлөрдүн өз алынча билерманына айланганына күбө болобуз.

Ушинтип, өзүн ким менен болсун кармашса күчү жетчү кадыресе ырчы сезип делөөрүп, буга өрттөй жанган жалындуу жаштыгы кошул-ташыл болуп, көзүнө эч нерсе көрүнбөй жүргөн мезгилинде даңазалуу Барпыга учурап, тийиштик кылып аны менен айтыша кетет. Бул окуядан кийин Токтосун айтыш өнөрү ырчылыктагы эң татаал өнөр экендигин түшүнүп, алп төкмө кандай болоорлугун жана өзүнүн канчалык каруусу бар экендигин жакшы баамдап, дегеле кимдин ким экендигин ажырата билип, көзүн чоң

ачып жүрүүгө аргасыз болот. Токтосундун Барпы менен айтышы ырчылык өмүрүндөгү чоң окуя болуу менен бирге, анын кийинки чыгармачылыгына мүлдө сабак калтырган. Ал туурасында өзү «Алып койгон өңдөндү, ала качма оорумду. Көзүмдү ачып бакшыдай, көтөрүп койду боорумду» деп келип:

Көмөлөтүп кетем деп,
Көпкөндүк кылып оолуктум.
Тентектигим муш болуп,
Тепкиге өзүм туш болуп,
Тескери түш жоруттум.
Каарына келди бейм,
Катыгымды берди бейм,
Кайта араңдан соолуктум[1] –

деп, али деле такшала элек чалакайым, Бирок, жүрөгү курч, жаш ырчы экендигин моюнга алат. Бул учурда Токтосун өнөрүн жаңыдан жөндөп келаткан, өзү эскергендей «ала качма ырчы» эле.

Ушундай күндөрү, 1949-жылы күз мезгилинде ал даңазалуу ырчы Калыкка жолугат. Калык талантууларды сыйлап, мындайларды ар жерден издеп таап, дайыма көмөгүн көрсөтүп, жардамын тийгизе жүргөн улуу устат, асыл адам үчүн Токтосунду да «жүгүрүп даңкың чыга албайт, жүрө берсең айылда. Такшалтып алып барайын, таасын ырчы, баарына» деп, түз эле өзүнүн бригадасына кошуп, кийин Фрунзеге ала келип эл шайырларынын очогу болгон филармонияга киргизет. Калыктын таалими күчтүү сабагын алып, аны менен эки айча бирге жүргөн убакытта эле көптү көрүп, ырчылык өнөрүнүн өз жолуна түшүп, кыйла такшала түшкөнүн биринчи устаты Коргол да танбайт:

Тилегендей Токтосун,
Болуп калган экенсиң,
Туурума ээ болуп,
Конуп калган экенсиң.
Көңүлүнө Калыктын,
Толуп калган экенсиң.
Атаң менен кошулуп

Фрунзеге жетерсиң.
Ар жагында бар эле,
Артистикке өтөрсүң.
Айтыш, тартыш үйрөнүп.
Акын болуп кетерсиң[2].

Токтосундун Калыкка жолугушу менен анын байсалдуу, ары түмөн түйшүктүү чоң ырчылык өнөрдү беттөөсүнө шыдыр жол ачылат. Коргол Токтосунга ырчылыктын кыйла сырларын үйрөтүп, эл арасында ырдоого алгач көнүктүрсө, Барпы суу кошпогон чоң ырчы деген кандай болоорлугун жүйөөлөп туюндурса, Калык арымдуу ырчылык, комузчулук, дастанчы-айтуучулук, аткаруучулук өңдүү көп кырлуу өнөрпоздук таалимин жанына ала жүрүп жакындан үйрөтүп, ошол эле учурда филармонияга киргизип, Токтосундун элдик шайыр болуп калышына эң керектүү шартты түзүп берген. Токтосундун ар кыл өнөрү бар Мураталы, Молдобасан, Калык, Карамолдо, Осмонкул, Саякбай, Алымкул, Актан, Атай, Муса, Шаршен, Адамкалый, Мыскал өңдүү даңазалуу эл шайырлары менен бирге иштеп калуусунун өзү эле ага чоң университет катары кызмат өтөгөн. Токтосун бул өнөрпоздордон да көп сабак алып, алардын ар кыл өнөрүнөн өзүнө ооштурган.

Ошентип Токтосундун келечегинин түптөлүшүнө, көп кырлуу айтылуу эл шайыры болуп калышына Калыктын көмөгү теңдешсиз. Ал Токтосунга устат катары эле жол көрсөтпөстөн, атасы катары, анын үй-бүлө күтүп өз алдынча адам болуп чыгышына да кыйла салымын кошкон. Токтосун да, Калыкты чексиз урматтап «ата» деген. «Токтосун атамды ата, апамды апа деп биздин үйдө жашаган. Бир күнү 1951-жылы Калык атам сурады: – Сүйлөшкөн жериң барбы?– деп. Бар экен, айта албай жүрүптүр. Сайра Кийизбаеванын сиңдиси, Төкөлдөштөн экен. Биз эки бөлмөлүү үйдө он эки киши жашачубуз. Алтоо Калык атамдын баккан балдары. Атамдын гумандуулугуна таң калам. Токтосун келип: «Сайра кайнежем бир кичине үйүбүз бар, ошондо турбайсыңарбы» деп жатат деди. Мейли балам, Бирок, келинди биздин үйгө алып кел, анан бөлүнөсүңөр деп бир бөлмөсүн бошоттуруп, улуу баласындай колунун

келишинче жууркан-төшөк, туш кийиз ж. б. берип узатты. Ал кезде Гүлсара кичинекей ак саргыл сулуу кыз эле» деп эскерет Калыктын келини Магрифа Рахимова.

Токтосундун биринчи ырлар жыйнагы «Биринчи эмгек» (1954) деп аталат. Мында ырчынын филармонияга киргенден кийинки мезгилдеги көргөн-билген, өзү аралашып жүргөн Советтик турмуштун көңүл эргиткен жакшы таасирлери ырга салынганы «Бакыт кайда?», «Салтанат», «Жаша Кытай», «Москва», «Фрунзем», «Конституция» ж. б. ырларынан эле көрүнүп турат. Т. Тыныбеков «Бакыт кайда?» деген ырында:

Бакыт кызыл гүл бекен?
Жер бетинде жайнаган.
Бакыт тийген күн бекен?
Түнкүсүн ысып кайнаган –

деп бир топ жагдайларга кайрылып келип, соңунда мындайча жыйынтыкка келет:

Биринчи бакыт ынтымак,
Биздин совет элдеги.
Бакытка бакыт кошулган,
Эркин элдин эмгеги[3].

Акын (буларды «ырчы», «акын» деп берсе деле болот, анткени жаза да, төгө да билишет А. О.) жазгандай эл шайырларын, дегеле жалпы совет элин окуу, иш, эмгек менен камсыз кылып, бапыратып үй-жай күттүрүп, ар жылыга отпуска берип эс алдырып, ден-соолугу начарлап баратса курорт, санаторияларга жиберип, эркинче жашаткан социалисттик система чындыгында эле бир келген бакыттын өзү болуптур. Бирдиктүү совет элинин тамшанаарлык ынтымагы, акын-жазуучулардын олуттуу эмгектеринин ар башка тилге которулуп китеп болуп чыгып, таланттуу эл шайырлар чар тарапты кыдырып, өнөрүн көргөзүп дүйнө элине таанылып жатышы бакыт эмей эмне.

Бирок, экинчи жагынан, советтик идеологиянын зыяндуу жагы айрыкча төкмө ырчылардын эркин табитин түшүнбөй, аларды өлкөдө, республикада болуп жаткан жаңылыктарды, өзгөрүүлөрдү ар убакта жарлык кылдырып койгондугунда болгон. Аларга баш калаабызга келип

түшкөн меймандарды ырдап тосуп алуу, узатуу, ар түрлүү маанилүү, маданий жаңылыктарды элге айтып үгүт кылуу, ар кыл майрамдарда, же юбилейлерде кааласа-каалабаса да эл алдына чыгып ырдоо өңдүү, дагы толуп жаткан милдеттер жүктөлгөн. Токтосундун «1-май», «Колхоз коллективине», «Жаңы жылга», «Кен казкан жаштарга», «Комсомолка кыз чабан», «СССРге 50 жыл», «Советтик баатыр армия жөнүндө», «8-март», «Куттуктоо», «Комсомолдорго», «Коммунисттик партия» ж. б. ырлары мына ушундай багыттагы, 20-жылдардан тарта салтка айланып келаткан эрежедеги ырлардын катарына кирет. «СССРге 50 жылын» мисалга тартып көрөлү:

Атабыз улуу Ленин,
Арнап берди таалайды.
Элүү жылдын ичинде,
Эчен укмуш жаралды.
Өзүнчө болуп көп улут,
Өлкө болуп таралды[4].

Ырда негизинен «быйылкы жыл кандай жыл, булуту жок айдай жыл» деген өңдүү салттуу жадатма мотивдер жыш колдонулуп, СССРдин 50 жыл ичиндеги илимдеги, техникадагы, эл чарбасындагы ж. б. жетишкендиктери саналып чыгат. Чындай келгенде этаптуу, утурумдук чыгармалардын катарына киргени болбосо, жеке эле Токтосун эмес Осмонкул, Алымкулдай ири ырчылардын да беделин түшүрүп турган, совет мезгилиндеги чыгарылган дал ушундай ырлар болуп эсептелет. Мындай ырлардын ичинде ошол ырчынын жеке талантына жараша айрым мыкты, ал түгүл таасын чыгып калган элестүү баяндоолор, салыштыруулар, курч тизмектер да учурап калышы мүмкүн, Бирок, баары бир чыныгы эргүүдөн жаралган кундуу чыгармалардын катарына кирбейт.

Токтосундун кыргыз жерлеринин табигый коздугуна суктанып жазган ата журт, туулган жерге, о. э. курбу-курдаштарына, мезгилге ж. б. арналган ырлары жакшы чыккан.

Мен ыңаалап төрөлгөндө энемден,
Алпечтеген сен өзүңсүң, Тегенем.

Тегенемди тегеренип жүрүүчү,
Тентегиңдин бирөөлөрү мен элем.

Тикенеги тиштериндей камандын,
Жантагыңа жылаңаяк бара алдым.
Эзип кетчү, тешип кетчү бутумду,
Долононун найзаларын дагы алдым.

Анда дагы колотуңдан чыкпадым,
Дөңсөөлөрдөн жыпарыңды жыттадым.
Кара Тыттын соксо дагы шамалы,
Караанына кайта келчү ыктагым[5].

Бул, туулган жерге арналган мыкты ырлардын бири. Ар нерсеге өтө мээримдүүлүк менен мамиле кылган ырларынан анын турмушта да эч адамдын көңүлүн калтырбаган өтө мээримдүү адам болгондугуна ынанасың. Ырчы кайсыл жерге барбасын ошол жердин негизги өзгөчөлүгүн төкпөй-чачпай айтып, ачып берүүгө ашыгат.

Көл үстүндө жумурткадай,
Куулар мойнун көтөрөт.
Жайнап жүрөт кумурскадай,
Каз, өрдөгү көкөлөп,

(«Ысык-Көл»)

Токтосунда, биринчи ырда байкалып тургандай профессионал жазма акындардыкындай аллитрациядан тыш, ошол эле учурда жазмалыгы да, төкмөлүгү да сакталган («Ысык-Көлдө») эки стиль тең учурайт. Бүгүнкү төкмө ырчылардын ичинен нукура профессионал акындардыкындай лирикалык ырларды жазган Токтосун эле. Ырчынын мекенге арналган жакшы ырларынын катарына «Кыргыз тоосу», «Ош түнү», «Жаңы-Жолум», «Талды-Суум», «Ак-Буура», «Соң-Көл» ж. б. кирет.

Т. Тыныбеков төкмө ырчылардын ичинен биринчилерден болуп очеркти ыр менен баяндоого далалат кылган экен. Буга анын «Ак Сайда», «Бир колхоз жерин көрүп» деген чыгармалары күбө. «Бир колхоз жерин көрүп» деген циклында ошол барган колхозунун өткөндөгү тарыхы менен өзү барган таптагы чоң өзгөрүүлөрдү кыска-кыска он

ыр түрмөк менен таржымалдап берген. Ал эми «Ак-Сайда» ырчынын мындай аракети диалогду ыктуу пайдалануу менен жүзөгө ашкан. Мындан сырткары анын «Менин устаттарым» аттуу эскерүү, арноолордон турган жыйнагында өзү барган чет элдердин сый-сыпатын чагылдырууга, улуу-кичүү өз замандаштарына арналып, ыр коштолуп кара сөз менен жазылган очерктери бар.

Токтосундун таланттуу акын экендигин айныбай түйгузуп турган анын – сүйүү ырлары.

Сени карап мен турамын жалдырап,
Эки бетиң эндикке окшоп албырат.
Эркелеген бала өңдүү мүнөзүң,
Эзип жанды, эс-учумдан тандырат.

Бир убакта бир басчу элек сүйлөшүп,
Жүрчү элең жүр дегенде, жүр дешип.
Булак дагы бизди коштоп турчу эле,
Булбулундай Жаңы-Жолдун үндөшүп.

Кадимкидей элес берип мүнөзүң,
Карегиңди кадагансып күлөсүң.
Көрсөм дагы, көрбөсөм да, дайыма
Көз алдыма көп тартылат сүрөтүң.

Кышта болсун, мейли ысык жайында,
Кыштак жакка чыга калган чагымда.
Кызыл жүзүң күндөй мага нур берип,
Кызык ойго калтырасың Жамийла.

Профессионал жазма акындардын (Мидин, Турар) айрым таасирлери учураганы болбосо бул ыр сүйүү лирикаларынын мыкты үлгүлөрүнө жатат. Ал эми анын:

Эрмекке карап сүрөттү,
Эскерип эчен күн өттү.
Эркелеп айткан сөз үчүн,
Эзбесең боло жүрөктү.
(«Сагыныч»)

Сурма бар сулуу көзүңдө,
Суктанам сүйкүм өзүңө.

Сыздагандан жүрөгүм,
Сырдашкым келет өзүңө.
Акылым койбойт эркиме,
Ашыкмын сендей селкиге.
(«Селкиге»)

берегидей ондогон ырларына мыкты обондор чыгып бекеринен элге алымдуу болуп ырдалып жүргөнү жок. Т. Тыныбековдун сүйүү лирикалары абдан чеберчиликте, жакшы жазылып, ары өзү эле музыкалуу, жагымы артык болуп тургандыктан, анын ырларына өзүнөн башка көптөгөн композитор, обончулар обон чыгарышкан. Мындай ырларынын катарына «Сагыныч», «Селкиге», «Сагынга», «Катка жооп», «Гүлжан», «Мен болсом сенин эрмегиң», «Жаштык фонтаны», «Фрунзенин кыздары» өңдүү көптөгөн ырларды кошууга болот. Ал эми анын «Талды-Суум», «Фрунзем», «Эжейлерим -агайым», «Кыргыз тоосу», «Мекеним Кыргызстан» ж. б. обондуу ырлары дагы канча. Айтылуу алп ырчы Барпынын «Мөлмөлүнө» жандуу обон чыгарып, жан киргизип элге алып чыккан Т. Тыныбеков. Төкмөнүн өз ырларына өзү тарабынан чыгарылган бир катар мыкты обондору бар. Анын баары эчак элге алынып, элдик болуп кетти.

Токтосун өзүнүн чебер ырчылыгын айтыштарында да көрсөтө алган. Ал өнөрлөш шериги Э. Турсуналиев менен бирдикте эл аралап отуз жылга чукул ээрчишип ырдашкан. Ошол себептүү алардын сахнада, эл алдында ар учурда айтышкан айтыштары абдан көп. Булар негизинен Калык, Осмонкул, Алымкул, Токтоналы, Ысмайылдан бери келаткан салттуу жолду андан ары улантышкандар. Демек, айтыштын максаты өлкөдө, республикада болуп жаткан ар кыл жаңылыктарды, өзгөрүүлөрдү о. э. алдыңкы, же артта калган чарбаларды ырдап элге алып чыгуу болуп саналган. Ошондой айтыштардын көбү бүгүнкү күндө этаптуу чыгармалардан болуп калды. Бирок, булардын айтыштарынын ичинде бирин бири чымчып, ыктуу тамашалашкан жагымдуулары да бар.

Токтосун:

Тайтаңдатпай жоргоңду,
Таасындап салдыр чоң жолго.

Жел өпкөрөөк жан элең,
Жер чамасын биле албай,
Жетпей калып зордонбо.
Өжөрлөнсөм дебестен,
Өз күчүңдү болжолдо.

Эстебес:

Ар качандан бир качан,
Асыласың ырдасаң.
Кантип сенден каламын,
Катууланып чындасам.
Ачышып калып жүрбөсүн,
Аркандан катуу тырмасам.
Алдастаба жөнү жок,
Айыбыңды ырбатам.
Көп ачылбайт көңүлүң,
Көтөрүлүп турбасаң.
Желпинип кетет экенсиң,
Жолдош ко деп сыйласам.

Токтосун:

Акыл айткан сөзүмдү,
Ар кыл жакка бурбагын.
Көп эле анча менменсип,
Көккө колуң сунбагын.
Түз эле кептен баштасам,
Түзүңдү бузуп карардың,
Куду түтүнүндөй трубанын.
Болоор-болбос бир кепти
Илип кетме жериң бар,
Илинсе эле тырмагың.

Бирок, бул эки ырчы эч убакта катуу кетишпеген, тескерисинче ар дайым айтыштарынын соңу жагымдуу тамаша менен аяктайт. Булардын айтыштарына назар салганда устаттары Калык, Осмонкул, Алымкулдун да, айрыкча бири бирин чымчышуу, какшыкташууга келгенде Токтоналы менен Ысмайылдын таасири бөтөнчө байкалат. Дегеле айтышты көркүнө тамаша, юмор, какшык, азил чыгаргандыктан, булардын да айрыкча тамашалуу айтыштары окуганда жакшы маанай калтырат.

Токтосун өзү юморго табити жакын, тамашаны таап сүйлөгөн жайдары адам болгон, Бирок, анын мындай өзгөчөлүктөрү негедир ырларында көп байкалбайт. Бирок, «Куплеттер» деп аталган сатиралык маанайдагы ыр түрмөгүндө гана саал юморлуу, сатиралык тизмектер кездешет.

Токтосун улуу устат атасы Калыктын таалимин жетиштүү даражада алган ырчы болгон соң көрүнүктүү чоң эпос, дастандарды айтууга деле кудурети жетмек. Бирок, ал филармониянын тапшырмалары, өзүнүн дагы башка иштери, жекече түйшүктөрү менен алпурушуп жүрүп эпос, дастантарды айтууга, жаратууга негедир чолоосу тийбептир. Ошондой болсо да анын Калыктын «Шырдакбегине» өтө жакын турган (муну Токтосун Калыктан үйрөнгөн), азыраак гана айырмачылыгы бар «Кан Шырдактын боз жорго» аттуу баалуу чакан мурасы калды. Ырчынын жары Гүлсайра апа бул боюнча берегилерди айтат: «Токоң «Кан Шырдактын боз жоргосун» баштап жазганда жанагы ооруга чалдыкты. Курортология ооруканасына жатты. Тамак аш даярдап, күн сайын көрүп турабыз. Ошондо Токоң минтип айтты: «Ушул оорудан айыксам эле документ толтуруп пенсияга чыгып жазганга олтурамын. Тегененин тектирине боз үйдү тиктирип, бээ байлап, кымыз ичип жазбасам убакыт өтүп атыры, чоңураак бир нерсени жазышым керек» – деп кошумчалап койду»[6]. Эсенчиликте болгондо ал бул өңдүү бир катар баалуу дастандарды жазаары бышык эле. Бирок, чоң ырчы, асыл адам бул ыйык тилегине жетпей калган... Антсе да ушул чакан эмгектен эле анын талантка ширелген, ташыркабас дастанчылыгы айкын көрүнүп турат.

Токтосундун бүгүнкү ырчылардан кескин айырмаланган өзгөчөлүгү – көп кырдуулугу. Ал комузду Коргол, Шекербек өңдүү чоң комузчулардай эле келтире черткен. Карамолдо, Ыбырайдай комузчулардын татаал күүлөрүн өзүлөрүндөй чоң чеберчиликте аткарган. Жумамүдүн Бектемирдин обондорундай ондогон жагымдуу обондору бар. Ал кыл кыякты да жакшы тарткан. Ал эми, темир ооз комузду тартуунун классикалык үлгүсүн көрсөткөн Адамкалый Байбатыровдон кийинки, анын өнөрүн андан ары

уланткан, ооз комуз тартуунун кайталангыс чебери дал Токтосун Тыныбеков болгон. Өзү жетекчиликке алып он эки кыздан турган ооз комузчулардын ансамблин түзүп, бул өнөрдү дүйнө элдерине алгачкылардан болуп тааныткан да Т. Тыныбеков. Темир ооз комуздун теңдешсиз устаты Адамкалый ага мындайча баа берген экен: «Мен кыргызда көп комузчуларды көрдүм, Бирок, бу баладай так кайрып, көмөкөй менен ышкырганды уккан эмесмин! Темир ооз комуздун ышкырыгы мени менен кетти го деп жүрсөм, ордумду басар киши бар экен, темир ооз комуз жагынан эми көңүлүм ток»[7],– деди. Токтосундун темир ооз комузчулугу тууралуу анын ири устаты Адамкалыйдан өткөрө айтууга, сөз кошууга болбос.

Токтосундун кайсыл жерде жүрсө да көп кырлуу өнөрү менен ал жерди шаңга бөлөп жиберчү артыкча шайырлыгын эл жазуучусу Ш. Бейшеналиев абдан таамай жазган экен: «Жолугушууларда, олтуруштарда шайырды самаган элге Токтосун эч тарткынчыктабай толкуп-ташып ырдап, кол ойнотуп комуз чертип куудулданып... Токтогул, Калык, Коргол, Барпы, Адамкалый, Бектемир, Саиддердин өнөрлөрүн кубулжутат. Сөз уйкаштыгын кынаптап сабатып төкмө акындыгын да айкындайт. Санжырачы, нускоочу, санатчы улуу устаттардын айткандарын куюлуштура айтты. Ошондо Токтосун жалгыз өзү театрдын, филармониянын артистеринин зор тобундай обон, күүгө, санжыра, чечендикке чаңкаган элдин моокун кандырып, көп тарамдуу концерт берип алкоого, батага тунду. Бизди кошо рахаттантты[8].

Ал эмгекчил ырчы үчүн «Биринчи эмгек», «Балдарга», «Тилек», «Айтыштар», «Туулган жер», «Күз», «Менин устаттарым» өңдүү бир катар ыр жыйнактардын автору болду. Токтосун өспүрүм, жеткинчектерге арнап да ондогон ырларды жазган. Комузчулук, ооз комузчулук, төкмөлүк өнөрдүн өз алдынча билгиси болгон. Анын ооз комуздун кандайча жазалары, аны ар кыл ыкмада, ашкан чеберчиликте кантип аткаруу керектиги тууралуу жазгандары эң – баалуу музыкалык мурас (теориялык жагы да кездешет) катары кала бермекчи. Ошентсе да

Т.Тыныбековдун көп кырлуу таланты, арымдуу чыгармачылыгы өз убагында өкмөт тарабынан туура бааланбаган... Буга, устаты Калыктай анын бирөөлөргө жагынганды билбеген, тескерисинче бетке сүйлөгөн курч мүнөзү, чынчылдыгы да кошумча болгон. Бирок, элдин сүйүктүү ырчысы өнөрүн көрсөтүп кайсы өлкөгө барса да алтын медалдын ээси, лауреаттыктарга татып, өзүнүн күчтүү өнөрпоздугун аныктаган. Бир катар орден-медалдардын ээси, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Т. Тыныбеков таланты ташкындап турган 55 жаш курагында сапар салган.

Корутундулаганда Токтосун Тыныбеков бүгүнкү төкмөлүк өнөрдүн башатында туруп, бул өнөрдү улантуучулардын бири катары, мындан сырткары чоң комузчу, таасын обончу, аткаруучу, айрыкча темир ооз комузчулардын өзүнчө ансамблин түзүп, бул өнөрдү дүйнө элдерине жеткирүүдө зор эмгек сиңирген кайталангыс ооз комузчулугу, төкмөлүгү менен акындар поэзиясынын тарыхында кала берет.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Тыныбеков Т.* Менин устаттарым. – Ф., 1983. 76-бет.

[2] Ошондо. 85-бет.

[3] *Тыныбеков Т.* Биринчи эмгек. – Ф., 1954. 9-бет.

[4] *Тыныбеков Т.* Тууган жер. – Ф., 1973. 39-бет.

[5] *Тыныбеков Т.* Күз. – Ф., 1977. Негизги ырлар ушул жана «Туулган жер» аттуу жыйнактарынан алынды.

[6] Токтосун. – Б., 1997. 576-бет.

[7] Ошондо. 544-бет.

[8] Ошондо. 534-бет.

## ЭСТЕБЕС ТУРСУНАЛИЕВ

Бүгүнкү күндөгү төкмөлүк өнөрдүн башатында тургандардын бири Эстебес Турсуналиев. Ал 1931-жылы Талас өрөөнүн Кара-Арча деген айлында туулган. Балалык жылдары согуш мезгилине туш келип, андагы эл ичин кайгы, оору каптаган оор түйшүктү өз башынан өткөрөт. Атасы согуштан кайтпай, бир карындашы оорудан каза болуп, Эстебес менен эжесинин эч нерседен кем болбой, өз максаттарына жетишине апасы Арпаян зор күчүн үрөгөн. Турсуналы комузчу, ал эми апасы абдан сөзмөр, кошокчу, шайыр жан болгон экен. Эстебестин белгилүү эл шайыры болуп өсүшү үчүн айрыкча апасы кыйла көмөктөшүптүр. «Атам мени ырчы болот деп калчу. Апам болсо айылга кандай өнөрпоз ырчы, чоорчу бирөөлөр келсе ошого мени алпарып көрсөтүп, Эстебесим эл тааныган ырчы болсо деп тилек кылар эле»[1].

Булардын айлында Эстебеске окшоп комузга, ырга кызыгып, комуз чертип, ырдап жүргөн курбулары көп болгон. «1939-жылы окууга кирдим. Мектеп жакын, окуудан кийин баягы жолдош балдарыбыз чогулуп алып суунун жээгинде кечке чертмек чертишебиз. Ичибизден Токтогул, Самсалы түзүк чертет. Мен ырдаганды жакшы көрөм. Жуматай деген абабыздын «Жаныш, Байыш», «Кедейкан», «Саринжи, Бөкөй» ж. б. жомок китептери бар. Артист болуп иштеген Жумакул деген агаларыбыз бар, үнү жакшы, айылдагылар ошого окутуп таң атканча ырдатышат. Мен аларга көп барам, кийин ошол китептен жаттап алып ырдай баштадым»[2]. Ал ошол мезгилдерде айлына концерт коюп барышкан Калык, Осмонкул, Атай, Шаршенге окшогон филармониянын артистеринин дагы өнөрлөрүнө

күбө болуптур. Эстебестин балалыгы мына ушундай чөйрөдө өткөн. Бул учурда ал азыраак жамакташтырып ырдап жүргөн.

Бирок, анын тагдырын чечип, чыныгы эл шайыры болуусуна биринчи кезекте айтылуу Алымкул төкмө себепчи болгон. Ал өзүнө саламдашып ырдаган Эстебестин ырын угуп, жаратып, көңүлүн улап мындайча ак батасын берет:

Түзүк болуп калыпсың,
Түшүндүм балам, жайыңды.
Жаман эмес арышың,
Жакшы эле айттың барыңды.
Такалбай ырды так айткын,
Таамайлуу сөздү шар айткын.
Оюн-күлкүң, тамашаң,
Олтурган элге жарашсын.
Канчалык айтсаң жадабай,
Калк оозуңду карашсын.
Бак-таалайлуу ырчы бол,
Бардык эл барктап талашсын.
Көбөйсүн ырың суусундай,
Күрпүлдөп аккан Таластын.
Алпарам сени ээрчитип,
Артистерге жанашкын.
Анда да нечен ырчы бар,
Алар да көрүп баалашсын[3].

Ушул боюнча Алымкул Эстебести Фрунзеге алып келип эл шайырлары топтолгон филармонияга киргизет. Бул 1947-жыл эле. Чынында эле улуу устаты өзүндөгү бар өнөрүн үйрөтүп, ар дайым жол көргөзүп, таалим-тарбиясын берип, атасы жок Эстебеске өз атасындай эле кызмат кылыптыр. Эстебес да ошол ак кызматты билип, устатынын ар өнөрүн, адамдык сапаттарын, кылган жакшылыгын ушул күнгө чейин барган, ырдаган жеринде эскерип келет:

Балапандай бөпөлөп,
Бактылуу жолго жетелеп.
Канатты тарап жетилтип,
Күүлөнтүп, уч деп көкөлөп,
Алпештеген Алыкемди,

Атадай биз көрчү элек.
Акыл берип, эс берип,
Айтканы ойдон кете элек.
Артында ээрчип жүргөндө,
Алымкулдай, кыргызга
Акын болсок дечү элек[4].

Эстебестин филармонияга кириши төрт тарабы төп келген башка бир дүйнөгө келгендей, өзүнүн качантан берки аруу тилеги орундалып, чыныгы өнөр жолуна түшкөн өмүрүнүн бурулуш этабы болгон экен. Театрдан ал ар кимиси өзүнчө гигант, ар өнөрдүн тандамал, күчтүү өкүлдөрүнүн чеберчиликтерин көрүп, бири-бирине жасаган мамилелерин, адамдык сапаттарын жакындан билип, өнөрүнүн көп жактарын өзүнө үлгүлөгөн. Айрыкча бир олтурганда мандашынан жазбай өткөн-кеткенди, кулагы угуп, көзү көргөндөрдүн баарысын түк эсинен чыгарбай, ал өңдүү эл шайырларынын тарыхын, өнөрүн, окуяларын жакшы билип барган жерди шаңга бөлөп ийчү жагы Алымкулду тартса, ырдап киргенде «О» дон баштаса отуз, кырк сапты (кээде андан да көп) «О» менен бүтүрүп, болгонун болгондой шыдыр жамакташтырып, токтолбой, ыкчам темпте төгүп жиберүү жагын Осмонкулдан үйрөнгөн.

Төрөлгөн жерим Кайыңды,
Төккөн киндик канымды.
Төрлөрү, адыр, өзөнү
Төркүнү мага дайындуу.
Туу чокудан мөңгү эрип,
Туура суу кирген агымдуу.
Туш-туштан мөлтүр булактар,
Туйлашып агат сай ылдый.
Токойлуу кырчын талдары,
Тулаңы малга жагымдуу.
Турактап ата-бабалар,
Туур кылган ар бир сайыңды.

Эстебес ушул күндө да ушул темпте, ыкмада ырдайт. «Мен өзүмдү Осмонкулдун окуучусумун деп эсептейм. Ал мага өзүнүн өнөрүн үйрөтүп, төкмөлүктүн жайына кенен түшүнгүчө ээрчитип жүрдү. Кээде туура болбой калса жал-

гыз олтургузуп алып, чарчагыча ырдатчу. Ошентип жүрүп мени чоң топко кошкон»[5].

Эстебес элге алгач өзүнүн обондуу ыры «Андалек» менен таанылган. Ал кезде азыраак төгүп, бирин-экин номерлерди аткарганы болбосо чыгармачылык репертуары өтө жарды эле. Ошол мезгилдерде ал филармонияга адабий кеңешчи болуп барган белгилүү сатирик, таланттуу акын, драматург, терме ырлардын кайталангыс чебери Райкан менен иштешип калат. Ал Райкандын айтылуу «Жинди суу», «Жер жөнүндө терме», айрыкча драмалык элементтер орун алып, күүчүлүк, ырчылык жана обончулуктун ширелишинен жаралган синкреттүү чыгарма «Кыз жигитти» ойдогудай элге алып чыгуу менен Райкандын көөнөрбөс таланттуулугун. Ошондой эле өзүнүн да нукура чебер аткаруучулугун далилдейт. Эстебестин атагын элге дүң кылган мына ушул чыгармалар болгон. Бул туурасында акын С. Эралиев: «Кыз жигитти» ар ырчы ар кыл ыкта аткарышы мүмкүн. Анын кооз жана кулакка жагымдуу чыгышы ырчынын ага боек беришине, жасалгалай алышына жараша болору талашсыз. Ал эми Э. Турсуналиевдин аткаруусундагы лирикалык бул поэма өзүнчө эле ойнолуп жаткан пьесага айланат. Лирикалык каармандардын кулк-мүнөзүнө, ички дүйнөсүнө ылайык обондор да тандалып алынган, алар окуянын өзгөрүшүнө ылайык улам өнүгүп олтуруп, канча уксаң да жадатпайт. Мында, жомокту чындыкка айлантып, азыркы жаштарга ылайыктап чоң мазмундагы музыкалык поэманы жараткан элибиздин белгилүү акыны маркум Райкан Шүкүрбековдун да чеберчилиги көрүнүп турат»[6]– деп туура белгилеген. Аталган эмгектер элибиздин көөнөрбөс мүлкү, баалуу классикалык чыгармалары катарында Э. Турсуналиевдин аткаруусунда кыргыз радиосунун алтын фондусуна жазылып калды.

Эстебес тээ бала күнүнөн тарта төкмөлүк өнөрдүн таасиринен алыстабай бүт чыгармаларын ушул ыкмада жазып, аткарып, ырдап жүргөн ырчы. Анын ыр жыйнактарындагы, ал түгүл кыска ырларын карап көргөндө деле Ашыраалы, Токтосундарга окшоп профессионал жазма акындардай ырды изденип, алектенип өзүнчө форма, түр,

ой табууга аракеттенбегендиги байкалып калат. Ал кандай ыр жазса деле төкмөлүк ыкмада, шыдыр жазат.

Көркөмдүү кыштак жаңырып,
Көрүндү көзгө жаңылык.
Жасалгалуу жаңы айыл,
Жаркырап үйлөр салынып[7].
(«Жаңы айыл»)

Эстебес – шаттыктын акыны. Анын ыр жыйнактарын барактап отуруп ырчы эч качан кайгы-муңга капташпай жалаң эле той-тамаша, шаң салтанаттардын үстүндө жүргөнбү дейсиң. Алсак: «Ленинге», «Жарым кылым», «Улуу майрам», «Кыргыз элим кырк жылда», «Кут болсун жаңы жылыңар», «Конституция», «Бир тууган хакас элинде», «Казак жергесинде», «Декаданы куттуктоо», «Бүткүл союздук жаш чабандардын слетун куттуктоо», «Кара калпак элине», «Гүлдөй бер Кыргызстаным!», «Кут болсун жеңиш майрамы!» ж. б. Акындын жарлык, үндөөгө, курулай мактоого толгон, мазмуну бири экинчисине үндөш, айтчы ою өзөктөш буга окшогон салттуу мотивдеги ырлары өзүнчө эле бир жыйнак болчудан. Аталган ырлар мына мындай ырлар:

Дүңгүрөп дүйнө жүзүнө,
Дүбүртү шаңдуу чыккан күн.
Эркиндик берип элиме,
Эргитип көккө учкан күн.
Кармашкан жоосун жыккан күн.
(«Жарым кылым»)

Куттуу болсун элимдин,
Кубаныч жеңиш майрамы.
Дүйнө жүзүн каптады,
Дүңгүрөгөн шаңдары.
(«Улуу майрам»)

Дүңгүрөп дүйнө, жер жүзүн,
Таалайдын нуру каптады.
Көркү бүгүн башкача,
Көкөлөп чыккан бак дагы.
(«Кут болсун жаңы жылыңар»)

Булар, өткөндөгү идеологиялык кысымдан барып салтталып, ар башка өзгөчөлүктөгү төкмөлөрдү бир түрлүү ыр-

гакта, формада, стилде ырдаттырып, аларды бири-биринен айырмалангыс окшош түр-түспөлгө өткөрүп салуунун натыйжасындагы Эстебестей ырчыларга эч жакшылык алып келбечи жарлык ырлар. Бул багыттагы ырларда ар нерсенин ак-карасы туура талданбастан, негизинен эмгектин алдыңкыларын, өңчөй ийгилик жетишкендиктерди саймедиреп мактоо гана орун алат. Мындай ыкмага көнүп алуу, Осмонкул чочулагандай, ырына сөздөрдүн бүрүн, салмактуу, учкулун тандап улам түрлөнтүп санатташкан төкмө ырчыларды даяр, көндүм ыкмага сала коюу амалына көндүрүп, түс жолунан адаштырып ыкшоолукка туштуктуруп, эң негизгиси издене, эмгектене билүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

Э.Турсуналиев шаңкылдап үнү жагымдуу, бүгүнкү төкмөлөрдүн алдыңкы сабында жүргөн ырчы үчүн ал ар кыл маараке, салтанат, жолугушууларда биринчи саламдашып ырдап чыгып жүргөн төкмө. Ошол себептүү анын берегидей ырлары арбын. Бирок, ушундай айрым ырларынын ичинде да анын нукура төкмөлүгүнө багынган мыкты тизмектер учурай калат.

Кырк биринчи жылында,
Кыйындык болду чынында.
Канча жыл күйгөн от болду,
Кайгы, муң жүрөк чок болду.
Калк үчүн курман жан берип,
Канча бир эрлер жок болду.
Күн тутулуп, ай батты,
Күнү-түн туман, чаң басты,
Күркүрөп тоо-таш жарылып,
Күнөөсүз жер, суу зарлашты[8].

(«Кут болсун жеңиш майрамы»)

Адатта мындай ырлар акын өзү жакшы билген темасына эргип кирип кеткенде гана жаралат.

Эстебес жер көрүнүшүн, табияттын ар мезгилдеги кооздугун, сулуулугун, эл салтын, улуулукту, аккан сууну чебер ырдаган сүрөткер. Анын «Талас», «Арпа-Ак-Сай», «Жайлоонун көрүнүшү», «Суусамыр», «Тогуз-Торо», «Кайыңды», «Каркыра», «Биздин эл», «Соң-Көл», «Акындын

жери», «Эми көрчү Чаткалды» ж. б. ырлары мына ушундай ырлардан. Акындын төкмөлүк күчү ушул жагынан айрыкча көрүнөт.

Асмандан шаңшып бүркүтү,
Адырдан кулжа секирген.
Жантай, Сын Таш, Ак ташы,
Жалама бийик аскасы.
Аскасынын боорунан,
Атырылат Кашка Суу.
Ар өзөндөн кошулуп,
Агып жатат башка суу.

Карала Арча, Бурган Суу,
Канча суудан ылдам суу.
Бир өзөндөн келатып,
Башка өзөнгө куйган суу.
Алыстан өңү жаркырап,
Жакындан үнү шаркырап.
Таштан ташка урунуп,
Күңгүрөйт тили барчылап.
Көк ирим көбүк буркулдап,
Көрүнөт балык жылтылдап.
Суу бойлоп бассаң бир сонун,
Сууру жүрөт чыркылдап.
Киндик Таш менен Түйүнчөк,
Кишинин көөнүн сүйүнтөт.
Жагымдуу, нечен адамга
Жайкалып чыккан дүйүм чөп[9]

Мынакей кыргыз жайлоосунун жайдын толуп турган мезгилиндеги ажайып көрүнүшү. Эстебестин ар жерде төгүп ырдап жүргөнүнө көп эле күбө болуп жүрөбүз. Ошондойдо байкалбаган, өз ыкласы түшкөн теманы жогорку чеберчиликте, мыкты баяндай билген, анын анык төкмөлүгү жазылган ырларынан бөтөнчө көрүнөт.

Каардуу бороон кумсарып,
Канча убак жатты курчалып.
Кычырап тоолор, талаалар,
Кыш болгон эмес мынчалык.

Жаркырап ачып кабагын,
Жаз айы келди кылчайып.
Жаз сүрүнөн кыш айы
Жаталбай калды тынч алып.
Карлар эрип, муз кетти,
Катмары жердин жумшарып.
Толкундап эмгек талаасы
Тоолордун башын нур чалып.
Сагынган айы келгенге,
Сайрашып торгой үн салып,
Өзөндө суулар күрпүлдөйт,
Өзүнчө шаңдуу күү чалып.
Буралып түрлүү дарактар,
Бутагына бүр чалып.
Жаш балдар ойнойт талаада,
Жакасына гүл сайып.
Чыгышып талдын башына,
Чыйырчыкка үй салып.
Күнөстөп кемпир, абышка,
Ойнотсо неберелерин,
Олтурат мышык ырсайып[10].

Мында табияттын улуу күчүн, кудуреттүү мыйзамын билдирген Жаздын келиши, жаратылыштын жанданышы, ага карата адамдардын, мал-жандар, канаттуулардын мамилеси, жазды тосуп алышы, улуу жаздын көрүнүш ажары төкмөлүк зор эргүү менен орустун улуу художниги Шишкиндин даңазалуу полотнолорундагыдай эле таасын тартылган. Өзү жакындан, жакшы билген көрүнүштү Эстебес чынында эле өзүнүн күлүк төкмөлүгүнө салып, ар тарабын толук камтып артылта сүрөттөйт. Аккан суу туурасында ырдабаган ырчы жок. Жеңижок аккан сууну апталап төгүп түгөтө алчу эмес экен. Э. Турсуналиев да бул темага кайрылган, Бирок, ал тээ Эсенаман, Чоңдудан келаткан салттуу тематиканы өзүнүн акындык чеберчилигине баш ийдирип, өз алдынча мыкты термелген:

Жайлоонун суусу көк кашка,
Жакалай чыккан чөп башка.
Жайылса малдар шиберге,

Жамбаштайт койчу көк ташка.
Таза суу жутсаң жан сергийт,
Таңдайың катса аптапта.
Түштүктө шербет суу менен,
Түшүмдүү болот ак пахта.
Түшүнгөн жанга суу менен,
Түбөлүк жетет максатка.
Илгери суулар пайдасыз,
Иштете албай айласыз.
Иңирдей каракөк болуп,
Иримдеп аккан сайда суз.
Өйүздөн элдер катташпай,
Өлөрүн билип ат баспай.
Өгүздөй таштар калдырап,
Өйдөдөн ылдый топ таштай.
Көпүрө куруп салалбай,
Көрүшүп колдор алалбай.
Көкөлөп учуп каттачу,
Көгүчкөн менен жагалмай[1].

Мурда эч керексиз өңдөнүп агып жаткан чоң дайралар ири суу сактагыч – ГЭСтерге айланып, ар кыл плантацияларды, эгин аянттарын сугарып, элге кандай чоң пайда алып келип жатканы өңдүү көптөгөн маселелер бул ырда жетик термеленген. Ошентип, аккан суу тууралындагы көлөмдүү бул ыр ырчылыктагы салттуу нукту улаган, Бирок, өз үнүн кошуп, ошол тематиканы өздүк төкмөлүк чеберчилиги, кийинки маалыматтар, фактылар менен жаңылаган, ушул тематикадагы ырлардын мыкты үлгүлөрүнөн болуп калды.

Төкмө айрым учурларда портретти да жакшы чыгарат. Анын өнөктөшү Токтосунга, айрыкча Осмонкул устатына арнаган портрети элестүү төп, мыкты чыккан:

Гүлдүү чыт кооз чапаны,
Күмүштөй болгон сакалы.
Күн-түнү айтса түгөнгүс,
Көп эле дастан, казалы.
Сай күлүктүн өзү эле,
Сары таман жорго такалуу.

Сабатып ырдап жатса да,
Сөзүндө болбойт какалуу.
Казак-кыргыз элине,
Катуу чыккан атагы.
Бир жүрдүм нечен жыл бою,
Билчү эмес, кайгы капаны.
Калкымдын тоодой ырчысы,
Кадыр-барк менен жашады.
Оюнан элим чыгарбайт,
Осмонкул булбул атаны.

Эстебестин филармонияда көп жылдап чогуу иштешкен улуу устаттары, замандаштары Молдобасан, Калык, Осмонкул, Алымкул, Коргол, Ыбырай, Атай, Райкан, Ысмайыл, Токтоналы, Токтосун ж. б. өнөрлөштөрүнүн талантын, адамдык сапаттарын бизге белгисиз кылык-жоруктарын чагылдырып жазган эскерүү, арноолору кийинки муундар үчүн табылгыс, баалуу белек болуп эсептелет[12].

Ысмакемдин комузу,
Ыйламсырайт добушу.
Элире албай буулугат,
Ээсинин жогу ушу –

дейт өзүнүн бир эскерүүсүндө. Анын укканын эч унутпаган куйма кулактыгы ушул эскерүүлөрүнөн анык көрүнөт. Төкмө алардын канча баалуу чыгармаларын, элес, жоруктарын, бизге мурастады.

Ырчы кийинки учурларда эл арасында учураган жаман жорук, жосундарды сынга алган бир катар сатиралык багыттагы ырларды жазган. Турсуналиевдин бул тематикадагы ырлары жакшы чыккан.

Кымындай ишти кыр кылган,
Кыйкымын тапса чыр кылган.
Түлкүдөй жортуп кылактап,
Түнөгөн жерин буй кылган.
Канына сиңген бул жумуш,
Кашкайган калпты чын кылган.
Биринен бирин улантып,
Бүтпөгөн жомок, ыр кылган.
Канчалык таза адамдын,

Канатын кайрып сындырган.
Ушакка жакын кээ бирөө,
Учурашсаң жыйрылган.

Мындай ырларынын катарына «Кур намыс», «Туруксуз кээ бир наадандар», «Ушакчы менен жалаачы», «Абийирдүү болгун жашыңдан» өңдүү ырлары кирет.

Кийинки кезде аябай,
Киши өлгөн жерди таламай.
Катын-бала жылаңач,
Калгандыгын санабай.
Бал, шекерге карабай,
Башка тамак жарабай,
Кеселеп арак бербесе,
Кетишпей элдер тарабай.
Ачууну ачуу басат деп,
Аракты ыксыз бермей көп.
Өкүрүп келген элдер көп.
Мол ичип алып аракты,
Молдосу турат делбектеп[13].

Ырчы мунун баарын турмуштан алат. Ал жалаң эле жаман жосундарды сындай бербестен, адамдардагы жакшы сапаттарды да атайы белгилеп, айрыкча жаштарды эл үчүн күйгөн патриот, ишмер, эмгекчи, жакшы адам болуп өсүүгө үндөйт.

Эстебестин чыгармачылыгынын орчундуу бөлүгүн – айтыш өнөрү ээлейт. Ал өнөгү Т. Тыныбеков менен (анын Ашыраалы, Тууганбай, Замирбек ж. б. менен айтышкан айтыштары да бар) отуз жылча ээрчишип ырдап, арбын айтыштарды жазышкан. Демек, булардын айтыштары жазма мүнөзгө ээ. «Экөөбүздүн жекече элүү жети айтышыбыз бар. Мындан тышкары ал экөөбүз Токтогул – Барпы, Калык – Осмонкул болуп да айтыша берчүбүз» деп эскерет өзү. Бирок, туурасын айтканда Токтосун менен Эстебестин көптөгөн айтыштары бүгүнкү күндө, ошол учурдун кызыкчылыгына шайма-шай келген этаптуу чыгармалар болуп калды. Антсе да ошол айтыштардын арасында айрым жакшы чыккан тамашалуу маанайдагы берегидей жагымдуулары бар.

Эстебес:

Кезек келди бизге да,
Кел, Токтосун жаныма.
Айтышчы болсоң карагын,
Өзүңдүн чама, алыңа.
Өнөрүңдүн сулуусу,
Өзүңдө эмес, жаагында.
Өңү начар дегенге,
Өпкөлөп мага таарынба.
Четтен сүйөт келиндер,
Алдагы, чекеңде тагың барында.

Токтосун:

Өзүң менден сулуусуң,
Өөдөлөнүп мактанба.
Барбаңдатып мурдуңду,
Байкабай торго капталба.
Кыйды болгон экенсиң,
Кыйыктап жалаа жапканга
Алтымыш боорсок бир батат,
Аа деп оозуң ачканда.

Экинчи бир айтыштан мисал келтирели.

Эстебес:

Улуусуң менден Токтосун,
Угуп алгын арданбай,
Азыраак кээ бир кыялың,
Алабарман балдардай.
Орой мүнөз, чорт этме,
Ойногон сөзүң жаңжалдай.

Токтосун:

Менин болсо кыялым,
Алабарман балдардай.
Токтоо болгон экенсиң,
Токсонго чыккан чалдардай.
Болбураган түрүң бар,
Чала уюган айрандай[14].

Бирок, өкүнүчтүүсү, булардын берегидей азилдешүүлөрү, какшыктары, тамашалары баштан-аяк ушул темпте кеткен толук айтышты түзбөй, экөөнүн эки областы бөлүп алган,

же бир юбилейди куттуктап ырдашкан көлөмдүү айтыштарынын ичинен гана орун алгандыктан, айтылуу «Токтоналы менен Ысмайылдын айтыштарындай» артыкчылыкка ээ болбой калган. Ошондой болсо да экөө тең айтыш өнөрүнүн салтын, өзгөчөлүгүн жакшы билген устаттары дешке болот.

Эл ырчысы өзүнүн 60 жылга чукул өнөр жолунда «Акын үнү» (1960), «Заман жарчысы» (1972), «Эскерүүлөр» (1975), «Ыр-өмүрүм» (1978), «Кайынды» (1981), «Ак таңдайга» (1991) окшогон бир катар ыр жыйнактарын чыгарды. Эстебестин эмгеги өкмөт тарабынан армансыз эле бааланды. Ал кыргыз- казак республикасынын, СССРдин эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттин сыйлыктын лауреаты. «Манас» атындагы I даражадагы ордендин жана дагы бир катар орден, медалдардын ээси.

Эстебестин өнөрүнүн күчү ырды шурудай тизген ыкчам төкмөлүгүндө, обонунун жагымдуулугунда, аткаруучулугунда. Окумуштуу С. Байкожоев да «Эстебестин ырчылыктагы биринчи өзгөчөлүгү төкмөлүгү менен аткаруучулугунун таасын айкашып, төп келишинде» деп муну баса белгилеген. Мындан тышкары ал комузду да мыкты чертет. Айрыкча Токтогулдун, Коргол, Атайдын күүлөрүн так кайрыйт, комузчулар ансамблине катышып чет өлкөлөргө барган учурлары да кездешет. Бир катар обондору бар. Ал эми Атай, Мусадай обончулардын ырларын келтире аткарат. Обону, аткаруу манерасы төп келишип, «Манасты» манасчылардан кем аткарбайт. Кенже эпосторду аткарса да куп жарашат. Барган жерин ыр-күлкүгө, майрамга айландырып жиберчү артыкчылыктан да куру эмес.

Жыйынтыктаганда Эстебес Турсуналиев бүгүнкү төкмөлүк өнөрдүн башатында туруп, өзүнүн күлүк төкмөлүгү, аткаруучулуктагы ашкан чеберчилиги, эске тутуусунун күчтүүлүгү, көп кырлуу өзгөчөлүгү менен акындар поэзиясынын тарыхында калды.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Турсуналиев Э.* Эскерүүлөр. – Ф., 1975. 4-бет.
[2] Ошондо. 5-бет.

[3] Ошондо. 27-бет.

[4] *Турсуналиев Э.* Заман жарчысы. – Ф., 1972. 87-бет.

[5] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988. 278-бет.

[6] *Эралиев С.* Эстебес төкмө//Ала-Тоо, 1981. № 5. 139-бет.

[7] *Турсуналиев Э.* Акын үнү. – Ф., 1960. 3-бет.

[8] *Турсуналиев Э.* Ак таңдай. – Ф., 1991. 31-бет.

[9] *Турсуналиев Э.* Акындын үнү. – Ф., 1960. 16-бет.

[10] Ошондо. 115-бет.

[11] *Турсуналиев Э.* Ак таңдай. – Ф., 1991. 38-бет.

[12] Ошондо. 38-бет.

[13] *Турсуналиев Э.* Ыр өмүрүм. – Ф., 1978.

[14] Ошондо. 60–61-беттер.

## ТУУГАНБАЙ АБДИЕВ

Бүгүнкү күндөгү көрүнүктүү төкмө ырчыларыбыздын бири – Тууганбай Абдиев. Ал 1937-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Ничке-Сай айлында туулган. Тууганбай 1956–61-жылдары Жалал-Абаддын областтык драма театрында, 1961-жылдан тарта 1999-жылга чейин кыргыз филармониясында үзүрлүү эмгектенди.

Өзүнүн эскерүүлөрүнө таянсак «көзүн ачса, жумса эле Токтогул, Эшмамбет элестеп», 16–17 жаш курагында эле чала-була жамакташтырып ырдап жүргөн экен.

Кайсыл өнөрдү мисалга албайлы, ошол кесиптеги ири устаттан таалим албай туруп ал оңой менен толук кандуу адис боло албайт.Андыктан чоң ырчынын ырдаганын угуп, сабагын алмайын ырчылык жолго шыдыр түшүү кыйын. Тууганбайдын дагы алгач көзүн ачып, көкүрөгүн байыткан биринчи устаты айтылуу Коргоол ырчы болуптур.

Тууганбай Кетмен-Төбөнүн мурунку «Үч-Терек» районундагы Ничке-Сай деген жеринде төрөлүп, абалтадан какшыкчыл эл «чоңколор» менен жанаша жашап, балалыгы бүт ошондой чөйрөдө өткөндүктөн өзү да ошолордой болуп кыйыта какшыктап, азил сүйлөгөнгө уста. Бул анын сөздөрүнөн, маегинен, «ону кем отуз жаштамын» деген өңдүү ырларынан дээрлик байкалат. Ал эми Коргоол да жөн сүйлөбөй куйкум сүйлөгөн, азилдин аныгын айткан тамашөкөй ырчылыгы менен Тууганбайга шыр эле жаккан. Андыктан, Осмонкул, Алымкул, Токтосун ж. б. ырчыларды көрүп, кийин аралашып ырдап жүргөн күндө да ал Коргоолдун күчтүү таасиринде калган. Ал таасир, ырын кыскараак кайрып, азил-тамаша менен келиштире, Бирок, Тууганбайча ырдап, бүгүнкүгө чейин уланууда.

Тууганбайды Коргоолго 1956-жылы Алтымыш деген ырчы тааныштырат. «Адегенде саламдашып алып, сүрдөгөнүмдөн сөз таппай калдым?» дейт. Анан барып эсиме келип:

Ассалоому алейкум,
Акын ата аманбы.
Айтайын ырдап саламды,
Айылдаш бирге жүрсөм да,
Атак, даңкың билсем да,
Азыр көрдүм караанды.
Ээрчитип жүргөн кишим жок,
Эч кимдин менде иши жок
Азыр, эки көзүм караңгы.
Бакайдай болгон карысыз,
Байкаарсыз али чамамды.
Ырчылык жолго салаарсыз,
Ыгы келсе чабаарсыз.
Ышкыбоз мендей баланды –

дейт. Анда Коргоол өзүнө минтип саламдашып ырдаган али чоң топ-жыйынды көрө элек жаш талапкерге берегидей кеңешин айтат:

Амансыңбы жабагым,
Сөзүн ук мендей абаңдын.
Айтышып жүрүп көп көрдүм,
Акындардын далайын.
Каалап турсаң сен үчүн,
Карегим чукуп алайын.
Баштап ырга врипсиң,
Балапан түлөк чагында.
Алып кал балам сөзүмдү,
Ала кетпейм карынга.
Суунун көркү шарында,
Бадалдын көркү шагында.
Балтанын күчү сабында.
Бал кошкондой сөз айтып,
Барган жерде жаңы ырда.
Бучкакка төөнү чапкандай,
Буйдалбастан шар ырда.
Оймоктой оозуң шок болсо,

Оозуңда ырың жок болсо,
Көпчүлүккө жакпасаң,
Балам, көрөңгөңө таарынба[1].

Туура кеңеш. Ар башка мүнөз, көз караштагы адамдардын оюн ар учурда таба билип, барган жеринде жаңылап сөз курап, ыр токуй албаган ырчы дагы ырчыбы. Кантсе да, төгүп ырдаганда сөзгө сөздү кандайча жагымдуу кылып жамакташтыра билүү жол-жобосун Тууганбай дал Коргоолдон үлгүлөгөн.

Тууганбайдын алынча өнөрүнө көңүл буруп, ага Коргоолдон кийин жол көрсөткөн устаты Токтосун болуп эсептелет. Бул жолугушууну өзү мындайча эскерет: «Жалал-Абад театрынын белдүү адамы Сыйдалиев Жумалы: – Токтосун иним, (Токтосундар ошондо Жалал-Абадка оюн коюп барышыптыр – А. О.) менин бир жарты жетимим бар, өзү Кетмен-Төбөлүк, жамактап ырдап жүрөт, ушул тайымды сынап кетпейсиңерби? – дейт. Токтосун барбалактаган неме экен:

– И кана ырдап көрчү? – деп комузун сунду:

– Жашымдан ырдап баштадым,
Жамактап сөздү аштадым.
Токо, өзүңүз берген кагазды,
Тиягы, Өзгөнгө чейин чаптадым.
Өзөгүмө суу түшүп,
Өлүп кала жаздадым.
Өзүңүзгө келүүгө,
Өлө-тала шашкамын.
Өнөрү мени азгырбайт
Эстебес экөөңөрдөн башканын.
Өнөрүңөрдү алайын,
Өзүңөрдөн артканын.
Ортоңорго жүрөйүн,
Оймоктой тилди бүлөйүн,
Ону кем отуз жаштамын.

Комузду Током алды:

Таанышымдай чунагым,
Тайым эмес, кунаным.
Жүрө-жүрө байкасам,

Жүгүрчүдөй сыягың.
Жулуңдаган жубарымбек,
Жуурулушса биз менен,
Жүрүш-туруш, кыялың.
Жылдыз мисал жайнаган,
Жыйырма деген курагың.
Түшүнгөн менен сөзүңө,
Түшүнө албай өзүңө,
Түпөйүл ойдо турамын.
Кош сөздүүнү жактырбайм,
Кошоматка чыланган.
Өзгөлөрдү унутуп,
Өзү жашап кубанган.
Барпы, Коргол акындан,
Бала кезде дуба алгам.
Кара жаак Калыктын,
Канатында сыналгам.
Адал иштеп, ак жүрсөң,
Агаң болом кубанган[2].

Бул Тууганбайдын өзүнө, өнөрүнө карата айтылган алгачкы пикир болгон. Токтосун Тууганбайды ушул алгач жолугушкан 1957-жылы эле филармонияга алып кеткиси келген экен, Бирок, анда өзү иштеп жүргөн театрдын жетекчилери кийлигишип, калып калат. Токтосундар бул жакка кийин дагы эки сапар оюн коюп келишип, экинчи жолкусунда Тууганбайды күчкө салып алып кетүүгө далалаттанат. Акыры Жалал-Абад театрынын директору Адиш Көкөев Тууганбайдын көздөгөн максатын түшүнүп борборго жиберет.

Ошентип, Т. Абдиев Токтосундун көмөгү, Райкандын кийлигишүүсү менен кыргыз филармониясына 1961-жылы мартта кирет. Ушул 1961-жылы ал даңазасы күчтүү Осмонкулга атайы жолугуп, саламдашып ырдачуда бир аз такшала түшкөндүгү устаты Осмонкулдун мына бул ырынан эле байкалып турат:

– Калкыма келсең чырагым,
Каршы алып колум сунамын.
Кадырлап айткан сөзүңө,

Канагат кылып турамын.
Кузгунга чаппай, куу ал деп,
Куштун да салат карaанын.
Канатыңды күүлөптүр,
Кара жаак Коргол ынагым.
Карегим талып, көп көрбөй,
Каңырыш болду кулагым.
Карылык келди башыма,
Калкымдан бир күн жыламын.
Кордукту салса шум ажал,
Койгун деп эмне кыламын.
Таалайлуу тууган элиңдин,
Таркатаар кезиң кумарын.
Тай чабым жерге жүгүрбөй,
Талашкын жолдун ыраагын.
Турмуштун жолу алыс жол,
Туутанга, каска калыс бол.
Туурасын айтып, түз жүрүп,
Таап ырда элдин ураанын.
Ырыстуу элдин уулусуң,
Ыр болсун иштээр жумушуң.
Табигат берген өнөргө,
Төп болсун жүрүш, турушуң.
Өрнөгү жок ырчынын,
Өнөрү менен курусун[3].

Бул, жаш ырчынын саламына алик алган жайынча гана ыр эмес. Мында, Осмонкулдай алп ырчынын күрпүлдөгөн дайрадай терең төкмөлүк өнөрүнүн карылыкка байланыштуу соңуна чыгып бараткан, Тууганбайдай жаш ырчынын бул өнөргө жаңы эле кадам шилтей баштаган мезгилиндеги экөөнүн жолугушуусу да, төкмөлүктөй сейрек, ары татаал өнөрдүн эчен ой-кыры бар мүлдө сабактары да, даанышман эл шайыры тарабынан жаш өнөктөшүнө карата турмуштун узак жолунда нукура адамча, акынча кандайча татыктуу жашап өтөөрлүгү тууралуу эң баалуу акыл, кеңештер да айтылган. Жай адам сөз менен айтып толук жеткире албаган акыл-ойлорду ыр менен ынандырып, таамай туюндура алуу мүмкүнчүлүгү – төкмө ырчы-

ларга гана жекече таандык артыкчылык болуп эсептелет. Мына ушул сабак алуулар Тууганбайга төкмө ырчылык кандай өнөр экендигин жакындан туюндурган.

Өзүнүн айтымында Кади, Алтымышка окшогон өзү менен театрда чогуу иштешкен ырчылар менен койгулашып ырдап жүрүп ал алгачкы калыптануу түйшүгүн башынан өткөргөн. Ошентсе да алп таланттардан жол үйрөнүү, алардын ак жаандай төккөн көп кырлуу чеберчилигине күбө болуунун эле натыйжасы, сабагы канчалык.

Тууганбайдын «Таңшы комуз» (1979) жыйнагынын ичинде үч-төрт куплеттен турган азыраак ырлары бар.

Күндөрдүн күлгүнүнүн ойго камтып,
Көздөрү көп ирмелбей ойлуу тартып.
Ишенбейт өлгөнүнө, санаасында
«Каралдым тирүү» деген ойдо балкып.

Мүнөттүн бөлүгүндө жыргай түшөт,
Таттуу оюн тагдыр иши кылдай үзөт.
Ак чачын ак жоолукка кымтып коюп,
Анан да ойлой берет кайра күчөп.

Жанында эстеликтин эне турат,
Сымаптай эки көздөн жашы кулап.
Элеси көздөн кетпейт жалгызынын,
Өтүүдө бет алдынан убап-чубап[2].

Сөздөрдүн табигый түрдө эмес, атайы изденип табылышы, муун өлчөмүнө караганда кудум эле профессионал жазма акындардын ырларындай. Анткен менен төкмө ырчылардын ыр жыйнактарында берегидей жана көлөмү чакан нукура лирикалык ырлар аз жаралат.

Бул жыйнактагы ырлардын басымдуу көпчүлүгүн эскерүүлөр, арноолор жана дидактикалык маанайдагы «Ырдаймын жаштар жөнүндө», «Жоголсун жаман жоруктар» деген термелер ээлейт. Аталган термелерде арабызда жүргөн ачкөз, бузуку, мерес, ичкич, ыплас адамдар, ошондой эле жатып ичээр жалкоо, намысы жок, уят-арсыз кыз-жигиттер олуттуу сындалып, айрыкча жаштарга бүгүнкү күндө да тарбиялык мааниси зор.

Кээ бириң шаардык ата-эне,
Кемчонтой кылбай баланды,
Турмуштун жолун үйрөтүп,
Тууралап тилин сүйлөтүп,
Түшүнтө жүргүн аларды.
Жалмаган кээ бир жигит бар,
Жашынан болгон ыйманын.
Жапырып жоону салгансып,
Жарадар болуп калгансып,
Өбөктөйт кызга сүйрөлүп,
Өпкөсүн теше сайгансып.
Бир колун артып мойнуна,
Бир колун салып койнуна,
Үргүлөп коюп турушат,
Үңкүйүп жолдун боюнда.
Кыз сөрөй ага жанашкан,
Көчөдөн уйча жалашкан.
Терекке таңып койгонсуп,
Тик турган бойдон таң ашкан.
Көргөндө андай нааданды,
Көз барбайт чыдап караштан[5].

Жыйнактагы «Баба дыйкан малчылар» аттуу ырды өзүлөрүнүн түйшүгү түмөн ак эмгеги менен баар тапкан баба дыйкандар менен малчылардын чыныгы маңдай теринин маанисин эң сонун ачып берген мыкты чыгармалардын катарына кошсо болот. Ырчы агынан жаралып, буларсыз өзүнүн да курсагы тоюп, көңүлү жайында болбосун:

Күжүлдөп эмгек күч менен,
Гүлдөтүп жаткан айылды
Силерсиз менде кубат жок,
Түшүнтүп айтсам жайымды.
Кумшекер, кантың болбосо,
Кур кантип ичем чайымды.
Эки күн этсиз тура албайм,
Эмне үчүн айтпайм анымды –

деп айтып, бир учурда нанга жетпей зарын тарткан балалык курагын көз алдынан:

Унутпайм согуш маалымды,
Унутпайм нанга зарымды.
Кантала болуп аччылык,
Кактабай соргон канымды.
Жаш балдар анда сүт тургай,
Жарманын жытын сагынды.
Эстесем жүрөк зирилдейт,
Элестеп ошол чагымды –

деп өткөрүп келип, анан баба дыйкандардын түйшүктүү эмгегине токтолот:

Ала жаз баштан үңүлүп,
Аңызда күнү-түн менен
Айдашат жерди аңтарып,
Адал ой, адал дил менен.
Күнү-түнү иштеп талаада,
Күн болот үйгө кирбеген.

Уругун себет талаага,
Убада турат санаада.
Кайратын жыйып боюна,
Кайрадан эстеп жана да.
Тигилип тиктеп акыйып,
Тиш соко менен малага.

Сугартчы чыгып түрүнүп,
Суу менен кошо жүгүрүп.
Алтыны түшүп калгансып,
Ар түбү сайын үңүлүп.

Ырда дыйкандын жигердүү иш аракети ишеничтүү сүрөттөлгөн. Малчылар тууралында баяндоосу да ушуга үндөш.

Упчусун кармап колуна,
Козусун оройт тонуна.
Жылаңач бала сыяктуу,
Жылытат басып бооруна.
Тилешип төлдүн аманын,
Унутат ичээр тамагын.
Чыгаша болсо кокустан,
Чыртыйып түйөт кабагын.

Ийгилик болсо төлүнөн,
Бактысы жанып өңүнөн.
«Жүргүн» деп үйгө барпактап,
Жетелеп барат жеңиңен[6].

Бул термеде баккан малын өз балдарынан кем көрбөгөн ак ниеттүү малчынын иш процессин, иши жүрүшпөй тургандагы сиркеси суу көтөрбөгөн абалын, мунун тескерисинче иши алгалап турган көңүлү жай учурундагы берерге ашын таппаган, анын жаадырган жаркын маанайын да төкмө акындык чеберчилик менен таамай жүзөгө ашырган. Мында чабандардын психологиясы жакшы ачылган.

Төкмө ырчылардын өз өмүрүндөгү көргөн, билгендерин эскерип жазып кийинки муундарга калтыруу (автобиографиялык мемуар жазуу) салты Калыктын «Баскан жолунан» бери уланып келаткан мыкты жөрөлгө. Биз Осмонкулдун, Чалагыздын, Абдырашит, Токтосун, Ашыраалы, Эстебестин ошондой эскерүүлөрүн билебиз. Ушул салтты Тууганбай дагы уланткан. Ошол себептүү анын жыйнактары негизинен өз башынан өткөргөн күндөрдү, окуяларды, устаттарынын, замандаш, өнөрлөштөрүнүн кыял-жоруктарын, дегеле бар билгендерин баяндоо, эскерүү, арноолордон турат. Булар ары кызыктуу, жакшы чыккан. Айрыкча анын «Залкарлар, замандаштар, чоңколор» аттуу кийинки жыйнагын окуп Куйручук, Токтогул, Эшмамбет, Коргоол, Осмонкулдун кандай алп таланттар экендигине, Шекербек менен Абдырашитте чебер төкмөлүк да болгондугуна, Асанкулдун тубаса куудул, ошол эле учурда ар нерсеге жоопту илгиртпей тапкан чечендигине ж. б. өнөрлүү адамдардын, анан айтылуу «чоңколордун» тамашаларына, жагымдуу какшыктарына күбө болуп, ошондой эле филармониянын кийинки кездеги эл шайырлары туурасындагы кыйла маалыматтарды аласың.

Тууганбай чукул кайрып кыскараак ырдаган, үнү жагымдуу, аткаруучулугу артык төкмө. Айрыкча Калыктын «Курманбек», «Жаныш, Байышын» (кийинчерээк Сарыкунандын вариантынан кошуп – А. О.) келтире аткарат. Ал Калыкты көрбөгөнү менен Сарыкунанга жолуккан.

Анын көлөмдүү эпосторду айтып, мыкты аткарып калуусуна Сарыкунан да себепкер болгон.

Тууганбай айтыш өнөрүнө чебер. Айрыкча жоопту шыдыр таба калуусу, бир нерселерге салыштыруусу, дегеле айтышуу ыкмасы Ысмайылга жакын турат. Анын Ысмайыл менен азилдешкен, Шекербек, Ашыраалы, Токтосун, Эстебес, Замирбек менен айтышкан, алым сабак ырдашкан айтыштары бар. Айрымдарына токтоло кетели.

Шекербек:

Жарышка бүгүн чабайын,
Жаңыдан чыккан кунансың.
Эптүү сөздөн сүйлөсөң,
Элден алкыш угарсың.
Абаң Коргол сыяктуу,
Айтышмакка кумарсың.
Кабыргаңдан чымчыйын,
Каруу, күчүң чыңалсын.
Карткүрөңдүн күчүнө,
Кайраттансаң чыдаарсың.
Куушуп ырдай албасаң,
Куйругуң кыпчып жыларсың.

Тууганбай:

Жол көргөзөт деп турсам,
Жоон сүйлөдүң эмеле.
Куйругун кыпчып ит качат,
Кууланып ага теңебе.
Кабырга чымчыганыңды,
Карматкын үйдө жеңеме,
Кармашсам кайдан алдырам,
Каруусу каткан немеге.
Созуп коюп какшыкты,
Сопу мышык сыяктуу,
Созуласың деги эле.
Качыратсам белиңди,
Кокуйлап качып жөнөбө[7].

Бул айтыш жалаң какшык, азилдешүүдөн туруп, соңу да жагымдуу тамаша менен аяктайт. Ашыраалы экөөнүн айтышы да өтүмдүү жакшы айтыштардан.

Ашыралы:

Жашыңдан билем жөнүңдү,
Жылдырба «чоңко» кебиңди.
Чакчайып көрө калдыңбы,
«Чаарсың» деп айтып өңүмдү.
Субагай тартып кебетең,
Окшотуп турат келинди.
Эгер сен келин болгондо,
Экестүү кылып эриңди.
Жалактап ойноок болмоксуң.
Жадатып жүргөн жериңди.
«Уруулуу журтка кеп кылды,
Уятсыз неме экен» деп,
Какшанып сүйлөп жаны ачып,
Кайненең турмак чепеңдеп.
Кордукту салып эриңе,
Коркутуп кайра «кетем» – деп,
Коңшуну бүтүн чакырып,
«Кой десе болбой бакырып.
Апалап ыйлап балдарың,
Апырык менен сапырык.
Уңулдап ыйлап басылбай,
Уктабай таңды атырып.
Күнөөкөр кылып алмаксың,
Күйөөңдүн шорун катырып.

Тууганбай:

«Аял» деп эркек башымды,
Ашкемин чыры ашынды.
Ал эми мисал сизди да,
Аял деп атап затыңды,
«Ашыркүл» койсок атыңды.
Алп этек аял болмоксуң,
Эки айда бир жууп чачыңды.
Кокочтой болуп дамбалың,
Кол менен кашып чатыңды.
Эткээлдик жагың ылайдай,
Эңкейип бутуң жууй албай.
Байкасам дагы толмоксуң,

«Балпагай» атка конмоксуң.
Он бешке жакын баланы,
Онтобой төрөп коймоксуң.
Күйөөң болмок тыртагай,
Күнүгө ийлеп соймоксуң.
Ар кайсы үйдө заңкылдап,
Керзовой деген өтүктүн,
Кененин кийип шалпылдап.
Көргөнүн айтып отурмак,
Көрүнгөн үйдө жаркылдап.
Ырдаса үнү эркектей,
Ырчы да болмок таркылдап,
Арааны күндө ачылып,
Ар үйдө таңды атырып.
Таркылдап эрин чакырып,
Таңга маал келмек бакырып[8].

Айтыш ушинтип жагымдуу тамаша, какшык, азилге ширелип, берген суроолору, ыктуу кайтарган жооптору так кесе болгондо гана көркүнө чыгат.

Айтчы оюн турмушта боло жүргөн күлкүлүү адат, көрүнүштөргө багыттап, атайы бура сүйлөп азилге айландырып жиберүү, төгүп ырдап, айрыкча жаакташып айтышып аткан ырчы үчүн оңойго турбайт. Ашыраалы менен Тууганбайдын береги айтышы 8-март майрамына карата бирин бири аялга теңеп азилдешкен, экөөнүн тең айтышка болгон чеберчилигин көрсөткөн кийинки кездердеги жагымдуу айтыштардын катарына кошулат. Тууганбай ырчы акыркы учурларда уюштурула калып жүргөн республикалык жана кыргыз-казак акындарынын чоң айтыштарына катышып байгелүү орундарды алып жүрөт. Бул да болсо анын айтыш өнөрүндөгү кадыресе чеберчилигин аныктайт.

Тууганбай Абдиев өзүн көрсөтөм деп улунуп-жулунбай, табият берген таланты, эсте калаар эмгеги менен элге таанылган курч төкмө. Ал качан, кайсыл жерде ырдаса, айтышса да төгүп аткан тизмектеринен алымдуу азилдин, жагымдуу юморлордун табы уруп, ою ойлондуруп, таап айткан тамашасы тамшандырып турат. Анын күчү, сүйкү-

мү, өзгөчөлүгү ушул жакта. Анан дагы төкмө катары ээлеген өз орду бар. Эли төкмөдөн салмактуу дагы арбын чыгармаларды күтөт. Калыктын айткан «Курманбек», «Жаныш, Байышын» мыкты аткарат, комузду жакшы чертет. Кыргыз Республикасынын эл артисти. Өзүнө таасирленген шакирттери бар, демек устат ырчы.

Тууганбай Абдиев абалтадан келаткан акындар поэзиясынын бүгүнкү күндөгү жашоосуна өзүнүн олуттуу салымын кошуп келатат.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] *Абдиев Т.* Таңшы комуз. – Ф., 1979. 23-бет.

[2] *Абдиев Т.* Залкарлар, замандар, чоңколор. – Б., 1999. 185-бет.

[3] *Абдиев Т.* Таңшы комуз. – Ф., 1979. 33-бет.

[4] *Абдиев Т.* Таңшы комуз. – Ф., 1979.4-бет.

[5] *Абдиев Т.* Таңшы комуз. – Ф., 1979. 47-бет.

[6] *Абдиев Т.* Таңшы комуз. – Ф,: 1979. 40-бет.

[7] *Абдиев Т.* Залкарлар, замандаштар, чоңколор. – Б., 1999. 145-бет.

[8] *Абдиев Т.* Залкарлар, замандаштар, чоңколор. – Б., 1999. 201-бет.

## ЗАМИРБЕК ҮСӨНБАЕВ

Бүгүнкү күндөгү элге таанымал төкмө ырчылардын кенжеси Замирбек Үсөнбаев. Ал 1951-жылы баш калаабыз Бишкек (мурунку Фрунзе) шаарында туулган. Атасы айтылуу төкмө Алымкул болгондуктан, булардын үйүнө ошондогу филармониянын Молдобасан, Калык, Осмонкул, Саякбай, Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз, Актан, Мыскал, Ысмайыл, Токтоналы, Шекербекке окшогон алп таланттары, булардан сырткары Коргоол, Сарыкунандай даңазалуу эл шайырлары көп келген. Өзүнүн айтымында апасы Назым дагы Беркимбай деген сөзмөр, ырчы, чечендиги бар кишинин кызы болгон үчүн ырга ышкысы күчтүү айтылуу кошокчу болуптур. «Бир эле апам эмес таяжелеримдин баары кошокчу эле»,– дейт Замирбек.

Болочокку төкмө ушундай чөйрөдө чоңойгон. Комуз чертүүнү эртелеп, алты жашында атасынан, көбүнчө улуу агасы Талипбектен үйрөнгөн. Булардын бүлөсүнөн атасынын ырларын, обондорун, куду эле Алымкулдун өзүндөй аткарып, азыраак төгүп жиберген алгач Талипбек. Бирок, иштеген кызматына байланыштуу бул өнөрдү аркалабаптыр. Замирбек Коргоол ырчы, Осмонкул, Саякбай, Карамолдо, Ыбырайдын өнөр көрсөтүп, мөндүрдөй төгүп, «Манас» айтып жаткан учурларын өз көзү менен көргөн. Ак таңдай ырчы Коргол өнөрүмдү улантып кетсин деп өз комузун Замирбекке белекке бериптир. Бир өкүнүчтүү жагдай, үйүнө элге таанымал көптөгөн залкар таланттар ар качан келип кеткен күндө да али жаштыгынан Коргол, Осмонкул, ал түгүл атасы Алымкулдун бар өнөрүнө баа берип анда жетик түшүнө албаптыр. Ошол себептүү бул өңдүү эл шайырларынын бири-биринен айырмалуу

талант өзгөчөлүктөрү Замирбекке көбүнчө апасы Назымдын, аларды жакшы билип, аралашып калган агалары Ашыраалы, Токтосун, Эстебес ж. б. эскерүүлөрү аркылуу жеткен.

Замирбек бүгүнкү өнөрлөштөрүнөн айырмаланып, орусча, кыргызча эки тилди тең мыкты билет, эки тилде тең эркин жазат. Анткени он жылдык билимди орусча алган. Азырынча «Замирбектин ырлары» (1985) аттуу жалгыз жыйнагы бар. Мунун себебин өзү: «Назым апам Замир, кырк жашка чыкканча жер аралап эл тааны, ырчылыктын жөнүн үйрөн, ак иштеп атагыңды чыгар. Эгер ушул баштан жазмага өтүп кетсең, ошол жакка ооп кетесиң да төкмөлүгүң калып калат. Сен атаңдай төкмө бол, бул өнөрдүн көп кырлуу сырларын бил, деңгээлиңди өстүр, өз жолуңду тап, жазганга, китеп чыгарганга кийин деле жетишесиң...» дечү эле. Ошентип, мүмкүнчүлүгүмдүн келишинче төгүп ырдаганга көнүктүм. Апам туура багыт бериптир» – дейт.

Аталган жыйнактагы «Белгисиз жоокер» деген ырдан башкасы дээрлик салттуу төкмөлүк ыкмада жазылган. Бул ыр деле он бир муундуу ыр жолдордон турганы менен профессионалдык жазма ыкмадан да төкмөлүк ыкма басымдуулук кылып турат. Дегеле бүгүнкү күндөгү төкмөлөр кандай ыр жаратпасын ошол ырдын өзүлөрү тарабынан ар кыл муундуу ыр жолдор менен кагазга түшүрүлгөнү эле болбосо ыр токуу ыкмасы, көбүнчө, баары бир өзүлөрү көнүп калган төкмөлүк менен кетет экен. Биз буга бул акындардын чыгармалары менен жакындан таанышып ынандык. Анын үстүнө булардын жазып олтургандарынан да эл алдында төгүп ырдаган (кээде даярданышып) учурлары арбын.

Бул жыйнактын биринчи эле бетинде «Саламдашуу» аттуу автобиографиялык мүнөздөгү ыры бар. Өзүнүн айтымында, ырдын мазмунуна караганда Замирбекти атасынын жолун жолдотуп ырчы кылган, анан калса өзү төкмөлүк кандай өнөр экендигин жетик билген адам үчүн уулуна үйдөн көп таалим-тарбиясын берип, ырдатып көрүп сын, пикир айтып, дайыма алга сүрөгөн биринчи устаты – Назым апа болуптур.

Замирбек Токтогул Сатылганов атындагы кыргыз филармониясына 1968-жылы он жети жашында келип кирген. Токтоналы, Ысмайыл, Шекербек ж. б. көптөгөн эл шайырлары дээрлик анда ушул филармонияда иштешкен. Демек, Замирбек да көрөңгөлүү өзүнчө чоң университеттен сабак алган бактылуу, төкмө.

Кубанып тосту атамдын,
Курбу-курдаш, катары.
Он жылдан ашты ал кезим,
Он күндөй болуп заматта.
Күнсайын талбай изденүү,
Күч кошот экен талантка.
Тоо суусундай шар аккан,
Таамай ырлар жараткан,
Аталар өткөн кечээги,
Алардай болуш каякта?!
Антсе да уккан кубанып,
Атанын жолун уладык.
Турмушта коштоп алдыга
Түгөйүм болду ыр анык[1]–

дейт аталган «Саламдашуусунда». Буга караганда, ырга ыкласын эрте койгонуна карабай төкмөлүк өнөргө он жети, он сегиз жаштарында аралашып, ошондон бери машакаттуу бул өнөр менен тынбай алектенип келаткандыгына ынанасың.

Канткен күндө да Замирбектин бүгүнкү биз билгендегидей деңгээлдеги төкмө болуп жетилишине бул чыгармачыл чөйрөнүн тийгизген таасири зор. Биринчиден, Замирбек эл алдына чыгып ыйык сахна деген эмне экендигин алгач жакындан билди. Экинчиден, өзүнөн улуу Ашыраалы, Токтосун, Эстебестей агаларынын таалимин алып, филармониядагы дагы башка ар кыл өнөрпоздор менен жуурулуша иштеп, жер кыдырып, эл тааныды. Мындан сырткары айтыш, алым сабак айтыштарга түшүп, тажрыйба топтой баштады. Бул учурда ал «Алымкулдун Токтогул менен саламдашуусу», «Токтогул менен Алымкулдун» «Акбаары», «Токтогул менен Эшмамбеттин» «Ак туяк», «Эшмамбеттин Токтогулга Сибирден келатканда кездешүүсүндөй»,

негизинен Токтогул, Эшмамбет, Коргоол, Алымкулдун урунттуу чыгармаларын аткарган. Бирок, булар буга чейин эле Калык, Коргоол, Алымкул ж. б. тарабынан кыргыз элинин кыйырына таанылган номерлер болчу. Анан калса, ушул мезгилде өзү жаш, төкмөлүгү жаңыдан гана жолго түшүп келаткандыктан чоң чыгармаларды элге берүүгө али эрте эле.

Замирбекке өз репертуарын жаңыртуу, дагы башка жанрлар менен байытуу зарылчылыгы ушундан улам келип чыккан. Ал ушул тапта таланттуу акын, терме ырларынын Райкандан кийинки күчтүү устаты Какен Алмазбековдун «Кызыл туу кыргыз кыздарын» ырдап чыкты. Какендин бул классикалык термеси Замирбектин өздүк аткаруу чеберчилигине баш ийип убагында (Эстебес Райкандын «Жер жөнүндө термесин» алып чыккандай) элди бир тамшандырып алды. Анын чебер аткаруучулугун айкындап, атын чыгарып, алгач элге алындырган дал ушул чыгарма болду.

Буга таасирленип өзү да кийин «Нан жөнүндө», «Терме», «Жаштар жөнүндө терме» өңдүү бир катар термелерди жаратты. Адатта, төкмөлүк өнөрдүн салтында санат, терме өңдүү үлгү ырларга алар турмуштун ар кыл жагдайларын, адамдардын оң-терс мүнөздөрүн, жашоо маңызын, дегеле эмнени болбосун, кеңири чечмелеп, чыгармачылык арымы өсүп, чеберчилиги артып турган учурда кайрылышкан. Ошол себептүү, ак таңдай ырчылардын ооматы келип турган учурдагы берилип, шаңшып төккөн андай санат, термелери ары көркөм, ары терең, ары учкул келип, эсте калгандары даяр макал-лакап катары эл ичинде экинчи жашоосун уланткан.

Төкмөнүн төкмөлүгү масштабы чоң, көлөмдүү эпос, дастандарды ийине жеткире айтууда, айтыш өнөрүндө, ар санатты кынтыксыз термелөөдө айрыкча эл көзүнө түшкөн. Замирбектин жогоруда аталган термелеринин көлөмү чакан келип, багыттаган оюн терең, масштабдуу берүүдө, сөзгө сөздү эп келтире кыноодо тажрыйбасы аздыгын көрсөтүп койгон. Бул албетте, анын али жаштыгына байланыштуу келип чыккан. Бирок, арасынан:

Эси жок кээ бир жаштар бар,
Элчилеп эмгек кылбаган.
Артыкча көрүп жанынан,
Аракты сүйгөн берилип.
Жүк көтөрчү келбети,
Жүз граммга жеңилип.
Буулугуп калган немедей
Буфетти көрсө элирип[2].
(«Жаштар жөнүндө терме»)

Турмуштун жолу ар убак,
Туруксуздарга тайгалак.
Жеп-иче турган жер болсо,
Жегичтер барып байыр алат
Өзгөчө ичи тарлар бар,
Өссө бирөө көрө албайт.
Өнөрлүү кылган жумушту
Бирок,
Өздөрү иштеп бере албайт.
Көпөлөк болгон бирөө бар,
Кошоматсыз тура албайт.
Маанилүү иштүү кишиге,
Малаймын дештен уялбайт[3].
(«Терме»)

берегидей дурус чыккан тизмектерин кездештирүүгө болот. Ошондой эле бул жыйнакта алгач эл алдында ырдап чыгып, анан барып кагазга түшүрүлгөн «Эмгектен эрдик жаралат», «Сактайлы жердин саймасын», «Булбулдун жеринде», «Баатырларга», «Олимпиада-80», мындан сырткары «Атама», «Комузчуларга», «Муратбек Рыскуловго», «Чыңгыз Айтматовго», «Эстебес ырчы-элүүдө», «Коштошуу» (Т.Тыныбековго) өңдүү салттуу ырлар, жоктоо, арноолор бар.

Аталгандардын ичинен Замирбектин табитине жакын туруп, чыныгы эргүү менен жакшы чыккан чыгармасы катары «Комузчуларга» аттуу арноосун белгилөөгө болот. Бул чыгарма өзү аткарып жүргөн Ысмайылдын «Кош, Алымкул» аттуу айтылуу жоктоосунун, о. э. баштадан келаткан салттуу арноо жоктоолордун салтында жаралган:

Толкуган күүнүн деминен,
Тоңгон муз дагы эриген.
Өтүптүр нечен комузчу,
Өнөрпоз кыргыз элинен.
Сыйкырбы элдин тарыхын
Сыйгызып черткен үч кылга.
Кени экен күүнүн ошолор,
Кемибес толук жүз жылга.
Тарыхта калган жазуудай,
Таңкалткан өчпөс сыясы.
Ала-Тоонун ал күүлөр,
Алгачкы симфониясы[4].

Ырчы, соолбос элдик кенчтин бир канатын түзгөн – музыкалык маданиятыбыздын абалтадан бери келаткан тарыхын тереңден кирип чечмелегиси келген. Мында, байкалып тургандай, чоң маани, айтайын деген оюн жеткирип бере алган өз деңгээлиндеги төкмөлүк чеберчилик да бар. Ырчы алгач өзүнө:

Уккандын муңун тараткан,
Үмүттү алга караткан.
Күйүттүү өткөн заманда,
Күүлөрдү кимдер жараткан?

деп олуттуу суроо коюп, өткөн күндөргө азыраак кайрылып келип анан Токтогул, Мураталы, Ниязалы, Айдаралы, Ыбырай, Карамолдо, Атай, Шекербек, Асылбек, Мейилкандай айтылуу күүчү, комузчулардын портретин сүрөттөөгө өтөт.

Ак калпак элдин сыймыгы,
Атактуу залкар комузчу,
Устаты күүнү Ыбырай,
Урматтап сүйгөн комузду.
Кайрыктар даана чертилген,
Окшобой бири-бирине
Өзүнчө мукам үн кошуп,
Комуздун назик үнүнө
Уюткан жанды күүлөрүн,
Уккуң келет күнүгө.
Тереңинде күү толтура,

Теңдешсиз Ысык-Көл тура.
Көлүнө окшоп өнөрү,
Карамолдо өзү зор тура.
Кайрыктары таптаза,
Комуздун үнү башкача.
Таңкалткан чертип жатканда,
Тийгизбей колун капкакка.
Нотаны билбей калганга,
Болгон дейт кээде арманда
Эгерде азыр бар болуп,
Эң сонун билим алганда.
Атагы чыккан Бах болмок,
А балким ашмак андан да[5].

Талант дараметин өз алдынча чечмелөө, салыштыруу бар. Булардын ичинен, Шекербекти аралашып, көбүрөөк билип калгандыктан, башкаларга караганда элеси өнөр көрсөтүп жаткан учурун сүрөттөп, жакындан тартылган.

Атагы чыккан элине,
Айталы эми Шекеңди.
Көрүнгөн даана элине,
Комузчу, сөзгө чеченди,
Атайдан кийин комуздун,
Алгалап шаңын көтөрдү.
Карганча комуз кармады,
Кайраты, күчү талбады.
Күүлөрүн чертип жатканда,
Күлкү, шат эле жан жагы.
Үлгүсүн алып атанын,
Улантты жолун балдары[6].

Карамолдо, Ыбырайдын комуз черткенин Замирбек кичинекей чагында көргөнү менен андагы чеберчиликтерине баа бере албаган, Бирок, алар туурасындагы кеңири айтылган кеп-сөздөрдү кийинчерээк уккан, китептерден газета-журналдардан окуган, ошол себептүү улуу муундагы залкар комузчулардын портреттери көбүнчө эскерүүлөрдүн негизинде жаралган. Мураталы, Ыбырай, Карамолдо, Атай, Шекербек, Мейилкандын портреттери башкалардыкына салыштырмалуу толугураак чыккан.

Комузчулардын элеси берилген береги портреттер алар туурасындагы буга чейинки маалыматтарды толуктаган, кеңиткен, айрыкча окумуштуу, иликтөөчүлөргө зарыл керектүү материалдардан болуп бермекчи.

Замирбектин чыгармачылыгынын бир өңүтүн – айтыштары түзөт. Филармонияга киргенден берки отуз беш жылга чукул аралыкта ал Ашыраалы, Токтосун, Эстебес, Тууганбай менен бирдикте кээде экөө, кээде алым сабак ырдашып төртөө, бешөө болуп ондогон айтыштарга түшүп келет. Замирбек кез-кезде казак жергесине чейин барып айтыштарга түшүп, жекече өнөрүн көргөзүп жүргөндүгүн билебиз. Колдо болгон материалга таянып Тууганбай экөөнүн «Октябрды даңктайбыз» аттуу алгачкы айтыштарынын бирине кайрылып көрөлү.

Тууганбай:

Жоболондуу заманда,
Жол азабын тартышып.
Өйдө-төмөн көчкөндө,
Өгүз, атка артышып.
Алдуулары ат минип,
Атсызы жөө самсышып.
Тар кыяда жүрүшүп,
Тайтуягын кийишип.
Чөңөр тилип жарылып,
Чокой бутта чүрүшүп.
Өткөөлү жок чоң дайра,
Өтүүгө анда жол кайда.
Өзөндө эл бүлүнгөн,
Өйүз-бүйүз маңдайга.

Замирбек:

Ат туягы баспаган,
Асман челген аскадан.
Ашып өттү, бүгүн жол
Айырмасыз тасмадан.
Тешип өтүп тоо ичин,
Туннель куруп таштаган.
Ала-Белден кайкайып,
Автобуста чайпалып.

«Волго» минип кайкайып,
Боомдон өттүк чайпалып.
Кандай сонун жолдордун,
Кайсы бирин айталык,
Асман жиреп закымдап,
Ай, күнгө учтук жакындап.
Бир сааттыгын баса албас
Бир ай жүрсө атың бат.

Замирбектин чыгармачылыгы Совет мезгилинде калыптанган төкмө. Ошол себептүү ал өзү аралашып жүргөн «Токтосун менен Эстебестин» «Ашыралы менен Тууганбайдын» айтыш өнөрүндөгү салтын түздөн-түз улантты. Бул учурдагы айтыштар негизинен эски менен жаңы замандын айырмачылыгын ачып көрсөтүүдөн, өлкөдөгү зор өзгөрүүлөрдү белгилөөдөн, жаман жосундарды сындап, ийгиликтерди мактоодон тургандыгы, б. а. жарлык айтуу милдетин аткарып келгендиги белгилүү.

Тууганбай:

Кой союп берсең күнүгө,
Кожолор түнөп үйүңө.
Илимден анда дайын жок,
Илешип бакшы-бүбүгө.
Тапканын койгон алдатып,
Табыптын кирип тилине.
Арбактай сөөктү катырып,
Айлантып койгон ширине.
Алаарын алып кетүүчү,
Акыры жетип түбүнө.
Жылмакең жылып жөнөөчү,
«Жыргал» – деп, тигил дүнүйө.

Замирбек:

Азыр такыр башкача,
Ак халатчан таптаза.
Оору болгон көңүлдү,
Орой сүйлөп какпаса.
Ажалдардан талашып,
Асыл жанды сактаса.
Өпкө-боорду аңтарып,

Өзөгүндөн дарт алып,
Өлгөн жанды тирилтип,
Өнөр өстү канчалык.
Ooру касы врачка,
Он миң алкыш айталык[7].

Совет мезгилиндеги айтыштардын жакшы жагы баштакы кээ бир айтыштардагыдай бири биринин быкыйын чукушуп кордошпойт, кемтик жагын айтып жамансынтпайт, ошондой эле үстөмдүк жасашпайт, б. а. этикалык мүнөзгө ээ. Бүгүнкү төкмөлөрдүн айтыш өнөрүндөгү артыкчылыгы ой тамырын таба билип, жөндүү тамаша ыргытуусунан, куйкум тил менен ыктуу чымчып, ар кандай соболго жүйөөлүү жооп таба билүүсүнөн, сөзгө чебер, эпчилдигинен билинет. Айтышта, адат, мүнөздүн ролу чоң. Замирбектин дайыма бир калыпта жүргөн токтоо сапаты бар үчүн айтыштары да олуттуу мүнөздө.

Башында белгилегендей биз «Замирбектин ырлары» аттуу али жаш кезинде чыккан чакан жыйнагынын жана өзү менен аңгемелешүүнүн негизинде гана (андан бери жыйырма жылча болуптур. А. О.) анын чыгармачылык портретин берүүгө далалат жасадык. Төкмөнүн бүгүнкү деңгээлин толук көрсөтүү үчүн аталган жупкадай жыйнак албетте жетишсиздик кылды.

Бүгүнкү күндө Замирбек Үсөнбаевдин төкмөлүк ооматынын келип турган учуру. Улуу муундагы Эсенаман, Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Барпы, Калык, Коргол, Осмонкул, Алымкул, Токтоналы, Ысмайыл өңдүү залкар таланттардын урунттуу чыгармаларын, айтыштарын аткаруу менен катар өзүнүн да санат, термелерин ар кыл ырларын, о. э. «Манас» айтып, «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи, Бөкөй» өңдүү эпосторду чебер аткарып келет. Өзүнүн айтымында Ашыраалы, Токтосун, Эстебес, Тууганбай менен ар мезгилде айтышкан ондогон айтыштары бар. Бүгүнкү күндөгү белгилүү «Манас» аткаруучу Н.Сейдракмановдун ырына чыгарган «Өзүң бил» аттуу жагымдуу обону Л. Райымбекованын аткаруусунда ырдалып жүрөт. Ушул тапта улуттук филармонияда «Алымкул Үсөнбаев» атындагы көп кырлуу чыгармачылык топту

жетектейт. Мындан сырткары ардактуу профессор катары бар билгенин теория менен айкаштырып баш калаабыздагы консерваторияда акындык (импровизациялык) өнөр боюнча сабак берет. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги өкмөт тарабынан бааланып Кыргыз Республикасынын эл артисти деген ардактуу наам ыйгарылган. Замирбек республикалык жаштар сыйлыгынын, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси. Өзүнүн жолун жолдогон бир катар шакирттери бар. Абалтадан келаткан төкмөлүк өнөрдүн бүгүнкү эстафетасы Замирбектин колунда. Айтор, Замирбек Үсөнбаев ушул күндө эл ортону элүүгө келип, тажрыйбасы артып, төкмөлүгү өрлөп, баралына келип турган, чыгармачылыгынын күрдөөлдүү учуру. Андыктан анын элге тартуулоочу баалуу чыгармалары алпы алдыда.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Үсөнбаев З.* Замирбектин ырлары. – Ф., 1985. 4-бет. Негизги цитаталар ушул жыйнактан алынды, мындан тышкары өзүнүн эскерүүлөрү пайдаланылды.

[2] Ошондо. 42-бет.

[3] Ошондо. 47-бет.

[4] Ошондо. 29-бет.

[5] Ошондо. 31-бет.

[6] Ошондо. 33-бет.

[7] Ошондо. 57-бет.

## КУУДУЛДАР

Кыргыз элинен таланттуу куудулдар да көп чыккан. Бирок, азыркы мезгилде алардын көпчүлүгү жөнүндө уламыш, аңыз гана сөздөр калды, айрымдары унутулду, көптөрүнүн куудулдук окуялары да өз авторлугун жоготуп, коллективдүү чыгармачылыкка сиңип кетти. Ошол себептүү көп куудул-өнөрпоздор жөнүндө байсалдуу сөз кыла албай отурабыз. Негизинен изилдөөнүн объектиси XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында (айрымдары Совет бийлиги мезгилинде да) жашаган Жоошбай (1840–1919), Көкөтөй (1849–1916), Карачунак (1862–1933), Куйручук (1866–1940), Бекназар (1884–1953), Шаршен (1896–1942), Сары Учук (1858–1943) Айдараалы Бейшүкүров (Айдараалы Жөргөлөк) (1851–1934) жана Бошкой, Эшкой, Ордобай, Кочкорбай сыяктуу көбү куудулдук өнөр менен катар чечендикти аркалай жүргөн өнөрпоздордун чыгармачылыгы эсептелди. Бирок, жогоруда аталган куудулдардын чыгармалары да толугу менен колго тийген жок, айрымдарынын туулган жылын да тактоо мүмкүнчүлүгү болбоду. Ошондуктан кээ биринин аттарын гана атоого мажбур болдук. Албетте, куудулдар да өздөрүнүн талантынын күчүнө, аткаруучулук чеберчилигине, чечендигине карата бааланган. Бир даары бир аймактын, бир айылдын, кадыресе бир бозонун көңүл ачары, шайыры катарында эсептелсе, бир даарынын атагы узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына жетип, бүтүн кыргыз элинин урмат-сыйына ээ болгон. Сөзсүз мындай атак-даңкка куудулдардын ичинен күлүктүн күлүгү, алгырдын алгыры дегендей өтө таланттууларынын гана жеткендиги белгилүү. Анткени патриархалдык-феодалдык жол-жосундун жөрөлгөлө-

рү өкүм сүргөн өткөн заманда жогорку таптын өкүлдөрү куудул өнөрпоздорду «жинди» «тентек» атап, кемсинтип басып келишкен себептүү көпчүлүгүнүн чыгармачылыгы кадимкидей бүр байлай албай, бир аймактын чегинде тумчугуп жок болуп кеткен учурлары да болбой койгон эмес.

Бирок, жогоркудай чектөөгө карабастан, таптык теңсиздик күч алып, адилет, адилетсиздиктин чеги жиктелип, жаман-жакшынын ажырымы ачык көрүнүп калган XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында куудулдук өнөр айрыкча баалангандыгы байкалат. Бай-манаптардын зулумдугун, ырайымсыздыгын, кожо-молдолордун алдамчылыгын, эки жүздүүлүгүн өлтүрө күлкүгө алып, беделин төмөн түшүргөн куудул-өнөрпоздорду эл зор канагаттануу менен тосуп алган. Алардын ысмын, куудулдук окуяларын, куйкум сөздөрүн элден-элге, муундан-муунга өткөрүп даңазалап, эсинде сактап келген. Натыйжада куудулдук өнөр да өзүнө таандык жанрдык өзгөчөлүккө ээ. Чечмелеп айтканда «куудул» деген түшүнүктүн мааниси кенен, куудул адам сөзмөр да, тайманбас өткүр да, дароо курч ситуацияларды түзө койгон ойчул да, керек учурунда бүткөн боюн, бүт турпатын, бет түзүлүшүн түрлөнтө билген, мимикага бай, аткаруу чеберчилиги артык өнөрпоз да болушу керек. Ушул касиеттери менен адамды өзүнө ишендире алат. Жогоркудай сапатка ээ болбосо, өйдө-төмөндү сүйлөп, адамдарды бырс күлдүрсө күлдүрөр, Бирок, тыңшоочуларынын сезимине бүлүк түшүрүп, толук ынандыра албас эле. Ошондой эле узун сабак сөз болуп, алардын кылык-жоруктары, куудулдугу, сөзмөрлүгү унутулбас «дастанга» айланбас эле. Мына ушул касиеттери, өзүнүн ар жактуулугу (импровизацияга жөндөмдүүлүгү, сөзгө чечендиги, аткаруучулук, өнөрпоздук-артисттик кудуретинин күчтүүлүгү), кыймыл-аракетке байлыгы, жыштыгы – жалпы эле акындар, чечен, актер сыяктуу өнөрпоздорго таандык касиеттерди өзүнө топтоштуруп турган синкреттик жагдайы менен куудулдардын чыгармачылыгы жанрдык жагынан өзгөчөлөнүп турат. Жалпысынан алганда куудулдук өнөрдү синкреттик искусство катарында баалаcа болчудай. Бул өзгөчөлүктөр куудулдардын чыгармачы-

лыгын конкреттүү талдоого алууда ачык көрүнөт. Акындар айтышы сыяктуу эле куудулдук өнөрдө да эки жактын беттешүүсү тирелишкен жагдайда өтөт. Өзүнүн каршысын жеңип чыгууда алар ар кандай ыкмаларды, көркөм каражаттарды колдонот. Бирде кыймылы, бирде өз ордунда айтылган өткүр сөзү, бирде чебер аткарылган ойну менен каршысын оңтойсуз абалда калтырып, күлкүгө алып баса берет. Кээде куудулдук табылгасы анын чебер ойнунда, куюлушкан курч сөздөрүндө коштолуп, чыгарманын идеясын жүзөгө ашырууда ири өбөлгө түзөт. Натыйжада, акындык айтышка караганда куудулдуктун жанрдык мүмкүнчүлүгү кеңири болот. Эгерде акындар айтышы акындык дараметине, көркөм сөздүн күчүнө, ойлоо активдүүлүгүнө, дароо жооп кайтаруу жөндөмүнө карата чечилсе, куудулдардын беттешүүсү жогорку сапаттардан башка да курч ситуациялык жагдайларды, актердук чеберчиликти, күлкү чыгаруучу касиетти талап кылат. Натыйжада сөзгө чечен, кыймылга, табылгаларга, күлкүгө бай, ойноочулук, аткаруучулук чеберчилиги күчтүү адамдар куудул аталат. Алардын көбү чукугандай сөз таап, каршысын күлкүгө алып, калк ичинде шылдыңга калтыруу жөндөмүнө ээ. Алсак, чебердик, чечендик Куйручукта күчтүү болгон. Анын Найманбай, Анжыяндык Ысакан, Токтогул менен айтышка түшкөнү, аш, тойлордо жар чакырып жана кызыркынга кошок үйрөтүп жүргөндүгү да белгилүү. Ал эми Кашкар бийлөөчүсү Тукбашка берген жообу куюлушкан курч жорго сөздөрдөн түзүлүп, куудулдун сөзгө чечендигин ачык аныктап турат. Мындай касиеттен Жоошбай да куру алакан эмес. Ал өзүнүн куудулдук кылык-жоругу үчүн өмүрүндө бир канча жолу оор жазалануу тагдырына кириптер болот. Ошондо да чукугандай жооп таап, жазадан кутулуп кетип турган. Айрыкча Карачунактын жана Бекназардын аткаруучулук-актердук чебердиги, устаттыгы ооп түшкөн. Буга кан базарда Карачунактын соодагерди «өлтүрүшүнүн» өтө чебердик менен аткарылышы ачык күбө. Куудулдан качып дардайып базар ортосуна барып жыгылган соодагер өзүнүн ичине сайылган кестик эмес, сөөмөй экендигинен шек да санаган эмес. Ичин басып өң

алаттан кетип, жарыкчылык менен коштошуп, созолонтуп онтоп, бүтүндөй чогулган элге катуу шылдыңга калган. Бирок, кабарчылардын маалыматына караганда Карачунак куудулдук окуяларын сөз менен коштоочу экен.

Мындай окуяларды Бекназар куудул да көп жараткан. Айтуучулардын, замандаштарынын маалыматтарына караганда эки куудулдун сырткы кебете-кешпири, басканturганы, сүйлөгөнү, мимика-бет түзүлүшү эле күлкү чыгарып турган. Ал эми Шаршендин апыртмалуу, какшыктуу «монологу», аткаруу манерасы, мимикасы күлкү үчүн жаралгандай таасир калтырган. Айдараалы Бейшүкүров (лакап аты Айдараалы Жөргөлөк) куудулдук окуяларды жаратпаганы менен комузда ойноо чеберчилиги өзүнүн аткаруучулук-актердук устаттыгы менен элге куудул катарында таанылган. Анын бул же тигил күүнү комузда аткарып жаткандыгын көргөн адам күлкүдөн оозун жыя алган эмес.

Айдараалы Бейшүкүров 1851-жылы Талас боюндагы Кызыл-Адыр кыштагында туулган. Атасы Бейшүкүр кедей адам болгон. Замандаштарынын айтуусуна караганда өзү да өткөн заманда оор турмушту башынан өткөрүп, жакырчылыкта жашайт, эл аралап өнөрүн тартуулай коюп, эптеп-септеп үй-бүлөсүн асырайт. Ал «Курманбек», «Кожожаш» өңдүү кенже эпосторду да айтат, айрым сатиралык мүнөздөгү ырларды да жаратат, кыякчы, чоорчу да болгон. Бирок, анын бардык өнөрүнөн да комузчулугу артып түшкөн. Айдараалы «Ак кочкор каңкы», «Иле менен Каратал», «Дубананын жар салганы», «Ак токту», «Сары барпы», «Каныбек», «Сурнай күүсү», «Көйрөң күү» аттуу чыгармаларды аткарууда элге кеңири белгилүү болгон. «Дүнүйө», «Сен дүйнө», «Кол ойнотмо» сыяктуу ондогон күүлөрдү чыгарган. Күү чолок кайрылган ыр менен коштолуп, комузда аткарылган. Аткаруучу күүнүн ыргагына карата бирде жорголоп, бирде термелип, бирде ордунан жылып, ырдын текстине карата тулку боюн, бет түзүлүшүн укмуштуудай артисттик чеберчилик менен өзгөртүп, тыңшоочулардын купулуна толуп, күлкүгө тундурган. Күүнүн мазмунуна карата куудулдук табылгаларды (көр-

көм каражаттарды, ыкмаларды) пайдаланган. Мисалы, «Ак куунун оттогону» деген күүнү черткенде атынын куйругун түйүп, бутун ээрдин башына чыгарып койчу экен. Ал эми «Көйрөң күүнү» аткарууда Айдараалынын комузда устаттыгы, артисттик чеберчилиги тыңшоочуларды айрыкча таң калтырган. Анын бир жыйындагы тамашасы Калык акындын да бек эсинде калган. Алардын жолугушуусу 1919-жылы болот. Калык Токтогулду ээрчип Таласка барып, тойдо ырдап жүрүп, жал куйругун кырккан күрөң бээ минип, оң жаккы бутун аттын жалына арта салып, төбөсүнө кондурган топусун кыймылдатып, элди күлдүрүп жаткан Айдараалыны көрүп:

Суусамырдын сазындай
Былкылдаган сен кимсиң?
Жинди болгон эмедей,
Шылкылдаган сен кимсиң?
Түрү сымап өңдөнүп,
Кылтылдаган сен кимсиң?
Жин-шайтандуу немедей,
Жулкулдаган сен кимсиң?
Атырылып ырдап көр,
Сенин акындыгың эл билсин? –

деп ырдап кое бергенде куудул:

Менин атым сурасаң
Айдаралы Жөргөлөк.
Ар жыйынды көргөндө,
Айтар сөзүм бир бөлөк.
Келин-кыздуу үйлөргө,
Керегенин түбүнөн
Кирип кетем жөргөлөп...
Үстү жагын айтайын,
Үрүм-Марал, Күмүштак,
Алды жагы Капканын,
Адыр-адыр кызыл чап,
Акындыгың бар болсо,
Айтканымды ойлоп тап.
Кой, Сүлөөсүн, Бакайыр,
Жерибизден келебиз.

Жергелүү кытай, калың сол,
Элибизден келебиз.
Сендей-сендей ырчыны,
Койгулатып отуруп,
Комуз менен жеңебиз –

деп жооп кайтарат. Калыктын өзүнүн эскерүүсүндө Айдараалы «оңбогондой кууланып, оңко-чоңко болуп», акынды «көпчүлүктүн күлкүсүнө капталтып», бир топ шайын оодарат. Ошондо Калык нускалуу сөздөрдү куюлуштуруп, жамгырдай төгүп жиберип, калкты оозуна каратып, кыйын жагдайдан чыгып кетет. Жогорку ырынан көрүнүп тургандай Айдараалынын жамактап айта коюу жөндөмү да болгон. Муну аялдарга арнаган санатынан жана Нурмолдого берген жообунан да көрөбүз. Бир жылдары Айдараалы Жөргөлөк көр оокаттын айынан түштүктөгү Аксы тарапка барып калат. Ошондо Нурмолдо акын аны сөзгө сындырмакка бир топто мындай деп ырдайт:

Таластан келдиң бүрүштөп,
Семирип кеттиң кысталак,
Аксыга келип күрүч жеп.

Анда Айдараалы:

Мен элимде ырдап жүрүмүн,
Көп ырчынын биримин.
Ырым жаман эмес, жакшы эмес,
Болгондо бир айыбым бар,
Атам сеникиндей бакшы эмес
Нурмолдонун атасы бакшы экен.
Кокондон келген Нурмолдо,
Эми сен койкоңдобой тур, молдо,
Ташкенден келген Нурмолдо,
Эми сен таркылдабай тур, молдо

Анын сөзүнө аябай ыза болгон Нурмолдо этек-жеңин кагынып, топтон аттанып кетүүгө аргасыз болот. Кыскасы Айдараалы Жөргөлөк комузда кол ойнотуунун устаты, күлкүнүн ордосу катарында эл эсинде сакталып калган. 1934-жылы каза болуп, куудулдун табыты азыркы Киров районундагы Чолпонбай Түлөбердиев совхозунун аймагына коюлган[1].

Акындар сыяктуу куудулдардын чыгармачылыгында да традициялуу жалпы темалар, мотивдер орун алат. Ириде алар да өздөрүнүн чыгармачылык жолун өтө эрте, бала чагында эле баштагандыктары байкалат. Көпчүлүгү айыл-апанын каймак-сүтүн уурдоодон (бул Карачунак, Сары Учук, Куйручук жана Бекназардын чыгармачылыгынын алгачкы баскычына мүнөздүү окуяны түзөт) жана курбу-курдаштарын, жоро-жолдошторун куудулдук оюн салмалары менен таң калтырууда тушоосун кесет. Ал эми жогорку көрүнүштөр алардын жашоо түйшүгүнүн окшоштугунан, жетим-жесирликтин запкысынан, турмуш оордугунан келип чыккан жалпылыктар болуп саналат. Анткени Куйручук да, Бекназар, Карачунак, Сары Учук да жетим-жесирликте чоңоюшат, жаштайынан ата-энеден кол жуушат. Сыртынан караганда бардыгынын өмүр жолу бирдей. Бекназар куудул жети жашында энесинен, бир жылдан кийин атасынан ажырап[2], өгөй эненин, кесирлүү жеңелеринин, бай кыйыр туугандарынын биринен сала экинчисине өтүп, балалык, жадаса жигитчилик мезгили менен кош айтышат. Карачунактын балалык кези да чеке жылытар эмес, бир курсактын азабын тартып, жетимдик менен ар кимдин босогосунда жүрүп бой тартат[3]. Куйручуктун өмүр жолу деле алардыкынан көп айырмалана бербейт: атасы Өмүрзак өтө жарды киши болот, аялы экөө керээлден-кечке Султанхан байдын коюн кайтарып, отун-суусун алып, кара жандарын карч уруп эптеп жан сактап турганда энеден ажырап, жаш бөбөктөрүн багышып, түйшүк жолуна эрте түшөт[4].

Же Сарыучуктун эле өмүр жолун алалы. Ал 1862–1943-жылдардын аралыгында өмүр сүрөт. Туулган жери – азыркы Ысык-Көл районундагы Тору-Айгыр кыштагы. Айрым маалыматтарга караганда ал Карачунак, Куйручук менен көп катташып, жеке жана чыгармачылык байланышта болгон киши. Ал куудулдук окуяларды көп жаратса да, көпчүлүгү унутулуп калган. Айрым «Жарык жардын жанынан өзбек соодагерди тоношу», «Жамбы тапсак эмне кылабыз?», «Тойго бараткандарды тоноп алышы» сыяктуу азыноолак чыгармалары колго тийди.

Ал да жаш кезинде жетимчиликтин запкысын көп тартат. Ар кимдин кой-козусун кайтарып малайлыкка жалданат. Куудулдун ошол күндөрүнүн бир үзүндүсү «Жамбы тапсак эмне кылабыз?» аттуу окуясында чагылышкан. Бул окуя Сарыучуктун балалык кезинде өтөт. Агасы Бердибай экөө бир тегирменчи орус кулактын коюн кайтарып жүрүп, бир жагынан күндүн ысыгынан, экинчи жагынан курсагы ачып талыкшыган Сарыучук ою менен ой омкоруп, көңүлү менен тоо томкоруп кыялга батат, бат эле кой башындай сары алтынды жерден «таап» ала коюп, агасына: «Алтын таап алсак, эм-не кылаар элек?» деп акыл салат. Бердибай кичине энөө, момун неме экен: «Алтынды кожоюнга алып барып беребиз», – дейт. Анда Сарыучук: «Бербей, этпей эле өзүбүз алабыз», – дейт. Акыры экөөнүн ортосунан чатак чыгып, кечке чейин мушташып, мурду-баштарын кандап, кечинде жарашып алып койлорду айдап келишет. Сарыучуктун тойго бараткандардын куржундагы эт-боорсокторун катып алып, уйдун жампаларын салып коюшу да бир курсактын айынан иштелет.

Кыскасы, ушундай жагдайда жалпы темалар, окшош окуялар түзүлгөн, башкача айтканда жан сактоонун айласында жасаган куудулдук иштери, кылык-жоруктары көпчүлүк куудулдардын чыгармачылыгында жалпы традициялуу окуя катарында орун алган. Тескерисинче, Жоошбай куудул оокаттуу адамдын баласы болуп, турмуштун түйшүгүн көп тартпай өскөндүктөн, жогоркудай каймак-сүт уурдоо, этке тоюу ж. б. окуялар орун албайт.

Куудулдардын көпчүлүгү кедей-кембагалдардын, жетим-жесирлердин үй-бүлөсүнөн чыгып, турмуштун оор запкысын, жокчулукту, материалдык, моралдык теңсиздикти өз баштарынан өткөргөндүгүнөнбү же табигый сезимталдыгы, байкагычтыгы, кыраакылыгы, турмуштун жаман-жакшысын териштирип ылгай билүү, түшүнө билүү жөндөмдүүлүгүнөнбү, айтор, зордук-зомбучулдугун жана алардын көрөр көз айымдарынын кесирдүүлүгүн, текебердүүлүгүн күлкүгө алуу, куудулдук кыймыл-аракетинде ашкерелөө традициялуу жалпы тема катарында бардыгынын чыгармачылыгынан орун алат.

Ошондой эле кожо-молдо, эшен-калпалардын алдамчылыгы, эки жүздүүлүгүн жана диндик ишенимдерин, түшүнүктөрдү күлкүгө алуу куудулдардын чыгармаларында таң калаарлык идеялык бийиктикте өткөн. Ал эмес, көпчүлүгү кожо-молдолорго гана эмес, ал кездеги түшүнүк боюнча баарын «көрө», баарын «башкара» билген алла тааланын улуктугуна сөз тийгизип, ага карата ишенбөөчүлүк сезимин пайда кылган. Негизинен таланттуу, атагы чыккан куудулдардын бардыгы атеисттер болушкан. Куудулдардын динге, дин өкүлдөрүнө карата болгон атеисттик көз карашы алардын куудулдук окуяларына ачык чагылышкан. Натыйжада, Карачунак, Бекназардын атеисттиги өз баштарынан, көз алдыларынан өткөн чындык окуянын негизинде бекемделген. Карачунак Шабдан манапты ээрчип, Мекеге барып, ал жердеги эки жүздүүлүктү, куулук-шумдукту өз көзү менен көргөн, Мекенин «ыйыктыгы» жөнүндөгү сөз жөн эле алдоо экендигине толук көзү жеткен. Ошондуктан ошол «ыйык» жерде туруп эле кадимки «ойт» бермесинен баштайт. Бирок, эч кандай майып болуп калбастан, элине аман-эсен кайткандан кийин ал дин өкүлдөрүнө гана эмес, жалпы эле дин окуусуна карата ишенимин жоготкон. Намаз, куран, бейиш, тозок, аркы дүйнө, арбак жөнүндөгү диний түшүнүктөрдү өзүнүн кылык-жоругунда ашкерелеп, жокко чыгарган.

Бекназар болсо, жашы тогузга жетип-жетпей Арсланбаптын мазар жайларын мекен кылып, анын «касиеттүү», «көзү ачык» шайыктарынын, эшен-калпа, кожо-молдолорунун кылык-жоруктарын: алдамчылыгын, адамкерчиликсиздигин өз көзү менен көрүп, алардын керт башында эч кандай олуялык жоктугуна толук ишенген. Өзү да «көзү ачыктык» жасай коюп, мусулманчылыктын жолунда «күчүн» көп жолу сынаган. Ошондой эле күзгү ачкан, төлгө тарткан, байдын же болуштун көрөр көз айымдарынын жин-шайтанын, «илешкенин» «кубалап», түндүккө түйүлүп чыгып, нечен жолу бакшылык «өнөрүн» да көрсөткөн. Сөзсүз өзү катышып, өзү аралашып жүргөндүктөн, олуячылык, көзү ачыктык, ыйыктык жөнүндөгү

сөздөрдүн курулай алдоо экендигин ал башка куудулдардан да ачык түшүнгөн.

Ошондой эле өткөн заманда баш калкалар жайы жок жетимдердин турагы короонун чети, эски коргондор, төбөсү түшкөн мүрзө, ачык асман болгон. Натыйжада «сырдуу» үңкүрлөрдө, эски коргон, көрүстөндөрдө түнөө алар үчүн демейдегидей иш болгондуктан, бул жайларда адамдын үрөйүн учуруп, коркутуп, үркүтө турган жашыруун сырдын жоктугу белгилүү эле. Ошондуктан өздөрүнүн айрым куудулдук кылык-жоругун, ойт бермелерин көрүстөндөрдүн арасында бирде арбак болуп аңдыган адамын алкымдан алып, бирде жан алгыч болуп этектен алып жыгып, аркы дүйнө жөнүндөгү кожо-молдолордун табышмактуу икаяларын жокко чыгарган.

Жоошбай куудулдун атеисттик көз карашы башкача жол менен түзүлгөн. Ал Карачунак, Куйручук, Бекназар сыяктуу бул же тигил окуяны өз башынан өткөрүп, алар баскан жолду басып өтпөсө да, тунук акылы, турмуш тажрыйбасы, кыраакылыгы менен ар кандай диний ишенимдердин, түшүнүктөрдүн, ырым-жырымдардын орду жок куру убаракерчилик, жокко ишенүү экендигин, кожо-молдолордун айтканы менен кылганынын ортосунда бирдик жоктугун, алардын бардык аракети элди алдоого багытталгандыгын ачык түшүнүү деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Ошондуктан өзүнүн куудулдук кылык-жоруктарында атаэнеси, бир тууганы Момо ажыдан тартып, дин өкүлдөрүн, аларга кошуп дин окуусун, анын эрежелерин да күлкүгө алган. Албетте, куудулдардын атеисттик көз карашы илимий материализмге негизделген жыйынтыктуу, аң-сезимдүү, закон ченемдүү көрүнүш эмес, бул терең акылдуу, байкагыч, сезгич адамдын айлана-чөйрөнү, турмушту туура чагылыштырып, кылдат баамдоосунан келип чыккан стихиялуу тыянагы болуучу.

Куудулдардын чыгармачылыгында соода-сатык жайын анчалык түшүнө билбеген элет адамдарынын баеолугунан пайдаланып, бир тыйынды эки тыйын жасап, элди алдоо менен жан сактаган соодагерлерди, кызыл кулактарды күлкүгө алуу салттуу тема катарында орун алат. Кээде

жогоркудай окшоштук куудулдук окуялардан да, алардын көркөм ыкмаларынан, көркөм каражаттарынан, аткаруу, ойной билүү чеберчилигинен да учурайт. Мисалы, Жоошбайдын аттарды «жайлап», манап агасын күлкүгө калтырышы Карачунакка, ал эмес түштүктүк Кочкорбай куудулга да таандык окуя катарында катталган. Же болбосо өзбек соодагердин көзүнө «желмогуз» болуп көрүнүп, матасын алып катуу Жоошбайдын да, Куйручук, Карачунак, Сарыучуктун да чыгармачылыгынан орун алат. Ал эми мындай чыгармачылык карым-катыш айрыкча Куйручук менен Карачунактын окуяларында арбын. Натыйжада эки куудулдун өзбек соодагерлери менен бөдөнө уруштурушу, казак агайындарына барып өлүк менен «кармашышы», соодагерлерди тоноодогу, кожо-молдолорду шылдыңга калтыруудагы, кербендердин палоосун алып кетүүдөгү тапкан айла-амалы бири-бирине өтө жакын. Ал эмес аны аткарууда колдонгон көркөм ыкмалары (киймин чечип, баткакка оонап, жүк артылган атты бошотуп ийип, жүгөндү мойнуна салып, кетенчиктей түшүп, «желмогуз» кебетесинде көрүнүшү, окуянын ыңгайына карата кебете-кешпирин, өңү-түсүн өзгөртүп, башка түргө өтүшү ж. б.) да окшош.

Жогоруда аты аталган Кочкорбай куудул информатордун айтуусуна караганда XIX кылымдын экинчи жарымында Ош тарапта жашайт. Анын туулган жылы, жери жөнүндө так маалымат жок. Куудулдук окуяларына караганда Анжыян тарапта да жашаган өңдүү. Анткени бир окуяда анын Анжияндан келип, Асетин аттуу куудул менен беттешип, жеңип кеткендиги баяндалат. Кочкорбай жөнүндө материал өтө жарды, колдогу бирин-эки материалдарга караганда анын куудулдук дарамети, таланты мүмкүнчүлүгү бир топ күчтүү сыяктуу. Муну анын төмөнкү окуяларынан көрүүгө болот. Кочкорбайдын жигит кезинде Шабдан байдын баласы Калмат байдын кызын алганы кайнына куудулду ат коштотуп ээрчитип барып, эшикке калтырат. Кочкорбай бай баласынын бул кылыгына ыза болуп калат да, түн ичинде бир аялдын киймин кийип, кыздын жеңеси катарында күйөө бала жаткан өргөө-

гө кирип, анын бүт кийимин чечип алып, өзүн жылаңач калтырып, дөөгүрсүгөн мырзаны кайын-журтунда катуу шылдыңга алат.

Куудулдун аялын алдап, эжесине сактаган бир карын сары майын буздуруп, өзү да жеп, балдарын да тойгузушу күлкүлүү жагдайда өтөт. Кочкорбайдын бул окуясы түн ичинде аткарылгандыктан, айдын шооласында боз үйдүн ичинде үргүлөп отурган аялы башына жоолук салып көйнөк кийип, куржунун мойнуна асып эшиктен кирип келген күйөөсүн «эжем» деп кабыл алат: карындын оозу бузулуп, конок камы көрүлөт. Качан куржундун оозун ачып, эт, боорсок ордуна колуна уйдун жампасын мыкчыган аял: «Ой, сен белең?» деп алданганын билип, отуруп калат. Кээде Кочкорбайдын куудулдук окуялары курч сөздөр менен коштолуп айтылат. Ал Асетин куудул менен беттешүүдө ириде каршысынын балдарын каптап кирет: бирин «Шабдаалынын сөөгү сыяктанган кайсы бала?» деп, анын кунарсыздыгына тие өтсө, экинчисин: «Бул Отуз Адырдын чегирткесиндей ким?» деп, эби-сыны жок опсуз дардайгандыгын айтып, күлкүгө алат[5]. Ал эми өзү менен беттешүүгө атайлап келген аркалык куудулдарды сөздөн жыгып, аттарын «жайлап» (союп коюп) жөө калтырып жеңип кетиши Кочкорбайдын окуясы катарында баяндалат.

Куудулдар да ар кандай ыкмаларды, көркөм каражаттарды (айла-амалды) колдонот: бирде кийген кийимин алмаштырса, бирде өңү-түсүн, мимикасын өзгөртүп, башка түргө өтүп кетет. Көбүнчө ак селдечен олуя, же жан алгыч кебетесинде капыстан чыга калып, каршысын коркутуп, үркүтүп, өз максатына жетет. Алардын оюн салмалары көбүн эсе, намаздигер, намаз шамда, же түн ичинде ээн жерлерде, көрүстөн-бейит арасында, адамдын үрөйүн учура турган шектүү жайларда өтөт. Мындай көркөм ыкмалар, негизинен, бардык куудулдардан орун алат. Натыйжада акындар сыяктуу куудулдардын чыгармачылыгынан да салттуу жалпы мотивдердин, окуялардын, көркөм ыкмалардын орун алышына төмөнкү үч кырдаал себепчи болгон: Биринчиден, мындай жалпылыктар алардын жа-

шоо-тиричилик окшоштугунан, көркөм ойлоо объектисинин жакындыгынан (көпчүлүгүн жаштайынан жетим калып, бай-манаптардын кой-козусун багып, үй оокатына каралашып, түйшүк жолунда той тартышы, турмуштун катаалдыгын өз баштарынан өткөрүшү, ошондой эле кожо-молдолорун иши менен сөзүнүн ортосунда ажырым бар экендиги, алардын эки жүздүүлүгүн, алдамчылыгын көзү менен көрүп, тажрыйба жүзүндө аныкташы) ж. б. ой бирдигинен келип чыккан. Экинчиден, акындар сыяктуу эле куудулдар да бири-биринен таасир, таалим алышкан. Үйрөнүү, чыгармачылык байланыш аларга да таандык болгон. Натыйжада Карачунак, Куйручук, Сарыучуктун чыгармачылыгы бир мектептен тараган мүнөздө. Тескерисинче, Шаршендин чыгармачылыгы башкача багытта өнүккөндүгү менен алардыкынан айырмаланып турат.

Куудулдар да бири-бирин аңдап издеп барып жолугушкан. Алсак, Карачунак Тору-Айгырга көп келүүчү экен. Карыялардын айтуусунда Карачунак менен Сарыучуктун карым-катнашы, бири-бирин урматтоосу өмүр бою созулган дешет. Дагы бир маалыматтар Куйручук менен Сарыучуктун досчулугу жөнүндө айтылат[6]. Ошондой эле Куйручуктун Чоң-Кеминге көп каттагандыгы да белгилүү. Негизинен бир мезгилде өмүр сүрүшүп, жашташ болушкан. Демек, закондуу түрдө чыгармачылык карым-катыш, байланыш катнашуу жолу менен түзүлгөн. Дагы да куудулдардын окуялары бир эле аймакта айтылып калган эмес, элден-элге, оуздон-оозго өтүп, оозеки түрүндө жашаган. Кээде уламыш же аңызга өтүп кеткен учурлары да жок эмес. Ошондуктан бул же тигил окуянын бир канча куудулдардын авторлугунда жашашы жогоркудай (коллективдүүлүктүн) таасири болушу да мүмкүн. Үчүнчүдөн, куудулдардын окуялары өз убагында жазылып калбагандыктан, айтуу мезгилинде авторлугу чаташып калышы да ыктымал.

Куудулдардын бир өзгөчөлүгү каршысын сөздөн кармап жыгуу, сөздүн өтмө маанисин түз колдонуу, же тескерисинче, өтмө маанисин алуу, дегеле өз орду менен курч айтылган сөз болуп саналат. Мындай сапат негизинен

бардык куудулдарда болгон. Анын ичинен да Жоошбай, Куйручукка айрыкча мүнөздүү эле. Жоошбайдын өлөөр алдында туугандарына, жолдош-жоросуна калтырган керээзи, карыган кудай жөнүндө айтканы, агасы Байсеркени сөздөн кармап, эл алдында шылдыңга калтырыш кыска афоризмге айланып, калк арасына кеңири тараган.

Куудулдар аткаруучулук-актердук чеберчилигинин күчтүүлүгү, тулку-боюн, бет түзүлүшүн, өңү-түсүн, үнүн, кийим-кечесин өзгөртө коюу сапатына ээ болушу менен бөтөнчө өзгөчөлөнүп турат. Бул касиет бардык куудулдардан орун алган. Ал эми ал касиетке ээ болбогон адам куудул боло албас эле. Кыскасы, жогорудан көрүнүп тургандай, куудулдук өнөр да өзүнө таандык жанрдык өзгөчөлүктөргө, мүнөздөмөлөргө ээ.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Айдараалы Жөргөлөктү жазууда Кыргыз Совет энциклопедиясынын I томунда жарыяланган чакан макала 98–99; газеталык (Ленинчил жаш, 25-март, 1981-ж. № 72) жана фондунун инв. № 241, 200 ж. б.) материалдары жана Калыктын эскерүүсү (Калык Акиев. Тандалган чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. – Фрунзе, 1972. 478-484-беттер) пайдаланылды.

[2] *Токтосунов М.*, Ошбаев Т. Бекназар куудул. 7-бет.

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 5193.

[4] *Бектенов К.* Куйручук. – Фрунзе, 1978. 5–6-беттер.

[5] Кочкорбай тууралуу маалымат КМУнун филология факультетинин 1979-жылы Ош тарабына уюштурулган экспедициялык материалдарынан алынган.

[6] *Бектенов К.* Куйручук. – Фрунзе, 1978. 71-бет.

## КУЙРУЧУК (КУДАЙБЕРГЕН) ӨМҮРЗАК УУЛУ

Эл шайырларынын ичинен кимдин болбосун тайманбай бетине сүйлөгөн мүнөзүнүн өктөмдүгү, чечекейдей сүйлөгөн чечендиги, кумарды жазган куудулдугу, анык психолог, сынчылыгы, ырчылыгы менен башкалардан олуттуу айырмаланып турган өнөр ээси – бул, Куйручук. Ал ушундай көп кырлуу артыкчылыгы менен даңазасы кыргыз, казакка дайын болуп, кайсыл элде жүрсө да каалаган сөзүн сүйлөп, өнөрүн көргөзүп, эркинче жүргөн.

Кудайберген Өмүрзак уулу Нарын областынын Жумгал өрөөнүндөгү азыркы Кызыл-Туу айлында 1866-жылы туулуп, 1940-жылы көз жумган. Куйручук деген ысымды Жумгалдык айтылуу Байзак ыйгарган. Куйручуктун көз карашынын жетилип, өнөрүнүн чыгышына ириде турмуштун тийгизген таасири чоң болгон. Эки жашында апасынан айрылып, бешке чыкканча «куу далы», «итий» болуп ооруп, жети жашына чейин «бечел» болуп баспай[1], ар кимден кагуу жеп, жедеп катуу сөзгө бышып, кенедейинен көрбөгөндү көрүп, ошондон улам ал тиригарак, башкалардын оюна оңой менен келбеген жоруктарды ойлоп тапкан өтө айлакер, тибиртке тилдүү, шок бала болуп калыптанат.

Куйручуктун өнөр жолуна үңүлүп көрүп, анда куудулдук өнөр, чечендик чеберчилик да күчтүү экендигине ынанасың, ошол эле учурда куудулдук да, чечендик да өнөрдүн калыптаныш эволюциясын дал Куйручуктун өмүр жолу, чыгармачылыгынан даана көрө алабыз. Биринчи күндөрү айыл кыдырып тамак уулайт. Эч ким бербей калганда кара курсактын айынан түнү келип, алгач боз үйдүн сыртынан эле туурдукту түрүп жиберип чара-аяктардагы

сүттү узун камыш менен соруп ичип кетчү өнөрдү ойлоп табат. Бул да болбой калганда айылдын сырт жагындагы ороого түшүп жан сактап, айсыз түндөрү келип баканды таянып түндүккө чыгып, түндүк жабууну ачып алгач баканды сойлотуп жерге сайып, бакан аркылуу жылмышып үйдүн ичине түшүп, ашканадагы бышылуу эт, май, тамактарды баштыгына толтуруп, аркасына илип алып, кайра чыгып кетип жүрөт[2]. Ошондой күндөрү кармалып калып, токмок жеген кездери да арбын.

Бир күнү кара курсактын айынан оозума бирдеме илинеби деп келатып жаңыдан эт жей башташкан манаптардын дал үстүнөн чыгат. Улагага тура калган балага бир үзүм эт беришсе буйдамга келтирбей жутуп жиберип тигилерди тиктеп калат, кайра бир үзүм эт сунса кайра ошентет. Анда бирөө:

– Мунуңар тойбогон неме го, эшке чыгарып жиберсеңерчи,– дегенде Куйручук:

– Ушунча жумурай журтту жалмап жаткан сен тойбогон, ушул бир үзүм этке мен тоймок белем,– деп ал манапты меймандардын алдында шерменде кылат. Куйручук ушинтип жүрүп каруу, күчкө толот.

Кайсыл өнөр ээсин албайлы ал толук калыптанып, өз жолун тапканчакты убакта сөзсүз бир катар этаптарды басып өтөт. Куйручуктун да адамдардын жүрүм-турумун, ит-куштардын үнүн куду өзүндөй тууроосу анын чыгармачылыгынын биринчи этабына туура келет.

Ал эми Куйручуктун эч адамдан тайманбай бетине чыгып сүйлөгөн, сындаган мезгили анын өнөр жолунун экинчи этабына кирет. Чечендик чеберчилик Куйручукта эрте эле түптөлө баштаганына күбө болобуз. Кудайбергендин бала чагы. Жолоочулап келатып Байзактын айлына кайрылат. Байзак ажы адатынча дөңчөдө аксакалдар менен маек куруп отурган экен. Атын четкерээк тушап, олтургандарга салам айтып, тигилердин катарына көчүк басат. Аңгыча эт тартылат. Баарына бирден устукан тийип, жашыраактары эт туурай башташат. Эт туурагандарга кошулган Кудайберген ара-чолодо эт жегенге да үлгүрүп, башкалардан мурда этти туурап бүтөт. Тууран эт алды-

ларга келгенде андан бир аз алат да, куюлган сорпосун ичип, колун жалап табактан чыга берет. Аны көрүп калган Байзак дагы жесин дегенчелик кылып:

– Туураган эттен алсаң боло, ал дагы,– десе:

– Шумкар бир тойгон соң экинчи кайрылып кол салбайт,– дейт. Жаш баланын көзгө сайгандай курч айткан адаттан тыш жообуна таң кала түшкөн Байзак:

– Атаңдын көрү э-эй... Береги Курмучуктун сүйлөп турганын карабайсыңарбы, сөзү чечекейдей, көзү күйүп турат, бул тегин уул болбойт,– деп Кудайбергендин ушул сөзү үчүн ат мингизип, өзүнүн эски чепкенин жаап:

– Мындан ары келип тур, Курмучук балам,– деп узаткан экен.

Кийин ар кыл күйгүлтүктүү кылык-жоруктары аркылуу Байзак атагандай Курмучук эмес «Куйручук» аталып кеткендигин Жумгалдын Түгөл-Сай айлынын тургуну Тоймат уулу Мааданбек ата айтып берди эле.

Куйручук кызматка толук жарап калган кезинде өз алдынча иштеп көрөйүн деп атасына айтпай чыгып Токмокко келип бир байга жалданып иштеп калат. Ал бай шаардагы дүкөндөрүнө күзөтчүлүккө коет. Макулдашылган айлыгы эки сом элүү тыйын. Ошол кезде шаарды тажаткан бир ууру чыгат. Куйручук аны аңдып жүрүп, демделген палоону көтөрө качканда кармап алып, байларга тапшырып, айлыгы жети сомго көбөйөт. Эми ал күзөткө атчан тура турган болот. Ушундан көп өтпөй дүкөндү тешип уурулук кылып жаткан коркунучтуу экинчи ууруну кармап, айлыгы он беш сом болуп калат. Баягыдай болбой, кийим-кечеси оңолуп, оозго алынып, минерге аты бар, тың жашап жүргөн учурунда атасы Өмүрзак издеп таап Жумгалга алып келет. Эмгегине деп берген жалгыз бээсин Көкүмбай чыгымдап алып коет. Чүйдөн таап келген биртике акча-тыйынын жумшап, аял алып, үй күтөт[3].

Бул маалыматтар анын колунан эмне болсо келген тыңдыгынан, эр жүрөктүүлүгүнөн кабар берет. А. Чоробаевдин эскерүүсүнө таянсак, Куйручук билегинде күчү бар, эңишкенди эңген, алышканды жеңген, оозунда сөзү бар, келбети чыңаган темирдей, кара шириңки, муруту

тик, бүркүт кабак, өзү сүрдүү, орто бойлуу, өткүр азамат болуп жетилет[4].

«Эл көрүп, жер таанысаң өсөсүң. Бийик чокуга чыксаң оюң да, боюң да бийик боло түшөт»,– деп өзү айтчу экен, анын сыңарындай чакан чөйрөдөн чыгып чыйралып, көптү көрүп, көптү билүүсүнө өз демилгеси менен Токмок шаарына келип жалданып иштеши, мал айдашып Анжиян, Наманганга чейин барып, ар кыл адамдарга аралашып кетиши себепчи болсо, ышкысынын курчушуна анын талантын тайынан байкап, «аман жүрсөң алыска барасың» деп чоң жыйындарга ала жүрүп, эл-жер көрсөтүп, өнөрлүүлөргө өнөктөш, таланттууларга табакташ кылып, топко салып, акылман Байзак көп көмөк көрсөткөн. «Талант оошот, өнөр жугушат» дегендей, Куйручуктун көп кырлуу өнөр ээси болуп калышына Тилекмат, Садыр, Сарт, Кыдыр аке, Көкөтөйдөй акылман, чечен, сынчылардын, Ниязалы, Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Бекназар, Айдараалыдай комузчу, ырчы, куудулдардын, Тыныбек, Чоюке, Сагымбайдай манасчы, эл шайырларынын тийгизген таасири зор болгон.

Куйручуктун ар жолку кылган ишинде, жүрүм, турумунда куудулдуктун ширелип тургандыгын байкоого болот. Ал кандай кыйынчылыкка кабылган күндө да жол таап кеткен.

Чүйдүн талаасында казак-кыргыздын мыктылары баш кошуп чоң тамаша курушат. Балбан күрөшкө казактын балбанына эч ким чыкпай намыс үчүн Куйручук чыгат. Ал казактын балбанына алы жетпесин билип, ар кай жеринен аткып жүдөтүп, элди күлдүрүп атып жыгып кетет. Ошондо казактын Ногойбай деген төрөсү үч күн мөөнөт менен Олоңжетпес деген балбанын алдырат. Катуу ызаланган немелер мөөрөйүнө 1000 сом саят. Олоңжетпес казак-кыргыз тобунун дал ортосуна келип олтурса дөбөдөй эле көрүнүп калат. Куйручук эптеп эле жыгыштын амалын ойлойт.

Куйручук чыкканда эле жылаңаяк, жылаңачтанып буканы туурап күркүрөп, жер чапчып келет. Балбандын жанына келгенде ага жакын жолобой кыйгачтап, букаларча сыртын салып күркүрөп туруп алат. Кармайын десе жер

чапчып, кум аралаш топурактан чеңгелдей келип көзгө болжоп уруп калса, тиги эки колу менен көздөрүн ушалап, түкүрүнүп туруп калганда Куйручук Олоңжетпести бар күчү менен жаакка уруп калат. Ал артынан кууйт, улам кылчактап, бука болуп, топурак чапчып ыргытып Куйручук элди айланып ар кыл өнөрүн көргөзүп жүрө берет. Элдин күлкүсү талааны жаңыртат. Олоңжетпес тигини кууп жете албайт, элдин күлкүсүнө да капталып, күшүлдөп бышылдап, өлөөрчө суй жыгылат. Акырында нары-бери буйтап туруп Куйручук аны дал төшкө сүзгөндө Олоңжетпес жыгылып калат. Элдер күрөш эмес эле тамаша көрүп жаткансып күлүп атып эстери ооп калышат. Ногойбай мөөрөйдү бербей турган болгондо Куйручук «ушул азыр балбаныңды кайра алып чык!» дей бергенде, чарчап жылбай калган Олоңжетпестин кайра чыкпасына көздөрү жетип мөөрөйдү аргасыздан берип кутулушат[5]. Кыйындыкта көз таба, кысталышта сөз таба билүү өзгөчөлүгү Куйручукта артыкча күчтүү болгон.

Ак-Талааны бийлеген, өзүнөн башканы киши санабаган, оюна эмне келсе жасап, айрыкча жарды-жалчыларды каалашынча шылдыңдап, атын тартып алып, ээр-токумун жөө көтөртүп ызалаганды өнөр көргөн, ошондоюнан «жинди» аталган Касымалы деген манап болгон. «Тармал-Саз» деген жайлоого чыгып, алдына көлдөлөңдөрдөн калың салдырып, куш жаздыктарга чыканактап адатынча сөөлөттүү жатса кайгуулдары жолдон тосуп Куйручукту үстүнө алып киришет. Саламын алик албайт: – Эмне ичесиң?– дейт Касымалы.

– Сиз эмне ичсеңиз, ошону ичем – дейт Куйручук.

– Жуурат ичишелиби?

– Ичишсе ичишели. Экөөнүн алдына чоң аякка толо куюлуп жуурат келет.

– Ойноп ичишелиби, же чайнап ичишелиби – десе, Куйручук:

– Кандай болсо да макул – дейт. Касымалы боз үйдүн бир капшытынан көлдөлөңдөрдүн үстү менен сойлоп келет. Куйручук да экинчи капшыттан сойлоп келип бетмаңдайлаша турат. Касымалы эңкейип, жууратган итче жалайт.

Тиги да ошентет. Манап «ар-р» деп ыркырап коет. Ушуну гана күтүп турган Куйручук «аб-аб» деп дөбөтчө үрүмүш болуп, жууратты анын башынан бутуна чейин бүркүп чыгат. Өзү баштаган тамашадан өзүнүн шермендеси чыгып, ошондон барып тиги кишинин Куйручук экенин билип, айыбына тогуз кашка топоз тартууламакчы болот. Бирок, Касымалы амал кылып, эгер билбей калса кайта өзүн кыйыктамакка эртеси он топоз айдатып келет. Куйручук санап көрсө он. Анда Кукең:

– Менин аларым тогуз, бул кайдагы доңуз. Менин алаарым тогуз кашка топоз, бул каяктагы башка топоз – деп онунчу топозун токмоктой баштаганда Касымалы чыны эле Куйручукка даба жок экендигине көзү жетип, «экөөбүздүн бул кылыгыбызды эч кимге угузба» деп абыдан сыйлап узаткан экен.

Бир сапар Канат ооруп жатканда «оорусуна ышкын даба болот экен» дегенди угуп, жети түп ышкын алпарып, жайын сураганда ага ыраазы болуп Канат ат мингизип узатат. Кышында жолоочулап Чүйгө барып келатканда Канат жигиттерине тостуруп Куйручукту алдырып келип:

– Сен эмне Чүйгө баратып кайрылбай кетесиң,– деп ыза болуп «атын чечип алгыла, жөө кетсин!» дейт жигиттерине. Анда Куйручук:

– Сөзүңүз эки болбосун! Бергенин эле кайра алакей болсо, анда менин сизге дабалыкка алып келген жети ышкынымды азыр таап бериңиз! – дейт. Кышында каяктагы ышкын. Канат жүйөөлүү сөзгө жыгылып, атын тартып алуудан баш тартат.

Куйручук калктын намысына, чоң ажаттарды ачканга жараган элдик адам болгон. Ошондоюнан ал дайыма калктын чордонунда жүргөн. Бир күнү Куйручук Кочкордогу Көбөгөндүкүнө барса байбичеси капаланат: «Ушул соодагерлердики өттү, бир жагынан элдин берген малын жөн албай кууланышса, экинчи жагынан келиндерди алдашат» деп. Буларга бир сыр көрсөтүүнү ойлоп, соодагерлер менен чогуу мейман болуп, алардын баш жагына төшөк салдырып Куйручук да жатып калат. Түнү суук, кышка чукул убак. Бир маалда бирөө аттарын чөпкө койгону

эшикке чыгат. Ордуна Куйручук жатып алат да өзүбек кайра киререрде итче ыркырайт. Ал киши жылуу төшөгүнө кирип жатууга эки көзү төрт болуп: «Исмат аке!» деп бир нече жолу чакырса да акеси кебелбейт. Айласы кетип керегеден камчы алганда Куйручук орун которуп, өз төшөгүнө барып жатат. Ал ордуна жатып алган итти чабам деп жанында жаткан байдын бетин жара чабат. «Кокуй эле кокуй» деп уйкусунан чочуп бай турат, эмне болуп кеткенине оңчулуктуу түшүнүшпөй карайлашып баары ойгонот. Байдын бетинен кан токтобой «Сиз кылдыңыз, сиз кылдыңыз» дешип, бири-бири менен урушуп, салынган ак шейшептүү сый төшөктөр булганып, дурусураак акыл таба алышпай турушса Куйручук айтат:

– Бир гана жолуңар калды, эч кимге билинбей кетип калгыла, болбосо кыргыздар шылдыңчыл эл болот, бетиңер калбайт, кутулбас айыпка жыгыласыңар,– деп. Тигилер буга ынанышып «ушул жорукту эч кимге айта көрбөң» – дешип үчөө түн катып жоголушат[6]. Ошентип ал молдо бакшы болумуш болуп караңгы элди алдап, келиндерди бузуп жүргөн соодагерлерден элди куткарат. Учурунда бул айылдарды былгыткан, эң ыпластыкка жаткан орчундуу окуялардан болгон. Куйручуктун «кырк каракчы» аталып, ашууну тосуп, ары өткөн, бери өткөн жарды-жалчылардын жүрөгүнүн сары суусун алган, каракчылардын башчысы Бектенди өз сөзү боюнча 100 сом берип башка чаап, жигиттеринин алдында аны катуу сындырып, талоончулугун токтоткондугу, болбосо 1000 койлуу, үч аялы бар, Бирок, өлөөрчө сараңдыгынан жүдөө жашаган Кадыма деген байды:

– Үйүнө киши келсе жыртык кара байпагын кере кулач чоюп, төшүн отко тосуп, коломтого сийгенсип олтурганын көр, ириде үстү-башыңды оңдоп, үйүңдү эл киргендей кылып коюп анан үч катын күтпөйсүңбү?– деп сөзгө сындырып, эки аялынын башын азаттыкка чыгарышы, же «токсондогу атамды өлтүрүп бер» деген акылсыз жигитти «туюк каргыш», «тулуп каргыш» жана «ачык каргышыма» салып өлтүрүп берем, деп эл-журтка шерменде кылышы өңдүү көптөгөн окуялары анын ар качандан бир качан эл керегине жарай жүргөн эр адам экендигинин далили.

Куйручук көп өнөр күтүп, ошонун баарында өз күчүн, артыкчылыгын көрсөтүп, ал өнөрлөрдү үлгү болчудай бийик деңгээлде ала жүргөн ири шайыр. Бир сапар Токмокко келип дал намаз жуманын үстүнөн чыгат. Имам:

– Тебетейчен намазга түшкөнгө болбойт, селдеңиз жок болсо куруңузду деле башыңызга илип алсаңыз болот,– дейт. Куйручук эшке чыга калса төө минген казак кетип баратат, белинде күмүш кемерлүү, киселүү куру бар. Намазга жыгылып келе калайын деп чепкенин ага карматып, курун сурап алып, арткы катарга туруп намазга жыгыла баштайт. Казактын күмүш жапкан кайыш курдагы кисесинде: кылаптан дүкөрт, чандуу бычак, устара, бардык сарамжалы толук экен. Улам жыгылган сайын башына чалган кисеси шарактай берип, намазга жыгылгандар күлкүсүн тыя албай бирден жылып эшке чыга башташат. Улам алдыңкы сапка кошулуп, эңкейип кисесин шарактатса, ал катардагылар андан беш бетер бышкырып, катардын сабы бузулуп, акыры имам экөө эле калат. Кылчайып салам берем деп Куйручукту көрө калып имам да күлүп жиберип:

– Намазды буздуңуз, элдин дааратары сынды, зор күнөө кылдыңыз, шум киши экенсиз, башыңыздагы эмне?– дейт. Куйручук:

– Таксыр, селде салынгыла, эгер селде жок болсо кур да болот деп өзүңүз айтпадыңыз беле? Кас санап атайылап намазды бузганым жок. Мен сиздин айтканыңызды гана кылдым. Менимче сиз өзүңүз күнөөкөр болдуңуз. Андай болсо селде таап бериңиз – деп, ыймандын селдесин ооз айыбына алып кетет[7].

Куйручук жолоочулап баратып күн кечтеп кеткендиктен жолдогу айылга кайрылат. Атын мамыга байлап бир үйгө кирип барса үй ээси төө чепкен менен башын чүмкөп алып, куурума чай ичип жаңыдан тердегени отуруптур. Салам берсе алик албайт. Куйручуктун жини келет. Аялы казандын жанында, өзү төрдө. Кел олтур деген деле киши жок. Аялы куурума чайды төргө чейин басып келип сунуп, бошогон чыныны алып кетип турат. Тигилерге жараша мамиле кылып, Куйручук да өзүн өзү билип экөөнүн дал ортосуна келип олтурат. Зайыбы чай куюп

сунганда аны ортодон алып иче баштайт. Тиги тердегени турган неме башын тумчулап, көзүн жылтылдатып «мага качан сунат» дегенсип күтүп отурат. Ана берет жок. Мына берет жок. Тыңшаса жанындагы чоочун кишинин чайды уурткаганы угулат. Аңгыча аяк бошогондо аялы аны ала коюп, мелт-калт куя эрине сунса Куйручук тигинден мурда озунуп ала коюп, шоркуратып уурттап кирет. Буга үй ээсинин ачуусу келип, аны билгизбей, тишин кычыратып, күрсүлдөп жөтөлгөн болуп:

– Тердесем болот эле, капырай... – деп зайыбына каңкуулады. Аялы чоң кесеге куурума чайдан куюп, сунуп баратканда Куйручук аны да илип ала койду да «Өх! жаңыдан ымшып келатам» деп иче берди, аял мейман бошоткон аякка кайра дагы чай куюп обдулуп күйөөсүнө сунуп баратканда эпчилдик менен муну да илип кетти. Аял эмне дээрин билбей оозунан алдырган бөрүчө мостоюп туруп калды. Кукеңдин эки колунда эки кесе, экөөнөн алмак-салмак «шор» эткизе уурттап:

– Бах! Чай эмес бекен. Тердегени аз жерден калдым,– деп чай сунган зайыпты улам карап коет. Үйдүн ээсинин мейманга аябай кыжыры кайнап, ичинен түтөп, калчылдап чыкты. Куйручук билмексен болуп: – Дагы калдыбы куйчу, жаңыдан алка-шалка түшүп тердеп келатам – деди эле, берки чыдабай кетип, чепкенин ыргытып жиберип:

– Ой, сен кандай кудай урган немесиң ыя!– деп олуна кетти. Мейман андан калышпай:

– А сен кандай төбөңдөн урган соргок неме элең?– дейт. Үй ээси олурайып карап: – Тоббо! Муну кудай урган турабы? – деп күүлөнө кетти. Анда Куйручук: – Ушу сен мынабуреки чоң казан куурума чайга эле тое калам деп турасыңбы? Койду сойсо башын жеп койчусунун акысын жеп, ага тойбой элди жеп, айтылган саламга да жөндөп алик албай, минтип оозуңан ак ит кирип, кара ит чыгып, келжиреп турган сен тойбойсуң! – деп жооп кайтарды. Муну укканда үй ээси безге сайгандай тура калып: – Бул эмне дейт? Кокуй, кокуй көргүлүктү ушундан көрмөк болдум ээ! О кайдасыңар жигиттер! Кармагыла, бул оозуна алы жетпеген немени!– деди эле, Куйручук: – Кокуй де-

бей, кок тиште! Ата-бабабыз атам замандан бери кызыгып уккан «Манастан» укпайт да, тамагын аяп, мейманды кубалаган сенде абийир барбы?! Мурду жарык кара атандай болгон, түк күтпөгөн кемпай... – дегенде тигил кайра жоошуп, жалпалактап, аялына эт салдырып, «Манас» айттырып укмак болот. Манапка жини келип калган Куйручук:

– Ээ, Таластан чыккан эр Манас,
Алтайдан келген шер Манас.
Манас... Манас... Манас... –

деп, кечке ушуну кайталап, тигинин кулагынын кужурун алып, каалашынча жинин келтирип, эсин оодарып, акыры ал үйдөн чыгып, башка колу ачык кедейдин үйүнө түнөп, «Манастан», өзүнүн ар кандай окуяларынан, чечен сөздөрүнөн айтып берип, элдин жарпын жазат[8]. Бул Куйручуктун кекирейгендерди дал үстүнөн чыгып келекелеген өткүр тилдүү куудулдугу.

Куйручук кишилерди өз, жат деп бөлбөй, бийлигине, мансабына карабай, кандан бектен кайра тартпай, кимди болсун бар кемчилдигин бетине айтып эл алдында жазалаган. Буга, Касымалы, Кудайберген, Чолпонкул, Көкүмбай, Кадыма ж. б. чок баскандай секирте келекелеген окуялары күбө. Куйручуктун чечендик өнөрүндө, куудулдук кылык-жоруктарында ашынгандарга карата иронherиялуу күлгөн, психологиялык оор абалга такаган драмалуу мерчемдер жыш.

Бир күнү Куйручук Чоң жыйында отурса манаптар өздөрүн сынатып отурушуп: «Каардуу Көкүмбайды сынаталы. Эгер Куйручук туура сөз менен жалтанбай бетине айтса, мындан кийин эч кимибиз бирдеме деп айтпайлы» – дешип, сынатышса Куйручук Көкүмбайды: – Маңдайы жазы, балбан төш, жолборстой мараган, көзүнүн асты менен караган, имерилип кайтадан элин кайсаган. Канча жесе тойбогон, жардыга жарым кашык аш арттырып койбогон, букараны кууруган, камырдай жууруган, бүркүт кабактуу, мүнүшкөрлүк адаттуу, кан тырмактуу, кара жемсөө залимдин бирөө. Анын эмнесин сынайын. Таноосу тар, баш териси калың, балдары болсо букаранын тепкисинен чыкпайт[9]– деп сынаган экен. Эл күлүп калса Көкүмбай ызаланып:

– Менин балдарымды жаман сынайсың!– деп атын күчтөп алып коет. Мындан биз Куйручуктун ар адамдын жан дүйнөсүн аңтара, сырткы турпатына кошуп туруп төп мүнөздөмө бере салган – сынчылыгын, кишинин кандай, ким экендигин таасын аныктай көрө билген – психологдугун даана көрөбүз. Куйручук дал ушул артыкчылыктары менен башка куудулдардан өзгөчө бөлүнүп турат.

Жакшы жагы анын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун, кандай сүйлөгөн адам болгондугун далилдеген маалыматтар арбын. Алардын бири катары береги факты материалды эсептөөгө болот.

Ат-Башыдагы Мыпардын ашын башкарган Касымалынын:

– Сен кимсиң? – деп опурулган манчыркоосуна Куйручуктун.

– Мен сонунмун,
Башыңа тийчү союлмун!
Мечиттин мунарындай,
Мазардын чынарындай.
Жантайдын Шабданына
«Кызыл дубана» деп ат койгон,
Алтымышбайдын болуш уулун,
Атка сүйрөтүп тап койгон,
Өлөм деп коркпогон,
Өрттөн качпаган,
Өз атым Куйручук,
Атам Өмүрзак.
Айтышсам көңүл чак деген менмин!

Көгөнгө кирип, белдик байланган сүзөнөөк кара текедей бакылдаган өзүң кимсиң![10]– деп өзүнө жараша чыкчырыла, атаандашын психикалык жактан жүдөтө жооп берип, оңой менен сөзгө келбеген, зөөкүр Касымалыны өткүр тилинин күчү менен эл алдында таазим кылдырат. Куйручукта калбаат сүр да болгон. Минтип бирөөлөрдү сөзгө жыгып, же айыптаганда ал өнөрүн мактаныч, же менменсинүү катары эмес, а карапайым адамдардын мансаптууларга жем болбой, теңден кем болбой жашашы, дегеле турмуштун акыйкаты үчүн көрсөткөн. Куйручуктун

өнөрүнүн күчү дайыма чындык үчүн жан таштап күрөшкөндүгүндө жатат. Чындыгында эле оюна эмне келсе жасаган мыйзамсыз доордо ээн сүйлөгөн «эл жакшыларын» эсине келтирип, түз жолго салып, канчалаган букараларды бөөдө азаптан, шордон куткарып, так кесе сүйлөгөн тили, жүйөөлүү, туура айтылган сын-пикир, ой-мүдөөлөрү жалпы элдик мааниге ээ болуп, бул жагынан алганда Тилекмат, Көкөтөй, Куйручуктар кыргыз үчүн Демосфен, Цицерондой эле даражада турушат. Жазуучу Т.Сыдыкбеков: «Куйручуктун күлкүсү тек элдир-селдир кеп, сереңсереӊ кыймылы менен кишини кытыгылабады. Кенен ойлонулуп өз мезгилиндеги коом түзүлүшүн, кишилердеги кем-кемтикти, терс жоруктарды сын кароолуна алды. Калайыктын оюн айтышты. Бей-бечара, алсыздардын муңзарын бөлүштү. Кара жемсөө атка минерлердин, алдамчы сүткорлордун ач көздүгүн, бийлик мыйзамынын калпыстыгын, чала молдо дин бузарлардын, чеченсип кеп салмагын кетиргендердин, акынсып ыр касиетин качыргандардын, куудулсуп айыл арасында ит кубалагандардын чекелерине тийген ок болушту кеменгер Көкөтөйлөр, асыл Куйручуктар» – деп туура жазган.

Айтылуу Райымбектин ашы Тер Жайлак деген даңазалуу жайлоодо өтөт. Бул аш ар дубандан өтө көп эл катышкан, орчундуу окуялары тарыхта айтылып калган кыргыздын эң ири аштарынын бири. Ашка не бир атактуу балбандар, ыктуу найзакерлер, ырчылар, куудул, чечен, өнөрпоздор келишкен. Куйручукту Байзак баатыр ала барат. Алар барганда Токтогул, Эшмамбет баштаган он алты ырчы алым сабак ырдап турушкан болот. Ошондо Куйручук келип жаткан меймандарга да көңүл бөлсө болбойбу деген тейде топ ырчыларды беттеп:

Жабыр, жабыр, жабырлар
Бири ырдаса баары ырдаар,
Жабыраган каапырлар.
Түнкатар, түнтөй журт экен,
Түтүнү сайын ырчы экен.
Жатакчынын итиндей,
Жабыла кирип турчу экен.

Үч болуш элге бир ырчы,
Өзүбүздүн эле Жумгал тынч экен –

деп ырдап жибергенде элдер да, ырчылар да күлүп, «ырас эле өз ашыбызга өзүбүз ырдап, меймандарга кезек бербегенибиз чеки иш эмеспи» дешип жүйөөлүү кепке жыгылыштуу болушат. Эл Куйручукту олжо бөлүштүрүүчү жана «жарчы башы» кылып дайындашат. Күлүктөрдөн Жумгалдык Мышык деген кишинин Карагер аты алда кайда чыгып келип, байгеге сайылган жүз төө, миң койдон ат ээсине эч нерсе тийбей калат. Токтогул «Куйручук баатыр кайдасың, тапсаңчы мунун айласын?» деп (бул ыр Токтогулдун ыр жыйнагында бар) мына ушул окуяны чагылдырып ырдаган.

Ошондо Куйручук:

Балбаның жыкса бак конот,
Күлүгүң чыкса ат конот.
Манчыркаган кээ бирөө,
Мансабына мас болот.
Жолдон тосуп жеп алган,
Жок оокат кайдан аш болот.
Ээсине ээлик кылдырбай,
Энчилеп алып кеттиңер,
Баш байгесин шак тоноп.
Апталык жерди чуркаган,
Ай туяк тулпар ат болот.
Адамдын жебей эмгегин,
Адилет жүрсөң бак конот.
Ач көздүк менен тоюнган,
Ач оокат кайдан аш болот.
Тура чуркап кээ бирөө,
Туурадан чыгып тап коет.
Кудайды карасаңарчы,
Карагер аттын пайдасын,
Куйручук минтип алып коет!–

деп баш байгени талап кеткен манаптардан жана айрым шылуун адамдардан өктөмдүк менен өндүрүп, карагер аттын ээсине төрт төө, жүз коюн кайтарып берип чоң ажатка жарайт.

Куйручуктун өз күчүнө ишенип калк жыйылган ири топ, жыйындарда чоң ырчылар менен айтыштарга түшкөндүгүн билебиз. Суусамырда өткөн Сарыпбектин ашында Найманбай ырчы жарчы болуп:

Мен Балыктын уулу Найманбай,
Кудай берген жел сөздү,
Мен айта берем ар кандай.
Бир сөзүмдү карасаң,
Сөөмөй менен сайгандай.
Бир сөзүмө карасаң,
Каргылуу кара тайгандай –

деп, өзүнүн оргу-баргы ырчылыгын так көрсөтө, бир урууну кордоп, бир урууну колдоп ырдайт. Ошондо Куйручук ага карата:

Оо кызыталак Найманбай,
Сөз айтасың ар кандай.
Чолпонкулуң кутуртса,
Келипсиң ырдап тайманбай.
Айбан болсоң чөп берем,
Аралаш салып көп берем,
Тайган болсоң бок салам,
Сенин ичиңе чок салам[11] –

деп, таамай жооп кайтарып жеңип кетет. Бул орунсуз айтылган сөздөрдү өзүнө колдонуп, атаандашынын жагымсыз кылык-жоруктарын кошо туурап, келиштире шылдыңга каптап, дудукту ит капкандай жыккан анык пародиялык мүнөздөгү айтыш. Ким менен айтыша, же жаакташа кетсе анын күлкүлүү кыял-жоругун кошо туурап, далилдүү сөздөрү менен жүйөөлүү жеңип кетүү Куйручуктун негизги өздүк ыкмасына жатат. Куйручук айтыш өнөрүнө да аздыр-көптүр өз салымын кошкон. Анын кара жаак Калмырза, Найманбайды жана Анжыяндык ырчы Ысаканды жеңип кетиши, аш-тойлордо жарчылык кылышы, керек жерде төгүп жиберүү чеберчилиги, кадыресе ырчылыгынан кабар берет. Ошол эле учурда Куйручукту Жаманкул, Эшмамбеттердей узакчыл ырчылардын катарына кошууга болбойт. Себеби, ырдаса кыскараак ырдап, куудулдардын табиятынын өзү ушундай. Анткен менен анын «Түнка-

тар, түнтөй журт экен, түтүнү сайын ырчы экен» дегенге окшогон бир катар ырлары, айтыштары, бирөөлөрдү ыр аралашкан жорго сөз менен келтире сүрөттөгөн портреттери эл ичинде Жеңижок, Токтогулдун ырларындай болуп бүгүнгө чейин уламышталып айтылып жүрөт. Мындай тагдырды бардык эле ырчыларга буюрбаптыр. Окумуштуу С.Байкожоев Куйручуктун адабий портретин бергенде «Куйручуктун айтыштарынын өзгөчөлүгүнө карап туруп аны 1910–1915-жылдарда эле Кыргызстандын аймагында кадимки жөндөмдүү ырчылардай оозго алынып калган болуу керек»[12] деп бекеринен жазбаган.

Ал эми 1916-жылкы кандуу «Үркүндө» Кашкарлык каарлуу манап Түкбашка так кесе кайтарган жообу Куйручуктун кадиксиз чечен, ак-караны таасын ажырата билген даанышман адам экендигин ынанымдуу далилдейт. Элге алынып кеткен Куйручукту көп жактыра бербеген Түкбаш:

Кулагы жок чунак Куйручук,
Куйругу жок чолок Куйручук,
Өйдө чыкса өбөксүз Куйручук,
Ылдый түшсө жөлөксүз Куйручук!
Арка кылар элиң кайда?
Азык берээр жериң кайда? –

деп басынта жекиргенде Куйручук:

Куйругум чолок болсо – тулпар чыгаармын,
Кулагым чолок болсо шумкар чыгаармын.
Куйругу узунду ит дейбиз,
Кулагы узунду эшек дейбиз.
Өбөксүз өйдө чыксам жүрөгүм таза,
Жөлөксүз ылдый түшсөм жүлүнүм таза.
Өбөк коюп, өйдө чыкканды оору дейбиз,
Жөлөк кылып таяк алганды ууру дейбиз.
Арып-ачып алыстан келдим,
Арка болчу эл ушул.
Тентип-тербип тегимден келдим,
Тээк болчу жер ушул.
Көпсүнгөнгө көр бар, көп ичинен бөлүнөт,
Өйдөсүнгөнгө өр бар, өбөктөйт да жүгүнөт.

Жалгыз десең күнгө тилиң тийгени,
Жарык берген дүйнөгө.
Жарды десең айга тилиң тийгени,
Шоола чачкан түнүндө[13] –

деп, ташка тамга баскандай жооп берип Түкбаштын жаагын жап кылат. Муну айтылган сөзгө карата берилген жоопторунун төптүгү, табылган сөздөрүнүн коргошундай салмактуулугу, учкулдугу, ой-корутундуларынын логикалык жактан тереңдиги менен өздүк касиетке ээ, чечендик айтыштын кайталангыс классикалык үлгүсүнүн бири катары эсептегенибиз туура.

Куйручук ташыркабас талантты көрө, өнөрдү баалай билген адам болгон үчүн: «Акын, ырчы, комузчу, кыякчы, сурнайчылар асылдардын асылы, жөн гана тамашага ыйгарып, алар менен ойноого болбойт. Андайлар өзгөчө жаралган, эң артык адамдар. Түшүнбөй эле мен ырчымын дегендер, же кошокчу сымалдар бар экен.

Жангирбайың жаш калды,
Токол уюң бош калды.
Табакта сүт ириди,
Оо, асылым, жамбашың жерге чириди.

Ушул да ырбы? Оо, журт ырчы деп мобу отурган Токтогулду, Эшмамбетти айтсаңар жөнү бар. Таалайга жаралган ырчынын нускалуу ырын уга жүрсөңөр. Ырчынын да ырчысы, ырдын да ыры болот[14] – деген. Куйручуктун ырчылык өнөргө койгон бул дооматы, айткан ою, берген баасы ушул бүгүнкү күндө да актуалдуу.

Куйручуктун бизге ысмы жакшы тааныш өнөрлөштөрүнө берген сын баасы да абдан кызык. Шаршенди – «муруntугун каңтара түргөн кара бука кебетеленип, Шаршенден кийин кыргызда чоң куудул чыкпайт»[15] деген. Мидинди – «көчүгү илбирс, көкүрөгү карышкыр, Бирок, таалайы тайкы, картаң өрдөк мурунданып шылдыңчыл. Тирүүсүндө жакшылык көрбөйт, өлгөндөн кийин арбагы чоң болот»[16] деп айткан. Бул жерден Куйручуктун сынчы, психологдугунан тышкары, тагдырды алдын ала көрө билген – көрөгөчтүгүн билүүгө болот. Эл ичинде айтылып жүргөн «Куйручук – акыркы олуя» деген аңыз кеп төгүн жерден чыкпаган.

Мындан сырткары өзүнчө изилдөөгө арзый турган анын балбандыгын, баатырлыгын, ири ажаттарды ачкан калыстыгын, калк намысына жараган эрдиктерин, акылмандыгын[17] далилдеген окуялары бизге белгилүү. Ушундайынан, Куйручук сөз маданияты өзүнүн бийик апогейине жетип турган чакта даңазасы кыргыз түгүл казакка чейин тарап, эл сүймөнчүлүгүнө ээ болуп «эл эркеси» аталган.

Куйручук бай казына – элдик оозеки чыгармачылыкты жакшы билген. Анын сөзүнүн угуттуу, чыгармачылыгынын ар тараптуу болгондугунун негизги сыры ушунда. Анан калса Демосфендин сөздөрүндөй болуп анын көптөгөн кеп-сөздөрү, окуялары, эрдиктери А. Чоробаев сыяктуу фольклор жыйноочу адамдар тарабынан өз оозунан жазылып калган. Ал туурасындагы негизги маалыматтарды чогултууда Калык, Алымкул, Шекербектей аны жакындан билген, көргөн, эл шайырлары, профессионал акын, жазуучулар, искусство ишмерлери, жалпы эле эл абдан чоң көмөк көрсөтүшкөн. Ошон үчүн Куйручуктун окуялары башка куудулдардыкына караганда арбын, кээ учурда Бекназардын, Карачунактын ж. б. куудулдардын окуяларынын Куйручуктуку делип, кээде тескерисинче, чаташып кеткен мерчемдери да кездешет.

1928-жылдын январынан 15-февралга чейинки аралыкта баш калаабыз (азыркы) Бишкекте Куйручуктун оозунан, өзүнүн окуяларынан тышкары «Манас» эпосунун айрым эпизоддору, «Кандын букасы менен жардынын букасынын сүзүшкөнү», «Кыздын кошогу», «Бакачы катындын кошогу», «Калыгул жөнүндө», Арстанбектин «Тар заманы» дагы бир катар айтыштар жазылып алынган.

Эл шайырларына сын бааны өзүлөрүнөн өткөрө эч ким бере албайт. Даанышман акын Тоголок Молдо: «Акын болбосо да (ырчылыкты такай өнөр катары аркалабагандыгын айтып жатат А. О.) кара жаак сөзмөрлүгүнөн кандай шартка кабылса да башын ылдый салып багынбаган сөзү курч, тили тибирткелүү сөз тапкычтыгынан кимди болсо да алдына чыгарбаган, оттой жалындаган өз мезгилинин курч адамы экени боюнча Куйручукка эч ким жеткен эмес[18] десе, өнөрлөшү Шаршен куудулга мындайча баа

берген: «Өзү ырчы, көрөгөч сынчы киши экен. Куйручук бет алган жагынан тартпаган, бир киши астынан туура баспаган, сөзгө бай чечен, беттешкендер Куйручуктун сөзүнөн куйкаланган экен эчен. Жөн билгичтигинде даба жок, болбос нерсеге күйпөлөктөгөн санаасы жок, адамдын сырын билген, айтууга сөзү белен, кара жаак, көкжал киши экен Куйручук»[19].

Куйручук башка куудулдардан айырмаланып ири жыйындарга, казак-кыргыздын башы кошулган даңазалуу аш-тойлорго эрте жашынан аралашып, дайыма белгилүү эл шайырлары менен бирге жүрүү бактысына туш келген. Жеринен зээндүү балага ушундай чоң чөйрө өзүнчө эле мектеп болуп, аны айтылуу даанышмандардын сабына кошкон. Куйручуктун чечендикте чечендерден, куудулдукта куудулдардан, ырчылыкта ырчылардан, сынчылыкта сынчылардан калышпагандыгы мунун далили. Ошондуктан анын даңазасы эл шайырларынын ичинде артыкча зор болгон. «Куйручук минтиптир» делип, анын окуялары ар жерде уламышталып айтылып жүргөн. Куйручуктун көп кырлуу өлбөс өнөрүн ар тарабынан чагылдырган даңшаарлуу аңыз кептердин, күлкүлүү окуялардын бүгүнкү күндө деле аягы сууй элек. Ал тууралуу балет, либретто, пьесалар, аңгеме, повесттер жазылды, дагы да жазылышы мүмкүн.

Корутундулаганда Куйручук (Кудайберген Өмүрзак уулу) кыргыз эл шайырларынын ичинде өзүнүн бийик орду бар, ар өнөргө маш, умтулганын алган, ойлогонунун өтөөсүнө чыккан алп талант. Анын психологдугу, сынчылыгы, ырчылыгы да олуттуу мүнөзгө ээ. Айрыкча Куйручук куудулдукту синкреттүү өнөргө айландырып, куудулдуктун күчүн көргөзүп, ажарына чыгарган. Куйручуктун чечендик жоруктары ачыктыгы, өктөмдүгү, акылгөйлүгү, жүйөөлүүлүгү жана далилдүүлүгү менен оригиналдуу.

Куйручук чечендик да, куудулдук да өнөрдүн кайталангыс ири классиги болуп кыргыз эл шайырларынын тарыхында кала бермекчи.

## *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 245.
[2] Ошондо.
[3] Ошондо.
[4] Ошондо.
[5] Ошондо.
[6] Ошондо.
[7] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 456.
[8] *Бектенов К.* Куйручук. – Ф., 1978. 54–58-беттер.
[9] Эл куудулдары. Түзгөн Б. Сабыр уулу. – Ф., 1987. 92-бет.
[10] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 245.
[11] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 255.
[12] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. 435-бет.
[13] Ошондо. 433-бет.
[14] Ошондо. 436-бет.
[15] Кыргызстан маданияты. 1991. 18-июль.
[16] Ошондо.
[17] Кол жазмалар фондусу. Инв. 456.
[18] *Тоголок Молдо.* Изилдөөлөр, эскерүүлөр. – Б., 1991. 164-бет.
[19] *Термечиков Ш.* Күйөө жолдош. – Ф., 1982. 215-бет.

## БЕКНАЗАР
*(1876–1918)*

Бекназар – өз заманында түндүк, түштүктү аралап жүргөн атактуу ырчы. Анын ырчылык дараметин өнөрлөштөрү Тоголок Молдо, Калык, Барпы, Ысмайылдар да жогору баалайт. Акындын ырдаганын угуп калган Тоголок Молдо «безилдеп сайрап, акындыгы башкача» деп купулуна толтурса, К. Акиев аны өз заманындагы атыккан ырчы атайт. Барпы Алыкулов Бекназардын чоң ырчы экендигин белгилөө менен кийинки бул чөлкөмдөн чыккан ырчыларды аны шакирттери эсептейт.

1876-жылы Коргон-Төбөдөгү Эш кыштагында төрөлөт. Урууcу – кыпчак, уругу – жаманак[1]. Бекназардын кызы Ашырдын уулу, жээни Көлбаев Ракманалынын берген маалыматы боюнча (ал энесинен укканын эскерет) Калкожо корбашы Ферганадан чыгып, Коргон-Төбөгө чейин жетип, Бекназардын бир аялын алып кетет (ырчы көп аялдуу киши экен). Артынан барса, корбашы «мага жигит бол» деп алып калып, 40 кишиге башчы кылып коет. Жигиттеринин бири бир өгүздү союп жеп алышынан улам басмачылар кыйкымдап, кылыч менен башын кыя чаап, өлтүрүп коюшат. Бекназар Жаңы-Жол районуна жакын Мамыр-Абадда өлтүрүлүп, сөөгү ушул жерге коюлат[2].

Акындын ата-теги, жадаса атасынын аты, ырчылык шыгынын түптөлүшү жөнүндө кабар берүү мүмкүнчүлүгү жок. Эл эсинен чыгып, унутулган түрү бар. Анын үстүнө өмүрүнүн бир учурунда Алымбек датканын балдарына ырчылык кылышы, аргасыздан аз убакыт болсо да, басмачыларга кошулушу да анын ырларынын өз учурунда жыйналып, иликтөө алкагына киришине кедерги болгондугу та-

лашсыз. Бирок, кантсе да Бекназар чоң ырчы катарында эл эсинен өчкөн эмес. Анын Найманбай, Абдымомун, Доорон, Барпы менен айтыштары, калк арасында сакталып калган. Байкоого караганда атагын угуп, айтышмакка Баткен, Айдаркандын Күлдү деген жеринде жашап, Бостон-Жоокезек-Омкечек уруусунан чыккан чоң ырчы Абдымомун менен беттешкен учуру чыгармачылык өмүрүнүн алгачкы мезгилине таандык көрүнөт. Айтышканын өзү да эскерип, «жеңдим эле» дечү экен[3]. Ал эми Алайчиев Сыдыктын Ботобайдан укканын эскерүүсүндө айтышта Абдымомун жеңип кетет[4]. Сыдыктын маалыматы боюнча сөздү Бекназар каршысынын эли-жерин коргоодон баштайт:

Бостон деген элиң бар,
Боз топурак жериң бар.
Катыраң деген жериң бар,
Катып калган элиң бар.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Пайданын жолун тоскон журт,
Пайтобо (чулгоо) сатат бостон журт,
Көп пайда жолун тоскон журт,
Көмүр сатат бостон журт.
Базарың ада болгуча,
Көтүңдөн түшпөйт бир囲штан.

Ага Абдымомун төмөнкүчө жөндүү жооп кайтарып жеңип коет:

Уругум Бостон үч кабат,
Минген аты көл качат,
Атан төө иштетип,
Азамат эрлер пул табат.
Күлүк минген элим бар,
Күлдү деген жерим бар.
Күңгөйүндө күмүш бар,
Тескейинде теңге бар,
Дүнүйө тапкан эрлердин,
Күндө үйүндө үлүш бар.

Бекназардын Найманбай менен айтышы Нарын тарапта Тайлактын уулу Осмондун ашында өтөт. Айтыштын толук текстин 1946-жылы К. Акиев жазып берген экен,

ал Сейитказы Байкожоевдин архиви аркылуу колго тийди. Маркум акындын чыгармачылыгын иликтеп жүргөндө Калыктын өзүнөн алса керек. Айтыш толук, көлөмү, көркөмдүгү жагынан да эки чоң акынга тете. Анын үстүнө чыгарманын жөнөкөй маалымдоочу эмес, акын тарабынан катталгандыгы, стилдик жагынан ачык эле байкалып турат. Найманбай салт боюнча аш берилип жаткан адамдын ата-тегин, Атантай, Тайлактын «азуулуга чалдырбаган, айлына дүбөк салдырбаган» эрдигин, аза күтүп-көмүүгө, аш берүүгө алты миң киши келип, үй үйгө бөлүнүп, конок алынып, саяк эли – Осмондун уулу Сагындык атасынын атак-даңкын арттырып жаткандыгын баяндай келип, адатынча албан сөздөн баштап, Анжыяндык ырчылардын качыр минип, алигин теңдеп келгендигин, алардын «ак чай ичип тердеген», «аш-тоюнда ырдасаң аликтен башка бербеген» кунарсыздыгын, эрлери «аялын кайтарып, бычакка түшүп өлгөнүн» айтып, «сарт баласы» Бекназарды айтышка чакырат. Сөз кезегинде Бекназар да өз жергесинин «Үргүлжү кыргыз элинин үзгүлтүгүн улаган», Анжыянды сураган журт кишиси Алымбекти Кудаяркан кеңешкен Койчу датканы, Анжыян, Кокондо жалтанбаган улуктан Мамырканды айта келип:

Бир кишини мактайм деп,
Мааниң кетти Найманбай,
Мааниси жок ырыңдын,
Бакырган төөдөй айбан ай –

деп сынга алат. Ал эми Найманбайдын «ак элечек оронгон катын» (башына чалганы ак селде болсо керек) атап, каршысынын өзүн гана эмес, Анжыяндыктардын кийген кийимин, ичкен тамагын, кебете-кешпирин орой-албан сөздөр менен шылдыңга алып ырдашканы, Бекназар жикжигинен ажыратып, орундуу жооп кайтарып, өзүнүн, дин жолунда сабаттуулугун аныктайт. Каршысынын шарыяттын жол-жобосун билбегендигин айта келип:

Өзгө жалган, өлүм ак,
Падыша куда өзү так,
Көкүрөктө жаныңдын,
Аманатын ойлоп бак,

Ырчысынбай Найманбай,
Ыйманыңа болгун сак –

деп өнөрлөшүн ыймандуулукка чакырат. Беш убак намазды жазбай күндө даарат ал, башыңа селде чал, колуңа курма теспе ал, орозо карма, шарыяттан ажырап, «шайтанга жакын барба», өзүңдүн бул дүйнөдөн бир күнү кетериңди ойго алып, ыйманыңдан ажыраба деп үндөө таштайт. Кыскасы, айтыш бизге акындын «ыйман-ысапка, шарыяттын жол-жобосуна карата болгон көз карашы тууралуу маалымат берип, чыгармачылык өнөрканасынын белгисиз жактарын ачат, өзүнүн реалдуулугу менен айырмаланат.

Бекназардын:

Айтып өттүң качырды,
Ат ордуна аргытып,
Качыр минген капырбы.
Башка малы жок болсо,
Качыр минген бакылбы –

деген сөзү да бир топ жүйөөлүү чыгат. Ошондой эле Бекназар каршысынын чыгармачылык өнөрканасынын өзгөчөлүгүн туура талдайт, анын кээ бир сөздөрүнүн сөөмөй менен сайгандай курч экендигин мойнуна алат. Ал эми кээ бир сөздөрү «кашек жеген айбандай» же «каргылуу кара тайгандай» орунсуз экендигин, оозуна келген кептерди ойлонбой айткандыгын курч, таамай айтат.

Айбан акмак отту жейт,
Тайган акмак бокту жейт.
Көчмөндүү кыргыз калың журт,
Найманбай сенин оозунда,
Маанилүү кептен жойку дейт.

Мында да Найманбай акындар менен айтышканда өзүн «каргылуу кара тайганга же чөп оттогон айбанга теңөө ыкмасын колдоно коюп, өзүнө өзү чалма ыргытат. Бекназар анын сөзүнүн орунсуз айтылгандыгын баамдап:

Айбандын түбү ат болот,
Тайгандын зили ит болот,
Ырдын арты Найманбай,
Ушуну менен бүт болот,
Жаман сөздү бүт айттың,

Анжыяндык, аркалык,
Элдин көөнү зыт болот –

деп айтышты жыйынтыктап, Найманбай жеңип кетет.

Ушул аштабы же башка учурда ырдалганбы, Бекназар экөөнүн чарпышканынан дагы бир кыска материал катталган[5]. Айрым байкоого караганда бир эле мезгилде ырдалса керек. Эки акындын айтышы анчалык деле маанилүү эмес. Ашта Жантай уулу Шабдандын жоргосу жоголуп, Найманбай калың элге жарыя салып ырдайт. Ырында дагы да:

Аттарын анжыяндык таптаган,
Азыгын кара багыш сактаган –

деп Анжыяндыктарга чалма ыргытат. Бекназар ага жооп кайтарып, экөөнүн беттешүүсү ачык порнографиялык мүнөзгө өтөт. Бул деле ушул эле Осмондун ашында болгон сыяктуу. Анткени айтыштан эки акындын бири-бирине сөз өкмөтүн кетирбей, кекенип калганы ачык байкалып турат. Мурунку күнкү айтыш өткөндөн кийинки окуя болсо керек.

Бекназар ырчынын бала ырчы Доорон менен айтышын Орозалиев Маткабул Доорондун өз оозунан угуп, үйрөнүп калган экен[6]. Маалымдоочу «Бул ырды үйрөнгөнүмдө колхоздошо элек эле. Доорон ырчы өтө жаш, 30 жашында өлүп кетти» деп эскерет. Жаш ырчы Доорондун чоң ырчы менен айтышып калышына Бекназар өзү күнөөлүү болот. Дооран ырчы кадимки Карамырзанын шакирти экен. Бир топто кыз-келиндердин арасында ырдап отурса, устатынын ичи тарып: «Ырыңды токтотуп, аттарга жем илип келип, анан ырда» деп өктөм үн чыгарып, шылдыңга калтырат. Ошондон улам ага таарынып, энесине бир чапан таптырып, батасын, өрнөгүн алуу үчүн Бекназарды издеп барат. Ал издеген адамын бир аштан жолуктуруп, ырдап саламдашып, түштүк, айрыкча, ичкилик ырчыларына таандык бир өзгөчөлүк каршысынын сөзүн тороп, изине, стилине салып, жооп кайтаруу болуп саналат. Бул Бекназар менен Доорандын Калмырза менен Барпынын, Барпы менен Бекназардын, Нурмолдо менен Мысанын айтыштарынан ачык байкалат. Ал эмес айрым ыр түрмөк-

төрү салттуу клише катарында айтыштан айтышка өтүп, кайталанат. Бул айтышта да Доорон Бекназардын сөзүнүн стилдик курулмасынын изине салып ырдап келип:

Бир көзүмдү оесуң,
Бир көзүмдү соесуң,
Калемпир менен далпараң,
Баса дагы коесуң,
Калемпир менен далпараң,
Жел ооруугa дары дейт.
Таруунy эгип, эл жеген,
Акын ырчы Бекназар,
Сенин таңдайың качан жел жеген?–

деп оодарып кетет. Жаш баланын бул сөзү чоң акынга катуу тийип, камчы менен чаап жибергенде аш башкарган Мырзакул арага түшүп, «Ырчы болсоң ыр менен ургун, сени атайы издеп келген балага өзүң катылдың, бул кылганың туура эмес» деп Бекназарга нааразы болот.

Дегеле «Бекназар менен Доорандын айтышы» эл арасына кеңири тарап, бир нече маалымдоочулардан катталган[7], айрым кошумчалардын киргендиги да байкалат. Алсак, Жунусов Ботобайдын айтуусунда[8] Бекназар Дооранга:

Балам, бердим сага батамды,
Бекназар акын деп жүргүн,
Ырыскың терип жеп жүргүн, –

деп алакан жайып узатат. Бирок, ырдын текстинде:

Бата аламын деп келсең,
Сени менен жүрбөймүн –

деген ыр саптарынын орун алгандыгы жана бардык маалымдоочулардын экөөнүн айтышынын курч мүнөздө өтүп, ынтымакка келе албагандыгын баяндашы айрым айтуучунун эки акындын ортосунда түзүлгөн курч кырдаалды бир аз жумшартууга жасаган аракети экендигин ачык айкындап турат. Бардык нускалардын текстин салыштырууда айтыштын алгачкылыгынын сакталып калгандыгы, жалпылыгы ачык көзгө түшөт. Ошондой эле Бекназардын Дооранды саламдашууга барганда эле сөзүнө жооп кайтарып, айтышууга мажбур кылгандыгы бардык маалымдоочулардын кабарында бекемделет.

Бекназардын Барпы менен айтышы[9] да курч жагдайда өтөт. Сөздү дагы да Бекназар баштап, топко ырдап жүргөн ырчыларды каптап өтөт, аларды «аламан ырчы», «келгин ырчы» атайт. Аламан балдардын көбөйүшүнөн алымыбыз, жемишибиз азайды» деп наалыйт.

Ителги тийген таандай,
Илбитемин баарыңды,
Аламын бүгүн шайыңды,
Акынсынган Барпы көр,
Кесемин сенин пайыңды,
Ким билсин түпкү жайыңды –

деп, өзүн көтөрө чалып мактап, Барпынын жүрөгүнүн үшүн алмакка атырылып ырдап, жаш ырчынын азиздигине, жашында бада баккан жардылыгына тие өтөт. Ошондо сөзгө Нишан ырчы аралашып, Барпынын акындык дарамети оңой эмес, балага бекер тийишип, баркыңды кетирбе деп калыс кебин айтып, Бекназардан кагуу жейт. Бул учурда Барпы да көп акындар менен айтышып, тажырыйба топтоп, такшалып калган болот. Каршысынын ар бир сөзүн талдоого алып, орунсуз айтылган сөз катарында далилдеп жооп берет. Натыйжада эки акындын беттешүүсү ачыктан-ачык сөз жарыштыруунун үлгүсүн түзөт. Биринин сөзүн бири тороп, сөз узартпай такымдап отурат. Айтыш кадыресе ой бөлүштүрүү, пикир алмашуу же өткөн-кеткенден сөз козгоп, эпикалык багытта тармак жайбайт. Эгерде Бекназар өз сөзүн:

Дары берем өзүңө,
Далпараң коем көзүңө,
Камчы берем өзүңө,
Калемпир коем көзүңө,
Оң көзүңдү оемун,
Сол көзүңдү соемун,
Сакайса, сакайбаса да,
Далпараң баса коемун,–

деп каршысына тике багыттаса, Барпы анын өз сөзүнүн нугуна, стилине сала келип, төмөнкүчө оюн жыйынтыктайт:

Дайым ырың бул элге,
Маани болот, Бекназар,

Далпараң сабил маңкага
Дары болот Бекназар.

Натыйжада ырчылар поэзиясынан жогоркудай салттуу ыр саптарынын туруктуу ой тизмегинин сакталышы жана бир өңчөй формада тартууланышы көзгө түшөт. Бекназар да өз айтыштарында салттуу ыкманы сөз багытына карата колдонуп, чыгармачылык өнөрканасынын ырчылар чөйрөсүнүн нугунда калыптангандыгын ачык аныктап турат.

Ыштаганда түлкү өлөт,
Далпараң сепсе курт өлөт,
Ак дары сепсең, сап болот,
Анык мурдуң сак болот,
Танооң таза пак болот –

Же Бекназар:

Өрдөк учат көлдөрдөн,
Кутулбадым ар жерде,
Сага окшогон көрлөрдөн –

десе, Барпы каршысынын стилине сала Бекназардын айтканын кайталай келип сөзүн төмөнкүчө жыйынтыктайт:

Найманбай менен ырдашып,
Абийириң кеткен Аркадан,
Ким кутулуп калыптыр,
Сага окшогон маңкадан

Бекназар Барпынын уруусунун ак эчки аталышын айтып, шылдың кылууга аракеттенгенде ал каршысынын уруусунун эзелки тарыхынан сөз козгоп, кутулуп кетет. Акыры сөз аялдарына жетип, экөө ашыкча кордошууга өткөндө калыстар Бекназарды сөзгө жыгып, айтыштырбай токтотуп коюшат.

Бекназардын Созоктун Кыргызбай деген казынын тоюнда өткүр, курч акын экендигин ачык аныктайт. Натыйжада эки ырчынын Кыргызбайга карата ырдашы бири-бирине ачык контрасттык маанайда. Жолдош өз ырында тойдо ырчылардын Кыргызбай казыдан бир нерсе үмүтөтүп отургандыгын ачык эле ортого салат. Бирок, ырчы той ээсин «төрө пейил», «ак жолборстой», «бек уулундай», «сыпайы, берешен, март адам катарында мүнөздөп мактап отургандыгына карабастан, анын марттыгынан күнөм

санагандай түрү бар. Ошондуктан ырчынын сөздөрүнөн тымызын какшык, мыскылдын ыргытылышы ачык байкалып турат. Анын тойдо ырдап жаткан Каныбайга тай, «Сабырга сыйыр» «Калмамбетке (Чөп ырчыга) эки кадак май», безилдеген Бекназарга «манат жаап», бардыгын да куру калтырбай, ыраазы кылат дегени өнөрлөшүнө өз оюн ачык айтууга жол ачкандай болот.

Бекназар Жолдошко сөз кошуп, ириде казынын сырын билбей, ат, уй, торпок үмтөтүп отурган коңшу баланын баеолугуна таң бере келип, казынын «үйүнө конок келсе, чубар маки (тоок) сойдурган тукуму катуу болот деп сазибар (урушчаак) короoз кайдурган, тооктун тукумун тишине уруп көрүп сынаган» кунарсыздыгын, байлар жайлоого чыкканда барып, оозу калиттелүү (кулпулануу) куржунун төшкө толтуруп, куржундан чыкпай, куйрук этинин курттаганын, сарпайы чапанды артынып келгендигин, азелден напсиси бузулган сараңдыгын ырчыга кошуп катуу мыскылдайт. Бирок, Кыргызбай бардык адамга эле сараң эмес, колунан келгендерге берешен, март. Ал ырчынын төмөнкү сөзү менен бекемделет:

Мааниси жок каш каккан,
Бачага берет Кыргызбай,
Балапан берип чоңойткон,
Закчага (канаттууга) берет Кыргызбай.
Кыргызбайдын бети жок,
Башында парча (кымындай)

Бекназар тойдон топук албай калса да өкүнбөйт, өз оюн калың топто айтып алгандыгына:

Бербесе мейли Кыргызбай,
Бүгүн тийди гашыма,
Кыргызбайдай казыга,
Ит болобу ашына?–

деп, ыраазы болуп, көңүлү толот.

Дегеле бизге келип жеткен материалдарга караганда Бекназар куйкум сөздүү мыскыл, ашкерелөөчү ырларды ийине жеткире ырдаган тайманбаган курч акын болуп, калк оозуна алынган. Буга Курманжан датканын балдарын ашкерелеп ырдап, калк арасына таратышы ачык ми-

сал. Ыр кордоо мүнөзүндө жаралып, калкка кеңири тараган. Айрым маалымдоочулардын айтуусунда алгачкы авторлугун жоготуп, фольклордук маанай алган. «Кыргыз эл ырлары» боюнча түзүлгөн жыйнакка (1967-ж.) «Кыргыз поэзиясынын антологиясына» (1980) эл ыры катарында кирген. Чындыгында ырдын автору – Бекназар, баяндалгандар Курманжан датканын Асанбек, Мамытбек аттуу балдары жана Үсөнбай ырчы, Назыбай комузчу сыяктуу реалдуу адамдар. Ырдын чыгышына Асанбек, Мамытбектерге ырчылык кылып жүргөн Үсөнбай, Назыбай аттуу комузчу, ырчынын «Бекназар силерди жамандап ырдап жүрөт» деп чагым салышы себеп болот. Өздөрүнө жеткен айың сөздөн улам ак, карасын тергебей, Курманжан датканын балдары акынды карматып алып, жигиттерине аябай сабатып, өлтүрмөк болушат. Качып кутулуп, катуу таяктан жабыркап жаны ачыган Бекназар алар жөнүндө кордоо ырын жаратат. Өздөрүнө гана эмес:

Көрүнө ырдайт Бекназар,
Көп түгөткөн энеңди,
Аким жеген мейизи
Курманжандай энеңдин,
Азели бузук негизи
. . . . . . . . . . . . . . .
Акимге жүргөн өз энең,
Айтпай турган мен белем.
Төрөгө жүргөн өз энең,
Токтоп калчу мен белем,–

деп, силерди кутурткан энеңдин парасы, аким, төрөлөрдүн алдында кылган кызматы,– деп ачуу сөз бүркөт. Мамытбекти«залим», Асанбекти «акылы жок» наадан атайт. Ал эми Мамытбектин адилетсиздигин төмөнкүчө курч сөздөр менен ашкерелейт:

Акты наак (чын, анык) күйгүзүп,
Дуулап жеген – Мамытбек,
Оштун ичи кең сарай –
Араладың, Мамытбек,
Кыжырыңа ким тийсе,
Сабаладың, Мамытбек.

Мына ушул окуядан кийин болуу керек. Токтогул Бекназардын Анжыяндын мечитинде ырдап отурганын көрүп, «дубанасыңбы, бакшысыңбы?» деп нааразы болгон экен. Өнөрлөшүнүн акындыктын баркын төмөн түшүрүп, мечитте ырдашын жактырбагандай түрү бар. Кантсе да ырчынын Курманжан датканын балдары менен араздашып калышы кийинчерээк анын кадимкидей эл аралап, кеңири чабыттап жүрүшүнө кедерги болуп, ырчылык аймагын чектеп, кысып койгондой. Бизге Бекназардын чыгармачылыгы тууралуу чектелүү гана материалдар колго тийди. Барпынын «Бекназар ырчы чыгарган «Бедава сулуу Лайлы деп», акын менен көп жүрдүм» деген Сыдыктын «Дедия» деген ырды ырдачу эле» дегендерине караганда поэмага тете дастандык чыгармалардын автору болгондой. Кыскасы, Бекназардын чыгармачылык өнөрканасынын али ачыла элек белгисиз жактары арбын. Бирок, жогоруда иликтөө алкагына алынган азыноолак чыгармалары эле анын өз мезгилиндеги сөзгө чебер, курч, чоң, акын экендигин аныктап турат.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*


[1] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 653 (5291). Бул маалыматты 1975-жылы Эш кыштагынын тургуну Ымаров Шермат (Жаманак уруусунан) Жаки Таштемиров айтып берген.

[2] Инв. № 653 (5291).

[3] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 653 (5291).

[4] Ошондо. Инв. № 683 (5391).

[5] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 61 (250).

[6] *Орозалиев Маткабул.* Ж. Таштемиров жазып алган. Борбордун Кол жазмалар фондусу. Инв. № 676 (5314). Бул нуска башка катталышына караганда кошумчасыз тактыгы менен айырмаланат. Мында Бекназардын арак ичкендиги жөнүндө айтылбайт. Динчил, шарыяттын жол-жобосуна терең ишенген адамдын мындай ишке барышы мүмкүн эмес. Бул маалымдоочулар тарабынан кийин кошулган.

[7] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 676, 598, 604, 601, 561.

[8] Кол жазмалар фондусу. Инв. № 598 (5236).

[9] Айтыштар. Түзгөн/А. Токомбаева. I том. – Ф., 1872.

## ШАРШЕН ТЕРМЕЧИК УУЛУ

Шаршенди кыргыздын шайырдык өнөрүн гүлдөткөн теңдешсиз куудулу деп айтууга болот. Шаршенге жалаң куудулдук жактан тең келген эл шайыры ага чейин да болгон эмес, мындан ары да чыгат деп айтуу кыйын.

Шаршен Термечик уулу 1896-жылы Сокулук районуна караштуу Көнөк деген жерде туулуп, 1942-жылы Бишкек шаарында дүйнөдөн кайткан. Шаршен да ата-энесинен эрте ажырап, турмуштун каардуу соккусуна кабылып, жан багуу үчүн кылган айла-амалы, өнөрү эрте жашынан эле калыптана баштаганына күбө болобуз. «Менин таалайыма жараша туугандарыбыздын колунда жок эле. Өзүмдү өзүм багууга кириштим. Ар кимдин үйүнө барып: «Багаары жок жетиммин» деп ыйлап отуруп, айранга талкан көөлөтүп жейм. Нечен каардуу байбиче, токолдордун заар тилин угуп, эшикке куулуп жүрүп, күнүмдү көрө бердим»[1] дейт куудул өзү жөнүндө.

Өзүнүн балалык мезгили, жүрүм-туруму, алгачкы шыктануулары туурасында буларды айтып берет: «Атам мени тилдеп:

– Түсү ийгиден түңүлбө, кызым аппак, адам болот. Шаршендин ireңи суук, өңү жаман, жүргөнү коң каргадай. Эки үйдүн бирине барса конуп калат. Кайсы айылда болсо да иттерди чуулдатып, малды үркүтүп жүрөт, колу туткак, – деп. Анан көп урат, балта менен, орок, керки, кетмен, казык менен. Бирок, баардыгы эле тийбейт. Астыман же үстүмөн кетет. Көрсө, атам мени опузалап, тарбиялап жүргөн экен. Ошентип жүргөн кездерде чоңоюп калдым. Ырды, комузду, жомокту сөзмөр кишилерди жакшы көрөөр элем. Биздин элде бир обон бар эле:

Мен жогортон келемин,
Чым-чым басып а-а-а-а-й.
Чыбырала күрмөмдү,
Моюнума асып оой, ки-оки,
Эки-эки, оги-оги-гигигай.

Ушул ырды ырдаганды көрүп, мен да ушинтсем экен дээр элем. Эл арасына шайыр болгум келет. Мага эч ким тийбейт. Ошентип жүргөндө жеңем менен тойго бардым. Чынымды айтайын, ошол тойдон кийин элге билиндим»[2]. Шаршен ыр, өнөр үйрөнүүнү алгач кошоктон, ушул өңдүү ар кыл элдик ырлардан баштаган экен.

«Айлыбызда Майлыбай деген киши болоор эле. Балдарды чакырып «Күңөтайды» ырдатып талкан көөлөтүп берчү. Мен кургур «Күңөтайды» билбейм, ошон үчүн талканга жетпейм. Балдарга үйрөтүп койгула деп жалынам, болушпайт. Атам өлүп, энем калган. Энем атама кошок кошот. Бир күнү айтты, үйрөнө албай калдым. Эртеси бүт үйрөндүм:

Ал кургур, евреги мивиай оой-а,
Мен кургур, авраки маврой оой-а.
Мен кургур, ментер өкөмөш, ной, оой,
Ал кургур, шамтыракали нышнай оой.

Майлыбайдын үйүнүн быягынан өттүм, айтып өттүм. Чакырды, бардым:

– Сен кутуруп кеткен баласыңбы? Жанакың эмне, ыр эмес же кошок эмес – деди.

– Өзүмдүн эле энемдин кошогу.

– Оо, андай кошок билген бала болсоң, айтчы – деди. Олтура калып жанагыны заңылдаттым.

– Атаа, энең эне эмес бекен! Башка аялдар айталбай жүрөт. Сенин энең үнүн чыгарып кейий бергени жакшы экен. Байбиче, балама талкан көөлөп берчи – деди.

– Атаа, үйдө сүт, айран жок эле, – деди.

– Жармага көөлөсө деле жейм,– дедим. Майлыбай:

– Максым бар эмес беле, көөлөп бер,– деди.

– Каап, максымды жаңы эле куюп койдум эле,– деди байбиче.

– Ошондойго көөлөсө деле жейм,– дедим мен. Байбиче ачууланып, чуңкурураак сыр табакка арпа талкандан ая-

бай салып, максымдын уну көбүрүп үстүнө чыккан экен, атка улпак чылап бергендей кылып алдыма коюп:

– Ушунун баарын түгөт, болбосо көрүңдү казып, көмөм,– деди.

– Мындан көп болсо деле жейм,– дедим. Ошентип, Майлыбайдыкынан чыктым. Ырдагым эле келет, ыр табылбайт. Көрсө, жетим бала карды тойсо эле ырдагысы келет экен. Жетим бала эмне үчүн тойбойт десе, илгери жетимге тамак керек убактысында табылчу эмес тура». Көрүнүп тургандай, «ырдап берсең, же өнөрүңдү көрсөтсөң, курсагыңды тойгузам» деп, Шаршенге окшогон сезимтал, ар нерсеге шыктуу балдардын шайырдык өнөрүн маани берип, ошол жакка оошуна Майлыбайдын үгүтүнүн кайсы бир деңгээлде таасири тийгендиги талашсыз. Ошентсе да көп кырлуу элдик өнөргө жаштайынан болгон күчтүү ыкласы Шаршендин тубаса куудулдук талантын акырындап тутандырган. Ушундан кийин бирде ыр үйрөнүп, бирде бирөөлөрдү туурап комуз үйрөнүп, бирде өзү обон, ыр чыгарып Шаршендин шайырдыгы күн өткөн сайын өркүндөөнүн үстүндө болгон. Анын Карачунак, Калмырза, Жаманкул, Күрөңкей өңдүү элдик куудул, комузчу, ак таңдай ырчылар чыккан көрөңгөлүү өрөөндө туулуп калышынын өзү да «аккан арыктан суу агаарын» айкындап турат.

Шаршенге жердеш курбулары айтылуу Адамкалый менен Осмонкулдун да күчтүү таасири тийиптир. Андыктан, бала күнүнөн эле ал Адамкалыйча ар башка тилде ыр ырдап, бирөөлөрдү өзүндөй кылып туурап сындап, ар өнөр күтүүгө, күчү келсе Осмонкулча жамгырдай төгүп ырдоого бүт ыкласын коет. «Шаршендин чыгармачылык табылгасындагы унутулгус күч, ал өзбек, казак, татар, уйгур ырларын ырдаганда дайыма ошол элдин улуттук колоритин жеткире билгендигинде болчу» деп жазат белгилүү искусствовед К. Күмүшалиев. Булардын ар түрдүү тилде ыр ырдап калуусуна Чүй жергесинде көптөгөн улуттардын жашагандыгы себепчи экендиги маалым. Шаршендин өнөрүнүн чыгышы да албетте алгач таасирлерден баштаган. Пишпекте бир бай өзбек той берип, ал тойдон Шаршен Адамкалыйга жолугуп, анын өнөрүнөн кыйла таалим

алат. Үйрөнгөн ошол өнөрүн айылга жасап, колуна асамуса таяк алып, сакал тагынып, ынсапсыз молдолорду алдагандан кийин билинип калат. Аны өлтүрмөкчү болушканда Ашырбай деген элге кадырлуу жигит сактап калат. Шаршен ошондон тарта куудул катары тааныла баштайт.

Албетте, Шаршендин алп куудул болуп калышы өзүнүн тубаса таланттуулугуна түздөн түз байланыштуу. Антсе да куудулдун ар кыл өнөргө бай уюткулуу эл ичинен жугузгандары ага «өнөр тамызгы» болуп берсе, Адамкалый, Осмонкулдардын тийгизген күчтүү таасирлери анын талантын ого бетер жалындатып, театрга, кийин филармонияга алынып, андагы көп кырлуу топ залкарлар менен бирге иштешип калышы анын өнөрүн кырдан ашырып, бийик дабанга чыгарган экен. Муну өзү да танбайт: «Шаршен, бу «Энеңдин кошогу», «Күйөө жолдошуң» менен эчтеке арбыта албайсың. Сенде күлкүнүн көрөңгөсү бар. Биз менен кошо жүргүн дагы артистикке киргин», – деп атамдай акыл айтышып, (Осмонкул менен Адамкалыйды айтып жатат А. О.) ээрчитип келип, артистикке кийриди. Ошол күндөн тартып ташым ылдый тоголонгон жок»[3]. Шаршен 1931-жылы Фрунзе шаарындагы кыргыз музыкалык драма театрында артист болуп иштеп жүрүп, 1936-жылы жаңы ачылган филармонияга кабыл алынат. Ага чейин, коллективдүү чарбада ар кыл жумушта, колхоздо ферма башчысы болуп да иштеген. Канткен күндө да ал өз ордун театрдан тапты.

Шаршен кыргыздын эл шайырларынын ичинен өздүк белгилери менен обочолоно айырмаланып турган, суу кошпогон нукура куудулу. Башкалардын куудулдугу кайда жүрбөсүн ыктуу амал таба койгон айлакерлигинен жана күлкүлүү сөздөрүнөн ар кыл окуяларынан билинип, жай олтурганда көбүнчө, ошондой окуяларынан айтып берип, элди күлдүрсө, Шаршен күлкүгө ылайык жаралган кебете-кешпири, баскан турганы, кыймылы менен эле көргөн, көрбөгөн адамдарды да күлкүгө бөлөгөн. Ошондуктан ырчы Т. Шабданбаев «Борумуң көргөн каткырчу, борукканча тер кетип» дейт. Ал эми, Шаршен адатынча сахнага чыгып келип:

– Менин мөлтүрөп өңүм, түсүм жакшы. Өзгөчө күчүм жакшы. Мурдум болсо кенен, сүйлөйүн десем азыраак сөзүм белен. Сүйгөн жерге келем, сүйсө сөзүмдү айтып берем. Эсим жок болгону менен акылым терең, көргөн киши «момун экен го» деген, бир жегенде төрт жарым бөлкөнү бир эле жеген,– деп сүйлөй баштаганда боорун тырмап күлбөгөн киши калган эмес. Анын чыгармачылык өнөр жолу да бөтөнчөлүү.

Шаршен элди күлдүрүүнүн өздүк жаңы көптөгөн ыкмаларын тапкан. Ал үчүн куудул бирде баяндоонун литоталык ыкмасын колдонот. «Мен Шаршен Термечик уулу. Атам казан аттуу киши эле. Чоюн кашыкка тамак кылып, балдарына сыр кашык менен сузуп берип туруучу». Муну менен үй бүлөсүнүн өтө жакыр кишилер экендигин сүрөттөгөн.

Бирде ал баяндоонун күлкү чыгара, атайы апыртып сүрөттөгөн, гиперболалык ыкмасын пайдаланат. «Андан кийинки жылы, жээктей бастырып баратсам, дүмүрдүн алдында бөдөнө жаткан экен, басып алдым. Ургаачы семиз байталдай болгон бөдөнө экен. Өмүрүмчө узак согум байлап көрө элек элем, ошол бөдөнөнү күз башынан кыштын капортосуна чейин байладым. Эл согум сое баштады. Кайнатамдын кызына акылдашсам, беш күндөн кийин шейшемби, ошондо соелук деди. Ырас болот деп отун, суу алып, пияз, мурч, туз алып камынып калдык. Эртең шейшемби. Ошол түнү эрте, түндөн туруп согумду соелук десем, кара көздү кашайтып мышык жеп кетиптир. Мына, оозунан алдырган бөрү деген ушул экен туугандар».

Шаршендин дагы бир негизги ыкмасы терс көрүнүштөрдү сынга алуу. Ал тамашалап, апыртып, мактап, өзүн айткан болуп кыйытып да сынга алат. «А кээ бир аял үйүнөн чыкпайт, баласын багып, өз кара жанын сыйлайт, жок болсо алган эрин кыйнайт. Эрине айтып кант, набатты алдырып алат. Майга он килодой унду кууруп алат. Чоң чоюн кашыкка канттан салып өзү тойгондой буламыкты кылып алат, баласына берген болуп, адегенде сөөмөйү менен илип оозуна салат. Үчтөн экөөнү өзү жутуп, бирин баласынын оозуна салат».

Шаршен бири биринен көп айырмалуу эки доорду өзү көргөн адам болгондуктан ал колдонгон «эски» менен «жаңыны» салыштыра сынга алуу коомдун талабына дал келген, өзү үчүн да абдан ыңгайлуу, жаңыча ыкма болгон.

Шаршен сындоону көркүнө чыгарган. Ал сылаңкороз, ичкич, жегич, кошоматчы, эки жүздүү өңдүү келишпес мүнөздөрдү, жаман адаттарды, олдоксон жүрүм-турумдарды, эскирген салттарды сынга алат.

Бирөөлөрдү тууроо, тетири жактарын сындоо абалтан бери келаткан салттуу куудулдук ыкма. Шаршенге чейинки куудулдар кишинин мүчүлүштүгүн бетине тике айтса, көзүнчө шылдыңдаса, же ал жок жерде аны туурап келекелесе, Шаршен чоң сатирик, таланттуу актер катары андай адамдарды кыйытуу, жымсалдоо, ооштура сүрөттөө, күчөтүү, жагымдуу юмор, ирония аркылуу же сатиралык маанайда, келтире кебез менен мууздап, башкалар күлкүгө жеткирсе, Шаршен комедияга айландырган. Анын «Энемдин кошогу», «Күйөө жолдош», «Бала сооротуу», «Самолетко түшкөндө», «Сыр» ж. б. чыгармалары ушундай комедиялардан.

«Мени туугандарым абдан жактырат, жактырганы ушул «саяпкер» деп калышат. Саяпкерлигимдин жөнүн айтып берейин. Кандай кулун арка айгыр минсем дагы бир жумада төрт жеринен, же төрт жарым жеринен жоор чыгарып жиберем. Элдин аты түлөгөндө, ары жагынан жүнү чыгып, жылтырап түлөйт экен. Менин атым кыпкызыл кырчаңгы болуп, кыштын күнү шылкылдап түлөйт. Жулунуп, тамга, бакка урунуп, шыйпанып, суйсалып, кызыл эт болуп кылчылдап түлөйт. Менин атым жолго чыкканда мүдүрүлсө турбай калып, баткактуу жер болсо башы астында калып, башынан арыраак эң астында мен калып, кээде жөө жетелей калып, ошентип түлөтөмүн». Муну менен куудул ат кадырын билбеген адамкерчилиги пас, шалаакы кишинин кемдигин көзүнө көрсөтө сындаган.

Шаршен элдик шайыр өнөр менен жакшы тааныш болгон, айрым салттуулуктарды чыгармачылыгына пайдаланган. Ошентсе да анын куудулдугу өзгөчөлүү, өзүнчө. Ал табиятынан куудул. Өзү да кантип күлдүрүүнүн жол-жобосун мыкты билип, көкүрөгүнө «бырс» эткизе күлкү чыгарчу сөз-

дөрдүн мол запасын топтогондуктан Шаршен элди эч даярдыгы жок эле, кыйналып-кысталбастан шыдыр күлдүргөн. Андыктан ал оозун ачып сүйлөй баштаганда эле сөзүнө өзү, ырайына чырайы куп келишип эл жер дүңгүрөтө дуу күлгөн. Ошол күлкү ал сахнадан түшүп кеткенге чейин уланган. Анда куудулдук импровизация күчтүү болгон. Шаршен куудулдардын – төкмөсү. Ошол себептүү анда күлдүрүүнүн айла-амал, ыкмалары өтө көп болгон. Андай ыкмаларды ал мейли сахнада, жолдошторунун арасында, мейманда, же үйдө болобу күтүүсүздөн таап, ошол замат колдоно кеткен. Куудул «Мен эмне ударник болбойм» аттуу сабатсыздыгын жоюуга мойну жар бербеген жалкоо кишини сынга алган сатиралык баянында мындай дейт: «Быйыл окуганыма үч гана жыл болду. Эки жылдын ичинде 30 тамганы бүт тааныдым, үчүнчү жылы биринчи класска өттүм. Мына, быйыл артымды бышырайын деп, жарымынчыга түштүм, анда да ударник болбойм. Жазуума да баа бербейм. «А» деген тамгам аяк каптай боло түшөт. «Ш» деген тамгам куду эле темир айрыдай. Мында ударник болбойм. Мугалим өзү айтат, мээңди сергит деп. Мээмди деле сергитип жатам, бир сутка 24 саат болсо, мен 25 саат да уктап көрдүм, анда да ударник болбойм».

Шаршендин кайсыл жерде жүрбөсүн күлкүнү өзү менен бирге ээрчите жүргөн куудул экендигине Калыкты, кең пейилдигине карап «чоң чөнтөгүм» деп образдуу атоосунан; «Биз Райкан экөөбүз ачка болгонду жек көрөбүз, ачкачылыкты кудай силерге эле буюрсун» деген сыяктуу жолдошторуна айткан азилинен; «Ака, муну жүзүм дейди, жегенде битта шиңгилин алып бирден жейди» деп какшыктаган өзбекке: «– Ооба, үкам, муну жүзүм дейт, көп эле машакаттанбай, бир жегенде мына минтип жүзүн жейт» деп так катырган жообунан; «Ээ, Алымкулум, баласы өлгөн кишинин ыйлаганы эле жакшы. Калган балдарың аман болсун. Баласы жок кишинин эмнеси өлмөк эле? Маана экөөбүздө бала жок. Биздин эчтемебиз өлбөйт. Биз ыйлагыбыз келсе да ыйлай албайбыз,– деп өзүнүн күчтүү өксүгүн туюндуруу менен өнөрлөш курбусун күтүүсүз жерден кайратына келтире сүйлөгөн көңүл айтуусунан; Филармониянын директорунун Муратаалы аксакалга «сөгүш» берсекпи дегенин угуп

калып, «Муке, деректир сизге баалуу белек бермек болду. Эртең эртерээк туруп, байбичеңизди ээрчитип алып филармонияга, деректирдин кабинетине барыңыз, эгер суюк болсо чакага куйдуруп аларсыз, мүмкүн коюу болсо мүшөккө салдырып берет» деп, аларды убара, филармониядагыларга күлкү кылып, кийин алдына түшүп араң кутулган ачуу тамашасынан, дагы башка ар кыл кылык-жоруктарынан улам кадимкидей ынанасың. Ак таңдай ырчы Осмонкул «Шаршен дүйнөгө бир жаралган адам, анын күлкүсү өз заманынын черин жазган, өзү экинчи кайталанбай турган талант» деп, ал эми Ысмайыл Борончиев:

Кыялы менен өнөрү,
Кызарып күйгөн чок эле.
Орто Азия элинде,
Ойлосом андай жок эле...[4] –

деп, ашык-кеми жок, эң адилеттүү баасын беришкен. Шаршен күлкү чыкпачу жерден да күлкү ойлоп тапкан куудул. Анын чакан сүрөттөмөлөрдөн турган «Сыр» аттуу сатиралык чыгармасы буга айныгыс далил. Бул сүрөттөмөлөрдө ал өзүнө мүнөздүү кыйытуу, ооштура, сындоо, калп, жагымдуу юморду ыктуу пайдаланган. «Туугандар! Менин бир сырым бар, силерге айтып берейин. Мен төрт-беш кызматтагы адаммын. Адегенде Алматыга бардым. Овулной посевком болуп келдим. Посевком болгон киши кээде он үйдүн, кээде бир чоң үйдүн, кээде жети үйдүн, кээде эки гана үйдүн үстүнөн карайт экен. Андан кийин Ташкентке барып тамак кыдырып ичкич болуп келдим. Кийин айылга кыдырма сот келди, кетер-кеткиче кумганчы болдум. Анан өзүбүздүн үйгө исполком болдум, үйдө чыр жокто, жалгыз гана өзүм билээр элем.

Туугандар! Силерден кантип жашырайын, бир жылы жазында агабыз корукчу болду. Кээде музоолорду акакта-тып айдап келет, артынан аялдар кошо келет. «Колхозубуз бир, акча алышмак белек, айрандын каймагы дапдаяр өзүң келбесең да иниңди жиберип турсаң болбойбу» деп кетишет. Мында да көтөрүлүп жүрдүм.

Андан кийинки жылы бирөөдөн уктум, уйдун этинин сүрсүгөнү абдан күчтүү болот деп. Биздикинде бир жээр-

де кашка бука болор эле. Жайлата чөмөлө тарткан, эңкейиште шалаң кесип такымын кызарткан, суу жокто ыраак жерден муз арткан, көгөн талап көзүнүн тегерегин кызарткан, көкүрөк терисин узарткан. Ошол бука сое электе эле сүрсүгөнсүп калган экен. Алып келип көтөрүп урдум. Конок келет, эт салып берем, таң атканча кыңылдашып чыгат, өзүм жесем да кыңылдап чыгам. Ырас эле уйдун этинин тирүүлөй сүрсүгөнү абдан күчтүү болот экен»[5].

Шаршендин чыгармачылыгы да көп кырлуу болгон. Ал азыраак төгүп жиберген, комузду, домбураны черткен, эң сонун обондору бар, театрда актер болуп иштегендиктен актерлугу, артистиги жана тубаса аткаруучулугу да күчтүү болгон. Бирок, анын ушул өнөрлөрүнүн баарысы – куудулдугуна баш ийип, куудулдугу аркылуу көркүнө чыккан. Анын куудулдугу аткаруучулугунан, обондорунан, ырларынан, жада калса бир бети комуз, экинчи бети домбура болуп чабылган чертмегинен да таасын көрүнүп турат.

Улуу устаттан сабак алып, өнөрүн сынатып, ак бата алуу бардык өнөрпоздорго бирдей тиешелүү. Шаршендин айтылуу «Эл эркеси», даңшаары күчтүү куудул, ары чечен Куйручукту эңсеп жүрүп таанышып, өнөрүн сынатып, ак батасын алышы анын өмүр жолундагы эстен чыккыс улуу жолугушуу болгон экен.

Өзү аны берегиче эскерет: «Сыртымдан күлгөнүм менен Куйручук деген атты укканымда жүрөгүм болк-болк этип, муундарым калтырап, өзүмчө коркуп жүргөм. Капилеттен Куйручукка кезигип, жөргөмүштүн торуна тартылган чымындай анын алдында чыңылдап калбагай элем,– деп досум Үмөш чакырса да баралбай жүргөм. «Иним дүйнөдөн кайтты» деген Үмөштүн кабарынан кийин Кочкорго, андан Жумгалды аралап келейин деп жол тартып калдым. Шаардагыдай үйдүн номуру жазылбаган соң өлүк чыккан үйдөн өкүрүк чыкканча айылдын аягынан башына, башынан кайра аягына чейин үйдү кыдырып өкүрүп жүрө бердим. Тынч жаткан элдин уйкусун бузуп, айылга дүрбөлөң салдым. Аңгыча бир киши чыгып өкүрүп калды. Ага карабай Үмөштүн үйүнөн өтө чаап, айылдын башына кайра барганымда эки атчан киши чаап келип, атымды

суулуктап: – Сен кутуруп кеткен эмесиңби, түн жарымында өкүрүп. Сен кимсиң? Кайдан келатасың? – деп оңурайдай башташты.

– Эмне силерде өлгөнгө өкүрбөйбү? Атым Шаршен, Сары-Өзөн Чүйлүкмүн. Үмөштүн досумун. Иним өлдү деп кабар айтыптыр, алыс жерден келгеним ушу болду. Асылым уялашынан айрылып калса, караңгы түн эмес, кар жаап жатса да кантип өкүрүп түшпөйүн дегенде эки жигит жоошуп, үйгө алып жөнөштү.

Караңгыда жол басып досум,
Кар баскан бийик тоону ашып досум.
Канатыңдан айрылып, калыпсың боздоп кокуйлап,
Эми кайдан көрөйүн, кокуй,–

деп өкүрүп түшүп Үмөшкө көңүл айттым. Ал ыраазы болуп: – Куйручук жатат. Кукем менен учураш,– деди. Бүлбүл күйгөн милте шамдан эч кимди тааныбадым. Жогорку капшыттан башын көтөргөн карааанды:

– Куке! Аман-эсенсиңби? – деп чап кучактап: – Таанибасты сыйлабас дегендей, адегенде өзүңүз менен учурашпаганымды кечириңиз. Куке, Сары-Өзөн Чүйдөн келдим. Атым Шаршен, атам Термечик. Неге башыңызды көтөрбөйсүз, неге сүйлөбөйсүз – десем, Үмөш: – Ал менин байбичем, Кукем бери жагында жатат,– деди. Арт жагымда байлануу музоо турган экен: – Ассалоом алейкум, Куке! Баятан бери таппай жүрсөм бул жерде турбайсызбы,– деп музоону куйруктан чап кармап толгоп алсам, мөөрөп жиберди. – Куке, аман эсен барсыңбы, акыреттик жансыңбы, үнүң эми чыкты, коңгуроодой экен мыкты, мурдуң да куду эле менин мурдума окшоп турат, мөө дегениңиз менен далай нерсени козгоп турат. Бала-чакаңыз эсенби, Куке? – деп учураша бердим. Музоо мөөрөй берди.

– Болду, болду Шаршен, мөөрөй сеники, – деди Куйручук. Жанына чакырып, учурашкандан кийин: – Шаршен дегенди бозо ичип, мас болгон жерде күлгөн, барк кылбаган элде жүргөн киши дечү элем. Көрсө Шаршен бозо ичип, мас болбогон жерде күлгөн, баркын билип, баалаган элде жүргөн, арак ичип мас болбогон жерде күлгөн, адам баркын баалаган элде жүргөн Шаршен турбайбы. Мен

койдум. Сени төрөгөн энеңе рахмат. Эркелетип сүйлөгөн жеңеңе рахмат. Сөзүң тунук, өнөрүң улук, бешенеңе бак берген, таалайлуу экенсиң. Буга чейин өзүмдү жалгызмын деп жүргөн элем. Жок, жалгыз эмес экенмин. Жолуң шыдыр, жоругуң элдики болсун! – деди, Куйручук. Антпегенде Куйручукка жыгылып калчудай экенмин. Бир караганда окшоштукту тапкан, бетиңе печаттай баскан, жуусаң кетпеген, сүртсөң сүртүлбөгөн, айдын жарыгындай, аттын кашкасындай кебетеңден кетпей турган, көркүңдү эстей турган «топоздун торпогу мурунданганым жарайсың[6],– деди Куйручук. Мында эки алп куудулдун өзгөчөлүктөрү, бири-бирине болгон кумары, урмат-сыйы да жатат.

Шаршендин мейли Барпы, Осмонкул болсун, дегеле эл шайырлары менен таанышуусу эле өзүнчө оригиналдуу. Улуу, даанышман төкмө Токтогул менен жолугушуусу да анын өмүр таржымалындагы эстен кетпес зор окуялардан болгон. Ал айтылуу Токтогул менен минтип учурашат: «Токо, билбеген экенмин, бирге жүрбөгөн экенмин. Чынын айтайын, сүрдөгөн экенмин. Токо, башка ырчылар ырдаса эки күн, же жети күн ырдайт. А менин ырым чай кайнаар-кайнаганча түгөнбөйт. Кээде кайнай электе эле түгөнүп кетет».

Ал эми, бул жерде Шаршен кадыресе эле ырчы, болгондо да куудул ырчы:

Айткандар айтып салабы,
Мендейлер карап калабы.
Аныктап таанып алайын,
Акын Барпы аганы.
«Акын болсом» деп жүрөм,
Барпыке,
Абайлап көргүн балаңы.
Угуп тургун, Барпыке,
Төгөйүнчү жамгырдай.
Катуу төгөм жамгырдай.
Кошокко апам мыкты эле,
Атам маркум өлгөндө,
Кошокчу болуп чыкты эле.
Андан ооп маа келди,
«Энесин тарткан булбул» деп,

Көргөн, билген айылда
Көп кемпирлер баа берип.
«Баракелде, Шаршен» деп,
Байбичелер баа берди.
Калык ырчы жактырган,
«Борумуң да мыкты» деп,
Боору калбай каткырган.
Калк аралап көп жүрөм,
Калыктай болсом, деп жүрөм.
Калыктай акын боломбу?
Ойлонуп айтчы Барпыке?
Осмонкулду согомбу?[7]

Шаршендин обондуу ырлары да жагымдуу юмор менен коштолот:

Адырга чыккан талдайсың,
Ашыкмын жаным, кандайсың?
Алты үйгө жарык шамдайсың,
Ар сөзүң менен алдайсың,
Алыс жакка барбайсың.
Аралаш курут, кошкон май и-ий,
Абыдан бышкан жалдайсың
(«Ичинен кайырма»)

Ал эми анын концерттик номерлери ар качан эл тарабынан кубаттуу колдоого алынып, өзү күлкүнүн шерине айланган. Ошондой бир учурду өнөрлөшү Чалагыз берегиче эскерет: «1937-жылы жай күндөрүндө Тогуз-Торо районуна барып оюн коюп калдык. Бир убакта Шаршен чыгып, күйөө жолдош болгондугун айта баштады. Элдин күлкүсү тыйылбайт. Алдыда отурган толмоч жигит элден башкача, тимеле боору эзилгенче, көзүнөн жаш чубургуча күлөт. Кызды күйөөсүнө кошуп, узата турган болгондо эжесинин кошуп жаткандагысын Шаршен:

Алдыңдан жүгөн шалдырканоой, каткоо ой.
Алдыңа кетейин, түндөкү эт чийки көрүнөт,
ичим эле кулдурайт.
Атабыз бирге, айлыбыз башка оой,
Бая эрте, токол уйду саайм деп, табарсыкка
сүздүрүп албадымбы!

деп сөз аралаштыра кошоктун аягын улантып жаткан-да, баягы жигиттин оозунан шилекейи куюлуп, сол колу менен жерге чыканактап, башын шылкыйтып, күлгөнгө үнү жетише албай, бөйрөгү эле бүлкүлдөп калды. Жанында олтургандар колтуктап тургузушуп, биздин үстүбүзгө алып киришип, башына муздак суу куюп эс алдырышты. Ошондо да, эшиктен Шаршендин үнү угулган сайын күлгөнү күлгөн. Ошентип, маркум Шаршен оозун ачып, сүйлөй баштаганда эле кичине, чоң дебей, олтурган элдин баары тең күлө турган. Анын сахнага чыгып роль аткарганы туурасында деле ушул ойду айтса болот. Ал кайгылуу ролду аткарса деле эл күлкүдөн өксү болчу эмес экен. К. Күмүшалиев минтип жазат: «Шаршендеги артыкчылык, ал образ үчүн убараланбаган киши. Бирок, анын ар бир сөзүндө, кыймыл аракетинде, баскан-турганында, кишилерге болгон мамилесинде бирин экинчиси кайталабаган жана көргөндөрдүн көңүлүн өзүнө тартып, ага жагымдуу сезим калтырган кумдай куюлган образдар жаралып тураар эле». Шаршендин жалпы эле көп кырлуу өздүк чыгармачылыгына советтик ири музыковед В. Виноградов берегиче калыс баа берет: «Ал кыска, аралашмалуу, тамашалуу аңгемелерди чыгарып, аларды өзү актер, ырчы, музыкант, тууроочу, куудул катары аткарган. Шаршендин үнүнүн регистри боюнча орто, анча бийик эмес, кирилдебирээк келип, Бирок, аткарууну укмуш бабына келтирип, ар түрдү камтыган ачык-айкын түстөрдү таап ырдаган. Шаршенде жаңы түргө салып аткаруунун көркөм шыгы мол болгон. Түрдүү каармандарды тууроо менен ал алардан бири-бирине окшобогон жекече кайталангыс көркөм образдарды түзгөн. Аларга ар түрдүү ымдоо, жаңдоолорду, жүрүш-турушту, сүйлөө интонациясын, обонду жана интерпретациялоону пайдаланган[8].

Шаршендин ал түгүл жашоого мамилеси деле башкача болгону көрүнүп турат. Бул туурасында К. Күмүшалиев минтип жазат: «Шаршен өз замандаштары, элдик таланттардын арасынан жаңыга умтулган, жакшылыкты тез кабыл алган, өздүк маданияты жогору турган киши эле. Ал театр искусствосуна киргенден баштап жаңыча,

маданияттуу жашоого биринчи аракеттенген. Үйүнө радио койдуруп, өлкөдө, республикада болуп жаткан жаңылыктарды угууга ынтызар болуп, өздүк аң сезимин арттырган. Элдик таланттардын арасынан Европалыктарча кийинип, саат тагынып, велосипед минген киши болчу»[9].

Шаршен өлүм алдында жатса да ажалды күлкү менен басынта алган көйгашка куудул экендигин А. Куттубаевдин берегиче эскергени бар. Ажал өкүмүнө моюн сунбай, өз позициясында бекем туруп, ажалдын адам алдында күчсүздүгүн далилдөө, кудурети күчтүү, чоң личносттордун гана колунан келчү иш. «1942-жылы августта саат он ченде филармониянын директору Ө. Жетикашкаев күтүүсүз жерден шашыла кирип келди да:

– Шаршендин абалы катуу, эс-акылы барында коштошуп калуучуларга уруксат деп ооруканадан телефон чалышты. Шаарда эл акындарынын бири да жок. Кайран адамдан айрылып калабызбы деп Өмүркул жашып кетти. Биз ооруканага келгенче саат 11.30 болуп калды. Ал чабалактап жаткан экен. Баш жагында Маана жеңе отуруптур, салам айтып, саламаттыгыңыз жакшыбы, Шаке? – деп сураганыбызда, ал адатынча бажырая карап, кыйналып жатканына карабай жылмайып: – Эртеден бери ажал менен алка жакадан алышып, салгылашып жатам. Ал ары, мен бери тартамын. Эртең менен ажал күчкө салып көтөрүп чапты эле көмкөрөмөн түшүп тура калдым. Экинчи жолу чап кармап ыргытып жиберейин дегенде колтугунан булт коюп чыгып кеттим. Канткенде баса калар экемин дегендей ал мени бөдөнө тооругандай тооруйт, мен аны тооруйм,– дегенде жол бою көз жашын төгүп келген Өмүркул күлүп жиберсе болобу. Шаршен чынын айтты, Бирок, өлүп каламын деген жок. Керээз сөз да айтпады. Сыртка чыкканыбызда Шакемдин кайраты мол, ал жашайт деген ишеним менен кеттик. Театрга барып, Шаршенди көрүп, андан укканыбызды жолдошторго айтып бүткөнчө «Шаршен Термечиков дүйнөдөн кайтты» деген суук кабар телефон аркылуу келди».

Шаршендин мейли интермедиялары, ырлары же обондору болсун айрыкча өзүнүн аткаруусунда өзгөчө көркүнө чыккан. Ал жүргөн жер күлкүнүн ордосу болгон. «Шаршен

чыгарда залга «Шаршен» деген ат угулса эле болду, залда олтурган эл кыйрап күлө берет. Театр көрүүчүлөрдүкү да эчтеке эмес, күндө көрүшүп, сөзүн күндө бир нече мертебе уккан кызматташ жолдоштору (карыясы Мураталы, жашы Муса) боорлорун тырмашып боортоктой күлүшөт. Шаршендин баркыраган үнү, койну-кончуна чейин күлкүгө толгон сырткы кебетеси, күндө жаңы, күндө кызык...» – деп эскерет эл акыны К. Маликов. Шаршендин өзгөчөлүү куудулдук өнөрүн айтылуу чечен, өнөрлөшү Куйручук да абдан жогору баалап: «Мен окшоштуруп айтсам, Шаршен орду менен айтат. Мен айыбын айтсам, ал айлаңды кетире айтат. Мен көргөнүмдү айтсам, ал көмүскөдөгүнү көз алдыңа келтирип коёт. Мен тилдин уусуна салсам, анын тилинин тибирткелүүлүгү төгүлүп кетет. Шаршенден сөз кутулбайт. Ал өнөрү өркүндөгөн элдин шайыры. «Сиз келгени Шаршен көп унчукпай калды» дегениңер ката. Ал менин сакалымды, Куйручуктугумду сыйлап олтурат. Мындай адамдын жайыты мол, жатчу жери көп болот. Айтпадым беле, Шаршен күлкүнүн кенчи, кайгы менен капанын каргашасы деп. Мунун тамашасын укканда энесине өкүрүп жаткан жигит менен эрине ыйлап жаткан жесир да күлөт. Элге ушундай шайыр керек»[10] деген.

Эл куудулунун чыгармаларынын биринчи жыйнагы «Шаршендин чыгаргандары» деген ат менен 1937-жылы Кыргызмамбастан чыккан. Ошондон тарта прозалык чыгармалары, ырлары менен (ырларын дээрлик өзү ар кыл обонго салып аткарган А. О.) бирдикте бир нече жолу басмадан чыкты. Анын «Кантың бар», «Маруся», «Ичинен кайырма», «Сыртынан кайырма» деген обондору элге кеңири белгилүү. Айрыкча «Кантың бар» бүгүнкү күндө да ырдалууда. Шаршендин күлкүлүү окуяларын К. Бектенов кыскача баяндардан турган чыгарма кылып жазса, акын, драматург Ж. Садыковдун «Күйөө жолдош» аттуу драмасынын негизин Шаршендин «Күйөө жолдошунун» сюжети түздү. Ал туурасындагы эскерүүлөр, арноолор да абдан көп.

Куудулдун эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып, «Кыргыз ССРинин эл артисти» деген ардактуу наам ыйгарылган. 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосу

менен адабиятынын биринчи декадасына катышкан. Куудулдун чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу Ж.Таштемиров: «Кыргыздын советтик мезгилдеги сатирасынын өсүп-өнүгүү тарыхы жөнүндө сөз боло калса, эң биринчилерден болуп Шаршендин ысмы аталат, анткени бул түрдү калыптандырууда кошкон салымы зор. Шаршен – сатиранын чоң өкүлү – деп туура белгилеген.

Шаршен күлдүрүү чеберчилигинин багытын кадимкидей өзгөртүп, куудулдукка стилдик жактан арбын табылгаларды жана жаңы ыкмаларды, штрихтерди кошуп, кыргыздын куудулдук өнөрүн болуп көрбөгөндөй гүлдөткөн. Куудул деген кандай болоорлугун ал өзүнүн өнөрү менен айныгыс кылып далилдеди.

Шаршендин сатиралык маанайдагы жагымдуу юморго, кыйытма мыскылга, баштан аяк комизмге жык толгон бир катар комедиялуу чыгармалары менен аны дүйнөлүк куудулдардын катарына кошот.

Ал эми анын кыргыздын куудулдук өнөрүнүн бийик дабанына айланган өрнөктүү чыгармачылыгы куудулдуктун кайталангыс классикасы болуп калды.

### *ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР*

[1] *Термечиков Ш*. Күйөө жолдош. – Ф., 1964. Негизги материалдар ушул жыйнактан келтирилди.

[2] Ошондо. 27–29-беттер.

[3] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988. 456-бет.

[4] *Борончиев Ы*. Мекеним. – Ф., 1980. 105-бет.

[5] Эл куудулдары. Түзгөн/Б. Сабыр уулу. – Ф., 1987. 143–145-беттер.

[6] *Кумушалиев К*. Залкар таланттар. – Ф., 1973.

[7] *Борончиев Ы*. Мекеним. – Ф., 1980. 78-бет.

[8] *Виноградов В. С*. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф., 1974.

[9] *Кумушалиев К*. Залкар таланттар. – Ф., 1973. 192-бет.

[10] Ошондо. 194-бет.

## СУНУШ КЫЛЫНГАН НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАР


1. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988.

2. Акылман Калыгул (Түзгөндөр: Акматалиев А., Мусаев С.). – Б., 2001.

3. Арстанбек (Түзгөн Кебекова Б.) – Бишкек, 1994.

4. *Байкожоев С.* Эл ырчысы Калык. – Фрунзе, 1960.

5. *Байкожоев С.* Алымкул Үсөнбаев. – Фрунзе, 1962.

6. *Байкожоев С.* Осмонкул ырчы. – Фрунзе: Илим, 1964.

7. *Бегалиева Н.* Арстанбектин өмүрү жана чыгармачылыгы. – Бишкек, 1998.

8. *Богданова М.* Токтогул Сатылганов. Критика-биографический очерк. – М.: Гослитиздат, 1959.

9. *Виноградов В. С.* Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Ф.: Кыргызстан, 1974.

10. *Виноградов В. С.* Токтогул Сатылганов и киргизские акыны. – М.: Музгиз, 1952.

11. *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. – Бишкек, 1996.

12. Залкар акындар. 1–2-томдор. – Б., 1998, 1999.

13. *Кебекова Б.* Кыргыз-казак акындарынын чыгармачылык байланышы. – Фрунзе: Илим, 1985.

14. *Кебекова Б.* Кыргыз эл ырчылары. – Бишкек, 1994.

15. *Кыдырбаева Р. З.* Токтогул Сатылганов. – Ф.: Илим, 1989.

16. *Каипов С.* Эл ырчылары. – Фрунзе, 1981.

17. *Обозканов А.* Калык Акы уулунун көп кырлуу чыгармачылык өнөр канасы. – Бишкек, 2000.

18. *Обозканов А.* «Замана» поэзиясынын генезиси. – Бишкек, 2001.

19. *Саманчин Т.* Кыргыз адабиятынын очерктери. – Фрунзе, 1943.

20. *Таштемиров Ж.* Токтогул жана акындык поэзия. – Ф.: Илим, 1980.

21. *Таштемиров Ж.* Барпы Алыкулов. – Фрунзе, 1957.

22. *Таштемиров Ж.* Тоголок Молдонун чыгармачылыгы. – Фрунзе, 1956.

23. *Исмаилов Е.* Акыны. – Алма-Ата, 1957.

## МАЗМУНУ


Редколлегиядан ........ 3
Бука ырчы ........ 5
Токтогул Сайдали уулу ........ 15
Асан кайгы ........ 26
Толубай сынчы ........ 48
Алдар көсөө ........ 59
Сансыз сынчы Көкжар уулу ........ 73
Сарт аке ........ 82
Калыгул Бай уулу ........ 92
Музооке ........ 149
Чөжө Каржабай уулу ........ 158
Айтыке ........ 171
Арстанбек Буйлаш уулу ........ 181
Чоңду Койчуманов ........ 212
Эсенаман Жалгаш уулу ........ 221
Солтобай Токтоболот уулу ........ 244
Сартбай Бөлөкбай уулу ........ 266
Жаныш ........ 270
Найманбай Балык уулу ........ 279
Жеңижок (Өтө) Көкө уулу ........ 298
Ботобай ........ 329
Карамурза ........ 340
Токтогул Сатылганов ........ 347
Наркүл ........ 362
Калмырза Сарпек уулу ........ 372
Эшмамбет Байсейит уулу ........ 405
Алтай Айдарбек уулу ........ 428
Үмөтаалы Эсенаман уулу ........ 432
Коргол Досу уулу ........ 453
Калык Акы уулу ........ 463
Барпы Алыкулов ........ 491
Жаманкул Бөрүбай уулу ........ 511
Осмонкул Бөлөбала уулу ........ 514
Алымкул Үсөнбаев ........ 536
Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) ........ 553
Токтонаалы Шабданбаев ........ 566

Дооран Ырысдөөлөт уулу ........................................ 575
Анаргүл Тажибаева ........................................ 582
Сарыкунан (Сагынбек) Дыйканбай уулу ........................................ 594
Сооронбек Чойбеков ........................................ 615
Ысмайыл Борончиев ........................................ 629
Ашыралы Айталиев ........................................ 646
Токтосун Тыныбеков ........................................ 662
Эстебес Турсуналиев ........................................ 675
Тууганбай Абдиев ........................................ 689
Замирбек Үсөнбаев ........................................ 702
Куудулдар ........................................ 713
Куйручук (Кудайберген) Өмүрзак уулу ........................................ 727
Бекназар ........................................ 746
Шаршен Термечик уулу ........................................ 757
Сунуш кылынган негизги адабияттар ........................................ 773

Окуу куралы

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ**

V том

*Үчүнчү басылышы*

Учебное пособие

**ИСТОРИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ**

том V

*Третое издание*

Чыгарууга жооптуу:
филология илимдеринин доктору
*Көлбаева М.К.*

Тех. редактор: *Жанышбекова А.*
Корректор: *Бактыбек кызы Г.*
Компьютердик калыпка салган: *Өмүров Б.*

Терүүгө 28.04.2016-ж. берилди. Басууга 29.05.2017-ж. кол коюлду.
Форматы $60x84^{1}/_{16}$. «Мектеп» арибы.
Көлөмү 48,5 б.т. Нускасы 500.

"Кут-Бер" ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68